
# КЫРГЫЗ КҮҮЛӨРҮ

БИРИНЧИ КИТЕП



АСАН КАЙБЫЛДА УУЛУ

БОРБОРДУК АЗИЯ УНИВЕРСИТЕТИ

**Асан Кайбылда уулу**

# КЫРГЫЗ КҮҮЛӨРҮ

ИЛИКТӨӨЛӨР, ОЙЛОР, ПИКИРЛЕР

**1-китеп**

2011

*Бул эмгекти жүрөк хирургиясы жана органдарды алмаштыруу боюнча илим-изилдөө институтунун директору, КР эмгек сиңирген врачы, медицина илиминин доктору, профессор Калдарбек Алишерович Абдрамановго жана өмүрлүк жарым Тотуга, балдарыма арнайм.*

## Автордон ыраазычылык

Менин кыргыз музыкасына, тактап айтканда, комуз күүлөрүнө арналган көп жылдык эмгегимди баалап, бул эки томдук китебимдин чыгышына марттык менен демөөрчүлүк кылган, «Борбордук Азиянын тоолуу аймактарынын социалдык жана экономикалык абалын жакшыртуу менен бирге, анда жашаган элдердин маданий мурастарын сактап, кийинки урпактарга өткөрүп берүү» деген өзгөчө миссияны аркалаган – Борбордук Азия Университетине жана анын жетекчилигине терең ыраазычылыгымды билдирем. Университеттин алдыга койгон зор максаттары ишке ашып, келечекте эли-жери үчүн ак кызмат кылган, өз өлкөсүнүн өсүп-өнүгүшүнө чоң салым кошкон билимдүү, мыкты жаш адистерди даярдап чыгарарына толук ишенем.

Экинчиден, бул долбоордун демилгечиси жана жетекчиси, кол жазманы басмага даярдоодо баштан аягына чейин талыкпай эмгектенип, китептин илимий жактан редакторлук ишин өз мойнуна алып, анын илимий баалуулугун арттырган, кыргыздын илимпоз, таланттуу ырчы жана обончу кызы, философия илимдеринин доктору – Элмира Көчүмкуловага жеке өзүмдүн жана үй-бүлөмдүн атынан тоодой болгон алкыш айтам! Айланайын Элмира кызым! Сага чың ден-соолук, узун өмүр, зор илимий-чыгармачылык ийгилик жана үй-бүлөлүк бакыт-таалай каалайм!

Ошондой эле, китептин эң жоопкерчиликтүү редакторлук ишин аткарган, ден-соолугуна карабай, күндүр-түндүр отуруп иштеп, китепке маани-мазмундук жана стилистикалык жактан оңдоп-түзөөлөрдү киргизип, баалуу кеп-кеңештерин айтып, акындык эргүү менен баш сөз жазып берген Кыргыз эл акыны – Эрнис Турсунов иниме да абдан ыраазымын. Байбичеси Жамила экөөсү бекем ден-соолукта болуп, дөөлөттүү жана бакубат карылык доорду сүрүшүнө тилектешмин!

Андан тышкары, майда жана машакат иштерди аткарган, 1500 беттен турган кол жазмамды компьютерде эрикпей терип чыккан эже-сиңди кыздар – Бактыгүл жана Алтын Капаловаларга, китептин «Көрсөткүчү» менен «Библиографиясын» түзүүгө көмөктөшкөн – Элмира Дүйшеевага, жана да китепти версткалап, сырткы келбетин кооздоп-көркөмдөп берген таланттуу дизайнер – Аида Тостокова деген кыздарыма чын дилимден ыраазымын!

*Асан Кайбылда уулу*
*Бишкек, 2010*

УДК 78
ББК 85.313(2Ки)
К 15

**Кайбылда уулу Асан**
К 15 Кыргыз күүлөрү: Иликтөөлөр, ойлор, пикирлер: 1-китеп / Долбоордун жетекчиси, илимий ред. Э. Көчүмкулова; Борбордук Азия Университети. – Б.: 2011. – 832 б.

ISBN 978-9967-26-376-5

Китепте кыргыз музыкасынын башаты жана туу чокусу болгон, нечен кылымдардын жана доорлордун тарыхын, маданиятын кыл кайрыктарында сактап келген комуз күүлөрүнүн тарых-таржымалы иликтенип, баяндалат. Китеп жалпы окурмандарга арналат.
Бул эки томдук – Асан Кайбылда уулунун үч томго эсептелген 2000-жылы «Күү баяны» (508 бет) деген аталышта кыскартылып чыккан китебинин толукталган илимий-популярдуу басылмасы болуп эсептелет.
Китепке тиркелген компакт дисктеги күүлөр автордун жеке архивинен алынды.

**2011-жылы басылды**
**Борбордук Азия Университети**
Токтогул көчөсү, 138, Бишкек ш.,
720001, Кыргыз Республикасы.
*www.ucentralasia.org*

К 4905000000-11
УДК 78
ББК 85.313(2Ки)

ISBN 978-9967-26-376-5
© Борбордук Азия Университети, 2011.

## МАЗМУНУ

УЛУУ МУРАС (Баш сөз) ............ 1

КҮҮ – РУХ ДҮЙНӨСҮ (Кириш сөз) ............ 6

ҮЧ КЫЛДЫН БҮТПӨС СЫРЛАРЫ ............ 14

Кереметтер дүйнөсүндө ............ 14
Улуттук музыкалык аспаптар жана үч кыл комуз ............ 21
Комузчулар ............ 27
Комузчулук өнөр ............ 29
Комузчулук өнөр мектеби ............ 32
Күүлөр ............ 36
Күү варианттары ............ 37
Күү жанрлары ............ 38
Күү чертимдери ............ 47
Толгоолор ............ 47
Кыл басылыштары ............ 52
Кол шилтемдер ............ 53
Стилдик өзгөчөлүк – чыгармачылыктагы «Мен» ............ 55
Угармандар ............ 56

КҮҮ БАШАТЫ – ОТУ ӨЧПӨГӨН «КОЛОМТОНУН» КОРУНДА ............ 60

АТАЛАРГА АРНАЛГАН КҮҮЛӨР ............ 66

«Көчпөдүң, ата» ............ 69
«Атама эстелик» ............ 70
Атама ............ 72
«Атабыз болсочу» ............ 73
Ата жолу ............ 75
Атама ............ 79
Ата мурасы ............ 82
Атам жана Ысык-Көл ............ 84

ЭНЕЛЕРГЕ АРНАЛГАН КҮҮЛӨР ............ 89

Энеме ............ 89
Эненин жүрөгү ............ 93
«Кайран энем» ............ 95

ӨМҮР ӨЛЧӨМДӨРҮ ........................................101
БАЛАЛЫК КУРАК ........................................101
«Бала сооротор камбаркан» ........................................104
«Балам жок» ........................................105
«Учуп кетти, чырагым» ........................................106
«Кош жетим» ........................................108
«Жетимдин арманы» ........................................108
«Бала шаңы» ........................................109
«Жеткинчек» ........................................110

КЫЗДАР БОЙГО ЖЕТКЕНДЕ ........................................113
Кыз узатуу ........................................113
Кошоктор ........................................116
«Кыз-күйөө» ........................................119
«Кызарт» ........................................121
«Жанар куш» ........................................122
«Кара кыз менен Сары кыз» ........................................124
«Экөөлөсөң экөөлө» ........................................125
Сакалтайдын Борду кыз ........................................127
«Эрке кыз» ........................................128
«Айдай кыз» ........................................129
«Сараң кыз» ........................................130
«Жерликбай кызынын арманы» ........................................133
«Байбууранын Салтанат» ........................................135
«Толмоч кыз» ........................................136
«Таттихан» ........................................138
«Чүтөн кыз» ........................................139
«Гороту» ........................................140
«Лайли кыз» ........................................142
«Кызай күү» ........................................143
«Кыз ойготор» ........................................146
«Кыз кыял» ........................................148
«Кыз кербез» ........................................148
«Кыздын бийи» ........................................149
«Саанчы кыз» ........................................150

КЕЛИН КЕЛГЕНДЕ ....................................156
«Келинжан» ....................................158
«Мистекан» ....................................159
«Куурчак катын Корсоной» ....................................160
«Жылкычы менен жеңеси» ....................................164
«Мас күйөө» ....................................165
«Келиндин кошогу» ....................................166
Короо күзөткөндө ....................................167
«Саанчы келин» ....................................167
«Ак Бегай» ....................................168
«Күкүш» ....................................169
ЖАШТЫК ....................................173
«Жаш кыял» ....................................173
«Жаш тилек» ....................................174
Таң атарда боз салкын ....................................176
«Жаш толкун» ....................................181
«Жаштар маршы» ....................................183
Шайыр жаштар ....................................184
КАРЫЛЫК ....................................189
«Карылардын камбаркан» ....................................190
Талаада калган сөөк ....................................191
Аксакалдардын дөңгө чыгары ....................................193
Карыянын кубанычы ....................................195
«Карылык» ....................................197
«Карылыктын кербези» ....................................198
«Карылыгың курусун» ....................................200
«Казакбайдын карылык» ....................................202
«Он алты кемпир» ....................................203
«Карып болгон карылар» ....................................204
АТА-ЖУРТ КАЙРЫКТАРЫ ....................................208
«Ала-Тоо» ....................................209
«Керме-Тоо» ....................................214
«Багылдыр-Тоо» ....................................216
«Тагылдыр-Тоо» ....................................218
Ысык-Көл кайрыктары ....................................219

«Ысык-Көл» ..................................220
«Ысык-Көлдүн жээгинде» ..................................221
«Атам жана Көл» ..................................221
Ысык-Көлдүн көйгөйү ..................................222
Ош кайрыгы ..................................224
Талас таңшыйт ..................................227
Нарын дайрасы ..................................230
«Аксы кайрыктары» ..................................231
«Чаткалым» ..................................233
«Соң-Көл кайрыктары» ..................................235
«Ак тамчы» ..................................238
«Долон» ..................................240
«Чоң-Ашуу» ..................................242
«Кара Чий» ..................................244
«Жашыл жайлоо – мал семиз» ..................................246

САЛТ КҮҮЛӨР ..................................256

АРМАН КҮҮЛӨР ..................................256
«Манастын арманы» ..................................258
«Каныкейдин арманы» ..................................259
«Алманбеттин арманы» ..................................260
«Абышканын арман күү» ..................................260
Алыска кеткен кыздын арманы ..................................263
Акберметтин арманы ..................................268
Айсары кыздын арманы ..................................272
Үкүтай кыздын арманы ..................................274
Ормондун арманы ..................................275
Балбайдын арманы ..................................277
Бекназар баатырдын арманы ..................................279
Арстанбектин арманы ..................................282
Серкебайдын арманы ..................................285
Жеңижоктун (Өтөнүн) арманы ..................................289
Токтогулдун арман күүлөрү ..................................290
Кошкулактын арманы ..................................294
Эр Саадабайдын арманы ..................................297
Атайдын арманы ..................................301

КОШОК КҮҮЛӨР ............................................................ 315
Айжан колуктуга арналган кошок ........................................ 318
Карача мергенге кошок ...................................................... 319
Барактын кызынын кошогу .................................................. 321
Курманжан-датка кошоктору ............................................... 322
Беш көкүлдүн кошогу ........................................................ 326
Акшербеттин атасы Бүргө баатырга кошок ........................... 327
Балбакка Акбалтырдын кошогу ............................................ 331
Шабданга кошок ............................................................... 335
Байзак ажыга кошок ......................................................... 336
Кыдыр акеге кошок ........................................................... 337
Байтик баатырга кошок ..................................................... 338
Чыныбай манапка кошок .................................................... 339
Чыныбайдын аялдарынын кошогу ........................................ 344
Ленинге кошок ................................................................. 347
Сталинге кошок ................................................................ 348
Шаршенге кошок ............................................................... 350
Акбакайга кошок .............................................................. 352
Кош, Алымкул .................................................................. 353
Атайга кошок ................................................................... 358
Насирдин Исановго энеси кошкон кошок ............................... 359
Жумабек Ибраимовго кошок ............................................... 360
Атасына кошок ................................................................. 361
Жегич келемиштин кемпиринин кошогу ................................ 363
Аракечтин аялынын кошогу ................................................ 364
БОТОЙ КҮҮЛӨР .................................................................. 369
Куу ингендин ботою .......................................................... 371
Акбарак ботом ................................................................. 376
Жайдарбек ботом .............................................................. 377
Айдайдын ботою ............................................................... 377
Айдама ботой ................................................................... 378
Жыйнак ботой .................................................................. 378
Боккөтөндүн ботою ........................................................... 379
Маш ботой ....................................................................... 380
Мас ботой ........................................................................ 382

КЕРЭЭЗ КҮҮЛӨР ........................................................385
Манастын керээзи ........................................................386
Көкөтөйдүн керээзи ........................................................387
Жамгырчынын керээзи ........................................................388
Бишкектин керээзи ........................................................389
Мооруктун керээзи ........................................................390
Боронбайдын керээзи ........................................................391
Абдылдабектин керээзи ........................................................394
Асан бийдин керээзи ........................................................397
Исхак Раззаковдун керээзи ........................................................397
А. Затаевичтин керээзи ........................................................398
Балбактын керээзи ........................................................399
Эшманбеттин керээзи ........................................................400
Кудайбергендин керээз күүсү ........................................................401
Кусейин Карасаевдин керээзи ........................................................402
Сүймөнкулдун керээзи ........................................................402

КЕРБЕЗ КҮҮЛӨР ........................................................404
Чоң кербез ........................................................405
Келгендеги кербезим ........................................................406
Кымызга мас кербезим ........................................................407
Арман кербези ........................................................408
Балам жок ........................................................411
Муратаалынын кербези ........................................................414
Шекербектин кербези ........................................................415
Көксөө кербез ........................................................416
Кейиштүү кербез ........................................................416
Жайлоо кербези ........................................................417
Кербезим ........................................................417
Үч кербез ........................................................418
Кыз кербез ........................................................419

КУУДУЛ КҮҮЛӨР ........................................................424
Ниязаалынын «Арсар күү» ........................................................425
Куйручук куудул ........................................................427
Осмонкулдун Куйручукка жолукканы ........................................................429
Айдараалы жөргөлөк ........................................................431

Бекназар куудул ....................................................................437
Токтогулдун «Чайкама» ..........................................................439
Майлыбайдын «Шалкы күү» ....................................................441
Куран окуганда ........................................................................443
Бала сооротуу ..........................................................................444
Бөжөй куудул менен Бейшебай куудул ...................................446
«Оолуккандагы обонум» ..........................................................447
Мыктыбектин селкинчек ..........................................................450

ОБОНДУУ КҮҮЛӨР ......................................................................456
Мыскалдын обону ....................................................................457
Мусанын обону ........................................................................457
Жумамүдүн обону ....................................................................457
Эстебестин обону ....................................................................458
Шаршендин обону ....................................................................458
Артисттердин оюну ..................................................................458
Ысакандын обону ....................................................................460
Үкөй ..........................................................................................463
Паризат ....................................................................................468
Ак шоокум ................................................................................470
Алымкан ..................................................................................471
«Алымкандын» обону ..............................................................474
Карындаш ................................................................................479
Кызыл атчандар ......................................................................482
Атчандар шыӊгырамасы ..........................................................484
Кызыл жоолукчан ....................................................................485
Ак Зыйнат ................................................................................488
Кыз-жигит ................................................................................492
Жалжалым ................................................................................496
Арзыкан ....................................................................................497
Күйдүм чок ..............................................................................500
Шаршендин обону ....................................................................502
Ичинен кайырма ......................................................................503
Кантыӊ бар ..............................................................................504
Жылкычы ..................................................................................505
Түшүмдө ..................................................................................507
Акбермет ..................................................................................508

«НАКЫЛ ДҮЙНӨ» КАЙРЫКТАРЫ....512
Насыйкат....513
«Күү насыйкаттары» аспапчылар аткаруусунда....520
Ибарат....525
Миң кыял....532
Такмаза....535
Кара өзгөй....541
Тогуз кайрык....546
Кер толгоо....553
Сыздат....558
Арсар күү....561
Желпиме....563
Ырчы күү....564
Ийик күү....569
Таруун күйдү....570

КУШ-АБАЗ КҮҮЛӨР....572
Ак тамак, Көк тамак....573
Сары барпы....578
Токтогулдун «Сары барпысы»....580
Карача торгой Кайбылда....582
Торгой менен турумтай....583
Молдочо торгой....584
Ак куу....585
Сокубаш мерген....586
Ак куунун учушу....588
Булбул күүлөр....589
Булбул....591
Чоор булбул....593
Куу-куу Турумтай....595
Күкүк күүлөр....597

АЛЫМ-САБАК КАЙРЫКТАР....604
Казак кыякчысы Ыкылас менен кыргыз күүгери Күрөңкөйдүн эрөөлү....605
Боккөтөн менен Майлыбайдын чертиши....606
Майлыбай менен Күрөңкөйдүн таймашы....607

Мураталы менен Карамолдонун чертиши ....................610
Тайтеке менен Темирбектин чертиши ....................611
Күлпөтү артык «Күү кесе» ....................611
Акындардын алым-сабак ....................613

КҮҮ ДҮЙНӨСҮНДӨГҮ
ФИЛОСОФИЯЛЫК ОЙ ЧАБЫТТАР ....................616
Дүйнө, сен, дүйнө ....................616
Замана кайрыктары ....................629
Акыр заман ....................630
Жеңижоктун замана ....................632
Тар заман ....................633
Токтогулдун замана ....................635
Хал заман ....................635

ЭЛ ДОСТУГУ КҮҮ КАЙРЫКТАРЫНДА ....................639
Казак кайрыктары ....................641
Токтогул менен Жамбылдын кездешүүсү ....................645
Жамбыл менен Тоголок Молдо ....................648
Айжан кыз ....................650
Сары-Арка ....................651
Адай ....................651
Балбраун ....................651
Казакбайдын казак күүлөрү ....................652
Жалгыз атчан ....................653
Боз жорго ....................654
Намазбектин «Сары жайлоо» ....................654
Орус-кыргыз күүлөрү ....................655
Орус күүлөрү ....................657
Барыня ....................657
Николай-Ниязаалы ....................658
Маруся ....................660
Эки дос ....................661
Өзбек-кыргыз эгиз эл ....................663
Лүлү-Мамажан ....................663
Уйгур-кыргыз боордоштугу ....................673

ДИНИЙ ИШЕНИМДЕР
ЖАНА КҮҮ КАЙРЫКТАРЫ ....................................675
Букарлык Кулдумананын зикири ....................................689
Калдык думана ....................................692
Шаамашуруп олуя ....................................694
Айтымдар ....................................696
Жарамазан ....................................700

АРНОО КҮҮЛӨР ....................................707
Айкөл Манас ....................................707
Ленинге арноо ....................................712
Сталинге арноо ....................................714
Атай Байзак уулу ....................................716
Ниязаалыга арноо ....................................723
Устатым Саидге ....................................727
Карамолдого арноо ....................................729
Ыбырайга арноо ....................................735
Атайга арноо ....................................740
Мыскалга арноо ....................................745
Актанга арноо ....................................747
Мейилканга арноо ....................................750
Коргоолго арноо ....................................753
Алымкулга арноо ....................................757
Шекербекке арноо ....................................759
Райканга арноо ....................................763
Бийчи кызга (Бүбүсарага) ....................................768
Бүбүсарага арноо ....................................769
Болуш Мадазимовго арноо ....................................770
Сүймөнкулга арноо ....................................772
Жолдубайга арноо ....................................774
Зуураканга арноо ....................................776
Баатырларга арноо ....................................777
Чолпонбайга арноо ....................................780

КАБАТЫР КАЙРЫКТАР ....................................782

КЫРГЫЗ РАДИОСУНУН МУЗЫКАЛЫК
«АЛТЫН КАЗЫНАСЫНДА» САКТАЛГАН «КҮҮ БАЯНЫ»
МУЗЫКАЛЫК БЕРҮҮЛӨРДҮН ТИЗМЕСИ ....................................794

КОЛДОНУЛГАН ЖАНА КОШУМЧА АДАБИЯТТАР ....................................798

ЫСЫМ, ТЕРМИН ЖАНА ТҮШҮНҮКТӨРДҮН КӨРСӨТКҮЧҮ ..811

# УЛУУ МУРАС

БАШ СӨЗ

Жайкалган жашыл төр барда, толкуган Ысык-Көл барда, асыдырым соккон жел барда, бооруу күрөң жер барда, бетеге барда, бел барда – кырк миң булактарды, отуз миң өзөндөрдү, кат-кабаттагы мөңгүлөрдү мекен кылган байыркы кыргыздардын эне тили, ата наркы, каада-салты, рух дөөлөтү, сөөлөтү, күүлөрү, обондору, ырлары, эпостору, дастандары, жомокторү, комузу, кыягы, чоору, сыбызгысы, добулбасы сакталып, жашап келген, жашай бермек. «Малым-малым дебегин малың toонун чымчыгы, багым-багым дебегин багың токой чырпыгы, үйүм-үйүм дебегин үйүң кийиз жыртыгы. Бетеге кетет бел калат, бектер кетет эл калат» дейт акылман эл. Демек, алган жар, салган там, күткөн дөөлөт, казна-байлык, мал-мүлк, баары колдун кири менен жуулат да кетет. Бирок дастандагы ыр калат, кагаздагы сөз калат. Кана, биздин доорго чейинки дүркүрөп гүлдөгөн Вавилон шаары, аны менен тең жаралган Библия китеби али күнгө дооран сүрүүдө. Кана, Мисирде, Шамда, Басриде, Куфада курулган байыркы эстеликтер, бирок мусулмандардын ыйык китеби, арабдардын тарыхый жазма эстелиги Куран күнү бүгүн күчүндө. Троян шаары жок, бирок «Илиада» менен «Одиссея» бар. Жер жүзүнөн бир элди жоюш үчүн анын тарыхый жазмасы менен күүлөнгөн аспабын жоюш керек.

Кыргызды жоём десен, үнүн баскын:
Кылкыяк, чоор, комуз, добулбастын.
Кыргыздын күүсү барда кыргыз өлбөйт,
Күүлөнүп күчөп турат болуп ташкын.

Кыргыздын алам десең алтын башын:
«Манасы», «Камбарканы» сайрабасын.
Канчалык түгөнсө да түтөп чыгат,
Кас душман тишин канча кайрабасын.

Кыргызды жойгуң келсе, тилин жойгун,
Тил барда кыргыз өлбөйт, билип койгун.
Багынбай бала калат тили сайрап,
Баатырын жазага тарт, мейли сойгун.

Кыргыз бар – тили барда, салты барда,
Кыргыз бар комуз черткен калкы барда.

Бул көрүнүш жеке эле кыргыздарга эмес, жер жүзүндө жашаган бардык улуттарга таандык. Казактардын домбрасы, өзбектердин дутары, тажиктердин рубабы, испандардын гитары, орустардын балалайкасы болгондой эле, комуз кыргыздын символу. Мына бул китеп эки томдон турган «Кыргыз күүлөрү» улуттун тилин, дилин, күүсүн, үнүн, салтын, касиетин сактай турган руханий казына. Кыргыз – кыргыз болуп жаралганы, алмуздактан берки күүлөрү изилденип, иликтенип, тастыкталып, талдоого алынып, ирээтке салынып, байыркынын белеги катары азыркы жана алдыңкы муундарга тартууланып отурат. Мында күүлөрдүн тарыхы, таржымалы менен бирге анын жаралышы, таралышы, аткарылышы, багыты, мазмуну, мааниси, таасири чечмеленип, эстетикалык рахат берген, окурмандын рух дүйнөсүн козгогон эң кызык баяндар бар.

Күү баяндары аркылуу кыргыздардын баскан жолу, алган орду, дүйнөгө көз карашы, кулк-мүнөзү, философиясы, психологиясы, экономикасы, социалдык-саясий абалы, жашоо тиричилиги, көчмөн турмушу жана да толуп жаткан майда-барат көрүнүштөрүнө чейин, атүгүл Атилла доору, Томирис доору, Чыңгызхан доору, Темирлан доору, Жунгарлар доору, колонизаторлор доору, кеңеш бийлигинин доору – дээрлик кыргыздардын башынан өткөргөн тагдыры, тарыхый жолу бүт камтылган. Күүнүн башы Камбаркандан тартып, китепте: камбаркандар, шыңгырамалар, насыйкаттар, санаттар, термелер, ботойлор, кербездер, алардын түрлөрү, вариациялары, байыркы Манас күүлөрү, Туран күүлөрү, Найман күүлөрүнөн тартып, калдайган калың замандардан, кербендей чубалган узак кылымдардан кабар берген эң сонун күү баяндары бар.

Күү маанисин аттары эле айтып турган: Бекарстан, Кетбука, Бургуй, Айхан күү, Аксак кулан, Аккочкор-Каңкы, Аюуке-Майтык, Асказан жебе, Эки ногой айрылыш, Акбарак ботом, Карагул ботом, Жалайыр жалгыз, Керимбай кулунум, Моңолбай, Бекташ, Үчүкө-Түлкү, Жөө Тынай, Анжыян калкы, Дуу басар, Кой бөлөр, Кыз ойготор, Көкөй кести, Сынган бугу, Ибарат,

Күлөйрон, Күлжигит, Кер толгоо, Терс кайрык, Арсар күү, Шалкы күү, Көйрөң күү, Сары барпы, Турумтай, Актамак-Көктамак, Шүдүңгүт, Көксандал, Кашка аргымак, Арча тору, Шырдакбектин боз жорго, Музоокенин муңдуу күү, Куурчак катын Корсоной, Кыз Сайкал, Кыз Дарийка, Айкүмүштүн такылет, Бурулчанын селкинчек, Батыркандын салбары, Төрөтай, Күңөтай, Паризат, Гүлгаакы, Канышбек, Аксаткын, Акмактым, Акзыйнат, Үкөй, Какей, Качкан кыз, Өрттөм-Музарт, Кайран эл, Качкан эл, Кайткан эл, Кожожаш, Кедейкан, Сарынжи-Бөкөй, Жаныш-Байыш, Эр Курманбек, Эр Табылды, Олжобай менен Кишимжан, Мендирман, Солтоной, Мундук-Зарлык, Күкүк, Желдирме, Эргиме, Чайкама, Миң кыял, Тогуз кайрык, Атаны кокуй, Сексен сом, Он алты сом маасы, Жашыл жайлоо мал семиз, Жыргал күн, Жүрөк толкуйт, Жаңы марш, Колхоз куралы, Паравоз, Жеңиш, Жаш тилек, Кыргыз көчү, Улуу тоолор, Ата мурасы, Көл баяны ж.б. күүлөр Алтын казынадагы Улуу мурас.

Бул күүлөрдү машын келтире черткен биз көрүп, билип калган залкар комузчулар, актаңдай акындар Толтогул, Эшмамбет, Ниязаалы, Айдараалы, Эсенаман, Майлыбай, Эркесары, Молдобасан, Муратаалы, Карамолдо, Ыбырай, Актан, Калык, Алымкул, Осмонкул, Атай, Муса, Шаршен, Адамкалый, Шекербек, Чалакыз, Ысмайыл, Токтоналы, Турсун, Асылбек, Болуш, Коргоол, Алтымыш, Сарыкунан, Мыскал, Мейилкан, Саид, Бейшеналы, Сексенбай, Жумамүдүн, Экия, Канымгүл, Бектемир, Токтосун, Эстебес, Ашыралы, Тууганбай гана эмес, али биз билбеген, укпаган, уксак да өзүн көрбөгөн кыра комузчулар Музооке, Жеңижок, Солтобай, Байгазы, Кудайберген, Бокктөн, Кара Курман, Сейилкан, Байгабыл, Байбуура, Моңолдор, Кошкулак, Ындыбай, Чыңгышбай, Токчулук, Кайдуу, Чоңду, Калмурат, Сыртбай, Калмырза, Боогачы, Казыбек, Капал, Жолбун, Бектур, Асанаалы, Асанбай, Датка, Бөжөк, Шааке, Шабий, Шаабай, Муңдук, Карагул Үкүбаев, Садык Өмүралиев, Керим Жакшылыков, Калмамбет Эркебаев, Акысбек Дуйшеев, Акмат Бердибаев, Шайкожо Ахметов, Сулайман Мээрканов, Дуйшө Сариев, Борбодоев жана башка эл ичиндеги кыра комузчулар чертип, кыякчылар тартып, биздин күндөргө жеткирген.

Албетте, терең изилденбегендиктен, тарыхый маалыматтардын жоктугунан, булардан мурдагы, айталык XVIII кылымдан ары карай кылымдардын түпкүрүнө кеткен күүчүлөрдү, кыякчыларды,

чоорчуларды, сыбызгычыларды, сурнайчыларды, ырчыларды, дастанчыларды, манасчыларды билбейбиз. Билгенден, аздыр-көптүр Каюм Мифтахов, Ыбрай Абдракманов, Затаевич, Виноградов, Тазабек Саманчин, Зыяш Бектенов, Балбай Алагушов, жана Буудайбек Сабыр уулунан Арстанбек Буйлаш уулу 500 күү черткенин, Токтогулдун 200 күү, Ниязаалы Борош уулу 300 күү, ошондой эле Карамолдо да, Ыбрай да 100дөн ашык күү черткенин билип отурабыз.

Башка элдерди айтпаганда да, казак музыка изилдөөчүлөрү өздөрүнүн домбрачы, кыякчы, обончуларын: Батыш Казакстандан чыккан Курмангазы, Давлетгирей күүлөрү жана Чыгыш Казакстандан чыккан Татымбет, Сүгүр, Дина күүлөрү деп, кескин экиге бөлүп карайт. Ошол сыңары, айтылуу кыргыз комузчу, кыякчы, күүчү, обончуларды Ысык-Көл, Тянь-Шан, Чүйдөн чыккан же түндүк Кыргызстандан чыккан Арстанбек, Муратаалы, Карамолдо, Ыбрайдын мектеби деп, же Аксы, Талас, түштүктөн чыккан Токтогул, Ниязаалы, Эркесары, Атайдын мектеби деп, күүлөрдүн жаралышы, таралышы, мазмуну, мүнөзү, аткаруу манерасына карай экиге бөлүп изилдесе болот.

Азиз окурман! Кыш келди жомогуңду айт, жаз чыкты ырыңды ырда деген сөз бар. Анын сыңары, «эл ичин - өнөр кенчин» аңтарып, жазында жайлоого, табийгатка чыгып, обон созуп ыр ырдап, көңүлүңдү көтөр, кышында согумунду жеп, жомогуңду айтып, кызыкка бат, жылуу-жумшак үйүңдө жат. Мына жыргал, мына дөөлөт, мына сөөлөт! Комуз күүлөрүндөй тээ түпкүрдөн ой козгогон, канаттуу кыялга салган, жан көшүлткөн, мээ сергиткен, өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк бар бекен? Жаша комуз, күү жараткан сергек сезим, тунук акыл, терең ой, комуз черткен чебер кол!

Бул китептен тээтиги Алаш-хан, Кара-хан, Огуз-хан, Адыл-хан, Барсбек, Култегин, Тонукөк, Чынгыз-хан, Темирлан, Мамай, Тагай-бий, Манап-бий, Шоорук-бий, Кубат-бий, Абылай-хан, Ормон-хан, Кенесары, Норузбайдан тартып, Жайыл-баатыр, Тайлак-баатыр, Бүргө-баатыр, Балбай-баатыр, Төрөгелди-баатыр, Атаке-баатыр, Тобок-алп, Алымбек-Датка, Ажыбек-датка, Курманжан-датка, Медет-датка, калмак тайшылары Цевен Рабдан, Галдан Церен, Үгөдөй, Жебедей, Субудай, Кубудай, Белкутай, кыргыз олуялары Мойт-аке, Сарт-аке, Садыр-аке, Тилекмат-аке, Кыдыр-аке, Санчы сынчы, Толубай сынчы,

Калыгул, Боронбай, Жантай, Жангарачка чейин эң көп тарыхый инсандардын таңкаларлык окуяларын табууга болот.

Бул китеп жалаң гана музыка изилдөөчүлөргө же музыка сүйүүчүлөргө окуу курал болуп бербестен, жалпы эле илимпоздорго: тарыхчыларга, философторго, филологдорго, биологдорго, экологдорго, географтарга, археологдорго гүлазык, комуз өнөрүнө кызыккан окурмандарга эстетикалык рахат бере турган руханий дүйнө. Демек, өз демилгеси менен, жан дили менен комуз күүлөрүн, кыяк күүлөрүн, чоор күүлөрүн изилдеп, ийне менен кудук казгандай бирден терип келип, эки томдук китеп кылып чыгарган патриот-инсан Асан Кайбылдаевга чын жүрөктөн ыраазы болбой койбойсуң. Асан-ага эмгегинин үзүрүн көрбөй, бул эки томдуктун чыкканын көрбөй кетти. Тоту-жеңе, кайрат кылыңыз!

ЭРНИС ТУРСУНОВ

*Кыргыз эл акыны,*
*Кыргыз маданиятына эмгек сиңирген ишмер,*
*Ысык-Көл дубанынын ардактуу атуулу.*

# КҮҮ – РУХ ДҮЙНӨСҮ

КИРИШ СӨЗ ОРДУНА

Кыргыз – кыргыз болгону учу узарып, ташы өөдө кулаган «кел-кел» замандар өттү. Анда комузу булбулдай таңшып, «эркиндикти – эгемендикти» даңктады, даңазалады. Кыргыз – кыргыз болгону куюшканы кыйшаңдаган «кет-кет» мезгилдер да өттү. Анда комуз добушу арман, муңга толду. Эли үшкүрсө – онтоду, эли күйүткө түшсө – боздоду.

Кыргыздар бир сырдуу – миң кырдуу айкөл эл. Аны билгиң келсе «жан жолдошу курдашы, жан күйөөрү сырдашы – үч ичек кылдуу комузунан сура» деген кеп ошондон калган белем? Сөз менен жеткире албаганды бабалар күүгө салышкан, ой туюму чечмелей албаганды кыл кайрыгына сиңиришкен. Акылман нускоолор «Насыйкатта» чертилсе, боз ингендей боздогон муңдуу «Ботойлор» коштогон. Өмүр-турмуш өктөсүн «Камбаркандар» баяндаса, кейишке чайыган сезимдер «Кербездерде» туюндурулган. Жокчулук-корчулук «Арман» күүлөрдө, шум ажалдын өктөөсү «Кошок» күүдө, жаштык жалын махабат «Ашыглык», «Күйгөн» күүлөрдө баяндалган...

Мына, ушул топтомдордо күү өнөрү өркүндөп өсүп, улуттук музыка данакер катары ар замандын алакасын кайрып, ар мезгилдин ыргагын ырастап, сапарын улап келген. Комуз күүлөрү дүңүнөн бүгүн деле чертилип жаткандыгы ырас. Бирок, көптөгөн күүлөрдүн тарыхый ташпиши көпчүлүккө али бейдайын кала берүүдө. Бул жагдайды качанга чейин көз жумдуулукка сала бермекпиз. «Күүнү чертсең – айтып черт», билгилер талабы ушундай. Анда эмесе, үч кылдын тили-дилине сүңгүп кирип, кайрыктар дарегине издөө салуу максаты алдыбызда тургандыгы баарыбызга дайын. Айта кетээрибиз, түпкүрдө буюккан күү сырларын көрүнгөн комузчу ачып бере алышы күмөн. Байыркы-кечээки жана учурдагы күүлөрдүн бай таржымалын талдоого алып, аны тарыхый чындыкка байлап, тастыктап бериштин өзү канча машакатты талап кылмак? Илимпоздордун, акын-жазуучулардын, адабий ишмерлердин,

искусство адистеринин басма бетинде жарык көргөн эмгектеринен тышкары байыркыдан берки элибиздин карт тарыхын барактап, ташпиштөөгө алуунун өзү канча машакат. Андан сырткары аспапчылар, санжырачылар менен баарлашуулар талабы деле канчалык? Улуттук музыкалык маданиятыбызда өлчөөсүз орду бар: кыл кыяк, чоор, темир ооз комуз, жыгач ооз комуз сыяктуу аспаптарда ойнолуучу күүлөр комуз кайрыктары менен коюндаша, эриш-аркак жашоосун улап келаткан себептүү «Кыргыз күүлөрү» үчүн орток материал катары пайдаланылаары турган иш.

Күү ырахатына күймөлбөгөн, эл тарыхын элес албаган кыргыз баласы Ата-Журт жүгүн аркалашы күмөн. «Кыргыз күүлөрү» аттуу бул адабий-музыкалык-тарыхый эмгекти окурмандар жамаатына жеткире алсак, чети оюлбай жаткан байыркы бабалардын улуу мурастарына урмат-сыйыбыз гана артылмак. Бул максатты эске алсак, колубуздагы аспаптык «Кыргыз күүлөрү», албетте, мектеп окуучуларына, жогорку окуу жайынын студенттерине, маданий агартуу мекемелеринин кызматкерлерине, музыка изилдөөчүлөрүнө, этнографтарга жана тарыхчыларга табылгыс илимий-методикалык эмгек болуп калаары айдан ачык.

**«Казынабыз» бөксөрбөсө — калкына кызмат өтөсө**

Пайгамбар жашты артка шилеп, 80ге кол серепчилеп, карыялык курактын кароол дөбөсүнөн алды-артка абай салып турган чакта бирөөлөргө күнөө артып, тийиштик кылуудан Кудайым өзү сактаса экен. Анткени менен, бүгүнкү жана келечекки муундар үчүн акыл пештээр, кеңеш берээр аксакалдык нарктан айныбасак болгону.

Азыркы айтайын дегенибиз: улуттук рухий дөөлөттөрүбүздү, анын ичинде аспаптык күү мурастарыбызды урпактар дээрине сиңирүүдө үналгы уктурууларынын, сыналгы көрсөтүүлөрүнүн милдети зор экендигин эске алуу менен улуттук музыкалык мурастар сакталган «Алтын казына» маселеси жагдайындагы ой учугун ортого сала кетүүнү эп көрдүм.

Өткөнгө карек таштайын:

1990-жыл. Эс алууга чыгып, ардагерлер сабын толуктап калган күндөрдүн биринде мамлекеттик телерадио комитетинин алдындагы музыкалык «Алтын казына» («Золотой фонд») архивин аралаган жайым бар. Катар-катар текчелерде тизилип, көргөндүн көз жоосун алган орус, чет тилдеги музыкалык тасмалар. Алардын аяк астында калган — чаң баскан, тапталган кыргыз тилдүү ыр-күүлөр

жазылган тасмалар... Көңүл өйүгөн бул көрүнүштү көп өтпөй «Комузум кайда мен кайда?» («Чүй баяны» гезити), «Учугун үзүп албайлы» («Ала-Тоо» журналы), «Колдоочуң кайда комузум?» («КМ гезити»), «Комуз жөнүндө ой толгоо» («КМ» гезити) сыяктуу темаларда басма бетине макалалар топтомун жарыялаган элем. Ал аңгыча радио-теле комитетине жетекчи болуп Сатыбалды Жээнбеков келип калды. Макалаларымды колтугума кысып, жаңы деректирге кирдим да, «Окуп чыгып, оюңузду айтыңызчы» деп өтүндүм. Эки күн өтпөй Сатыкең телефон чалып өзүнө чакырды.

– Макалаларыңызда маалымдаган ойлоруңузга толук кошуламын. Биздин мекемеге келип, музыкалык «Алтын казынада» реставрация (калыбына келтирүү) бөлүмүндө иштеп бербейсизби? – деп калды.

Мен макулдугумду билдирдим. Сатыке дароо орун басары Байма Сүтөнованы чакырып, ишти баштоо үчүн бардык шарттарды түзүп берүүнү тапшырды.

Операторлор: Турдубек Иназаров, Жамалбек Шаабаев жана машинисткадан турган жумушчу топ эки күндө даяр болуп, 1991-жылы 24-июнда дароо ишке кириштик. Биз, реставраторлор, алгач текчеде эмес, жерде ным тартып, чаң баскан, кээси кургап, куурап чирий баштаган, жүрөкчөсүнөн ажырап чубалган, канчалары «жараксыз» деп табылып, подвалга (жер төлөгө) ыргытылган «таштанды» тасмаларды улап, курап, жамаачылап убарага кайыл ишибизди улантып жаттык. Ага бир мисал тарта кетсек ашыктык кылбас: Алымкул төкмө жаздырган «Саламдашуу» аттуу тасма 1959-жылдын 19-декабрында жазылган экен. Ушунчалык жараксыз абалга жеткен, тасманы ыргытып жиберүүгө кол барбайт. Эки күн кечке калыбына келтирүү машакатынан кийин гана Алыкемдин «Саламына» «Алик» жолдонгон эле.

Иштин кызыкчылыгына кызыгыбыз артып, «казына» капчыгын кампайтууга жан үрөп, иштеп жаткан күндөрдүн биринде Ыбыкем (Ыбырай) кирет түшүмө. Комузун күүлөй отуруп, жарыктык киши айтып жатпайбы: «Асан, күүлөрдү кайра тирилтип, жакшы иш жасап жатасыңар...».

Ошол эле арада оператор Турдубектин түшүндө Карамолдоке үн жазгыч аппараттарды айланчыктап жүрөт да, адистин колун кысып «рахматын» айтат. Касиеттүү түш көрүү түйшүгүнөн Жамалбек да куру эмес экен.

Кудая тобо-о! Залкар талант ээлери өздөрү мурас калтырып кеткен бул жайды – музыкалык «Алтын казынаны» а дүйнөгө кетсе да, арбактарына кайтарууга алдырып, айланчыктап жүрөт окшобойбу. Аларга куран окуп, бата жолдойлу деген кеңешке келдик.

Айтканыбыздай болду. Аттуу-баштуу радио комитетинин жетекчилерин чакырып, а дүйнө салган күү залкарларынын арбагына куран окулду, алдыдагы аткарыла турган дагы далай иш-чараларга багыт жолдонду.

Сөздү кыскарта жыйынтыкка келсек, маркумдар урпактарына калтырган музыкалык мурастар далай машакаттардын соңунан «Алтын казына» текчелеринен өз ордун табууга мүмкүнчүлүк ачылган эле. Андан бери чейрек кылымдан ашып барат. Кезектеги кечиктирилгис милдет – ошол улуттук улуу мурастарыбызды урпактар дилине сиңирип жаткандыгын унутпасак. Бул маселени ишке ашырууда, албетте, улуттук радио-теле берүү адистеринин акылгөй билгилиги, аракет-жөндөмү айрыкча талап кылынаары шексиз.

Жараткандын жазмышына тобо! «Кыргыз» деп аталган улут үчүн айтуучуларды (манасчылар, дастанчылар), аспапчыларды (комузчу, кыякчы, чоорчулар), ырчыларды (акындар, обончулар) Ала-Тоо койнуна топ-тобу менен ыроолоп койгон белем. Аспапчыларды эле көз алдыга тарталычы. Кайталангыс ошол таланттардын кайсы бирлеринин мурастарын кагаз бетине чиймелеп – нотага түшүрүүгө үлгүрүп калсак, канчаларынын күүлөрү үн тасмага жазылып, казынадан өз ордун тапты. Буга да шүгүрчүлүк. «Казына» капкагын оодаралычы:

1. Ыбырай Тумановдон – 139 күү;
2. Эркесары Байбасаровдон – 81 күү;
3. Асылбек Эшманбетовдон – 75 күү;
4. Асанаалы Кыштообаевден – 70 күү;
5. Карамолдо Орозовдон – 48 күү;
6. Усуп Орозовдон – 43 күү;
7. Бектур Осмоновдон – 43 күү;
8. Шекербек Шеркуловдон – 42 күү;
9. Самсаалы Аликеевден 42 – күү;
10. Мекиш Баата уулунан 39 – күү;
11. Асанбай Карим уулунан 31 – чоор күүсү;
12. Абдракман Кыдырбаевден 30 – күү;

13. Барпы Сапек уулунан – 28 күү;
14. Датка Шааке уулунан – 31 кыяк күүсү;
15. Болуш Мадазимовдон – 28 күү;
16. Асанбек Кыдырназаровдон – 21 күү;
17. Жылчый Курманкожо кызынан – 19 күү;
18. Саид Бекмуратовдон – 19 кыяк күүсү;
19. Абдыкерим Мокеевден – 18 күү;
20. Ыйманкул Мырзаевден – 18 кыяк күүсү;
21. Зыйна Шайбековадан – 17 ооз комуз күүсү;
22. Бөжөй Шадыкановдон – 16 күү;
23. Жали Али уулунан – 16 күү;
24. Нуруйла Усуповадан – 14 ооз комуз күүсү;
25. Жанаалы Короочу уулунан – 13 күү;
26. Муса Молдокановдон – 12 күү;
27. Акматаалы Моңолдоровдон – 12 күү;
28. Экия Мукамбетовдон – 12 күү;
29. Атай Огонбаевден – 11 күү;
30. Кулбай Түмөнбай уулунан – 10 күү;
31. Жумаш Саркөбөн кызынан – 9 темир ооз комуз күүсү;
32. Райымберди Сакеевден – 8 чоор күүсү;
33. Шабий Токтоевден – 8 күү.

Жумалы Сейдалиевден, Үмөр Маамытовдон, Кудаяр Маатаевден, Акимкан Сыдыковдон, Касымаалы Тойгожоевден, Токтогулдун уулу Бабажандан жазылган күүлөр да бар. Бирин-бири кайталабаган сай күлүктөр санагын ушуну менен чектеп койсок жаңылышарбыз. Азбы-көппү кайрандардан калган күү мурастарды «Казынага» кайтарып алганыбызга да шүгүрчүлүк. Алдыдагы максат «Казына» капкагы калкы үчүн ар дайым ачык турууга тийиш. Жогоруда биз санактан өткөргөн өнөрпоздордун дээрлик көбү арабызда жок. Алардын аманатын эл-журтуна кезек-кезеги менен кайтарып турсак, ага арбактар ыраазы, атпай журту ыраазы. Расында, ата-бабалар калтырган улуу мурастарды урпактар баалай алышса, улуттун келечегине жол ачылмагы. Экрандын эң жоопкерчиликтүү милдети мына ушунда. Көзү өтүп кеткен эл шайырларынын балдары, жакын санаалаштары, урук-туугандары, тааныштары үчүн да табылгыс кубаныч тартууланмак, ошондой эле жалпы улуттук рухий дөөлөттөрүбүз үчүн улук кызмат өтөй жүрмөк. Кыргыз күүлөрүн Москва, Пекин, Алматы же Ташкен уктурбайт. Кыргыз күүсү «Кыргыз» болуп жаңырык салып, Ала-

Тоо аймагынан Аалам мейкиндигинде таңкы шооладай чачырап, таң булбулдай таңшып туруусу тийиш. Бул – улуттук Ар-намысты туу тутуунун айныксыз белгиси дегендик.

Кылымдар жолунда кыл өнөрүн урматтап, «Жылкычынын шырылдаңынан», «Койчулардын коңур күүсүнө» чейин комуз кулагын бурап, «чойт-чойттогон» чоор күүлөрүн улап келген элибизге бүгүн «дуу-дуусунан» чуусу көп эстраданы эфир толкунунда сунуштай берсек, эртеңки абалыбыз эмне болор экен? Ошону унутпасак. Бабаларыбыз сөз менен жеткире албаганды күүгө салышкан: көздөн жаш кылгырткан көйгөлөр үчүн «Көкөй кестини», махабаттын ысык мамилесине «Күйдүм чокту», ашыглык зар муңуна «Үкөйдү», салтанаттуу жыйындар залында «Жыргал күндү», эркиндик-каармандыктын элеси – «Жеңишти», нарктуулук-акылмандык чакырыгына «Насыйкатты», ашыглык алым-сабагына «Ак тамак, Көк тамакты», күлкү – өмүрдүн мүлкү үчүн «Көйрөң күүнү», ой-толгоолор оролуна «Миң кыялды», жаңы заман жарнамасы дегенде «Паровозду»… дагы ушу сыяктуу күүлөрдү көч башына коюп турсак кана?! Не маданий майданда, не концерттик программаларда адабий-музыкалык берүүлөрдүн өзөгүн комуз күүлөрү түзүп турса кана?! Ошондо гана «Кыргыз» деген наамга кыт куйгандай жарашык болоорун эгерим эстен чыгарбасак.

Кыргыз салтында карылар өзгөчө сый-урматка татыган. Улуулата устукан тартылып, сакалдуулай чыны сунулган. Төрдөгү карыларга катарлаш комузчулар орунтук алып, санжыра, дастандарга сабакташа күүлөр уктурулган.

Азыркы «эфир толкуну» болобу, өнөрпоздордун концерттик оюн-зоогу дейлиби, мурастык чыгармаларга (ыр-күүлөргө) «эскичил» деп жерип – мурун чүйрүү, батышты туурамыш этип «жаңычылыкка» үзүлүп түшүү улут рухуна доо кетирип койоорун, анын арты улуттун келечегине эсепсиз кедерги тийгизээрин эсибизге тута жүрөлүчү, туугандар!

Улуттук рухий дөөлөттөрүбүздүн келечеги үчүн күйүп-бышкан музыка иликтөөчүлөрдүн бири Тимур Саламатовдун ой-сунушун кошумчалай кетмекчибиз: «Өткөндөгү социалисттик коом музыкалык маданиятыбызга көп жаңычылык киргизген эмес беле? Ошол максатта атайын музыкалык театр, филармония, окуу жайлары ачылып, атайын билим алган музыканттар топтому, эл чыгармачылыгы дэңгээлинен бөлүнүп чыкты. Натыйжада, мурунтан келаткан элдик музыканын табигый агымдары көңүл борборунан

сүрүлүп калды. Чыгармачыл адамдар көбүн эсе опера, балет, симфония жанрларын өздөштүрүү менен алек болуп кетишти... Обончулукту алсак, улуттук колориттин чордонун түзүп турган үндөштүк, созулмалуулук азайып, ырдын ички мазмуну эмес, сырткы эффектилерине көңүл бурулчу болду. Биз комузга колубуз барбай, аккардеонго жабышып алдык. Ушунун өзү эле салттык ыр жанрыбызды жылаңачтап, жакырлантып салбадыбы?

Залкар өнөркечтерибиздин көбү дүйнөдөн өтүп кетти. Алардын калтырган мурастары аркылуу гана биз башка элдерге өзүбүздү тааныта алабыз. Биз, комуз баштаган элдик аспаптарды жанданта алсак гана, улуттук өңү-түсүбүз айкындала алмак. «Ак Зыйнат», «Ой, булбул», «Күйдүм чок», «Гүл»... не деген ырлар?! Ырды баштаарда аспаптык киришүүнү келтире чертиш – өзүнчө бир искусство. Ырга чейинки комуздун обон кайрыктары эле жан дүйнөңдү ийитип жиберет эмеспи. Ал эми ыр-обон-күү айкалышы не деген керемет?!»[1]

Ары жагына алаксыбай, бериде музыкалык адабий казынада катылган аспаптык күүлөрдүн сан өлчөмүнө санак салбасак да, ар кыл мазмунду камтыган, адабий көркөм үлгүдөгү рухий дөөлөттөрүбүз ушунчалык бай экендигине күбөдөр болобуз:

1. Акылмандык санат-нускоолор («Насыйкат», «Ибарат»...)
2. Өмүр-турмуш өктөөлөрү («Камбаркандар»...)
3. Ата-Журт ажары («Ала-Тоо», «Ысык-Көл»...)
4. Эне-Мекен («Ош кайрыгы», «Таласым»...)
5. Ырыс алды – ынтымак, достук-тилектештик...
6. Философиялык туюмдар («Дүйнө», «Сен дүйнө»...)
7. Каада-салттар («Бешик күү», «Кыз оюн»...)
8. Карылык, жаштык жалын, өмүр өктөөлөрү.
9. Үй-бүлөдө (атага, энеге, ага-ини, жеңеге арноолор)
10. Жокчулук-корчулук («Армандар»...)
11. Шум ажал өксүгү («Кошоктор»...)
12. Кейишке салган кенемте («Кербездер»...)
13. Боз инген сымал боздоктор («Ботойлор»...)
14. Күлкү – өмүрдүн мүлкү («Куудул күүлөр»...)
15. Жаратканга жалбаруу (диний-тотем кайрыктар)

жана башка токсон толгоолорго салып, толгон ой туюмдарды камтый чертилген мындай күүлөр тоолук кыргыздар үчүн улут рухун, улут идеологиясын айгинелебейт дегенге ким кепил?!

1 Тимур Саламатов. Оболо кыргыз обону // Ала-Тоо. №10. 1990. 142-бет.

Алла Таала Эгемендикти насиптеди, Эркиндикти берди. «Эркинбиз» десек, келгиле, кыргызча ырдайлы, керек кезде кыргызча ыйлайлы. «Кыргызбыз» десек, үч кыл комузубуздун кулагын бурайлы, күүдөн күүнү улайлы, аны жүрөк сезимибизден тыңдайлы.

Музыкалык «Алтын казынадагы» канча күүлөр-ырлар камыгып, угармандарын, күйөрмандарын сагынып жаткандыгы жалганбы. Ал үчүн «Казына» килитин ачалы да, катылуу жаткан мурастарды калк кабылдоосуна салалы. Шүгүрчүлүк, иликтөөгө алынып келаткан «Кыргыз күүлөрү» колубузда, аны барактайлы. Жаш-карыбыз дебей алмусдактан келаткан күү өнөрүн акыл, күч, талант дараметибизде санактайлы.

Кыргыз деген Улуу журт кылымдардан,
Кыл чайнашкан уруштa кырылбаган.
Эчен кылым эскирбей, эми деле,
Таш боорунда жазылып сырың калган.
Уламалап айтылып обон созуп,
Укмуштуудай дастаның, ырың калган.
Улуулардан кичүүгө мурас болуп,
Ууз кайрыктуу комузда күүң калган.
Уктаса да башына жаздап алган,
Ушул байлык – Кыргызды кыргыз кылган.

*(Асанкул Буудайчиев)*

Акыныбыз айткандай: «Кыргызды кыргыз кылган» байлык, улуттук рухий дүйнөбүз – күүлөрүбүз экендигин эстен чыгарбайлы.

# ҮЧ КЫЛДЫН БҮТПӨС СЫРЛАРЫ

## КЕРЕМЕТТЕР ДҮЙНӨСҮНДӨ

Байыртадан дүйнө эли 7 деген санды ыйык сезишсе, 7 деген сан кыргыз элинде символ катары аталып келген: «Жетинин бири кыдыр», «Жети өлчөп бир кес»...

Ааламдагы жети укмуш керемет жөнүндө алгач Антипатр аттуу жазуучу жарыя салганы бар: Олимптеги Зевстин эстелиги (Грецияда); Эфестеги Артемида храмы (Кичи Азияда); Галикарнастагы Мавсолдун күмбөзү; Родос аралындагы Күн кудайы Гелиостун эстелиги; Африкадагы Александр маягы; Гизадагы Хеопс пирамидасы, Азиядагы Семирамида багы ж.б.

Канча кылымдар мурун курулуп, көргөндүн көз жоосун алган, адамдын акыл-эсин айран кылган ошол Аалам кереметтерине айланчыктай кетсек:

1. Эфестеги Артемида храмы. Байыркы Кичи Азияда (Азыркы Түркия аймагы) б. з. ч. 560-жылдары Эфеске арналып курулган храмдын чок ортосуна Артемиданын эстелиги орнотулган. Б. з. ч. 356-жылы көрө албастар храмды өрттөп жиберишкен.

2. Хеопс пирамидасы. Байыркы Египеттиктер өлгөн фараондордун мартабасын арттыруу максатында пирамидалар тургузушкан. Б. з. ч. 2580-жылдары Ху-Фу аттуу фараонго, уулуна жана небересине арналып курулган пирамидага 2,3 миллион таш сарпталган. Эгерде бүгүнкү күндөгү баасын эсепке алганда 22 млрд. долларды чапчымак.

3. Галикарнас күмбөзү. Б. з. ч. 377-353-жылдары асыл таштардан курулган күмбөз. Кийин жер титирөө апатында орду түбү менен жексен болгон. Бул күндөрү күмбөздүн ордунда үйүлгөн таштар гана калган.

4. Тажы-Макал күмбөзү. Мумтаз Макал айым өлгөндө Могол ханы 1628-58-жылдары эстелик – күмбөз кургузат. Тажы-Макалдын ички оюм-чийим жасалгалары кыргыздын боз үйүнө

окшоп кеткени кызык. Азыркы күндө Тажы-Макалдай курулуш үчүн 3.5 млрд доллар жумшалар эле.

5. Александр маягы. Б. з. ч. 280-жылдары Жер ортолук деңизинин Фарос аралында (Египетте) кемелер токтоочу порт-маяк курулган. Мунара башында от күйүп турган. Маяктын бийиктиги 117 метрге жеткен. Б. з. ч. XII к. суу каптап жана жер титирөөдөн мунара тып тыйпыл жок болгон.

6. Олимпиадагы Зевстин эстелиги. 3000 жыл мурун байыркы гректер Кудайлар падышасы Зевске сыйынышкан. Б. з. ч. 466-жылы курула баштаган храмда Зевстин тактыда отурган келбети жасалган. Б. з. ч. 435-жылы бүткөрүлүп, 800 жылдан ашык дүйнөнүн керемети катары таанылган. Бул керемет эстелик б. з. ч. IV кылымда өрттөлүп, жер титирөөдөн кийин суу астында калып, таптакыр жок болгон.

7. Римдиктер курган Родостогу Колос стадионуна 68 000 көрүүчү батчу экен. Дубалдын бетиндеги коздуктарды кошуп эсептегенде стадиондун баасы бүгүнкү күндө 8,30 млрд. долларга турмак.

Жогоруда саналган керемет курулуштардын баа-наркы эле адамды аң-таң калтырары шексиз. Жарык дүйнөдө түбөлүктүү эч нерсе жок, жаралмагы бар, бузулмагы бар, жоголмогу бар дегендей. Аалам кереметтери деле андан четтеп кете алмак эмес. Мисалы, өлгөн фараонго тургузулган египеттик Хеопс пирамидасынын курулушуна 2,3 млн. жуп таш тартылып келинсе, «Улуу Кытай чебине» 7 млн. $м^3$ материал жумшалган экен. Бүгүнкү доллар өлчөмү менен салыштырсак, Грециядагы Акрополь чиркөөсүнө 20 млрд. доллар, Моголдордун «Тажы-Макал» күмбөзүнө 3,5 млрд. доллар чыгымдалмак экен. Жоголуу жөнүндө сөз кылсак: Семираданын Асма багын Евфрат дарыясынын ташкыны тамам кылган, Артемиданын храмы мезгил агымында талкаланып тынган. Зевстин эстелиги түгөл өрткө дуушар болгон, Галикарнас мавзолейинен бир кышы калбай кыйсыпырга учураган, Родостогу Колосту болсо жер титирөө жексен кылган. Аалам кереметтеринен азырынча Египет пирамидалары гана турат.

Эмки сөз кезмегин Ааламда алакан отундай орду бар Ала-Тоолук кыргыздарга таандык кереметтер дүйнөсүнүн жетилик сан өлчөмүнө бурсак:

**1. Ала-Тоо кереметы.**

Ак жайдын аптабында аскасын ак кар, көк муз каптаган, Күн менен күлүп көрүшүп, Ай менен көз ымдашкан, саясында акактай тунук суулары баркан-шаркан, Космос энергиясын кочуштап алып Жер-Энеге чачкан, алыстан-алыстан Алтай, Памир, Орол, Тибет тоолору менен көз ымдашкан, ортолукта «Хан-Теңири, кайдасың?» деп кол булгалашкан канатында турбайбы, канча тоолор кыркаар тарткан ааламда акыл жеткис Ала-Тоо ал өзүнчө керемет.

**2. Ысык-Көл кереметы.**

Аптапта салкын, атыр жел согуп демдеген, аяздуу кышта алка-шалка тердеген, түрмөк-түрмөк толкун тоңуп калуу дегенди билбеген, суусу — дары, куму — өмүр, Ысык-Көл ырасында кайталангыс — керемет.

«Ысык-Көл — жердин көзү, кырлар кашы,
Адырлар — көкүрөгү, токой чачы.
Дайралар — кан тамыры, чоку — таажы,
Седеби, топчулары — ар бир ташы».
*(Түмөнбай Байзаков)*

**3. Кыргыз боз үйү — керемет.**

Түндүгүнөн Космос энергиясы куюлган, түптүз барып коломто очогунда уюган, ырыска шерик керегелери жайылган, ууктары түндүккө урагыстай сайылган, эшиги ачык — эгерим болбос жабылган. Ашуу ашып, агыны катуу суу кечкен, ат туягы басчу аймакка алеки саатта жеткен, душман көзүн жазгырып аска-зоо койнуна житип кеткен, анысы менен ар кандай кырсыкты кыйгап өткөн, бейкутчулук күндөрдө каркырадай тизилип, айыл-айыл конуштарды гүлдөткөн Кыргыз боз үйү — кылымдардан кылымга табылбай турган керемет.

«Алты дубан — алты канат кереге,
Калың эли — ал ууктары демейде.
Атпай журттун башын кошкон түндүгү,
Ынтымактын туусу эмей эмне?
Ала-Тоону элестетсе туурдугу,
А кырчоосу окшоп кетет желеге.
Босого ачык, эшик дайым түрүлүү,
Ырыс кетпей күйүп турат кемеге.»
*(Таир Суранбай уулу)*

**4. Ак калпак — керемет.**

Ала-Тоо түспөл чокусу, кырбусу Жер-Эне белгисин берген, кырданта кийип алса, Кыргыз ким экендигин элестеткен, ал элес ааламдын аркы четинен берки четине жеткен, кышта жылуу, жайда салкын, кыргыздын элестеткен наркын-салтын, баш кийимибиз — ак калпак ал өзүнчө керемет.

**5. Айтым «Манас» керемети.**

Акыл болуп, накыл болуп, тарыхка тааным болуп кабылданган, күндөп-түндөп айтса күүсүнөн жаңылбаган, апталап-айлап айтса асмандагы Күн нурундай жалындаган, жаза келсе ак кагаз бети түтпөгөн, азыркынын «Манасы» байыркынын «Иллиада», «Одиссеясынан» салмагы сака менен чүкө сымал жиктелеген алп дастан «Манас» — ал өзүнчө керемет.

**6. Ыр нөшөрү — төкмөлүк керемети.**

Ойлонбой туруп ыр чачкан, олтура калып күү тапкан, айтышка келгенде тоо суусундай ашып-ташкан, аспаптык чертиш сынагында жаз жамгырындай нөшөрлөгөн, күүлөнүп алса күзгү жаандай мөндүрлөгөн кыргыздагы өнөр — төкмөлүк — кыйлалар үчүн керемет.

**7. Комуз, күү керемети.**

Кайрыктары канча кылымдарды арыткан, ыргактары уккандарды ырахатка марыткан, качанкы «Камбаркандан» кечээги «Паравозго» чейин канча күүлөр күбө катары карт тарыхты камтыган, ырасында кыл өнөрү улутубуз үчүн рухий дөөлөт-дил дастан. «Тилге жолдош — үнгө дем» (Алымкул) өрүк комуз өзүбүз үчүн, не өзгөлөр үчүн керемет.

Окумуштуу Чоюн Өмүралиев болжогондой: жер алды (чыныгы дүйнө), жер үстү (жалган дүйнө), көк теңири (ыйык дүйнө) бул 3 катмар дүйнө ибаратын комуздун үч ичек кылы аспиеттей аларын маркум Самак Давлетов таасын баамдаганы бар:

«Күүлөр кеме — океандай чалкыган,
Күүлөр байлык — көк асмандай аңкыган.
Комуз күүсү ал бир укмуш керемет,
Ал керемет — үч кылында камтылган».

«Кыргыз кереметтери» жагдайлуу кеп учугун уласа, аяк-башы түгөнбөй чубалары анык. Башкасын коё туруп «Күү кереметине» күймөлө кеткенибиз туура болчудай.

а) Уламыштардан учук кеп. Айдыңы жер дүңгүрөткөн падышахтын алтымыш аялынын биринин согончогу канабай, перзентке зар болуп жүрөт. Акыры жаңы үйлөнгөн жаш токолунун боюна бүтүп, татына кыз төрөп берген экен. Наристе балапан куруктан өтүп, мезгили келип бой жетет. Күндөрдүн биринде кыз сыркоолоп, наар албай, кирпик какпай төшөктө жатып калат. Эмчи, домчу, тамырчы, табып, думана, бакшылардын бири калбай чакырылат, бирок эч кимиси дарттын дабасын таба алышпайт. Күдөрдүн биринде комузун койнуна каткан карыя хан сарайына келет. Өлүү-тирүү ортосунда жаткан кыздын маңдайына келип сыңар тизелей отура калат да, комузду колуна алып, күүгө келтирип, кыл тербей баштайт. Канча күү, кайсы күү чертилди ким билсин, оо бир оокумда кыз жүзүнө кан дүргүп, качантан наар татпай карышып калган жаак эттери жибип, кирпиктер ирмемге келет. Татына кыз көзүн ачып, комузчуга жылмаят, комуз тарапка колун сунат. «Мени ажалдан арачалап калган кереметтин сыры сенде экен го?» – деп комузду маңдайынан өбөт. Карап турган калайык окуяга аң-таң, жаратканга «тобо» келтиришет. Карыянын өнөрүнө, комуз күүсүнүн кереметине күбө болгон падыша күүгерди аттап-тондоп, кымбат баалуу белектер менен узаткан дешет. Ошондон баштап комузчулук кесип бааланып, комуз төрдө илине баштаган экен.

б) Отрарда 870-жылы туулган Каңглы кыпчак, жетимиш тил билген улуу музыкант Аль Фараби падышанын ак сарайында шарап ичип шатыра-шатман отурат. Бир кезде көпчүлүктүн көңүлүн өзүнө бургусу келген беймм, комузун колуна алып өтө муңдуу күү черте баштайт. Ошол замат оюн-зоок дымып, оор үшкүрүктөр ыйга айланат. Фараби комузун башка бурооого толгоп, шайыр шаттуу кайрыктарды жаадырат. Отургандар шолоктогон ыйын токтотуп ырдай башташат, топ-топ болуп бийлей башташат. Комуз коңур доошту толгоого буралып «Бешик күү» чертиле баштаганда, отургандардын бою балкып, көздөрү жумулуп, бири калбай уйкуга кетет. Бул кереметке күбө болгон падыша Аль Фарабинин өнөрүнө абдан ыраазы болуп, комуз чертүүгө өзү да кызыга баштаганы айтылып келет.

**Тарыхыбыз ташпиштейт.**

а) Байыркы кыргыздарда комузчу, кыякчыны чакыртып, алар ойномоюн бакшы-бүбүлөрдүн жини түшпөгөндүгү айтылат. Кыргызда «фагинун» деген болгон. Жылына белгилүү бир күндө комузчу, кыякчыларды чогултуп той өткөргөн. Комузчу, кыякчылар түгөлү менен оюнга келишкенде фагинундун эси ооп жыгылганы, күүлөр ойнолгондо эсине келип, ушул жылдагы тарчылык барчылык, токчулук, кургакчылык, кооптуулук, тынчтык жана жоо келээр-келбесин айтып берген. Анын айтканы айткандай келген.[2]

б) Байыркы гректер ден-соолуктун ээси Апполон деп таанышса, күүнүн дарылык касиетин Улукман аке (Авиценна, Ибн Сина) ачканын да айтып келишет. Жапандар (Япония) болсо, жагымдуу музыка энелердин эмчегин ийитээрин капкачан далилдешкен. Югославдар күнү бүгүн аракечтерди музыка аркылуу дарылап жүрүшкөнү белгилүү. Кыргыздын чыгаан инсандарынын бири илимпоз дарыгер Иса Ахунбаевдин Көк-Ойрок жайлоосунан ооруп түшкөн Кадыркул деген койчуну колундагы макиси жана комуз кылы менен операция жасаганы алигиче эл оозунда керемет катары айтылып келет.

в) Кадимки Ормон хандын уулу Үмөтаалынын жандооч ырчысы Ормотой Жумгалдын Тогуз-Булак деген жеринен болгон. Күндөрдүн биринде үйүнө конок келип, аны колдо бар оокаты менен меймандап отурат. Дасторкон үстүндө комуз чертилип, күүлөрдүн кызуусуна кирип кетишкен. Кезек «Тогуз кайрык» күүсүнө өтүп, анын таржымалын баяндап жаткан кезде короодогу койлорго ууру кирет. Койлордун семизин тандап жетелеп баратканда ууруну комуздун кооз добушу селт эттирет, тыңшай калат. «Не деген керемет добуш?!». Көзгө көрүнбөс, колго урунбас бул керемет ууруну турган жеринде матап таштайт. Акыры бул укмушка арбалган ууру уйкуга кирет. Короо күзөткөндөр бул окуянын үстүнөн чыгып, уктап жаткан уурунун тонунун көчүк жагын кесип ташташат. Ойгонуп тура калган уурунун тону жара тилинген. Өз күнөөсүн мойнуна алып, ууру көпчүлүктүн алдында шылкыйып отуруп берет. Ормотой комузчу эмки черте турган күүсүн «Көтөн кести» деп атап, күү кереметин көпчүлүккө далил тарткан экен. («Кыргыз руху» гезитинен)

2 Белек Солтоноев. Кызыл кыргыз тарыхы I. – Б., 1993, 25-бет.

г) Эмки мисалды өз өмүрүмдө өткөргөн окуяга бурайын. Үч жолку инфаркт оорусунан улам жаңы эле ооруканадан үйгө чыгып келген элем. Үй-бүлөмдөн бирөө менин абалыма байкоо салып, карыш жылбай, жанымда туруучу. Он үч жашар кызым ойноп кеткенби, бөлмөмдө жалгыз калыпмын. Уйку-соо ортосундагы табышмактуу азгырыкка арбалып, көзүм илингенсип, көшүлүп өзүмдү өзүм жоготконсуп барам. Кандайдыр күч, акыл-эсти арбап алаксытып салгандай. Кыймылдоого, кыбыроого да мүмкүн эмес. Эмне кылсам? Бар кайратты жыйып, колтугумдагы комузума кол сунам. Кайрыктар деле араң жан... Кандайдыр кылдардын кыңгыр-куңгуру... Комузум колумдан чыкса, ажал чиркиниң алкымдан алчудай кооптонуу бар...Канчалык көз ирмемдер каректен чубурганын ким билсин?.. Акырындап акыл-эс ордуна келе баштагансыды. Кызый-кызый кыл тербөөдө эсил кайран Асакемдин (Кыдырназаровдун) «Кыргыз көчү» кылактап, кылдар тербелип, кайрыктар акырында кадимки абалына келип, кайрат-дем байлап, оо-о бир оокумда гана өзүмө келгеним күнү бүгүн эсимден кетпейт. Кийин ойлосом, менин өмүрүмө өбөлгө күү керемети болгон окшобойбу.

**Сөз соңунда, комуз керемети дегенде:**

1. Теменедей темир жолотулбай, аспаптын табигый материалдардан (жыгач, булгаары, ичеги кыл) гана жасалышы;
2. Беренени талап этпес башка аспаптардан айырмаланышы;
3. Толгоолор тоомундагы чексиздик;
4. Нотага тушала бербей, күлүк аттардай арыш керген күүчүлүк өнөрдөгү эркиндик;
5. Күү – тарых. Кыргыз элинин байыртадан бүгүнгө чейинки басып өткөн өмүр жолу күүгө салынган.
6. Күү – улуттук идеология. Элибиздин рухий дөөлөттөрү: санат-насыяттары, кубаныч-кайгысы, ой-толгоолору түгөлү менен күүдө чагылдырылган.

Оо, кыргызым, не дейли? Ала-Тообуздун асман тиреген ак чокусундагы ак мөңгүлөрү соолбосун! Ыйыктын ыйыгы – Ысык-Көлүбүздүн бир тамчысы ыпыр-сыпырга булганбасын! Боз үйүбүздү борумдап тиккенди билели, бүккөндү үйрөнөлү! Ата өнөрү – акындыкты туу тутуп, күү өнөрүбүзгө күймөнөлү!

Акыркысын айтсак: «үч кылдын бүтпөс сырларына» үңүлүп, ал сырларды ачуу менен атпай журтчулуктун жүрөгүнө сиңирүү үчүн ар качандан бир качан акыл-эс жөндөмүбүздү үрөйлү!

## Улуттук музыкалык аспаптар жана үч кыл комуз

Доолбас үнү бапылдап,
Кернай үнү такылдап,
Жезнай үнү чакылдап,
Чылмыр согуп шакылдап,
Доол уруп дүңгүрөп,
Сыбызгы үнү тызылдап,
Дап согулуп дапылдап,
Тойго качу нагыра...
*(«Манастан»).*

Жогоруда «Манас» дастанында айтылгандай, байыртадан эле элдик музыкалык аспаптардан оркестрлер тобу түзүлүп, жер дүңгүрөткөн добуш менен душмандын сесин алууну көздөшчү тура.

Байыркы аспаптар жердигинде сынбас, бүлүнбөс материалдардан жасалып, көчмөн жоокерчилик турмушка ылайыкташтырылган. Мисалы: уйдун, төөнүн терисинен катырган ширеден доол, добулбастар жасалса, тоо текенин шаа мүйүзүнөн жезнай, кернайлар, жергиликтүү жыгач материалдарынан (карагай, арча, өрүк, шилби, камыш ж.б.) комуз, кыяк, сурнай, чоор, сыбызгылар даярдалып, ат үстүндө алып жүрүүгө ыңгайлаштырылган. Чоор, чопо чоорду кончуна жымырып, кернайды аркасына асынып, сурнайды моюнга илишкен. Добулбас, доол ээр кашынан оруntук тапса, комуз курга кыстарылып, чепкен ичине кастарланып катылган.

Музыкалык аспаптарды төмөнкү топторго бөлүүгө болот:

1. Үйлөмө аспаптар (аэрофондор): чоор, чопо чоор, сыбызгы, кернай, сурнай, ышкырык чоор.
2. Жаргактуу урма аспаптар (мембранофондор): добулбас, доол, дап.
3. Шыңгыратма аспаптар (идиофондор): аса-муса (аса таяк), шылдырак, коңгуроо, жылаажын, жыгач ооз комуз, темир ооз комуз.
4. Кыл аспаптар (хордофондор): комуз, кыл кыяк.

**1. Үйлөмө аспаптар.** Үйлөмө аспаптардын теги байыркы замандарга барып такалат. Алтайлыктарда «чоор» — «шоор» деп аталат экен. Ошондой эле хакастар, тувалыктарда да шоор ойнолот. Шоор куурайдан жасалгандыктан, бул элдерде «куургай» же «комургай» деп да коюшат. Ал эми башкыр элинде болсо чоорду «куурай» деп коюшат.

***Чоор.*** Эки учу ачык түтүк, төрт көзөнөктүү, тигинен кармап ойнолот. Аспаптын жердиги — шилби, сары жыгачтан жасалат. Чоор түтүгүнүн эки жак кыргактары жарылып кетпеш үчүн мүйүз кийгизилет. Чоорду тартуунун алдында ичин суу менен чайкап коюу керек. Байыркы доорлордо пайда болгон чогойно чоор, балдыркан чоор дегендер бүгүн колдонулуудан чыгып калган.

***Кичине чоор.*** Үн өзгөртүүчү 10 көзөнөгү бар. Аспап өрүк, алмурут жыгачтарынан, ошондой эле желимден, латун, жез, аллюминий сыяктуу түстүү металлдан даярдалат.

***Чоң чоор.*** 4 же 5 үн өзгөртүүчү көзөнөктөрү бар. Башка чоорлордо алууга мүмкүн болбой турган төмөнкү добуштар алынат. Аспап түстүү металлдардан жана желимден жасалат. Катуу жыгачтардан жасаса да болот.

***Ышкырык чоор.*** Чатыр гүлдүүлөр түркүмүндөгү өсүмдүктөрдүн же чогойнонун сабагынан жасалат. Алдыңкы учу туюк болуп, үн өзгөртүүчү 2-3 көзөнөгү бар. Тик кармап, ооз жагын эринге такап, ышкырык жылчыгынан тилдин жардамы менен үн алынат.

***Ышкырык.*** Талдын же теректин бутаксыз сабактарынан жазында жасалат, үн өзгөртүүчү көзөнөктөрү болбойт. Жогору жагынан ышкырык жылчыгы оюлуп, таякчанын эки учу тыгындалат. Ышкырык убактылуу гана аспап, ал 3-4 күнгө гана кызмат кылат.

***Чопо чоор.*** Көрүнүшү сүйрү, тоголок келип, учтанган тарабынан ышкырык жылчыгы оюлат. Ак же кызыл чопону 900 С дан ашык ысыктыкка бышырат. Ак чоподон жасалган чоордун үнү катуу чыгат. Мурда чопо чоордун 3-4 гана үн өзгөртүүчү көзөнөктөрү болгон. Азыркы өркүндөтүлгөн аспаптын 7-8 ге чейин көзөнөктөрү бар.

***Сыбызгы.*** Өрүк, тыт, алмурут сыяктуу катуу жыгачтан жасалат. Пластмасса, түстүү металлдан жасоого да болот. Жезден жасалгандар «жезнай» деп аталат. Мурда 6-7 гана көзөнөк болсо, өркүндөтүлгөн сыбызгыда алардын саны 10го барабар. Үн чыгаруу ыкмасы европалык флейтага окшош.

***Керней.*** Өткөн замандарда ат чабыш, эр сайыш, үйлөнүү ж.б. майрам, тойлор керней, сурнайсыз өткөн эмес. Ошондой эле согуш учурунда кеңири пайдаланышкан. Үйлөмө аспаптар алыс аралыкка кабар, белги берүү үчүн колдонулган. Аспапты тик кармап, өйдө көздөй багыттап ойношот. Керней мүйүздөн жана жезден жасалат. Бул аспап үчүн кийиктин текесинин мүйүзү пайдаланылат. Мүйүздүн көңдөй бөлүгү аяктаган жерден кесип ташталып, оюлат. Үн өзгөртүүчү көзөнөктөр болбойт.

***Жез керней.*** Жезден жасалып эки бөлүктөн турат: түтүгү, аягы. Түтүгүнө мүштөк ширетилет, үн чыгаруу ыкмасы мүйүз кернейдикиндей, көзөнөктөрү болбойт.

***Сурнай.*** Конус формасындагы кош чымылдактуу үйлөмө аспап. Өрүк, тыт жыгачтарынан жана камыштан жасалат, үн өзгөртүүчү көзөнөктөрү 8. Ойноордун алдында чымылдагы суу менен нымдалат. Жарылып кетпес үчүн маалы менен ичине май сыйпалат.

**2. Жаргактуу урма аспаптар.**

***Добулбас.*** Формасы эки башы кесилген ашкабакка окшош. Үстүңкү кырына буканын же төөнүн терисинен жасалган жаргак кере тартылат. Тулкусуна арча, тал, кайың материалдар колдонулат. Илгери добулбасты камчынын сабы менен ургулашкан. Азыр учуна кийиз капталган таякчалар колдонулат.

***Доол.*** Аспаптын түспөлү баатырлардын баш кийими туулгага окшоп кетет. Оюу салып кооздолгон тулкусу жезден же латундан жасалат. Кармап жүрүүгө же ээрдин кашына илип коюуга ыңгайлуу болуш үчүн, учуна жазы кайыш тагылат. Доолдун таякчасы болуп табылгы өсүмдүгүнүн сөңгөгү пайдаланылат.

***Дап.*** Өткөн заманда көбүнчө бакшылар колдонушкан. Майда жандыктардын териси тартылган жыгач алкакка шыгырата темир шакекчелер илинет. Дапты титиреткен жана алакан менен ургулашкан.

**3. Шыңгыратма аспаптар.**

***Темир ооз комуз.*** Дүйнө жүзүнө кеңири тараган аспап. Кылдарын термелтүү аркылуу добуш чыгарылат. Аспаптын тулкусу темир, жез, колодон жасалат. Темир комуздун тилине болот металлы гана жарайт. Аспап ар кандай формадагы жыгач кутуларда сакталат.

***Жыгач ооз комуз.*** Аса-муса, шилби, сары жыгач сыяктуу өзөгү катуу бадалдардан жасалат. Узундугу 15-20 см келген жука тактайчанын бир жак башы ичкерээк келет, ортосунан добуш берүүчү тили оюлат. Тилинин баш жагында көзөнөккө боо, ичкерээк башына илмек жип тагылат. Аткаруучу аны сол кол манжаларына илип, комузду эринге такай күүгө киргизет.

***Тай туяк.*** Жаныбарлардын туягынан жасалган урма аспап. Эки туякты кырып жышып, тазалап, кайыш боого кошоктоп, бирин төрт манжага кийгизип, экинчисин бармакка кысыпургулоодон ар кандай ыргактар чыгат.

***Аса-муса.*** Өткөн замандарда бакшылар, дербиштер алып жүрүүчү таяк Аса-муса деп аталган. Ага кичинекей коңгуроолорду, темир шакекчелерди тагып алышкан. Аса-муса таягы көбүнчө бадалдан тандалып, бийиктиги ар кандай, 1-2 метрге чейин жеткени да болгон. Азыркы учурда ансамблдерде пайдаланууда. Аса-мусаны «аса таяк» деп да коюшат.

**4. Кыл аспаптар.**

***Кыл кыяк.*** Скрипкага түспөлдөш келгени менен кыргыздын кыл кыягында ойноонун жол жобосу кескин айырмаланат. Мисалы, скрипка ийинге коюп тартылса, кыл кыякты мандаш ура тизеге такап, тикесинен кармап, кылдарын аспап мойнуна тийгизбей, жумшак басып ойнолот. Кыл кыяк өрүктөн, жаңгактан, арчадан чабылат. Чарасынын үстүңкү жарымы ачык калтырылып, жарымына кургатылган төө териси капталат. Кылдары жылкынын кыл куйругунан тандалат. Кыякты тарта турган дого сымал таякча үчүн катуу табылгы жыгачы тандалып, жаага жылкынын кыл куйругу байланыштырылат.

***Комуз.*** Кой ичегисинен кылдары тагылган, карагай капкак жабылган, өрүктөн оюп чабылган «үч бурoo, жалгыз тээк, үч кыл комуз» жөнүндөгү сөз кезегин кеңири козгомокчубуз. Жердигинде

сөөгү таза жыгач табылбаса, көөрү төгүлгөн усталардын колунан чабылбаса, кынабы менен кылы тагылбаса, комуз жарыктык коңгуроодой кооз добушту бере албасы белгилүү. Кыргызстандын түштүгүндө комуздун формасы кичирээк жана ичкерээк келгендиктен, аны «Токтогул комуз» деп да коюшат.

***Жылаажын.*** Аспап жезден, темирден, колодон жасалып, ичине бүдүр салынат. Жылаажынды кулундун мойнуна, алгыр куштардын бутуна тагышат. Түштүктө бул аспап «Зыңгырооч» деп да аталат. Памир, Алайда «Буум түймө», «Куш коңгуроо» деген аталыштар да белгилүү.

***Коңгуроо.*** Илгери үй жаныбарларына тагышкан. Көч башындагы төөнүн же аттын мойнуна байлап коюшкан. Түштүктө «Зыңгырооч» деп да жүрүшөт. Колдонулушуна карай коңгуроонун көлөмү ар кандай: көлөмү чоң жасалгандарды «Жекесан»деп коюшат. Кыргызстандын түндүгүндө «Төө коңгуроо» дешет.

***Шалдырак.*** Өткөн заманда шалдыракты думана, бакшылар зикир чалганда колдонушкан. Бүгүнкү күндө анын өркүндөтүлгөн түрү музыкалык ансамблдерде колдонулууда.

Элдик оозеки чыгармачылыктын эң байыркы катмарында «Дамбыр таш», «Бекбекей», «Шырылдаң», «Койчулардын коңур күү», «Думананын зикири» сыяктуу ыр-күүлөрдү синкреттик үлгүдө жарата келген аса таяк, шаңгырак, коңгуроо, ышкырык, сыбызгы өткөн замандагы аш-той, шаан-шөкөттөрдү тегиз аралап, айкаштарда душман жүрөгүн жаралап, жоокерлерди эрдикке сүрөп салып келген болсо, азыр анча баркка алынбай бараткан абал баарыга дайын. Айта кетели, тембри тегиз, добушу жылаажын «Тагылдыр-Тоодой» таза татына ыргактарды тапкан темир ооз комузубуздун, боз үйдүн түндүгүнөн буралып чыккан түтүн сымал, түрмөк-түрмөк ыргактарды ырастай алган жыгач ооз комузубуздун, ат куйругу кылга кере тартылган, күүлөрүнө атпай журт табынган кыл кыягыбыздын күү өнөрүн өркүндөтүүдө өзүн-өзү таануу мүмкүнчүлүгүн көңүлгө ала жүрсөк. Бул атуулдук негизги тилек. Үч кыл комузубуз жөнүндө ой оролу дагы алдыда, ага кененирээк токтоло кетмекчибиз.

«Адамда тил сүйлөсө, комузда кыл сүйлөйт». Анын сыңары, күү устаттары:

Бир күндө кылын үч тагып,
Бир койдун кылын бүт тагып,
Сыдырып жатып жүз тагып…

андан соң аспапты булбулдай сайратышчу тура.

Шүгүр, комуздар күнү бүгүн чабылып жатыр. Керектүү жыгачтар (карагай, өрүк, жаңгак) табылып жатыр. Ичеги ордуна техникалык (кетгут, жилка, леска) үзүлбөс чыйрак кылдар тагылып жатыр. Тек, «Сынган бугуну» сынына чыгарган Карамолдонун «Тор жоргосу» (комуздун аталышы), «Жыргал күнгө» жылуу илеп бүрккөн Ыбырайдын «Кер жоргосу» (комуздун аталышы), «Ак тамакты» ашыра, «Көк тамакты» көркүнө чыгара сайраткан Атайдын «Ак боору» (комуздун аталышы) азыркы комузчулардын колуна азырынча илине албай келет. Угушубузча, ошол асыл аспаптарды колунан көөр төгүлгөн Чалакыз, Жансерке, Кузьмага окшогон усталар узанган окшобойбу. Кызыгың түшкүр, булар устачылыкта эң жөнөкөй өндүрүш куралдарын (араа, балта, керки, бычак, үшкү, шибеге, кескич) колдонушканы менен бай фантазиясы, ыкылас дилгирлиги, алдына күлүк салбас аспап тулпарларын (жогоруда айтылгандай) данакерлеген сыягы.

«Ээсинен ажыраса, урунган буюму жетим». «Сынган бугуну» сынына чыгарган Молдокенин (Карамолдо) «Тор жоргосу» (комузу) улуу комузчу о дүйнө салгандан кийин дайынсыз жок болуптур» дешет билгендер. Жылаажын добуш «Жыргал күндү» таңшыткан Ыбыкенин (Ыбырай) «Кер жоргосу» (комузу) ээсиз калганы кедеринен кетип, келбетинен ажырап тынган окшобойбу, угушубузча. «Атайынан кийин «ак боордун» (комузу) арманы күч» дейт эл акыны Сүйүнбай Эралиев. Эмки усталардын колунда нелер бар да, нелер жок: эсептөө, өлчөө, жылмалоо, кесүү, түздөө, жамоо, жалгоо, жабыштыруу, улоо, кыноо, ийүү, чийүү сыяктуу эмгек процессиндеги эң татаал операциялар үчүн техникалык куралдар жетиштүү. Не демекчибиз, «Алыбек алына жараша» күү ынтызарлары үчүн комуз аспаптарынын төмөндөгү түрлөрүн эсепке алып, усталарыбыз узанып турса болгону.

1. Бала комуз: өспүрүм үйрөнчүктөр үчүн оюнчук ордуна колдонулат.
2. Үй комуз: ар бир үйдүн төрүндө ардактуу буюм катары илинип турууга тийиш.

3. Товар комуз: дүкөндөрдө, соода мекемелеринде сатыкка коюлат.
4. Белек комуз: мааракe, майрам, тойлордо, жыйындарда чет элдик меймандарга белек катары тартууланууччу, кооздолуп чабылган комуз.
5. Концерттик комуз: эл аспаптар оркестрлери үчүн, музыкалык окуу жайларынын студенттерине арналып чабылган «комуз – прима», «комуз – альт», «комуз – бас» түркүмүндөгү аспаптар.
6. Чыгаан комуз: атпай журтка таанымал атактуу комузчуларга атайылап арнап чабылган комуздар.

Күү чебери Асакемдин (Асанбек Кыдырназаровдун) айтканы бар: «Комуз экөөбүздүн жаныбыз да, жашообуз да ажырагыс, бирге. Комузум колдо жокто улагада отурган бир бечарамын. Комузум колумда турганда, төрдүн башын бербеген төрөлөрдүн биримин. Ал жөнүндө ыр саптарымда мындай деп айтылат:

Улагада мылтык, төргө комуз илинет,
Кимдин кими мына ошондон билинет.
Аткан мылтык ар жандыкты өлтүрөт,
Күүнү уккан – күлөт, жыргайт, семирет.
Мылтык сен – өлүм үчүн атылуусуң,
Сен комуз – өмүр үчүн акылуусуң.
Как ошол өнөрүңөн өмүр тапкан,
Калкың бар, ошон үчүн бактылуусуң.

## КОМУЗЧУЛАР

Тил илимине таянсак, кесип ээлигин билдирүү үчүн уңгуга «чы» мүчөсү жалганууга тийиш: мал+чы, саан+чы, ыр+чы, өтүк+чү, сүрөт+чү, обон+чу... Аспаптык музыка жаатынан алганда бул эрежеге ылайык: чоор+чу, кыяк+чы, сурнай+чы аталышка улай комуз+чу, айрым аймакта чертмек+чи атап жүрөбүз.

Комузчулук – татаал да, табышмактуу да өнөр. Аны өздөштүрүү ар кимдин колунан келе бербейт. Анткени, бул өнөр тубаса шыкка, жөндөмгө тикелей байланышкан. Өнөр өрүшүндөгү комузчу аталган адистерди чыгармачылык талант жөндөмүнө жараша төмөндөгү топторго бөлүштүрүп келебиз:

1. ***Майда комузчулар.*** Кара күүлөргө анча каруусу жете бербеген, обон күүлөрдү ойку-кайкы келтирген, кыл кыңгыратканга гана жараган, бирок комузун колунан түшүрбөй күү өнөрүн самагандар.

2. ***Чоң комузчулар.*** Кайрыктары кабелтең, ыргактары ырахат сезимге үндөп, демге дем узарта чертсе деп угармандары самаган, өзгөлөрдүкүнөн тышкары өз алдынча күү чыгарганга жараган, күйөрмандар сүрөөнүнөн чыгармачылык күч-кубат алгандар.

3. ***Залкар комузчулар.*** Өзгөчө шык, талант жөндөмү менен өнөктөштөрүнөн айырмаланган, өнөр өрүшүнө өз чыйырын сала алган, атпай журтка аттын кашкасындай таанылгандар.

4. ***Улуу комузчулар.*** Жарык дүйнөгө жалгыздап бир келген, өнөр өрүшүнө башкалардын колу жеткис бийиктикти мелжеген, бул өлчөмгө эч ким тең келбеген шартта гана «улуулук» наам ыйгарылмак.

Акылман Түкөмдүн (Т. Сыдыкбеков) айтканы бар: «Кээде «Залкар ырчы», «Залкар күүчү» деп, «Улуу ырчы», «Улуу күүчү» деп көтөрө чалган мактоолорду кулагым чала калат. Ырасында «Залкар» деген, «Улуу» деген өтө эле бийик сөз. Анын маанисин түшүнбөй, түшүнгүбүз келбей, туш келди колдоно берип, кайран сөздөрдү ашмалтай кылып бараткандай. Буга кээде өкүнүп калам, кээде кечирим берип да коём. Кечиргеним, турмуштун оорчулугунан улам, адамдар рухий жагынан өзүн өзү байытып, бири биринин көңүлүн көтөрүүгө байланышкан ишпи дейм. Ошондон уламбы, бул ашыра мактоолорду кечиргим келет. Ал эми аша чапкан мактоолорго, көтөрмөлөөгө берилип кетип, «Залкарлык», «Улуулук» касиеттин баа-баркын кетирип жатканы үчүн өкүнгөнүм чын» (Маек, 1994-жыл, 5-февраль).

Түкөмдүн айтканына удаа ойду конкреттештирсек: Заманына бир келген (XX кылым кырларын эске салыңыз) акындар тобун улуу акын Женижок баштаса, анын соңун Токтогул, Барпы улаган. Манасчылыктагы Улуулук Сагымбай, Саякбай менен кала бергени оң. Ырчылыктагы Улуулукту Мусадан, аткаруучулуктагы Улуулукту Мыскалдан азырынча эч ким талаша койбос. Каткырык салып калкына дагы бир Улуу куудул Шаршен келеби, аны бир Алланын амирине коёлу. Кыл тырмагандардын кыйыры, кудайга

шүгүр, кыскара койбос. Бирок, Кызыр даарыган кыл өнөрдүн устазары үчүн Улуулук даража уучтап-уучтап кармата салчу «гүлчамбар» эмес. Андай болсо, аксакал десек: Ныязаалынын, калыс десек: Карамолдонун, катарлаш десек: Ыбырайдын гана ысмын Улуулукка ыйгарганыбыз жөн.

## Комузчулук өнөр

Өнөр дегениң өжөр нерсе. Ички дүйнөңө ийрилип өзү кирип бербейт. Ал үчүн табигый жөндөм, талыкпас шык, тажабас эмгек тамыр жаюууга тийиш. Комузчулук кесиптен иш козгосок, анын деле ашуу-белдери, аска-кырлары аз эмес окшобойбу.

1. ***Коломто комузчу.*** Очок башында жамбаштап жатып, өзү менен өзү кыңгыр добуш салаар, эриккенде ээн жерде эрмекке жараар, чаалыгып-чарчаганда черин жазаар, качан да болсо жүк бурчунда комузу даяр. Мындай өнөр, албетте, коломто комузчуга гана таандык.

2. ***Жоро комузчу.*** «Үлпөт» десе, үйүндө тынч жатпаган, отуруш жыйынды эстеп, оолукмасы кармаган, «жоро-бозо» жыйындарында четте калбаган, обон күүлөрдү ойкуштанта чалып, ким ырдаса, ошону жандаган, жалгыз жарым кайрыктарды курамтырып, «менин күүм» деп жарыя салганга чейин барган, бирок, аламан жарышка жарай албаган, арымы кыска аспапчыларды жоро комузчу деп коюшат.

3. ***Устат комузчулар.*** Мектептерде, атайын окуу жайларда, маданий мекемелерде, ишканаларда, ийримдерде шакирттерин даярдап, ата мурастарынын өнүгүшүнө салымдарын кошкон комузчулар устаттар аталышат. Албетте, устат-шакирт ортолугундагы алака-катышта «акыл оошмок, өнөр жугушмак». Устат-шакирт аралыгы түбөлүктүү эмес. Идиреги бар шакирттер устатынан алгандарын бүкүлү бурдап сугунбайт. Чыпкалап, тандап, чыныгы чыгармачылык электен өткөрүшөт, таразалап-такташат, тазаларын бапташат, өз табылгаларын сыпайы чаптап, жаңыны жаратышат. Эл макалында айтылгандай: «устатынан шакирти өтмөгү» ошондон.

4. ***Сыпайы-сынаакы комузчулар.*** Шартылдата күү чалып, шаңкылдата обон созуп, шатыра-шатман отуруш жыйындарда

өзүн өзгөчө көрсөтпөйт. Кыл тербөөчүлүк өнөрүн өз чөйрөсүндө гана сыпайы сыртка чыгарат. Калк мурасына кадыркечтик мамиле кылган, талаштуу маселеде калыс турган, аталар салтын аздек туткандар сыпайы-сынаакы комузчуларга жаткан.

Жумуруятка белгилүү болуп калган чоң комузчулардын бири, кесиби – илимпоз Жуман Маамыт уулунун эскерүүсүнөн: «Осокемдин (Осмон Кайбылда уулу) үйүнө тез-тез келип туруу адатым эле. Үйдө дайыма өрүк комуз илинип туруучу. Колум кычышып комузду ала коюп, Молдокемдин «Ибаратын» чертип кирдим. Күүнү аяктап, мактоо күтүп, Осокемди карап турам. «Карууң келбесе, Карамолдокенин касиеттүү кайрыктарын тек койгунуң» деп, басып кетсе болобу. Өзү чертпей, өзгөлөргө сын такканын карасаң, жарыктык?! Ичимден бушайман болуп отуруп калдым. Дагы бир күнү Осокемдин үйүнө келдим. Илинүү турган комузун алып, баягыда мен будамайлаган кайрыкты таптак келтире чертип, комузун мага сунбай ордуна илип коюп, калдая тартып басып баратбайбы. Оозум ачылып калыптырмын, Осокемдин комуз чертээрин мурда көргөн эмесмин. Сыртынан сыр алдырбаганы менен күү сырын ийне жибине чейин ичтен баамдап, көрүнөөгө чыга бербеген сыпайы-сынаакы комузчулардан турбайбы. Мага көрсөткөн ишааратты: «Күүнү чертсең таза черт» ибараты экен, кийин түшүндүм» («Чүй баяны» гезити, 1989-жыл, 4-июль).

5. ***Аким комузчулар.*** Өкүмдарлык бийлигине өнөр билгилиги айкалышкан, кызмат абалында кыраакы, аспап өнөрүнө сынаакы, аталар наркын аздек туткан, ысымдары ылакапка айланып, эл оозуна илинген аким комузчулардын кайсы бирин атай кетсек ашык болбос.

**Кыдыр аке** (1843-1926). Кезинде ойоздун орун басарлык кызматын өтөп, опол тоодой көрүнгөн, «Чоң болуш аке» аталып, алдынан эч ким кыя өтпөгөн, үч кыл комуз өнөрү канжанында дүргүгөн, бүт кыргызга таанымал Ыбырайдай талантты Тайбуурулдай таптап сүрөгөн, өзү жараткан «Төгөчү» аттуу күүсү алигиче жумурай журттун жүрөгүндө түнөгөн инсан.

**Нурмолдо** (1916-ж). Кызый-кызый келгенде кызыл тилден бал тамган, каарына алса кан-заадаларга тиш салган, үч кыл комузун шаңшытып «Канаат кан» кайрыктарында күү чалган, олуя акын – омоктуу күүгер Нурмолдо өткөн дүйнөдөн.

**Мөкүш** (1875-ж). Шабдан баатырдын уулу Мөкүш чоң комузчулардан болгон. Комузу кара жыгачтан чабылган чечен, үндүү, добушу күчтүү эле дешет.

**Кудайберген** (1895-ж). Өзү – манап, өнөрү – манап, теги – манап... бирок, кыл өнөрүн кымбат баалап, кыйла шакирттерди күткөн кыл чебери Кудайберген өткөн дүйнөдөн.

**Жамшитбек** (1866-ж). Орус генералын ойлонткон, Кокон бектерин корголоткон, комузуна кол созсо «Жаа толгоолор» кайрыктарын ойдолоткон, Курманжан датканын кулуну – Жамшитбек өткөн дүйнөдөн.

**Бурулча** (1840-1916). Селки-бозойдон топ куруп селкинчек тээп күүлөнткөн, көпчүлүккө какканда көк темирди (темир ооз комуз) булбулдай сүйлөткөн, болоор ишти чечкенде болуш бийди сүрдөткөн Бурулчаны эскере жүргөнүбүз эп болоор.

Ошондой эле жаңы замандын жайыты деле сыпайы-сынаакы аспапчылардан арабөк калмак эмес. Арасынан мисал тарта кетели:

**Касым Тыныстанов** (1901-1938). Үч кыл комуз дегенде үйрүлүп түшкөн, балалайкага башынан шыгы арткан, элдик обондордун да эсебин тапкан, улут рухуна урмат мамилесинен жанбаган окумуштуу – илимпоз, туңгуч профессор Касым Тыныстан уулун урпактары унутпасак.

**Кожомкул** (1888-1955). Булчуңу буура саныңдай, сакалы саадак кабындай, байыркы Манас баатырдын бар мүчөсүн тарткан жаңылбай, арстандай алп күчтү Жараткан Кожомкулга насиптесе, ал күчтүн дагы бир данакери колундагы комузу дешет Кожокеңди билгендер.

**Батыраалы.** Атасы Сыдык айымдардан чыккан акылман айтылуу Курманжан даткадан таалим алган, Алайлык залкар акын Барпы менен атаандашка барган, жакшы атаны жаңылбай тарткан, акимдик кызматына жанаша бабалардын өнөр салтына ылайыкташкан, «Кезигишүү» сындуу элине керек күүнү жараткан Батыраалыдай күүгерге бар күйөрмандар ыраазы.

**Кемел Ашыралиев** (1930-ж). Обон созмок, күү чертмек, ошондой эле мансап бийлик, сый-урмат Кемел Ашыралиев үчүн эле керек бекен? Эли-журту да бул олжого ортоктош экендигин Кемел аке жакшы билет.

**Жамин Акималиев** (1936-ж). Жан дүйнөсүн «Жалжалына» гана арнабастан, жакшы ыры менен жамы журтчулугунун ой-мүдөөсүн тапкан, илим-өнөрдү айкалыштыруудагы мындай жөндөм илгертеден келаткан өтө сейрек кездешүүчү – рухий дастан. Ал ырыскы Акималиевге абдан жарашкан.

**Дастан Сарыгулов** (1947-ж). Ой дүйнөсү Талас дарыясындай терең, казак талаасындай кенен, Улут руху үчүн бүт өмүрүн берген, ага мисал – ыр күүлөр мелдештерин уюштурган дембе-дем, өзү дагы муза базарына «Насип» сындуу күүлөрү менен келген Дастанды өнөр даанышманы атасак туура белем?

**Жоомарт Кадыралиев.** «Жүрөгүңдүн канын сыгып алып, аны менен сүрөт тарткан тирүүнүн тозогу. Жүрөктө не деген боёктор жок? Палитрадан эч таппай турган боёкту жүрөктөн табасың. А табыш үчүн жүрөгүңдү канатышың керек. Антпесең, дүйнөнүн бардык тилдеринде сүйлөй албай калат. Менин өнөрканамда ар дайым комуз, домбра илинип турат. Күү чертип, ырдап алсам кадимкидей жеңилденип калам. Сыздаган жүрөгүм өз жайына келип, кадимкидей жеңилдене түшөм. Кисти боёгу дааналанып, тирүүдөгү тозогум тим эле бейишке айланат. Мен үчүн ыр-күү ырахат гана эмес, чыгармачылыкка чыныгы демөөр» – дейт өнөркеч Жоомарт Кадыралиев (маек, 2001-жыл, комментарийди окурмандарыбыздын өз билгилигине коёлу).

**Сүйүнбай Эралиев, Байдылда Сарногоев.** Жараткан, буларга акындык өнөрдү аяган эмес. Ага жамаатташ аспапчылык өнөр да жүрөктөрүндө уялагандыгын айта кетели.

## Комузчулук өнөр мектеби

Комузчулук өнөр мектеби жөнүндө сөз козгогубуз келсе, Ниязаалы, Муратаалы, Кудайберген, Токтогул сыяктуу күү пирлерин эскербей аттап кетсек олдоксондук болоор. Бирок, алар менен көзмө-көз алака байланышты тагдыр бизге буюрбаптыр. Сыртынан тон бычканыбыз жарабас. Анткени, арабыздан жакында эле кеткен алп күүчүлөр Карамолдо, Ыбырай, Атайлар менен мезгилинде алака жашап, жол, жобо-жосундарын жолдоп калбадыкпы. Деген менен элдик эски нукка Карамолдо кайрыктары карамыктаса, жаңычылдык табылгалар Ыбырайлык ынтаага жетелеп, Ниязаалы, Атай виртуозу айтым күүлөрдү

данакерлеп, куудулданууда Айдараалы күлкүсүнө арбалып, «Кейиш кербездерин» Токтогулдан издесек, комузчулукта: «Карамолдо мектеби», «Ниязаалы, Атай мектеби», «Ыбырай мектеби», «Айдараалы мектеби», «Токтогул мектеби» жарк этип жаныбызга чыга келмеги анык.

Күү өнөрүнө аймактык (территориялык) өзгөчөлүктөр өз боёгун сүртүп келгендиги белгилүү: комуз күүлөрүндөгү толгоолор тоому «оң буроолор» («түштүк буроолор»), «сол буроолор» («түндүк буроолор»); тематикалык түркүмдөр; аткаруучулук чеберчилик түндүк-түштүк өйүз-бүйүзгө жетелеп келгендиги ырас. Кечээ эле «Ак бакайга» ашык болгондор, «Саринжи-Бөкөйдү» самагандар, «Тайчылар» сырын табууга ынтызарлар «оң буроолор» түйүнүн чечмекке түштүккө сапар тартышканы баарыга дайын. Натыйжасы – түштүк күүлөрүнүн түндүккө оошуу оро-парасы күү дүйнөсүндө дагы бир мектепти – «Болуш (Мадазим уулу) мектебин» шарттагандыгын кошумчалай кетмекпиз.

***Күүчүлүк.*** Кыргыз-кыргыз болгону комузу менен коюндаша жашап, сөз жеткире албаганды күү менен берип, күү аркылуу ой калчап, акыл пештеп келген эмеспи. Кыл тырмаган ышкыбоздордон атагы алысты сермеген аспапчыларга чейин жаратмандык дилгирлик асты басаңдабаган, күчүнөн тайыбаган. Оолугуп алсаң обон созуш, ышкың кычаса ыр кураш анчалык кыйын деле эмес. Ал эми жансыз жыгачка жан киргизиш, жарыша сүйлөтүп тил киргизиш, б.а. күтүрөтүп күү жаратыш ар күүчүнүн эле колунан келбей турган иш. Осокем (Осмонкул) айтмакчы: «Ойноп отуруп күү тапкан» опол тоодой Ыбырай деле он жылдай жасап-түзөп «Жыргал күндү» ордуна койгону эсибизде. «Кыйла жыл кыйноо тартып толгонуп «Кыргыз көчүн» кыр ашырбадымбы» дээр эле Кыдырназар уулу Асанбек.

Кудурети күч Кудайым Ала-Тоо койну толо аспапчы күүчүлөрдүн бир муунун XX кылымга жылдырып койгон белем. Кайталангыс ошол таланттардын кайсы бирлеринин күү мурастарын кагаз бетине (нотага) түшүрүп, канчаларын үн тасмага көчүрүүгө үлгүрүп калганыбызга да шүгүрчүлүк. Соңунан дагы канча жаңы күүлөр – жакшы күүлөр жаралаар, тек, улуттук музыкалык кенчибиздин учугу уланар, угуту коюуланаар. Колубуздагы кутубузду кор тутуп, уруна албай упуратып алсак, «кокуй алат!» мына ошондо.

Аткаруучулук өзгөчөлүктөр комуз өнөрүндө «обон», «ойнотмо», «айтым», «кара» күүлөр деген топтомдорго бөлүнүп жүрөт.

Музыкалык түзүмдүн жөнөкөй, татаалдыгына карап, бул «залкар» (чоң) күү, бул «майда» (обон) күү деп айырмалап айтууга да көнүп калдык көрүнөт. Күү «кичине», «чоң» болуп жаралбайт, бул аткаруучунун талант дараметине багынычтуу кубулуш. «Майда» деп, көңүлгө анча илине бербеген кайрыктар чоң комузчулардын өнөрканасында «залкарлыкка» тете иштелип чыгаарын, «залкар» күүлөрдү чабал комузчулар «бечара» кейипке түшүрүп салаарын эске салалычы. «Сынган бугу», «Көкөй кести» сыяктуу кол жеткис бийиктиктеги күүлөрдү улуу комузчу Карамолдонун сыйкырлуу манжасы даарып кетпесе, ай ким билет, бүгүнкү даражасында эмес, белгисиз күүлөрдүн катарында кала бермек?!

Андай десек, аткаруучулуктагы ажырымдар салаасына да аялдама жасай кетмегибиз орундуудай сезилип турат:

а) ***Таза, так, татына аткаруучулук.*** Кайрыктардын катарын бузбай, ыргактардын ыраатын сактай, ашыгы жок, кеми жок оригиналга тете күү чертимдер таза, так, татына аткаруучулукту айкындайт. Ага Самара Токтакунованы мисал тартсак жарашаар. Самаралык манжалар бир карасаң кадимки Карамолдочосунан кубулуп, ыгына жараша Ыбырайчасынан ачып-жумулуп, «Ак тамакты» кадим Атайчасынан сайратып... б. а. кара күүлөр өз каадасында, ойнотмо күүлөр оролунда... Ала-чаласы жок татына аткаруучулук Самара чертим санатында жатат.

б) ***Чыгармачыл чыныгы аткаруучулук.*** Чыгармачыл чыгаандар чындыгында алгачкы калыпка (оригиналга) алымсына беришпейт. Азбы-көппү, ага өз үлүштөрүн кошот, абалкы калыпты бийиктетет. Музыка билерманы В. Виноградовду барактайлы: «Карамолдо аткаруучулук көп ыкмаларды билүүчү. Бирок алардын ар бирин өз орду менен колдончу, күүнүн көркөмдүк жактан терең мазмунун ачууну алдына максат кылып коюучу...» «Ыбырайдын бардык чыгармачылыгы музыкалык фольклордун тунук булагынын таасиринен алынган. Бирок, аларды өз калыбындай кайталап коюу менен чектелген эмес. Эски күүлөрдү иштеп чыгууда аны ишке ашырчу...» «Калык Токтогулдун «Тогуз кайрыгын» чертти. Ал сыягы өзүнүн устатынын аткаруучулук манерасындагы өзгөчөлүктөрдү эсине тутуп, таланттуулук менен жаркын образдарды жарата алган...»[3] «Элдик» аталып, эзелтеден чертилип келаткан не үн тасмага түшүрүүгө үргүлжү боло албаган күүлөрдүн үлгүлөрүн

3 В. Виноградов. Кыргыздын элдик музыканттары жана ырчылары. – Ф., 1974. 49, 60, 73-беттер.

жаңы талапка жараша иштеп чыгып, «Саринжи-Бөкөй», «Солтон-Сары», «Бекарстан-Тайчылар» жаатындагы боштукту болгонунча толуктап, күү базарга күргүштөтүп киргизе алган Болуштук (Мадазим уулу) ынтаага да күү күйөрмандары ыраазы.

в) ***Чала сабат-чабал аткаруучулук.*** Кайран күүнүн канат-куйругу кыркылып, кадимки абалынан капкайда алыстап, чала-сабат аткаруучулук айынан калдайган угармандарын умсунтуп койчу учурлар аз эмес. Эфир толкунун элестетеличи, андай учурда эсил кайрандардын салмагын кемитип, нукура аткаруучулук эстетикасына доо кетирип коёрубузду эске тута жүрөөрүбүз эп болор. Ырас, музыкалык «Алтын казынада» катылган канаттуу чыгармаларды угуп коюу жетишсиз, аларды аспапчылар аткара билүүгө да тийиш. Андай жагдайда угармандар жамааты кимдер?» — деген эсеп-кысап маселеси эстен чыгарылбаса.

## Комузчулук өнөрдү өздөштүрүү

Өнөргө ынтызарлар комуз күүлөрүн үйрөнүүгө умтулушат дейли. Мындай жагдайда эң башкысы — комузчунун аткаруучулук ыкмаларына (күүлөө, кыл тербөө, кол шилтемдер...) байкоо салышат. Ошондой эле күү ноталарына баам коюшат. Буга караганда комузчулук өнөрдү өздөштүрүүнүн эки ыкмасын эске тутууга тийишпиз:

а) ***Угуп-көрүп үйрөнүү.*** Ынтызарлар алгач комуз күүлөрүнүн чертилиш ыкмаларына баам коюшат. Уккандарын, көргөндөрүн (кол шилтемдер, кыл басылыштар) сая кетирбей, эс тутумда сактай алышса, аларды «куйма кулак» деп коюшат. Уккандарын, көргөндөрүн эс тутумдан чыгарып жиберип, унут калтыруучулар «акма кулакка» жатуучулар. Көптөгөн күү үйрөнүүчү ынтызарлар техникалык каражаттардын (үн жазгыч тасмалардын) магнит ленталарынын жардамына муктаж экендиги да белгилүү. Толгоолор, кыл басылмалар, кол шилтемдери сыяктуу аткаруучулуктагы толгон-токой ыкмаларды устат адистерден көзмө-көз сабак алууга не жетсин?

б) ***Ноталар аркылуу үйрөнүү.*** Ноталар көбүн эсе фортепиано, гитара, аккардеон, пианино, мандалин, балалайка сыяктуу музыкалык аспаптарда ойноочуларды тейлөөгө шарт түзөөрү анык. Комуз чертүүнү үйрөнүүчүлөр үчүн ноталар жеңил-желпи кайрыктарды ойноочуларга гана жарамдуу. Кол шилтемдер, кыл

тербөө, флажолет, аккорд, тоом алмашуулар (позиция) сыяктуу түмөн түркүн татаал ыкмаларды камтууга ноталардын мүмкүнчүлүгү чектелүү гана.

## КҮҮЛӨР

Күүлөр жөнүндө сөз болгондо алгач салттык күүлөр сабынан сөз козгосок. Территориялык ажырымга телинбеген, түндүк-түштүккө түгөл тараган, бүт аймакка таанымал күүлөр элдик салт күүлөр сабын толуктамак. «Салт» демекчи, бул терминдин жай маанисин айта кетпесек кеп төркүнүн кемитип саларбыз. Кыргыздар үчүн кырданта кийсе жарашчу ак калпагы – салт; уй мүйүз тартып очок башында улуулаша отурушу салт; кыдырата сунулган кыр аяк толо кымызы – салт; сөөлөтүнөн тайыбас, сөзүнөн айныбас карыялык нускоосу – салт; сайма жоолук башында саба бышкан, кош колдоп жүгүнө аяк сунган зайып затынын илберинки ийкеми – салт; кымырынып кымтынса, кыя карап кулпурса кыз кылыгы – салт; көч үстүндө көп ичинде, калк алдында, хан алдында кайрыгынан жанылбас комуз чертим күүлөрү – салт. Эмки сөз – элдик салт күүлөр түзүмүндө болсун.

а) ***Элдик күүлөр.*** Ээлиги унут кала берип, элдик таанымда чертилип келаткан күүлөр «Камбаркан», «Ботой», «Шыңгырама», «Насыйкат» ж.б. Ээлиги боолгоодо, божомолдо калган эзелки күүлөр «Кет бука», «Бекташ», «Желдирме», «Жөө Тынай», «Керимбай кулунум» ж.б.

б) ***Ээлик күүлөр.*** Автору белгилүү, адисттердин таанымына алынган, өз угармандарын, күйөрмандарын күтө билген күүлөр – ээлик күүлөр эсептелери белгилүү: «Колхоз куралы» күүсүн Карамолдого таандык кылсак, «Жаш тилекти» Ыбырайдан, «Жүрөк толкуйт» күүсүн Шекербектен, «Ата мурасын» Нурактан, «Кыргыз көчүн» Кыдырназаровдон ким талаша алмак? Ээлик күүлөр элдик салт күүлөрүнүн өзөгүндө жаралары да белгилүү. Мисалы, «Шыңгырамалар» өзөгүндө «Балбактын шыңгырамасы», «Ботойлор» борушунда «Боккөтөндүн ботою» дегендей.

Элдик салт күүлөрдү маани-мазмундук жактан кеңитүү, сан-сапатын андан ары толуктоо максатында жаралган ээлик күүлөр: «Карылардын камбаркан» (Токтогул), «Карт чабандын кербези» (С. Аликеев), «Кымызга мас болгондогу кербезим» (Токтогул),

«Алай насыйкаты» (Кулбай Түмөнбаев) ж.б. күүлөрүн мисал тартады.

## Күү варианттары

«Вариант» латынча «өзгөргөн» же «көп түрдүүлүк» маанисин берет. Өзгөрүү (вариантташуу) көбүн эсе оозеки чыгармачылыкка мүнөздүү. Адабий музыкалык чыгармалар башаты, албетте, жеке ээликте жатары белгилүү. Жеке ээлик көчмөн турмуш шартында көпчүлүккө оозеки тарап, ар кыл аткаруучуларга тушуга берип, алымча-кошумчалары менен жасап-түзөөлөр аркылуу атын-затын жоготпой журтчулукка тарап, биздин күнгө илинген. Мисалы, баатырдык эпосубуз «Манастын» эле эл оозунда канча варианттары бар. Күүнүн башы «Камбаркандардын» жамааты карт мезгилдин кабаттарына канча Карамолдолорду алмаштырбады. Үн тасмага жазылып, «Алтын казынага» алынгандарына абай салсак, каркырадай тизилген канчалаган «Камбаркандардын» узун тизмесин карегибизге тартар элек: «Айдама Камбаркан» (Мекиш Баата уулу), «Алга бас – Камбаркан» (Актан Тыныбек уулу), «Бала сооротор Камбаркан» (Ыбырай), «Жеңил Камбаркан» (Муртаалы), «Жашоо Камбаркан» (Кенжебек Садырбек уулу), «Жаңы Камбаркан» (Чалагыз Ыйманкул уулу), «Казак Камбаркан» (Асанаалы Ошур уулу), «Карылардын Камбаркан» (Сейдакман Акчеке уулу), «Карапайым Камбаркан» (Усуп Ороз уулу), «Кеңеш Камбаркан» (Жөлөгөн Чымырбай уулу), «Кирки Камбаркан» (Эркесары), «Колхоз Камбарканы» (Карамолдо), «Коңур Камбаркан», «Малчынын Камбарканы» (Бектур Осмон уулу), «Марш Камбаркан» (Атай), «Ооган Камбаркан» (Ыбырай), «Терме Камбаркан» (Карамолдо), «Эски Камбаркан» (Шекербек), «Эл Камбарканы» (Карамолдо), «Арман Камбаркан» (Курманаалы Нусуп уулу), «Камбаркан» (Карамолдо), «Байгазынын Камбаркан», «Сейилкандын Камбаркан», «Сыртбайдын Камбаркан», «Муратаалынын Камбаркан» ж.б.

Тек, бүгүнкү техника заманына (үналгы, сыналгы, үн тасмаларына жазуу) чейин «Камбаркандар» катарлуу дагы канча күүлөр топтомдору «Шыңгырамалар», «Ботойлор», «Насыйкаттар», «Кербездер», «Бекарстан Тайчылар» варианташып, катарларын кеңитип келбеди дейсиз.

Карамолдо кайрыгындагы «Сынган бугуну» алалы. Бул күү баштапкы вариантында «Байгазынын арманы» аталып жарык дүйнөгө кадам койгон. Атай, Эркесары колунан «Эски сынган бугу» аталып, Талас тарапка тарагандыгын айтсак, варианттташуудагы ал өзүнчө сабак. Кайсы бир жагдайлардан улам күүлөр территориялык аймагын алмаштырган шарттарда аты-затына чейин жасап-түзөөлөргө тушугарын Кыдырдын «Төгөчүсүнөн» көрсөк болор. Көл башынан, түндүк-түштүккө тарткан сапарында «Төгөчү» – «Төө көчүнө», андан «Дөгүрчүгө» же «Дөгөчүгө» өзгөрүп, варианттташуу санатында жашоосун улап келе бергендиги жалпы журтчулукка дайын.

Күү варианттарына улай дагы бир маселе жагдайынын башын ача кетүүгө тийишпиз. Тарыхый окуялар саясындабы, таза өмүр-турмуш таасириндеби бир гана тема бүтүндөй өнөр чеберлерин өзүнө тартып алмайы бар. Андай шартта бирин-бири туурабаган, варианттташууга да барбаган, чыгармачылыктагы «Мен» таанымдагы күүлөрдү элестетип көрүңүз. Ары барбай 1916-жылкы «Үркүн» темасын, 1917-жыл «Өктөбүр төңкөрүшүн», 1930-жылдар «Колхоз курулушун», 1945-жылдын «Жеңишин», кийинки «Тынчтык» ураандарын... саясий, экономикалык, маданий окуяларга байлап, тарых барагына кайрылбаган аспапчылар табыла койбос. Колхоз курулушуна байлаган күүлөрдү карайлычы: «Колхоз камбарканы» (Карамолдо), «Колхоз куралы» (Ыбырай), «Колхоз күүсү» (Жусуп Самаков), «Колхоз кертолгоо» (Касымаалы Тойкожо уулу), «Колхоз кызы» (Асылбек Эшмамбетов), «Колхоз маршы» (Эсенгул Алдакеев), «Колхоз таңында» (Исак Истамкулов) ж.б. санакка алынган күүлөрдү варианттташуу алкагынан эмес, өз алдынча өнөктөштүк маанисинде кабылдоого тийишпиз.

## Күү жанрлары

Адам өмүрүндөгү турмуштун түмөн-түркүн кырлары не көтөрүңкү маанайга (толкундануу, кубануу), не көңүл-кайттык абалга (кайгыруу, кусалануу) мажбурлабай койбойт. Ошол ички туюмдарды сыртка чыгаруунун ийкемдүү жолу көркөм сөздөрдө, көөнөргүс күүлөрдө жатары чындык. Андайда карыя адамдардын каадасы карандай кайрыктарды кабылдаса, жаштар жамааты кол ойнотмо кооз күүлөр зоогуна оодук. XI кылымдагы «Кабус наама» насаатына кайрылалы: «Уулум жыйында отурганда байкагын.

Угуучу кызыл жүздүү буурул сакал болсо, мукам күү черткин. Эгерде сары жүздүү болсо, бум (жоон үндүү кыл) менен черткин. Эгер кара тору, жүзүнөн ашыглык ышкысы жанып турса, мукам күү аспабынын үч кылы менен тең черткин. Эгер ак жуумал, семиз, олдоксон адам болсо, жоон үндүү кыл менен черткин. Жыйында, үлпөттөрдө (угармандарыңа) карагын. Даанышман адамдарга жагымдуу күү кайрыктарынан черт. Карыларга арман күүлөрүн черт. Баатырлар, черүүлөр отурган жерде татаал ыкмадагы оор күүлөрдү чертемин деп жыйындын шаабайын суутпа» сыяктуу насааттар жөн салды айтылыппы[4]. «Кабус наамадан» бери канча кылымдар ала салды. Натыйжада, көркөм мурастар көлөмү арткан сайын угармандар талабына ылайык маани-маңызы кеңий берип, бир өзөккө сыйыша албай түркүм түрлөргө (жанрларга) жол ачкандыгы да белгилүү.

Күүчү-өнөрпоздорунун кээ бири карандай кайрыктарга ыктаса, кээ бири ойнотмо чертимдерге ооматы артылып, кайсы бири кайрыктан ыр чубамай ынтаага берилип, кээси күү чертимге жумшак юмор бүркүп, керек учурда сатира санаттар боёгун сүртүп... угармандарынын не көрөрмандарынын көңүл кушун көкөлөтүүнү көздөшөт. Мындай шартта күү күйөрмандарын бирде шолоктотуп ыйлатса, кайта туруп каткырык күлкүгө бөлөмөй... Бу да болсо күү өнөрүнүн керемет дүйнөсү го, чиркин!

Өнөр өктөмүнө көңүл арта турган болсок, күү жанрларын да бир нече топторго бөлүштүрөбүз:

1. Кара күүлөр.
2. Айтым күүлөр.
3. Ойнотмо күүлөр.
4. Куудул күүлөр.
5. Обон күүлөр.
6. Ырчы күүлөр.
7. Курама күүлөр.

**1. Кара күүлөр.** Коргошундай оор салмагынан жазбай, мандашын бузбай, ууздай уюп отуруп, кайрыктарды кубалай кыл тербөөчүлүк өнөр комуз аспабындагы аткаруучулуктун кара күүлөр табыятын шарттамак. Кара күүчүлөр, адетте шашылбай комузун толгоого келтирип, соңунан чыгарманын аталышын кабарлап коюшат. Зарылдык туулса, күүнүн автору (ээлиги) ким,

4 Кабус Наама (Кабустун насыйкаты). – Ф., 1983. 117-бет.

угарманга кулак кагыш жасап, күүгө өтүшөт, айрым учурда гана коолдук үчүн кол ойнотууга кезмек беришет. Кара күүнүн камбылы Карамолдонун аткаруучулук ыкмасына акын Насирдин Байтемиров мындайча мүнөздөмө бергени бар: «Байыртадан келаткан чыгыш элдерине мүнөздүү кеменгерлик касиет Карамолдодо бар болучу. Эгерде бир да бирөө андан сүйлөп берүүсүн же комуз чертип берүүсүн өтүнбөсө, күндөп-түндөп болсо да өзүнчө термелип отура берүүдөн тажабай турган. Кокустан кимдир бирөө комуз чертип берүүсүн суранса, өтө элпектик менен суроосун канааттандырууга шашылчу. Кандай күү чертпесин, чегине жеткире көркөмдүктүн бийиктигине ашырып салуучу. Анын күүлөрүнө бүтүндөй өрөөндүн, бүтүндөй элдин оюу батып кетчү. Күү баарына бирдей сүйкүмдүү, бирок ар кимге өзүнчө таасир калтырчу. Күүгө сөз кошчу эмес, ар ким өзүнчө баамдап, өзүнчө чечмелечү, өзүнчө түшүнүк алчу. Уккандар селейип катып калчу, дем албай турчу, жүрөктөр гана күү ыргагында кагып турчу»[5].

**2. Айтым күүлөр.** Ырчылыктагы сөз өнөрү, комузчулуктагы күү кайрыктары тизгин талаш бирин-бири толуктап, аткаруучулуктун дагы бир ыкмаларын шарттай алса, ал айтым күүлөргө жатары анык. Айтым күүчүлөр бир эле мезгилде акындык, ырчылык, комузчулук (артисттик, сценалык) өнөрү менен угармандарынын көксөөсүн кандырууга бел байлашат. Адетте чертмеги менен сырдашып, черин жаза ырдашып, алты дубан баш кошкон жыйындардын ана башында тикелей туруп беришет. Сөзүбүз кургак болбосун, артист Ашыраалы Ботаалиевдин айтым күүчүлөрдүн атасы саналган Токтогул жөнүндөгү эскерүүсүнө токтолуп кетели: «Кара өзгөй» кыргыздын эски күүсү» деп Токоң, комузун күүлөп калды. Бирде ырдап, бирде сүйлөп, бирде жамактап мына мындай «Кара өзгөй», минтип чертет, терип чертет, каткырып чертет...» деп келип, кол ойнотуп, кайрып болуп, комузду коюп койду...

– Эми, Токо, өз күүңүздү чертип бериңиз – деп калдык.

– Токтогулдун «Тогуз кайрык» деген ушул, – деп комузду кайра толгоп чертип калды. Бир кайруусу экинчи кайрыкка окшобойт. Бирде эңкейип, бирде чалкалап, башын чулгуп: «Мындай чертет Токтогул, минтип кайырат Токтогул» деп, кээде ыр менен, кээде кара сөз менен жамактатып, түрдүүчө кубултуп оштонтуп,

5 Карамолдо замандаштарынын эскерүүлөрүндө. – Ф., 1987. 64-бет.

топтун чуусун укканда элирип чуркаган күлүктөй жагалданып чертип жатты»[6].

**3. Ойнотмо күүлөр.** Көркөм ыкмаларды көбүрөөк колдонуу менен шайыр-шатман, шаңдуу кайрыктарда чертилген күүлөр жамаатын кол ойнотмо күүлөр түзмөк. Жорго сөз, ыр обон ыкмаларына анча азгырылбай, ар кандай кыймыл-аракеттерди кыл басымдарына гана багыттап, көз жоосун алган ойнотмо өнөр жекече жана ансамбилдешкен аткаруучулукта ишке ашырылып келет. Ойнотмо күүлөрдүн анабашы болгондор катары Ниязаалы, Токтогул, Айдараалы, Атайлардын аты ардакталып айтылат. Бирок, кол ойнотуу ыкмасын бардык комузчулар аздыр-көптүр пайдаланып, өз чен-өлчөмүнө жараша стилдик өзгөчөлүктөрүн айкындай алышкан. Кол ойнотуу эреже катары мыйзамдашып, бир калыпка салып коюучу трафарет эмес. Карандай күүнүн камбылдары Карамолдо, Ыбырай деле ыгы келгенде колдорун койкоңдото кыймыл жасап, аткаруучулук чеберчиликтеги кооздук эстетикасын эстерине ала жүрүшкөнү бар.

Күүлөр тарыхы жагдайында артка кылчайсак, ансамбилдешкен аткаруучулукка алгач негиз салган Муратаалы аксакал (1922-жылдарга кылчайганда). 1936-жылы ансамбилдешүүгө Карамолдо да кайрылганы бар. Ансамблдешкен аткаруучулуктун да эки жолу бар экендигин да эске тута кетели: таза комузчулар топтомундагы жана ар кошкон аспапчылардын (комуз, кыяк, чопо чоор, кернай, сурнай...) тобундагы ансамблдер.

Ойнотмо күүлөр жаатында да эскерүүлөргө кезек өткөрө кетсек:

«1930-жылы Токтогул менен жүздөшүп, өз оозунан ырларын угуу бактысына туш болдум» – дейт орус изилдөөчүсү Виктор Викторович[7] – Мени анын комузда ойношу ашкере таң калтырды: бул бир эле учурда музыка да, театралдык оюн да, цирк өнөрү да болучу. Телмирип сурап жаткандай үч кыл аспабына өбөктөп, манжалары кылга тийип өткөндө ага комуз жооп кайрып жаткандай болду. Токтогул комузга кай жери менен: манжалары, алаканы, чыканагы же ийни менен тийбесин эрчүүнүн күүсү комузду кай тарабынан – колтугунан, ийининен, аркасынан алып өтпөсүн, анын комуз менен чын ыкластан сырдашуусу көз ирмемге да токтогон

6 Токтогулдун замандаштарынын эскермелери. – Ф., 1990. 144-145-беттер.
7 Ошондо, 182-бет.

жок. Бул эмне? Мына ушундай таң калаарлык оюндары менен да Токтогул даңазалуу болучу».

«Маш ботой» өзүнүн төрт тактысынын бирөөнү анча-мынча өзгөртүп, көп жолу кайталанган темадан турат.Тигил жана бул колу бирдей ар түрдүү техниканы пайдаланат. Аспаптык абалы тынымсыз өзгөрүп турат, бирок анын добушу бир азга да басаңдабайт. Атайын комузду тикесинен коюп, капкагын өзүнө каратып, бирде өзүнөн алыстатып, бирде оң ийинине, бирде сол ийинине сала коюп, бирде маңдайына такап, бирде аркасына карай жылдырып, кайта тикесинен жерге тургузуп ж.б.у.с. түркүмдө колун да, комузун да ойнотуп чертип жатты».[8]

«Кара тулпардын» («Паровоз» күүсү) дабышына (паровоздун сигнал бериши, поэзддин ордунан козголушу, дөңгөлөктөрдүн айланышы, ылдамдык, темир жол рельсинин добушу...) дал келер каражаттарды кайдан-жайдан таап, аркырап-заркырап, баркыраган, зуулдап-зымыраган зор локомотивдин Бишкектен чоң Маскөөгө алган сапарын айныксыз кайрыктарга камтыган ансамблдик аткаруучулукка кантип таң бербейсиң?» — деп суроо узатат белгилүү устат комузчулардын бири – Шаршебай Көлбалаев.

Ойнотмо күүлөр ыкмалары огеле арбын демекчи, ошолордун бири: аспапты чимирилте баштан алыс жогоруга ыргытып, кайта тосуп алып, кыл ыргактарын кыраатынан жандырбай улап кетүү ыкмасын Шаршебай Көлбалаевдин өнөрүнөн көрүп, көзүбүз тойгону бар.

**4. Куудул күүлөр.** Адабий-музыкалык көркөм каражаттардын (ыр, обон, жорго сөз) фонунда, комузда кол ойното чертилген ыргактардын коштоосунда, ымдоо, жаңдоо, тууроолордун бирдиги куудул күүлөрдү шарттамак. Куудул күүлөр негизинен күйөрмандарына күлкү бүркөт. Күлкү түшкүрүң да көп кырдуу керемет белем? Тамаша чайыган татына күлкү; мыйыгынан жылмайтчу мыскыл күлкү; тамсил жандырмактуу тапан күлкү; азилге аргасыз кылган акаарат күлкү; кемчиликти кепке тартар кербез күлкү... Күлкүлөрдүн ары жак, бер жагын аңтарып көргөндөр үчүн, албетте, сюжеттик окуя болмуштардын ой-кырлары кылактап, кыялыңды кытыгылап турмагы арийне. Окуянын актуалдуулугу турмуш чындыгында. Турмуш чындыгын күлкүгө бөлөп ачып берүү үчүн канча образдар жаралмагы турган иш.

8 В.Виноградов. Кыргыздын элдик музыканттары жана ырчылары. – Ф., 1974. 15-бет.

Бир мисал: кай бирөөнүн турмуш жагдайын чымчык жашоосуна байлап чымчып өтсө, кетирген кемчиликти айбанаттар абалына салыштыра мыскылга алып, аны күлкү-күүсүнө салмак ж.б. Кыргыз куудулдарындагы чыгармачылык демөөр эки багытта өнүккөн:

1. Метафора, аллегория, сарказм сыяктуу көркөм каражаттарды жорго сөз, ыр менен ымалаштыра сахна актёрунун элесин чагылдыруу. Бул топтогу куудул комузчулар деп өткөндөгү Көкөтөй, Куйручук, Жоошбай, Бекназарларды атасак болот.

2. Чыгармада айтайын деген ойду жеткирүүдө музыкалык каражаттарга көбүрөөк басым жасагандар: Токтогул, Айдараалы, Майлыбай, Коргоол, Шаршен, Бөжөй, Мыктыбектер. Эсил Токоӊ куудул күүлөрүнүн көбүн сюжеттик окуяларга байлап, аллегориялык (каймана) ыкмаларга ыкылас артып, элестүү кыймылдардын фонунда «Ак куудай» койкоӊ, «Сары барпыдай» саз күүлөрдүн эченин жараткан. Сатира толкунунда термелип, күлкү ышкысынын ысык илебине ийленип, көрүүчүнүн көркөм табитин көкөлөткөн «Көйрөӊ күү» Токтогулдан Калыкка оошуп, Эркесары аны эзе бышырып, үлпөт жыйындарда күнү бүгүн күү кучүнөн тайбай күйөрмандарын жандай, күү тобунда келе жатыры «Айдараалыча жөргөлөп». Жарык дүйнөгө күлүп түшүп, жаман жоруктарга каршы үрүп түшүп оно бети – казак домбурасы, муна бети – кыргыз комузу, болгон кыл аспабы менен кызыккандарды кыт-кыт күлдүрүп, борошуна жеткенде боорду эзип, айылдагы бозоканадан чоӊ театр сахнасына ичтен-сырттан кайрык салып келген ашыглык ышкысы ашынган, махабатын жеӊесине жеӊ ичинен ташыган Шаршенди же болбосо Коргоол куудулдун күү үлпөтүнө колун сунган эсил Токтосундун элесин эгерим унутта калтырбасак. «Көйрөӊ күүгө» жаӊыча көркөмдүк тартуулаган Бөжөй Шадыканов, Абдыкерим Мокеев, Мыктыбек Үмөталиевдей мыкты куудулдарыбыздын өнөрү кийинки муундар үчүн сабак. Селкисине жанашып «Селкинчегин» күүлөгөн «Чайкаманы» чаӊ жугузбай сүрөгөн куудулдардан эгерим куру кол калбасак деген тилек. Ачыгын айтканда, койкоӊдогон колунда комузу жок, оозунда «Оолуккандагы» обон-ыры жок, күлкү чакырымыш эткендерден жол бошобой, байыркы бабалар салтынан айнып калбасак гана болгону!

**5. Обон күүлөр.** Акындар ыр саптарын курашат, ырчылар ага обон жаратышат, аспапчылар аны коштоого алышат. Аткаруучулуктагы мындай шериктештик комузчулук өнөр жаатынан алып караганда «Обон күүлөр» деп аталат.

Обон күүлөрдүн аткаруучулукта эки ыкмасы бар:
а) Ыр-обонду комуздун коштоосунда чертүү,
б) Карандай кара күүгө салып чертүү.

Ыр менен музыка канчалык сабаттуу айкалышса (оранжировкаланса), ошончолук чыгарманын багы ачылмак, базары гүлдөмөк, же жакшы ыр эч качан жабыкта калган эмес. Чыгармадагы мындай шериктештикти Боогачынын «Үкөйү», Бектемирдин «Алымканы», Мусанын «Даанышманы», Атайдын «Ой булбулу»… далилдеп койгонуна калайык журт күнү бүгүн күбө. Боогачынын «Үкөйүнө» үйүрүлүп түшпөгөн угарман боло койбос. Ыр мазмунундагы махабатка мас болуп, алыстан туруп ашыгына кол созгон, ал оюна жетпей каараанына зар болуп, жол карап көзү тешилген жигиттин арман күйүтү ортого салынат. Бул сагыныч сар-санаа омоктуу обонго шайкеш үч кылда дирилдеп, комуздун коӊур добуш коштоосу камырдай жуурулушуп, качанкы кайгы-муӊду кабарлап келген. Музыканын бул кереметине эми деле муюйт. Элге кеӊири белгилүү «Карагул ботом» комуз коштоосунда ырдалып, карандай күү катары да чертилсе, музыка сыйкырына ким муюбайт.

Махабатка мас, маанайга таӊсык минордук лаԁдагы ыр-обонго, албетте, коӊур доош комуздун коштоосу гана жарашмак. Добушу бийик марштык мажорго маш оркестрлер тобунда тилекке каршы кыргыз обону кысынып, сыздай албайт, муӊдай албайт. Андай кубаттуу интоннацияга «Армандар» жайытынын да ийи жанбай, арабөк калат.

Музыка изилдөөчү Затаевичтин баамында Муратаалынын репертуарынын басымдуу бөлүгүн элдик обондор: «Кошоктор», «Бекбекей», «Шырылдаӊ», «Бешик ыры», «Күйгөн», «Секетбай», «Чоор күүсү», «Сурнай күүсү» ж.б. түзгөндүгү бекеринен эмес.

**6. Ырчы күүлөр.** Таза жамакчылыкка таӊсыктыгы арткан төкмөлүк өнөр «каида» аталып, каида устаттарын «апыз» деп коюшат. Канча апыздардын өз обондору болуп, ал комуздун коштоосунда ишке ашырылган. Угармандар муну «ырчы күүлөр» атап, акындын аткаруучулук жөндөмүнө баам салып келишет.

Төкмө акындарыбыздын бири Орозбек Кутманалиевдин «ырчы күүлөр» жаатында айтканы эсимде: «Өзүм көрүп билгенден Калык

комузду мыкты чертчү. Алымкул төкмө да **ырчы күүнү** келиштире аткарчу». Осокем домбурадан комузга өттү, бирок ыр коштогон кайрыктар анча кооз эмес эле. Ырас, кийинки төкмөлөр Токтосун, Эстебес, Ашыраалы, Тууганбай, Замирбектер да **ырчы күүлөрдөн** куру эмес, өз жолдору менен келатышат.

Мисал келтирели: «Ырчылар түшүргөн үйгө эл жык толду, батпагандар сыртта калышты. Чай ичилип, бир аз тыныгуудан кийин акындар алым-сабак ырга өтүштү. Токтогулдун ырын «Миң кыял» күүсү коштоп, Эшмамбеттин айтышын «Ырчы күү» сүрөөнгө алып жөнөдү:

*Эшмамбет:*

Копо ажы коюн кайтарып,
Кор болуп келген, Ырчы күү.
Тамандарын таш тилип,
Чор болуп келген, Ырчы күү.
Ар күнү шордон арылбай,
Арыктап келдиң кайран күү.
«Акыным сен» деп өзүмдү,
Барыктап келдиң кайран күү.

Жайлуу жер таппай Таластын,
Жеринен качкан, Ырчы күү.
Эркинче ырдап жүрө албай,
Элинен качкан, Ырчы күү.

Айылда бейгам жүрө албай,
Ашуудан өткөн, Ырчы күү.
Ыңырчак жаргак бет алып,
Ындыны өчкөн, Ырчы күү.

Шиберден Током келгенде,
Кадамын керген Ырчы күү.
«Саламат жаның барбы?» деп,
Саламын берген Ырчы күү.
Кулагын созуп акынга,
Көз жашын төккөн Ырчы күү.
«Карааным сенби, Токо?» деп,
Кыялга чөккөн Ырчы күү.

*Токтогул:*

Айлына эрмек боло албай,
Ак үйгө келип коно албай,
Алыста жүрдү Миң кыял.
Басканы тайгак өр болуп,
Бактысыз айсыз көр болуп,
Карыпта жүрдү Миң кыял.

Араңдан басып темселеп
Турганың айтчы, миң кыял.
Артыңдан солдат желкелеп,
Урганын айтчы, Миң кыял.
Мусапыр болгон чактагы,
Муңдарың айтчы, Миң кыял.

Айдалып элдин алыскы,
Арасын көрдүң, Миң кыял!
Ар уруу журттун ичинен
Аласын көрдүң, Миң кыял!
Андагы канкор мында бар,
Чамасын көрдүң, Миң кыял!

Орустун уулу Серигей,
Ойготкон сени, Миң кыял!
«Ор казган бизге кимдер?» – деп
Ойлонткон эле, Миң кыял!
Комузга зоолу колумду,
Ойноткон эле, Миң кыял!

Канчалык кыйноо тартсам да,
Көпүрө болдуң, Миң кыял!
Көксөгөн менин муңумду,
Көрүшө жүрдүң, Миң кыял![9]

**7. Курама күүлөр.** Бир нече обон кайрыктарынын топтомундагы чертимдер «Курама күүлөргө» жатат. А. Затаевич Муратаалыдан орус обондорундагы бий ритмдеринин кыргызчалаштырылган гармониясында курама күүлөрдү жазып алганы бар. Курама күүлөр жалгыздап бир гана аспапта, экилтик (дуэт) тобунда, үчилтик (триодо), төртүлтүк (квартетте)… ошондой эле, аспаптык ансамблдерде, оркестрлер курамында ойнолот.

9 Эшмамбет. – Ф., 1988. 114-118-беттер.

## «Күү чертимдери чертилбейт, күүгө келбейт, чебер колсуз» (Алымкул)

Дүйнө элдериндеги музыкалык аспаптардын ичинде аткаруучулук – чертим ыкмалары жагынан башкалардан кескин айырмаланган кыргыз комузу. Үй ичинде, төрдө мандашынан жазбай, сыпайылык үчүн кээде сыңар тизелей, көпчүлүктүн ортосунда чөк түшө отуруп, топураган тойлордо тикелей туруп, аламан жыйындарда ат жалында чертилген кыргыз комузу. Кандай абалга, кайсы кырдаалга карамыктабасын, кол шилтеминен жаңылбай, манжалар кыл басылыштарын кынаптап, комузчулук өнөрдү коздукка бөлөп келишкен.

Комуздагы кыл басылыштардын жол-жобосун сол кол манжалары ишке ашырган. Манжа басылыштарындагы белгилүү өлчөмдөгү орун жалгашууларды тоом (позиция) деген аталышка ылайыктасак, **тоом** аспаптын алкым жагынан байыр алса «алкым күүлөр», ортодон орун алса, «бел күүлөр», төмөнкү чөлкөмдөн чертилгендер «аяк күүлөр» аталмагы жөн. Күү чертиминдеги бул үч тоомдун ар жак – бер жагын байырлаган чертимдерге чек коюу мүмкүн эместей.

а) ***«Алкым күүлөр».*** Оор басырык, коңур доошко ык арткан себептүү алкым күүлөрдүн табыяты минордук маанайды айгинелеп, көбүнчө «Арман», «Насаат», «Кербез» күүлөргө азгырык саларын айта кетели.

б) ***«Бел күүлөргө»*** мүнөздүү белги – көбүнчө оор басырык, токтоолук, туруктуулук кайрыктардын чертилиши.

в) ***«Аяк күүлөргө»*** шыңгырама кайрыктары шыкак берип, мажордук маанай маселесине жол ачылмагы жөн.

Кайсы бир күүлөр бир гана тоомдо турук ала чертилсе («Миң кыял», «Кара өзгөй», «Шыңгырамалар»), көптөгөн күүлөр тоомдон тоом алмаштыра, аспаптын моюн алкымынан капкактын ашталышынан аша кайрыктарды чубатууга салмайын айтып жатабыз.

**Толгоолор.** Комуз кылдарын керектүү добуш бирдигине жеткире буроого салуу эрежеси толгоолор деп аталат. Кыргыз комузунун башка улуттук музыкалык аспаптардан айырмасы – аткаруучулук талапка ылайык көп түрдүү толгоолорду кабыл

алгандыгында. Иликтөөлөргө таянсак, күү чертимдери 17-18 толгоолор тоомунда ишке ашырылмагы бар. Толгоодогу мындай көп түрдүүлүк аалам дүйнөсүндөгү эч бир аспапта кездешпей турган ажайып керемет десек жаңылышпасак керек.

Кыргыз комузу дүңүнөн алганда «оң буроолор», «сол буроолор» топтомунда чертилүүчү музыкалык аспап. Бул бөлүнүштөр территориялык өзгөчөлүктөргө («түндүк кыргыздарга», «түштүк кыргыздарга») ылайыкташа кабылдангандыгы белгилүү. Мисалы, түштүк чөлкөмдөрүндө (Ош, Жалал-Абад, Баткен, Жерге-Тал) салттык «оң буроолор», түндүктө болсо (Ысык-Көл, Нарын, Чүй, Талас) «сол буроолор» аркылуу чертимдер кабылданган. Октөбүр төңкөрүшүнөн кийинки Кыргыз Республикасындагы социалдык, экономикалык, маданий байланыштар территориялык мындай ажырымдарды акырындык менен бир өзөккө жайгаштыра келгендигин айта кетели. Залкар күүгерлерибиздин бири түштүк чөлкөмүндө туулуп өскөн Болуш Мадазимов бул жагдайга байланыштуу маектердин биринде «Кара Молдокенин «Сынган бугусун» алгач радиодон угуп жүргөн элем. Күү мага аябагандай таасир этти, чертким келди. Түштүк буроосуна «Оң толгоого» салып чертип көрдүм. Күү анча ачыла албай койду. Кийинчерээк түндүк комузчулары менен байланыш түзүлүп, комузчулук өнөрдө карым-катнаш арта баштаганда гана сол буроолордун сыры ачылып, «Сынган бугу» сынына чыга келбедиби?» – дегени эсимде.

Күү устасы Ыбырай: «Комузду черткениңе кубанба, толгон-токой толгоолордун сырын ачып, кынабына келтире кыл буроосун тапканыңа кубан» – деп эскергени бекеринен эмес.


Дүйнөлүк тажрыйбада музыкалык аспаптардын кылдар аралыгы 8 баскычты (тоника, секунда, терция, кварта, квинта, секста, септима, октава) кабылдай тургандыгы белгилүү. Ушул баскычтардагы «оң» – «сол» буроолордо кыргыз комузу 18 толгоолор топтомунда чертимге алынарын электен өткөрүп көрөлү. Анткени, аалам мейкиндигинде ойнолуп келаткан музыкалык аспаптардын толгонушу, күүлөнүшү (настройка) бир, айрым учурда, экиден ашпай тургандыгы жогоруда эскертилбедиби.

Ар толгоонун өзүнчө ыгы бар, сыры бар десек, ага байланыштуу өткөндөгү окуянын бирин ортого сала кетели: «Эсил Током (Токтогул) сүргүндөн келип комузчу Ниязаалыга жолукмакка Тампагар кыштагына барат. Ниязаалы үйдө жок экен. Керегеде илинип турган комузун колуна алып күүлөп, бир азга чертет да чыгып


кетет. Көп өтпөй залкар күүгер Ниязаалы үйүнө келип, илинип турган комузун чертмекчи болот. Кызык!.. Комуз «Токтогулдун «Чоң кербезине» буралып – толгонуп калган. Болду болбоду, үйгө Токтогул келген экен, «Чоң кербездин» буроосу айтып турбайбы. Бул толгоодо башка эч ким күү чертмек эмес» – деп, артынан чаап отуруп, Токтогулга кечүүдөн жетип, кучакташып көрүшкөн экен.

**Оң буроолор (толгоолор)**


1. «Сарынжи-Бөкөй» күүсүнө толгоо: ортоңку кыл менен астыңкы кыл секундага, ортоңку кыл менен үстүңкү кыл квартага («Насыйкат») күүлөнөт.





2. «Бекарстан Тайчыга» толгоо: үстүңкү, ортоңку кылдар астыңкы кылга («ля» бийиктиги) карата квартага буралат.





3. «Паризатка» толгоо: «ля» бийиктигиндеги астыңкы эки кылга карата үстүңкү кыл квартага толгонот.





4. «Чоң Канайдын күүсүнө» толгоо: ортоңку жана астыңкы кылдар үстүңкү кыл примага күүлөнөт терцияга түшүрүлөт.





5. «Аксаткын менен Кулмырзага» толгоо: үстүңкү, ортоңку кылдар астыңкы кылга карата квинтага буралат.




6. «Өмүр көчү» (Нурак толгоо) күүсүнө толгоо: астыңкы кыл терция бийиктигине көтөрүлөт, үстүңкү кылдар квартага келтирилет.





7. «Ата мурасы» (Нурак толгоо) күүсүнө толгоо: үстүңкү жана ортоңку кылдар квинтага, астыңкы кыл октава бийиктигинде.





## Сол буроолор (толгоолор)


8. «Насыйкатка» толгоо: ортоңку кыл «ля» бийиктигинде, четки кылдар квартага толгонот.




9. «Шыңгырамага» толгоо: үстүңкү кыл квинтага түшүрүлөт.





10. «Камбарканга» толгоо: астыңкы, үстүңкү кылдар квинтага келтирилет.





11. «Арман күүлөрдүн» толгонушу: «Шыңгырама» толгоосундагы эки четки кылдардын алмашкан түрү.




12. Ыбырайдын «Жыргал күн» күүсүнүн толгонушу: астыңкы кыл секундага көтөрүлөт.




13. «Тайтекенин көйрөӊ күүсүнүн» толгонушу: четки кылдар «Жыргал күн» күүсүнүн толгонушундагы алмашкан түрү.





«XX кылымдын улуу комузчусу Арстанбектин «Кой бөлөр» күүсү, замандашыбыз Ыбырайдын «Тынчтык» аттуу күүсү ушул буроодо чертилген. Бул күүлөр эфир толкунунан өткөрүлүп турса, кийинкилер үчүн сабак болмок» деген комузчу Намазбек Уралиевдин сунушун эскерте кетели.

14. А. Кыдырназаров черткен «Кыргыз көчү» күүсүнүн толгонушу: үстүӊкү кыл октава, астыӊкы кыл квинтада.





15. «Эр Саадабайдын арманы» аттуу элдик күүнүн толгонушу:





бул буроодо Асанаалы Кыштообаевдин «Кучкач», Асанбек Жуматаевдин «Күкүк менен Зейнеп», Асан Кайбылдаевдин «Эсилиме эстелик», Мукул Абыловдун «Өксүү», «Сагынуу» сыяктуу күүлөрү чертилет.

16. «Эки ногой айрылыш» элдик күүнүн бууроосу:





бул буроодо Асанаалы Кыштообаевдин «Жаӊы марш» күүсү чертилген.

17. «Казак камбарканы» күүсүнө буроо. Асанаалы Ошпур уулунун аткаруусунда.




Шаршебай Көлбалаев «Чоӊ ашуу» аттуу күүсүн, Асан Кайбылдаев «Бекмамат берен» күүсүн ушул буроого салган.

18. «Жаңырык» аттуу күүнүн толгонушу: бул күүнү кезинде Абдылда Дөнөмбай уулу чертчү. Башка күүчүлөрдө али кездеше элек сейрек чертимдеги күү толгоосу. Үстүңкү жана ортоңку кылдар астыңкы кылга квартага толгонот.




**Кыл басылыштары.** Беренеге муктаждыгы болбогон комуз аспабында кыл тербөө ыкмалары манжаларга (бармак, сөөмөй, ортон, аты жок, чыпалак) көбүрөөк маани берери, ар манжанын аткара турган милдети алдын ала аныкталары белгилүү. Мисал тарталы:

а) *Бармак басыш*: домбра чертиминде кеңири колдонулган бул ыкма комуз аспабы үчүн анча мүнөздүү эмес сейрек көрүнүш.

б) *Сөөмөй басыш*: кыл тербөө ыкмасындагы өтө элпеги сөөмөй басыш десек туура болор.

в) *Ортон басыш*: салттык күүлөрдүн чертиминде ортон басылыштан оолак калчу кайрыктар жокко эсе.

г) *Аты жок басыш*: комузда аты жок манжалар сейрек колдонулат. Айрым учурда алкым басыштагы «Арман» күүлөрдө аты жок манжаны пайдаланса болот. Айта кетели, атактуу комузчу кызыбыз Самарбүбү чыпалак басыштын ордуна аты жок манжаны алмаштыра чертими көрүүчүлөргө анча байкала бербесе керек.

д) *Чыпалак басыш*: бул ыкмага ынтызар комузчулар көп.
Кайсы күүнү аткарбасын, баштан аяк үч манжага гана (сөмөй, ортон, чыпалак же сөөмөй, ортон, аты жок) басым жасалган учурлар жакшы белгилүү. Ал эми бир эле күүдө төрт манжаны бирдей ишке тартуу комузчуларда сейрек учурай турган көрүнүш экендиги да чындык. Музыковед В. Виноградовдун байкоосунда:[10] «Ыбырай комуздун кылын төрт манжасы менен басып чертип жатат. Башка комузчулар үч манжасы менен гана чертишет»… Эскерте кетели: ортон, аты жок манжалар кезек алмаша керектүү учурда гана өз милдетин өтөөрүн айтып жатабыз. Мисалы, «Миң кыял» чертиминен сөөмөй-аты жок-чыпалак манжалар

---

10 В. Виноградов. Кыргыздын элдик музыканттары жана ырчылары. – Ф., 1974. 61-бет.

басыштарын, «Насыйкат», «Кеӊеш» чертимдеринде аты жоктун ордун ортон манжасы ээлеп жүргөндүгүн көрүп жүрөбүз. Ыбырайдын «Жашыл жайлоо – мал семиз» күүсүндөгү «алкым» кайрыктар аяккы кайрыкка түшкөндө, ортон манжа обочо кала берип, кезек аты жок манжага өткөнү бар. Демек, бир эле күүдө беш манжа түгөлмө түгөл алгоолошо өз милдеттерин өтөшүн эскертебиз. Кыл басылышындагы билип-билбес түмөн ыкмалар кыл чеберлери тарабынан иштелип келген, мындан ары да иштеле бермек. Айрымдарына аӊдоо салалы:

а) *Үндөш басыш*: катардагы кылдардын бирине басыш жасап, кошуна кылдын добуш бийиктиги менен үндөштүрүү (аккорддук гармония). Мисалы, «Насыйкатты» баштоодо алдыӊкы кылды басуу аркылуу ортоӊку кыл аккордуна теӊөө.

б) *Жупташ басыш*: ушундай эле ыкма (аккорддук үндөштүк) эки кылга бирдей басым жасоо аркылуу да ишке ашырылат. «Сынган бугу», «Ботойлор», «Камбаркандар» чертимине байкоо салыӊыз.

в) *Жалкы басыш*: кылдарга ирээти менен жекече басыш жасоо же аткаруучулуктагы терип чертүү ыкмасы.

г) *Сылай басыш*: кылдарды ныгыра баспай сылай басуу аркылуу дирил, каккан флажолет добуштарын жаратуу. «Көкөй кести», «Сынган бугу», «Жыргал күн», «Боз салкын» кайрыктарына байкоо салыӊыз.

## КОЛ ШИЛТЕМДЕР

Комузчу аспапты колго алуу менен үч кылды өз буроолоруна келтирип, оӊ колдун шилтемдери аркылуу чертишет. Кол шилтемдер бир кылка, бирдей ыргакта өз милдетин аткарууга тийиш эмес, ар күүлөрдүн маани-мазмунуна ылайык түмөн-түркүн шилтемдер колдонууларын козгоп жатабыз.

а) ***Кыл тербөөчүлүк шилтемдер.*** Кылдарды ирээти менен илип тартып, «жумшак»добуштарга жол ачуу. «Боз салкын», «Кыргыз көчү», «Ата мурасы» сыяктуу күүлөргө көӊүл буруӊуз.

б) ***Кере шилтемдер.*** Ак куунун канат кагышы сымал көрүүчүлөрдүн көз жоосун алган оӊ колдун ойку-кайкы шилтемдери. «Ак тамак, Көк тамак», «Селкинчек».

в) ***Түрмөк шилтемдер.*** Мөндүр сабагандай ылдамдыктагы кол шилтемдер. «Маш ботой».

г) ***Оромол шилтемдер.*** Бармак, сөөмөй, ортон манжалар кезектеше кыл тербөө аркылуу шилтем жасоо. «Кыз кербез», «Жеңиш», «Ибарат».

д) ***Калкылдата какма шилтемдер.*** Тепкени наркы түбүнөн кылдарды кысымга алып, бериде сөөмөй аркылуу кыл жаный сыбызгы (флажолет) доошторду жаратуу. «Ой, булбул», «Күйдүм чок», «Көкөй кести». Аткаруучулуктагы биз сөз кылган мындай ыкмалар көркөм сөз чеберлеринин, музыка зерттөөчүлөрдүн көңүл сыртында, көз жаздымында кала бербеси белгилүү. Айрымдарын мисал тарталы. В. Виноградовдун китебин барактайбыз:

1. «Карамолдо чертип жатат, үнү тынбаган метрикалык пульсация тынымсыз түрдө ачык сезилип турат, ага дыбыраган ылдам ритмдер аралашып кетет. Бармактар комуздун капкагын кагат. Күү шаңдуу толкунданат, ал өйдө карай жылып чыгат да, кайра төмөн карай тепкичтер менен жүгүрүп түшкөндөй болот».[11]
2. «Ооба, ал өзүнүн Ыбырайлык ыкмалары менен таң калтырууну жактыра турган. Андай ыкмаларга биз мурда эле айтып өткөн флажолеттер кирет. Маселен, «Жаш тилектеги» бүтүндөй бир фрагменттин күүлөрү ошол флажолеттерге негизделеген. Бул ыкма «Жыргал күн» күүсүндө андан да эффективдүү колдонулат».[12]
3. «Атай «Ак тамак, Көк тамакты» чертип жатты. Эми оң колдун мууну менен манжаларынын жардамы аркасында комуздун мойнунда жана анын жанында эки каарман, эки катышуучу бүтүндөй сахнаны элестетип жатты. Атай кандай амалдар менен манжалары аркылуу инценировканын каармандарын сүрөттөгөнү, бир эле мезгилде кылдарды кантип басып жатканы табышмактай сезилип туруучу».[13]
4. «Асылбек Эшмамбет уулунун кол шилтеми өзүнчө эле бир сырдуу дүйнө эле. Атай кол ойнотуп жатканда карап турган киши дем ала албай тумчугуп калчу. Колу ушунчалык ийкем, капкакта «тырс» эткен дабыш чыкпай жалаң кылдар ойночу.

11 В. Виноградов. Кыргыздын элдик музыканттары жана ырчылары. – Ф., 1974.
12 Ошондо.
13 Ошондо.

Бала кезде көрүп калдым буларды.» (О. Кутманалиевдин эскерүүсүнөн).

5. «Карамолдокеме «Сынган бугуну черттиришти. Күү орто-лоп калганда комузунун үстүңкү кылы жанып кетти. Ошол кылды бармагы менен басып, калган кылдар менен күүнү аягына чейин чертип кетти. Олтургандар таң калышып, бир чети ыраазы болушуп, «ушул кол да жер алдына жатат, ээ?!» дешип жакаларын карманышкан эле»[14].

## Күү жамгыры төкмөлүк

Жаз жамгыры сымал нөшөрлөп – кыргыз ырлары төгүлгөн. Тоо суусундай шаркырап, кыргыз күүлөрү күргүштөгөн. Көл толкунундай бууракандап, кыргыздын «Манасы» айтылган. Улуттук руханий мурастарыбыз: акындык, комузчулук, манасчылык өнөрдөгү башкалардан айырмалап турган дагы бир өзгөчөлүк – төкмөлүк. Төкмөчүлүктөгү касиет – жаттамачылыкка, туурамчылыкка жат, жаратмачылыкка гана жабыт алып, ашып-ташып, төгүлүп-чачылып турмагында. Аспапчыларыбыздагы күү-шаа түшкөн күүгердик кудурет – азыр черткенине анан алымсына бербей же бүгүнкү күүлөрүн эртең бүкүлү сезип, жаңычылыкка жабыт алган, өнөр өктөмү жөнүндө эскерип жатабыз. Ыр-күү менен узун түндү атырган Арстанбектин өнөрү, Ниязаалы, Муратаалы, Карамолдо, Ыбырай, Эркесары эрмектеген күргүштөгөн күү жамгыры буга күбө. Өзбектердин Молдо Тойчунун дутарын бир укканда жат алып, комузуна коштоп кеткен, эч бир өнөрдү алдына салбай артка шилеп, «пош-поштоп» кеткен тоо булбулу Токтогулдун өнөрү төкмөлүктөгү жомок эмес, улуттук рух касиетиндеги жобо десек, жаңылбасак керек. Булар тууралуу сөз алдыда.

## Стилдик өзгөчөлүк – чыгармачылыктагы «Мен»

Түпкүрдө буюккан илхам эгерим көзгө көрүнбөйт, колго урунбайт. Кээ бирде көлдөгү ак куудай кылактап, керек учурда түлкүдөй булактап… кармасаң жакшы, кармай албасаң, качып турмагы бар ыраактап… Анын сыңары, талант, шык – дарамет дегениң, изин гана ишааратгап, «издесең – иликтей алсаң сендикмин, ал үчүн ийне менен кудук каз, ийине жеткире иш

14 Э. Турсуналиев. Ак таңдай. Ырлар жана эскерүүлөр. – Ф., 1991.

жүргүзүүнүн, тажабас тажрыйбанын, талыкпас эмгектин үзүрү гана чыгармачылыктын «Менин» аныктап, аны менен өнөр өрүшүндө өлбөс-өчпөс ысымды жаратмак.

Күү өнөрүнө кайрылсак, аспап сырларын акылына тундуруп, аткаруучулукта өздүк ачылыштарды жасаган, ал аркылуу өз стилин – «Менин» аныктаган таасын таланттардан, шүгүрчүлүк, күүчүлөр күнү бүгүн куру кол эмес. «Кара күүнүн камбылы» Карамолдо, «Жаңы турмуш жарчысы» Ыбырай, «Айтым күүнүн атасы» Токтогул, Ниязаалы, «Ойнотмо күүнүн чебери» Атай, «Куудул күүнүн кудайы» Айдараалы, Шаршен, Бөжөй, Мыктыбек, «Ырчы күүнү ырастаган» Алымкул, Калык, «Обон күүнү» оболоткон Бектемир, Мыскал, Муса, Асек, «Шайыр күүнү» шаанисине чыгарган Шекербек, Асылбектер өнөр өрүшүндө өз «Менинен» айныбай, калк таанымына татып, жарык дүйнө менен кош айтышкан, кайрандар! Акыркысы Болуш аке, Нурак, Самара, Зайнидин, Намазбек, Төлөн, Фархидин, Саадабай, Камчыбек, Рысбек, Рахат, Нурлан, Руслан... ар бири өз чыйырын улап, чыгармачылык дүйнөсүнө чын дили менен киришкендер деп баам салсак, өнөрүбүз «мен» деген таланттардан өксүбөс, буга да шүгүрчүлүк!

## Угармандар

Кыргыз эли комузун ыйык баалашкан, коңур мукам кайрыктуу күүлөргө өзгөчө ыкыласын артышкан, аны ыйман таалим-тарбия үчүн ылайыкташкан. Өнөр шайырларын өзгөчө сыйлуу мейман катары кабылдашкан, алар менен сыймыктанышкан. Андай шартта, албетте, өнөрлүүлөр өр талашмак, төр талашмак. «Таманы жаңы кызыган күлүкчө Токтогулдун өнөрү барган сайын арбыды. Эми сыртта эмне болуп жатканына эч ким назар салбай, жадырап гана отуруп калышты. Улам эшикке чыгып туурдукка асылгандарды акырын жемелеп келип турган Кожоке өзү да көзүн сүзүп терең ойго батты. Боз үйдүн туурдугу калбырга айланып ар бир тешиктен жыбыраган көздөр жайнап турду» деп, сүрөттөйт жазуучу Касым Каимов «Атай» романында.[15] Жакшы күүгө жароокер сулуу кыздын калыңын карматышкан, жакшы ырга чыгаан күлүктүн чылбырын сунушкан, жакшы сөзгө алгыр кушун айырбашташкан. Ырас, ал мезгил өз шарты, шарапаты менен улуттун рухий дөөлөттөрүнө таасирин тийгизе келген. Бир шартта угармандар табити артып

15 Касым Каимов. Атай. – Ф., 1979.

рухтун келечегине жарык шоола чачса, бир шартта угармандар ышкысы басаңдап, ындыны өчүп, кайдыгерликтин касирети калк өнөрүн «кайранга» учураткан.

Акын кызыбыз Нинакан Жүндүбаева күү ыргагын мындай деп ырга салган:

«Аталардын «Насыйкаты» чертилсе,
Арбаламын, рахатка батамын.
Күү ыргагын буза аткарса бирөөлөр,
Гүл өмүрүм күбүлчүдөй капамын».

Ырасында угармандар табити бир кылка боло койбос, агы бар, карасы бар дегендей, айрымдарын санактан өткөрөлү:

1. ***Сыпайы-сынаакы угармандар.*** Чыгарманын чоо-жайын түпкүрдөн түшүнгөн, маани мазмунуна тереңдеп үңүлгөн көркөм кабылдоосу кенен, өз сынын чынчылдыкка негиздегендер сыпайы-сынаакы угармандарга жатмак: «Тоо булбулу Токтогул 1928-жылы Бишкекке келип Карамолдого жолуккан. Ошондо Молдокенин күүсүн кунт коё угуп отуруп, ырчылык-күүчүлүк өнөрүнө калыс сынаакы баасын бергени. Мен «Сынган бугу», «Кара өзгөйдү» Токомо кайрып чертип бердим. Током мелтиреп угуп отуруп, бир оокумда ырдап берүүмдү өтүндү. «Дарыйканы» азыраак айттым эле, «Ээ, үкөм, күү силерде экен, ыр болсо бизде» — деди.[16]

Чындыгында туштук чөлкөмүн «айтышарга теңи жок» Жеңижоктой акындардын мекени десек, кара күү кайрымы жагынан түндүк кыргыздары алдыда экендигин ким танмак? Бул чындыкты Токтогул сыяктуу сыпайы-сынаакылар гана ачык айта алмак. «Кана, Молдоке, чертип бер — деп калышты. Дымыр эткен жан жок, аталардын бардыгы отурган жеринде дымып калышкан. Комуз үнү гана ободо жаңырат. Анда-санда гана: «Ап, баракелде! Ата көрүү, дүйнө!.. Өх, десеңчи ай!..» деген өкүнүчтүү суроолор коштолот».

«Малдаш токунган, сыңар тизелеген, көзүн жүлжүйтүп ойго тунжурап күү ыргагына магдыраган карыялар өздөрүн унутуп коюшкандай. Төрдө Акун ата ак сакалы ылдый куюлган жашын аарчып койбой дал болуп калган. Сол капшытта Субанбай ата «быш-быш» ый аралаш үшкүрүгү күч. Кез-кез «үркүнүң түш ай!» деп күбүрөп коюшкандарынан улам, оор тунжуроодон улам күү

16 Карамолдо замандаштарынын эскерүүлөрүндө. – Ф., 1987. 17-бет.

«үркүн» жөнүндө экенин боолголодум...» (Адабий кызматкер Сонунбүбү Закированын эскерүүсүнөн).

2. ***Кыйкымчы-кынтыкчыл угармандар.*** Сыртынан бакканга күү өнөрүнө күймөлгөн болуп көрүнүшөт. Кызмат абалына кылчактай комузчу, ырчыларга колдоо көрсөткөндөй түр көрсөтүшөт. «Кыргызмын» дешет, бирок кыргыз рухун эскиргендей сезишет, «жаңычылык» деп батыштын (рок, эстрада, симфония) маданиятын көбүрөөк эркелетишет. Адетте байлык, мансабына чиренишет, жаңычылдык деп жасалма маарекелерди, жамыраган үлпөттөрдү өткөрүшөт. Андайда комузу колдон түшөт, кыргыздын элдик ырлары оозго келбей, экиленген эстрадага эбедейи эзилишет. Бул жагдайга да турмуштан мисал келтирели: «өкмөт башын мыкчыган улуу урматтуу уул үйлөп той өткөрөт. Кыргыз күүсү, кыргыз ыры түгөнүп калгансып, Орусиядан ырчы чакыртат. Мындай кесирлүү кереңдер үчүн «колдо бар алтындын баркы жок», алмустактан келаткан салттардын аларга бир тыйынча наркы жок».

«Кара күүгүмдө Ниязаалы менен Токтогулду болуш мейман үйүнө киргизди.

– Отур! – деп «чар» этип улаганы көрсөттү болуш. «Меймандар» орун алышты.

– Эми, – деди болуш, – таң атканча этек жагыма отуруп комуз чертесиңер.

Төрүнө тизе бою төшөк салдырып, башын бийик койдуруп, кыңкайып жатып алган кокуй болуш күү укканы же үргүлөгөнү билинбейт. Кээде козголуп «таап» деген үнү уйку-соо арасында кышылдайт. Кээде «кыр-рк» этип коңуруктап жиберет. «Э-э көзү илинип кетти...» дешип, эки комузчу бирин-бири карай калышса, бир көзүн ыкшырайта «И, эмне токтоп калдыңар ыя?!» дегендей жекире карайт. Ниязаалы унчукпай сүкүт тарта күү чертип кирет. Кокуй болуш болсо тынчтанып, көзүн ачып жума баштайт. Буга кайсы күү жагат? Деги мындан кандай айла кылып кутулабыз?» деп, ындыны куруп турду Токтогул»[17]

3. ***Кулагы кереӊ, кумары төмөн угармандар.*** «Байлыгына бапыраңдап, мансабына манчыркаган эки нойон эрикkенде ээлигип кочкорлук чоң комузчу Кудайбергендин күүсүн угууга келишет.

– Сөздү укканга айт, күүнү түшүнгөнгө черт деген. Ат арытып келип калыптырсыңар. Шагыңар сынбасын – деген күүгер комузун

17 Т. Касымбеков. Кел-кел. – Ф., 1990.

буроого келтирип «Насыйкатты» чертти да, – бу кайсы күү? – деп сурай кетти.

– Жакшы күү экен, билбейт экенбиз, – деп жарыша жооп беришти мырзалар. «Насыйкатты» кайталап чертип, жанагы суроону дагы узатты.

– Куке, мунуңуз башкача күү экен, мурункудан артык чыгып калды,– дешти меймандар. Үчүнчү ирет «Насыйкатты» чертип, суроону дагы кайталады.

– Куке, бул күүңүз мурункулардан тай чабым алыс кетип калды го...

Атактуу комузчу акырында:

– Түшүнбөгөндөр үчүн комуз күүсү таш салган чылапчындын калдырагына барабар. Силердей дөөпөрөздөргө кор болгон кайран күү! – деп туруп кеткен экен» (гезит макаласынан).

Оюбузду акындардын ырларына кайрылуу менен жыйынтыктайлы:

«Ук комузду, ук комузду кайталап,
Комуз сени жаштыгыңа алпарат.
Комуз күүсү турса таңшып, кыргыздар
Ажалды да «ары кет!» деп айта алат»
*(Сүйүнбай Эралиев)*

«Комузчу да күү шарпына термелет,
Угармандын колдоосуна шерденет.
Өзү дагы сезимдерге чөмүлөт,
Күйөт-жанат, курганат да терденет.
Колдор басат эч жаңылбай кылдарды,
Кылдар жанат, ыргак менен сермелет.
Болушунча чертчи көңүл сооротуп,
Мындай учур өмүрлөргө бир келет».
*(Курманалы Сапарбаев)*

# КҮҮ БАШАТЫ – ОТУ ӨЧПӨГӨН «КОЛОМТОНУН» КОРУНДА

Күү башаты кылымдардын соңунда,
Күү сапары – ашуу, белес жолунда.
Күүгө бүгүн күймөлбөсөк кеч болор,
Күү тагдыры угармандын колунда.
Эси барлар эч танбай – эшиткен күү,
Эси жоктор ээмесине – өчүккөн күү.
Боз үйдүн очогуна жалын бүркүп,
Боолголоп шыкаалаткан – тешиктен күү.

Ырас, комуз күүлөрү боз үйдө – оту өчпөгөн коломтонун корунда башталган. Байыртадан көчмөн турмушту баштан кечирген кыргыздар жакшылыкка жандооч салар сүйүнүчтөрүн, жаманчылыкка жанаша жүрүүчү арман-күйүттөрүн, жашоодогу максат, тилек, үмүттөрүн күүгө салышкан. Күү болсо, үч ичеги кылдуу комузда жаңырык салып, алгач «оту өчпөгөн коломтонун корунда» кайнап чыккан, андан Ата-Журт аймагына, Аалам дүйнөсүнө саякаттаган. «Оту өчпөгөн коломто» жөнүндө сөз болгондо, албетте, кыргыз элинин боз үйү көз алдыга тартылмак. Окумуштуу илимпоз маркум Жээнбай Мукамбаев жерге-талдык кыргыздардан жазып алган материалдарга көз жүгүртөлү: «Четки боз үйдөбүз. Үйдүн ээси бизди сүйкүмдүү кабыл алды. Комузчулук жайы да бар экен. Бизге кымыз сундурду. Үй ичи дурус жасалгалуу. Ортодо – коломто. Керегеде комуз илинүү.

– Комузду өзүңүз чапкансызбы? – үй ээсинен сурадык.

– Жоок, аталарыбыздан калган.

Комузчу билегин түрдү, комузун чертип кирди. Ушул комуз адамдарды өз ара байланыштырган, бирден-бирге түрдүү кабарды үн толкуну менен билдирген. Бирөө келсе, аш-той болсо, чабыш-кагылыш өтсө, комуз баяндаган, кандуу сапар, кандуу жолду

билдирген. Ох, хоо! Комуз коштоосунда миңдеген-миңдеген ырлар угарманына жеткен. Комуз күүсү теребелдеги адамдарды айттырбай чакырып жатты. Өзүбүз эле бир топ элек, колу боштор келе беришти. Ыр, тымсал, лайта, ашыглык кеп… төгүлө берди».[18]

Байыртадан келаткан, бабалар барктап урунган, үй-бүлө баш калкалаган боз үйдүн ички ортолук жүрөгү – «оту өчпөгөн коломто» элибиздин эзелтеден турак-жайы эсептелген боз үйдүн тургундары ким болгон? Анын ээлиги, албетте, аталар эле. Энелер – үйдүн куту катары таанылган. Уул – ата жолун жолдогон; келин – тукум улаган; кыздар – утурумдук конок, бирөөнүн бүлөсү, эртеңки эне катары бааланган.

Эмки кептин кезмегин оту өчпөгөн коломто корунан, «боз үй» борумунан улайлы:

«Үзүгүнүн баарысын,
Ак манат менен тыштатып,
Ууктарын учтатып,
Көчкөн болсо бүктөгөн,
Көөлүктөргө жүктөгөн,
Көргөндөрдүн баарысы,
Көзүн салып тиктеген…»

боз үйлөр санаты «Манас» дастанында ушундайча сүрөттөлгөн. Байыркынын тарыхына байкоо салсак: «Алардын (хунндар жөнүндө сөз баратат) эч бири дыйканчылык кылбаган. Ар дайым түбү тегерек үйү (боз үй) менен көчүп жүрүшкөн» (А. Марселинден).

Атпай журтчулугубуздун маданий тармагында жыгач ооз комуздун жылаажын добушун коомчулукка тараткан таланттуу күүгерлердин катарында калкыбызга таанылган комузчу кызыбыз Шакен Жоробекова «боз үйдү» борумуна чыгара күүгө салганы бар. Сөз оролунда боз үй боруму жөнүндө кыскача маалымат бере кетпесек болбос.

Өткөн замандарда кыргыздар оорукта болсун, жортуулда болсун, жолго аттанганда да аялдарды ачык кармашкан, аялдар болсо эркектер менен бирге жүрүшкөн. Жайдыр-кыштыр боз үйдө жашагандыктан, үй-бүлө бүт коломто тегерегине батышкан. Бардык маселелер: жайыт, тоют, союш, конуш, жер чатагы, уруу чабыштары, аш-той… боз үй коломтосунда чечилген. Андай жыйынга улуу, кичүү дебей, эркек-аял, кары-жаш бардыгы

18 Жээнбай Муканбаев. Эл ичи – өнөр кенчи. – Ф., 1990. 46-бет.

катышкан. Кермеге күлүк байланып, желеде кулун тизилип, короодо койлор маарап… сабадан кымыз куюлуп, чыгдандан карын май томурулуп, дасторкон үстүндө бүт үй-бүлө отурушкан. Жаңы келген келинге шөкүлө салып, көшөгөгө киргизишкен, жеңелер «жеңкетай» бөлүшкөн. Боз үйдө отуз күндөп той өткөрүлүп, кырк күндөп той каадасы созулган. Ак таңдай ырчылар, жаакта жок чечендер өнөрлөрүн ортого салышкан. Комузчулар комуз кулагын тындырбай күүгө толгошкон. Манасчылар эрдикти, эркиндикти даңаза кылышкан. Боз үйдө таман чыккан бээлер союлуп, ирегеден май агызышкан. Боз үй төрүндө улуулата орун алышып, аксакал, көк сакал, кара сакалдата кезеги менен насааттарын айтышкан. Качанкы санжыралар чубалып, аксакал карыдан эс тарткан балдарга чейин, келин-кыз, байбиче-токолго чейин түгөл дасторкон отурушка катышкан. Ошондой эле, отун жарып от жаккан, казан асып кемеге казган, ат алып мал баккан малайлар да боз үйдөгү түркүн турмуш борумуна кулагдар болуп, аралашкан.

Боз үйдүн эки түрү болгон: «Турак үй», «Жолум үй». Турак үй үч канаттан сегиз, кырк канатка чейин узарган. Жолум үй жоокерчилик заманда найзалардын баштарын кураштыра салып, ичине көрпөчөсүн жайып, жортуул-жүрүштөр тынымында жоокерлер алачыкта тук этип уктап, эс ала калуучу жай болгон. Ошентип, боз үй көчүп-конууга өтө ыңгайлуу турак жай. Чечип бүктөй салса бир төөлүк гана жүк.

Боз үйдүн курамы: жыгачтары, кийиздери, чийлери, боо-чуулары болуп төрт бөлүктөн куралган.

1. *Боз үйдүн жыгачтары:* төбөсүндө – түндүк, жан жактары – кереге, аларды бириктирген – ууктар. Эшигинде – босого, ага чакталып жасалган каалга, түндүк көтөрүүчү бакандар.
2. *Боз үйдүн кийиздери:* үзүк, туурдук, түндүк жабуу. Үзүк ууктардын үстүнө жабылат, туурдук керегенин сыртына каланат, үй үстүндөгүсү түндүк жабуу аталган.
3. *Боз үйдүн чийлери:* канат чий, чыгдан чий, эшик чий.
4. *Боз үйдүн боо-чуулары:* баш чалгыч, уук тизгич, кереге чалгыч, эшик боо, үзүк боо, жел боо, жабык баш боо, канат боо, түндүк жабуунун боосу, кырчоо.

## Боз үйдүн ички жасалгасы

Ортодо – оту өчпөгөн коломто, коломто ортодо тулга, тулгага казан асылган. Эшиктен кире бериш сол тарап «ыпча» аталып, анда эр-бүлөгө таандык буюмдар (ээр токум, курал-жарак, кийимдер) орун алган. Керегеге камчы илинет. Оң тарап «эпчи» аталып, аял затына ылайык буюмдар: чыгдан, ала бакан, саба, аяк кап, көөкөр, көнөчөк, идиш-аяктар жайгаштырылган. Эшиктен кире бериште отун-суу, эгин салынган кап куржундар. Эшиктен киргенде маңдай жагы төр аталып, тирелип жүк жыйылган. Жүк үстүндө жаздыктар, эр-бүлөнүн баш кийимдери: тебетей, калпактар, энелердин элечеги. Музыкалык аспаптар болсо: комуз, кыл кыяк – керегеге илинген. Боз үй эшиги эгерим кулпуланбаган, ачык турган. Мейман үзүлбөгөн үй «кут түшкөн үй» аталып, эзели дасторкону жыйылбай «май казан» аталган. Мейман каттабаган үйдү «куу казан» дешкен.

Казан тулгада асылган, алдында от жагылган. От коломтодо дайыма жалындап күйүп турган. Мейман үзүлбөгөн очокто күүлөр жаңырган. Күүлөр башаты, албетте, очок төрүндөгү «аталарга» арналган, андан барып үй-бүлө мүчөлөрүнө (энеге, балдарга) тараган.

**Боз үйдө**

Күн чыгыш чачып шооласын,
Табигат текши ойгонду.
Боз үйлөр тартып түндүгүн
Кыймылга кирди тоо койну.

Абаздуу турмуш башталып
Небере эчак ойгонуп
Байбиче чечет бешигин.

*Кайырма:*
Боз үйдү кыргыз жасаган,
Боз үйдө кыргыз жашаган.
Балдарга калган эстелик,
Уз – эне, уста – атадан.

Боз үйдө кыргыз төрөлгөн,
Боз үйдө кыргыз көгөргөн.
Шуудурап жибек көшөгө,
Боз үйдөн кыргыз көбөйгөн.

Түндүгүнөн көрүнөт,
Ала-Тоо жайлоо ажары.
Боз үйдө өткөн кылымдап,
Кыргыздын жашоо базары.

Үч кыл комуз күүлөрү,
Үндөсө көңүл жазары.
Төрүнөн мейман үзүлбөй,
Төгүлө «Манас» айтары.

Кереге уук ширелип,
Төбөдө түндүк тирелет.
Ортодо очок жалындап,
Чынында боз үй – керемет. [19]

*(Сөзү: Адыл Шабданбековдуку.)*
*(Обону: Саалы Акунбаевдики.)*

**Күү башаты**

«Адам бол» деп айтканы – атадай күү.
Элпектикке чакырганы – энедей күү.
Эс тандырган укмуштар дүйнөсүндө,
Ээрчиткени – океанда кемедей күү.

Элжиретсе жүрөктү – баладай күү,
Эркелетсе бөбөгүн – агадай күү.
Эч кимге айтпас сырларды төгүп турса,
Энекенин төркүнү – тагадай күү.

Эскилерин жаңыга жандырган күү,
Эңсегенди жыргалга кандырган күү,
Түшүнбөскө туңгуюк – дудук болуп,
Түшүнгөнгө шам чырактай жагылган күү.

Күү башаты кылымдардын соңунда,
Күү сапары – ашуу, белес жолунда.
Күүгө бүгүн куймөлбөсөк кеч болор,
Күү тагдыры угармандын колунда.

Эси барлар эч танбай эшиткен күү,
Эси жоктор эзмесине өчүккөн күү.
Боз үйдүн очогуна жалын бүркүп,
Боолголоп шыкаалаткан – тешиктен күү.

19 Кыргыз мамлекеттик радио комитетинин «Алтын казынасынан» жазылып алынган.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Боз үйдө» | 7406 | 2,05 | Шакен Жоробекова |

# АТАЛАРГА АРНАЛГАН КҮҮЛӨР

«Оту өчпөгөн коломто коруна» жылынып, өмүр өтөгөн үй-бүлө мүчөлөрүнүнүн эң улуусу да, улугу да сый урматка татыктуу кадырман адамы Аталарга арналган канча улама-аңыздар, ыр-дастан-айтымдар жаңырып, аспаптык күүлөр калк ичинде ойнолуп келет. Алардын айрымдарын «Кыргыз күүлөрүнө» мисал кылып, окурмандардын оюна сала кетели:

*Макал-ылакаптардан:*

«Ата – аскалуу зоо, бороонду тосот».

«Ата балдарына ыйман, адамдык ариет калтырса, ал үйгө бакыт конот».

*Акылмандар насаатынан:*

Алтымышта атаңдын, алдап-соолап күчүн ал.
Жетимишке барганда, жетелеп жакшы күтүп ал.
Сексенге чыгып калганда, акыл, оюн бүтүн ал.
Токсонго чыга карыса, торсойтуп жакшы багып ал.

*Ыр дүйнөсүнөн:*

Мен атамын, көк асмандай пейли кенен,
Балдарым, бактылуумун силер менен.
Баарыңа бакват жашоо, өмүр тилеп,
Мен сенин мейманыңдай жашап келем.

Мен атамын, жашы улгайып өмүр өткөн,
Балдарым бетегедей жашыл көктөм.
Баарыңа бакыт-таалай каалар элем,
Эстеп жүр! Бул дүйнөдөн өтүп кетсем.

*(Арапбай Нишанбай уулу,*
*Жалал-Абад шаары.)*

*Жомоктон:*

**Атанын керээзи**

Илгери-илгери Токо деген кедей адам болгон экен. Канча жашаганын ким билсин, ооруга чалдыгып, жөнүкпөсүнө көзү жеткен соң, жалгыз уулу Болотко керээзин айтат:

– Уулум, сага калтыраар байлыгым, пулум жок. Бирок төрт ооз керээзим бар, ошону билим кал: биринчиси – элден тиленбе, эмгегиңден тилен; экинчиси – тобокелчил тоо тешет, кайраттуу бол; үчүнчүсү – сулуу сулуу эмес, сүйгөнүң сулуу; төртүнчүсү – сабырдын түбү сары алтын, сабырдуу бол.

Токо керээзин айтып бүтөөрү менен дүйнөдөн кете берди. Жадырап жаз келди. Болот дыңды коңторуп, үрөн сээп дыйканчылыкка өттү. Ошол учурда «Баба дыйкан» баш багып: «Ой, Болот, мага сыйын, болбосо түшүмдөн кол жууйсуң» деп коркута сүйлөдү. «Мен сыйынып жатып албайм. Эмгегимден баар табам» – деп, ишин уланта берди. Болот айтканындай эмгегинен баар тапты. Эгинин оруп, бастырып, түшүмүн жыйнап, артканын сатып, турмушун оңдоп алды. Ошентип, атасы айткан «элден тиленбе, эмгегиңден тилен» деген керээзи эсине келип, Баба дыйканды жеңгенине ыраазы болду.

Дагы бир мезгилде Болот соодагерлерге кошулуп, шаар кыдырып саякаттап кетти. Ээн талаа, эрме чөлгө туш келишти. Мээ кайнаткан ысык, ичерге суу жок. Арып-азып жүрүп отуруп, бир чоң терекке туш келишти. Ал жерде кудук бар экен. Бирок, кудук өтө терең, түшкөн адам чыга албайт. Болот атасынын «тобокелчил тоо тешет» деген керээзин эстеди. Тобокелге бел байлап, кудукка түштү. Нарыда үч жигит, үч кыз комуз чертип, ыр ырдап, бийлеп тамаша куруп отурушат. Болот салам айтты, жигиттер алик алышты. Жөн жайды сурашкан соң:

– Сен биздин суроого туура жооп тапсаң, сураганыңды түгөл аласың. Мына бул үч кыздын кимиси сулуу? Кимиси кайсы жигитке ылайык? – дейт жигиттер. Болот шашып калды, кыздар көгүчкөндөй бири-бирине окшош эле. Атасынын үчүнчү керээзи эсине түштү.

– Сулуу сулуу эмес, сүйгөн сулуу. Кимиңер кайсы кызды сүйсөңөр, сага ошол сулуу.

Жооп көзөгөндөй туура түшкөнүнө ыраазы болгон жигиттер Болотко миң дилде сыйлык берип, суу берип, кудуктан чыгарып коюшат. Соодагерлер Болоттун тобокелчил эрдигине ыраазы

болушуп, миң дилде сыйлык беришип, үйүнө кайтууга руксат этишти. Канча мезгил-күндөр өтүп Болот аман-эсен үйүнө келип түштү. Мезгил түн ортосу эле. Эшигин ачып үйүнө кирди. Көзүң жамандыкты көрбөсүн, эки жигит аялынын эки жагында коңурук тартып уктап жатат. Оң колуна кылычынын сабы урунуп, үчөөнү бирдей чаап салмак болду. Атасынын төртүнчү керээзи эсине түштү. «Оң колунун ачуусун сол колу менен токтотуп», от жагып жарык кылып караса, өзү кеткендеги эки баласы чоңоюп жигит болуп калган. Көрсө энесинин жанында жаткан балдары экен. Ошентип, атасынын төртүнчү керээзинин акыбети да кайтып кырсыктан аман калгандыгы алгач жомок болуп айтылып, жумурай журтка насааттал ып калган дешет.

*Улама-аңыз санжырадан:*

**Аксы-Ата**

Тарыхый жагдайдан алып караганда, түштүк кыргыздар Аксылык, Анжыяндык, Алайлык болуп үч топко бөлүнүп келген. Анжыян аймагы бүгүн Өзбекстандын колунда. Жалал-Абад улусунун аймагы мурун Аксы-Ата деп аталып калышына токтололу. Санжырада Аксыкент шаарын Аксы ата салдырган деп айтылат. Аксы-ата өз мезгилинде кышкысын Аксы кыштагында, жайкысын Падыша-Ата (мурунку Жаңы-Жол району) аймагында отурчу экен. Аксы атанын Бозбу-ата, Арслан-баба деген эки уулу болуптур. Эр жеткен Арслан-баба атасына таарынып таякелери тарапка (Базар-Коргон, Сузак) тарапка ооп кетиптир. Энеси ушул чөлкөмдөгү кыпчак кызы экен. Ай-жылдар өтөт, Арслан-баба Аксы тарапка кайрылып келбейт, бирок жаңгакты аябай самайт. Бир күнү Аксыкент тарапка кетип бараткан кербендерден Бозбу-атага салам айттырып, бир калта жаңгак берип жиберүүсүн өтүнөт. Бозбу-ата аябай ыраазы болуп, бир тууганына багыштап, тоо башына чыгып, бир калта жаңгак салган баштыкты Арслан-баба тарапка ыргытып жиберет. Ошондон кийин Арслан-бапта дүйнөгө таанымал Арсланбап жаңгак токою пайда болот. Кийин-кийин Аксы-атадан тарагандар бул аймакты мекендеп калган себептүү аксылыктар аталып калышкан. «Аксы» – «касиеттүү», «ыйык», «бейиш» деген маанини туюндурат. (Маданий ишмер, комузчу Анаш Сооронбаев, белгилүү күүчүлөрдөн Асанбек Жуматаев «Аксы кайрыктары» аттуу күү жаратышкан).

## «Көчпөдүң, ата»

1993-жылы Ош дубанынын Кара-Суу аймагындагы күү ышкыбоздорунун чакыруусу боюнча Жаңы-Арык айылына барып калдым. Элеттик комуз ышкыбоздору бабалар салтын утурлай дасторкон үстүндө «Күү кесе» шеринесин уюштурушкан экен. Шериненин катышуучуларынын жаш курагы, кесиби ар кыл: арасында пайгамбар жашты аттаган аксакалдардан айылдык уландарга чейинки күү ышкыбоздору чогулган. «Күү кесеге» мейман катары чакырылган 80 жаштагы карыя Сулайман Карагул уулу да кезеги менен элдик эски кайрыктарды ортого салып отурду. Комуз кылдарын тербөөдө алп колдору элпек Сулайман аксакал коомчулукка али белгисиз, бирок аймакка дайын: «Кырк уул пешим», «Какшагандын ити», «Ыктытманын ботою», «Көчпөдүң, ата» сыяктуу кайрыктарды ортого салып, таржымалын баяндай отурду. Кезегинде колхоздо бригадир, айыл кеңешинде финагент болуп иштептир. Алты баланын атасы, үчөө комуз чертет.

— «Көчпөдүң, ата» деген күүнү черттиңиз, анын баяны кандай? — деген суроомо мындай жооп берди:

— Илгери-илгери өткөн замандардын биринде эки үй-бүлө коңшулаш жашаган экен. Бир үйдө кыз, экинчисинде эркек бала. Мезгил өтүп, кыз бой жетип, бала бозой куракка келет. Эки курдаш, кыз-жигиттин ортосундагы мамиле сүйүүгө барып байланат. Бирин-бири саал көрбөй калышса сагынышат, туталанат. Жаркырап жаз да келет. Жай айынын башында кошунасы (жигиттин атасы) малдарын айдап жайлоого көчөт. Кыздын атасы кыштоодо кала берет. Сүйүшкөн эки жашка кыйын болот ажырашуу. Көмүскө жерден кезигишкен селки-бозой кучакташып өбүшүп, коргошундай эришип, айла жок, кош айтышат. Ашыглыкка арбалган кыз атасына жалынат:

— Атакебай, жайлоого биз да көчпөйлүбү?

Дүпүрөгөн малы болбосо, ата кургур кантсин. Кыштоосунда кала берет да. Кыз комуз чертчү экен. Арманын күүгө салып, күнү-түнү черте берет, черте берет.

— Ой, кызым, күүң огеле күңгүрөнөт, айтчы, эмне дейт?

— Атакебай, аны кайрыктар айтып жатпайбы: «Көчпөдүң, ата! Көчпөдүң, ата!» — деп жатпайбы?..

*Турмуштагы окуялардан:*

### «Атама эстелик»

Комузчу Жылчый Курманкожо кызы 1893-жылы Жети-Өгүздүн Төрт-Күл айылында туулган. Атасы Итибай уулу Сулайман аймакка таанымал комузчулардан эле. Жылчый жаш кезинен комуз кармап чоңойду. Атасынын черткендери, устаты Ыңдыбайдын таалими, таякеси чоң күүчү Байгабылдын таасири Жылчыйдын репертуарын гана байытпастан, күүчүлүк өнөрүнө зор өбөлгө түздү. Атасы Сулайман, энеси Төрөкан кызынын көзүн карап, эрке талтаң өстүрүштү, эркекче кийинтип тарбыялашты. Сайма шым, башына көрпө тебетей кийгизип, ат жакшысын мингизип, азамат жигиттер сыңары асырашты. Ал гана эмес, азан чакырганда коюлган кыз аты Батмабүбү Жылчыйга алмашты. Ошентти, эрке кыз жүк бурчунда куурчагы менен алп урушпай, балдар менен чүкө атышып, атасын ээрчип, аска-тоо аралап куш салышты... Көз ирмемге илинбей, он беш жылдык өмүр да өтүп кетти.

Көрсө, кечээки секелек кыз «селки» атанып, бойго жетип, турмуш куруу мезгили да өз мерчемине жеткен экен. Көп өтпөй «келинибизди алабыз» менен кайындап койгон жери карп-курп түшүп калбаспы. Алыскы Нарындан келген кудаларды тосуп алышып, «кыз узатуу», «келин алуу» жөрөлгөсүндө той шааниси өтүп жатты. Жылчыйдын энеси Төрөканды дүпөйүл ой кабатырлантып, акыры кудагыйынын кулагына шыбыр какты: «Айланайын кудагыйым, кызым жаш, эркекче өсүп калды эле, бүлө болоор бекен? Дагы бир жылча коё турбайсыңарбы, аркы-беркиге көзү каныксын, кагылсын». Кудагыйы мойногудай эмес, дароо жооп узатты: «Ийе, кудагыйым, менде да кыз бар. Түпкүлүгү түз болсун, кызыңдын калган милдети бизде, камтама болбоңуз». Эки-үч күн кудалык каада-салттар аткарылып, кызын узатууга Сулайман байбичеси менен аттанып чыгып, Кызыл-Суудагы туугандарына токтоп, конуп калышты. Кызыбыз ээрчип убара кылбасын деп, эртеси таң заарынан Жылчыйды ойготпой ата-энеси аттанып кетишти. Айткандай болду. Жылчый ойгонсо, ата-энеси жок, өпкөлөп ыйлап жатты. Боз жорго мамыда байлануу, ээсин көрүп окуранып турат. Эне чиркин кантсин, аргасыздан кызын калтырып, ойноп жүргөн тулуп толо чүкөсүн ээрдин башына илип, чертип жүргөн өрүк комузун атынын канжыгасына байлап койгон.

Кайын журт алдап-соолап, келинин сооротуп, атына мингизип, түнүндө Нарынга келип түшүшөт. «Келин көрөбүз» дечүлөр көшөгө ичиндеги көп чүкөлөргө, кериге кондуруп койгон кушуна, керегеде илинген комузуна көз жиберип, «кыз көптүн бири эмес» экендигине ишенишет.

Үйлөнүү тоюна келгендер үйдү үч көтөрүп, айлана кымкуут. Кечинде конок алынып, анда отурган аксакал-көксакалдар келини комузчу экендигин угушуп, чертип берүүсүн өтүнүшөт. Комузчу илгиртпей макул болот да, көшөгөсүндө отуруп Абактын, атасы Сулаймандын, Ындыбайдын, таякеси Байгабылдын, Саадабай, Осмонбектин күүлөрүнөн атын атап чертет. Күү уккандар келиндин өнөрүнө аябай ыраазы болуп:

– Өмүрлүү, ырыс-кешиктүү бол, алдыңды бала, аркаңды мал бассын, алганың менен тең кары, о-омийин! – деп бата беришет.

Мезгил алмашат, жылдар оошот. Жылчыйга атасы каза болгонун угузушат. Нарындан кудалары келип, маркумга зыйнатын жасашат. Эр-бүлө өкүрүк салып, аялдар кошок кошот. Куран окулуп, дасторконго бата тиленгенден кийин:

– Балам, атаны түбөлүк кармап жүргөн ким бар? Ажал жетип, күн бүтсө, ар пендеде өлмөк бар. Сулайман жакшы киши эле. Өмүрүн силерге берсин. Комузуңду колго алып, отургандарга эрмек болуп бер, – дешет.

Жылчый көпчүлүктүн мизин кайтарбады. «Атамды көзүнүн тирүүсүндө көрүп калбадым, керээзин укпадым, аттигиниң дүйнө, жердин алыстыгы...» деп, муун-жүүндү зыркыратып, боконо жүрөктү болкулдатып, сай-сөөктү сыздата тургандай арман күү чертти. Үч кылдан үч түрдүү ыргак дирил кагып, «Эсил кайран атакем» деген кошок кайрыктары созулуп жатты. Отургандардан көзүнө жаш албагандар жок. Күү ыйлап, күү менен кошо эл ыйлап.... Күү токтоду. Бир саамдан кийин:

– Балам, күүң арман-муңду кошуп жатат, атын атай отур, айтып жүргөнүбүзгө жакшы – дейт дагы бир карыя.

– Атамды жоктоп, келгенден бери кошок коштум, комузум да өз тилинде атамдын арбагына куран окуп жатпайбы. Уккандар-билгендер үчүн бул күү «Атама эстелик» деп аталсын.

*(Жылчый Курманкожо кызы).*

## Атама

«1944-жылы 14 жашар бала элем. Үйгө келсем, кокуйлаган эле ачуу үндөр… Такыячан жеңемдин беттеринен кан шорголоп агып жатат. Аскерге кеткенине төрт жыл болгон байкемди күтүп үйдө жүрбөдү беле? Энем болсо: «Шордодук кокуй, шордодук! Асанкожо байкеңден ажырап калбадыкпы!» деп мени бооруна кысып ыйлап жатты. Байкем согушта курман болуп «кара кагаз» келгенин билгенден кийин мен да өңгүрөп ыйлай баштадым. Бир гана атам үн чыгарбай, боз үйдүн сыртында чоң ташка көчүк басып, жер тиктеп отурат. Эл-журт көңүл айтып жатышкан. Бир оокумда атам башын көтөрдү да:

– Жолдош Кулумбаев (Тянь-Шань областтык аткаруу комитетинин төрагасы эле), уулумдун өчүн немецтик фашисттерден кантип алам? – деп сурап калды.

– Кыдыке, сиз колхоздо актив болуп иштедиңиз, согушта курман болгондордун үй-бүлөсүнө азыр да дайыма жардамыңызды аябай келесиз. Ушулардын өзү эле немецтерден уулуңуздун өчүн алганга тете эмеспи –деди.

– Жок, жолдош Кулумбаев, жанагы жардам делген танк курулушуна өз ыктыярым менен 60 000 сом төксөм, канча фашистти өлтүргөн болом?

– Ой, аксакал, эгер андай болсо, сиздин каражатыңыз менен жүздөгөн душмандарды талкалабайбызбы – деди.

Күндөрдүн биринде:

– Ой жинди, аттарды току, Нарынга барабыз, – деп калды (мени эркелеткенде «жинди» деп койчу). Эртеси эркечтин терисинен жасалган эки чаначка кымыз толтуруп, кула бээге артып Нарынга жол тарттык. Жол алыс. Биздин жайлоодон Нарынга чейин алтымыш чакырымдай. Ичке-Суу деген жерге келгенде, сол жакжы чанач жарылып кетсе болобу. Бээ үрккөн бойдон оюн салып кетти, мен болсом бүтүн чанач менен кошо ээрден ыргып кеттим. Атам чоң жээрдеси менен кубалап жетип, Кула бээни жетелеп келди. Бүтүн чаначтагы кымызды сыңар тизелей отуруп, бөксөртө ичти да:

– Кел ич, – деп мага сунду.

Болжолу, эки саатча ат чалдырып отуруп, чаначтагы кымызды такыр бошотуп, канжыгага байлап, көз байламда Нарынга келдик. Эртеси карала куржундун эки көзү толтура акчаны көтөрүп Нарын мамлекеттик банкына барды да, 60 000 сомду өткөрдү. Үч-төрт ай

өтпөй Жогорку Башкы командачы И. В. Сталинден «Рахмат» кагаз келди. 1945-жылы март айында «Советская Киргизия» газетасына «Ботугуров Кыдырназар деген колхозчу өз каражатынан танк курууга 60 000 сом акча которду» деген кабар жарыяланды. Ошол учурду бүгүнгө чейин дайыма эскерип келем. «Элим, журтум» деп, өмүр өтөгөн сиздей аталарым менен ар дайым сыймыкка бөлөнөм. Кыйырга таанылган «Кыргыз көчү» аттуу күүм, Кыдырназар ата, Сизге тургузган эстелигим. Оо, кадырман Ата, асыл таштан тургузулган эстеликтин эртеңи белгисиз калар. Аспаптык күүлөр эстелиги акыр заманга чейин барар.– деген эле (Ботугур уулу Кыдырназар 1882-жылы туулуп, 1954-жылы о дүйнөгө салган).

*(Асанбек Кыдырназаровдун «Атама» деген куу баянынан)*

## «Атабыз болсочу»

1962-жылы 28-январда «Улуу акын жана анын өрнөгү» деген темада Токтогулга арналган радионун музыкалык уктуруусуна акындын кызы Гүлсара, баласы Бабажан катышып, атасынын ыр-күүлөрүн аткарышып, эскерүүлөрүн ортого салышкан. Аягында «Атабыз болсочу» аттуу күүсүн экилтик (үч ичеги өрүк комуз, темир ооз комуз) аспаптын коштоосунда угармандарга тартуулашкан эле. Күү кийин радионун музыкалык алтын казынасына алынган. Күүнүн жаралышы жагдайында чыгарманын авторлору Гүлсара, Бабажанга байланыштуу маалыматты кыстара кетүүнүн эби келип тургансыйт. Анткени, эсил Токонун балдары (Гүлсара, Бабажан) жагдайында кийинки муундардын анча кабары жоктугун эске алып жатабыз.

1989-жылы Токтогулдун 125 жылдык мааракe тою майрам катары өткөрүлгөндүгү белгилүү. Фольклор жыйноочу Буудайбек Сабыр уулу менен Кетмен-Төбөгө барып тойго катышкан элек. Он күндөн ашык Кетмен-Төбөдө эл кыдырып, Токомду көрүп-билген көзү тирүү замандаштарына жолугуп, эскерүүлөрүн жазып алган элем. Мен собол салган адамдар улуу акындын жек-жааттары, урук-туугандары, шакирттери, кыскасы, тууганчылык салаасындагы адамдар эле.

Токтогул сүргүндөн келгиче баласы Топчубай жаштайынан жайрап калат. Жашы улгайып бараткан акын «артымда туяк калса» деп ак эткенден, так этет. Бул жөнүндө Терек-Суу кыштагынан Кошалы кызы Туйгун апа төмөнкүлөрдү эскерген:

«Токомдун биринчи аялы Тотуя Алматай, Топчубай деген балдарды төрөгөн. Алматай Toком Шиберге айдалаарда чарчап калды. Топчубай да атасын көрбөй, түрмөдөн келгиче учуп кетти. Кийинки аялы Сейдимкандан Урманбет, Нурманбет, Катчабү, Касманбет, Шакы (Гүлсара) аттуу уул-кыздардын ичинде атасын анык тартчу Касманбет 16 жашында жайрап калды. Кийинкилери деле биринен-бири сала кете берди. Улгайганда бечара Токомдун медер тутканы Шакы (Гүлсара) болду. Эркек уулду эңсеп, эсил Токомдун барбаган жери, тайыбаган мазары калбады. Toком менен биздин уруу кудачылык (сөөктөшкөн) тууган. Тууганбай акем Токомду Жети-Төргө ээрчитип келип конок кылды. Таң атканча Токомдун үнү, комузунун доошу басылган жок. Эртеси: «карып баратам, артымда туяк калаар бекен» – деп, Баба-Ата мазарына тайынганы бала сурап баратам» деди. «Баба-Атага бел ашырып узатып коёюн» деп Тууганбай акем кошо атганды. Белге чыга бергенде жол таманында жаткан жоолукту эңип алып, белине курчанып жатып:

– Тууганбай, тилегимди Кудай кабыл кылды көрүнөт, уулдуу болот окшойм... – деп күдүңдөп кубанып жүрөт.

– Ылайым айтканың келсин, Токо – деп, бата жолдойт Тууганбай.

Ашуута чыга бериш оң тарапта таш үстүндө жаткан чүкөнү эңип алып, кармалай берип:

– Аттиңай! Алчысынан не таасынан жатса болмок. Чүкөң түшкүр бөгүп калганын карасаң...Пайгамбар барына азыр, артымда туяк калса болгону... – деп өзүн-өзү сооротуп тим болот. Айткандай эле кийинки жылы Toком эркек балалуу болду.

Баба-Атадан болгомун,
Бар экен Теңир ойдогум.
Баламдын атын ошондон,
Бабажан деп койгомун, –

деп ырдаганы ошондон. Бабажан комузчулук өнөрдү барктаган, бабына келтире күү чалган, аспап чабууну мыкты өздөштүргөн уста да эле. 1991-жылы 63 жаш курагында о дүйнө салды. Уулу Молдожан искусствого, музыкага жакын, телерадио комитетте иштейт.

«Шакы (Гүлсара) комузда, темир ооз комузда чебер ойногон кыздардан эле. Мен төрөлгөнү Сейдимкан энемдин эмчегин эмип,

Шакы менен бирге чоңойдум. Кечээ Сейдимкан апа каза болгондон кийин (1957-жыл) Токомдун балдары Фрунзеге (Бишкекке) көчүп кетишип, арабыз алыстай түштү» деп эскерген эле Токтогулдун бакма кызы Жийде.

Токтогулдун жубайы Сейдимкан өлгөндө, Бабажан, Шакыны кашына отургузуп алып, акын Коргоол мындай деп ырдаганы бар:

Оо, аргымак качты талаадан,
Атадан жалгыз калдың Бабажан.
А дүйнө кеткен Сейдимкан,
Бакырсаң келбейт кайрадан.
Бел тутуп кайрат кыла көр,
Медериң болот Гүлсайраң.
Көк зоонун башы көбүргөн,
Көк ирик оттоп семирген.
Молдожан менен Мейманжан
Токомон калган неберем.
Жакасы кундуз, жеңи жез,
Торкомдун түбү жешилди.
Топ ичинен кетирдим,
Токомдон калган жесирди...

## Ата жолу

Шүгүрчүлүк, алты кыз, эки уулум бар. Өзүнчө түтүн булатышат. Небере чөбүрөлөр торолууда. Кезеги келгенде уул-кыздарым сурап калышат:

– Чоң атабыз Кайбылда кандай киши эле? – соңунан бабалары Дөнөмбай, Ургазы кабарынан, ары жагы түпкү аталар санжыра сабактарынан да сап таштоомду өтүнүшүп, Кыргыз-атага чейинки кыйма-чийме тарых санаттарынан таалим алууга кызыкдар. Ырасында эле, таалим маселеси тарых тааным саясындагы Аталар жолунда жатаарын ким танмак? Балдарымдын ынтызарлыгына ыраазы болуп, билгендеримди, албетте, ортого салуу милдетим экендиги анык.

Атабыз Кайбылда 1958-жылы 63 жаш курагында дүйнө салды. Чоң атабыз Дөнөмбайды көрбөй калдык. 1916-жылкы Үркүндө Кытайдан кайтпады. Чоң энебиз Бурулкан куйма кулак, такыба, чоң молдо, эркек мүнөз ургаачы затынан эле. Он экини төрөп,

экисин гана (Кайбылда, Абдылда) карманып калган экен. Чоң энебиз жубайы Дөнөмбайды чокчо сакал, кара торусунан келген жылдыздуу адам катары сүрөттөчү. Комуз чертип, кыякта ойноп, чоор тартып канаттуу куштардын (карга, сагызган, торгой, күкүк) сайраганын ышкырык менен туурап, элди күлдүрчү дейт.

Бабабыз Ургазы айтылуу Кыдыр акенин аталарынын баамына татыган кадырман адамдардан болгондугу айтылат. Ары жагы Алыбек, Нургазы, Акмат, Мамбет, Калча, Калматай, Күчүк, Жоотатыр болуп, Арык мырзага барып, такалып, касиеттүү Бугу Энеден Кылжыр атадан таралат…

XVIII-XIX кылымдын ортолугунда Орусиядан агылып келген оторчулар Ысык-Көлдүн айланасындагы кара-күрөң, түзөң жерди ээлешип, кыштак куруп отурук ала башташат. Жергиликтүү калк тоо этектерине сүрүлүп, көнгөн көчмөн турмуш алегинде. Орус-кыргыз алака-катышы анча ордун таба элек 1905-жылдары болсо керек, жалгыз түтүн кыргыз (Дөнөмбай үй-бүлөсү) орус кыштагы Ново-Вознесеновкада жашачу экен. Бул жорук тоо түбүндө Боз-Учук айылындагы туугандарына өөн орозгөй сезилип, «орустун чочкосун жеп, «чокундук» болуп кеткендей элес калтырып, эл ичин күбүр-шыбыр күпүр ойлор аралайт. Деген менен, элеттик кыргыздарга караганда, орус калкы илим-билимге эртерээк айланышкан эл эмеспи. Дини башка ошол «чокундуктардын» кеңеши менен Дөнөмбай 10 жашар баласы Кайбылданы 30 чакырым Каракол шаарына учкаштырып келип, алгач татар диний мектебине берет. Кийинчерээк 1912-жылы ачылган орус-тузем мектебине которулат. Окуу 1916-жылкы Үркүн окуясынан кийин токтогон.

Дөнөмбай да бүлөсү менен Кытай жеринде кыйын абалды баштан өткөргөн. Он үч жан башынан турган чоң үй-бүлөдөн үч гана адам туулган жерине кайтып келишкен. Бул кайгылуу тагдырдын буйругун Бурулкан чоң эне көзүнө чолок жаш коштоп, оор күрсүнүү онтоо менен неберелери бизге айтып берер эле.

Кеңеш өкмөтү жаңыдан түптөлүп, социализм турмушка ашырылып жаткан мезгилдин эң башкы маселеси — кадрлар саясаты болгон. Район, облус деңгээлиндеги партиялык-чарбалык жетекчиликке алды менен канча ирет баягы курсташтар Кайбылдага кайрылышпады. «Алыскы элет эли илим билимге айрыкча суусап турушат. Ошолорду окуууга тартып, көзүн ачууга кадрлар керек. Баарыбыз үстөл кучактап, шаардап кетсек, айылдаштарыбыздын

абалы эмне болмок?» деп кыйылып туруп, зорго кутулчу экен кайран киши.

Айтканындай, Кытайга чектеш алыскы Эңилчек, Көөлү, Майда-Адыр аталган сырт өрөөндөрүндө алгачкылардан болуп мектеп ачып, чек арачы аскер бөлүктөрүндө тилмечтик кылып, артелдерди уюштурууга активдүү катышып, эмгек жолун элге билим берүү майданында сынап, мугалимдик гана кесиптен ардактуу эс алууга чыккан. Кийин-кийин «орус-туземчи» кесиптештеримден Жети-Өгүздүк мугалим Заит Кыдырбай уулу экөөбүз гана 1937-жылкы репрессия курмандыгынан аман калганбыз» деп күңгүрөнүп эскерип калуучу. «Калкты караңгылыктан алып чыгуучу, мансап бийликке мамилеси келишпес таза кесип – мектеп мугалими. «Асек, Осек, агартуучулук кесипти ыйык тутканыңар «ата жолун» ардактаганыңар. Дагы айтаарым, улуттук рух мурастар» деген да бар. Анын уюткусу – үч ичеги кылдуу комуз өнөрчүлүгүндө. Эч качан комузуңар колуңардан түшпөсүн» дечү керээз катарында кезеги менен.

Атабыз алышкан оору азабынан ажал чиркинге моюн сунуп кете берди. Эмгегинин үзүрү, орден, медаль, төш белгилери балдары бизге белек болуп кала берди. Эң башкысы, «эл мугалими» деген ардактуу наам алды.

«Кара молдо Кайбылда,
Касиети бар мында», –

деп калк ыроологон баам өз мезгилине даана баа бермек.

Көпчүлүктүн көңүлүнө төп келсе, өткөн өмүргө жасалчу саякаттын да өзгөлөргө сабак болор жайы бар. Комуз күүсүнө татыган «Ата жолу» баяндын айрым урунттуу учурларына кайрылып, угармандар, окурмандар жамаатына жарыя сала кетели.

Калкынын кадыр-сыйына татыган мугалим 30 жаш ортолугунда эле «молдоке» атальшка арзыган. Кара торусунан келген сымбаттуу жигиттин кебете-келбетине карай «кара молдо Кайбылда» айкашып, ага улай «касиети бар мында» саптар акылы жугумдуу, айтканы угумдуу, көрөгөч көсөмдүк сапаттарды айгинелеп тургансыйт. «Кара молдо Кайбылда, Касиети бар мында». Бул эпиграф атанын акыркы өмүрүнө чейин ээрчий келгенин кантип унутта калтырмакпыз?

Кер атын минип, көчө бойлой баратып, кезиккен адамга салам жолдоо, керек учурда кеп козгоо, арасында асымай атып жасап, ары карай сапар улоо адаты эле. Ээсинин мүнөзүн жадыбалдай

жат алган астындагы кер жоргосу да алдыдан алты жашар бала жолукса, тизгин тарттырбай тык токтой калуучу.

1940-1950-жылдардагы кычыраган кыш суугу, бороон-чапкын, кар-борошо түнкүсүн найза бойлогус басып калуучу. Таң эртеңден турган Кайбылда молдо терезеден секирип түшүп, карын күрөп, каалганы ачуучу. Кер атын токуп минип, карды жиретип, мектепке карай чыйыр салуучу. Бирин өңөрүп, экөөнү учкаштырып окуучуларын мектепке ташуучу. Молдокенин мындай тамашасы, албетте, көргөндөрдүн көңүлүн жубатуучу.

Ата мекендик согушта, ооруктагы турмуш тартыштыгы күчүндөгү кез. Кайбылда молдо Ак-Булак баштооч мектебинин башчысы. Жаңы келген мугалимдер үчүн эки көөмүт турак үйүн жатаканага айландырчу. Ал аз келгенсип, Кайбылданын камкордугуна кынык алган тууган-туушкандар ичерман-жээрман уул-кыздарын учкаштыра келишип, даяр жатаканага жайгаштырып кетишчү. Касен, Мукаш, Шеримбек, Күлүй деген бойго жеткен кыз-уландар ошол жатаканада жашап, орто билимди олжолоп үйлөрүнө кайткан учур бир жолку көрүнүш эмес эле.

Башкаларга жасаган мындай камкордугунан каниет алган Кара молдо Кайбылданын «касиет» жөндөмү ушундай учурларда жерде жатпасын деп ойлонуп кетем. Атанын акыл-насааттары, айткандары менин да акыл-эсиме кыттай уюп, өмүрү «ата жолунан» адашпасам деген тилек бар. Мансап, бийлик, байлыкка азгырылбай ата кесибин гана аркалап, ардагерлер сабын толуктаган мезгилдер бул айтылгандарга күбө. Артыма кылчайсам, Советтик Армия катарына өз каалоом менен кызмат өтөп, ооруктагы офицердик окууну «отлично» аяктаганым үчүн Аскер академияга өтүүмдү сунушташты. Мындай ишенимге ыраазычылыгымды билдирдим, бирок кабыл албадым. Армиядан келгенде райком комсомолдун биринчи катчылык кызматына чакырышты, барбадым; райкомдун инструкторлук милдетин ылайык көрүштү, ынабадым; обком комсомолдун аппаратына алабыз дешти, каалабадым; улуттук коопсуздук кызматына тандашыптыр, аны да ылайык көрбөдүм; жогорку партиялык мектепке (ВПШ) жолдомо беришти, «жогуңуз» дедим, чарбага жетекчиликке чакырышты, көнбөдүм...

Өкмөт менен партияга рахмат, «өстүрөбүз» дешти, «көтөрөбүз» дешти, акыры чарчашты, жайыма калтырышты. Мен болсом, «ата жолунан» адашпадым, агартуу майданында эмгектендим, аягын ардагерлер сабы толуктады. Азыркысы ак кагазга калам шилтеп,

жазуучулук кесиптин артындамын. Бул өнөрүмдү деле «ата жолуна» жоруптап коём.

«Ата жолундагы» айныксыз дагы бир өнөр — комузчулук-күүчүлүк. Отурсам-турсам комуз кылдары колду кытыгылап «ата жолуна» арачы түшүп жатса кайда качмакпыз? «Ата жолу» күүсү мына ушундайча жаралган.

*«Ата жолу» Асан Кайбылдаев.*

## Атама

Эл ырчысы Алымкул Үсөнбаев 1894-жылы Таластын Кара-Арча деген жеринде туулган. 1936-жылы Фрунзе шаарында өткөрүлгөн өздүк көркөм чыгармачылык олимпиадасына катышкан. Ушул эле жылы Кыргыз мамлекеттик филармониясына артист болуп кабыл алынат. 1939-жылы Кыргыз ССРинин Эл артисти деген наам берилет. Кыргыз ССР Жогорку Советинин төрт жолку чакырылышынын депутаты. 1963-жылы 69 жаш курагында дүйнөдөн кайткан. Алымкул төкмө акын жана жазуучу. Анын орус жана кыргыз тилдеринде жыйырмадан ашуун китептери (ырлар жыйнактары, поэмалары) жарык көргөн. «Кожожаш», «Саринжи-Бөкөй», «Олжобай менен Кишимжан» эпостору акындын өз оозунан жазылып алып жарык көргөн. Алымкул төкмө комузду да жогорку чеберчиликте коoздоп черткен. Бул өнөрдү өркүндөтүүдө Токтогул, Айдараалы сыяктуу шайырлардан таалим алган. Кийин-кийин филармонияда иштеп жүргөн кезинде Алымкулдун күүчүлүк талантына көзү жеткен атактуу Муратаалы ырчылыкка жанаша комузчулук өнөрдү өркүндөтө жүрүүгө кеңеш берген экен. Ал ишенимдин аткарылгандыгы тууралуу Алымкулдун 100 жылдык маарекесинин урматына Абдылдабек Эсенбековдун эскерүүсү жарыялянганы бар: «Алыкем Токтогулдун күүлөрүн гана шаанисине келтире чертпестен, элдик күүлөрдү да эбине келтире таза аткарган. Мен ал кишинин Токтогулдун «Чоң кербезин», «Көч жандарын» черткенин көрүп таң калганмын. Бир өкүнүчтүүсү Алымкулдун черткен күүлөрүн радионун алтын фондусуна жаздырып калышпагандыгы».[20]

Кошумчалап коёрубуз, радионун музыкалык алтын коруна Алымкулдан төмөнкү комуз күүлөрү жазылып алынган: «Канышбек», «Таш жалак», «Көкөй кести», «Көч жандар», «Арман күү», «Токтогулдун мырза кербези», «Москва», «Жолбашчыбыз

20 Замирбек Үсөнбаев. Алымкул төкмө 100 жашта. – Б., 1994. 28-бет.

партия». Кыргызстан Илимдер Академиясынын музыкалык бөлүмүндө «Абышканын арман күү», «Айкүмүштүн арсар күү», «Алымкулдун кербези», «Баатырлардын согуштагы чуусу», «Колпош баатыр» (кошок күү), «Сары барпы», «Селкинчек», «Сынган бугу» ж.б. сакталып туру. Алыкемдин музыкалык мурастарына кызыккандар бул мекемелерге кайрылып, таанышса болот. Алымкулдун комузчулук өнөрү жөнүндө акын Кубанычбек Маликовдун эсте каларлык эскерүүсү бар: «1947-жылы адабиятчы Тазабек Саманчин болуп Тажикстан жазуучуларынын экинчи съездине барып калдык. Съезд салтанаттуу бүтүп, республика өкмөтүнүн кабыл алуусу болду. Боордош республикалардан барган өнөрпоздордон салтанаттуу концертке катышты. Мен тажик досторго айтып, Алыкемди да программага коштурдум. Алыкем азыраак кутуктоосун ырдап бүттү.

– Кыргыздар жудаям шоир халк, хавазлари көп болади – деп кол чаап жатышты. Алыкем болсо жылмая тартып, кайкая отуруп, өрүк комузунун үнүн шаңкылдата чыгарып, кол ойното чертип кирди. Кабыл алууга катышып отурган Садриддин Айни, Абулкасым Лахутилер чыны менен:

– Машхур дутарчи, машхур дутарчи! – дешип алакандары сыйрылгыча кол чабышты. Мен Алыкемдин комузду жакшы чертээрине дагы бир жолу ишендим. Балким Алыкем акын-ырчы болбой калса, так эле Атайдын өзүндөй обончу боло албаса да комузчулугу, же андан да бир серпим өйдө комузчу болот беле деген ойго келдим. Анткени, обончулукка боёгу бөлөк үн керек».[21]

Акын, комузчу Алымкул азыр да тирүү. Анткени, Алыкенин өнөрү өлгөн жок. Анын артында уулу, экинчи Алымкул – Замирбеги бар.

«Ортого чыкса шаңкылдап,
Обону коңур заңкылдап.
Күүгө да уста жан эле,
Комузда колу шартылдап.
Алымкул деген аты өчпөй
Артында дайым айтылмак.
Бир үйдөн чыккан үч акын,
Баласы, жары, бүт акын.
Атанын актап тилегин,
Апанын актап сүт акын,

21 З. Үсөнбаев. Алымкул төкмө 100 жашта. – Б., 1994. 54-55-беттерде.

Кара жаак иним Замирбек,
Дагы да, каныңдан чыксын, күт акын!»
*(Тууганбай Абдыев)*

Албетте, ал учурда Алымкул төкмө ага жанаша аспап чебери Алымкул күүгер атпай кыргыз журтчулугунун рухий дөөлөттөрүнө анын өнүгүшүнө кошкон. Азыркысын экинчи Алымкул Замирбегибиз бар. Замирбектин оозунан ыр төгүлсө, колунда комузу коштоп… Атанын жолун жолдоп… Андай таланттарды эли-журту колдоп… Кана эмесе Замирбектей уулдун «Атага» арноосун тыңдап көрөлү:

Кол ойнотуп күү чертсе,
Колуна комуз жарашкан.
Топчудай бала кезинде
Токтогулга жанашкан.
«Төкмөнүн ырын уксак» деп,
Толкуган эли самашкан.
Таңазар кылган үйүндө,
Тамаша менен таң аткан.

Обону бар, ою бар,
Омоктуу күлүк ырчы эле,
Күйүттү айтып ыйлатып,
Күлкүгө кайра бурчу эле.
Угуту күчтүү жаштарды,
«Узагын» деп турчу эле.
«Ушунуңдан жазба» деп,
Улуулук колун сунчу эле.

Чындыкты жазган ырлары,
Чыгып жатат басмадан.
Улуу тоонун улары,
Сайрап жатат аскадан.
Улам айтып нетейин,
Узарта айтсын башка адам.
Болоюн дейм өзүңдөй,
Кыйындык иштен качпаган.
*Замирбек Үсөнбаев.*

## Ата мурасы

Азыркы муундун айтым күүчүлөрүнүн бири Нурак Абдракманов 1946-жылы 19-сентябрь күнү Ак-Талаа районунун Кара-Ой айылына караштуу Соң-Көлдүн «Сары-Иймек» деген ички жайлоосунда төрөлгөн. Элдик өнөрпоздун 50 жылдык мааракe-тою соңунда жай отуруп, чыгармачылык өнөр жаатында маек курган элек. Ошол отурушта «Ата мурасы» аттуу күүсүнүн жаралышы жагдайында сөз козгогон. Андагы баянга азыноолак токтололу:

Атам Абдракман карагайчы болгон. Тоо кийиктерине да аңчылык кылуучу. Чыгдан толо, бакан тиреле эт, сүрсүгөн чучуктар илинип турар эле. «Отун алабызды» шылтоолоп келген меймандар үчүн казан толо эт кайнап, берекелүү дасторкон жайылчу. Атамдын меймандостугуна жетине албаган коноктор чымылдап чуркап, чыны сунган чыт курсак баласына (мага) жамгырдай жаадырып, баталарын арначу. Жерден жети муштум таяк жеп, жыгылып, туруп-чуркап ойноп жүргөн кезимде эле атам мени алдына алып, комузун күүлөп, кулагын тиштетип, кыл тербеп, жан дүйнөмдү кайрыктарга каныктыра берсе керек, мектепке чейин балдыркан балалык курагымда «Күйөө бала теңсел» күүнү чертүүгө жетиштим. Айта кетейин, атайын ырымсынттыбы, айтор, атып келген илбирстин эт-майын эзилте бышыртып, тойгончо жедирип, канганча шорпо-шилеңин ичирчү. Жер соорусу Соң-Көлдүн көк кашка тунук суусунун эле жанга жагымы, дарылыгы канча? Ага кошулуп, атамдын камкордугунанбы, балдыркан кезимден музыка жандуу өстүм. Биздин урууда Бекказы, Бакы, Нургазы, Эсенбай, Калы деген байкелерим күү алышкан комузчулардан саналчу. Мектеп курагына келген кезимде атам атына учкаштырып Бакы байкемдикине алып келди. «Иниңе жакшылап көз сал» деп табыштап, анча мынча кеңешин да берди. Байкемдин комузу дайыма керегеде илинип турар эле. Эч ким жогунда комуздан көзүм өтүп, колум кычышып, ээлигип кетсем, эч уруксатсыз аспапты ала-сала чертип кирчүмүн. Ичеги кыл жышылгыча койгуласам керек, жешилген кыл шарт үзүлүп да кетүүчү. Ал кезде кыл жасаш кыйынга тураарын бүгүнкүлөр биле беришпейт. Ал үчүн атайылап кой союшуң абзел. Кой ичегисин комуз кылына коротпой, ичегиден жасалчу таттуу тамакты аңдыгандар канча эле. Ичегиден кыл жасоонун машакатычы… Байкем кургур комузун эмес, менден комуз кылын айоочу, саксактап кайтарып туруучу. Кээде чыдабай кеткенде: «Эй бала, комузга тийчү болбо!» деп, чала чарпып тап

берип да калуучу. Ага да болбой, уурданып койгулай бермей. Кокус жеңемдин дабышы чыкса, жашынмак ойноп жаткансып керебеттин астына кире качмай. Бир күнү атам келип, мени, Бакы байкемди алып кетти. Үй толтура меймандар. Көпчүлүктүн каалоосу боюнча атам, байкем алмай-телмей комуз чертип жатышат. Мен дагы чертсем дейм, колум кычышат, бирок кезек жетпейт. Арачолодо эс алуу боло калды эле, бошогон комузду ала коюп чертип жибердим. Байкем көргөн көзүнө ишенбей: «Ой бала, сен менден өтүп калгансың го, кана, «Насыйкатты» чалып жиберчи?!» деди, кубанганын жашырбай. Суроо-талапты илгиртпей орундадым. Отургандар кол чабышты, алкашты. Алгачкы сыноодон ушундайча өткөн элем, «бала комузчу» атыгып, катарга кошулган элем.

Биздин айылыбыз Кара-Ойго жамаатташ «Коммунистчил», «Чоң-Арык», «Кызыл Эмгек», «Кара-Булуң» кыштактарын кыдырып, атам патефондун табактарын таап келди. Үн тасмада жазылган күүлөрдү биринен сала бирин коюп угаар элек. «Мына, балким, сенин үйрөнө турганың» деди толкунданганын жашырбай. Кол ойнотмо «Маш ботойго» көбүрөөк ынтаалыгымды байкаган атам, «балам, күү пашалары «Сынган бугу», «Көкөй кести», «Насыйкат», буларга тиши өтпөгөндөр комузчу эмес. Сен чертчү күүлөрдүн башында ушулар турууга тийиш» деп эскерткени жүрөгүмө кыттай уюп калган.

Кара жаак Калык акын менен атамдын камыр-жумур алака катышы үзүлгөн жок. Айтып калуучу: «Акын болсоң, атаң Калыкты тартарсың, комузчу болсоң, Карамолдону карманаарсың. Аларга даабасаң кайран өнөрдү кор кылба».

Айылдык мектепти бүтүп, Токмоктогу маданий окуу жайынан билим алып, кийин Токтогул Сатылганов атындагы филармониянын «Камбаркан» ансамблинде иштеп, коомчулукка комузчу, ырчы катары таанылдым, шүгүрчүлүк. Улуттук музыкалык маданиятыбыздын өзөгүн түзгөн бул өнөрдү түбөлүккө кесип кылып алууму өбөлгө катары атамды эсептейм. Атам көптөгөн элдик күүлөрдү чертүүчү, күү табыятын чечмелей да алуучу. Кандай күү чертпейин, кай жеринен мүчүлүш кетсе катасын таап, аны кайталабоомду өтүнчү. Мен көз жумсам, сөөк башында комуз күүлөрү чертилип туруусун керээз калтырганын кантип эскербейм. Атам 85 жаш курагында көз жумду. Энем Уулбүбү 73 жаш жашап о дүйнө салды. Атамдын арбагына таазим этип, урпактарына

калтырган таалим-тарбиясын улуу тутуп, эстелик катары «Ата мурасы» күүмдү арнаганым ошондон.

*Нурак Абдрахмановдун эскерүүсү.*

### Атам жана Ысык-Көл

Кыргыз эли түпкүлүгүндө ырга ышкылуу, күү жандуу, көркөм дүйнөсү кенен, искусство кереметти даарыган чыгармачыл эл. Шыңгырата күү чалган, шыдырата ыр жазгандар четтен чыгат. Сөз баккан, омоктуу ойлору менен элге таанылган акындарыбыз, ойноп жүрүп күү тапкан, олтура калып комуз чалган өнөрчүлөрдөн тарта, касиеттүү Ысык-Көлгө кайрылбагандарды табуу кыйын. Ошондой акындарыбыздын бири Абдылда Белеков:

«Мен чыктым тескей тоосуна,
Көз салдым көлдүн коозуна.
Көтөрүлсө Ысык-Көл,
Толкуну аска-зоо тура.

Бир толкун болсо бу Көлүм,
Миң толкун менин – жүрөгүм.
Миң толкун болсо бу Көлүм,
Миллион толкун – жүрөгүм», –

деп, акындык жүрөк толкунун Көл толкунуна жууруп, окурманынын ой сезимин ушул темага буруп жатпайбы акын. Баралына келип, бадырая көрүнүп калган комузчулар Камчыбек, Рыспек Жунушовдор жүрөктү дүргүткөн сүйүүсүн күүгө чүргөй тескей тоодон көз ымдап, түрмөктөлгөн Көл толкундарын утурлай, Көл сулууга колдорун сунуп жатыр. Камчыбек, Рыспек аттуу ысымдар күүлөр жамаатына таанылa баштаганына анча деле убакыт боло элек. Оң-сол колдо экилтик чертүү ыкмалары менен көргөндүн көз жоосун алып, угармандарды умсунтпай купулуна толгон бул эки жигит Көл тескейин жердеген айтылуу инсан Жунуш дегендин уулдары. «Комузчулук өнөрдү атабыз үйрөткөн, чертмек аспабын чегине жеткире чапкан устачылык өнөрү да бар эле. 1995-жылы кайтыш болду. Ырыскы чачкан Ысык-Көл кереметине, жаратылыш тартуулаган ажайып сулуулугуна таазим кыла, толкунун тосо «тобо» келтирип, көл жээктей сапар улоо атабыз үчүн күндөлүк адат эле. Үй-бүлөдөгү атанын ардактуу орду, Ата-Журтубуздун куту – Ысык-Көлдүн ажайып коовдугу биздеги чыгармачылык шыкты шыкактады белем, көптөн бери көңүлдү дегдеткен күү да

жаралып, аны «Көл баяны» атаган элек. Көп өтпөй бул күүмдү комузчулардын кароо конкурсуна да алып чыктым. Конкурстун талабы боюнча, күү кандай максатта жаралгандыгы жөнүндө баян да айтылды. Азыркы мезгилдин күүгерлеринин бири Зайнидин Иманалиев күүгө өзүнүн баасын бере отуруп, аталышына мындайча кошумчасын киргизди: «Көл баяны» өтө эле жалпылаштырылган атоо, аны чыныгы турмушка жакындатсак, «Атам жана Ысык-Көл» десек туура болоор». Зайнидин аганын бул сунушунун жөнү бар дегим келет. Анткени, атам Жунуш Көлдө туулуп, Көл жээгинде өскөн, көлдө чабак уруп, ак куулар менен жарыша көлдө сүзүп көнгөн, Көл толкунунан чыгармачылык таасир алган өнөр адамдарынан».

Адетте, аспапта ойноонун салттык ыкмасында сол кол манжалары комуз мойнунда басылыш жасап кыл тербесе, оң кол шилтемдери үч кылга үн бүркүп, арген добуш ыргактарын ылайыгына келтире коолдоп күү курамын түптөмөк. Камчыбек, Рыспек Жунушовдор комуз чертиминдеги бул салттык ыкмаларды ылайыгына жараша кооздоп-түрдөп, оң-сол басылыштар ажырымына оңдоолор киргизип, комуз өнөрүнө жаңылык жаратканын коомчулук жылуу кабыл алууда. Бир эле учурдагы оңдук-солдук чертимдердин экилтик аткаруучулукта алмашып туруусу, каалаган тарапка каршы-терши аспаптын чимирилген жүрүшү күү ышкыларына күтүүсүз жаңылык тартуулашын таназар албас көрүүчүлөр боло койбос.

*Рыспек, Камчыбек Жунушовдордун эскерүүсү.*

**«Атама кошок»**

Өнөркечтер атасы каза болгондо, ага «кошок» арнап, көпчүлүккө жар салган салттарыбыз да бар эмеспи. Ысык-Көлдүк кошокчу кызыбыз, темир ооз комуздун устаты, атасы кыргыз, энеси орус кызы Зыйна Маамытованын «Атасына кошогу» темир ооз комузда бүгүн да кагылып келет:

Кара атка таккан кажары,
Капилет келди ажалы.
Кадырман атам өлгөнүн,
Калың элге жаялы.

Тулпарга таккан кажары,
Туюнтпай келди ажалы.
Топурактын алдынан,
Тууганың таппай тажады.

Адырдан уулап түлкү алган,
Ак сүлөөсүн мүлк алган.
Ардактуу атам деп келип,
Алыскы элдер үн салган.

Күмүш ооз дарбаза,
Ачылар да жабылар.
Күлгүн жаның өткөн соң,
Кан атам кайдан табылар.

Туура терек жыгылса,
Тулпарың аттап өтө албайт.
Туйгун жаның өткөн соң,
Тууганың ыйлап жете албайт.

Комуздун күүсү кол менен,
Кыяктын күүсү кыл менен.
Кыямат атам өткөн соң,
Менин өмүрүм өтөр ый менен.

**Атанын арманы**

«Заман акыр – жер такыр» демекчи, атпай журтчулуктун аң-сезимине ачакей чыйыр түшүрчү учур да болот. Азыркы мезгил – жашообуздагы базар мамилеси дейлиби, канча аталарды үй-бүлө очогунан адаштырып, айрымдары иш-кызматын жыйыштырып, кара жандын камын гана ойлоп, «акыр заман» аңгегинен чыга албай, каңгып калган учурлар да байкалууда. Ошондой аталардын арман-муңуна ортоктошо кетели.

Жолдошбек карыя ээн үйдө жалгыз комузун гана кучактап карайлап калган чактысы. Ичтеги арман күйүтүн, келечектен үмүтүн жалгыз комузу менен гана тең бөлүшүп, кылдын дирилине мындайча үн кошкон:

Кандайсың уулум, Азамат,
Кайгырып бүттү атакең.
Куюктуруп кайдагы,
Белгисиз жакка жетелеп,
Алып кетти апакең.
Сагынып сени күнү-түн
Саргайып бүттү атакең.
Сенсиз мага таң атпайт,

Санаага салдың берекем!
Издеп өзүң келгидей,
Жетиден жашың аша элек.
Ортобузда бир чыйкан,
Каскак болду балакет!

Атанын арманы ушундай. Эми ага кененирээк токтололу. Жолдошбек Балыкчы шаарында турган оокаттуу, сарамжалдуу адам болгон. Балыкчынын базарында үч дүкөнү бар эле. Буйрук экен, Бүбүазия деген келинге үйлөнөт. Бара-бара балалуу да болушат. Барчылык оокат Бүбүнүн көзүн тунарттыбы, кээде үйгө түнөбөй, ичкиликке оой баштайт. Акыры эки суперкамазга бар оокатын жүктөп, уулу Азаматты кошо алып, Балыкчыдан көздөн кайым болот. Ээн үйдө каңгырап Жолдошбек жалгыз калат. Сураштыра-сураштыра Бүбүазияны Чолпон-Атадан табат, бирок жарашуу, чогуу түтүн булатуу жөнүндөгү ою таш кабат. Ары-бери караганча Азамат да алты жашка дам коёт. Бирок атасыз, тарбыясыз чоңоюп жатканы Жолдошбектин күнү бүгүн жүрөгүн зилдетип келет. Бүбүазия көрсө мурун да соттолуп, кылмыштын бети ачылып, түрмөгө отуруп чыккан экен. Жолдошбек бечара кантмек? Тапкан ташынган үй мүлкү — байлыгынан ажырады, ишинен ажырады, баарынан кыйыны — тукум улоочу уулунун тагдыры кыл учунда калганы, коломто кору бүлбүлдөп өчүп баратканы. Улам барган сайын «атанын арманы» артылып, аны угаар адамдардын суюлуп баратканы. «Арманды» жар салып айылдаштарына, аймакка кабар салган ал жалгыз гана комуз кылдары болду.

*Б. Түмөнбай кызынын эскерүүсү.*

**Муңдук чалдын арманы**

Үй-бүлө очогунда күжүлдөп күйгөн коломто корун эңсеп жүрүп, өмүр өтөгөн карып чалдын арманына кайрылалы:

Карчыт жерим жарылып,
Катын көрбөй зарыгып,
Өпкөм калды тешилип,
Өлүп барам кечигип.

Пейишиңди өзүң ал,
Пейилимди албай, өзүмдү ал.
Парандага тең болбой,
Патты күнүң шордуу чал!

Байдын үч-төрт катыны,
Неге алар бөлүшпөйт.
«Катын ал» деп, бачагар,
Малынан бөлүп беришпейт.

Катыныңды өзүң ал,
Каалап калсаң, өзүмдү ал.
Кумар үйүн бир көрбөй,
Куурап калган мен бир чал.

Келиниңди өзүң ал,
Керек болсо өзүмдү ал!
Келин жытын искебей,
Кейиште өткөн мен бир чал!

*Огандык кыргыздардын элдик чыгармаларынан.*

Радионун музыкалык «Алтын казынасындагы» «Аталар» темасына арналган күүлөр:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Атаны кокуй, атаке! | 9130 | 3'56 | Датка Шаакеев (кыяк күүсү) |
| 2 | Аталар мурасы | 3888 | 4'00 | Экия Мукамбетов |
| 3 | Атабыз болсочу | 7943 | 2'24 | Гүлсара Токтогулова (темир комуз), Бабажан Токтогулов (комуз) |
| 4 | Устатыма | 5349 | 3'00 | Сабыр Орозов |
| 5 | Атама | 10325 | 5'08 | Курмангазы Азыкбаев |
| 6 | Ата мурасы | 4604 | 4'09 | Толтой Мураталиев |
| 7 | Ата мурасы | 7262 | 3'45 | Нурак Абдракманов |

# ЭНЕЛЕРГЕ АРНАЛГАН КҮҮЛӨР

Токсон толгоо тартып, тогуз ай көтөрүп, курсактан куюлуп түшчү Туюкбайга жаңы өмүр тартуулоочу Жаратkандын эң сүйкүм пендеси – бул Эне. Ак мамасын берип, ак бешикке бөлөп, «алдей бөбөктү» кулагына төшөп, алдына өңөрүп, аркасына көтөрүп, балдарын балапан курактан өткөргөн. Тойгуза ичирип, торсойто кийинтип, топураңдатып сүйүнтүп мектепке жөнөткөн. Бой жеткенде уул үйлөп, кыз узатып, укум-тукум узурпатын өткөргөн. Эне чиркиндин милдетин ушуну менен чектесек, ченеми кемип калаар. Дагынкысы дагы канча санакка сап болоор: небере-чөбөрөлөр алдында – чоң энелик; кыз балдары үчүн кымбат баа – тай энелик; алака-катыш туугандык байланышта – өкүл энелик; атасы башка никеге – өгөй энелик, достук кол кармашта – аяш энелик; наристелер төрөтүндө – киндик энелик салымдарын санай кетсек, сөз жетпес. Эне аралашпаган коомдо эч бир тармак жок. Баарынан бараандуусу – бала төрөө, коломто корун дымытпай, үй-бүлө очогунун отун улоо. Ошондон улам сансыз алааматтан сабак алган бабаларыбыздын саламы «бала-бакыраңыз аманбыдан?» башталчу тура. Келген келинге «алдыңды бала бассын» бата жолдоосу, көздөн учкан, тукум улоо маселесин эң биринчи кезекке койгон. Айрыкча аз сандуу кыргыз калкы үчүн көп балалуу жана жаш энелерге мамлекеттик деңгээлдеги камкордук аба менен суудай зарыл.

Атпай журтубуз үчүн айтып түгөнткүс кадырман адам – «Эне» темасындагы күүлөр баянына кезек берели.

## Энеме

Калкыбызга кеңири таанымал комузчу кызыбыз Каныкүл Досманбетова акын Жусуп Турусбековдун айтылуу «Энеме» деген ырына обон жаратып, комуздун коштоосунда ырдоо менен угармандарга рахат тартуулап келгендигин бүгүнкү жаш муундар анча биле бербес. Балалайканы бабына жеткире черткен акын

Абдрасул Осмонов да «Энеме» аттуу бул ырды ойногонун окурмандардын эсине сала кетмекчибиз.

Окумуштуу Зияш Бектенов «Энеме» аттуу бул ыр-поэманын жаралыш жагдайын төмөндөгүчө баяндаганы бар: «Жусуп орус тилин да түзүк билүүчү. Бир күнү биздин үйдө Ташым Байжиев жана Жусуп Турусбеков үчөөбүз сүйлөшүп отурабыз. Жусуп С. Есениндин «Энеме» деген ырын мактап калды. Ташым ага:

– Эне жөнүндө поэма жазсаң, Есенинден ашыра согор элең – деди. Ташымдын ал пикирин мен дагы кубаттадым. Эки күндөн кийин Жусуп бир блокнотко толтура жазган «Энем» аттуу поэмасын окуп берди. Ташым экөөбүз:

– Мына, Есениндин «Энесинен» алда канча ашып түшүптүр – дедик. «Окуймун» деп алыскы шаарга кеткен уулун сагынган эне, «балам тентек эле, орой-ойчул зөөкүр эле... Эмне болду экен?» деп сары санаага батып, сагынбай коймок беле? Ошол эрке баласы беш жылдан кийин окуусун бүтүп келип, бир чети энесине эркелеп айтып турганы поэмада мындайча сүрөттөлгөн:

Күткөндүрсүң,
    Келдим, эне, аманбы?
Кучактачы,
    Сүйчү беттен балаңды.
Беш жыл бою тентип кеттим дайынсыз,
    Сагындың го,
Бир көрө албай караанды.

    Тентек эле, эмне болду дедиңби?
Күндө ойлоп, асан-кайгы жедиңби?
    Кимдер тилдеп,
Кимдер шагын сындырып,
    Муңайтты деп,
Кейиттиңби ээниңди!..
    Бирөө да жок,
Өзүң билген чагымдын,
    Баягы мен,
Бүгүн бөлөк жаңырдым.
    Берчи, энеке,
Эмчегиңди сагындым.

    Ха-ха-ха! Чүкө салган тулубум,
Ташта энеке, кереги жок мунуңун.

Шайыр жаштар арасында чоңоюп,
Мына, бүгүн жигит болгон кулунуң...

Мына, бул күн,
Ал күндөрдөн арылдым.
Комсомолмун,
Мына «КИМди» тагындым.
Берчи, энеке,
Эмчегиңди эмейин,
Берчи, энеке,
Ак мамаңды сагындым.

Бир окуя,
Эсиңде, эне, бар бекен?
Азыр дагы,
Каным жаман бузулат,
Ал кордукту,
Көңүлгө алып эстесем.

Атам байкуш,
Түн жылкысын кайтарып,
Орунбайда,
Малай болуп жүргөн кез.
Кысыр эмди,
Жабагысын эсирген,
Абайлабай,
Курган атам бир түнү,
Жаңылбасам,
Карышкырга жедирген.
Бул иш үчүн,
Аябастан сабаган.
Азыр дагы,
Атам көзгө элестейт,
Көзү шишип,
Жаагы айрылып канаган.
Булар менен,
Дагы алыша жатарбыз.
Бар майданда,
Дагы күрөш ачарбыз...

Эсиңдеби,
Кечээ күнкү жокчулук.
Э, энеке,
Кошко байлап семирткен,
Ат бар беле,
Бизде турган кошкуруп?

Көрдүңбү, эне,
Бүбүяны карасаң.
Ал Бүбүя,
Комсомол кыз санасаң.
Ээ, энеке,
Айланды биз табабыз.
Колхоздогу
Шайыр жаштар биригип,
Сени дагы,
Шайыр кылып алабыз.

*(Поэма кыскартылып берилди).*
*Канымкул Досманбетова, Абдрасул Осмонов.*

Жусуп Турусбеков 1910-жылы Ысык-Көл областынын Тоң районунда туулган. Атасынан жаш калган. 1922-жылы Каракол шаарындагы балдар үйүнө алынган. 1927-жылы «Эркин-Тоо» гезитинин редакциясында иштеген. 1943-жылы Ата-Мекендик согушта курман болгон.

## «Энеме»

Кайсы ишке барбасын, калыстыктан тайбай, өзүн калкка тааныта алган, кыргыздын кыйын чыкма уулдарынын бири Дастан Сарыгуловдун «Энеме» аттуу күүсү радионун музыкалык «Алтын казынасына» алынып, эфир толкунунда кезеги менен уктурулуп келатышына бир топ мезгил болду. Жан дүйнөнү рахатка термелткен бул күүнүн жаралышы жагдайында анын автору менен маңдай-тескей отуруп мамилелешкен учурлар, деги эле, улуттук руханий дөөлөттөрүбүздүн ана башы эсептелген комуз өнөрчүлүгү жагдайында аңгеме-дүкөн курган учурлар көп эле болду. Ошондой баарлашуулардын биринде (1994-жыл, февраль айы):

– Дастаке, сөз тизгинин Сиздин чыгармачылык өнөрүңүзгө бургум бар. «Энеме» аттуу күү жаратыпсыз, ошол жагдайда кеп баштасаңыз – деп сурап калдым.

– Эне – бул эч теңдеши жок улуу ат. Кеңитип айта келсе, сөз чак келбес. Ар жарандын он ай көтөрүп, омурткасы сыздап төрөгөн энеси бар. Кезегинде таланттуу акын агабыз Жусуп Турусбеков эс тартып, эр жеткенде Энесине болгон сагынычын поэзия тилинде берген эле. Мен болсом, Энеме болгон кайрылуумду үч кыл комуз кайрыгына салдым. Эненин кадырын жаш өткөн сайын көбүрөөк баамдайт экенбиз. Биздин энебиз он бир бала төрөп, тарбиялап өстүрдү. Тогузу мектепти алтын медаль менен бүтүрдү. Мен бешинчи баласымын. Ленинграддагы инженердик-курулуш институтунда Лениндик стипендия алып окудум. Дубандын акими болуп иштедим, «Кыргыз алтын» концернин жетектедим. Мына, ушул даражага жетүүдө Энемдин эмгегин айтып бүтүрө албасмын, ага балдары – баарыбыз милдеттүүбүз. Айылга барганда энебиздин колунан чай ичкенибизге ушунчалык курсантпыз дейсиң, кубанганыбыздан өзүбүздү асманда учуп бараткан ылаачындай сезип кетебиз. Эненин ак сүтүн канткенде актайбыз, кеп мына ушунда. Эгерим актай албасак – ал арман, карызынан кутула албасак – ал өкүнүч. Ошондон улам дейинчи, мен алгачкы чыгарган күүмдү Энеме арнадым. Күүдө өзгөчө толкундануулар, өпкө каккан өкүнүч туйгулар, түпсүз ой-толгоолор, кыйырсыз кыял чабыттар жык, чети оюлгус….

2004-жылы Дастан Сарыгулов энесинин сүрөтүн берди. Бир баракчага кыскача маалымат кошо сунушталыптыр: «Энем Сарыгулова Сайра Темиралиевна 1918-жылы туулган, 1996-жылы о дүйнөгө узады. Балдары: Зейнеп, Нуржамал, Нурдин, Улан, Дастан, Баян, Султан, Аскар, Анара, Чолпон, Болот».

*Дастан Сарыгуловдун эскерүүсүнөн.*

## Эненин жүрөгү

1996-жылдын 2-январы. Жаңы жылдык майрамга аралаш комузчу Намазбек Уралиев кубаныч куттуктоосун арнап биздин үйгө келип калды. Жүрөгү таза адамдар үчүн майрам учурундагы кездешүү кандай маанайда өтөөрү баарыга белгилүү чыгаар. Намазбек экөөбүздүн ортобузда кубаныч-сагынычка ортоктош колубузда комузубуз ойноп турмагы.

– Намазбек, жаңы күүлөрүңдөн ортого сала отур – дейм.

– Ааламга атагы кеткен жазуучу агабыздын «Манкурт жөнүндө баян» чыгармасына байланыштырып күү жараткан элем.

Күүнүн маани-максаты жөнүндө айтсам: өткөн кылымдарда Найман эненин баатыр уулу Жоломан кан күйгөн кармаштардын биринде калмактардын колуна түшүп калат. Калмактар болсо, Жоломанды өлтүрүп салуунун ордуна, маңкуртка айландырышкан. Айлап-күндөп жол жүрүп, алыстан атайылап издеп келген энесин Жоломан-маңкурт таанымак беле? Ал аз келгенсип, кожоюнунун тукуруусу менен энесине жаа тартып атып таштап, биротоло тындым кылат эмеспи. Бул байыркыдан калган баянды Чыңгыз аба кагаз бетинде жарыя салса, ошол эле ойду мен комуз кайрыктарына жууруп, ал кездеги «армандардын» бири – маңкурттук кеселди азыркыларга кулак кагыш жасай, акылга салгым келген. Күүдө баяндалган идея (маңкурттук кесел) күнү бүгүн айрым жаштарыбыздын башын айлантып, улут тилин жерип, улуттун рух дөөлөттөрүн таанybай, өзүнүн ким экендигин элес албай Жоломандын жосунсуз жоруктарына түшүп бараткандыгына «эскертүү болсо» деген ниетти кармандым. Ылайым улуу мурас – комузубуздун коңур добушу оболоп турса, коңуз коңурук тарткандарды копшоп, ойготуп, ойго салып коёр деген гана тилек менен баяндалган.

*Намазбек Уралиевдин эскерүүсүнөн.*

## «Эненин жүрөгү»

Күү ышкылуу жаштардын устаты аталган, аймакка таанымал комузчуларыбыздан эсептелген Асан Сейдалиевдин авторлугунда көз жарган күүлөрдүн бири «Эненин жүрөгү» деп аталат. Анын жөнү төмөнкүчө баяндалат: «Энем 80ден аша жашап кайтыш болду. Акыркы учурда менин колумда калган, үйдө экөөбүз гана жашоочубуз. Жумуш менен алек болуп, кээде үйгө кечигип келчүмүн. Энем эшикте мени күтүп отура берүүчү. Мени көрүп, кубанып кетүүчү да, үйгө кошо кирүүчү. «Сенсиз кантип үйдө отурам жалдырап?» деген энем мени көргөндө телегейин тегиз сезип, дүпөйүл жүрөгү жазылып, жадырап жайнап кетүүчү. Энемдин ошондогу баласы, мен үчүн күйгөнү, санаа ркап күткөнү, жакшылыкка болгон тилеги, бирде элжиреп, бирде сыздаган жүрөгү эскерме күүгө салынган эле.

Эненин балага карата соккон мээримдүү жүрөгү элде улама-аңыз катары айтылып келет: илгери мүнөзү жумшак, ичи таза, ак көңүл, арамдыктан алыс турган жигит менен азезил шайтан мүнөздөгү кыз таанышып, аягы сүйүүгө айланат.

– Мени сүйгөнүң чын болсо, мен койгон талаптарды бүт аткарууга тийишсиң – дейт кыз. Жигит баарына макулдугун билдирет, сүйгөнүнүн талаптарын ар дайым так орундата берет. Акырында:

– Энеңдин жүрөгүн тирүүлөй сууруп келип мага бергиниң – дейт кыз. Сүйүүгө эс-мас болгон жигит кыйылып туруп, бул талапка да макулдугун билдирет. Энесинин төшүн жарып, жүрөгүн сууруп алып, кызды карай чуркап жөнөйт. Арыктан аттай берээрде мүдүрүлүп, оңкосунан кулайт. Колундагы ысык кан шоргологен эне жүрөгү баласын кыйбай:

– Алда, кулунум ай! Этиңди оорутуп алган жоксуңбу? – деп аяп кетет. Эл оозунда айтылган бул кептин төркүнү – ажал жетип акыркы деми чыкканга чейин эне чиркиндин тилеги балада. Ошону күүгө салган элем, Асаке.

*Асан Сейдалиев*

## «Кайран энем»

Жазуучулук, акындык, сүрөтчүлүк, обончулук, аткаруучулук өнөр өктөмүндө дааналанып, эл оозуна алынып, атактуу инсандардын катарын толуктаган Казакбай комузчу менен чыгармачылык катыш, Кудая шүгүр дегенчелик. Ар кандай темадагы азилдешээр, айтышаар, такташаар, талашаар, сүйлөшөөр маселелер жетиштүү десем жаңылбасам керек. Алардын орчундуусу биз үчүн – күү өнөрү. Казакбай аспабында ойногон «Арноо күүлөр» тууралуу «Энелер» («Кайран энем», «Казак апама») темасында күүлөрдүн жаралыш жагдайын автордун өз оозунан тыңдасак. Анда эмесе, кеп тизгинин Казакбай күүгерге суналы: «Мекеним менин – кең Талас. Атам Абдыш колунан көөр төгүлгөн уста: ээр чапкан, ат жабдыктарын жасаган, комузчулугу андан ашкан киши эле. Молдочулугу болсо агаларым Шаршеге, Үмөтаалыга оошкон. Биздин айылда Көкөтай дегендин:

«Арпа наны алты сом,
Айланайын, совет ай...
Текей жедик терикпей,
Терип жедик эрикпей» –

деген ыр саптарын созо коём деп, Үмөтаалы абам түрмөгө камалып кеткенде он баласы жетим калган чыркырап. Ошентип, эки үй-бүлөдөн 15 бала атамдын карамагына өттү. Атамдын Зыйнат

деген биринчи аялы да оорулуу эле. Таластын башы Көпүрө-Базарда жашаган, Совет өкмөтү орногонго чейин болуш болгон таятам Сыдыгалы дегендин Субайда деген кызын кийин бир кембагал момунга кармата бериптир. Күндөрдүн биринде атам аны тезек терип жүргөн жеринен учкаштырып, үйгө алып келиптир. «өзү молдо туруп, томаяктын аялын тартып алган» деген күнөө коюп, камай турган болгондо 14 жашар баласын учкаштыра Кетмен-Төбөгө качып барышат. Арабча, латынча жаза билген сабаттуу адам эмеспи, ал жерде «Крестян» дыйкан чарбасын уюштурат. Ошол учурда Токтогулга кездешип, улуу акын менен катышы үзүлбөптүр. Током төшөк тартып, ооруп жүргөн кези экен. Бул жерде да атама куугунтук башталып, арга кетип турганда Током акыл-кеңешин берип: «бир туугандай болуп калдык эле Абдыке, келин бала эркек төрөсө балага белек болсун» деп, комузун берип, узатып коюптур. Кетмен-Төбөдөн Ферганага ооп, андан Аксы, Жаңы-Жолго түшүп, аяктан да жолу болбой Казакстандын Мерке деген жеринен башпаанек таап туруп калат. Аяк-быякка сүрүлүп, азап чегип жүргөнүнө кайыл, Токтогулдун комузун тумардай катып ала жүргөн экен апам байкуш. 1939-жылы Меркеде төрөлүпмүн. Казак кемпир кеңеш өкмөтүн ыроолодубу, атымды Кеңешбек деп коёт. Казак баурдастардын карым-катышынан уламбы, кийин атым Казакбайга оошуптур. Бечара энем толгоосу өтүшүп кетсе керек, кан көп кетип, төрөттө жан бериптир. Эне сүтүн көрбөгөн ымыркай да эки айдан соң апасынын артынан учуп кетти. Атам 50 жашында 25 жаштагы дагы бир казак кызына үйлөндү. Жазында Чөңөр ашуусун ашып Таласка көчүп келдик. 1957-жылы 10-классты бүттүм. Таластагы Айыл чарбасын механикалаштыруу окуу жайын аяктап, үч жыл трактор айдадым. 1965-жылы Политехникалык институтту бүтүрүп, автотранспорт шоссе жолдор министрлигинде 25 жыл эмгектендим. Транспортту биротоло таштап, 1990-жылдан бери жалаң чыгармачылык кесипте эмгектенип келатам.

– Эми Асаке, «Энелерге» арналган күүлөрүмдү ыр менен баян этип берейин. Мени үч жашымда жетим калтырып, өзү жыйырма жети жаш курагында о дүйнө салып кете берген, бейиши болгур, бечара Энеме арнаган күүнү коштогон ырдесте:

Кайран энем!
Кайран энем!

Жар болуп кырк жаштагы атабызга,
Жашы жыйырма куракта келген экен.
Көкүрөк муң көздөрү жашка толуп,
Көп жылы күтүп мени көргөн экен!
Кайран энем!
Ошол тарткан азабы аз келгенсип,
Отузга жетип жетпей өлгөн экен...
Кайран энем!
Кан жутуп кайгы басып, атам байкуш,
Апамды – алган жарын амалсыздан,
Казактын далаасына көмгөн экен.
Кайран энем!
Ападан эрте ажырап о Казакең,
Азабын жетимдиктин көргөн экен.
Ошондо жыйырмадагы казак кызы,
Ордуна эне болуп берген экен.
Кайран энем!
Кайран энем!
Кайран энем!

Кыргыз радиосунун музыкалык фондусуна отузга жакын «Казакбай кайрыктагы» күүлөр алынган. Булар комуз, домбра кылдарына салынгандыгын айта кетели. Куш кош канаты менен учат сыңары, «Казакбай кайрыктарынын» оң канаты комуз болсо, сол канаты – домбра болуп, бири «кыргыз» болуп кыйкуу салып, экинчиси «казакча» канат күүлөп... Мындай кош өнөрдү бирдей аркалаш көпчүлүктүн колунан келе бербес. Андай эрдикке «Казакбай кайрыктар» гана жарай алмак. Эмки кезек домбра күүсү коштогон «Казак апасына» арноо ыр-кайрыктарында.

**Казак апама**
(домбра күйү)

Журтунда Казагымдын туулганмын,
Жүзүм чайып суусуна жуунганмын.
Олтуруп коломтонун чекесинде,
Отуна дене кактап жылынганмын.

Бир кулагым агытты кыргыз күүсүн,
Атам черткен Токомдун комузунда.
Бир кулагым шаӊк этип агылыптыр,
Казак черткен домбра добушуна.

Казактын далаасынан жай таап тыр,
Отузга жетип жетпей кайран энем.
Ошондогу жыйырмада казак кызы,
Орунун ээлегенге айран элем.

Ошентип, берки жакта бак, там калып,
Мен тутунган экинчи энем болду.
Мен өзүм тарс-турс эткен чапчаӊ элем,
Бирок да тамак ашка кенен болду.

Апама таарынычым бар жалгыз гана:
Болгону үч карындаш төрөп берди,
Мен жүрөм эркектен жалгыз гана.

*Казакбай Абдышевдин эскерүүсүнөн.*

### «Энеме кат»

Эрди-катын ынтымагы ыдырай берсе, аягында үй бузулмак, очогу отсуз калмак. Жаш наристелер кайда бармак, балдар үйүнө жеткирилип тынмак. Канча мезгил өтүп унут болуп бараткан, сагынычтан саргайып өӊүнөн азган, жетимдик каары желкесинен баскан бул тестиер кыздын «Арман катын» классташы Паризат Абакир кызы жазып жиберген.

Не дейбиз, социологдун макаласына кайрылалы: «Жакындан бери мезгилдүү басма беттеринде бүтүндөй Аял затынын – энелердин намысына тийе турган жарыялар пайда болууда, бирөөлөр «акчалуу март кишиге интимдик кызмат көрсөтөм» деп кайрылышса, дагы бири «Баатыр эне» алтын медалымды сатат элем» деп жазышкан. Мындай аргасыз абал, албетте, башка-көзгө койгулаган турмуш каатчылыгынын азабынан десек туура болор».

Эне-атасынан тирүүлөй ажыраган тестиер кыздын Энесин эстеп сагынган, көз жашы менен ак кагазды нымдаган «Арман каты» социолог айткандай, каар замандын капшабынан дей туралы.

Кагылайын, энекем,
Сага айтамын саламды.

Мага тааныш туугандар,
Баары тегиз аманбы?

Бөтөн жерде жүргөнүм,
Эки жылга толду го.
«Кызым бар» деп бул жакка,
Бир да келбей койдуң го?

Эки жыл мурун, энеке,
Ажыраштың атамдан.
Ыдырады үй-бүлө,
Арылбады кападан.

Ичкиликке берилип,
Атам азыр каңгыган.
Асылы эле адамдын,
Ал кургурду сагынам.

Андан соң энем экөөбүз,
Шаар жакты беттедик.
Канча аракет кылсак да,
Жакшылыкка жетпедик.

Иштегенге жумуш жок,
Шаар ичинде кыйналдык.
Эчен күнү ач калып,
Эчкирип боздоп ыйладык.

Акырында өзүмдү,
Алпардың балдар үйүнө.
Эс-мас болуп жашаймын,
Эх, тагдыр ай, шум дүйнө!

Кире берет түшүмө,
Тоо түбүндө айылым.
Жетер элем заматта,
Желден болсо кайыгым.

Түшүмдөн сен кетпейсиң,
Жашым агат төшөккө.
«Эне» деген ыйыкпы,
Жаш балага өзгөчө.

Мен төрөлгөн үйүңдү,
Көчүрбөчү, энеке!
Коломтодо отуңду,
Өчүрбөчү, энеке!..

Сөз соңун төмөндөгү ой-пикир менен жыйынтыктайлы: «Энелер, башкасын айтпаганда да, силердин бир түнкү кирпик какпай, ак мамаңардын ынак сүтүн эмизип, ак таңды атырган күнүңөрдү эч нерсе менен теңештирүүгө мүмкүн эмес. Эне сүтү – жашоонун булагы адам затынын кубаты деп бекеринен айтылыппы? Эне сүтүнүн даамын татып чоңойгондор, өмүр бою алардын милдетинен кутула албайт. Демек, алар өмүр бою ак сүтүн берген Энеге кызмат өтөөгө милдеттүү. Өмүр бою асыл энени алаканыбызга салып, асмандатып бийик көтөрүп, үнүбүздүн жетишинче даңазага алып, билимибиздин жетишинче сый-урматка бөлөп жүрүшүбүз – ыйык парзыбыз». Комуз күүлөрү ушул ойду даңазага салып келет, комуз кулагын ушул багытка бурайлы, тыңдайлы!

**Радионун музыкалык «Алтын казынасындагы» «Энелер» темасына арналган күүлөр:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Энеме» | 5715 | 2'00 | Канымкүл Досманбетова |
| 2 | «Кайран энем» | 9832 | 3'12 | Казакбай Абдышев |
| 3 | «Эненин арманы» | 4723 | 9'10 | Замирбек Үсөнбаев |
| 4 | «Баатыр эне» | 148 | 3'05 | Жумамудун Шералиев |
| 5 | «Эненин жүрөгү» | 10223 | 8'36 | Чынара Калыбекова |

# БАЛАЛЫК КУРАК

Адамдын өмүр жашына ылайык канча күүлөр жаралбады. Аларды түгөл сынактан өткөрбөсөк да өмүрдөгү урунттуу үч мезгилге: ымыркай, наристе, балалык куракка байланыштуу күүлөр баянына токтоло кетүүнү ылайык таптык.

Курсактан куюлуп түшкөн ымыркай – уул болмогу, кыз болмогу, арийне. Уул болсун, кыз болсун жарык дүйнөгө келгенде үй-бүлө очогу тутанып айланага жалын бүрксө, үй-бүлөнүн кеңейгени, тукумдун уланганы. Бабалар балалуу үй-бүлөнү «базарга» теңештиришкен, баладан кудай айтпаса «мазарга» салыштырышкан. Үй-бүлөнүн кеңейишин уруу, тууганчылыктын саны артып, улут угутунун коюуланышы деп билели. Ата-бабалар салтында жарык дүйнөгө көз жарган ымыркайга узун өмүр, ырыс-кешик каалаган канча ырым-жырымдар ыроолонбоду. Булар комуз күүлөрүндө канча түркүн кайрыктарда канат сермебеди.

Уулубуз бойлуу болсун,
Акылга терең ойлуу болсун.
Жүрөгү жалындуу болсун,
Элине алымдуу болсун.
Элин жоодон сактасын,
Эне сүтүн актасын!..

Кызыбыз – Эне болсун,
Балдары жакшы чыгып,
Бакыйып туурга консун.

Жакшы кыз күн нурундай жанып турар,
Өмүр отун наристеге жагып турар.
Жакшынын очогунан от өчпөсүн,
Башынан бакыт кетпесин.
Оо-о-омийин!

Жай жайытын, кыш кыштоосун кыргыздар «Ата журтум» дешкен. Ата-журттун асылдыгын «Арча бешикке» теңешкен. Арча бешик демекчи, аптапта салкын, аязда жылуу, уйкуга тынч, убарасы аз, тазалыгы андан... Куштун уясындай жылуу-жумшак наристе жатчу орун жөнүндө сөз баратат. Арча бешиктин артыкчылыгы көчмөн турмушта айрыкча сезилген, анткени, ат жалында, ээр кашында алып жүрүүгө эптүү, жайчылыкта ак өргөөдө төрдүн башын ээлеген. Бешиктеги наристе таза-татына жайда чычып-сийген, уйкусу тынч, көңүлү бейкам келген. Учурдан пайдаланып улуттук жана аймактык «Бешик ырларынын» кыскартылган үлгүлөрүн окурмандар баамына сунуштай кетели. Арийне, ар жердин айтымына жараша азбы-көппү, кездешчү азын-көбүн айрымачылыктарга абай сала баамдасак, албетте, акыркы мезгилде алыстап бараткан асыл наркыбыз айланып келип өз орун-очогун табарына шек жок.

Наристенин төрөлүшү менен кошуна-колоңдор түгөл жентек тойго чакыртылган. Карында сакталган сары май томурулуп, тамак-аш толо дасторкон жайылган. Тойго эч ким куру кол келбеген, колунда барлар кой– козудан күлүк аттарга чейин наристеге энчи берген.

Арча бешик. Төрдүн төбөсүн ээлеген абаттуу байбичелер ак дасторкон үстүндө атайылап арчадан жасалган бешикти «аласташкан». Кой жилигинен жасалган шимекти майлашып, 40 чүпүрөктү кураштыра ороо-чулгоолорго бөлөп, наристени бешикке жаткырышкан. Балакайды төрөгөн эне бешикти көтөрүп, эшиктен төргө, төрдөн эшикке карай жүгүнүп байбичелердин батасын кабылдашкан.

Учуру келип турат, айта кетели: эзелден эңсеп келген Эркиндик, Эгемендик эми минтип өз колубузда. Коммунисттик империя коругунан кутулдук дейли. Эмки кезек, улуттук уюткубузду иритпей элдигибизди сактап калууда. Ал үчүн бабалар мурасына байырлай, кай биринин калыбын бузбай, артыбызга кылчактап жүрүшүбүз абзел. Анда эмесе, ар үй-бүлөдө арча бешик термеле берсе, арген добуш эне жүрөгүнөн сызылып, наристенин жан дүйнөсүнө жабыттай берсе деген тилек:

«Арча бешик» ырлары Ала-Тоодогу кыргыздарда:

Алдей, алдей, ак бөпөм,
Ак бешикке жат, бөпөм.
Кунан койду сой бөпөм,

Куйругуна той бөпөм.
Алдей, балам, ыйлаба,
Апакеңди кыйнаба.
Эл жайлоодон түшө элек,
Эгин-тегин быша элек.
Бышкан нандын ортосу,
Жүрөгүмдүн толтосу.
Алдей балам ыйлаба,
Апакеңди кыйнаба.
Жийде бекен бешиги,
Жигит бекен акеси?
Өрүк бекен бешиги,
Өбөт бекен акеси?
Тоголок Тору тайыңдан,
Тойпоңдогон жаныңдан…

«Арча бешик» ырлары Кытайдагы кыргыздарда:

«Алдей, алдей ак балам,
Ак бешикке жат балам.
Ала булут куралды,
Ашыгуучу чак балам.

Алдей, балам, алдырман,
Алса колду талдырган.
Күлсө капа жандырган,
Сүйсө кумар кандырган.

Алдей-алдей, ак балам,
Козудан тандап сойсоң дейт,
Куйругуна тойсом дейт.
Апакем берсе мамасын,
Анан ыйым койсом дейт.

Көптүн болсоң улугу,
Көтөр оң жак бутуңду.
Колуңун ачык тактары,
Берешен болор марттанбы?..

«Арча бешик» ырлары Оогандагы Памир кыргыздарында:

Эрке пачым, алей, желек,
Желек пачам, алей алей,

Алей топур, алей алей,
Алей күчүк алей алей,
Алей желек алей алей,
Алей эркем, алей алей,
Алей, алей, алей, алей....

Акындар айтат экен, ырчылар обон созот экен, ак бөпөнү төрөгөн энелер болсо, наристени ак бешикке бөлөп, ак мамасын оозуна суна «бешик ырын» безей арча бешикти терметет экен. Бул салттык өнөрдөн аспапчылар куру калмак бекен? Не карандай кайрыктарга басым коё, керек кезде комуз күүлөрүнө обон созо «бешик күүлөрдү» да бекем кармап келишет. Бул деген музыкалык мурастар насилинде элдик таалимдин бир ныптасын сактай келгендик — оңой олжого тура койбос.

Эмки кезекти комуз күүлөрүнө берели.

## «Бала сооротор камбаркан»

«Кыргыз көчүн» кынабына келтире күүгө салган Асанбек Кыдырназаров бешиктеги бала бакырыгын басып, жоошуткан күү кереметн жөнүндө кызыктуу баянды ортого салганы эсимде:

«Сегиз балам бар. Бешинчиси Узак деген уулум жаагын жаныган чыргоо (ыйлаак) чыкты. Бешигин терметебиз — жаагы басылбайт, көтөрөбүз — боздойт, «алдей бөпөнү» созобуз — тыңдабайт... Уулубуз менен ушаланып, уктабай канча таңды атырдык. «Балабыз бакырык салат» деп канча коноктордон калдык.

Айлабыз куруду, суй жыгылдык. Бешиктеги бала безилдеп ыйлагандай болсо... Эмне кылаарды билбей элейип турат элек, энеси экөөбүз. Ошол чакта комузум колума уруна калса болобу. Шайым ооп, шаабайым сууп турган абалымды күү кайрыктары аркылуу обого сунгум келди. Кыңгыр — добуш, дыңгыр — кайрык, аты жок жолбун күү. Бешик башында шыңгыр кагат...

Капырай, укмушуң кур... Кыл ыргактары уулумдун жан дүйнөсүн ырымдап жибердиби, жаагын жаныган баламдын жаны жай алгансып, көзүн ачып-жуумп, көшүлгөнсүп барат. Ансайын үч кылды үлөштүрө жумшак кайрыктарды курап, соолуга түшкөн наристенин жашка жуулган көздөрүнө үңүлүп, карап турам жалдырап. Аракет текке кетпеди, бала бакырыгы бара-бара басыла берип, таттуу уйкуга кетти. Бала ойгоноор замат комузума чуркайм.

Күү ошентип, өз тилинде «Алдей бөпөмдү сооротуучу» кайрыктар иргеле берип, акыры күү бермети жарыкка келди. Капырай дейм… Күү кереметине таң берем… Азоону кыл чылбыр жоошуткан сыңары баланын ыйын токтотуп калды… «Алдей бөпөм» кайрыктарынын касиет күчүн карасаң?..

Уламадан укканымда каардуу каган Камбарды («Камбаркан» күүсүн эскерип жатат) жолборско ыргыттырган делет. Камбар кайырган күү ыргагы аңырдай оозун ачып келаткан жырткычты арбап, мышыктай мыёлотуп жоошутуп салган жомокко эми чындап ишенип, күүнүн атын «Бала сооротор Камбаркан» атадым? – деп борс-борс күлгөн эле кайран киши.

*Асанбек Кыдыранзаровдун эскерүүсүнөн.*

## «Балам жок»

1991-жылы улуу акын Жеңижоктун 130 жылдык маарекесинде бейит башында «Балам жок» аттуу ырын өзү чыгарган обон менен комуздун коштоосунда акын-аткаруучу Жолболду Алыбаев аткарганда көзүнө жаш албаган адам калган эмес. «Балам жокту» жерине жеткире ырдагандардын ичинде акындын өз шакирти Кенжетай Жабай уулу жөнүндө да көптөгөн эскерүүлөр эл ичинде айтылып келет. Эмки кеп кезегин Кенжетайдын эскерүүсүнө берели: «Жаштайымдан ата-энеден ажырап калып, акыры Жеңижоктун үйүндө баш калкаладым, – дейт Кенжетай өткөндү көз алдына тарта отуруп. – Аялы төрөбөгөндүктөнбү, Өтөкем (Жеңижок) «бала» дегенде үзүлүп түшчү. Үйүнөн мейман үзүлчү эмес. Ошо тапта Азилбек, Жээнмырза деген акелер Жеңижокко шакирт түшүп, оолугуп ырдап жүрүшкөн кези. Кечээ жакында эле согуштан кийин дүйнө салышты. Ал экөө Жеңижоктун ырларын жумалап айтышчу эле. Акындын айтылуу «Балам жок» деген ырын Жээнмырзадан ашыра айткан ырчыны көрбөдүм. Жекемдин (Жээнмырзанын) да баласы жоктугунанбы, ырды муңга чайып ушунчалык берилип аткарганда, уккандын баары шолоктоп ыйлачу, өзү да токтоно албай буркурап боздоп эшикке чыга каччу.

Жеңижок эркектен чыккан сулуу жан эле. Оор басырыктуу, ойлуу, жүрөгү курч. Эч кимден жалтайлап тартынчу эмес. Тили өгөөдөй, узун, кара чаар жыландын тилиндей соймоңдоп туруучу. Ырдаар алдында бир күрсүнүп алып «өз обонунда ыр артынан ыр төкчү».

Жараткан сулуулук чырайды Көксулуудан аябаптыр, акындык өнөрдү болушунча өтөгө (Жеңижокко) ыйгарыптыр, тилекке каршы, бул экөөнү бир перзентке зар кылып, башкалардан кем жаратыптыр. «Бири кем дүйнө» деген ушул экен го?!

*(Кенжетай комузчунун эскерүүсүнөн).*

## «Учуп кетти, чырагым»

Алыскы Шибер (Сибир) сүргүнүнөн качып, элине келаткан Токтогулду Таластык туугандар «Беш-Таштын» белин ашырып коштоп келишет. Жолдон учурап кошулгандары канча. Токтогулдун энеси топ атчандарды карап отуруп, баласы Токтогулду ат бастырышынан улам болжоп таанычйт. Анткени, Током аттын мойнуна камчысын силке бастырчу экен. Током энесин карай салып, атка камчы баса чаап жөнөйт. «Апаа!» «Апаа!» дегенге араң жарап, аттан кулап түшүп, энесин басып жыгылат... Ыйлабаган жан жок. Токтогул дагы бирөөнү жоктогонсуп, элеңдеп айлананы карай берет. Ал айдоого кеткенде айлында калган төрт жашар Топчубайы эле.

– О ата көрүңдү урайын, көр! Угузбайсыңбы батыраак! – деп жаалап жиберишет тургандар Коргоолду.

Эне-баланын кабырганы кайыштырган жолугушуусун көрүп, тамагы буулуп калган Коргоол ырчы калтылдап Токоңо баласын угузат:

Э-ээ, Токо-о, араладың гүл менен,
Адамга жактың тил менен.
Сен айдоодон келгенче,
Атаны жалган шум дүйнө!
Арканда калган Топчубай,
Аткардык ушул дүйнөдөн!..

Ак таңдай акын Токтогул алыскы Шибердин азап-тозогун башынан кечирип ата-журтуна аман-эсен кайрылып келгени ат көтөргүс кубаныч болсо, жалгыз перзенти Топчубайынан ажырап, мүрзөсүнүн топурагын сыйпалап калышы, кайгы-муңга кабат-кабат баткызат. Кайгы-муңду акындык салт боюнча атпай журтчулукка ыр-күүгө чүргөп алып чыгат:

Алтындан саат бурама,
Азапты менден сураба.

«Айнегиң кетти » дегенге,
Алсырап бошоп турам а-аа!..
Күмүштөн саат бурама,
Күйүттү менден сураба.
«Күкүгүң кетти»… дегенге,
Күчүмдөн тайып турам, а-аа!..
Капчыгай жолун өрдөдүм,
Капага батып чөлдөдүм.
Кайгырып уктум үйүмдөн,
Каралдымдын өлгөнүн.
Жалгызым балам өлүптүр,
Жалпы тууган көмүптүр.
Жалгызынан айрылып,
Жазыкка энем көнүптүр.
Каралдым жалгыз өлүптүр,
Калың тууган көмүптүр.
Каралдыман айрылып,
Кайгыга энем чөмүптүр.
Мен кеткенде төрт жашар,
Аркамда калган чырагым.
Учуп кеткен булбулдун,
Ордун сыйпап турамын.

Караны миндим жел үчүн,
Кайрылып келдим эл үчүн.
Калкымды көрдүм каниет,
Кайрат-дем ошол мен үчүн.
Колдон келээр иш эмес,
Топчубай, козголбой жаттың жер үчүн…

Айтышарга теңи жок акындардан Жеңижоктун «Балам жогун» барды жокко айланткан тагдырдын таш боор мыйзам ченемине ыйгарсак, акындардын алпы Токтогулдун «Балам жогун» да барды жокко айланткан тагдырдын таш боордугуна такаганыбыз ылайык.

Музыка изилдөөчү илимпоз В. Виноградов бул чыгарманы акындын шакирти Коргоол ырчынын аткаруусунда нотага түшүрүп, «Токтогулдун музыкалык мурастары» аттуу эмгегинде жарыялаган.[22]

22 В. Виноградов. Музыкальное наследие Токтогула. – М., 1961. 106-107-беттер.

## «Кош жетим»

Жай мезгили. Эл жайлоого көчкөн. Жайыттарда чатыраган төрт түлүк мал. Күн бүркөк. Дыбырап жаан жаап турат. Боккөтөн аттанып келатса, эки жаш бала жаанга чыланып, андаалап айрылып кеткен шымдын алаасы бултактап, ансайын шүүдүрүмгө сыйгаланып, жыгылып туруп, жамыратып жиберген козуларын айдай албай, кудайга үнү жеткенче боздоп ыйлап жүрөт. Боккөтөндүн боору ачып балдардын жанына бастырып барат:

– Ай, айланайындар ай, кимдин балдарысыңар?

Көз жашын тыя албай, мурдун шор тарткан байкуштар жер карашат. Бир саамдан кийин чоңураагы жооп берет:

– Жетимбиз...
– Атаңар жокпу?
– Жок.
– Энеңер бардыр?
– Жок.
– Томолой жетим экенсиңер го, бечаралар!..

Боккөтөн жетим балдар жашаган айылга келип, көпчүлүктүн алдында көз жашын бурчактатып отуруп, муңдуу күү кайырат.

Комуз тыңдагандар буулугуп, арман кайрыктарга арбалып, комузчунун оозун тиктешет. Боккөтөн күүнүн атын кабарлайт – «Кош жетим». Болгон окуяны ортого салат. Айыл аксакалы кош жетимди алдырып, кийимин жаңыртып, таш боор заманга наалат айтат. «Жетимдердин арманы» – күү болуп, ыр болуп, кийин көпчүлүккө желдей тараган». Бул күүнү Чалагыз Иманкулов 1961-жылы радионун музыкалык «Алтын казынасына» жаздырып, тапшырган.

## «Жетимдин арманы»

Илгери-илгери өткөн замандардын биринде атасы-энесинен ажырап, 10-11 жашар бала томолой жетим калат. Кайда бармак, бир агасынын үйүндө башпаанек кылат. Бирок жеңеси ургаачы затына мүнөздүү боорукерлик мүнөздөн жан дүйнөсү алыс, боору таш чолпоо аялдардын бири эле. «Куурай терип кел», «Суу алып кел,» «Козу кайтар»... сыяктуу жумуштарга жумшай берип, баланы чүнчүтөт. Буту жыңайлак, тикенек, чөңөр кирип, таманы жарылып, шүүшүн кан сызылып турса, балага кыйын да. Ооруганына чыдабай ыйласа да, ого бетер каргап жумшай берет. Кышкы суукта, ак кар,

көк музда эски чаначты бутуна чокой кылып таңып алган, анысы ары-бери карагыча айрылып-жыртылып бутка илинбей калган.

– Өлүгүңдү көрөйүн, жетим!.. Сага эмне түтөт?!. Айда койду, байла козуну! – деп демитип, башка көзгө ургулайт катын.

– Атаңды мен жыга чапкан эмесмин, энеңди кудай алган, ичкен тамагыңды акта, кунарсыз куу жетим!..

Мындай кекээр жетимдин кулагына жат болуп бүткөн. Не кылмак, ыйдан күчүн чыгармак, башка арга жок.

Айылда той-аш, топ, жыйын көп. Жеңеси бир баласын өңөрүп, дагы бирин учкаштырып, тойго жөнөп баратып жетимге буйрат:

– Койду кара, козуларга көз сал, уктуңбу, чечек!..

Бул куу турмуш үч-төрт жылга уланып, бала тестиер тарта баштайт. Жетимдиктин азап-тозогун акырындап ырга, күүгө сала баштайт. «Жетим баланын арманын» фольклор жыйноочу Буудайбек Сабыр уулу 1978-жылы Кара-Кулжалык кыл кыякчы Маамыттан жазып алган.[23]

## «Жетимдин арманы»

«Жетимдин арманы» аттуу дагы бир күүнү комузчу Актан Тыныбековдон үйрөнгөн Асылбек Эшмамбетов «күү казынасына» тапшырган. Анда тоо боорунда тобулгу таягын булгалап, койлорун тосо албай чуркаган, ара чолодо арманын айтып, тоо жаңырта ырдаган, коюн жуушатып коюп койнундагы карагай комузуна кол ойното кордугун козгоп күү чалган, «жетимдин арманы» баяндалат.

## «Бала шаңы»

Белгилүү комузчу, жаш жеткинчектердин устаты, музыкант Шарийпа Кемелгазиева ондогон обондуу ырлардын автору, комузчулук өнөрдө күү жараткан автор катары коомчулукка таанымал. Көп жылдар Бишкекте шаардык музыкалык колледжде эмгектенип келет.

– Күү жаратканыңыз жөнүндө кеп салсаңыз?

– Гастролдордо көп болом. Көбүнчө угармандарга «Маш ботойду» алып чыгабыз. Өз ичимден көбүрөөк толгоноор элем: «Ушул буроодо бир күү жаратсам» деп. Акыры ал оюм ишке

23 Буудайбек Сабыр уулу. Эл шайырлары. – Ф., 1980. 178-бет.

ашты. «Бала шаңы», «Жаштык» аттуу күү чыгарып күйөрмандарга сунуш кылдым.

– «Бала шаңынын» жаралышына карата эмне айтаар элеңиз?

– Дегинкиси, баланча күүнү жаратам деп, алдын ала ой болжоп айтуу оңой эмес, анткени күү чыгаруу ойноп турган оюнчук эмес экенин эскертем. Бош убактымда дайыма комузум колумда. Андайда жолбун ыргактар жортуп, кыңгыр кайрыктар кылактап, биринен сала бири үч кылга үйрүлүп түшөт. Бирин кайырмактап, илип алууга үлгүрсөң ал – чоң олжо, канчалары көздөн кайым болуп, таптырбай кетет. Мындайда түгөнбөс түйшүктүн, чаалыкпас аракеттин үзүрү гана жемишин берет. Шурудай тизмектеше келген кайрыктар курамы канчалык акылды, талантты, шыкты, илхамды талап этерин көз алдыга келтирип көрүңүздөрчү. Анын натыйжасы гана күүнү тизгиндеп, «мына мен келдим, жеңилдим» дедирмек. Ошондо гана беш манжа кыл тербеп, комуз добушун безеп, ийгиликке көңүл эргимек.

«Жаңы күү жаралдың го»... дегенде, балдарымды тегиз маңдайыма отургузуп, чертип берем. Эмчектеги наристемен өйдө элең-элең карашып күү тыңшайт. Ал энчиден эң кенже неберем куру калмакпы, «кайрыктар кайдасың?» деп кол булгалайт, торолгондор тойпоңдошо бийге өтүшүп, улуулары ууз сезимден улам билген обондорун обого созот. Эне энчилеген белекти (күүнү) эркеталтаң неберелерден, эс кирген балдарыма чейин сүрөөнгө алып, кубатташат... Ансайын кайрыктар да каткырат, жаңырат, ураан таштайт. «Бала шаңы!..» «Бала шаңы!..» «Бул күүнү 1989-жылы радионун музыкалык казына – коруна тапшыргам.»

*Шарыйпа Кемелгазиеванын эскерүүсүнөн.*

## «Жеткинчек»

Комузчу Намазбек Уралиев кеп салып калды: «Чолпон-Ата шаарында аткаруу комитетинде иштеп жүрөм. Ал кезде «Ак куу» ыр бий ансамбли уюшулуп, аймакка таанылып калгам. Боз-Тери айлындагы мектепте англис тили боюнча мугалим Жумабек Шербакан уулу экөөбүз ансамблге катышып, командировкада болуп калчубуз. 11 жашка чейин окубай калгам. Чоң-Аксуудагы эжемдикинде кой кайтарып жүрөм. Күндөрдүн бირинде теңтуш балам айтып калды:

– Ой Жумабек, сен качан мектепке барып окуйсуң? Сентябрь да кирип келди. Балдар окууга даярданып жатышат, сен болсоң, кой артындасың!

Кечинде койлорду айдап келип, короого киргиздим. Эсдартым эртең менен эрте туруп мектепке баруу. Үрүл-бүрүлдө акырын туруп, эч кимди ойготпой Чоң-Аксуудан Боз-Териге жөө жөнөдүм. Кээде желип, кээде чымылдап чуркап, жол арбытам. Түш оой түз эле мектепке кирип, окууга өттүм. Азыр заман башка, шарт башка. Окууга бардык мүмкүнчүлүктөр бар. Максат: ата-эне, мугалимдердин айдактоосунда эмес, жаш жеткинчектер бизге окшоп билимге өздөрү умтулса деген тилектемин.

1989-жылы Жумабек ардактуу эс алууга чыгып, 60 жылдык мааракe-тоюн өткөрүп калды. Бул маараке-той менен Боз-Тери мектебинин ачылышынын 50 жылдыгы да дал келген экен. Чакыруу кагазы менен мен да катыштым. Сөз кезеги келгенде Жумабектин окууну эңсеген окуясын эскере отуруп, мугалимдер жамаатын юбилейлик күнү менен куттуктап, жаш жеткинчектердин келечектеги бактысын каалап, ушул күүмдүн тушоосун кескем,» – деди талант даарыган Намазбек Уралиев. – Замандын заарыбы, кудайдын каарыбы кийинки кезде эне-бала ортосунда ажырым ачылгандан ачылып барат. Ал ажырым ар кыл арман-күйүттөрдү ата-эненин алдына тартуулап жатыр. Атасы, энеси таштап кеткен шордуу балдардын абалы бул айтылгандардын бир гана мисалы» деп сөзүн аяктады Намазбек Уралиев.

**Радионун музыкалык «Алтын казынасындагы» балалык-жаштык куракка багышталган күүлөрдүн тизмеси:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Бешик күү» | 4288 | 3’57 | Асанбек Кыдырназаров |
| 2 | «Бешик күү» | 1722 | 4’55 | Карамолдо Орозов |
| 3 | «Бешик күү» | 6568 | 1’40 | Зина Шайымбекова |
| 4 | «Небереге» | 9833 | 2’50 | Казакбай Абдышев |
| 5 | «Бала» | 9561 | 2’12 | Кулмат Асанбаев |
| 6 | «Бала кербез» | 9815 | 2’34 | Өзбек Алымкулов |
| 7 | «Бала кербез» | М.117 | 2’03 | Абдыкалый Темиров |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 8 | «Бала кербез» | 7977 | 2’43 | Самсалы Аликеев |
| 9 | «Бала шаңы» | 5762 | 2’20 | Шарийпа Кемелгазиева |
| 10 | «Бала сооротор камбаркан» | 3066 | 2’23 | Ыбырай Туманов |
| 11 | «Жетим баланын арманы» | 3862 | 4’50 | Абдракман Кыдырбаев |
| 12 | «Жетим баланын арманы» | 9624 | 3’51 | Асанаалы Кыштобаев |
| 13 | «Жетим баланын арманы» | 9467 | 2’52 | Бектур Осмонов |
| 14 | «Жетим баланын арманы» | 9090 | 2’50 | Ыбырай Туманов |
| 15 | «Жетим баланын арманы» | 749 | 3’12 | Асылбек Эшманбетов |
| 16 | «Жетим баланын арманы» | 3869 | 2’15 | Абдыкадыр Жаналиев |
| 17 | «Жетим баланын арманы» | 3741 | 3’35 | Асанбай Каримов |
| 18 | «Жетим баланын арманы» | 1639 | 1’30 | Акматалы Моңолдоров |
| 19 | «Эки жетим» | 693 | 4’18 | Карамолдо Орозов |
| 20 | «Жалгызым» | 7426 | 3’48 | Болуш Мадазимов |
| 21 | «Боз балдардын салмоюн шыңгырама» | 9467 | 2’52 | Усуп Орозов |
| 22 | «Боз балдардын кыялы» | 2930 | 3’00 | Бектур Осмонов |

# КЫЗДАР БОЙГО ЖЕТКЕНДЕ

«Кыз төрөлсө кырк жылкы» дешкен бабалар. Кыздар бойго жеткенде «кудалашуу», «жуучу түшүрүү», «кыз узатуу», «келин көрүү» сыяктуу каада-салттар улуттун узурпаты, расмий сый-урматы катары бааланган. Кыз балага багышталган кыйла кызык мурастар, таалим-нускоолор аспаптык кайрыктарда жатат. Кеп кезегин ушул багытка буралы.

## Кыз узатуу

Эки куда алгач тойду өткөрүү аземин аныкташкан. Колунда бар кудалар бул үчүн бир нече ак өргөөлөрдү тиктирип, жаштарды өзүнчө, карыларды өзүнчө өргөөлөргө киргизишкен. Тойдун шаан-шөкөтүн ырчылар, аспапчылар (комуз, кыл кыяк, чоорчулар) чыгаргандыктан, аларды ат жеткен жерден атайылап алдырышкан. «Алты бакан», «Селкинчек», «Жоолук таштамай» сыяктуу оюн-зоокторлун соңунан кечкисин «Жар көрүү» тамашасы уланган.

Илимпоз Жээнбай Мукамбаев памирдик кыргыздардан ыр саптары 12 муундан турган «Жар-жар» ырын жазып алган:

«Сувду сулув көрсөткөн ташы болор, жар-жар,
Кызды сулув көрсөткөн кашы болор, жар-жар.
Асмандагы жылдызды «сегиз» деңер, жар-жар,
Сегиз кыздын серкери келди деңер, жар-жар,
Эки жаштын тилегин берди деңер, жар-жар»...

Азыркы мезгилдин «Жар-жарына» да көз сала кетсек:

Кошулушуп эки жаш,
Жуп болуптур, жар-жар.
Кубанышып эл-журту,
Кут конуптур, жар-жар.

Алтын ордо гүлбакча,
Калаалуу бол, жар-жар.
Артыңарда ээрчиткен,
Балалуу бол, жар-жар.

Жай-маанисин таба билгенге «Жар-жар» ыры сатира-юмор санатына да кирчүдөй. Аны Кыялбек Урманбетов мындайча сүрөттөйт:

Калың сепсиз беребиз,
Билгиң келсе, жар-жар.
Кандай эле эжебиз,
Күлгүн кезде, жар-жар.
Жакшы күндө көкөлөп,
Жанар эле, жар-жар.
Өкмөт өзү бөпөлөп,
Багар эле, жар-жар.
Базарбүбү баш багып,
Талап койгон, жар-жар.
Байкуш эжем жаш кезден,
Талак болгон, жар-жар.
Жамалы жок мурдагы,
Жесир калган, жар-жар.
Талантбектей уулдары,
Жетим калган, жар-жар.
Жорубайлы жаманга,
Жар болгула, жар-жар.
Жок издеген заманда,
Бар болгула, жар-жар…
Бар болгула эй!
Жар-жар.

## Кыз куумай

Кудалардын алыш-бериш каада-салттарынын соңу күйөө менен колуктуну кездештирүүгө барып такалат. Бул оюн-зоок «Кыз куумай» деп аталган. Кыз куумай тамашасы үчүн айыл четиндеги ачык аянтча тандалган. Күмүш шөкөттөлгөн булгары тердик, күмүш жүгөн, күмүш ээр токулган күлүктү минип, үзөңгүнү чирене тээп, кундуз тебетей кийип, кулпурган кыз бала жеңесинин

коштоосунда алдыга чыга келет. Жанында күйөө жолдошу бар, жарашыктуу ат жабдыкчан күйөө бала кыздан 40-50 аттам артта турат.

Илимпоз Шаршенбек Үмөталиевдин «Турмуш ашуусу» аттуу китебинде ал мындайча сүрөттөлөт:

– «Кыз куумай!», «Кыз куумай!» – деп бирөө кыйкырып калды. Майкулак Каркыранын атын секин соруга чаап койду эле, чаттан суурулган бойдон алып жөнөдү. Намыстуу жигит карап турсунбу? Кудум томогосун шыпырган бүркүттөй үзөңгүнү кере тээп, сол колу менен бөйрөгүн таяна Каркыранын артынан дыр койду. Каркыра жеткизбесин деген ой менен ага күлүктүн күлүгүн мингизгенин сезди Керим кербез. Мингени бөжүгөн жорго болгону менен күлүктүгү анчейин. Жетпей калды».

Кыз жеткирбей кетсе утат. Марага келээри менен аттан түшүрбөй, аякка суу куюп, башынан тегеретип чачат. Соңунан сары улакты садага чабат. Тамаша-зооктун, оюн-күлкүнүн доораны жүрөт, ыр ырдалат, күү чертилет.

**Кыз куумай**

Саамайларым желге ыргалып чачылат,
Күлүгүмдүн көзү жайнайт чачырап.
Жал жазданып өбөктөймүн, учамын,
Арт жагыман бозой мени качырат.
Эй, бозоюм!
Желден да тез озоюн.
Жетип алчы, аргымагың камчылап.

Бетегелүү талаа чексиз суналат,
Намыстанып жигит келет кубалап.
Аппак шамдай күйүп барам айдыңда,
Кыз кайраты кыз куумайда сыналат.

Эй жигитим!
Элжиретип жибиткин.
Эрктүү адам көздөгөнгө жете алат.

Кыргыз ойну кылым менен кыналат,
Жашыл жаштык сүйүүлөрдө чыңалат.
Мейкиндикте куштай сызып жарышкан,
Сулууларды бир кумардан чыгарат.

Эй жаш улан!
Ак жүзүмдү жашырам.
Кана жетчи, өөп алчы,
Акжамалым аймалап.

*Сөзү: Алмаш Чойбекованыкы*
*Обону: Кадыралы Артыковдуку*

## Кошоктор

Кыз берген тараптын (энеси, жеңеси, эжеси, сиңдиси) өз бүлөсүн өзгөлөргө узатуу аземи «Кошоктор» менен коштолуп, барган жеринде бак айтууну Кудайдан тилешкен, кор кылбай бүлөсүнө кошуп алышын кудалардан суранышкан.

Жалал-Абад дубанынын, Аксы районунан, Ак-Суу айылынан Сооронбай келини Турсун кызы Гүлжаканды турмушка чыгарып, күйөөгө узатып жатканда кошкон кошогун катка жазып атайы салып жиберген экен.

**Эненин кошогу**

Учугуң бообу жибектен,
Учурдум кызым түнөктөн.
Жапсарың бообу жибектен,
Жөнөттүм кызым түнөктөн.

Кереге бою сеп бердим,
Кызым, кейибей жүрсүн деп бердим.
Кара нар жүктөп сеп бердим,
Кызым, кайгырбай жүрсүн деп бердим.

Жазында гүлү көрүнгөн,
Күзүндө бышып төгүлгөн,
Бактуу жерге барасың.
Үстү күмүш, алды таш,
Тактуу жерге барасың.
Уул үйлөп, кыз берген,
Нарктуу жерге барасың.
Кейитпей энең тилин ал,
Кеңешим айттым, билип ал.

Чырагым, арка чачың өрүмдө,
Абийирдүү өстүң төрүмдө.

Андай-мындай дебестен,
Алганыңды «теңим» де.

Жазылат чачың өрүмдө,
Жакшына өстүң төрүмдө.
Жарыбаган томаяк,
Жамандын кызы дедирбе.

Ак сандык артмак түйөдөн,
Акылман болмок күйөөдөн.
Көк сандык артмак түйөдөн,
Көңүлүң өсмөк күйөөдөн.

Аман бол, багың ачылсын,
Алтындан зери чачылсын.
Картайганда энекең,
Кападар болбой багылсын.

### Жеңесинин кошогу

Көгөрүп өскөн дарагым,
Көк дептер ачат барагын.
Кебин угуп эненин,
Керегине жарагын.

Ак нөкөрдө арачым,
Кызыке, айкалып өскөн дарагым.
Кыяматтык курбуңа,
Кыянат кылбай карагын.

Ак жибектен канжыгаң,
Артылып атка жарашкан.
«Атасы нарктуу киши» деп,
Алты уруу элдер талашкан.

Экиден жибек канжыгаң,
Эңилип атка жарашкан.
«Энеси нарктуу киши» деп,
Эки уруу элдер талашкан.

Кара сакал көрүнсө,
Кайнагаң болот жаскай жүр.
Кайненең катуу сүйлөсө,
Кайрылып үйгө качпай жүр.

Эл жайлоого көчкөндө,
Жорго болор мингениң.
Өз боюңа карасаң,
Торко болор кийгениң.

Атакең конгон кең конуш,
Кең конушка конуп ал.
Кызыке, керилген жубай болуп ал.

Алганың сага жарашса,
Алтындан сөйкө ыргайсың,
Кызыке, армансыз ойноп жыргайсың.

Күйөөң жакшы бир болсо,
Күмүштөн сөйкө ыргайсың.
Кызыке, күйүтсүз ойноп жыргайсың.

Кудагый, ак учук бердим саптап ал,
Ак шумкар бердим таптап ал.
Кудагый, көк учук бердим саптап ал,
Көк шумкар бердим таптап ал.

Кызыке, алтындан бешик өңөргүн,
Алганың менен көгөргүн.
Кызыке, күмүштөн бешик өңөргүн,
Күйөвүң менен көгөргүн.

**Эжесинин кошкон кошогу**

Текечердин улагын,
Темгил ташка тараткан.
Теңирим берген селкинин,
Элин башка жараткан.

Кулжачардын улагын,
Курбулуу ташка тараткан.
Кудайым сүйгөн кыз байкуш,
Курдашын башка жараткан.

Ак жоолукчан көрүнсө,
Апам экен дебегин.
Аксакал киши көрүнсө,
Атам экен дебегин.

Тарпылдак өтүк таш таман,
Так көтөрүп бас сиңдим.
Так көтөрүп баспасаң,
Тарпылдак атка коносуң.

Аңдып жүрөр күйөө бар,
Ынагым, абысын деген бирөө бар.
Азып кетсең кокустан,
Алганың мурдун чүйүрөр.
Жүдөп кетсең жолуңдан,
Абысын мурдун чүйүрөр.

## «Кыз-күйөө»

«Муңдуу күүнү» жараткан айтылуу Музооке Нарын тараптан Сары-Өзөн-Чүйгө сапар тартып келатты. Боом капчыгайынан «Кыз-күйөө» деген кыя жолго келди. Жердин «Кыз-күйөө» деп аталган себебин билгиси келди, түйүн-сырын чечкиси келди. Кадырман карыянын айтуусунда бул жер атынын аталыш баянынан кабар алды. «Кыз-күйөөнүн» кайгылуу окуясы көпкө чейин көңүлүнөн кетпей, сары санаага батып, эки жаштын күнөөсүз жарык дүйнө менен коштошкон тагдыры комуз күүсүнө кирди. Кайгылуу кайрыктар калкка кабар салды. Койнундагы комузуна колун сунуп, кыл кынаштыра кыңгыр добуш куруп, ой бөлүштү. Акыры, кайгылуу окуяны баяндаган «Кыз-күйөө» күүсү жаралды. Күү алгач чүйлүк күйөрмандарга тартууланып, андан Нарынга сапар алды...

Төмөндө күргүштөп агып жаткан Чүй дарыясы. Таман алды, бет маңдайда Боом капчыгайы. Сапар арыткан жолоочу «Кыз-күйөө» кыя жолуна аяк таштайт. Жер-суунун мындай аталышы кимди кызыктырбайт? Билгендерге, албетте, суроо жолдонот. Жооп ар түркүн, оозеки айтымдын эрежеси ошондой. Анын бирине токтололу: Тоодой толкундар көбүк чачып, көөлгүп жаткан касиеттүү Ысык-Көлдүн тескейиндеги Тоң жергесин конуштап, төрт түлүк малын өйдө-төмөн айдаган Карыпбай аттуу бай алтымыштан ашып калган кези эле. Эр ортону элүүдөн өткөн Өтөмбай манап Жети-Өгүздү жердечү. Алыш-бериш алака-катташ кылып, булар жакшы кошуналардан болгон. Байлыгына башы айланып, бийлигине манчыркаган манаптар төшөк жаңыртууну көксөп калат эмеспи. Өтөмбай Карыпбай досунун жаңы эле он төрткө караган кызына

көзү түшүп, үчүнчү аялынын үстүнө токолдукка алууга жуучу салат. Манаптын көксөгөнү төшөк жаңыртуу болсо, сасык байдын тилегени мал туягын көбөйтүү. Карыпбай жуучунун талабын кош колдоп кабыл алды, калыңын бычты. Аз өтпөй короо толтура койлорду, кишенеген жылкыларды айдап, кудага келе баштады. Атасынын бул кылыгы кызына кеңешпей, бир ооз айтпай «өзүм билемдикке» салып жаткан.

Кыздын аты Айсалкын, атына заты жарашкан, сулуулугуна суктанарлык, тал чыбыктай буралып, бой жетип бараткан. Күндөрдүн бир күнүндө жаштардын «Ак чөлмөк» оюнунда Жапарбек аттуу жаш жигит менен таанышып, бара-бара жаш жүрөктөр сезимине махабат оту жагылып, эки жаштын сүйүүсү түбөлүк турмуш куруунга жетелеп баратканын байкаган кыз атасы байлыгын өркүндөтүүнү балдар бактысынан жогору коюп, «кечикпей келип келиниңерди алып кеткиле!» деп, кудасына чабаган чаптырды.

Окуя тескери өнүгүп баратканын баамдаган эки жаш эмне кылар айласын таппай, акыры Сары-Өзөн-Чүйдөгү Жапарбектин таякеси тарапка качып кетүүнү болжошту. Жалаңдаган аттарын дүрбөтүп жигиттерин ээрчиткен карт күйөө капыл-тапыл камданып, кайнатасыныкын карай жөнөп калды. Сүйүшкөн эки жаш да карап турбады, жөө-жалаң кол кармашып, күндүзү жашынып, түнкүсүн капчыгайдагы черди аралап, сапар улап келе беришти. Бир кезде арт жактан аттардын дүбүртү, айгайлаган ызы-чуу угулду. Сүйүшкөн эки жаш Боом капчыгайындагы «Кыз-күйөө» кыясына жетип калган. Булардын караанын көргөн куугун ат коюп алеки саатта жакындап кирип келишти. Арга жок, эки жаш куугундун колуна түштү. Айсалкындын атасы айкырып:

– Бала болбой жерге кир! Томаякты ээрчип каякка бармаксың? Эй жигиттер, бузукуну атка сүйрөтүп өлтүргүлө! – деп айкырды.

Айткандай болду, ач карышкырдай жутунган адам кейиптен кеткен айбандар кой мууздагандай жигиттин башын кесип, денесин сууга ыргытышты. Кыз бошонуп, жигитинин соңунан дарыяга боюн урду. Бул жер ошол күндөн ушул күн «Кыз-Күйөө» аталып калды.

Күлгүндөй жаш өмүрүн махабаттын азап-тозогуна байлап, керек кезде өкүткө да, өлүмгө да кайыл болуп, кырчынында кыйылган эки жаштын тагдыры уламага айланып, комуз кайрыктарында боздоп калды. Бул өкүнүчтүү өксүктү эске салган күү бүгүнкү алпейим

турмуштан аша кечип, алыскы өлкөлөргө аттанган кыздарыбыздын кыйма-чийме тагдырына мисал болобу деген ой келет.

Мезгилинде Күрөңкөй баштаган күү чеберлери кайырган, Музоокенин «муңдуу күүлөр» сабын толуктаган, күү залкары Ыбырай Туманов «Алтын казынага» табыштай албай калган «Кыз-күйөө» Чалагыз Ыйманкулов тарабынан Кыргыз композиторлор бирлигинин музыкалык бөлүмүндө сакталып калганына да шүгүр.

## «Кызарт»

Кыргызстандын Нарын дубанына караштуу Кочкор менен Жумгал өрөөнүнүн аралыгында Кум-Бел, Баба-Ата тоолорунун ортосу «Кызарт» ашуусу деп аталып келет. Кара-Коктудан Кызарт суусуна чейин Кызарт тоосу созулуп жатат. Ошондой эле, Жумгалдагы Кызарт дөбө-көрүстөндөрү I-IV кылымдарга таандык экени да тастыкталган. Кызарттагы он эки дөбө көрүстөндүн ар биринде экиден өлгөндөрдүн сөөгү коюлгандыгын, анда ар кандай сөөктөн жасалган буюмдарды (ийиктер, бычактар) археологдор таап чыгышкан.

«Кызарт» күү баянынын башатында жогоруда жер-суу аталышына байланыштуу тарыхый окуялар жаткандыгын, бул багытта эл оозунда айтылып келген эки улама-аңызды ортого салабыз:

1. Айт күнү экен. Кырк кыз айылчылап Кочкордон Жумгалга келишет. Жибек, шайыдан кулпура жеңил кийинишкен кыздар шатыра-шатман айыл аралап, айт күндү кубанычтуу өткөрүшөт да, кечке жуук үйлөрүнө кайтышат. Айтылуу белге жакындаганда күн күркүрөп, чагылган чартылдап, жаан карга айланып, бороон улуп, алай-дүлөй түшөт. Жеңил, жука кийинген кыздар ызгаарга туруштук бере албай, бири менен бири кучакташып, бүрүшүп, үңкүрдө жата беришип, бардыгынын көзү жумулат. Кыздардын ичинен бирөө гана суукка моюн бербей, тоңуп бараткан кыздардын буту-колун ушалап, жардамга чуркап, боргулданып тердеп алган. Көрсө, ысык-суукка бышкан кембагалдын кызы, үстүнө жылуу тон, бутуна чокой кийиптир. Курдаштарынан ажыраганына көзү жеткен жардынын кызы жанын үрөп, чымын-куюн болуп чуркап айылга жетип, болгон окуяны кабарлайт. Эл-журт түп көтөрүлө кыздардын өлүгү жаткан жерге келип, кырк кыздын сөөгүн атка,

төөгө, өгүзгө артып, айылга алып жөнөйт да, эки дөбөгө көмүшөт. Өткөн-кеткендер:

– Ой, журт, мынчалык эмне дүрбөлөңгө түшүп жатасыңар? – деп сурайт.

– Кайсыны айталы, кайтыш болгон кыздарыбыздын сөөгүн артып келатабыз, – деп жооп узатышат.– Мынабу эки дөңгө коёлу деп жатабыз. – Кийинчерээк өткөн-кеткендер Кочкор – Жумгал ортолугундагы көрүстөндү көрсөтүп сураганда:

– Шейит кеткен кырк кыздын сөөгү ушул жерге коюлган, – дешкен. Ошондон уламбы, кай бирде бул «Кыз бел» деп аталат. «Кызарт» дегени – «арт», «ашуу бел» деген маанини берерин билдирет.

2. Санжырачы-геолог Жапар Кенчиевдин айтымында, «Илгери бир заманда Таш-Төбө менен Чоң-Дөбөнүн ортолугун Орго деген хан жердеп турган экен. Бул жерди мекендеген кыргыздарды сүрүп чыгып, аларды чилдей таратып жиберишет. Манас Алтайдан келип, кыргыздарга ата конушун кайтарып берген. Эйбит хандын эр Үрбүсү Кочкорду каратып, Жумгалга бет алганда, душмандын «аяр кызы» дуба окуп, кыргыз жоокерлеринин көзүн байлап, эч нерсени көргөзбөй салат. Үрбүнүн колунда да «аяр кызы» бар эле. Аярлар арбашып, акыры кыргыздарга жол ачылат. Душмандын аяры жеңилген бел «Кызарт» (кыздын бели) аталып калган. Ал кезде Жумгал өрөөнү «Буйда суу» деп аталчу».

«Кызарт» – тарыхый аталышы менен атпай журтка таанылганын тана албайбыз. Байыртадан байма-бай күүгө салынып, күнү бүгүн эскерүүгө алынып келгени бекеринен эмес. Эскерте кетээрибиз, ушундай тарыхый эстелик жайларды ээнсиретип, тебелендиге айландырбай, таза-татынакай сактап, ыйык жайга айландырсак ата-бабанын арбагы эле эмес, Көк Теңири батасын аябас. Күү залкарлары Ыбырай Туманов, Акысбек Дүйшеев, Шабий Токтоев «Кызарт» тарыхый күүсүн радионун «Алтын казынасына» тапшырып кетишкен.

## «Жанар куш»

– «Асанаалы Кыштообай уулу комузга кошуп ырдап берген «Жанар куш» деген татынакай миниатюра өтө элестүү жана таасирдүү. Алты-жети жашар тоголок жетим кыздын кайгысын бөлүшүп, ошол оор замандан кабар берген комуз күүсүн уга келсек,

анда комуздун сыйкырдуу күүсү менен комузчунун даанышман үнү аркылуу бешиктен бели чыга элек жаш наристеден тартып, улгайган кишинин опол тоодой кайгысына күбөдөр болобуз, – деди «Кыргызфильм» киностудиясынын режиссеру Шайымбек Апылов. – Илгерки караңгы турмушта коколой башы калган жетимиштеги чал алты жашар жетим кызды багып алып, амал менен, чоңойгондо аялдыкка алмак болот. Комузчу ошол кексөө чалды «Жанар куш» деп каймана мыскылдап сүрөттөйт да, түркөйлүгүн ашкерелеп, азыркы муунга сабак катары тартуулаганын эскерет.

«Жанар куш» күүсүнүн кыскача баяны: Кексөө чал жаш кызды жетимсиретпей багып алам деген убадасы менен үйүнө алып барат. Кыз анча-мынча ирденгенден кийин бойдок чалдын көөнү бузулуп, ырым-жырымдап, андан соң койнума алайын деп ойлойт. «Кокус өлүп калсам, кибиреген неме мени жоктоп, кошок кошо алар бекен?» деп сынамак болот. Жолдон чыга качкан коёнду кууп жетип, жыга чабат да, кызга көрүнбөй оозу-мурдун канга боёп, шалак этип жыгылып, өлгөн кишидей жатып калат. Жетим кыз чалды издеп жүрүп таап алат. «Тур» десе болбой, чал өлүмүш болуп жата берет. Жетим кыз айласы кетип, чалдын баш жагына отура калып кошок кошот:

О-ой, Жанар куш, ой деймин,
Ойногонуң кой деймин.
Тур, Жанар куш, тур деймин,
Коркутканды кой деймин.
Алтымышта Жанар куш,
Алты жашар мен байкуш.
Жетимиште Жанар куш,
Жети жашар мен байкуш.
Керегe бойлор боюм жок,
Келин болор оюм жок.
Уук бойлор боюм жок,
Урмат кылар оюм жок.
Абышкам көзү өткөн соң,
Өбөк кылар уулум жок.

Боордогу боз кашка коён,
Боортко салган абышка оён.
Капталдагы кара жал коён,
Капканга салган абышка оён.

Алтымышта сен болсоң, чалым,
Алган жарың мен болсом, чалым,
Жетимиште сен болсоң, чалым,
Жети жашар мен болсом, чалым.
Ой, Жанар куш, ой деймин,
Ойногонуң кой деймин.
Кой, Жанар куш, кой деймин,
Коркутканың кой деймин.
Коркутканың койбосоң,
Ичиме бычак саламын.
Айланайын абышкам,
Сенден кантип каламын?
Жетимиште сен болсоң,
Жети жашар мен болсом.
Жемелерге жеңем жок,
Жетелерге энем жок.
Кантип күндү көрөмүн,
Айланайын абышкам,
Сени менен өлөмүн.
Абышканын ак шамшаар,
Кындан сууруп алды эле,
Жанар куш тура калгыча,
Жүрөккө бычак малды эле…

## «Кара кыз менен Сары кыз»

Белгилүү чоорчу Асанбай Каримов 1892-жылы Сузак районунда азыркы Эркин кыштагында туулган. Алты жашында энеси Мээрден ажырап, өгөй эненин колунда чоңоюп, кой кайтарып, турмуш запкысын көп тарткан. Турдугул деген казыга койчулукка жалданып, күн өткөрүп жүргөн кезде Нарбай аттуу чоорчудан таалим алган. 1967-жылы радионун музыкалык «Алтын казынасына» «Сарбаз күү», «Узак күү», «Бай коюңду жоо алды», «Мактым күү» ж.б. менен катар «Кара кыз менен Сары кыз» аттуу чоор күүсүн жаздырган. Кыскача күү баяны:

Кара кыз менен Сары кыз орто чарбалуу адамдын кыздары экен. Алар эркекче кийинип, аталары таптаган жорголорду минип, көңүл ачууну жакшы көрүшкөн. Күндөрдүн биринде мелдеш уюштурулуп, жорго салдырмай болот. Мелдешке чабендес болуп,

Кара кыз менен Сары кыз да чыгат. Ортодо калыстар. Белгилүү чекке жеткире жорголорду жетелеп барып, жарышка коё беришет. Эки жорго удаама-удаа учкан куштай зымырык атып келе жатат. Бир кезде Сары кыздын аты алга озуп жөнөй бергенде, ал артка кылчайып:

Айрөк-айрөк, Кара кыз,
Кана жетчи, Кара кыз.
Камчылангын, Кара кыз,
Кара жаның каккылап,
Кала бердиң, Кара кыз.
Сары кыздын артында,
Бара бергин, Кара кыз! –

деп, шылдыңдап, эликтеп өтүп кетет. Төрт аягы кызый түшкөн Кара кыздын жоргосу арышын керип, улам алга умтулуп, Сары кызга жанаша түшүп, аздан соң алдыга озуп чыгат. Канчалык теминип кагынбасын, Сары кыз артта калып, аралык алыстай бергенде:

Айланайын, Кара кыз,
Үргүлөйүн, Кара кыз.
Атыңдын башын бир азга,
Бура турчу, Кара кыз.
Ашыкпастан алдыга,
Тура турчу, Кара кыз! –

деп, жалынып-жалбарат. Курдашынын сөзүн кайт кылбайын дедиби, карааны алыстап кеткен Кара кыз атынын ооздугун тартып, Сары кыздын келишин күтүп турат. Сары кыз жакындай бергенде, жоргонун оозун коё берип, Кара кыз дагы алдыга кетет. Жарыштын бул түрү бир нече жолу кайталанып, акырында Сары кыздын жоргосу күйүгүп өлөт. Ай-талаада жалгыз калтырбайын дедиби, Кара кыз курдашын учкаштырып үйгө келет. Окуяга күбө болгон көпчүлүк Кара кызга ыраазы болуп, жоргосун мактоого алышат. Ырчылар бул мелдешти сүрөттөп обон созот. Комузчулар эки кыздын эрегишин, күлүктөрдүн жарышын күү ыргактарына салат.

## «Экөөлөсөң экөөлө»

Байдын эки кызы бар экен.

– Козуларды карай тургула, – деп энеси кыздарын төшкө жумшайт. Кыздар козуларын жайып коюп, эриктиби, эки жагын каранып эледеп, нарыда, кедейдин жалгыз кызы күрөң музоосун жетелеп откоруп жүргөнүн көрөт. Байдын ээнбаш өскөн эрке кыздары кедейдин кызына келип тийише баштайт. Шылтоосу: «Бул жер биздин малдын жайыты. Музооңду жетелеп үйүңө кет. Тилибизди албасаң, көргүлүктү көргөзөбүз!» деп, кедейдин кызын жулмалай башташат. Кара жумушка бышып, каруу-күчү толуп турган кедейдин кызы ак кол үлпүлдөк бай кыздарын бурчамга келтирбей жыга-жыга түртүп, алдына басып, анча-мынча төпөштөп, кайта тургузат да:

Экөөлөсөң экөөлө,
Өзүм болом жеке эле.
Бай кыздары байкагын,
Баарыңарга айтаарым:
Экөөңдүк күчүм бар
Өзүңөрдө ишим бар.

Бай кыздары, айтарым:
Бар эмеспи айраның.
Айраның гана болбосо,
Чыгарат элем ойронуң.

Ойлоп кетем сүтүңдү,
Сүтүң гана болбосо,
Көрсөтмөкмүн күчүмдү.

Бай кыздары, байкагын,
Байкап башың чайкагын.
Айраның гана болбосо,
Аякка сүтүң толбосо,
Анык эле жайрарың.

Экөөлөсөң экөөлө,
Өзүм болом жеке эле.
Экөөңдүк күчүм бар,
Бирок, өзүңөрдө ишим бар… –

деп, музоосун жетелеп басып кетет. Кедейдин кызы кээде айран, сүт ичмекке байдыкына бара калчу. «Сүтүң гана болбосо, көрсөтмөкмүн күчүмдү» дегени ошондон.

## Сакалтайдын Борду кыз

Өткөн замандарда кыз бала бойго жеткени менен ашык болгон жигитине ичтеги оюн эч качан ачык айта алган эмес. Таанышуу, сырдашуу, сунуш көбүнчө жигит тарабынан болгон. Кыз-жигит ортосундагы сырдашуу көрүнөө эмес, көмүскө жерде жүрүп, убада-шерт бекитишкен.

Түштүк аймагындагы бир айылда Сакалтай аттуу оокаттуу бай адам жашайт. Үч эркек баладан кийин кыз төрөлүп, атын Борду кыз коюшат. Борду кыз кичинесинен эркеталтаң болуп чоңоёт. Кийбегенди кийип, ичпегенди ичип, бетине эндик-упа сүйкөнүп, жасанып-түзөнүп, кыз-оюндарда ар кылыктарды көрсөтчү экен. Ошондой отуруштардын биринде ырчы-комузчу жигит менен таанышып калат. Сыртка чыкса кошо чыгып, үйгө кирсе ээрчий кирип, отурса жанында отуруп, комуз чертсе кошула ырдап, жигиттин мазээсин алат. Жигит өзү ашык болгон кызынан уялат, абийирим кетпесе деп элден тартынат. Бу жолку «кыз-оюн» ошону менен аяктайт.

Көп өтпөй дагы бир жыйында жаштардын арасынан суурулуп чыгып, Борду кыз ырчы жигитке шынаарлап, жанынан чыкпай отуруп алганда, эрке кыздан кутулуу үчүн ырчы жигит минтип ырдайт:

Сакалтайдын Борду кыз,
Дагы эле көөнүң менде экен.
Талаадан өтсөм карайсың,
Айылга келсем самайсың.
Эндик-упа сыйпанып,
Эркелейсиң алчактап.
Элден-журттан уялбай,
Ээрчип алдың кылчактап.
Байдын кызы сен бекен,
Башка кыз сенден кем бекен?
Сакалтайдын Борду кыз,
Сенин көөнүң менде экен.

Кайым Муптаков Тяншан экспедициясында комуз коштоп чертилген бир канча ыр-күүлөрдү жыйнаганы белгилүү. Алардын ичинде Мамбеталы Усупбай уулунан «Сакалтайдын Борду кызды» жазып алган. К. Муптаков жазып алган вариантта Карасарт аттуу сарт Сакалтай дегендин кызына жуучу жиберип, калыңына көп мал берет. Бирок, Борду кыз Камбар деген кыргыз жигитке

көөнү берилип калгандыктан, атасы ал жигитке узатып жиберет. Карасарт аны билип калып, казыга арызданат. Карасарттын казыга ыйламсырап айтып турганы:

Бу заани талак Сакалга,
Айдап-айдап мал бердим.
Айры өркөчтүү нар бердим.

Короо толо кой бердим,
Ач арыгы тойсун деп,
Калың тартып той бердим.

Чымын тийди айгакка,
Сакалтайдын Борду кыз,
Чыкты-кетти калмакка.

Каман тийди тайлакка,
Сакалтайдын Борду кыз,
Качты-кетти калмакка...

Камбар Борду кызды ала качат. Кызды ала качып баратканда артынан куугун жүрөт. Карасарттын кошууну кууп жетип, эки ашыкты өлтүрүп тынат.

## «Эрке кыз»

Залкар комузчулар Ниязаалы, Токтогул, Атайдын репертуарында, кыякчылардан Жалий Али уулу ж.б. аспап чеберлеринин репертуарында «Эрке кыз» аттуу күүнүн тарыхы айтылып ырдалган обондуу кайрыктар болгон. Анда жумушка жалакай, ак кол, ак чуч кыздын жосун-жоруктары тууралып, комузда кол ойното чертилип, угармандарды күлкүгө бөлөп аткарылчу. Эрке кыз мүнөзүнө, жоругуна жараша бетин боёп, эндик, упа сүйкөнүп, жасалма сулуулукка көбүрөөк ыктаганы аткаруучулар тарабынан, куйкум сөздөр менен шөкөттөлгөн. «Эрке кыз» аттуу күүнүн дагы бир үлгүсүн угармандарга тартуулап келаткан комузчуларыбыздын бири Анара Эсенгулова. Анаранын «Эрке кызы» жогоруда айтылгандардан айырмаланып, ал кембагал абышка-кемпирдин карыганда көргөн чүрпөсү экен. Жашаган жайы – кара алачык. Абышка-кемпир жалгыз кызын канаттуугаактырбай, тумшуктууга чокутпай, бөпөлөп, эркелетип өстүрүшөт. «Кызыбыз маңдайыбызга бүткөн бактыбыз, ырысыбыз,

жыргалыбыз» деп, ата-эне тообо келтирип, арыктан суу көтөрүп келгенче акыйып карап турушчу, карааны көрүнгөндө алдынан тосуп чуркап чыгышчу. Кыз эркелеп өстү, бирок акылы менен өстү. Согончогуна жете өскөн кара чачы кыздын көркүнө көрк кошуп, сулуулугун арттырып турчу. Күндөрдүн биринде кызды жылан чагып өлтүрөт. Абышка-кемпир ыйлай берип, атасынын көзү соолуп калат. Абышка чоң комузчу экен, куйүтүн күү менен басып, эрке кызынын элесин кыл кайрыктарына кынаптап, черте берчү. Кызынын кундуздай кара чачын кыркып алып, комузунун кулагына тагып, күмүш шуруларын шыңгыратып, арман күүсүнө айкаш, ичтеги ызасын чыгарып, жеңилденип алчу.

Бир күнү аялдар майрамынын алдында ошол күүнү черткен Эсенгуловага телефон чалып калдым.

– 8-мартың менен, Анара!

– Ырахмат.

– Залкар күүлөрдү эл алдына батынып, алып чыгып жатасың. Көп мээнетиң кетсе керек.

– Күү комузчунун жан дүйнөсүндө жашайт. Он күүнү чала-моңол билгенче, бир күүнү так жеткире ойногон артык. Буга чейин жаштык кылып, элкин, жеңил, учкаяк күүлөрдү чертип келдим. Эми улам салмактуу күүлөргө дит коюп жүрөм.

– Эже-сиңдилериңе бүгүн кандай күү чертип бересиң?

– «Эрке кыз» аттуу элдик күүнү белек кылам. Радиодон угуңуз! – деди.

## «Айдай кыз»

Жети жашынан комуз менен коюндаша чоңойгон, атагы алыска кеткен Айдай кыз түштүктүн мундуз уруусунан. Кызынын күү өнөрүнө дилгирлиги күн сайын өркүндөп баратканына жетине албаган атасы комуз чапкан усталарды иликтеп, сураштырып, ат арытып, алыска сапар тартат. Акыры оюндагысы орундалып, өзүнөн-өзү сүйлөгөн өрүк комуз таап келип, кызына тартуулайт. Айдай он төрт жашка чыгат. Аты аймакка тарап, чыгаан комузчу аталат. Күндөрдүн бириnde кыздын атасы Алай тарапка көчөт. Айдай асыл буюмдарына кошуп, комузун кынаптап күмүш сандыкка салат да, төөнү чөгөрүп, үй жүктөп жатканда аңдып жүргөн мастан кемпир билип калып, сандыктагы комузду уурдап алып, бир коңулга катып салат. Көрсө, Айдай кызга ашык болгон

бирөө мастан кемпирди жалдап, амал менен уурдатып каттырган экен. Күнү бою сапар карыткан көч самаган жерге жетип, жүктөрдү түшүрөт. Айдай сандыктагы комузун таппай, капага батат. Жигиттер эски журтка келип, издөө салат, бирок комузду таппайт. Жыт-жыбыры да, эч кандай дареги да жок. Айдай атасы менен эски журтка келип, комузду табуунун ар кандай жолдорун ойлойт, бирок кылган аракеттен майнап чыкпайт. Ары чуркайт, бери чуркайт, аябай чарчайт, чаңкайт, суусайт. Жаш сулуу колоттогу булакка келип, колун чайкап, кочуштап ууртап отурса, тоо жели жортуп, сулуунун жүзүн сылайт. Жаратылыш тартуулаган ырахатка магдырап, жаш сулуу шыңгыр добуш салган булакка кулак түрөт. Жогортон жорткон жел менен күү ыргактары шоокум салып, комуз кайрыктарынан кабар берет. Айдай сулуу аң-таң. Аяр кыймылдап, кадам шилтейт. «Мени тап» дегенсип, керемет добуш улам кайталанат. Аргасы түгөнгөн Айдай акыры коңулга кол сойлотот, колуна комуз урунат, сууруп чыгат. Мына, комузу колунда! Кыл тербелет, ыргактар чуурат, кайрыктар каткырык салат. Жорткон жел керемет добушту жогортон төмөнгө айдайт, ансайын комуз үндөйт, сүйлөйт, таңшыйт, шаңшыйт. Торгой сайрагын токтотуп, булбул үнүн басып, күкүк күймөлүп, тили катып калат. Айдайдын комузундагы арген добуш Атайга өтүп, «Ак тамак, Көк тамактын» башаты ошол» — деп чертчү Кулманбет комузчу.

## «Сараң кыз»

Таласта жана түштүк жергесинде элге кеңири тараган эски күүлөрдүн бири — «Сараң кыз». «Сараң» түштүк чөлкөмдө — «питина», «зыкым» деген маанини билдирет. Күүнүн мааниси кызды күйөөгө узатып жаткандагы кайын сиңдисине жеңесинин кошкон кошогу аркылуу баяндалган.

Илгерки замандардын биринде Бактыгул аттуу байдын Багдагүл деген келини, Барчагүл деген эркеталтаң кызы болуптур. Келиндин күйөөсү жүүнү бош, жүрөгү жок, безжара, былжырак жигит экен. Барчагүл эселек кыздардын сабында жеңил мүнөз мамилеси менен жеңесинин көкөйүнө көк талкандай тийген. Тамак-ашка ээ кылбай, анын алдындагыны тартып ичип, ичкен-жегенден калгандарын куржунга бекитип, аны ар дайым кайтарып турган. Керээли-кечке наар албай, даам татпай кезерген келин кайын сиңдисинин жоруктарына аргасыз чыдайт. Мезгил жетип кыз да боюн түзөп,

ашыктык күүлөп, барар жерин самап калат. Кайындаган жерден жуучулар келип, бүлөсүн алып кетмекке той өткөрүшөт, «кыз узатуу», «келин алмай», «кулак чоймой» жөрөлгөлөрү жөндөлөт. Аттанарда энеси, эжеси, жеңеси кошок кошуп, кайындарына кызды тапшырмай тажыясына кезек келет. Жеңеси Багдагүл «кызыке» дегендин ордуна «сараң кыз» деп кошок кошот:

Оокатка кылдың аракет,
Ой, сараң кыз, балакет.
Курсагым ачты кубардым,
Кубарганда бербеген,
Ой, сараң кыз, балакет,
Курутуң калды ала кет!
Куржунуңа сала кет.
Санаага баттым саргардым,
Ой, сараң кыз, балакет.
Саргарганда бербеген,
Сары май калды, ала кет,
Сандыгыңа сала кет.
Кезердим да териктим,
Ээнсиреп эриктим.
Эриккенде бербедиң,
Эжигей калды, ала кет,
Ээр кашка иле кет.
Ой, сараң кыз, балакет!
Саамал калды, ала кет,
Саксынып кылдың аракет.
Сайма жүгөн сала кет.
Ой, сараң кыз, балакет!
Куса болдум бербедиң,
Куу казан калды, ала кет,
Куржунуңа сала кет.
Кыялап өткөн көч элек,
Кыз экөөбүз өч элек.
Өйдөлөп өткөн көч элек,
Экөөбүз жаман өч элек.
Өч деле болсок ыйлайын,
Кайната көөнүн сыйлайын.
Кас деле болсок ыйлайын,
Кайнене көөнүн сыйлайын.

«Жеңем» деп оокат бербедиң,
Сурап турган күнүмдө.
Сарандыгың, кызыке ай,
Сөөктөн кетпес тирүүмдө.
Кол кармашып бир жүрүп,
Ойнободум кыз менен.
Оокат ичип жайланып,
Тойлободум кыз менен.
Кайтарганга казанды,
Кадимкидей маш элең,
Катуулугуң мен айтсам,
Кара асканын ташы элең.
Чык татырбас бул үйдө,
Чыгдан жакка маш элең.
Кас да болсоң ыйлайын,
Кадыр-көңүл сыйлайын.
Кара күчкө какайып,
Карап бекер турбайын.
Тизелешип отуруп
Иш кылбадым кыз менен.
Ичте сырды чечишип,
Сөз кылбадым кыз менен.
Үйүбүздү кайтарган,
Корукчубуз кыз эле.
Адамдардан тескери,
Жоруктуубуз кыз эле.
Ашкана оозу бош калды,
Арткан-үрткөн аш калды.
Ала кеткин, саран кыз,
Ачыган бойдон көж калды.
Кыйма элечек тартып кет,
Кыйналганда бербеген,
Кымызың калды артып кет.
Сайма элечек тартып кет,
Сагынганда бербеген,
Сары май калды, салып кет.
Казан кап сенин калпагың,
Кара таруу катканың.
Түпкүч сенин оймогуң,

Түк эчтеке койбодуң.
Аш-тамакка киришкен,
А дагы сенин ойлоруң.
Кош билерик, кош шакек,
Кош колуңа сала кет.
Урушуп эрмек кылаарга,
Жаман көргөн жеңеңди,
Учкаштырып ала кет...

## «Жерликбай кызынын арманы»

Илгери мал артынан сая түшкөн Жерликбай аттуу киши болгон. Жайдыр-кыштыр эл каттабаган ээн талааны, Сырт өрөөнүндөгү кокту-колотту мекен кылып, төрт түлүктүн гана камын жеп, бүт өмүрүн кемпири экөө жалгыздыкта өткөрөт. Күндөрдүн биринде байбичесинин боюна бүтүп, ымыркай көз жарат. Эшик алдындагы карагайдын бутагында сайрап жаткан кушту көрүп, кыздын атын Карлыгач коюшат. Ымыркай тотугуп, тамтуң басып, торолуп, бара-бара бой жетет. Карлыгач кыз эл ичинде болбой, теңтуштары менен чер жазып ойноп күлбөй, жалгызсыраган жапайы турмушту баштан өткөрөт. Сүйлөшөргө курбу-курдаш жок, сырдашарга боз улан жигит жок, караан кылар калайык көздөн учуп, эриккен ээн өмүр өтө берет. Эрмеги короодогу козу-улак, сырдашканы шылдыр аккан коктудагы булак, сүйлөшкөнү карагай, кайың, тал, терек... Башка дагы кызга эмне керек? Аларга арманын айтып, ичтеги кусасын чыгарат, буркурайт, ыйлайт, жанын кыйнайт. Эриккендеги, зериккендеги дагы бир эрмеги, жоолук учуна байлап алган темир ооз комузу. Эринге эптей кармай, аярлап тиштей, сөөмөйүн жанып, комузун какмай. Аспаптан чыккан муңдуу добушту сүрөп, тоо булагы шылдыр-шылдыр акмай. Керимсел жел жаш селкинин ак жүзүн аймалап, ашыглык сүйүүсүн ойготуп, желип жортот баймa бай: «Жерлик кызынын арманы ай, арманы ай, арманы ай!»

Капталымда көк тиреп,
Карагай – кайним болсоңчу!
Татына өмүр өткөрөр,
Табылгы – күйөөм болсоңчу!
Арчалар турат дүпүйүп,
Ашыгым ошол болсочу.
Карайлап турам мен мында,
Кайрылып колун созсочу!

Атаны кокуй, атаке ай!
Элиңден такыр бөлүнүп,
Ээн жакта жүрөсүң.
Эрди сүйбөй мен байкуш,
Кара далы атыгып,
Калганыма күйөмүн.
Кайберенге жанашып,
Кара тоону мекендеп,
Калктан караан үзүлүп,
Калганыбызга күйөмүн.

Мал артынан сая кууп,
Согончогум сороктоп,
Атаны кокуй, атаке,
Чор болгонго күйөмүн!
Эркек көрбөй, эр сүйбөй,
Атасынын төрүндө,
Кор болгонго күйөмүн!
Атаны кокуй, атаке,
Атпай журттан адашып,
Шор болгонго күйөмүн!

Эңседим күйөө дартынан,
Эркектер түшпөй артыман.
Ээнсирейм жалдырап,
Эр табалбай калкыман.
Эрмегим болуп турасың,
Тоо булагы шылдырап.
Арманымды бөлүшөр,
Арген комуз кыңгырак.
Айтканы анын мына бу:
«Бактылуу кыздын атасы,
Эл менен бирге коо кыштайт.
Бактысыз кыздын атасы,
Карагай жайлайт, тоо кыштайт.
Атаке, жүргүн кетели,
Азыр элге жетели.
Айлыбыз бирге конуштап,
Армансыз жашап өтөлү.

Эңсеген күйөөм табылар,
Эзилген шорум арылар...», – деген экен.

## «Байбууранын Салтанат»

Күүнүн жаралышы тууралуу тилчи-окумуштуу Зияш Бектенов айтып берген: Көл башындагы Шапак айылынан Ажыбай дегенден Байбуура туулат. Байбуурадан – Кыштообай, Кыштообайдан кыргыз элине таанымал залкар комузчу – Асанаалы. Атаны тарткан уулдардын бири – Турганжан да күү чеберлеринин бири эле, эртерээк көзү өтүп кетти.

Байбууранын Солто элинде кудалап койгон кайындары бар эле. Күндөрдүн биринде кайындарына барып калат. Сүйлөшкөн кызы Салтанат. Кыз Байбурааны теңсинбей: «Бугунун тентеги менин теңим эмес» деп, Байбуурага көңүл бурбай коёт. Байбуура атланып кетмекчи болуп бастыра берээрде Салтанат тели-теңтуштары менен алдынан чыгат:

– Ой, күйөө бала, токтой тур – деп жеңелердин бири тизгинден алат – мен сизди бүгүн колуктуңуз менен меймандайын дедим эле, кантип таштап кетесиз?

– Аманчылык болсо дагы келип калaрбыз. Аттанып калдык, жолоочунун жолдогусу жакшы, жолумду тоспогула, жеңеке! – дейт Байбуура.

Тал чыбыктай ийилген, керимселдей керилген, татына кыз Салтанат өзү басып келип:

– Билимдүүнүн сөзү өтөт, соодагердин бөзү өтөт. Сизди комузчу деп угабыз. Кана бир күү чертип көрүңүзчү, андан соң сизге көңүл буралы – дегенден кийин:

– Буга мен макул – деп, ат үстүндө, комузун койнунан алып чыгат. Алтын, күмүш чөгөрүлгөн чакчасын кончунан сууруп, чагарагын жаркылдата шилтем жасап, кыл тербеп күү чертет. Комузчунун өнөрүнө суктанган көпчүлүк бирде коңур добуш кыл ыргактарына, бирде кол ойноткон чакчанын кооз шилтемдерине кызыгуу менен карап турушат. Топтошкон элдин арасынан бир аксакал Байбуурага кайрылат:

– Балам, күүң жакшы чыгып калды. Атын атай кет, антпесең күүң ара жолдо калаар.

Жаңы кылтайган жылбырска мурутун сылап коюп, чакчаны койнуна салып:

– Күүнүн аты «Байбууранын Салтанат» – деди жигит. Салтанат боз үйдүн керегесинен шыкаалап, болуп жаткан окуяга көз салып турган. Сырдаш жеңесине шыбыр кагат:

– Күү абдан уккулуктуу, укмуштай кооз кайрыктарга бай экен. Анын үстүнө Салтанат деп аталып да кетпедиби, жеңе! Жакшы күүнүн куну журттун намысына да татымак. Күйөө балаңызды аттан түшүрүп, кайын жеңелик урматыңызды көрсөтүңүз, – деди.

Окуя ойдогудай болду. Байбуура менен Салтанат кол кармашып, турмуш жолуна бирге аттанышты.

*Асанаалы Кыштообаевдин эскерүүсүнөн.*

## «Толмоч кыз»

Белгилүү тилчи-илимпоз Жээнбай Мукамбаев Памир, Алай, Жерге-Тал кыргыздарында чертилген күүлөр жаатында «Эл ичи – өнөр кенчи», «Памир мени эңсетет» деген эмгегинде «Кыз балдар» темасына бир канча күү баяндарын киргизген. Ооба, «Эл ичи – өнөр кенчи», Өмүрбек аке бизге отуздан ашык күү чертип берген. Өмүрбек акени эл-журту баалап, сүрөөнгө алып, анын өнөрүнө черин жазып келишкен. Орто бойлуу, багалчак, мээримдүү акебиз комузун кол ойнотуп чертсе, мага кадырлуу адамдын шайдоот өткөн өмүрү элестеди. Карыя «Жанайыл жалгыз» деген чыгарманы ыр түрүндө баяндап, күү менен коштоду. Дастанды көпкө ырдады, күү менен көркөмдөп, угарманга жеткирген соң, жаш кездеги эдел-жумал, бирде ылдыр-шылдыр күндөрүн ойлоду белем, «айт-де» дедирбей «Толмочум» деген ырды комузга коштоп, айтып кирди:

Толмоч кыз деген ат менен,
Тоорулам дайым сага мен.
Көп күйгүзбөй мынчалык,
Көз кырың салчы мага сен.
Толгон айдай жүзүңдү,
Топко ырдайын, Толмоч кыз.
Уялсаң кыздар ичинде,
Жокто ырдайын, Толмоч кыз.

Атыңды элге чыгарып,
Аз ырдайын, Толмоч кыз.
Акылыңды, боюңду,
Саз ырдайын, Толмоч кыз.

Карагаттай мөлтүрөп,
Көзүӊ жакшы, Толмоч кыз.
Кашкайып карап сүйлөсөӊ,
Сөзүӊ жакшы, Толмоч кыз.
Бардык мүчөӊ келишип,
Боюӊ жакшы, Толмоч кыз.
Бала да болсо «кыз» деген,
Оюӊ жакшы, Толмоч кыз.

Толгон айдай толукшуп,
Толгон экен Толмоч кыз.
Тоюӊ түшөр мезгили,
Болгон экен, Толмоч кыз.
Кызылы кымкап товардын,
Майини жок, Толмоч кыз.
Кудалашкан жериӊдин,
Тайини жок, Толмоч кыз.
Сенден башка кыздардын,
Шайири жок, Толмоч кыз.

Ак-сув, Ал-чор, Кеӊ-Алай,
Жерден сендей көрбөдүм.
Атактуу Найман, Гыдырша,
Элден сендей көрбөдүм.
Аптап тийбес Пышарттын,
Музу экенсиӊ, Толмоч кыз.
Алейне элде Кыпчактын,
Кызы экенсиӊ, Толмоч кыз.

Жаз жайлову Кокуй-Бел,
Жерде жүрдүӊ, Толмоч кыз.
Жашыл ыраӊ түркүн чөп,
Төрдө жүрдүӊ, Толмоч кыз.

Аттиӊ, Толмоч, тил алсаӊ,
Ашыг дартын биле алсаӊ,
«Ак уруп» ырдап күйбөстөн,
Ак Толмоч, сени мен алсам.
Кыз Толмочум, тил алсаӊ,
Кызыг дартыӊ биле алсаӊ.
Кыйноо тартып күйбөстөн,
Кыз кезиӊден сени алсам.

Өмүрүм орто жаш жарым,
Оозумда менин гапларым.
«Ак Толмоч» деп ыр болуп,
Аспапта черткен күү болуп,
Ачылсын менин даптарим.
*(Кыскартылып алынды).*

## «Таттихан»

Жуучулар күйөө балага жакын адамдардан, сөз билги, жан билги, сыр билги жигиттерден болот. Күйөө жолдошко мал арналып союлган, «ун чачмай» өткөрүлгөн. Кыздын ата-энеси, ага-туугандары кеңешип, анан жооп беришкен. Алкы бузук кудалар жоопту созуп, жумалап, айлап, жылдап барып сөзгө келишкен. Жүрөк оозго тыгылгандай опурталдуу жооп айтылып, жуучуларды качырган учурлар да болгон. Кепке кезек бербей, чатак чыгып да кеткен. Ошондой учурларда угуту бар жаштар не бир күүлөрдү чыгарып, ырларды төккөн. Тамандан чаң уюлгутуп, таңдайды такылдаткан не бир сөздөрдү куюлткан. Акесин таанытып, айтып түгөткүс баяны бар күүнүн бири «Таттихан».

Тандап алып жибектен,
Кийинесиң, Таттихан.
Топ теректин бүрүндөй
Ийилесиң, Таттихан.

Калем менен чийгендей,
Кашың жакшы, Таттихан.
Калемпирин татыткан,
Ашың жакшы, Таттихан.

Чын сүйүвдү барктаган,
Жайың жакшы, Таттихан.
Чаалыкканда сергиткен,
Чайың жакшы, Таттихан.

Перизаттай көзүңдөн,
Минайим ширин сөзүңдөн.
Биргеле жүрүп айтпаган,
Билбестик кеткен өзүмдөн.

Исфаранын гүлүндөй,
Буркурайсың, Таттихан.
Ындыстандын кушундай,
Кулпунасың, Таттихан.
Анжыяндын кымкаптай,
Кулпурасың, Таттихан.

Талчыбыктай буралган,
Боюң жакшы, Таттихан.
Таң калтырып суктанткан,
Оюң жакшы, Таттихан.

Күндө үч убак көркөмдөп,
Кийинесиң, Таттихан.
Көк камыштын бүрүндөй,
Ийилесиң, Таттихан.

## «Чүтөн кыз»

Бул күү Алай, Ноокат, Памир, Жерге-Тал тарапта чертилет. Күүнүн кайруусу чукул, угууга жеңил. Эмоциялык эргүү жыш. Мазмуну: илгери жогорку элдин биринде кыз төрөлөт. Ага Чүтөн деген ат коюлат. Чүтөн чоңоюп, бойго жетет. Ага бир жигит ашык болот. Ашыглыктан не бир ырлар ырдалат. Эки жаштын мындай ырлары ээн жерде, талаада, эл алдында ырдалат. Бирок, үй түбүндө ырдалышы мүмкүн эмес. Бири жыгач комуз чалат, бири темир комуз кагат. Дилдегисин бир-бирине комуз тили менен жеткирет. Бир күнү жигит Чүтөндүкүнө келсе, үй ичи толо адамдар. Ырдоого болбойт. Боз үйдүн аркасына турат да, комузун күүгө келтирип, кадимкидей сүйлөтөт:

Жаным, Чүтөн, бери чы-ык!
Жаным, Чүтөн, бери чы-ык!
Кара каш Чүтөн, бери чы-ык!
Калем каш Чүтөн, бери чы-ык!

Күү жеткенге жетет, жетпегенге жөн эле үн болуп угулат. Кулак түргөндөр элейет. Коноктордун алдына тамак тартылат. Эстүү жан Чүтөн күүнүн сырын түшүнөт. Колун аарчып кашкая күлөт. Чөнтөгүнө катып жүргөн ооз комузун алат. Тазалап тишке илет. Анан анысына тил киргизе сүйлөтүп кирет:

Үйүмдө келген мейман ба-ар!
Үйүмдө келген мейман ба-ар!
Чакырганың билдим а-ай!
Чакырганың билдим а-ай!..

Муну уккан коноктордун арасындагы бир комузчу комузун ала коюп Чүтөнгө мындайча кайрылат:

Ой, айланайын, Чүтөн кыз!
Ой, айланайын, Чүтөн кыз!
Ак дилиңе жете көөр!
Ак дилиңе жете көөр!

Бул күү муундан муунга тарап кетет. Ашыглыктын узун ырлары башка ырларга бөлүнүп-бөлүнүп, Чүтөнгө арналган төрт сап гана күү менен бирге сакталып, биздин күнгө жеткен.

## «Гороту»

Бул чоордо тартылган күү («горо» – жемиштин быша элек көк кези). Илгери Бужун деген жерде, ичкилик элинде колунда малы бар, оозунда кеби бар адам болуптур. Акылдуу десе акылдуу, сулуу десең сулуу кызы бар экен. Короосунда малын күзөткөн койчуманы жашаптыр. Койчуман колунан баары келген чыйрак жигит экен. Анын артыкчылык өнөрү – чоор тартканы. Эртең менен, кечкисин чоор тартканда айбандар да адамдар да көшүлүп, көөлгүп калчу экен. Койчумандын бул өнөрү кыз жүрөгүн козгоп, бара-бара эки жаш бир-бирине ашык болуп калышат. Бирок, ашыктыгын башкаларга билгизишпейт.

Койчуман чоор менен эмне ой айтып жатканын кыз илгиртпей түшүнөт. Толукшуган жай айынын узак күндөрүнүн биринде койчуман койлорун Гороту жайлоосунан Гавы-Яван жайытына айдап чыгат. Койлорун жайып жүрсө, кара жин бакшы, каракчылар капыстан чыга калып, колундагы добулун ургулап, нары-бери секирип, койчумандын колу-бутун байлап, арчага таңып салып, койлорун айдап жөнөшөт. Ошондо термечик терип жүргөн кемпир койчуманды көрүп:

– Ой... ба-ай, а-ай! Мен көрбөгөн Калай эдең, мен тербеген гөдөвсүн (чөптүн аты) Алай бедең?! – деп чочуп кетет.

– О, апа, коркпоңуз, мен койчуманмын. Колумду бошотуп коюңуз. – дейт жигит.

Кемпир койчуманды бошотуп кетет. Кыздын аты Гүлбасты, ал «Койчуман неге кечикти?» деп санаасы тынбай издеп чыгат. Ошол учурда чоордун үнү угулат:

Гүлбасты о-ой, Гүлбасты о-ой!
Кырк каракчы тең басты о-ой!
Койчу кулду байлады о-ой, байлады о-ой,
Койду сүрүп айдады о-ой, айдады о-ой.
Көк серкени сойдулар о-ой, сойдулар о-ой,
Көптөн жешип тойдулар о-ой,
Ак серкени сойдулар о-ой,
Арчага асып койдулар о-ой, койдулар о-ой.

Горотунун белин бас о-ой, белин бас о-ой,
Гавыяндын оозун тос о-ой.
Гороту менен Гавыяны о-ой,
Кош өгүзгө шамыян о-ой, шамыян о-ой.
Кошоктоп атты чапкыла о-ой.
Куржундап күлдү чачкыла о-ой, чачкыла о-ой.

Чоор эмнени айтып жатканын Гүлбасты дароо түшүнөт. Ордунан ыргып туруп жүгүргөн бойдон айылга келет. Айылдагы элге кабар берет:

Кырк каракчы тең басып о-ой,
Койчунун колун байлаптыр о-ой.
Койду сүрүп айдаптыр о-ой,
Көк серкени союптур о-ой,
Көптөшүп жеп коюптур о-ой.
Көшүгө ныктап тоюптур о-ой.
Горотунун белин тоскула о-ой,
Гавыяндын оозун баскыла о-ой.
Кошоктоп атты чапкыла о-ой!
Кочуштап күлдү чачкыла о-ой!

Гүлбасты кыз ошол жерден куржундун эки көзүнө күл толтуруп, атка артып чапкан бойдон жөнөйт. Кыздын артынан атасы, агасы жана башкалар куржунга күл толтуруп, чаап жөнөшөт. Мерчемдүү жерге келгенде алар зоо жаңырта айгай салып, күлдү кочуштап чачышып, алай-дүлөй түшүрүшөт. Каракчылар буларды көрүп, ызы-чууну угушуп, «кууп келаткандар оңой жоо эмес» деп чочулап,

качып жөнөшөт. Сыбызгы-чоордун сырын ошондон кийин жакшы түшүнүп калган экен эл.

Күндөр өтө берет. Койчумандын зоболосу көтөрүлүп, эл көзүнө көрүнөт. Кыз күндөрдүн биринде койчуманды сүйөөрүн жеңесине билдирет. Жеңеси бул сырды кайненесине айтат. Эне байына кабарлайт. Бай эки жаштын сүйүүсүнө каршы чыгат. Кыз атасына таарынып, «бу көрөкчө жашыл арча болуп калайын» деп зар кагат. Тилеги кабыл болуп, ал арчага айланат. Жигит «сүйгөнүмдөн айрылганча Гүлбастынын жолун жолдойм» деп ал да арчага айланат. Эки жаштын элеси Гавыян-Гороту ортолугунда эми да турат дешет.[24]

## «Лайли кыз»

Кыргыз Илимдер Академиясынын тил адабият институтунун фольклордук экспедициясы 1960-жылы Ош областынын Лейлек районунда болот. Аларды алтымыштан ашып калган Мамат карыянын үйүнө алып келишет. Ал комузда, кыл кыякта, дутарда бирдей күү чалып, элдик ыр-дастандарды чебер аткарган киши экен. Отургандар таң калып, бир жагы кубанып, жазып алууга дилгир болот. Мамат аксакал өзүнүн жеке аткаруучулугу менен чектелбестен, учурунда өздүк-көркөм чыгармачылыкты жолго коюуда көп жакшы иштерди жүргүзгөн экен. Улуу баласы да улуттук аспаптардын тилин билген, айылдык клубда көркөм жетекчи милдетин өтөгөн өнөрпоз экен. Бул музыкалык үй-бүлөдөн элдик ыр-обон-күүлөрдүн бир нече түрлөрү жазып алынган.

Мамат «Лайли кыз» аттуу обондуу ырды комузда уккулуктуу черте отуруп, соңунда комуздун коштоосунда ырдап берген. Ыр элдик муңдуу кошоктордун үлгүсүндө аткарылып, чыныгы махабаттын маанисине макулдугун билдирип, ышкы-деми менен жүрөк күүсүн рахатка, коездукка бөлөгөн эле:

Жылганын ичи айлыңыз,
Жытыңа кумар а, Лайли кыз.
Жыты жакшы о, беш көкүл,
Жытташпай кеттик а, майлиңиз…

Коктунун ичи айлыңыз,
Койнуңа кумар а, Лайли кыз.

24 Жээнбай Мукамбаев. Эл ичи – өнөр кенчи. – Ф., 1990. 155-165-беттер.

Койнуң жылуу о, беш көкүл,
Кошулбай кеттик а, майлиңиз...

Бири-бирине ык тарткан ак тилектер, үмүттөр, максаттар орундалбай калгандыгы, кош жүрөк кошула албай ажырымга кабылгандыгы, албетте, ашыктардын ичин ачыштырып, арылгыс арманга салган. Жалын чачкан махабат бир учурда каш кагууга да арзыбай калган. Турмуштун карама-каршылыгы өкүм сүрүп турганда ашыгына ак жол гана каалабаска чара жок.

«Койнуң жылуу беш көкүл,
Кошулбай кеттик!.. Майлиңиз»…

Кайда болбо, каякка барба ак ниет, ак тилек, таза, тунук сезимдер жан дүйнөңдө кала бермек, кезеги келгенде делебеңди козгоп, ыр болуп, күү болуп жүрөктөн атырылып чыгып обого көтөрүлмөк.

Ак көйнөгүң четиндир,
Алыстап кеттик, эсен жүр.
Көк көйнөгүң четиндир,
Көрүшпөй кеттик, эсен жүр.

Кеп, бул обондуу ырлардын тарыхын ташпиштөөдө эмес, сары алтындай сакталган элдик чыгармалардын кезегинде чогултулбай, угармандарга жетпей, элге тартууланбай калышында. Кимде ким бул обондуу ырларды эл ичинен кезиктирсе, кароо конкурстарда эфир аркылуу көпчүлүккө кабарлап койсо деген гана тилек.

## «Кызай күү»

Кечээ жакынкы жылдарда эле Алайкуу аймагынын Коо-Чаты айылында Айдар аке деген атактуу комузчу жана мергенчи жашап өткөн. Ал киши 1976-жылы дүйнөдөн кайткан. Өкүнүчтүүсү, Айдар аке сыяктуу атактуу комузчунун өнөрү этибарга алынбай, күүлөрү тасмага жазылбай калганында.

Айдар аке кайсы күүнү чертпесин, анын тарыхын уккулуктуу коңур үнү менен айтып берүүчү. Биз окуган мектеп Айдар акенин тегирменине жакын дөңсөө жерде эле. Танапис мезгилинде балалык дилгирлик менен Айдар акени курчап калчубуз, комуз чертип беришин көксөчүбүз. Кээде айыл аксакалдары «эми Кызай күүңдү черт» деп суранышчу. Айдар аке коноголуу бүркүт сымал мойнун

койкоңдотуп, көздөрүн бакырайтып нурлуу жүзүнө жарашкан сакал-мурутун сылай, эңишке түшчү балбандай эки жеңин түрүнүп, комузун күүгө келтирип, чертер алдында күү баянын айтчу» — деп жазат Матосмон Салибек уулу Кара-Кулжа районунан.

«Илгери-илгери Алайкуу өрөөнүндө бир бай карыганда кыздуу болуп, атын Кызай коёт. Кызай бой тартканы сулуулугу артып, эл оозуна алынып, колунда барлар куда-сөөк болууга жуучу жибере баштайт. Кызай да кыз оюндарга барып, селкинчек тээп, ак чөлмөк ойноп, созолонгон үнү менен ырдап жүрөт. Жигиттердин «сүйөм-күйөм» дегени көбөйгөндөн көбөйөт.

Чоң арчага салынган селкинчекке оюнга жупуну кийинген кедейдин баласы Акматбек да кашка жоргосун бөжүтүп келип калар эле. Акматбек черткен комуздун коштоосунда созолонтуп ырдаган жигит-кыздар түндүн бир оокумунда гана үйлөрүнө таркашчу.

Акматбек ичтеги сырын Кызайга кандай жеткирерин билбей, колундагы комузуна кайрылып, жүрөк элжиреткен кандайдыр азем күүнү ортого салчу. Кызай да кайра-кайра күүнү уккусу келип, Акматбекти жалооруй тиктеп, аны чындап сүйөөрүн ишааратташчу. Эки жаштын бири-бирине болгон махабаты акыры ачыкка чыкты. Эмки максат, канткенде кол кармашып, өмүр башатына кадам таштоодо. Анткени, доор шартында байлыгына манчыркагандар колунда жок шордууларды теңсинбөө адаты күч алып турган. Бул жагдайды түшүнгөн эки жаш бушайманга түшүп, айла издеп баш катырышчу. Күндөрдүн биринде тектүү жерден чыккан бай адам күтүрөтүп мал айдап Кызайдын ата-энесиникине куда түшүп калат. Той башталып, оюн-зоок болуп, ага Акматбек да катышып калат. Көпчүлүктүн суроосу боюнча Акматбек күү чертет. Оюн шарапатына жараша шаңдуу күү эмес, адамды санаага салган муңдуу кайрыктарды кайырат. Күүнү уккандар чыдай албай, көздөрүнө жаш алып, боору ачып, үшкүрүктөр үйдү үч көтөрүп жиберет.

Кызай кантсин, бар күчүн көз жашынан чыгарып, ичтен буулугуп, Акматбегин аяп, ашыгынан кантип тирүү ажырашаарын билбей, жанын кыйып жиберүүнү самап, зорго таңды атырат. Той да аяктайт. Кызайды жеңелери атына мингизип узатып чыкканга чейин Акматбектин комузу тынбай үч кылды сабай берет. Окуя өткөндөн кийин да жатса-турса муңдуу күү дирилдеп, сыздай берет, боздой берет...

— Ой, деги айтчы, күүңдүн аты эмне? —деп сурагандар жоопсуз калат.

Армандуу күн артта калганда Акматбек сырдуу күүнүн аталышын «Сары сулуу» деп табышмактатат. Көрсө, ашыгын амалсыздан узаткандагы күүнүн сыры ак жуумал саргычынан келген сарынын сулуусу Кызай кызга арналып, кыйыта аталган тура. Кызай менен кыналыша ойноп-күлүп жүргөн бактылуу күндөрдөгү эрке күү «Сары сулуу» барып-барып «Кызай күү» аталган.

Сары сулуум –өзгөчөм,
Сагынып турам көрбөсөм.
Сагынычым тарабайт,
Сагагын жыттап өппөсөм.

Сарым, сени ырдадым,
Сулуудан сулуу ылгадым.
Селкинчек тээп сен менен,
Армансыз ойноп жыргадым.

Белести ашып кетерсиң,
Бек үйүнө жетерсиң.
Антташкан сөздү эстесең,
Кайрылып кабар берерсиң.

Алыска кеттиң элиңден,
Алайкуу деген жериңден.
Ашыгың калды жалдырап,
Аларсың ойго мени сен.

Бир жүрчү элек айылда,
Жайлоого чыктык жайында.
Кармаштык эле колду биз,
Карагайдын сайында.

Секетим, «сен» деп жангамын,
Селкинчек тээп жандадым.
Сенден мен кантип айрылам,
Буйругу бул го Алланын? –

сыяктуу өкүнүч, сагыныч ыр саптары Айдар акеден аймакка тараган.

## «Кыз ойготор»

«Кыз ойготорду» көпчүлүк комузчулар «эсил Токомдон калган эстелик» деп чертишет. Акындын жандай көргөн шакирти Кулмырза Кожобек уулунун айтымында: «Токтогул солкулдак кымыздыктай толукшуп турган кези экен. Жайдын толуп турган убагы. Жанына жолдош албай жай бастырып, шарпылдаган сууну, шагы ийилген токой талдарын бойлой, түркүн куштардын сайраган добушуна кулак түрүп, жаратылыштын ажайып кооздугуна жүрөгү балкып, сулуулукка кумары артып келе жатып, эки суунун аралыгындагы жалгыз боз үйгө кайрылат. Негедир үйдүн тегерегинде адамдар жок. Иттер деле ажылдап үрүп чыкпайт. Токтогул босогону аттап үйгө кирет. Туурдукту керегенин башына түрүп коюп төрдө алмончоктой сулуу кыз уктап жатат. Кыз эч нерсенин шыбышын байкабай мемиреп, сулуу кирпиги көзүн жаап, таттуу уйкуда мемирейт. Уйкудагы сулууга акындын сугу түшүп, бир саамга дел болуп тиктеп турат. Сыртка чыгып кетүүгө эрки жетпей кандайдыр бир күч кыздын жанынан карыш жылдырбай кармап турат. Бир оокумда белиндеги комузун чечип, толгоосуна келтирип чертүүгө кам урат. Кызды чоочутуп, ойготуп албайын деп, кылдарды жумшак тербеп, жагымдуу ыргакта кайрыктарды чубатат. Тегерете үй ичине байкоо салса, кереге башында уукка кыстарылган үкүнүн канатына көзү түшөт. Чоӊ канатты тандап алып, тизелей чөгүп, кыздын этегине отура калат. Күү ушунчалык мукам, кайрыктары кооз, тим эле таӊкы булбулдай таӊшып, торгой безөөнү салып жатат. Бирде күкүк болуп чакырса, бирде зейнеп болуп сайрайт. Капырай, кылга тил киргенсип үй ичин ажайып добуш-шоокумдарга бөлөйт… Кыз акырын көзүн ачат. Айланада арген добуш салган куштар эмес, өрүк комуз булбул болуп таӊшып, үч кылда элпек жорголоогон манжалар, күү кайрыган сымбаттуу жигиттин элеси көзгө тартылат. Кыздын көзүнө сыйкырчыдай кубулуп, Токтогулдун колу ойдолоп, комузу ойноп, башындагы топусуна чейин бийлеп, уйкудан ойгонгон селкинин көӊүлүн көтөрүп, көзүн чайыттай ачып жиберет. Күү аяктап:

Бурап-бурап черткенде,
Булбул комуз үнү ушул.
Кытыгылап кыялды,
«Кыз ойготоор» күү ушул…

— деп үн кошуп, үкүнүн канатын ордуна кыстарып, жыла басып чыгып кетет. Токтогул күүнү жумшак черткенде үкүнүн канатын колдончу экен.

Таластык комузчу Өмүрбек Алыбаев менен күү өнөрү тууралуу маектешкенде сөз учугун чубай Эркесарынын чыгармачылык өнөрүндө маанилүү роль ойногон «Кыз ойготордун» баянына мындайча токтолду: «Өткөн заманда байдын үч кызы болуптур. Кезек менен үчөө түнкүсүн короо кайтарып, маалы менен күзөткө чыгып кезмектешип орун алмаштырат. Эпадам күзөттөгүсү көзү илинип уктап кетсе, эжеси жыла басып жанына келип, сыңар тизелеп отура калып, темир ооз комузун кагып, мукам кайрыктар менен уйкудагы уялашын ойготчу экен. Уйкуга жедеп берилип, көзүн ача албай магдыраган маалда чымчыкей салып, же колтук кытыгысын козутуп, ага да болбосо аркасынан укуй алып, «кыз ойготор» күүсү менен уйкусун кубалап салчу экен. Кыздардын ушул кыймыл-аракетин түгөлү менен туурап комузда черткендерден Эркесарыны билем» — деп, Өмүке сөзүн аяктаганда катарыбызда отурган калкка таанымал комузчулардын бири Асан Сейдалиев Өмүкенин баянын түгөл кабыл албастыгын мындайча билдирди: «Сиз айткан өткөн замандагы бий, болуш, манап, байлардын чырпык башын сындырбаган ак кол кыздары короо кайтарбай калсын! Укуктан айрылган кедей-кембагалдын кыздары бай кызматы үчүн эне-атасына кол кабыш кылышкан: кой саашкан, короо кайтарышкан, козу-улакты көгөнгө байлашкан. Кокусунан бай кыздары короо күзөтүүнү самап, кой четине чыкса, аларды уйкудан алагды кылыш үчүн ооз комуз кагышып, «Кыз ойготор» күүсү менен кыйкуу салып турушкан. «Кыз ойготорду» менин билишимче кынабына келтире Атай чертчү эле. Күү кийин шакирти Мейилканга ооду. Мен бул күүнү Мейилкан эжеден үйрөндүм эле» — деп комузун толгой баштады. Мейилкан демекчи, төкмө акын Орозбек Кутманалиев бир жолку маегибизде: «Азыркы аспапчылардын ичинен «Кыз ойготорду» Мейилкан чертсин. Мейилкан менен гастролдордо көп болдум. Артисттер дегинкисин өтө эле аз укташат. Кечкисин концерт, түндөсү отуруш. Уйку чиркинге убал. Кеч жаткандар үчүн таңкы уйкунун таттуусу, ай! Ойгонуш тозок. «Ошондо Мейилкандын «Кыз ойготору» таң булбулундай таңшык ыргактарга жуурулушуп, жан жыргалын жалпыга жылоолоп, жабыктан шыкаалап турса, ойгонбой көр. Көңүлүң балкып, көзүң ачылып, кайрыктардын кереметинде катып-сенип калар элек...»

## «Кыз кыял»

Адамдар ички дүйнөсү, кулк-мүнөзү, жүрүм-туруму, ой-жоруму жагынан бири-биринен кескин айырмаланат. Бул психологиялык абал көп учурда жарандардын ой-кыялын шарттай тургандыгы маалым. Адамда болот ар кыял, ал кыялды ким тыяр? Анын сыңарындай, «кырс кыял», «жинди кыял», «терс кыял», «орой кыял», «оолукма кыял», «чарс кыял» болуп, түргө бөлүнүп, кээ бирин «жылкы кыялга» салыштырып, андан өткөндөрүн «ит кыялдуу» деп сынга алышкан. Токтоло элек ойноок куракты «бала кыял» андан өткөндөрүн «жаштык кыял» деп ажыратышкан.

Өң-келбети, ай-чырайы, сулуулугу келишкен аял затына атайылап жаркын мүнөз, жароокер кыял, жагымдуу жүрүм-турум берсе, ал «жылдыздуу» деген атка конуп, жылуу мамилеге татымак. Кыз бала жөнүндө сөз болсо, анын сулуулугу, улуулугу, ыйыктыгы, бийиктиги, карагаттай кара көзү, олоң кара чачы, кымча бели, кырдач мурду, кына сүйкөгөн эрини гана эмес, кыздын анык касиети анын кылык-жоругунда, кыялында жатары жамы журтка дайын. Кыргыз калкы кыз балага өзгөчө сый-урмат көрсөтүшкөн: наристе кезинен алпештеп өстүрүшкөн, эркелетишкен, аяшкан, кийбегенди кийгизишкен, ичпегенди ичиришкен. Бой жеткенде борумдап тон бычып... күмүштөн ат жабдыктар токулган, суу төгүлбөс жорготу мингизип, көч алдында алып жүрүшкөн.

Булгаары тердик, муз желдик,
Бурчтарын чеге жылдыздап.
Булактаган кыз-келин,
Бура тартып ыргыштап...
Кымбат баалуу кийгени,
Кылыктуу жорго мингени...

– деп Казыбек казалчы ырдагандай кыз балдар сый-урматка кылыгы, кыялы менен татыктуу болгон.

## «Кыз кербез»

Үйлөнүү тоюнда кыз узатып жаткан тарап «Кыз кербез» күүсүн коштошуу маанисинде комузда жана кыл кыякта аткарышкан. Күү кайрыктары обон ырдан алынып, ата-эне жакын туушканы кызы менен коштошуп жаткан учурдан элес берет. Атай жаш кезинде сулуу кыздарды көргөндө «күйдүм чок» болуп жүргөнүн күүгө салса,

кечээ арабыздан кеткен артист-комузчу Мыктыбек Үмөталиев Атайдын «Кыз кербезин» атайылап күлкүгө күүлөп иштеп чыккан, күү тексти жамы журтту ыраазы кылганы көпчүлүккө белгилүү. Бул күү угармандарын күлкүгө шыкап, улууларды жылмайтып, жаштарды жаркын мүнөзгө бөлөгөнү көз алдыбызда:

Бул Атайдын «Кербез күү»,
Ар кимдерге бербес күү.
Сонун экен «Кербез күү»,
Соодагерге бербес күү.
Кыз жүрөгүн дегдеткен,
Кылымдарга өлбөс күү.
Кылактаган «Кыз кербез»,
Булактаган «Кыз кербез».
Кыйшаңдаган жигитке,
Кымбат баага кыз келбес.
Бузук ойлуу жигитке,
Бураң белдүү кыз келбес.
Тоо булбулу аталган,
Током черткен «Кыз кербез».
Толкуган элди күлдүрүп,
Топко черткен «Кыз кербез».
Күндө черткен «Кыз кербез»,
Түндө черткен «Кыз кербез».
Үйдө черткен «Кыз кербез»,
Мүлдө черткен «Кыз кербез».
Кылын Атай таккан күү,
Кыйла элге жаккан күү.
Кыз келинди баккан күү,
Алдыңарда мороинтип,
Мыктыбек чертип жаткан күү.
Шайыр Атай тапкан күү,
Шаркырап суудай аккан күү.
Шаанисине келтире,
Мыктыбек чертип жаткан күү.

## «Кыздын бийи»

Залкар комузчу Асылбек Эшманбетов «Кыздын бийи» аттуу күүсүн радио казынасына тапшырган. Акын Берикбай

Мамбеталиевдин «Бийчи кызга» аттуу ыр түрмөктөрү күү кайрыктарына айкалышып турат. Ал күүнү да күйөрмандарга сунуш кылалы:

Күүгө мүчөң кыналып,
Кыймыл шаңы уланып.
Каректерге карматпай,
Элес келет куланып.

Булактайсың, бийчи кыз,
Баалагандар сүйчү кыз.
Барктап иргеп бактуусун,
Көңүлүнө түйчү кыз.

Кылактайсың, бийчи кыз,
Кырктан бирөө сүйчү кыз.
Жашоо демин чагылтып,
Күн нурундай тийчү кыз.

Көркүн курап өмүрдүн,
Саяпкердей көрүндүң.
Баш булагы өзүңдө,
Ыр эңсеген көңүлдүн.

Куштарланам, бийчи кыз,
Кумарыма ийчи кыз.
Өнөгүңдү кош колдоп,
Өрттөй жанып күйчү сиз.

## «Саанчы кыз»

Атактуу комузчу Асанаалы Кыштообай уулу 1966-жылы Түп райондук маданият үйүнүн өнөрпоздору менен Ысык-Көлдүн Каркыра, Чаар-Кудук, Чымынды-Сай жайлоолорундагы малчылардын майрамына катышат. Майрамдык салтанатка чейин чабандар, жылкычылар, саанчылардын турмушу эмгеги менен таанышып, өздөрүнүн өнөрлөрүн тартуулашат. Ошондой жолугушуулардын бири саанчылардын фермасында өтөт. Алардын күжүрмөн эмгегине ыраазы, атактуу күүгер жаңы эле орто мектепти бүтүп келип, чарба кызматына аралаша баштаган жаш кыздын катардан калышпай сүт көлүн толтурууга болгон күжүрмөн аракетине атайын күү арнап куттук айтат. Бул күүнүн премьерасы

аймактык малчылардын майрамдык концертинде чоң салтанат менен уктурулат. Кийин бул күү Кыргыз радиосунун «Алтын казынасына» сунушталган. Асакемдин аспаптык чыгармадагы саанчы кызга арноосу Алыкемдин (Алымкул Үсөнбаев) айтымындагы ыр саптары менен канчалык шайкеш келгенине байкоо салалы:

Жаркырап күлгөн жаңырган,
Жыргалдын нурун жамынган.
Элимдин сенсиң ардагы,
Эмгегинен таанылган.
Мээнеткеч элдин кызысың,
Мээримиң күндөй чагылган.

Асыл тукум бакканың,
Ардактуу кесип тапканың.
Балкыта бер дайрадай,
Бал каймактын аппагын.
Шириеси таңдай тамшанткан,
Мен да даамын таткамын.

Сыймыгы сенсиң жергемин,
Сүт көлүн саап бергениң.
Баарынан кымбат эмеспи,
Калк үчүн берген эмгегиң.
Даңкыңды угуп алыстан,
Фермадан сени көргөмүн.

Кыл кайрыгындагы «Кыздар» темасына кыстырма: «Аял менен эркекти жуп жараткан дүйнө» кыргызга эр-бүлөдөн аял затын ашыгыраак ыроологон окшобойбу. Мындай артыкбаштык – асты кыздарыбызды кыйын кырдаалга кабылтары айкын. Жар күтүп, эне болууну эңсеген эчен кыздарыбыздын жаштык курагы жалгыздыкка жанчылып, «кара далы» болуп, каалаганын жасай турганы талашсыз. Алды – азап, арты – тозок ууру махабатка маш, уятсыз «ата сөрөйлөр» канча кыздардын убалына калып келет. Кыз аттуулар түгөл эр кучактаса, капаста калчу туюкбайларга жол ачылбайт беле? Андай шартта коомубузда армандуу кыз-энелер, атасыз жетимдер саны азаймак. Мына ушул ойдон улам эсил Токомдун «Кыздар ай» кайрылуусун эске салып Мар Алиевдин азыркы кыздарга азил-тамаша кайрылуусун күү баянга кыстара кетүүнү эп көрдүк:

Кара күрмө шайы кийип,
Бойлогула, кыздар ай.
Кайран өмүр бар чакта,
Ойногула, кыздар ай.
Кайрылып келбейт өмүр жаш,
Ойлогула кыздар ай.
Ойной албай, күлө албай,
Ойногонду биле албай,
Кайран жашты картайтып,
Койбогула, кыздар ай!

*(Токтогул).*

«Кыздар ай» (терс кайрык):

Кары жан акыл айтат деп,
Күлбөгүлө, кыздар ай!
Караңгы түндө карайлап,
Жүрбөгүлө, кыздар ай!

Жигиттерди бир түндүк,
Сүйбөгүлө, кыздар ай!
Жээк иттерге бир күндүк,
Тийбегиле, кыздар ай!

Кара шайы көйнөктү,
Киибегиле, кыздар ай!
Каш какканга кайрымсыз,
Тийбегиле, кыздар ай!

Сылык-сыпаа, ызаттуу
Сүйлөгүлө, кыздар ай!
Күлүп айтса алдатып,
Күйбөгүлө, кыздар ай!

Этек-жеңди эби жок,
Ачпагыла, кыздар ай!
Кайсар, таш боор бирөөгө,
Качпагыла, кыздар ай!

Абийир сатып акысын,
Албагыла, кыздар ай!
Аңдып мейманканаңы
Барбагыла, кыздар ай!

Тажабай окуп иштөөдөн
Талбагыла, кыздар ай!
Чатак жактан качууга,
Чамдагыла, кыздар ай!

Обу, учуру келгенде,
Ойногула, кыздар ай!
Колдон келген өнөрдү
Койбогула, кыздар ай!
Ооматтуу жигит жолукса,
От болгула, кыздар ай!
Солго баскан курбуңа,
Сот болгула, кыздар ай!

**«Алтын казынадагы» кыздар темасына арналган күүлөр:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Кызарт» | 9081 | 2'12 | Ыбырай Туманов |
| 2 | «Кызарт» | 1154 | 3'55 | Акысбек Дүйшеев |
| 3 | «Кызарт» | 2005 | 2'56 | Шабий Токтоев |
| 4 | «Жанар куш» | 9371 | 4'40 | Асанаалы Кыштообаев |
| 5 | «Кара кыз менен Сары кыз» | 3729 | 3'40 | Асанбай Каримов |
| 6 | «Эки кыздын жорго салдырганы» | 3617 | 2'25 | Жумагазиев |
| 7 | «Экөөлөсөң экөөлө» | 3049 | 2'22 | Ыбырай Туманов |
| 8 | «Экөөлөсөң экөөлө» | 2617 | 3'40 | Асанаалы Кыштообаев |
| 9 | «Сакалтайдын Борду кыз» | 8123 | 1'16 | Эркесары Бекбасаров |
| 10 | «Сакалтайдын Борду кыз» | 4405 | 2'49 | Турсун Карымшаков |
| 11 | «Айдай кыз» | 1382 | 2'41 | Орозбек Кутманалиев |
| 12 | «Саран кыз» | 9139 | 3'12 | Датка Шаакеев |
| 13 | «Саран кыз» | 8119 | 1'00 | Эркесары Бекбасаров |
| 14 | «Саран кыз» | 3441 | 2'36 | Болуш Мадазимов |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 15 | «Байбууранын Салтанат» | 9627 | 2’44 | Асанаалы Кыштообаев |
| 16 | «Кыз ойготор» | 8193 | 1’12 | Эркесары Бекбасаров |
| 17 | «Кыз ойготор» | М.559 | 2’05 | Асылбек Эшманбетов |
| 18 | «Кыз ойготор» | 6543 | 1’36 | Сексенбай Айманбетов |
| 19 | «Кыз кыял» | М.285 | 2’38 | Чалагыз Иманкулов |
| 20 | «Кыз кыял» | 8064 | 2’32 | Мекиш Баатаев |
| 21 | «Кыз кыял» | 9638 | 3’32 | Асанаалы Кыштообаев |
| 22 | «Кыз кыял» | 2995 | 3’18 | Шекербек Шеркулов |
| 23 | «Кыз кыял» | 2659 | 2’34 | Асылбек Эшманбетов |
| 24 | «Кыз кыял» | М.782 | 2’42 | Турар Жолдошев |
| 25 | «Кыз кербез» | 8120 | 1’35 | Эркесары Бекбасаров |
| 26 | «Кыз кербез» | 3694 | 1’34 | Асылбек Эшманбетов |
| 27 | «Кыз кербез» | 502 | 1’40 | Мейилкан Козубекова |
| 28 | «Кыз кербез» | 9819 | 1’25 | Өзбек Алымкулов |
| 29 | «Кыз кербез» | 5274 | 1’40 | Калыйпа Жусубалиева |
| 30 | «Кыз кербез» | 5614 | 1’35 | Аттокур Оморов |
| 31 | «Бийчи кызга» | 3016 | 2’40 | Асылбек Эшманбетов |
| 32 | «Саанчы кыз» | 3102 | 3’08 | Асанаалы Кыштообаев |
| 33 | «Кыздын күүсү» | 8073 | 2’52 | Мекиш Боотаев |
| 34 | «Кыздын күүсү» | 9139 | 1’32 | Датка Шаакеев |
| 35 | «Кыздын күүсү» | 5733 | 1’52 | Кудаяр Маатаев |
| 36 | «Кыздын күүсү» | 8036 | 1’25 | Барпы Сапеков |
| 37 | «Ой, селки» | М.193 | 1’58 | Карамолдо Орозов |
| 38 | «Жаным кыздар» | 3619 | 2’05 | Асанбай Каримов |
| 39 | «Сулуу кыз» | 7411 | 0’53 | Шакен Жоробекова |
| 40 | «Тоолук кыз» | 5795 | 3’15 | Намазбек Уралиев |
| 41 | «Жетим кыздын арманы» | 3375 | 2’06 | Асанбай Мамбетов |
| 42 | «Жетим кыздын арманы» | 1544 | 3’02 | Мурсалы Турсунбаев |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 43 | «Жетим кыздын арманы» | 3301 | 1'42 | Калый Машрапов |
| 44 | | 1544 | 3'02 | Мурасалы Турсунбаев |
| 45 | | 3301 | 1'42 | Калый Машрапов |
| 46 | «Аргасыз кыздын арманы» | 7213 | 1'00 | Бүбүсайра Маткадырова |
| 47 | «Кыз чабан» | 9395 | 2'55 | Токтосун Тыныбеков |
| 48 | «Тракторчу кызга» | 6263 | 3'00 | Жапар Чабалдаев |

# КЕЛИН КЕЛГЕНДЕ

Кызды аткарар күн да келип жетет, себи даярдалат. Жеңелер кыздын чачын экиге тең бөлүп өрөт. Кызга шөкүлөсүн кийгизип, жасалгалуу атына мингизип узатышат. Келин келгенде «келин тою» башталат. Келиндин келишин нускоолуу байбичелер, кадырман жеңелер алдыртан күтүп турушкан. Эшик ачылат, келин босогодон жүгүнүп кирет. Нан, боорсок, куруттан чачыла чачылат. Ак элечек байбичелер ак батасын жолдойт: «Көшөгөң көгөрсүн», «Алдыңды бала бассын, артыңды мал бассын», «Алганың менен тең кары»...Кайнене келинге арнаган ак жоолукту башына салат. Той өткөнчө келин көшөгөдө отурат, кайын сиңдилери жанында. Келгендер көрүндүк берип, келинди көрүшөт. Эл жазуучусу Төлөгөн Касымбековдун «Кел-кел» романын барактайлы: «Кызды апкелатыры» деген үн көпчүлүктүн назарын башка жакка оодарып кетти. Эки келин эки колунан сүйөйт, артына үч курдаш кызы каалгый асте басышып кетет. Улам алды жагы дуу-дуу умтула жардап тиктешип калышты. Колуктунун жолуна күйөө тараптан чачыла теңге чачылды. Колукту күмүш шөкүлөнүн үстүнөн чүмкөлгөн ак үлпүнчөк үлбүрөп эч кимге деле назар бурбайт. Күйөө ордунан туруп, тосо басып жүзмө-жүз келди. Колукту күйөөнүн көзүнө тоо суусунун шаркыратмасынын күнгө чагылышкан көбүгүндөй, көк асмандын бир түрмө булуту суйсалып жерге түшкөндөй болуп сезилди. Колукту ага саал таазим кылгандай жүрөгү жымырап ысып кетти. Эки жеңенин бири:

– Көрүндүгүңүз кана, мырза күйөө? – деди акырын уяң. Күйөө жолдош дароо «Жар көрүү» жолдугуна күмүш теңге чачты. Ушундан соң асте ачып, кыйгай тиктей берди.

Жарчы комуз менен коштоп «Кыз мактоо» айтты:

Жарыгым, келбетиң артык пендеден,
Жараткан периште түсүн бергенби?
Жарыгым, жигиттер көзү жылтылдап,
Суктанат. Ышкынын оту сендеби?..

Тойго атайы жарчылык милдетине жалданган ырчы комузун шаңдуу күүлөп, жалпыга белгилүү «жар-жар» ырын эми мындайча баштады:

Ээй, жар-жар-ээй!
Тоту куш түстүү кара каш, жар э-эй!
Тотудан үкү тагып ал, жар э-эй!
Толукшутуп багып ал, жар э-эй!
Тотудан үкү жарашсын, жар э-эй,
Толгон эл жардап карашсын, жар э-эй!

Оолуккан уландар, ээликкен эрке кыздар, оштонгон желдүү келиндер дуу көтөрүшө «Жар-жар» айтууну коштоп кетишти.

Эй, жар эй! Жар-жар эй!
Эй, жар ээй! Жар-жар ээй!

Кош байтүп жаңгактын бир бутагына узун аркан селкинчек салынган. Булардан башка «кур таштамай», «такыя бекитмей», «ит тартыш» түркүн оюндар бир четте. «Кыз оюн» деген жаштык зоогу. «Кыз оюнга» жаштар бүт катышат. Ашыглык ырлар ырдалып, алым сабак айтылып, кайра кыз-күйөө урматына «Жар-жар» айтылып оюн улана берет».[25]

Күү өнөрчүлүгүндөгү «Келиндер» темасына өткөндүн сересинен гана сереп салуу эмес, учурдагы чыгармачылыктын уландысы катары кароого да туура келери анык. Анткени, аткаруучуларга алмустак кайрыктары гана азгырык сала бермек бекен? Азыркы мезгилдин токсон толгоолору да тооруп турса кайда бармак? Карамолдо «Келиндердин кер толгоосун» салттык үлгүдө сайратса, жаңы турмуш жарчысы Ыбырай «Саанчы келинден» сабак алууну сунуштаганы бар. Атактуу күүгер Асылбек Эшманбетов «Келиндердин Керме-Тоосунан» ааламга көз чаптырса, Самсалы Аликеев кезекти «Келиндердин кербезине» ыйгарат. Чымырбаев Жөлөгөндүн чыгармачылык эргүүсүнө «Келиндердин шыңгырамасы» шыкак артса, Жылчый Курманкожоева эжебиздин кыл кайрыктарында «Келиндердин обону» маанек табат. Ал эми Шадыканов Бөжөй куудул «Келиндердин жайкамасында» каткырык-күлкү казынасын ачканы бар. Көрүнүп тургандай, келиндерге мүнөздүү каада-салт, жорук-жосундар акындар, аспапчылар тарабынан ар мезгилде жар салынып келген. Аларды түгөл «Кыргыз күүлөр баянына» камтый

25 Төлөгөн Касымбеков. Келкел. – Ф., 1990. 144-143-беттер.

албаспыз. Антсе да «ак жоолукчандар» темасын алдыга тартпасак, улут рухуна убал болуп калбайбы.

## «Келинжан»

Кыргыздар Тажик Республикасындагы Памир, Кара-Тегин аймактарында жашап келишкен. Памирлик кыргыздар Тоолуу Бадахшан облусунун Мургап районун мекендешсе, Кара-Тегиндиктер Жерге-Талды жердешет. Бул аймактагылардын комуз коштоосунда кеңири ырдаган ырларынын бири «Келинжан».

Кыр-кыр башы кызыл гүл,
Тервейсиңби, келинжан?
Кызыккандан бир кезде,
Келвейсиңби, келинжан?
Кызылдан чачы кештелеп,
Бервейсиңби, келинжан?

Сай-сай башы сары гүл,
Тервейсиңби, келинжан?
Сагынгандан бир кезде,
Келбейсиңби, келинжан?
Сарыдан чарчы кештелеп,
Бервейсиңби, келинжан?

Аншыр-Ата сув тайиз,
Атыңан айтсам – Ак майиз.
Атыңан айтсам эл билет,
Жашырын айтсам ким билет?

Жазгы бувдай говпая,
Мен амалың болоюн.
Жазда олтуруп желпинсең,
Мен шамалың болоюн.

Күзгү буудай говпая,
Мен амалың болоюн.
Күндө олтуруп желпинсең,
Мен шамалың болоюн.

## «Мистекан»

Мистекан деген кыз чоңоюп бой жетип, коңшу айылдагы жылкычы жигит менен таанышып, сүйлөшүп, келечек турмуш үчүн сөз бекитишет. Кыздын шайыр, шайдоот, жанга жагымдуу жароокер жеңеси бар эле. Кайын сиңдисинин тилегине кош колдоп кошулат. Жылкычы жигит кыздын жеңеси менен таанышып, чаначтап кымыз артынып келип, Мистекан менен кездешип турат. Кыздын атасына колунда бар бай адам келип, кудалашууга сөз бекитет, ортодо калың үчүн малдын баасы бычылат. Бул окуяны Мистекан менен сүйлөшкөн жигитине төкпөй-чачпай кабарлайт, ортодо жүргөн жеңе. Келечекки кыз-күйөөнүн максат-тилегине жеңенин күйөөсү да кошулат. Күтүүсүз кудалашкан тарап, келинин алып кетмекке кудасына дүпүрөп түшүп калышат. Кыздын жеңеси жылкычы жигитке киши чаптырат. «Ашыгымды бирөөгө алдырып жибергенче өлгөнүм артык» деген жигит, эки чанач кымыз артынып, түнү менен жеңеникине түшөт. Эне байкуш кантсин, кудалашкан тарапка (абышкасынын акылынан чыкмакпы) тартып, кызын ошолорго ылайык көрүп, ал үчүн бар амалын кылат. Жылкычынын келерин алдыртан сезген эне, ажаан эки итин босогого байлайт. Эшиктин керегесине тулганы илип, дагырага таш салып, тулганын бутуна чырмайт. Шалдырт-шулдурт түшсө, шаша туруп чуркоого даяр абалда болот. Мистекан катуу кайтарууда калган. Кемпир абышкасына төшөк салып, өзү колуна көсөө кармап, очокту улам которумуш болуп уктабай отурат. Окуяны байкоого алган жеңе амал табуунун үстүндө баш катырат. Чыдай албай үй артына келип кайненесине кайрылат:

— Ой, апа, барсызбы?!

— Ооба, бул ким? Бармын.

— Келиниңмин.

— Ии, эмне кылат элең?

— Айылдан кымыз келген экен, ооз тийиңиз.

— Бузуку, анткор, туз ургур! Кызымды бузуп, үйүмө бүлүк салган атасың — деп жемелеп кирет кемпир.

Келин сөз кайыра албайт. Окуяга тымызын ортоктош болгон жылкычы:

— Жеңеке, мага караан болуп бер, калганын өзүм жайлайм, — деп, айылдан обочороок аттарды байлаштырып, шамшаарын колуна кармап, кыз жаткан үйгө келет. Босогодо байланган ажаан дөбөттөр «арр» деп качыра берет. Жигит акылынан адашпай,

көгөндө байлануу козулардын бирин жара тартып, тең бөлүп, эки итке ыргытат да, иттерди байлаган жипти кыркып жиберет. Мистекан сырттагы окуяны тыңдап жаткан. Энеси кээде үргүлөп кетип, кээде ойгоно калып, уйкуга карамыгып калган.

Мистекан жаткан үйдүн тушундагы туурдук чийди канжары менен тилип, жигит кереге саканагын өйдө көтөрөт. Кеңиген эки ууктун ортосунан Мистеканды сыртка сууруп чыгат. Тилинген туурдук чийдин ордун жаап, Мистеканды колунан жетелеп, аттын жанында калган жеңеси менен акесине келет. Алар аттардын чылбырын кармаган тейден уктап калышкан. Кубанышкандан ыргып туруп, ыйлап бирин-бири өпкүлөп, эки жашка бакыт каалап ар кимиси өз жолуна түшөт. Жылкычы Мистеканды өңөрүп үйүнө сапар алат. Аке менен жеңе эч нерседен кабары жок, билмексен, көрмөксөн түр көрсөтүп, уктамыш этип жатып калат. Тагдырдын буйругу менен Мистекан сүйгөн жигитинин келинчеги болуп кол кармашып, чоң турмушка багыт алат.

Энеси эртең менен ойгонсо, кайтарган кызы жок. Үйдүн туш тарабы тилинген, кереге бир жагына кыйшайган. Кемпир көсөөсү менен күл сабап, күчүн көз жашынан чыгарат.

Эл бар эмеспи, жигиттин туугандары ынтымакка келип, кудаларды кол кармаштырат. Эки жаштын тилеги орундалып, бири ата уулу, бири эне келини, ортодо очок, от күйгөн үй-бүлө болот. «Мистекан» күүсүнүн баянын жарыялап, угармандын моокум кандырган Мурсалы Турсунбаев комузчу.[26]

## «Куурчак катын Корсоной»

Атактуу сурнайчы Күрөңкөй мезгилинде элге кеңири тараган тамашалуу күүлөрдү чоорго салып, угармандарын күлкүгө бөлөчү экен. Ошондой күүлөрдүн бири «Куурчак катын Корсоной». Жалкоолугу жанда жок, мурдун балта кеспеген, калп айтып жөтөлгөн, «бою бир карыш, чачы жүз карыш» дегидей, байдын кызын эр албай «кара далы» аталып кайсалап жүрүп, акыры айласы куруганда күйөө издеп чыгыптыр. Аз жүрдүбү, көп жүрдүбү, алдынан көбүгүн буркулдатып, төрт аягын тең таштаган Ойсул-ата жаныбарды кайтарган төөчү жолугат.

Төөчү: Куурчак катын Корсоной,
Кайда кетип барасың?

26 Буудайбек Сабыр уулу. Эл шайырлары. – Ф., 1980. 120-121-беттер.

Корсоной: Эрге тием, сен алсаң,
Эмне кылып багасың?

Төөчү: Жазда төөнү тососуң,
Баяс чепкен согосуң.
Буйла эшип, чом жасап,
«Ойсул-эне» болосуң.
Ингендерди саайсың,
Ботолорду байлайсың.
Шубат деген суусундук,
Жайы кышы жасайсың.
Этин жесең, өркөч бар,
Сары жүрмө ашайсың...

Корсоной: Сага тийбейм дегеле,
Кир экенсиң эң эле.
Как талаада төө айдап,
Жүрө албаймын жөө айдап.

Төөчү: Бул эмне дегениң?
Бир үйүр төө беремин.
Буура минип, согумга,
Булчуң этти жегениң.

Корсоной: Тийсем сага бит талап,
Төө үстүнөн ит кабат.
Элечегим кир болот,
Этек жагым кан болот,
Эки бетим чаң болот.

Корсоной андан ары сапарын улайт. Жолунан бука минип буртулдаткан, чүлүгүн тартып мурдун кайкалаткан, букасы өкүрүп жер челген уйчуга жолугат.

Уйчу: Куурчак катын Корсоной,
Кайда кетип барасың?

Корсоной: Эрге тием. Сен алсаң
Эмне кылып багасың?

Уйчу: Уй саап, каймак жыясың,
Сүзмө, курут кыласың,
Жайы-кышы иштейсиң,
Айран, жуурат жутасың,

Атала-жарма ичпейсиң.
Тиесиңби, не дейсиң?

Корсоной: Уй саап, оокат кылбаймын,
Убарага калбаймын.
Сайгак кууган уюңду,
Саздан издеп барбаймын.
Аппак колум чор кылып,
Алдын тосуп, саабаймын.

Корсоной андан ары жөнөйт. Айгырын азынатып, алдыңкы буту жер чапчып, «баш көйрөң» жылкычыга жолугат («баш көйрөң» — жылкычы, «орто көйрөң» — отунчу, «аяккы көйрөң» — айылчы деген элде кеп бар).

Жылкычы: Куурчак катын Корсоной,
Кайда кетип барасың?

Корсоной: Эрге тийем. Саа барсам
Эмне кылып багасың?

Жылкычы: Кыл түйдөктөп, нокто эшип,
Чыңыртып кулун байлайсың.
Казы, карта, жал шимип,
Кымыз ичип чардайсың — десе.

Корсоной: Баккан жылкың тоонуку,
Айдап кетсе жоонуку.
Айгырындай ала өпкө,
Акмак болот жылкычы.
Кан чыкпаган кессе да
Каткан болот жылкычы.
Бээң саасам бел ооруйт,
Аркан эшсем, кол жооруйт.
Сага тийсем кор болом,
Сайпанасың оңбогон.
Байлап койгон атыңдын,
Башы чыкпайт дорбодон.
Куугун жүрүп, жылкы уурдап,
Кур калбайсың олжодон.

Корсоной андан ары сапарын улантат. Чолпон-ата жаныбарды чой-чойлоп айдаган, минген уюнун мурдун чүйрүйткөн койчуга жолугат.

Койчу: Куурчак катын Корсоной,
Кайда кетип барасың?

Корсоной: Эрге тийем. Саа барсам
Эмне кылып багасың?

Койчу: Козу байлап көгөнгө,
Кой саап, айран кыласың.
Эжигей, курут, сары май,
Куржун толо жыясың.
Жүн тытып, ийик ийресиң,
Кеч жатып, эрте турасың.
Баглан козу, бал куйрук,
Балдай шимип тунасың.
Малды баксаң, койду бак,
Колуң кетпейт чарадан.

Корсоной: Жылкы айдаган шаң көрөт,
Уй айдаган таң көрөт.
Кой айдаган чаң көрөт.
Кепеге коюң бактырбайм,
Кенеге этим чактырбайм.
Аппак бетим чаң кылбайм,
Ак элечекти кир кылбайм,

— деп, ага да каяша айтат. Ийри тумшугун былкылдаткан, узун куйругун чубалткан, адал менен арамды ылгабаган, уурулукка маш, тынч тура албаган, көздөрү жылтыраган, көрүнгөн жерде кылдыраган Келемиш баатырга жолугат.

Келемиш: Адам байкуш салпактап,
Дүйнө жыят тамтаңдап.
Таңдан-кечке тартактап,
Тактай тилет эки акмак.
Оңой эмес мал тапмак,
Оңой эмес жан бакмак.
Чеке терди тамызбай,
Биз, уурдап жейбиз баарысын.
«Асыл» деген мүлк-оокат —
Биз кемиребиз анысын.
Тийсең, мага тиесиң.
Адамдардын жыйнаган,
Асыл киймин киесиң.

Чарчы бойду караба,
Чабал го деп санаба.
Чамам жетет, кам жебе,
Чаң жугузбай багарга.

Корсоной: Алаканым жоорутпай,
Ак билегим оорутпай.
Элечегим кир кылбай,
Эндик бетти чаң кылбай,
«Ичсем-кийсем» дечү элем...
Илгиртпей таптың оюмду,
Издегеним табылды,
Чак келтирип боюмду, – деп,

Корсоной Келемишке келин болууга көнгөн экен.

## «Жылкычы менен жеңеси»

Биздин заманга жаңырыгы гана жетип, улуу муундар унута баштаган, кичи муундар элес албаган күүлөрдү таап, өнөрпоз ата-бабаны эскере жүрсөк – өткөн тарыхка күбө болгонубуз. Ошондой унутта калган күүлөрдүн бири «жылкычы уул менен жеңенин айтышы». Суусаганда коюу кайнаган чайдан ууртап, тамагы кургаганда, сары май сапырып, кылкылдата кымыз жутуп... күндөп-түндөп кернай-сурнай тарткандан тажабаган Орозбак уулу Күрөңкөйдүн дагы бир күүсү «Жылкычы менен жеңесинин» кайым айтышы болгон.

Жылкычы жигит жаңы келген жеңесине көз артып, көңүлдөш болсом дегенде ак этменден так этет. Кай бирде жылкы четинде жүрүп чоорун тартып, жеңесинин жүрөгүнө чок бүрксө, кай бирде бээ саамында жүргөн жеңесине жем баштыгын ыргытат.

Жылкычы: Тору айгыр үйрү топ жылкы, жеңе ай,
Тосуп бир салып, мен келдим, жеңе ай!
Топум гой менин бир мейиз, жеңе ай,
Сага бир тартуу деп келдим, жеңе ай!

Жеңеси: Тору айгыр үйрү – топ жылкың, уул ай,
Топ-ашыңа союлсун, уул ай!
Топуң гой менен бир мейиз, уул ай!
Доораныңа коюлсун, уул ай!

Жылкычы: Кара айгыр үйрү, көп жылкы, жеңе ай,
Кайрып коюп мен келдим, жеңе ай!
Калпагым менен бир мейиз, жеңе ай,
Сага бир тартуу деп келдим, жеңе ай!

Жеңеси: Кара айгыр үйрү көп жылкың, уул ай,
Кара ашыңа союлсун, уул ай!
Калпагың менен бир мейиз, уул ай,
Жаназаңа коюлсун, уул ай!

Жеңесинин жообуна териккен жылкычы жылкыларын айдап, мейизин канжыгасына байлап, көз көргүс, кулак уккус жакка кеткен экен. Жеңеси кийин жаңылганын сезип, жылкычы уулга арнап, ыр чыгарып, чоор күүсүнө салган:

Жеңеси: Тору айгыр үйрү – топ жылкың, уул ай!
Тосуп айдап келсеңчи, уул ай!
Топуң менен бир мейиз, уул ай,
Томсортпой эми берсеңчи, уул ай!
Кара айгыр үйрү – көп жылкы, уул ай,
Кайрып коюп эми кел, уул ай!
Калпагың толо мейизди эми,
Какшатпай мага берсеңчи, уул ай!

## «Мас күйөө»

Күү устаттары Муратаалы, Карамолдо, Ыбырай, Чалагыз баштап, түндүк комузчуларына кеңири тараган күүлөрдүн бири – «Мас күйөө». Өктөбүр төңкөрүшүнүн аржак-бери жагы чыгар. Окуя Нарын жакта болот. Эки жаш үйлөнгөнүнө анча деле убакыт өтпөсө керек, күндөрдүн биринде жигит кайындарына учурашканы барат. «Күйөөнү пайгамбар сыйлаптыр» деп, кыздын ата-энеси, туугандары мейманды колдон келишинче сыйлайт. Баглан козунун эти, бал кымыз күндөп-түндөп күйөө баланын алдында. Эртеден-кечке эрмеги – кылкылдата кымыз жутмай... Акырында бал кымызга ала күү болуп, кызып алат да, акыры мас болуп калат. Күн кечтеп калган. Кызуулукка алдырган эргул күрпүлдөп агып жаткан дарыяны кечип өтүп үйүнө кетмек болот. Жеңелери: «Дарыянын түрү жаман, суу кирип турат, тилсиз жоо менен ойнобо. Жатып алып эртең кет» дегенине болбой, Карагерди такымга басып, суугa кирет. Кирген жерде дарыянын толкуну ат соорусунан аша берет. Өйүзгө жетпей ат мүдүрүлөт, үстүндөгү жигит суугa агып

жөнөйт. Калпагы кетет, күрмө чепкени кетет, ажалы жок экен, дүмүргө илинип, көйнөк-ыштанчан шөмтүрөп өйүзгө чыгат. Көрүп тургандар жакаларын карманып, күйөө баланын аман калганына сүйүнүшөт, кээси күйөө баланын кебете-кешпирине боору ката күлүшөт. Жеңелердин бири темир ооз комузун алып, тамашага чайып, отурушта мас күйөөнү күүгө салган экен:

Күйөө бала теңсел,
Берки өйүзгө келсең.
Ат агызган дайрага,
Агып кетти калпагың.
Мастык деген — азгырык,
Кетүүгө арга таппадың!
Эми, айылыңды көздөй качпагын!

## «Келиндин кошогу»

Түштүк Кыргызстанда бир жигит күйөөлөп барып, кыздын тою түштү. Он беш күндөн кийин ал аттан учуп өлдү. Келинди эки кемпир колтугунан жөлөп, ошондо кошкон кошогу:

Аттув кетип журтудан,
Жүйөв келген бар бекен?
Экөв кетип журтудан,
Бирөв келген бар бекен?
Айрымачка мингизип,
Алып келген бар бекен?
Алты када төрт байлап,
Салып келген бар бекен?
Ашыктув жилик арам эт
Алганың алты ай болбостон
Калып бир кеттим, кара бет.

Көйнөгүм алды сүзүлбөйт,
Көнчөгүм бов үзүлбөйт.
Конгон да журттан көчө элек,
Келинчек атым өчө элек.
Келинчек атым өчүрдүң,
Бой! Бой, аа!
Тул катын атка көчүрдүң![27]

27 Жээнбай Мукамбаев. Эл ичи — өнөр кенчи. — Ф., 1990. 91-бет.

## Короо күзөткөндө

Аксы деген жерде тоо булбулу Токтогулдун устаты Ниязаалыга жолуксам деп дегдеп жүргөнүмдө 1936-жылы эл чыгармачылыгынын биринчи олимпиадасы болуп, Калмурат, Барпы, Токтобек, Өскөнбай сурнайчы, Молдобасан манасчы менен он чакты күн бир бөлмөдө туруп калдык, – деп эскерет Шекербек Шеркулов. Кайран Ниязаалы сексенге барып калган экен, бирок сынынан кетпептир. Комузду түрлөнтө ойнойт. Жарыктык, ушунчалык бешенеси жарык, сүйкүмдүү, билген өнөрүн элге чачып берүүдөн аянбады. Билегин шымалана түрүп, «өлмөк бар, тирилмек жок, жашоодо күү угууга не жетсин? Бул күүнү «Короо күзөтүү» дейт. Илгери түнүндө короону кыз келиндер күзөтүшчү. Алар үргүлөп отурушчу эмес. Таң атканча тамаша салып, «бекбекей» айтып, тараза жылдызды батырып, бири казанды алып чыкса, дагы бири майын көтөрүп келишчү. Төш, шыйрак, ичеги карынды казанга салып, каламаны калыңдап, жупканы жука жайып, каттаманы кабаттап баш таңышчу. Тегерек тартып отуруп, темир комуз кагышчу.

«Айдак» ээй, «айдак» ээй,
Карышкыр койго тийбесин,
Семиздерин илбесин.
Салыйма, Калыйма,
Сак бол ай, сак бол ай!
Саксагай качты, сай ашты, ээй!
Санына саадак жарашты, ээй!

Темир комуздун кайрыктары сыбызгыганда теребел кулак түрө мемиреп, айлана ырахатка балкып, кыз-келиндердин кылыктары чыгып, короодо койлор жуушап, ууру-бөрүлөрдүн жолу буулуп, умсунуп үйлөрүнө кайтышчу экен.[28]

Акындардын төкмөсү, аспапчылардын чебери атактуу ырчы Алымкул чоң сахнада саанчы келин Сайрагүлгө салам жолдогону унутта кала койбос:

## «Саанчы келин»

Сыймыгы экен жергемин,
Сүт көлүн элге бергениң.
Баарынан кымбат эмеспи,
Баа жеткис кылган эмгегиң.

28 Балбай Алагушев. Кылымдардын кылдары. – Ф., 1983. 27-бет.

Даңкыңды угуп алыстан,
Фермаңа келип көргөмүн.

Асыл тукум бакканың,
Ардактуу кесип тапканың,
Балкыта бер дайрадай,
Бал-каймактын аппагын.

Бедери кымбат сүйгөнгө,
Баркың кымбат билгенге.
Саанчы келин Сайрагүл,
Салтанат сый силерге.
Куттуктап тосуп аламын,
Съездге өзүң келгенде.[29]

## «Ак Бегай»

«Ак Бегай» күүсүн Болуш Мадазимов мындайча баяндайт: «Бул биздин Баглан айылыбызда болгон окуя. Ата Мекендик согуш мезгили. Колхоз аралык жолдорду оңдоо маселеси кызуу жүрүп жаткан. Техника деген үч уктасак түшкө кирчү эмес. Азыркы экскаватор, грейдер, бульдозер, трактор дегендерди көрмөк тургай, кулагыбыз укчу эмес. Каранып-карманганыбыз: күрөк, кетмен, чукулдук, чоко… Кол күчүнө салып, жол чаап жатабыз. Ошондогу Бегай эженин эмгегин эмнеге теңээримди эмдигиче билбейм. Замбил менен топурак ташыганда «менмин» деген жигиттер тең келе албай чабалактап калчу. Айрымдары намыстанып, Бегайга жупташ иштегенде, бир саатка чыдабай колдору жооруп, коржоюп отуруп калышчу. Бегай «чарчадым» дебей, 17-20 жигитке татыган жумуштун аягына чыгып, анан бир аз эс алат. Көк-Бел деген жерибиз, азыр Конзавод деп аталат. Көк-Белге чыгып караганда Наглан талаа созулуп жатат. Ошол жерде Бегайдын изи калган.

Көк-Белге чыгып карасам,
Көрүнөт Наглан даласы.
Артыкча сүйкүм элестейт,
Ак Бегайдын карасы. –

дешип, акындар ыр чыгарып, топ жыйында ырчылар обон созоор эле. Ырдын мааниси: стахановчу Бегайдын образын ачып, эл-журтуна атагын чыгарып даңазалоодо жатат. Мен да түштүктүн

29 Алымкул Үсөнбаев. Аксы багытында: Ырлар жыйнагы. – Ф., 1962, 19-бет.

мотивине салып, эки-үч кайруу менен Ак Бегай эженин образын ачууга аракет кылып, күүгө салган элем (Болуш Мадазимов менен болгон маектешүүдөн, 1991-жыл, сентябрь айы).

## «Күкүш»

Куудул комузчу, элдик ырларды аткаруучу, ырчы катары таанылган Бөжөй Шадыканов бир кезде артист болуп, театрдын, филармониянын сахналарында «Күкүш» аттуу күүсү менен угармандарды күлкү-шаттыкка бөлөп келгени белгилүү. «Күкүштүн күлкүсүн» кийинки жаштардын эсине салалы:

Жазгы жамгыр болбосо,
Жашыл гүл кайдан бүрдөсүн?
Жыргалдуу турмуш болбосо,
Жаш келин кайдан гүлдөсүн?
Ышкылуу жамгыр болбосо,
Кызыл гүл кайдан бүрдөсүн?
Кызыктуу турмуш болбосо, ой!
Кыз-келин кайдан гүлдөсүн?
Жаным ай!
О-о, жаным!
Күкү-үш!
Эпкиндүү! Ударник! Стахановчу!
Ордендүү Күкүш!...
Аман-эсен барсыңбы?
О-оо, и-ий!
Анан, кыз-келин кайдан гүлдөсүн, о-оой!

«Күкүш» аттуу чыгарманы элеттик эл шайыры Бейшен Бакиев да жетер жерине жеткире аткарганын айылдаштары күнү бүгүн эскерип келет.

## Келинге берилген бата

Кетмен-Төбөдөгү эски базар. Күздүн күнү. Коргоол да базарда. Сүрдүккөн элдин шары менен баратып Коргоолдун оң бутундагы көлөшү ылайда батташып, кала берет. Ошондо акын секиге отура калып, койнунан комузун сууруп чыгып, ары-бери өткөндөргө жарыя кылат:

Оо, коргондогу көпчүлүк,
Коргоолго кулак салгыла!
Анжыян барып апкелген,
Алтынчы көлөш жоголду.

Жети эле сом баасы,
Жетим калды маасы.
Алты эле сом баасы,
Апасыз калды маасы…

Толмочунан келген кызыл жүздүү келин нары жактан басып келип, баштыгын ачып, ичиндеги көлөштү акынга көргөзүп:

– Аба, мына бу көлөштү ылайда жаткан жеринен таап келдим, сиздики болуп жүрбөсүн? – деп, уялыңкы суроолуу карайт. Акын келинге ыраазычылык билдирмекке куйкум ырын улантып, ак батасын арнап жаткан жери:

Баракелде-е, келиним,
Бар турбайбы желиниң.
Барбайган уул төрөп ал,
Бар кезде күчү белиңин…

Коргоолдун ким экенин билбей, келин көлөштү акындын астына жылдырып, батасынын аркы жагын күтпөй жыла басып кетет. Ыйбалуу келиндин мүнөзүнө ыраазы болуп, Коргоол карап тургандарды күлкүгө бөлөп, көлөшүн тиктеп, ырын улайт:

Арам өлгөн сен көлөш,
Адашып кайда жүрөсүң?
Азгырганы жүрсүң го,
Алда кимдин бүлөсүн?

*(Токтосун Тыныбековдун эскерүүсүнөн, 1993-жыл.)*

## «Кантың бар»

Шаршен Термечиковдун домбра коштогон ырларынын бири келбеттүү, сулуу келиндердин бири Дилбарга арналган:

Ыстаканда кантың бар,
Ыргаласың баркың бар.
Ыргаласың, жыргаласың,
Ышкылуусуң талпынган.

Бияладa чайың бар,
Билимдүүлүк жайың бар.
Билимдүүсүң, илимдүүсүң,
Бирге жүрсөм артыңдан.

Чайга салган кантың бар,
Чайкаласың, баркың бар.
Чайкаласың, жайкаласың,
Чама жетпес шартың бар.

Баласыңбы жулкунган,
Балапансыңбы булкунган.
Баркыңыз бар, жалтылдайсыз,
Ар ким ашык сыртыңдан.

Артык жансың кулпунган,
Атпай кыргыз журтумдан.
Ар убак сизди ойлосом,
Алаксып турам уйкумдан.

Келсеңчи...
Жүрсөңчү...
Ойносоңчу, күлсөңчү...
Ой, ашык, Дилбарым ой!
Көңүлүм сенде жыргалым!..

**Сөз соңунда:** жаш куракта уул-кыздар, жигит-келиндер, бозой-селкилер жана алардын шаан-шөкөт, оюн-тамаша күлкүлөрү аспаптык күүлөрдө кандай чагылдырылып келгенин учкай болсо да айтып өттүк. Бул кыйыpсыз чоң тема. «Аял бактысы үй-бүлөдө. Токол болсом да бактылуу үй-бүлө күтүүнү самайм. Эки аялын алчактатып, балдарын багууга ойношумдун күчү жетет» — дейт «Агым» газетасына жазган Венера аттуу этеги ачык келин. Анын бул сөзүнө жооп узаталы.

Эгемендик заманда жан багуу айынан жаштар чет өлкөлөргө агылууда. Айрыкча кыздарга кыйын болду. Базардан өткөн келиндер эмес, наристе сойкулукка ооп барат. Ааламдаштыруу замандын алай-дүлөйүнө алар канткенде турууштук берет? Алдыдагы чоң суроо ушул. Венеранын оюна кошулуп, көп никелүүлүк мыйзамына жол ачуу керекпи? Анда ар-намыстуу, абийирдүү, ыймандуу салтты канттик? Ойношуң менен жерге кир! Ойнош күтпөй эле, эч ким менен жүрбөй эле социализм заманында «баатыр эне» болгон

ардактуу, урматтуу, касиеттүү энелер арбын эле. Бул эмне болгон заман? Арты өкүнүчтүү, алды туюк, Калыгул олуя айткан бузулган заман! Демек, мындай заманда улуттун абийири, ар-намысы, тагдыры, тарыхы «келин-эненин» колунда. Турмуш соккусуна чыдап, кыз алган күйөөсүн, үй-бүлөсүн, ата-энесин сыйлаган абийирдүү аял болгула демекпиз Венерадай ойношчул келиндерге!

**Радионун музыкалык «Алтын казынадагы» «Келиндер» темасына арналган күүлөр:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Келиндердин кер толгоо | 368 | 3'51 | Карамолдо Орозов |
| 2 | Келин шыңгырама | 3582 | 3'05 | Жөлөгөн Чымырбаев |
| 3 | Кыз-келиндин кара өзгөй | 9813 | 3'51 | Өзбек Алымкулов |
| 4 | Келиндердин кербези | 1801 | 2'14 | Усубалы Казаков |
| 5 | Келиндердин Керме-Тоо | 2661 | 2'01 | Асылбек Эшманбетов |
| 6 | Келиндердин обону | 3021 | 1'40 | Жылчый Курманкожоева |
| 7 | Келиндердин күүсү | 9643 | 3'44 | Асанаалы Кыштообаев |
| 8 | Келиндердин күйгөнү | 6558 | 1'05 | Бүбүталип Тилегенова |
| 9 | Келиндердин жайкама | 9205 | 2'18 | Бөжөй Шадыканов |
| 10 | Келиндердин шаңдуу күү | 9782 | 1'30 | Бабажан Токтогулов |
| 11 | Күйөө бала теңсел | 6836 | 2'35 | Кенжебек Садырбеков |
| 12 | Келиндердин короо кайтарганы | 3369 | 2'50 | Эркесары |
| 13 | Ой, жеңе! | 8192 | 2'35 | Жумалы Сейдалиев |
| 14 | Саанчы келин | 2806 | 3'10 | Ыбырай Туманов |
| 15 | Бир келиндин элеси | 9844 | 4'55 | Казакбай Абдышев |
| 16 | Кызылчачы келинге | 1015 | 1'30 | Абдырашит Бердибаев |
| 17 | Кызылчачы келинге | 146 | 3'15 | Бектемир Эгинчиев |
| 18 | Кыркындагы келинге | М.500 | 3'10 | Асек Жумабаев |
| 19 | Мас күйөө | 3048 | 1'52 | Ыбырай Туманов |
| 20 | Пахтачы келинге | 310 | 2'20 | Асек Жумабаев |

# ЖАШТЫК

Мезгил закымы бар: күндөр өтөт, айлар алмашат, жылдар жылат. Өмүр чиркин өз ордунда турбайт. Ымыркай телчигет, тестиер эр жетет. Балалыкты баарлагандар жалындаган жаштыкка кол сунат. Жаштык да жайбаракат өтпөйт. Умтулуулар, удургуулар, сүрдүгүүлөр... анан барып карылык... Ошентип, өмүр чиркин өтөт да кетет.

Секелек кыз селки болуп, бойго жетип, бирөөнүн босогосун аттап, келин болот. Кыз бала ата-эненин колунда, коломтонун корунда агаларына «карындаш», эжелерине «сиңди», жеңелерине «кызыке», жезделерине «балдыз» болуп, кезеги келгенде «жубай», улууларга «келин», кичүүлөргө «жеңе» болуп, бала төрөп, «энелик» милдетти аткармай. Кыз баланын тагдыры татаал да, катаал да.

## Жаш курак

Абийирдүү, ар-намыстуу, адептүү, улуттук салт-санааны сап кармай алган кыздар келин болуп келген жерине батмак, кайындарынын, туугандарынын сыйын татмак, бара-бара кас элечек кийген касиеттүү байбичелердин катарын толуктамак. Элге кызмат өтөгөн зайыптар эч качан калкынын урматынан четте калбайт. Жаштыкка жарашык берген бозойлор, толукшуган селкилер жөнүндө акылмандар канча сынаакы насааттарды айтпады. Андай кызматтан күүчү, обончу, аспапчылар четте калбайт эмеспи. Айрымдарын эске салалы.

## «Жаш кыял»

Тоо булбулу Токтогулдун жаш кези. Бир жолу топ жыйында толукшуган айчырайлуу кызга көзү түшүп калат. Токтогул сүрөттөгөндөй сулуунун келбети: «атка салган дилдей, ачылган кызыл гүлдөй». Акын ыр нөшөрүн жазгы жамгырдай төгөт:

«Бетегелүү майданым,
Бейли жакшы жайдарым
Көлөкөлүү майданым,
Көөнү жакшы жайдарым...»

Кыз тараптан негедир кайдыгер мамиле. Кур дегенде акынды кылчайып карап койсочу!

«Букардын тоосу бурулуш,
Бурулуп учат улуу куш.
Бурулуп мага карап кой,
Муңдууга салбай кыйын иш»

Амалы түгөнгөн ырчы сулуунун атынан чакырып, ага арнаган күүсүн тыңдап коюшун өтүнөт:

«Токтогул черткен «Жаш кыял»
Тыңдасаң боло Алымкан.
Ак шайы жоолук колго алып,
Булгасаң боло, Алымкан!..»

Алымкан акырын жер алдынан карап, Токоңдун күүсүнө кулак төшөйт. Кайран Токоң ырдайт, кайрыктар сыздайт, жаш жүрөк зарлайт, муңканат. Айтылуу Алымканга арналган «Жаш кыял» ушунтип жаралган.

## «Жаш тилек»

«Кыргызстанда орус музыкасынын он күндүгү өтүп жаткан. Ага катышуу үчүн Россия Федерациясынан аткаруучулардын, композиторлордун, музыковеддердин Д. Д. Шостакович жетектеген чоң тобу келген. Алар топ-топко бөлүнүп, республиканын райондоруна концерт койгону кетишкен. Меймандардын бир даары Ысык-Көлдүн Сан-Таш өрөөнүндө ачык талаада концерт берип жатышты. Чабандар, жылкычылар, уйчумандар, жакынкы айылдардан келген колхозчулар көк шибердин үстүндө, кээси ат үстүндө, дагы бирөөлөрү жүк машинанын үстүндө ыкылас коюп угуп жатышат. Алдыңкы катарда улгайып калган аксакал отурган: кең далылуу, олбурлуу, алыбеттүү, москоол, бакжагай, жүзү жылдыздуу. Сакалы экиге бөлүнүп, сыдырым желге сеңселет. Башында ак калпак. Шостаковичтен көзүн албай күлүңдөйт. Бул Ыбырай Туманов эле. Ошондо 80 жашка барып

калган. Ыбырайдын аты аталып, эстакадага чакырылып калды. Ал комузу менен машинанын үстүнө чыгып келди да, орундукка отуруп, шашпай «Жаш тилекти» черте баштады. Жай, ыргактуу, бейпил күү курчап турган жайлоонун жазгы жаратылышына куюлушуп кетти. Музыка жүрөк толкутуп көңүлдү эргитти... Мен Ыбырайдын күүсүн Шостаковичтин «Тынчтык жөнүндөгү ырына», Мураделинин «Бухенвальд коңгуроосуна» удаа жыргап уктум...» деп жазган музыковед В. Виноградов.[30]

«Ыбыкем көлдүн башынан,
Ышкылуу чыккан жашынан.
Күүлөнүп комуз черткенде,
Күүлөрү суудай ташыган.
«Жаш тилек», «Кеңеш», «Жыргал күн»,
Жайнаткан күүнүн мөмөсүн.
Окшошпойт бири-бирине,
Ойлордун берет элесин.
Олбурлуу, москоол, чоң киши,
Опол тоого тең киши».
*(Эстебес Турсуналиев)*

Ыбырай «Жаш тилекти» 1920-жылдары чыгарган. Бул Өктөбүр төңкөрүшүнүн жеңиши менен кедей-кембагалдардын заманы орноп, кылымдар бою көчмөн турмушту баштан кечирген кыргыз эли отурукташууга бет алган учур эле. Илим-билимге умтулган жаш өспүрүмдөр тоодон түшүп, мектеп босогосун аттай баштаган. Ар кандай адистикке ээ болуу – ал кездеги жаштардын көксөгөн тилеги болгон. Ыбырай черткен комуз кайрыгындагы «Жаштардын тилегин» акын Абдрасул Токтомушев поэзия тилинде мындайча берген:

Көчө бойлоп,
Кээде ойноп,
Кыт-кыт күлүп,
Катар жүрүп

Келе жатты үч бала. Анын бири:

«Чөлгө барып,
Канал салып,

30 В. Виноградов. Кыргыздын элдик музыканттары жана ырчылары. – Ф., 1974. 57-бет.

Суу чыгарып,
Жер сугарып...»

Инженер болууну самайт. Катарындагысы:

«Көрөсүң сен,
Чоңойсом мен,
Москвага барамын.
Окуп-окуп ...
Көз жетпеген
Сонун үйлөр саламын...» –

деп дегдейт. Үчүнчү жеткинчектин тилеги:

«Мен да толом,
Учкуч болом.
Көккө тийип,
Өтө бийик,
Ай алдында
Алыс учуу тилегим».

Мындай ак тилекти самабаган, кыялданбаган ал кездеги жаштарды элестетүү кыйын. Ал жаштардын тилегин жарыя кылган көркөм чыгармалары жаралганынан бери канчалаган айлар-жылдар алмашты. Заман ала салды. Андагы өспүрүмдөр ак сакал карыя, ак элечек байбиче болгон. 30-жылдардагы айрыплан азыр ат чегилген арабадай сезилип калган. Бүгүнкү жаштардын эңсегени: Космос, Ай, Жылдыз, Асман...

## Таң атарда боз салкын

Асман тиреген аппак тоолордун чокусуна жарык шоола сепкен Ай нуру батып барат. Чыгыштагы көшөгө түрүп, жээк салган Күн нуру кылтыйып чыгып келет. Кең талаада айдарым жорткон салкын жел. Желге ыргалып бий бийлешкен түмөн түркүн гүлдөр. Таңкы шуудурумгө киринген көк шибер, төбөдө тил безеген торгой, тал-теректе таңшыган булбул, жогортон төмөн шылдырап аккан тоо булагы... Кыйма-чийме из салган төтө жолдор, коңур салкын жел жорткон кокту-колоттор, таман алдындагы борчук таштар, тал түбүндөгү күүгүм элестер, «керемет дүйнө» ушу го чиркин! Үрүл-бүрүлдөгү, таламандын тал түшүндөгү, көз байланган күүгүмдөгү белгилерди чыныгы чыгармачыл талант гана кармай алмак, талдай

алмак, баамдай алмак, анан угармандарына, көрармандарына жарыя кылмак.

Ыбырайдын көз алдында, жадымында калган ошол көрүнүш «Таң атардын боз салкын» деп аталып, ошол учурду баарлаган жаштардын кужурмөн эмгегин күүгө салган. Ал күү атпай журтка белгилүү «Таң атарда боз салкын» аталып, такай чертилип келет. «Боз салкындын» авторун бала күнүмдө катардагы угарман катары баамдасам, бара-бара күү өнөрү жаатында ой бөлүшүп, сыр тартышкан жагдайларым бар.

«Боз салкынды» чертер алдындагы автордун айтканын сөзмө-сөз келтирейин: «Бул күү – «Таң атарда боз салкын» деп аталат. Иштесе ишке, күлсө күлкүгө тойбос жаш курак. Боз кыроону аралап, шүүдүрүмдү кечип таңкы үрүл-бүрүлдө колхоз талаасын шаңга бөлөп эмгектенген улан-кыздар кечинде шатыра-шатман ыр бий менен колтукташып үйлөрүнө кайтышат.

«Таң атарда боз салкын,
Талаа толгон карк алтын.
Эртелеп ишке чыгалы,
Жыргалдуу ушул заманда.
Эпкиндүү эмгек кылалы».

Колхоз курулушу жаңы түптөлүп жаткан 1930-жылдары жаратылыш жарчысы «Таң атардагы боз салкын» керимсели комуз кылында жорто баштап, комузчулардын, темир комузчулардын, музыкалык оркестрлердин, ансамблдердин репертуарын толуктаган.

1958-жылы Москвада өткөн кыргыз адабияты менен искусствосунун экинчи декадасында москвалык музыка сүйүүчүлөргө кыргыз эл аспаптар оркестри тартуулаган чыгармалардын ичине «Боз салкын» күүсү да киргизилген.

«Боз салкын» ыр бий ансамбли жаралып калган убак. Күндөрдүн биринде радионун кулагын бурай салсам, Карамолдо черткен «Насыйкаттын» обону аккардеондун коштоосунда ырдалып жатат. «Карамолдонун шадылуу манжаларындагы сыйкырдуу кайрыктардын коңур үнү, мукам добушу аккардеонго бап келгенин кара» – дедим ичимде.

Көрсө, кылдагы «Насыйкатты» тилге келтирип текстин даярдаган акын Акбар Рыскулов аны обонго созуп, вокалдык жанрга айландырган белгилүү обончу Түгөлбай Казаков экен. Музыка тарыхындагы бул жаңылык угармандар тарабынан жылуу

кабыл алынып, Кыргызстандын булуң-бурчуна чагылгандай тез тараган.

1980-жылы Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районунда Ыбырай Туманов атындагы орто мектептин директору элем. Райондук партия комитетинин бир нече ирет өтүнүчү боюнча райондук маданият бөлүмүн жетектөөгө макул болгом.

«Сенектиктин» 80-жылдарында жумуриятыбыздын маданий (музыкалык) турмушу селейип калуу өнөкөтүнөн айырмаланып, жандануулардын, жаралуулардын шоораты өкүм сүрүп, ар чөлкөмдө элет шайырларынын демилгелүү топтору, райондук, шаардык, айылдык ыр бий ансамблдери биринен сала бири уюштурулуп жаткан. «Бекбекей», «Ак куу», «Миң кыял», «Шаттык», «Тоо гүлү» сыяктуу ансамблдер биз сөз кылып жаткан маданий турмушка жарашык берип, мазмундуулук жактан бир-бирине айкашлышып, жаз гүлүндөй жадырап башбагып, чыгып жаткан. Мындай жакшы жышаан, жаңыча демилге райондук маданиятын эки тизгин, бир чылбырын колго алып жаткан менин бүйүрүмдү кызытпай койгон жок.

Арийне, төмөндөн кандай демилге көтөрүлбөсүн, анын алгылыктуу натыйжасы жогортон колдоого муктаж экендиги түшүнүктүү. Жаңы уюшулуп жаткан ансамблдин келечеги райондун жетекчилери: партиянын биринчи катчысы Н. П. Скопинцовдун, аткаруу комитетинин төрагасы Калыбек Шакировдун колдогон камкордугу, айкөл мамилеси аркылуу иштин ийгилиги камсыз болгон. Айыл чарба жумушу «күйүп» тургандыгына карабастан бакандай эки кызматкерин: райкомдун 3-катчысы Зинагүл Орозказыеваны, райаткаруу комитеттин төрага орунбасары Кожобек Ыймановду ансамблдин ишине байлап койгон. Ансамблдин катышуучуларынын кийимдерин, музыкалык аспаптарын сатып алууга, жол катнаш кылууга, кызмат сапарына акча каражаттары жетишерлик каралган. Көп өтпөй маданият министри Жумагүл Нусупова жылуу кабыл алып, рахмат айтып, бир жарым сааттык маектешүүнүн соңунда жаңы көз жарып жаткан ансамблди колдоого алып, заводдон жаңы чыккан «Уазик» машинасынын ачкычын колума карматкан.

Курсакка бүткөн түйүлдүк энени тогуз ай толгоо тарттырып, далай тозок менен жарык дүйнөгө келет эмеспи, ошол 40-50 адамдын башын бириктирген топ профессионал ыр бий ансамблинин деңгээлине өсүп жетилгиче канча тер тамчылап, канча машакаттар өтөөрү айтпасак да түшүнүктүүдүр.

Улуттук музыкабыздын тарыхында Карамолдо жеткире чертип, иштеп чыккан кара күүлөрдүн бири «Насыйкаттын» обон-ырга салынышынан улам, комуз күүсү да вокалдык жанр үчүн табылгыс булак эле. Ак-Суу райондук ыр бий ансамблине жердешибиз Ыбырай Туман уулунун күүсү «Боз салкындын» аталышын тандап алдык. Ансамблдин репертуары үчүн бул күүнү хор менен ырдаш үчүн ыр текстин иштеп чыгууга кириштим. Бул иште хормейстер, балетмейстер, көркөм жетекчи адистердин чыгармачылык демөөрү өз жемишин бербей койгон жок. Натыйжада, лирикага ширетилген кооз кайрыктар шаттуу ыр түрмөктөрүнө оодарылып, шайыр бийди коштоо менен ансамбилдин бет ачаары катары кабылданган.

Кыскасы, түмөн түйшүк аракеттердин натыйжасында 1981-жылы 1-октябрда ансамбль республикалык сыналгы аркылуу жарыяланып, калайык калкка официалдуу түрдө таанылган.

Кара күүнү ырга айландыруу машакаты – алды менен күүнүн «тилин» таба билүүдөн башталмак, же күү кайрууларын ыр түзүлүшүнө ылайыкташтырып иштеп чыгуу керек. Бул жерде көркөм чыгарманын (поэзиянын), вокалдык чыгарманын (обондун), аспаптык чыгарманын (күүнүн) биримдигин ача билүү, идеясын ишке ашыра билүү аракети жатат. Ырас: ыр саптары (строка), анын топтому (строфа), муун өлчөмдөрү, ыргактары (ритмдери), уйкаштар (рифма) поэзиянын табиятын шарттаса, кара күүлөрдүн тутумундагы башкы кайрыктар, аны коштой жүрчү шилтемдер, штрихтер аспап өнөрүн аныктоочу факторлор катары эсептелмек. Ыр түрмөктөрүнөн күү кайрыктарынын айырмасы – кайрыктар баштан-аяк туруктуу мүнөздү сактабастан аткаруу (чертүү) ыгына жараша бутактап, кайрыкка кайрык кошулуп, алардын орду алмаша берип, улам жаңырып турмай касиетке эгедер.

Хордун соңку бөлүмү чакан топтун бийин коштоо менен аяктайт. Хордо музыкалык фразалар, мажордук талап, репризалык каражаттар, пассаж, полифониялык түзүлүш, ошондой эле, добуш бирдиги (сопрано, бас, баритон) көркөм жетекчилерди чыгармачылык изденүүлөргө багынтат.

**«Боз салкын»**

I-кайрык: Таңдан ишке камынып,
Талаага жаштар агылып.
Таңатардын салкында,
Таалай күүсү жаңырып. – (3 ирет, сопрано, бас, баритон алмашат).

Жарашык сайма түр берип,
Жадырайт гүлдөр ачылып.
Жан жактан торгой үн берип,
Жаштарды ишке чакырып. – (3 ирет, 3 добуштун алмашуусунда).

II-кайрык: Окууда, эмгекте – оюн күлкү тамаша,
Олуттуу жыргал заманда.
Жаркылда, жаштар, жаркылда! (3 ирет)

III-кайрык: Ойду омкоруп,
Тоо томкоруп...
Оттуу жаштык чагында. (3 ирет).

IV-кайрык: Гүлдөрү жайнаган,
Булбулу сайраган,
Эрке жел согот маңдайдан.
Эх жыргал!
Бейиштей сонун айланаң.
Кайраты ташыган,
Кара көз жаш улан,
Катарын бузбай башынан.
Кай иште болбойт,
Калтаарып коркуп жашыган.

V-кайрык: Ырдаса жарашат,
Ырыстуу балалык.
Керилип күч менен,
Кетменди чабалык.
Байлыкты, бакытты,
Эмгектен табалык.

Күлкүгө тойбогон,
Күлүстөн балалык.
Күжүрмөн күч барда,
Күрөшкө чабалык.
Ой тоону жаңыртып,
Обонду салалык.

Тал чыбык түрлөнгөн,
Татына балалык.
Талыкпас эмгегиң,
Таалай го ал – анык.

Талааны шаңдантып,
Тамаша салалык.

Ар кимге эң кымбат,
Алтын кез – балалык.
Алгала, токтобо,
Артыңа каранып.
Ата журт милдетин,
Аркалоо – ал анык. (Күү ритмин бий коштойт).

Аспаптык күүлөрдүн бизге белгисиз дагы көптөгөн сырлары бар, аларды ача билүү, мүмкүнчүлүктөрүн пайдалана билүү алдыдагы иш.

«Боз салкын» дүйнө элдеринин өнөрпоздору менен далай жолу мелдешке түштү, жеңиштерге ээ болду. Өлкөбүздөгү өнөр сынактарынан өтүп, Токтогул сыйлыгына татыды. Бу да болсо бийиктен бийикке оболоп көтөрүлүүнүн белгиси эле. Бүгүнкү эгемендүүлүк улуттук рух дөөлөтүбүзгө дагы кененирээк жол ачууга тийиш. Чет элдик өкүлдөр улуттун ким экендигин кийген кийиминен, урунган буюмунан, сүйлөгөн сөзүнөн, черткен күүлөрүнөн, ырдаган ырларынан, мүнөз, түспөлүнөн баамдайт.

«Боз салкын» Түркияга барганда кыргыздын ким экендигин комузчу Шаршенбай, ырчы Ботбайдын башындагы ак калпагы, колундагы комуздары, коштогон ырлары таанытканын айтып жүрүшөт. Ар кандай чыгармачыл топ: филармония, театр, оркестр, ансамбль же ийримдер өз элинин эзелден келаткан салттык жөрөлгөлөрүнүн өңүн өчүрбөй, унут калтырбай учугун улоо вазийфасында кийинки урпактарга өткөрүп берүү милдетин аркалоого тийиш. Азыркыдай абал эскини жаңыдан бөлүп таштоого мажбурлап жаткандыгы жаман. Ырасында, эскиден келаткан аманат мурастар менен азыркы мезгилдин талабына ылайык ширелешүү (синтездешүү) байланыш түйүнүн таап, ошол максатта гана концерттик программаларды өркүндөтүүгө жетишүүбүз керек.

## «Жаш толкун»

Таланттуу композитор Сейдалы Медетов, таасын комузчулардан болгон. Таланты жаңы ташкындап ачылар алдында отуз жаш курагында авиакырсыктан мерт болду. Анын өмүр жолу өтө жупуну. Ал 1928-жылы Жумгалдын Түгөл-Сай айылында туулган. Атасы

малчы, баласынын дилгирлигин баамдап, эл чогулган топко ээрчитип жүрүп, акырында айылдашы Карымбай комузчуга табыштаган. Бара-бара Сейдалынын ысмы айылдаштарына комузчу катары таанылa баштайт. Энеси өнөр жандуу адам эле, темир комуз кагуу жагынан айылда эч кимди алдына салбаган. Тилекке каршы, Сейдалы ата-энесинен эрте ажыраган. Бирок, жетимдиктин мүшкүлүнө мүңкүрөп калбастан, чыйралып, тирденип, мектепте окуусун улантат. Орто мектепти бүтө элегинде Нарын драм театрына кабыл алынып, андан Фрунзе шаарына филармонияга кетет. Ал жерде Алымкул, Осмонкул, Калык, Саякбай, Карамолдо, Ыбырай, Шаршен, Атай, Актан, Мусага окшогон шайырлар менен кызматташып, алардан таалим-тарбия алат. Айрыкча Атайдын таасир-нускасы зор болгон. Кыргызстанды узун-туурасынан кыдырган бул устат-шакирттердин кызмат жолу Сейдалынын элдик өнөргө болгон чаңкоосун азбы-көппү кандырууга мүмкүндүк түзөт.

1950-жылы Сейдалы «Жаш толкун» аттуу күү чыгарат. Күр-шаа түшкөн эмгек толкуну көбүрүп-жабырып, келечектеги максат-тилектер кереге уугундай ширелишип, «Жаш толкунга» дем берип, күч берип жаткандай элес калтырат. Сейдалынын аз да болсо саз, жалгыз күүсү «Жаш толкун» күү казынасында түбөлүктүү ордун тапканга күбөбүз.

Аткаруучу Орозбек Кутманалиев Сейдалы Медетовго байланыштуу «Жаш толкун» күүсү тууралуу кызык окуяны эскерип, күү кайрып, күлкүгө бөлөгөнү эсимде: «Сейдалы, бейишиң болгур, комузчу Бейшеналы Кулболдиев менен тамашалашып отурган экен. Кезек комуз күүсүнө өтүп, Бейшеналы шартылдата чертип кирет. Күү аяктаганда Сейдалы сурайт:

– Ап бали! Кайрыктарга канат бүткөрө черттиң, Бейшеке. Күүңдүн атын атап койбойсуңбу?

Бейшеналы камырабай:

– Бул күүмдү жакында жараттым, «Жаш толкун» деп атадым, – дейт сыр бербей.

– Баракелде-е, баракелде! Күүң жакшы чыгыптыр, угуучуну толкундатып мыкты аткардың. Жаштык дем, жаш жигер, жаш толкун менен, күү-шаа түшкөн турган заманыбыздын жаштарына баа жеткис белек болгон экен – деп, комузчунун колун кысат.

Көрсө, Москвада окуп, советтик музыкага, классикалык музыкага сүңгүп кирип, пианинодон баш көтөрбөй калган жаш композитор Сейдалынын комузчулук өнөрү көңүлүнөн чыгып

калган экен. Өзү жараткан «Жаш толкун» күүсүн көптөн бери укпай жүрүп, чертпей жүрүп унутуп калыптыр. Жүз түлөктүн бир түлөгүн түлөй албай, он гүлүнүн бири ачылбай жарык дүйнөдөн жаш кеткен Сейдалы эстелиги «Жаш толкун» артындагы өлбөс мурас болуп кала бермек» — деген эле кайран Орозбек сөзмөр. Сейдалы Медетов консерваториянын 5-курсунда окуп жатканда Москвага учуп баратып, 1958-жылы 7-сентябрда самолёт кырсыгынан каза тапкан.

## «Жаштар маршы»

1993-жылы Жаңы-Жол районунун Жаңы-Арык айылынын тургундары «Күү кесе» аттуу маданий отуруш уюштурушкан. Атайын чакырык боюнча Бишкектен барып калдым. Маданий топтун катышуучулары ар кыл жаштагы (карысы бар, жашы бар) комузчулар экен. Кыргыз салтындагы «Ыр кесе» шоогун «Күү кесеге» айлантышыптыр. Бул мени кубандырбай койгон жок. «Күү кесенин» кадырлуу коногу калкка таанымал Болуш Мадазимов бул иш-чарага дайыма катышып, акыл-нускасын ортого салып турганын айтышты. «Күү кесенин» кезеги улам бир аткаруучудан өтүп, Болуш акеге да жетти. Ал «Күү кесенин» тарыхына бир аз токтолуп өттү: «1982-жылы областтын борборунда өнөрпоздордун кароо конкурсу өткөрүлдү. Жаңы-Арыктан ушул жерде отургандардын бир даары кароодон өтүп жатыптыр. Мен да элүүдөн ашык жаштарды кароо-конкурска алпардым. Жаңы-Арыктык өнөрпоздордун ыр-күүлөрүн калыстар тобу анча жактырбагансып турганын байкадым. Буларды менин ансамблиме кошуп алдым да кароодон ийгилик менен өтүп кеттим. Ошондон баштап пахта талаасында, малчылар арасында, борбор калаадагы теле көрсөтүүлөрдө бирге катышып келебиз. Жайкы талаа жумушу аяктаганда өнөрпоздор өздөрүнчө отуруш жасап, «Күү кесе» шеринесин уюштуруп алышкан. Мен буларга керек учурда кеңешимди берип турам».

«Жаштар маршын» ансамблдин аткаруучулары эргүү менен чертишти.

— «Жаштар маршынын» жаралуу тарыхына да токтоло кетсеңиз? — дедим күү соңунан суроо узатып.

— Кыргызстан Компартиясынын 40 жылдыгына байланыштуу маданият чеберлеринин кароо конкурсу борбор калаада өткөрүлүп калды. Кароого Оштун «Кыргызстан» совхозунан Аваз Абдраимов

башында турган комузчу жигиттерден үчөө жаңы күүнү ансамблдеше чертип чыгышты. Кол шилтемдери кооз, кайрыктары калбаат, эч жеринен кынтык табууга болбойт. Ошентип, кароодо күү бир добуштан жогорку баага татыды. Мен да карап тура албай: «Ушул күүнү корутунду концертке киргизели» деген сунуш жолдодум. Калыстар туура кабыл алышты.

Ошентип, күүлөр жамаатында дагы бир жаңы чыгарма көз жарып, тез эле коомчулукка тарады. Кийин бул күүнү район алкагындагы комузчулар ансамбли үчүн иштеп чыктым.

Аваз экөөбүз теңтуш элек. Чыгармачылык тилектештиктин учугу үзүлгөн жок. Жаңы күү теледе да эчен курдай чертилип, көрүүчүлөрдүн көз жоосун ала берди. Кийин радионун музыкалык «Алтын казынасына» тапшырдым. Күндөрдүн биринде: «Жаштар маршынын» автору Атай Огомбаев деп жарыялап, радиодон уктурушту. Өз кулагыма өзүм ишенбей дел болуп калдым. Атагы таш жарган Атайдын өз чыгармалары өзүнө жетиштүү го. Алар турганда Атайдын ысымы эч качан унутулбайт. Ал эми көзү өтүп кеткен айылдык Аваздын ысымы «Жаштар маршы» менен жамы журтка жарыяланып турса, чындыкка жол ачылмак» деген, бейиши болгур, Болуш Мадазимов.

## Шайыр жаштар

– Өмүрүм комузда кыл тырмоо менен өтүп барат. Билгендеримди, албетте, жаштарга өткөрөм. Аларсыз өзүмдү айталаада каңгып калгандай сезем. Балдарга аралашканымды жөжөлөрүн ээрчиткен тоокко салыштырам. Эчен өнөр таймаштарын баштан өткөрдүм, шакирттеримдин карааны мага канча демөөр. Түн-күнгө, жаз-күзгө алмашкандай менин үйрөнчүктөрүм да туурдан учуп чыгып, жаңылары менен алмашып турат. Мен болсо алардын кайда конорун, конуш жаңыртарын акмалайм.

Токтогул, Карамолдо, Ыбырай, Атай, Шекербектердин күүлөрүнөн ансамблге салдым. Ыбырайдын «Паровозун» зуулдаттым. Рас, «Паровоздун» кайрыктары татаал, антсе да Ыбыкемдин «Паровозу» Ала-Тоодон чоң Маскөөгө бүгүн да арыш керип сызып барат. Муну болсо, өнөрдүн өр таянышы деп билем.

Жаңы үйрөнчүктөр үчүн кайрыгы жеңил, кол ойнотмосу кооз күү жараттым. Шакирттерим сурайт:

– Агай, бул кайсы күү?

— Бул күүнү, балдарым, силерге арнадым. Күүдө шайыр жаштардын, шамдагайлардын элеси тартылып жатпайбы — дейм шакирттериме.

— Шамдагайлардын аткаруусундагы «Шайыр жаштар». Ураа-а!

Комузчулар ансамблинин репертуары «Шайыр жаштар» менен толукталып, шаанисы артыла угарманын ууз муза менен шаттыкка бөлөп келүүдө. Шаршебай 1947-жылы Ак-Суу районундагы Кереге-Таш айылында туулган. Орто мектептен окуусун аяктап, музыкалык окуу жайын бүтүргөн. 1969-1971-жылдары филармония алдындагы эки жылдык студиядан музыкалык билимин өркүндөткөн. Шаршебайдын эмгек жолу мектептен башталып, күнү бүгүн билим берүү тармагында уланып келет. Анын кесиби — комузчу-педагог.

## Шайыр жаштар

«1978-жыл. Бейиши болгур, чоӊ атам Шекербек тирүү. Комузчулук шык делөөрүтүп, Талас шаарындагы маданият үйүнө барып калдым.

— Кел, кел, айланайын Намазбегим — деп, кучакташып көрүштүк.

— Ии, сүйлөй отур — деди чоӊ атам.

— Күү үйрөнсөм деп келдим эле, анан дагы бир күү чыгардым, Сизге сынатайын деген оюм бар, аяк-башында кемтиги болсо түзөп кой.

— И, болуптур, — столдо бирдеме жазып отурган экен, — жаныма кел, кана чертип көрчү — деди да, нарыда шифонердеги комузун алып чыгып колума карматты. Күү толгоосун «Кербезге» бурап чын ыкыласымды коюп чертип кирдим. Күү аяктагандан кийин:

— Азаматсыӊ, уулум. Бирдемеге окшошуптурсуӊ. Дагы да оӊдо, ийле, иштеп чык. Анча-мынча чалалары бар — деп, кеп-кеӊешин берип, жолго салды. Үч ай өткөндөн кийин чоӊ атама кайта бардым. Баягы күүмдү дагы черттим.

— Накеним, күүӊ дурус, кайрыктар шаӊдуу-шайыр чыгып жатат. Аткарылышы да так, таасын. Бул күүгө ат койдуӊбу?

— Чоӊ ата, ырасын айтсам, күүмдүн аталышы али туюк. Сиздин кеӊешиӊизди уксам дедим эле.

– Айтпадымбы, күү турпаты шаңдуу, шайыр. Жаштар биздин келечегибиз. Жаштык кез жалындап турган отко окшош. Күүңдү «Шайыр жаштар» атаганың оң болор? – деп мага суроолуу карады. Чоң атамдын бул сунушун туура таптым.

1989-жылы Мугалимдердин билимин өркүндөтүү институнун курсуна келип калдым. Комузум дайыма жанымда. Бош мезгилде күү чертилет. Шекербек чоң атамдын өнөрүн угармандар өтө баалаганын ошондо билдим.

– Намазбек, күүлөрүңдү радиого жаздыргын деген сунуштан улам радио комитетке атайылап келип, бар күүлөрүмдү, анын ичинде «Шайыр жаштарды» «Алтын казынага» тапшырып кеткен элем» – деп, күү баянын эскергени күнү бүгүн эсимде.

*(Намазбек Шеркулов менен болгон маектен).*

## Жаңычыл жаштар

Жүрүм-туруму, кебете-кешпири, жорук-жосундары улуттук үңгүдан адашып же аша чаап кетүү кесепети көпчүлүктүн көңүлүн иренжиткен учурлар азыркы мезгилде аз эмес. Ата салтында кыз-келиндер үчүн кырккан чач, уулдар үчүн узун чач өөн учурааары белгилүү. Көңүлдү ирээнжиткен, көзгө чоочун комсоо мындай көрүнүштү туудурган жаштар арасындагы жагымсыз жоруктарды Какен Алмазбеков мыскыл күлкүгө чүргөп, сатира сандыгынын капкагын ачкан учурлар эстен чыкпас.

«Жаңычыл жаштардын» жоруктарын көз жумдуулукка салбай көпчүлүктүн сынына коё жүргөнүбүз жөндүү:

Кызыл көйнөк, кызыл шым,
Кызыл ала чапанчан.
Капырай мен шумдуктуу,
«Катын» көрдүм сакалчан!

Бет алдынан карасаң,
Бектур чалдай баягы.
Арт жагынан куду эле,
Аргынбайдын аялы.

Жапырылган калың чач,
Жаап салат далысын.

Эки сакал ээгинде,
Экчеп коёт анысын.

Бири күлсө шарактап,
Бири бийлеп шарактап.
Туура жолдо беш-алтоо,
Турушту эле далактап.

Бул эмнеси капырай,
Ушунтип да жүрөбү?!
Ойлобойбу бирөөнүн,
Түшпөсүн деп жүрөгү?..

Орокчу акең Алыбай,
Оёндорду тааныбай:
Ботом, булар ким? – десе,
Борс-борс күлөт Сарыбай.

Оо, жарыктык, караңыз,
Оңко мурун кара кыз.
Отурбайбы жалаңдап,
Ошол – сиздин балаңыз.

Тиги сакал койгону –
Тилекматтын ойрону.
Берки шымчан семиз кыз,
Бейшегүл го, болжолу.

Ала көйнөк, ала шым,
Аркы тылтык кара шым.
Кайсы катын? – деп жүрбө,
Кадырбайдын баласын.

Кантип «шумдук?» дебейсиң,
Карап туруп билбейсиң.
«Аргынбайдын уулу» дейт,
«Аркы катын ким?» дейсиң…

**Радионун музыкалык «Алтын казынадагы» «Жаштар» темасына арналган күүлөр:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Жаш тилек» | 497 | 4'02 | Ыбырай Туманов |
| 2 | «Жаш кербез» | М.51 | 2'23 | Карамолдо Орозов |
| 3 | «Жаш кайрык» | 707 | 2'10 | Коргоол Досиев |
| 4 | «Шаңдуу жаштар» | 1787 | 2'54 | Эркесары Бекбасаров |
| 5 | «Жаштар маршы» | 2993 | 3'42 | Шекербек Шеркулов |
| 6 | «Жаш толкун» | М.560 | 2'00 | Бейшенаалы Кулболдиев |
| 7 | «Жаш кыял» | 8033 | 1'32 | Барпы Сапеков |
| 8 | «Жаш шайыр» | 3069 | 2'23 | Ыбырай Туманов |
| 9 | «Жаштар шаңы» | 3276 | 2'57 | Кулбай Түмөнбаев |
| 10 | «Жаш жигиттин күүсү» | 8063 | 2'24 | Мекиш Баатаев |
| 11 | «Жаштардын шайыр күүсү» | 2322 | 1'02 | Бейшен Бакыев |
| 12 | «Жаштар маршы» | 3133 | 1'54 | Абаз Абдраимов |
| 13 | «Жаш талант» | М.325 | 2'50 | Токтосун Тыныбеков |
| 14 | «Жаштык» | 6550 | 1'50 | Шарыйпа Кемелгазиева |
| 15 | «Шайыр жаштар» | 6966 | 2'12 | Намазбек Шеркулов |
| 16 | «Жаштык» | 1643 | 3'34 | Большевик Абдыжалилов |
| 17 | «Жаш кайрык» | 3879 | 3'30 | Абдыкадыр Жаналиев |
| 18 | «Жаштар шыңгырамасы» | 9719 | 2'30 | Тургунжан Асаналиев |
| 19 | «Жаштар кечеси» | 5432 | 6'27 | Чалакыз Исабаев |

# КАРЫЛЫК

Карылык куракты пенделер бир кылка, бирдей мезгилде кабыл албастыгы белгилүү. Кайсы бир жарандар алтымыштан ашып, жетимишти желкелеп, сексенди серпип, токсонду томолотуп, жүзгө чыгып, жүдөп-какабай акыл-эси, алы-күчү менен жашоосун улантып келет. Кары — касиет. Кой аксагы менен миң. Карыларсыз калк санагы жүрбөс.

Карылык нарк-насил беш манжа сыңары, узунду-кыскалуу болуп, өнүгүп келген. «Карысаң мендей бол, кара жердей бол» деген сөз турмуш чындыгынан чыккан. Акындар, даанышмандар, ойчулдар бул чындыктан четте калган эмес. Акын-ырчылар поэзия жанрын курал кылып, аспапчылар кыл кайрыктары аркылуу жарыя кылып, карылыкты үлгү кылып келишкен. Жарык дүйнөдө карылык капканынан, ажал торунан ким качып кутулган? Эч ким. Жаратылыштын мыйзам ченемдүү кубулушун эл ырчысы Эшманбет мына минтип эске салат:

Дүйүм тамак жесе да,
Дүйнөдө бардык жан карыйт.
Карап турсаң ал түгүл,
Кара жолдо чаң карыйт.
Асманга учкан буу карыйт,
Аркырап аккан суу карыйт.
Канатын тарап каркылдап,
Көлдөгү сүзгөн куу карыйт.
Жандуусубу, жансызбы? —
Жамысы түгөл бүт таарыйт.[31]

Төрдөн улуулаша орун алган, бири сүйлөсө калганы кунт коё тыңшаган, калп каткырык, калжың сөзгө барбаган, калыстыгынан эгерим жанбаган, чай кайнамдан эт бышымга дейре, кези келсе эртеңкиге дейре мандашын жазбаган, аксакалдык барк, асылзаада

31 Эшманбет. Чыгармалар жыйнагы. – Ф., 1988. 198-бет.

нарк сактаган карылар, үй-бүлөнүн гана ырысы эмес, Ата-Журттун сыймыгы «Карысы бар үйдүн ырысы бар» деп бекер айтылбайт да! Алтынга алмашкыс бул туюмдарды акындарыбыз коштоого алган:

Кан жанынан түзгөн жыргал ордосун,
Карыларын какшаткандар – оңбосун!
Кагылайын касиеттүү карылар,
Карааныңар төрүбүзгө орносун!..
*(Эркин Жаныбек уулу).*

## «Карылардын камбаркан»

Кыргызстандын Эл комиссарлар Советинин Председатели Жусуп Абдракмановдун демилгеси менен, 1928-жылы музыковед А. В. Затаевич Фрунзеге келип, акын-комузчулардын ыр-күүлөрүн нотага түшүргөн. Ошолордун арасында тоо булбулу Токтогул болгон. Токтогул кездешүүдө музыка изилдөөчү А. В. Затаевичке «Карылардын эски камбарканын» чертип берген. Кийин, 1940-жылы музыковед В. С. Виноградов Токтогулдун туулган күнүнүн 75 жылдык юбилейине карата улуу акынды көрүп-билген шакирттеринин аткаруусундагы ыр-күүлөрдү үн жазуучу аппаратка түшүргөн. 1952-жылы «Токтогул Сатылганов жана кыргыз акындары» аттуу китеби жарыкка чыккан. Бул китепке Токоңдун аткаруусунда 18 күү, шакирттеринин аткаруусунда 83 обон-күүлөр киргизилген.

Акындын шакирти Атай музыковед Виноградовго устатынын «Карылык» аттуу күүсүн чертип, ага кошумча төмөндөгү ыр түрмөгүн сунуш кылган:

Агарды менин сакалым,
Арманды айтып жатамын.
«Акын Током кайда?» деп,
Арзычу эле катарым.
Андагыдай жашым жок,
Аны ойлосом капамын.
Көркүнөн кетти сакалым,
Күйүттү айтып жатамын.
«Күкүк Током кайда?» деп,
Күзөчү эле катарым.
Эми эңиштеди базарым,

Эстегенде капамын.
Ээгим түшсө мейличи,
Элиме эрмек болуп жатамын.
Картайып кетти Токтогул,
Кара сакал агарып,
Кайран жашты жоктодум.
Кайран өмүр гүлдөй жаш,
Кайрылып келбейт окшодуң.[32]

## Талаада калган сөөк

«Бала эненин ак сүтүн акташ керек. Ал үчүн энесин Мекеге жөө көтөрүп барса аздык кылат» деген сөзгө териккен жигит, эти качып, бырыш кирип, карып калган энесин жонуна көтөрүп, Мекеге жөө көтөрүп жөнөйт. Узак жолдо күндөп-түндөп сапар карыткан жигиттин алдынан бир жолоочу кезигип, учурашып, ал-жайын сураштырат. Жигит болгон иштi төкпөй-чачпай айтат:

– Мени өстүрүп чоңойткуча энем эмнелерди көрбөдү. Баарынан да, тогуз ай көтөрүп, толгоо тартып, мени азап менен төрөгөн. Түн уйкусун токсон бөлүп, эмчек сүтүн берип, эр жеткиче эбегейсиз түйшүк тартып, эркелетип өстүргөн. Байкуш энемдин ак сүтүн актасамбы деп Мекеге жөө көтөрүп баратам.

Жигиттин сөзүнө карата кыраакы жолоочу кеп жөнүн түюндурат:

– Эненин сүтүн актоо баланын парзы. Кирди-чыкты акылың бар экен. Бирок, энеңди да кыйнап, өзүң да кыйналып, Мекеге жөө көтөрүп жөнөбөй эле, энеңе ылайык эр таап бер. Ошондо энеңдин милдетинен кутуласың.

Бул сөздү угуп отурган баланын жонундагы энеси:

– Алда айланайын ай, андай акылды билчү уул кайда? – дегенде жигит чоочуп кетип, апасын жонунан түшүрүп жиберет. Жүлүнү үзүлүп, кемпир ошол жерден жан берет. Ээн талаа эрме чөлгө эптеп жер чукуп баласы энесин жашырат.

Ошол «талаада калган сөөк» кабарын табашмактатып, балдар түшүнө жүрсүн деген ниетте урпактарга ушул күүнү арнадым» – деген эле, ыраматылык Асанбек Кыдырназаров. Карылар материалдык жактан жапа чексе, «Кудайдан көрдүм» деп, өздөрүн сооротушат. Карыганда абышка-кемпир бирине-бири караан-

32 В. Виноградов. Музыкальное наследие Токтогула. Гос. Музыкальное издательство. 1961. 117-118-беттер.

жөлөк. Ажалы жетип, күнү бүтсө, абышкасы кемпиринин алдына кеткени ылаазым. Артында калса кор. Абышканын жесир калышы — чоң армандын башталышы. Жаш жетим-жетилет, карт жетим — четинен кетилет.

«Кемпир айтат: «Эгер чалым болгондо,
Жетелешип бирге өтүп кетмекмин.
Чаалыкканда чалым турса жанымда,
Чайдай ысык мамиледе өтмөкмүн».

Келин-уулу татына жар, ыймандуу,
Неберелер эркелешсин мойнунда.
Антсе дагы жүрөгүндө арманы —
Жатса-турса чалы турат оюнда»
*(Майрамбек Токтор уулу).*

## Карысы бардын — ырысы бар

Илгери-илгери кызыл кыргын, кара сүргүн калаба каш кабактын ортосунда турган опурталдуу мезгилде бир уруу эл түп көтөрө көчүп узак жолго чыгат. «Карылыгы жеткен кемпир-чалдарды ашка жүк-башка жүк кылбай жайлап таштагыла» деп уруу башчы бардыгын кырдырып, өлүктөрүн корумдатып таштап, көч жолун улайт.

Көчтөгү жигиттердин бири эч кимге айтпай, токсонго чыккан атасын ороп, сандыкка салып келе берет. Көч жүрө-жүрө какыраган кумдуу чөлгө келет. Кашык суу таппай мал-жан кырылат. Сандыктагы атасы уулуна суу табуунун жолун айтат: «Уйларды сырактатып кубалай берсеңер, жан тери келгенде сасык мурун акыры суу бар жерди, чапчып өкүрө баштайт, ошол тушту казгыла». Окуя карыя айткандай болот, калк калабадан аман калат.

Көчүп бараткан эл дагы далай жол басат. Уруу башчы өкүмдардын казынасы какшып, дүйнө-мүлкү түгөнөт. Бул кырдаалдан да сандыктагы атанын акылы куткарат: «Алтындын кени зоокадагы кудуктан сууга чагылышып көрүнөт, ошол тушту казгыла» — дейт. Алтынды кандай аларды атасынан билип, окуя ойдогудай аяктайт. Алтынды соодалап, эл май-көл, сүт-көл турмушта жашап калат.

Эл башчысы — өкүмдар жигиттин акылман жообуна ыраазы болуп:

— Эмне сурасаң, ал! — дейт.

— Алдаяр, мен сиздин буйрукту аткарган жокмун, ал үчүн кечирим сурайм: Атамды өлтүртпөй, сандыкка катып жүрдүм. Калкты кырсыктан сактап калган акылдын баары атамдыкы болчу.

Өкүмдар жаңылыштыгын мойнуна алып, кечирим сурайт. «Карысы бардын — ырысы бар», «карынын сөзүн капка сал» деген накыл ошол окуядан улам калган. Бул тема комуз күүлөрүндө күнү бүгүн чертилип келет.

## Аксакалдардын дөңгө чыгары

Биздин замандын чыгаан чебери, залкар комузчу Асанбек Кыдырназаровдун сыйкырдуу манжалары черткен дагы бир күү «Аксакалдардын дөңгө чыгары» аталат. Кайсы бир учурда «Үч абышканын жомогу» же «Үч карыянын тилеги» деп черткени эсибизде. Бул күүлөрдүн баянын автор мындай чечмелейт: «Менин балагым коздугу көз талдырган Теңир-Тоонун этегинде, Нарын дарыясынын боюнда, көк шибери көйкөлгөн жайлоолордо өткөндүктөн, элеттик карыялардын таалим-тарбиясын көбүрөөк сиңирип калдым. Жумурткадай тизилген боз үйлөрдөн эртели-кеч басып чыгып, айыл үстүндөгү томогодой жашыл дөбөгө чогулуп отуруп, ак сакалын жайкалтып, малдашынан жазбай, нарктуу кептерден баштап, сөз учугун андан ары улаганга кезек берип, аңгеме-дүкөн курган карыяларды көп кездештирдим.

Желедеги кулундарын шынаарлаган чапчак бээлер, анда-санда окурана кишенеп үйүрүн саксактаган айгырлар, бетте жайылган койлор жылдыздай чачырап, энесин эстеп маараган козулар, так секирген улактар, аларды көзөмөлдөгөн чыт курсак балдар... ушунун баары көңүлгө уюп калган.

Боз үйлөрдүн түндүгүнөн көк түтүн буралып, эшикти тындырбай кирип-чыккан ак жоолук зайыптар көчмөн тирлик менен алек. Кээде күртүлдөтө бышылган сабалардан чаначка, андан сыр аякка куюлган кымызды кылт-кылт жутуп, карыялар каада күтүп, кызыган сөз учугун улантышчу. Комузун алып, айтылган аңгемени коштоп, атайылап кара күү чертип, анан күү баянын саймедиреп айтып, өз туюмунда куйма кулака кайрылчу: «Ээ балдар, сөздү тыңдай билген жерге айткыла, күүнү уга билген жерге черткиле, булар — аталардын мурасы».

Ырас, андай учурда не өнөрман, не угарман ортосунда дил аземи арбап, өнөр өктөмүнө жол ачылып, керемет дүйнө толуктала бермек. Дөңдө отурган аксакалдар чубаган кеп учугу баатырлар менен бакырларга, акылмандар менен арсыздарга, көрөсөндөр менен көөдөктөргө, мартабалуу март Атантайдан чык татырбас Чынарбайга чейин барып, жогортон жорткон жел менен коштолгон кымыз жыты каңылжаарды жарып... айтор, бул кыргыз айылындагы адаттагы көрүнүш эле. Дөң ээси кутман карылар узун сабак кепке улап, санжыра сандыгын ачып, жорго сөз жомокторун жобурап, кызыл тилдин базарын кызытышчу.

Аксакалдардын топ-жыйынын жылоологон жигиттер көөкөрдөн кымыз куюп, дасторконду жая салышчу. Биз чыт курсак балдар аксакалдардын санжырасына, айтылган асыл кептерге кулак төшөп, наристе туюмду байытып, дитибизди берип угууга дилгир элек. Ошол дөңдөгү отуруш кыт куйгандай көңүлгө орноп, акыры «Аксакалдардын дөңгө чыгары» аттуу күү жараттым.

Бири шашма, бири өкүм, бири токтоо үч карынын элеси дайыма көз алдыма тартыла бергендиктен «Үч абышканын жомогун» үч кылда жобуратып, карыялар жоругуна кайрылганым бар – деп кайран Асакем карт-карт күлүп, комуз черткенге өтчү. Асакемдин күүсүнөн улам Кудайберген Карымбай уулунун «Эл казынасы» аттуу китебинен дөңдө отуруп кеп учугун чубаган «үч карыянын тилегин» айта кетейин: «Илгери Момунбай, Жоошбай, Кудаяр деген үч карыя дөңдө отуруп, баштарынан өткөргөндөрүн айтып, ар ким өз ичинен кобурап тилек тилешти:

Момунбай: Оо, Кудай!
Кандын каарынан сакта,
Карачанын заарынан сакта.
Өмөчөктөткөн өлүмдөн сакта,
«Өхүлөткөн» оорудан сакта.
«Келелеген» доодон сакта! – деди.

Жоошбай: Оо, Кудай!
Өлүм моюндагы милдет,
Оору кезектеги илдет.
Жабуулаган жалаадан сакта,
Таңуулаган балаадан сакта.
Ак болсоң да кара кылат,
Сынбасаң да майыштырат.

Дооматтын да аягы тынат,
Доочуга – берип кутулат.
Күлүп киргенден сакта,
Күңгүрөнүп чыккандан сакта,
«Кошоматка кой соёт,
«Күлүңдү сапырсам» деп коёт.

Кудаяр: – Оо, Кудай!
Пендеңди өзүң колдо:
Өйдө-ылдыйда, ашууда, тайгак жолдо.
Шайтанга азгырылтпа ач көз кылып,
Кулкунду буза көрбө, нээтти оңдо.
Сагызганча жүгүнтүп экилентпе,
Чар каргача чарылдатпа, бээче кишинетпе.
«Кай жерде олжо бар» деп кайсалатып,
Түлкүчө жойлоттуруп шимшилетпе!

Үчөө тилектерин айтып, бата кылышты, сакалдарын сылашты, акырын туруп үйлөрүнө бет алышты.

## Карыянын кубанычы

1939-жыл. Кыргыз искусствосунун Декадасы Москвада ийгиликтүү өтүп, өнөрпоздор бабалардын изи баспаган жерлерди көрүп, орден, медалдар тагынып, наам, даражалар алып, олжолуу кайтышты. Алардын арасында атактуу комузчу Ыбырай бар эле.

Кийинки жылы залкар күүчү отпуска алып, айылына келип калды. Атам (Кайбылда), апам экөө кеңешип, а кишини конокко чакырышты, алдына аргымак тартуулап, достошуп узатышты. Аяш атанын (Ыбырайдын) ошондогу элеси күнү көз алдымда: кабелтеңинен келген зор денелүү, чабалекей куйрук сымал ачакей сейрек кара сакал, кара мурут, барбайган мурундуу, жазы маңдайлуу, оор басырыктуу, локуйган алп денелүү баатырлык сүргө, батылдык мүнөзгө ээ, көп сүйлөбөгөн, момун киши экен. Көрүүчүлөрдүн көз жоосун алган кыз мойнундай койкойгон өрүк комузу көрүнүшүн огобетер көркөмдөп, барып-келип өнөр кереметине жол ачып тургансыды.

Үй ичи толо мейман. Кеч бешимдеги отуруш түн ортосуна оогон. Уйкуну унуткан карылар уюган тизелерин ушалап, бири кош аягын сыйда сунууга батынса, бири чөктүшө калып, чөнтөгүнөн сууруп

нас атып, дагы бири кылтылдаган кымыз аякка кол жалгап, анда-санда гана стакандар шыңгыр какканы болбосо, баары жайдары, бирок алагүүдөн алыс, өз милдетин өтөп, ууздай таза отурушат.

Комуздун кыңгыры, кылдардын дирил кагышы... карыялардын кулак салышы болбосо, үй ичи жым-жырт. Комуз тилине түшүнгөндөрү бар, түкшүмөл уккандары бар. Сыртынан сыр бербегени менен, олтургандардын ар кимисинин дити Ыбырайда.

Токолу менен байбичесинин чатагын тоотпогон, аларга эркектик эрдик көрсөткөн, айбаты менен баш ийдирген аттуу, баштуу, сүрдүү Дордогой Ыбыкемдин оң колтугунда отурат. Шариат менен сакалы агарган, эки аялды энчисине басып, ээн учурда комузун кыңгыраткан Бейшембай молдо сол колтугунда отурат, он бир бала төрөтүп «Баатыр аталыкка» татыбай, «Баатыр эне» наамын байбичесине ыйгарып, төшүнө орден таккан, өкмөт менен партияга не ыраазы, не нааразы экени билинбей, тек, боз үйдүн кереге, ууктарын, түндүгүн келиштире чапкан уста Думана карыя бар. Гезит, журнал, кат, кабар, кагаздарга шыкалган куржунун артынып, таң эрте тараза жылдыз чыкканда Тору атына торсоё минип, айыл кыдырган почточу Сыязбай бар. Ун, талкандан өксүтпөй урук-туугандарын баккан тегирменчи Өмүргалый, чамасы жетишинче чарба аттарын такалап, дөшү, балка, көөрүк кармаган Абдыке уста, таң заардан терезени каккылап, чарба жумушуна чакырык салган бригадир Семетей, өз үй, өлөң төшөктөн Кудай айтпаган, көрүнгөн үйдү пааналаган жетим абышка Сыдыкбек төкөр, баладан, байбичеден куржалак калган, жалгыздыкта жамбаштап чачы агарган Чаки карыя, бадачы Кылчыкбай, дүкөнчү Көчөрбайлар бар.

Кыркаар тарткан «аксакал», «көксакал», «карасакал» аталгандар карыялыкаада сактап, ар кими этият, ар кими аяр. Анда-санда дасторконго кол узатып, керемет күү дүйнөсүнө уюп-муюп, ырахатка батып отурушат. Момун чалдардын, мотурайган балдардын күү тыңдаган угарман сыпаагер түрү күнү бүгүн көз алдымда.

«Камбаркан», «Манас», «Кыз Дарийка», «Бекарстан Тайшы», «Жаңыл Мырза», «Төгөчү» сыяктуу тарыхты тастыктаган кайрыктар, эң сонун элдик күүлөр, «Москва», «Паровоз», «Толкун» сыяктуу жаңы табылгалар Ыбырайдын атынан баяндалып, күү дайрасы күргүштөп агылып жатты. Москва кабары, кара тулпардын (паровоздун) арышы, декада жаңылыктары көпчүлүккө көргөн

түштөй элес калтырып, көтөрүңкү маанай менен күү ырахатына бөлөдү.

Тараза жылдыз батты, таң да атты. Ыбыкем сөз алды: «Маскөөгө барганыбызда карыя өнөрпоздордун кубанычын күүгө салган элем. Карысы бардын – ырысы бар. Силердей карыяларыбыз менен ырыстуу элбиз. Акыркысы болсун, «Карыялардын кубанычын» чертип берейин» – деди.

Карыялар бул кубанычты өзүнүкүндөй кабыл алып, жүздөрү албырып, жүрөгүндөгү бактылуу карылыктын деми менен, күү кереметине термелди. Балалык сезимде түбөлүк калган ошол элес, азыр биз таңсык болгон нарктуулук менен ыймандуулуктун күбөсү экен.

## «Карылык»

1994-жылдын 5-февралында 80дин өңүрүн серпип, өзүнүн узак өмүрүн улуттук көркөм сөз дөөлөтүнө арнаган калемгер карыя Сыдыкбеков Түгөлбай менен калкыбыздын канына сиңген комузчулук өнөр тууралуу аңгеме-дүкөн курган элек. Арабызда радио-журналист Тенти Орокчиев, ар өнөргө маш, журтка таанымал домбрачы Казакбай Абдышев отурган. Азил тамашалардан инисине алдыртан жылдырып коюп, борс-борс күлгөнүнө караганда, Түкөм менен Тентинин тааныш-билиштиги баштатан бар сыягы. Калыбынан жазбаган Казакбай болсо, Түкөмдүн ар кыймылына алдыртан карек таштап, сынаакы отурат.

Акылман Түкөм алгачкы соболго жоопту чукулунан издебей, артка кылчая ой калчап, качанкы балалык баёо сезимде калган элестерди убай-чубай аңгеме учугун улайт... Оо, бир оокумда «Табериктин» (радио уктуруу) таанымал алып баруучусу Тенти Орокчиев журналисттик тажрыйбасына таяна катарындагы Казакбай курдашына сөз кезегин узатты. Казакбай деле карап отурчу түрү көрүнбөйт, Түкөмдүн көңүлүн ала кыстырынды сөз сүйлөп, комуз кылын таңшыта «Камбаркан» кайрыктарын, «Ботой» боздогун ортого салды, анан карыя Түкөмө ылайыктадыбы, «Карылык» аттуу күүсүн сыздатып какшатты.

Ошол жолугуштан соң Казакбай менен чыгармачылык карым-катнаш тамырлап, күү өнөрү тууралуу кезеги менен күлпөт куруп келебиз.

– «Карылык» аттуу күүңдү Түкөмдүн сынына койгон элең. Кайран киши кантсин, кабак бүркөп кабыл алды. Бул жагдайда өзүңдө кандай ой калды? – деген соболума:

– Мезгилинде арстандай айбаты, жолборстой сүрү, айкөлдүк касиети менен калкына алынган адам, бүгүн карылыктын капканына чабылганын көрүп жаным кейиди. Ал аз келгенсип, калчылдаткан дартка кабылыптыр. Баарынан кейиштүүсү – ырыс-кешикке ортоктош балпайган байбичесинен ажырап, жетим калганы болду. Турмуштун бул оор сыноосу кайран кишини кайыштырып-майыштырып койгону өкүнүчтүү. Жаңы гана көз жарган «Карылык» аттуу күүмдү, ал күнкү жолугушууда Түкөмө арнаган элем.

«Инсан эле таланттарды баалаган,
Ийгиликти чын дилинен каалаган.
«Кыргыз» десе, кызыл чеке мушташып,
Кылымда бир чыккан анык даана – адам.

Артыңдагы жазып жүргөн жаштарга,
Акыл-насаат дайым айтып келгенсиң.
Окуп чыгып китебимди мен жазган
О, илгери, ак батаңды бергенсиң.

Өзүң берген таасири го батанын,
Өзүңө окшоп чыгармалар жазамын.
Өлгөнүмчө толуктасам деп ойлоймун,
Алп жазуучу – ардактуу Ата катарын».[33]

## «Карылыктын кербези»

Элеттик залкар комузчулардын бири Самсалы Аликеев күүлөрүн радионун казынасына 1960-жылы 4-июнда тапшырган экен. Алардын ичинде «Карылыктын кербези», «Карт чабандын кербези», «Кейиштүү кербез» аттуу күүлөрү бар, кезекти «Карылыктын кербезине» берели.

Бир чоң жыйында ортодон орун алып, айланасына алдыртан көз салып, жан-жагындагыларга байкоо коюп, ак сакалын жайкай, комуз кулагын шашпай бурай, кайрыктан кайрык улай, күүдөн-күүнү чубай, комуз өнөрүнө угармандарын уюткан, күү кереметине күйөрмандарын муюткан, чертмегине ченемсиз милдет артып отурган Самсалыга катардагылардын бирөө суроо узатып калды:

33 Казакбай Абдышев. Кылым инсандары. – Б., 2003. 397-бет.

– Колуңдан айланайын, Самсалы аке, өнөрүңүзгө баракелде! Айтыңызчы канчага келип калдыңыз?

Карыя шашылбады. 80ге жаңы эле секиргенин айтып, күлүп койду.

– Кадырман карыя деп сизди айтса болор. Отурушта ордуңуз төрдө. Урмат-сыйга бөлөнүп, карылык дооранын сүрүп жатасыз. Качан эми карылык темасына кайрыласыз? – деди.

Самсалы аке:

– Ээ, курдаштар, эсил Током эртегисин жоктоп:

Капталга тарткан кыл аркан,
Карагердин кермеси.
Кайран өмүр, күлгүн жаш,
Кайрылып эми келбеспи.
Какшанып булбул үндөнгөн
Картайган Токоң «Кербези»... –

деп боздогону бекер дейсиңерби? Карылыктын кайгысы да бар, кубанычы да бар: кайгысы – жаман карыганың, анда жаа бою качат кадыр-барк. Кубанычы – жакшы карыганың, анда алдыңда – сый, урмат, даңк!

Карылыктын кесел-оорусунан пайгамбар качып кутула албаган. Эртедир кечтир – бир өлүм бар. Эмесе ошол «Карылыктын кербезин» чертейин. Самсалы акенин күүсүнө кошумчалап коёрубуз:

«Жетимиш ашык жол бастым,
Аска белдүү зоону аштым.

Карылык чиркин зор экен,
Буга дары жок экен.

Кечинен берсин өлүмдү,
Сөөгүмдөн этим бөлүндү,
Таштай болгон булчуң жок,
Тал-тал болуп бул күндө,
Тарамышым сөгүлдү.
Кыпкызыл болгон нурдуу жүз
Кыярып башка көрүндү.
Ар нерсени ойлонтуп,
Чөгөт кылды көөнүмдү.
Эркине койсоң карылык,
Эсимди алат көрүндү.

Экиге бөлүп табийгат,
Жараткан экен өмүрдү.
Жаш менен кары арасын
Асман-жер десек төгүнбү?
Карыбай турган адам жок,
Кечинен берсин өлүмдү».[34]

## «Карылыгың курусун»

Кыргыз элине таанымал төкмө акын, таасын комузчу Коргоол Досу уулу 1890-жылы Ош областынын Жаңы-Жол районундагы Токтобек-Сай кыштагында туулган. Атасы Досу да чебер комузчу, дыйканчылыкты, мергенчиликти, усталыкты кесип кылган. Өнөр жагынан Коргоол 14 жашынан элге таанылган. Бул багытта тоо булбулу Токтогулдун, Ниязаалы комузчунун таасири чоң болгон. 1962-жылы Токтогул районунда 72 жаш курагында дүйнө салган.

Карылыкка баш койгон, өмүрүнүн акыркы күндөрүндө артына кылчайып, жаштык мезгилин самап, бирок карылыктан качып кутулбай турганына көзү жеткен соң куудул акын күлкү чайыган, туз кошкон, куйкум ырларын төккөн:

Оо, дүйнө бекерсиң,
Бир күнү колдон кетерсиң.
Карып да бол, хан да бол,
Өлгөндөн кийин бекерсиң.
Кан Манасты алгансың,
Кара жер өзүң балбансың.
Кундуздай таза тил кетти,
Кубулжуган үн кетти.
«Балдырабай тим жат!» деп,
Байбичеме тилдетти.
Калтардай тунук үн кетти,
Калыбы тайып тил кетти.
«Калжаңдабай тим жат» деп,
Катыныңа тилдетти.
Кыйналуу тартып жүдөткөн
Бу дагы,
Карылыктын илдети.
Ачылган гүлүм соолуду,

34 Токтонаалы Шабданбаев. Мекенимди даңктаймын. – Ф., 1973. 238-бет.

Азаптуу тизем ооруду.
Ак жоолукка кол сунсам,
Аткарсын кайдан оюмду?
Өткөрдүм көптү башыман,
Өксүккө али жашыбайм.
Өтөр-кетер дүйнө.
Карылык камап турганда,
Каякка барып жашынам?
Каалгасы жок тээк калды,
Кашка тиш түшүп, ээк калды.
Каран калган карылык,
Кашайгыр, мени жеп салды.

Жети күнү ырдасам,
Жер түйүнүн чеччү элем.
Жерге кирген карылык,
Жетелеп алдың муунумду,
Желмогуздай күч белең?

Берметтей тишим күбүлдү,
Бел менен бутум бүгүлдү.
Каргылдантып тамагым,
Кармады кооз үнүмдү.
Карылык курсун кысталак,
Каратып бузду түрүмдү.
Агарып сакал, чач калды,
Акылы кетип баш калды.
Арбап турат куу ажал,
Мени ала турган баштанды.

Эки кылган эсимди,
Эбинен тайган көзүмдү.
Эсил Коргоол экен деп,
Эл уксун айткан сөзүмдү.

Карасы кетти көзүмдүн,
Кадыры кетти сөзүмдүн.
Ак буудан аттай туйлаган,
Кучагыма сыйбаган,
От жалындай балалык,
Кайсы бир жерге бекиндиң?

Торгою болгон кыргыздын,
Токтогул өттү, мен калдым.
Эл ичинде сайраган,
Эшманбет өттү, мен калдым.
Жолой, Курман, Жаңыбай,
Теңим өттү, мен калдым.
Тейти менен Бекназар,
Белим өттү, мен калдым.
Ошолордон бөлүнүп,
Окшуйган Коргоол, не калдым?[35]

аттуу ырын угармандарына арнаган.

## «Казакбайдын карылык»

«Менин өмүр жолум деле 60 жылдыкты арыга серпип, эл ортону элүүнү эчак жолго таштаган. Жакшы жери, чыгармачылык демөөрү ашып-ташып, алы-күчтөн тайыбасын дегенби, жашчылык ыбаа карап, карылыкка кабат-кабат тосмо коюп жаткандай. Кандай болгондо да, карылыктан эч ким качып кутула албастыгы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Качан да болсо каршы алдыңдан кезикчү «Карылыкты» эске ала жүрүшүбүз пенделиктин ыйык белгиси. Ушул ой, ушул туюм үч кылды кытыгыласа, күү күлүңдөп алдыңан салам айтат. Андай чакта талант, илхам, шык дегенди таарынтып алаарың бышык. Кабактан чыга калчу карылыкты эске сала күү кайрыктарын курап, ыр түрмөктөрүн чүргөй «Карылыкты» кайрып турганым:

О, мезгил… мезгил!
Жаштыкты уурдап алдыңбы?
Билинбей 60 жашка бардымбы?
Акырдан кетпей жем жеген,
Мен эми, чобур ат болуп калдымбы?!

О, мезгил… мезгил!..
Бирок да, бөкчөйүп белимката элек,
Көздөрдүн курчу кайта элек, ээй.
«Абышка болуп калдың» деп,
Азырынча, аялым бир ооз айта элек, ээй.

35 Коргоол. – Ф., 1981. 138-139-беттер.

О, мезгил… мезгил!..
Жашымда бердиң мээнетти,
Мына эми жашап келем сөөлөттүү, ээй.
Канчалык калды өмүрүм,
Кааларым – карыганда берсин дөөлөттү, ээй.

О, мезгил… мезгил!..
Өлчөмүн азыр айта албайм,
Өмүрдүн калган аркысын, ээй.
Обон созуп, күү чертип,
Алайын, эл-журтумдун алкышын, ээй.

## «Он алты кемпир»

«Артисттердин бир тобу Сибирге командировкага кетип баратып Алматыга конуп калдык. Кечкисин казак ырчыларынын концертине чакырышты. Курмангалиев деген артист «Он алты кызды» ырдап калды. Эртеси ырчыны издеп таап, текстин жазып алдым. Казакча ырдоого болбоду. Карамолдонун «Кыз Дарийка» аттуу күүсү бар эле, ырдап чертчү. Ошого окшотуп ырдай баштадым. Угармандарга тез эле тарады. Казакча эки куплетин калтырып, үч куплетин өзүм коштум. «Он алты кызды» ырдаган кезде солкулдаган жигиттердин бири элем. Эми бүгүн 30-40 жыл арадан өтүп кетиптир. Мен болсом карыдым, 16 кызым да улгайды, кемпир болду. Өткөн жаштык куракты эстеп, 16 кемпирди ырдап турганым» – деди атактуу артист Асек Жумабаев:

Кадимки Гинадушка карып калган,
Асегиң алты асыйга барып калган.
Он алты селки менен ойноп-күлгөн
Асектин кең дүйнөсү тарып калган.
Ни первый высший сортто көзүңөрдү,
Эч качан унутпаймын сөзүңөрдү,
Кылыктуу кыз-келинге алмашпаймын,
Кемшийген кемпир дебейм өзүңөрдү.
Умсунай,
Кулпунай,
Катирай,
Салимай,

Саримай,
Фатимай!
Алтындай кыз, Сагирай,
Белгилүүсүң, Балтирай.
Чач боолугуң Салимай,
Эркелейсиң Гаидай.
Толукшуган Марусай,
Кайда кеттиң, Раисай,
Чочко баккан Таисай,
Я люблю, бай-бай-ба-ай!
Азыр мен алыстамын араңардан,
Кат-кабар келсе деймин баарыңардан.
«Бир кезде Асек жанды сүйгөмүн» деп,
Кемпирлер, таяк жебе чалыңардан.
Азыркы өз кемпирим — сүйгөн жарым,
Остальный байбичелер — другдарым,
Шестнадцать сердце болбойт бир адамда,
Кайгырып капа болбо калгандарың.

## «Карып болгон карылар»

Өмүрүнүн аяк ченинде эсил кайран Асакем (А. Кыдырназаров) радио-теле комитетке келиптир, 3 куусун «Алтын казынага» тапшырсам деген ниетте экен. Ал куулөрдүн бири «Карып болгон карылар» деп аталат. Куунун жаралыш жагдайы жөнүндөгү баянды машинкага бастырып алыптыр. «Асаке, сага керек болуп калар, балким «Куу баяны» эмгегиңе киргизип коёрсуң» — деди. Автордун өз колунан жазылган ошол текстти алымча-кошумчасы жок, калыбын бузбай китепке киргизип коюуну эп көрдүм: «Ачкачылык каптап, адамдардан абийир, ыйман качты. Ата-эне карыганда келин-уулу начар чыгып калды. Ичкилик ичкенде уулу атасына, келини кайненесине тийише баштады. Акыры баладагы таш боорлук адам колунан келбей турган, кыргыз баласына жат ишке барды. Ата-энесин бирдей арабага басып, «карылар үйүнө» жеткирип таштады. Эркектердин бөлмөсүндө абышкасы, аялдардын бөлмөсүндө энеси жатып, эртели-кеч ээрчише басып кечти узатышат.

Күндөрдүн биринде таң заардан туруп, абышкасы кемпирине келсе, керебети бош. «Эмне болду?» – деп, сыртка чыгып эки жакты агылгалайт. Тээ окчунураак арык боюнда бирөөнүн муңдуу кошогу угулгансыйт. Утурлап жакын барса, байкуш кемпир баласын эстеп, бак-шактуу короо жайы, үйү көзүнө көрүнгөнсүп, Кудайга зары жетип, эки көздөн мончоктоп жаш кетип, мурдунун суусун тарта албай кошок кошуп, ыйлап отурат. Абышкасы кантмек? Таягына өбөктөп, кемпиринин айткандарын тыңдап турат:

Балдарымды өстүрүп,
Балакатка жеткирип,
Карганда бизди бакса деп,
Качантан тилеп жүрчү элек.
Ар намысың козголсо,
Балам ай, ал жайды келип көрүп кет.
Ак сүтүмдөн кечейин,
Ата-эне сырын билип кет…

Абышка байбичесинин андан аркы арман ыйын уккусу келбеди, угууга дарманы жетпеди. Кемпирин колунан жетелеп, кайрат айтып «Арман күүсүн» комузда чертип турганы:

Оо, байбиче жашың тый,
Ыйлагандан пайда жок.
Ата-журтка жетели,
Андан башка айла жок.
Эстеп көрчү, байбиче,
Эртеби, кечпи өлүм бар.
Сөөгүбүз жатсын өз жерде,
Ан үчүн кайрат кылаар жөнүң бар.
Ажал жетип күн бүтсө,
Ак кепиндеп көмүшөр,
Агайын-тууган элиң бар.

Абышка-кемпир кайрат жыйып, кол кармашып, колтукташып карылар үйүнөн чыгып, өз үй, өлөң төшөгүнө жөнөгөн экен».

**Радионун музыкалык «Алтын казынадагы» «Карылык» темасына арналган күүлөр:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Карылык | 9138 | 3'41 | Датка Шаакеев |
| 2 | Карылык | 3999 | 1'50 | Муса Молдоканов |
| 3 | Карылык | 1730 | 4'07 | Карамолдо Орозов |
| 4 | Карылык | 1631 | 3'37 | Бектур Осмонов |
| 5 | Карылык | 2206 | 2'17 | Касымалы Тойгожоев |
| 6 | Карылык | 2805 | 3'08 | Ыбырай Туманов |
| 7 | Карылык | 9200 | 2'40 | Бөжөй Шадыканов |
| 8 | Карылардын камбаркан | 2142 | 2'20 | Сейдакман Акчекеев |
| 9 | Карылардын камбаркан | 8104 | 1'45 | Эркесары Бекбасаров |
| 10 | Карылыктын кербези | 8013 | 2'30 | Самсалы Аликеев |
| 11 | Карылардын кеңеши | 3985 | 2'20 | Абдракман Кыдырбаев |
| 12 | Карылардын кеңеши | 3997 | 1'48 | Муса Молдоканов |
| 13 | Карылардын кеңеши | 2008 | 2'24 | Шабий Токтоев |
| 14 | Карылардын ыргама | 1784 | 2'54 | Эркесары Бекбасаров |
| 15 | Карыянын кубанычы | 3077 | 2'32 | Ыбырай Туманов |
| 16 | Карыгандагы кайран күү | 1835 | 2'41 | Токтосун Тыныбеков |
| 17 | Карылардын кайраты | 4390 | 3'00 | Турсун Карымшаков |
| 18 | Карыянын күүсү | 3868 | 2'40 | Абдыкадыр Жаналиев |
| 19 | Өттү-кетти балалык | 8107 | 1,118 | Эркесары Бекбасаров |
| 20 | Карыянын элеси | 6944 | 4'36 | Төлөн Касаболотов |
| 21 | Абышкалардын дөңгө чыгары | 5422 | 2'33 | Асанбек Кыдырназаров |
| 22 | Үч абышканын кеңеши | 3175 | 2'57 | Асанбек Кыдырназаров |
| 23 | Талаада калган сөөк | 9723 | 6'52 | Асанбек Кыдырназаров |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 24 | Карылыктын алды | 2997 | 3'32 | Шекербек Шеркулов |
| 25 | Карыгандагы арманым | | | Жусуп Самаков |
| 26 | Карылардын бактысы | 4358 | 6'00 | Ысмайыл Борончиев |
| 27 | Кемпирлерге керек күү | 3368 | 2'10 | Эркесары Бекбасаров |
| 28 | Сабыр чалдын арманы | 9633 | 2'38 | Асанаалы Кыштообаев |

# АТА-ЖУРТ КАЙРЫКТАРЫ

Туулган жер — ата-бабалардын урпактарга аманат калтырган ыйык тэбериги. Ал улут ээлигине, калк карамагына алынып, көздүн карегиндей сакталып келген. Ырас, мезгил агымында жер талаш маселеси канча кызыл кыргынды, кара сүргүндү салбады. Ар-намысты туу туткан эл ач көз душмандарга алакандай жерин бастырбай аталар тэберигин коргой билишкен.

Аскасы асман тиреген Ала-Тоо, суусу тунук, куму дары, алкагы жашыл, күнү жарык, чалкып жаткан Ысык-Көл, жаңгак токоюнан күн көрүнбөгөн Арстанбап, күү-шаа түшкөн Нарын дайра, Сулайман тоо, Сары-Өзөн-Чүй, айкөл Манас мекендеген Талас, Ош, Аксы... алмустактан ак калпактуу кыргыз элине таандык төрлөр. «Ата-Журт» деп айтылат, «Эне-Мекен» деп эскерилет. Булар бар байлыктын: алтын, күмүш, темир, көмүр, мунай, калай, жез, коргошун, сымап, сурма, акак, жакут, каухар деген баалуу да, ардактуу да кендин мекени. Ата-Журтунун көз каранды эместиги үчүн канча азаматтар ажалга тик карап, кандуу кармаштарда жан беришкен. Эне-Мекендин ээлиги болуш үчүн эчен эр бүлө эсепсиз жер кезди, акыл, айла-амал колдонду. Тогуз ай көтөрүп, токсон толгоо тартып, наристе төрөп, ага ак сүтүн эмизип, эрезеге жеткирет эне. Тоосунан топурагына чейин, кумунан шагылына чейин май чыккан, жайлоо жайыттарынан жакасында оттогон шылдыр аккан булактарынан суу ичкен, төрт түлүк жапайы жана бакма жаныбарларга да мекен — кыргыз жери. Мекен баарынан ыйык. Бул жөнүндөгү уламаны уласак: бир заманда эки улут эл коңшу жашашты. Ач көздүктүн акыры коңшулардын колтугуна суу бүркүп, бир башчы каршылашына доомат артты:

— Карагер тулпарыңды алдыма тарт, антпесең кан төгүлөт, калайман башталат.

Экинчи уруунун башчысы бул талапты кыңк этпестен орундатты.

— Эми, ай-чырайлуу кызыңды себи менен колума саласың.

Бул доомат да орундалды. Кыйкым таппай турган өкүмдар дагы бир талабын таңуулады:

– Койнуңдагы аялың мага көз артып калды, колун сунуп жатат, аны кандай кыласың?!

Арамзадан арылуу этеги ачык аялынан да аша кечип узатты. Акыркы талап: конгон конушуңду таштап, башка жерге которуласың, – деди. Бул зордукка чыдабаган эл башчы, Теңир-Тоо аймагынан теменедей жер бербесин, жер үчүн башты сайып, ажал менен арбашып кандуу кармашка чыгарын кабарлады. Алакан отундай жер үчүн согуш оту тутанды, акыры адилеттик жеңди. Ач көз падыша ажал таап, эли-журту туш-тушка тарады.

Ата-Журт, Ар намыс, Эне-Мекен тууралуу ата-бабалар насыйкаттаган аспап кайрыктары канча! Тоо ылдый бой урган шар суулар, күү-шаа түшкөн шаркыратма капчыгайда бууракандап аккан дарыя бирде тынч, бирде жай толкуган көл толкуну, бет сылаган желаргы шоокуму; шыңга карагай, кайың, теректердин термелиши; жашыл ыраң көк шибердин ыргалышы; кызыл-тазыл байчечек гүлдөрү көз жоосун алган ал гүлдөрдүн түрлөрү... анысы да-мунусу да, муза дүйнөсүнүн сыры го, сыйкыры го, музыка кубулушу го чиркин!

Санжырадан узун сабак кеп салып, убай-чубай уламадан сөз салып, акыл-насаат каймактарын калпыган, аны коштой обон созо ыр салып, колундагы комузунун кош кулагын бураган, угарманын муютуп кыл кайрыгын чубаган өнөрпоздорго Ала-Тоо койну толтура. «Камбаркандары» кагылып, «Кербездери» чертилген, «Шыңгырамалары» шыкалып, «Ботойлору» боздогон, кыл кыягы кылын чоюп, добулбасы добуш кошуп, сыбызгысы сыбызгып, комуз күүсү коштогон кыргыз күүлөрүн уккула жарандар! Теңир-Тоонун тентек желиндей, Ысык-Көлдүн удургуган толкунундай, Нарын дарыянын күр-шарындай, Ак-Бууранын агымындай, Арстанбаптын шаркыратмасындай, Чаткалдын куймаларындай, Сулайман тоосунун сулуулугундай, Долондун добушундай... ажайып дүйнө күүлөрүн уккула, жарандар!

## «Ала-Тоо»

Баш кийим бардык элде бар,
Байыртан жашап келди алар.

Ак чоку кийген бир элди,
«Айтып бер» десең, мен даяр.
*Байдылда Сарногоев.*

«Ак чоку» — аскасынан ак кар, көк муз кетпеген Ала-Тоонун салыштырмалуу аталышы. Ала-Тоо — азербайжан, түркмөн элдеринде «аладаг», уйгурча «алатаг», алтай тилинде «алатуу», өзбекче «алатог». «Ак-Тоо», «Теңир-Тоо», «Муз-Тоо» аталыштары да бар. «Тянь-Шань» деген аталыш «тянь» — асман, «шань» — тоо — «Асман-Тоо» дегенди туюндурат.

Элдик ыр-күүлөрдө «Керме-Тоо», «Тагылдыр-Тоо», «Багылдыр-Тоо», «Шагылдуу-Тоо» аталыштагы кайрыктар аз эмес. Ал жөнүндө кезеги келгенде сөз козгоорбуз. Кыт куйгандай угумдуу, жугумдуу, күүлөр угарманын алгач бир «селт» эттирип алат да, аягына чейин кунт коюп тыңдоого мажбурлайт. Кыл зергери Ыбырай Туманов: алтын-күмүш кенге бай, арасы толгон малга жай, жакасы толо кызылча, пахта, мөмө, данга бай, төрт түгөлү шайма-шай «Ала-Тоо» аттуу күүсүн тартуулаган.

Тарыхый узак жолдордо элибиз эчен курдай ырайымсыз күчтүү жоолордун соккусуна кабылып, аёосуз чапкындардын айынан тополоңу тоз болгон, Каңгайдан Алайга, Лейлектен Жызакка, Алайдан Мургапка, Кысарга таруудай чачыраган учурлар болгон. Ала-Тоодон Кытайга үркүп, сүрүлүп канча азап тозокту көрбөдү. Кайда жүрбөсүн, каякка сүрүлбөсүн, Ала-Тоо көздөн учуп, ага кайрылып барууну эңсешкен. Сагынычтан арманын айтып, күүгө салып, комузу сырын тең бөлүшкөн. Карт тарыхта кыргыздар үчүн Манас баатырдан бери Ата Мекенди коргоо башкы маселелерден болгон. Бул салт атадан балага өтүп келген. Манас Ала-Тоону жана Ордосту Кытайлардан кайра тартып алган. Бирок, мезгилдин өтүшү менен отурукташкан Кытай, б. з. ч. 127-жылы Ордосту, андан мурда Ин-Шанды (Ала-Тоону) «каардуу кулдардан» (кыргыздарды айтып жатат) тартып алган жери бар. Хунндар өз мекенин кайрып алуу үчүн улам-улам согуш ачып турган. Хяо-Вын-Динин тушунда хунндарды өз жеринен ажыратып, Шамонун ары жагына куушкан. Хунндар Ала-Тоо кырка тоолорунан ажырагандан кийин ал жерден өтүп баратканда ыйлабай коё алган эмес. Жан кейитээрлик оор абалды арман ырлар, күүлөр аркылуу беришкен:

Адыр, адыр, адыр тоо,
Арсайып турган аска-зоо.
Томсортуп ыйык жеримди,
Боздотуп кыргыз элимди,
Карарган чаңды буратып,
Карыккан элди сулатып,
Кайдан чыкты калың жоо?

Эзелден бери кыргындуу,
Замандын жолу тар экен.
Дүрбөлөң салчу жоо келбес,
Көшүлгөн заман бар бекен?
Көгөрүп жаткан кең асман,
Сурданган бийик Ала-Тоом,
Элиңди тартчы бооруңа!..

Кайран эл чабылып-чачылды, жеринен сүрүлдү, тентиди-тербиди, бирок акыры Ала-Тоо аймагынан ажырабады, кайрылып келип тууруна конуп, тоо койнунда жашап жатты.

Айта кетели. Жараткан пенделерине жер бөлүштүргөн экен. «Бардыгы энчисин алды, ырыскы бөлүү бүттү» деп турганда уйкусураган көздөрүн ушалап Теңирге кыргыз келет.

– Ой, сен кайда жүрдүң буга чейин?

– Уктап калыпмын, азыр ойгондум.

Жараткан баарына тегиз карайт эмеспи. Элге берген энчиден кыргызды, кантип куру койсун? Жараткан өзүнө арнап калтырган «бейиш жайын» кармата берген экен кыргызга. Чындыгында, Ала-Тоо – жарык дүйнөдө сейрек кездешчү – «бейиштин төрү». Ак кар жамынган, көк музга оронгон тоолору, көк майсанга көмүлгөн жылга жыбыттары, мелмилдеген мейкин-өрөөндүн өрүштөрү, күргүштөп аккан дарыялары, дүйнөдө сейрек кездешкен көк кашка тунук суулары эмне деген керемет! Жайыты толо жаныбарлар, жабыла учкан канаттуулар, арча, кайың, карагат, жаңгак өскөн чер токойлор, табигый кен байлыктардын ар түрү бар эмеспи. Талааларда эгин, пахта, жашылча, жемиш өсүмдүктөр... Калган санакты акын Тоголок Молдо толуктасын:

Булбулу сайрап чөлүндө,
Күкүгү сайрап төрүндө.
Балыгы сүзүп көлүндө,
Суунун кени Ала-Тоо.

Кары да жаштын деми бар,
Калтырбай айтар эби бар,
Алтын, күмүш кени бар,
Баары толук Ала-Тоо.

Элик, бөкөн, кураны,
Бугу, марал бу дагы,
«Толубай курук тобо» – деп,
Тоосунда боздойт улары.
Талаа, түзү куру эмес,
Шаркырап аккан булагы.
Таалайлуу жерди ээлеген
Жалпы кыргыз турагы.[36]

Акын Сооронбай Жусуев «Алтын бешик» сөз маанисин мындайча бүткөрөт:

«Алтын бешик этеги салкын дешип,
Азиз достор тоого көз салсын дешип,
Алпарышса «жыргап эс алсын» дешип,
Жүргөнсүдүк чөп эмес, алтын кечип.
Таттуу ырды татына кыз ырдады,
Далайлардын жүрөгү тызылдады,
Сезгендирсиң, сен дагы Алтын бешик?»

Ала-Тоодо түгөнгүс муз-мөңгү жайгашкан. Аянты 7938 чарчы км. Муздуктун калыңдыгы 300-400 метрге барабар. Касиеттүү Хан-Теңирге жамаатташ Эңилчек муздугу, Ысык-Көлдүн сыртында Ак-Шыйрак муздугу ж.б. жатат. Бул мөңгүлөр төмөнгө мөлтүр кашка, тунук суу берип турат. Мезгил өткөн сайын дүйнө жүзүндө суу тартыштыгы болуп көрбөгөндөй өсүүдө. Тоо байлыгы – эл байлыгы. Байлыкты өз колубуз менен тонобой, сатыкка кармата салбай, экологиялык дартка чалдыктырбай, көздүн карегиндей сактайлы.

Туптунук аба кайда бар,
Турмушту бузат майдалар.
Атырын чачкан жел болсо,
Адамга андан пайда бар.
Каптаса түтүн, уу заттар,
Кандайча бизде айла бар?..

36 Тоголок Молдо. Чыгармалар. II том. – Ф., 1970. 57-бет.

Токойлор толгон көрктөнүп,
Тоо, ойго турчу көрк берип.
Жаман бир акмак колунан,
Жатпайбы жылда өрттөнүп.
Оңойбу ушул байлык деп,
Оюмду жүрөм төрт бөлүп.

Акын Карачал Курманбаевдин түпөйүл оюн журналист Кубан Мамбеталиев мындайча улайт: «Биздин жолубуз бутубуздун астында: Ысык-Көлдүн кумунда, Чүйдүн топурагында, Таластын тамекисинде, Оштун пахтасында, Жалал-Абаддын жаңгагында, эң башкысы аскасы асман челген Ала-Тообузда. Жер үстүндө, жер астында, асманыбызда, сууларыбызда, абабызда, түтүнүбүздө! Кыскасы макоолугубуздан кутулсак, өзүбүздүн жолубузга өзүбүз ээ болобуз. Башка мамлекеттерге таң калып, суктанып, оозубуздан шилекей агызганды койбосок, былжырай беребиз!» («Кыргыз руху» гезитинен).

**Радионун музыкалык «Алтын казынасына» жазылган күүлөр:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Ала-Тоо» | 394 | 4'47 | Ыбырай Туманов |
| 2 | «Ала-Тоо» | 673 | 2'45 | Сейдакман Акчекеев |
| 3 | «Улуу тоолор» | 7261 | 3'40 | Нурак Абдракманов |
| 4 | «Ала-Тоо» | – | – | Асанбай Каримов (чоор күүсү) |
| 5 | «Ала-Тоо» | – | – | Шакен Жоробекова (жыгач ооз комуз) |
| 6 | «Тоо ыргагы» | 10050 | 2'40 | Сүйдүм Төлөкова |
| 7 | «Тоо жолу» | – | – | Толтой Мураталиев |
| 8 | «Тоо гүлү» | 3923 | 2'00 | Алтымыш Мундузбаев |

## «Керме-Тоо»

Көгөндө тизилген козулардай кыркаар тарткан тоо каттамдары «Керме-Тоо» аталат, мал байлоого арналып, кере тартылган арканга салыштырмалуу аталыш. Үч кыл комузда, көбүнчө темир комузда ойнолгон «Керме-Тоо» деген күүлөрдүн чоң тобу радионун музыкалык казынасында сакталуу. «Керме-Тоо» байыртадан эл оозунда ырдалып, аспаптык күүлөргө салынган чыгармалардан. «Алтын Ордо» өлкөсүнүн ханы Жаныбектин тушунда (1342-1357) моңголдордун кысымына туруштук бере албай көчмөн эл Об дарыясынын боюна сүрүлгөн. Жер оодарган уруулардын ичинде кыргыздар болгон. Бөлөк эл, бөтөн жерде кыйналган кыргыз урууларын баштап Асанкайгы акылман Ала-Тоого көчүп жөнөгөн. Аттары ыргайдай, өздөрү куурайдай болуп, чаалыгып, чарчаган калк жүрө-жүрө Ысык-Көлгө жетет. Кыркаар тарткан күңгөй-тескей тоолорду көрүп, аксарбашыл айтып, түлөө өткөрүп, шартылдата күү чертип, аны төмөндөгүдөй ыры коштогон дейт:

Керме-керме – Керме-Тоо.
Керме-Тоонун сары өзөн,
Туура суунун баары өзөн.
Оту-чөбү жок туруп,
Малы семиз Керме-Тоо.
Упа эндиги жок туруп,
Кызы сулуу Керме-Тоо.

Кытайлык кыргыз кандаштарыбыз «Керме-Тоо» күүсүн келиштире чертип, дастан кылып ырдап келатат. Кызыл-Суу кыргыз басмаканасында иштеген Мамбет Асан Эргинин «Акын жүрөгү» аттуу жыйнагына кирген «Керме-Тоо» ырынан келтирели:

Оо, Керме-Тоо!
Керегедей керилип,
Азууланып,
Асман тиреп жаткан тоо.
Алга карай,
Жайып кучак чалкайып,
Алп бүркүттөй,
Канатын кең каккан тоо.
Башыңдагы,
Касабалуу кар музуң,

Алчыланган,
Ак калпагым — таажымдай.
Көк секилер,
Ак аскалар, боз таштар,
Мен олтурчу,
Алтын туурум — тагымдай.
Ай-ааламдын,
Акак тоосун берсе да,
Алмашпаймын,
Өзүңдү эмес ташыңды.
Тууганда энем,
Өз койнуңда көз ачтым,
Өлгөндө да,
Сага коём башымды.
Топурагың,
Тотуямдай, торкомдой,
Токойлоруң,
Кара кундуз чачымдай.
Жазгы жылууң,
Доско деген мээримдей.
Кышкы ызгаарың,
Каска деген каарымдай.
Жаңырыгың —
Обонумдай, күүмдөй.
Толкуп жаткан,
Толкундары дайраңын,
Ташып жаткан,
Талантымдай, күчүмдөй.
Тоодо туулуп,
Тоонун күүсүн чертпесем,
Кантип жетем,
Кадырыңа, баркыңа?
Кайрап калем,
Акын уулуң ак таңдай,
Арнайт дастан,
Атагыңа, даңкыңа!

**Радионун музыкалык «Алтын казынасына» алынган күүлөр:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Керме-Тоо» | 2502 | 2'00 | Атай Огомбаев |
| 2 | «Керме-Тоо» | 3682 | 1'57 | Асылбек Эшманбетов |
| 3 | «Керме-Тоо» | 3285 | 1'39 | Жали Алиев |
| 4 | «Керме-Тоо» | 9560 | 1'48 | Кулмат Асанбаев (кыяк күүсү) |
| 5 | «Керме-Тоо» | 1788 | 1'50 | Эркесары Бекбасаров |
| 6 | «Керме-Тоо» | 8500 | 1'55 | Канат Базаркулов |
| 7 | «Керме-Тоо» | 2361 | 1'36 | Усубалы Казаков |
| 8 | «Керме-Тоо» | 3240 | 3'10 | Кошалы Кыскараев |
| 9 | «Керме-Тоо» | 9142 | 3'18 | Датка Шакеев (кыяк күүсү) |
| 10 | «Керме-Тоо» | М.635 | 1'01 | Жумаш Саркөбөнов (темир комуз) |
| 11 | «Керме-Тоо» | 6738 | 1'30 | Барамша Абдракманов (темир комуз) |
| 12 | «Керме-Тоо» | 9706 | 2'06 | Анарбай Эрмеков |
| 13 | «Керме-Тоо» | 10083 | 1'55 | Толтой Мураталиев |
| 14 | «Керме-Тоо» | М.618 | 2'52 | Кеңеш Сулайманов |
| 15 | «Керме-Тоо» | 2361 | 1'36 | Усубалы Казаков |
| 16 | «Керме-Тоо» | 9103 | 1'55 | Ыбырай Туманов |

## «Багылдыр-Тоо»

Жапайы кайберендин жетиле элек эркек улагын «багылдыр» дешкен. Багылдырдын байырлаган мекени – бөксө тоолор, кокту-колоттор болгон. Темир ооз комузчу Зина Шайбековага элдик оозеки адабиятты жыйноочу Буудайбек Сабыр уулу жолугуп, «Багылдыр-Тоо» күүсү тууралуу төмөндөгү окуяны жазып алган: «Илгери-илгери ата-энесинен ажырап, томолой жетим калган кыз, байдын үйүн байырлап, байбиченин кызматын өтөп, күн өткөрөт. Жетим кызды кемсинтип, үйлөрүнөн окчунураак кара алачык тигип берген экен. Күндөрдүн биринде кыз суу алганы булак боюна келет. Чака толтура сузуп алып, мындайраак барып, атасы

менен энесин эстеп, көз жашын төгүп ыйлайт. Ошол учурда «чап» эткен жаанын жебеси учуп өтүп, кайберендин мойнуна сайылат. Тигиндейден чуркап келген мерген кайберенди мойнуна көтөрүп кетет. Азбы-көппү, убакыт өтүп-өтпөй булт этип кайберендин улагы – багылдыр булуңдан чыга калат. Эки жагын элең карайт, маарайт, энесин издейт, жоктойт. Энесин эстеп, ыйлаган малай кыз эсине келип, энесин издеп маарап турган багылдырга боору ачып, жардам бергиси келет. Багылдыр чоочуркап кызга жакындабайт. Айласы куруган кыз эчки болуп мекиренип, маарай баштайт. Андан айла болбогондо, чакадагы сууну төгүп салып, ичке чыбык менен кылдырата баштайт. Ал эчкинин маараганына окшойт. Багылдыр эки жагын элтең каранып, үн чыккан тарапка жакындайт.

Эртеси кыз дагы суугa келет. Багылдыр ошол жерди пааналап, айланчыктап жүргөн. Кыз чакасын кылдыратат, багылдыр кулагын делдейтип үн чыккан тарапка жалт-жалт карайт, энесин издегенсийт. Күн сайын бул оюн кайталана берип, багылдыр менен жетим кыздын эрмегине айланат. Багылдыр акыры кызга үйүр алып, үйгө чейин келчү болот. Кыз жанына келген улакты эркелетип, башынан сылап:

Багылдыр-Тоодон сен келдиң,
Бай үйүнөн мен келдим.
Сенин энеңди атты шум мерген,
Менин энемди ажал сермеген.
Сен да жетим, улагым,
Мен да зарлап турамын.
Ой, багылдыр, улагым,
Ойнойлу деп турамын, –

деп ырга салып, оозуна тиштеген аспапты муңканта кага берет. Багылдыр кыздын оозундагы аспаптан чыккан үндү эркелеткен энесинин маараганына окшотуп, кара алачыктын ичинде даң салып ойной баштайт. Кийин-кийин кыздын оозунда ойнолгон аспапты усталар өркүндөтүп, темир ооз комузду жасашкан. Бул окуя алгач эл оозунда эрмек болуп айтылып келсе, тоодон түшкөн кайберендин улагынан улам «Багылдыр-Тоо» аттуу күү жаралып, темир ооз комузда кагылып калган». «Багылдыр-Тоо» аттуу темир ооз комуз күүсүн радионун музыкалык казынасына Зина Шайбекова тапшырган.[37]

37 Буудайбек Сабыр уулу. Эл шайырлары. – Ф., 1980. 143-бет.

## «Тагылдыр-Тоо»

Тектеш элдердин тилдериндеги «таг», кыргызча «тоо» деген терминдин варианты. Бул эки сөздүн айкалышы табияттын ажайып кооздугун татына күү кайрыктарына салып, «Тагылдыр-Тоо» деп аталып, темир ооз комузда ойнолуп келет. Темир ооз комуз Азия чөлкөмүндөгү элдерде улуттук музыкалык аспаптарды толуктайт. Кыргыздын музыкалык маданиятында өз ордун жоготпой концерттик программаларды толуктап келген бул аспап аял затына гана тийиштүү көрүнгөнсүгөнү менен, азыркы шартта эркектер да эргүү менен кагып келет.

Темир ооз комуз күүлөрүнүн өзөгүн түзгөн «Тагылдыр-Тоо» күүсү кандайча репертуарга кирип калган? 1939-жылы май, июнь айларында Москвада өткөрүлчү кыргыз искусствосунун биринчи декадасына даярдыктар жүрө баштайт. 1938-жылдын экинчи жарымында Кыргыз мамлекеттик филармониясына «Манас» айтуучулар, комузчулар, кыл кыякчылар, чоорчулар, сурнайчылар, обончулар топтолуп жаткан. Көп өтпөй бул коллективге темир ооз комузда ойноонун дагы бир чебери Адамкалый Байбатыров кошулат. Адамкалыйдын аткаруусундагы өзгөчөлүк эки темир комуздун тулкусун эки ууртуна салып, эки колу менен жаагын жанып, колдорун кооз ойнотуп «Тагылдыр-Тоону» кагып аткарганда угармандар ууз сезимге жуурулуп калчу. Добуштун бийик же басыңкы чыгышына жараша аткаруучунун дем алуусу жана дем чыгаруусу күү кайрыктарына канат бүткөрүп, кайсы ыңгайда болбосун аспап менен тил табышып, керек болгондо өзүн-өзү сүрөгөн керемет үн чыгып турчу. Декада күндөрүндө темир ооз комузчулар ансамблинин аткаруусунда «Тагылдыр-Тоону» уккан москвалыктар аспаптын сыйкырдуу добушуна таң калганы али күнгө чейин айтылып жүрөт.

**Радионун музыкалык «Алтын казынасына» алынган күүлөр:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Тагылдыр-Тоо» | М.326 | 2'02 | Токтосун Тыныбеков |
| 2 | «Тагылдыр-Тоо» | 5775 | 2'15 | Бермет Ашымбекова |
| 3 | «Тагылдыр-Тоо» | 324 | 2'50 | Жумагүл Исакова |
| 4 | «Тагылдыр-Тоо» | 6574 | 0'54 | Зина Шайбекова |
| 5 | «Тагылдыр-Тоо» | М.748 | 2'08 | Кошалы Кыскараев |
| 6 | «Тагылдыр-Тоо» | 6076 | 4'09 | Токтосун (кыякта)<br>Толтой (кыякта)<br>Самара (комузда) |

## Ысык-Көл кайрыктары

Жер-эне балкылдап ийип, тоо койну толкуп, көл чөйчөгүн бөксөртпөй баласындай бапестеп багып келген. Ата-баба көл суусуна бутун салбай, этият жүзүн чайып, мал-жанды оолак кармап, акактай таза сактап келген. Бул аруу мамиледен айланса болот. Көлгө какырынып-түкүрүнүү, заара ушатуу, булгоо – ыймансыздыктын, адепсиздиктин, айбандыктын белгиси.

Ажал чачкан алаамат үркүндө көөкөргө көлдүн суусун куюп, көк тулупка кумунан салып, койнуна катып, «айланып келип көргүчө» деп, алтын бешик ыйык көлүн аманат калтырып, «арманын» айтып коштошуп, азаптуу сапарга багыт алган кыргыз эл. Ачкалыкта ошол көөкөрдөгү суудан эрдине сүртүп, сыркоолосо оозго тамызып, көл тамчысынан каниет алып, кайрат байлап, өлгөндөн калгандары кайрылып келген: «Оо, касиетиңден айланайын, Ысык-Көлү-үм, карааныңды көрдүм, арманым жок!..» деп, суусунан бир ууртап, жан бергендер канча болгон? Он ай көтөрүп, омурткасы сыздап төрөгөн эне сымал, киндик каны тамган асыл Көлүнүн баркын артык баалаган бабалар. «Ысык-Көл» деп аталышына кайрылсак: «ысык» деген терминдин варианттары «idug», «ызых», «ыйык», «ыдык», «ытык»... болуп, тээ байыртадан айтылып келген. Булардын маани жайын кыргызчалатсак: «ыйык», «керемет», «азиз», «курман», «фетиш» дегенди билдирген.[38]

Тарыхый маалыматтарга таянсак, Ысык-Көл жөнүндөгү алгачкы кабар б. з. ч. II кылымдарда кытай жазууларында «Жехай» жана «Яньхай» түрүндө кездешкен. «Жехай» – «Ысык-Көл», «Яньхай» – «Туздуу-Көл». Кайсы бирөөлөр «Жыт-Көл» дегенди да жабыштыра салышат. Бирок, мындай аталыштар жергиликтүү калкка анча жага бербеси анык. Моңгол доорунда «Темирту-Нор», калмактар тушунда «Туз-Көл» деп аталган. Ысык-Көлдүн жаралышы тууралуу эл оозунда бир нече уламалар айтылат. Алардын бири: байыркы замандардын биринде Ысык-Көлдүн орду гүлдөгөн шаар экен. Бир мезгилде кудуктагы суу ташып, шаарды басып, көлгө айланган экен. Кышкысын тоңбогондугуна байланыштуу да бир катар илимий изилдөөлөр бар. Көлдүн күнгөй-тескейи тоолор менен курчалган, узундугу 178 км, туурасы 60 км, орточо тереңдиги 278 м, эң терең жери 668 м, аянты 6236 км$^2$, көлөмү 1738 км$^3$.

38 Кыргыз жергеси. Энциклопедия. – Ф., 1990. 351-бет.

Ысык-Көлдүн айланасында катуу суук, ысык аптап болбойт. Чыгышы – Түп өрөөнүнөн ылдый «Санташ», батышы – Балыкчы тараптан «Улан» шамалы уруп турат. Ысык-Көл жээгинин климаттык шартынын ыңгайлуулугу, табыятынын кооздугу, дары баткактарга жана минералдык сууларга байлыгы менен ири курорттук зонага айландырууга толук шарты бар. «Көгүлтүр Ысык-Көл», «Чолпон-Ата», «Жыргалаң», «Жети-өгүз», «Ак-Суу», «Тамга», «Ала-Тоо» сыяктуу курорт, санаторий, дем алуу үйлөрү, туристтик базалар бар.

Көргүм келет, көргүм келет миң ирет,
Айткым келет «сүйөм, көлүм, сүйөм» деп.
Элесимде көл жатпаса шарпылдап,
Ырларымда анда кайсы касиет?

*(Алыкул)*

Ысык-Көл – поэзияда, музыкада бүтпөс тема. Боом капчыгайынын чыга бериши – Балыкчы шаары. Арылагыңыз келсе күңгөй-тескей айры жолдун бирин тандаңыз. «Ассалоому» алтын бешик Ысык-Көл!» – деп, күңгөйүнө багыт алсаңыз, түрмөк-түрмөк толкундар кол булгалап азиз мейманын тосуп алып, коштой бармак. Сапарда ээрчип жүргөн «Кызыл-Омпол уланы» толкун үйлөп, алп Манасчы Саякбайдын жомогун жолдой бармак. Кызыл-Омпол кылактап кыяларда кала берип, андан ары «Кызыл-Кыя керимсели» уланмак. Ал толкундардын коштоосунда эми Карамолдонун кайрыктары, Ыбырайдын ыргактары, Чалагыздын шыңгыр добушу күү какмак.

«Күү артынан күүлөр келет уланып,
Муну Көл деп айтуу кыйын ынанып.
Бул Көл эмес – Карамолдо Орозов!
Бул Көл эмес – бул Ыбырай Туманов!
Терең жерде тирүү бойдон экөө тең,
Жатат окшойт залкар күүсүн чыгарып».

*(Ж. Садыков)*

## **«Ысык-Көл»**

Комузчу Төлөн Касаболотовдун аткаруусундагы күүдө бүтүндөй оркестрдин унисон тобу, алым-сабак жарышкан аспаптардын добушу жаңырып жаткансыйт. Бир тарабы чагылган чартылдап

жамгыр төккөндөй, бир тарабы күлүңдөгөн күн нурундай көл климатынын сырдуу кубулушун көзгө элестетет. Аткаруучудагы бул өзгөчөлүк кыл басылыштарынын (позициясынын) ушунчалык тездикте алмашып туруусу, бирок добуштар ырааттуулугун сактаган үч кылдын эриш-аркак чыйралуусу көз боёчудай көркөмдүк кереметти көңүлгө уютат.

Көл көркү ай, акындарыбыздын баамында:

«Көл көркү ай, күн кылкылдап баткандагы
Отко окшойт ак булуттар асмандагы.
Кызарат ак мөңгүлүү тоонун учу,
Кызарат көл жээгинде таштар дагы.
Чын эле, бул Ысык-Көл асман белем,
Чын эле, комуз күүсү дастан белем?».

## «Ысык-Көлдүн жээгинде»

«Көлдө туулуп, көл жээгинде кумга оронуп, көл суусунда балыктай чабак уруп чоңойдум. Эр жетип өз алдымча турмуш сересине бой урганы көл жээгине көп келем сейилдеп. Толкундар жээкти ургулап, шарпылдап турганы көңүлүмдү көтөрүп, өзгөчө рахат тартууласа, батыштан «Улан», чыгыштан «Санташ» жортуп, сулуунун чачын сылагансыган мээримин жакшылыкка жоруй берем. Көл-эненин кечээгиси кыялымда кылактап, бүгүнкүсү көз алдымда булактап, эртеңкиси сап тартып, ыраактап тургансыган абалын сөз менен жеткире албай, сөзсүз, комузумдун кулагын бурайм «айтуучуңду эми ортого сал» – деп сурайм. «Ысык-Көлдүн жээгиндеги ой-толгоолор ошондо ободо жаңырып, жандырмагы угармандарга коюлат» – дейт, комузчу Намазбек Уралиев.

Кылкылдап көлгө чөгүп күндүн чети,
Кыпкызыл көлдүн бети, көктүн бети…
Бул өзү башка жерде кайталангыс,
Бул өзү – Ысык-Көлдүн керемети».

## «Атам жана Көл»

Келечегинен көптү үмүттөндүргөн уялаш комузчулар: Камчыбек менен Рысбектер көлү жөнүндө атасы Жунуштун айткан насааттарын күүгө салышкан: «Байыртадан бабаларыбыз,

жакынкы эле аталарыбыз илим-билимден алыс калган... деп, кээде кейип кетебиз. Бирок, алардын ички дүйнөсү ушунчалык таза, бардыгын айтпасак да жаратылышты жандай сүйгөн сезими ушунчалык өнүккөн, аны улуттук идеология деңгээлине салыштырсак туура болор. Табият тартуулаган кооз жайларды мазар тутушу, бир чырпыгын сындырбай акактай көлдү тунук урунушу, ага сыйынышы айтканыбызга мисал. Эчен кыргын-сүргүндөн аман калгандар кайтып келип, Ысык-Көлүн көргөндө тамчы суусун ууртап, өздөрүн бейишке чыккандай сезген.

Жээгинде куму алтын суусу дары,
Өмүргө өмүр кошуп кубат берген.
Чын эле бул Ысык-Көл бейиш белем,
Аталар алмустактан ыйык көргөн...

Бул ыр саптары Камчыбек менен Рысбектин күү кайрыктарынан кабар берген баян. Илимпоздордун иликтөөсүндө дүйнөгө беш колдой белгилүү Женева көлүн Ысык-Көлгө салыштырганда ажайып көрк андан ашса ашар, бирок кем калышпай тургандыгы айтылып келет.

Көл толкундайт бууракандап көбүрүп,
Мен жээгинде турам ойго чөмүлүп.
Көлдүн күүсү – кулак курчу канбас күү,
Күр-шар этип жайнап кетет төгүлүп.
Маа сезилет: Карамолдо күү баштап,
Көл оркестр ойногонсуп көрүнүп.

Көл мемирейт... Олда, көлдүн кылыгы ай!..
Күндүн нуру жылт-жулт этет шурудай.
Кулак түрсөм, жан жыргаткан күү чалып,
Ойду термейт майда толкун жыбырай.
Ошол чакта маа сезилет: тереңде,
Комуз чертип отургансып Ыбырай.

## Ысык-Көлдүн көйгөйү

1998-жылдын июль айларынын биринде комузун колтугуна кысып, колуктусун ээрчитип үйгө Нурак иним келип калды. Кучакташып, көрүшүп, көчүк басып, дасторкон үстүнөн жай алдык.

Аз убакыт өтпөй кошунабыз Мырзабек аксакалдын чакыруусунда болуп, конок кудалары менен аралаштык.

«Топ жыйынды көргөндө, толукшуп кетчү адатым» деп Током айтчу тура. Той, үлпөттөрдө топтун көңүлүн аччу шайыр Нурак негедир шаабайы суугансып, көңүлү суз. Суроочулардын талабы боюнча комузун күүгө келтире коомай таризде кеп урду Нурак комузчу: «Франция сапарынан жаңы эле Бишкек аэропортуна келип түшкөнүбүздө «көл ууланды» деген суук кабарды угуп, мөлтүр көлүбүзгө келген кырсык жүрөгүмдү өйүп турду. Бул эл үчүн эбегейсиз оор кесепет экендигин, аны ар жаран кандайча түшүнөрүн көз алдыма элестетип жаттым. Үйүмө келип, эшиктөрдү аттап, катын-баламды кучактап, сагынычымды тараттым. Бирок, Көл кырсыгы көңүлүмдү өрөпкүтүп турса, көшүлүп уктай албадым. Акылымдагыны арман ырга чүргөп, кыжаалат абалымды кыл кайрыктары менен бөлүшкүм келди. Акырында «Ысык-Көл» көйгөйү болуп дирил каккан кыл кайрыгын коомчулукка ишараттоону эп көрүп, эфир аркылуу калайыкка кайрылсамбы дедим. Бирок, бийлик билермандары Көл-эненин көз жашын көрмөксөнгө салып, уу чачкан ууруларды далдалап далбас урганы байкалды. Бугумду чыгарсамбы деп, күү билерманы, Асан аба, сизге кайрылдым. Жүрөк сыздагын эч болбоду дегенде үн тасмаңызга көчүрө турууңузду эп көрдүм.

«Кыргызымдын ырысы» деп, белек берген Теңирим,  
Кылымдардан кылымдарга чалкып жаткан көк ирим.  
Мөлтүрөйсүң Ысык-Көл,  
Кыргыз элдин пейилиндей аруу назик көңүлүң.  
Алтын көрсө тойлогон,  
Алып-жулуп жойлогон,  
Арсыздардын залалы.

Ааламдагы ак мөлмөл,  
Арманым сен Ысык-Көл.  
Дабасын кайдан табамын?!  
Ата мурас ыйыкты,  
Кантип сактап каламын?!  
Арман, арман, арман а-ай!»

Барскон кырсыгын комузчу Нурак ушундайча кошкон комузга.

Оо, касиеттүү Көл-эне! Канчалаган кайталангыс таланттарды боюңа тарттың, торолттуң, топко коштуң. Атагы таш жарган алп акын, аспап чебери Арстанбекти бергенсиң. Ааламда теңдеши жок «Манасты» алмадай башка батырган Саякбайды бергенсиң. Жансыз жыгачка жан киргизген жалганда жок күү чеберлери: Карамолдо, Ыбырайды бергенсиң.

Боом капчыгайдан чыга бериш ортолукта орошон талант Саякбайыңдын айкели сапаркечтерди тосуп алса, шаңкайып Чолпон-Атанын чок ортосун Карамолдо кайраныңдын эстелиги ээлеп турса, калкайып Караколго кире бериште кайкаңдан Ыбыкеңдин айкели кол булгалап турса саякатчылар, саясатчылар үчүн улуттук ар-намыска сабак болмок. Ыйык көлүбүздүн батышын С. Тянь-Шанскийге тостуруп, чыгышын Пржевальскийге кайтартып, кайдыгер карап турушубузга жол болсун!

Өткөн ишке өкүнгөндө не?! Теңир Эгемендиктин-Теңчиликтин эки тизгин бир чылбырын энчиледи. Эми өз арбайыбызды согуп, өз агаларыбызды агалаганга акылыбызды жумшасак…

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Ысык-Көл» | 9115 | 3'01 | Ыбырай Туманов |
| 2 | «Ысык-Көл» | 6945 | 5'07 | Төлөн Касаболотов |
| 3 | «Ысык-Көл» | 5480 | 1'10 | Нуруйла Усупова |

## Ош кайрыгы

Акын Байдылда: «Кымбат жер барбы Ошко тең, кыялым эргийт «Ош» десең» деп ырдагандай күү чебери Болуш Мадазимов байыркы Ош шаарынын үч миң жылдык маарекесин утурлай «Ош кайрыгы» аттуу күү дестесин сунган. Акындын учкул ыр саптарын утурлай, аспапчылардын кыз жытындай жыпар кыл кайрыктары калкына кайрылып турганга не жетсин?

Отуз кылымдык Ош шаарынын маарекесин рухий байлыгыбызды жандандыруу катары кабылдасак, анын артыкчылыгына айланчыктабай койбойбуз. Окумуштуулар Ошту үч миң жылдыгын ыроолоп, байыркы шаарлардын сабына кошту. Алардын негизги далилдери археологиялык табылгаларда, жазма эстеликтерде жаткандыгы талашсыз.

Ырас, кыргыздар байыркы калк. Байыркылыгы тилибизде, дилибизде, динибизде, улама аңыздарда, санжыра сабактарда, эпостук дастандарда, аспаптык күүлөрдө, улуттук салт-санаа, үрп-адат уялап келет. Алмустак кабарынан козгогубуз келсе, дүйнөлүк тарыхка көз салып, Кытай жазмаларына кайрылабыз. Миллион сап ырды миң жылдар акылга сыйдырып, миң күүнү үч ичеги кылга кынаптап, миң жылдык ата мурастарын сактап келген эл ааламга дайын тарыхый шаардын атын унутта калтырмакпы? Атактуу комузчу Болуш Мадазимов «Ош – 3000» маарекесин утурлап «Ош жаңырыгы» деген күү чыгарып, комуз кылында жаңыртышы жаратмандыктын жагымдуу белгиси.

«Ош маарекесине» чейин Ереван шаарынын 2750 жылдыгы (1968-жылы), Самаркан шаарынын 2500 жылдыгы (1969-жылы) белгиленип, байыркы шаарлар баяны жарыяланып келген. Бабалар табияттын ар кандай кубулуштарына сыйынышкан. Бул Ош шаарын байырлаган тургундар үчүн мүнөздүү көрүнүш. Алар касиеттүү Ак-Буура суу пирине тобо кылып, шаарга жамаатташ Сулайман тоого пайгамбардын ысмын ыйгарышкан. Мусулмандардын диний түшүнүгүндөгү «Суу ээси – Сулайман» аталышты деле ушул ойго ыйгарганыбыз туура. Аңыздарда айтылгандай: «Азирети Сулайман пайгамбар тактысын дөөлөрүнө көтөртүп, тоонун чокусуна чыгып, төмөнгө көз жиберип рахатка батуучу экен. Шаардын ортолугунда агып жаткан дарыя суугa жөнөкөй адам көтөрө алгыс үйдөй таштарды дөөлөрүнө ыргыттырып, бул көрүнүшкө моокун кандырчу экен...»

Багдаддык окумуштуу Ибн Хаукал X кылымдагы Ош шаарынын турпатын мындайча сүрөттөгөнү бар: «Кубадан кийинки чоң шаар Ош. Анда көп элдүү сепилдик бөлүктөрү: бийлик сарайы, түрмө, мечит, медресе, базар болгон. Шаар коргон менен курчалып, тоого тутумдашкан. Үч дарбазасы («Тоо дарбазасы», «Суу дарбазасы», «Мукгеде дарбазасы») шаарды коргоого алып турган». Эгер түшүнүктүүрөк чечмелесек: «Суу дарбазасы» – шаарды бойлой аккан Акбуура дарыясы, «Тоо дарбазасы» – шаарга туташкан Сулайман тоосу жөнүндө сөз баратат.

Ош шаарынын аталышында да бир нече божомолдор бар:

1. Байыркы Оштун күнгөй бетинде чоң базар болгон. Тыягы Багдад, Кожент, Үрүмчү, Кашкар, Бухара, Самаркандан, быягы Кетмен-Төбө, Алай, Памир, Ноокаттан кербендер тобу келип, алармандар менен сатармандар ортосунда кызуу соода жүрүп

турган. Кытай жибеги, Инди чайы кыргыздын тулпарларына алмаштырылган (азыркыча айтсак, товар бартер түрүндө жүгүртүлгөн).

– Кайда баратасыңар? – деген суроого:

– Ооштуруучу жайга, – деп жооп беришкен.

«Ооштуруучу» жай деп «Оош» базарын элестетишкен. Бул термин бара-бара «о»го кыскарып, «Ош базары» же «Ош шаары» аталып кеткен.

2. Ошту көбүнчө байыркы Усун элдери байырлаган. «Ош» «ус» – «уш» – «Ош» болуп өзгөрүлгөн. Башкасын айтпаганда да, байыркы бабалар ажайып кооз жайларды мазар тутуп, анын ыйыктыгын Кудайдын кудурет күчүнө багыштап, зыярат кылышкан – сыйынышкан. Муну менен жаратылышты көздүн карегиндей сактоого үйрөнүшкөн.

Гректердин Афон тоосу, Италиянын Рим шаары, Жапандардын Нарасы, Арабдардын Меке, Мединасы, Ирактардын Кербаласы сымал, ыйык шаарлардын катарында Оштун да орду бар. Ошентип өткөн тарыхыбызды бетке кармаса касиеттүү Ош Борбордук Азия гана эмес, дүйнө элдери үчүн туризм борбору болууга да алымдуу экендиги талашсыз. Сулайман такты, Ак Буура дарыясы, Таш-Үңкүр көрүстөнү, Султан Бабур ижарасы көз моокун кандырган жайлар.

Билбеймин илгеркинин «кудайларын»,
Билбеймин пайгамбары – Сулайманын
Ушул тоо кылымдардан кыргыз тоосу
Кыргыздай кымбат баалап турам дайым, –

деген Байдылданын ыры бардык кыргыз жарандарына таандык. Ош калаасын даңтап-даңазалоочу музыкалык мурастар күү казына текчелерин толуктай бермек. Музыкалык казна Сулайман тоосундай шаңкайып, Акбуура дарыясындай күүлдөп, улам күчүнө күч кошула берсин.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Ош жергеси» | 7079 | 2'43 | Намазбек Шеркулов |
| 2 | «Ош кайрыгы» | 3440 | 2'52 | Болуш Мадазимов |

## Талас таңшыйт

Үч кылды булбулдай сайраткан күү чебери Шекербек Шеркулов кезегинде «Талас таңшыйт» аттуу күү да жаратканы эсибизде. Талас – таланттардын мекени. Ошол таланттардын ичинде акындык-аспапчылык өнөрдүн чыгааны Казакбай Абдышев «такалуу аттын изи калган Таластык таланттардын» узун тизмесин өз өнөрүн чубаган. Аркы жагын коё туруп, берки четин чоё келгенде, Казакбайдын эсебинде 250дөн аша кылым инсандары кылактап чыга келет. Аларды тай-тайлап өстүрүп, тапка салып, калкына баш-көз кылган «Талас жергесине» кантип таазим этпеске болот? Казакбай Абдышевге ыр кезегин суналы:

Төрлөрү кенен малга жай,
Түзөң жери данга бай.
Тоо эчки, кулжа аралаш,
Тоолору толо аңга бай.
Ар кадам сайын кезиккен,
Алтын, күмүш… кенге бай.
Аруулап көңүл сергиткен,
Атыр жыттуу желге бай.
Талас жери байыртан,
Таланттардын ордосу.
Бешиктен түшө электе,
Периште болот жолдошу.

Колдорун шилтеп ойнотуп,
Комузда черткен күүгө бай.
Кулактын канган кычуусу,
Куйкум, күлкү сөзгө бай.
Оболоп көңүл көтөргөн
Обонун созсо ырга бай.

Талас – таланттардын ордосу. Казакбай акындын «ыр» казанынан кайнап чыккан айрым таланттардын айкелине да аңдоос сала кетели:

«Башка жерди жактырып,
Барбаган экен эр Манас.
Таласты жерлер ичинен,
Тандаган экен эр Манас.

Өзгөчө сөзгө татыктуу,
Көкөнүн уулу Жеңижок.
Айтышууга келгенде
Акындардан теңи жок.

Тойгожо сурнай тартканда,
Ат чабым жерге угулган.
Жантакбай күн-түн черткенде,
Бармагы канга жуулган.

Ээлене ырдап турганда,
Эсенаман, Эшманбет.
Айтыша албай башкалар,
Алардан качып кеткен дейт.

Атай деген ким эле?
Күү чертип, ырдап үн кошуп,
Жыргаткан жанды тим эле.

Эрбейген бою сары алтын,
Эраалынын Сүйүнбай.
Бир кезде комуз чертүүчү,
Катуу жүргөн куюндай.
Жалпы кыргыз баалашат,
«Жамансары» – Байдылда.
Тулпар акын агабыз,
Туулган менин айлымда.

Ээлене төгүп турганда
Эстекем менен Замикем,
Экөөнүн болгон устаты,
Эске түшөт Аликем.

Атагы кеткен кыргызга,
Айдараалы жөргөлөк.
Келин кызды көргөндө,
Керегенин түбүнөн,
Өтүп кеткен жөргөлөп.

«Мөлмөлүмдү» ырдаса,
Малик гана ырдасын,
Таланттардын кенжеси,
Ташка тийип сынбасын...[39]

39 Казакбай Абдышев. Такалуу аттын изи бар, Таластан келген киши бар. – Б., 2000. 9, 12-беттер.

Тарыхчы илимпоздордун иликтөөлөрүнө таянсак: «Биздин эранын биринчи миң жылдыгынын орто ченинде Талас өрөөнүнө эл жыш жайгашкан. Эчкилүү тоонун күңгөй тарабындагы «Садыр коргон», «Чалдыбар», «Ак Дөбө» уранды шаарлары буга күбө» – дейт академик А. Н. Бернштам.

Кезегинде шаарлардын айланасы дубалдар менен курчалып, шаар ичинде Кербен сарайлар курулган. XIV кылымдагы эл бийлеген белгилүү инсан Абукенин кызы Кенизек катынга арналып курулган бул күмбөз Манаска багышталып кеткен. Жортуул кармаштарга аттанаар алдында эл-журт түгөлү менен бул күмбөзгө келип сыйынышып, айкөлдүн арбагына куран окуу салтка айланган.

Аскасында ак кар – көк муз кетпеген бийик чокулардын бири «Манас» тоо чокусу – 4488 метр. «Эчкили тоонун» бийиктиги – 2140 метр. Кыргыз Ала-Тоосунан батышка карай бөлүнүп чыккан Талас тоосу Суусамыр, Узун-Акмат, Көк-Ирим, Фергана тоолору менен курчалган. Нарын дарыясы кесип өткөн тоо өрөөндөрдүн көп бөлүгүн Токтогул суу сактагычы ээлейт. Талас дарыясынын куймалары: «Калба, Беш-Таш, Урмарал, Күмүштак, Кара-Буура, Кең-Кол, Ныдды болуп эсептелет. Дарыя май айында кирип, октябрь айында тартылат.

«Талас» – «талаа аз» же «талаш» деген сөз маанисинен чыккан деген жоромол бар. Жер соорусуна көз арткандардын айынан талаштар-тартыштар дооран сүрүп, «талаш» акыры «Таласка» алмашкан чыгар... Дагы бир жоромол: Макмуд Кашкардын (XI к.) далилине таянсак, VI кылымдарда бул аймак «Тираз» – «Тараз» аталчу экен. Талас тарыхын ташпиштөөгө илимий эмгектер жетиштүү. Аспап күүлөрүнөн «Талас» аталыштагы күүлөр күчүндө. Радио-теленин «Алтын-казынасына» көз салсак, Талас темасынан күү тарыхына салым кошкондор аз эмес:

**Радионун музыкалык «Алтын казынасына» алынган күүлөр:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Талас таңшыйт» | 5767 | 4’03 | Шекербек Шеркулов |
| 2 | «Кайран Талас кайран жер» | 8115 | 2’50 | Эркесары Бекбасаров |
| 3 | «Таластын башы Тарагай» | 8165 | 1’87 | Эркесары Бекбасаров |
| 4 | «Талас насыйкаты» | 8134 | 3’12 | Эркесары Бекбасаров |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 5 | «Талас суусу» | 5439 | 3'33 | Абдракман Барпиев |
| 6 | «Талас насийкаты» | 1809 | 2'38 | Асылбек Иманалиев |
| 7 | «Чоң Калбаа кайрыгы» | 10838 | 4'25 | Асан Сейдалиев |
| 8 | «Таластын кер толгоосу» | композ. бирл. | | Ишенбек Абылкасымов |
| 9 | «Таласым» | композ. бирл. | | Жумалы Сейдалиев |
| 10 | «Таластын тарбия күү» | 3363 | 2'00 | Эркесары Бекбасаров |

## Нарын дайрасы

Кыргыз элине аттын кашкасындай белгилүү өнөрпоз, манасчы, комузчу Молдобасан Мусулманкулов:

«Албууттанып көбүк бүркүп,
Жарды уратып кемирген.
Бууркандап ашып-ташып,
«Тентек дайра» дедирген». –

сыяктуу ыр саптарына чүргөп, Нарын дайрага арнап, күү жараткан. Улуунун жолун улай Нарынды ата конушу катары эсептеген кара күүнүн камбылы Мукул Абылов аны күү менен даңазалаган. Комузчу Султаналы Майлыбаев «Нарын толкуну» деген күү жаратып, үн тасмага жаздырган. Кыргыздар аскасы асман тиреген тоолору менен, күү-шаа түшкөн Нарын дарыясы менен, жайда салкын кышта жылуу, кумунда дарылык кудурети күчтүү Ысык-Көлү менен сыймыктанса, ырга-күүгө салып рахаттанса куп жарашат.

Нарын дарыянын башаты – булактарда, булакка булак кошулуп, өйдөдөн ылдый бой уруп, өзөн сайды толтуруп, аягы барып. Сыр дарыяга айланат. Дарыя түзөңдөрдө жай агат, тоодон түшсө ашып-ташып толкун урат. Сары-Жаз, Көкөмерен, Каркыра, Чарын, Тоо-Челек, Чүй, Талас, Кызыл-Суу, Чоң-Ак-Суу, Түргөн, Байсоорун, Түп, Жыргалаң...– шар суулардын мекени. Кубаттуулугу жагынан Волга дарыясынан кийин Нарын дарыянын алабына 22 ГЭС куруу мүмкүндүгү бар. Азыркы Он-Арча, Ат-Башы, Токтогул, Үч-Коргон, Күрп-Сай, Шамалды-Сай, Таш-

Көмүр, Камбар-Ата ГЭСтеринин электр энергиясы элинин бакыбат турмушу үчүн кызмат өтөөдө. «Нарын» – моңгол тилинде «Нарин». Бул терминди кыргызчалатсак – «ичке», «кууш», «тар», «кысык» дегенди билдирет.[40]

Ата-Журтка арналган күүлөр аз эмес. «Ар кимдин киндик каны тамган жер – өзүнө Мисир». Жергебиздеги жер-суу аталыштардын нукура өзөгүн изилдеп, улуттук тилибизге, дилибизге сиңирели. Бул максатта күүлөрүбүз сөзсүз жардамга келмек.

## «Аксы кайрыктары»

Акын, жазуучу, журналист, комузчулар катарын толуктап жүргөн аксылык Анаш Сооронбаев 2005-жылы 22-июнь күнү эшикти шарт ачып Байтик айлындагы үйүбүзгө кирип келсе болобу. Сагынычтан кучакташып көрүштүк. Ден-соолуктун айынан ооруканада жатып чыгыптыр.

Анаш экөөбүз 1982-жылы Аксыда Кербен айлында таанышкан элек. 1992-жылы 10 жылдан кийин Аксыдагы тойдо жолугуштук. «Асаке, күү баяндарын изилдеп, эл үчүн эң керектүү эмгек калтырып жатасыз. Кудай сизге күч-кубат берсин» деп, ак тилегин айтып, өткөн өмүр жолундагы окуялардын бирине сереп салды: «1957-жылы Эл чыгармачылыгынын I фестивалын Фрунзе шаарына келип, Кыз-келиндер институтунун залында концерт берип калдык. Мен эки чыгармамды аткарып лауреат наамын алдым. Андан 35 жыл өткөндөн кийин дагы бир кубанычтуу окуяны эскерейин. 1992 жыл. Радио толкунунда тааныш үндөр, обон-күүлөр жаңырып турду. Үй-бүлөбүз эфир толкунуна кулак түрүп, былк эткен кыймыл, кың эткен дабыш чыгарбай тыңдадык. Концертке катышкан жигит-кыздар бүгүн көбү небере-чөбөрөлүү кемпир болушкан. Эфир толкунундагы ошол жаңылыкты укканыбызда энебиз эркек төрөгөндөй кубанычка бөлөнгөн элек. Эбак унутулган тасманы таап, эфирге сунуш кылган сизге рахмат».

Анаш 1990-жылдан ардагерлик куракты аркалап, аспаптык өнөрдү дагы тереӊ өздөштүрүп чыгармачылыктын чыныгы сапарына аттанган эле.

– Өзүңүз тыңдап, кезегинде баамыңызды берген «Ойлон, кыргыз» күүсүнө улай дагы үч-төрт күү жараттым. Анын бири «Аксы кайрыктары».

40 Нарын облусу. Энциклопедия. – Б., 1998. 303-305-беттер.

Комузун буроого келтирип, жаңы күүсүн жаркын маанайда черте баштады. Күү аяктаган соң, баян-таржымалына токтолуп ой чабыттарын ортого салды: «Кыргыздар территориялык байыр алышына байланыштуу «Түндүк», «Түштүк» болуп бөлүнүп келет. Түштүк кыргыздар өз ичинен Алайлык, Аксылык, Анжыяндык болуп бөлүнүшөт. Бирок кийин Анжыян аймагы Өзбекстанга өтүп кеткен. Алай тоолорун мекендеген аймактын эли алайлыктар аталышат. Аксылыктар жөнүндө сөз башка. Ал үчүн карт тарыхка, калк санжырасына кайрылуу керек.

Атам заманда Аксыкент деген шаар болгон. Ал шаарды Аксы-ата салдырган деген аңыз бар. Аксы – адамдын аты, «кент» – шаар деген мааниде. Аксы атанын Бозбу, Арслан деген эки уулу болот. Арслан эр жеткенде энесинин төркүнү кыпчактарды эш тутуп, Базар-Коргон, Сузакта жашайт. Арадан жылдар алмашат. Жашында жаңгак чагып жеп чоңойгон Арслан бул жемишти самайт, сагынат. Күндөрдүн биринде Аксыкент шаарына бараткан Кытай кербендерине бир жигитин кошуп жөнөтүп, уялашы Бозбуга салам жолдойт да, «атамдын жаңгагынан бир калта берип жиберсинчи» деп өтүнөт. Бозбу бул кабарды угуп, жаңгакты терип калтага жыйнай баштайт.

Аксы-ата кабардар болгон соң уулуна айтат: «Эгер ушул жаңгакты Арсланга берип жиберсең ал жакка жаңгак өстүрөт да кийин биз менен алакасын үзүп коёт. Тилимди алгын да жаңгагыңды өзүңө гана калтыргын». Бозбу атасынын акылына ынабайт. Жаңгактуу тоонун кылды чокусуна чыгып барып калтадагы жаңгакты Арслан тарапка ыргытат. Чала байланган калтанын оозу ачылып кетип андан куюлган жаңгактар ара жолдо чубуруп кала берет. Калтанын түбүндө калган жаңгактар гана Арслан отурук алган жайга төгүлүп түшөт. Ошондогу чачылган жаңгактар, тамыр алып, бүрдөп өсүп, дүйнө жүзү тааныган Арсланбап токоюна айланган экен».

Аксы-атанын укум-тукумдары мекендеген аймак кийин Арсланбап аталып, ааламда сейрек кездешкен жаңгак токоюнун мекени болгон. Ал жерди байыр алган эл аксылыктар аталат. «Аксы» деген сөздүн мааниси – «касиеттүү», «ыйык», «бейиштин төрү» дегенди туюндурат. Байыркы Бозбу-Ата турак кылган аймак союз учурунда «Жаңы-Жол» деп аталчу. Тоо башында Сары-Челек көлү бар, анын ыйыктыгы аскалар арасынан орун алып, төмөнгө кулап түшпөй, бийикте турушунда. Сары-Челек баяны өзүнчө сөз кылууга арзыйт. Биз, байыркынын урпактары касиеттүү жерлердин

жаратылышы тарыхын, таржымалын тастыктай жүрүшүбүз керек. Ал үчүн санжыра-уламаларга, салыштармалуу күү кайрыктарына кайрылалы. Анаш Сооронбаевдин «Аксы кайрыктарынын» кыскача таржымалы ушундай.

## «Чаткалым»

«Чаткал» аспаптык күүсү акыркы мезгилде угармандарын таап, калың элге таанылa баштады. Шекербек Шеркулов, Жумалы Сейдалиев бул күүнү композиторлор бирлигинин музыкалык казынасына тапшырган, кыргыз радиосунун «Алтын казынасына» ооз комузчу Сүйдүм Төлөкөва өткөргөн. Жыгач ооз комуз күүлөрүнүн чебери Шакен Жоробекова бул күүнү ансамблдик аткаруучулар үчүн иштеп чыгып, улут рухуна жаңылык киргизген. 1960-жылдары Ала-Бука районунун өнөрпоздору койгон концерттик чыгармалардын ичинде жыгач ооз комуздун добушунун жаңырышы көпчүлүктүн көңүлүн дароо өзүнө бурган. Концертти алпаруучунун жарыясында жаңыдан канат сермеген аспаптын аты-заты да, жаш атаруучу Шакен Жоробекованын ысымы да көпчүлүккө көктөгү чагылгандай бат тараган. Шакен түптөгөн музыканттар тобунун репертуарын элдик күүлөр менен катар «Боз үйдө», «Жайлоодо», «Жеңиш күүсү», «Эсимде», «Чаткалым» аттуу автордук чыгармалар толуктап келет.

Чаткал Жалал-Абад областындагы административдик райондордун бири. 1956-жылы Ала-Бука районуна кошулуп, 1980-жылы өз алдынча бөлүнүп чыккан. Түштүгү Ала-Бука, чыгышы Жаңы-Жол, түндүгүнөн Талас областы менен чектешет. Борбору – Каныш-Кыя. Райондун аймагын Чаткал, Чандалаш өрөөнү ээлейт, өрөөндөрдү Чандалаш кырка тоосу бөлүп турат. Аркыт, Сары-Челек, Афлатун, Падыша-Ата, Ала-Бука, Кара-Токо сыяктуу кайталангыс кооз, жаратылышы жагымдуу аймактар толуктайт. Чаткал жер соорусу, төрт түлүк малдын мекени. Көптү көргөн карылардын айтымында: «Тээ, абалкы заманда Чаткал өрөөнү элге батпай, тоолору малга толуп чалкып жаткан мезгилде колунан кетмени түшпөгөн баба дыйкан зоолорго суу чыгарып, жерди өркүндөтүп, гүлдөтүп жиберген экен. Ал заманда өрөөндүн элин Күлбөскан жана Жанчаркан деген хандар башкарып, бийлик, байлык үчүн ичара доо доолашып, бири экинчисинин малына тийип, элин чаап, ортодо бейкүнөө адамдар кырылып, жапа чеккен дешет.

Күндөрдүн биринде баласы жок Жанчаркандын токолу уул төрөйт. Кубанычы койнуна батпаган хан кулак угуп, көз көргөн жерлерге кабар берип чоң той өткөрмөкчү болот. Ошентип, той камылгасы жүрүп жаткан учурда бийлик талашып жүргөн бир увазири жаңы эле төрөлгөн ымыркайды жаңы туулган иттин күчүгү менен алмаштыра салат. Тойго келген жумурай журтка абийири күлдөй төгүлгөн хан көрөр көз аялын күчүк менен кошуп, кирип турган дарыяга ыргыттырып, өзү болсо бүк түшүп жатып калат. Өмүр бою күлмөк тургай жылмайып көрбөгөн Күлбөсхан ошондо боорун тырмап, каткырык салып, күнүлөш ханды биротоло күйүткө салат. Бүт өрөөндү көгөөнгө тизип башкарган Күлбөсхан, калкты алдына салып айдап алат, акаарат кылгандарды кырк кез зынданга салат. Андай адилетсиз, теңсиздикке адам эмес жаратылыш чыдай албайт: жер чайпалат, тоо урайт, шаарлар кыйрайт. Бүтүндөй бир өлкөнү аймагына батырган «Чат» өрөөнү суу астында калат. Түмөн түрүлгөн калың журттан аман калгандары аргасыздан жер оодарышат. Ошолордун арасында көптү көргөн көсөм карыя туу жонго чыгып, айланасына абай салып, туулуп өскөн турагын кыйбай көз жашын көлдөтөт: «Оо, касиетиңден айланайын, туурум, турагым – «Чат!». Биз кетип баратабыз сен жакшы кал! Укум-тукумубуздун уюткусу бузулбаса кайрылып кайта келербиз» деп кош айтышат экен. Ошондон улам кийинки урпактар бул аймакты «Чаткал» атап келишкен.

Манастын уулу Семетей куш салчу «Ак-Көл», «Айдың-Көл» сыяктуу кооз өрөөндөр ошол байыркы топон суудан пайда болгон дешет, «имишке» ишенгендер. Кожожаш мерген Чаткал тоосунун текесин тергендиги айтылат. Бүгүн деле жайы-кышы сызылып аккан, мөл булактарды көрөм дегендер Чаткалга барсын. Өрөөндүн жаратылышы чындыгында алтынга алмашкыс ажайып жай».[41]

«Чаткал» аталыштын дагы бир варианты: Чаткалга кыш катуу түшөт. Кычыраган кыштын бир мезгилинде эл бөксөлөп төмөнгө ооп кетет. Бир аксакал карыя: «ата-бабамдын сөөгүн таштап кете албайм» деп, үй-бүлөсү менен кыштап кала берет. Бороон чапкынга туруштук кыла албаган үй-бүлөсү набыт болуп, коколой башы калган карыя бала-чакасын жазында жерге тапшырып: «Ушу жерге «жат-кал» – деп кете берген экен, кийин ал жер «Чаткал» аталып калган имиш.

41 //«Ала-Тоо» 1982. №8. 129-140-беттер.

Кылымдарды көз алдыга тарткан кыргыз элинин санжыралары, жомоктору ушундай. Ошол эле санжыраларга сабакташ, кыл кайрыгындагы баяндар канчалык? Аларды эскербесек, эл тарыхынын убалына калабыз. Бири-бирине сабакташ, танапташ улуттун рухий байлыктарын сап кармап, калк тарыхын кастарлап урунган акылман карылардан куру кол эмеспиз. Ыр нөшөрүн жамгырдай төгүп, күү кайрыктарын мөндүрдөй сабап, жамы журтту жан рахатына бөлөгөн аспапчылардын саны арта берсин. «Чаткалым» сыяктуу күү күлпөтүнө бөлөп, күйөрмандардын көңүлүн тапкан Шекербек, Жумалыдай комузчуларга, Сүйдүмдөй темир комузчуларга, жыгач ооз комузга салып, Чаткалдай мекенин даңазалаган Шакенге кош колдоп колдоо көрсөтсөк, ал биздин акылгөй, айкөлдүгүбүз.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн аталышы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Чаткалым» | 6010 | 2'00 | Сүйдүм Төлөкова |

## «Соң-Көл кайрыктары»

Соң-Көлдүн ажайып сулуулугу бир көргөн адамдын сезим дүйнөсүнө бүлүк салып, тамшанып таң калууга, суктанып суусун кандырууга мажбурлабай койбос. Чыгармачылык чыныгы илхам элөөрүтүп, эңсетип, Соң-Көл табияты тартып турса, тоолордун элеси кыялды кытыгылап, комуз кылдары кыңгыр кагып турса, көксөгөн жаңы күү жаралбай коймокпу? Жүрөктө эмне сыр бар? Кубанычпы-кусалыкпы, толгонуубу-толкундообу? Сырт дүйнөгө мукам кайрыктуу жан дүйнөнү алып чыгуунун бирден бир каражаты – музыка, кыргыз баласы үчүн кыл өнөрү.

Эмнелер жок бул дүйнөдө, жарыкта,
Не бир көркөм, не бир сонун асыл баа.
Мен кетерде ошолордун ичинен,
Сагынаарым, эң аярым музыка.
*(Алыкул)*

«Жарык дүйнөгө көз жарып, алгачкы бой урган бешигим Соң-Көл» – деп, сөзүн баштады маектешим Нурак комузчу.

– Дүйнөнүн көп жерлерин кыдырып көрдүм, бирок жаратылыштын Соң-Көлдөй керемет жайын эч жерден учурата

албадым. Тээ, бийикте асман кеңдигинде акак шурулардай жымыңдаган жылдыздарга көз ымдап, Ала-Тоого айкалышып, анын күлүңдөп турушу, ак калпак кыргыз элине мекен болуп, анын толкуп, чалкып турушу не деген көрк, не деген сыймык! Кыргызстандагы маданий күндөрдүн майрамына келген Каракалпак эл акыны Ибрагим Юсупов Соң-Көлдү көрүп көзүнө жаш алып, «биз эмне үчүн ак калпак кийбей, кара калпак кийип, чөлдө калдык экен, эмне үчүн Соң-Көлдөй керемет жерди мекендебей, Аралда калдык экен? Кудайга эмне жаздык?» – деп, шиберге оонап, чөп жулуп, жер тытып, боздогон.

Соң-Көлдүн тегерегинде бир тал бак, бир түп чычырканак жок. Көлдөн төмөндөгөндө гана түмөн түркүн өсүмдүктөр, гүлдөр көз жоосун алат. Бадалда элик бакырып, токойдо күкүк чакырып, ар түркүн куштар сайрап, бейиш жайын элестетет. Ата-бабалар жайлаган конуштарда үй мүйүз тарта отуруп кеңеш курган ыр, күүгө, санжыра-дастанга көңүл уюган дөбөлөр турат. Жайыттагы төрт түлүк, желедеги кулундар, логлоктогон тайлактар, сайгактаган уйлар, шаркырап аккан булактар, шарпылдап жээкке урунган толкундар… Соң-Көл аймагындагы бул көрүнүш жандүйнөмдүн козголушуна көмөк болгон, бул элестерди акылымдын жетишинче, шык-ынтаамдын келишинче «Соң-Көл кайрыктарына» салгам».

Соң-Көл Тияншан тоолорунун борборунан орун алган, деңиз деңгээлинен 3016 м. бийиктикте жайгашкан. Өрөөн бардык жагынан тоолор менен курчалган: түндүктө Соң-Көл тоо кыркасы, түндүк-чыгышта Байдылда тоосу, түштүктөн Молдо тоо, батыштан Кара-Кече тоосу жайыт катары пайдаланылат. Соң-Көлдүн узундугу 29 км, жазылыгы 18 км. Кыргызстандагы Ысык-Көлдөн кийинки экинчи көл. Кочкор, Жумгал, Нарын, Ак-Талаа аймагынын ортолугунан орун алган Соң-Көл тоосу Кара-Кечеден Долон ашуусуна чейин 92 км ге созулат. Соң-Көлдө тарыхый эстеликтер толо. Арасында Манас ысмына байланышкан таш тулга, «Ак куланын акыры» аталган таш бар. Өрөөндүн климаты (аба-ырайы) кескин айырмалуу. Июлдун орточо температурасы +11°С. Январь, февраль айларында суук –35°ка жетет. Узакка созулган кыш мезгилинде кар калың түшөт. Соң-Көлдүн суусу тузсуз, ичүүгө жарамдуу. Аба ырайынын катаалдыгына байланыштуу жылдын көпчүлүк бөлүгүндө тоңуп турат. Соң-Көлгө каз-өрдөктөр, каркыралар, ак куулар, аңырлар, баркылдактар, каркыралар, чардактар келишет. Көлдүн көрк-келбетин акындар ыр саптарына салган:

Толкуса толкуйт жулунуп,
Аскага тийип урунуп.
Тынч алса калат мемиреп,
Көк-жашыл болуп кубулуп.

Ак куулар сүзөт каркылдап,
Кайыктай жылып калкылдап.
Арасында жүргөнсүйт,
Акмөөр эже жаркылдап.

Көл жакалап шыңкылдап,
Кыз-жигит ойноп өткөнү.
Эстеген сайын Соң-Көлдүн,
Элеси ойдон кетпеди.

Эс алганы бир келсең,
Эзели чыкпас көңүлдөн.
Кылымдан бери Соң-Көлүм,
Кыргыздын жери дедирген.[42]

Тилекке каршы, Көл кереметине көз арткан көрпенделер, жаратылыш байлыгына суук колун салып, кокуй алатты копшотуп да жатышат. Андайлардан арылтуу үчүн Нурактын күүсүн ураан сыяктуу колдонсок.

Соң-Көлүм турат аялуу,
Созулуп башы-аягы.
Бапырап сүзүп жүрүүчү,
Балыгы кайда баягы?!

Суур, кийиги, сонору,
Аңырлары азайган.
Ойлоп көрсөң көрүнбөйт,
Ок тийбеген — таза айбан.[43]

**Радионун музыкалык «Алтын казынасына» алынган күүлөр:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Соң-Көл кайрыктары» | 7263 | 2'35 | Нурак Абдракманов |
| 2 | «Соң-Көл» | – | – | Жусуп Самаков |

42 Молдобасан Мусулманкулов. Молдобасан. Ырлар, дастандар. – Ф., 1983, 47-бет.
43 //Кырчын. 1995. №1,2. 23-бет.

## «Ак тамчы»

1982-жылы Эл жазуучусу Төлөгөн Касымбеков комузчу-күүчү Алтымыш Мундузбаевди Фрунзе (Бишкек) шаарына алып келип, «Сайра комуз» теле көрсөтүүсүнө катыштырып айткан эле: «Илгертен кыргыз эли өзүнүн ырын, дастандарын оозеки айтып, арман-кубанычын күүгө салып, аны мурас катары кылымдардан кылымдарга аманат кылып келишкен. Ошондой болсо да жазмасы, басмасы жок замандарда далай комузчу-күүчүлөрдүн дайны билинбей унутта кала берип, нечендеринин аттары гана күүлөрүнө кошулуп биздин күндөргө жеткен. Бүгүн биздин теле студияда айтылуу Коргоол ырчынын шакирти, таасын комузчу, акын Алтымыш Мундузбаевдин өнөрүнө ортоктош болосуздар...» – деп сөзүн бүтүргөн. Соңунан Жалал-Абаддагы педагогикалык окуу жайынын окутуучусу Асанбай Жусупбеков Эл жазуучусунун оюна төмөнкүчө кошумча киргизген: «Алтымыштын ысымы эл арасында учкай эскерилгени болбосо, калктын катмарында анча белгилүү эмес эле. Алтымыш аке 1985-жылы 2-майда кокусунан көз жумду, 50 жаш курагында. Анын дүйнөдөн кайтарын, ырлары, күүлөрү мурас болуп каларын байкаган эмес экемин. Аттиң!.. Эми Алтымыштай комузду ким чертет да, Алтымыштай ким ырдайт?!»

Алтымыш акенин жүргөн жери майрам эле. Комузчулугунан ырчылыгы, ырчылыгынан комузчулугу артык, эки өнөрдү бирдей аркалаган нукура таланттардан болучу... Эсимде, бир күнү экөөбүз үйдө сүйлөшүп отуруп канча күү чертерин тизмелеп келгенде, 260 тан ашып кеткен. «Бул күү тизмеге кирбей кала бериптир» деп, жарым жылга жакын тизмени толуктап жүргөнүн көрүп таң калган жайым бар. 1948-жылы Коргоол ырчыга жолугуп, 14 жыл (1962-жылга чейин) бирге болушкан. Кийин бир топ жыл кыргыз жергесин жөө кыдырып ыр-күү чогултту. Акыркы күндөрү Арстанбап токой чарбасында эмгектенип, Арстанбап-Атанын шаркыратмалары, жаратылыштын кооздугу чыгармачылык эргүүгө шык берип, табыят таасирлеринен улам «Ак тамчы» деген күү жаратты.

– Бул жаратылыштын сулуулугун даңазалаган керемет күү экен. Күүнүн аты «Арстанбаптын шаркыратмасы» болсун деген сунушумду туура таап, кийин «Арстанбаптын шаркыратмасы» деп чертип жүрдү».[44]

44 Асанбай Жусупбеков. Алтымыш комузчуну эскерүү //Кыргызстан маданияты. 1987. №10.

Аттиң дүйнө! 300дөн ашык күүнү эс тутумга сыйдырган чыгармачыл таланттын чырактай жанган бир күүсү «казнада» калбаганы өкүнүчтүү! Антсе да «Ак тамчыны» черткендер арабыздан чыгып калар деген үмүттө, ажайып Арстанбаптын тоо-токою жөнүндө маалымат бере кетели. Жыш токой жамынган тоолор, мөлтүр кашка тунук суулар, буруксуган атыр жыттуу гүлдөр, дары чөптөр, сыдырым соккон жел, салкын аба, жайнаган жаңгак. Арстанбапты өзгөчө аймакка айландырганы белгилүү.

Жаңгак дарактарынын 20-25 метрге жеткен бийиктиги эле не деген укмуш? Жаңгакка жанаша өскөн бадалдар, мырза теректер, шыңга теректер, талмоюл, кайың, акчечек, караган, чычырканак, арча, карагай, шилби. Өрөөн толо көз жоосун алган гүлдөр… бул өзү жомок. Арстанбапты аркар, кулжа, бугу, марал, элик, суусар, кекилик, чил, аюу, илбирс мекендейт. Ылаачын, шумкар, кыргоол, тоодак, улар, туйгун, тунжур, бүркүттөр тоосунда уялайт. Арстанбап альпинисттердин, туристтердин сүйүктүү жери.

Тарыхтагы даңазалуу колбашчы Александр Македонский (Искендер Зулкарнайн) биздин эрага чейин 330-жылдары Амур дарыяга, Сыр дарыяга, андан ары Индияга чейин барган. Жортуулдардын биринде Арстанбапка чейин жетип, жаңгактарды боо-боо кылып Грецияга ташып, ал жерде жаңгак өстүрүп, мөмөсүн башка өлкөлөргө сатып турган. Арстанбап жаңгагы «грек жаңгагы» аталып калган.

1943-жылы согуш күйүп турган маалда Сталин, Рузвельт, Черчиль Тегеранда жолугушуп, ошондо Рузвельт: «Сиздерде Арстанбап деген токой бар экен. 50 жылга бизге пайдаланганга бербейсизби?» – деп Сталинден сурап калат. «Бизде суверендүү Кыргыз Республикасы бар, башчылары менен кеңешип көрөйүн» – деп жооп узатып, кутулган экен Сталин.

Эмки сөз Алтымыш күүгө салган «Ак тамчы» («Арстанбаптын шаркыратмасы») жагдайында: «Бабаш-Ата кырка тоосунан Кара-Үңкүрдүн оң куймасына тик аскадан кулап түшкөн эки шаркыратма бар. Чоң шаркыратманын бийиктиги 200 метрге, кичи шаркыратма 20 метрге жетет. Күн нуруна чагылышкан чачыранды суу тамчыларынан чагылышкан көк желе көз жоосун алат. Асканын бети жашыл эңгилчектерге капталган. Өткөн мезгилде бул кооз жайды динчилер зыярат кылууга тандап алышкан. Азыр бул аймак туристтердин (саякатчылардын) эс алуу жайына айланган. Өзүбүздү өзүбүз билип, өтүгүбүздү төргө илген эгемендик заманыбызда

Арстанбапты токой тоноочулардан арылтып, ыйык жайыбызды ажодон алты жашар балага чейин коргой алсак, Жараткан берген бул ырыскыны сактай алсак кана атаганат! Арстанбаптын «Ак тамчы» шаркыратмасын аспап кайрыктарына салган Алтымыш Мундузбаевдай өнөрпоздорду сактай албаган кыргыздарга зор намыс эмеспи.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Жалал-Абад» | 9328 | 6'18 | Жолболду Алыбаев |

## «Долон»

«Алтымышынчы жылдын орто чениниде Нарын музыкалык драма театрынын Бишкек шаарында чыгармачылык отчету өткөн. Анда ышкындай солкулдаган ырчы келин Сагыйпа Чечейбаева «Долон» аттуу ырды комуздун коштоосунда кубулжута ырдап, чечекейди чеч кылган. Анын добушунан театрдын кенен залы огобетер жаңырып, керемет үндүн бийик оболошуна тардык кылып жаткандай туюлган. Ырдан кийин залда уу-дуу, дүркүрөгөн кол чабуулар, кубаттаган кыйкырык үндөр өкүм сүргөн. Сагыйпа ошондо ондон ашык ыр аткарган, «Долонду» эки жолу ырдады...» – деп эскерет журналист Станбек Усупов:

«Көк тиреп аскаң мелтиреп,
Көркөмүң айга серпилет.
Кылымдар ошол көркүңдү,
Кыргызга бердиң энчилеп...»

Кыргыз элинин булбулу Жумамүдүн Шералиев ырдын текстин, обонун Калыйбек Тагаев жараткан. «Долон» комуздун коштоосунда ырдалган ырлардын ичинде өзгөчө орунду ээлейт. Айрым аспапчылар карандай күү катары чертип, күүлөрдүн ордун толуктаган. Кыскартып айтканда ал калайык калкка кеңири тараган чыгармалардын бийиктигинде турган.

Долон ашуусу Теңир-Тоодо, Байдулу – Соң-Көл тоолорунун тутумдашкан жеринен орун алган. Долон ашуусунун айланасы тоолор менен курчалган. Сары-Булак капталы жантайыңкы келип, Кичи Кара-Кужур капчыгайына тик түшөт. Долон ашуусу аркылуу

Бишкек-Торугарт автомобиль жолунан каттабаган кыргыз баласы табыла койбос. Ошол ашуу-белде баратып:

Абасы таза дабаным,
Асканда кетип барамын.
Кыялап тасма жол салган,
Кабыл ал шофер саламын, –

деп касиети артык жер соорусун даңазалашат.

«Долон» деген аталыштын тамыры Долон аттуу тарыхый инсанга барып такалат. Элибиздин карт тарыхына санжырага кайрылсак: «Чыңгыз хан бийликке келгенде кыргыздар Алтайга көчүп, Эркин-Тоону ээлеп, Теңир-Тоого токтоп, Бермет-Көлдү (Ысык-Көлдү) жакалап, Ала-Көлгө (Арал деңизи) айланчыктап турган. Тагдырдын буйругу экен, жанжу-манжулар келип, Субадай башында турган моңгол элчилери улуу каган Чыңгыз хандын катын тапшырышат. Моңголдордун кубаттуу аскерлери, жеңилбес ноёндору чаап салаарына көзү жеткен соң, кыргыздар согушпай багынып берүүнү туура таап, тогуздап тартуу бермек болушат. Атчан жоокерлерден түмөн кол курап, ага Элтерес карыянын уулун ноён коюшат. Турмуш барган сайын оорлоп, акырында Элтерес карыя: «Оо, жамагат! Сары сакал (Чыңгыз хан) бизди алдады. Бабаларыбыздын мурасы Теңир-Тоого кеткиле. Иленин боюн бойлогула, Кең Нарынды байырлагыла. Ырыскылуу Жыт-Көл (Ысык-Көл)» менен Сары-Өзөнгө түшкүлө. Катаган, Кайчык, Карасакал, Кадыр, Төбөй, Кедей деген алты атанын балдары ошол жерде. Көчкүлө ошол тарапка» – деген акылын айтат. Ошондо Долон, Оргочор, Ырыс деген хандар өз улустарын алып көчүп жөнөшөт. Ошол учурда Чыңгыз хан Орто Азияга жортуп, жакын келип калган. Жоочунун аскерлери басып кирип, Оргочорду өлтүрүшөт. Долонду Долон-белде өлтүрүшөт, Ырыс-ханды колго түшүрүп, байлап барып, кыр аркасын сындырып, тирүүлөй иттерге салып беришет»[45]

Дагы бир аңызга караганда, Долон бий узак жашаган экен. Картайганда көчүп баратып, оорусу козголуп, ашуудан аша албай тыныгат. Асылган оору, карылыктын капшабы акыры алып тынат. Долон каза болгон ашуу «Долон ашуусу» аталып эл оозуна тарайт. Долондун атасы Домбул бий менен Чыңгызхан замандаш жашаган. Домбул бий Чыңгыз-хандын уулу Чагатай

45 Жапар Кенчиев. Бабалар баяны. – Б., 2002. 34-бет.

менен сүйлөшүү жүргүзүп кыргыздарга башчылык кылган. Долон бийден – Ак уул, Куу уул. Ак уулдан Тагай. Болжолдо Тагай 1460-1470-жылдары жарык дүйнөгө келсе керек. Тагайдын о дүйнө кетиши 1540-жылдарга таандык. Тагай бийдин Богорстон, Койлон, Кылжыр деген уулдарынан Долон ашуусун мекендегени Кылжыр тукуму – сарбагыштар.

Долон бий Алтайдан Ысык-Көлгө көчүп келип, Кара-Кужур, Соӊ-Көлдү жайлаган. Нарынга ашып баратканда Кум-Бел ашуусунда каза болуп, ошол жер «Долон бели» аталып калган. Долон ашуусу Байдулу жана Соӊ-Көл тоолорунун тутумдашкан жеринде. Бийиктиги 3030 метр. Айланасындагы чокулар ашуудан 200-300 метр жогору. Ашуу аркылуу Бишкек-Торугарт автомобиль жолу өтөт.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Долон» | 10326 | 2'18 | Эне-Сай эстрадалык ансамбли, иштеп чыккан Курмангазы Азыкбаев |

## «Чоӊ-Ашуу»

Комузчу Шаршебай Көлбалаев менен өнөр жаатында катышыбыз бар эле. Шаршебайдын шаардагы конолгосу биздин үй, мен айылга барганда Шакенге жолукпай кетчү эмесмин. Кайда болбойлу, комуз жөнүндө узун сабак сөз козгоп отурчубуз. Тилекке каршы, мендеги жүрөк оору (инфаркт) колу-бутумду байлап, көртурмуш көйгөйү Шакеӊдин жолун тороп, акыркы 15 жылда катнаш үзүлүп калды.

2008-жылдын март айында «Күү баянынын» 2-томун жазууну аяктап калгам. Китептин «Ата-Журт кайрыктары» бөлүмүнө Шаршебай Көлбалаевдин «Чоӊ-Ашуу» күүсү кирмек. Алды менен экөөбүздүн аӊгеме-дүкөнгө серп салалы:

Комузчу-педагог Шаршебай Көлбалаев 1947-жылы Ысык-Көл областынын Ак-Суу районундагы Кереге-Таш айылында туулган. «1965-жылы мектепти бүтүргөн соӊ райондун Сары-Жаз деген алыскы сырт жайлоосуна мал-чарба фермасында иштөөгө жөнөп калдым, – деп баштады, аӊгемесин ал. Сары-Жазда кен ылгоо комбинаты бар. Машинабыз өрдө зорго жылат. Кай бир

татаал-тайгак жерде токтоп калат. Ашуудан ашуу бастык, алдыда дагы далай ашуулар, кечүүлөр жатат. Аягы түгөнчүдөй көрүнбөйт. Азапты тарткан алдыбыздагы машинанын дабышы кадимки бала ыйына окшоп кетет. Сары-Жаз өрөөнүн ашып барабыз. Сары-Жаз, Эңилчек, Какшаал, Кайыңды, Көйкап, Көөлү, Теректин куймалары. Сары-Жазга чейин жана андан ары дагы канча бийик тоолор, муз чөлдөр, ак кар, көк муздар. Жолуңду торогон, сапарыңды татаалдаткан табийгый кубулуштар... Чоң-Ашуу алдыда. Ашууну ашканча керилип-чоюлуп, кайышып-майышып бүтөсүң. Ошол жол сапарындагы «Чоң-Ашуу жомогу» көңүлүмө уюй берип, кыл кайрыктары кыялымды кытыгылап, акырында күү дүйнөсүнө илинген. Кийин радионун музыкалык «Алтын казынасына» өткөрдүм.

– Чоң ашуудан дагы бир ирет ашсам деген оюң бардыр?

– Кудай өзү насиптебесе, Чоң-Ашууга сапар алуу оюмда жок.

Шаршебай комузчунун репертуарын 60тан ашык обон-күүлөр, кара күүлөр, автордук күүлөрү онго чапчып барат: «Шайыр жаштар», «Казак жоргосу», «Куштар учат», «Үркүн күү», «Чоң-Ашуу» ж.б.

«Сайра комуз» теле сынактарынын, комузчулардын конкурстарынын, «Боз салкын» ыр бий ансамблинин катышуучусу катары атпай журт назарына алынып калган өнөрпоз бүгүн Кереге-Таш орто мектебинин комузчу-педагогу. Өнөр өрүшүндө канчалаган «Чоң ашууларды» ашып, чоң сыноолордон өтүп, такшалган таланттардын сабында улуттук рухий дөөлөттөрүбүздүн өнүгүшүнө салымын кошуп келет.

Чоң-Ашуу – тескей Ала-Тоонун чыгыш бөлүгүндө. Түргөн Ак-Суунун куймасы Көк-Кыянын жана Оттук өрөөндөрүнүн төр жагында жайгашкан. Бийиктиги – 3822 метр. Аймагындагы тоо чокуларынан 380 метрге төмөндө, өрөөндөрдөн 400-500 метр көтөрүңкү жатат. Ашуунун түндүк капталында мөңгү таштары, бир нече баскычтуу дөбөлүү чуңкурлар бар. 3км жол 14кө чукул татаал бурулуштардан турат. Алды жактагы суулардын таасиринен жолдун айрым бөлүктөрүндө жер көчкүлөр жүрөт. Түштүк капталында эшилме шагыл таштар жолду бөгөп калган учурлар аз эмес. Чоң-Ашуунун чарбачылыкта мааниси зор. Бул жол аркылуу жайыттарга мал айдалат, тоо-кен жумушчуларын тейлөөдө да кызмат кылат. Ысык-Көл өрөөнүн Сары-Жаз алабындагы өрөөндөр (Көөлү,

Эңилчек, Кайыңды, Үч-Көл) байланыштырып, анда автомобиль жолу иштеп турат».[46]

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Чоң-Ашуу» | 4068 | 4'50 | Шаршебай Көлбалаев |

## «Кара Чий»

Жайдын толукшуп турган күндөрүнүн биринде жолго чыккан үч атчан Эки-Нарындын ортолугундагы Кара-Чий деген коктуга келип, аттардын ээр токумун шыпырып, отко коё беришет да, жалгыз түп теректин саясына көлөкөлөп эс алмакчы болушат. Чаар куржундун килитин чечип, бышырылган баглан козунун этине карындарын кампайткан соң ээр токумдарын жазданып жамбаштап жата кетишет. Жолоочулардын бири нарылап басып, булак суусуна колун чайып, кылт-кылт жута баштайт. Ошол учурда кыңылдап ыйлап жаткансыган дабыш мазээсин алат.

– Я, кудая тобо-о, жер-суунун ээси болот дечү эле, аян берип жатабы?.. деп, эки жагын каранат, бирок эч нерсе көрүнбөйт. Сырдуу добуш кайталана бергенден улам кайрылып жолдошуна келип, окуяны кабарлайт. Келме келтирип, жолоочулар тобу менен үн чыккан тарапты утурлашат.

Калың чийдин түбүндө кат-кат кастарлап оролгон чүпүрөктөгү кызыл эт ымыркайды көрүп, көргөн көздөрүнө ишенбей бир демге дел болуп турушат. Жаңы эле жарык дүйнөгө келген ымыркайда не жазык? Жашоо шарты оңунда турса, балканактай баланы төрөп, кантип талаага таштасын? Тагдыры тайкы, турмушу кыйчалыш бир шордуу ушул амалга баргандыр?..

Ушундай санаага туш болгон жолоочулар эстерин жыйып, эне эмчегин эңсеп, эзиле ыйлап жаткан наристени аярлап алаканга салышат да, куржундагы куйрук майдан ичке тилип, оозуна салышат. Май жытын искеген ымыркай быйт-быйт соро берип, көшүлүп уйкуга кетет. Жолоочулар бул олжого кубанып, айылга алып келип, карын бузуп, сары май томуруп, жентек өткөрүп, балага зар болуп, туяксыз өтүп бараткан Батырбек аттуу адамга асыранды берүүнү эп көрүшөт. Батырбек оңой олжого жетине албай

46 Кыргыз жергеси. Энциклопедия. – Ф., 1990. 934-бет.

той өткөрүп, айылдаштарын ак тилекке чакырат. Өткөн-кеткен окуялар айтылып, өзөктүү сөздөр козголот. Үч жолоочунун бири, атактуу комузчу, Асанаалы карыя өнөрүн ортого салат. Ардактуу мейман катары сый-урматка бөлөнгөн өнөр адамы комузун колго алып, күүлөп, үч кылды тилге келтирип, көңүл жазар күү чертет.

– Ой, Асаке, биз уга элек бу кайсы күүң? – деп сурагандарга:

– Ээ айланайындар, кирибиз жуулуп, киндик каныбыз тамган ата-журтубуздан, эмчек сүтүн эмизип баккан эне-мекенибизден ыйык эмне бар? Карабашыл адам тукумун (булак жээгиндеги табылган баланы эскерип жатат) канатына калкалап, кайып каскагынан сактап, колубузга салып берген, касиети артык Кара-Чийди кантип күүгө салбайсың? Ошол жаңы күүмдү тартуулап жатам, – дейт.

Асанаалы аксакалдын жердеши эл артисти Асек Жумабаев «Кара-Чий» күүсү тууралуу мындай деди эле:

«Бир күнү Асанаалы абадан сурап калдым. «Айтсаңыз, «Кара-Чий» деген күүңүздүн жаралышына эмне себеп болду?

– Э-эй эмнени айтайын, кемпирим түрмөгө кесилип кетип, Кара-Чийдин арасында карайлап отуруп калганымда черттим эле, – деп койду. Асанаалы Ошур уулунун уялаш иниси Өмүраалыдан калган кабар: – Асанаалы Карамолдо менен Кара-Чийде чертишкен экен. Айылдаштар атайылап ак өргөө тиктирип, казысы кучак жылкы союп, кылкылдата кымыз сунуп, шаан-шөкөт менен эки залкардын өнөр эрөөлүн өткөргөн. Ошол окуянын урматына ушул күү «Кара-Чий» жаралса керек».

Асанаалы Ошуров Нарын району, Дөбөлүү айылында 1880-жылы туулган, 1958-жылы кайтыш болгон. Кудайберген, Майлыбай, Боккөтөн сыяктуу күү залкарларынан таалим алган залкар комузчулардын сабында. «Кара-Чий» капчыгайы Нарын аймагына танапташ жердин аты.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Кара-Чий» | М.320 | 1'30 | Муса Молдоканов (А. Ошуров) |
| 2 | «Кара-Чий» | 3676 | 2'12 | Асылбек Эшманбетов |

## «Жашыл жайлоо – мал семиз»

Кыргыз жеринин 90 пайызын тоолор ээлейт. Ошол себептүү мал чарбасы байыртан башкы орунда турган. Мал менен киндиктеш өскөн эл көчүп-конуп жашоосун көбүнчө жайлоодо өткөргөн. Көчмөн турмушта жылдын төрт мезгилин: суук түшөрү менен тоодон төмөн кыштоого түшкөн. Кар кетип, көк чыга баштаганда жайытка көчкөн, аны жаздоо дешкен. Бул мезгилден кийин жайлоого чыгышкан. Анан күздөөгө өтүшкөн. Ошентип, табийгат тартуулаган жаратылыштын керемет дүйнөсү менен алым-сабак жашоо турмушун өткөрүп келишкен. Жаратылыш дүйнөсү менен бул карым-катыш төрт түлүктү асырап багууга багытталып, мал мекени жашыл жайлоонун бардык тиричилик камы, жашоо шаңы өтүп турган.

Элибиз байыртадан жайлоолоп, көчүп-конуп жүргөн. Ар мезгил өз көйгөйүн таңуулап да келген. Социализм мезгилинде жер жайнаган төрт түлүктүн айынан жайыттар тарый баштаган, жайлоолор такырайып, боз үйлөр өз борумунан ажырап бараткан. Бүгүн болсо, эгемендиктин шартында эмгекке жарамдуулар шаарга карай агылып, жайлоо-жайыттар көп аймакта ээнсиреп бараткандай. Көчүп-конуу күндөлүк турмушта күчүнөн тайып, боз үйлөр мурунку борумун жоготуп, жайлоо жашоосунан алыстап, көбүнчө көргөзмөлөргө жарап калган.

Кыргызда Ата-Журт ажарын Ала-Тоо койнундагы жашыл жайлоолор ачып келген. Эмки сөз тизгинин күү залкары Ыбырай жараткан «Жашыл жайлоо – мал семиз» кайрыктары баянына буруп, өткөн мезгилден кененирээк кабар алсак.

1958-жылдын кеч күзү. Жаңы эле мектептен келип, үйгө баш баккан элем. Иттин үргөнүнөн сыртка чыксам, жарыктык Ыбыкем («аяш ата» дечүбүз) чоң Каракердин үстүндө өбөктөп өкүрүп турат. «Эсил кайран, аяшым о-оооой!.. Эми кайдан көрөйүн о-оооой!..» Аттан колтуктап түшүрүп, аяш атаны үйгө баштадым. Апам аяшын коштой кошогун созуп кирди.

– Молдокени ээсине берипсиңер, ыйманы жолдош болсун, арты кайрылуу болсун... – деп Ыбыкем аяшына кайрат айтты.

Куран окулду, чай ичилди. Кошуналар менен кара козуга бата тиленди. Келер-кетер кептер козголуп, кезек Ыбыкемдин комузуна өттү. Көрсө, райондук маданият бөлүмүнүн үгүт тобу менен малчыларды кыдырып, Сары-Жаз, Сырт өрөөнүн аралап концерт коюп келатышкан экен.

1993-жылдын март айы. Ысык-Көл областтык теле-радио бөлүмүнүн кызматкери режиссер-журналист Орузбай Абдулхакимов Ыбырай Тумановдун туулган айлы Ак-Булуңга келип, Ыбыкенин шакирти Кубан Сулайманов жана мен (Асан Кайбылда уулу) «Жашыл жайлоо – мал семиз» күүсүнүн жаралыш жагдайында радио-маек курган элек. Ошол маектин урунттуу жерлеринен.

Журналист:

– Сөз башы сизде, Кубан аба. Күү залкары Ыбырай менен туугандык жайыңыз бар, ишенимдүү шакирти да экенсиз. Залкарларды ээрчий жүрсөңүз сиз дагы атпай журтка таанымал күү өнөрүнүн жылдызы болуп жанып чыга келмек экенсиз?

Кубан Сулайманов:

– Ыбырай абам согуштан мурдакы жылдарда эле менин комузчулук өнөрүмдү жактырып, Фрунзеге ала кетмекке кам урду. Ар кандай турмуштук себептер менен бул сунуш ишке ашпады. Мектепти аяктап мугалим болуп иштедим, анан согушка кеттим. Аскерден келгенден кийин мугалимдик кесипти улантып, окуучуларды комузчулук өнөргө үйрөттүм.

Асан Кайбылда уулу:

– Сөзүңүзгө аралжы, Кубан аба, Ыбырайдын күүлөрүн аткаруучулардын бардыгы мага тааныш. Ошолордун ичинде оригиналга эң жакыны сиз черткен вариант «Жаш тилекти» эфир толкунуна алып чыксаңыз, автор менен аткаруучуну (сиздин чертимди) угармандар айырмалай алышпас.

Журналист:

– Сөз төркүнүн эми «Жашыл жайлоо – мал семиз» күүсүнүн жаралышы жагдайына буралы. Бул күүнүн жарыкка чыгышына сиздин да катыштыгыңыз бар деп угабыз. Ушул тараптан сөз козгосоңуз.

Кубан Сулайманов:

– Бул 1958-жылы болгон окуя. Ыбыкем ардактуу эс алууга чыгып, Караколдогу үйүндө жашап калды. Бирок, айыл-апада, эл арасында көбүрөөк болор эле. Бир сапар кездешкенибизде:

– Ой баатыр, Сырт бетин көрбөгөнүмө 40 жыл болуп баратыптыр. Касиеттүү ата конушту аралатсаң болбойбу, – деди суроолуу карап.

– Айланайын, Аксакал, ойдогуну айтып салбадыңызбы. Менин кызматым малчыларды маданий жактан тейлөө. Жакында Сырт өрөөнү боюнча сапарга чыгабыз. Сизди кошуп алсак... андай

күн кана?.. Бизге кошулсаңыз ар күн майрамга айланбайбы, Сизге да жакшы, балалык күндөрүңүз өткөн бар аймакты аралайсыз.

Айткандай болду. Аз убакыт өтүп-өтпөй Ак-Суу райкомунун биринчи катчысы Дүйшөке Үмөталиевдин буйругу боюнча «үгүт тобу» уюштурулуп, маршруттар такталып, жайлоо сапарына аттанмай болдук. Анда раймаданият бөлүмүндө штат боюнча 4-5 гана кызматкер иштөөчүбүз. Экөөнө: Кеңеш Сулайманов комузчу-ырчы; Мукаш Галиев лектор, «Күжүрмөн баракча» чыгармай тапшырма бердим. Оңдой берди болуп, кыргыздын кыйырына таанымал Ыбыкем да кошулду.

Ыбырай ат көтөрө алгыс зор киши эле. Райкомдун буйругу боюнча, Соколовка айылынан Дзержинский колхозунун кой фермасынын башчысы Дүйшөн дегендин ээр токум жасалгасы менен чоң кызыл жоргосун алдырып Ыбыкемдин алдына тартышты.

— Тулпарыңардын тулку-борумунда айып жок. Камбар-Атанын күчүн өр талашта, секиртмек ташта, ашуу белде, агыны катуу сууда көрөрбүз — деп үзөңгүгө бут койду күү залкары Ыбырай.

Канжыгада комуз. Кызылдын шайбыр жүрүшүнө көңүлү көтөрүлүп, Ыбыкең топ алдында; боосу кулач кара папке ээр кашка илинип, Тоо торунун желе жортуму менен мен топбашы болуп баратам. Аккардеон салынган мүшөгү канжыгада калдактап, аркасына асынган комузу койкоюп, кашаң Торуну теминип ырчы Кеңеш келет; кагаз толо көк куржунду көчүк астына ныктап, Кызыл Торуну кый сүбөөгө нукуп, лектор Мукаш Галиев келет. Ушул жүрүш менен төрт жолоочу Кызыл-Кыянын белине көтөрүлдү. Аттарды тушап, көрпөчөлөрдү жая салып, көчүк басты жолочулар. Айттырбай билчү сергек Мукаш куржундун оозун ачып, баглан козунун жамбашын дасторконго таштап, боорсок төгүп, эки шишени ортого койкойто койду.

— Ээ агартуучум, — деди Ыбыкем Мукашка, — киндик кан тамган конушубузда отурабыз, толтура куйчу. — Көкөтөйдүн ашы өткөн, көп жыйындын башы өткөн, Манас атанын изи калган касиеттүү Каркыранын оозунда, Кызыл-Кыянын белиндебиз. Касиеттүү жергебиз бизди колдосун! — деп, колундагы чыныны бошотту.

Ыбыкем айткандай, биз токтогон туу белдин чыгышы Түп, батышы Түргөн, Жыргалаң, түпкүрдө чалкып Ысык-Көл жатат, маңдайда Каркыра, Сан-Таштын карааны кылактап турат.

Айланабыз ак мөңгүлүү Ала-Тоо чокулары, аяк алдыбызда жашыл шибер, кызыл-тазыл гүлдөр... тоо булагы шыңгыр күү чалып, торгой, чымчыктар төбөбүздө үн салып... бирине-бири кыналышкан ажайып дүйнө ар кимибизди арак ичкенден артык мас кылды.

Бул кыргыз баласына көндүм көрүнүш. Ыбыкемдин ынтызарлыгы артып, айланага көз кырын салып, аздан соң комузун колуна алып, нарыраак басып барып биз укпаган, туйбаган бейтааныш кайрыктарды чертип кирди. Биз болсо бул көрүнүштү «кыл чеберинин кыялдануусу» деп болжодук.

Чоң-Булактагы малчыларга жете конуп, концерт берсек деген ойдо Башарынга (жердин аты) ат тизгинин бурган элек. Алдыбыздан бир атчан жолугуп амандык сурашкандан кийин:

– Оо Кудай, Ыбыкемди чын көрсөттүңбү, төгүн көрсөттүңбү?! Чакырып келтире албаган адам жолумдан чыкканын карасаң. Жүргүлө чогууңар менен! – деп, асылып жатып үйүнө ээрчитип жөнөдү. А-бу дегиче кыбыланы каратып куйруктуу семиз кара козуга бата тиленди.

– Соё бергиле, балдар – деп, бизге суроолуу карады да, кемпирине буйрук кылды – Чып-чыргасын коротпой этти бүт сал, байбиче! Мен жылкычы Турдубайга кабар кылайын, май зоотто иштегендерге айтайын. Радиодон угулган Ыбыкемди өзү келди, көздөрү менен көрүшсүн. Бир жолкусун болсо да, черибизди жазып алалы – деп, шаша-буша атын минип чаап жөнөдү.

Лектор Мукаш ары-бери карагыча козуну союп, ичеги-кардына чейин чоң казанга салдырды. Кеңеш да бекер карап турбады, козунун башын куйкалап, жууп, казандагы эттерге кошту. Чай жаңы астыга келгенде, үй ээси Ийгилик карыя бир чанач кымызды көтөрүп кирип келди.

– Ыбыкемдин атын угаар замат Турукбайың түшкүр жүк бурчуна катчу «күл кымызын» бергенге шашты – деп бакылдады.

«Иш жаман эмес» – дедим ичимден. Эшиктен эки кадам узай электе «жолубуз ачылды. Пай-пай... Эл кишисине айла жок экен. «Берерге бешимде белен, бербеске жок эртең менен» деген ушу белем?»

Чоң-кичине, бала-бакыра дебей Ийгиликтин үйүнө шыкала отурушту. Сыртта туурдук шыкаалагандар, эт алдыга тартылганча элди Ыбыкем эрмектеди. Өз күүлөрү, Карамолдонун күүлөрү, башка залкарлардын күү мурастары чертилди. Оо бир оокумда:

– Кана, калганын сен ула! – деп, комузун мага сунду. «Жаш тилек», «Жыргал күн», «Боз салкын», «Кеңештерди» кезеги менен айдатып токтогонумда:

– Оп-бали, Ыбыке, өзүңдү тарткан шакирттериң бар тура! Ордуң куру эмес экен, – деп отургандар мага эмес, устатыма алкыш жаадырышты. Мен кезекти ырчы Кеңешке узаттым. «Сагынам», «Даанышман», «Ой, булбул», «Гүл», «Күйдүм чокту» созолонтуп, Муса менен Атай алдыбызга келип калгандай, ырчылыктын кереметин Кеңеш көрсөттү.

Отургандардын бири:

– Тиги сары жигиттин өнөрү эмне? – деп, кагаз барактап, калам жорголоткон Мукашка карап калышты.

– Сары жигиттин өнөрүн түндө эмес күндүз, үйдө эмес эшик сыртында көрүнөт, – дедим.

Айткандай эле убай-чубай сыртка чыккандар босогодо тактага илинген дубал гезитти окуп, жаңылык кабарларга канып, сары жигиттин калемгерлик өнөрүнөн да канаат алышты. Көпчүлүктүн суроосу боюнча кезек кайрадан Ыбыкеме өтүп, комузду сайратып таң атырдык.

– Ой, айланайындар, меймандар эс алсын. Чаласы калса, эртең Аксайга баргыла, – деди Ийгилик.

– Ийгилик, бул эмне дегениң? Ыбыкемди жалгыз ээлеп алгансып... Ыбыкемдер эртең менин үйүмдө болушат, – деп Турукбай карыя өкүм сүйлөдү.

«Уйку болбойт чабанда, урматтуу мындай адамда» (Райхан). Таң азандан үй ээси малы менен алек. Ыбыкемдин төшөгү турат, өзү жок, туруп кетиптир. Ээр токумун жазданган Мукаш, Кеңеш ак мамыкта жаткансып, коңуругу таш жарат...

«Ыбырай келди» деген кабар Түп өрөөнүнө дүң түшүрдү. «Ыбыке үйдөн даам татып кетиңиз...» деген чакырыуулардын аягы суюлчудай эмес. Апта мезгил ала салса да Ак-Сай, Чымынды-Сайдан чыга албадык. Маршрут расписаниебиз эбак маанисин жоготкон.

Концертибиз чанда тышкы сахнада өтпөсө, көбүнчө үй ичинде, дасторкон үстүндө. Адетте, ар бир аткаруучу эки-үч номур менен чектелүүгө тийиш. Ыбыкемди болсо угармандар эки-үч саатка бошотпой күүлөрүн уга бербей. Андай учурда алып баруучунун кереги кимге? Мукаш Галиевдин лекциясын болсо, ара-чолодо, Ыбыкемдин эс алуу убагына жылдырмай. Ошондой болсо да, ар

конгон айылда «Кужурмөн баракча» илинип, малчылардын эмгеги, маңдай тери окуганда билинип турду...

Жылаңач, Көкжал-Турук, Сары-Жазга түшкөнчө мезгил айга чапчып кетти. Кен чыкчу комбинатта курулуш иштери, Оттукта экспедиция иштери кызуу жүргүзүлүп жаткан экен.

– Сары-Жазды көрбөгөнүмө 40 жыл болуптур. Канча өзгөрүүлөр, жаңылануулар. «Элүү жылда эл жаңырат, жүз жылда жер жаңырат» дечү эле. Эми эки жакты элең-сереӊ карагыча элиң да, жериң да жаңырып калат, – деп Ыбыкем заманына ыраазы.

Сары-Жазды ашып баратабыз. 130 кадак салмактагы адамды көтөрүп келаткан Кара-Кызыл канчалык балбан болбосун өрдөн-өрдү басканда таноолору бырылдап, капталдан тери шырылдап, омуроого ак көбүк бүркүлүп, демиккени күчөп баратканын байкаган Ыбыкем тизгин жыйды.

– Ии, сапарлаштарым, жөргөмүш деген дары чөп аягыбызда жайнайт. Аттарыбызды чалдырып, ак шишедеги дарыдан өзүбүз да татып, бир демге көңүл жайгаралы, – деп калды. Аксакалдын айтканы «аний» болмокпу. Аттарды тушап, отура калып, «тунуктан» татып, артынан бал кымызды кылтылдатып, куржундагы куймулчак, жамбашты туурамжылап жатабыз.

Кечээки Кызыл-Кыянын туу чокусундагы кылыгын дагы карматты белем, Ыбыкем көрпөчөсүн алдына төшөп мандаш ура, филармониянын чоң сахнасында концерт берип жаткансып, өтө жоопкер мүнөз кармап, барбайган мурду айры сакалга айкалышып, өмүр бою коюн-колтук алышкан сырдана комузун колуна алып, жаңы ыргакта жаңы кайрыктарды чубата баштады. Күү аяктаганда Ыбыкем өзүнө келип, айланага карек таштап, бизди бирден санап түгөлдөп:

– Ээ балдар, бул черткеним жайлоо сапарындагы жаңы күүнүн премьерасы, – деп койду да, оюн мындайча жыйынтыктады: «Данчылардын мекени – айдоо, аңыз талаа; кенчилердин мекени – шахта калаа; мергендердин мекени – аскалуу зоо; малчылардын мекени – жашыл жайлоо. Кыргыздар үчүн төрт түлүктүн мекени – Ала-Тоо. Эчен күндөрдөн бери малчыларды кыдырып келебиз. Эсепсиз мал туягы жер кыртышын жукартып, жайлоолор жашыл ыраңынан жабыркай баштаганы байкалат. Комуз жарыктык ошону эскертип жатпайбы. Эми, баатырлар, бүгүнкү концертиңерге ушул күүнү киргизип койгула. Малчы угармандарыбыздын алдында тушоосу кесилсин. Бул күү карыган кезимде калкыма калтырган керээз-мурасым болуп калаар.

Жаңы күүнү куттуктап үч миң угарман залды дүңгүрөтө кол чаап жатабыз. Үнүбүз барынча капчыгай ичин жаңырта ураалаганыбызчы. Арийне, ал жагы да, бул жагы да «Жашыл жайлоо» жаңырыгын жакшылыкка жоруп, ал жамы журтубуздун келечекки бактысына багышталган бата-тилегибиз болгон.

Оттукта геология башкармасынын татынакай клубу бар экен. Концертке экспедициянын адистери, малчылар түгөл келишти. Бир ай он беш күн аралыгында биринчи жолу клуб сахнасында оюн коюшубуз.

– Кымбаттуу агайын-туугандар, кайратман малчылар, жер сырын изилдегич геологдор! Бүгүн сиздерге арналган концертибизди залкар комузчу, эл артисти, өзүңөрдүн жердешиңер Ыбырай Туманов жаңы күүнүн премьерасы менен куттуктап ачканы турат. «Жашыл жайлоо – мал семиз» автордун аткаруусунда.

Раймаданият бөлүмүнүн башчысы Кубан Сулаймановдун кулактандыруусу... Дүркүрөгөн кол чабуулар... Көшөгө ачылды... Кожомкул балбандай зор адам, сахнадан көрүнгөндө кол чабуулар күчөп турду.

Чоң сахнада отурчу адатынча оң бутун сол тизеге арта салып, тегирмендей чоң колду тегеретип чуркатты дейсиң, «Жашыл жайлоо» залды көтөрө жаңырык салып, улуу-кичүү угармандарды ууз кайрыкка бөлөп жатты... Күү аяктаганда заставанын начальниги Хабибулин сахнага басып келип, Ыбыкемдин колун кыса кармап, колундагы гүлүн сунду, сүрөткө тартып алып жатышты.

Көк-Кыянын көк майсаң белинде көңүлгө келген Ак-Сайдын сүт көлүндө каймактап, Көк-Жар-Турук мейкинде жетилген, Сары-Жаздын туу жонунда толгоого келтирилген, Оттуктун оюн-зоок клубунда чертилген ошол жерде алгач тушоосу кесилген «Жашыл жайлоо – мал семиз» күүсүнүн жай мааниси ушундай» – деп, аңгемесин аяктаган эле Кубан аксакал (1980-жыл, 17-октябрь, Ак-Булуң айылы).

**Сөз соңунда:**

Эл, жер, мекенди даңазалоо – түбөлүктүү тема. Кыргыз адабиятында, музыкабызда бул темага кайрылбаган сүрөткерди табуу кыйын. Граждандык маанай, жүрөк сезими, нукуралык, тазалык, тактык акын Алыкулдун каламына таандык болсо, мезгилдин күрөө тамыры Ыбырайдын ыргактарына таандык. Ошол себептүү ал «жаңы замандын жарчысы» аталган. Ыбырайдын

кайрыктары көбүнчө аралаш жүргөн турмуш чындыгында жаралган. Күү залкары бирде ак мөңгүлүү «Ала-Тоого» көз чаптырса, бирде кыргыз жеринин бермети «Ысык-Көл» толкунунда; бирде бийикке карай өрдөп «жашыл жайлоолорду» араласа; бирде жакага ылдыйлап дыйкандарда. «Таң атардагы боз салкында» эмгек талаасына жаштар жабыла чыгып, керилип кетмен чабышын эңсеген. Мына ушул ой-тилек, ураан чакырык, музыкалык өнөрдүн салттык нугунда эстетикалык кабылдоо дараметине жараша калк назарына жеткирүү маселеси Ыбырайдык кайрыктарда тастыкталган.

Жалал-Абад областынын Аксы районундагы Аксуу кыштагында жашаган 90 жаштагы Сооронбай келини Турсун байбиче толгон-токой ырларын почта аркылуу салып жибериптир. Карыя байбиченин ыр санаттарында Ыбырай кайрыктарын ырастай алар «Жашыл жайлоо санаты» аттуу поэзия түрмөктөрү бар экен:

**Жашыл жайлоо санаты**

Эрте жазда эл көчүп,
«Ат жайлоо» коргон жайлашат.
Желе тартып чыгда алып,
Чыңыртып кулун байлашат.

«Кара көч» менен «Боз тектир»
Улуу жайлоо бул дептир.
Калаган чийдей чыгат ко,
Каакым, ышкын, калемпир.
Токсондон ашык жашаган,
Токтобай Шайбек карысы.
Тоосундай бийик сезилет,
Улуу-кичүү баарысы.

Түрлөрү менен жайытта,
Төрт түлүк түмөн малы көп.
Ак сакалын жайкаган,
Арктуу-нарктуу кары көп.
Бетеге белден буралат,
Анын баары – дары чөп.

Шылдыр добуш булагы,
Комуз күүсү – бу дагы.
«Жашыл жайлоо» санатын,
Жадабай ырдап туралы.

**Радионун музыкалык «Алтын казынасындагы» «Жайлоо» темасына арналган күүлөр:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Жашыл жайлоо – мал семиз» | 495 | 3’52 | Ыбырай Туманов |
| 2 | «Кең жайлоо» | 9724 | 4’48 | Асанаалы Кыштообаев |
| 3 | «Шаңдуу жайлоо» | 1810 | 2’28 | Асылбек Иманалиев |
| 4 | «Жайлоо кербези» | 2933 | 3’08 | Бектур Осмонов |
| 5 | «Жайлоо шаңы» | 4378 | 1’50 | Ибраим Шаршенбаев |
| 6 | «Жашыл жайлоо» | 5091 | 3’00 | Акысбек Дүйшеев |
| 7 | «Жашыл жайлоо» | 10196 | 4’12 | Асан Кайбылдаев |
| 8 | «Жайлоо бийи» | 7412 | 1’18 | Шакен Жоробекова |
| 9 | «Жайлоодо» | 3898 | 1’30 | Шакен Жоробекова |
| 10 | «Жайлоо күүсү» | – | – | Орозаалы Чотоев |
| 11 | «Жайлоо» | 7182 | 2’20 | Толтой Мураталиев |
| 12 | «Жашыл жайлоо» | 10903 | 3’35 | Абдыш Ракымов |
| 13 | «Алайдын башы – айлана жайлоо» | 2861 | 6’30 | Саид Бекмуратов |

**«Ата-Журт кайрыктары» радионун «Алтын казынасында»**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Алай кайрыгы» | 9851 | 3’05 | Кулбай Түмөнбаев |
| 2 | «Алайдын башы – ак жайлоо» | 2861 | 6’30 | Саид Бекмуратов |
| 3 | «Алай» | Ч.5148 | 1’55 | Гүлсайра Кыдырова |
| 4 | «Алай насыйкаты» | 9862 | 5’00 | Гүлсайра Кыдырова |
| 5 | «Керөзөн» | 6284 | 2’18 | Муратаалы Күренкеев |
| 6 | «Керөзөн» | 3059 | 2’57 | Ыбырай Туманов |
| 7 | «Керөзөн» | 6124 | 1’37 | Самара Токтакунова |
| 8 | «Кыргыз жери» | 10221 | 1’50 | Апаз Жайнаков |
| 9 | «Кара бодур» | 3576 | 3’02 | Жөлөгөн Чымырбаев |
| 10 | «Улуу тоолор» | 2225 | 1’47 | Нурак Абдракманов |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 11 | «Керөзөн» | 9370 | 3'20 | Кулмат Асанбаев |
| 12 | «Керөзөн» | 7212 | 1'25 | Бүбүсара Мааткадырова |
| 13 | «Керөзөн» | 10215 | 2'20 | Бакыт Чытырбаев |
| 14 | «Керөзөн» | 6074 | 2'55 | Токтосун, Толтой, Самара (трио) |
| 15 | «Керөзөн» | 10194 | 3'10 | «Эне-Сай» эстрада ансамбли |
| 16 | «Эркин тоо» | 3950 | 3'10 | Кеңеш Сулайманов |
| 17 | «Тоо булагы» | 7407 | 2'55 | Шакен Жоробекова |
| 18 | «Тоо ыргагы» | 10050 | 2'40 | Сүйдүм Төлөкова |
| 19 | «Каракол кайрыктары» | 9699 | 2'04 | Жунус Аликеев |
| 20 | «Кара Шоро» | 2860 | 3'00 | Саид Бекмуратов |
| 21 | «Сүйгөн шаарым Пржевальск» | 5016 | 2'30 | Мойдунов |

# САЛТ КҮҮЛӨР

## АРМАН КҮҮЛӨР

Арман – адамдын орундалбай калган ой-санаасы, өмүрдөгү өкүнүчү, эңсеген мүдөөсү. Адамдар башынан өткөргөн ар кандай абыкерчилик (жан кейиткен жардылык, онтоткон оору, ак жеринен айыпка жыгылуу, кордук-зомбулукка кабылуу, жакын адамдарынан ажыроо, туяксыз өтүү, абак-түрмө азабы, ичкиликке алдыруу арман жаратып, адамдын буюккан бугун сыртка чыгарып, зар какшап, муң кагып чертилген тереӊ кайрыктар – арман күү деп аталаган. Кыргыз баласы үчүн кайгырса кайрат кошор, буулукса бугун бөлүшөр, азап тартса акылдашар сырдашы, муңдашы, акылдашы аспаптык комуз күүлөрү болгон. Элдик накылда айтылгандай: «барга – зор заман, жокко кор заман», «сен, сен дүйнө, дайым бири кем дүйнө»... өкүнүчтүү пендени кекентип, арылгыс арманга салган. «Кыргыздын арманы көп: чабылдык, чачылдык, бүлүндүк. Ошондой элде арман азбы? Ошону черт. Канатты кырккан турмуштун азабын айттыр,– деди отургандардын бири. Бекберди баш ийкеди. Комузун буроого келтирди. Кыргызда азап күйүттү, кордукту баяндаган күүлөр көп. Ошолордун ичинен эң муңдуу кайрыктарды тандап чертүүнү чечти. Ал салмак менен кол шилтеп, күүнү жай баштады. Комузчу күүнү чертип жатат. Отургандар муун-жүүндү бошото тегиз төгүлгөн кайрыктардан эл башынан кечирген кыйын күндөрдүн көкүрөккө уюган тагын сезишип, шамалдай демигип келген ойлордун сезимдердин эпкининде болуп, былк этпестен «Арман күүнү» уга беришти».[47]

«Каңырыгы түтөй түшкөн Касымбала-эне кайрадан комузун колуна алып, бу күүсүн «Арман күү» деп чертти.

47 Курманалы Сапарбаев. Катуу багыт. – Б., 1991. 226-бет.

Кымбатым силер кеткенге,
Кырк жылдан мына ашканбы?
Ошондон бери кабар жок,
Чын эле шорум катканбы?
Өпкүлөй берем дагы эле,
Өзүңөр жазган каттарды!..».[48]

## Мезгил түпкүрүндөгү арман күүлөр

Жарык дүйнөдө үч чындык бар: байлык, бийлик, рухий дөөлөт. Байлыкка баарын сатып алууга болор, андай дүйнө бүгүн бар да – эртең жок. Бийликке таянсаң баарын тартып аласың, бирок зордуктун түбү – бирөөгө ор, өзүңө көр. Улуттук рухий дөөлөткө таянсаң ал – түбөктүү, өлбөстүк. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында окуя көбүнчө баш каармандын айланасында болгон. Алардын жүргүзгөн күрөштөрү дайым эле ишке аша бербеген. Алардын кайгылуу абалын «Армандар» коштоп, калайык калкка жарыя салган.

Арманды козгоп муң калган,
Айтылбай канча сыр калган.
Кабылан Манас өткөндө,
Каңгырап Талас кур калган.
Арадан кетип ынтымак,
Артында далай чыр калган.

Акылга дыйкан бабабыз,
Аксакал Бакай жан кеткен.
Асылзат эне Каныкей,
Айкөлгө шерик жан кеткен.
Манастын болуп оң колу,
Алманбет, Чубак эр кеткен.
Тагдырын элдин ойлогон,
Даанышман Манас шер кеткен.

Каныкей асыл энебиз,
Кан Манас жанга теңегис.
Аксакал Бакай карыя,
Акылы терең ченегис.

48 Көчкөн Сактанов. Арман күү // Советтик Кыргызстан. 1982. 12-декабрь.

Алманбет, Чубак, Эр Сыргак,
Ага да маани беребиз.
Алмустактан бер жакка,
«Арманын» айтып келебиз.
*(Н. Алымбеков)*

## «Манастын арманы»

Жеке адамдын муңкүрөгөнүнөн да, жалпы калайык калктын кайгысы оор. Мисалы, 1916-жылдагы түмөн эл кырылган Үркүн – кыргыз элинин жүрөгүндө кылымдарга арылгыс так болуп калган. Жакындарынан айрылып жалгызсырап калганда, кадыркечтерин жоктоп карыпчылык башка түшүп турганда кан тоодой бийик Манас да жапыздап, карапайым адамдын кейпин кийет:

Бээжинден өлгөн берендер,
Бегирээк кунун кууймун деп.
Белин бууп бекемдеп,
Шымдакчан басып барды эми.
Бой тиреген чоң терек,
Кош колдоп тиреп имерип
Копшоп турат жулалбай.
Кабылан Манас айкөлүң,
Бабаң Бакай башында,
Алманбет, Чубак кашында,
Жалпы Чоро жанында,
Андай эмес мындай деп,
Камтый кармап өтүүчү.
Каарланса кабылан,
Андай чынар теректи,
Камчыланып кетүүчү.
*(Манасчы Шаабай Азизовдон).*

Арстан Манас айкөлүң жараатынан жаны кейип, кере канат кең үйдө, келишимдүү боз үйдө алтын мамык куш жууркан, ала кийиз куш жаздыктан башын көтөрүп, кайран энең Каныкейге кайрылып, арманын айтат:

Өткөн өч кекти алалбай,
Кара манжуу Коңурга,
Калайманды салалбай,

Өтүп кетсе кайран баш,
Өчүмдү алчу балам жаш.
Менин көзүм өткөндө,
Кагылайын калайык,
Эл эмине болот дейм?..
Кечээ кара жаак Зулпукор,
Кындап жаткан кезиде.
Дүйнө кенен чагында,
Алакеңдин барында,
Мында өлбөй не болдум?!
Кара Каңгай камбылын,
Камаганда өлбөдүм.
Калдай менен Солоонду,
Сабаганда өлбөдүм.
Кармаган туум сындыбы,
Касташкан жан тындыбы?!
Кайгыга терең малынган,
Мендей шордуу бар бекен,
Алманбет, Чубак, Сыргактай
Үч беренден айрылган?!

## «Каныкейдин арманы»

Кайран энең Каныкейдин кайгысы айкөлүнөн ашса ашар, андан кем калбас:

Саяңда сан журт корголор,
Капталы жазы кайыңым.
Кайып болдуң дүйнөдөн,
Калайык таппай дайының.
Какшаган бойдон калдыңбы,
Каныкей мендей айымың?
Тушунда туйгун салгансың,
Тумшуксуз мендей алганың.
Тумшуксуз болбой не болдум,
Туйгунум сенден калганым?
Артыңда жалгыз каралдың,
Кайрылбай таштап салганың.
Мен, Каныкей, бейтаалай,
Кардымда кетти арманым!

Адырдагы тармал чөп,
Атпай кыргыз эл үчүн.
Атаңдын көрү, дүйнө,
Айта турган арман көп!...

## «Алманбеттин арманы»

Улуу достуктун, улуттар шериктештигинин символу катары таанылган, баатырдыгы айкөлүнөн ашса ашкан, асты андан кем калбаган Алманбеттей шер үчүн да ата мекенинин ыйыктыгы, ага болгон сагынычы кабыргасын кайыштырып, арман жараткан:

Эли бар адам зор экен,
Элинен тентип кеткен соң,
Өлүп калыш оң экен!
Калкы бар адам зор экен.
Калкынан безип кеткен соң,
Кайран жаның кор экен!..

Адамдардын социалдык абалына, жаш курактарына байланыштуу турмуштун ар кыл азап-тозокторунан улам жаралган арман мүдөөлөр ыр-күүгө алынып, калайык калкка жарыя салынып келген. Мезгил мерчемине тушуккан айрым тарыхый чындыктын каарманы аты-жөнүнөн ажырап, бара-бара жалпылаштырылып да калган.

## «Абышканын арман күү»

Фольклор изилдөөчү Кайым Муптак уулу 1926-жылы Нарын өрөөнүнөн «Абышканын арман күүсүн» жазып алып, Кыргыз илимдер академиясынын кол жазмалар фондусуна тапшырган. Ушул эле аттагы күүнү тилчи окумуштуу Жээнбай Мукамбай уулу Памир, Жерге-Тал кыргыздарынан угуп, «Эл ичи – өнөр кенчи» аттуу китебине киргизген.

Нарындын Шаркыратма болушунда Абылай аттуу карыя жашаган. Анын маңдайына бүткөн жалгыз уулу болгон. Бала чоңоюп, эр жетип, эл аралай баштаган сайын абышканын кубанычы койнуна батпай, «артымда туягым калса экен» деп, жаратkандан тилеген. Ошол мезгилде жигит катуу кеселдеп, күндөн күнгө оорусу жөнүкпөй, акыры төшөк тартып жатып калат. Жалгыз баласынын

күйүтүнө мөгдүрөп, эмне кылар айла таппай турган катаал күндөрдүн биринде чалдын үйүнө Төрөгелди баштаган жоон топ меймандар түшүп калат. Карыя кадырлуу конокторуна тай союп, кабагым-кашым дебей жадырап кабыл алат. Келер-кетер кептер козголуп, шартылдата комуз чертилет. Меймандардын суроосу боюнча абышка «Камбаркандарды» кайрып, «Шыңгырамаларды» шыңгыратып, «Ботойлорду» боздотот. Аңгыча эт бышып, коноктордун колуна суу куюлуп, табактар тартылат. Меймандар устукандарды алып, этти туураганга киргенде, сырттан бирөө баш багып, абышканы чакырып чыгат. Ушул учурда баласы жан берет. Уулуна ыйман айтып болгондон кийин карыя: «Меймандар тамагын жеп бүткөнчө эч кимиң үн чыгарбайсыңар» — деп, элди жайгарып коюп, коноктордун үстүнө кирет. Эт желип, бата тиленип, колго суу куюлгандан кийин, чал керегеде илинген комузун алып, черте баштайт. Күү бирде ботосу өлгөн ингендей боздоп, бирде жакынынан айрылган адам өкүрүк салгандай заулдап, бирде аялдардын муңдуу кошогун элестетип дирилдейт.

— Күү бузулду, балдар, кеттик! — дейт меймандардын сакалдуусу.

Коноктор жапырт атка мингенде Алыбай карыянын үйүнөн өкүрүк чыгат. Коноктор тай чабым жерге барып, кайра кайрылып, жер дүңгүрөткөн өкүрүк менен түшкөн экен. Чал баласын жайына тапшырып келгенден кийин, арбакка атап куран окуп, көзүнөн аккан жашы сакалы ылдый куюлуп, комузун колуна алып, үн кошуп чертет:

Бүгүн келдиңер эле үйүмө,
Чоң Төрөгелди коногум, ботом.
Арылбады чал, кемпир жомогу, ботом.
Карегимдин карасы ай, ботом,
Эңкейе бүткөн тал калды, ботом,
Ээлиги жок мал калды, ботом.
Ээнсиреп кара жолтой үй калды, ботом.
Эңгиреп эки коколой баш бир калды, ботом.
Алган бир жарың Турдукан, ботом,
Карабет шордуу бу калды, ботом.
Теке бир качып токтолор, ботом.
Теңир бир жазып койгон соң, ботом.
Тентиреп жүрүп атакең менен энекең,
Жок болор ботом.

Кулжа бир качып токтолор, ботом.
Кудайым жазып койгон соң, ботом.
Куурап бир жүрүп атакең менен энекең,
Жок болор, ботом.
Курдашың эле Турдукан, ботом.
Эми куйкаланып жок болор, ботом…

## «Абышканын арман күү» II вариант

Илгери бир жетим өмүр бою байдын коюн кайтарып жүрүп карыптыр. Байдын байбичеси каардуу экен. Абышкасы менен урушуп жүрүп карыптыр. Жөн урушпай, тилдеп жемелеп: «Саар берем бир галдай (жука нан), сагынып жейсиң бир нандай; түштө берем бир галдай, түшүркөп жейсиң бир нандай; сааркы берген галдайга, сагызган тойбойт дедиңби; түшкү берген галдайга, түлкү тойбойт дедиңби. Өлүгүңдү көрөйүн какбаш чал, буерде эмне сүзүлдүң? Же как жүрөгүң үзүлдүбү? Койлордун семизи кетти бел ашып, арыгы калды чубашып. Тур, тур өйдө, тур өйдө…» деп жон талаштырып чаап ийет. Анда койчу:

Койчу болдум башынан,
Кордукту тарттым жашымдан.
Кошомат кылып кой бактым,
Курсагымдын ачынан.
Чокоюм буттан суурулуп,
Чор болду таман туурулуп.
«Чой чойлоп» жүрүп өтөмбү,
Чокуда бир күн буулугуп?
Чарыгым буттан суурулуп,
Чарчадым таман туурулуп.
«Чай чайлап» жүрүп өлөмбү
Чаптарда бир күн буулугуп.
Эшикке жатсам, эчки капыр тебелейт,
Үйгө кирсем, байбиче капыр жемелейт.
«Тезек тер!» деп кап берет,
Үйгө кирсем, көсөө менен тап берет.
Кара өгүз минсем, камчым жок,
Кайда барсам кара жанга тынчым жок.
Муңканып зарлап ыйласам,
Арманым угар киши жок.

### Койчунун арман гүв

Короодо чөгүп нар жатат,
Кобурашкан кишим жок,
Коргондо жалгыз чал жатат.
Эшикте чөгүп нар жатат
Эрмек кылар кишим жок,
Ээн калган коргондо,
Элеңдеп коркуп чал жатат.
Чепкендин жеңин кайырды,
Жебирешип отурчу,
Жек жааттан душман айырды.
Калпагым чети кайрылды,
Караан кылып отурчу,
Катындан душман айырды.
Өрдөктөр учат камыштан,
Өзү оокат кыла албай,
Өксүп калды абышкаң.
Суусар оттойт камыштан,
Суусун алып иче албай,
Сумсайып калды абышкаң.
Казгалдак учат камыштан.
Казан асып, аш ичпей,
Каржалып калды абышкаң...
*(Жээнбай Мукамбаев «Эл ичи — өнөр кенчи»).*

## Алыска кеткен кыздын арманы

Илгери кыргыздар уруу-уруу болуп, алыскы аймактарда көчүп-конуп жашашкан. Бир эл экинчи эл менен катташканда ат менен ара конуп же апталап жол жүрүп, араң-зорго жетишкен. Түндүгү Көл өрөөнү, Нарын аймагы, Чүй же Таласка; түштүгү: Ош, Алай, Чаткалга, Анжыян, Аркага кыз берип куда-сөөк, жек-жаат күтүү тозокко турган. Тагдырдын буйругу, айрым кыздарыбызды жердин жети катар түбүнө сүрүп таштаган. Кыз байкуш кантсин, төркүн-төсү менен катташы үзүлүп, ата-эне, урук-туугандарынан кабар албай, элестери көздөн учуп, эки көздөн жашы куюлуп, жол карап жүрүп, өмүрлөрү өтүп кеткен. Ошондой учурлардын биринде кыркаар тартып асманда учуп бараткан каркыра-турналарга, тал башында

сайраган күкүк куштарга жалынып, алыстагы туугандарына салам дуба жолдогон. Кээде күкүк куш менен үндөшө ичтеги арман-муңун чыгарып алышкан.

## I

«Базыл адатынча бак-бак сүйлөп, көкүрөк керди: «Эски күү. Илгери-илгери кыргыз жайкысын кыраңда, кышкысын ыптада көчүп-конуп жүргөн. Аксы багытында Чынар деген бир сулуу кыз көз көргүс, кулак уккус бир жакка олжого кетет. Чынар барган жери жарашпай кордук көрүп, түмөн түйшүккө түшөт. Күндө токойго отунга барганда, арчадан-арчага учуп-конгон жалгыз күкүк жүрөт. Турмуштун каарынан жадаган кыз, эңилчек баскан таш үстүнө отуруп, күкүк менен үндөшүп, арманын ый аралаш айтчу экен:

Таластын башы тарагай, күкүк,
Тарамдап өскөн карагай, күкүк.
Аралап бассам шуулдайт, күкүк,
Анда да санаам жуулбайт, күкүк.
Байырлай бассам шуулдайт, күкүк,
Баары бир санаам жуулбайт, күкүк.
Ак байтал ашуу бербеди, күкүк,
Аксыдан киши келбеди, күкүк.
Көк байтал ашуу бербеди, күкүк,
Көп элден бирөө келбеди, күкүк.
Аксыдан келсең кайта бар, күкүк,
Акеме кабар айта бар, күкүк.
Арманда Чынар өлдү де, күкүк,
Азапка шордуу көндү де, күкүк.
Кыйноодо Чынар өлдү де, күкүк,
Кыямат жүзүн көрдү де, күкүк.

Теребел ың-жыңсыз. Чагылган тийип кууруган арча бутагында учуп-конгон күкүк какшанат. Карт дүмүрдүн түбүндө эңилчек баскан ташка көчүк коюп, кыз жаагын тизесине жөлөп, кош канат эркин куш менен үн алышат. Макулук күндөн күнгө үйүр алат, кыздын дартын жубаткандай, жалгыздыкка эш болуп леп-леп канат кагат.

– Ку-кук, ку-кук, ку-кук...
Чынар кыз макулукка зар какшайт, ыйлайт, суранат:
– Аксыдан келсең кайта бар, кукук.
Апама кабар айта бар, кукук.

Чынардын тагдыры, бир ууч өмүрү дастан болуп айтылып, күү болуп чертилип, биздин күнгө жеткен. Кукук болуп күү жаңырат... тек, бул жарганаттай алсыз кыздын элеси зордук-зомбулукка каргыш жаадырган ый аралаш ырдын, күйүт чайыган күүнүн өткөн замандын өктөм күбөсү, өчпөс тамгасы... ».[49]

## II

Алыска кеткен кыздын асманда учуп бараткан каздарга карап ата-энесине салам-дуба жолдоп арманын айтып турганы:

Абалап учкан, алты каз,
Атакем жайын көрдүңбү?
Атакем жайын сен көрсөң,
Арманымды айта бар:
«Ардагың ботоң мен мында».

Эбелеп учкан, эркин каз,
Энекем жайын көрдүңбү?
Энекем жайын сен көрсөң,
Эсендигим айта бар:
«Эрмегиң ботоң мен мында».

Ардагым атам сен анда,
Армандуу кызың мен мында.
Күйөрүм энем сен анда,
Күйүттүү кызың мен мында.

Талдан бекен тарагым
Тал-талдап чачым тарайын.
Мен, таалайыма карайын,
Базардан алган тарагым,
Башымда чачым тарайын,
Мен бактыма карайын.

49 Төлөгөн Касымбеков. Тандалган чыгармалар. 1-т. – Ф., 1990. 157-158-беттер.

## III

**Төркүнүнө жете албаган кыздын арманы**
(Мааткадырова Бүбүсайранын күүсүнө шилтеме)

Аргымак аттын туягы,
Азаптуу жердин ыраагы.
Тобурчак аттын туягы,
Тозоктуу жердин ыраагы.

Куркулдайдын уясы,
Кургак бекен, суу бекен?
Куруп калган атакем,
Аман бекен – соо бекен?

Каз-өрдөктүн уясы,
Кара жер бекен, суу бекен?
Карып калган энекем,
Кырсыктан алыс соо бекен?

Ашуунун бели ак кезең,
Кара да бекен, кар бекен?
Каралашым тууганым,
Кантип жүрөт болду экен?

Көк-Кыя бели көк кезең,
Көк муз бекен, кар бекен?
Көңкү кыргыз элимди,
Көрөр күнүм бар бекен?

Ак түйүнчөк түйгөндөй,
Асылкеч экен кыз байкуш.
Ат жеткис жерге баргыдай,
Айыптуу бекен кыз байкуш?!

Көк түйүнчөк түйгөндөй,
Көңүлдөш экен кыз байкуш.
Көз көргүс жерге бергидей,
Күнөөкөр бекен кыз байкуш?!

## IV

### Малга сатылган кыздын арманы

Токтогулдун шакирти Кулмырза Кожобек уулу: «Кыз жакшы же жаман жерге барат. Кыздын арманы күүдө чертилет» – дечү экен.

Атаке, айдап-айдап мал жедиң
«Айбанга берем» деп жүрдүң.
Айбандын жайын мен билип,
Ал үчүн оттой көп күйдүм.
Атаке, жыйып-жыйып мал жедиң,
«Жыласка берем» деп жүрдүң.
Жыластын жайын билген соң,
Ал үчүн оттой мен күйдүм.
Саамай чачым өрүлүп,
«Жаманга кантип барам» деп,
Санаам санга бөлүнүп.
Атаке, айдап малды жебей кал,
Айбанга берем дебей кал.
Жыйнап малды жебей кал,
Жыласка берем дебей кал.

Кулаалы салсаң кууга сал,
Куураган чалга бергенче,
Курсагым жарып сууга сал.
Ителги салсаң кууга сал,
Итейген чалга бергенче,
Ичимди жарып сууга сал.

Күлүккө така болбогон,
Күмүштү неге жараткан?
Күйөөдөн багы болбосо,
Кызды неге жараткан?
Атка така болбогон,
Алтынды неге жараткан?
Алгандан багы болбосо,
Кызды неге жараткан?

## V

**Чалга берген кыздын арманы**

(Жерге-Талдык кыргыздардын оозеки чыгармачылыгынан)

Карчыга кармап увга сал, ата ай,
Карыган чалга бергиче, ата ай,
Кармап бир барып сувга сал, ата ай.

Ителги кармап увга сал, ата ай,
Итейген чалга бергиче, ата ай,
Итерип барып сувга сал, ата ай.

Күнгөйдүн күнү баткан жок,
Күйөөдөн мага айткан жок.
Тескейдин күнү баткан жок,
Теңтуштан мага айткан жок.

Алтымыш ашкан аксакал,
Чалга кетип баратам.
Атам сатып башымды
Малга кетип баратам.
Башы кара, буту айры,
Жанга кетип баратам.

Оюмдун баары омолду,
Олутту ишим жоголду.
Күлкүмдүн баары күбүлдү,
Күйөөдөн эрке түңүлдү.
Көмүскө калган мен шордуу,
Көрөрмүн эптеп күнүмдү.

Теңсиздик заманда бойго жеткен кыздар өздөрү каалаган жигиттерге баш кошуу мүмкүнчүлүгү (мыйзам түрүндө) шартталбаган себептүү айрымдары: «жазмышыма көнбөскө чарам барбы?» деп, тагдырына багынып, айрымдары багынып бергиси келбей, бар күчүн армандан чыгарып, атпай журтка жарыя салышкан.

## Акберметтин арманы

Кыргыздын элдик оозеки чыгармаларын жыйноочу Кайып Муптак уулу 1923-жылы 26-июнда Таластын Калбаа деген

айлында комузчу Атай менен жолугушат. Атай аткарган ыр-күүлөрдү кагаз бетине түшүрөт. Атай комузун кармап күүгө бурап: «Кетмен-Төбөлүк Карагул кызы Акберметтин арман-кошогу деп черте баштайт. Күү аяктап, «Акберметтин атасына кошкон кошогун» жаздырат:

Саадагың турат сайы жок.
Кан ата, сан жигит турат өзүң жок.
Кылычың турат кыны жок.
Кан ата, кызың бир турат өзүң жок.
Көмүркөй алтын мис эле,
Кан атам көркөмү артык киши эле.
Көлдөн өрдөк куткарбас,
Көк ала тынар куш эле.
Көмүркөй алтын сынды эми,
Көөнү жаман көп душман,
Көңүлү эми тынды эми.
Сандыгың алтын жыш эле,
Сандыргалуу киши эле,
Сайдан өрдөк куткарбас,
Сарала тынар куш эле.
Санаасы жаман сан душман
Сардалды кудай берсе деп,
Санаганы ушу эле.
Санаасы эми тынды бейм.
Аргымакка ат кошкон,
Ар жакшылар баш кошкон.
Күлүгүнө ат кошкон
Кан атама күлдү дубан баш кошкон.
Аргымактын тукуму,
Адырдан оттоп май алды
Кан атам,
Акыреттен жай алды.
Тобурчактын тукуму,
Тоодон оттоп май алды,
Кан атам
Кыяматтан жай алды».

К. Муптак уулу көп өтпөй, 9-июль күнү Акберметтин өзүнө жолукту. Акбермет анда 35 жашта эле. Тагдырынын тайкылыгына (эки-үч эрдин башын аттаганына) карабастан өң-келбети келишкен, илбериңки, жылдыздуу, ургаачы затынын нурдуусу, толуп турган убагы экен. Табыятында ырчылык ылхамы, шыгы бар келин бир топ арман, сүйүү ырларын, кошокторду комузга коштоп черткен. Ал чыгармаларды уккулуктуу, жагымдуу обон менен аткарып, К. Муптак уулуна жаздырган.

Алты аркар жылдыз маанайым,
Алтыдан өргөн саамайым.
Жашымда атам көзү өтүп,
Мен шордуу байланган экен таалайым.

Жети аркар жылдыз маанайым,
Жетиден өргөн саамайым.
Жетилбей атам көзү өтүп,
Аделе, менин жешилгени таалайым.

Ак калпак кылып бордодум.
Жаманга багым байланып,
Айламды таапай шордодум,
Көк калпак кылып бордодум.
Багыма бир ит кез келип,
Күлгүнүмдө шордодум.

Алданын салган насиби.
Амал-айлам түгөнүп,
Арамга байлап башымы.
Канчалык өткүр болсом да,
Жаш денем көк темирдей жашыды.
Келиндерди карасам,
Күмүштөн чачпак салынып,
Келген жери ылайык.
Мен шордууну карасам,
Келген жерим келишпей,
Кейишти тарттым муңайып.

Беш-бештен өргөн чачымды,
Беш калмактык башымды.
Билимсиз жаман кез болуп,
Кор кылды алтын башымды.

Он-ондон өргөн чачымды.
Он калмактык башымды.
Окуйган жаман кез болуп,
Билбеди менин баркымды,
Өткөздү менин наркымды.
Бир күнү көңүл куш кылбай
Жараткан, теңимди таап туш кылбай,
Безжараган кор кылып,
Жаманды мага зор кылып,
Жараткан мага өтө жаман иш кылды.

Жазгы чыккан өлөң чөп,
Балага карап мен жүрүп,
Жаш өмүрүм өттү тек.
Айталбаймын кантейин,
Алым жетпейт, арман көп.

1911-жылы 12 жаш курагында Акберметтин атасы каза табат. Атадан коргоосуз калган жетимдин тагдырын эл билермандары өз пайдасы үчүн чүкөдөй калчаган. Эл ортону элүүдөн ашкан адамга 13 жашар кызды кармата беришет. Акбермет эки жылдан кийин, 15 жашында уул төрөйт. Бирок, жүрөк сезими чаппаган карт күйөө менен түбөлүккө жашоону каалабайт, акыры бошонуп чыгат. «Кайда барсаң мамайдын көрү» болуп, уруу башчылары Акберметтин ой-боюна койбой дагы бир карт бөрүгө башын байлайт. Аны менен да ымаласы келишпей: «өз эркиндигимди колума бергиле!» деп, арызданбаган жери калбай, теңдик үчүн күрөш жүргүзөт. Ал аракетинен да майнап чыкпайт. Жакын эле агалары сыртынан тон бычып, Таластын башы Караколго, мал жандуу 65 жаштагы адамга атказышат. Акбермет К. Муптак уулуна ушул жерден кездешкен. Кийин Акбермет жөнүндө К. Муптак уулу: «Акбермет чектен тыш сулуу 1923-жылы ал келбети келишкен кыргыз кыздарынын чүрөгү эле. Акын да, чечен да, акылдуу да, кат билбегендигинен гана, кеңеш мыйзамдарынан кабарсыздыгынан гана манаптардын колунда кор болуп сатылып жүргөн. Кыргыз кыздары ушундан ибарат алып, душманың ким экенин таанып алсаңар болот» — деп, жазган ал. Талантына, тагдырына жаштайынан балта чабылган кыргыз сулуусу Акберметти алгач кабарлаган Кайым Муптак уулу, арманын аспапка жалгаган айтылуу Атай Огомбаев.

## Айсары кыздын арманы

Дастанчы кыз Айтбүбү Турусбекованын аткаруусунда: «Илгери өткөн заманда Турпандан чыккан 40 кербен Анжыян тарапка соода кылып баратып Чүйгө келишет. Кербендер алтын баштаган асыл буюмдарын уурдатып, калк башчысына арызга отурушат. Ууру табылбай, акыры Тойчук деген кедей чалдын Айсары аттуу жалгыз кызын кербендерге барымтага беришет. Кыз ашкан сулуу, акылдуу, ырчы, кошокчу, акын эле. Турпанга кетип баратып: «Мени бул зордуктан куткарчу адам жок бекен?» деп, муңу кыскартылып алынды.

Айланып бүркүт желде ойнойт,
Ак калтар оттуу белде ойнойт.
Айланып таппай кызыгын,
Адашкан күлүк жерди ойлойт.
Азапка түшкөн мен шордуу,
Армандан башка нени ойлойт?

Алыстап кетчү жерди ойлойт,
Агайын-тууган элди ойлойт.
Алышып бирге ойногон,
Асылкеч теңтуш теңди ойлойт.
Ажыдаар сорсо баласын,
Атакем байкуш нени ойлойт?

Акимдин күчү зор беле,
Алсыздар ага кор беле?
Ак кептер элем кайыган,
Алдымда турган шор беле?
Алдырган колдон күкүгүн,
Апакем кандай шордуу эне?

Арман бар жерде санаа бар,
Ак аркар менмин жарадар.
Айыпка адам карматкан,
Абийирсиз жүзү каралар!
Кайгырап элден адашып,
Какшасын мендей балаңар!

Жаңыдан гүлүм ачты элем,
Жалп этип өччү жаш белем.

Жазыксыз муңга чөмүлүп,
Жамгырдай жуулду жаш менен.
Тырмагына дөбөттүн,
Тытылмай болду жаш денем.

Ак чоку тоонун ар жагы,
Аралаш кытай, калмагы.
Өз жеримден ажырап,
Өткөн күн курсун андагы.
Бирөөгө кантип күң болот,
Бирөөнүн эрке ардагы.

Албырган жүзүм кубарар,
Арманга арман уланар.
Ачылган жашыл гүл элем,
Апсыйган бирөө будалар.
Жазыксыз мындай кордукка,
Жан болбос чыдап туралар.

Арманын козгойт ырчынын,
Атаке ай, кандай ылчумун?
Кулпуруп өсүп турганда,
Куурайбы жашыл чырпыгын?
Жат элде кантип күн көрөт,
Жалгызын алсыз чымчыгын?

Ак билек сунсам алчу ким?
Ак жибек боосун чалчу ким?
Ажыдаар соруп баратат,
Арача кылып калчу ким?
«Айсары байкуш кантти» – деп,
Артымдан издеп барчу ким?

Калкымдын мончок селкиси,
Канкордун болду энчиси.
Айлымда жокпу бел байлап,
Ажалга тике келчүсү?
Качан чыгат Шалтадан,
«Каманга» жооп берчүсү?[50]

50 Кадыр түн. Обондуу ырлар. – Б., 1994. 79-82-беттер.

## Үкүтай кыздын арманы

«Атам ыраматылык, эртели-кеч комузун эрмектеп, күү чертип отурар эле. Күүлөрүнүн ичинде көбүрөөк кайрылган кайрыктар «Үкүтай кыздын арманы». Мукам муңдуу кайрыктар угарманын тез эле өзүнө тартып алчу» — деп эскерет акын Анатай Өмүркан уулу.

Кайрыкта катылган ойду издеп,
Кээ күнү күү тыңшайм мелтиреп.
Угулбастар жаткансып добуш салып,
Көрүнбөстөр келгенсип берилеп.

Айтымда күүнүн жаралыш жагдайы төмөндөгү окуяны камтыган сыягы: Илгери кыйын кезеңдердин биринде өлбөстүн күнүн кечирген бир бечаранын Үкүтай аттуу сулуу кызы болуптур. Кудуктун түбүндө бүлбүлдөп күйгөн чырактай бажырайып, баралына толуп балбылдап келаткан кезинде энеси өлүп, энесин эстеп ботодой боздоп ыйлай бергенден улам эки көзү көрбөй карайлап калган экен. Атасы кантсин, байбичесинен ажырап, бакырайган кызынын кареги соолуп темселеп калганына кан жөткүрүп кейий берип, акыры жазмышка моюн сунууга аргасыз болот. Эртели-кеч кызын жетелеп эшик-элеңге чыгарып, курсагын ачырбай, канаттууга кактырбай, тумшуктуугa чокутпай бөпөлөп өстүрөт. Үкүтай кыз тал чыбыктай буралып бой жетет, бирок, кыздын колун сурап бир да жуучу келбейт. Толгон айдай толукшуп кыз 18ге чыгат, жылаажындай жылмайып 25ти аттайт, отура-тура 30ду чапчыйт. Жуучулардан дайын жок, эч бир элчи карыянын эшигин какпайт. Күзгү тулаңдай кыярып 40 жаштын элеси көрүнө баштаган куракта гана күндөрдүн бир күнүндө атасынан кары абышка келип, бактысы байланган байкуш кыздын колун сурайт. Кантсин, карыган кыз ары карап ыйлап, бери карап жылмайып, тагдырдын буйругуна моюн сунат. Кыздын тою болуп, мына-мына узайт деп турганда атасы илинип турган комузун колуна алып, шолоктоп ыйлап бараткан азиз кызын аяп, арыбас арманын, бүтпөс күйүтүн күүгө салган экен. Андан бери канча жылдар ала салып, мезгил мерчеми өткөнүн ким билсин, «Үкүтай кыздын арманы» комуз күүсүндө чертилип келе берген.

Күндүн да билбей, гүлдүн да билбей кандайын,
Түн болуп турар, тунжурап турар жан жагың.
Жаралуу менен жар басып калар бир күнү,
Бактыга кызым, эркек не болуп калбадың?

Кирпикке сени көтөрдүм кызым алпечтеп,
Акылым айттым, алып чыгып эшикке ар кечте.
Үйүмдө күйгөн үмүтүм элең Үкүтай,
Керээзим кимге айтып калам кез келсе?!

Жаныма дары – жаратчу жалгыз жалбызым,
Сурасаң жаным суурул берер жан кызым.
Менден да ары күйөөңө эмес акыры,
Андан да ары жазмышка жетсин каргышым!

Кайрыкта калган арман угармандардын каңырыгын түтөтүп, карыянын муңу үшкүрүк, ый-муңга чүргөлгөн.

## Тарыхый инсандарга арналган арман күүлөр

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында эпос дастандардын орду өзгөчө. Лиро-эпикалык поэмаларда («Олжобай менен Кишимжан», «Саринжи-Бөкөй»), социалдык-турмуштук поэмаларда («Кедейкан»), баатырдык эпостордо («Манас», «Курманбек», «Эр Төштүк», «Жаңыл Мырза», «Эр Табылды») окуя баш каармандардын айланасына топтолгон. Алардын жүргүзгөн күрөшү, келечектен күткөн үмүтү түгөлү менен жүзөгө ашчу эмес. Андай учурда кайгылуу (трагедиялуу) абалын «Армандар» коштогон. Бул жагдайлар китептин биринчи чыгарылышы «Күү баянында» кеңири чагылдырылган, кайталоонун кажаты жоктур. Ал эми китептин бул томдугуна киргизилүүчү «Армандар» топтому андагы маалыматтарды толуктайт.

## Ормондун арманы

Ормон тектүү жердин тукумунан. Бабалары Үчүкө, Түлкү, урпактары жүздөгөн жылдар бийлик тизгинин чоюп, «Манап тукумдары» аталган. «Манап» – Манап бийдин атынан калып, кийин мансаптуулар, дөөлөттүүлөр маанисиндеги термин катары кабылданып кеткен. Ормон да Манаптын тукуму экендигине дайыма сыймыктанчу. «Ормондун арманы» да соолгон сокур намыс

жоруктарына такаларын тарых тастыктап келет. Эсенбек Медербек уулунун «Кызыл Жалын» аттуу даректүү баянында мындай деген көркөм саптар бар. «Алыбектин башын кестирсем» деген тымызын ою жүзөгө ашпай, тескерисинче, жездеси Байботодон ажыраган Ормон «мага кара жакпайт экен» деп ойлонуп эмки чабуулду ата-бабадан калган нарк-салт, эрежени бузбай баштамак болду. А дегенде Боронбай менен Муратаалыга кабар айттырып, анан Ышынатанын дөбөсүнө туу тиктирип, миңден ашуун колду ошол жерге жайгаштырды. Уккан, көргөндөрдүн баарына кыр көрсөтүп, жүрөк үшүн алып, keминде он кайталап добулбас кактырып, керней-сурнайын тарттырды. Минткени – алын билбей теңтайлашкысы келген ырысы жок бугулардын жүрөк үшүн алып, кан майданга чакырганы эле.

Ормондун чыдамы кетип, добулбасын дагы кактырды. Сарбагыш тараптан Ажынын уулу Абыкан эки такоолчунун коштоосу менен Ак боз атын ойнотуп жекеге чыкты… Бир дааргa буйдала түшкөн бугулар Ыстам деген жигитти алып чыгышып: «Касиеттү Бугу энең, аркы атаң Алсейит, берки аталарың Белек, Бирназардын арбагы колдосун, Оомийин!» деп бата берип атказышты.

Эки баатыр найзалары сынгыча, кылычтары ыргыганча, айбалталарынын сабы колдо калганча кармашып, аягында ээрден ооганча эңишип, аргасы калбаганда атышып, топ алдында жан беришти.

Ормон ойлогондой болбоду, чабыштын аягы күтүлбөгөн мыйзамды таңуулап тынды. Бугулар жабыла ат коюшту. Ормонду атып, агасы менен жеңесинин өчүн алмакка Алыбек кара келтеден ок чыгарды. Ок Ормондун бет маңдайында эшик төрдөй жерден бурт этти. Жаны таттуу жанжөкөрлөр алдыртан артка кетенчиктеп, жылт коюнун аргасында.

– Ээ, бугуларың кеппи, эртең эле эбин таап чаап албайынбы? – деген ойго бекиген Ормон «алтын башымды ала качып кутулайын» – деген ойго бекиген.

Олчойгон Ормонду көтөрүп чуркай албай Чоң Кызылдын бели сынып, жыгылды. Жөө чалың аттан ажырап жөө калган жеринен бугулар колго түшүрүштү.

«Ормонду өзүм тындым кылып салайын…» деген Алыбектен озунуп, Балбай баатыр сыр найзасын Ормондун табарсыгына матыра сайып кетти. Бул жараттан айыкпасына көзү жеткен Ормон «Атаңдын көрүү шум дүйнө, хандыгымды калың кыргыз

эмес, казакка чейин узартсам дечү элем. Катын бугудан өлүм таптымбы?.. О-о, арман ай!..» деп ичтен күңгүрөп, жан жигити Дөөлөткө «Көлдү үч айланта чаап өч алуусун» аманат тапшырды.

Ормондун өлгүсү келбеди. Бу жарык дүйнөдө тирүүлүктүн баркын эми билди. Кан башы менен байгамбар жашка жетпей кетип баратканына өкүндү. Баарынан кордугу – өзү минтип өлүп баратканы, ал эми Балбай, Алыбек, Муратаалы өңдөнгөн кара ниет жүзүкаралардын жыргап-куунап жашап кала бергени болду. Ошол үчөөнү өз колу менен жайласа, мынчалык арман кылбайт эле. Алаңказарлык кылып, топураган көпчүлүккө кошулуп, чабуулга келип алганына өкүндү. Аттигиң ай!.. Эми кандай арга тапса болот? Кудай кошкон кудасы Боронбай эбин таап элине жеткирип коёр бекен?

Же зөөкүр Балбай кара өзгөйлүгүн карматып, өз билгенин жасайбы? Кантсе да жашоого кумарданып жан талашкан Ормондун көз алдында баятан бери бүлбүлдөгөн үмүттүн шооласы алиге дейре өчпөй арманга кошул-ташыл, алапайын таптырбай турду...».

Акыры эмне болду? Уругу бирге эки элдин Ормон, Балбай, Адыл, Мырза, Төрөгелди, Тилекмат сындуу жоонун жолун торой чабар камчы саптык кайратмандарын калтырбай ичтен ириткен көралбастык, көрпенделик мойсоп тынды. Бул да болсо, оомал-төкмөл замандын, оожалган элдин «Арманы» экендиги талашсыз.»[51] Мына бул окуя «Ормондун арманы» деген күү болуп калган.

## Балбайдын арманы

«Текестен Балбай кармалып, Алматыга айдалып келгенде арман кылган экен: «Атаңды-ын көрү, куу дүйнө! «Намыс», «Намыс!» деп жүрүп, көргөн күнүм ушулбу?! Куу намысты ким үчүн талаштым экен, а? «Ата журтум» деп, канымды көөкөргө байлап, намыс талашканыма өкүнбөйм. Орустар жеримди басып киргенде очоңдогон солдаттарга кол куушуруп отура албадым. Ат ойнотуп, кылыч шилтеп, найза сунуп, күчтүү жоого айбат жасадым. Анымды «жакшылар» билиштиби? Жок! Көрсө менин душмандарым сыртта эмес, ичте экен. Кан, бектердин капшабынан Ормонду оңколоттум. Сокур намыстын айынан Төрөгелди менен төбөлөштүм. Кас душмандардай камалаштык, табалаштык... арты ушуну көрмөкпүз. Бир Кылжырдын тукуму экенибизди

51 Белек Солтоноев. Кызыл кыргыз тарыхы. 2-т. – Б., 1993. 64-65-беттер.

билгенибизде орус туткунунан бошотуп алар Ормон, Төрөгелди эмес беле?..»[52]

Төрөгелди баатырың,
Төрө кыял эр эле,
Канткен менен кабылан,
Кайраты ашкан шер эле.
Анын да бутун сындырдым,
Алты санын кем кылып.
Акылдаш болсок, тытышпай,
Турчу жан эле бел кылып.
Кырчылдаштырып кыйратып,
Кыйрыбызды кыскартып,
Курутуп бизди келатат
Куу намыс бизди кем кылып.
Курулай кетип кайран күч,
Кузгундарга жем кылып
Жакшысын барктап алалбай,
Жаманын сактап багалбай.
Жаттарга ийсе айдатып,
Жатканың түрмө жай кандай.

Жетимиш аскер жайнатып,
Жети жол ороп байлатып.
Жетимишке барганда,
Жексурлар ийди айдатып.

Сексенден аскер жайнатып,
Сегиз жол ороп байлатып.
Сексенге таяп калганда,
Оңбой калган тууганың,
Оруска берди айдатып… ».

Баатыр Балбай ушундайча арман кылган экен. Бир Кылжырдын балдары боло туруп, андан да таяке-жээн, куда-сөөк, туугандык карым-катыштык байланышыбызды барк албай, сокур намыска ундуп, кырчылдашып кыргын-сүргүнгө баргандарына өкүнөт. Эмесе, эки уруу элдин атынан катыш-туугандык жайынан эки ооз санжыра саптарын чечмелей кеткенибиз эп болор:

52 Э. Турсунов. Балбай. – Б. 2002.

Тагайдан – Богорстон, Койлон, Кылжыр. Кылжырдан – Орозбакты, Дөөлөс. Орозбактынын балдары – бугу, Дөөлөстүн тукуму сарбагыш аталып кеткен. Сарбагыштын мыктылары: Ормон, Эсенгул уулунан, Төрөгелди – Темир уулунан, Жантай – Тынайдан. Бугу элинин атактуулары: Боромбай, Балбай, Муратаалы, Солтонкул, Тилекмат, Шапак, Качыбек, Өмүр, Жанек, Ашырбай баатыр болгон. Балбайдын энеси Айжан сарбагыш элинин билерманы Атаке баатырдын кызы. Атакенин небереси – Жантай. Түпкүлүгүндө Ормон-хан Балбай баатырдын тайларынан болуп кетет. Барып-келип, бугу-сарбагыш бир тууган, Кылжырдын балдары. Сарбагышты солк дедирбей Ормон билсе, бугунун башында Боромбай турган. Булар «Кудай дешкен кудалар» да болушкан. Ормондун кызы Күланда (Кулан) Боромбайдын келини (уулу Өмүрзактын зайыбы). «Уруу ортосундагы ит тытыштардын кесепети сарбагыштын Адылдай азаматтарынын башын жутуп, бугунун Мырзадай мыктыларынын түбүнө жетпегенде, Ормонду оңколотуп, Төрөгелди менен төбөлөштүрбөгөндө, орус туткунунан сууруп чыгар Ормон, Төрөгелди эмес беле?» деп арманын айтып, кайран шердин каңырыгы түтөгөнүнүн жөнү ушундай.[53] Балбайдын арманы кагазга жазылып, комузга салынып, күү чыгарылган.

## Бекназар баатырдын арманы

(Комузчу Атайбек Бөдөшов черткен күүгө шилтеме).

XIX кылымдын II жарымындагы түштүк кыргыздардын (Фергана, Алай, Анжыян, Аксы багытындагы кыргыздар) саясий-социалдык абалы оор болду. Кайра тартпас кашкөйлөрдүн канчалары кан күйгөн кармаштарда жоо колунан мерт болбоду? Канчалары душман огунан мүрт кетпеди? Мансап үчүн түлкүдөй мант берген ичтен ириткен кекселердин торуна канчалар чалынбады, канчалар орго кулабады. Тек, андай кымбат өмүрлөрдүн кыйылгандыгын айтууга оор, жазууга кыйын!.. Ошол аянычтуу тагдырлардын бири – «Сынган кылычтын» каарманы Бекназар. Бекназар баатырдын бейнесин кыл кайрыгына салган комузчу Атайбек Бөдөш уулунун аракетин колдоп, каармандан кабар алуу үчүн «Сынган кылычтын» сыр сандыгын ачалы.

Орусиядай кубаттуу мамлекет менен Кокон хандыгынын ортосунда чыгарманын өзөгүн түзгөн бийликтин таймаштары,

53 Белек Солтоноев. Кызыл кыргыз тарыхы. 2-т. – Б., 1993. 64-65-беттер.

албетте, түштүк кыргыздарын өз кызыкчылыгына пайдаланиуудагы эки дөө жөөлөшкөндө, канча чымын кырылгандыгы тарыхый булактарга таянуу менен сүрөттөлгөн. Мамлекет ичиндеги бийлик таймаштарында кыл чайнашып кырчылдашкан кармаштар бар. Бир тарапта – өз кызыкчылыгына өмөчөктөгөн мансапкорлук, манаптык эки жүздүүлүк, көшөкөрлүк, ач көздүк ич ара жааттташуудан, кармашуудан бийик көтөрүлө албаган бийлик төбөлдөрү турса (ичтен ириген итарка кармаштарга алаксып сырткы жоого колтук ачары түшүнүктүү), экинчи тарапта – карапайым калктын катмарынан суурулуп чыккан, эл кызыкчылыгын туу туткан эр азаматтардын (Алымкул аталык, Нүсүп колбашчы, Мусулманкул, Ыскак (Болот хан), катарында Бекназар турган. Бирок, «энеден хан туулгам, бек туулгам» дегендер куран кармашып, антташып, жыгылган ордону кайра тургузууга жан далбас. Жүз жашка чыккан Алманбет карыя батасын берип: «Орус улуу эл, ага теңдешүүгө бизде күч жок. Сөзгө келсе жүйөлөшүү гана керек. Ал ишке жарай турган азамат сенсиң» деп, көпчүлүк да бул ишти макул таап, Бекназар баатырга токтолушту..

Бул окуя Ыскак дарга асылгандан кийин болду. «Эми мени хан кылат» деген кыялда Кудаяр менен Насирдин алдыртадан бийликтин камын көрүшүп, «менден мурун тиги озунуп кетпесин» деп, бири-биринен шек санап, бийлик чылбырын кызганышып, эски салт боюнча хан көтөрүүчү ак кийиздерин камдашып, жарымпашанын эшигин сагалап турушкан эле. «Убада боюнча Кокондун билерманы мен болушум керек» деген, Абдракман абтабачынын дымагы да андан күч....

Кырдаалды баштан-аяк байкоого алып турган эки жүздүү кексе Абил бий орустарга жеткирбей Бекназар баатырды өз колу менен ойрондоого бел байлады. Жети атасынан мураска келаткан бийлиги колдон суурулуп баратканына ичи сыйрылган Абил бий Каракаш айымды атайылап жиберип, Бекназарды «конокко» чакыртты. Кадырлуу жеңеси келип жаткан соң, каршы сөз айтпай, Кулкишини жандооч алып, агасына түшүп калды Бекназар.

«...Ракмат, баатыр, тууганымсың, чакырсам назарымды сындырбай үйүмө келип, даам сызып отурасың... – жөргөмүштөй бүрүшүп буула сүйлөп отурду Абил бий, – ушуга чейин катуу кебим өткөндүр, катуу камчым тийгендир. А да болсо күйүп кеткен ордонун кеби, ордонун камчысы деп бил. Бийлик деген бийлик. «Ташка отур» десе – отурмай, «сызга отур» десе – отурмай.

Менин алдыңан өтөр сөзүм бул: эл сага ишенди, эми оомат сеники. Көрүп турам, башымдан бак кетти, колумдан күч кетти, баатыр. Кечирүүгө чактың жетсе кечире жүр...».

Каракаш айым Бекназарды жал-жал тиктеп, кабагын жаркылдатып: «Келгиле, баатыр уул, кымыздан жута отургула...» деп, сый аракети менен алек.

— Абил аке, — деди Бекназар ойлуу. — Орус этеги жайылган журт экен, аткан огу да алыска тийчүдөй. Тарлык кылбайын сизге, көңүлүңүз оосо, орустарды сиз баштап тосуңуз.

Бекназар эчтемени оюна албай көрүп жаткан камылгасын ортого салды. Абил бий Бекназардын сөзүн кулагынын сыртынан кетирди, арам ою — кара жөргөмүштөй тор жайып жатты...

Кысыр эмди тайдын эти, суусуну кымыздын гүлү болуп, Каракаш айым дасторконун кенен жайып, меймандарды өзгөчө күттү.

— Бий, бизге жооп бериң...— Бекназар кетүүнү эске салат. Каракаш айым сарала саймалуу ак быязы камзолду Бекназардын ийнине жапты.

— Куттуу үйдөн куру чыкпайт, ийниң кубанып кетсин, баатыр, — деди Абил.

Салт ошол, Бекназар баш тарткан жак. Кубанган да жок. Акырын баш ийкей ыракматын билдирди.

— Меймандардын аттарынын белин тарттыр жигиттерге — деп, Абил бий Каракаш айымды жумшады да, ал кетээри менен илбирстей шып туруп:

— Эми балдар... — деп күбүрөп, коңулдан бир кичинекей кол чаначты алып чыкты. — Эсимден чыгып калган турбайбы... жаман адатым бар, кымызды бөлөк ачыттырып ичем, насыбайдын кумарындай нерсе....

Ал кол чаначтагы кымызды кырма кесеге мелтирете куюп, Бекназарга, анан Кулкишиге сунду.

— Ичкиле, балдар...

Бекназар кымызды бир шимирип жутуп, негедир тамшанып токтоп, ошол замат башын көтөрүп Абилди октолуп тиктей берди. Колуна тийген кесени оозуна алып бараткан эле Кулкиши, Бекназар кагып жиберди. Кесе тыякка ыргып, кымыз жайнап төгүлдү. Кулкиши томсоро түштү. Бекназар колундагы кесе менен Абилди уруп жиберди да, унчукпай эшикке чыга жөнөдү. Кулкиши артынан шашылды. Абил башынан ылдый кымыз төгүлүп, унчукпай

нестейип отуруп кала берди. Тыштан шаша басып, Каракаш айым кирди.

Бекназар атка мингенинче чапты. Кара моюн болуп тердеп, оолугуп алган Кулан чаардын тизгинине алы жетпегендей болуп, ат үстүндө теңселе түштү. Кулкиши жетип сүйөй калды. Бекназардын ирени көгөрүп, өтө кыйналгандын белгиси көрүндү.

– Ой айланайын, эмне болуп кетти? – дей берди Кулкиши үрөйү учуп. Бекназар башын чайкады. Оозунан чыккан деми өтө ысык. Кулкиши калтырап кетти:

– Кокуй!.. О кокуй, жемекчи Абил деген белем?!

Бекназар ат жалына эки окшуп кан кусуп жиберди. Кулкишинин биротоло эси кетти, эки жакты алактап карап, киши карааны көзүнөн учуп, араң сүйөп, токтоно албай үңүлдөп ыйлап, белиндеги жоолугун чече коюп, Бекназардын көкүрөгүн, оозун аарчыды. Бекназар дагы окшуду. Шүүшүн чыкты. Бир кезде жаш талдын суусун чыгара кармаган балбан жигит эки бүктөлүп, ээрдин кашына тырышып жыгылды.

– Ой... айланайын, жолборсум... айланайын... – деп, бакырып-бакырып жиберди Кулкиши. Бекназар бир онтоп өйдө болду. Ээрдин кесе тиштенип:

– Кулаке...– деди араң гана.

– Ыя, айланайын, ыя?.. – дей берди, – Кулакең сары улак болсун сага...

Бекназар:

– Болор иш болду, көрүп турасың, Кулаке, бала эмессиң... Мага уу коргошун ичирди... Сурарым ушул, муну эч кимге оозуңдан чыгарба, Кулаке... Чайпалып жүрүп төгүлдүк ко?! Чабышып жүрүп түгөндүк ко?! Болду. Менден мурун адам өлбөптүрбү, менден кийин адам өлбөйбү?! Бир гана арманым кетти ичиме, элдин эң акыркы мага таккан милдети эле, орусту тосуп бере албай кеттим...[54] Мына, ушул арманды Атайбек күүгө салган.

## Арстанбектин арманы

Арстанбек бир жылдары катуу ооруп калды. Агайын-туугандары, атпай журт абалын сурап келип жатышты. Ак өргөөдө эл жык-жыйма. Эптеп жаздыктан башын көтөрүп, мандаш ура отуруп, колуна комузун алып, муңдуу кайрыктарды биринен сала бирин

54 Төлөгөн Касымбеков. Сынган кылыч. – Ф., 1990.

узатып жатты. «Акын эмне дээр экен» деп, Арстанбектин ырын эңсегендер аз эмес эле. Бар кайратын жыйып, акыры «Арманын» айтып турганы:

Маң-маң-маң баскан,
Чуудаларын чаң баскан
Айры өркөчүн май баскан.
«Чөк» дегенде «бух» деген,
Тизесин жерге бүктөгөн.
Кош аркан салып тарттырган,
Калы килем жаптырган,
Ак тикен көрсө аймаган,
Алкымын тикен сайбаган.
Көк тикен көрсө аймаган,
Көмөкөйүн сайбаган.
Жардын башын кыдырган,
Талдын башын сыдырган.
Ойсул-Ата малым бар.
Азирейил периште,
Андан берсем алабы?
Арстанбектей жалгыздын,
Чымындай жаны калабы?

Көк жон ылдый өңкүгөн,
Көгөн сайса мөңкүгөн.
Сары жон ылдый өңкүгөн,
Сайгак тийсе мөңкүгөн.
Үй арасын боктогон,
Үйдөн чыкпай оттогон.
Токойлуу жерге токтогон,
Өлөңдүү жерден оттогон.
Сары-сууну шимирген,
Сары камышты кемирген.
Мүйүздөрү жылтылдак,
Кулактары былкылдак.
Туяктары шылкылдак.
Чычкан богу ушактай,
Сааса сүтү булактай.
Зеңги баба малым бар.
Азирейил периште,

Муну берсем алабы?
Арстанбектей жалгыздын,
Чымындай жаны калабы?[55]

Булардан соң Чолпон-Ата (кой), Чычаң-Ата (эчкини) сунуштай келип:

Аксакалын жайкаган,
Ар иштин жөнүн байкаган.
Атакем турат башымда.
Белдемчисин байланып,
Чарк көпөлөк айланып.
Энекем турат кашымда.
Буларды берсем алабы,
Арстанбектей жалгыздын,
Чымындай жаны калабы?.. –

деп суранат да, карындашын, алган жарын тартуулайт.

Соңунда: баштан айла болбосун, малдан айла болбосун мойнуна алып:

Адамзат пендеге,
Айтпагыла каргышты.
Мен өңдөнтүп адамдан,
Жаратпасын жалгызды!..

деген арманын жанында отургандарга жая салган. Оорудан баш көтөргөндөн кийин көңүлүн сурап келгендерге нускоолуу күү чертип:

Жүз бир күнү суу ичип,
Айыкканым айтайын.
Теңтуш курбу курдашты,
Сагынганым айтайын.
Кечээ Боз-Бешиктин боюнда,
Боз-Учуктун оюнда,
Бейитти көрүп бекиндим.
Мен да ушундай болом деп
Өз жанымдан шекшиндим, –

деп арманын аяктаган тура.

55 Мукаш Найманбетов. Улар үнүн уккан адам: Арстанбектин арманы // Асаба. 1994. 6-октябрь.

## Серкебайдын арманы

Көкүрөк элине аттын кашкасындай таанымал даанышман Тилекмат акенин Серкебай, Чыныбай аттуу уулдары болгон. Чыныбай эр жетип, Көл бугусун титиретип, оёздун орунбасары милдетин аткарып турган убагы. Серкебайдын Төрөгелди аттуу жалгыз уулу болуп, балдыркан бала кезинде көптүн көзүнө илинген, жигиттик курагында аймакка таанылган азаматтардын катарын толуктап чыга келет. Телегейи тегиз жетилип келаткан инисине да Чыныбай ичтен ыраазы, жаза тайып көз жумсам, ордумду басар ушу деп көңүлү ток. Топко салып, кеп-кеңешке аралаштырып, тарбия таалимин аячу эмес. Бозойлук бойдок курактагы Төрөгелдини жогорку айылдагы боруму келишкен бир кызга кудалап коюшкандыктан маал-маалдап кайындар тарапка катташып, колуктуга кезиге коюучу адаты бар эле.

Чыныбайдын 4 аялы болгон (бир кабарда 6 деп да айтылат). Кенже токолу жыйырмага тап койгон, асмандагы жылдыздай жаркыраган аял-затынын сулуусу, аты да Чолпон, заты да Чолпон. Төркүнү төгөрөгү төп келишкен. Күңгөй элиндеги акылман, айтылуу саяк Садыр акенин карындашы. Жигиттин гүлү Төрөгелди болсо, аялдын аруусу Чолпон болсо, жаштыктын жалындуу илеби каптабай коймокпу, жеңе-кайни катары махабат мамилесине макулдук берип койгон сыягы. Кыраакы, кытмыр Чыныбай эрке токолунун бойдок инисинин жүрүм-турумунан шектенип калат. Төрөгелди – Чолпон чоо-жайынан байкоос алган Кулжигит (Чыныбайдын жигиттеринин бири) да ичтен тымып, окуя эмне болуп аяктаарына абай салып калган.

Күндөрдүн биринде Кулжигит башында, Төрөгелди кашында күтүрөгөн топ менен Чыныбай Караколго жүрүп калат. Жумуштары бүттүбү-бүтпөдүбү күн бешимде Чыныбай Төрөгелдини жанына чакырып: «Сенин шаарга барышыңдын анча кажаты жоктур, кааласаң үйгө кайта бер» -деп, инисин жолго салат. Кеч чукулдап калганда, Чыныбай жигиттери менен аттанып чыгып, түн ортосунда айылга келип, үйгө түшөт. Төрөгелдинин тору аргымагы короодо байланып, сууп турат. Чыныбайдын чыдамы түгөнүп, үйгө кирип барса шам өчпөгөн, Чолпон Төрөгелди моюн алыша уктап жаткан. Ачууга алдырган Чыныбай бир саамга өзүн жоготуп коёт да, не кылаарын билбей жан жагына кайсалайт. Таманына наалы урдурган такалуу кепичи менен Чолпон сулуунун мойнун кучактай чалкалап уктап жаткан жигитти жазы маңдайга шилтеп калат.

Чочуп ойгонгон Төрөгелдинин бир жак көзү ыргып, ак шейшепке кызыл кан жая берет. Өӊ-алеттен кетип, жан алгычтай түргө келген агасы Чыныбайды көрө сала: «Баатыр, күнөөлүмүн, кечирим кылыӊыз. Бир башыма бир көзүм жетер, жанымды коюӊуз. Бул жорукту эч кимге чыгарбаска ант берейин...» деп жалынып-жалбарат. Чыныбай сырын сыртка чыгармакпы. «Төрөгелди бөрүнүн бөлтүрүгү. Өчүн албай тынбас. «Жоо аяган жаралуу» дечү. Жаман акылга алданбайын, сыр сандыктын оозун ачылгыс кылайын» деп, жалоондой жасоолу Күлжигитке көзүн кысты эле, жан алгыч жасоол Төрөгелдини биротоло тындым кылып, сөөгүн кайын журтунун айлындагы кабакка таштап, Тору аргымактын чылбырын өлүктүн бутуна чырмай байлап, көздөн кайым болду.

Эртеси эртеӊ менен жөкөрлөрүн чакыртып, «оёздо иш болуп калыптыр» менен Чыныбайдын тобу Караколго жөнөп калышты. Төрөгелдинин өлүгүнүн тушуна келгенде:

– Ой, тээтиги кычыраган кышта талаада байланып турган кандай жылкы, соо малбы деги, барып байкап келгилечи, – деп калышты эле, атка жеӊил тайга чак, жоо бөрүсү Күлжигит «мен барайын» деп чаап жөнөдү. Атты айлана бастырып, кайра тартып, башы-көзүн койгулап, бакырык салып келди: «Эсил кайран бир боорум, эми кайдан көрөйүн! Төрөгелдиден айрылыппыз катыгүн!..» Үстөккө-босток «кокуй-алатын!» копшогон Күлжигит ошентип топко өкүрүк салып түштү. Чыныбай: «Иш болбой калган экен, тарткыла аттарды кайра!»– деп, Төрөгелдинин кайын журтуна карай бурулду. Эл билермандарын чогултуп: «Карагыла, бул – бизге бала, силерге күйөө бала Төрөгелди экен. Өлүк силердин айылдан чыкты. Күнөөкөрдү тапкыла!» – деп ачуу бүркүп, көз жашын сүртүп, ар кимди кадала тиктеп турду.

– Алда, кокуй, ай йе! Өлгөн тура Төрөгелди, Тору кашка ошонуку. Бу жакка кайдан келди?.. Кантип келди?.. дешкен айылдаштар чартылдаган Чыныбайды жалтаӊ карап, аӊ-таӊ болуп турушту. Акыры сөөктү атасы Серкебайдыкына алдырып келишти. «Төрөгелдиӊ киши колдуу болуп о дүйнө салды» деп Серкебайга угузушту. Жалгыз баласынан ажыроо оӊойбу? Бирде эс-учун жоготуп, бирде өзүнө келип жаткан атага кайрат айткан болушту. Каранып-карманган жалгыз уулунан айрылып, келбесине көзү жеткен карыя баласынын сөөгү жаткан боз үйдүн капшыт тушуна көчүк коюп, карагай комузун алдырып, кайгы-муӊун кайрыктан чыгарып, оозуна наар албай күнү-түнү менен күүгө үндөшүп,

күңгүрөнүп, сүйлөшүп, көзүнүн жашын көл кылып, арман күү какты:

Канатым сынып кайрылдым,
Кагылайын калайык,
Карыган ушул чагымда,
Мен каралдымдан айрылдым.

Чоң Оргочор бел калды,
Көзү ачык кеткен кулунум,
Мында чогулушкан эл калды.

Караңгыда жол жүрүп,
Чаңып кеттиң, кулунум.
Кайгы менен убайым,
Карыган шордуу атаңа,
Салып кеттиң кулунум.

Керектүү жерге сен бардың,
Кейип ыйлап мен калдым.
Оо, Төрөгелди кулунум,
Жаратканга не жаздым?..

Төрөгелди жайына коюлгандан кийин Чыныбай токолу Чолпон сулууга субкат салат: «И-и, Чолпон көрөр көзүм, Төрөгелдинин өлүмүнө экөөбүздүн катыштыгыбыз болуп калды. Ичтеги сырды сактай алар бекенбиз?», Чолпондун жообу: «Ай-йе, баатыр, бизди «аял» дейт, сизди «эркек» дейт. Эрдин ичине ээр токумчан ат батса, катындын ичине кара башыл киши батат.

Чыныбай бийликтин кара өзгөй күчүнө салып, Төрөгелдини кайындап койгон Коңурат элинен 300 жылкы кун өндүрүп алган экен. Айлар алмашып, жылдар жылмышып, элүү жылда эл жаңырып… Чыныбай өтөт дүйнөдөн. Артынан Чолпон айым да эл менен кош айтышат. Төрөгелдинин өлүмү жабылуу сыр сандыкта катылып калды. Күлжигит болсо 90 го чыга жашап карыган кезинде айыкпас дартка чалдыкты. Оорусу күчөп көр оозунда кептелип турган кезинде, оюнда жүргөн катылуу сырды ортого салды. Отургандар кулак түрүп Күлжигитке үйрүлө калышты.

– Оо, журт, менин сапарым да чукулдап калды. Тоодой күнөө десемби, томуктай күнөө десемби, аркы дүйнөгө ала кеткеним болбос.

– О, ботом, ал кандай күнөө, айта бериңиз, – дегендерге Чыныбай – Төрөгелди – Чолпон ортосундагы бир кезде өткөн опурталдуу «оюнду» төкпөй-чачпай жакындарына жайып таштады. Эчен мезгил жашыруун сакталган жабык сыр, ошентип, эл ичине чагылгандай тарады. Туугандар арасында араздашуу башталды. Ал жорук арбып-дарбып кете элегинде кара кылды как жарган калыс калк кадырманы Алматай аке алдын алып, чырдын чыккан жерин басып таштады, отту өчүргөндөй өчүрдү.

Бирок, катылуу сырдын дагы бир күбөсү «Серкебайдын арманы» («Төрөгелди жалгызым») аталыштагы күү кайрыгы күңгүр добушун жаңыртып, жамы журтка жарыя салып келет. Бар кыргызга таандык бул баалуу мурас «Күү казынасын» толуктап, урпактардын угумуна татыктуу музыкадан бир керемет катары эсептелмек.

Санжырачы журналист Мукаш Калый уулу: «Бөжөкөм (Бөжөй Шадыканов) арман күүнү абдан берилип чертер эле,– деп эскерет, – Серкебайдын «Төрөгелди кулунумун» ырдап аткарганда ыйлабаган киши калчу эмес».

**Радионун музыкалык «Алтын казынасындагы» «Арман күүлөр» темасына арналган күүлөр:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Серкебайдын арманы» | 9316 | 4’42 | Чалакыз Ыйманкулов |
| 2 | «Серкебайдын арманы» | 9465 | 3’35 | Усуп Орозов |
| 3 | «Серкебайдын арманы» | 3087 | 2’09 | Ыбырай Туманов |
| 4 | «Төрөгелди кулунум» | 9634 | 2’34 | Асанаалы Кыштообаев |
| 5 | «Төрөгелди кулунум» | 1410 | 3’07 | Бектур Осмонов |
| 6 | «Төрөгелди кулунум» | 3577 | 2’42 | Жөлөгөн Чымырбаев |

## Жеңижоктун (Өтөнүн) арманы

Комузчу жана күү изилдөөчү Рысбек уулу Өзүбек 1956-жылы Токтогулдун аялы Сейдимканга жолугуп, көптөгөн эскерүүлөрдү жазып алган. Андагы материалдын бир үзүмүн «Мурас» аттуу журналга жарыялаган. Жеңижоктун баласыз өткөндөгү арманынан бир учуру пайдаланылды: «Током (Токтогул) бир нерсени алдын ала биле койчу көрөгөчтүк жайы бар эле, – деп сөзүн улантты Сейдимкан апа, – эки-үч күн өтпөй кудай жалгап үйүбүзгө Жеңижок менен Карасакалды (Эшманбетти) ээрчитип келсе болобу. Бир жума үчөөнүн үнү басылган жок. Кошуна-колоң, эл тим эле топурап, кирип-чыккандар үйүбүзгө батпайт. Көптөн бери кулак-мурун кескендей тымтырс турган үйдө той болуп кетти.

Акындар ичтеги сырларын сыртка чыгарып, аябай чер жазып, толкунданып, көкүрөктөгү көйгөйүн көрүнөөгө алып чыгып жатышат.

«Эртең кетемин» деген күндүн түнүндө Жеңижок аябагандай ачылып, ичтеги сырын төгүп жатты. Анын кайгы-муңу биздикинен ашса ашар, акыры кем эместей көрүндү. Сөзгө уста, сылык сыпаа сүйлөгөн, бирөөнүн көңүлүн оорутайын дебеген зирек адам экен. Көрсө ал илгери кийин «баа» деп бакырык салган баланын үнүнө зар экен. Жатаар маал болгондо Токо, Эшманбет, Жеңижок үчөөнө катар төшөк салып берген элем. Бир кезде Жеңижок: «өлсөк бир чуңкурда, тирүү турсак бир дөбөдө бололу. Эчкинин жашындай жашым калды, артымда тукум улаар бир перзент көрбөдүм, кайсы арманымды айтайын?» – деп, төшөктөн тура калып, Токоң менен Эшманбетти кучактап, жашып кетти. Жеңижокко өтө боорум ооруду. Комузун колуна алып «Балам жок» деген арман күйүтүн ырга салып жатты. Ушунчалык күчтүү арманы көкүрөгүнө кантип сыйып жүргөнүнө ичимден таң калып, мен да көмүскө ыйлап жаттым.

Бир күнү Током: «Жүр байбиче! Элди аралап азыраак болсо да ичтеги муңду чыгарып келели» деп Аксыга ээрчитип барды. Ал жерде Көксулуу аяшка кошулуп чогуу жүрдүм. Адамга өтө жапакеч, боорукер, эстүү ургаачылардан эле. Болгон айыбы – согончогу канабай, бала көрбөй калганы».[56]

56 Ш. Абдраманов. Бекарстан Тайчи // Мурас. 1992. №3-4, 12-бет.

## Токтогулдун арман күүлөрү

Өктөбүр төңкөрүшүнөн мурда жашаган акын ырчылардын ичинде Токтогулдун өмүр жолу өзгөчө, татаал жана табышмактуу. Тепсе темир үзчү 34 жаш жигит курагында (1864-1898) ак жеринен кармалып, алыскы Шибер (Сибирь) айдалышы, андагы көргөн кордугу, качкандагы жол азабы, келгендеги кейиши Токтогулдун чыгармачылыгында толгон-токой «армандар» циклинин жаралышына себепкер болгон. Армандарынын бир даары «Кербездер» курамында кенен-кесири чагылдырылган.

Токтогулдун «арман күүлөрүнүн» ар бири өзүнчө өмүр, өзүнчө таржымал, дастан. Бардыгына токтолуунун кажети жоктур. Айрымдарына аялдама жасай кетели.

Тоголок Молдонун эскерүүсүнөн:

«Өзүм ырга дилгир, зоокко маашыр болуп жүргөнүмдө Кетмен-Төбөгө барып келген тууганым Чекирекей уулу Молдобайдан Токтогулдун кабарын угуп, көңүлүм дегдеп, күз болгондо 1890-жылы улуу акындын жергесине жөнөп калдым. Үч ай чамасында туруп, ыр түйүнүн чечип, нускасын алып кайттым. Кийин 1893-жылы экинчи ирет барып келдим. 1898-жылы залим Эшендин алааматына кошуп, Токтогулду айдатып жиберишти. Алым начар болуп, кайран Токтогулга учураша албай калдым.

Колу-бутуна кишен салып, айдалып бара тканда Токоң жаңшап ырдаганда уккан элдин баары ыйлаган.

Айдалып кетип баратам,
Кишен түшүп бутума.
Кайрылып келер күн барбы,
Калың кыргыз журтума?
Токоңдо айтар тил барбы,
Торгойдой добуш үн барбы?
Торгойдой сайрап Токтогул,
Толгонуп келээр күн барбы?
Арманым айтаар тил барбы?
Ачылып чыгаар күн барбы?
Айдалып кеткен Токтогул,
Айланып келээр күн барбы? –

дегенде калк дүргүп, ыйлабаган адам калбаптыр. Күзөтүп турган солдаттар Токтогулдун ырын бастырганда, мында да ыйлабаган адам калбаптыр. Күбүрнадырдын (губернатор) тилмечи Жусупжан

деген: «үнүң менен курган Токтогул!» — деп, боздоп ыйлап туруптур.

## Качкандагы арманы

1928-жылы музыковед А. Затаевич Токтогулдун өзүнүн аткаруусунда «Арман күүлөрүн» нотага түшүрүп жазып алган. 1940-жылдары В. Виноградов акындын шакирттеринин (Калык, Алымкул) аткаруусунда ошол эле «Арман күүлөрдү» ыр-тексттери менен бирге кагазга түшүргөн. Токтогулдун Сибирден качып келаткандагы арманын Алымкул төкмө «Көчөдө өлчү күнүмбү?» атап, айтым күүдө чертип берген.

Токтогул качуунун азап-тозогуна чыдап, 1904-жылы Сибирь сүргүнү менен кош айтышып жолго чыкты. Учу-кыйыры мелжиген Сибирь токойлорун, саздарын аралады, адашты. Казак жеринин кайнаган ысыгын мээден өткөрдү. Кээде бир тамчы сууга зар болду, кээде күргүштөгөн дарыядан кечүү таппай кор болду. Кырсыктан кырсык ээрчип үрөйдү учурду. Ачкалыктан алы куруп алсырады, кайыр сурап ар кимге жалдырады. Кайрымдуулар кезиксе кубанды, кара боорлор жакын жолотпой кубалады, кай бири карышкыр итине талатып ызалады...

Балталап карагайдан чапкан, капкагына кайыңдын мыгын каккан, балалайка зымынан кылын таккан комузу менен сырдашмай ыйлашмай:

Улар элем сайраган,
Укпайт адам үнүмдү.
Уштап берип душманга,
Убайым кылды үнүмдү.
Ар жерге барсам кондурбайт,
Ачкадан өлчү күнүмбү?
Көтөрүп баккан Топчубай
Көп эстеп ыйлап жүргөндүр,
Көрөмбү сенин түрүңдү?
Көк чынарда сайраган,
Көрүнөө булбул жан элем,
Көчөөдө өлчү күнүмбү?

Жалаа кылып бай-манап,
Жазалуу кылдың башымды.

Көзүмдөн агат мөндүрдөй,
Ким шыпырат жашымды?
«Кеткин» деп кыштак кондурбайт,
Ким билет курсак ачымды?
Ачкадан өлсөм көчөдө,
Ала карга чокуйбу
Алтындай болгон башымды?
Азапка салып сенделтти
Анык булбул асылды...
Ыйлап жүрүп өткөрдүм
Ышкылуу өмүр жашымды.
Адаштым акыл, жоргомдон,
Аягым түлөп, чор болду.
Адамдын көөнүн эриткен
Акын Токоң кор болду.
Аралап издеп таппадым
Бир күнү жатар коргонду,
Алым жетпейт, кантемин
Айдаткан залим зорлорду?
Азаптуу күндө мен көрдүм
Алты айлык Сибирь жолдорду,
Ар жерге барсам кондурбайт,
Ачкадан өлчү болжолбу?
Келерге издеп бала жаш,
Кетпеген мээнет шор болду,
Аман көрөр бекемин
Аскалуу жайлоо, тоолорду?

## Токтогулдун энесин көргөндөгү арман күүсү

Токтогул келээрге жакын апасы түш көрөт. «Балам тирүү, балам келет» – деп жол карап, эчки кайтарып жүрчү экен. Токомду Таластык туугандар «Беш-Таштын белин» ашырып коштоп келишет. Жолдон учурагандар улам кошулуп келе беришет. Ошол учурда Токомдун апасы кырк шырык чапанын кийип, эчкисин жайып жүрөт, ал топ атчандын ичинен баласын ат бастырышынан тааныйт. Анткени, Током аттын мойну жакка камчы силкип бастырчу экен. «Айланайын Кудай» дегенден башка оозуна сөз кирбей калат. Током көрө сала чаап жөнөп «апаа!» деп аттан кулап

түшүп, энеси экөө кучакташып көрүшүп, колу карышып калат. Ыйлабаган адам жок.

«...Токтогул төшөктү аңтарып, баягы Арымда кармалганда калган комузун таап алды. Жүрөгү бир ысып, бир күйүп, оозуна сөз кирбей, комузду сыйпалап кармай берди.

– Сактап жүргөм өзүңө, кагылайын булбулум... Топчубайың кээде кыңгырата коюучу эле. Анын көзү өткөн соң эч кимге көрсөткөн жокмун, карматкан жокмун... Ак кийизге ороп, түндөсү башыма жаздап, күндүз төшөктүн каттоосуна бекитип сактап жүрөм... Комуз да болсо сага көңүлдөшүң, сыр алышаар медериң, муңуңду бөлүшөөрүң, кайрат айтаарың, балам.

Зың-зың-зың... Баягыдай тунук эмес, коңгурап кош жаңырыктайт. Он эки жыл чертилбей кылы катып, капкагы кажып, какшып калган. «Күүгө келбей үзүлүп кетсе, аттиң ай, жаман жөрөлгө... кадимкисиндей үн берсе ишимдин оңолгону, кудай ай...» – деп төлгө кылып, ошол тапта көкүрөгү жыкжыйма болуп турган «Арман күүнү» толгоосуна келтирди. Комуз астелеп күңгүрөй, жаш убагы бөөдө өткөн, муңга мүңкүрөгөн кары адамдай киркирей бошоң үн берди. Улам көтөрүңкү, улам арман үстүнө арман, муң үстүнө муң кошул-ташыл комузчунун теңирге кылган наалышы, айткан таарынычы ансайын тереңдей, ансайын кеңий оорлой адам акылы туруштук кыла алгыс улуу өксүк зар какты. Бурма тыңшаган сайын эт жүрөгү эзилип, жаны кайрадан ным чычала болуп күйүп жатты. Уулу илгери эле сурагандарга «Арман күү» кайрып берчү эле. Бирок, мындай мүңкүрөө, өмүрдөн үмүт үзүү, теңирге наалыган кайрыктар болуп көрбөгөн».[57]

**Радионун музыкалык «Алтын казынасындагы» Токтогулдун арман күүлөрү:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Токтогулдун айдоодогу арманы» | 423 | 3'00 | Асылбек Эшманбетов |
| 2 | «Токтогулдун Сибирдеги арманы» | 7739 | 1'50 | Өзбек Рысбеков |
| 3 | «Токтогулдун арманы» | 9460 | 2'40 | Усуп Орозов |

57 Төлөгөн Касымбеков. Келкел. – Ф., 1990. 272-бет.

## Кошкулактын арманы
### («Атаны кокуй 80 сом»)

Өз мезгилинин атактуу күүгөрлеринин бири Кошкулактын «Сексен сом» Бектур Осмонов тарабынан радионун музыкалык коруна алынып калбаганда кайран талант капаста кала бермек. Кезегинде Көл өрөөнүнө Кошкулактын атын чыгарган «Атаны кокуй 80 сомдун» арман кайрыгы болгон.

Журтчулукка жугумдуу комузчу Бектур Осмоновдун чыгармачылык чыйырынан кененирээк маалымат алуу максатында 1994-жылы Тоң районунда Бөкөнбаев айылында жашаган Бектурдун уулу Шыгайдыкына барып калдым. Мен көздөгөн адам эл ортону элүүнү таяган, жүрүм-туруму элпек, мүнөзү жумшак, куюлуштура сүйлөй билген куйма кулактардан болуп чыкты.

Атасы Бектур жөнүндө айтып келип, Кошкулак комузчуга токтолду. Кыскарта баян жасайлы. Кошкулак Таластык Кытай уругунан. Жаш кезинде ууруллукка ооп кетип, нечен ирет колго түшөт. Туугандары айып төлөп куткара беришип, тажаганда: «Айыбыңды эми төлөй албайт экенбиз. Кайда барып оокат кыласың, өз ишиң, төрт тарабың кыбыла» деп карабай коюшат. Ары урунуп, бери урунуп күлү додо болбогон бечара, «Ысык-Көлдүн тескейинде кытай деген эл бар дейт. Билерманы Эшимбек экен. Канча кылса да уругубуз бир эмеспи, ошолорго барып корголоюн» деп жөнөп калды.

Сураштыра айылды, териштире Эшимбекти таап, төкпөй-чачпай жөн жайын ортого салды. Ээр кашына камчысын илип, суу төгүлбөс Тор жоргосун тууганы Эшимбектин алдына тартты. Эки жылча бул жерде туруп, Керей уруусунан Илебай деген болуштукуна орун которду. Жайкысын шеринеде, кышкысын жоро-бозодо отуруштун көркүн ачкан Кошкулак комузчу-ырчы катарында эл оозуна алынды. Көп чогулган чоң топ болсо Илебай болуштун жанында. Эрмеги – тамаша салуу, эл көңүлүн ачуу. Кезмеги келгенде Кошкулак да конок күтөт, кой союлат, шеринеге кошулат. Сандыкта пулу жок, сатууга малы жок, карызга бата берет. Кишинин ийин жандырбаган Илебай болуш комузчусунун көңүлүн калтырбай карыз акчаны каалашынча кармата берип, анысы 80 сомду чапчыйт. Карызды кайтара албасына көзү жеткен Кошкулак камтама болот, кайгыга батат.

Күндөрдүн биринде Узакбай деген теңтушу:

– Ой Кошоке, сабырың суз го? Санаа бастыбы, саат бастыбы, чыныңды айтчы? – деп такып сурай бергенде:

– Узак молдо, чынымды айтсам «сексен сом» деген дарт мага жабышты. Дартка даба таба албай кыйналып жүрөм, – дейт. Узакбай ойлонуп калат.

Жай келип, айыл Кара-Камандын боюна көчүп барышат. Күндөрдүн биринде Илебай болуштун кермесине аттар байланып, үй ичи меймандарга толот. Бала чаптырып Кошкулак комузчуну алдыртышат. Дасторкон жайылып бир сыйра чайлашып, артынан кердене аяктар менен кымыз сунулат. Келер-кетер кептер козголот. Отургандардын бирөө:

– Ээ Кошоке, курсакка кымыз батпай кетти, кулакка сиңер сөз чыкпай турат. Комузуңду колуңа албайсыңбы, кооз күүлөрүңдөн чалбайсыңбы. Көңүл жайлансын, ич бөксөрсүн, – деп калды.

Кошкулак карап турсунбу, комузу колунда даяр, кошу менен эки күүнү айдап салды. «Баракелде-ее», «баракелде!». Дагы бир күүнү сыздатты. Ботосу өлгөн төөдөй боздото салды. Кооз күү эмес, кошок күүгө окшоп баратты. Илгери-кийин чертилбеген бул жаңы күүдө арман-муң кылактап, өкүнүч-өксүк булактап, угуп отургандар убайымга муюп баратты...

Бул отурушта Узакбай да бар. Күү тамамдаганда собол узатты.

– Ээ Кошуке, сенин күүлөрүң түгөлү менен мага дайын. Мунусун жаңыртып салгандайсың. Кайрыктарга баам салсам, кандайдыр сыры бардай. Капа болбосоң калайык да уксун, атын атап койбойсуңбу азыркы күүңдүн?

Кошкулак сааамга буйдала түшүп, күү атын атоодон айбыккансып, Илебай болушту имерчиктей карай берди эле.

– Күүнүн сырын сындан өткөрүүчүлөр да табылып калар, айта бер айланайын тартынбай, – деп, катардагылардын бири Кошкулакты шаштырат. Комузчу коломтодон көзүн албай коңур үнү менен унчукту: «Күү арманын ичине каткан «Атаны кокуй сексен сом»... Угалбай турган бул сөздү Узакбай жиреп кетти:

– И-и Кошу баатыр, «Сексен сомуң го» туруптур, «Кокуйлап» жатканыңа жол болсун?

– Жокчулук – түбү корчулук белем, туугандар. Көр-тирликтин айынан ала берген карызым 80 сомго чаап кетиптир. Кантип кутулаардын айласын таппай кабыргам кайышып турганымда капамды тең бөлүшөр комузум айталбаганды алдыга тартат:

Алты сомго зар кылып,
Алсыраттың, жокчулук.
«Атаны кокуй» айттырып,
Жалдыраттың, жокчулук.

Он теңгеге зар кылып,
Онтоттуң го, жокчулук.
«Олдо кокуй» айттырып,
Боздоттуң го жокчулук.

Сексен сомдук карызга,
Жеткирдиңби, жокчулук.
Айланы алты имерип,
Кетирдиңби, жокчулук.

Капчыгы калың байларга
Жалдыраттың, жокчулук.
Карызды кайрып бералбай,
Алсыраттың, жокчулук.

Акча таппай койдум деп,
Айтамын кимге арзымды?
Кагаз пул таап качан мен,
Кайтарамын карзымды?

Атаны кокуй сексен сом,
Эми кайдан көрөйүн!
А дүйнөгө сени ээрчип,
Артыңан мен да жөнөйүн!

Кошкулак комузун жерге коюп, тегерете отургандарды телмире карап турду. Узакбай ушул жерге келгенде иштин ыгын келтирип, комузчуну жемелемиш этти да, Илебай болушка илинчек таштады:

– Оппаа, Кошу баатыр, сени болор жигит деп жүрсөм, бошоң жигит турбайсыңбы. Сексен сом үчүн кокуйлап! Илебай болуш турганда сенин бир черткен күүңдөн 80 сом карыз айлансын....

Эл башы эстүү адам эмеспи. Сөз тамырын тарта билген болуш мурутунан жылмайды.

– Баракелде, баатырлар, жандооч кийик аттырат деген ушу. Ыгын таап кеттиңер. Эки дүйнөдө доом жок. Кошкулак комузчу ук, кечтим карыздан. Эл шайырларын сыйлай албасак, эл милдетин аркалаганыбыз кайсы?

(Арийне, ал кезде 80 сомдун наркы 80 ирик. Андан кечип коюу айкөлдүк, атпай журт өнөрүн баалагандык. Азыркылар үчүн бул сабак. Аңдай жүрөлү, окурманым).

Илебай болуш Караколдогу көпөстөрдөн акча алып, ак өргөө жасатып, ичине эмеректерин толтуруп, кем карчтарын болтуруп, Бектур Осмон уулуна жакын туугандары Ады дегендин Каным аттуу кызына куда түшүп, калыңын төлөп, Кошкулак комузчусун үйлөндүргөн экен. Каным менен Кошкулак көп өмүрүн бирге өткөрүштү. Катыгүн ай, Канымдын согончогу канабай, кайран комузчу тукумсуз өтүп кетиптир. Кошкулак өлгөндө шакирти Бектур Осмон уулу көз жашын көлдөтө өкүрүк салып түшкөн. Жайына коюп жатканда бир ууч топурак салып жатып: «Кош, «камбарканым», жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун, менден эстелик ушул, а дүйнөгө ала бар» деп, арман күү чертип узаткан.

## Эр Саадабайдын арманы

Иним Осмон экөөбүз күү жандуу үй-бүлөдө чоңойдук: атам Кайбылда айылдык мугалим, комузун колдон түшүрбөгөн күү күйөрмандарынан эле. Агабыз Абдылда (атамдын иниси) элдик салт күүлөрдү санатына чыгара кайырган айылдын алымдуу өнөркечтеринен болгон. «Чоң борбордо чоң артисттер тобуна кошулбай калган тагдырына өкүнүп калуучу кайран киши. Элдик күүлөрдүн эсебинен чертиле келген «Эр Саадабайдын арманы» балдыркан бала курактан кулагыбызга кыттай уюп калганы ошондон болсо керек. Абдылда абадан мурас калган бул күүнү 1997-жылы радионун «Алтын казынасына» жаздыруу менен адөөлөттүк иш жасаганыма кээде корстон боло калам. Бирок, «күү баяны» маалыматтан учурунда куру калганым өкүнүч туудурат. «Көсөөнүн акылы түштөн кийин» демекчи, 1990-жылдардан кийин гана сурамжылоо салганыма «ийгиликтин кечи жок» деп, өзүмдү жооткотуп коём.

Комузчу Абдылда Дөнөнбай уулу 1897-жылы Көлдүн көкүрөк аймагындагы Боз-Учук деген жерде туулган. 19 жаш курагында 1916-жылкы Улуу үркүн коогалаңын баштан өткөргөн. Туулуп-өскөн жерине 1920-жылдары кайтып келип, колхоз курулушуна кол кабыш кылып, кийин токой чарбасында карагай агызып, тактай тилчү заводдо кароолчу болуп, бүт өмүрүн кара жумуш

иштөө менен өткөргөн. Мүнөзү оор басырык ноюбаган, анча-мынча кыйынчылыкка моюбаган, союл тийсе да солк этпеген, барааны балбандарды элестеткен адам эле. Колхозчулар, кошуналар чогулуп, кыдырата кыз-келиндер тизилип күүсүн тыңдашчу. Андайда Абдылда шартылдата күү чалып, жарпы жазылып, жан-жагына каранып жайдарыланып, короздоно койкоңдоп комузуна куп гана жарашып калчу. Рухка бай адамдар узак жашайт демекчи, Абдылда аба 92 жаш куракты тоголотуп кетти. Элден алып, эл керегине багыштаган күү мурасын – «Эр Саадабай арманын» аганын арбагына багыштап койсок.

1988-жылы Ак-Суу району Кереге-Таш айылынын тургуну 90 жаш курактагы куйма кулак санжырачы Орозаалы уулу Жумаалы, 1991-жылы Боз-Учук айылынан 91 жаштагы Рахман уулу Сыдык карыялырдан жазып алган таржымал-баяндан:

а) Орозалы карыянын айтымы: «Эр Саадабайдын уругу – Асан тукуму. Айылы Боз-Булуң. Жалгыз ат, жалаң тон жардычылыкта өмүр өтөгөн, турум-турпатына көргөндүн көзү тойгон, золкойгон узун бойлуу кызгылтым сары чийкил киши эле. Өктөбүр төңкөрүшүнөн кийин, Үркүндөн кайткан эл ата конушун пааналап, таш-там куруп отурукташа баштаган. Жыргалаң суусунун боюнда Казакбай-Бешбай дегендин кыштоосунда элек. Жаздын үзүмчүлүк маалы, кеч бешимде залкардай зор адам үйгө түшүп калды. Саламдашып көрүшүп, жай алыша отуруп, сабак-сабак тамашаларды ортого таштап жатышат.

– Кышкы сүр эттин түгөнгөнү качан? Жаздын үзүмчүлүгүндө сынагандай келип калыптырсың, баатырым.

– Ой, Окем ай, ошол үзүмчүлүктү да Кудай колуна насиптеп койгон. Аманчылыкта аны да көрө жүрүшүбүз ылаазым. Күркүрөгөн күзгө да жетербиз... «Байгамбар барына азыр жогуна кайыл» дейт. Сары суу болсо да чайлашып, чалкалап жатып эс алуу деле чандалардын гана колунан келери анык – деп, борс-борс күлөт Саадабай балбан.

– Сакем тумшугу майлуу киши эле, чаначыңдын түбүн какчы, байбиче, калгандыр аз да болсо бирдеме, – дейт атам. Айткандай эле, үч эли чыккан согум бээнин катырган казы, карта, чучугунан бир чоң табактык эт унга оролуп сакталып турган экен. Казанда кайнап, дасторкондо тамак-аш жайнап, келер-кетер сөздөр кезеги менен айтылып жатты.

– Айта отур, эрмек болсун. Саке, эр сайышка эчен түштүң, эл билет ал эрдигиңди. Эңишке чыгасың, аны да көрүп жүрөбүз. Дагы кандай эрдик жасадың? – деп атам маектешине карады.

– Сурап калдыңыз, айтса айта отурайын, эрдигимби же Эгемдин буйругубу, аны ким билсин, бир жолку ажалдан аман калган жоругумду жобурайын: Үркүндөн келгенден кийинки жылы өзүңүз билесиз, ачарчылык бир жагынан, тумоо бир жагынан тооруп, эл мүңкүрөп турган кез. Жер үй казып алып, ошондо жан сактайбыз. Мен да сыркоолоп, ак жарма ичип жүргөн кезим. Кашаң Тору атымдан башка үрүп чыгар итибиз жок. Тоң элинде илик-жарма туугандарды араласам, бирдеме колго илинер бекен? – деп, кашаң Торумду камчыланып жүрүп калдым. Тосорго конуп, эртеси Шарпылдакка чукулдап калган элем. Артымды карасам, шаракташып үч солдат чаап келатат. Асынгандары беш атар, арчынгандары ок, дары, кылыч. «Ажалым жеткен экен» дедим. Бейчеки бастырган адамдарды суроо-сопкутсуз атып салып жаткан учур. Орус көпөстөрүнө малай болуп жүрүп, чала бучук тил үйрөнүп алган элем.

– Ыдырасти, – дедим тигилерге. Күлүп калышты. Бирдеме сурашты эле, баш чайкадым.

– Тумшуктан ары өткөндө атып салалы, – деп сүйлөшүп жатышат. Ичтен ыйманымды окудум. Жарыкчылык менен кош айтышып турам. Бир далай жерге мени шакаба чегип жүрүп отурушту. Бирөө мылтыгын октоп, артыман айдап алды. Бир кезде «Стой» дегендей болду. Токтоп калдым.

– Я сырайт буду, держи лошадь! – солдат атын карматты. «Эрте өлгөн кишимин, бирөөнү ала жатайын» ушул ой башыма келди. Ээрдин кашына илип койгон солдаттын беш атарын алып, эки атты сартча байлаштыра коюп, бейкапар тоңкоюп заңдап отурган солдаттын артынан келип, мылтыктын кундагы менен берип калдым. Оңолуп тура келаткан солдат шымына чалынып жыгылганда жана бастым. Эмелеки жан алгыч болуп көрүнгөн солдат тырп жыгылды. Алдыды бараткандар бир нерсени сездиби, артка бурулуп чаап келатышат. Кашаң торумдун ээрине арта салып, колумдагы беш атар менен алдыдагыга кармай бердим. Ат үстүнөн ал да учуп түштү. Камындырбай арткысын да жайладым. Башым айлан-көчөк. Оо бир оокумда эсиме келип, өлүктөрдү үзөңгү боолукка салып сүйрөтүп келип, жарды уратып жибердим.

Булгаары сомкелеринде чочконун майы, болке нан, жумуртка бар экен. Жеп өзөк жалгадым...

Эр Саадайбайдын өмүрүнүн кийинки учурлары жөнүндө Сыдык карыянын айтып бергени: «Эр Саадабайды биринчи жолу 1912-жылы көргөм, кийин 1916-жылы үркүндө Кытайга чогуу бардык. Жылуу-Суу деген жерде биз – Кара Такыялар, Боз Баланын күңгөйүндө Асан тукуму кыштады. Эр Саадабайдын кайратын Үркүндө Музарттын суусун кечип өткөндө көрдүк. Бешиги менен бала агып, жүгү менен төө агып.... Музарт суусу бөгөлүп калды. Ажалы жоктор алда-жалда менен аркы өйүзгө чыга бергенде калмактар талады. Эр бүлөнү ээрден оодара тартып, өңдүү-түстүү келин-кыздарды өңөрө качып, короосу менен койду айдап, каяша кылгандарды карсылдата сабап. Арттан жете келген Эр Саадабай кылычын булгалап сес көрсөтүп калмактарды кайра жапырганы көз алдыда. Беттеше калган калмактын атынын башын шылый чаап, Чулумдун келини Бүбүканды куткарып калганын өз көзүм менен көргөн элем. Кийин-кийин 30-жылдары апийим соодалап Кытайга барганда дуңгандардын колуна түшүп калган окшобойбу. Ошондо куйрук жамбашынан 100 балак алышкан экен. Оорудан оңоло албай арка-бели чирип кетип, азап чегип жатып, ары карап кеткен дешет. Эр Саадабай комуз чертчү экен, өлөр алдында арманын күүгө салганы:

Жеримден алыс сүрүлүп,
Жеткайтка тентип барганда.
Жетимдерди багам деп,
Жетелеп козу алганда.
Алтымыш душман мен жалгыз,
Амалым кетип калганда.
Атасы башка кытайлар,
Алтымыш балак алганда.
Алтымыш балак аз болуп,
Аркама тамга салганда.
Жезиттин түшүп торуна,
Жер таянып калганда.
Арка болор элим жок,
Амалым куруп жалганда.
Аллага зарым угулбай,
Атаңдын көрү дүйнө,
А дүйнө кеттим арманда».

## Атайдын арманы
### («Өлүм алдында»)

1948-жыл. Атайдын айылдаштары чогулуп ордо атышат, калыстыкка Атайды чакырышат. Оюндун байгеси – Тыраңбай салдырган эки чапчак (чанач) бозо эле. Бир тарап утуп, бир тарап уттуруп, Тыраңбайдын эки чоң кара казан бозосун шыпкап ичишет. Бозонун акчасын уттурган тарап толук төлөй албай айлалары кетет. Тыраңбай бозокор айыпкер жактын башчысын алка жакадан алып карызын доолайт. Кышкы бордолгон бозого тоюп алган эргулдар ортосунда чатак башталып баратканын баамдай отурган Атай калыс бүтүмүн чыгарат, бирок Тыраңбай ага көнбөй тыраңдай берет. Айласы куруган Атай бала чуркатып, үйүнөн «Акбоорду» алдырат. «Ой, булбул», «Ак тамактарды» кайырат, ага деле муючудай көрүнбөйт доогер тарап. Ошондо «өлүм алдынданы» өзгөчө муң кайрыктарга салып черткен экен, көпчүлүк көздөрүнө жаш алып, боорукерлери боздоп ыйлап жиберишет. «Атайдын арманына» муун-жүндөрү бошоп, аяп тургандар андан көп. Көшөрүп акчасын доолаган Тыраңбай бозокор тура келип, Атайдын мойнунан кучактап, кечирим сурап: «Армандуу күүң үчүн аласамды кечтим» – деп, дагы эки казан бозо сүздүрүп, ордочуларга бекер таратып берген экен.

## Эстебестин эскерүүсү

«1948-жылы Алымкул аксакал баштап артисттер Таластын жогору жагындагы «Октябрь» колхозунун башкармасы Мамбеталынын үйүнө барып калдык. Бир аздан кийин Атай келди, катуу ооруп жүргөн экен. Алыкем менен кучакташып көрүшүп, артисттер менен учурашып, ал-жайын сурашты. Алыкемдин өтүнүчү боюнча Атакем күүлөрүн чертип, артында дагы бир күүнү «өлүм алдында» деп атады. «Ажалы жетип өлүп бараткан, жаны чыгып бараткан адамдын абалы ушундай болот деп, туурап чертип угуп отургандардын сай-сөөгүн сыздатты». Атайдын «Арман күүсү» (өлүм алдында) көзүнүн тирүүсүндө эле көпчүлүк угармандарга алынып, артынан аңыздар ээрчий айтыла баштаганы белгилүү.

Угушубузга караганда, Атай «өлүм алдында» күүсүн иниси Бектенге үйрөтүп: «Эгер көзүм өтүп кетсе, батага келгендерге чертип берип узатып турасың» – деп, өтүнүч кылган экен. Атайдын акыркы күүлөрүн шакирттери Мейилкан, Шекербек

радионун музыкалык коруна тапшырууга үлгүрүшпөгөн. Бул милдетти Асылбек Эшманбетов ишке ашырган. Тилекке каршы, радионун «Алтын казынасын» тескөөчүлөр «өлүм алдынданы» өз аталышынан ажыратып «Черт комузду» деп чегерип коюшканын эскерте кетмекбиз.

Атай аз жашады, арманда кетти. Не дейбиз? Акындардын төкмөсү Ысмакеме (Ысмайыл Борончуевге) кошулбаска чарабыз барбы?

## Алыбаев Өмүрбектин эскерүүсүнөн:

«Атай Көк-Кашат айылынан, бизге таяке болот. Эркесары менен айылдашпыз, ал Калбадан. Шекербек, Серек, Сейдракман менен айлыбыз бир. Мейилкан бизге кудача, Түлкү-Дөбөдө турчу. 1950-жылы мен армияга кеткенде Мейилкан артистикке кириптир.

Комузду биз Атайдан үйрөндүк. Атай өлүм алдында жатканда комузун колунан чыгарбай, кээде өзүн жоготуп коюп, кайта эсине келгенде черте коюп, жаны чыгып баратканда Жолдошалы деген молдону алдырып, молдо дем салып, эсине келе калганда колундагы комузун кайрып, о дүйнө карады. Атай Түлкү-Дөбөдө каза болду.

Аз күндүк дүйнө жалганда,
Адамдын баары арманда.
Алтының тоодой болсо да,
Айла жок мында калганга.
Он күндүк дүйнө жалганга,
Ойлосом көбү арманда.
Оюндун зору болсок да,
Орун жок мында калганга.

## Акбоордун арманы

1940-жыл. Артисттердин гастролу Көлдү айланып Тоңго келип токтошту. Элет эли майрамдагы маанай менен элдик шайырларды тосуп алышты. Колунан көөр төгүлгөн Бөлөкбай уста да көптүн арасында борбор калаанын оюнун көрүүгө ынтызар. Артисттер биринен сала бири алмашып, кезек Атайга да жетти. Атайдын «Ак тамак, Көк тамагы» Бөлөкбай устаны бөтөнчө кубантты.

«Аттиңай, Атайында кемтик жок, чертмегинде чеки жактары көп экен, өнөрдү өксүтүп жатканын карачы, өхх!..» – деп уста Бөлөкбай жанындагыга угуза кейип алды. Оюн да аяктады. Ордунан обдула тура келип, Атайдын колун кысып таанышып, шаардагы үй дарегин жазып алды.

Көп өтпөй беш колун сала узанып, бөтөнчө бир комуз чапты Бөлөкбай уста. Ийине келтире чыйратып, ичеги кылын тагып, коооздолгон кутуга салып, борбор калаага жол тартты. Адашпады, Атайды үйүнөн тапты. Атай кечки концертке даярданып жаткан эле, коногун колунан жетелеп филармонияга ала барды. Атайдын ырына арбалган угармандар, күүсүнө куштарланган күйөрмандар аз эмес. Бул жолу кооздугу көздүн жоосун алган комузуна, «Ак тамакты» булбулдай сайраткан арген мукам аспаптын добушуна ашык болгондорду айтпа. Концерттин соңунда алыстан келген коногун сахнага алып чыккан Атай анын жасап келген аспап комузун көпчүлүккө тааныштырып, кубанычы койнуна батпай кудуңдаганын айтышат. Атайга энчиленген бул аспап ошол сапарда «Акбоор» аталып тушоосу кесилсе, «Ак тамак менен Көк тамактын» да багы ачылып базары гүлдөп, Ала-Тоону аралай сызып, атпай журтка аттын кашкасындай таанылган.

## Сүйүнбай Эралиевдин эскерүүсүнөн

Атай өлгөндөн кийин бир жылдан соң Таласка баратып, куран окуй өтөйүн деп бурулуп калдым. Жайдын күнү. Боз үйдө отурушкан экен. Алгач «Акбоорго» көзүм урунду. Керегеде ары карап илинип турат. Көзүмдөн жаш тегеренип, көңүлүм муздай түштү. Алган жары а дүйнө салганда, ары карап аялы кошок кошор салтты эстеп, «Акбоорду» аяп да кеттим. Бир карасаң энесинен эрте ажыраган эрке жетим сыңары ээнсиреп калгандай.

Эстүү бирөө ойлоп тапса керек, аспаптын асты жагына «Атайдын Акбоору» деп жазып коюптур. «Өлүм алдындагы» Атайын аяп, арман күйүтүн сыздаткан Акбоордун азыркы абалы адам чыдагыс. Арман дүйнөсүнө кабылгандай. Ошол «Арман дүйнө» акындык делебемди козгобой коймокпу?!

«Бул – Атайдын Акбоору» деп жазылып,
Комуз турат керегеде асылып.
Турат комуз – жаңырыктуу бир дайра,
Ташып жатып, калгандай тып басылып.

Суу соолсо, сай да дароо кургамак,
Турат комуз сайрай албай кур карап.
Кайда күүлөр андан турчу агылып,
Бирде нөшөр, бирде болуп бурганак.

Турат комуз, турган комуз не демек?
Ээсин жоктойт: «Кайда кеткен эле?» деп.
Азыр-азыр... айтар сөзүн күткөнсүйт:
«Алып берчи Акбоорумду келе» -деп.

Турат комуз, билер жөнү барбы анын?
Бир булуңда, кырдан аркы далданын.
Билинбеген боз дөбөгө айланып,
Түбөлүккө ээси уктап калганын.

Күтөт комуз Атай азыр кирчүдөй,
Кылдар жансыз, бийден калган бийчидей.
Турат комуз, улутуна томсоруп,
Кокус тийсең, боздоп ыйлап ийчүдөй...

## Өксүү

### (Асанбек Кыдырназаровдун «Арман күүсүнө» шилтеме)

Асакемдин көзү тирүүсүндө, 1990-жылы 9-ноябрдеги бир жолку жолугушта кенен-кесири сүйлөшүп, кеп кезегин «Өксүү» аттуу күүсүнө өткөзгөнүбүз эсимде. Салмак менен кол сермеп, санатын бузбай кыл тербеп, сап күүлөрдү тизмелей келип, оор күрсүнүп алды да, черте турган күүсүн «Өксүү» атап койду. Мына, ушул күрсүнүштүн өзөгүндө жүрөккө зыл уюган өкүнүч-өксүк жаткандыгын алдыртан сездим.

– Өмүрүмдүн күлгүн курагын Кырдрамда (Кыргызстан Мамлекеттик драма театры) иштөө менен өткөрдүм – деп, сөзүн баштады, – улуттук искусствобуздун өркүндөп өсүшү үчүн ынтызарлыгым ушунчалык күч, талант, шык, мүмкүндүктүн барынча сарптоого бел байлагам. Арийне, адам өмүрү ашуусу бийик тоолорго окшоорун кийин түшүндүм. Көрсө узунду-кыскалуу өмүрдө бирде ийгилик жылоолоп күлкү коштосо, бирде тоскоолдук тороп, өкүнүч-өксүктөр өрөпкүтүп, шыр жолуңду бууп турат. Мен деле турмуштун ысык-суук чыйыр жолундагы моралдык дейлиби, материалдык дейлиби, кыйчалыш кырдаалдардан кыя өтүп кете албадым. Ала койду бөлө кырккан бийлик билермандарынын

арамза жосундарынан канча азабын тартпадым?! Айлаң куруганда алаканыңды ушалап, «аттиң!» деп, акааратка да барат экенсиң.

Кылгылыкты кылып койчу, кыл жип менен бууп койчу былыктарыбыз ай, чылыктарыбыз ай! Көшөкөрлүктүн көшөгөсүнө жамынып, төрөпейилдикти төргө чыгарган, өмөчүктөй өз көмөчүнө күл тарткан, айланайын, кудай ай, арампөөштөр жетет экен түбүңө. Сырттан бакканга «маданияттын очогу» сезилген Кырдрамга, жердеги кожоюндарга деле оозу туруп тили байланган кыңк этпес «ляппай таксырчылар» жагарын жашырбайлы.

Эми, дүңүнөн дүңкүлдөтө бербей өз башымдан кечирген «өксүктөрүмө» токтолоюн. Менин кемчилигим – кандан-бектен кайра тартпай каталыкты бетке айткандыгымда, былгытмалардын кылыгын көрмөксөнгө салбай, көрүнөөгө алып чыгуу аракетин жасаганымда. Ал адатымдын азабын канча тартпадым? Канжанымда дүргүгөн артисттик кесибимден канча жолу айдалдым. Жакшы жери – жалгыздыкта жабыгып жатып калбадым. Жабыркаганда жаныма караан болуп, арманымды айтышаар, азапты тең тартышаар асыл дүйнөм – комузум. Комузум менен кобурашам, сырдашам, муңдашам, ичтеги бугумду сыртка чыгарам.

Кудая шүгүр, багым бар экен, бабалардан келаткан өнөрүм бар экен, жан дүйнөм жабыркап, көңүлүм чөгүп турганда комузума кол созом. Арманымды тең бөлүшөөр, азабымды тең көрүшөөр асылкечим комузум атпай журтка жар салат: «Асанбектин арман күү!..». Кыргызынын кыйырына кыйкуу салат: «Кыдырназар уулунун «Өксүк күү» угармандарына, күйөрмандарына кайрылат: «тыңдагыла, тыянак чыгаргыла, калайык!».

Убакыт учкан куш белем? Кечээ эле сахна менен экранда жылдыздай жанган, отуруштарда кыл өнөрүн чубаган, каадасынан жанбаган калк кадырманы Асанбек Кыдырназар уулу бүгүн арабызда жок. Асакемдин арбагына ак калпак кыргыз элинин таазими асты жана койбос.

Эсенгул Ыбрай уулунун эскерүүсү: «Асакем зор талант эле. Биздеги итчилик оору – таланттарды көзүнүн тирүүсүндө ылгай албадык, көзүнүн тирүүсүндө көтөрмөлөп сүйөй албадык. Асакем жагымпоздукту өмүрүндө жактырчу эмес. Кемчиликти кесе бетке айтуучу. Жармач жетекчиликке ушунусунан жаккан жок, жабыр тартты, аксады басынды, өксүдү...».

Театр сынчысы Жаныш Кулманбет уулунун эскерүүсү: «Дарамет шыгы ашып-ташып турганда А. Кыдырназар уулу эки

жолу театрдан куулду. Жетекчиликтеги төрөпейилдиктин азабын актёр тартты, аны менен талантка доо кетти. Бул – театр өнөрүнүн өнүгүшүндөгү орду толгус жоготуу дегендик».

Ырас, билгенге Асанбектей залкар таланттан айрылуу – орду толгус жоготуу дегендик. Аны көзүнүн тирүүсүндө өзү айтып калууга үлгүрдү. Буга кыл кайрыгына каттап койгон «өксүгү» күбөдөр. Арийне, бул өксүк бир адамдын гана башына мүнөздүү эмес, бул жалпы кыргыз журтчулугунун «өксүгү»!

**Зарым**
**(Азиз комузчу, ырчы Бейшен Бакы уулунун арманы)**

Көр адам көпкө сөз экен,
Көңүлдү ачкан көз экен.
Көзү болсо пенденин,
Көр оокат бекер сөз экен.
Сокур соого сөз экен,
Сонунду көрчү көз экен.
Жарыкты көргөн пенде үчүн,
Жардылык бекер сөз экен.
Текеден кылдык жол азык,
Тегеле болсо мол азык.
Теңтуштун жүзүн көрө албай,
Теңириме не жаздык?
Арпадан кылдык жол азык,
Абыдан болсо мол азык.
Адамдын жүзүн көрө албай,
Аллама чыны не жаздык?
Ак нандан кылдык жол азык,
А деле болсо мол азык,
Перзенттин жүзүн көрө албай,
Пендесине не жаздык?
Астымда агам өбөгүм,
Аркамда иним жөлөгүм.
Айнегимдин айынан,
Анжыян сапар жөнөдүм.
Анжыян көмөк бербеди,
Армандуу шордуу мен байкуш,
Анда бир көзүм көрбөдү.

## Айрылышты бир боорунан бир боору

### (Эл акыны Сүйүнбай Эралиевдин ичтеги арманы)

«Таятамды эл Молдо Орозбай дешчү, чоң комузчу эле. 1937-жылы 52 жашында контр деп, камалып кетти, келген жок. «Ак тамак, Көк тамакты» алгач таятам Орозбай сайраткан. Элдик күүлөрдөн а кишинин черткен кайрыктарынын эсеби жок. Сыртта шатырата төгүп турган жамгыр ыргагындай кайрыктардын каз-катар сайрап турушу менен салыштырмалуу таятамдын өз «Жамгыр күүлөрү» канча эле? Арман ай, ошолордун бири Орозбай молдонун өз колунан жазылып, күү мурасын толуктаса эмне?

Мени беш жашымдан атка өңөрүп алып жүрүүчү, койнунда болсо комузу. Ойнотмо күү өнөрү Орозбайдан калган. Ошол чети оюлгус өнөр отуруш-жыйындан алыстабай, борбор калаага жетпей ортолукта кала берди! Арман ай! Таятам күүнү эл уйкуда жатканда, түн ортосунда мемиреген тынчтыкта жаратар эле. Ошого кызыгым артып, уйкум качып, уга берчүмүн. Менин поэзиядагы кооз дүйнөмдү ойготкон Орозбай таятамдын комуз өнөрү болгондугун танбайм, сыймыктанам.

Согушка чейин мен да комуз чертчүмүн. Эчен олимпиадаларга, кароолорго катышып, байге-сыйлыктардын менин өнөрүмө да байырлаганы бар. Комуз өнөрү темасы менин бардык чыгармаларымда кирип-чыгып баш багып турганы турган. Анын бири «Акмөөр» сулууну коштоп комуз ыйлайт шолоктойт:

> Күйүп-бышып, чок жалыны жок отко,
> Көптү өткөрдүң, көргөндөрүң жоготпо.
> Жыл суз тартып, кышы кыздай төркүлөп,
> Талаа озондоп, күздө бороон согот ко?
> Дал ошондой сен армандуу күңгүрөн,
> Акыр бир кез жетчү жери болот ко?..
> Каңырык түтөп, сай-сөөк кошо сыздады,
> Ыйла комуз, ыйлай бергин, шолокто!..

Аттиң, армандуу дүйнө! Ата мекенди коргойбуз дедик. Кан күйгөн казатка аттандык. Кандуу согуш алты санымдын биринен – колумдан ажыратты. Колумдан гана ажыратпады, комузумдан ажыратты, «ажыратты бир боорунан бир боорун» – ошол болду.

> Үч кыл тизгин – башкарчу эле бир колу,
> Ал кыйылды аткан октон бир жолу.

Кыйын болду, комузга да, ага да,
Айрылгандай бир боорунан бир боору.

Колго комуз – жандан ысык дүйнө эле,
Жараткандан ал комузду сүйдү эле.
Бир күн анан бир биринен айрылды,
Өлбөй жүрүп, тирүү жүрүп күйдү эле.

Ал аңгыча жылдар жылга оошту,
Ал сагынды жаны бирге комузду.
Ээн үйдө бир эңгиреп алганда,
Жатчу угулуп Кудайга да добушу.

Жер жарылса акындардын жүрөгүнөн өтөт. Эл мүңкүрөсө комуздун кылы күңгүрөнөт. «Кайра курулабыз» дедик, карайлап калдык. «Эркиндик алдык» дедик – ээнбаштар дагы эле дооран сүрүүдө. Калк кайгысын ким айтат? Атпай журттун арманын, албетте, акындар жарыя салмак.

**Азыркынын арманы**

Баркталып жүргөн баягы.
Баатырлардан барк кетти.
Карабай калдык сыйлабай,
Карылардан нарк кетти.
Дааналап айтып ырдасам,
Даанышмандан даңк кетти.
«Айды да сатып алам» деп,
Акчалуулар «барк» этти.
Акылдуулар айла жок,
Алдына кулап шалк этти....
*(Турдубек Эламанов)*

а) Жандай көргөн аялы ичкиликке берилип кеткен жигиттин арманы.

Армандын ыры ырдалып,
Азапка башым чырмалып.
Баягы жаркын күндөр жок,
Басалбай жүрөм ыргалып.
Жабыркап калган учурум,
Жакшылык күндөн кур калып.

Акыл сөз айтса укпайсың,
Арак бар жерден чыкпайсың.
«Мага сен жагып калдың» деп,
Мастарды көрсөң ыктайсың.
Короодо жатып кээ күнү,
Коңурук тартып уктайсың.
Аракка күндө бөлөнүп,
Ак жүзүң калды көгөрүп.
Тамтаңдап күндө келесиң,
Тал-терек сүзүп жөлөнүп.
Теңирим берген турмушту,
Тереңге салдың чөгөрүп.

б) Карачечекей жалгыз баласы атасынын үйүн сатып «Ак Волга» алып, атасын карылар үйүнө тапшырып салгандагы арман:

Жалгыз деп бактык бөпөлөп,
Жанагы энең экөөлөп.
Кантейин өзүм күнөөлүү,
Каталык кылдым өтө көп.
Карыган кезде ый басты,
Кара жер кантип көтөрөт.

«Волгаңды» минип чапкылап,
Сен үчүн болду жакшы убак.
Карылардын үйүнө,
Атаңды бердиң камчылап.
Менчилеп калсаң билесиң.
Мезгилден өтсө жаш курак.

*(Курманбай уулу Карачал).*

**Карып чалдын арманы**

Казалдын башы армандан,
Кайырчы чалмын сандалган.
Бактысыз пенде экемин,
Байкасам теңдүү чалдардан.
Армандуу болдум көчөдө,
Адашкан мендей сандалган.
Заалимден өткөн келиним
Заарканам баргандан.
Улантсам мындай баяным,

Уулумду жалпы аяймын.
Бир айга аза күттү да
Буулду такыр аягым.
Кайдыгер жүргөн жан болдум
Кайната болгон баягың.
Балам деп акыл кеп айтсам,
Башыма тийди таягың.
Кызы да тартып энесин,
Кыйытып ачуу жемесин.
Тогузду бүтүп таптакыр
Токтотту окуу кемесин.

Энен үйгө алпкелет,
Ээрчитип бир немесин.
Алмадай кезде бузулду
Акчага сатып денесин.
Баласы болсо сомодой,
Байралып үйгө жолобой.
Окубайт же бир иштебейт,
Өнөрү киши тономой.
Таштамак беле анысын
Табылып жатса сологой.
Жашынан бооро башка өсүп,
Жалдырап тиктейт молодой.
Кыргызча билген тили жок,
Кымындай болгон дили жок.
Согушмай, ичмей өнөрү,
Соо келген бир да күнү жок.
Жалынып ыйлап турсаң да,
Жакшылык кылар түрү жок.
Балдарын мага тукуруп,
Бакырып келин жулунуп.
Көгөрө түшүп эрини
Көзүнөн жалын учуруп.
Тамагы буулуп кумсарып,
Таноосу калып кысынып,
Бакылдап айткан сөзү бул,
Тап берип мага жулунуп.
Жетүүчү ажал жетти деп,
Келүүчү балаң кетти деп.

Акыйбай жогол сволуч,
Азабың сенин өттү деп.
Үйүмдөн кууба деп айтсам,
«Үйүңбү ушул» деп күлөт.
Үйүмөн сүйрөп чыгарган,
Үчөөлөп туруп тепкилеп.
Айтпаймын анын өңгөсүн,
Андайды көзүң көрбөсүн.
Айбандар кылбас жорукту,
Адамга кудай бербесин.
Ийрилип жатса жанымда,
Бир үй да болсо көрбөсүн.
Көзүңө жара чыккырлар,
Ичиңен жылан өрдөсүн.
Түкүрдүм, баары «шерменде»,
Түнөтпөй кууй бергенде.
Жөрмөлөп чыгып акырын,
Жөнөдүм окшоп кенеге.
Жашагым келет дагы эле,
Жанымды кыйбайм өлгөнгө,
Тагдырым тайса шап кылам,
Табылар бирөө көмгөнгө.
*(Эл ырчысы Тууганбай Абдиев).*

**Радионун музыкалык «Алтын казынасындагы» алынган «Арман күүлөр»:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Карыптын арманы | 7977 | 1'33 | Самсалы Аликеев |
| 2 | Абактын арманы | 8050 | 3'10 | Мекиш Баатаев |
| 3 | Серкебайдын арманы | 3198 | 2'22 | Ш. Бекжанов |
| 4 | Бекназар баатырдын арманы | 8865 | 3'11 | Атайбек Бөдөшов |
| 5 | Каныкейдин арманы | 2415 | 4'00 | Акысбек Дүйшеев |
| 6 | Бакайдын арманы | 3877 | 2'00 | Абдыкадыр Жаналиев |
| 7 | Керимбайдын арманы | 701 | 2'10 | Чалагыз Иманкулов |
| 8 | Серкебайдын арманы | 9316 | 4'42 | Чалагыз Иманкулов |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 9 | Кыдырдын арманы | 10157 | 3'36 | Асан Кайбыдлаев |
| 10 | Абактын арманы | 1805 | 2'09 | Усубалы Казаков |
| 11 | Абактын арманы | 3011 | 2'15 | Жылчый Курманкожоева |
| 12 | Байгабылдын арманы | 3009 | 2'51 | Жылчый Курманкожоева |
| 13 | Ындыбайдын арманы | 3029 | 2'14 | Жылчый Курманкожоева |
| 14 | Ажыбектин арманы | 3863 | 4'15 | Абдракман Кыдырбаев |
| 15 | Каныкейдин арманы | 2608 | 3'06 | Асанаалы Кыштообаев |
| 16 | Жакыптын арманы | 9728 | 2'49 | Асанаалы Кыштообаев |
| 17 | Абактын арманы | 9734 | 3'30 | Асанаалы Кыштообаев |
| 18 | Каныкейдин арманы | 1720 | 3'22 | Карамолдо Орозов |
| 19 | Орозакунга арналган арман күү | 9454 | 2'26 | Усуп Орозов |
| 20 | Каныкейдин арманы | 9461 | 2'36 | Усуп Орозов |
| 21 | Абактын арманы | 9462 | 3'39 | Усуп Орозов |
| 22 | Серкебайдын арманы | 9465 | 3'35 | Усуп Орозов |
| 23 | Эл үрккөндөгү арман күү | 9478 | 3'06 | Усуп Орозов |
| 24 | Кыдырдын арманы | 10907 | 3'13 | Абдыш Ракымов |
| 25 | Каныкейдин арманы | 2147 | 3'50 | Кеңеш Сулайманов |
| 26 | Серкебайдын арманы | 3087 | 2'09 | Ыбрай Туманов |
| 27 | Алманбеттин арманы | 9681 | 2'33 | Ыбрай Туманов |
| 28 | Балбактын арманы | 9099 | 3'05 | Ыбрай Туманов |
| 29 | Кыдыр акенин арманы | 9111 | 2'06 | Ыбрай Туманов |
| 30 | Улукман аке арманы | 10958 | 2'06 | Намазбек Уралиев |
| 31 | Абактын арманы | 3578 | 2'07 | Жөлөгөн Чымырбаев |
| 32 | Каныкейдин арманы | 3702 | 5'32 | Асылбек Эшманбетов |
| 33 | Токтогулдун айдоодогу арманы | 423 | 3'00 | Асылбек Эшманбетов |
| 34 | Барак кызынын арманы | 6735 | 2'20 | Барамша Абракманов |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 35 | Аргасыз кыздын арманы | 7213 | 1'00 | Бүбүсайра Мааткадырова |
| 36 | Мооруктун арманы | 9128 | 4'23 | Датка Шаакеев |
| 37 | Кара Тураптын арманы | 9136 | 3'15 | Датка Шаакеев |
| 38 | Күңөтөй кыздын арманы | 463 | 2'04 | Зина Шайбекова |
| 39 | Арман күү | 9877 | 6'34 | Казакбай Абдышев |
| 40 | Арман күү | 10155 | 2'42 | Асан Кайбылдаев |
| 41 | Арман күү | 3022 | 2'25 | Жылчый Курманкожоев |
| 42 | Арман күү | 3858 | 4'45 | Абдракман Кыдырбаев |
| 43 | Жетимдин арманы | 3869 | 2'00 | А. Жаналиев |
| 44 | Жетимдин арманы | 3741 | 3'35 | Асанбай Каримов |
| 45 | Жетимдин арманы | 3859 | 4'25 | Абдракман Кыдырбаев |
| 46 | Жетимдин арманы | 9624 | 3'51 | Асанаалы Кыштообаев |
| 47 | Жетимдин арманы | 3375 | 2'06 | А. Мамбетов |
| 48 | Жетимдин арманы | 1639 | 1'30 | Акматаалы Моңолдоров |
| 49 | Жетимдин арманы | 671 | 2'35 | Сейдракман Акчекеев |
| 50 | Алыска кеткен кыздын арманы | 3444 | 2'21 | Болуш Мадазимов |
| 51 | Чалга берген кыздын арманы | 6735 | 2'21 | Б. Абдракманов |
| 52 | Калмакка кеткен кыздын арманы | 3288 | 1'30 | Жали Алиев |
| 53 | Аялдардын арманы | 9881 | 4'55 | Казакбай Абдышев |
| 54 | Абышканын арманы | 3020 | 2'04 | Жылчый Курманкожоев |
| 55 | Койчунун арманы | 3092 | 3'10 | Асанаалы Кыштообаев |
| 56 | Кыздын арманы | 2916 | 3'06 | Бектур Осмонов |
| 57 | Токтогулдун арманы | 9460 | 2'40 | Усуп Орозов |
| 58 | Токтогулдун Сибирдеги арманы | 7739 | 1'50 | Өзбек Рысбеков |
| 59 | Өлүм алдында (Атайдын арманы) | 426 | 3'15 | Асылбек Эшманбетов |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 60 | Атаны кокуй, 80 сом! | 2907 | 2’52 | Бектур Осмонов |
| 61 | Эр Саадабайдын арманы | 10158 | 2’52 | Асан Кайбылдаев |
| 62 | Өксүү | 4164 | 5’37 | Асанбек Кыдырназаров |

# КОШОК КҮҮЛӨР

Байыркы замандардан бери, канча кылымдарды артка таштап, чыгармачылыктын чыйыр жолунда идиректүүсү иргелип, биздин күндөргө жеткен элдик каада-салттардын бири — о дүйнө салган маркумду жоктоо аземинен чыккан — кошок кошуу. Бул элдик жөрөлгө акындык, аспаптык өнөрдүн катышында улуттук маданий дөөлөттөрдү күнү бүгүн байытып келет. Кыргыздар — оозеки чыгармачылыгы өнүккөн жагынан башка элдерден аттын кашкасындай айырмаланган эл. Мисалы: жакын адамынан түбөлүккө айрылып жаткандагы арман-муңун айгинелеш үчүн көз жашын көлдөтүп ыйлап тим болбостон, ошол көз жашка жууруп кошок кошкон.

Элдик оозеки поэзиянын, аспаптык чыгармалардын бул — өтө өнүккөн түрү. Тарыхый булактарга таянсак, мындан миң жылдар мурун Алтын-көл, Миң-Суу өзөнүндө табылган Орхон-Энесай таш жазмалары кыргыздын алгачкы каганы Барсбекке арналган кошок:

«О, Барс, бизди таштап кеттиңби, атаганат!
Алты эрди кошо ала жатпадың!
Тулпарыңды жаныңа сойдура жатпадың?!
Үч аялыңды жаныңа ала жатпадың!
О, кымбатым, бизди таштап кетпесеңчи!

Бумын каган, Истемин каган, Култегин баатырлар каза тапканда Түрк урпактары, кошок-жоктоолорун таш бетине тамгалаган.

«Обол баштан, о баштан,
Бир бирине жанашкан
Жаралганы Кара жер,
Каранганы Көк асман.
Истемин менен Бумындын,
Адамзаттан багы ашкан.

Кыроо конуп чачына,
Жетип аскар жашына.
Атам өлдү бир күнү,
Жашыба, журтум, жашыба!
Баш кагандын элесиӊ,
Балбал кылдык башына...»

Айкөл Манас – алп Манас «Чоӊ казаттагы» жоктоолорун кошок аркылуу сыртка чыгарган:

«Аккула окко учурдум, аяш!
Алманбет шейит кетирдим, аяш!
Канатымдан кайрылдым, аяш!
Кан Чубактан айрылдым аяш!..»

Хакастар – байыркы Енисейлик кыргыздар десек жаӊылбаспыз. Тарыхчы Ишен Молдобаев «Саян – Алтайга саякатында» бул элдердин адабий – музыкалык мурастарынын түбү бирге экендигин иликтеп жазганы бар. 75 жаштагы Абакандык байбиче хакас музыкалык аспабы чатхандын коштоосунда «Моол хан», «Он эки жастуу Оолхан» деген сыыттарды аткарып берген. Сыыт – кыргызча кошок. Күүсү обону кыргыздардыкына окшош.

Сөөк коюу жөрөлгөлөрүндө атайылап боз үй тиктирип, о дүйнө узаган маркумду жаткырышкан. Аялдар тескери карап отуруп кошокторун созушкан. Маркумдун алган жары (аялы) эки бетин тытып, кара салынып, бүт белгисин кошок кошууга жумшаган. Ошону менен сөөк коюу аземинин артыкчылыгы үчүн ат жиберип, атайылап кошокчу аялдарды алыс жууктан болсо да алдырып келишкен. Андан тышкары, акындарды, аспапчыларды чакыртышып, алардын талант дараметин кошокторго пайдаланган.

Атпай журтка белгилүү Шабдан баатырдын, Байзак ажынын, Шамен бийдин сөөгүн коюу аземинде акын Исак Шайбековдун, манасчы Сагымбайдын таланты кошоктордо сыналганы күнү бүгүн айтылып келет. Сагынбай манасчынын кошогу үчүн атайылап жыгачтан бийик мунара курушкан. Мунарага кире бериш жерге килем төшөлүп, кошокчунун астына 4-5 көрпө салынган. Казганактаган көпчүлүк мунараны туулап, кээ бири жалпак отурса, кээ бири жамбаштап, кайсы бири чөгөлөп, арттагылар тикесинен тик туруп, Сагынбайдын кошогуна дит бурушкан. Сагынбай кошогун кошуп жатканда кернейчилер кернейин, сурнайчылар сурнайын тартып, коштоп турушкан. Комузчулардын комузу колтугунда.

Күү залкары Эркесары Бекбасаров 1961-жылы радиого күү жаздырып жатып: Кетмен-Төбөлүк Жолой комузчунун «Катындардын кошогу» деген күүсүн чертип, анын соңунан:

«Каркылдап учкан каз өрдөк,
Кайрылып келип көл сактар.
Кайраным энем жогунда;
Каралдың, кайда барып жан сактар?» –

деп өзүнүн да кошок күүсүн үн тасмага калтырып кеткен.

Элдик кошок өнөрүнүн таасири чыгармачыл адамдарды чыйралтып, кээде ага дем берсе, кээде күлүктү таптагандай жем берген. Бейиши болгур, обончулардын чыгааны Рыспай Абдыкадыровдун айтканы эске түшөт: «Атамды ажал алып кеткенде бир жарым гана жашта экемин. Беш баласы менен апам чыркырап Мазар-Дөбөгө чейин ыйлап келиптир. Апам анда бар болгону 37 жашта.

Кашкардан келген буурул ат,
Таманы ташка туурулат.
Беш жетимдин айынан,
Заманам жаман куурулат.
Боз торгой жүнүм тарасын,
Сизден калган беш жетим,
Атаны арман дүйнө,
Кимдин көзүн карасын?!. –

деп эртели-кеч үшкүрүгү таш жарып, боздоп, кошогун созо берүүчү. Ага кошулуп, ошол саптарды жат айтып, биз да ыйлачубуз. Менин ырларымдын кийин муңдуу болуп калышы, балким, апамдын сөөккө жеткен кошогунун таасиринендир?.. Мажордук ыр жаратайын деп жакшы эле далбас урам. Болбойт. Түз баратып минордук тональноско түшүп кетет».

Ырас, кошокко өң-түс берип турган анын өзүнө гана таандык муңдуу минордук ритми башка чыгармалардан айырмалап турат.

О дүйнө салган жаранды узатуу «аземинде», албетте, боз үйлөр тигилет. Сыртта узатууга келген адамдар, кары-жаш дебей өз милдетин өтөй бермек. Өкүрүп түшүү, аны коштоо… үй ичинде кошок кошуу… Дагы эмне керек? Кыргыз баласы үчүн комуз күүлөрү: «Сынган бугу», «Көкөй Кести», «Кыргыз көчү», «Дүйнө»… не деген керемет кайрыктар?.. Үй сыртында үн.

Тасмадан үзбөй жаңырык салып, ичте кошоктор коштоп турса... ага арбак да ыраазы. Андай салттан ак калпак кыргыз калкынын асыл наркы утуш гана алмак. Эзелкиден калган «эсил кайран!» жоктоолорду – кошокторду дагы тереңден талдоо-тастыктоо атайын илимий иликтөөлөрдү талап кылары түшүнүктүү. Кошоктор о дүйнө салган жарандарды узатуудагы жоктоолор менен катар кыз узатуу аземинде да өз милдетин өтөп келген.

## Айжан колуктуга арналган кошок

1906-жылы жумгалдык Кудайберген болуш Ак-Талаалык Касымбекке куда түшөт. Куланактык Касымалы болуш ортого кыпчылып: «Кызыңды мага бересиң!» деп күчкө салат. Касымбек болуш калыстыкка барып: «Эртең менен намаз шамга чейин үйүмдүн кырчоосуна кимиң тогуз тайлак байласаңар, ошонуңар мага куда болосуңар» деген шартын коёт. Касымалы болуш бул шартты теңсинбей керсейип жатып алат. Түн бою тайлактарды издештирип таап, болжогон маалда боз үйдүн кырчоосуна байлаткан Кудайберген болуш кулдугум бар айтып, кудасы менен кучак жайып көрүшөт. Касымалы болуштун кабагына кар жаап, өч алуунун амалын издейт. Тоголок Молдо акынды алдыртып: «Той үстүндө Кудайберген болушту кордоп кызына кошок кошосуң!» деген буйрукту берет. Той болуп, той тамашасынын акырында энелери, жеңелери кошок кошуп кыз узатуу аземи өткөрүлөт. Кезек Тоголок Молдого жетип, колукту Айжандын колтугуна отура калып кошуп жатканы:

Кызым ай!
Атактуу Кемпир баатырдын,
Тукуруна барасың.
Айкөл эмес ага окшоп,
Тукумуна барасың.
Ала көөдөк ачуусу,
Чукулуна барасың... –

деп чымчып Касымалы болуштун тукуруусун таназар албай, акындык насаат аркылуу калыстыка кадам таштайт.

Кызым ай!
Ак соктосу өргө ыккан,
Улуу тоонун бооруна,

Чыккан элге барасың.
Улар кушту колуна,
Туткан элге барасың.
Тобокел «бар – жогуна»
Кутман элге барасың...

Аягында кошок угуп жаткан көпчүлүккө, эки кудага кайрылат:

Беш жүз жылкы айдатып,
Бердиң калың жайнатып.
Куда болуп кадырман,
Келин алдың жай жатып.
Көргөнүмдү мен айттым,
Кызыл тилим сайратып...

Тентек болуш Касымаалы көпчүлүктөн жазганып, акынга кол көтөрө албай ызырынып кала берет. Кудайберген болуш Тоголок Молдонун кошогуна ыраазы болуп, ат мингизип, ардактап узатыптыр.

## Карача мергенге кошок

Илгери Аксынын Көк-Башат деген жайлоосунда Карача мергендин бир үйүр жылкысына жолборс тийген экен. Үйүрдүн айгыры жолборс менен алышып жатып өлүптүр. «Жылкымдын Камбар атасы эле» деп Карача айрыкча айгырына ичи ачышат. Карача жолборстун изи менен калың карагайды аралап кирип кетет. Бир топтон кийин мылтыктын «тарс!» деген добушу угулат. Бакылоочулар жетип барышса, жолборс Карачанын башын жара чайнап салыптыр. Ошентип, Карачаны жерге коёрдо Жеңижок, Токтогул минтип алым – сабакташа кошкон экен:

Жеңижок: Алтын жаак жез капкан,
Айланасы мис капкан.

Токтогул: Аңдып барып атарда,
Кайранды,
Жолборс деген ит капкан.

Жеңижок: Күмүш жаак жез капкан,
Тегереги мис капкан.

Токтогул: Күйүгүп жетип атарда,
Көкжалды,
Жолборс деген ит капкан.

Жеңижок: Булуңдан бугу атчу элең.

Токтогул: Бүт айылды бакчу элең.

Жеңижок: Тектирден теке атчу элең.

Токтогул: О, эсил кайраным!
Тегиз журтун бакчу экен.

Жеңижок: Асмандан,
Ак жибек боолуу куш келет.

Токтогул: Ажалы жеткен пендеге,
Ушундай, армандуу өлүм туш келет.

Жеңижок: Көктөн,
Көк жибек боолуу куш келет.

Токтогул: Көкжал эрдин башына,
Ушундай, күйүттүү өлүм туш келет.

Жеңижок: Бел-Башат деген биздин жер,
Белсенип чыкпайт сендей эр.
Белсенип чыкса сендей эр,
Минтип бекитип коёт кара жер.

Токтогул: Кашка-Суу деген биздин жер,
Кайрылып чыкпайт сендей эр.
Кайрылып чыкса сендей эр,
Минтип, катып бир коёт кара жер.

Жеңижок: Алтындан ээр каш калды,
Артыңда балаң жаш калды.

Токтогул: Күмүштөн ээр каш калды,
Күйүттүү кызың жаш калды.

Жеңижок: Асмандан тийген ай болсун!
Акырет кеткен Карача,
Сенин, жаткан жериң жай болсун!..

(Кошокту Аксы району Кара-Суу кыштагынан 80 жаштагы Урусаалы Шатман уулунан жазып алган Жусупбек уулу Асанбай).

## Бактын кызынын кошогу

Белгилүү илимпоз Сапарбек Закир уулу элдик оозеки чыгармаларды изилдөөдө бир топ эмгек сиңирген. Түштүк жергесинен «Барактын кызынын кошогу», «Ракманжанга кошок» сыяктуу ыр – күүлөрдүн баяндарын жазып алып, басма бетине жарыялган. «Барак баатыр кошогу» окуялуу поэма катары да айтылат. Барак батыр чечек оорусу менен сыркоолоп, жарык дүйнө менен коштошот. Өлгөн баатырдын эрдигин даңазалап, кошокчу аялдар кошуп, ошолордун ичинде Барактын кызы Сайкал көзөгөндөй сөз тапкандыгы менен айырмаланат, атагы элге желдей тарайт.

Жаз жайга оошуп, эл жайлоого көчө баштаган. Барактын урук-туугандары да көч камылгасын жайгарып, төтөлөп көчүп чыгышкан. Кыргыз салтында чоң ашы өткөнчө өлгөндү жоктоп кошок кошуп турушкан. Көч үстүндө көк жоолук чүмкөнүп, көк жоргого минип, көп келиндин алдында Сайкал барат, атасын жоктоп, кошогун созуп. Ошол арада Анарбай, Кошой аттуу болуштар арага түшүп, «кошок угабыз» менен көчтү токтотушкан. «Көч үстүндө эле кошоюн, ээрчий жүрүп уккула» деген кыздын өтүнүчүнө моюбаган болуштарды сөзгө жыкмакка Сайкал кошогун мындайча уланткан:

Өйдөгө чыга оттогон,
Өркөчү бийик кара нар,
Өркөчү толо курт экен.
Өлүмдүү көчтү токтотуп,
Өз билгенин жасаган,
Өрттөнгөн кандай журт экен?!

Капталга чыгып оттогон,
Капталы бийик кара нар,
Капталы толо курт экен.
Каралуу журтту токтотуп,
Каалаганын жасаган,
Кашайгыр, кандай журт экен?!

Агын суудай жошоюн,
Арманым айтып бошоюн.
Бай атам өлгөн мен элем,
Өлүмдү жакшы көрсөңөр,
Экөөңдүн бириң өлүп көр,
Атамдан артык кошоюн.

Сөзгө сынган болуштар көчтүн жолун бошотушат. Көч түшүргөн жерде тай союп, конок алып, кошок кумарын кандырышкан. Сайкал кыз болуштардын сөзүн сүйлөгөн күйөөсүнүн кылыгын кошуп, уялткан экен.

## Курманжан-датка кошоктору

1876-жылы генерал Скобелев Абдылдабек баш болгон Алайлыктар менен катуу кармашат. Кызыл кыргын, кара сүргүн Абдылдабекти тоого сүрүлүүгө аргасыз кылат. Акырында орус генералы Курманжан-датка менен жарашууга барат. Жарашуудан улам Курманжан-даткага полковник даражасын сунуш кылат, «Алай ханышасы» деген наамды кошо жарыялайт. Датка-эненин кеңешин макул тапкан балдары тоодон түшүп келип, болуштук милдетти аркалай башташат. Датканын улуу уулу Абдылдабек Ооганды ашып түшүп, ажылык үчүн Мекеге баратып ара жолдо каза табат. Камчыбек орус бийлиги тарабынан күнөөлөнүп 1895-жылы 2 – мартта Ош шаарында дарга асылат. «Ляппай таксыр» деп, жүгүнүүгө барбаган датканын балдарын орус акимдери алдыртан эсебин табат.

96 жашты аркалап калган датка өлөр алдында: «Мени Камчыбегимдин жанына койгула» деген керээзин айткан экен. Кыргыз элине аттын кашкасындай таанымал академик Адышов Муса Алымбектин урпактарынан. Алымбектен – Абдылдабек, Абдылдабектен – Мырзапаяз, Мырзапаяздан – Абдракман, Абдракмандан – Муса. (Абдракман – кийин эркелеткен Адыш ысмына өткөн).

Курманжан-даткага арналган комуз күүлөрү күнү бүгүн уланууда. Болуш Мадазимов, Шарыйпа Кемелгазиевага улай бул темага кийинки жаш күүчүлөр да кайрылууда. Чырмаш Байтиков черткен «Курманжан даткага» кайрыктар, «Курманжан-датка кошоктору» өз учурунда радио тасмасына жазылбай калганын өкүнүү менен эскеребиз.

«Курманжан-датка кошокторун» 1953-жылы көчүрүп алган элем, – дейт Чырмаш комузчу бир жолку маегибизде. Оштун эски шаар базарынын тушундагы балаканалуу чайкана Курманжан-датканын үйү болгон. Курманжан-датка жагдайында далай-далай айтымдарды, кошокторду өлөңчү чоң атам Уста Жолдоштон, манасчы чоң энем Сейдеден кагазга түшүрүп коюп жүргөн элем»...

## Ботобай ырчынын Курманжанды жоктоосу

Кулады товдон ак кайың,
Кусадар калды сап айыл.
Кайрат болуп жүрбөстөн,
Кайгыртып кеттиң, Даткайым.

Шувдурабай ак шайың,
Шу бойдон калды акчайың.
Шүйшүнттүң далай калкыңды,
Шумкар болуп Даткайым.

Орус, чүрчүт башка айыл,
Овзанган сөзүң ар дайым.
Ооруксунттуң бүт элди,
Олуябыз, Даткайым.

Бап кевейт сизге паттайим,
Башкача майес каттайим.
Баарасынан сараси,
Хан сарайдын, Даткайым.

Анжиянда аттайим,
Аксарайда таттайим,
Асти бири чендебес,
Алимбектин Даткайым.

Көңкү дүйнө шай болсун,
Күмүш кавсар овузу,
Кундатка Сизге жай болсун.

А дүйнөңүз шай болсун,
Ашаганың май болсун,
Алтын ковсар овузу,
Айдатка, Сизге жай болсун.

### Улук кызынын кошогу

Аянбастан салыша,
Арсыз кастар жарыша.
Атамын жетти түбүнө,
Абалкы кегин алыша.
Арга түгөп турганда
Апакем, асылым болгон ханыша.

Коргогон калкын болуп шаа,
Кордолгонго болуша.
Кыйындыгын көрсөтүп,
Кыймырлык-акыл коруша.
Кажыбай кайнап шакардай,
Апакем, кайраныш болгон ханыша.
Түштүк — чыгыш, түн жактын,
Батыш — барлык күн жактын.
Баркына жетип элдешкен
Билип: алыс ким жакшы?
Аялдан эч ким чендебес,
Апакем, ханышасы — миң жактын.

### Кичи келининин кошогу

Кайнатам ишин улаган,
Кантеңир жолун сураган.
Кашкарга кербен узатып,
Кайнекем, кайрыдин колун бураган.

Кыйындан кербен кураган,
Кытмырдын колун бураган.
Кыйырдын салтын улантып,
Кайненем, Кырымдын көөнүн улаган.

Кыйбада (Хива) жибек булаган,
Кыйынсынган кулаган.
Жакшыларды жайгарып,
Кайненем, Жапандын көөнүн улаган.

Кастарга колу курчанган,
Каршыкса жыгып бурдаган.
Калмактын чегин кайтартып,
Кайненем, Кытайдан чегин кулптаган.

Аял эркек дебестен,
Анадай болуп башкарды.
Атпай журт ойлоп тагдырын,
Эжекем, аялдын эле арстаны.
*(Жыйнаган К. Рыскултегин)*

### Тун келининин кошогу

Кайнатам Манас элестей,
Кайненем куду Каныкей.
Керегени камдаган,
Кере карыш кемитпей.
Кыраандарды төрөгөн
Энекем, Кыргызка соолбос кенчтей.

Адамга болгон ак жүрөк,
Ар дайым алга так сүрөп.
Ар күнү турган кубулуп,
Ар намыс сактап элжиреп.
Айылга түгүл Ордого,
Энекем, Аныгы эле Айчүрөк.

Калмактар ашып коргондон,
Кастыгы ташып жовлонгон.
Каары кайнап ошондо,
Карайлатып зорлонгон.
Жаңыл Мырза баатырдай,
Энекем, сактаган элин жовлордон.

Ашып аскар товлордон,
Аралап өтүп зовлордон.
Арамзалар кол салып,
Айла амалы торлонгон.
Алаами кайнап ошондо,
Энекем, Кыз Сайкалдай зорлонгон.

### Сиңдисинин кошогунан

Суктандырган башканы,
Саймалап жазган дастаны.
Овлугуп алып сураган,
Овганыстан жаш ханы.
Олорго такыр сыр бербей,
Эжекем, оймолоп жоюп тапканы.

Ашык кылган жаштарды,
Абайлап жазган дастаны.
Ахвалын дайым сураган,
Арапыстан жаш ханы.

Аларга сырын алдырбай,
Эжекем, ажайып жоуп тапканы.

Оболоп даңкы таш жарды,
Оролдон нары ашканы.
Огун атпай токтотуп,
Орустардын жаш ханы.
Эжекеми ойлонткон,
Оромо кат жазганы.

Кыйырдан даңкы ашканы,
Кырааттан жазган дастаны.
Кытмырланып кат берген,
Кызыгып Кытай жаш ханы.
Кыргыздын ойлоп тагдырын,
Эжекем, кыйытып айткан башканы.

Ааламдан даңкы ашканы,
Акындар жазган дастаны.[58]

## Беш көкүлдүн кошогу

Абдылдабектин «Арман керээзине» байкоос салган окурман

«Сагынып-сагынып дуба айтың,
Бешкөкүл калган жарыма» —

деген саптарга карамыктабай койбос. Бешкөкүл деген ким? Эл оозунда калган Бешкөкүлдүн кошогунун төркүнү каякта? Абдылдабектин Саткын деген аялынан Мырзапаяз, Мусурманкул деген эки уул болгон. 1873-жылдын коогалаңында Кара-Кулжадагы бөрүлүк Сулайманбий Курманжан-датканын жайлоосуна канатташ Кызыл-Белесте эле. Сулаймандын Бешкөкүл аттуу жамакчы, кошокчу, Алайдан ары Куршапка таанымал татынакай кызы болгон. Акындар менен айтыша коюп атагы алыска тарай баштаган.

Жылдызы жанган тектүү жердин кызы менен таанышуу Абдылдабекти таасирлентпей койгон эмес. Акырында сөз бекитип кызды аялдыкка алмак да болот. Мындай бүтүмдү Абдылдабектин курбалдаштары да кубаттап, Бешкөкүлдүн макулдугу боюнча жашыруун никелешүүгө жетишет. Ачык той өткөрөөрдө 1847-жылкы опурталдуу окуялар башталып кетип, үйлөнүү салтанаты

58 Курманжан датканы жоктоо.// *Мурас*. 1991. №3. Жыйнаган Калмурат Рыскул тегин.

кийинкиге жылдырылат. Бул иш Абдылдабектин сөөгү Жошолуга алып келингенден кийин көпчүлүккө дайын болот. Датканын руксаты боюнча Бешкөкүлгө да чабаган жөнөтүлөт. Бешкөкүлдүн энесинин акылы менен атасы Сулайманга болгон ишти түшүндүрүшөт. Бий алгач абдаарый түшүп, акыры байбичесинин жүйөөсүнө көнөт. Бешкөкүлдү кошо алып, кыргыздын куда сөөктүк салты менен Жошолуга барып түшүшөт.

Бешкөкүл ата салтын сыйлап, Абдылдабектин арбагын сыйлап, үч жыл үстүнөн көк көйнөгүн чечпей кошоктун улам жаңысын которуштуруп, күн дебей – түн дебей үн чыгарып, аза күткөн. Ошол кошоктордон элдин эсинде калгандары:

Хан атамдын тун уулу,
Хан ордо басчу кулуну.
Кайрылып калды канатың,
Кантип бир айтам муңуму.
Туу болуп тууган журтуна,
Туйгунум турса булкуна
Туугандан чыккан кара өзгөй,
Тумоо бир салган бутуна.
Асканын оозу жабылып,
Арстаным турса чамынып.
Арамдык кылган көк өтүк,
Арадан душман табылып.
Бат атар арттан атылып,
Баатырлар каны чачылып.
Бекзатым кеттиң аргасыз,
Бет келе албай качырып…

Кийин Бөрүнүн аттуу-баштуулары «кызыбызга руксат бергиле» деп даткага кайрылышат. Мындай келинди колдон чыгарса ишибиз оңобу деген датка айым Бешкөкүлдү экинчи уулу Батырбекке нике кыйдырган. Бешкөкүл бир уул төрөп, анысы өлүп калып, туяксыз өткөн.

## Акшербеттин атасы Бүргө баатырга кошок

XVIII кылымдын II жарымында Фергана Анжыян тарапты жердеген кыргыздын Жанкушчу уруусунан Кубат бий деген чыгат. Мерке, Таласты жердеген кушчу уруусунан Бүргө Итим уулу

тайманбас баатыр чыгып, кабары кыргыз-казактан ашып, тыягы Кокон, Кытайга чейин жетет. Бүргөнүн атасы Итим бий кыргыз жеринен калмактар кача баштаганда Талас элин Анжыян тараптан баштап келип, өз конушуна кондурган. Бүргө атадан 8 жашында калат. 12 жашында 40 жолдош күтүп, 14 жашында эл оозуна алынат, Бүргө баатыр аталат.

Аталаш туугандары Кангелди бий Бүргөнүн жакшы чыгып келатканын көрө албай, эптеп бир шылтоо таап, жүрөк үшүн алып коюуну көздөйт да чычырканакка бөлөп сабатат. Бирок, табиятынан зээндүү, эр жүрөк жаралган жаш баатыр төөчө чөгүп отуруп калбайт. Элге аралашат, жанына өз талапкерлерин топтоп, топ ичинде болот. 16 жашында жамы журтунун кашында ишенимге ээ болуп, бий шайланат. Калыстыгы, эл журтуна кайрымдуулугу кадыр-баркын ого бетер көкөлөтөт. 17 жашында Тараз шаарына кан көтөрүлөт. Мына – ушундан баштап «Каранын каны кан Бүргө» аталат. Ошол арада Кубатбек бий менен Бүргө баатыр бирин-бири түшүнүп, «эр чекишпей бекишпейт» сыңары, акырында кудачылык карым-катыш үчүн кол кармашат.

– Сени менен дос болом же куда болом, жөн жатпайм, – дейт Кубатбек.

– Куда достон артык. Кыз берсең уулум, келин алсаң кызым бар, – дейт Бүргө.

– Андай болсо, башынан айып менден кетти. Сен кыз бер, калың менен кошо айыбымдан кутулайын – дегенде, бул сунушту Бүргө кабыл алып, Шербет деген кызын Кубатбектин Агышайбек деген уулуна бермеке кол алышып убадалашат.

Бул убакта Кокон ордосунда Бүргөгө кекенген Кокон ханы: «Ким Бүргөнү өлтүрсө, башынан ылдый дилде куям» – деп жарлык кылат. Соңунан албарс устарасын ууга сугарып, аны койнуна катып бир шумпай Бүргөнүн айлына келет. Арадан он чакты жыл өтөт.

Өсүп кеткен чачын жанагы жансыз шыпыра коюп, көздөн кайым жоголот. Жылдыз толо Бүргө жан берет. Казак-кыргыз, оң-сол эли чогулуп, сөөгү Меркенин этегине коюлат.

Хан атамдын башына,
Устарадан уу тамды,
Уу тамганда шыр тамды.
Аманат жанын мүрт алды.
Кылыч тийсе жаралап,
Кый сүбөөсүн аралап.

Бакпайт белек баарылап,
Албайт белек дарылап.
Найза тийсе жаралап,
Ай-далысын аралап,
Бакпайт белек баарылап,
Албайт белек дарылап.
Канкордун кылган ишинен,
Капилет кеттиң кан атам.
Кан атам сапар кеткен соң,
Кашкайган бетим канатам.

Солто Канай Бүргө өлгөндө кечигип келет. Шербет оң карап отуруп алып, Канайларга кайрылып айтканы:

Карагайдын как бутак,
Кайрып алган кан атам.
Сарбагыштан Солтону,
Айрып алган кан атам.
Долононун бир бутак,
Толгоп алган кан атам.
Доодо калган солтону,
Коргоп калган кан атам.
Канайдан каруу кеткенде,
Эшкожо эстен кеткенде.
Акыл берген кан атам,
Алар менин эсимде...

Канай: «Кой эми айланайын, балам. Айылда Бакы бий кайтыш болуп, кечигибирээк келгеним ошондон» деп кутулган экен.

Акшербеттин атасына кошкон кошогунун уландысы:

Өрүшүнө мал толгон,
Өзөнүнө дан толгон.
Мындай ишти козгогон,
Атамдан башка ким болгон?
Арыгын мыктап чаптырган,
Элине аштык бактырган.
Кенен Мерке талаасын,
Керемет кылып ачтырган.
Түштүк – түндүк кыргызды,
Бирлештирген кан атам.

Бир бирине курч байлап,
Ширештирген кан атам.
Эрдигине бап келип,
Кек сактабас эр болгон.
Калың кыргыз журтуна,
Калыстык менен тең болгон.
Атакемдин эрдиги,
Ата журт үчүн чеп коргон.
Акылмандан бар бекен,
Атакеме тең болгон.
Жанына кылыч байланган,
Жамы журт үчүн шайланган.
Кытайга чейин жоо сайып,
Кыргызы үчүн чеп болчу,
Аскар тоо сымал калдайган.
Кытайдан кызыл таш алган,
Кыргызга «баатыр» атанган.
Кыйыгына тийбеске,
Кыйынсынгандар жалтанган.
Кокондун ханын козгогон,
Кокуйлап ал да боздогон.
Эсине келип акыры,
Экинчи алдын тоспогон.
Казак менен катташкан,
Кыяматтык антташкан.
Сыпатай менен сырдашкан,
Урматташып сыйлашкан,
Сыпатайдын эл-журтун,
Көчүрүп алган кыйбастан.
*(Сагынбек Бекназар уулу)*

Акшербеттин акындык, кошокчулук өнөрү атпай журтка тарайт. Атактуу манасчы Балыкооз Акшербеттин кошогун угуп, жогору баа берет. Күндөрдүн биринде Байтик баатырдын агасы Жангарач:

— Жаактууга жай бербес ырчылык өнөр сени менен бүтпөсө экен? — деген суроосуна:

— Оу, кайсыны айтасың, баатыр. Мынабу Таласта кушчу элинин Бүргө баатырынан Акшербет деген кыз чыкты. Ошонун кошогун бир угуңузчу, — деп кеңеш берген. Айткандай Балыкооз, Жанкарач эл жакшылары барып, Акшербетти коштургандан кийин:

«Акшербеттин сөзү – атпай кыргыздын акындык өнөрүнүн өзү» – деген баамга келишкен.

Күндөрдүн бирinde тоо кыркалай көч, алдында шаңкайып Акшербет өтүп баратат. Эриккен жигиттер: «Шербет сулуу, кошогуңду кошуп койбойсуңбу» деп суранышат. Убай-чубай тар жолдо келаткан көч шыкала түшөт. Ошондо Акшербет:

Хан атасы өлгөн мен белем,
Хандын жолун торогон,
Кандай бейбаш неме элең?
Бек акеси өлгөн мен белем,
Бектин жолун торогон,
Кандай чунак неме элең?!
Акжыгач боорун жошоюн
Сонун көрсөң жигиттер,
Бирөөң өлчү кошоюн! –

деп кошогун созуп жатканда сулуудан сүрдөй түшкөн жигиттер жол бошотуп чыга беришкен.[59]

## Балбакка Акбалтырдын кошогу

«Мүнүшкөр», «Кара Шумкар», «Саяпкерлер» сыяктуу китептердин автору Сардарбек Рыскул уулу менен чыгармачылык ымалабыз жакын эле. Кайтыш болуп кетти, бейиши болгур. 1994-жылы 16-февралда күндөп-түндөп, чер жазып, маектешип, Чыныбай манап, Кудайберген комузчу, Самсаалы күүчү ж.б. тарыхый  инсандар тууралуу көп материалдарды үн тасмага жазып алган элем. Сакем маркумду эскере отуруп, «Балбакка аялы Акбалтырдын кошогун» кошок күүлөр бөлүмүнө кыстара кетүүнү эп көрдүм. Сардарбек баянында Балбактын тагдыры жымсалдалбай, болгонун болгондой айтканын жактырып калгам. Окурмандарга ошонусу артыктыр. Ал «Акбалтырдын кошогун» Самсаалы комузчунун чертүүсүндө уккан экен. Балбак – Шамендин уулу Байтеректин баласы. Чоң атасы Шамендин колунда чоңойгон. Шамен бугу-сарбагыштын ажатын ачкан, Коконго элчи болуп барган, акылман адам болгон. Байтерек болуш шайланып, болуп-толуп турганда аялын (Балбактын энесин) оозуна бир кап туз бастырып, тузду койго талатып өлтүрткөн экен. Баланы да уруп-

59 К. Жусупов, Э. Кылычев. Аялзатка таазим. – Б., 1996. 48-57-беттер.

согуп күн көрсөтпөй койгондо чоң атасы Шамен алып кетиптир. Кийин Балбак атасы Байтеректен болуштукту тартып алат.

Күндөрдүн биринде көп кыздар айттап, айылчылап жүрүп, аркы айылга өтмөк болушат. Ортодо шаркырап аккан суу бар. Кыздар кепич, маасылары менен сууга киргенде, бир кыз төмөнтөн сайроон издеп, бутун чечип, көйнөгүн белине чейин түрүнүп, ууздай ак балтырын кылактатып, суудан аркы өйүзгө кургак чыгат. Муну Балбак баштап, жигиттер байкоос алып турушкан. Көп өтпөй, Кедейдин кызы экендигине карабастан жуучу салып үйлөнүп алган. Суудан кечип өткөндөн баштап өз аты унутулуп, кыз Акбалтыр аталып кеткен эле. Акбалтыр акылы, кыял-жоругу, жөн-билгилиги менен бат эле аймака таанылат. Көкөтөй чечендин көрөсөн сынынан өткөндүгү да атагын асмандатып жиберген.

Балбак киши колдуу о дүйнө салганда Акбалтыр ары карап кырк күн тынбай кошок кошкон экен. Чыныгы кошок эч качан турмуштан четтеп кеткен эмес. Түз маанисиндеби, кыйытып айтабы, өткөн ишке өкүнүчүн билдирип, ошол эле учурда турмуш чындыгына тууралап айтылат. Балбак ким? Анын ажал табышына эмне себеп? Молдо кылычтын атасы Шамыркан – Төрөгелдинин улуу байбичеси Ботокөздүн тун уулу. Төрөгелдинин неберелери Өтөмбай, Табыш, Балбак менен бийлик тизгинин талаша чыккан. Балбак Табышты Сибирге айдаткандан кийин Төрөгелди тукуму бийликтен кол үзгөн».[60]

«Шабдан Нарындан келатып Балбакка конок айттырат. Анда Балбак: мага конок айттырчу кыргызда 3 гана киши бар: Солтодон – Кара Байтик, Сарбагыштан – Чоко, Чериктен – Чыныбай» – деп, басып кеткен экен.

Бишкекте чоң топ болот... Балбак Кула кашкасын алкынтып келатып тестиер бала кармап турган Шабдандын Карала тулпарын көрө сала: «Шабдан чыгып келсе бириң да салам бербегиле!» деп жигиттерине буюрат... Бишкектеги топ аяктары менен Шабдан Ташкен, Кокондогу өзбек агайындарга конокко баратып, Балбакты өзү менен кошо ээрчите жөнөйт. Шабдан барган шаарлардын көпөстөрү кезек күтүп, конок алат. Ошончо күндөрдүн ичинде бир да бирөө «бул кимиңиз болот?» деп сурап, Балбакка көңүл бурбаптыр. Сый-урмат менен өзбек туугандар атайылап жасалгаланган каретада Шабданды Токмокко дейре узатып

60 Саманчин Тазабек. Кылыч жазуучу-акын// Ала-Тоо. 1989. №8.

келгенде да эч кимиси коштошуу белгиси катары Балбакка колун сунбаптыр...» (Абдыхалил Молдалы уулунун эскерүүсүнөн).

«Балбак сарбагыштардын чоң манабы Байтеректин урпактарынан. Орустар келгенден кийин болуш болгон. Тууғандарына да, элге да мээрими жок, өтө каат чыгат. Эрегиштен улам жакын эле туугандары мууздап, корумдап көөмп коюшкан экен. Сөөгү табылгандан кийин өкмөттүн кишиси эмеспи, орус бийлигинин кийлигишүүсү менен 20 адамды күнөөлүү деп таап, Сибирге айдатып жиберишкен».

*(Зияш Бектен уулунун эскерүүсүнөн)*

**Акбалтырдын дагы кошогу**

Чылбырың колго ородум,
Чыңырып жолуң тородум.
Мурунтан билип жүргөмүн,
Бир балакет болорун
Айтпадым көргөн түшүмдү,
Жамандыкка кыйбадым,
Жанымдай көргөн кишимди.
Артыңдан чуркап ыйладым,
Жаш төрөм,
Азапка салып кыйнадың.
«Атама акыл сал» дедим,
«Андан кийин бар» дедим,
– Ал алжыган чал – дедиң.
Айтуучу эле атакем:
«Абайла» деген кеңешти.
Айланайын атамдын,
Ар бир сөзү бир батман,
Алтындан кымбат эмеспи.
Өткүр элең, курч элең,
Өзгөлөрдү көзгө илбей,
Өз билгениң кылчу элең.
Ошонуң түпкө жеттиго?
Жаш төрөм, өзүңдөн дагы кеттиго?!
Темир, Болот элиңди,
Тегеретип билчү элең.
Ысык-Көл, Кең Чүй, Кеминди,
«Мен билем» деп жүрчү элең.

Айттырбай сөзүн мокотуп,
Ар мыктыны сүрчү элең.
Топ башкарып бийлеген,
Торгойдой таңшып сүйлөгөн.
Карай албай жүзүңдү,
Кан Чыныбай сүрдөгөн.
Атагың кетип алыска,
Жарасам дедиң намыска.
Ат арытып жол тарттың,
Алматыга барышка.
Аракетиң күч эле,
Шабдандын ордун алышка.
Улуктун үйүн толтурдуң,
Суусар, илбирс, калтарга.
Бирок, улугуң күчү жетпеди,
Баатыр Шабдан залкарга.
Заманам менин куурулду,
Сары суу басты муунумду.
Зар какшасам ким угат,
Зарланган арман муңумду.
Артыңда бала калган жок,
Жаш төрөм,
Ак казыгың суурулду.
Кырк жигит тандап жыйнадың,
Кырк кара атты мингизип
Кыркына тиктим кийимди,
Кыл торкодон кийгизип.
Кыйыны болсо дегеним,
Жаш төрөм,
Кыйлага даңкың билгизип.
Жакшыдан жалгыз иргелген,
Жакшы элең элге бир келген.
Жаздык бекен Кудайга,
Жаза тайып бир жерден?
Арам өлгөн күрөң ат,
Аласалып кеткенде,
Артыңдан куугун жеткенде.
Ак – карага карабай,
Арбак урган Алишер,

Алкымдан алып мууздап,
Төрөмө,
Кантип колу барды экен?!
Кангандыр эми табасы,
Басылгандыр санаасы?
Ошончодон, жаш төрөм,
Туугандан көрдүң карачы?...

## Шабданга кошок

Шабдан баатыр 1912-жылы 6-апрелде (жума күнү) 73 жаш курагында дүйнөдөн кайткан. Баатыр таңга маал жан берген. Чабармандар чапкылап, ашуулардан ат алмаштыра Алматы, Чүй, Ысык-Көл, Талас тарапка «Баатыр Шабдан дүйнө салды!» деген кабарды жеткиришкен.

Сөөктү коюу, кара ашын өткөрүү аземи болуп, үн алышкан кошоктор басылбай маркумду жоктоп жатышты. Эл оозунда калган, Шабданга арналган кошоктордун бири:

Барбай адам калабы,
Бадышалар баргандан?
Бары жоктун атасы –
Бадышаң көчтү жалгандан.
Эшитип журтум кулак сал:
Элет журттун атасы –
Болжоп бир адам билеби,
Мүрүңө конгон чениңди?
Боздотуп каран таштадың,
Богорстон, Койлон элиңди.
«Акбадыша келет деп,
Салындың бото чениңди.
Зарлантып таштап сен кеттиң,
Сарбагыш, бугу элиңди.
Кара коргон бузулуп,
Таш жыгылды кыргыздан.
Кара кыргыз атасы,
Кан жыгылды кыргыздан.
Караңгынын жарыгы,
Шам жыгылды кыргыздан.
Карыя келсе май берген,

Карды ачканда чай берген,
Календерге тай берген,
Жетимдерге нан берген,
Жетпегенге мал берген,
Бай жыгылды кыргыздан.
Жер жүзүнө тең тийген,
Ай жыгылды кыргыздан.
Күлүгүң чыгып күндө алган,
Күндө чыгып жүздү алган,
Күлүстөн ажым Сизди алган,
Күйгүзөт тура, шум жалган!
Боролдой, Кемин жер жатты.
Богорстон, Койлон, Кылжырды
Боздотуп о, Шабдан, эр жатты...[61] [62] [63]

## Байзак ажыга кошок

Жумгалдык белгилүү инсан Байзак ажы 1914-жылы 87 жашында дүйнө салды. Ажынын сөөгү атайылап жасалгаланган табытка оролуп, атайылап тигилген ак өргөөгө киргизилди. Сегизден кызыл чок (айыл кайтаруучулар) кезмек менен күзөткө турушту. Үйдүн тушунда башын кызыл жоолук менен бууган 42 бала өкүрүк салып, мындайыраак тигилген үйдө келин-кыздар, аялдар ажыны жоктоп кошок кошушту. Ошол кошоктон бир шиңгил:

Чаар музоо, Көгарт, Бозбармак,
Жериң калды кан ата,
Кулжа, Текес, Үрүмчү,
Чегиң калды, кан ата.
Ажы атанын барында,
Орустан ооп эл келген.
Орундуу атам адил деп,
Орустар алтын чен берген.
Каралашып карыпка,
Катын алып мал берген.
Асмандын көркү абада,
Айланып учкан күү эле.

61 Шабданга кошок // Кыргызстан маданияты. 1990, 22-ноябрь.
62 Шабдан баатыр //Учкун. («Ала-Тоо» журналынын тиркемеси). 1992
63 // Ала-Тоо. 1991. №1.

Алты болуш элине
Асмандын көркү абада,
Алты болуш элине.
Кан ата,
Алтындан сайган туу эле.
Көктүн көркү абада,
Көкөлөп учкан куу эле.
Көңкү болуш элине,
Кан ата,
Күмүштөн сайган туу эле.
Кара-Кече, Боз-Коргон,
Жериң калды, ажы ата.
Кайгырып ыйлап көп саяк,
Элиң калды ажы ата.
Кан ата, алтындан кылган чен калды,
Кан ата, айтылуу саяк эл калды.
Кан ата, күмүштөн кылган чен калды,
Кан ата, күрдөөлдүү саяк эл калды...»[64]

## Кыдыр акеге кошок

Дөөлөтү, сөөлөтүнө жараша кеменгерлиги, калыстыгы менен ардактуу «аке» деген атка татыктуу болгон Байсары уулу Кыдырды мындайча кошкон:

Күнчүлүк сапар жол жүрсө,
Атабыз, күлүгүнө жем берген.
Күйүмдүү болуп элине,
Күбүрнадыр жактырып,
Күмүштөн медаль чен берген.

Айчылык сапар жол жүрсө,
Атабыз, аргымагына жем берген.
Алымдуу болуп элине,
Алсызга кайрат, дем берген.
Акпадыша да жактырып,
Алтындан медаль чен берген.

Ак шумкар салган элебей,
Арсыздарга теңелбей.

64 Байзак баатыр баяны // Ала-Тоо. 1994. № 1.

А дүйнө салган атабыз,
Акылман эле ченебей.

Көк туйгун салган элебей,
Атабыз, көөдөктөргө теңелбей.
О дүйнө салган атабыз,
Көк туйгун салган элебей,
Атабыз, көөдөктөргө теңелбей.
О дүйнө салган атабыз,
Олуя эле ченебей.

Ак суунун башы желдеди,
Ак аркар тууп төлдөдү.
Атаны кокуй, арман күн,
Эми, аялдар туубас сиздейди.

Улуу тоо башы желдеди,
Улары учпай делдейди.
Эсил, кайран атакем,
Эми, ургаачы туубас сиздейди.[65]

## Байтик баатырга кошок

Байтик баатыр өлгөндө, 1886-жылы 5-мартта, кырк бир жигитке көк кемсел кийгизип, баштарына көк селде ороп өкүртүп коюшкан. Турап-сурнайчы сурнай тартып, өкүрүк басылганда Найман ырчы көңүл айтып, ал басылар замат кыз-келиндер кошуп турушкан. (Белек Солтоноев).

Канайдын эр Байтиги өлгөн күнү
Керме-Тоо кадимкедей термелген.
Кулагы уккандардан бири калбай,
Кыргыздын кыйырынан эл келген дейт.

Кийишип кырк бир жигит көпкөк кийим,
Кыйкырып өкүргөн дейт курчап үйүн.
Миңдеген келген элдин алдын тосуп,
Муңканып тартып турган сурнай үнүн.

Аскалуу тоонун шумкары,
Ааламга маалым учканы.

65 К. Күмүшалиев. Кыдыр аке. – Б., 1993. 86-88-беттер.

Атагы чыккан эр Байтик,
Адамдын эле султаны.
Акырет жайга кетти эми
Артында калып бүт баары.
Керме-Тоонунун шумкары
Кезеги келди учканы.
Канайдын уулу эр Байтик,
Калкымдын эле султаны.
Көрүнбөс жайга кетти эми,
Көчөдө калып бүт баары.

Көк аска тоонун бооруна,
Көктөгү шумкар түнөгөн.
Карааны болуп солтонун,
Кактырбай келген бирөөдөн.

Аскалуу тоонун бооруна,
Алгыр шумкар түнөгөн.
Алпечтеген элин солтонун,
Атасындай кам көрүп,
Алдыга бирден сүрөгөн.

Башчы болуп элине,
Байтик көрдү кыйланы.
Бирөө-жарым баш бакса,
Боло берчү сый жагы.
Бейиштен алып орунду,
Жолдош болсун ыйманы.[66]

## Чыныбай манапка кошок

Санжырачы Сардарбек Рыскул уулунун эскерүүсүнөн жана композиторлор бирлигинде жазылып алынган кошоктордон.

Кадимки бугу уруусунда атагы таш жарган Тилекмат манаптын уулу Чыныбай жашынан мыкты чыккан. Көлдүктөр аны «кулдун тукуму» дешкен, анын жөнү бар: Какшаалдын берки тарабында Ак-Сайда черик Боорсок бий, аркы тарабында көлдүк Бирназар бий жайлачу. Булар кудалашып, Боорсок бийдин кызын Бирназар бийдин уулу алат. Салт боюнча кыздын себин берүү керек. Боорсок бий байбичесинин үйүндө кызмат кылып жүргөн келинди

66 Абдылашым Ысмайыл уулу. Байтик баатыр баяны. – Б., 1996. 170-174-беттер.

кошуп кудаларын узатат. Окуянын башы мындай экен. Күндөрдүн биринде эмчектеги баласын көтөргөн жаш келин Боорсок бийдин жылкычыларына кезигет.

– Аркы өйүздөгү чериктердин кызы элем. Барган жерим менен батыша албай калганымдан атамдыкына келаттым эле, – дейт келин амал менен Боорсок бийди «ата» кылып. «Бийдин кызын» жылкычылар жылуу кабыл алышып, келинди суудан кечирип баратканда ат мүдүрүлүп, бала бешиги менен сууга кетет. Келин ботодой боздоп, болгон ишти Боорсок бийдин байбичесине түшүндүрөт.

– Кокуй, кайра чапкыла, бешик балким сайроонго чыгып калгандыр. Баланын сөөгүн алып келип, келиндин көз жашын тыйгыла, – дейт Боорсок бий.

Жылкычылар кайра чаап издеп келишсе, бешик суу жээгинде ийримде калкып турган экен. Бала аман-эсен. Кыз себине келген келин эми Бирназар бийдикинде кала берет. Бала мал менен өсүп, чыйрак чоңоёт. Күлүктөрдү минип, дайыма жылкы четинде жүргөндүктөн ал Жылкайдар аталып кеткен. Жылкайдардан айтылуу Тилекмат, андан – Чыныбай манап. Чыныбайга тийишкендер «сен кулдун тукумусуң» дегени ошондон. Чыныбай «Чыныбай» болуп турган чагында Бишкекке топко келип, Байтик баатырдыкына мейманчылап түшүп калат. Отурушта Өтөмбай болуш Чыныбайга кыйыта:

– Бу жерде өңчөй мыктылар отурасыңар, четтен жети атаңарды санап сармерден айтып чыккылачы, – деп калат. Кезек Чыныбайга жеткенде:

– Жаман жети атадан жакшы эки ата өтөр, аны кубалап эмне кыласыңар? – деп кутулуп кетет.

Чыныбайдын Шааркан аттуу кызын айтылуу Төрөгелди баатырдын небереси, чоң комузчу Кудайберген алган. Экинчи кызы Аяткан уругу Азык Кочкорлук Дегенбайдын уулу Байганага чыккан. Шааркандан Күмөн деген баласы кулакка тартылып, жок болду.

Мен, – дейт Сардарбек аксакал, – Аяткандын кызынан төрөлүпмүн, Чыныбайдын жээни болуп кетет экенбиз Абайылданын тукумдары Төрөгелди, Өтөмбайлар бир атанын балдарыбыз. Чыныбай өлгөндө бир күндө жетчү унаа жок, энебиз бир ай чамасында кечигип барат. Кудачылык жол менен жакшы тосуп алышат. Чыныбайдын кыздары баары мыкты кошокчулардан

болушкан. Кошок угабыз дешкендер аттуу-жөөлүү болуп, Шалбаа айлына келишет. Үйдүн туурдугун түрүп коюшуп, боз үйдү тегеректей отурушуп Чыныбайдын кыздарынын, аялдарынын кошогун угушат. «Угармандардын арасында Чыныбайдын кыздары: Аяткан, Шааркандар Чыныбай менен мансап талашкандар, бийлик таймашынын атаандаштары, эл билермандары аз эмес эле. Ошолор уксун деп кошкон экен. «Таенемдин атасына кошкон кошогун жаштык кылып, өз оозунан жазып албаптырмын, же эсиме сактай алсам эмне?!» деп Сардарбектин өкүнгөнү бар. Аны мындай коё туралы да Чыныбайдын кыздарынын кошогун 1922-жылы фольклор жыйноочу Абдрахман уулу Ыбырай эл оозунан жазып алып, Кыргыз илимдер академиясынын кол жазмалар бөлүмүнө өткөргөн экен. Окурмандарга ошол кошокту сунуштайлы:

**Биринчи кызынын кошогу**

Кан ата, адырда жатат көп кийик,
Ак бараӊ атпай бөлүнбөйт.
Алты сан журтуӊ баш кошсо,
Асылым атам көрүнбөйт.
Кан ата, күдүрдө жатат көп кийик,
Көк бараӊ атпай бөлүнбөйт.
Күлдү журтуӊ баш кошсо,
Күлүстөн атам көрүнбөйт.

Адырдан аркар чураса,
Аӊдыган мерген тоспойбу?
Ак сарай үйдөн чуу чыгат.
Асыл атам өлгөн бейм?
Артында калган кыздары,
«Атакелеп» кошпойбу?

Күдүрдөн аркар чураса,
Көздөгөн мерген тоспойбу?
Көк сарай үйдөн чуу чыгат.
Күлүстөн атам өлгөн бейм?
Көтүндө калган кыздары,
Көз жашын төгүп кошпойбу?

Ай чалбас кызыл белестен,
Ак жолборс качты – тосолук.
Ак жолборстой чамынып,

Атакем, дүйнө салды окшойт,
Атагын айтып кошолук.

Көк чалбас кызыл белестен,
Көк жолборс качты — тосолук.
Көк жолборстой чамынып,
Канатам, дүйнө салды окшойт,
Кабырын айтып кошолук.

**Экинчи кыздын кошогу**

Аңыз кылып алмакка,
Абаз кылып бермекке,
Кан атам, Алайдан коён издеткен.
Акимдигин тутканда,
Ак жарманке сыязда,
Жантайдын уулу Шабданды,
Кан атам, ак буурадай зилдеткен.

Кан атамдын,
Өрүгү бышкан багында,
Өрүгү бышпай багында,
Өзөрүп жаткан ким экен?...
Кан атама,
Өзбек бай кылган кошамат,
Өзүнүн тирүү чагында.
Кан атамдын,
Алмасы бышкан багында,
Алмасы бышпай багында,
Адашып жүргөн ким экен?
Кан атама,
Эр Байтик айткан кошомат,
Көзүнүн тирүү чагында.

Кан атамдын,
Шабдалы бышкан багында,
Шабдалы бышпай багында,
Шалдырап жаткан ким экен?!.
Кан атама,
Кан Шабдан айткан кошомат,
Кан атам көзү барында

Кан атамдын, согону бышкан багында,
Согону бышпай багында,
Солдоюп жаткан ким экен,
Соо саламат чагында?
Кан атама
Солтолор айткан кошомат.

Кашкардан каалап алдырдың,
Кан ата,
Кара кашка коёнду.
Кайгырган менен таппайбыз,
Кан ата, сендей ноёнду,
Кан атамдын кийгени,
Орустан алган чен болгон.
Ал үчүн он болуш Бугу жем болгон.

Күрөөгө тартып эл конгон,
Күмүштөн чачпак тагынып,
Күндөрүң кимден кем болгон?
Ан үчүн, күлдү бугу жем болгон.
Бадалга түшүп эл конгон,
Барча байың тең болгон,
Сенин,
Балдарың кимден кем болгон?
Ан үчүн,
Бардык бугу жем болгон.
Кан атам, күлүгүнө жем берген,
Күлүгүнө жем бербей,
Күрөөгө койгон ким экен?
Кан атама —
Күбүрнаадыр чен берген.

Кан атам, аргымакка жем берген.
Агытып койгон ким экен?
Кан атама, ак падыша чен берген

Кан атам, тобурчак атка жем берген.
Тобурчак атка жем бербей,
Томсортуп койгон ким экен?
Кан атама, тоодой улук чен берген.
Чен бергенде не берген?

Кан атама тогуз урук эл берген
Тогуз арык жер берген.

Ак көрүнбөс багыңа,
Ак кептер учуп кончу эле.
Алтындан курган тагыңа,
Акимдер конок болчу эле.
Кан атам көзү өткөндө,
Акимдер келбейт, эл келбейт.

Күн көрүнбөс багыңа,
Күкүк куш учуп кончу эле.
Күмүштөн курган тагыңа,
Күбүрноор конок болчу эле.
Күлүстөн атам өткөндө,
Күбүрноор турмак эл келбейт...

## Чыныбайдын аялдарынын кошогу

Чыныбай өлгөндө Каракол уездинин эли бүт келип, байлар, төрөлөр башында туруп, кадырлап коюшкан. Чыныбай ошол мезгилдин маданияттуу адамдарынан болгон, себеби ал мезгилде тал, терек, өрүк, алма, карагат, шабдалы тигип пайдалангандар жок эле. Ошондой эле балчелек кармаган. Кашкардан, Тибеттен коён алып келип, бугу-маралды Кырымдан, куландарды казак талаасынан алдырып, багып өстүргөн Чыныбай гана болгон. Чыныбай өлгөндө улуу катыны Телегей кошкон.

### Телегейдин кошогу

Падышам, балчелегин бактырган.
Эгин чөптүн баарысын,
Машине менен чаптырган.

Падышам, бугу марал, уларды,
Бак ичине кондурдуң.
Курдашың Шабдан келгенде.
Сонундукка жесин деп,
Куландын тайын сойдурдуң.

Терегиң менен тал калды,
Челегиң менен бал калды.

Туйгунуң менен каз калды,
Каз баккан Бокош таз калды.

Ирбиттен алдың коёнду,
Издесе бугу таба албайт,
Эми Сиздей оёнду?

Кашкардан алып бактырдың,
Кара кашка коёнду.
Кайдан табат көп бугу,
Кадырман сиздей оёнду?

Ак падыша жиберген,
Алтындуу жака чен калды.
Ала элек дагы не калды?
Алакөз саяк эл калды.
Падышам, артыңда бейбак мен калдым.
Күбүрнаадыр жиберген,
Күмүштөн жака чен калды.
Күрдөөлдүү бугу эл калды.
Падышам, күйүтүң тартып мен калдым.

Ак-Суунун башы Арашан,
Асылым, Чыныбай өлдү падышам.
Чыныбай өлсө кантейин,
Арканда Жоломан калар даанышман.

Жогорку Түргөн салаасы,
Падышам көзү өткөндө,
Кангандыр душман табасы.

Өрдөктү коюп казды аттың,
Өчөгүшкөн душманың,
Өкүмүң менен пастаттың.

Арпа аттын жеми экен,
Аргымак чыгып келгени,
Асылымдын деми экен.

**Айчолпондун кошогу**

Он экиңде торолуп,
Омбуга бардың оролуп,

Туруӊа кондуӊ чоӊ болуп,
Тууганыӊа оӊ болуп.

Адилет такты колуӊда,
Адамдар калды жолуӊда.
Кинегеӊ болуп колуӊда,
Кишилер жетпей жолуӊда.

Тулпарды бактыӊ түлөтүп,
Душманыӊ куудуӊ жүдөтүп.
Кызыл ооз Балтабай,
Кыл чылбырга сүйрөтүп.

Улууну алдыӊ агалап,
Уруулуу журтуӊ сагалап.
Кичүүнү бактыӊ инилеп,

Жигитти бактыӊ кестелеп,
Сарбагыш, саяк манабы,
Туруучу эле «жезделеп».

Алтындан соккон аягыӊ,
Айтпасын кантип саягыӊ.
Күмүштөн соккон аягыӊ,
Күйбөсүн кантип саягыӊ.

Кара көрпө бөркүӊдү,
Кандай айтсам эп келет,
Кара бойдо көркүӊдү?
Адырга чыгат тармал чөп,
Асылдан перзент көрбөгөн,
Айчолпон менде арман көп…

Белеске чыгат тармал чөп,
Беренден перзент калбаган,
Бейбагыӊ менде арман көп.

Бадышам, акырет кеттиӊ келгиӊ жок,
Ак сарай калды белгиӊ жок,
Бадышам, күлүстөн кеттиӊ келгиӊ жок,
Дүйнө күн, калды белгиӊ жок.

Кыл куйрук болду кыягым,
Кыздан болду туягым.

Бадышам, артыңды Кудай оңдосун,
А дүйнө бейиш жолдосун.
Ажал жетсе ким өлбөйт,
Ыйманың болсун жолдошуң.

## Ленинге кошок

Чыгармачыл адамдардын (акындар, ырчылар) салттык «кошоктор» темасына кайрылуусун же аны өркүндөтүүгө болгон дадалатын өлүк үстүнөн гана көрүүгө болот деген түшүнүк жаңылыштыкка жатар. Көзү өтүп кеткендердин бейнесин жаратуу үчүн көркөм сөз каражаттарына (эпитет, метафора, идиома ж.б.) көбүрөөк ынтаа коюп, «кошоктор» жамаатына кол созсок, ага арбактар ыраазы, ата-бабалар адеми өз ыраатын сактай алмак. Кезегинде кыргыз өнөрпоздору Ленинди да жоктоп, ыр созушкан, күүлөр жаратышкан.

### Ленинди угузуу

1924-жылдын январынын аягында Ыйманалы Айдарбек уулу эки киши менен келип калды. Айылдагылар Бообек дегендикине чогулушту. Элдин алдында Ыйманалы сөз сүйлөп, Лениндин өлгөнүн угузду. Ыйлабаган адам жок. Осмонкул домбрасын колуна алып, Лениндин өлгөнүн ыр менен коштоду:

Калкы менен коштошуп,
Кеменгер Ленин өткөн күн.
Айнектей көзү жумулуп,
Арабыздан көчкөн күн.
Кедей менен кембагал,
Кайгырып капа чеккен күн.
Каран түн басып калгандай,
Көзүнөн жашын төккөн күн.[67]

1930-жылдары акын Аалы Токомбаевдин «Ленинди жоктогону», Абылкасым Жутакеевдин «Ленинге кошогу» ооздон-оозго өтүп, күүдө чертилип, обондо ырдалып, элге кеңири тараган.

Алтын тондун жакасын,
Аргымак аттын такасын.

67 Осмонкул. Менин өмүрүм. – Б., 1968. 114-116-беттер.

Айтканда чыгар жазылып,
Ардактуу Ленин капасын.
Кейитип алды табигат
Кедейлердин атасын.

Казак кыргыз кедейи,
Эркинге жетти колубуз.
Алтымыш жашап өлбөгөн,
А дагы биздин шорубуз.
Эстегенде Ленинди,
Эзилет биздин боорубуз...[68]
*(Абылкасым Жутакеев)*

**Ленинди жоктоо**

1924-жылдары Караванда чоң той өткөрүшүп, ага Токтогул да катышат. Конокто отурганда Токтогулдун өнөрү (ырлары, күүлөрү) көпчүлүктү абдан толкундатат. Бир кезде Ленин темасына кайрылып, ый аралаш «Жоктоо» ырын ырдаган экен. Ала-Бука айыл өкмөтүнө караштуу Сары-Талаа кыштагынын тургуну Рысалы уулу Субанкул ырдаган:

Элине жетпей зарланып,
Элсизде жүрдүм айдалып.
Күнүм бүтүп өлбөстөн,
Жериме келдим айланып.

«Айылыма жетсем» деп,
Айдоодо жүрүп боздодум.
Карагайдан комуздун
Күүлөрүнөн козгодум.

Жайы-кышы айдалып,
Жайсызда жүрдүм сандалып.
Кесирдүү ошол замандан,
Куткарды Ленин акылман...

## Сталинге кошок

Искак Раззаков, Болот Мамбетов экөө айыл аралап баратып «ушул жерде бир кыргыз кемпир Сталин өлгөндөн бери күнүгө

68 Кыргыз поэзиясынын антологиясы. I том. – Ф., 1980. 625-626-беттер.

эрте менен аны жоктоп, кадимки кыргыз кошогун кошуп, куран окуйт экен» дегенди угушат да, эмне болсо да биле кетели деп бурулуп калышат. Алардын келатканын кабарлап коюшканбы, кемпир жоолугун чүмкөй салынып, тескери карап, кошогун созот:

А-аа-а-а-и-ий, а-а!
Ааламга иши таанылып а-аа,
О, акылга дыйкан элең а-а!
Калың Совет журтуңа - а,
Кан атам, акылың менен тең элең а-а!
Өөх - хү - үү - ү - ий - й - я - а!

А-аа-а-а-и-и, а-а!
Ажалдын кылган иш экен а-а,
О акирет кеттиң кан атам а-а,
Артыңда калган мен бейбак а,
Ак бетимди канатам, а-а!
Өөх - хү - үү - ү - ий - й - я - а!

А-аа-а-а-и-и, а-а!
Капилет кеттиң дүйнөдөн а-а,
О, калкыңда жоктур күйбөгөн а-а,
Кан ата,
Кадырлап сени сүйбөгөн а-а!
Өөх - хү - үү - ү - ий - й - я - а!

А-аа-а-а-и-и, а-а!
Акылдуу адам кеткен соң а-а,
О акылсыз калат окшойбу а-а?
Амалкөй аксым, зөөкүрлөр - а
Кан атам эми
Алдыга чыгат окшойбу а-а!
Өөх - хү - үү - ү - ий - й - я - а!

А-аа-а-а-и-и, а-а!
О дүйнө жайы чын болсо а-а,
О, жардамга келер жараткан-а,
Жалгыз кудай эш болуп-а,
Кан атам,
Жайыңыз болсун жаннаттан а-а!
Өөх - хү - үү - ү - ий - й - я - а!

Кошогун бүткөрүп, кемпир Сталиндин арбагына арнап куран окуйт. Бата тарткандан кийин Раззаков сурайт:

– Сталинге кандайча куран окуп калдыңыз?

Кемпир:

– Жалгыз уулум бар эле, урушта курман болду. Багар-көрөөрү жок деп пособия чыгарып беришкен. Акча аларым менен «чыз» чыгарып, балама куран окучумун. Кийин пособия келбей калды, балама да куран окуй албай калдым. Арызданып барбаган жерим калбады. Акыры бирөөнүн акылы менен Сталинге кат жазып кайрылдым. Бир ай өтпөй райкүм өзү келип, албаган пособиелеримди кайтарып, кечирим сурады. Көрсө, менин арызым Сталинге жеткен экен. Арыздын четине «ушул кемпирдин пособиесин бербеген адам эл душманы» деп кол коюп, мага пособиени кайтарыптыр. Бир уулум өлсө да экинчи уулум бар эмеспи деп эш тутуп жүрчү элем Сталинге ыраазы болуп. Эми минтип экинчи уулум өлүп, карайлап калганымды айтсаң. Мурун жалгыз уулума куран окуп кошок кошсом, эми экөөнө бирдей өлүк каадасын өтөп, куран окуйм, айланайындар…

*(К. Сактанов)*

## Шаршенге кошок

«Күндөрдүн биринде Осокемдикине барып калсам,

– Кел, уулум, кел! Төргө өт, сейрек келчү болдуң го» – деди Осокем. Ал өткөн-кеткенден кеп салды. Бир топтон соң өзү менен замандаш залкар таланттар жөнүндө айтып берүүсүн өтүндүм.

– Кимди айтып берейин? – деп калды.

– Муратаалы, Карамолдо, Шаршен… баары эле керек. Алды менен Шаршенди айтсаңыз?

– Термечик уулу Шаршен куудул, ал тургай акын эле. Эки кылдуу домбра, комуз да чертчү, обондору да бар. Шакем кара сөздү деле адам укпаган балакет обонго салып ырдоочу. Өнөрүн байкасак, барып турган чоң куудул экен.

– Шакемдин бой-келбетин, өңү-түсүн да айта кетсеңиз, кебете-кешпири адамдан бөлөк эле. Бойлуу, москоол, жоонураак, мурду барбайган, шишимик көз, эки ийнине эки жигит конгондой, саал бука моюн келген кара тору киши эле. Шаршен кырк сегизинде, Атай кырк тогузунда, Муса кырк төртүндө көз жумду.

– Шакеме кошкон кошогуңуз эсиңизде барбы?

— Шаршен өтө шайыр, тамашакөй, алыш-берište убадалуу, шар жүргөн, казан-аштуу киши эле. Сахнага чыгып ойногондо, отургандар боору катып, көзүнөн жашы агып, күлүп отурганы же ыйлап отурганы билинбей ырсая эле беришчү.

Оо, Шакемдин кабарын,
Кыргыз, казак укту эле,
Куудул жакка мыкты эле.
Шакем 60 жашка жеткен жок,
Ал эмес, 50 жаштан өткөн жок,
Шаршен барган жеринде,
Калың элди күлдүргөн,
Өнөрүн элге сүйдүргөн.
Мен Осмонкул агасы,
Шаршен менен бир жүргөм.
Эр-аялды каткыртып,
Эсил кайран Шаршеним,
Ичегисин түйдүргөн, —

деп бир топко чейин коштум эле.[69]

Шаршендин тубаса талантын жан кейиткен дарт да кайтара албады. Эл артисти Аманкул Куттубаев мындайча эскерет: 1942-жылы августта эртемененки саат 10 ченде: «Шаршендин абалы катуу, эс-акылы барында коштошуп калалы» — деп, ооруканага барып калдык. Шаршен жаткан палатага киргенибизде, ал чабалактап жатыптыр. Баш жагында Маана жеңе олтуруптур.

— Саламаттыгыңыз жакшыбы Шаке? — деп учурашканыбызда, адатынча Шаршен бажырая карап жылмайып, кыйналып жатканын билгизбей:

— Эртеден бери ажал менен алка жакадан алышып, салгылашып жатам. Ал ары тартат, мен бери качам. Эрте менен ажал күчкө салып көтөрүп чапты эле, көмкөрөмөн түшүп барып, тура калдым. Экинчи жолу чап кармап ыргытып жибермек болгондо, булт коюп колтугунан чыгып кеттим. Ажал мени бөдөнө тооругандай тооруйт, мен аны тооруйм… — дегенде, жол боюу көз жашын төгүп келген Өмүркул бырс күлүп жиберсе болобу. Шакемдин кайратына ыраазы болуп, сырткa чыгып, театрга келерибиз менен телефон шыңгырады: «Шаршен Термечик уулу дүйнөдөн кайтты!..», — дешти.[70]

69 Буудайбек Сабыр уулу. Эл шайырлары. — Ф., 1980. 14-бет.
70 Көпбай Күмүшалиев. Алар баштоочулардан болушкан. — Ф., 1979. 109-бет.

## Акбакайга кошок

Малдыбай кызы Уултайдын айтуусунда: Токтобүбү-Акбакай сулуу Кетмен-Төбөдө 1891-жылы туулган. 1987-жылы 96 жашында каза болгон. 16 жашында Токтобектик Калыбай байдын эрке токолу аталып турмушка чыккан. Кадимки Коргоол ырчы 25 жашында Токтобүбү жеңесине ашык болуп сүйүп калган. Кыргыз адабий-музыкасында атпай журтка таанымал «Акбакай» күүсүнүн каарманы – Токтобүбү сулуу о дүйнө салганда (1987-жыл, август айы) Чоң-Арык айылынын келин-кыздары кошкон кошок:

Ай жарыгы он бештей,
Алоолонуп толгонсуң.
Ааламга кетип атагың,
Акын Коргоол ырдаган,
«Акбакай» атка конгонсуң.

Көөдөндө жоктур арманың.
Көбүктүү суудай серпилдиң.
Көп элге кетип атагың,
Комузда күүгө чертилдиң.

Бай атам, бапестеп жакшы бактырган,
Башына баргектеп үкү тактырган.
Байым салып алыстан,
Сизди, башынан сүйүп жактырган.

Уруулуу болум эл деген,
Узун – Акмат жердеген.
Убара болсом мейличи,
Бай атам «Упадан таптым – мен» деген.

Төрөдөй атам барында,
Жер жеткис жорго ат минген,
Желбегей торко тон кийген.
Төгүн эмес, чындык бар,
Дооранды сиздей ким сүргөн?!

Канзаада атам барында,
Карадан жорго ат минген.
Карала шайы тыштатып,
Кайырма жака тон кийген.
Калп эместир, чындык бар,
Кадырды сиздей ким сүргөн.

Ак арча отун жакпаган,
Абысынга жаман айтпаган,
Карагат отун жакпаган
Кайниге жаман айтпаган.

Белдемчиң кундуз баркыттан,
Оймолуу топчуң жакуттан.
Билерман Тоту апасыз,
Бейишиң болсун аркыттан.

*(Кошокту А. Акималиев жазып алган)*

Устаты Коргоол ырчынын мурастарын иликтеп жыйнап, Илимдер академиясынын кол жазмалар бөлүмүнө, Композиторлор бирлигинин жана телерадионун музыкалык «Алтын казынасына» тапшырып, кезеги келгенде күүлөрүн оригиналга тете аткарып, угармандар мүдөөсүн умсундурбай күү өнөрүнө кызмат өтөп келген Кара-Көл шаарынын тургуну Өзбек Рысбеков Акбакайдын кийинки тагдыры жөнүндө төмөндөгүчө токтолгон: Кокемдин айлы Токтобекте Калыбай байдын 4 аялы болгон. Көрөркөз кичүү токолу зайып затынан чырайлуу Токтобүбү эле. Коргоол ырчыга жакын жеңе эле. Коргоол абамдын Акбакай аталган ошол жеңесин мен да көрүп-билип калдым. Мен маданият бөлүмүндө иштеп жүргөнүмдө Кетмен-Төбөнүн райборбору Токтогул айлына келип, оюн коюп калар элек. Кокем каада-сапатынан жазбаган татынакай аялды ээрчитип, концертибизге келип калды. Мен алгач жубайы го деп ойлочумун. Көрсө, «Акбакай» аттуу күүнүн каарманы – Токтобүбүнүн өзү, кара көзү экен. Токтобүбү жеңеге акыркы ирет 1970-жылы кездештим. Кийин сураштырсам 80 ден ашып кайтыш болуптур. Мен билгенден жеңеден бир кыз калса керек».

*(Маектешүүдөн. 1991-жыл, декабрь айы)*

## Кош, Алымкул

Адамдын парасатын, ак эмгегин, өнөр кесибин эскерме ырларда, казал-дастандарда, комуз күүлөрүндө, ошондой эле, жоктоо – кошоктордо даңазалоо менен маркумга экинчи өмүр тартылоо салты кыргыз элинде өзгөчө өнүккөн. Акын Ысмайыл Борончиев Алымкул-төкмө кайтыш болгондо жоктоо кошогу аркылуу Алымкулдун, мурда көзү өтүп кеткен таланттардын (манасчылар, жомокчулар, комузчулар, күүчүлөр, куудулдар, чечендер, куурчак ойнотуучулар,

артистер, жазуучулар, ырчылар...) арбагын тирилтип, жетимиш атуулдун жетимиштен ашык дүйнөсүн ачканы бар. Бул кошок дастандын идеялык – көркөмдүк бийиктигин көз алдыга тартсак, андагы көптөгөн ыр саптар улуу сөзгө, учкул макал-лакаптарга айланып, эл оозуна алынып кеткен: «Окуу-билим жогунан оозуна кетти ырлары», «Карамолдо өлгөндө кайышып турдук көмгөндө», «Комузчу ата өлгөндө, кордугу кыйын шум ажал, кол барбай турду көмгөнгө», «Термечиктин Шаршени теңдешсиз кетти кантели», «Көзүң аккан шум ажал көрмөксөн болсо жаштарга», «Толгон-токой күү менен тоо көчкөндөй кулады»...Талантка жуурулган бул таасын чыгарма автордун аткаруусунда кыргыз үналгысынын алтын коруна жазылып калышы, арийне алдыдагы муундар үчүн алтынга алмашкыс табылга. Ысмайылдын кошогу – көлөмдүү чыгарма. Андан аспапчыларга тиешелүү саптарды иргеп алууга тура келди.

«Кош Алымкул, дүйнөдө,
Өлүм деген бар экен.
Аласасы келгенде,
Абыдан алды тар экен.
Алыбыз жетпей ажалга,
Айрылдык сизден, Алыкем.

Аягы Талас, башы Чүй,
Эл чогулду сиз үчүн.
Эзилип ичи кайгыда,
Эмгеги сиңген киши үчүн.
Ыйласак укпайт шум ажал,
Ыраазы бол биз үчүн.

Туулуп өскен жер калды,
Туугандар калды, эл калды.
Кучакташып тең өскөн,
Курбу-курдаш тең калды.

Асмандан тийген ай калды,
Агын суу, дайра сай калды.
Ажалдын огу ушундай,
Алаксытууга шай барбы?

Санап-санап отурсак,
Замандар өткөн экен да.
Залкар-залкар нечен бир,

Адамдар өткөн экен да.
Көрбөй калдык далайын,
Көп таланттар өтүптүр,
Көңүлүңөргө салайын:

Сурамжылап көп уктук,
Сурнайчы экен деп уктук.
Дөнөнбай менен Турапты,
Дөгүрсүгөн ал кезде,
Манаптар билген убакты.
Казына болмок кыргызга,
Казыр уксак күүлөрүн.
Кагазга чийген киши жок,
Кай доордо жүргөнүм.

Жолокондун жонунан
Кышы-жайын шаңшытып,
Кыягын үзбөй колунан.
Улардын үнүн тууураган
Улуу тоонун шайыры
Узап кетти дүйнөдөн,
Угулбай жүрүп дайыны,
Алайкуулук Чалырга,
Абыдан ооруйт кабырга.

Ниязаалы Аксылык,
Комузга колун маш кылып,
Өзү кетти дүйнөдөн.
Өнөрүн элге тапшырып.
Батырган экен кара жер,
Барысын соруп жашырып.
Кутулуп кайда кете алат,
Кууп жүрсө шаштырып.

Кетмен-Төбө кең жерден,
Түндүк менен Түштүктүн,
Баарысына тең жерден,
Толкуну көлдөй Токтогул,
Торгою экен адамдын.

Көп жерге даңкы угулуп.
Күү чалган темир комузга,

Күңгөйдөн чыккан чоң уста.
Күндө оюн селкинчек,
Күлкүсү элге бир нуска.
Бурулча жүргөн буластап,
Кала берди а дагы,
Кара жерди кучактап.

Кудайберген, Мисиркан,
Кочкордон чыккан комузчу.
Кудайберген айрыкча,
Кубултуп черткен комузду.

Кадыры элге байкалбай,
Каалаган сөзүн айталбай,
Музооке өткөн муңданып.
Куйручук менен кошулуп
Айдаке кетти Жумгалдан,
Ажалдан буйтап ким калган.
Кубулжутуп күү чалган,
Күү жыгачка тил салган.
Курман болгон согушта
Кулмамбет кетти Жумгалдан,
Куу өлүмдөн ким калган?

Узун-Кабак, Жумгалдан,
Ушул биздин доордо
Улуу куш эле бир албан.
Калык кетти катардан,
Кайран сонун асылдар,
Кайрылбас болду сапардан.

Калк унутпайт эмгиче,
Калмурат, Сыртбай, Мусаны,
Алтындан баалуу нечен бир
Асылдар колдон узады.

Тың сүйлөгөн киши эле,
Тыныбектин Актаны.
Кайда барса кетирбей,
Калк үйүлүп жатканы.

Калк түгүл кара чымын жок,
Кабар алар ыгың жок,
Караңгы көрдүн түбүндө,
Кала берди баштары.

Таластан Атай чыкты эле,
Таңшытып комуз чертишке,
Таасын эле, мыкты эле,

Күңгөйдөн Карамолдо эле
Күүнүн алпы болду эле.

Карамолдо өлгөндө,
Кайышып турдук көмгөндө.
Комузчу Атай өлгөндө,
Кордугу кыйын шум ажал,
Кол барбай турду көмгөнгө.

Жарашыктуу жакшы мүлк,
Кыргыздын кыл кыягы
Күрөңкеев абамдын
Күүсүнөн Маскөө сынады.
Кайра-кайра тартса да,
Канбай турду кулагы.
Толгон-токой күү менен,
Тоо көчкөндөй кулады.

Атын укса ашыгып,
Залга күлкү толчу эле.
Эңсеген суусун табылып,
Эс алгандай болчу эле.
Сүйлөгөн сөзү адамга
Сүйүктүү эле курч эле.
Сахнадан кетирбей,
Зал жаңырып турчу эле.
Гүлдөгөн Чүйдө туулду эле,
Күлкүгө бүткөн уул эле.
Термечиктин Шаршени,
Теңдешсиз кетти кантели.[71]

71 Алымкул төкмө 100 жашта. – Б., 1994. 31-43-беттер.

## Атайга кошок

Алыбай уулу Өмүрбек, саруу уруусунда Колпочтон тараган Жамантайдын урпактарынан. «Кошокту 1990-жылы 8-ноябрда жазып алдым. Атай өлгөндө Бүбүкан кошкон» дечү эле:

Алтындан боосу үзүлүп,
Ак туйгун учту туурдан.
Атам Манас өткөн жер,
Кең Таласта туулган.
Ажалдын чаап капканы
Атамдын айнектей көзү жумулган.
Кайран атам өнөрү,
Союзга бүтүн угулган.
Алдына салбай күлүктү,
Кайран атам, Аккуладай жулунган.

Айдаса жолдо чарчабас,
Арышы кенен жорго элең,
Артистигиң жагынан,
Орошон бүткөн ордо элең.
Карылыкка жетпеген,
Кандай, эртерээк кеткен шордуу элең?

Көөнөрбөс көркөм өнөрүн,
Көпчүлүккө арнаган.
Кайран атам өлгөндө,
Кайгырбай бир жан калбаган.
Кагуусу токтоп жүрөктүн
Кайранды, капилет өлүм жалмаган.
Бүбүкан, Саадат, Саясат,
Бүгүн «атакелеп» зарлаган.

Кайгырып боздоп турушат,
Калың Колпоч тууганың.
Ардактуу Атай дедирип,
Арабызда турбадың.
Элүү жашты ашалбай,
Эртелеп кетип турганың.
Алдыда болор турмуштун,
Кайран эр, көрө албай калдың жыргалын!

Өкүмү күчтүү шум ажал,
Өлүмгө такыр кыйбадым.
Кыйыктанып турбастан,
Кылтерип, мукам ырдадың.
Кылымдан кылым уланар,
«Ак тамак», «Булбул», «Күйдүм чок»,
Арген күү, асыл ырларың.
Атаке ай, кантели, кайырлуу болсун артыңыз,
Жолдошу болуп ыйманың.
Арман кылып айтарбыз,
Алтын чынар сынганын.
Калың Колпоч ичинен,
Кадыр тутар иниң көп,
Өмүрбек менен Асандай,
Өнөрүң улаар тууганың.

## Насирдин Исановго энеси кошкон кошок

– Жол кырсыгынан мүрт кеткен суук кабарды кайдан уктуңуз?

– Кашайып үйдө эле отургам. Анын ордуна мен кетсемчи окшурайып! (өпкө өпкөсүнө батпай көз жашы көкүрөк ылдый куюлуп жатты). Эне ботосунан ажыраган боз ингендей боздосо, адам жанына тура алгыс. «Түндө түш көрсөм, Атабай молдо таяныч-такоол кылар таягымды колумдан сууруп алды. Көзүм караңгылап, кулап түштүм. Эрте менен саарда келме келтирип, баабедин айтып, түлөө өткөрөйүн деп турган элем. Көзүм кашайып, эртеси ажырап отурбаймынбы! Эс-учуман ажырап оңкомон сайылыпмын.

Ак болоттой шырк этип,
Сынаарыңды билсемчи?!
Ак шумкардай зып этип,
Учаарыңды билсемчи?!
Учаарыңды билгенде,
Ак жибектен тор жайып,
Тоспойт белем жолуңду!

Жолоочу шоопур мас бекен?
Же жолуңду тосчу кас бекен?

Эртелеп ажал жиберген,
Же, Кудайдын боору таш бекен?

Күйүп бир күйбөй кантейин?
Сенин күйүтүң тартып жүргөнчө,
Артыңдан мен да кетейин.

Шырбаз бир союп эт кылган,
Сыпайы тандап дос кылган.
Шырбазы эти как болду,
Сыпайы достор жок болду!..

## Жумабек Ибраимовго кошок

Кыргыз Республикасынын Премьер-министри Жумабек Ибраимовго аза күтүү аземи 1999-жылдын 6-апрелинде Малдыбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик опера-балет театрында өттү. Маркумдун сөөгү Ала-Арча көрүстөнүнө коюлду. Жумабектин тагдырына 56 гана жаш буюрган экен Жараткан! Адамдын өмүрүн бири кем дүйнө өз мыйзамына мажбурлап коёт окшобойбу. «Асабачылардын кошогуна» кошулбаска арга жок. Эсил кайранды эли-журту эскерет:

Агарган тоодон таш кетти,
Айланып учуп каз кетти.
Арманга салып өз элин
Асыл бир адам жаш кетти!

Карарган тоодон таш кетти,
Калкылдап учуп каз кетти.
Калкына салып кайгыны,
Кайран бир асыл жаш кетти.

Сары оору кайдан тушукту,
Саргарган журттан кут учту.
Сабы элең алтын тутканын,
Сары-Өзөн – Чүйдөн куш учту.

Алганың калды чыркырап,
Балдарың калды зыркырап.
Каралуу сенден айрылдык,
Эми, коррупцияны ким тыят?

Жердештер калды зыркырап,
Жек-жаатың калды чыркырап,
Жез туяк сенден айрылдык,
Эми, жеп-ичкендерди ким тыят?

Өтөккө чыкпас жекен да,
Өксүтчү өлүм экен да.
Өр тартаар кезде өкүмат,
Өмүрүң кыска экен да.

Жакага чыкпас жекен да,
Жан кыйчу өлүм экен да.
Жакшырар кезде өкүмат,
Жашаарың кыска экен да.

Санаадан жүрөк жошулат,
Сан журтуң бүгүн топурап,
«Сап болчу жигит эле» деп,
Салааларбыз бир ууч топурак!..

## Атасына кошок

Азыркы күндөрдө кыргыздын өлүк чыгаруу расмисинин өзөгү болгон кошок кошуу маани-маңыздуу салты жоголуп баратат. Эл арасынан укканды таңдандырган кошокчуларды табуу кыйын. Ал гана эмес кошокту үйрөнүп айтаар киши жоктугунан кыз-келиндер даяр кошокту да айтуунун ыгын билишпейт. Мурун-кийин кошокту айта жүрбөгөндүктөн, таптакыр окшобой ырдап жаткандай туюлат. Ушул жагдайдан улам акыл-эстүү энелер кыз-келиндерге кошок кошуп, аны айта билүүнү үйрөтүшсө! Жакын адамы өлгөндө кошок кошо албай калуу уят көрүнүш, эрөөн иш.

Өз аймагында кошокчу аталган эжелерибиздин бири Мейилкан Асыран кызы 1939-жылы Жаңы-Жол районунун Бүтөө кыштагында темир устанын үй-бүлөсүндө туулган. Апасы Бүбайда убагында элдик кенже эпосторду, улуу эпостордон үзүндүлөрдү жатка билген, кошок айтуу жагынан элге таанылган байбиче болгон. Токтогул менен жолугушуп, алым-сабак айтышып, созолонтуп ырдай да билчү дешет аксылыктар. Атасы Казыран уста каза болгондо, Мейилкан он эки жашка чыгып калган секелек болсо да, апасынан үйрөнгөн кошогун айтып, боздоп, элдин зээнин кейиткенин алигиче эстешет айыл аксакалдары.

Ак ордолоп үй тиксем,
Кирбей бир кеттиң, атакем.
Ак набаттап чай койсом,
Ичпей бир кеттиң, атакем
Аскерден балаң келгенче
Күйбөй бир кеттиң, атакем.
Ак жибектен тон тиксем,
Кийбей бир кеттиң, атакем.
Көк ордолоп үй тиксем,
Кирбей бир кеттиң, атакем.
Көк набаттап чай койсом,
Ичпей бир кеттиң, атакем.
Күйө бир акем келгенче,
Күйбөй бир кеттиң, атакем.

Алтындан жүгөн ойдурган,
Аргымак оозун чойдурган.
Күмүштөн жүгөн ойдурган,
Күлүктүн оозун чойдурган.
Алтынды сузган табактап,
Аргымак миңген сагактап.
Күмүштү сузган табактап,
Күлүктү минген сагактап.
Балкасы менен зер чапкан,
Бармагы менен мал тапкан.

Көөрүгүн көк букадай өкүрткөн,
Балкасын тоо текедей секирткен.

Жандоодо жаздап олтурган,
Жайытын малга толтурган.
Жайыттан жорго салдырып,
Жакшылык ишке кол сунган.
Өрүштөп өндүрдө олтурган,
Өрүүсүн малга толтурган.
Өндүрдөн жорго салдырып,
Өрнөктүү ишке кол сунган.

Кара бир жорго токутуп,
Мингизген атам өттүңбү?
Кара бир манат тандатып,
Кийгизген атам өттүңбү?

Кызыл бир жорго токутуп,
Мингизген атам өттүңбү?
Кызыл бир манат тандатып,
Кийгизген атам өттүңбү?

Бетимдеги берметим,
Береке таалай дөөлөтүм.
Кашымдагы калайым,
Кайрылгыс кеттиң таалайым.
Төбөмдөгү кундузум,
Төгүлүп турган ырысым.
Жакамдагы кундузум,
Жайылып турган ырысым.

Атагың угуп алыстан,
Азамат келип таанышкан.
Агала коюн тарттырып,
Айранын суудай агызган.
Кыялын угуп алыстан,
Кыйла жан келип таанышкан.
Кыраңга желе байланып,
Кымызын суудай агызган.

Алтындан бычак маргегим,
Азилим атам өткөн соң,
Айтсам бир таппайм дарегин.
Күмүштөн бычак маргегим,
Кымбатым атам өткөн соң,
Кыйналсам таппайм дарегин.
Айтканым эми пайдасыз,
Кайтпай турган жайдасыз.
Кейигеним пайдасыз,
Келбей турган жайдасыз.»

*(Гүлбара Медетбек кызы)*

## Жегич келемиштин кемпиринин кошогу

Турмушта баары болот. Жеңилин жерден, оорун колдон алып, эл көргөндү көрүп, эмне болсо тең бөлүшүп, калк камы үчүн кара жанын үрөп иштеген жетекчилер бар. Коомдук байлыкты кочуштап чачып, эл ырыскысын келемиштей кемирип жеп, «тойдум»деп

топук кылбаган, миллиондорду митедей соруп уурдаган, хан сарай салып, иномаркаларда чалкалап ичип-жеп жыргаган, калкынын ач-тогуна эгерим көңүл бурбаган келимиш жетекчилерге да өлүм кезеги келет. Ошондо байбичесинин башында, акыл сезиминде азгантай актык калса сакталып, Кудайдан кечирим сурап кошогун кошот актанып:

Төрөм сен, төрт тарабың келишкен-аа,
Төрөм сен, төбөлдүн бири дегизген-аа.
АКШдан келген грантты-аа,
Армансыз гана жеп ичкен-аа!

Эреним, айрылып сенден чыңырам-аа,
Эреним, «ап» этип баарын сугунган-аа.
«Кредит» десе тим эле-аа,
Эт-бети менен жыгылган-аа!

Кургурум, кузгундан дагы көзүң курч эле-аа,
Кургурум, кулкунга баарын куйчу элең-аа.
Куйругуң кыпчып чоңдорго-аа,
Кургурум, култуңдап ойноп турчу элең-аа!

## Аракечтин аялынын кошогу

Ичкилик деген итчиликти ооздуктай албасак, улуттук трагедияга айланат. Арактын акыры алкаштык, селсаяктык, кем акылдык, мунжулук, тукум куруттук... Азиз окурман, көп чекитти көрүп турасыз. Анын ордун өзүңүз толтуруңуз. Азырынча «Аракечтин аялынын кошогуна» аялдама жасайлы:

I

Ойронум, кокуйлап калдым тил безеп-аа,
Ойронум, ордуңдун жогун ким сезет-аа?
Карайлап калдык талаада-аа,
Эми, үй-жайдын камын ким жемек-аа?

О кокуй, сөөгүңдү койдук талаага-аа,
О кокуй, сөөлөтүң калды калаада-аа,
Ооматың калды балаага-аа.

Акыры «а-бу»деп айткан кеп тынар-аа,
Акыры, арамдан бүткөн чеп да ураар-аа.

Акыры, арам дүйнө азгырып-аа,
Акыры өз балаңды да жеп тынаар-аа!
*(Кошокту жазган Койлуубай)*

II

Үйдөн-жайдан алыстап,
Береним, жүрөр элең чалыштап.
Үрүп чыгар итиң жок,
Береним, ичер элең карыздап.

Ушаланган калпагың
Бир ишке жарар болсочу, кокуй.
Кирдеп бүткөн желеткең
Кийитке жабар болсочу, кокуй.

Тамак ичпей түзүктөп,
Кийим кийбей үтүктөп,
Жүрөк оору немече
Жүрөр элең шишип-көөп.

Айбы бардан беш-бетер
Ачууга жаман өч элең, арман.
Араң издеп тапчубуз,
Аркы четки көчөдөн, арман.

Ак ундан камыр жуурам,
Ак дасторкон буугузам.
Арман күн, ай-я,
Сөлөкөттөй тарбайган,
Сөөгүңдү кимге жуугузам.

Бөтөлкө болуп көргөнүң,
Бөлөккө көңүл бөлбөдүң.
Оогон кезде аракка –
Он жыл мурда өлбөдүң.

Сага соёр мал да жок,
Жаназа окуур чал да жок, байкуш.
Бош бөтөлкө калтырып,
Боздотуп кеттиң айла жок, байкуш.

«Сулк» жатчусуң масыңда,
«Сулк»жатасың азыр да, шордуу.

Чын өлдүңбү, соосуңбу?
Чыгарчы бир доошуңду, шордуу.

Белестин чөбү түгөнөр,
Берилеп келип мал жесе, ботом.
Бетим кантип эл карайт
Бересеси бар десе, ботом.

Ак карлуу тоодо муз калды,
Атасын жоктоп кыз калды.
Аракты бирге ичишкен,
Асылкеч досуң суз калды.

Айылга айың кеп кетээр,
Аракеч өлдү деп кетээр.
Араң тапкан эркечтин,
Арык этин жеп кетээр.

Бу дүйнөнүн жыргалын,
Көрбөй өтүп куурадың.
А дүйнөнүн жыргалын,
Көрүп тур эми бууданым!
Ың-ңа-а-а…

*(Жакшыбек Абдылдаев)*

## Кошок унутулабы?

Кыргыз эли башкалардан оозеки чыгармачылыгы өнүккөндүгү менен айырмаланат. Анын далили катары бизге ата-бабалардан мурас калган айтылуу «Манас» баш болгон эпосторду, дастандарды, уламыштарды жана башка элдик оозеки чыгармаларды айтсак болот. Кошок да элдик оозеки чыгармалардын бир түрүнө кирет.

Кошок жөнүндөгү ой мени көптөп бери түйшөлдүрүп келет. Айылдагы карыялардан, байбичелерден укканыма караганда илгери кошок кошуу өзүнчө чеберчилик катары бааланчу. «Ар бир айылдын, ар бир үйдүн дасыккан кошокчулары болоор эле» дешет. Жакшылык-жамандыкта (кыз узатуу мезгилинде, адам кайтыш болгондо) белгилүү кошокчулар кошок кошкондо баары тунжурап тыңшашчу экен. Бул жөнүндө көп жолу өзүмдүн чоң энем Анипанын оозунан да укканым бар. Кошокко кызыккандар, мүмкүн, азыр деле бар чыгар, жок деп айта албайм. Бирок чанда.

Жаштардын арасында бар деп айтуу кыйын. Кыргыз жаштары кошокту мындай коёлу, кыргыз музыкасына, кыргыздын ырларына кызыгууну унутуп, баары «рок-музыка, поп-музыка, шоу-бизнес» деп калышпадыбы. Азыркы учурда кошокту айыл жериндеги карыялар, байбичелер гана билет. Алардын да баары эмес, чандасы гана.

**Радионун музыкалык «Алтын казынадагы» алынган «Кошок күүлөр»:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Эдилдин кызынын кошогу | 9564 | 2’26 | Кулмат Асанбаев |
| 2 | Кошок күү | 8154 | 1’07 | Эркесары Бекбасаров |
| 3 | Саламаттын кызынын кошогу | 8124 | 1’36 | Эркесары Бекбасаров |
| 4 | Алымкулга эстелик | 2824 | 5’15 | Саид Бекмуратов |
| 5 | Чыныбайдын кыздарынын кошогу | 3606 | 3’10 | Асанбай Каримов |
| 6 | Балбайдын Ысык Көл менен коштошкону | 9721 | 8’30 | Асанбек Кыдырназаров |
| 7 | Күлөйрон | 3101 | 2’35 | Асанаалы Кыштообаев |
| 8 | Төрөгелди, кулунум | 9634 | 2’34 | Асанаалы Кыштообаев |
| 9 | Жалгызым | 7426 | 3’48 | Болуш Мадазимов |
| 10 | Алты аялдын кошогу | 3445 | 2’02 | Болуш Мадазимов |
| 11 | Чыныбайдын кыздарынын кошогу | 3793 | 3’00 | Ыйманкул Мырзаев |
| 12 | Каптагайдын кызынын кошогу | 3792 | 2’40 | Ыйманкул Мырзаев |
| 13 | Кошок | 6281 | 1’40 | Толтой Мураталиев |
| 14 | Чыныгүлдүн кошогу | 2510 | 1’58 | Атай Огонбаев |
| 15 | Ленинге эстелик | 2500 | 1’40 | Атай Огонбаев |
| 16 | Үч аялдын кошогу | 3075 | 4’27 | Ыбырай Туманов |
| 17 | О, Керимбай, жалгызым | 8167 | 2’02 | Мурсалы Турсунбаев |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 18 | Ой Керимбай, кулунум | 3570 | 2’07 | Жөлөгөн Чымырбаев |
| 19 | Төрөгелди, кулунум | 3574 | 2’42 | Жөлөгөн Чымырбаев |
| 20 | Шамаматтын кошогу | 9578 | 4’33 | Шакен Жоробекова |
| 21 | Кыз Сайкалдын кошогу | 10051 | 2’44 | Сүйдүм Төлөкова |
| 22 | Беш катындын кошогу | 9131 | 3’45 | Датка Шаакеев |
| 23 | Тиштээктин аялынын кошогу | 465 | 2’25 | Зина Шайбекова |
| 24 | Кошкулакты угузганда | 2930 | 4’12 | Бектур Осмонов |

# БОТОЙ КҮҮЛӨР

Музыковед А. Затаевич: «үй айбандарынын эч бири төө жаныбарчылап баласы өлүп калса, көз жашын көлдөтүп мүңкүрөбөйт. Мына ошону байкоодон улам аспапчылар, ырчылар «арман» темасына ботосунан ажыраган төөнүн боздогун «Ботой» темасына кошкон. Кыргыздын музыканттары мага «Ботой» күүлөрүнүн чыгуу себептерин ар түрдүүчө баяндап беришти,» – деп эскерет.

Аспаптык чыгармаларда өз алдынча жанр деңгээлине өсүп жетилген «Ботой» күүсү – байыркылардан аманат келаткан музыкалык мурас экени талашсыз. Арийне «Ботойлор» канча кылымдын ашууларын артка калтырып, чоң-кичине аткаруучуларды алмаштырып, ар кыл чыгармачылык өнөрканаларда жасалып, жаңыланып, маани-мазмунун кеңитип, аталыштарын түрлөнтүп, жышылып, сомдолуп, өнүгүп, өсүп, биздин күндөрдүн босогосун аттаганы белгилүү. Арийне, төрт түлүктүн ичинен башка жаныбарлардай багууну-күтүүнү төө баласы анча талап кылбайт. Айрыкча көчмөн турмушта көчсө көөлүк, карды ачса азык, кийсе кийим болуп, кызмат өтөп келет. Кыргыздар Ойсул-ата жаныбарга «тотем» катары сыйынып, анын аталышын бүтүндөй бир урууга (Каранар, Нарбуудан, Ботобай, Боточук, Тайлак, Байтайлак, Буурабай, Атанбай ж.б.) ыйгарган учурлар болгон. Бир өркөчтүү төөнү кыргыздар «сүйрү өркөчтүү төө» деп, эки өркөчтүү төөнү «айры өркөчтүү төө, нар төө» деп аташкан. Эркегин «буура», ургаачысын «инген» дешкен. Төө ботосун жыл бою көтөрүп, үч жылда бир төлдөйт. Ал учурда үстүнө үртүк жаап, башына нокто, жүгөн катып, жоолук салып да коюшкан. Ботосунун башына үкү тагып, жентек берип, той өткөрүшкөн. Төө сүтүнүн аш болумдуу, дарылык касиетинен улам, казактар «шубат» деп, кыргыздар «төө кымыз» деп, ачытып ичип келишкен. Кыргыздар төө пирин «Ойсул-ата» деп коюшат. Адамдарга экологиялык таалим берүүдө төөнү касиеттүү жаныбар катары кабылдашып, булактын, мазардын

ээси деп билишкен. Мазарды кыйган, булак башын булгаган ээнбаштарга ак ботосун ээрчиткен ак инген көрүнүп сыр көрсөтөрүн эскертишкен. Ак инген каргаса, шайтандын азгырыгына кабылып, шал болоруна ишенишкен.

Ойсул-ата жаныбарды төрт түлүктүн төбөсүнө коюп, көч башында жетелешкен. Төө жаныбар, канча жүк артса көтөргөн, алыс жолдо арыбаган, суукка-ысыкка алдырбаган, чарчап-чаалыкпаган, башка малдардай тоют тандабаган, коко-тикен, куурайды ылгабай бурдап чайнаган. Сойсо эти – ширин, өркөчү – май, чуудасы – жүн. Сааса сүтү – бал кымыз, териси – булгары. Эгерим табылгыс териси бар. Андан добулбас капташкан, маңкуртка шири жасашкан.

Этке, сүткө, жүнгө, унаага болгон бүгүнкү тартыштыкты эске алсак, бабалар пайдаланган алыс жуку жолдордо, суусуз эрме чөлдөрдө, аска-тоолуу жайыттарда бук этпей жүк көтөрүп жеткирген атан төөлөрдү асырай билип, конуш-жайыт маселесин чечүү парыз. Бабалар барктаган төө жаныбарды таанибай «бөө» деп чочуркап калган бүгүнкү жагдайдагы боз ингендин боздогун тыңдайлы:

Ох, афф, буфф!..
Ойсул ата, кайдасың?
Опаасыз кандай жайдасың?
Билбей калмак болду го,
Боз ингендин пайдасын!

Билгенге сүйкүм жан элек,
Ой-тоодо, чөлдө чыдамдуу,
Ойсул-ата мал элек.

Арман күн түштү башыма,
Союуга алып киришти,
Карабай атан жашына.

Чуудабыз чыкпай чубалып,
Азайдык кетпей уланып.
Адамдар кирди мууздап,
Жаткансып бизден кун алып.

Жүрөмүн жалгыз, тобу жок,
Буйласы менен кому жок.
Буркуроом жетсин адамга,
Буйрукту берген обу жок.

Жүргөнсүп бугум түшүнө,
Буркулдап жүрөк түшүрө,
Саамга кетсем үргүлөп,
Каранар кирет түшүмө.
Каранар турса качырап,
Калмакмын эңсөөм ашырып.

Ал эми ботосунан айрылган төөнүн боздогону жөнүндө кеп башка. «Ботойлор» маанисинде муң, зар, ый, жоктоо, өксөө сыяктуу ички сезимдерди аңдоо анча деле кыйынга турбас. Эгерде түшүндүрмө сөздүккө таянсак «бото» – төөнүн жаш төлүнүн аталышы, «ботой» – аны эркелетүүнүн белгиси (...эмизбедим ботойду, ботону эмес). Ал эми арман, кошок дастандарда айтыла келген («Карагул ботом», «Жаш ботом», «Акбарак ботом») терминдери перзентинен айрылуудагы адам пендесинин көз жашка жуулган айтымдардын («Атаны кокуй кулунум, ботом, карааның көрбөй курудум, ботом») «ботойго» уңгулаш (бото+й=ботой, бото+м=ботом) көчүрмөсү. «Ботойлордун» уңгусунда ар кыл үлгүдөгү «Чар жайыт ботой» (Карамолдо, Ыбырай, Чалагыз), «Жумалак ботой», «Айдама ботой» (Карамолдо), «Ат чубатар ботой» (Ыбырай), «Жыйнак ботой» (Кулбай Түмөнбай уулу), «Чоң ботой» (Жөлөгөн Чымырбай уулу), «Үч жигиттин ботою» (Экия), «Үч ботой» (Жумалы Сейдаалы уулу), «Карылардын ботою» (Шекербек), «Маш (марш) ботой» (Атай), «Ойноок ботой» (Тайкожо уулу) ж.б. ботойлорго күбөбүз. Ал эми аспапчылардын (комузчу, кыякчылардын...), айткычтардын (акын-ырчылардын...) ысмына таандык («Акбаланын ботою», «Болпокенин ботою», «Бokкөтөндүн ботою», «Токтогулдун ботою»...) ботой күүлөр аз эмес.

## Куу ингендин ботою

Көчмөн турмушту баштан кечирген мезгилдердин бир жылдарында Карабай аттуу карапайым адамдын сааса сүтү булактай, чуудасы кулач чубалган, көч үстүндө көзгө толумдуу көөлүгү көркөм Боз ингени болуптур. Эчен курдай кербенчи соодагерлер эки эселеп баа бычып сураганда бербей, саксактап кайтарып баласындай асырап жүрөт. Жазга маал көктөмдө Боз инген аман-эсен ботолоп, үй ээсин үлкөн кубанычка бөлөйт. Карында сактаган сары майды томуруп, айыл-апага жентек берип

той өткөрөт. Бото да улам торолуп, бойтоңдоп оюн салып, Боз инген энесинин соңунда. Күндөрдүн биринде так секирип тайраң уруп бараткан бото тайгаланып жардан кулап, жан берет. Ботосунан айрылган Боз инген жылга-жыбыттарды калтырбай, сай-таштарды аралай, бадалдарга баш багып, дөңсөөлөргө салып уруп... «ушул жерде болбосун?» дегендей түтүнмө түтүн үйлөрдү кыдырып, короолордо кой ичин издеп, ботосун таппай жоктоп-боздой берет.

Айласы куруган Карабай акырында өлгөн ботонун терисин сыйрып, ичине тыбыт толтуруп, тулуп жасап, «ушуну искеп алаксыр бекен?» деп, ингендин алдына коёт. Тулупту искей берип, тура чуркап оюн салып кетпегенине туталанган инген өлүү тулуптан көңүлү калып, өңгүрөк салып, өлөрчө да, өзгөчө да боздогон ыйын күчөтөт. Көзүнүн жашын көлдөтөт. Ингендин желини чатырап, сүт тээп, такымына батпай талтактап баса албай калат. Муну көргөн Карабайдын кабыргасы кайышып, байбиченин башы ооруп, эң кур дегенде ингендин желинин бошотмокчу болушат. Көнөгүн көтөрө келип саай башташат. Бирок, инген ийип бербейт, тамчы сүт чыкпайт. Сүлдөрү калган жаныбарды кыйнабай союп салалы дешет, жүрөгү даабайт, колу барбайт.

Күндөрдүн биринде Карабайдыкына кайдан-жайдан келгени белгисиз жолочу мейман түшүп калат. Көз жашын көлдөтүп, үнүн баспай боздогон Боз ингендин окуясын Карабай мейманына айтып берет. Жолоочу бир саамга үн катпай тунжурап отурат, койнунан комузун алып чыгып, шашпай буроосуна келтирип, ордунан тура ингенди карай утурлайт. Карабай байбичеси, кошуна-колоң мейман соңунда ингенди сооротмокко бото-тулупту алдына жылдырышат. Бото-тулупту көрө сала искеп-искеп алган инген бечара жансыз териден көңүлү кайтып, көз жашын буурчактата боздойт. Жолоочу мейман жыла басып келип, Боз ингендин маңдайына сыңар тизелей комузун колуна алып, төөнүн боздогонун туурап, инген менен үн алыштыра кыл тербейт. Күү жамгыры күчөгөндөн күчөп, кыл добушу төөчө боздоп, кээде бото борумдуу, энесине эркелеп мекиренет. Боз ингендин көз жашы жансыз тулупка куюлуп, комузчунун көз жашы кыл аспабын жууп, алым-сабак арман айтыш бир оокумга созулат. Аспап керемети айбан сезимине жеттиби, аздап-аздап төөнүн боздогону басаңдап, күү күч алат. Күүнүн боздогонуна күймөлө калган куу инген кулак делдейте тыңдай берип, өз боздогонун унутуп, бойтоңдогон ботосу көз алдына элестеп, эмчек үрпүн салгансып талтая калса, үрптөн үлпүлдөгөн сүт шүйшүнү кылак-кылак этет.

– Ингенди саагыла,– деген комузчунун ишааратынан улам, көнөк тосуп, эмчек тартат ак келин. Көнөк толо сүт чыгып, желини бошоп, Боз инген жаныбар боздогонун токтотот...

Бул жорук жомок болуп, айылдан айылга, аймактан аймакка желдей тарайт. Комуз күүсү колдон колго өтүп, кээ бири «Боз инген», «Боз ингендин боздогу» атаса, кээ бири «Куу инген», «Куу ингендин ботою» деп чертилип келет:

Эки эмчегим тирсейтип,
Эмизбедим ботойду.
Жайлоонун чөбү жалбырак,
Жедирбедим ботойду.
Талдын башын сыдырып,
Жардын башын кыдырып,
Элге-журтка дайындап,
Ээрчитпедим ботойду.
Эрмек кылып эмизип,
Телчитпедим ботойду.
Бороонду күндө жоготуп,
Издетпедим ботойду.
Келин, кызды чогултуп,
Тиздетпедим ботойду.
Калы килем жаптырып,
Жүктөтпөдүм ботойду.
Сарбандарга бактырып,
Чиркетпедим ботойду.
Анжыянды чалдырып,
Асылдан жабдык салдырып,
Көргөндүн көзүн талдырып,
Жүктөтпөдүм ботойду.
Көбүргөнгө кошултуп,
Көлдөтпөдүм ботойду,
Көзүм тирүү чагында,
Төлдөтпөдүм ботойду.
Жалбыракка жайкалтып,
Семиртпедим ботойду.
Саратанда туз берип,
Кемиртпедим ботойду.
Жаш балдарга «ыйлаак» деп,
Ойнотподум ботойду.

Аста сылап уктаса,
Ойготподум ботойду.
Кубалатып балдарды
Ойнотподум ботойду.[72] [73]

**Куу ингендин ботою**

II

Armансыз дүйнө жаралмакпы. Арман-муң ар жарандын ички дүйнөсүн аралай жүрчү кубулуш. Өз башынан кечирген кайгы капсалаңды «Боз ингендин боздогонуна» борумдаштыра оор күрсүнүү ар ким үчүн адат болуп калыптанганын айтсаң: «Тээ төмөндө төө боздойт. Жалгыз муңканып, эки көзү чачырап, бир жерден чыга кала тургандай ал чөлкөмдү айланта асте каранып, куду киши үшкүргөн сымал улутуна үшкүрүнүп, бирок боточугу жок, не арык бойлорунда, не аңдардын кычыктарынан көзгө чалынбай, наркы сеңселген балаты талдын айланасынан да табылбай, эч дарексиз калганын түшүнөбү: «бу-у-уу» деп буркурап, ындыны өчкөнсүйт. Буга үмүт гана эч макул эместей, баласынын өлүмүнө келишпес көңүлү делөөрүтүп «бу-уу-у!» деген сайын, өксүгөн сайын бышкан кайналыдай эки көздөн мөлт-мөлт жаш агып, тентиреп-темселеп...

«Кечке жуук Курманжан өргөөнүн сыртында керегеге такай коюлган күрсүдө отурган.

Жылуу жабуу жаптырып,
Телчитпедим ботойду.
Жибек нокто каттырып,
Ээрчитпедим ботойду аай...

Мына, ушул «Ботосу өлгөн төөнүн боздогону» деген арман кошок оюна жылжып агып кирип, ичтен эски кайгысы козголуп, ичтен боздоп, акырын эрдин күбүрөтүп алды да, өзүнчө улутунду.

Боз каймал болсо, не оттобойт, не бир жерге токтобойт, илкий-калкый, кээде мөгдөгөндөй мойнун созуп, жер жыттап: «бу-у-уу!» деп уңулдап ыйлаган эне сымал, көз жашы мөлтүлдөп, дагы эле айланчыктап жүргөнү жүргөн.

Бир жума мурун жаңы көз жарган боточукту кара дөбөт жара тартып таштаган эле. Ошондон бери суу ичпейт, чөп жебейт, күнү-түнү боздогону боздогон.

72 Балбай Алагушев. Ырдагы өмүрлөр. – Ф., 1988. 210-212-беттер.
73 Буудайбек Сабыр уулу. Унутулгус кездешүүлөр. – Ф., 1977. 13-бет.

Жардын башын кыдыртып,
Ойнотподум ботойду ай...
Талдын башын сыдыртып,
Тойлотподум ботойду ай!..

Курманжандын көзүнө жаш тегеренип, өткөндө Ныязалы, Токтогулдан дагы башка комузчулардан уккан «Куу ингендин ботою» күүлөрүнүн муңдуу ыргактары кулагында жаңырыктап турду.

Күйүттүү энелердин бири Курманжандын да ичтеги кайгысы аз беле. Күү ошолорду козгоп, ичтен боздоп эне жүрөгү көөнөрөбү, тээ баягы Абдылдабегинин ак кийизге оролгон кол башындай жүрөгүн алдына коюп, Акбалбан арман күү чертип угузган күн, кечээ үч жыл мурда Камчыбектин мойнуна жыландай мустак сыйыртмак салынган күн... көз алдына тартыла берип, кулагына сырга тартыла берчү тура». [74]

«Асанаалы Ошур уулу комузун жаңы күүгө толгоп, баянын мындайча баштады: Илгери бирөөнүн куу ингени ботолойт. Бир кербен келе жатып төөсү өлүп калганда жүгүн артуу үчүн «ушул ингениңди саткын, канча сурасаң берем» деп, ингенди сатып алат.

Үч-төрт күнчүлүк жерге барганда желини ооруп, жайылып жүргөн жеринен ботосун издеп качып жөнөйт.

Талдын башын сыдыртып,
Жардын башын кыдыртып,
Ээрчитпедим ботойду.
Калы килем жаптырып,
Калайлуу жүгөн каттырып,
Ээрчитпедим ботойду» –

деп, келаткан ингендин арманын комузда сыздатканы бар.

Саид аке болсо бир нече күүлөрдүн баянын айта отуруп, кыягын тартып жатты. Кезекте «Куу инген» деген күүгө өттү: «Илгери бирөөнүн төөсү бар экен. Бир канча жылы туубай койгондуктан «Куу инген» деп ат коёт. Куу инген картайганда тууп, ботосун ээрчитип жүргөн кезде топ кербен келиптир. Кербендин жүк жүктөгөн төөсү өлүп калганбы, Куу ингенди сатып алышат. Ботосу боздоп мында калып, Куу инген боздоп кербен менен кетет. Арасы бир айлыкпы, эки айлыкпы жол экен, жерине жеткенден кийин

74 Т. Касымбеков. Келкел. – Ф., 1990. 101-103-беттер.

Куу инген качып келип, ботосун табат. Ошондон улам, комузчу, кыякчы ата-баба «Куу инген» деген күү чыгарышкан экен. Качып келатканда Куу ингендин айтканы:

Калайлуу жүгөн каттырып,
Калы килем жаптырып,
Ээрчитпедим ботойду.
Ак жоолукту салынып,
Телчитпедим ботойду
Төрт эмчегим тирсейтип,
Эмизбедим ботойду.

Жардын башын кыдыртып,
Талдын башын сыдыртып,
Ээрчитпедим ботойду.
Мен ботоюма барайын,
Ботоюмду мен жыттап,
Моокумуна канайын!..».

«Куу инген» замандан заманга, баладан балага мурас болуп келатат».[75]

Миф десекпи, жомок десекпи, түпкү мааниси айланып келип эле айбанат менен адамдын боздогонун көз алдыга тартат. Жашында жайраган перзентин «ботом» деп, байкуш ата да өкүргөн кырдаал комуз, кыяк күүлөрүндө «ботой» аталып чертилген.

## Акбарак ботом

Жесир аялдын жалгыз уулу сайгактаган торпогунун куйругун кармап, жүгүрүп келатып, күү менен көлгө кулап, тумчугуп өлөт. Бечара эне кантмек, көзүнүн жашын көл кылып боздоп, «ботом» деп кошкон кошогун аспапчылар күүгө салган:

Ак сандык сенде пулум бар, ботом,
Агарган көлдө кунум бар, ботом.
Көк сандык сенде пулум бар, ботом,
Көгөргөн көлдө кунум бар, ботом.
Керегенин саканак, ботом,
Кеӊешке тууган, Акбарак, ботом.
Жайлоо бир үйдүн саканак, ботом,

75 Буудайбек Сабыр уулу. Эл шайырлары. – Ф., 1980. 158-бет.

Жалгызга тууган, Акбарак, ботом.
Көкөлөп учкан куйкөлөк, ботом,
Куйдургу бала, Акбарак, ботом.
Атаны кокуй кулунум, ботом,
Карааның көрбөй курудум, ботом.
Көл жээгинде улудум, ботом.

*(Кыякчылар Саид Бекмуратовдун,*
*Таип Рысматовдун куулөрунөн).*

## Жайдарбек ботом

Өткөн заманда кыздар тезек терип ойноп жүрүп, талаадан көр чычканды кармап алышат. Суугa салып ойноп жатышса, чычкан тумчугуп өлүп калат. Бир кыз айтат:

– Биз бойго жеттик, күйөөгө тийип балалуу болобуз. Кокус балабыз өлүп калса, эмне деп кошуп ыйлайбыз?

Кыздар жалбыракты керме төшөк кылып, чычканды ага жаткырып, атын Айдарбек коюп, кошуп ыйлап жатышат.

Биринчи кыз: Беш колумдун салаасы, ботом,
Беш кыздардын баласы, ботом.
Берметиңди алдырдың, ботом,
Бетиме тырмак салдырдың, ботом.
Атаны кокуй, Айдарбек ботом,
Айдарбек эмес, Жайдарбек ботом!

Экинчи кыз: Көйкөлтүп көктү кийгиздиң, ботом,
Мени көктөйүмдөн күйгүздүң, ботом.
Жайкалтып жашыл кийгиздиң, ботом,
Мени жаш чагымдан күйгүздүң, ботом!..

*(Комузчу Абдракман Кыдырбай уулунун аткаруусунда).*

Залкарлар жараткан чыгармалар өзүнчө дастан, өзүнчө тарых. Алар өмүрдүн өксүгүн, дүйнөгө болгон көз караштарын «Ботойлор» аркылуу чагылдырган.

## Айдайдын ботою

Муратаалы «Айдайдын ботою» аттуу күүнү аткарар алдында: «Илгери өткөн заманда Айдай деген айтылуу комузчу жашаптыр. Ал көзү өтүп кеткенге чейин ыңаалаган баланын үнүн укпаптыр.

Айдай карылыгы жеткенде «ботодой көзүн жайнаткан наристенин үнүн укпай, какбаш атанып өлөмбү?» деп, арман күү чыгарыптыр».[76]

## Айда, ботой

Карамолдо элдик «ботойлордун» өзөгүндө «Айда, ботой», «Жумалак ботой», «Чаржайыт ботой» деген салт күүлөрдү чыгарган. Маселен «Айда, ботойдун» чыгышына төмөнкүдөй арман себеп: Илгери Айдай деген комузчу жашаптыр. Анын жалгыз уулу күтүлбөгөн жерден каза табат. Ошондо ал жалгызымдан айрылдым деп күйгөн күйүтүн күүгө салыптыр. Ал бара-бара комузчудан комузчуга өтүптүр.[77]

## Айдама ботой

«Айдама» – тез, ылдам, шар, шартылдата чертүүнү туюндурат. 1942-жылы Асылбек Эшманбетов Кыргыз филармониясына артист болуп кирген. Карамолдо, Ыбырай, Атай сыяктуу залкарлар менен иштешип, күү алышып, комузчулук өнөрүн өстүрүүгө өбөлгөлөр түзүлгөн. Атайдын «Маш ботоюнун» таасиринде Асылбектин да күү чыгарууга ыкыласы артыла баштайт. Акырында «Айдама ботойду» «Маш ботойго» жооп катары чыгардым» деп радио тасмасына жаздырган.[78]

## Жыйнак ботой

Элге кеңири белгилүү Үсөнбай уулу Чал, комузчунун атасы Кулбай да залкарларга жанашкан күү чеберлеринен болгон. Заманында күү күйөрмандары Ниязаалы менен Кулбайдын беттешкени эл оозунда күнү бүгүн айтылып келет. Аксыда бир чоң тойдо эл билермандары, бектер, бийлер бул эки күүчүнүн өнөр дараметин сынамакчы болушат. Той таркап, топурагандардын аягы сууган кезде атайын өргө тиктирип, баш байгеге калы килем жаптырган атан төөнү байлашып, комузчуларды маңдай-тескей отургузуп, өнөрлөрүн сынашат. Кеч бешимде башталган сынак таңга чейин созулат. Бекерчиликтен баштары ооруган бектерге, бийлерге эмне? Бири көз салса, бири куш уйку салып эс алмай.

76 Балбай Алагушев. Кылымдардын кылдары. – Ф., 1983. 46-бет.
77 Ошондо, 98-бет.
78 Балбай Алагушев. Кылымдарды жылоологон күүлөр. – Ф., 1985. 125-бет.

Атаандаштар гана кыл тырмай берип, колдору жооруп, чырм этип уктабай чыдамы түгөнүп бараткан. Кулбай комузун колуна алып: «О, Ниязаалы эреним, тараза жылдыз батып кетти, таң агарып атып кетти. Намазыбыз карып барат. Кел батага отуралы...» деп, кол ойнотуп, комузун бийлетип жаңы күүсүн жая салат. Бул жаңы күүнү жадыбалдай жаттаган немеге жаңысын ортого салып чертүү кыйынга турдубу, Нияз акең бир-эки кайрыктан жаңылып калып, утуш Кулбай комузчуга ыйгарылган.

Кулбай Түмөнбай уулу жараткан «Жыйнак ботой» күүсү «Ботойлор» деген комуз күүсүндөгү бир жактуу боздогон (ый) ритминен алыстап, түркүм түрлөргө тармактай бергендиги менен айырмаланат. Буга күбө — ар комузчу күү дүйнөсүнө өз «Ботойлорун» алып чыккандыгын айта кетмекбиз. Коомчулукка анча аты тааныш эмес, атасы да тааныш эмес Түмөнбайдын «ботоюн», Жамшитбек, Жусуп дегендердин «ботойлорун» бир мазмунга бириктирип, бул курамга кошуп, айтылуу «Маш ботой» ыргактарын ырастай отуруп, комузчу Кулбай күү базарына «Жыйнак ботоюн» алып чыккан.

## Боккөтөндүн ботою

Мезгилинде кыл тырмагандардын кыйыны Боккөтөн Ысык-Көлгө адеп келгендеги элестөөсүнөн улам «Жол жомогу» («Жол кайрык») аттуу күү жараткан. Бара-бара жаңы күүлөр жамырап чыга келип, арасында «Боккөтөндүн ботою» да боздок салган көрүнөт. Айла жок, Боккөтөн комузчу кезегинде «Ботойлордун» 62 вариантын чертчү дешет.

1936-жылы искусство, адабият кызматкерлери менен катар эл чыгармачылыгынын олимпиадасына чакырылган. Боккөтөн комузчу Көлдөн келиптир. Кезек Боккөтөнгө келгенде кароого «Ботой» күүсүн сунуштаган. Боккөтөн сахнага чыкканда комузду түрлүү ийкемге келтирип, кол ойнотуп, кылдарды чыбык менен чапкылап чертип, отургандарды таң калтырган. «Капырай, «ботойду» борушуна келтире черткенин кара» — дешет кароого катышкандар. Боккөтөндүн бул ыкмасын үйрөнүп алгандар өз айылдарына барганда «Боккөтөндүн ботою» ушундайча чертилет деп айтып калышкан экен.

*(Таластык Алыбай уулу Өмүрбектин,*
*Сейдалы уулу Асандын айтымында.)*

Эл шайыларынын чыгармачылыктагы музыкалык эргүүлөрү кийинки мезгилде «Ботой» күүлөрүнүн толгон-токой түркүмдөрүн сунуш кылган. «Ботойлор» жайытынын кеңишине музыкалык «минор» татымы жетишсиздей сезилдиби, социализм заманы «Ботойлорду» эскиче боздото бербестен, жаңыча салтанат-шаңга ыкташтырышкан. Буга «Маш ботой» же «Марш ботой», «Ойноок ботой», «Айдама ботой», «Жыйнак ботой», «Жыргал ботой» мисал.

## Маш ботой

1919-жыл. Совет бийлиги жаңы гана түптөлүп, айыл кыштактарды илим-билимге ойготуп жаткан кез. Мындай күрдөөлдүү иш-чаралар, албетте, жаштардын демилгесине муктаж эле. Андай демилге комсомолдор аркылуу ишке ашырылган. Ал жылдарда Пишпекте Кара кыргыз автономиялуу облусттук комсомол комитети түзүлүп, анын уюмдары алыскы аймактарда да жайылтылып жаткан. 1919-жылы (октябрь) айларында комсомол комитетинин көчмө бюросу элет жаштарын комсомолдун катарына тартуу максатында Таласка барып калышат. Ошол учурда Атай 19 жашта. Айылдык жаштардын арасында Атай да комсомолдун катарына алынып, бул сыймыкка кубанычы койнуна батпай кудуңдап турган. Талас дарыясынын кооз жерине чоң жыйын өткөрүлүп, таланттуу жаштардын күчү менен көптүн эсине каларлык концерт берилет. Ырчылар ырдап, бийчилер бийлеп, аспапчылар да өнөрлөрүн ортого салат. Кезек Атайга жетип, ал комузу менен сахнага чыгат. Көз жоосун алган кол ойнотмо күү аткарып, аны «Марш ботой» деп атайт. Автор кийинчерээк: «Алгач комсомолго өтүп, жүрөктөн толкуп чыккан сезимимди билдирүү менен Совет бийлиги үчүн күрөшкөн өзүмдөй жаштардын маршы катары чыгаргам» деп эскерген («КМ» 16.05.85).

Атай 1935-жылы Кыргыз мамлекеттик театрында, кийин филармонияда эл аспаптар оркестринде иштеди. «Марш ботойду» оркестрге салган дирижёр Шейше Ороз уулу «Күүдө марш темпи анча сезилбейт, күү «Маш ботой» боюнча калсын» дегенинен улам, ушул аталыш биротоло мыйзамдашып кеткен.

«Ак тамак, Көк тамак», «Саадак какты», «Маш ботой» күүлөрүн уккан адамдын жүрөгүндө Атай деген ысым кошо жаңырып, комуз өнөрүн кол жеткис бийиктикке көтөрүп салган.

«Маш ботой» комузчулардын өздүк репертуарында, ансамблдерде дайыма ойнолуу менен Ала-Тоо гана эмес, аалам мейкиндигин аралап, уккандарды аң-таң калтырып, ойнотмо күүлөрдүн омоктууларынан болуп калды.

Кезегинде окурмандар «Марш ботойбу?» же «Маш ботойбу?» деген күдүк ойлордун туткунунда калган. Бүдөмүктүн да жөнү бар. Чыгарманын ички маанисине баш баккандар балким «ботой боздогун» көңүлгө тутса, салтанат-шаңга чулганган «марш» маанини ыраа көрбөйт. Ал эми кол ойнотуудагы коздук көңүл көтөргөн маанай «маш» (машташуу, ылайыкташуу) үчүн жаралгансып, «ботойго» бой бербей чертилет.

Тек, салттык «Ботой» жанрын өркүндөтүүчүлөр советтик доорго ботой боздогун ыраа көрбөй, аны жаңыча салтанат ыргактарга салган. Не десек да «Марш ботойбу», «Маш ботойбу» (күү маанисин эске алып жатабыз) комуз өнөрүн өлбөс-өчпөс, классика бийигиндеги чыгармалардын үлгүсү. «Өзгөчө композитор Б. Фефермандын «Маш ботой» күүсүнө жазган салтанаттуу увертюрасы чыныгы чыгармачылык изденүүнүн үлгүсү. Атайдын ушул эле күүсү А. Аманбаевдин «Бий сюитасына» да негиз кылып алынган. Деги Атай профессионалдык музыкабыздын байышына зор салымдарды кошту» деп жазат музыковед В. Виноградов.

«Атай комузда кол ойнотуп черткенде, айрыкча «Маш ботой», «Ак тамак, Көк тамакка» келгенде мүдүрүлбөс күлүктөрдөй шартылдатып, кыргыйдын канатындай зыпылдатып, кылга эки колу тең тийип, комуздан кош добуштуу үн чыгарар эле. Мен көргөндөн жана уккандан Атайдай кол ойнотуп черткен комузчу болбосо керек».[79]

«Андан кийин Атай сахнага чыкты. «Маш ботойду» баштады. Биртике кызый түшкөндөн кийин колду бир ойнотту дейсиң, жыгачка жан кирип, кылга тил бүтүп төрт кыл комуздун сайраганын айтпа! Так ошол учурда жетекчилердин биринин сөзүнө көңүл буруп, ложада отурган Сталин кылчая калган эле. Климент Ворошилов аны акырын ийинге түртүп, сөөмөйү менен Атайды көрсөттү. Сталин көрө сала кол чаап жиберди. Зал дүңгүрөтүп коштоп кетти. «Атай-Атай да» деп, арабызда сөз болуп жатты»

*(Акын Абдрасул Токтомушевдин эскерүүсүнөн).*

79 Чалагыз Иманкулов. Өмүр элестери. – Ф., 1970. 84-бет.

## Мас ботой

Маркумду жайына коюп келатканбыз.

– Балам, бу дүйнөдө бизге окшоп өкүргөндөр барбы? – деп калды бир аксакал.

– Бар, – дедим, кыргыздарга окшоп казактар өкүрөт өлгөнгө. Атасынан ажырап, баш оту менен карызга батып калган адам комуз чертип жатты.

– Күүңүздүн аты эмне?

– «Мас ботой», – деп, мага карабай көз жашын кылгыртты.

Көпчүлүк эл киши өлгөндө кыбыр эткендин баарын өз динине тууралашат. Ислам done, адам каза болгон үйдө бир нече күн от жагылбайт, тамак бышырылбайт. Башына кайгы түшкөндөргө жакындары тамак алып келип берип көңүл айтышат. Кыргызды түшүнүп болбойт: өкүргөнү – шаманизм, жаназа-доорону – исламизм, арагы – социализм. Ал эми тойдогудай – тамак ашы, кайрымдуулук фондусу чүпүрөк таратышы, марафон сымал акча чогултушу кайсы динге байланат?

Ар кайсы диндин жамаачыланган каада-салттарыбыз мас кишинин кебиндей, же «Мас ботой» комуз кайрыктарындай жүрөк айныткан көрүнүш.

**Радионун музыкалык «Алтын казынадагы» алынган «Ботой» күүлөрү:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Ботой» | 1166 | 2’16 | Большевик Абдыжалилов |
| 2 | «Маш ботой» | 6547 | 1’38 | Сексенбай Айманбетов |
| 3 | «Ботой» (1963) | 2638 | 2’17 | Калык Акиев |
| 4 | «Токтогулдун ботою» | 7991 | 1’53 | Калык Акиев |
| 5 | «Акбаланын ботою» (1960) | 8012 | 1’20 | Самсалы Аликеев |
| 6 | «Ботой» | 8011 | 1’23 | Самсалы Аликеев (Кудайберген) |
| 7 | «Болпокенин ботою» | 7991 | 1’53 | Самсалы Аликеев |
| 8 | «Карагул ботом» | 9562 | 8’18 | Кулмат Асанбаев (кыяк) |

| № | Куунун аталышы | Фонд номери | Куунун убактысы | Кууну жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 9 | «Карагул ботом» | 7971 | 2'03 | Самсалы Аликеев 84 жаш (Куреңкөй) |
| 10 | «Ботой» (1962) | 8072 | 2'37 | Мекиш Баатаев |
| 11 | «Жаш ботой» | 8055 | 2'46 | Мекиш Баатаев |
| 12 | «Ботой» | 1783 | 1'25 | Эркесары (Ниязаалы) |
| 13 | «Сартбайдын ботою» | 8159 | 1'47 | Эркесары (Ниязаалы) |
| 14 | «Боккөтөндүн ботою» | 8160 | 1'10 | Эркесары (Ниязаалы) |
| 15 | «Ботой» | 1177 | 3'30 | Саид Бекмуратов |
| 16 | «Чаржайыт ботой» | 821 | 2'24 | Чалагыз Иманкулов |
| 17 | «Маш ботой» | М.345 | 1'35 | Мейилкан Козубекова |
| 18 | «Ботой» | 3097 | 2'30 | Асанаалы Кыштобаев |
| 19 | «Ботой» | 3130 | 3'50 | Болуш Мадазимов |
| 20 | «Ботой» | М.322 | 1'32 | Муса Молдо |
| 21 | «Боккөтөндүн ботою» | 1656 | 2'30 | Акматалы Моңолдоров |
| 22 | «Ботой» | 1662 | 1'20 | Акматалы Моңолдоров |
| 23 | Атай «Ботой» | 2508 | 1'55 | Акматалы Моңолдоров |
| 24 | «Чаржайыт ботой» | 367 | 2'57 | Карамолдо Орозов |
| 25 | «Айда, ботой» | 364 | 2'44 | Карамолдо Орозов |
| 26 | «Жумалак ботой» | 519 | 2'27 | Карамолдо Орозов |
| 27 | «Салмоюн ботой» | 8956 | 2'06 | Усуп Орозов |
| 28 | «Боккөтөндүн ботою» | 1405 | 2'11 | Бектур Осмонов |
| 29 | «Арстанбектин калыс ботою» | 3064 | 2'51 | Ыбырай Туманов |
| 30 | «Боккөтөндүн ботою» | 3064 | 1'12 | Ыбырай Туманов |
| 31 | «Жолбундун ботою» | 3062 | 2'05 | Ыбырай Туманов |
| 32 | «Кыдыр акенин ботою» | 3068 | 1'52 | Ыбырай Туманов |
| 33 | «Сейилкандын ботою» | 3067 | 2'15 | Ыбырай Туманов |
| 34 | «Жумалак ботой» | 9665 | 3'24 | Ыбырай Туманов |
| 35 | «Кербез-ботой» (Кудайырбек) | 9678 | 2'16 | Ыбырай Туманов |
| 36 | «Куу ингендин ботою» | 9091 | 1'50 | Ыбырай Туманов |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 37 | «Жыргал ботой» | 2208 | 1'42 | Касымалы Тойгожоев |
| 38 | «Жыйнак ботой» | 3277 | 3'07 | Кулбай Түмөнбаев |
| 39 | «Ботой бийи» | 5499 | 3'55 | Таштанбек Чыналиев |
| 40 | «Ойноок ботой» | 5498 | 4'04 | Таштанбек Чыналиев |
| 41 | Шекербектин ботою (Шекербек) | 5766 | 1'35 | Таштанбек Чыналиев |
| 42 | «Тайлагы өлгөн төөнүн арманы» | 9129 | 4'45 | Датка Шаакеев |
| 43 | «Маш ботой» (Атай) | 3696 | 2'20 | Асылбек Эшманбетов |
| 44 | «Токтогулдун ботою» | 431 | 2'10 | Асылбек Эшманбетов |
| 45 | «Айдама ботой» | 3701 | 2'32 | Асылбек Эшманбетов |

# КЕРЭЭЗ КҮҮЛӨР

Эки дүйнө аралыгында жаткан адам акыркы ирет жакындарына, артында калган балдарына, тууган туушкандарына кайрылуу жасап, кандайдыр талап-сураныычын жарыя салуу аманат-керээз аталып келет. О дүйнө салар өлүм алдындагы адамды жалгыз калтырбай, айланчыктап жанында болуу, ага ар мүнөт сайын көз кырын салып туруу, айткан-дегенин «лам» дебей аткаруу жакын саналаштар үчүн ыйык милдет катары кабылданган.

Кыргыздар ата-баба калтырган керээзге кайдыгер караган эмес. Акындар, аспапчылар, сөз билги чечендер керээзди келиштире иштеп чыгып, поэзия, музыка тилдеринде акыл-насаат тургусунда атпай журтка таратып келишкен. Өткөн жана азыркы учурдун аттуу-баштуу инсандары калтырган «керээз» кеп-кеңештери көңүлгө алынып, айрымдары адабий-музыкалык мурастарды толуктап турат.

Поэзия жамаатында, деги эле көркөм адабиятта толгон-токой керээздерди кездештиребиз: «Манастын керээзи», «Көкөтөйдүн керээзи», «Курманбектин керээзи», «Жамгырчынын керээзи», «Алымкулдун керээзи», «Атанын керээзи», «Балбайдын керээзи», «Ормондун керээзи», «Боромбайдын керээзи», «Хан Кененин керээзи», «Абдылдабектин керээзи», «Эшманбеттин керээзи», ошондой эле замандаштарыбыз «Исхак Раззаковдун керээзи», «Аалы Токомбаевдин керээзи», «Кусейин Карасай уулунун керээзи», «Чыңгыз Айтматовдун керээзи», «Сүйүмөнкул Чокмор уулунун керээзи» ж.б.

Керээз темасы аспаптык чыгармаларда да жаңырып, атпай журттун аңдоосуна алынып, музыкалык мурастарга салымын кошуп, угармандар талабын канагаттандырып келет: «Керээз күү» (Абдрай уулу Молдокерим), «Балбактын керээзи» (Ыбырай), «Кудайбергендин керээзи», «Майлыбайдын керээзи»,

«Самсалынын керээзи», (Алике уулу), «Арстанбектин керээзи» (Ыбырай), «Шооруктун керээзи» (Шааке уулу Датка), «Балбайдын керээзи» (Асанбек Кыдырназар уулу) ж.б.

## Манастын керээзи

Манас өлөрүндө караниет туугандары Абыке, Көбөш жалгыз уулу Семетейге зыян кылып койбосун деген ниетте Каныкей менен Бакайга айткан керээзи:

Айым, келе бери колуңду.
Ажал жетип мен өлсөм,
Өзөн бойлой конбогун,
Өрт өчкөндөй болбогун!
Жыйган алтын чачып кет,
Түн жамынып качып кет.
Эри өлгөн катынга,
Төркүнү жакын болучу.
Темиркан атаң шаарына,
Тентип кирип көчүп кет.
Өлгөндө көргөн чунактын,
Кыркып берип чыбыгын,
Кылып берип ырымын,
Мойнуна тумар тактыргын,
Уялашың Ысмайылга бактыргын.
Жашы он экиге келгенде
Кайра Талас көргөзгүн.

Менин көзүм өткөндө,
Талас сага жер болбойт,
Ага-иним сени жөн койбойт.
Алтының болбой көмүрчө,
Арам ит абийирди билбейт семирсе.
Күмүшүң болбойт көмүрчө,
Кесек ит күйгөндү билбейт семирсе.

Кокусунан мен өлсөм,
Белгилүү жерге сен көмсөң,
Көрүмдү ачып албасын,
Жол үстүнө сүйрөтүп,

Даңгыт иттер жарбасын.
Кетмендеп орум оё көр.
Бир адамга билгизбей,
Кеңеш салып Бакайга,
Билинбес жерге коё көр.

Кабылан Бакай кан абам,
Найзаны кармап бура көр.
Кайран жан ары кеткенче,
Кашымда карап тура көр.

Катагандын кан Кошой,
Жаназама турсун де.
Эламандын Эр Төштүк,
Кызматын мыктап кылсын де.
Карачанын Сайкалы,
Кайраның бетин тытсын де.
Анты-шерти бар эле,
Айтканымды уксун де.
Тең ата кылып мен турдум,
Тентиген журттун башында.
Өтмөк болдум мынакей,
Элүү алты жашымда».[80]

## Көкөтөйдүн керээзи

«Манас» эпосундагы көрүнүктүү окуялырдын бири «Көкөтөйдүн ашы». Көкөтөй өлөөр алдында элине керээз айтат:

Ажалым жеткен окшоду,
Аманат жанды копшоду.
Балам жаш калды,
Малым бош калды,
Айымкүлдөй катыным калды.
Атпай журт – кыргыз калкым калды.

Сайылган бойдон тал калды,
Жайылган бойдон мал калды.
Жыйылган бойдон пул калды,
Алганым жесир тул калды.

80 Кыргыз руху – Манас // Ала-Тоо. – Б., 1995. №1, 17-25-беттер.

Көкөтөйдүн керээз-арманы байыркы Енисей эстеликтериндеги жазмаларга маанилеш болгондугу менен көңүлдү бурбай койбойт. Енисей эстелигинде: «Теңири элимден, кыз-уланымдан, өгүз уулум, алты миң жылкымдан айрылдым»... өргөөдөгү каанышам... уулум сиздерден, сансыз малым, жылкыларымдан айрылдым»... деген саптар Көкөтөйдүн керээзинде ырга айландырган түрү бар сыяктанат.

## Жамгырчынын керээзи

«Саринжи-Бөкөй» эпостук дастан катары кеңири белгилүү чыгарма. Ошондой эле, обонтон комуз күүлөрүндө да чертилип келет. Түштүк чөлкөмүндө көбүрөөк белгилүү бул элдик күүнү таланттуу комузчу Болуш Мадазимов көркөм бийиктикке жеткире иштеп чыккан. Улуттук музыкалык маданиятыбызда «Саринжи-Бөкөй» күүсүнүн алган орду өзгөчө. Болуш Мадазимов «Саринжи-Бөкөйдү» айтым күүгө иштеп чыгып, Жамгырчынын иниси Бөкөйгө уулу Саринжини табыштап турган керээзин тандап алган.

Алты канат ак ордо,
Аркасынан капшырдым.
Алганым Каныш жарымды,
Адыр толгон малымды,
Алтын күмүш зарымды,
Айры өркөчтүү нарымды,
Урулуу коргон багымды,
Угуп тур, Бөкөй, агаңды,
Баарын сага тапшырдым.
Артымда калган жетимди,
Бөкөй, өз баладай көрүңүз.
Кайгырбасын Саринжи,
Биз тирүү эмес, өлүүбүз.
Карачанын Бермети,
Кайындатып алпарып,
Алып бер жалгыз курдашын.
«Атасы болсо өлгөн» деп,
Ар ким кастык кылбасын...

Тапшырдым, Бөкөй, жалгызды,
Кор кылба жетим байкушту.

Сен төртөөсүӊ ал жалгыз,
Жетимдин ашын ичирбе,
Боздотпогун байкушту.
Артылтып камчы чаптырба,
Жалгыздын көөнүн баскыла.

Ай жамалдуу бото көз,
Алпергин курдаш, өз жарын.
Айдап бер, Бөкөй, өз малын.
Арбагын сыйлап акеӊдин,
Ал жетимге көз салгын.[81]

## Бишкектин керээзи

Борбор шаарыбыздын 125 жылдык маарекесинде Бишкек баатырдын кыбырасы Сарман Алымбеков сөз сүйлөгөн:

Чаа баатырдан – Жоочалыш. Андан – Кенен, Белек деген эки уул. Бишкектин энеси Куул байбиче Жедигер элинен Кенендин аялы. Кенен өлгөндө Куул байбичени кайниси Белекке никелештирген. Бишкектин Баймуратынан – Элчи Чочой, Карачолок, Карачолоктон – Сарбан, Шапак. Шапактан – Курманалы, Курманалыдан – Алымбек. Алымбектен – Сарман.

Бишкектин он эки канат үйү, жылкысы, уйлары, койлору болгон. Ала-Арчанын Чуӊкурчак жайлоосунда жайлаган. Бишкек баатыр 83 жашында каза болуп керээзин калтырган.

Жылдардын бир жылдарында, Аламүдүндүн Чуӊкурчак жайлооосуна көчүп барып, Бишкек келте оорусуна чалдыгып, өлөөр алдында Баймурат, Манапкозу, Манаппай, Жорго, Ырыскул деген уулдарын чакыртып керээзин айтат: «Менин сөөгүмдү тоо-таштын арасына жалгыз бейит кылып калтырбагыла. Сөөгүмдү Аламүдүн суусунун боюна кара жолдун капталындагы дөбөгө койгула. Колуӊардан келсе колектеп болсо да күмбөз тургузгула. Экинчи айтарым, Бөлөкбай, Талкан элине кабар берип, бейитимдин үстүнө ат чаап, аттын байгесине көчкөндө жүк артчу Кара атанды карматкыла». Анан келин-кыздарын маӊдайына чакыртып, «мен өлгөндө мындай кошкула» деп үйрөткөн экен:

Басып турган жериӊе,
Базарлуу шаар орносун, ата.

81 Саринжи-Бөкөй. – Ф., 1958.

Калып калган жериңе,
Капкалуу шаар орносун, ата…

Бишкектин айтканы айткандай келди. Бишкек жашаган «Төрткүл» аймагы (азыркы эски автовокзалдын бет маңдайы) «Бишкек» аталды. Көп өтпөй капкалуу калаага айланды. Аны орустар өз тилине ылайыкташтырып «Пишпек» деген аталышка алмаштырды. Бишкек өлгөндөн кийин деле эл ичи тынчыбады. Уруу менен уруулар чабышты. 1823-жылы солто-сарбагыш чабышты, 1847-1948-жылдары казак төрөсү Кенесары, Ноорузбай басып кирди, 1862-жылы Кокон ханынын беги Рахматулланы Байтик баатыр өлтүрдү.

Күндөрдүн биринде Анжиян тараптан келаткан эки соодагер (бакалчы) арабасын сындырып алып, күмбөзгө түнөп калышат. Өткөн-кеткен кыргыздар Токмокко жетпей күмбөздү туруктап калган соодагерлерден ийне, жип, кант, чай, самын, мата сатып алып, үйлөрүнө кайтышат. Соодагерлердин кабары биринен бирине тарап:

– Ой, аныңарды кайдан табабыз? – деп сурашканда:

– Бишкектин күмбөзүнөн табасыңар, – дешет.

Бакалчы өзбектер күмбөздүн жанына жер үй куруп, соодасын жүргүзө беришет. Үйгө үй уланып көбөйө баштайт. Бара-бара бул жер «Бишкек» аталып, бүгүнкү күндө Кыргыз мамлекетинин борбор каласына айланды. Бүгүн Бишкектин 5 уулунан 30 түтүн Сокулук районундагы Чат-Көл айлында жашап турушат. [82]

## Мооруктун керээзи

(Буудайбек Сабыр улунун эскерүүсүнөн).

1965-жылы Илимдер академиясынын кеңсесине эки карыя келип калды. Бири атактуу кыякчы Датка болуп чыкты. Датка ата кыягын миң кубултуп тартып жатты. Экөөнү тең кечинде үйгө ээрчитип кеттим.

Эртеси сүрөтчү Валерий Ким карыя кыякчынын сүрөтүн (портретин) тартты. Окчунураак жерде тарткан күүлөрүн тизмелөөдөмүн. Дагы бир күнү Түгөлбай аке (Сыдыкбек уулу) телефон чалып, Датка атаны ээрчитип барып калдык. Үй ээси чоң кубаныч менен тосуп алды.

82 Ш. Үмөталиев. Турмуш ашуусу. – Ф., 1983. 139-140-беттер.

– Карыяга жумшагыраак болсун деп атайын тай этин алдырдым – деп, тайдын жалын кесип алдыбызга коюп, дасторкон үстүндө баарлашып отурдук. Тамак желип, Датка атанын күүлөрүнө көңүл төшөдүк…

Көп күүлөрдү тартты. Ошолордун бири «Мооруктун керээзи» (арманы деп да тартылат). «Илгери-илгери түштүк тарапта Моорук деген мыкты кыякчы жашаптыр. Аш-тойлор анда ат чабышсыз өтчү эмес. «Ат кетти», «Ат келет» аттуу ураандар Мооруктун кыл кыягында кыңылдап, марага келгендер олжого марып, кыякчыга да кымбат чепкендер жабылганы. Моорук 60тан ашып калганда Алайкууга келип, эл аралап, жыйындан-жыйынга чакырылып, өнөрүн тартуулап, бир канча мезгил жүрүп калат. Туулган жерине мына кайтам деп турганда кеселге кабылып, оорусу өтүшө берип, өлөөрүнө көзү жеткенде, жакын санаалаштарын жанына чакырып, кыягын кыңылдата тартып, «сөөгүмдү өз жериме койгула…» – деп, керээз күүсүн айтып тартат. Күү аяктаары менен керилип жаткан калыбында үзүлөт. Колундагы кыңылдаган кыяк кылы да үзүлөт…».

Датка-кыякчы шаарда бир нече күн жүрүп, радиого күүлөрүн жаздырган. Ошол күүлөрдүн бири «Мооруктун керээзи» деп аталат.[83]

## Боронбайдын керээзи

XIX кылымда Кокон хандыгынын зордугу, уруулар ортосундагы чабыштар, Казак султандары Кенесары менен Ноорузбайдын жортуулу жүрүп жүздөгөн адамдар өлүп, миңдеген адамдар үй-жайынан ажырап, бүлүнүп, тентип, тербип калышкан. Бугу уруусунун билерманы Боронбай мындай уруучулук жаңжалды жактыра бербегендиктен, Ормончосунан ага катышкан эмес. 1858-жылы катуу ооруп жатканда Черик уруусунун чыгааны Атамбек келет. Өлөөр алдында акыркы керээзин айтып, эл тынчтыгы жөнүндө оюн ортого салат: «Чериктен келген элчинин каарын жандырдым, Чериктер менен чабышканды коюп, кудалашып кыз берели. Булардан олжо чаап алганыңар болсо кунуна күлүк ат тарткыла, колуна куш кондургула. Чериктин бир да малы зыянга учурабасын. Биз Ала-Тоонун аркы жагындагы, Чериктер берки жагындагы чий менен туурдуктай ажырагыс элбиз. Жамандашпайлы,

83 Балбай Алагушев. Кылымдарды жылоологон күүлөр. – Ф., 1985. 168-бет.

араздашпайлы. Мен тирүү турганда ошондой кылам. Өлсөм, керээзим ушул. Эми тарагыла» – дейт. Айтканындай он эки үйлүү чериктерди жазында көчүрүп келген. Ошол 1858-жылы жазында Боронбай о дүйнө салган. Өлөөр алдында ыр, макал-лакап аралаштыра «керээзин» айткан. Боронбайдын кенендигинен, айкөлдүгүнөн бугулардын ичине бир айыл саруулар, кытайлар, мундуздар, дөөлөстөр, коңураттар, кыпчактар, теңизбайлар, моңолдорлор, кушчулар, дуңгандар, орустар, ногойлор, уйгурлар, сарттар баткан.

Аргымак жалын беш бөлүп
Өргөнүң калат, жигиттер.
Адырлуу жерден из чалып,
Жүргөнүң калат, жигиттер.

Бүрмөчүгүн бүрмөлөп,
Термечигин термелеп,
Кемпирлер өткөн дүйнө ошол.
Керимселдей керилген,
Келиндер өткөн дүйнө ошол.

Кызгалдактай кылактап,
Кыздар өткөн дүйнө ошол.
Таштан ташка куушуп,
Балдар өткөн дүйнө ошол.
Какайган бели бекчейип,
Кара көзү чекчейип,
Чалдар өткөн дүйнө ошол.

Буулуктап ажал тез келди,
Боронбайга кез келди.
Муратаалы, Тилекмат,
Калың Бугу элиңди,
Башкарууга кез келди.[84]

Мезгилдин чыгаан акындарынын бири Солтобай төкмө «Керээзди» дастанга иштеп чыккан.

Заманың тар болор,
Залимдин сөзү шар болор.
Пейли жумшак бечаралар кар болор.
Алдамчы көп болор,

84 Кыргыз санжырасы. – Б., 1994. 122-123-беттер.

Айткан сөзү эп болор.
Калыстык жок болор,
Касиеттүү сөздөр токтолор.
Уурулар шок болор,
Убадасы жок болор.
Эл-журтум, ук сөзүмдү,
Ач көзүңдү, аңдагын өзүңдү!
Тегиз тыңда кебимди,
Жерге салгын эгинди.
Айтайын керээз кебимди.
Сарбагыштын зарпынан,
Күйдүргөндүн дартынан,
Баштап келдим орусту,
Баш карматтым болушту.
Баш көтөрбөй моюн сун
Шарыят менен мыйзамга.
Түркмөн менен Өмүрзак,
Жакшылап кара багымды…

Боронбай кара кийип бет тырмаган каада салтты, ат чаап, эр сайышып аш берген адатты жактырчу эмес. Бак тигип, жер айдап, там салып, отурукташкыла, орустар менен жарнакташып оокат кылгыла деген керээзин таштап кеткен:

Журтум, ат чаптырба ашыма,
Коргон урба башыма.
Кожо молдо кеп айтат,
«Күнөө болот» деп айтат.
Коргондун өзүн дубал дейт.
Өлгөн жанга убал дейт.
Ат чаптырба ашыма,
Ат чаптырсаң ашыма,
Чапкан ат келип өлгөндү,
Тебелеп кетет деп айтат.
Сөзүмдү уккун, байбиче,
Башыңа кара салбагын.
Беш тырмак салып бетиңе,
Менин убалыма калбагын.
Акылың болсо ойлонуп,
Айткан сөзүм кууп ал.

Айнектей бетке так салбай,
Башыңды ак жоолук менен бууп ал,
Журтум, Ысык-Көлгө ыктаңар,
Каркырадан чыкпаңар.
Түлкүлөрүн ыштаңар,
Түп, Жыргалаң кыштаңар.
Четтен келген коңшуну,
Өз туугандай куштаңар.
Эгин айдап, бак тигип,
Көнүккүлө дыйканга.
Өрөөнүмө бак сайдым,
Өрнөк болсун деп сайдым.
*(«Керээз» кыскартылып алынды).*

## Абдылдабектин керээзи

Күндөрдүн биринде Ош телеберүүсүнөн комузчу Чырмаш Байтик уулу «Курманжандын көз жашы», «Жамшитбектин жай толгоо» аттуу күүлөрдү чертти. Комузчунун аткаруучулук дарамети жана коомчулукка тааныш эмес күүлөрдү эфир толкунунда угармандарга сунуш кылган аракети чоң таасир калтырган. Калам-кагазымды колума алып, ошол замат бейтааныш комузчуга кат жолдодум. Көп кечикпей каттын жообу да келди. Катта кабарлаган күү баяны тууралуу кайсы бир маалыматтарды ортого салайын.

Чырмаш комузчу ата-теги жөнүндө: «Туугандык жайыбыз Алымбек даткага барып такалат. Алымбектин уулу Абдылдабек, Абдылдабектен Мырзапаяз. Мырзапаяздан Нисакан деген кызы Байтик атамдын апасы. Байтик атам да айылдагы билерман адамдардын бири, чоң комузчу болгон. «Мендеги күүчүлдүк өнөр Алымбек датканын уулу Маамытбектен жуккан» деп калуучу. Алымбек датканын бакма уулу Карабектин баласы Жамшитбек да таланттуу күү жаратман. Атам Байтик 1951-жылы кайтыш болду. Анда мен 17 жаштамын. Ал кишиден азыркы комузчуларга тааныш эмес «Алымбектин арманы», «Курманжан датканын көз жашы», «Учма поюз», «Ак буура», «Жамшитбектин жай толгоо», «Абдылдабектин керээзи» ж.б. күүлөрдү алып калгам. Бул күүлөрдүн бир даарын 1957-жылы радиого жаздыргам, фондуга калтырабыз дешкен, калтырдыбы биле албадым» — деген эле. Угушума караганда, бейиши болгур, Чырмаш да бул дүйнөдөн

өтүп кеткен экен. Арбакты сыйлап, ал сунуш кылган «Керээз» күүлөрдөн китепке киргиздим.

Алымбек даткадан жети уул: эң улуусу — Жаркынбай. Курманжан даткадан: Абдылдабек (1843-1876); Баатырбек (1848-1895); Маамытбек (1850-1893); Асанбек (1852-1853); Камчыбек (1863-1895). Балдардын улуусу Абдылдабек болгону 33 жыл өмүр сүрдү. Ошол кыска өмүрү кылымга тете татаал болду. Ал оор тагдырды баштан кечирди. Абдылдабек эки багытта: орус баскынчыларына жана Кокон талоончуларына каршы күрөш ачты. Бирок, күч тең эмес эле. Кырдаал 1876-жылы Ооганстанга ооп кетүүгө аргасыз кылды. Кайсы бир кармашта Абдылдабектин кылыч тийген мүрү кабылдап, жарык дүйнө менен кош айтууга мажбур кылды. Өлөр алдында: «Менин жүрөгүмдү сууруп, ак кийизге ороп, Алайга алып барып койгула» деген керээзин калтырган. Айтканындай, сөөгүн убактылуу Кабулдун көрүстөнүнө жашырып, алты айдан кийин Самтыр балбан башында турган жигиттер күзгө жуук барып, көрүстөндү ачып, сөөктү тазалап, жууп, белинен бүктөп, экиге бөлүп, кашкар куржунга салып, Базыбай дегендин Тайбуурул күлүгүнө жүктөп, түнү менен качып чыгышат. Жети күн дегенде Жошолуга жетип, Абдылдабек маркумдун айтканындай керээзин аткарышат. Абдылдабектин арман керээзи ооздон-оозго ыр түрүндө өтүп, аспапта «армандар» топтомунда, кыл кайрыгына салынган. Памир-Алай кыргыздарында айтылган Абдылдабектин арман керээзинен бир үзүм:

Сагынып-сагынып дуба айтың
Кастанат иним баатырга,
Тамаша кылган тагдырга.
Сагынып-сагынып дуба айтың,
Беш көкүл калган жарыма.
Бекмураттай карыма.
Сагынып-сагынып дуба айтың,
Ташмат, Мурза тагама,
Табар Туйгун жеңеме.
Сагынып-сагынып дуба айтың,
Байбичедей энеме.

Туздуу сууну жайласын,
«Кулунум» деп куурасын.
«Ботом» деп мага боздосун,

Арбайымды сыйласын,
Азарым тартып ыйласын.
Аккары кийсин бутуга,
Ыраазы болсун байбиче,
Бизге берген сүтүгө.
Уай Омарбек, датка-аке,
Чыгып ла кетсе жанымды,
Алып кет жүктөп сөөгүмдү,
Арканды бешкат бүктөй көр,
Гүлүшө карай жүктөй көр.
Кызыл-Артты ашыргын,
Гүлүмөгө жашыргын.
Күндөн-күнгө оорлоп,
Пастап барат касалим.
Чайга салган асалим.
Бошоплар калды буунум,
Сагыры (жетим) калды эгасиз,
Мурзапаяз уулум.
Алтын ээр каш калды,
Аттаӊ ай, Паяз жаш калды,
Күмүш ээр каш калды.
Кулпатым ыйлап жаш калды.
Алты канат ак үйдү,
Алты айлана капшырдым.
Алты жашар уулумду,
Жаркынбайга тапшырдым.
Жети канат ак үйдү,
Жети айлана капшырдым.
Жети жашар уулумду,
Жаркынбайга тапшырдым.
Уай Омарбек, датка-аке,
Тулку боюм сыздады,
Жүрөгүм башы муздады,
Күдөрүм жандан үзүлдү,
Күйкөдөй көзүм сүзүлдү…

Мургабдык карыя Мейманбайдан жазып алып, басууга даярдаган Омарбек Тиллебай уулу.

## Асан бийдин керээзи

Алымбек датканын атасы Асан бий Шамырза уулу өз доорунун сабаттуу адамдарынан болгон. Асан бий байлыгын да, бийлигин да уулу Алымбекке мурас калтырган. Көзү өтүп баратканда: «Уулум, уккун кебимди. Байлыкка башыңды малып, бийликке эсирип кетпе. Кедей-кембагалдарга кайрымдуу бол. Колдон келип турганда элиңе бир эстелик калтыр. Андай эстеликтин эң керектүүсү азыркы заманда медресе-мечит десем туура болор» деп керээз калтырган. Алымбек датка атасынын керээзин жерге таштабай, Ош шаарына заңкайта медресе салдырган.

## Исхак Раззаковдун керээзи

Исхак Раззаков 1910-жылы Лейлек районунун Коросон айлында шахтердун үй-бүлөсүндө туулган. Энеси Жамийла көз жумганда катар тигилген боз үйлөрдүн эшигин ачып, апасын издеп жүргөн баланы байкоос алган байбиче:

— Айланайын, балам, кимди издеп жүрөсүң? — деп сураганда:

— Мен энем Жамийланы издеп жүрөм, — деп көзүн жашылдантып жооп бергенде, уккандар бүт ыйлаган экен.

Ак эшме деген жер алдындагы эшилген кумдан «шаар» куруп ойноп жаткан балдардын жанына бастырып келген акылман Амир ажы: «Эмне кылып жатасыңар?» — деп суроо салат. Балдардан озунуп алды менен жети жашар Исхак жооп берет: «Ата, ушул жерге шаар курабыз». Көптү көргөн көсөм карыя Искакка ичи жылып: «Аттиң ай, биз көрбөй калабыз го?! Бул баладан бирдеме чыгат» — деген экен. Ырасында эле, Искак Раззак уулу кийин Өзбекстан, Кыргызстан, Таджикистанда атагы таш жарган мамлекеттик ишмер, даанышман инсан болгондугуна тарых күбө.

Белгилүү саясатчы Жумагул Сааданбек уулунун «Зарылдыкта жаралган залкар адам» деген макаласында: «Исхак Раззаков теңдешсиз оор мезгилде, эл чарбасы согуштан кийин кыйрап калганда, эл жакырчылыкка бастырып турганда, 40-50 жылдары улуттук лидер катары саясий асманыбыздын жылдызы болуп жаркырап жанып чыкты. Исхак агабыз кыргыз элинен жаралса, ал кыргыз элин кайрадан жаратуу үчүн өз мезгилинде, өз учурунда атка минди… Агабыздын чечендиги, элдик трибундугу, тамашакөйлүгү элдик легендага айланды» — деп жазган.

Раззаковдун Хрущевго берген жообу уккан адамды таң калтырат. Андагы кайраттуулук, эрдик, каармандык, жайдары, юмор ширелишкен сапаттар чанда адамда болот. Канча бир акылдуумун дегендер коркоктугунан, бок жүрөктүгүнөн кор болуп, тарыхый аренадан жылмышып кете берди. Ошондой эле жолборс жүрөк канча адам акылы, билиминин тайыздыгынан урунарга жоо таппай өзү да убара, элди да убара кылды. Сабак ала турган, үлгү тута турган Исхак Раззаковдой, Жусуп Абдракмановдой агаларга гана акыл менен кайрат терең жуурулушкан» («КМ» №25).

Ырас, мен атуулмун дегендер үчүн Исхак Раззак уулунун өмүрү, ишмердиги айныксыз, үлгү болоору тарыхый чындык. Атактуу инсандардын мааракелери өткөрүлүп, айыл-кыштак, мектеп, мекемелерге, көчөлөргө ысымдары ыйгарылып, көргөзмөлөр музейлер ачылар. Булар жакшы саамалык. Эң башкысы элинин эртеңки келечеги үчүн бар күчүн, билимин, билгилигин жумшап, өмүрүн курмандыкка чалган андай атуулдардын өрнөгү тереңден изилденип, талдалып, такталып, улуттук идеология булактарына айлантсак байсалдуу иш жасаган болор элек. Искак Раззак уулунун өрнөгү бул айткандарыбызга толук татыктуу.

Көрпенделик, көшөкөрлүк, мансапкорлук кайран улуу инсанды саясаттын сандырак ушагынан сактай албады... Ал учур өттү-кетти. Искак Раззаков ата-журтунан алыста дүйнөдөн өттү. Жан таслим алдында керээзин калтырууга үлгүргөн экен: «Менин сөөгүм ата журтумда – Кыргызстанда жатсын» деген керээзи. Кеч болсо да орундалды. Улуу инсандын сөөгү борбор калаабыздын ыйык жайына «Ала-Арча» көрүстөнүнө коюлду.

## А. Затаевичтин керээзи

Кыргыз өкмөтүнүн башчысы Жусуп Абдракмановдун демилгеси менен 1928-жылы музыкант, этнограф, композитор А. Затаевичти Кыргызстанга чакырышат. Композитор алгач «бул элде анча татаал эмес жөнөкөй ыр-күүлөр болсо керек» деп ойлогон экен. Тагдырдын буйругуна айла жок, кийинчерээк композитор Абдылас Малдыбай уулу жакшы окуган студенттер менен Москвага экскурсияга барганда Затаевич өзү издеп таап алыптыр. «Мен кары кишимин. Силердин алды жагыңарда келечек турат. Улуттук рухий байлыгыңарды көздүн карегиндей сактагыла, үйрөнгүлө, көбөйткүлө. Жалпы адамзаттын маданий байлыгына үлүшүңөрдү

кошкула. Ошондо гана элдик маданияттын түпкүрүнөн жаралган улуттук музыка – улуттук улуу мурас болуп, өнүп чыгат» деген керээзин калтырган.

А. Затаевичтин «Кыргыз-казак элинин 1000 ыры» деген эмгеги жана 1934-жылы «250 кыргыз аспаптык ырлары жана обон күүлөрү» аттуу жыйнагы жарык көргөн. Анда: «Менин кымбаттуу досторум, сиздер менен ачарчылыкта, суукта жана эпидемия маалында иштештим. Бул эмгекти сиздерге арнадым» деп, жазылган.

## Балбактын керээзи

«Балбактын керээзи» аттуу күүнү радио казынасына Ыбырай Туманов жаздырган. Күү баяны тууралуу комузчу Турганжан Асанаалы уулунун, Карачы Жаналы уулунун айткандары бар: «Балбак чоң комузчу эле, менин устатым болгон», дейт Жанаалы аксакал. Журналист Калыев Мукаштын эскерүүлөрүнө караганда, биз сөз кылып жаткан каарман өзү кедей, бирок өнөрү менен элге алынган, ырга, күүгө бай, шайыр жигит болгон. 1916-жылы эл Кытайга үркүп барганда Зуура деген эстүү, өңдүү-түстүү келин менен таанышып, бирге турмуш куруууга бел байлашат. Качкын келиндин сулуулугуна, жүрүм-турумуна көзү түшкөн бай дунган күч менен тартып кетет. Мындай зордук-зомбулукка чыдабаган Балбак кандай да болбосун, келинди бошотуп алууга, көздөн далдалап алып кетүүгө аракеттенет. Аңдып жүрүп акыры дунгандын торунан бошотуп, ала качып, бир бай уйгурдун жумушун кылып баш пааналашат. Бай дунган сураштырып отуруп, Балбакты таап, карматып келип, өлөрчө сабатып, 100 балак алдырып орго таштатат. Жамбашы, куйругу чирип, оорусу ырбай берет. Өлөрүндө комузун чертип, керээзин айтып, кепеде жатат. Чоң куудул Бөжөй Шадыкан уулу Балбактын жанында болгон. «Киндик каным төгүлгөн Ысык-Көлүмдү көрбөй калдым. Менин ордума комузумду Көлгө ала кет. Керээзим ушул, комузумду сен черт!» – деп Бөжөйгө тапшырган экен.

Ак карлуу тоонун боорунан,
Ак карышкыр улусун.
Артымдан ыйлап турууга,
Аталаштан тууган жок,
Көргөн күнүм курусун… –

деп арманын акырына дейре айта албай үзүлүп кеткен экен.

## Эшманбеттин керээзи

Айтышаарга теңи жок атактуу акын Жеңижоктун «Дубанды жарган чоң күлүк» деген баасына татыган, тоо булбулу Токтогулга теңдеш, чоң акын Эшманбет 1926-жылы Чечекти деген жайлоодо 60 жаш курагында көз жумган. Өлөөр алдында үй-бүлөсү, тели-теңтуштары, айыл аксакалдары менен коштошуп акыркы керээзин ыр менен айткан экен:

Айтайын сөздү угуп тур,
Алган жарым Бүбүайша.
Алланын берген дарты экен,
Жатканым болду бир айча.
Кожо, молдо, табыптан,
Табылбады бир айла.
Жашасам деп дагы да,
Жакшы эле кылдым жан айла.
Балдарым жаш, кызым жаш,
Арзыган ойго жетпедим.
Асылган оору жабышып,
Айланчыктап кетпедиң.
Айланайын, Тай кызым,
Атасыз өсөт окшодуң.
Анарбегим, Маматым,
Ата арбагы колдосун.
Көрсөтпөдүм кантейин,
Тууган урук – Таласың.
Аякта Колпоч уруусу,
Аларды бир күн табарсың.
Кайнагам эле Карага
Таштай койбос талаага.
Балдарым жаш чыркырап,
Алганым Айша тул калды.
Ак кагазга түшпөстөн
Айтылбай бир топ ыр калды.
Ага-тууган алыста,
Айта албадым сырларды... – деп,

келип, «сөөгүмдү айылдагы бейиттен окчун Акжар деген дөбөгө койгула» деген. Эшманбет жети жашынан жетим калып, 1884-жылы кереметтүү Кеңкол, Калба жергесин 18 жашында таштап

кетүүгө аргасыз болгон. Кетмен-Төбөдөгү таякелерин туурдап, тоо булбулу Токтогул менен таанышып, өлөр өлгөнчө акындык өнөрдү аркалаган.

## Кудайбергендин керээз күүсү

Кудайберген Үркүнчү уулу 1852-жылы Кочкордо төрөлгөн. 1937-жылы май айында дүйнөдөн кайткан. Бул киши кыл тергенден өз заманында теңдешсиз комузчу, ашынган мүнүшкөр болгон. Кудайберген эң жакын, ишенимдүү шакирттеринин бири Самсалы Алике уулуна өмүрүнүн аяккы учурларында: «Эки күндүн бири өлүм, эчкинин жашындай жашым калды. Артыма калтырар аманатым ушул болсун, устатым Кудайбергендин күүсү деп чертип жүр» – деп, керээз күүсүн калтырган экен. Күү жыйнаган дербиштердин бири Буудайбек Сабыр уулу атактуу комузчу Самсалы Алике уулун жетелеп, 1963-жылы март айларынын биринде студияга алып келди.

– Бүгүн күүлөрүңүздүн баарын чертесиз!– деди үн режиссер Павлик Үсөнов.

– Жарайт. Колго күч келе турган күүлөрдү алдына салайын, – деп карыя күүлөрүн жаздырууга киришти. Бул күнү элүүгө жакын күү жаздырды. Эртеси эрте менен:

– Балам, үч күү калган турбайбы! – деп калды.

– Кайсы күүлөр?

– «Майлыбайдын керээзи», «Кудайбергендин керээзи», «Самсалынын керээзи».

– Бул күүлөр не себептен минтип аталып калган?

– Өткөн заманда Кочкор өрөөнүнөн Майлыбай деген комузчу чыккан. Күндөрдүн биринде «Майлыбайдын оорусу катуу, силерди чакырып атат» деп, Кудайберген экөөбүзгө кабар келди. Барсак төшөктө жаткан экен.

– Силерди чакыртканым бул. Менде эки арман бар. Биринчиси, артымда туяк калбады. Экинчиси күүлөрүм алып калчулар болбоду, өзүм менен бирге кетип бара жатат. Жок дегенде «Керээзимди» алып калышсын деп чакырттым. Комузчу жаздыктан башын көтөрүп, «Керээзин» эки кайталап чертип берди.

– Алдыңарбы? – деди.

– Алдык, – дедик. [85]

85 Б. Сабыр уулу. Унутулгус кездешүүлөр. – Ф., 1977.

## Кусейин Карасаевдин керээзи

Кылымга тете жашап, кымбат мурас калтырган мударис Кусейин Карасай уулу араб, иран, кытай, моңгол, орус тилдерин, ошондой эле, уйгур, татар, өзбек, казак тилдерин билген. Окумуштуу К. Юдахин менен бирдикте «Орус-кыргыз сөздүгүн» түзгөн. Артына 30 томдук эмгек калтырып, архивинде 20 томдой эмгеги тургандыгын байбичеси Айша айтат. Айша эженин эскерүүсүнө караганда, Кусейин ага бир гана ай төшөк тарткан. Кыйналып онтоп ооналактаган эмес. Түнкү саат төрттөрдө ойгонуп «жазып алчу немеңер барбы?» деп сураган. Аскар дароо жазгыч аппараты коё койгон. Ошондо эң акыркы айткан керээзи: «Бу түрк эли түптүү эл. Алар менен дос болуш керек, бир тууган болуш керек. Бөтөнчө Орто Азия эли менен Стамбул түрктөрү биригүү керек...». Акыркы сөзү ушул болду, керээзи ушул болду.

1998-жыл 4-февраль Түрк дүйнөсүнүн улуу аалымы Кусейин Карасай уулун жерге берген күн. Каракол шаарына танапташ, касиеттүү Ысык-Көлдүн секисине Каракол-Ата дөбөдөсүнө таазим этип, тизе бүгүп, дуба кылчу ыйык жай – Карасай-Ата эстелиги тургузулган.

Бул касиеттүү дөбөдө «Өздөштүрүлгөн сөздөр», «Накыл сөздөр», «Камус наама» сыяктуу өлбөс рух жаңырык салып, Кусейин атанын элеси бажырайып көрүнүп турат. «Бөлүнбөгүлө, жарылбагыла... Ынтымакка ырашкер болгула, бири-бириңе асылганыңарды койгула!» деген насыйкаты тоо желиндей жортуп, көл толкунундай жаңырып, комуз кылындай дирилдеп, жүрөккө сыр салып турат.

## Сүймөнкулдун керээзи

Кыргыздын чыгаан уулдарынын бири, сүрөтчү, актёр, комузда, домбрада жакшы ойногон – искусствонун чыныгы адамы Сүймөнкул Чокмор уулу көзү жумулуп бара тканда: «Сүрөтүмдү жакшы сактагыла, эч кимге бербегиле» деп, эки ооз гана керээзин калтырган. Тилекке каршы, үйүн музейге айландырабыз деген демилге ишке ашпай калган, квартирасы сатылып кеткен. 500гө жакын эмгеги талоонго учураган, жок болгон.

Кезинде коюн-колтук алышып жүргөн калемдеш достору жазбаган эмгекти өмүр бою аскер кызматын өтөгөн, орусча өскөн

бир тууган агасы Намырбек Сүймөнкул жөнүндө китеп жазып, эстелик калтырган.

«Караш-караш» фильмине тартылып жатып, мустак Көкөмерен дайрасына агып, бөйрөгүнө суук тийгизип, доо кетирип алышы өлүмүнө себепкер болгон. Анан дагы «Жалаң эркектер» фильминде аскадан учканда оорукчан бөйрөгүнө жаракка кеткен. Ошентип, убагында өмүрдүн, ден-соолуктун баркын сезбей, өнөрдүн өктөмүнөн улам өтүп кеткен маркумду акыркы «керээзи» кепке алынбай калганы өкүнүчтүү.

Сүймөнкул өзүн толук ачып берүүгө үлгүрө албай, бу дүйнөдөн армандуу, сырдуу кетти. Адамкерчилиги бийик, жүрүм-туруму жөнөкөй, талыкпай изденген, ой гүлүн терген, чыгармачылыкта иштерман жигит өмүрүнүн кайсы жагын албайлы, улуттук баатыр катары элибиздин жүрөгүндө жашай бермек.

Эгерде Чыңгыз Айтматовдун «мени атам атылган 138 шейиттин жанына койгула» деген керээзи аткарылган болсо, Аалы Токомбаевдин «мени Көл жээгине койгула, мүмкүн болсо табытымды цинктеп Көл түбүнө түшүргүлө, болбосо короомо койгула» деген керээзи орундалган эмес. Сөөктү көмө турган комиссия: «ар кимдин короосун же Көлдүн түбүн көрүстөнгө айландырабызбы» деп, моюн толгоп, макул болушкан эмес. Аалынын «Кандуу жылдар» деген ыр менен жазылган романынын армандуу баптарынын бири эл эркиндиги үчүн 1916-жылы үркүндө курман болгон «Алымкулдун керээзи».

«Балбай» менен «Боронбай» романдарындагы кыргыздарга колго түшкөн казак батыры хан Кенеге: «эмне керээзиң, эмне арманың бар, айтып кал, азыр хандын көзүн көрбөй башың алынат» дегенде: «биринчи арманым – кыргыз менен казакты баштап барып, орустарды Эдил менен Жайыктан сүрүп сала албадым. Экинчи арманым – Улуу тоо менен Сары аркага хан болуп, жердин кенин каза албай калдым» деген. Үчүнчү арманым – энемди эрге бербей калдым» деген. Хан Кененин башын алдырып, аны Горчаковго жеткиртип, Ормон генерал губернатордон чен алган. Элде: «Кенесарынын өлүмүндөй ит өлүмгө дуушар болбо, өлүгүң көмүлбөй талаада калбасын, ит-кушка жем болбосун» деген сөз калган.

# КЕРБЕЗ КҮҮЛӨР

«Кербез» деген сөздүн түпкү маанисин кесе аныкташ мүмкүн эмес, анткени бул термин көп кырдуу түшүнүктөргө тарамдап кетет. «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүнө» негиздесек «кербез» – «чычайган», «кекейген», «көйрөң» дегендей бир жактуу аныктамага такалат. Деген менен, «Кербездердин» түмөн-түркүн ой кырлары бар, ал күү өнөрүндө кылактап, кызыккандарды кыйла жерге алып барат. «Кыз кербез», «Бала кербез», «Карылардын кербези», «Терме кербез», «Аламан кербез», «Жол кербез», «Курама кербез», «Кербез»... Булардын аты да заты да айырмалуу өз алдынча чыгармалар. «Кербездер» дүйнөсүн тоо булбулу Токтогул таңшыткан, топжыйында черткен эсил Токоңдун эле эчен «Кербездери» («Арман кербез», «Мырза кербез», «Терме кербез», «Чоң кербез», «Кымызга мас кербези»...) эл ичинде ырдалып, чертилип келе жатат.

«Кербездерди» Током көбүн эсе «айтым» күүлөр жанрында аткарган болсо, Муратаалы, Карамолдо, Ыбырай ж.б. кадыресе «кара» күүлөр борумунда чертишкен. Атай кол ойнотуп комузуна басым жасаса, комузчулардын соңку куудулу Мыктыбек Үмөөталы уулу угармандарын кыраан-каткы күлкүгө бөлөп чертчү. Арийне, аткаруучулукка жараша күү ар түркүн образдар менен шөкөттөлүп (не карандай кара күүдө, айрымдары ыр менен коштолуп, кээсинде ыр тексти кайрыктар менен коолдолуп) угарман-көрөрмандарын таап келген.

1928-жылы күзүндө А. Затаевич Пишпекке келип, Токтогулдун өзүнүн аткаруусунда 18 күүсүн, анын ичинде «Мырза кербез», «Терме кербез», «Кербез» аттуу күүлөрүн жазып алып нотага түшүрөт. Кийинчерээк 1940-жылдары В. Виноградов Токтогулдун шакирттеринин аткаруусунда акындын мурастарынын ичинен «Кербез» (Алымкул, Коргоол), «Арман кербез» (Алымкул, Коргоол), «Чоң кербез», «Келгендеги кербезим» (Атай) үн тасмага (магнитафон) жана кагаз бетине түшүргөн. «Кербез» темасына күү

атасы Карамолдо да кайрылып, «Жаш кербез», «Чоң кербезди» классика бийиктигине жеткирген. Кара күүдөгү «кербездерди» кыргыз мамлекеттик радио комитети үн тасмага 1960-жылдардан баштап жаздырган. Элеттик өнөрпоздордон элдик ырлар, күүлөр үн тасмага түшүрүлүп, музыкалык «Алтын казынада» сакталып тургандыгы, келечек муундар үчүн табылгыс зор байлык экенин сыймык менен эскеребиз.

## Чоң кербез

Эсил Токоң чарчабай күү чертип элге эрмек болуп отургандагы кезек «Чоң кербези»:

Мына эмесе, бул «Кербез»
Чогулган топто чарчабай,
Токоң черткен «Чоң кербез».
Кол ойнотуп ар түрдүү,
Кооз чертчү мол кербез... –

деп чертсе, Атай андан ары улап:

Толгой тарткан кыл аркан,
Тор кашка аттын кермеси.
Тоодо булбул үндөнгөн,
Токтогулдун кербези.
Томуктай баштан жан кетсе,
Толгонуп эки келбеси... –

дегенди Токомдун атынан кошумчалайт. Алымкул төкмө:

Айыпсыз кармап сот кылып,
Айдаганда кербезим.
Айнектей көзүм чачырап,
Жайнаганда кербезим.
Артыма колум чынжырлап
Байлаганда кербезим.
«Аман бол, кыргыз элим!» деп,
Сайраганда кербезим.
Ардагым жалгыз Топчубай,
«Атакелеп!» чыркырап,
Апасын ээрчип буркурап,
Зарлаганда кербезим»...

– деп, устатынын атынан «Чоң кербезди» келиштире аткарган. Кара күүнүн камбылы Карамолдо «Чоң кербезди» радио тасмасына жаздырып жатып (28.03.61.), күү баянына келгенде: «Бай-манаптардын бой көтөрүп, теңирин таанybаган, кедейлерди теңине албаган текебер кулк-мүнөзүн кошуп сүрөттөгөн» деп, маалымат берген.

## Келгендеги кербезим

Токомдун өмүрүнө өчкүс так салган Сибирдеги сүргүн азабы ыр менен эскерилди, күү менен жарыя салынды. Акын 1898-жылы кармалган, бирок качан, кайсы жылы эл-жерине келгени бүдөмүк. Илимпоздордун кээ бири он эки жыл сүргүндө болтуруп, үч жолу качырса, кээ бири андан азайтып, сүргүндө жети жыл жүргүзүп, эки качырышат. Бул чаташ маселени тактоого аракет жасаган жазуучу, илимпоз Жаки Таштемир уулу «Током Сибирден качан качкан?» («СК» 9.08.88) аттуу макала жазып, далилдүү бир канча фактыларды сунуш кылган.

«...Токтогул экинчи камалганда Наманганга барып, Маргаландан адвокат алып келген. Түрмөдөн бошонуп чыгууга күбө болгон Алымкулов Мырзабек «Токтогул үч жарым жылда Сибирден келген» деп, кесе айткан. Таштемиров андан ары оюн улап, Токтогул Анжыян козголоңуна (1898-жыл, август айы) байланыштуу кесилип, үч жарым жылда келген» деп жазат. Ал 1902-жылга туура келет.

Сибирден келгенден кийин Токтогул Үркүнчү дегендин Ажар аттуу кызына үйлөнүп, жарым жылдан кийин оту күйүшпөй ажырашып кеткен. Арадан бир топ убакыт өткөрүп, туугандары Сейдимканды алып беришет. Бул болжолу 1904-жыл болсо керек. Сейдимкан эки жылдан кийин төрөгөн. Бул мезгил 1906-жыл. Сейдимкандын тун уулу менен эмчектеш чоңойгон Аликеев Жолдош да өзүнүн туулган жылын 1906-жылга дал келтирет.

Дагы бир жагдай: Тер-Жайлактагы Райымбектин ашындагы окуяны акындар алма-телме ырдап келишет. Ал ашка Токтогул да катышат. Аш 1905-жылы өткөрүлгөн... «Муңдуу комузчу улам башкалап, улам түрлөнтүп, кайрыктан кайрык улап, мааниден маани толгоп, түркүн асем тербеп, чертип жатты. Учу-кыйры түгөнөрү билинбейт: улам күңгүр кагып, бир мукамы өксөсө, бир

мукамы талый, бир мукамы эрип эчкирсе, бир мукамы өңгүрөй... муңканды комуз, муунуп турду муңдуу комуз».[86]

Акындын «Келгендеги кербезин» шакирттери Калык, Алымкул, Коргоол жана Асылбек Эшманбет уулу, Асек Жумабай уулу аткарып, чертип, ырдап келген.

Эки колум кишендеп,
Байлаганда кербезим.
Элден бөлүп башымды,
Айдаганда кербезим.
Элпек тартып кызыл тил,
Сайраганда кербезим.
Эки көзүм түрмөдө,
Жайнаганда кербезим.

Алты жылы пияда,
Баскандагы кербезим.
Алтындын кенин талкалап,
Казгандагы кербезим.
Ак падыша залимге,
Жазгандагы кербезим.
Айдалып жүрүп азапты,
Тарткандагы кербезим.

Боз тоголок бүргөлөр,
Чаккандагы кербезим.
Боздоп ыйлап түрмөдө,
Жаткандагы кербезим.
Бооруу ооруп барышня,
Баккандагы кербезим.
Боорум кыргыз элимди,
Тапкандагы кербезим.

## Кымызга мас кербезим

Таасын комузчу Мекиш Баата уулу 1962-жылы 13-июлда радионун музыкалык казнасына 35 күү тапшырган. Алардын ичинде «Аламан кербез», «Сылама кербез», «Чоң кербез» жана «Кымызга мас кербезим» аттуу күүлөрдү Токтогулга таандык деп түшүндүрмө берген.

86 Т. Касымбеков. Келкел. – Ф., 1990.

Айрым илимпоздор болжогондой Токтогул ыраакы түнт токойлуу Сибирден жалгыз качкан эмес. Жаки Таштемир уулунун жазганына кайрылсак, Токомдун жанында жолбилги орус, казактардан сапарлашы болгон. Түрмөдөгү акыркы күндөрдө Токтогул карагай кескен жумушта иштеп, «кара сан» менен сыркоолоп, жүн тыткан фабрикага которулган. Токтогул мына, ушул жайдан качкан. Эгер жалгыз качса, Сибирдин түнт токоюнда адашып, жөө-жалаң самаган жерге жетмек эмес. Жети-сегиз качкын кол кармашып жолго чыккан. Карындары ач, кийимдери тытык, сенделген качкындар өлө-тала казак жерине жеткен. Карагайдан чапкан комузу колунда, ыр нөшөрү оозунда Током мал баккан казактарды бат эле өзүнө имерип, аралашып кетет. Казак туугандар бар тамагын дасторконго жайып, ысуулай аш коюп, аяк толо кымызга каалаганча кандырат. Ач өзөк шордуулар кылкылдата кымызды жута берип мас болуп, кудукка жакын жерде томурайып-томолонуп уктап калышат. Буларды көргөн малчы казактар эртесинде кайта чакырып келишет да кой союп, сорпо ичирип, тамакка тойгузуп жолго салышкан.

Карагай комузун какшата черте отуруп, кымызга мас болуп томурайып уктап жаткандарды туурап, куудулданып, отургандарды зоокко тойгузуп, сүргүн сапарындагы алгачкы черткен күүсү – «Кымызга мас кербезим». Качкындардын арасында алайлык Айдараалы деген жигит бар эле. Током менен Кетмен-Төбөгө бирге келип, жаз чыкканча туруп, элине кетеринде «эсил Токомдун алдына ат мингизип, ак калпак кийгизип, казак туугандар узатып койгон» деп айткан экен ал.

Кийин-кийин бул күүнү аткарар алдында алда-нелер оюна түшүп, башынан өткөргөн балаа күндөрүн, жан кейиткен жапаа күндөрүн эстеп, өзү да жашып, ыйлап жиберчү. Кайта туруп, угармандарды убайымга сала бербейин деп, качып келаткандагы кымызга тоюп ныксырап, көрүнгөн жерде томурайып мас болуп жаткан сапарлаштарынын жоругун жомоктоп, борсулдап күлүп, каткырыкка бөлөп койчу экен.

## Арман кербези

Жаратылыш пендесине жашоонун ырыскысын шыпаа кылып, ал барып, акыры карылыктын капканына чабылат. Карыштыра чапкан капкан: ооздон отуз эки тишти күбүп, белден кубат-күчтү сыгып, беттин этин шылып, көздүн курчун кетирип, акылдан

айнытып, улам куушуруп, кысып, шалдыратып, акыр-аягы көрөр күнүн, ичер суусун түгөтүп, көөдөндөн жанды алып тынат. Мына ушул карылыктын бел-белесинен ким кыйгап өтө алган? Жашоодогу мыйзам-ченемге кайдыгер караган пенде болбосо керек. Акындар ыры менен, аспапчылар күүсү менен карылыктын азап-тозогун ар качандан бир качан жарыялап келишкен.

Шибер тозогу Токтогулду мезгилинен эрте карытты (Шиберге айдалганда акын 34 жашта, Шиберден улгайганда качып келген). Ошол тозоктуу күндөрүн «Арман кербезине» салып, карылыгын «Көксөө кербезге» көтөрүп чыккан. Акындын шакирттери Алымкул, Коргоол, Калыктар устатынан калган мурастын сынын, сырын бузбай, а дегенде кол ойното күү чалып, анан ыр менен улап, айтым күүлөр насилинде бүгүнкү күнгө жеткирген.

Эргип бир гана черттим э-и-ий, Токтогул,
Бүгүн мен эсил жашты жоктодум.
Эртеге кеткен балалык э-эй,
Чиркин ай, эстесем келбейт окшодуң?!

Картайып гана кеттим э-и-ий, Токтогул,
Кара чачым ак болуп,
Бүгүн мен кайран жашты жоктодум.
Канаттуу куштай балалык э-эй,
Бүгүн сен кайрылып келбейт окшодуң!

Белди эңкейтип күчтү алды,
Берметтей аппак тишти алды.
Бузулуп урап ороосу,
Булдурттап кызыл тил калды.

Тик бастырбай бүкчүйтүп,
Тиземди алды карылык.
Эки бутту жылдырбай,
Кишен салды карылык.

Далортомду бүкчүйтүп,
Мүчөмдү алды карылык.
Устү-үстүнө үшкүртүп,
Күчүмдү алды карылык.

Балдан таттуу ооздон,
Сөзүмдү алды карылык.

Карайлатып тунартып,
Көзүмдү алды карылык!

Эскирип кеттим Токтогул,
Ээгимде сакал ак болуп,
Эсил жашты жоктодум.
Эркин куштай балалык,
Эңсесем келбейт окшодуң.

Аяктай булчуң эт кетти,
Анардай кызыл бет кетти.
Алтымышка жакындап,
Айыл, үйдөн четтетти.

«Күкүгүм Током кайда?» — деп,
Күсөчү эле катарым.
Көңүлдүн оту өчкөнгө,
Күйүт тартып капамын.

Агарды менин сакалым,
Арманым айтып жатамын.
«Акын Током кайда?» деп,
Арзычу эле катарым.

Андагыдай жашым жок,
Аны ойлосом капамын.
Алтымышка мен чыгып,
Алдыма келди сапарым.

Бир кезекте байкасам,
Кериде кырчын тал элем.
Келин кыздын жанында,
Кеп сүйлөөчү бала элем.

Бул кезекте байкасам,
Кериге оттоп мал болдум.
Кезегим кетип башымдан,
Кебимди таппай дал болдум.
Келин-кыз түгүл бул кезде,
Кемпириме зар болдум.
Керилген жаштан айрылып,
Кебимди таппай дал болдум.

Эсил кайран, Токтогул,
Эсил жашты жоктодуң.
Эсил өмүр гүлдөй жаш,
Экинчи келбейт окшодуң.

Кайрып чертчи, Токтогул,
Кайран жан, кайрылып келбейт окшодуң.
Картайып белим талыды,
Калкымдан кетет окшодум.

Айтып чертчи, Токтогул,
Алтындай жашты жоктодум.
Асыл өмүр гүлдөй жаш,
Айланып келбейт окшодуң.

Буруп чертчи, Токтогул,
Булбул жаш, бурулуп келбейт окшодуң.
Буурул болсом мейличи,
Мен, буралган жашты жоктодум.

## Балам жок

Токтогул Сибирден качып келатканда таластык туугандар Беш-Таштын белин ашырып коштоп келишет. Током апасына кырк шырык чапанын кийип, эчки кайтарып жүргөн жеринен кездешет. Токомдун аттын мойну жакка камчы силкип бастырганынан энеси таанып, «Айланайын кудайлап» жалына берет. Током «апа-а!» деп аттан кулап түшүп, кучакташып көрүшүп, колдору карышып калган. Ыйлабаган жан жок. Ажыкандын Эдили: «Э-э, көзүңдү урайын көр, угуз баласын» – деп, Коргоолду сөгүп жиберет. Эне-баланын сагынычтуу учурашканын көрүп, тамагы буулуп калган Коргоол Токтогулду карай албай жалтайлап айтып турганы:

Айталы сизге саламды,
Ак жеринен кармалып,
Айдоого кеткен алыска,
Айнегим, Током, аманбы?

Жапасы күчтүү замана
Жабыркатат адамды.
Сен алыстан келгенче,
Ноктолуу башка бир өлүм,
Токо, аткардык жалгыз балаңды…

Көзү боз, нурсуз, кадала тиктеп, бирок уулунун дидарын көрө албай энеси колу калчылдап сыйпалады. «Көзүнөн ажырап калган белем?» Токтогул энесинин жылуу колун, жүзүн басып, тооп кылып, өзүн-өзү токтото албай, өңгүрөп ыйлады.

— Кагылайын апакеем... эсиңди жый... — деп, жаш аралаш жалбарды, — бул кандай жорук, апаке? Жалгыз калыпсың, эл кайда, он үйлүү тууганың кайда, апаке?..

Ошол тапта жүрөгү бир жамандыкты сезип «Топчубайың кайда, Тотуя кана?» деген көңүлүнө келип, бирок бир жамандыкты угуудан дит бага албай, жалпы тууганын сурап турду. Бурма акырын онтоду, уулунун самаганын купуя сезди. Алсыз энтигип, өзүнөн-өзү эзиле бышактап, ичтен зар кага арман термеди. Киркиреп араң үн салып, «атасы келсе айтармын» деген, мурдатан көңүлүнө чогулта жүргөн угузуу кошогунан эки ооз айтып, өксөп жиберди:

Э-э...
Буурулду минип тердеткен,
Буулумду кийип кирдеткен,
Муңайба жашык адамча,
Булбулуң жалгыз Топчубай,
Бурулбас жайга жол кеткен...

Токтогул көзүн жума ээгин көтөрүп, тула бою жымырап, көзүнүн кычыгына мончок жаш толуп, өзүн чымыркана карманды...

Коргоол:

Кара жаак кайчы тил,
Канатым, Током, аманбы?
Калайлуу туур башынан,
Кайгылуу өлүм касынан,
Качырдак жалгыз балаңды...

Учук өтпөс ийнеден,
Уулуң жалгыз Топчубай.
Убайым тартып кейибе,
Учурдук жалган дүйнөдөн.

Жибек өтпөс ийнеден,
Армандан жүрөк зилдеген.
Бербейт экен кара жер,
Перзентиң жалгыз Топчубай
Бегене болгон дүйнөдөн...

Токтогул: Алтындан саат бурама,
Азапты менден сураба.
«Айнегиң кетти» дегенге,
Алсырап бошоп турам, а.

Күмүштөн саат бурама,
Күйүттү менден сураба.
«Күкүгүң кетти» дегенге,
Күчүмдөн тайып турам, а.

Жамгыр тийбес көчкүдөй,
Ак топурак жар беле?
Алыскы Шибер мен келсем,
Амандашып көрүшпөй,
Айнегим менин Топчубай,
Азапка туулган жан беле?

Тамырына суу жетпес,
Боорго тиккен тал беле?
Өлүмдөн бошоп мен келсем,
Өнтөлөп мага көрүшпөй,
Өтүп кеткен дүйнөдөн,
Топчубай,
Өлүмгө бүткөн жан беле?
Жабырга мынча салгыдай
Менде жараткандын өчү бар беле?!

Булбулум учуп бурулду,
Чыгарбай ичтен муңумду.
Кантейин тирүү көрбөдүм,
Каргадай жалгыз уулумду.
Кайгысын тартып күн-түнү,
Картайып шорум куруду.

Күкүгүм учту элимден,
Күлпөтүм кетти жеримден.
Көзүмдөн аккан кандуу жаш,
Жамгырдай болуп төгүлгөн.
Көрбөдүм жалгыз баламды,
Көңүлүм калды өлүмдөн!..

Караны миндим жел үчүн,
Кайрылып келдим эл үчүн.

Калкымды көрдүм каниет,
Колдон келер иш эмес,
Топчубай,
Козголбос эми мен үчүн!..[87]

## Муратаалынын кербези

Муратаалы – кыргыз профессионал музыкасынын өкүлдөрүнүн аксакалы. Муратаалы 1860-жылы Ысык-Көлдө туулган. 1949-жылы 89 жаш курагында Чоң-Деминде дүйнө салган. Муратаалы эки доорду башынан өткөргөн: атасы Күрөңкөй жашаган Ормон бийлиги мезгилин, өзү жашаган Совет бийлиги мезгилин салыштырмалуу философиялык «Ойломо» аттуу кыяк күүсүнө салган. Ал кыяк гана тартпастан, комуз, чоор, домбрада да көп күүлөрдү аткарган. Элдик казынаны аңтарып алып чыгуу менен өзү да жаратып, кийинки муундарга калтырып кеткен чыгармачылык бай мурасы улуттук искусствобузда музыкалык маданияттын казына байлыгынын толуктап, анын барагына жазылып, албан-албан салым кошкону маалым. Белгилүү музыковед В. Виноградовдун эскерүүсүн кыстара кетели: «Күрөңкеевдердин тукумунда муундан-муунга, атадан-балага музыкалык жөндөм жана шык Бах дегендердин фамилиялары сыяктуу өтүп келген. Аларда фольклордун байыркы үлгүлөрү сакталып, ар түрдүү музыкалык көркөм байлыктар альбомго сүрөт сыяктуу жыйыла берген. Күрөңкөй уулунун музыкага болгон шыгы кенедей кезинен өнүккөн. Муратаалы 12 жашында комузда жана кыякта ойноонун техникасын өздөштүрүү менен өзү да күү чыгарган… Ал өзүнүн 60 жылдан ашуун көркөм тажрыйбасынан көп нерсени айтып бере алат… бирок Муратаалы аз сүйлөгөндү жакшы көрөт. Ал аспабын колуна алып, анын тили менен толкундаткан сезимин, тээ алыскы жана жакынкы мезгилдерди баяндап берет».[88] Музыковед эскергендей, Муратаалынын өмүрүн да «бири кем дүйнө» мыйзам-ченеми коштой жүргөн, эчен өксүктөргө, өкүнүчтөргө мажбурлаган. Аны кыякта «Сыздатма» деп тарткан. «Сыздатма» кыяк күүсүн залкар комузчу Ыбырай «Муратаалынын кербези» деп, комуз күүсүндө таберик кылып калтырган. Тоо гүлүндөй кыяктагы назик кайрыктар эфир толкунун кооздоп, Муратаалынын ысымын түбөлүккө даңазалайт.

87 Досуев Коргоол. – Ф., 1981. 70-74-беттер.
88 В. Виноградов. Кыргыздын элдик музыканттары жана ырчылары. – Ф., 1974. 35-бет.

## Шекербектин кербези

Үч кыл комузду таңшыта чертип, так кайырган таланттуу комузчулардын бири Шекербек Шеркул уулу. Карамолдо, Ыбырайды кайырса, кара күүнүн камбылы, Токтогул, Калык, Атайды туураса, айтым күүлөрдүн устаты, Алымкулдай кетсе, акындык өнөргө маш, өнөр туткасын эриш-аркак кармаган өзгөчө шайырлардан. Комузчулук өнөрү менен акындык, обончулук өнөрү тизгиндеш. Токтогулча ал да кербез ырларын, күүлөрүн жараткан. «Шекербектин кербезин» каалоочулар радио казнасынан (5766 1'35 инв №) табат.

Кимдин кимдин кербези,
Шекербектин – кербези.
Кимдин кимдин кербези,
Шекербектин – кербези.

Кечээ кең Таластын токоюн,
Бойлогондо кербезим.
Келечекки турмушту,
Ойлогондо кербезим.
Келин-кыздын ойнуна,
Тойбогондо кербезим.
«Жүрөк толкуйт» кайрыгын,
Ойногондо кербезим.

Айдын жарык түнүндө,
Ак чөлмөктү алыска,
Ургандагы кербезим.
Ала качкан кыздарды,
Куугандагы кербезим.
Ала качкан балдарды,
Жулгандагы кербезим.

Ата мекен урушка,
Баргандагы кербезим.
Фашисттерге каран түн
Салгандагы кербезим.
Баатырсың деп мактоону,
Алгандагы кербезим.
Автоматты колго алып,
Тургандагы кербезим.

Берлинде фашист тууларын,
Жулгандагы кербезим.

Эчен кыйын күндөрдү,
Көргөндөгү кербезим.
Коркоолорду талкалап,
Жеңгендеги кербезим.
Ала-Тоолук элиме,
Жеңиш менен Шекербек,
Келгендеги кербезим.

## Көксөө кербез

Фольклор жыйноочу Буудайбек Сабыр уулу 1973-жылы сентябрь айында Жумгал өрөөнүндөгү Арал айылында жашаган комузчу Мурсаалы Турсунбай уулунун үйүндө болуп, комуз күүлөрүнүн баянын жазып алган. Кезектеги күүсүн чертердин алдында комузчу: «Көксөө кербез» деп атап чертмекчи болгондо:

– Күү баяны жөнүндө айтсаңыз – деп, журналист суроо салат.

– Бул күүнү Токтогул чыгарган. Картайып алы-күчүнөн тайып калганда жаштыгын эңсеп, өткөн балалыгын көксөп, белди эңкейтип карылык күчтү алганын, берметтей аппак тишсиз калганын, бузулуп урап оросу, булдурттап кызыл тил калганын, балдан таттуу сөздү алганын, карайлатып тунартып көздү алганын айтат:

Кара чачым ак болуп,
Картайып кетти, Токтогул.
Карчыга куштай балалык,
Эми, кайран жашты жоктодум.

## Кейиштүү кербез

«1963-жылы март айында комузчу Самсалы Алике уулу келип калды. Эртеси портретин тарттырууга сүрөтчү Сагынбек Ишеновдун мастерскоюна барып калдым. Самсалы карыяны студияга да алып бардык.

– Бүгүн күүлөрүңүздүн баарын чертесиз, – деди үн режиссер Павлик Усенов.

– Жарайт, күч келе турган күүлөрдү алдыга салайын, – деп карыя күүлөрүн жаздырууга киришти...

Чертчү күүсүн «Кейиштүү кербез» деп атап койду да комуз кулагын бир топко толгоду. Кылгырып көзүнөн жаш кеткени да байкалып турду. Биз унчукпадык. Бир оокумда гана:

— Ээ балдар, жалгыз уулум бар эле. Улуу Ата мекендик согушта аскерге чакырылып, Москванын алдында фашисттер менен салгылашып жатканын катка жазган. Кийин кат-кабар үзүлдү. Күндөрдүн биринде кара кагаз келди. Мен эс-учумду жоготуп коюптурмун. Күчүмдү күүдөн чыгарып, «Кейиштүү кербез» деп, арман күйүтүмдү черткем! — деди».[89]

## Жайлоо кербези

Комузчу Бектур Осмон уулунун уулу Шыгайдын айтуусунда, атасы 1920-жылы Алматыдагы эки айлык мугалимдерди даярдоо курсун бүтүп келип, 1925-жылга чейин Тоң районунда мугалимдик кесипти аркалайт да айыл чарбасында жетекчи адис кызматында иштейт. Кийин малчылар арасында өз ишин өркүндөтөт.

Чалкайган төр жайлоодо удургуган жылкылар, оюн салган кулундар жашаң бетте каалгып, жай гана чөп гүлүн терип жайылып бара жаткан куйругу кучак койлор, тикирейген тик мүйүз эчкилер. Укуругун сүйрөп жылкы артында чапкылаган жылкычылар, «чойт-чойттоп» ышкырыгы таш жарган койчулар. Катар тигилген боз үйлөрдүн түндүгүнөн түтүн түрмөгү обого созулуп, боз үйдүн кереге түбүндө дөбөттөр жатат. Тестиер балдар тай минип жарышып, көгөөндө маараган козу улактар. Чак түштү боолголоп тоодогу торгойлор дыр коюп, таштан-ташка секирип сайрап жатыр. Күтүрөгөн төрт түлүктүн шаңына көңүлү көөлгүгөн, колхоз чарбасына кол кабыш кылганына сыймыктанган өнөр адамы өз кесиби менен алек. Кайрыктан кайрык курап, ылайыгына жараша ыргак улап акыры «Жайлооо кербезин» угармандарга сунуштайт.[90]

## Кербезим

Шамей Токтобай уулу 1880-жылы Каракол уезди Тоң районунда Боз-Бешик кыштоосунда туулган. Оор турмуштун запкысын көп тарткан. 1920-1932-жылдары айыл мектебинде мугалим болуп иштеген. Биринчи ырлар жыйнагы 1961-жылы жарык көргөн.

---

89 Буудайбек Сабыр уулу. Унутулгус кездешүүлөр. — Ф., 1977. 36-бет.
90 Балбай Алагушев. Кыргыз комузчулары жана комуз күүлөрү. — Ф., 1961. 123-бет.

Мунарыктан көрүнөт,
Бугутунун белеси.
Бук болуп келдим беш айда,
Мурунтан келбейт дебечи.

Бузулбай жүрөт болдубу,
Молдокең тарткан желеси.
Кетпей койду көзүмдөн,
Кербезимдин элеси.

Кечиктим Сизге баралбай,
Кербезден кабар алалбай.
Түндөсү уйкум бөлүнөт
Түйшүктү салдың адамга, ай!

Кадырымды сыйласаң,
Ойноп-күлүп жыргасак.
Кесир алып кетпейби,
«Кербезим» деп турбасак.

Таарынчы сөз кылбасак,
«Таалайым сен» деп ырдасак.
Таза кесир болот ко,
«Кербезим» деп турбасак.

## Үч кербез

1960-жылы радиого жаздырылган күүлөрдүн арасында Тоң районунан Бектур Осмон уулунун «Үч кербез», жети-өгүздүк Жаналы Короочу уулунун «Үч жигиттин кербези» аттуу аты уйкаш күүлөрү бар. Не күүнүн аталышы, не маанилик жагынан окшоштуктарды эске алганда чыгарманын тек-жайы бир уядан тараган сыңары.

1980-жылы Бөкөнбаев айлынын тургуну белгилүү комузчу Үмөр Маамыт уулунун үйүндө болуп калдым. Комуз күүлөрүн ортого салып, күү баяндары тууралуу аңгеме кызуу кыраатына түштү. Кезек «Үч кербез» күүсүнө да жетти. Баянды Үмөр аке мындайча кабарлаган: «Атактуу күүчү Бектур Осмон уулу жердешибиз болот. Ал киши өмүрүнүн көпчүлүгүн мал менен өткөргөн. Жайлоолоп чыкса малчылар, жакага түшсө данчылар тосуп алып, той-тамашаларда, кышкысын шерине-бозолордо ардактуу мейман катары төргө

өткөрүшчү. «Кызыганды кымыз чыгарат» дегендей, кымызды кылт-кылт жутуп, бозого карт кекирип, бой жазып алганда улама кептин учуктарын чубамай, санжырадан сап таштамай, ыр кеседен ырахат алмай элеттиктердин эртеден келаткан салты го. Ошондой отуруштардын биринде Бектур аба күү чалып «Кербездерди» кебездей чубады. Отургандардын бири:

– Ап баракелдээ, күү эмес бекен? Беке, ыракмат! «Кербез» демекчи, өөдөкү айылдан үч бир тууган комузчу катуу таскак менен чыгып келатыптыр. «Кербезди» мына, ошолор чертсин. Айтмакчы, үчөөнүн үч «Кербези» бар дешет. Жарышка түшкөн күлүктөрдөй биринен-бири өтөт дешет. Ошолорду чакыртып Бектурдун сынына койсок кантет? – деди.

Шеринечилерге бул сунуш жага бербей кубатташып, келерки шеринеге чакырык берүүгө убадалашат. Үч бир туугандын бири малчы – тоодо, бири дыйкан – кыштакта, бири кызматчы – шаарда экендигине карабастан, болжошкон күнгө кечикпей келишип, уюшма топтун коногу болуп отурушат. Калыстар тобунун башында Бектур комузчу турат. Ошентип, үч бир тууган өз «Кербездерин» калыстардын баамына алып чыгышат.

Мелдешти бир туугандардын улуусу баштап, шартылдата чертилген күүсүн «Чоң кербез» деп тааныштырат. Кийинкиси да агасынан калышпай кайрыктарды так кайрып черте келип «Орто кербез» деп кабарлайт. Кезек кенжесине жетет. Комузун кабынан сууруп чыгып, шашпай күүгө келтирип, беш манжасын безилдетип, жансыз жыгачка жан киргизип, жагымдуу ыргактарды жаш баладай сүйлөтүп, арген добуш кайрыктарды тамамдай «Кичи кербез» деп, айланасына абай сала сөзүн бүтүрөт.

Кол чабылат, алкыш айтылат. «Бали-балилеген!» сүрөөндөр үйдү үч көтөрөт. Бектур да, калыстар тобу да үч бир туугандын күүлөрүнө өйдө-ылдый баа берүүдөн буйдалып калышат. Ошол арада Бектур комузун колуна алып: «үч кербез» – үчөө бирдей төп «Кербез» – деп калыс бүтүм чыгарып, «Үч кербез» деген күүнү элге салган.

## Кыз кербез

Акыркы куудул-комузчу Мыктыбек Үмөталиев менен атайы кездешсем деп жүргөн элем. Ойдогу максат ордунан чыгып, Орто-Сай базарынан карп-курп жолугуп калдык. Бир-эки кружка пиво

жутуп, Асанбай кичи районундагы биздин үйгө келдик. Сексен алты жаштагы кайнатам Рахман уулу Сыдык сөзмөр, түшүнүгү кенен карыя эле. Артист-өнөрпоздун келишине кубанганын жашырган жок, теңтуштардай саламдашып, катарынан орун көрсөтүп, илинип турган комузду колуна карматты. Мыктыбек комузду кайрып-кайрып алып, карыянын алдында каткырыкка бөлөнгөн өнөрүн ортого салып кирди. Мен болсом, арыдан-бери чуркап чай даярдап, магнитофондун оозун Мыктыбекке тууралaдым.

Мыктыбектин комузчулук өнөрү башкалардан өзгөчө, куудулдук өнөрү, аткаруучулук өнөрү көрөрмандарга күлкү-шаттык тартуулачу. Ара-чолодо Шайлообек акын Мыктыбек үчүн атайылап жазып берген тексттеги «Кыз кербез» күүсү 90ду таяп калган карыяны каткырыкка бөлөдү.

Ээ, и-и-ий! Бул Атайдын «Кербез күү»
Аларманга бербес күү.
Солкулдаган «Кербез күү»,
Соодагерге бербес күү
Кыз жүрөгүн тербетчү,
Кыз оюндун «Кербез күү».

Кылактаган «Кыз кербез»,
Булактаган «Кыз кербез».
Кыйшык ойлуу жигитке,
Кыргызымдан кыз бербес.

Булактаган «Кыз кербез»,
Бут ачпаган «Кыз кербез».
Бузук ойлуу жигитке,
Бул айылдан кыз бербес.

Сомго черткен «Кыз кербез»,
Солго черткен «Кыз кербез»
Оңго черткен «Кыз кербез»,
Чоңго черткен «Кыз кербез».
Топ жыйынды күлдүрүп,
Тойдо черткен «Кыз кербез».
Мыктыбектей куудулдар,
Күндө черткен «Кыз кербез».
Керек кезде таарынбай,
Түндө черткен «Кыз кербез».

Асыл Атай тапкан күү,
Ата журтка жаккан күү.
Келин-кыздар ойнунда,
Үйлөнгөндөр тоюнда,
Мыктыбек чертип жаткан күү.

Шайыр Атай тапкан күү,
Шар суудай ылдам аккан күү.
Шаанисин менен элине,
Шардана болуп жаткан күү.
Куудулдана чертимде,
Мыктыбекке жаккан күү…

**Радионун музыкалык «Алтын казынасында» алынган «Кербез» күүлөр:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кербез күү | 8059 | 2'13 | Мекиш Баатаев |
| 2 | Кербез | 9036 | 2'09 | Саид Бекмуратов |
| 3 | Кербез | 9 | 2'22 | Ыбырай Туманов |
| 4 | Кербезим | 7410 | 1'35 | Шакен Жоробекова (жыгач ооз комузда) |
| 5 | Кербез | 10317 | 1'52 | Бакыт Чытырбаев (кыл кыякта) |
| 6 | Кербез ботой | 9678 | 2'16 | Ыбырай Туманов |
| 7 | Мырза кербез | 435 | 3'00 | Алымкул Үсөнбаев |
| 8 | Мырза кербез | 7812 | 2'56 | Шекербек Шеркулов |
| 9 | Мырза кербез | 8029 | 1'10 | Барпы Сапеков |
| 10 | Мырза кербез | 7743 | 1'58 | Өзбек Рысбеков |
| 11 | Көксөө кербез | Ч.1548 | 2'32 | Мурсалы Турсунбаев |
| 12 | Терме кербез | 6905 | 1'37 | Абдракман Барпиев |
| 13 | Чоӊ кербез | 8048 | 1'23 | Мекиш Баатаев |
| 14 | Чоӊ кербез | 8177 | 2'14 | Эркесары Бекбасаров |
| 15 | Чоӊ кербез | 3024 | 3'25 | Жылчый Курманкожоева |
| 16 | Чоӊ кербез | 9310 | 3'47 | Чалагыз Иманкулов |
| 17 | Чоӊ кербез | 355 | 4'02 | Карамолдо Орозов |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 18 | Чоӊ кербез | 7828 | 4'14 | Ыбырай Туманов |
| 19 | Чоӊ кербез | М.817 | 2'14 | Самара Токтакунова |
| 20 | Мырза кербез | 3364 | 1'36 | Эркесары Бекбасаров |
| 21 | Карылыктын кербези | 8013 | 2'30 | Самсалы Аликеев |
| 22 | Кейиштүү кербез | 8014 | 3'02 | Самсалы Аликеев |
| 23 | Аламан кербез | 8046 | 1'36 | Мекиш Баатаев |
| 24 | Кыз кербез | 8120 | 1'35 | Эркесары Бекбасаров |
| 25 | Кыз кербез | 3694 | 1'34 | Асылбек Эшманбетов |
| 26 | Кыз кербез | 5274 | 1'10 | Калыйпа Жусубалиева |
| 27 | Жаш кербез | 369 | 4'42 | Чалагыз Иманкулов |
| 28 | Жаш кербез | М.51 | 2'23 | Карамолдо Орозов |
| 29 | Жаш кербез | 2003 | 3'28 | Шабий Токтоев |
| 30 | Жаш кербез | 9078 | 2'07 | Ыбырай Туманов |
| 31 | Жаш кербез | 3692 | 2'20 | Асылбек Эшманбетов |
| 32 | Жаш кербез | М.822 | 2'06 | Самара Токтакунова |
| 33 | Чабандын кербези | 2242 | 2'18 | Үмөр Маамытов |
| 34 | Жол кербез | 3672 | 2'05 | Эшманбет Молдокулов |
| 35 | Курама кербез | 7708 | 2'57 | Атай Огонбаев |
| 36 | Жайлоо кербези | 2933 | 3'08 | Бектур Осмонов |
| 37 | Үч жигиттин кербези | 3474 | 2'02 | Жаналы Корочиев |
| 38 | Балалыктын кербези | 7974 | 2'43 | Самсалы Аликеев |
| 39 | Балалыктын кербези | 9815 | 2'34 | Өзбек Алымкулов |
| 40 | Балалыктын кербези | М.117 | 2'03 | Абдыкалый Темиров |
| 41 | Келиндердин кербези | 7985 | 2'25 | Самсалы Аликеев |
| 42 | Келиндердин кербези | 1801 | 2'19 | Усубалы Казаков |
| 43 | Жаңы кербез | 7985 | 2'25 | Самсалы Аликеев |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 45 | Сылама кербез | 8047 | 1’46 | Мекиш Баатаев |
| 46 | Сылама кербез | 7831 | 1’20 | Бабажан Токтогулов |
| 47 | Жигиттердин кербези | 1661 | 2’15 | Акматалы Моңолдоров |
| 48 | Экинчи кербез | 1640 | 2’10 | Акматалы Моңолдоров |
| 49 | Кичи кербез | 2913 | 5’06 | Бектур Осмонов |
| 50 | Ортончу кербез | 1399 | 3’52 | Бектур Осмонов |
| 51 | Келгендеги кербезим (Токтогул) | 3699 | 1’53 | Асылбек Эшманбетов |
| 52 | Келгендеги кербезим (Токтогул) | М.501 | 1’50 | Асек Жумабаев |
| 53 | Кымызга мас кербезим (Токтогул) | 8043 | 1’27 | Мекиш Баатаев |
| 54 | Муратаалынын кербези | 371 | 2’36 | Ыбырай Туманов |
| 55 | Токтогулдун кербези | 372 | 2’02 | Ыбырай Туманов |
| 56 | Токтогулдун кербези | 6564 | 1’00 | Бүбүталип Тилегенова (темир ооз комузда) |
| 57 | Токтогулдун кербези | 7094 | 1’30 | Нуруйла Усупова |
| 58 | Шекербектин кербези | 5766 | 1’35 | Шекербек Шеркулов |

# КУУДУЛ КҮҮЛӨР

Куудулдук өнөр – кыргыз элинде кылымдан-кылым, муундан-муун алмаштырып биздин күндөргө жеткен көркөм чыгармачылыктын түрү. Даңазасы дастанга айланып, атагы алыска тарап, амалдары аңыз, жоруктары жомок болгон Алдар Көсөө, Кожо Насирдин, Жоошбай (1840-1919), Карачунак (1862-1933), Куйручук (1866-1940), Бекназар (1884-1953), Айдараалы (1851-1936), алардын жолун жолдогон куудул ырчылар: Ниязаалы, Токтогул, Майлыбай, Калык, Эркесары, Коргоол, Шаршен, Бөжөй, Мыктыбектин ысымдары атпай журтка таанымал. Учурдан пайдаланып, эскерте кетерибиз, куудулдарыбыз куру сөзгө ыктай бербей, комузчулук өнөрдүн кош тизгинин бирдей чоюп, «күү куудулдары» деген атка да конгон.

Комузчулук өнөр бир сырдуу миң кырдуу өзгөчөлүгү менен калайыкты рухий жактан тейлеп келет: бирер комузчулар уюткан коргошундай оор салмакта кара күүлөр кайрыктарын кара жаандай сепсе, дагы бирлери кыл кайрыктарын жорго сөздөргө чүргөй угармандарын ууз-рахатка бөлөйт. Күүчүлөрдүн дагы бир тарамы шаңдуу-шайыр, шаан-шөкөттүү кайрыктары менен күйөрмандарын каткырыкка бөлөйт. Ушундан улам, алар комузчулук өнөрдө «күү куудулдары» деп аталат.

Куудулдук өнөргө аткаруучулук, акындык, ырчылык, чечендик, сөз тапкычтык, оюн-зоокту көркүнө чыгарган шайыр-шайдооттук, комуздагы кол ойнотуучулук, коздук, күлкүлүү жүрүм-турумдар, азыркыча айтканда «артистизм» таандык. Улуттук өң-түсүбүздүн күзгүсү болгон комузчулук өнөрдөгү бул сапат өзүнчө эле «театрлаштырылган музыкалык сахна». Драмадагы сюжеттик түзүм комедияны, трагедияны шарттайт, бул эки шарт комуз куудулдугунда да чоң роль ойнойт.

Музыковед В. Виноградов: «Мына ал (Калык Акиев) өзүнүн эң мыкты номерине кайрылды. Арадан 2-3 мүнөт өтөрү менен эмоциялуу атмосфера өзгөрүлөт. Музыкада (күүдө) улам бат, курч

акценттер пайда боло баштайт. Манжалар аспаптын капкагына катуу тийип, динамикалуу «тутти» угулат. Тема күтүлбөгөн жерден уланып, жаңы интонациялар күчөйт. Темп тездейт. Денесин кыймылга келтирип, оң колу менен комуздун кылын каккылайт. Артисттик арсеналдын каражаттарына ымдоо-жаңдоолор кошулат...», — деп жазган.

«Мен аны (Шаршен Термечиковду) эстрадалык профилдеги нукура куудул катары билем. Ал кыска аралашмалуу, тамашалуу аңгемелерди чыгарып, өзү аларды актер, ырчы, музыкант, тууроочу, куудул катары аткарган... Шаршендин өнөрүнүн көбүн акырындык менен ырга айланып кеткен сөз жанры да ээлеген. Ал аларды комуз-домбранын коштоосунда аткарган. Бул аспапты Шаршен өзү жасап алчу. Бир жагы комуз, которо койсо — домбра. Ырчы кайсынысын кааласа ошол жагын чертип ойной берчү».

## Ниязаалынын «Арсар күү»

1936-жылдын 18-25-октябры. Жети күн бою Фрунзе (Бишкек) шаарында Эл чыгармачылыгынын бүткүл Кыргызстандык I Олимпиадасы өтүп жаткан. Борбордун сахналарында акындардын, аспапчылардын, обончу-ырчылардын, бийчилердин өнөрүн шаар тургундары кызыгуу, жактыруу менен кабыл алышты. Бул улуттук искусствобуздун мындан аркы өнүгүшүнө чабылган жол, ага карата чоң түрткү эле. Алыскы аймактардан, райондордон, шаарлардан тандалган 360тан ашык эл шайырлары катышты. Алардын эң улуусу, ак сакалын жайкаган Ниязаалы Борош уулу 80 жашта эле.

## Элдик театрдын олимпиадасы

Төкмө акын Ысмайыл Борончиевдин эскерүүсүнөн: «Мен 1936-жылы май айында артисттик кызматка орноштум. Октябрь айында Элдик театрдын олимпиадасы өттү. Түштүктөн Ниязаалы комузчу, Камчыбек, Байыш деген кыякчылар келди. Кетмен-Төбөдөн Бекназар куудул чакыртылыптыр. Кочкор өрөөнүнөн Шапак манасчы, Ак-Талаадан ырчы Калмурат, Ат-Башыдан Жумамүдүн обончу, Таластан акын Алымкул келди. Олимпиадага Москвадан музыковед Затаевич катышты. Комиссиянын председатели Шубин, калыстар тобунда Карамолдо, Калыктар отурушат. Ниязаалы

комузун ийнине салып алып, суу көтөрүп келаткан аялды туурап, басып жүрүп чертип жатты...».

Күү залкары Ыбырай Тумановдун эскерүүсүнөн: «Салтанаттуу жыйындын алып баруучусу кулактандырып калды: «Сахнага алыскы Жалал-Абаддын Аксы районунан келген карыя комузчу Ниязаалы Борош уулун чакырабыз!..». Баарыбыз сахна жакты жалт карадык. Апкечтеп суу көтөрүп келаткан келиндин элесин туурап, комузун ийнине салып, кол ойното күү чалып, ак сакал карыя басып келатат. Жарыктыктын былк эткени, шылк эткени бүт күлкү белем, отургандар кыраан-каткы, кол чабуулар. Көкүрөгү ачык, жеңин түрүп салып, өзүнүн «Арсар күүсүн», «Терс кайрык» деген дагы куудулданып, ырдап, аткарып, угармандардын моокумун кандырды».

Ниязаалынын көздөй шакирти Эркесарынын эскерүүсү: «Мен мындай залкар шайырды көргөн эмесмин. Ырас, таластык Айдакеңди (Айдараалы) көргөнмүн. Бирок, Ниязаалынын пендеде жок куудулдугун көрүп, күүлөрүнүн укмуштуудай татаалдыгын жана назиктигин уккандан кийин Айдараалы Ныяз акенин изин кече албастыгына көзүм жетти. Ал комузду колго алып толгогондо, черткенде, ыгы менен шайырланып, колун кооз ойнотуп, дене-боюн жарыштыра бийлетип, төбөсүндөгү топусун жөргөлөтүп, өңү-түсүн түркүн кубултуп, шайырлыгы менен өзгөчөлөнгөн жылдыздуу киши эле».

«Наманганда дарчылардын арканда басканын көрүп, Ниязаалы чыгарган күүдөй кылдат экен го деп ойлогом. «Дар» дегенибиз эки тарапка узун шыргый орнотуп, аркан менен уч жагы туташтырылат. Аркандын жерде жаткан учу менен дарчы чуркап чыгып, керилген аркандын үстүндө ар кандай оюнду көрсөтөт. Ниязаалы өзбектердин бул оюнун көргөндөн кийин дарчынын образын күү кайрыктарына салып, анын кыймыл-аракетин туурап чертип, угармандардын черин жазган».

Ниязаалынын күүлөрүн ийине жеткире черткен комузчу Саадабай Шабдановдун «Арсар күү» тууралуу маалыматы ой толгоого мажбурлабай койбойт: «Ниязаалы Борош уулу Таласка барып, Эшманбет, Токтогул, Калык, Айдараалы менен чогуу жүрүп, аш-тойлордо күү чертип, ыр төгүп тамаша салып жүргөн. Күндөрдүн биринде эл шайырлары эриккендиктенби, минген аттарынын күлүктүгүн сынап көргүсү келет. Аралыкты белгилеп, жарыш башталат. Ниязаалынын аты чыгып келерин алдынала

баамдаган эргулдар, ээсине байкатпай казыкка байланган аркандын бир учун аттын бутуна күрмөп коёт. Муну жөнөй бererде гана билген Ниязаалы атынан түшө калып, арканды чечип, буйдала түшөт. Атчандар бир канча аралыкка узап кеткен. Канжыгага арканды байлай сала тигилердин артынан «чу» койгон Ниязаалы марага экинчи болуп илинет. Кыраан-каткы күлкү. Күлүктөрдү мактоолор… Ниязаалы таштын үстүнө отура калып, белиндеги комузун колуна алып күү чалат. Түшүнгөндөр күүдөн күлүктөрдүн арышын, күжүлдөгөн дабышын, чобурлардын артта калышын, айгай салган сүрөөнчүлөрдүн чуу салышын, «аркандын саатынан» артта калбайын деп астындагы атка камчы чабышын кадимкидей кайрыкта сүйлөтүп, куудулдана күү чертип жатыр…

Ниязаалынын комузу бир ийнине чыгат, бир аркасына кетет, бирде жерде жүрөт, кайра боoруна алат. Жалаң эле колу ойнобостон, оозу да кошул-ташыл күлдүрөт. Карыса да түрдүү аракеттерди өз денесинин чебер кыймылдары менен келтирет. Анысына көңүл төшөп олтурган элдин баары кыраан-каткы күлүп, кол чабат. Ниязаалыны сахнадан кетирбей коюшту. Комузду койгулап ырдай берип, карыган киши чарчап бүттү да «эми болду го» деп, элеңдей карап сахнадан түштү. Жерге түшкөндө олтурган эл Ниязаалыны гүлгө бөлөдү. Бирөө чоң жасалган гүлдесте карматты эле, Ниязаалы аксакал өтө кубанды» («Кызыл Кыргызстан» гезити. 1936-жыл 22-октябрь).

«Сексенге чыккан комузчу Ниязаалы музыкалык аспапта ойноонун анык виртуозу. Улуттук көркөм чыгармачылыктын бул мыкты өкүлдөрү жаңыдан өсүп-өнүгүп келаткан кыргыз элинин профессионал искусствосунун кадрларынын негизги резервин түзүүгө тийиш» («Советская Киргизия» 1936-жыл, 2-ноябрь).

## Куйручук куудул

Куйручук – туулганда аты Кудайберген,
Кудайым куудулга бап ырай берген.
Көөнөрбөс көйдө калар нускасы көп,
Көзү ачык, сөздөрү төп – туудай пендең.
*(Дайырбек Стан тегин).*

Жазуучу-санжырачы Жапар Кенчиевдин эскерүүсүнөн: «Куйручук – кыргыз элинин акылы, ар намысы, сыймыгы деп

айтыла келген, айтыла бермекчи. Карт тарыхты барактасак кыргызда «азан чакырып» коюлгандагы аттар бара-бара өзгөрүп элдик аталыштарга алмашып кеткен жагдайлар аз эмес. Кудайберген деген аттын Куйручукка алмашышы ар түрдүүчө жоромолдонуп келет. Акылы, айлакерлиги менен айткандары бааланып, сыйурматка бөлөнүп, мейманда тартылган куйрук-чучуктарды жардыжалчыларга бөлүштүрүп бергендиги үчүн Куйручук аталганы, кайсы бирлеринин жоромолунда жумгалдык манап Байзак дайыма жанына алып жүрүп «кырмычыгым», «курмучугум» деп эркелете бергени бара-бара эл ичинде Куйручукка айлангандыгы да айтылат. Чындыгында Куйручуктай көрөңгөсү көбүрүп-жабырган көп кырдуу таланттар саналуу гана. Куудулда башкалардан айырмаланган, табийгат тартуулаган сегиз өзгөчөлүк болгон.

Биринчиси – Куйручуктун тамашасы таңды атырган, күлкүсү күндү батырган, таш боор мерездерди күлдүргөн. Экинчиси – Куйручук кыдырып топто ырдаган эмес. Акындыгы кезеги келип калганда гана ташкындаган дайрадай таамай айтылып ортого салынган. Үчүнчүсү – ал киши чыныгы олуя болгон. Алдыда боло турган окуяны алдан баамдап, батасы таамай тийген. Төртүнчүсү – бирөөнүн үнүн, сүйлөгөн сөзүн, турум-турпатын так өзүндөй туураган. Куйручук кызды туураса, келинди туураса, кемпирди туураса эч айырмаланбай угарманды ууз сезимге уюткан. Бир мисал: Куйручуктун жаш кези. Токмоктун сыртындагы айылга жолоочулап келип бир үйгө бурулат. Үйдө какчаңдаган кемпир, күйөөсүнүн өлгөнүнө үч жыл чамалап калган жаш жесир келин. Кемпирдин абышкасы Анжыянга мал айдатып соодалап кеткен. Кемпир Куйручукту ажылдап, сөгүп-сагып тилдеп үйдөн кууп чыгат.

Куудул кара алачыкка туш келет. Жардылык жанга баткан жаш жигит энеси, келинчеги менен турат экен. Жарма болсо да жаркылдап тосуп алышат. Кеч күүгүмдө эненин эски көйнөгүн, таар чепкенин, жүн жоолугун сурап кийип, колуна аса-муса таяк алып, кудум думана-бакшы кейиптенип, ак уруп, жанагы какчаңдаган кемпирдикине кирип учурашып, жайнамазын жая салып, төлгөсүн тартып кирет. «Таштан төлгөм так сүйлө, кумдан төлгөм куп сүйлө...» дегендей жобурап, келиндин күйөөсүнүн өлгөнүнө үч жыл болгонун айтып салат.... Бир канча «көз ачыктык» сыйкырдуу сырларды ортого жаят. Какчаңдаган кемпир менен төлгөчү кемпирдин (ролду аткарган Куйручук) не сүйлөгөн сөзүндө, не жүрүм-турумунда эч

айырма жок. Ага ишенген кемпир төлгөөчү кемпирди жакшылап коноктоп, келин ортого, эки четке эки кемпир бир төшөккө жатат. «Мейманынан шек санабаган кемпир тез эле уйкуга кетет. Үч жыл бою тул калган, эркектин жытын сагынган бечара келиндин кумары артып, көл-шал тердеп, денеси жайылган келин эрте туруп «төлгөөчү кемпирдин» алдына куржун толо кездеме коёт. Кукең жарды жигиттикине келип, кездемени тартуулап, кете берген экен.

Бешинчи өзгөчөлүгү – Куйручук чоң уламачы, санжырачы болгон. Куйручук куюлуштуруп сүйлөп отурганда уккандардын кумары канбай, уланта түшсө экен деп самашкан. Алтынчы өзгөчөлүгү – кыраакы сынчылыгында. «Өзду-жатты, жаманды-жакшыны ажырымдап бөлбөгөн, айтканы эки болбогон, бей-бечарага арка-бел болгон. Куйручук пейли кенен деп Шабданды сынай келип, баш териси калың болгону менен өмүрү кыска экен» дегени туура келген. Жетинчи өзгөчөлүгү – боорукерлиги, кайрымдуулугу. Жумгалдын манаптары мансап талашып чабышканда эр өлүп кун тартылат. Адалдуудан түгү жок он жети кедейге бирден кара (жылкы) айып салынат. Аны таппай каржалып турганда Куйручук куткарган. Куйручук кайталангыс талант, анын жоруктары – терең философиялык ойлорго толгон, турмуштун туундусунан жаралган, тунма кымыздай, тунук акылдын жоруктары.

## Осмонкулдун Куйручукка жолукканы

Жумгалда өткөрүлгөн бир тойдо күлүктөр чабылып, марага келип калды. Боз жорго минген, башында кара көрпө тебетей, өңү кара чаар, бети жайык, чоң кара сакалчан киши эки-үч жолдошу менен бастырып келип, тойдун ээсине:

> Ат чапкан жериң Окторкой,
> Атты айдапсың токтотпой.
> Ашыга чаап коюпсуң
> Аттиң ай!
> Асыл эрди жоктотпой – деп, ырдап басылды.

– Кокуй Куке (Куйручук), кечирип коюңуз. Сизди бир күн күттүк. Кечиккениңизден «эми келбей калды го?..» деп аттарды чаптырып жибердик эле, айып бизде – деп, той ээси анын атын алды.

Аны менен дасторкон үстүндө бирге отуруп калдым, көрсө ал айтылуу куудул Куйручук экен. Той тараганча Кукем экөөбүз бирге ырдап, бирге бастырып жүрдүк. Кыргыз элинин эркеси мени аябай жактырып калды. Мен да Кукемдин купулуна толгонума кубанып, эт жүрөгүм элжиреп, үйгө кубаттуу кайттым.[91]

Куудул Шаршендин эскерүүсүнөн: Бир жылы орозо айында Кочкорго барып калдым. Эл орунга отуруп, көпчүлүк жатып алган, уйкуда. Караңгыда дүрбөтүп, Үмөш деген таанышымдыкына кирип бардым. Жөн кирбедим, «жарамазан» айтып кирдим:

Орозоң кабыл болсун уктагандар,
Кезээрип асыл жанын кыйнагандар!
Кудайдан тилек тилеп жалынгандар,
Тамак ичпей күнөөгө малынгандар!..

– Ой, Шаке, ат-көөлүгүң аманбы? Караңгыда дүрбөлөң түшүрүп кайдан жүрөсүң? Ары жакта Куйручук аксакал уктап жатат, учураш! – деди Үмөш.

Төрдө беш-алты киши уктап жаткан экен.

– Куке, аман-эсенсиңби? – деп жаткандарды тепсеп жүрөм.

– Топоздун музоосу мурунданган мунуң ким, Үмөш! Баарыбызды тепсеп кыйрата турган болду го! – деп Куйручук төшөктөн башын көтөрдү.

– Куке, бул солтонун солкулдак ырчысы Шаршен деген болот, – деди Үмөш.

– Андай болсо, мунуң менен учурашып коёюнчу, – деп Куйручук ырдап кирди:

Сылык сөздү унутуп,
Салам айтып кирбеген.
Улуу менен кичүүнү,
Ажырата билбеген.
Музоосундай топоздун,
Мурундуу Шаршен, сен белең?
Өз атым болот Куйручук,
Эл кадырлай турушуп.
Кээ бир начар акындар,
Жетпей калат тырмышып.
Баатыр болсоң мага чык,
Балбан болсоң чалып жык!

91 Осмонкул. Менин өмүрүм. – Ф., 1968. 88-бет.

Мен Кукемдин колун бекем кармап туруп:

– Күрөшсө күрөшөлү, коюн-колтук алып тирешели. Уругум – солто. Көп элден улуумун, «топоздун музоосундай мурунданган» дегениңе мактанып турумун. Куудул десең – куудулмун, дулдул десең – дулдулмун, булбул десең – булбулмун. Мага күлкүнү берген энчилеп, кана эми ырдап көрчү менчилеп? Ээ Куке, не дейин? Андай десең – андаймын, мындай десең – мындаймын... Уу-у, андаймын! Уу-у, мындаймын... – деп, кармаган колун силкип-силкип койдум.

Ошондо Куйручук:

– Шаршен, куудулдугуңа ыраазы болдум, сени төрөгөн энеңе рахмат. Жолуң шыдыр болсун, жолдошуң Кызыр болсун, бешенеңе таалай консун, оомийин! – деп батасын берди.

Бир жылдан кийин Куйручук биздикине келип калды. Короомдо бир саан уюм, бир кызыл корозум бар эле. Кимден козу сурап жалдырап жүрөйүн деп, кызыл корозду катын-балам менен короодон короого кубалап жүрүп кармап келдим.

– Кана, Куке, бата кылып коюңуз. Козунун этин жеп жүрүп тишиңиз да сасып кеткендир... Малды Суусамырга айдатып жибердим эле. «Пайгамбар баарына ыраазы» дейт тура.

Анда Кукем көзүнөн жаш чыкканча күлүп:

– Корозуңду кубалап жүрүп кармап келдиң, куйругунан байлап келдиң, эми сенден кантип батамды аяйын? – деди.[92]

## Айдараалы жөргөлөк

Заманында чыгаан акын, комузчулар менен коңшулаш жашап, кезеги келгенде айтышып, күү жарыштырып, өзү айткандай: «Олуя-Ата, Ташкен, Битирбоорго, Маскөөгө чейин эле эмес, төгөрөктүн төрт бурчун кыдырган, «Көйрөң күүнү» жараткан Айдараалы жөргөлөктү ким билбейт? Бул атактуу күүнү кезегинде тоо булбулу Токтогул да эргүү менен черткендиги эл оозунда айтылып келет. 1940-жылы музыковед В. Виноградов «Көйрөң күүнү» нотага Коргоолдун аткаруусунда жазып алган. «Айдараалы жөргөлөктү» акын Калык да сөз менен күүнү шайкеш келтире ар кандай кыймыл-аракеттин айкалышында чертип, көргөндүн көз жоосун алган дешет. Бул куудул күүнү Эркесары үналгы тасмасына тапшырган. Ар кандай жыйындарда филармониянын артисти

92 Ошондо, 96-98-беттер.

Мыктыбек Үмөталиев куудулдуктун жогорку чегине жеткире аткаргандыгы менен атпай журтка белгилүү.

«Айдараалы жөргөлөк» баянын акын Калык «Баскан жол» аттуу мемуар китебине жазып калтырыптыр, буга да шүгүрчүлүк. Окурмандар жамаатына ушул чыгармадан үзүндү сунуштайлы: «1919-жылдын күз айларында кайнагам Сары Устадан кат келиптир. Катта: иниси Базаке дүйнөдөн кайтканы жазылыптыр. Ошентип, Кетмен-Төбөгө келип, өлгөнгө бата-дуба жолдогондон кийин Токтогулга кошулуп ырдап жүрөм. «Таласка барып бир кумардан канып ырдап келели», – деп калды Током. Камданып алып жүрүп кеттик. Током экөөбүз бир тойдо алым-сабак айтып, ырдап отурат элек, дагы бир тараптан көпчүлүк элдин жер дүңгүрөткөн күлкүсү кулактын кужурун алды.

– Токо, жүрүңүз, ошо күлкүгө баралы.

– Шашкалактаган жубарымбек, таластыктар күлгөн жерге чапкылап жүрөмбү, барсаң өзүң бар, – деди.

Өзүмчө бардым. Бетегелүү түзөңдө, тескейдин түбүндө, калың элдин орто ченинде, жал-куйругун кырккан күрөң бээ минген, чарчы бойлуу, өңү дандырдай кызыл, тегерек көк ала сакал киши, оң жаккы бутун аттын жалына арта салып, төбөсүнө кондурган топусун кыймылдатып, комузга колун ойноктотуп чертип атат.

– Бул ким деген киши?

– Айдараалы жөргөлөк ушул, – дешти.

– Ырчылыгы барбы?

– Жок, күлдүргүч куудул киши.

«Айдакеңдин көйрөң күү» деп, куудулданып комузун чертип жатат:

«Күлдүр, күлдүр, күлдүр күлдүр».
Анан кийин, анан кийин, анан кийин
Оошол, оошол, оошол, оошол
Тейриң-тейриң, мейлиң-мейлиң
Минтип келем, минтип келем, минтип келем.

... Айдакеңдин көйрөң күү,
Битирбоор, Маскөөдөн,
Олуя ата, Ташкенден,
Алып келген «Көйрөң күү».
Алты капка жаймалап,
Салып келген «Көйрөң күү».
Алты төө, бир атка

Артып келген «Көйрөң күү».
Аркан менен бекитип,
Тартып келген «Көйрөң күү».
Мына мына мындай,
Мына мына мындай».

Топусун чокусуна жөрмөлөтүп, комузуна колун ойноктотуп, каткырып, элдин боорун эзип, өзү кайра мостоё, томсоро калат. Бул өнөрүнө маашыр болуп менин да боорум катты.

– Эми Айдакең ырдап койсун – дегенде: «а-ааа» – деп ырдаганы:

Коён жылы кышында,
Жутап калдык ошондо.
Малдын көбү түгөндү,
Капка салдык от таппай.
Ээр токум, жүгөндү.
Он жылкылуу оюлду.
Муздап калып кышында
Жаздын күнү союлду.
Кайран малдын тарпына
Карга, кузгун тоюнду.

«Ушу кишиге бир тийишип көрөйүн. Эмне сөз чыгар экен» – деп Айдараалыга карай ырдап турган ырым:

Эгин эгип, нан жеген,
Жериң кайда Айдаке?
Атадан туулуп эрте өскөн
Элиң кайда Айдаке?

Айдараалы:

«Кой сүлөөсүн Бакайыр,
Жерибизден келебиз.
Жергелүү кытай, калың сол,
Элибизден келебиз.
Сендей, сендей ырчыны,
Койгулатып отуруп,
Комуз менен жеңебиз.

Калык:

Суусамырдын сазындай,
Былкылдаган сен кимсиң?
Жинди болгон эмедей,

Шылкылдаган сен кимсиң?
Айылчылап күнүгө,
Бир тынбаган сен кимсиң?
Атырылып ырдап көр.
Сенин акындыгың эл билсин?

Айдараалы: Аксы менен Таласка
Айдараалы мен атым.
Бой тирешкен ырчыга,
Болжолу жок санатым.
Жеңижокту баш кылып
Жер жүзүндө ырчыны
Жеңип жүргөн адатым.

Калык: Ашта, тойдо кууланып,
Култулдаган сен кимсиң?
Анык жинди болгондой,
Жулкулдаган сен кимсиң?
Атчан жүрсөң, жөө жүрсөң,
Бир тынбаган сен кимсиң?

Айдараалы: Менин атым сурасаң,
Айдараалы жөргөлөк.
Ар жыйынды көргөндө,
Айтаар сөзүм бир бөлөк.
Келин-кыздуу үйлөргө,
Керегенин түбүнөн,
Кирип кетем жөргөлөп.

Айдараалынын өнөрү жалаң күлкү менен аткарылат. Мен Айдараалынын сөзүнө жараша сөз кубалап ырдасам да болор эмес. Ал оңбогондой куудулданып, оңко-чоңко атып, мени көпчүлүк элдин күлкүсүнө каптатып коюп, тамаша чыгара берди. Жамгырдай төгүп, таалайдан көрүп, ырдап көрөйүн, эмне чыгар экен» — деп аттын башын чыкчыйта тартып чубуртмадан салдым:

Токтогул менен бир келдим,
Кетмен-Төбө жеримден.
Ашып түштүм Таласка,
Аскалуу Беш-Таш белинден.
Азамат киши экенсиң,
Айт дедирбей телинген.

Алгылыгын таппадым,
Айтып өткөн кебиңден.
Безеленип ырдап көр,
Беттешкени келдим мен.
Ат үстүндө Айдаке,
Алкынасың койбойсуң.
Ак баш жору баштанып,
Талпынасың койбойсуң.
Ашка-тойго жолотпой,
Айдаймын деп ойлойсуң.
Бука моюн букчугуй,
Булкулдайсың койбойсуң.
Куру каткырык, куу күлкү,
Кубалашып ойнойсуң.
Колуңдан келсе Таластан,
Кууп ийсем деп ойлойсуң.
Ашмара, Мерки, Таласты,
Аралап ырдап тойбойсуң.
Уңгулуу сөздөн бирөө жок,
Уяттын баарын айтасың.
Ушу турган көпчүлүк,
Ырчылыкты байкасын,
Мени менен айтышсаң
Мерт болосуң кайтасың.
Жаакташкан кишиче,
Жалынса да болбойсуң,
Колунан чыктым озунуп,
Токтогул акын торгойдун.
Акын болсоң Жөргөлөк
Аттан түшүп жөрмөлөп,
Акын болсоң Айдаке,
Ар санаттан термелеп.
Тартынбачы сермештен,
Табына келген ылаачын.
Качырганда асмандан,
Кандай керет кулачын.
Куру каткырык кууланыш,
Кыргыз элге кубаныч,
Калык менен кармашар,

Айдакең, каруусу болсо чыдасын!
Тегеректеп турган эл,
Тебишкенди сынасын.
Алды менен качырып,
Айдаке, асылгансып турасың?
Акын Калык беттеди,
Айдаке, айлаңды кандай кыласың?

Айдараалыны беттеп, акындык менен эптеп, элди таңдандырып, айтышаар жолун чектеп, ырымды ырдап бүтүп тура калдым. Мени көрө элек элдер жаңы ырчыга, жаңы сөзгө таңданышкан бойдон тизилишип турушту, татты сөздөн талыкшыбай угушту.

Айдараалы каткырып күлүп, кайра томсоро калып, элге билгизбей жолго салды.

Айдараалы: – Атаңдын көрүү!
Мунуңар Калык эмес,
Каратажаал турбайбы?
Ыры азыраак кишини
Ушунча каптап ырдайбы?
Кушчу, саруу элимден,
Көргөнүм жок мындайды.
Тамаша кылат деп турсам,
Тартынбастан чындайбы?
Ыр сенде, күлкү менде,
Тыңшап туруп, бекер угуп,
Кубаныч элде,
Бул жыйындан чыгайын,
Аягым менен жылайын,
Элди аралап бастырып,
Эптеп оокат кылайын,

деп каткырып күлүп, эки ууртун соруп эрдин чормойтуп, көпчүлүк элди күлдүрүп, Айдараалы жөнөп кетти...».[93]

«Айдараалы жөргөлөктү» кийин Токтогул да өз репертуарына кошуп алгандыгы айтылат... Күндөрдүн биринде Токтогул Анжиян багытына барып, өзбек айылын аралап калат. Көп адам курчаган чайканада:.. «Талас деген жерде менин Айдараалы жөргөлөк деген досум бар. Ошонун күүсү деп, Айдараалынын «Көйрөң күүсүн»

93 К. Акиев. Баскан жол. – Ф., 1983. 230-237-бет.

чертет. Ырына ыр кошуп, жамактатып, Айдараалыдан кем эмес чертет. Башын шылкылдатып, курсагын шалактатып, оозу-мурдун кыймылдатып: «минтип чертет Айдакең, антип айдатат Айдакең» деп бир каткырып, бир мостоюп, бир олтуруп, бир туруп комузун ыргытып, тосуп алганда өзбектер: «мына, жөрмөлөк, ана жөрмөлөк» дешип, кол чабышкан. Ал бул жерде өзү айтчу орток өнөрдүн ээси болуп калган. «Айдакемдин көйрөң күү» аты калып, «Айдараалы жөргөлөк» деп журт ичине сиңип кеткен.

Көркөм өнөр иликтөөчү Жаныш Кулманбетовдун Айдараалыга берген мүнөздөмөсүнөн: «Угарман-көрөрмандарын күлкүгө бөлөгөн Айдараалынын «Көйрөң күүсү» өзүнчө эле кичинекей моно спектаклди көз алдыга алып келет. Айдараалынын «Көйрөң күү», күлкүлүү ыр саптар, бөтөнчө интонация, добуш, каткырык, оозу-мурдун кыймылдатып, дене-бойду солкулдатып, шумдуктануу, топусун ары-бери секиртип, комузга кол ойнотуу менен коштолот. Айдараалы нагыз комик-актердун, клоундун өзү. Айдараалынын эриндери, кашы, көзү, бети, колу, буту, бүт тулкусу иштеген. Айдараалы «Көйрөң күүнү» аттын үстүндө отуруп да аткарган. Ал минген бээсинин куйрук-жалын кыркып, жылкынын кебетесин да «Көйрөң күүгө» ылайыктап күлкүлүү кылып, бир бутун бээнин жалына арта салып коюп, ээрдин үстүндө «оюн койчу» көркөм өнөрдүн адамы болгон. Аттын үстү Айдараалы үчүн өзүнчө бир сахна».

*(«XX кылымдагы кыргыз драматургиясынын тарыхы» китебинен).*

## Бекназар куудул

1881-жылы Кетмен-Төбөнүн Үч-Терек деген айылда туулган. Куудул ырларын комуздун коштоосунда аткарган. 1936-жылы Фрунзе шаарында өткөрүлгөн республикалык кароо-сынакка Бекназар куудул да катышкан. Сынак учурунда атактуу Шаршен куудул менен кездешип калат. Шакең сахнага чыгып: «Мен кыргыздын эркесимин» деп, ары-бери басып тамашасын көпчүлүккө тартуулап жаткан. Ошол учурда залда отурган Бекназар куудул сахнага чуркап чыгып: «Сен кыргыздын эркеси болсоң, мен Кетмен-Төбөнүн текесимин!» деп, текече бакылдап (Бекназар айбанаттарды укмуштуудай тууроочу) Шакеңдин аркасына жабышып, анда-санда секирип, шаштысын кетирип кубалайт.

Эл кыраан-каткы... көздөрүнөн жаш тамчылаганча күлүп жатат. Шаршен айласы кеткенде сахнадан түшө качат. Бекназардын жоругу бирөөлөргө жакпай калганбы, филармонияга артисттикке алынбай калган деген да сөз бар.

Токтогул, Эшманбет ыр нөшөрүн төккөн жерлерде Бекназар көп болгон. Өнөрпоздордун бири-бирине жөлөк болушу, бирге жүрүшү байыртадан келаткан салт. Таластан чыгып, өнөрпоздордун мекени Кетмен-Төбөнүн Үч-Терегин туурдап калган Эшманбет ырчынын, акын Калыктын чалгын канаты, ушул жерде, ушул аймакта өсүп жетилип, «кара жаак ырчы» аталышы бекер эмес.

Бекназар куудул короо кайтарган келиндерди, бири от жагып, суу куюп, тамак жасап жатса, бири камыр жууруп, чекесиндеги терин шыпырып, колун жамбашына жанып алып, камырын жайып жаткан келиндердин кыймыл-аракетин туураганда эл боору каткыча күлөөр эле. Эшманбет, Бекназар коюндаша өскөн курбулар. Булар элди күлдүрүү максатында бирин «таз» десе, экинчисин «сокур» деп, Сокураӊ менен Тазбайматты туурашып, күйөрмандарын күлкүгө бөлөгөнү айтылып келет. Бекназар куудул өткөн өмүрүнө мындайча кайрылганы бар:

Эшманбетти ээрчидим,
Эл ичинде телчидим.
Турмуштун толбос бөксөсүн,
Турган жерде көрчүмүн.
Желкеден баскан жокчулук.
Жашымдан сезгем кемчилин.
Сасыган сараӊ байлардын
Сазайын колго берчүмүн.
Көпчүлүккө келгенде,
Каада-салттын көркүмүн.
Тутансам такыр өчпөгөн,
Куу арчанын өртүмүн.
Катылган айрым ырчыны,
Куйкум сөз менен жеӊчүмүн.

Калык менен бир жүрдүм
Көп ичинде сүрдүүмүн.
Кайгысын ичтен кетирип,
Калкымды канча күлдүрдүм.[94]

94 Акындар чыгармачылыгынын тарыхый очерктери. – Ф., 1988. 438-454-беттер.

## Токтогулдун «Чайкама»

Музыковед Затаевич бул күүнү Муратаалыдан жазып алган экен. Күүнүн аталышын музыка иликтөөчү «Чайкама» деп атаган. Токтогулдун аткаруусунда «Чайкама» айтым-куудул күүлөр турпатында шайыр, шайдоот, шаңдуу чайкап чертилген күү катары сыпатталат. Токтогулдан кийин шакирттери Коргоол, Атай, Калык, Алымкул, Шекербектердин аткаруусунда «Чайкама» атпай журтка тараган.

Эл ырчысы Эстебес устаты Алымкул төкмөнү эскере келип, «Чайкаманын» жаралышы тууралуу окурмандарга төмөндөгү окуяны тартуулаган. Кыргыздын төр, жайлоосу толукшуп турганда, көк шибери жайкалып, сабада кымыз чайпалып, келген элге мелт-калт кесе сунганда Токтогул төрдө отуруп, комузун күүлөп, «Чайкама» деген күү чыгардым эле, ошону чертип берейин» — десе, «кыргыз-акам хам чайхананы билар экан?» дешет соодалап келген сарттар, алдыга жайылган чай-дасторконду көрүп. Током оң жеңин түрүп, кол ойнотуп, үнүн коштоп:

Ой, ой, ой э-ээ!
Ой, ой, ой э-ээ!
Күдү-күдү-күдү-күдү, ээ! —

деп, комуздун бетине сөөмөйүн койкоктотуп, төмөн-ылдый жылдырып чертип жатса, «Караң, караң, бормокларини караң, коёндун кулагыдай кымыллап кетар экен» — дешип таң калышат. Током ырдайт:

Ээ, күүнүн башы «Чайкама»,
Жигитиңде дуулай бер,
Эч нерсени байкаба,
Өтүп кеткен өмүрүң.
Өкүнсөң келбейт кайтара
Эй, эй, эй! —

десе, кара сакал сарт: «Тугру айтасиз, каллаң өтса кайта келмайду» — дейт. Током андан ары улантат:

Ээ, балдар, жорго минген жолдо мас,
Жол айтмакка молдо мас.
Сарделүү киши топко мас,
Оймоктуу аял ишке мас,
Ойсок аял түшкө мас,

– десе, кара сакал дамулда коштоп: «Андай хотындын кераги йок» – деп кобурайт.

Током:

Ээй, капталдай качкан каманга,
Эрдик кылмак не пайда?
Капталы жок кара атка,
Тердик салып не пайда?
Атың кашаң болгон соң,
Аштан-тойдон калган соң,
Күлүктүгү не пайда?
Алганың чалпоо болгон соң,
Аркырап беттен алган соң,
Сулуулугу не пайда? –

десе, баягы кара сакал сарт: «Э-эй, кыргыз-ака, тугри айтасыз, чиройини чилап ичадими?» – деп жактырган экен.[95]

Мыктыбек Үмөталиев «Чайкаманын» чамгарагын дагы бир бийиктикке көтөрүп, ага чаң жугузбай, угарманын ууз сезимге бөлөп жүрүп көзү өттү, бейиши болгур. Бүгүн болсо, күү ышкыбоздору Мыктыбекче аткарылган «Чайкаманы» уга албай чаңкап турган кези: «Токтогул өзбек тууганлардын арасында атактуу Молдо Тойчу менен күү чертишкенде ушул «Чайкаманы» аткарган экен» – деп эскерет Мыктыбек куудул. Током: «Ээ туугандар, күүнүн башы «күдү-күдү» менен башталып, аягы да «күдү-күдү» менен бүтөт» деп койду» – дейт.

Күүнүн башы «Чайкама»,
Эч нерсени байкаба.
Ойду десе ойду бас,
Оюлбаса жерди бас!
Хай-хай-хай-хай,
Күдү-күдү-күдү-күдү.

Карагайдын бутагын,
Кайрып кескен не пайда?
Кайран өмүр өткөн соң,
Катының ыйлар бейпайда.

95 Э. Турсуналиев. Ак таңдай. Ырлар жана эскерүүлөр. – Ф., 1991. 143-бет.

Долононун бутагын,
Таарып кескен не пайда?
Томуктай башың өткөн соң,
Тууганың ыйлайт, не пайда?

Ичигиң түлкү болбосо,
Тон сынамак не пайда?
Атың жорго болбосо,
Жол сынамак не пайда?

Жорго минген жолдо мас,
Жолду саткан молдо мас.
Оолукма аял кечте мас,
Обу жок аял түштө мас.
Хай-хай-хай-хай,
Күдү-күдү-күдү-күдү.

Алып чертем аркама,
Андан кийин алдыма.
Эрмек болуп жалпыга,
Комуз сүйгөн калкыма,
Илип чертем мойнума.
Топум ойноп төбөмдө,
Билип чертем моминтип.

Асмандагы кушка окшоп,
Кайкып черткен «Чайкама».
Белгилүү күү «Чайкама»,
Белек болсун калкыма.

Чарчабай ырдайм жалпыңа.
Асыл күүм «Чайкама»,
Алтын күүм «Чайкама»,
Батыр күүм «Чайкама»
Алтын баштын барында,
Эчтемеден тартынба...

## Майлыбайдын «Шалкы күү»

«1983-жыл. Март айы. Кыргыз радио студиясынын чакан бөлмөсү. Кочкордон келген карыя комузчу Самсалы Алике уулу күүлөрүн тасмага жаздырып жатты. Шаңдуу кайрыктарга

бай «Бейпил күндүн сайран күү» деген күүсүн чертип бүттү да, комузунун кулагын башка күүгө толгоду:

– Эми, балдарым, Майлыбайдын «Ботоюн» аткарып берейин. Баса, Майлыкемди силер көрбөй да, билбей да калдыңар. Ал киши жөнүндө уккан-көргөндөрүмдү айта отуруп чертейин.

Бөкө уулу Майлыкем биздин Кочкордун Кашат айылынан. Ал ошол жерде жарык дүйнөгө келип, ошол жерден о дүйнөгө узады. Майлыкемдин ата-теги бай деле, манап деле эмес. Орто чарба үй-бүлөдө туулган. Майлыбай Токтогул менен күү чертишет. Ал жөнүндө акын Жоомарт Бөкөнбай уулу: «...Токтогул комуз күүсүн көпкө угуп отурду. Анда-санда шыкаалап коюп, комузчунун колунан көз айырбайт. Комузчу көпкө чертти, ар тараптан «А Майлыке! Майлыке!» деген үндөр чыкты». «Мына издеген Майлыбайым ушул турбайбы, – деп Токоң ичинен кыпыңдады, – Кантип таанышсам экен, эмне деп айтам? деп бир аз ойлоно отуруп, тийишип сүйлөйүн, андан кийинкисин көрө жатармын, бирдеке болор дедим да:

Майлыбайдын шалкы күү,
Мааниси жок таркы күү, – деп ырдап ийсем:

– Бул ким?! – деген катуу үн чыкты.

Комузчу күүсүн токтотуп эки жагына элеңдеп, эшик жакка карады.

– Мен эле, – деп Токтогул эшик жактан баш бакты. Майлыбайдын көзү Токтогулдан өтүп кетти.

– Сен ким болосуң? – деди ал, – Ээ, Токтогул деген бала сенсиңби? Жөн, жөнү бар. Кабарыңды угуп жүргөнбүз. Сенде бирдеме бар окшойт, карма балам, – деп Майлыбай улагада отурган Токтогулга комузун сунду. Токтогул болсо:

– Майлыке, сизден келсин, – дегенде Майлыбай комузун Токтогулдан кайра алды да:

Оң кулагың менен бир ук,
Сол кулагың менен бир ук.»
Мындан кийин менден,
Коно жатып күү ук,
Боло жатып күү ук –

деп, комузун толгоп, өз күүсүн эки-үч кайырды да, кезекти Токтогулга берди. Ал комузду алып, кулагын толгоп «баң-баң»

эттирип, Майлыбайдын күүсүн туурап күүлөдү. Комузду күүлөп бүтүп, Майлыбайдын күүсүн таптак кайрып чертти. Үйдөгүлөр дем чыгарбай Токтогулдун колун караштьы. Майлыбай кубанганынанбы, ызаа болгонунанбы, агарып калган сакалын салаасы менен бат-бат тарап, бир кызарып бир кубарып:

– Муну кайдан үйрөнгөнсүң? – деп каргылданган үн менен сурады.

– Өзүңүздү көрө электе, күүңүз учуп келип, кулагыма конгон, – деди Токтогул.

– Айтчы, балам, кайырганымды кантип билип алдың?

– Чертип жатканыңызда эшиктен шыкаалап турбадымбы.... Күүңүздү үйрөнүш үчүн ат арытып келдим. «Шалкы күүңүздөн» башкасы болсо да черте отуруңуз, – деди.

Токтогулдун бул сөзүнө Майлыбай ыраазы болду. Бетине кан жүгүрдү. – «Күлүктөн күлүк чыкса тыпыр-тыпыр» деген балам, кедейдин атындай тушап минип жүргөн жалгыз күүм эле, үйрөнүп алдың, билип алдың. Болсун, болсун! – деп Майлыбай карс-карс күлдү.»

*(Б. Алагушевдин макаласынан).*

## Куран окуганда

Төкмө акын Осмонкул куудул Шаршенди эскерип отуруп: «1922-жылы, күзгө маал Күнтуу элинде чоң той болот» дегенди угуп, аттанып калдык. Айылдын орто жериндеги чоң ак боз үйдү эл курчап алыптыр. «Күнтууда Шаршен куудул бар» деп угуп жүрчүмүн. Эшиктин алдындагылар бизди үйгө киргизип жиберди. Сыгылыша улугадан эптеп орун тийди. Шаршен эки далысын купшуңдата сүйлөп жатат:

– Силерден айланайын, силерден кагылайын, сүйлөбөйүн дебейин, сүйлөп берейин, айтпайм дебейин айтып берейин! Эмесе, мен Термечик дегендин уулу болом, балдарынын туну болом. Атам өлдү жаштайымда, энем бизди таштап кетти өз жайына. Кээ бир катындар: «Ырысы жок жетим, ууру жетим! Кузгундай болуп куркулдап жүргөнчө бирөөнүн козусун багып, башыңды бир жерге калкаласаң боло? – деп акыл айтып калышат. Байлардын отунун алып көрдүм, козусун багып көрдүм. Алар эмгегиңди билбейт экен, ашата сөгүп тилдейт экен. Ошентип колум бош, жолум бош, ээн-эркин жашап көрдүм, мына эми чоңоюп да калдым...».

Жылдардын биринде Талкан элинде бир ашта болдум. Жалаң аппак үйлөрдөн он чактыны тиктирген экен. Четки боз үйгө киргизишти. Ээги түшкөн кемпирлер отурат. Колубузга суу куюп, беш кишиге бирден табак тартты.

– Балам, устукандап жибер, – деди чүкчүйгөн сары кемпир.

– Эки кабырга, бир далы, жамбаштын жарымы, бир тоголок эт, бир кесим чучук, бир кесим карта. «Буга мен тоёмбу же кемпирлер тоёбу? Курушкан түгөнгүрлөр!» деп ичимден кейип, болгонун кемпирлердин алдына койдум. Эт желгенден кийин:

– Арабызда эркек аттуудан жалгыз сен экенсиң. Куран окуп кой, – дешти кемпирлер.

Чөк түшүп, калпагымды чекеме түшүрө коюп, үнүмдү созолонтуп куранга кирдим:

– Бисмилла ир-рахман ир-рахим. Эн-на-лар эт-ка той-ма-ди... Аш-ши-на ир-раа-зи бол-ма-дии. «Еш-син» де-еп та-мак кой-са та-ба-гин-да-а э-ки ке-сим э-ти бол-са... бир ка-си-мин е-лук-ка тү-й-үп ал-ды-ңар-ө-зи-ңар бол-са ач-ка кал-ди-ңа-ар... Як-ши-лар-га үй-мө та-бак тарт-ти-ңар! Я-ман-лар-га э-ки ка-сим-дан эт ке-лат э-кан, ба-иң ку-ру-си-ин ач-ка кал-ди-им! Шул ку-ра-ан-ниң со-го-бун ба-гыш-ла-ди-и-им... – деп, алакан жайып бата кылдым эле, төрдө отурган ширидей кара кемпир сезип калды көрүнөт, шек алдырбай:

– «Чаар китепти» жатка айткан бала көрүнөт, муну уккандын пейли төгүлөт, деле кырааты менен жакшы окубадыбы, балама рахмат, – деп алкоо кылды».[96]

## Бала сооротуу

1939-жылы Кыргызстандын искусство чеберлери Декадада чоң сыноодон өтмөккө Москвага барышты. Түптүү орус элинин даңазалуу чоң театрынын филиалы. Коштошуу концертинде Калык баштаган акындар саламдашуу ырларын ырдашып, бийчилер кыргыз бийин бийлешти. Муратаалы карыя кыл кыякта «Кер өзөнүн» тартты. Карамолдо «Ибаратты», Ыбырай «Паровозду» комузда чертишти. Саид аке «Паризатын» созду. Кезек куудулдук өнөргө өтүп, Шаршен сахнанын чок ортосуна келип токтоду да, былк этпей мелтиреп туруп калды. Кандайдыр көз ирмемде оң ийинин «былк» эттирип, дагы бир көз ирмемде оң бутун «шылк»

96 Осмонкул. Менин өмүрүм. – Ф., 1968.

эттирип, залдагы көрүүчүлөрдү карап калды. Шаршендин ырай-түрүнө таң калгандар ыраазы боло дүркүрөтө кол чаап жиберишти. Орустар Шаршендин тилине түшүнбөйт дешкендер да болгон эле, түшүнмөк тургай көз ирмебей тыңдап отурушту. Шакең эми кыргыздын «намаз окугандагы» кобурун, кыймылын ортого салды эле, түшүнгөндөр да, түшүнбөгөндөр да зал ичин жаңыртып, боору катканча күлүп калышты...

Алып баруучу: «азыркы номур «Бала сооротуу» деп кулактандырды. Шаршендин кебете-кешпири заматта өзгөрүлдү. Бул кебетени өзү менен чогуу жүргөндөр да кызыгып көрүшүп, сахна артында сак-сактап Шаршенди карап турушат.

Куудул көндүм адаты боюнча орус тилдүү угармандарына кыргызчасынан кайрылып жатат: «Туугандар, аялдардын эки түрдүү бала багып соороткону бар: кээ бир аялдар баласын көтөрүп алып, айылчылаганды жакшы көрүшөт, туралбайт чыдап, «айыл» десе уктабай чыгат. Баласы менен күнүгө бара берип, барган үйүн да жадатат. Кечке айылчылап, кээде күн батканда, кээде эл жатканда үйүнө келет.

Баласы ыйлап турат, энеси мурдунан чымчып, оозунан өөп: «бай-бай-бай» деп силкилдетет. Жолуккан киши: «баладын кырк̄ы чыктыбы?» деп сураса жооп жок. «Кыкысынан» айналайын, кичинекей «быкысынан» айналайын, «ува-ува-ува» деп, мурдунан чымчылап өз сөөмөйүн өпкүлөйт. Баласы ыйлай берип тердейт, энеси эмчегин бербейт. Энеси өзүнчө сүйлөнөт, бүгүн ыйлап эле калыптыр, мени кыйнап эле калыптыр. Таякесине барсамбы, такыя саттырып алсамбы, же таятасынан тай энчилетип алсамбы? Бай-бай-бай дейт, селкилдетет, ага деле сооронбойт. Дагы өзүнчө сүйлөйт: көп ыйлаган баланы өкмөт алат дейт, алып барып ак шейшепке ороп, ак бешикке салат дейт. Буламык жасап берет дейт, күнүгө доктурлар көрөт дейт. Жок, баламды өзүм эле багам, айналайын, балам, сени берип кантип жалгыз калам?

А кээ бир аял үйүнөн чыкпайт. Баласын багымыш этип, кара жанын сыйлайт. Тамак жок болсо эрин кыйнайт. Эрине айтып кант, набат алдырат. Он килодой унду майга кууруп, чоң чоюн кашыкка канттан салат. Өзү тойгондой буламык кылат, баласына беримиш болуп, а дегенде өзү оозуна салат. Үчтөн экөөнү өзү сугунуп, баласы кекирсе «аш бол» деп алкап, өзү кекирсе «маш бол» деп жарпы жазылат. Тамак түгөнүп калса эринин кулагынын кужурун алат: «Элдин эркектериндей эп таппайсың! Менин

маңдайымда чалчактайсың! Же башкалардай мал таппайсың! Канткенде ушинтип жан сактайсың?!» Муну эри угат, эмне айтса моюн сунат. Мына, ушундайча бала сооротокон аялдар арабыздан чыгат». Куудул Шаршен бала соороткон аялды бир тууралды дейсиң, залдагы көрүүчүлөр эле эмес, өзү менен бирге жүргөн кызматташтары, курбалдаштары да керемет дүйнөгө балкыды. Зал толо каткырык, көздөн жаш чыккыча күлкү, алкоолор, даңктоолор: «Что за человек?», «Вот это-о талант!»[97]

## Бөжөй куудул менен Бейшебай куудул

Комузчу-педагог Шаршебай Көлбалаев бул куудулдарды мындайча эскерет: «1965-1966-жылдар болуу керек. Маданий бригада менен Сырт өрөөнүндө оюн коюп жүрөбүз. Түп районунан дагы бир чакан топ өнөрпоздор Сары-Жаз өрөөнүндөгү малчыларга концерт менен келип калышты. Бөжөй Шадыканов деген эл шайырын угуп жүрчү элем. Ушул жерден көрүштүк. Залкар комузчу, куудул, төкмө ырчы экенин ошондо билдим. Бөжөй аткарган ар бир чыгарма элдин боорун эзди. Малчылар майрамдык шаңга, күлкүгө карк болуп, маданий кызматкерлер биз да тамашага кандык.

Ак-Суу районунда Бейшебай деген да чоң куудул болгон. Бейшебай куудулду бир топко ээрчип жүрдүм. Комузду башкача ойнотчу, аспапты ойноп жатып, асманга чимирилтип ыргытып жиберип, тосуп алып черткенде кайрыктар ыргагынан жанбай күү уланып кете берчү. Ушул ыкманы кийин мен да шакирттериме үйрөттүм. Бейшебайдын «Карколдун кара бак» деген ыр менен коштолгон куудул күүсү бар эле. Болжолу эсте калган ырдын тексти мындайча беле:

Караколдун кара бак,
Канча жүрдүм аралап.
Каалаганын жаш көңүл,
Кара бактан таба алат:
Кара көздү кылчайган,
Сурма көздү суйсалган,
Же болбосо, күйөөсүн
Жеп ийчүдөй сумсайган,
Атаандашын көргөндө,
Канын тартып кумсарган.
Көк көз, кой көз, бото көз,

97 Осмонкул. Менин өмүрүм. – Ф., 1968.

Көңүлгө төп ширин сөз,
Ак сулууну көйкөлгөн,
Ак терекке сөйкөнгөн,
Көйнөктөрү бырышып,
Көк шиберге өйкөлгөн,
Чопулдата өптүргөн,
Чоң кумарга жеткирген,
Ак балтыры ак куудай,
Айды карай серпилген, –
Каткан эле калкалап,
Кара колдун кара бак.
Жаман көздөн жашырып,
Суук көздөн далдалап...
Көптөн бери жолукпай,
Көрүшкөндү туурап,
Өлүп-талып,
Өбүшкөндү туурап,
Караңгыда,
Сүйүшкөндү туурап,
Күйүшкөндү туурап,
Арак, пиво, ашлямфу,
Тамактары шумдуктуу,
Жеп-ичкенди туурап,

кайран Бейшебай элди күлкү менен жыгып, бул да өттү дүйнөдөн. Кыраан каткы күлкү чакырган мындай ырды эч жерден уга албадым. Бөжөй менен Бейшебайдын өздөрүнө гана таандык чыгармачылык өзгөчөлүгү болгон. Мен билген куудулдар 6-7 номурдан ашпаган күүлөрдү аткарчу. Бөжөй менен Бейшебайдын ыр-күүлөрү түгөнбөй таңды аппак атырчу. Эх, дүйнө жалган, алардын да көзү өттү. Ошол аягы үзүлбөгөн чыгармалар толук бойдон «Алтын казынага» жазылып калса эмне?!

## «Оолуккандагы обонум»

### (Бөжөй куудулдан эстелик)

1990-жыл. Кыргыз радиосунун музыкалык «Алтын казынасына» жазылган үн тасмаларды кайрадан жаңыртып, көчүрүп жатабыз. 1960-жылдарда жазылып алынган үн тасмалардын ичинде бизге анча тааныш эмес эл шайырларынын өкүлү Бөжөй Шадыканов

тапшырган эки түрмөк үн тасма бар экен. Бул өнөрпоздун ырдаган ырын, черткен күүлөрүн угуп отуруп аткаруучулуктагы жогорку чеберчиликти, тоо суусундай ташкындаган эмоцияны, шайыр-шайдооттукка бөлөнгөн элдик фольклорду, өнөргө сүңгүп кирүүнүн айныксыз жаңы белгилерин баамдадык. Бөжөйдүн аткаруусундагы ырларды, күүлөрдү үн тасмасынан укканымда чертүүнүн динамикасын, жанрдык бөтөнчүлүктөгү юморду, билгичтик менен пайдаланган ыкмаларды, жайдары, күлкүлүү образдарды байкап, бир эсе суктанып, бир эсе таң калып отурдум.

Бөжөй тынымсыз эмгектенгендиги байкалат. Кыргыз мамлекеттик филармониясында иштеп жүргөн мезгилде Карамолдо, Ыбырай, Атайдагы күүчүлүк, Калык, Адамкалый, Шаршендин куудулдук өнөрүн кунт коюп өздөштүрүп, өз өнөрканасында өркүндөтүп иштеп чыккандыгы байкалбай койгон жок. Анда обу жок олдоксондук же сокур тууроочулук эмес, чыгармага кошумча коoздук тартуулаган Бөжөйлүк аткаруучулук ыкма өзүнө тартып турду.

Ошондой чыгармалардын бири отуруштагы «Оолуккандагы обонум» аттуу куудул ырын окурмандарга сунуш кылалы: «Мен жигит кезимдеги бормомду айтып берейин. «Жигиттин гүлү» чагымда суунун ары өйүзү-бери өңүзүндөгү кыз-жигиттер чогулуп оюн кураар элек. «Дүмпүлдөк», «Селкинчек», «Чөөлмөк ыргытуу» дегендей, бул оюндарды Алмакан деген жазы маңдай, жалжал көз, кабагым-кашым дебеген азилкеч жеңебиз баштай турган.

– Кудайыңдан тегеренип кетейин, жеңекебай, жигиттерден кимди, кыз-келиндерден кимди чакырайын?

– Жогорку айылдан узун бут уулду, ортончу айылдан орок тумшук уулду, кичи айылдан кара солток солдогойду, төмөнкү айылдан кодогой, кидигий, кирбигий уулдарды чакыр. Кичине бала, молдо бала, марка бала, тартак бала дегендерин да унутпа.

– Буларың жалаң жигиттер экен, айланайын, садага кетейин, жеңекебайым! Уялчаак жаным бар, кыз-келиндериңди кантип чакырам?

– Айланайын, садага кетейин, ырчы уул, уялган ууз сүйүүдөн аялдын асыл жеринен кур калат. Жигит болсоң шок бол, шок болбосоң жок бол, – баарын түгөл чакырып кел! – деп жумшады жеңекебайым.

Ойсолоңдогон көйрөң чалыш жаным, мурдум дардайып кетти:

– Кыз-келиндерди мүшөктөп алып келем. Алардын атын айтып койсоң болду, жеңекебай.

– Айланып, садагаң кетейин, ырчы, эсиңе бекем тутуп ал: Алмакан, Батмакан, Кермекан, Бурмакан, Кырмакан, Бурмакан, Чийтекан, Мистекан, Бейшекан, Дүйшөкан, Шейшекан, Жумакан, Сурмакан, Турумкан дегендерди чакыр. Калыйбүбү, Алымбүбү, Салыйбүбү, Жанбүбүлөрдү да унутпа.

Шаракташып, шаңкылдашып, ашып-шашып чакыргандар тегиз келишти.

– Айланып садага кетейин, жеңекебайым. Чакыргандардан чаласы калбады, бардыгы келишти. Кайсы оюндан баштайлы?

– Секетиң кетейин, сарыкер ырчы, сен турганда башкага орун жок, «Секетбайдан» бир үзүм ташта, оюндун алды тамаша, эңсеп-көксөп келгенине жараша.

– Анда эмесе, азыркы күүм «Чуубасар». Жаалап кетишти жабыла.

Көйрөң жаным, көпкөн жаным, көп кыздарды өпкөн жаным, «Оолукма обонумду» ортого салдым.

Карагаттай көзүңдөн,
Канттан ширин сөзүңдөн...
Сүзүлүп турган көзүңдөн,
Сүйлөп турган сөзүңдөн...
Алда менин алтыны-ым!
Оой, Аке-ен!
Кантем, кантем?
О-оо жаным.
И-ий...
Деле, кагылсын обон өзүңдөн, а-а-а!
Бетиң бир кызыл табылгы,
Бейпайга салдың жанымды.
«Береке-ем», «Көлөкөм», «Жаны-ым» деп,
Эркелеп, өнтөлөп,
Кетирдиң менин алымды.
Алда менин алтыны-ым!
Оой, Аке-ен!
Оой, Күкө-өн.
Кантем, кантем?
О-оо жаным.
И-ий...

Деги ичиме жалын-өрт салдың, а-а!
Камчымды илдим билекке,
Кайгыны салдың жүрөккө.
Жеткизсе кудай тилекке.
Адамдан артык борумуң,
Асыл экен жоругуң.
О-оо, Күкө-өн!
О-оо, Аке-ен!
Жаны-ым.
Ии-ий,
Дилиңди келет бир билгим, о-ой.
Таң аткыча сайраган,
Талыкпай тилин кайраган.
Күн чыкканча сайраган,
Күүгө тилин кайраган.
О-о, Аке-ен!
Күкө-өн.
Кантем, кантем?
О-оо жаным.
И-ий...
Деги бир каратып койдуң мени сен, о-ой!...

## Мыктыбектин селкинчек

Кезегинде кеңири тараган улуттук оюндарыбыздын бири «Селкинчек». Аны өткөндөгү көчмөн турмуш ырастайт. Жаратылыштын кооз жеринде, шаркырап аккан суунун боюнда көч түшүрүлүп, кыркаар боз үйлөр тигилип жатканда жаш улан-кыздар айыл четинен карагай, дарак өскөн жерди «Селкинчек» ойну үчүн тандашкан. Ал жерге ай жарыгында чогулуп келип селкинчек курушкан. Селкинчекке чыйрак эшилген кыл аркан тандалып, жанаша өскөн кош теректин (карагайдын) балбан бутагына байлашкан, төмөнкү тарабына жыгач тактайды бекем чырмашкан. Жуп-жубу менен кыз-жигиттер чыгып, маңдай-тескей селкинчекте күүлөнүшкөн. Эки жактын селкинчекти күүлөгөн өнөктөштөр өз милдетин өтөп турушкан. Селкинчекти мыкты тепкендер терек бою көтөрүлүп көпчүлүктүн көз жоосун алган. Аларга арналып ырлар-күүлөр жаңырган. Аспапчы шайырлар «кара күүлөр»,

«айтым күүлөр», «куудул күүлөр» коштоп «Селкинчек» темасында байыткан.

Айдараалы жөргөлөктүн акыркы үкөсү, бейиши болгур, Мыктыбек Үмөталиев «Селкинчек», «Көйрөң күү» тууралуу бир окуяны эске салып эргүү менен чертип берди эле: «Айтылуу Айдараалынын «Көйрөң күүсүн» акын Калыктан үйрөнгөн элем. Бир күнү «Бакайдын жайыты» кинофильмин тартып жаткандар мени да киного чакырып калышты. Ошол жерде «Көйрөң күүнү» аткарганымды жактырып калышты. Ага чейин оозубашын кыйшаңдатып черткен күү экен деп концертке киргизбей, репертуарга жакындатпай коюшкан. Киночулардын комиссиясында Касымалы Жантөшев бар экен. Фильмдин премьерасы өтүп жаткан. Комуз чертип ырдаганымды көрүп:

– Бул кайсы жигит? – деп сурап калат.

– Бул артист, филармонияда иштейт,– дешет билгендер.

– Оо, мыкты аткаруучу тура, – деп ыраазы болуп, фильмге тарттырган. – Жеңижок, Айдараалы, Токтогулдун ырларынан да репертуарга кошкула, бул ырлар эл сүйүүсүнө ээ болгон чыгармалар.

Комиссиядан бирөө:

– Кана, «Айдараалынын жөргөлөгүн» кайра айтчы, – деп калды.

Мен тарткынчактап туруп, «жөргөлөктү» дагы жөндөдүм. Ошол жерден Касыкем тура калып:

– Ой, ичиңде эки жүз грамм болсо, бабына келтире аткарат беле? Тартынбай таптак Айдараалычасынан аткарчы, – деди.

Кайта сахнага чыктым. Айда, келиштире аткардым эле.

– Мына эми «Көйрөң күүң» көркүнө чыкты, – деп, мактоого алды. Ошондон тартып, күүнү номурга кошуп, концерттерде аткарып жүрдүм. Мен «Жөргөлөктү» аткарганда залда жандануу күчөп, кол чабылып, кыйкырып, сүрөөнгө алып эл чуулдап калчу. Бул эмгегиме шыктана түшүп, элдик күү «Селкинчекти» күлкү-зоок үчүн иштеп чыктым. «Смар Шимеев филармонияда деректир эле. Алымкул төкмөнүн 80 жылдыгы өтүп жаткан. Смар: «Мыктыбек, сен дагы концертке даярдан, катышасың» – деп калды. Сахнага кийүүчү кийимдеримди сумкага салып, ала баргам. Кезегимди күтүп турам. Ал аңгыча «Мыктыбек Үмөталиев «Селкинчекти» аткарат» деген алып баруучунун үнү шаңк этти. Басып барып мен үчүн даярдалган стулга отурдум. Комузумду тилге киргизип, колумду каалагандай шилтеп ойнотуп жатам. Маңдай жагымда

Аалы, Түгөлбай, Темиркулга окшогон адабияттын лөктөрү отурушкан, көзүмдүн кыйыгы ошолордо. Бир маалда «Тептирип кой, келинчек, тээп өтчү, келинчек!» деген жерине келгенде тула бойго күч келтире катуу обдула силкинип койсом керек, стулдун буту карс сынып, бачырап барып урап түшсө болобу. Мен стулга кошула өзүмдү жоготуп койбой,

Тебе жүргөн селкинчек,
Селкинчекти тебе албай,
Кээ бир келин эринчээк...

– деген саптарды улаштыра чалкамдан жаткан калыбымда комузду улам бир капталыма ойдолото чертип, «Селкинчекти» токтотпой улантып жатам. Күү аяктап баратканда оң колум менен жер таяна туруп, сол кол менен кыл тербеп, аягым менен тик турганча күү ыргагын жандырбай комузумду ийинге кондура «Селкинчекти» тептирген калыбында сахнадан жүгүрүп чыктым. Кыраан каткы, күлкү... Жанагы көз кыйыгымдан өткөргөн залкарлар кол чапканы мындай турсун, күлкүдөн көз жашын аарчый албай калыптыр.

Он чакты күндөн кийин деректирибиз Смар:

– Ой, Мыктыбек, «Селкинчегиңди» стул талкалаганча ойдолоттуң го, ичиңде канча жүз грамм бар эле? А балким сага мындан ары да сынык стул керектир? – деп тамашалады».

«Селкинчек» ырынын салтык формасынын кыскартылган текстин сунуш кылабыз.

Бурулчанын селкинчек,
Бурбай тепкин, келинчек.
Жаштык отун жандырып,
Ырдай тепкин келинчек.

Кара тоонун эңилчек,
Кара тору келинчек.
Каткыршып ойношуп,
Тебе турган селкинчек.
Селкинчекти тебе албай,
Кээ бир келин эринчээк.

Кызыл тоонун эңилчек,
Кызыл тору келинчек.
Кыйкырышып ойношуп,
Тебе турган селкинчек.

Алымкандын селкинчек,
Андай теппей мындай теп.
Айлуу түндү жаңыртып,
Обон сезип ырдай теп.

Сейилкандын селкинчек,
Сергек тепкин келинчек.
Эки-экиден жупташып,
Эргий тепкин келинчек.

Сүйүмкандын селкинчек,
Сүйөп тепкин келинчек.
Күлжигитти күйдүрүп,
Күүлөп тепкин келинчек.

Керме каштын селкинчек,
Келип тепкин келинчек.
Кезегиңди кетирбей,
Кере тепкин селкинчек.
Тебе бергин селкинчек,
Тептирип кой келинчек.
Селкинчекти тебе албай,
Сереңдебе келинчек.
Өйдө-төмөн желпинсек,
Өптүрүп кой келинчек.

Жаштардын шаан-шөкөт оюну «Селкинчек» комузда салттык күүлөрдүн бийиктигине чейин көтөрүлгөн. Бирер комузчулар (Алымкул Үсөнбаев) «Селкинчекти» сылык-сыпаа чертип, аны ыр менен коштосо, дагы бирөөлөр (Мыктыбек Үмөталиев) ойнотмо күүлөр жаатында көрүчүүлөрдү күлкүгө бөлөп, куудул күүлөр тармагын кеңитип өркүндөткөн. Мыктыбектин комуз капкагы алдында зуулдаган кол күүсү селки-бозой сейил курган алты бакан селкинчектин асман мелжип зуулаган кыймылын элестетчү. Комузчунун ыраң түрү – мимикасы куудулдукка куюп койгондой жарашып, сөз күлкүсү көз күлкүгө жанашып, андан ары күү күлкүгө куюлуп, шаңдуу-шаттуу-шайыр дем жүрөгүндө дүрбөп, таттуу кыялдарды алдыга жайган бул татына чыгарма Мыктыбектин мыктай талантына күбө.

**Радионун музыкалык «Алтын казынасындан» алынган «Куудул» күүлөр:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Айдараалынын күүсү» | 8166 | 1'24 | Эркесары Бекбасаров |
| 2 | «Көйрөң күү» | 7801 | 3'28 | Шекербек Шеркулов |
| 3 | «Көйрөң күү» | 2671 | 2'41 | Асылбек Эшманбетов |
| 4 | «Көйрөң күү» | 1794 | 2'57 | Эркесары Бекбасаров |
| 5 | «Көйрөң күү» | 9814 | 2'24 | Өзбек Алымкулов |
| 6 | «Көйрөң күү» | 5431 | 1'47 | Чалагыз Исабаев |
| 7 | «Көйрөң күү» | 9207 | 3'33 | Бөжөй Шадыканов |
| 8 | «Көйрөң күү» | 2547 | 3'25 | Абдыкерим Мокоев |
| 9 | «Арсар күү» | 4394 | 2'52 | Турсун Карымшаков |
| 10 | «Арсар күү» | 2675 | 2'04 | Асылбек Эшманбетов |
| 11 | «Арсар күү» | 9817 | 2'38 | Өзбек Алымкулов |
| 12 | «Арсар күү» | 5617 | 3'25 | Аттокур Оморов |
| 13 | «Шалкы күү» | 3991 | 3'05 | Абдракман Кыдырбаев |
| 14 | «Шалкы күү» | 2082 | 2'07 | Шекербек Шеркулов |
| 15 | «Шалкы күү» | 546 | 2'24 | Асылбек Эшманбетов |
| 16 | «Куудул шыңгырама» | 9218 | 2'15 | Бөжөй Шадыканов |
| 17 | «Калык – Айдараалы» | 9215 | 2'56 | Бөжөй Шадыканов |

**Чайкама/Жайкама**

| № | Куунун аталышы | Фонд номери | Куунун убактысы | Кууну жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Чайкама» | 498 | 1'30 | Мейилкан Козубекова |
| 2 | «Жайкама» | 4001 | 1'02 | Муса Молдоканов |
| 3 | «Чайкама» | 7722 | 1'48 | Өзбек Рысбеков |
| 4 | «Жайкама» | 9650 | 2'22 | Жусуп Самаков |
| 5 | «Чайкама» | М.629 | 1'17 | Самара Токтакунова |
| 6 | «Жайкама» | 9677 | 2'48 | Ыбырай Туманов |
| 7 | «Жайкама» | 3571 | 2'10 | Жөлөгөн Чымырбаев |
| 8 | «Келиндердин жайкама» | 9205 | 2'18 | Бөжөй Шадыканов |
| 9 | «Чайкама» | М.74 | 1'43 | Шекербек Шеркулов |
| 10 | «Сырдашуу» | 10185 | 4'50 | Курмангазы Азыкбаев (чопо чоор), Нурлан Нышанов (сыбызгы) |
| 11 | «Чайкама» | 6870 | 2'25 | «Камбаркан» этно-фольклор ансамбли |

# ОБОНДУУ КҮҮЛӨР

Кыргыздар ыр жандуу эл. Ыр обонго жуурулушса, обон кайсы бир аспаптын коштоосунда аткарылса чыныгы угарманын табат. Элибизде эзелтен эң кеңири колдонгон музыкалык аспап үч ичеги, үч бурoo, үч кыл комуз, эки кылдуу кыякта да элдик күүлөр «Арман», «Күйгөн», «Секетбайлар» аткарылат. Көкөлөп көркүнө чыккан обондуу күүлөр комуз менен коюндашып, кыяк менен кыялдашып, «кыргыз жытын» бүркүп, кылымдардан кылымга жол арытып биздин күндөргө жеткен.

Обондуу күүлөр комуз өнөрүндө байыркынын бабасы аталып, кыл черте баштагандар төр талашып келген. Атпай журтка кеңири тараган «Арман», «Кошок», «Кербез», «Насыят», «Күйгөн», «Секетбайларды»... элдик обон-ыргактар ээрчите жүргөн кыргыздар ички сезимин (кайгы-муң, кубаныч, кусалыгын, үмүтүн, тилегин...) сыртка чыгарууда поэзия каражаттары аркылуу элестүү чагылдырууну көздөшкөн, алар акындар, ырчылар, дастанчылар, казалчылар аталышкан. Поэзия тилин кооздоп, көркөмдөп, мукам добуштарга салгандар обончулар деп аталган. Жагымдуу ыр обондорунун угумдуулугун арттырыш үчүн музыкалык аспаптардын (комуз, кыяк, сыбызгы, чоор) коштоосун көздөшкөн, өнөрпоздордун бул тобунда комузчулар, кыякчылар, чоорчулар, сыбызгычылар, найчылар турары талашсыз.

Обондуу күүлөр жаатында окумуштуу, илимпоз, ырчы, музыкант, күү күйөрмандарынын ой-пикирине токтоло кетели: Француз окмуштуусу Г. Капю: «Кыргыз обондорунун көпчүлүгү минорлук ладда. Бул болсо өзгөчө муңайымдуулуктун белгиси... Аккомпонамент (обондуу коштоо) үчүн колдонгон жападан жалгыз аспабы – чертмек. Бул аспапты кол ойнотуп тири укмуштуудай чертишет. Чертип жатканда өзү да жыргап, кыялында өзү элестеткен жандуу легендага аралашып жүргөнсүп сезими ашып-ташып кеткенде, чыдай албай күүсүнө үн кошуп ырдап жиберишет» деп жазган.

Орус окумуштуусу академик Радлов: «Кыргыздар обондуу күүлөргө абдан ышкылуу. Мен бир нече мыкты музыканттардын күүсүн эшиттим. Айрыкча экөө труба менен скрипкада (чоор менен кыл кыякты айтып жатса керек) ойногону абдан жакты».

*(«Кыргыздар тууралуу маалыматтардан»)*

«Комузчу» дегенди тар маанисинде түшүнбөсөк. Кара күүлөрдү кайыргандар гана комузчу эмес, буга ырдын обондорун түрлөнтө чертип, төкмөлүк өнөрүнө төп келтирген акындардын, ырчылардын аспаптык өнөрү да кирет.

## Мыскалдын обону

«Обон созуунун устаты Мыскалдын ырчылык өнөрканасын туу чокуга жеткирген анын бийик коңур үнү» – деп, бир жактуу баа берүү аздык кылат. Анын бийик коңур үнүн кооздогон, ага жарашык түр тартуулаган, ыгы келгенде сүрөөнгө алып коштогон анын коңур үндүү кол ойното черткен комузу. «Алымканда» өзгөчө гармониядагы 12 тактта созулган бийик үндүн фонунда үч кылдын үндөшкөн доошу энесин ээрчиген наристедей көркөмдүк түр берип, керемет дүйнөгө кол булгап, сыйкырдуу аземге бөлөп турат. Мыскалды туурагандар аз эмес. Тек, «Мыскал мектебиндегилердин» айрымдарында үн да, такт да, созуу да жайында көрүнгөнсүгөн менен, Мыскалчасынан музыкалык бийик дэңгээлде аткаруу азырынча эч ким тарабынан кайталана элек.

## Мусанын обону

Комузда болобу, гармонду созобу, кайсы аспапты колго албасын, музыкалык тембр өтө кылдат иштелип, обон ыргагы музыка ыргагына жуурулуша, ортодо тыкыс контакт (байланыш) жаралат. Ошол ыкмада мейли мажордук (көңүлдүү, шаттуу) мейли минордук (аянычтуу, кайгылуу) ладдарга (добуштардын бирдиги) ылайыкташкан ырдын образын ачуу Муса Баетовдо ченемсиз өнүккөн.

## Жумамүдүн обону

Кыргыз жергеси бүгүнкү күндө композитор-обончуларга толуп турган убагы. Саман-топондору менен кызыл кырманы кызыл

дандуу түшүмгө толуп тургандай «ыр чөйчөгүбүз» да чайпалса төгүлчүдөй абалга жетти. Мына ушул көптүн ичинде Жумакенин (Жумамүдүн Шералы уулу) чыгармачылыгындагы өзгөчөлүк – анын обондору комуз коштоосуна ылайык, эзелки элибиздин ыр өнөрүн жаңы калыпта, жаңы багытта өнүктүрүшүндө турат.

## Эстебестин обону

Замандашыбыз Эстебес төкмөнүн колундагы комузу баштаганда эле угармандын умачтай көзүн ачып, «чү» деген жерден киришме кайрыктар көңүлдү арбап алат. Кайрыктар шаңдуу обонго алмашып, ырчы чыгарманын бүт тулкусун коздукка чулгап салат. Эстебестин шайыр мүнөзү, шайдоот кыймылы, жылдыздуу элеси сахнанын көркүн ачса, салтанаттуу дикциясы, шаңкылдаган үнү сахнаны шаңга бөлөчү, колундагы койкоңдогон комузу, үч кылдын торгой таңшык добушу сахнада көркөм дүйнө жаратчу. Мына, ошол үч компонент (төкмөлүк, аткаруучулук, комузчулук) алтын менен күмүштөй ширелишип, импровизация касиеттерин шарттачу.

## Шаршендин обону

Кыргыз элиндеги куудулдук өнөр – жазуучулук, акындык, обончулук, комузчулук өнөрдүн алкагында артисттик шык компоненттерине ширетилген Шаршендин куйкум сөзү угармандарына кандай күлкү чакырса, анын өзү (кебете-кешпири), анан калса комузу, комузда кыл ойнотуш манерасы көрөрманды көздөн жаш чыгара күлдүрчү...

## Артисттердин оюну

Согуш мезгили биздин тестиер-балалык курагыбызга туш келди. Анда айыл кыштактарда заңгыраган клубдар жок, бирок карапайым калкты маданий жактан тейлөө иш-чаралары үзгүлтүксүз, өз ыргагы менен жүрүп турган. «Артисттер келатат!» деген кабар айылга чагылгандай тараганда, эңкейген карыдан эмчектеги наристесин көтөргөн келиндерге чейин оюн көрүүгө ашыгышчу. Артисттерди тосуп алуу үчүн ат сарайлар, кампалар тазаланып, алдына саман төшөлүп, кересин куюлган лампа, фонарлар керегеге илинип, көшөгө тартылып калар эле. Бала-бакыра, кары-картаң

жумшак саман үстүндө малдаш урунуп, кээси сыңар тизелеп, улан-кыздар кыркаар тартып тикелей, атчандар артисттерди сүрөөнгө алып, артта турушчу...

Алгач колуна комузун кармап чыгып, койкоңдоп төкмө акындар Калык, Осмонкул, Алымкул, Ысмайыл, Токтонаалы саламдашуу менен концертти ачышчу. Артынан кара күүнүн камбылдары Карамолдо, Ыбырай, Чалагыз күү жамгырын төгүшчү. Ойнотмо, куудул, күүчүлөр Атай, Шаршен, Шекербек, Асылбек, Бөжөй, Мейилкан койкоңдогон комузу менен оюндун көркүн ачып, отургандардын көз жоосун алышчу. Темир комуз каккан, кыягын кынабына келтире тарткан Адамкалый, Саиддин өнөрүнө кызыккандар кыйкырып, сүрөп, кайра-кайра чыгарышчу. Комуз коштоп үн созгон ырчы, обончулар чыкканда кыз-келиндер кылыктана карап, бозойлор боюн түзөп, карылар кайрадан жашаргандай болоор эле.

Бүгүнкү комуз өнөрүнүн абалы кооптондурбай койбойт. «Ооруну жашырсаң өлүм ашкерейт». Оюн-зоок концерттер такай аккардеонго ооп кетиши, эстрададагы ыгы жок кыйкырыктуу ырлар, шалактаган бийлер алмустактан келаткан ата-баба мурасын муунтуп, улуттук рухту урнага ыргытып жатканы өкүндүрбөй койбойт. Ушул ой түрмөктөрүнөн улам, кошуна республикаларга серп салып көрөлүчү: казактар домбрасын, өзбек туугандар дутарын, тажиктер рабаптарын кастарлап, алардын музыкалык өнөрү кадимки калыбында турат. Обондуу ырлар комузда карандай кара күүгө салынып чертилген учурлар аз эмес. Мисалы: элге кеңири белгилүү «Паризат» ырын Болуш Мадазимов радионун «Алтын казынасына» кара күүдө тапшырган. «Ой булбулду» Ыбырай, «Ой жеңени» С. Төлөкова, «Күйдүм чокту» Жумалы, «Ак Зыйнатты» А. Сейдалиев, «Анделекти» Р. Сакеев чоор күүсүндө жаздырышкан.

Ал эми калк катмарына кеңири тараган кара күүлөрдү обон күүгө салып, хордо аткаруу менен улуттук музыкабызды кубулткан учурлар рухубузду ууз табылгалар менен байытууда.

Күү чыгаруу өтө татаал, ар тармактуу, табышмактуу өнөр кайрыктар ийне-жибине чейин иштелип чыгат (эң майда нюанстарга чейин эске алсак, бул оңой иш эмес экендиги анык болот. Демек, кара күү кайрыктарын ийине жеткире обонго жууруш, жансыз жыгач тилин жандуу адам тилине алмаштыруу дегендик. Которулган ыр текстти күү кайрыктарына жалгап, кайсы

бир аспаптын (комуздун) коштоосунда ырдап чыгуу оңбогондой түйшүктү жаратмак. Ошондой омоктуу ишке батынгандарга: «Оп, баракелде-е!» гана айтмакпыз.

Актаңдай ырчы, атактуу күүчү Актан Тыныбеков «Такмазаны» так ошондой сындан өткөргөнү бар. «Кыргыз көчүн» кынабына келтирип обон-ырга айландырган Жумамүдүн Шералиевге кантип «бали!» дебеске болбойт. Акын Акбар Рыскулов текстин жазып, атактуу ырчы Түгөлбай Казаков обон созуп, күү атасы «Насыйкатты» ыр дастанга оодарып, угармандардын умачтай көзүн ачканы унутта калбас. Учуру келди, айта кетели. Ушул саптардын автору Ак-Суу райондук ыр-бий ансамбли үчүн комузчу Ыбырайдын атпай журтка таанымал «Боз салкын» аттуу күүсүн хордун аткаруусуна ылайыктап иштеп чыккан.

Сөз казак ырчы кызы Роза Рымбаевада: «Кыргыз музыкасы мага бала күнүмдөн жүрөккө жакын. Өзгөчө комуздун мукам добушун айтпайсызбы? Казак домбрасы менен кыргыз комузу бир атанын балдарындай... Арийне, кыргыз салтындагы созулма ырларды көптөн бери уга албай, ичимден бушайман болуп кетем. Кээде сыналгыны карап отуруп, комуздун мукам коштоосунда созолоно ырдаган ырчы жаштардын сейрек тартып кеткенине бир чети кейийимин. Акырында, каныбызга сиңип калган нукура элдик созулма ырлардын боосун бек кармагыла, — деп айтар элем». («ФШ» гезитинен).

Мынча болду өзүбүздүн кыргыз угармандардын оюн да ортого салалы: «Кубулжу менин ырым» теле берүүсүн угууга бала бакырам менен экран алдына чогулдук. Концерт да бүттү. Бирок көңүл сезимдин бир жери бош калгансып, коомайсызданып, күдүктөндү. Ошондо оюма улуттук мурасыбыз — комузубуз түшөт. Чын эле, комузубуз кайда, жоготтукпу?! Комуз коштобосо ал обонду «кыргыз ыры» деп ким айта алат?!.

*(Кочкор району. Кожо Асанаалы уулу)*

## Ысакандын обону

Көпчүлүктүн ичинен көптөгөн угармандарын тапкан, ыр жандуулардын ышкы отун жаккан, ылаачындын канатындай кайрыктары учкул, угуму-жугуму шар, көңүл көтөрөр жүгү бар «Ыр канатында» аттуу радио уктуруунун лейтмотиви үчүн атайын ыр аземи үчүн тандалып алынчу. Обондун олуттуулугуна жараша

кайрыктардын жагымдуулугу бир уккан адамды селт эттирип, сезим дүйнөсүнө дил таштап, азгырык салып артынан ээрчип, кезектеги музыкалык уктурууга кол сермеп, «эми муну эшиткиле» дегендей, эфир толкунуна жол аччу. «Ыр канаты» музыкалык уктурууга (лейтмотив) болгон бал чыгарма кимге таандык? Тилекке каршы, бүгүнкү «Ыр канатына» быгыша албай четке сүрүлүп калган ошондогу обон-күүнүн аткаруучусу ким эле? Бул суроолордун жандырмагын «Күү баяны» аркылуу окурмандар баамына коёлу.

Сөз кыла турган чыгарма «Ысакандын обону», 30-жылдары музыка күйөрмандарынын бүйүрүн кызыткан. Обонду кара күүгө иштеп чыккан кыргыз журтуна аттын кашкасындай белгилүү Жамин Акималиев, анын бул жагын көпчүлүк жакшы билбесе керек. Эми сөздү ошондон баштасак.

Жамин Акималиевди эл илим адамы катары, чарба жетекчиси жагдайында, коомдук ишмер, саясатчы сабында жакшы билишет. Ошондой эле комуз коштоп, коңур үндө обон созгон ырчылыгы менен кыргыздын кыйырына таанымал. Ал эми, чебер комузчулардын сабында кайрыктан кайрык улап, күү чалган, кол ойното комуз толгоп, топ жарган комузчулук өнөрүнө күбө болчулар чектелүү. Бирок, радиого кулак салып, эфир толкунун сүйүүчүлөр бир учурда кыргыз радиосунда эң кызыктуу берүүлөрдү уюштурган «Ыр канатында» уктуруусун унута элек чыгар. Ошондогу күлүңдөгөн күлкү сымал улам күүлөнө чертилген канаттуу кайрыктар эми да кулак түбүндө кубулжуп турат. Бүгүн ыраакта калган ошол «Ысакандын обону» Жаминдин манжаларынан жаралган. Өзү бийлик эгеси боло туруп, өнөр ээлигинен четтеп кетпей, үч кыл кереметине үйүр алып, эл мурасын улап келаткан шайырлардын катарында Жаминдин жакшы саамалыктарын сөзгө ала жүрүү зарыл.

Өнөр кешиги өз үй, өлөң төшөгүнөн, ата үлгүсүнөн, эненин ак сүтүнөн жуккан окшобойбу. Жамин – тектүү жердин кулуну. Атасы нарктуу-барктуу журт баккан – колхоз башкармасы болуп туруп, ыр-күүгө ышкыбоздугу арткан адам, энеси Жумакан элге дайын кошокчулардан экен. «Аккан арыктан суу агат» сыңары, жамы журтка маалым Жаминдин жакшы сапаттарынын башаты ата-эне тарбиясында жатат. Булбул ырчы Муса Бает уулу менен Акималы ылым саналаш жакын адамдардан болгон, ортодо алыш-бериш карым-катнаш кадимки калыбынан жанган эмес.

«Мусанын таасиринен белем, атам бир күнү комуз сатып келип, колума карматып: «Комуз черткенди үйрөнөсүң» — деди. 1949-жылы Мусаке биздин үйдө таң атканча ырдады. Ошондон тартып ыр-күүгө ышкым козголуп, Мусакедей ырдасам деген аракетте болуп, комуз менен алпуруша баштадым, — деп эскерет Жамин Акималы уулу, — кийин айыл чарба институтуна кирип, аспирантурада илимий эмгегимди коргодум. Комузга болгон шыгым, ырдоого болгон үмүтүм ошол кезде ишке ашкансыды. «Жалжалым», «Ак кептерим», «Кыялдануу» сыяктуу ондон ашык обондорду радионун музыкалык казынасына жаздырдым. Жерден боорумду көтөргөнү жалбырттап тың, чыйрак чыктым. Азбыкөппү алыскы Ак-Талаадан алган билимдин акыбети кайтты. Борбор калаадагы айыл чарба институтун кызыл диплом менен бүтүрдүм. 25 жашымда кандидаттык диссертациямды жактадым». Мына, андан бери жылдар аласалып, турмуш ыргагы өзгөрүлүп, жетимиш жылда эл жаңырып, кайра куру заманынын каалгасы ачылды. Өткөн замандын өзөгүн, келер замандын көзүн таба билген, талаш маселеде тартынбай таамай сүйлөгөн, кандан-бектен кайра тартпаган чындык үчүн жан үрөгөн, эң башкысы эллин-жерин сүйгөн журт эгелеринин бири катары калк кадырына татыган азаматтардын сабында Акималы уулу Жамин келет. Калкынын канынан бүткөн, улут рухуна өлчөөсүз кызмат өтөгөн, өрүк комузун Ысаканча сүйлөткөн өнөр өрнөгүн жалпы журтунун келечегине багыттап келет.

Бийликтин, байлыктын баш айланткан кумарына азгырылбай, ата журтунун керегине кудуретин, күчүн сарптай билүүнүн өзү акылмандык. Ал күч — ата-баба аманат калтырган эне тилибизде, ал күч — элибиздин маданий, адабий, музыкалык руханий дөөлөтүндө. Мансабына манчыркаган, байлыкка башы айланган желөпкө жетекчи сөрөйлөр үчүн элдин эртеңи, калктын кам-чому каакыга турбайт. Ата-журттун келечегин анын рух байлыгын, асыл наркын аныктаган «Манасыбыз» эне тилибизде, ак жаандай ыр-күүлөрүбүз дилибизде. Ошол күүлөрдүн ээсинин бири — Жамин жасап-түзөп, кайрыкка кайрык улаган Ысакандын обону.

Ысакан ким? Ысакан Таабалды уулу 1905-жылы Сары-Өзөн Чүйдө, кадимки Жусуп Баласагын мекендеген Буранада туулган. Ата-энеден жаштайынан ажырап жетим калып, турмуштун каарын тарткан. Жаштайынан ырга ыктуу, күүгө шыктуу өсүп, аспаптардан комуз, домбра, кыяк, дутарды жогорку чебердикте

өздөштүрүп, бара-бара обончулукка оогон. Ысакандын ысымы айылдан айылды аралап, аймагын кеңитип калгандыктан, Чүй, Кемин өрөөнүндө өткөрүлгөн той-тамаша, жыйындарга атайылап ат жиберип алдырышчу.

Эр жетип, бой тартканы окуп, билим алып, сабаттулугун да арттырат. Нарын, Ош тарапка чарбалык кызматтарга жиберилип, совет бийлигин бекемдөөдө жетекчилик жөндөмдүн көрсөтө баштаганда 30 жашка жетпей о дүйнө салган. Ал борбор калаага келип, эл шайырларынын тобуна кошулуп, артистик кесипти аркалоону самады, элдик өнөрдүн ыр-күүнүн өтөөсүнө чыгууга ак эткенден так этти, бирок максаты ишке ашпай калды. Узун өмүрдүн саясында, балким, улуттук мурастардын узун тизмесин калтырмак беле, ким билет, бирок кыска өмүрүндө кыярбас кымбат ыр-обондорунун бир нечесин артына аманат калтырганга үлгүрдү, ага да шүгүр. Ысакан мурастарынын бирин академик, ырчы, күүчү Акималынын уулу Жамин жалпы журтка жарыя салып келет.

## Үкөй

Ой жетсе да кол жетпеген оомалуу-төкмөлүү дүйнөдө сүйүшкөн жүрөктөр кошула албай «күкүк-зейнеп» болуп калганда күйгөн ырлар күчүнө кирет. Ошондой күйгөн ырлардын бири «Үкөй» ооздон-оозго өтүп, аспаптан аспапка салынып күнү бүгүн ырдалып келет. Биз сөз кыла турган «Үкөйдү» жараткан эл шайырларынын бири атбашылык Жакыпбек уулу Боогачы. Айрыкча, кийинки муундар Боогачынын «Үкөйүн» укканы менен анын ким экенин, чыгарманын кандайча жаралганын анча билбесе керек. Сөз ырааты менен болсун.

Боогачы боз улан кезинде Нарындын Дөбөлү айылына келип, кыз узаткан тойдо Уулкан деген кызды көрүп, көзү түшөт да:

Көмүскө жерде калтардай,
Укейим, жүрүпсүң элде байкалбай.
Зээр учуруп жаштыктын,
Укейим, учурашкын жалтанбай... –

деп ырдайт. Ыр эртеси эле «Үкөй» аталып аймакка желдей тарайт.

Уулкан Дөбөлүдөгү Түмөнбай дегендин кызы. Дөөлөттүү байлар баш болуп, кол сунгандар көп болот. Алардын ичинде Байымбет (Тоголок Молдо) түбөлүккө кол кармашып өмүр сүрүүгө сөз

бекитишет. Бирок ал Уулкандын уялашы Үрпүканды «Үкөй» деп эркелетип, ошого ашык болуп, ашыгына төмөнкүчө казал арнаган:

Көк колоттун жонунда,
Көтөрмөнүн боюнда.
Балбылдаган кара көз,
Бассам-турсам оюмда.
Бийиңе арыз сурарсың,
Пейлиңди мага бурарсың.
Перизаттай Үкөйүм,
Бир көрөргө кумарсың.
Башыңды азат кыларсың,
Байкап сөздү угарсың.
Чын жүрөктөн сүйүнчү,
Үкөйүм, кызга бергис жубансың…

Эки ашыктын тилеги орундалбады. Ортодо Черик элинен Сарт деген чыга калып, жүз ирикти айдатып келип, башын ачып, Үрпүканды алып кетет. Акын «Үкөйүм» деп кошуп, арманын айтып кала берген. Ошентип, Боогачынын «Үкейинин» жөнү бир башка, Тоголок Молдонун «Үкөйүнүн» жөнү бир башка экендигине карабастан, «Укей» «Үкөй» болуп ырдала берип, эл оозуна сиңип кеткендигин эскерте кетмекпиз.

Акын Абдрасул Токтомуш уулу 1988-жылы «К.М.» гезитине «Боогачы» аттуу даректүү макала жазып, анда 1941-жылы Үкөйдү өз көзү менен көргөнүн, «орто бойлуу, буудай өң, кылгырган сурмалуу кара көз, мурду кырдач, мүнөзү коңур, суйсалган ак жоолукчан аял» — деп, сырт келбетине чейин сүрөттөп жазганы бар. Ат-Башылык Ашырбай уулу Каскан, Касымакун уулу Өмөр, Моңкош деген карыялар итабар маалымат берген. «Үкөйдү» үтүрчекитине чейин кемитпей бабына келтире, баракелдеге!» жеткире аткарган ырчылардын бири Асек Жумабаев. «Үкөй» баянын ар ким ар башка айтышат. Мен Актан менен Молдобасандан укканымды ортого салайын. Боогачы жаштайынан жетим калып, боор эти толо баштаганда Ат-Башынын Ак-Музунда Шергазы дегендин жылкысын кайтарып жүрөт. Ырчылык өнөрү аймакка таанылып калган кезде кыз оюнда селкинчек тээп Уулкан деген кыз менен таанышып, экөө бирин-бири жактырып калат. Махабат деген өзүнчө эле зар оору го. Ичтен сыздаган ырчылык шык «Үкөй» деген ырды жаратып, анын саясында «ашыглык» циклинен

бизге «Үкөйдү» бизге 4-5 гана куплети жетти. Боогачы аны чай кайнатымча, эт бышымча созчу дешет. Боогачы жылкыларды карагайлуу колотко жайып коюп, Ак-Муз тарапты телмире карап коюп: «Үкөйүм, тээтиги ай тийген тоонун боорунда» – деп, боздоп ырдап, болкулдап ыйлап олтурчу экен.

Күндөрдүн биринде Үкөйдүн күйөөсү жоро жолдоштору менен түн катып тойдон келе жатса, алда кайдан капчыгай ичин жаңырткан муңдуу үн угулат. Үндү улай келишип, ай жарыгында жылкы кайтарган Боогачыга кез болушат. «Ууру, каракчыларбы» деп, апкарый түшкөн Боогачыга:

– Сен баатыр, бизден чочулабагын. Боогачы экениңди «Үкөйүңдөн» улам боолголоп турабыз. Сен биз менен жүр. Күн нуру чачыраганда «ойт» деп койсоң, жылкыларың желесине өздөрү барат – деп, жылкыга эки жигитти калтырып, Боогачыны кошо алып кетет. Эртеси кошуна-колоңдорун чакыртып, кысыр эмди тай сойдуруп, эл түрүлө келип, жай алган соң ай баласы отурганда Боогачыны тааныштырат. Боогачыны көргөн бар, көрбөгөн бар, бирок булардын ичинде «Үкөйдү» укпагандары жокко эсе экен. Боогачы күн ырдайт, түн ырдайт. Акырында эл чуруу-чуу түшүп «Үкөйдү» ырдап берүүсүн дагы өтүнөт. Алданеден чочулап, тарткынчыктап турганын байкаган карыя Боогачыга:

– Балам, чочулап турат көрүнөсүң. Жаштык жалын кимди ээликтирбеген. Ашыглык кумары кимди азгырбаган. Арзыганын ырдоонун анча деле айыбы жок. «Үкөйүңдү» эл оозунан эшитип жүрөбүз, эми өз оозуңан уктук, дагы ырдап бер, – деп өтүнөт. Байдын баласы – күйөө да «ырдай бер» дегендей ишарат кылат.

Боогачы комуз кулагын кайта-кайта бурап, тамагын жасап, бар ынтаасын коюп «Үкөйдү» созгондо, отургандар дымып, орундарында катып калат. Обон улам жанданып, оболой берип, ак өргөө койнуна сыйбай алда кайда жаңырыктап, катар өргөөлөрдүн каалгасын каккылайт. Ошол учурда бай баласы – күйөө үйдөн жылып чыгып, Үкөй отурган өргөөгө сыртынан байкоо салат. Көшөгө ичинде ыйлаган Үкөйдүн көз жашы этек ылдый тама берип, чай чыныга толуп кеткен экен. Сыр билгизбей кайта үйгө кирип, ырчыга карек шилтейт. Оздон чыккан «Үкөй» боздогу эки көзгө жаш бүркүп, ээк ылдый кулап, тамчылар «тып-тып» таамп, «Үкөйдү» коштогон үшкүрүктөр, көз албай тиктеген шыпшынуулар... Сүйүшкөндөрдүн жүрөгүн жаралаган тагдырдын «тамашасы» жигиттин да ич күптүүсүн чыгарып, аягында абдыратып

салган. Эртеси Боогачыны жалгыз чакыртып чыгып, жигит ичтеги сырын айтат.

– Боогачы, сага ырчы катары эмес, жан аяшпас дос катары кайрылып жатам. Насип-буйрук улук экен: Үкөйгө болгон ашыглыктын азабын сага буйруптур, нике кайыпты мага ыйгарыптыр. Үкөйдөй асылзат ургаачыны атайлап Кудай гана жарата алмак. «Үкөйдөй» ыр лаззатын, Боогачы, сендей шайырлар гана шаанисине жеткире алмак. Махабат өчпөсүн, сүйүү тепселенбесин деп атам. Кудай шыпаа кылган шык-өнөрүң шыпкалбасын деп атам. «Жубан алдым дебесең, Үкөйүңдү кайтарайын. Үкөйүңдүн үстүнө кир, мен үйдөн чыгып кетейин», – дейт.

Боогачы анда:

– Айтканыңа сөөгүм ыраазы, курдаш. Өзүң айткандай, нике кайып сенде, аны буза албайбыз. Теңирдин жолу улук эмеспи дегенде, – жигит:

– Эмесе экөөбүз дагы бир Үкөйдөй кыз издейли. Көңүлүңө жакканды чекесинен чертип ал! – дейт.

Боогачы экөө сураштырып каалаган кызды таап, калыңын жигит төлөп, каадасын жасап, атын Үкөй коюп, молдого нике кыйдырып, алып берген экен. Боогачынын иши оңолуп, калкына кадыр-баркы артылат, болуштукка шайланып, журт жакшыларына жанашат. 1917-жылы өктөбүр төңкөрүшү чыкканда, жаңы турмуш жаңы мыйзам жолу эл бийлеген мыкчегерлерди кулака тартып, Боогачы камалат, сүргүнгө айдалат. Алматы түрмөсүндө Үкөйдүн күйөөсүнө жолугат.

– Ой Боогачы, сени кайсы шамал учуруп келди, биз го «бай тукуму», «кулак» деп кесилдик. Сен го букара, сага бул жерде орун жок! Булбулдар элине эрмек – деп, ал түрмөдөгү тектүү тукумду чогултуп, арыз киргиздирет, жең ичинен пара бердирет. Ошентип, Боогачыны актап, абактан чыгартып жиберген экен...» Асек Жумабай уулунан жазылып алынган (22.11.1995).

Кыргыздар сөз бакан, күү тыңдай билген эл. Күлүк атты, сулуу кызды, алгыр кушту айрыкча баркташкан. Ал эми акындар, ырчылар, күүчүлөр, жомокчулар болсо, ардакталып, бааланып, ар дайым сый үстүндө болгон. Көзү өтүп кетсе, артындагы аманат-мурастары айтылып, аспапта чертилип, укумдан тукумга калып жашоосун уланта берген.

Кыргыз илимдер академиясынын кол жазмалар бөлүмүндө Боогачынын өмүрүнө байланышкан бирин-серин маалыматтар

менен катар, өз оозунан жазылган ырлар да бар. Аны 1922-жылы Кайым Муптак уулу кагазга түшүргөн. «Үкөйдү» комузчулар кара күү кылып черткени да белгилүү.

Алалуу жылкы элде бар,
Ашыктык илдет сенде бар.
Армандуу болдум жете албай,
Э-ээй,
Үкөйүм, ал милдетиң менде бар.
Кулалуу жылкы элде бар,
Кусалуу илдет сенде бар.
Кусадар болдум жете албай,
Э-ээй,
Үкөйүм, куп милдетиң менде бар.
Айылыңа барам кечинде,
Ар дайым сенсиң эсимде.
Алтынга окшош Үкөйүм,
Тээтиги,
Ак карлуу тоонун бетинде.
Күнүгө барам кечинде,
Күн сайын сенсиң эсимде.
Күмүшкө окшош Үкөйүм,
Тээтиги,
Күн тийбес тоонун бетинде.

Бул аяккы эки куплеттин дагы бир вариантында:

Күмүштөн чачпак сооруңда,
Күйөрүм турат оюмда.
Күмүштөй болгон Үкөйүм,
Тээтиги,
Күн тийбес тоонун боорунда.
Алтындан чачпак сооруңда,
Ашыгым турат оюмда.
Алтындай болгон Үкөйүм,
Тээтиги,

Ак карлуу тоонун боорунда. –

деп ырдалып да жүрөт.

Боогачы, Үкөйдүн өмүр таржымалынан кошумча маалыматтар: Боогачы эки энеден жети бир тууганддын бири. Алардан Боогачы, Жумамүдүн, Туяна (кыз) чоң ырчылар катары таанылган. Боогачы төрт аял алган. Улуу аялы Кандык эркек төрөп, атын Ийгилик коюшкан. Ийгилик үч жашында (1929-ж.) Орунбоорго айдалган. Экинчи аялы тың, чыйрак эле. Боогачынын артынан барып, эчен азап-тозокту баштан өткөрүп, Орунбоордон тапты. Кошо жашап, оңдой берди болуп, боюна да бүтүп, баланын атын ырымдап, Орунбоор да коюшкан. Боогачы акталып келгенден кийин, жети жыл жашап, 1939-жылы о дүйнө салган. үчүнчү аялы Бөтөк, төртүнчү аялы Асел, алардан кыз балдар бар, аттары аталбай келет. Ийгиликтен беш бала, Орунбоордон жети бала, небере чөбөрөлөрү бар. Боогачынын атын сактап калуучу тукумдары ушулар.

Үкөй (Уулкан) – Эки-Нарынды жайлаган Түмөнбай дегендин кызы. Кайындаган жери Ак-Муздук Оторбай калыңды калдайта берип, Үкөйдү токолдукка алган. Оторбай менен Боогачы бир айыл, бир уруктун балдары. Дээри зирек Үкөй токол атка конуп турмуш өткөрүүнү каалабаган. Оторбай менен оту күйүшпөй баса берген. Кийин Тогуз уул Чойбек деген менен турмуш жаңыртты. Чойбек да чоң жердин тукуму Шаркыратманын мурдагы болушу Карача ажынын уулу болгон. Алиги жигит деген күйөө ошол. Үкөй эркек төрөбөдү, Сара аттуу кызын тарбиялап өстүрдү.

Боогачы менен болгон жаштык махабатын Үкөй өмүр бою унуткан эмес. Боогачы каза болуп, өлүм күйүтү өзөктү куйкалап турган күндөрдүн биринде «Үкөй келатат!» деген кабар алакандай айылды азан-казан түшүрөт. Алчактаган ат минип, кунанчыкманы жетелеп, абышкасы да кымыз артынып, айылга түшүп калат. Үкөй байбиче, каада сактап, зымпыйып, ошондо Боогачыны жоктоп «теңтушум» деп кошот. Абышкасы да Үкөйдү коштой «теңтушум» деп өкүрүп түшөт. Боогачынын эки жесири да болгон кошогун айтып, Үкөйгө катар үн созушат. (Бул окуяны Нарын шаарынын тургуну Мусабек уулу Шаршектин байбичеси кабарлагандыгын «Асабачы» Кубат Табылды уулу жазып алган).

## Паризат

Ким эле болбосун жаш куракта ашыглык дартка чалдыкмайы бар. Андай учур адамды сар-санаага батырып, ичтеги сырын сыртка чыгарууга аргасыз кылат. А балким, «ашыглык дартка»

арноо ырлар, аспаптык күүлөр арача болоор. Тек, ашыглыктан көз жарган көркөм дүйнө өз мекенин тапса, көпчүлүктүн көөнүнө жакса, улуттук рухий дөөлөттүн бийиктигине көтөрүлүшү ыктымал. Түштүк чөлкөмүн түрө кыдырып, түндүккө түгөл тараган, Кыргызстан кыйырын тегиз аралаган андай ашыглык ыр-дастандын бири – «Паризат».

Атактуу кыякчы Саид Бекмуратовго, комузчу Курбаналы Калботоевге жолугуп, аңгеме-дүкөн курганда күү жыйноочу Буудайбек Сабыр уулуна «Паризат» баяны жөнүндө буларды айтып беришкен: «Паризатты» Нармат деген кыякчы чыгарган. Паризат деген сөз түндүк элинде перизат, перидей сулуу деген мааниде. Паризаттын чыныгы аты – Аваз, ал үнү аваз, сулуу кыз болгон, ардай-мөнөк элинде жашаган. Нармат деген кыякчы жигит менен таанышып, бирге турмуш курууга бел байлашкан. Муну уккан Сулайман бай кутурөгөн мал айдап, дүйнөнүн күчүнө салып, Авазды аялдыка алып кетет. Ашыгынан тирүүлөй ажыраган Нармат арман-күйүтүн күүгө салып, ырга чүргөп, Аваз сулуунун атын Паризатка алмаштырып, зар какшап ырдап, эл кыдырып калат. Ошентип, музыка дүйнөсүндө дагы бир чыгарма жаралып, жалпы журтка тарайт.

Коргонуңдун үстүндө,
Кошуң жүрөт, Паризат.
Кошуп ырдап биякта,
Досуң жүрөт, Паризат.
Ой, Паризат, Паризат,
Даричаңан кол узат.
Гүл кондурчу чарбакка,
Бара турган жол узак,
Мендей шорду бейбакка.
Кызыл көйнөк, Паризат,
Кылыктанбай кол узат.
Сарала көйнөк, Паризат,
Сарсанаа кылбай кол узат.
Карала көйнөк, Паризат,
Какшата бербей кол узат.

Ачылышың Акмандын,
Гозосундай, Паризат.
Мас кылышың Чаңгеттин,

Бозосундай, Паризат.
Адырдын аппак гүлүндөй,
Ачыласың, Паризат.
Чартактын кызыл гүлүндөй,
Чачыласың, Паризат.

Шириндигиң Ташкендин,
Майизиндай, Паризат.
Назиктигиң Наркендин,
Шайисиндай, Паризат.
Шиңгил кара жүзүмдөй,
Көз кырыңдан, Паризат.
Тал чыбыктай ийилген,
Бел кылыңдан, Паризат.

Паризат көөнүң бөлсөңчү,
Бир карааның көрсөмчү.
Ой, Паризат, Паризат,
Дар боюнда күйдүм, дат!...

«Паризат» ырына обончулардан тарта профессионал композиторлорго чейин кайрылып келет. Композитор Калый Молдобасановдун «Паризатты» жаңыча нукта иштеп чыгышы, биринчиден, чыгармага жаңыча мамиле жасоонун өрнөгү, экинчиден элдик мураска өлбөс-өчпөс өмүр берүү.

## Ак шоокум

Акын Ашыраалы Айтаалы уулунун «Ак шоокум» деген ырын ким ырдабаган, аспап кайрыктарына салууга ким кызыкпаган? Элдик обончулар Боогачы, Калмурат, Атай, Муса, Абды, Жумамүдүн, Бектемир, Экиянын кыз жытындай жыпар, жумшак, назик сезимди дирилдеткен созулма кайрыктарын угуп отуруп, обончу Ашыраалы да элге рахат тартуулап келгенин, ал эми анын ырлары да ырчылардын, оозунан түшпөй ырдалып жүргөнүн мен кыргызмын дегендер унута коюшпас. Анын аткаруусундагы үч кылдын назик ыргагы, ага кыналышкан доош-шоокум-үн сүйгөнүнүн элесине эп келишип, махабат сезими оп тартып, жүрөк кылын сууруп турат. Ак шоокум – ааламды чүмкөгөн караңгылык пардасын сыйра баштагандагы таң атарды кабарлаган жаратылыш дүйнөсүнүн белгиси. Ыр маанисине оодарсак, «Ак шоокум» махабат

сезимине малынган бозойдун көз алдына тартыла калган селкинин күн шооласындай жарк эткен элеси.

Өтөбөй уйку неченин,
Дайрасын ойдун кечемин.
Ажарың жүрөк жандырган,
Ак шоокум сен деп сеземин.

Көздөрүң алоо жаккандай,
Каректе көп сыр жаткандай.
Таасириң мынча сүйкүмдүү,
Жайлоодон аткан ак таңдай.

Тартасың, ойду жеңесиң,
Тартылып көзгө келесиң,
Айламды кандай кыламын,
Ээрчитип алды элесиң.

Карагым келип дегдедим,
Каксаң да карап сен дедим.
Бүт тартып алдың эркимди,
Бүткөнсүң айтчы эмнеден?

Сен турган кыштак жаркырап,
Көңүлгө элес калтырат.
Ээбесең боло жүрөктү,
Эчакы өчүң барчылап.

Көрбөсөм көңүл жайланбай,
Көп ишим унут калгандай.
Жаныңда турсам жарым саат,
Ошол күн мага майрамдай.

## Алымкан

Жарык дүйнөдө Токтогул аттуу акындын пири, Алымкан аттуу сулуунун пири жашап өткөнүн ким билбейт. Ушул эки инсандын арзуу сезиминен «Алымкан» аттуу өлбөс чыгарма жаралган. Улуттук бул мураска таланттуу обончу Бектемир Эгинчи уулу обон чыгарып, кыргыз элинин булбулу Мыскал Өмүркан кызы келиштире аткарып, аны классика деңгээлине жеткирген.

Бүгүнгө дейре «Алымкан» кыргыз баласынын оозунан түшпөй ырдалып, комузда чертилип, концерттик берүүлөрдө, радио уктурууларда, теле көрсөтүүлөрдө жаңырып келет.

Токтогулдун махабаты жөнүндө аны көрүп-билгендерге суроо-супкат сала келгенде биз уга элек уламыштар уланып кетээрине күбө болдук. Кээ бири «Токтогул Алымканга арзып калып, ат тезегин кургатпай каттап турчу»... десе, кээ бирөө «Токтогул Алымкандай асылга той үстүндө бир гана мертебе жолуккан»... деген ой жорууларды айтат. «Током Алымкан сулууга ашыглык ырларын мөндүрдөй жаадырыптыр, бирок арзыганы кылчайып карабаптыр. Алымкан Токомдун каргышына калыптыр» деген сыяктуу каңшарларды да угабыз.

Токтогул менен Алымкандын кездешүүсүн алгачкылардан болуп Жоомарт Бөкөнбаев жазган: «Токтогул 28 жашында эл кыдырып ырдап жүрүп, Аксыда Алымкан деген кызга кездешет. Акындын таланты кызды айраң-таң калтырат. Кыз аны менен качууга макул болот. Бирок Осмонбек болуш Токтогулду ээрчитип Алымкандын тоюна алып барат. Токтогул ашыгына «Алымкан» деген ырды жана «Жаш кыял» деген күүнү чыгарат»[98].

«Алымкан» аттуу ырды болсо 1936-жылы Жоомарт Коргоолдон жазып алып, кийин Токтогулдун «Ырлар жыйнагына» киргизген. Музыковед В. Виноградов Коргоолдун аткаруусундагы «Алымкандын» эки куплетин музыкалык мурастар топтомуна кошкон:

Жагалмай канат кашыңдан,
Жайылган кара чачыңдан.
Эликтей болгон башыңдан,
Энеден жалгыз баладай,
Алымкан, эркелеп калган жашыңдан.

Алымкан кыял менен сүйлөйсүң,
Кайгы тартсам билбейсиң.
Айнектей көзүң кылгырып,
Алымкан кыштоодо кызыл гүлдөйсүң.

Алымканды дагы даанараак ачуу максатында комузчу, санжырачы билермандарга менин да суроо узатканым бар. Комуз күүлөрү жаатында ой толгоп, чыгармачылык эмгеке ык койгондордун

98 Ж. Бөкөнбаев. Токтогулдун өмүрү. – Ф., 1939.

бири Өзбек Рысбек уулуна кайрылганымда төмөндөгү маалыматты айтып берген эле: «1960-жылы Коргоолдун өз оозунан уккан элем. Токтогул сүргүндөн качып келгенден кийин Коргоолду коштоп, Аксы тарапка барышат. Бир айылда Алымкан менен кездешет. 16-17 жаштагы Алымкан жаңы эле турмушка чыгып, агасыныкына төркүлөп келген экен. «Ушундай да чырайлууургаачы болот экен ээ!» деп, бир отурушта Током «Жаш кыялдын» обонуна салып ырдай берет, сыздай берет.

Алымкан!
Атка салган дилдейсиң,
Ачылган кызыл гүлдөйсүң,
Бир күн, ооpу, бир күн соо...
Азабың тартсам билбейсиң.

Бетегелүү майданым,
Бейли жакшы жайдарым!
Көлөкөлүү майданым,
Көөнү жакшы жайдарым.

Букардын тоосу бурулуш,
Бурулуп учат улуу куш.
Бурулуп мага келе кет,
Алымкан, муңдуугa салбай кыйын иш

Кашкардын тоосу кайрылыш,
Кайрылып учат улуу куш.
Кайрылып мага келе кет,
Алымкан, карыпка салбай кыйын иш!

Саркечтеп сайган жоолугуң,
Сарсанаа кылат жоругуң,
Көккечтеп сайган жоолугуң,
Көп санаа кылат жоругуң.

Токтогул черткен «Жаш кыял»,
Тыңдасаң боло Алымкан.
Ак шайы жоолук колго алып,
Булгасаң боло, Алымкан.
Аз күнчөлүк өмүрдө,
Жыргасаң боло, Алымкан!..

Агасынан айбыкканбы, эли-журтунан ийменгенби, айтор, ал жолу Токомдун айткандарын таназар албагансып тымпыйып койгон экен».

Даӊазалуу бул ырды жат билбеген кыргыз баласы табылбас. Акын менен сулууга айланчыктап, ашыглык мамилеге аз болсо да окурмандык ой чаптыралы. «Бетегелүү майданым, бейли жакшы жайдарым»... бери карачы, мени укчу, – деген акындын кайрылуусу менен ыр башталат. «Саркечтеп сайган жоолугуӊ, сарсанаа кылат жоругуӊ»... Акынды бушайманга салган сулуунун сумсайыӊкы жүзү, салмактуу, сабырлуу мүнөзү, көмүскөдө көрүнөө чыга албай жаткан махабаты байкалат. Акын үчүн бул али табышмак. Айла куруганда, сулуудан сураныч кылуудан башка чара жоктой.

Токтогул черткен «Жаш кыял»,
Тыӊдасаӊ боло Алымкан,
Ак шайы жоолук колго алып,
Булгасаӊ боло, Алымкан!...

Булбул Токоӊдун атагы, аброю кыз жүрөгүн ийите албады. Ошондо:

Бурулуп мага келе кет,
Алымкан, муӊдууга салбай кыйын иш, –

деп суранат. Кыз дилинде кандайдыр бир «күчтөн» (аталар салтынан) айбыгуу, жалтануу турат. Айла жок, аягында:

Бир күн, ооруу, бир күн соо,
Алымкан, азабыӊ тартсам билбейсиӊ... –

деген бүтүмгө келген экен эсил Токоӊ.

## «Алымкандын» обону

«Алымкан» – кыргыз музыкалык маданиятында классика бийигине көтөрүлгөн чыгарма. Обонун жараткан Бектемир Эгинчиев. Ал мындай деп эскерчү: «Күндөрдүн биринде гастролдо жүрүп, Мыскалдын үнүнө ылайыктап атайын обон чыгарып көрсөмбү деп ойлоп койдум. Күн өткөн сайын ал оюм жан дүйнөмдү кытыгылап, бүлүк сала берди. Бирок аны жүзөгө ашырыш үчүн көпкө изденүүгө, көпкө машакаттанууга туура келди. Шекербек, Мыскал баштаган шайырлар тобу менен гастролго чыктык.

Токтогул районуна бардык. Бир күнү Токомдун шакирти Коргоол абама райондун борборундагы чайканадан жолугуп калдым. Баса ал киши менен мурда да эки-үч жолу жүздөшүп, өткөн-кеткенди айтып баарлашып калчумун. Ал турсун Кокемдин ырларын да, күүлөрүн да укканмын. Бул жолу да Кокем менен адаттагыдай кучак жая көрүшүп, ал-жайды сурашкандан кийин Токомдун ырларынан, күүлөрүнөн аткарып берүүсүн өтүндүм. Ошондо Кокемден Токомдун «Алымканын» биринчи жолу уктум. Ыры да, обону да мага аябай жакты. Анын ырын жазып алып, обонун эске тутуп койдум.

Көпкө чыгармачылык изденүүнүн сапарында болдум. Бир обондун 5-6 түрүн чыгардым. Негизине Токомдун өзүнүн обонун алдым. «Ичтен чыккан ийри жылан» дегендей баары эле өзүмө жакшы көрүндү. Бирок, алардын ичинен акыркы чыгарган обонум өзгөчө жаккансыды. Ошондой болсо да аны дароо угуучуларга тартуулай албадым. Өзгөчө мени Токомдун атагы менен даңкы, айтылуу «Алымканы» сүрдөттү. Ага чыгарган обонумду эч кимге айтпай, угузбай өзүмчө ырдап жүрдүм. Акыры ичиме батпады. Бир күнү Мыскалдын үйүнө бардым. Амандыкты сурашып, ал-жайды айтышкандан кийин мен Мыскалдын комузун күүлөп, Алымканды ырдадым. Жаңы обонумду ырдап бүтөөрүм менен Мыскал: «Беке, обонуң мага аябай жакты, чын эле менин үнүмө ылайыктап чыгарыптырсың», – деди. Мен Мыскалга «Алымкандын» сөзүн жазып бердим. А-бу дегиче Мыскал «Алымкандын» эки сабагын комуздун коштоосунда ырдап жиберди. Эртеси Мыскалга үйүнөн жолуктум. Ал ырдын обонун да, сөзүн да катыра жаттап алган экен. Шаңкылдаган тунук үнүнө обон менен сөз кубулушуп, не бир мукамдуу да, не бир ажарлуу да таңшыды[99].

«Алымканды» Мыскал кыргыз ыр дүйнөсүндө жетер чегине дейре аткарып, обону аркылуу Бектемирдин талант даражасы бийиктеген. Мыскалдын аткаруусундагы Алымкан созмосунун өзгөчө гармониядагы 12 такт, анын фонунда кыз жытындай кымбат үч кылдын дирилдеп коштогону эне-баладай ээрчишип, чыгармага көркөм түр берип, ал аркылуу сыйкырдуу, угумдуу, укмуштуу, сырдуу кереметке жетелеп келет. Мыскалчы-ырчылар дээрлик ушул сыр ачкычына издөө салуу менен алек.

Алымкан сулуунун тек-жайы, өмүр-баяны тууралуу маалыматтар окурмандарды кызыктырбай койбос. Ушул максатты

99 Б. Алагушев. Булбулдар. – Б., 1991.

эске алуу менен «КМ» гезитине жарыялаган журналист Уран Ботобек уулунун иликтөө макаласын айрым кыскартуулар менен сунуш кылалы. Макаланын автору Алымкандын небереси Тазабек уулу Жамшиттин айтып бергендерине таянган. «Аксыда Бозбу тоосун байырлаган саруу уруусунан Субан бийдин кызы Алымкан 1877-жылы жарык дүйнөгө келет. Субан бийдин үч аялы болгон. Алардын бири Макмалдан Абдылда аттуу уул, Алымкан, Мээлкан, Уулкан деген кыздар төрөлөт.

Алымкан атасына жакын өстү. Кызын каалагандай кийинтип, он жашка чыкканча Боз жоргону токуп, мингизип, өзү менен кошо ашка-тойго ала барып, ат жалында torолтту. 14-15 жашка таянганы келбети келишип, чырайына чыгып, талчыбыктай ийилип, мурдагыдай эркектер тобунан бөлүнүп, ургаачы затына ыктай бой жетти. Алымканды бир көргөн жигиттер «Бах, чиркин! Сулуу болбосоң коё кал…» дешип, көз кумарын кандыра алдыртан карашып, шилекей агызгандар арбыды.

Токтогул Алымканга болжолу 1890-жылы (Токтогул 25, Алымкан 16 жашында) Кетмен-Төбө, Аксылыктар бирге жайлашчу Кашка-Сууда жолугушса керек. Бирок, кудай дешип, кудалашып койгондуктан Алымкандын башы байлануу эле. Ал алыс жактан жылкы тийип, жортуулдук менен күн өткөрүп Токтосун баатыр аталган Сатыкей элинин адамынын уялаш иниси Бекинин уулу Осмоналыга бермекке сөз бекитип коюшкан. Мына ушул кырдаалда Алымкан сулуу акындын көзүнө илинген чыгар. Ата салтын аздек туткан намыскөй кыз акындын ырына арбалып, жеңил баалыкка жеңдирип жибербес үчүн өзүн оор басырыктуу кармаган чыгар…

Алымкан Осмоналыга турмушка чыгат. Андан Тазабек, Тасма деген эки перзент көрөт. Ан сайын сулуулугу артып, мүчө бою келишип, адамдын көңүлдөгүсүн таба билген Алымкан зиректиги, иш билгилиги, куюлуштура сөзмөрдүгү аркасында бат эле элге алынат.

Чыгаан ырчы, чыныгы комузчулардын бири Нурак Абдракман уулу «Алымканды» бабына келтире аткарып, ага байланыштуу айтыла элек дагы бир окуяны кошумчалап чертет: «Токтогул Токтогул болуп таанылып, бараалына келип, элге алынып калган кез. Кетмен-Төбөдөгү бир чоң тойдо ак боз ат минип ортодо жар чакырып турса, Жолой чаап келип: «Токо, токто, баягы ашык болгон Алымкан сулууң келатат. Билсе өзүнөн, билбесе сөзүңөн

калсын. «Алымканыңды» дагы бир жолу айта турган кезиң келди» — деп, шаштырат.

Сур жорго минип суналып күйөөсү алдыда, кызыл жоргону кылтылдатып суйкайган Алымкан келиндердин ортосунда, ак куудай элечек каркырасын желпилдетип, айланасындагыларга көрк берип, Токого тушташ келип калганда «Жаш кыял» күүсүнүн коштоосунда ыр тизгинин коё:

Э-эй, жазгы бир а жамгыр о, болбосо,
Жашыл чөп а, кайдан ой, бүрдөсүн?
Жаркылдап ойноп а, жүрө бер ай,
Алымканай, жаңшап бир Токоң о, үндөсүн.
Жаныңда барат о, алганың и — ий,
Алымкан ой, жаман бир а көрүп о жүрбөсүн
И — я — хий, яхий, яхий, яхий, и — ий, йа — ай

Э — эй, күзгү бир а, жамгыр о, болбосо,
Күзгү чөп а, кайдан гүлдөсүн?
Күлүңдөп ойноп а, жүрө бер ай,
Алымкан ой, күкүктөй а, Токоң о, үндөсүн.
Күйөвүң а, турат о, жаныңда ай,
Алымкан ай, күйүп бир а, кетип бир жүрбөсүн?
И — я — хий, яхий, яхий, яхий, а — ай ий — я — яй...

Токтогулдун ырына ыраазы болуп, Алымкан күйөөсү экөө ушул жолугушта акынга ат мингизип, жол жобосун жасашып жолуна түшкөн экен»...

Алымкандын аркасы менен Осмоналынын кадыры артып, жыйындарда сөзү өтүмдүү болуп, зоболосу көтөрүлөт. 1900-жылы кышында Алымкандын сулуулугуна кызыккан кабактык Жумаш деген киши Осмоналыны үйүнө чакырып коноктоп, бозого уу коргошун кошуп берет. Ал төшөктө эки күн онтолоп жатып, жантаслим болот. Ошондо Алымкан кара жамынып отуруп, күйгөндөн мындай кошок кошкон экен:

Баралына келгенде,
Осмоналы жан биргем,
Падыша болор жан элең.
Өзгөлөргө жат элең,
Берекелүү март элең,
Артыңда калган элиңе,

Осмоналы арстаным,
Опол тоодой бар элең.
Сатыкейдин ичинде,
Эми сендей бар бекен?
Какшатып кеттиң элиңди,
Ким сүйлөйт сенин кебиңди?
Жыргабай кеттиң жашоодон,
Оо, кайран баатырым,
Кайгыртып мендей жесирди.

Сатыкейлер Алымканды колдон чыгаргысы келишпейт да, Осмоналынын бир тууган агасы Өмүрбекке нике кыйышат. Өмүрбектен Сыдык деген балалуу болот. 1910-жылы Өмүрбек Алам-Төө жайлоосунда, күзгө жакын каза болот. Таласта балыкчы уруусунан Бокмурун аттуу киши сайышта эр өлтүрүп, айыпка жыгылып, Аксыга качып келген экен. Дале болсо Алымкандын ажары көпчүлүктүн назарын өзүнө буруп турган кез. Ошол Бокмурун Алымкан менен 1917-жылы турмуш куруп, кийинчерээк Таласка кетүүнү каалабай Аксыга сөөгү коюлат. Бокмурундан Жусуп аттуу уулдуу болот, бирок ал он жашында чарчап калат.

Ошентип Алымкан үч ирет турмушка чыгып, үч ирет кара жамынып, анын кайгысы ден-соолугун чабалдатып жүрүп, 1942-жылы Сыдык деген баласын согушка жөнөткөнү Таш-Көмүргө келгенде жарыкчылык менен кош айтышат. Анын сөөгүн айылына алып кетүүгө унаа жок, эл кыйсыпыр түшүп жаткан учур, эптеп ара жерге тапшырышат.

Азыр Алымкандын төрт небересинен кырктан ашуун чөбөрө-шыбыралары Аксы районунда жашашат. Аттиң дүйнө! Атагы Ала-Тоодон ааламга кеткен улуттук улуу мурасыбыздын туу чокусуна жеткен «Алымкан» ырынын каарманы – айдай сулуу Алымкандын бейити эски көрүстөндөн көрүнбөй боз топуракта бозоруп жатканы ар-намысыбызды козгоор бекен? Боз дөбөдө Алымкандын айкели оболоп, алыстан көрүнүп турса, арбак ыраазы, асты атпай журттун рухуна болгон урмат сыйыбыз артмак, андан улуттун келечеги утуш алмак.

Өзү эле эмес, өзгөлөрдү куштарлантуу кудуретине эгедер ырчылык өнөрдүн касиети жакшы обондо, жарамдуу аткаруучулукта, эле музыкалык коштоодо жатат. Бул жерде бабалар калтырган мурас – үч кыл комуздун коштоого алуу жол-жобосун көңүлгө

алдык. Анда, аспатагы музыкалык тембрди обондун ыргагына шай келтирүү менен мажордук, минордук маанайдан чыгарманын образын ачуу чеберчилиги жөнүндө сөз барат. Мисалы, кыргыз ырларынын ана башында турган «Алымканды» ким гана ырдабады, музыкалык дүйнөбүздө ар мезгилдин «Алымкандары» болду. Бирок, азыркa чейин Мыскал гана кайталана элек. Мыскалдын «Алымканында» созулган эки мүнөттүк он эки музыкалык такт ачыла элек сыр боюнча калууда. Мыскалчы ырчылар ушул сырдын жандырмагын таба албай келишет.

Замирбек туура айтат:

Ала-Тоо ашып ааламга,
Эжем «Алымкандан» таанылган.
Эл айткандардан угамын,
А киши ырдап жатканда,
Алты мүнөттөн кем эмес,
Сахнада алакандар чабылган.
Мыскалдан чыккан бул обон,
Кыргыздын бактысына табылган...

Мыскалдын өнөрүн өз көзү менен көргөн күбөлөрдүн бири ырчы Бурулча Какиш кызы айтып жатса кантип ишенбеске? «Алымканды» угабыз» деп ыр жандуу кыз-жигиттер бир айлап Мыскалды ээрчип алуучу. 1958-жылы декадада «Кашкардын тоосу кайрылышты» созду дейсиң, москвалык музыка күйөрмандар бир демге өздөрүн жоготуп катып калышты, анан алакан жарылганча кол чабышты...».

## Карындаш

Мыскалдын орду жүз жылда бир келчү комузчулар Карамолдо, Ыбырай, Атай, манасчылар Сагымбай, Саякбайдын, төкмө-ырчылар Калык, Осмонкул, Алымкул, Ысмайыл, куудул Шаршен, ырчы Мусанын катарында турат. Мыскал даяр обонду ырдоо менен алымсынган эмес, өзү да обон жаратып, угармандарды рахатка бөлөгөн. Бул жөнүндө маданият ишмери Көпбай Күмүшалы уулунун эскерүүсү бар:

«1944-жылы 25-майда 25 күнгө отпуска алып Фрунзедеги үйүмө келдим. Отпуска аяктап, кайрадан согушка жөнөп калдым. Мен түшкөн поэздде Мыскал да Москвага бараткан экен, жанында

композитор В. Г. Фере. Бул жолу күндүн себелеп турганына карабастан концерт токойдо өткөрүлдү. Мыскал Токтогулдун «Алымканын», «Күйдүм чок», «Ой булбулду» аткарды. Кечинде клубдун залында офицерлер үчүн оюн коюлду. Концерт Мыскалдын аткаруусунда «Алымкан» менен башталды. Актрисанын ырчылык чеберчилигине суктанган угармандар аны сахнадан кетирбей залды жаңырта көпкө чейин кол чаап турушту.

Экинчи номерди баштаарда: «Обону Мыскал Өмүркановanыкы, сөзү ушул полктун жоокери, азыр ушул залда отурган кенже лейтенант Көпбай Күмүшалиевдики, «Карындаш»! деп жарыяласа болобу. Уктасам түшүмө кирбеген мен үчүн жаңылык болду. Уялганымданбы, же сүйүнгөнүдүгүмдөнбү, муундарым калтырап эмне кыларымды билбей калдым.

Обонун Мыскал өзү чыгарып, аны композитор П.Ф. Шубин иштеп чыккан экен. Бул сүйкүмдүү лирикалык ыр аткарылганда залдын ичи мурдагыдай эле кол чабууга жык толду. Чыгармачылык этиканы сактап, сахнага чыгып, Мыскалды кучактадым; Мыскал да боюна бекем кысып, мени бетимден өптү. Мурдагыдан бетер кол чабуулар дүркүрөдү. Мыскал аткарган «Карындаш» деген ыр жарыя салынганда эмне үчүн таң калдым. Деги бул ырдын Мыскалдын колуна кандайча тийип калганын эске түшүрө кетейин.

Мындан төрт жарым ай мурда отпуска алып, Фрунзеде үйүмдө болуп, кайра согушка кетип бараткANымда биз түшкөн поезддин составы Казакстандын Сөксөөлү станциясына бир сааттан ашык токтоп калды. Күн ысык, жоокерлердин аңгемелерине кызыгып, перронго чыкпай вагондо отруганмын. Сокулук районунан аскердик кызмат өтөгөн авиациялык частка бараткан Зарлык деген жигит:

— Тээтиги кызды карачы, — деп калды.

Перрондо тактайдан курчалган тосмого сүйөнүп, жоокерлер түшкөн вагондон көзүн албай, бир кыз мелтиреп тиктеп турат. Чап жаак, кырдач мурун, чачы төгүлгөн, кара каш, кара көз казак кызы. Турган ордунан козголбой терең ойго батып калганы — өрт күйсө да аны сезбечүдөй. Перрондо ары-бери басып жүргөн кишилерге бурулбай, эч ким менен сүйлөшпөй, вагонду тиктеп турган кыздын көрүнүшү мени да өзүнө бурду. «Бирөөнү узатып жаткандыр» деген ойдо сыртка чыгып, эки жакка байкоо салдым. Жок, бой тартып калган кыздын ички дүйнөсү менен сырткы симпатиясы биздин көзгө чалдыкпаган, кыздын жүрөгүнүн терең жеринен орун алган бирөөгө гана бурулгандай.

Согуш кимди жол каратпады? Кимди терең сагыныч ойго батырбады? 17-18ге келип калган кыздын вагонду тиктеп ойго батып турушу мени кайра вагонго киргизди. Дал ушул жерден ушундай вагон менен кыздын атасы, а балким боордош агасы, же сөз байлашкан жигити майданга жөнөгөндүр. Ошол жүрөгүн өйүгөн, сагынычка батырган коштошуп жаткандагы учуру көз алдыга тартылып, терең ойго батып отургандыр — деп, кызга арнап «Карындаш» деген ырды жазган элем:

Кара чачтуу кара каш,
Карайсың мени карындаш.
Кадырыңа жетермин,
Кайрылып өзүң жакындаш.

Көңүлүм түшүп карадым,
Көргөндө сенин өзүңө,
Көп жарпымды жазбадым,
Көрүнүп коюп көзүңө.

Жарк этип карап күлгөнүң,
Жарыгы айдай көрүнөт.
Жаныма турсаң эркелеп,
Жаркыным көңүл бөлүнөт.

Кайрылып аман келгенче,
Карындаш капа болбогун.
Калк ичинде турасың,
Кайгырбай артын ойлогун.

Таалайды коргоп тартынбай,
Талкалап жоону келермин.
Тагдырдын жолу таш болсо,
Таарынба, чыда, көнөрмүн.

Бул ырды ошол замат композитор В. Г. Фере мене Мыскалга окуп бергем. Мыскал көчүрмөсүн алып калган. Чынын айтсам, бул ыр эсимден чыгып кетиптир. Мыскалдын обон чыгарарын билген да, уккан да эмесмин.

«Карындашты» Мыскал өмүрүнүн акырына чейин ырдады. Патефон пластинкасына жаздырды. 1958-жылы Москвадагы декадада концерттик программага киргизген. Чайковский атындагы

концерттик залда аткарылды. Автордун чыгармачылык зоболосун көтөрдү, элге тааныТты» («Алар баштоочулардан» китебинен).

«Карындаш», «Өмүр», «Катка жооп», «Ак бермет», «Кызыл гүл», «Колхоздогу курбума», «Укчу, секет», «Гүлжан» жаңырган кооз, тунук, кубаттуу үч кыл комуз аспаптарына салынып, «Мыскалдын обону» аталып, обондуу күүлөр жанрын толуктап келет. Айрымдарын (Чалагыз Ыйманкул уулу, Бүбүталип Тилеген кызы, Сайна Кыдыр кызы ж.б.) аткарып, радио архивине өткөрүп, музыкалык мурастарды байытып келет.

## Кызыл атчандар

1940-жыл, 8-март, Эл аралык аялдар майрамы. Кызыл-тазыл ураандарды көтөрүп, кырка тизилген айыл жаштары «Кызыл атчандарды» ырдап, мектеп алдындагы аянтка чогулуп жатышат. Кызыл жоолук кылактаган кыз-келиндер, ак сакалын жайкаган карыялар, ак элечек байбичелер майрам аземине келген. Салтанаттуу жыйынды баштаарда жээрде аргымак минип Ыбырай келип калбаспы. Колтуктап аттан түшүрүп, түз эле президиумдан орун беришти. Алгачкы куттуктоо Ыбыкеме ыйгарылды. Шашпай орундукка көчүк басып, койнундагы комузуна кол узатып, толгоосун бурап жатат. Эл тым тырс… куттуктоону ким баштайт: комузчубу же комузбу? Суроо узаткан көз караштар…

Комузчунун колу кыймылга келип, үч кылды үлөштүрүп, сүрөөнгө алып, шаңдуу кайрыкта «Кызыл атчандар» хорун чертсе болобу? Күнү-түнү чертсе чети оюлбас күүлөр тобунан сууруп чыгып, ооматы жүрүп турган обонду ортого салды.

Искусство ишмери Көпбай Күмүшалиев мындай деп эскерет: «Кыргызстан Эл комиссарлар Советинин түздөн-түз кийлигишүүсү менен патефондун пластинкасына кыргыздын ыр-күүлөрүн жаздыруу үчүн Кыргызстан Мамлекеттик театрынын коллективи 1936-жылы 11-июнда Москвага жөнөтүлгөн. Анда «Кер-Өзөн», «Шыңгырама», «Ботой» күүлөрү, «Кызыл атчандар», «Забойщиктер», «Кара чач» хорлору жеке аткарууда: «Эсимде», «Кара көз», «Бото көз», «Тилек», «Күн бүгүн», «Күйдүм чок», «Калмураттын обону», «Сыртбай», «Калтар» деген ырлар, «Сынган бугу», «Насыйкат», «Келиндердин кер толгоо», «Алым сабак», «Токтогулдун камбарканы», «Ак тамак, Көк тамак», «Терме камбаркан» деген кара күүлөр жаздырылган. Бул иш-чара

кыргыз элинин маданиятын эл массасына кеңири жеткирүүдөгү алгачкы кадам эле[100].

Отузунчу жылдар. Өлкөдө социалисттик курулуш кеңири кулач жайып, 1927-жылы башталган индустриялаштыруу аракети оң натыйжаларын берип жаткан. Натыйжасы, өнөр жай тармактары өсүп, кеңейип, эл турмушунда экономиаклык жана социалдык өзгөрүүлөр кучак жайган кез.

Граждандык согушта, чет элдик интервенттерге каршы салгылаштарда жеңишке ээ болгон Советтик Кызыл Армиянын кадыры артып, бедели бекемделип, бул тема кыргыз поэзиясында, музыка дүйнөсүндө даңктоо, даңазалоо мотивинде көбүрөөк чагылдырыла баштаган. Алгачкы саамалыкты акындардын ичинде Кубанычбек Маликов баштап, кызыл сап катарына «Кызыл атчандарды» тизди. Композитор Абдылас Малдыбаев акындын поэзиясын колдоого алып, музыка дүйнөсүндөгү шыр (хор) жанры үчүн иштеп чыкты. Чыгармачылыктын бул жемишин калайык өтө жактыруу менен кабыл алышты.

Мектеп партасынан эмгек кайнаган колхоз талааларына чейин, элеттик ыр-хор ийримдеринен борбор калаанын театр сахналарына чейин кыркаар тизиле «Кызыл атчандар» жаңырды. Кызыл жоокерлер залкар күүчүлөрдүн чыгармачылыгына таасирин тийгизбей койгон эмес. Натыйжада күү дүйнөсүнө Карамолдо «Атчандар шыңгырамасын» Ыбырай «Кызыл атчандарды» обон-күүлөр жайытына кошту.

Бүгүнкү күндүн көзү менен караганда «Кызыл атчандарда» өткөндөгү шаңдануу шарапаты сезилбей койбойт. Кылдан кыйкым издеп, кыймылдап «сылтык» издеп, өткөндү жерий кетчү өрөпкү өнөкөтүбүздүн айынан кайран ыр катардан чыгып калган. Жаңыбы-эскиби, жакшыбы-жаманбы, өткөндү өчүрө берүү тарыхты жылаңачтап салары анык. Жашоо өмүрү узуну-кыскалуу, ак-карасы менен. Аны өзгөртүүгө, өчүрүүгө эч кимдин алы жетпейт. Ашепке салык – айыкпас дартка азгырык. Сөздүн кыскасы, өткөндүн-келечектин көз караштарын таразалай, тактай, кадырлай, сыйлай билсек, «Кызыл атчандардан» кынтык издөөнүн (большевиктик, советтик ураандарды эске алып жатабыз) зарылдыгы жоктур.

Таң атар алды салкында,
Шамал-жел жүрөт,
Шамдагай ошол шамалдай,

100 К. Күмүшалиев. Кыргыз театрынын жаралышы. – Ф., 1971.

Биздей ким жүрөт?
Ойнотуп тоонун тулпарын,
Эркин үйрөтүп.

Советтик кызыл баатырдай,
Атты ким минет?
Атактуу кызыл атчандар,
Өлкөсү үчүн шерденет.

Бой жазып күлүп гүл ачкан,
Көрктүү жазда да,
Ала-Тоо бетин кар баскан,
Ызгаар кышта да.
Асмандан душман ок атып,
Дары чачса да,
Болбосо чеке көз артып,
Бугуп жатса да,
Өнөрдү улам түрдөнтүп,
Коркпойбуз биздер майданда,
Мына биз, кызыл атчандар,
Жүрдүк шаңданып,
Душмандан элди сактоого,
Чебер камданып,
Большевик тапкан жол менен
Өнөр үйрөнүп,
Туюктан туура жол алсак,
Аалам таңданып,
Шаттыктын ырын ырдайбыз,
Өлкөнү күн-түн кайтарып.

## Атчандар шыңгырамасы

Отузунчу жылдары өлкөдө социалисттик курулуш кеңири кулач жайып 1924-жылы башталган индустриялаштыруу аракети күч алып, өнөр жай тармактары улам кеңейип, элдин турмушунда экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөр кулач жайган. Мына, ушул мезгилдерде граждандык согушта жана чет элдик интервенттерге каршы салгылашта жеңишке ээ болгон Советтик Кызыл Армиянын бедели артып, бул тема кыргыз поэзиясында, музыка дүйнөсүндө көбүрөөк чагылдырыла баштаган. Кыргыз

акындарынын ырларынын ичинде Кубанычбек Малик уулунун «Кызыл атчандарына» композитор Абдылас Малдыбай уулунун хор үчүн жазган обонун калайык өтө жактыруу менен кабыл алышты. «Кызыл атчандарды» мектеп окуучуларынан тартып, эмгек кайнаган жерде, жоро-бозолорго чейин чоңдор да ырдашчу.

Кызыл аскерлер жөнүндөгү тема залкар күүчүлөр Карамолдо менен Ыбырайдын чыгармаларына да таасирин тийгизбей койгон эмес. Натыйжада Карамолдодон «Атчандар шыңгырамасы», Ыбырайдан «Марш күү» сыяктуу кайрыктар шаңшыды. Айтылуу «Кызыл атчандар» комузда кара күү болуп да чертилчү. Күү алпы Ыбырай 1940-жылы айылга келип, 8-март майрамынын салтанаттуу жыйынында Абдылас Малдыбай уулунун «Кызыл атчандарын» чертүү менен аялдар теңдигин куттуктаган күн эсимде. Карамолдонун «Атчандар шыңгырамасы» менен Абдыластын «Кызыл атчандар» ырынын маңызы бир өзөктөн тараган тал сабагындай. Бүгүнкү күндүн көзү менен караганда, «Кызыл атчандар» өткөндөгү шаңдануу мотивинин жыты уруп турган чыгарма.

## Кызыл жоолукчан

1917-жылдагы улуу төңкөрүш – Октябрь социалисттик революциясы ыманыбызга камчы чаппай айтсак, кырылып-жоюлууда калган кыргыздарды ажалдан арачалап калган. Бул эч бир саясаттын сазына батпай турган төгүндөлгүс тарых чындыгы. 1930-жылдарда болсо, журт жаңы турмушка жапырт аттанып, улам бир жаңылыкка күбө болуп, жакшы жышаандар айыл-кыштакты үймө-үй аралап турган.

Өмүр бою оруска малай жүрүп, чоң элдин тилин жылаңач төөнү бучкакка чапкандай сүйлөгөн Максүт уулу Мөкөй деген батрак басмачылар огунан (30-жылдары Кытайга качкандар колдуу) жараат алып, «баатыр» аталып, чоң Маскөөгө чакырылды. «Маскөөдөн Мөкөй келатат» деген кабар чакан айылга чагылгандай тарады. Баатырды тосуп алууга аттуусу, жөөсү арабалуусу болуп, такалуудан тай калбай 35 чакырым аралыктагы Каракол шаарына агылышты. «Ардак белгиси» орденин жаркыратып төшкө тагынып, бадаркеге (сыйлыкка) тийген «Полуторка» машинасын айдатып, кара жолду чаңдатып, карапайым калкты таңдантып, чоң салтанат менен айылдын чок ортосундагы аянтка түшүп калды. Баарынан таң калыштуусу – кичинекей кутуча сандыктан

кубулжута ыр ырдап, шартылдата күү чалып жаткан сырдуу табышмакта болду. Мөкөйдүн эки көөмүт чакан үйүнүн ичи-сырты быкпырдай кайнаган эл, жайнаган балдар. Сырдуу сандыктан ыр уксам дегендерден жол тийбейт. Бала-бакыра, өспүрүмдөргө эки-үч күндө араӊ кезек жетип, ырдап жаткан адамды сандык ичинен таппай балалык кыялга батканыбыз эсимде. Петефонду башкарган Мөкөйдүн кызы сырдуу сандыктын атын жарыя салып, бул деген «Керимбапаӊ» деп тааныштырган (Кыргыз байбичелеринин тили келбей, граммофонду керимбапаӊ, консерваторияны – кесирбатория, патефонду – батийпон, эксаваторду – эски баатыр дешчү).

Керимбапаӊдан уккан «Кызыл жоолукчан» аттуу ыр айыл ичин аралап, той-тамашаларда, майрамдык салтанаттарда, үлпөт жыйындарда, эмгек талааларына чейин жайылды. «Кызыл жоолукчан» аталган бул ырды жараткан ким, аткаруучулары ким? Ага кызыккандар деле болгон эмес. Көрсө, ырдын жаралышына себеп төмөндөгүчө экен: айыл чарбасын колхоздоштуруу саясаты жүрүп турган кез. Жаш-кары дебей чарба жумушунда. Кыштак четинде эгин талаасы. Чекесинен терин куюлтуп, тигиндейде арык казып жаткандар керилип кетмен шилтеп, жумуштун кызыгуусуна кирип алган. Аӊгыча ары тараптан келаткан кызыл жоолукчан келиндин караанды көрүнөт. Жигит келинге кол булгайт. Келин жакындап келгенде тамашалуу ыр узатат:

Оой, кызыл жоолукчан,
Мен да жаман тердедим.
«Териӊди аарчып жүргүн» деп,
Канакей жоолук бергениӊ?

Бул окуяны акын Жусуп Турусбековго айылдаш курдашы айтып берген. Жусуп аны кеӊитип, «Кызыл жоолукчан» деген ыр жазган. Ырга композитор Абдылас Малдыбаев обон жаратып, арген үндүү актриса Анвар Кутубаева менен бирге ырдап, коомчулукка таратышкан. Малдыбаевдин алгачкы чыгармалар саамалыгы ушул «Кызыл жоолукчан» болуп эсептелет. Ошондой эле «Кара көз», «Кызыл атчандар», «Забойщиктер» сыяктуу ырлары калк катмарына ушунчалык тез тарады, кары-жашы дебей канагаттанып, сыймыкка балкып калышкан. Бул ыр комузга да салынган.

Толкуган биздин эркибиз,
Ал – зуулаган темпибиз.

А тиги кызыл жоолукчан –
Эмгектин кызы-селкибиз.

О – ой, кызыл жоолукчан,
Кандай турмуш жайыңыз?
Курсак ачып кетти го,
Кайнады бекен о, чайыңыз?

Тээтиги түздө оргуган –
Трактордун түтүнү.
Ал эпкиндүү турмуштун,
Бир гана бөлөк күкүмү.

О – ой, кызыл жоолукчан,
Мен дагы жаман тердедим,
«Териңди арчып жүргүн» – деп,
Канакей жоолук о, бергениң?

Тээтиги зону ураткан,
Омкоруп ташын кулаткан.
Ал биздин арык казгандар,
Чекеси тердеп суу аккан.

О – ой, кызыл жолукчан,
Тээтиги малды тосуп кой,
Тепсебесин эгинди,
Аркы бир малга о, кошуп кой.

Тээ-тетиги түрүнгөн,
Күрөгүн алып жүгүргөн.
Кулагын байлап суу жыккан,
Ал да эпкиндүү күжүрмөн.

Сом темирим бата түш,
Дагы азыраак каза түш.
Ары, дагы арыраак,
Да, кичине баса түш.

О – ой, кызыл жолукчан,
Кетменимди ала кел.
Көмүркөйдүн ичинен,
Керкимди дагы а, таба кел.

## Ак Зыйнат

Махабат лаззатынын чен-өлчөмүн аныктоо мүмкүн эмес, ал эми анын опурталдуулугуна, эч бир күч туруштук бере албас, буга турмуш өзү күбө. Махабат сезимин баяндоого канча бир таланттар баш катырбады: поэзиядан сөз гүлүн издешти, музыканын сыйкырдуу доошун жардамга чакырышты. Бир сырдуу, миң кырдуу ошол махабат бир үзүм керемет дүйнөсүндө канаттуу чыгармалар (ырлар, күүлөр...) аркылуу калк жүрөгүндө уялап, унутулбай кала берет.

Кыргыз элинин адабий-музыкалык маданиятында «Акзыйнатты» классика бийиктигине жеткирүүдө өз салымын кошкондордун бири Муса Баетов болсо, «Акзыйнатты» асман мелжеген Ала-Тоодон ашыра аалам дүйнөсүнө тааныткан арген үндүү Асек Жумабаев болду. «Акзыйнат» кабарын атпай журтка жарыя салууда «Атай» романынын автору Касым Кайымов да алгылыктуу милдет өтөдү.

Албетте, ар кандай обондуу ырлар кандайдыр аспаптардын коштоосунда аткарылса гана анын угумдуулугу, жугумдуулугу, жагымдуулугу артаары белгилүү. Ошол эле обондорду кандай кайрыктарга салып, кара күүдө чертүү менен, калайыктын жарпын жазган аспапчыларга алкыш атпай койбойсуң. «Акзыйнатты» эле алып көрөлү. Радио казынасын ачсаңыз андайлардын эчени колуңузга урунар. Аксакал күүчү Эркесарыдан баштап, Алымбаев Боруке, Абдышев Казакбай, Абданалиев Жүкөш, Кайыпов Абдыш, Сейдалиев Асан айдай сулуу Акзыйнатты аспап күүлөрү менен угармандар жамаатын карк кылып келген.

«Акзыйнат» ырынын жаралышы тууралуу басма бетинде баймабай жарыяланган макалалар арбын, ага кызыккан окурмандар да аз эмес. Азыркы сөз учугун «Атай» романынан баштасак. Акзыйнат сулууга Атайдын кандай катыштыгы бар? Алгач бул суроого жооп издейли да романды барактап көрөлү. «...Абдракман ушул эле айылдагы Кожокенин кызы Зыйнатка ашык болду. Бул айылдан ага ашык болбогон жигит аз эле. Зыйнат ошол жигиттердин ичинен жалгыз гана Абдракманды сүйө турган. Абдракмандын ырынан кийин Кожокенин кызы Зыйнат – Акзыйнат атыгып кеткен. Кыздын сулуулугу жана атагынын алыска кетиши өзү үчүн да, башкалар үчүн да кымбатка турду...». Ыры менен кошулуп чертилчү бул күү жалгыз Тыныбектин айлы эмес, бүт Талас өрөөнүнө белгилүү боло баштаган. Ырдын аты аталбаганы менен чалынган күүдөн армандуу жаштын боздогону угулат:

Кең Каракол четиндүү,
Керкимдин мизи кетилди.
Керилип барып бир өпсөм,
Акзыйнат,
Кебезден жумшак бетиңди.

Чоң Каракол четиндүү,
Чотумдун мизи кетилди.
Чоюлуп барып бир өпсөм,
Акзыйнат,
Чолпондой болгон бетиңди.

Көчкөндө миндиң сур атты,
Көркөмгө миндиң кула атты.
Көрөр күнүм бар бекен,
Көңүлдөш сулуу Зыйнатты?

Карагер минсең чаң жетпейт,
Карасам сага жан жетпейт.
Кайындашып алууга,
Кантейин,
Калыңына мал жетпейт!

Карача каймал жетелеп,
Калбааны өрдөп көчөсүң.
Кара көзүм жайнатып,
Акзыйнат,
Каяка таштап кетесиң?..

Жакшы ыр, жакшы күү кулак курчун кандырат, көңүлдүн жарпын жазат. Бардыгы «Акзыйнатты» ышкылуу боз балдардын оозунан угуп, кумары канып «Субандын уулу өлбөсө, жакшы ырчы болот» деп коюшчу…»

«…Керегедеги комузду тиктеп коюп, Султанаалы уулуна кайрылды:

– Уулум, чертип койчу! Көптөн бери күү да укпай калдык ко.

Атай шашылбай комузун алды да кулагын толгоду. Эмнени чертүү жөнүндө ойлонбосо да, комуздан «Акзыйнат» кайрыктары ачыла баштады. Бардыгы көңүл коюп тыңшап отурушту. Абдракманды дагы бир сыйра эстеп, ичтеринен кайгырышты…»

«Атай» романындагы баш каармандар: Абдракман, Зыйнат, Атай… көркөм сөз каражаттарына шөкөттөлө көркөм сүрөттөөлөр

аркылуу ачылышы ыктымал. Романдын окурмандары үчүн ал жагы белгилүү. Ал эми эл арасында сөз баккан куйма кулак адамдар канча. Коомчулукка дайын атагы чыккан атуулдар тууралуу алардын өз түшүнүгү, өз талкуу бүтүмдөрү болот эмеспи. 1993-жылдары Талас өрөөнүндө болуп, аттуу-баштуу адамдарга жолугуп, ырчы-күүчүлөрдүн өнөрү менен жакындан таанышкам. «Акзыйнат» чыгармасы жөнүндө Таластын Калба айылынан Абдракмандын жердештери белгилүү комузчулар Алыбек уулу Өмүрбектен, Сейдаалы уулу Асандан сурамжылап жазып алган маалыматтардын мына буларды кошумчалоого туура келди: Айтылуу «Акзыйнат» ырынын автору Абдракман Дербишаалы уулу Таластын Жерге-Талынан, шакирти Атай болсо Көк-Кашат айлынан. Абдракмандын качан туулгандыгы жөнүндө так кесе айтуучулар жок. Айтымда Атайдан эки жаш улуу экен. Андай болсо, Атай 1900-жылы (кайсы бирөө болжогондой 1902-жылы) туулган болсо, Абдракмандын жарык дүйнөгө келишин 1898-жылга боолголосок болот.

Абдракман болуп толуп турган жигиттик курагында той үстүндө Көк-кашаттык Кожоке дегендин Зыйнат аттуу кызына таанышып калат. Көңүлдөрү бир жерден чыккан эки жаш, баш кошуп турмуш курууга макулдашат. Бирок Зыйнаттын кайындап койгон жери бар эле. Бойго жеткен кызды бирөө ала качып, балаага учурай элегинде колго алып коюш үчүн кайындап койгон тарап кыз атасын кысмакка ала баштайт. Кыз атасы кыйын абалда калат: биринчиден, арзып таанышкан жаштарды ажыратып, кызын ыйлаткысы келбейт. Антейин десе, алып койгон калыңы бар, кудалашып сөөктөшөлү деген убада-анты бар. Ары ойлонуп, бери ойлонуп акыры Абдракмандын атасы Субанга сөз айттырат: «Балдардын убалына калбайлы десең, кызымдын башын ачып алып кет».

Бул кабар Субанды бир сүйүндүрдү, бир күйүндүрдү. Күйүнгөнү – кайындаган кыздын башын ачуу үчүн кеминде 50дөй кара мал керек, кайдан табат? Кыжаалаттан куткарууга жарамдуу жек-жаат тууганы жок. Ушул арада кыздын кайын-журту каалаган калыңын күтүрөтүп айдап келип, келинин алып кетишет.

Аттиң, армандуу дүйнө! Акзыйнат да ата салтын аттай албады. Антташып-шерттешкен ашыгын ара жолго таштап, башка бирөөнүн бүлөөсү болуп, кайындаган жердин босогосун аттоого мажбур болду. Абдракман бечара канетсин, бул жорукка амалсыздан көндү, чыдады. Жалжал көзү жанында тургансып, жаркын элеси жан

дүйнөсүндө жалбыттап, өксүк болуп, өкүнүч болуп өзөгүн өрттөп барат... Эмне кылат? Ошол өксүк-өкүнүч арман ыр саптарында кылактап, зар муңу кыл кайрыгында дирилдеп, «Акзыйнат» болуп аталып, сыртты карай удургуп жатты:

Агарган тоонун этеги,
Ак кийик куусам жетемби?
Ашыгым Зыйнат деп жүрүп,
Арманда өтүп кетемби?

Бозоргон тоонун этеги,
Боз кийик куусам жетемби?
Бото көз Зыйнат деп жүрүп,
Боздогон бойдон өтөмбү?

Күңгөйгө чыккан жекенби?
Күлүк ат минсем жетемби?
Күйүтүң тартып кайгырып,
О, Зыйнат,
Күйүттө өтүп кетемби?..

«Менин укканыма караганда, – дейт Көк-Кашаттык комузчу Алыбай уулу Өмүрбек, – Абдракман аймакта жок эл шайырларынан экен. Калбаанын оозун жайлаган, он миң кой, миң жылкысын айдаган Таласта Кызылбаш Кудайберген деген бай «Кыз узатуу» тоюна кыз оюнунун баштатмакка Абдракманды гана жактырып, кош ат чаптырып, 22 чакырым жерден алдырткан дешет. Жыйындын көркүн ачууда Абдракмандын курдашы Бөкөтай ырчынын салымы да зор болгон экен. «Акзыйнат» ыры ошол Бөкөтайдын обонуна салынып ырдалганы айтылат. Абдракман 1917-жылы өз ажалынан – ич келте оорусунан көз жумган. Эмнегедир жазуучу Касым Кайымов китебинде Абдракманды киши колдуу өлтүрүп койгон. Абдракман катуу ооруга чалдыгып, өлүм алдында жатканда Атайды чакыртып: «Мен өнөрүмдү сага табыштадым. Ага кошуп «Акзыйнатты» да ала жүрөрсүң... деп, комузун белекке берген экен».

Ошентти, арген добуш мукам ыр («Акзыйнат») Атайдын тушоосун кести, чыгармачылыгына жол ачты. Андан бери айлар алмашты, жылдар жылмышты. 1936 – жылы Атай Муса менен таанышып, «Акзыйнатты» биротоло өткөрүп берди. Атай айтыптыр: «Мусаке, Зыйнаттын туугандыгы бизге өтө эле жакын, Көк-Кашат

деген айылданбыз, «чоюлуп барып бир өпсөм чолпондой аппак бетиңди...» деп, күйүп-бышканым осолдук болор. «Акзыйнат» ээсин тапты, улуу ырчы жетээр жерине жеткире иштеп чыгып, «алтын казына» тобуна кошту.

«Акзыйнаттын» сапарын андан ары улаган арген үндүү ырчы Асек Жумабаевдин эмгегин эстен чыгарып койгонубуз жарабас. Асек канатташ Казакстанда, Өзбекстанда, Россияда, Индонезия менен Пакистанда, Монголия менен Германияда, Сирия менен Канадада, Латын Америкасында, ж.б. элдерде болуп, кыргыз өнөрүн кылымга тартуулады. Кай жерде, кайсы элде болбосун кыргыз ырына, кыргыз күүсүнө кызыгуулар артып, шатырата кол чабышты. Асекке кол чабышты, «Акзыйнатка» кол чабышты. Эх чиркин! Эгемендик десекпи, Эркиндик десекпи, эки тизгин бир чылбыр колубузга тийгенде «Ой булбул» менен «Күйдүм чоктой», «Үкөй» менен «Даанышмандай», «Арзыкан» менен «Алымкандай», «Эсимде» менен «Акзыйнаттай» элдик ырлар «эскирип», өз үй-өлөң төшөгүндө өгөйлөнүп, эт жүрөктү селт эттирип, эки жакты элең караткан жагдай чочулатпай койбос».

Бир учурда аккардеон, баянга ач кенедей жармашып алсак, эми эстрада дегенди туу тутуп... жаңы муундар жат музыканы жата калып тыңдашып, рок-музыка, поп-музыка, ток-шоуга жата калып ооп алышты. Же шордуу «жылдыздарда» үн болсочу, же өң болсочу, же аткаруучулук өнөр болсочу? Жагымсыз чаңырык! Кудай сактай көр! Адегенде өзүбүздү аңдап, анан өзгөлөргө талпынсак боло! Тарыхын таза сактаган, менталитетинен жанбаган жаныбыздагы улуттардан неге өрнөк албаска?! Бул жосунсуз жоругубузду кошуналарыбыз табалайбы же каңырыгы түтөп кабатыр болобу, ким билет? Жоопту жон терибиз менен өзүбүз көтөрөлү.

## Кыз-жигит

Музыкадагы добуш бирдигинин: обон-күү-текст шайкеш келиши, башкача айтканда, аспаптык кыл ыргактар обонго жуурулушуп, обон ырга куюлушуп, аткаруучунун арген үнү музыкалык чыгарманын сапатын арттырмак. Райкандын мазмундуу тексти, Эстебестин чебер аткаруучулугу, Айдараалы, Жеңижок, Коргоолдун жагымдуу обондору айтылуу «Кыз жигит» термесин телегейи тегиз көркөмдүк бийиктикке көтөргөн. Бул жагдайда Эстебестин эскерүүсүнө көңүл буралы: «Райкан агай менен көп жылдар ээрчишип иштешип

жүрдүм. Ракем менин аткаруумдагы «Гүлгакыны» уккандан кийин экөөбүз күнүгө үйүндө отуруп, «Кыз-жигиттин» айтышын иштей баштадык. «Обон-күүлөрүн сен тап, сөзүн-ырын мен жазайын» деди. Экөөбүз эки айга бирге иштедик. Мен «Гүлгакынын» обонун чертем, Коргоолдун, Айдараалынын, Атайдын обон-күүлөрүн чертем. Ракем угуп отуруп, магнитофонго жазып алат. Обонго канча муун ыр саптары керек, ошого жараша ыр жазабыз. «Кыз-жигит» деген чыгарма 38 барак, «Жер жөнүндө терме» 22 барак, ушунун баарын обонун обондой, күүсүн күүдөй өткөрүп, радиого жаздырып чыктым. Ракем айнектен карап отурган, мени чакырып алып, өтө ыраазычылыгын айтты...»[101].

«Кыз-жигит» термесинен кыскача маалымат (комуз менен):

«Жаныбек деген жигит айлынан кыз жактырбай, бир күнү Таластын токоюн аралап келатса, алдынан суу көтөргөн сулуу кыз чыгат. Кыз жигитке ысык көрүнүп, жигиттин жүрөгүн толкутат.

Унчукпай кете берейин дейт,
Кеткиси келбейт.
Кандайдыр бир күч жигитти жибербейт.
Туруп калышат, бирин-бири карап,
Жигиттен кыз, кыздан жигит уялат.
Жаныбек анан,
Эки жагын карап,
Койнунан комузун алат.
Кызды сынамака,
Атайдын «Кыз кербезин» чалат.
Кыз күлүп жигитке карап:
– Жакшы комузчу тактап чертет,
Өз устатын мактап чертет.
Жаман комузчу аттап чертет,
Өзүн-өзү мактап чертет, –

деп Токтогулдун «Чоң кербезин» кайрып турганы.

Бар болсо жигит өнөрүң,
Өнөрүңдү көрөмүн.
Кыз бүткөндүн бардыгы
Мени сүйөт дебегин.
Кезегиңди беремин,
Кекетип жатат дебегин.

101 Э. Турсуналиев. Ак таңдай. Ырлар жана эскерүүлөр. – Ф., 1991.

Жигит кыздын оңой эмес экендигин байкайт. Ичинен башын чайкайт. Жигит кадимки Айдараалынын абанына салат, кыз турат карап.

Э-э, сулуу карындаш,
Адам болбос жаңылбас.
Таанybasты сыйлабас,
Нары баспай бери бас.

Э-э, сулуу карындаш,
Энемден коркпо, бөлүнөм,
Көрү жакын төрүнөн.
Канакей сүйлө, жаш сулуу,
Деги, кандай жигит көрүнөм?

«Ай эми кыздын жүрөгүн элжиреттим го» – деп караса, кыздын өңү сумсайыңкы. Кыз үкүсүн желге желпилдетип, шакектерин жаркылдатып минтип ырдап жиберди:

Кең дүйнө жайын козгойсуң,
Келин-кыз көрсөң боздойсуң.
Сүйүүнүн жайын козгойсуң,
Сүйөмүн деп боздойсуң.
Сүйүшпөй турган ким экен?
Сүйүүнү билбейт окшойсуң.

Эркекмин деп мактанба,
Сени да эне тапкан да.
Аял алып кор тутуп,
Кубанба камчы чапканга.
Кээ бирөөлөр кубанат,
Ыйлатып кызын сатканда.

«Энемден коркпо, бөлүнөм,
Көрү жакын төрүнөн».
Деген ырды ырдадың,
Ак сүтүн эмген эненин,
Уялбай ырдап турганың,
Акылы жок урганым!

Өзүмдүн атым Гүлбайра,
Издесең мендей гүл кайда?
Сүйө албайм агай, аяймын,
Сумсайба, жигит, сумсайба.

Гүлбайра кыз жөнөй тургандай болуп «кошуңуз!» – деп жигитке колун сунат. Жаныбек «кош!» – деп колун бере албай шашат. Ичинен ойлонот. Сулууну эми бир имерейин, жыгылсам кете берейин, – деп Коргоол ырчынын обонуна салып жооп берип турганы:

Э, сулуу Гүлбайра,
Сөз табылбайт мындайда.
Сенсиз мага күн кайда?
Э, кызыл гүлүм,
Э, айлуу түнүм,
Берекелүү үйүм,
Жетер бекен үнүм?
Жетимсиреп жүрүм.
«Энемди жаман көрөм» деп,
Сынап айтып жатканым.
Көрдүм эле бир кыздын,
«Энең бар» – деп качканын.
Кубат берген денеңе,
Өмүрдүн гүлү энеде.
Сынаймын деп мен сени,
Өзүм калдым жемеге.

Гүлбайра ак кайыңга сүйөнө калып, ак билегин жаркылдатып, комуз черткенде ак жибек жеңинин жели жигиттин бетин кошо желпийт. Гүлбайра «түшүнсөң түшүнөрсүң, түшүнбөсөң дагы бир кыздын мээсин бүтүрөрсүң? – деп айтып турганы.

Ар бир үйдө кылтыйып,
Баш багып турат эскилик.
Кээ бир үйдү бүт бойдон,
Башкарып турат эскилик.
Ойдогусун кез-кезде,
Аткарып турат эскилик.

Эскирсе да тиши бар,
Ээн жерде иши бар.
Өзү кетпейт куубасаң,
Өлөрмандык күчү бар.

Мен кайсыны айтайын,
Руксат болсо кайтайын.

Эртели-кеч сүйлөшүп,
Бир азыраак байкайын.
«Сүйө кой» деп кыйнаба,
Сүйүүнү бир аз сыйла да.
Кыз балага кыйын сөз,
Оозуна келбейт «сүйөм» деш.
Сүйлөбөсө сүйлөбөс,
Бирок, билгизип турат эки көз.

## Жалжалым

75 жаштагы окумуштуу комузда кол ойнотуп күү чертет, коңур үндө ырдай алат. Онго жакын обондуу ырларынын ичинде алымдуу «Жалжалым» аттуу комуз коштоосунда аткарылган ыр эл сүймөнчүлүгүнө ээ болуп келет.

Кыргыз элинде өнөрпоздор оюн-зоок кечелердин көркү болуп келишкен. Андай жерде Жамин жабыкта калмак бекен?

– А дегенде «Көңүл толкуп кубанып» деген ырды созолонтом. Анан:

Кара таш белең сезбеген,
Карайсың кара көз менен.
Айбы, же күнбү күлүшүң,
Айталбай турам сөз менен. –

деген ырым топ бузуп берет. «Жалжалымды» сөзсүз аягына калтырамын. Бул ыр мен үчүн ыйык десем болот. Анткени, анын артында далай сырлар бар, махабатка жуурулган» – дейт автор. Ал сырлар да учуру келгенде ачыкка чыгар, азырынча окурмандарга «Жалжалымдын» текстин сунуш кылалы:

Ачылган аппак гүл көрсөм,
Окшотуп коём өзүңө.
Таалайдын жармы сенде деп,
Көрүнгүм келет көзүңө.

Куттүрдүң мени гүл бакта,
Күүгүмгө калдым сен үчүн.
Таалайдын таңы өңдөнүп,
Жаралсаң керек мен үчүн.

Ойлогон сырды айта албай,
Аптыгып кетет жүрөгүм.
Жаӊсасаӊ боло жактырсаӊ,
Канчага минтип жүрөмүн.

Күн-түнү кетпей эсимден,
Күйүткө түштүм сен үчүн.
Туткунуӊ болдум, багындым,
Буйругуӊ барбы мен үчүн.

## Арзыкан

Ыбырай, Саякбай, Шекербек, Бектемир баштаган артисттердин тобу оюн коюп, Гүлчөгө барышат. Концерттен кийин райондук аткаруу комитетинин орунбасарынын үйүндө мейман болушат. Мейман тосуудагы билгилиги, кичи пейилдиги, жаркын маанайы, жакшы мамилеси менен үй ээсинин аялы ар кимисинин көӊүлүнө жагып калат. Ал эстен кетпей кийинки жылы Шекербек Шеркулов башка шайырлар менен Алайга келгенде өткөндөгү кут даарыган тааныш үйгө адаттагыдай шатырап түшүп калышат. Үй ээсинин Арзыкан босогону аттагандан эле меймандарды сыйлап, урматтап, аябай конок күтүү камында болот. Дасторкон жайылат, кымыз сунулат, ичимдик каалаганча ичилет. Кой союлуп, сыртта казан кайнап турат. Сыйга курсант меймандар да өнөрлөрүн ортого салып, көӊүлдөрү ачык, маанайлары жарык. Дасторкон үстү миӊ кыл даамга жык. Тамаша-күлкүдөн отуруштун ооматы артып бардыгы шайма-шай. Бир гана кемчилик – үй ээси негедир кечигүүдө. Арзыкан тарапка ээк шилтешип, «качан келет?» деген көз караштар. Арзыкан аны алдыртан сезип:

– Кожоюн командировкада эле, келип калар... – сыяктуу жооткотууларды бетке кармап меймандарын тосуу менен алек, эч кандай шек билдирбейт.

Эртеси чай ичилип, бата жолдонгондон кийин Арзыкан сулуу Шекербектин үстүнө ичик жаап:

– Досуӊуз жалган жалаа менен түрмөдө камалып жатты эле... – деп кабарлап, көздөн жашын тегеретет.

Уккан кулактарына ишенбей делдейе калган меймандар аздан соӊ Арзыканга көӊүл айтышат. Арзыкандын адамгерчилигине, тунук акылына, аялзатына таандык асыл касиетине арбалып турушат.

– «Ырчымын» дейсиңер, «күүчүмүн» дейсиңер. Көркөм чыгарманын каарманы алдыңарда турганын эмнеге сезбейсиңер? Мындай каарманды деги каяктан издейсиңер? – дейт Саякбай аксакал. Ошол эле жерде Шекең мындайыраак отура калып, «Арзыкан» тууралуу ыр жазат. Жарым саат өтүп-өтпөй, ырдын текстин обончу Бектемир Эгинчиевге сунуп:

– Эмки кезек сага келди, – дейт.

Бектемир белен турганбы, ыр курулушуна талдоо жиберип, маңызын жүрөктөн өткөрүп, чала жерлерин «чай кайнамда» толуктап, «мына обону» деп, Шекербекти карап созот. Шекең комузу менен сырдашып, кошула бирге ырдашып, «Арзыканды» алдыга жайып, алгачкы көз жарышын келинге тартуулайт. Келин кечинде ыраазы кылат. Ошентип, «Арзыкандын» алгачкы угармандары алайлыктар болсо, арымы кеңейгенден кеңейип, Арзыкан сулуу Ала-Тоо аймагына тарап, ашыктык каарманы болгон.

Арзыкан сулуунун андан аркы өмүрү тууралуу: Кара-Көл шаарынын тургуну комузчу жана күү өнөрүнө ышкыбоз Өзбек Рысбеков жазып жиберген: 1957-жылы жол курулуш мастери болуп иштеген таякем Медетбек «Кара-Көлгө барып келели» – деп калды. Макул болдум. Бардык. Бир үйгө кирдик эле кетирекей мурун, жылдыздуу кара келин жаркылдап жакшы кабыл алды. «Чайнекте чайын кайнатып, панардай көзүн жайнатып, бат эле дастаркон жайып, чыны суна баштады. Ар кыймылы илбериңки, көзгө да, сөзгө да толумдуу ургаачы заты экени көрүнүп турат.

Медетбек таяке: «Кана Өзбек жээним, комузуңду колуңа ал, «Арзыканды» ырда», – деди. Анда жаш кезим, маалкатып отурбай айткан ырды алымдын жетишинче ырдап жибердим. Кол чаап кубаттап калышты. Менин ырым жагып калдыбы, суроолор боюнча кайталап аткардым. Кетирекей мурун кара келиндин көздөрү балбылдап, сүйкүмдүү жүзүн ого бетер нурга бөлөп турган эле.

– Жакшы ырдадың. Арзыкан деп ырдаган сулууң маңдайыңдагы эжең. Арзыкан сулуу ушул, – деди кетирекей кара келин.

Арзыкандын күйөөсүн да көрдүм, Жоробай деген маңдайкы тиши шалактап калган жигит экен. Кара-Көлдө ГЭС курулушунда иштеп туруп, жыл айланбай кетип калышты. Азыр деле алардан кабарым бар, бала-бакыралуу, бактылуу үй-бүлөлөрдөн.

Арзыкан!
Агарган таңдын нурусуң,
Алайдан чыккан сулуусуң.
Кызыгып кыздар таккандай,
Кызыл бир бермет шурусуң.
Айлыбыз бирге болбогон,
Алыстык жери курусун.

Арзыкан!
Көңүлүң жумшак саздайсың,
Пейилиң келген жаздайсың.
Көйкөлүп басып жүргөнүң,
Көлдө бир сүзгөн каздайсың.
Көңүлдөш курбуң мен турсам,
Көңүлсүз кимди наздайсың.

Арзыкан!
Бурулуп күлүп койгонуң,
Булуттан чыккан айдайсың.
Кыя бир карап жарк этип,
Кыялың менен жайнайсың.
Кызыктырып адамды,
Кысыр эмди тайдайсың.

Арзыкан!
Ак булбул конуп сайраган,
Аралаш кайың-тал болсоң.
Аябай тартып ийүүгө,
Аяка куйган бал болсоң.
Айкалышып ойноого
Айлыбыз жакын жар болсоң.

Арзыкан!
Кыргыек конуп таранган,
Кызыл бир кырчын тал болсоң.
Кымызга кошуп ичкендей,
Кызыктуу, таттуу бал болсоң.
Кыйышпай ойноп жүрүүгө,
Кыз алып сүйгөн жар болсоң.

## Күйдүм чок

Атай Огомбаев кыргыздын музыкалык өнөрүнө зор салым кошкон залкарлардын катарында муундардын көз алдына келет. «Атай ысмын уканда анын комуз күүлөрү өзүнөн-өзү, биринен сала бири келип, менин кулагымда жаңырыктап туруп алат» — деп, эскерет эл акыны Сүйүнбай Эралиев. «Күйдүм чокто» ашык жардын элеси ар кандай салыштыруу, сүрөттөөлөр аркылуу даана тартылган. Баарынан да бири-бирине жетпей жүргөн махабат өкүнүчү:

> «Айлыңды издеп таба албай
> А мен жүрөм,
> Адашкан тайлак үндөнүп»

сыяктуу теңештирүүлөр аркылуу өтө элестүү берилген. Атайдын жүрөгүн алеп-желеп кылып, күйүп жаткан кызыл чокко жеткирген сүйүүнүн азап-тозогуна кененирээк токтололу.

Атайдын комузга болгон шыгы жашынан ойгонду. Алты жашынан атасынан айрылды. Жакырчылык турмуш жаштайынан анын өмүрүн коштой жүрдү. Бирок, эрмеги комуз болуп, элге аралашып, жаманчылыктан коргой жүрдү.

Атайдын талантына дем берип, алга сүрөгөн айылдашы Абдракман комузчунун «Акзыйнатын» аткаруу менен музыка дүйнөсүнө сүңгүп кирүүгө жолу ачылган. Абдыракман ооруга чалдыгып, өлөр алдында комузун 10 жашар Атайга белекке тартуулаган. Атай 15 жашында өз алдынча күү чыгарып, айыл аралап, калкка таанылa баштаган.

Айрыкча, обону, сөзү айкалышкан «Күйдүм чоктун» даңкы таш жарып, далайды таң калтырган. Атай ырдын тарыхына мындайча токтолгон: «Жаш кезимде бир кызды сүйүп калдым. Өзүм кедей болгондуктан, кыздын атасынын бычкан калыңына чыдабадым. Кыздын атасы кийин бир байга сатып жиберди. Турмуштун мындай тозогуна кантип күйүп-бышпайм. Ошол өкүнүч-өксүгүмдү «Күйдүм чок» күүсүнөн чыгарбадымбы».

«Күйдүм чок» баянына Атайдын кызы Саадат төмөндөгүчө токтолгон. Баянды журналист Керим Айдаров «Асаба» гезитине жарыялаган. Таласта Кызылбаш Кудайберген деген бай болгон. Атай анын кызы Седепке ашык болуп калат. Седеп да Атайды жактырат. «Куу аяк жетим, торпок кайтарган чор таман жакырга

кызымды кантип берем?» – деп Кудайберген кызын башка бирөөгө кудалайт. Кыздын жанында жүргөн жеңеси Уулжан «Седепти бүрсүгүнү качырып берем», деп Атайга убада берет. Ошол эле күнү «Атай бүрсүгүнү кызыкени ала качып келет» деп, туугандарына кабарлайт. Бул кабарды кулагы чалган Кызылбаш Кудайберген Кетмен-Төбөдөгү жылкычыдан кабар айттырып, Седепти кудалаган жерине аттандырып жиберет. Сүйлөшкөн кызынан ажыраган Атай үчүн бул окуя оор сокку болот. Арман - өкүнүч-өксүктү башына үйөт. Кантмек? Атайдын үйүнүн маңдайында чоң түп терек боло турган. Теректин түбүнө отуруп зар кагат, муңун төгөт... кимге барып жалдырамак, колунда комузу менен сүйлөшөт. «Ушундай кыйын кырдаалда жүрөктөн чок тутанып, от алып жалын бүркөт. Күндөрдүн биринде Седептин сөйкөсүн таап алып, эстеликке деп катып жүрөт. Бир себептен улам, Атай түрмөгө түшүп калат да, эптеп, абактан качып чыгып, Кетмен-Төбөгө сапар алат. Ашуудан ашып арыга бараткaнда караңгы кирип калат. Айлана тынч. Бир убакта алдыдан жылтыраган от чыгат. Жылынып алмакка жыла басып чатырга кирет. Ой тобо! Седеп отурат, тиктешип калышат, таанышат, кучакташып көрүшөт. Баягы сөйкөнү Седептин өзүнө кайтарат. Атайдын келишине карата кой союп, кошуна-колоңдорду чакырып, той өткөрүшөт. Комузга тил кирет, «Күйдүм чок» эскерилет, «Акзыйнат» ырдалат. «Ак тамак, Көк тамак» чертилет. Седеп Атайга чепкен жаап узатат».

Кошумча: Атай көп жолу үйлөндү, бирок аялдары турбады, ажал алып тынды. Аялдан жолу болбогон Атай көпкө үйлөнбөй жүрдү. Акырында Ыйманалы ажынын 16 жаштагы Жумагүл аттуу кызын жактырып, калыңын берип, төшөк жаңыртты. Жумагүл да Атай менен көпкө өмүр сүрө албады. 23 жашында каза таап, эки кызын (Саадат 2 жашта, сиңдиси 6 айлык) артына таштап о дүйнө салып кете берди. Атайдын акыркы аялы Шайымкандан Саясат аттуу кыз калган. Сүйүүдө Атайдай эч ким күйгөн эмес, эч ким Атайдай түтөп ырдай алган эмес. «Күйдүм чок» сүйүү ырларынын эң бийик, туу чокусу. Обону текстине куюп койгондой шайкеш келип, тимеле боздоп-сыздап турат.

Күйдүм, күйдүм, күйдүм чок,
Күйдүм бир десем түтүн жок.
Жүрөгүмдүн башында,
Жүгөрүдөй бүтүн жок.

Кан жайлоо деген бийик бел,
Кар жааса согот мустак жел.
Кайырма жака, кош этек,
Кадырды билсеӊ өзүӊ кел.

Боз теректей бүрдөнүп,
Жүрөсүӊ сен,
Боз жоолук салып түрдөнүп.
Болжолуӊ таап жете албай,
Мен жүрөм,
Боздогон тайлак үндөнүп.

Ак теректей бүрдөнүп,
Жүрөсүӊ сен,
Ак жоолук салып түрдөнүп.
Айлыӊды таап жете албай,
Мен жүрөм,
Адашкан тайлак үндөнүп.

## Шаршендин обону

Кыргыз элинен эчен таланттуу адамдар чыгып, өнөрү менен өз элинин маданиятын өркүндөтүүгө зор салымын кошушкан. Ошондой зор таланттардын бири куудул Шаршен чебер комузчу да макты домбрачы да болгон.

Музыковед В. Виноградовдун аныктоосу боюнча: «Шаршендин өнөрүнүн көбүн акырындык менен ырга айланып кеткен сөз жанры ээлеген. Ал аларды комуздун, домбранын коштоосунда аткарган. Бул аспапты Шаршен өзү жасап алчу (янусага окшогону менен бир аспап болучу). Анын бир жагы комуз, экинчи жагын которо койсо домбра болучу. Ырчы кайсынысын кааласа, ошол жагын чертип ойноп берүүчү.

Шаршендин үнүнүн регистри орто, анча бийик эмес, кирилдеберээк келип, сыймыктанарлык эмес. Бирок аткарууну укмуштуудай бабына келтирип ар түрдүү ачык-айкын түстөрдү таап ырдаган... Анын обондору анча татаал эмес, көп учурда жарым-жартылай айтылган сөздөр менен камтылган. Албетте, Шаршенде элдик ырлардын өзөгү сакталган, бирок Шаршенчесинен кайра иштеп чыгуулар өнөр үчүн өз милдетин өтөбөй коймок эмес. Куудулдук өнөрдөгү куйкум сөз, аспаптык аткаруучулуктун айырмачылыгы,

ырдоонун түркүн түс манералары шайыр Шаршенди жаратса, аны тууроочулук «Шаршен мектебин» шарттаган. «Шаршендин обондору» ооздон-оозго өтүп ырдалса, «Шаршендин кайрыктары» аспапчылардын күү тизмесин толуктап келет.

Угармандардын ичтери түйүлүп жыгылгандарын, белимчи кемпирлердин тепкичтен кулап майып болгондорун көп эле көрбөдүкпү. Ошондон улам «сактыкка кордук жок» дешип, куудулдун тизгинин тартып, элге чыгарбай да калышкан. Шакемдин өнөрүн жетимсиретким келбеди, акыры ошол жакка оодум. Макыбегин (сүйгөн кызын) алам деп, «сыртынан кайырып» ыйлаганы, анысынан айла болбогондо «ичинен кайырып» каткырыкка бөлөгөнү, Макыбеги колго тийгенде кубанычтан «катын барды» каакшатканы...

## Ичинен кайырма

«Мурунураак-мурунураак жыйырманчы жылдарда, айлымда жүргөндө анча-мынча ыр билчү элем. Көп ырдайын десем ырым аз. Мен ойлодум: «Кой, аял алайын да ырымды арбытайын». Ошентип, аял тандай баштадым. Бир күнү өзүбүздүн айылдагы Макубек деген жароокер селкиге кезигип калдым. Ал жароокердин басканы сонун, бою көзгө тоюм, көйнөгү өтө кооз – порум.

– Мен сени сүйдүм, кааласаң мага тийгин – деп айтсам:

– Макул, сага барайын, тилиңди алайын. Мынча асылып калдың, кадырыңды да салдың. Бирок, төрт тамандуудан төөң жок, үрүп чыгар итиң жок, аялды кантип алдың? – десе болобу.

Ал ошенткенде, алакөөдөн жаным: «Ушу сени ала албасам, төрт тамандуу төөгө төшкө тептирип калайын, деп жиберипмин. Анда Макубек: «Тилегиңен кагылайын. Ушу сага бара албасам, тишим түшүп шалдырап калайын» – деди.

Ошентип, домбрамдын кулагын бурап, күлкүлүү обонго салып, Макубегиме «Ичинен кайырма» ырымды айтып бердим.

> Эскирттик эски дүйнөнү,
> Эстейт экен сүйгөндү.
> Эбин таппай зарланып,
> Макишим ай, уксаңчы,
> «Ичимен кайрыйм» күйгөндү. –

деп келип, Макубегиме атайылап арнаган күйгөн ырымды козгоп, боздоп жатам:

Эңкейе чыккан талдайсың,
Эрмекке жаным кандайсың?
Эки үйгө жарык шамдайсың.
Эсеби, сөзүң менен алдайсың.
Ээн жакка барбайсың.
Эзилген курут кошкон май и — ий,
Эзилип бышкан а жалдайсың.

Адырга чыккан талдайсың,
Ашыкмын жаным кандайсың,
Алты үйгө жарык шамдайсың.
Ар сөзүң менен алдайсың,
Алыс жакка барбайсың.
Аралаш курут кошкон май и — и — ий,
Аябай а бышкан жалдайсың.

Кыядан учкан чилдейсиң,
Кыйналганымды билбейсиң.
Кыюусун таап кеп айтсам,
Ээй алма, өрүк, мейиз ай,
Кылтыңдап мени сүйбөйсүң...

## Кантың бар

Макубеги колуна тийип, санаасы тынгандан кийин, армандан арылып, алганына ыраазылыгын билдирип Шакеңдин айтып турганы:

Ыстаканда кантың бар,
Ыргаласың баркың бар.
Ыргаласың, жыргаласың,
Ышкылуусуң талпынган.

Чайга салган кантың бар,
Чайкаласың баркың бар.
Чайкаласың, жайкаласың,
Чолпонумсуң балкыган.

Биялада кантың бар,
Билимдүүсүң баркың бар.
Билимдүүсүң, илимдүүсүң,
Бирге жүрсөм артыңдан.

Баласыңбы жулкунган,
Балапансыңбы кулпунган?
Баркыңыз бар, салтыңыз бар,
Баскым келет артыңдан.

Артык болуп көрүндүң,
Атактуу кыргыз журтумдан.
Ар убак сизди ойлосом,
Ашыгып турам уйкумдан.

Келсеңчи-и, күлсөңчү,
Ойносоңчу, жүрсөңчү.
Ой ашык, Дилбар ой,
Көңүлүм ырас сенде ой.

## Жылкычы

Ашыраалы Айталиевдин жердиги — Кант району Жедигер айлынан. Атасы жылкычы болгон себептүү Ашыкең бармактайынан аттын кулагы менен тең ойноп, ат жалында чоңойгон. Бала кезинде аш тойлордо ат чапкан. Чоң атасы менен жылкы баккан. «1950-жылдары учук оорусу менен ооруп калдым, — деп кеп салганы бар, — чоң атам мени Суусамырга алып кетти. Сенин ооруңа кашкулактын майы, жылкы жаныбардын кымызы миңден бир дары деп, кечинде кол чаначка кымыз куюп, ага кашкулактын майын чайкап, канжыгага байлап түнкүсүн жылкы кайтарууга жиберет. Чоң атамын каарына калбайын деп, аттанып кете берем. Жакадагы жаштар көз алдыма элестейт. Аларда эмне? Оюн-күлкү тамаша. Мен 23 жашка келип калган бозой курагым. Суусамыр жайлоосунун кереметине азыр деле суктанам. Акын болбосоң деле ыр ооздон чубурат, обон оболойт. Күндөрдүн биринде тору жорго минип татына кыз төмөндө кыя жолдо кетип баратат. Кыздын атасы чабан эле. Кыз менен сүйлөшкүм келет. Оозумдан болсо ыр-обон чууруп жаткансыйт. Акыры мен дегдеткен чыгарма жаралды:

Асыл тукум мингеним,
Салкын төр жайлоо жүргөнүм.
Эриктим жылкы четинде,
Эскерип келчи, сүйгөнүм.

Жылкы оттойт чөптүн бүрлөрүн,
Мен жыттайм жыпар гүлдөрүн.
Санаадан такыр чыкпайсың,
Сагындым келчи, сүйгөнүм.

Ыргалса желге жалбырак,
Ыргыштап үркөт аргымак.
«Камыкпа, келет» — дегенсип,
Ай карайт көктө жалдырап.

Кубанам жылкы бакканга,
Кыялым учуп асманга.
Жаныма келсең болбойбу,
Жылкылар жуушап жатканда.

Эл берген малын тапшырып,
Элеси күчтүү жашчылык.
Жайлоодо кетип баратсак,
Жанаша атчан бастырып.

Салкын төрдү жай кылып,
Бош кезде жорго салдырып.
Чарчаган кезде дем алсак,
Чаалыккан атты чалдырып.

Эс алып жайлоо оюнда,
Шар аккан суунун боюнда.
«Кымыздан ичсең, агай» — деп,
Кол чанач турса колуңда.

Мен жылкычы, сен чабан,
Кыйкырып добуш үн салам.
Өлкөбүз үчүн иштейли,
Өркүндөп өссүн нур заман.

«Жылкычы» 1955-жылдан тарта элге кеңири тарады. Ашыкең комуздун коңур доошунда колхоздун чабандарынын малчыларынын алдында зор эргүү менен ырдап жүрдү, кайда болбосун күлүктөр чаап келаткансып, дүркүрөтө алакандар чабылып турду...»

Коңгуроо добуш, керемет үндүү аткаруучулук жактан аттын кашкасындай таанылган ырчы Жапар Чабалдаев Ашыраалы Айталиевдин «Жылкычысын» аткаруу менен дүйнөлүк жарыштарга түшүп, дагы бир бийиктикке көтөргөн. Неси болсо

да ошол жарыштарда «Жылкычы» жылдыздай жарк этип, ырга ышкыбоздордун көңүлүнө уюп калган.

## Түшүмдө

Акын Абдырашит Бердибаев 1916-жылы Чүйдө Малтабар кыштагында туулган. Алты айлык кезинде кандайдыр оорудан эки көзү көрбөй азиз болуп калган. Ата-энесинен да жаш кезинен ажырап жетимдиктин азабын көп тарткан.

Абдырашит балалык курагында эле комуз чертип, домбрада ойноп, ыр созуп, өнөрпоздук кесибин өздөштүрө баштайт. Муну байкаган төкмө акын Осмонкул Кыргызстан Мамлекеттик филармониясына ээрчитип келип, артисттикке кабыл алдырат, бул мекемеде 1933-1953-жылдарда иштеген. Филармониянын босогосун аттаганы ырчылык, аткаруучулук, төкмөчүлүк өнөрү өргө чабат. Ал жерде залкар шайырлар менен камыр-жумур болуп, катышы арбып, эл аралап, жер кыдырып, угуучуларын табат. Обон чыгарып ырдоодо Атай, Мусанын таалимин алат.

Абдырашиттин обондуу ырларынын бири «Түшүмдө» угармандар жамаатында сүймөнчүлүккө алынып, эл ичине кеңири тараган. Түндө жатып көргөн түшүн жагымдуу ыры менен жамы журтка жарыя салып жатат:

Суюлуп жылдыз бириндеп,
Суу ылдый шамал дирилдеп.
Айылдын алды терең сай,
Ташыган өзөн күрүлдөп.
Өзөндү бойлоп келатсам,
Алдымдан чыктың күлүңдөп.

Сыдырым соккон жел менен,
Саамай чачың сеңселет.
Жанымда турсаң буралып,
Жалындайт жүрөк энтелеп.
Жароокерсиң түгөнгүр,
Жаш баладай эркелеп.

Эзилип сүйгөн жалжалым,
Эсимде дедиң ар дайым.
– Эсен бол агай, жаным, – деп,
Ийилип колдон кармадың.

— Белегим сага — ушул, — деп,
Белестин гүлүн арнадың.

Аңгыча чочуп ойгонсом,
Өңүм бир эмес, түш экен.
Капилеттен көргөн түш,
Каалаган селким өзү экен.
«Унутпай эстеп жүргүн — деп,
Урматтап айткан сөзү экен…

## Акбермет

Ырчылар, обончулар, аспапчылар — чыгармачыл адистер советтик түзүлүштүн жылдарында ар кандай маанилүү окуяларды, кырдаалдарды сезимталдык менен тез кабыл алып, жаңы турмушка умтулуудагы эмгек каармандарынын образын түзүүдө алардын кесибине болгон ынтызарлык мамиле фольклордук үлгүдө көркөм чагылдырылган учурлар аз эмес.

Жогоруда «Акберметтин арманынан» айырмалуу, азыркы мезгилдин пахтакер «Акбермети» ушундай ыкмада жаралган. Ыр Мыскалдын аткаруусунда «мен кыргыз» аттуу жарандардын жүрөгүнөн конуш тапкан.

Алайдын төркү жагынан,
Ашыгып канча каттадым.
Албырып жүрөк токтобой,
Акбермет сени мактадым.

Көрсөм деп тартат көңүлүм,
Пахтаны терип жатканын.
Көрүнүп койчу өзүмө,
Пахтадай сулуу аппагым.

Акылым менен байкасам,
Кимдерге сени теңесем?
Таң нурунда ачылган,
Гүлдөргө сени теңесем.

Эки колу тең иштеп,
Автамат экен Акбермет
Күнүгө алты нормону,
Аткарат экен Акбермет.

Алтынды терип бүтүрүп,
Шаттанат экен Акбермет.
Иштеген иши тууралуу,
Мактанат экен Акбермет.

**Радионун музыкалык «Алтын казынасына» жазылган «Обондуу күүлөр»:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Селкинчек | 5440 | 2’10 | Нурак Абдракманов |
| 2 | Селкинчек | 3907 | 3’00 | Абдыкерим Мокоев |
| 3 | Бурулчанын селкинчек | 8057 | 2’05 | Мекиш Баатаев |
| 4 | Секетбай | 3452 | 1’40 | Курманалы Калботоев |
| 5 | Секетбай | 3806 | 2’05 | Ыйманкул Мырзаев (кыякчы) |
| 6 | Паризат | 3282 | 1’15 | Жали Алиев |
| 7 | Паризат | 3460 | 1’52 | Курманалы Калботоев |
| 8 | Паризат | 5735 | 1’25 | Кудаяр Матаев |
| 9 | Паризат | 6733 | 3’15 | Барамша Абдракманов (кыякчы) |
| 10 | Паризат | 3808 | 1’38 | Н. Асанов |
| 11 | Комуздун Паризаты | 3446 | 1’36 | Болуш Мадазимов |
| 12 | Комуздун Паризаты | М. 544 | 2’00 | Тамара ханум |
| 13 | Комуздун Паризаты | 3393 | 2’09 | Жакшыбай Жээнтаев |
| 14 | Арзыкан | 7060 | 2’02 | Асан Сейдалиев |
| 15 | Арзыкан | 9331 | 2’12 | Жолболду Алыбаев |
| 16 | Акзыйнат | 8121 | 1’24 | Эркесары Бекбасаров |
| 17 | Акзыйнат | 256 | 3’02 | Асек Жумабаев |
| 18 | Акзыйнат | 7062 | 1’17 | Асан Сейдалиев |
| 19 | Акзыйнат | 9864 | 3’03 | Казакбай Абдышев |
| 20 | Алымкан | 703 | 3’38 | Чалагыз Иманкулов |
| 21 | Алымкан | 6563 | 2’45 | Бүбүталип Тилегенова (т. ооз комуз) |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 22 | Алымкан | 9865 | 4’05 | Казакбай Абдышев |
| 23 | Ой, булбул | 500 | 2’00 | Мейилкан Козубекова |
| 24 | Ой, булбул | 9114 | 3’12 | Ыбырай Туманов |
| 25 | Ой, булбул | 8198 | 2’56 | Жумалы Сейдалиев |
| 26 | Ой, булбул | 9316 | 3’05 | Жолболду Алыбаев |
| 27 | Үкөй | 9869 | 3’18 | Казакбай Абдышев |
| 28 | Үкөй | 576 | 3’45 | Асек Жумабаев |
| 29 | Үкөй | 5469 | 1’43 | Сүйдүм Төлөкова (т. ооз комузда) |
| 30 | Боогачынын обону | 3088 | 2’14 | Асанаалы Кыштообаев |
| 31 | Боогачынын обону | 2922 | 1’28 | Бектур Осмонов |
| 32 | Боогачынын секетбай | 2923 | 2’11 | Бектур Осмонов |
| 33 | Күйдүм чок | 8105 | 1’56 | Эркесары Бекбасаров |
| 34 | Күйдүм чок | 8152 | 2’46 | Жумалы Сейдалиев |
| 35 | Күйдүм чок | 9317 | 3’18 | Жолболду Алыбаев |
| 36 | Кызыл атчандар | 7093 | 1’20 | Усупова Нуруйла |
| 37 | Бадачынын обону | 1634 | 2’02 | Бектур Осмонов |
| 38 | Келиндердин обону | 3021 | 1’40 | Жылчый Курманкожоева |
| 39 | Ысакандын обону | 1683 | 2’05 | Жамин Акималиев |
| 40 | Карындаш | 377 | 3’10 | Мыскал өмүрканова |
| 41 | Обон шыӊгырама | 8000 | 1’15 | Самсалы Аликеев |
| 42 | Түгөлбайдын обону | | 2’49 | Фархидин Баяков |
| 43 | Ырчы күү | 7988 | 2’00 | Самсалы Аликеев |
| 44 | Ырчы күү | 5899 | 1’27 | Абдракман Барпиев |
| 45 | Ырчы күү | 3366 | 1’37 | Эркесары Бекбасаров |
| 46 | Эсимде | 9566 | 3’30 | Кулмат Асанбаев (кыякта) |
| 47 | Калмырзанын обону | 7978 | 1’09 | Самсалы Аликеев |
| 48 | Кызыл жоолукчан | 9866 | 1’53 | Казакбай Абдышев |
| 49 | Сарой | 9867 | 2’20 | Казакбай Абдышев |
| 50 | Жалжалым | 7096 | 1’25 | Нуруйла Усупова (т. ооз комузда) |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 51 | Жалжалым | 9767 | 2’49 | Жамин Акималиев |
| 52 | Комузум | 336 | 2’00 | Асек Жумабаев |
| 53 | Күңөтай | 5471 | 1’20 | Усупова Нуруйла (т. ооз комузда) |
| 54 | Күңөтай | 463 | 2’04 | Зина Шайбекова (т. ооз комузда) |
| 55 | Күңөтай | 2468 | 2’05 | Абдылас Малдыбаев |
| 56 | Күңөтай | 10033 | 3’48 | Зыйнат Жакобаева |
| 57 | Бекбекей | 9632 | 4’18 | Асанаалы Кыштообаев |
| 58 | Какей | 3884 | 1’27 | Экия Мукамбетов |
| 59 | Какей | 7199 | 1’35 | Сүйдүм Төлөкова (т. ооз комузда) |
| 60 | Курама обон | 7401 | 3’18 | Шакен Жоробекова (т. ооз комузда) |
| 61 | Айнагүл | 9320 | 3’30 | Жолболду Алыбаев |
| 62 | Гүл | 7203 | 2’50 | Сүйдүм Төлөкова |
| 63 | Гүл | 8133 | 1’44 | Эркесары Бекбасаров |
| 64 | Ой, дай | 6008 | 1’54 | Сүйдүм Төлөкова (т. ооз комузда) |
| 65 | Ой-дай | 3872 | 0’46 | Абдыкадыр Жаналиев |
| 66 | Ой-тобо | 9873 | 1’44 | Казакбай Абдышев |
| 67 | Жибек чач | 9874 | 3’35 | Казакбай Абдышев |

# «НАКЫЛ ДҮЙНӨ» КАЙРЫКТАРЫ

Эркиндиктин шартында өткөндөгү өнүгүү жолуна, элибиздин тарыхына, маданиятына, каада-салт, үрп-адатына, рухий дүйнөсүнө сересеп салып, аларга жаңыча мамиле жасоого көбүрөөк көңүл бурулуп жатыр. Унутта калып бараткан өз мезгилинин өнөр алптары: Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Ниязаалы, Эсенаман, Жеңижок, Алдаш, Токтогул, Эшманбет, Коргоол, Барпы, Калык, Алымкул, Осмонкул... сыяктуу акындарыбыздын «Накыл дүйнө», санат-насыяттарын эске алуу менен мезгил мерчеминен туруп ой чаптырсак, бабалардан калган адеп, ахлак, ыйман, таалим, тарбия, ар намыс... улам кийинки муун үчүн улуттун рух күзгүсү катары кызмат өтөйт. Не байыркысы, не азыркысы болобу, андай таалим, нускоо өзөктө бүр байласа, өлбөстүккө өбөлгө.

Кыргыздар муза жандуу, ыр жандуу, күү жандуу, сөз маанисин баалай билген сыр билги, жөн билги касиеттери менен башка элдерден айырмаланган, буга карт тарых күбө. Поэзия, музыка, эпос жанрына айланчыктап, улама, аңыздарды утурлап, жомоктор жаатында жобурап, жорго сөздөрдү кулакка куюп, мукам обон созуп, ал үчүн атайын аспаптык күүлөрдү жаратып, угармандын «ууз-дүйнөсүн» уютуп келишкен. Кыргыздар талант даарыган эл.

Мына, ошол таалим-тарбия маселесинин оор жүгүн аркалоодо элдик макал-лакаптар, акылман ой-туюмдар менен катар аспаптык күүлөрдүн аткарган милдети зор болгон. «Накыл дүйнө» казынасын толуктап келген макал-лакаптар, санат-насыяттар, термелер, казалдар, санжыралар, алым сабактар заман ыргактарына жуурулуша «дүйнө» философия эрежелери үчүн «ибаратталып», кай бирде «такмазага» кабылып, бирок «ак батага» чулганып, «ар-намыска» шыкалып келе берген. «Дүйнө чиркин, ушундай колуңдан качкан кушундай» демекчи, кай бирде «каргыш» менен «кара өзгөйлүк» көрүнөө чыгып, «акыйкатты» самап, бир эмес «миң кыял» толкунуна термелип, «шаманизм», «исламизм»

сүрөөлөрүндө «жарамазан» намазын жая сала «накыл дүйнө» кайрыктарына кайрылган.

Көрсө, «Насыйкат», «Ибарат», «Такмаза», «Санат», «Акыйкат», «Салабат», «Наама», «Жайкама», «Кара өзгөй», «Дүйнө» сыяктуу аспаптык күү циклдары эриккендеги эрмек эмес, жакшылыкка жаңсоо, жамандыктан арачалоо менен урпактарга улут рухун тартуулап, улут идеологиясына эшигин ачып берген. Коогалаң замандырдын конушу азайып, катаал турмуштун капшабы артка серпилип, кадырман карыларыбыздын насаатында, кара жаак акындарыбыздын айтымында, аспапчыларыбыздын кайрыктарында чечиле келген нарк насилдердин учугу улана берген.

## Насыйкат

Элге кеңири тараган эзелки күүлөрдүн бири «Насыйкат». Анын өзөгүндө көп вариант тарамдап, «Күү казынасын» толуктап келет. Алардын ичинде Карамолдонун «Насыйкаты» көркөмдүк жагынан да, композициялык жагынан да өзгөчөлөнүп, элдик «Насыйкатка» экинчи өмүр тартуулап, артынан башкаларды ээрчитип келет. Кыл тырмагандардан «Насыйкатка» назар артпаган комузчулар болбосо керек. Бүгүнкү күндө радионун «Алтын казынасына» күү тапшыргандардын дээрлик көпчүлүгү Карамолдонун кайрыктарына карамыктаса, канчалар эзелки элдик варианттарды электен өткөрүүдө.

«Насыйкат» деген сөздүн маанисин – «нускоо», «насыят», «насаат» деген түшүнүктөрдү берет. Мисалы, «атанын насааты», «акындардын насыяты», «акылмандардын нускоосу». Байыркы аалымдардын нускоосу илим-наамаларынан «Кабус наама» жөнүндө сөз түрк элинин көрүнүктүү өкүлү, сопулар пашаасы (атасы) Кул Кожо Ахмед (1160-жылы өлгөн) көркөм мурастарынын жыйнагын «хикмет» деп атаган. Бул атоону парс тилине которсок «экмет», кыргызчалатсак – «насыят» деген түшүнүк келип чыгат.

Орто Азиянын Гургани өрөөнүндө Шамсулмаали Абулхасан Вашмагир Кабус бийлик жүргүзгөн. Ал XI кылымдагы чыгаан аалым, акын, философ, бирде бийлик башында, бирде бийликтен алыстап, ичитар көрөалбастардын куугунтугунда өмүр сүргөн. Көп жылдар бала көрбөй, картайганда уулдуу болгон. Баласынын аты Гүланшаа. Баланы көңүлдөгүдөй тарбыялоого өмүрү жетпестигине

көзү жеткен акылман насаат ирээтинде тарбыялык маанидеги эмгек жазып, аны «Кабус-наама» атайт («Кабус наама» жазылгандан бери он кылым өтсө да баалуулугун сактап келет).

«Кабус наамадан» бир шиңгил: «Эй, уулум, элдин сөзүн угуп туруп, кабыл ал. Өзгөчө байыркы өткөн падышалар жана акылман ойчулдардын сөзүн жата калып уккун, эсиңе туткун. Сен ал сөздөрдү насаат деп туюнуп, ыгы келгенде пайдалана бил. Эй, уулум, мен тарых китептеринен окуган арап императору Мамун Халипа Нуширвандан тарбыя алууну эңсеп, анын мүрзөсүн ачтыргам. Анын сөөгү сөпөт болуп, денеси топуракка айланган. Бирок топурак-дене тактын үстүндө жаткандай сыяктуу. Тактын үстүндө парс тилинде жазылган кат бар экен. Каттын түркчө котормосу:

«Эй замана падышалары, билип койгула! Сенден мурда мен падыша элем. Теңирдин бардык пенделери менин адилдигимден пайдаланды. Ким босогомо келсе кайрымдуулук кылдым. Мен өлгөндөн кийин да дүйнө элдерине пайдам тийсе деп, тирүүмдө күнү-түнү ойлондум. Акыры ушул дубалга бир канча насаат жаздырып коюудан башка аргам калбады. Менден кийинки падышалар ушул насааттарды көрүп, өздөрүнө кабыл алышса, пайдалана алышса, алар мага ыраазы болуп рахматын айтаар. Тирүү кезимде босогомо келгендер каухар, алтын, мал-мүлктөн куру кол кайтчу эмес. Эми бүгүн да зияратыма келгендер насаатымдын каухарынан сыртта калбасын».

Ал эми комуз күүсүндөгү «Насыйкатка» кайрылсак, анда угармандарды (жаш-кары, чоң-кичине дебей) акыл-эстүүлүккө, акыйкатка, ыйман, адеп, аклакка үндөө чакырыгы жатарын эскерте кетмекбиз. Көп жылдар комуз күүлөрүн иликтеп, жыйнап жүргөн Буудайбек Сабыр уулу Карамолдого суроо узаткан:

– «Насыйкат» деп эмнени айтат, ата?

– «Насыйкат» деген «жаман болбой жакшы бол» деген эле сөз, балам, – деди Молдокем комузун тизесине коюп, күлө багып.[102]

Аспап кылдарында сүйлөгөн «Насыйкат» кайрыктарынын маңызы аалымдардын, акындардын, айткычтардын оюна ширелип, андан барып угармандардын дилине сиңген. Турмуштун оң-терс жактарын таразалап, тактап, андан туура жыйынтык чыгарууга олуялык кеңеш жолдоп, ошону калайык калкка насыяттап келген.

102 Буудайбек Сабыр уулу. Унутулгус кездешүүлөр. – Ф., 1977. 11-бет.

## Макал-лакаптардагы насаат нускоолордон:

Адашкандын айыбы жок, кайтып үйүрүн тапкан соң.
Акылдуунун белгиси — азыраак сүйлөп көп тыңшайт.
Бай билгенди кул билет, айтайын десе эрки жок.
Бутунан мүдүрүлгөн турат, сөзүнөн мүдүрүлгөн турбайт.
Душмандын биринчи кадамы — жылмалап айткан саламы.
Жакшыдан башчы болсо, эл түзөлөт, жамандан башчы болсо эл мүңкүрөйт.
Казанчынын өз эрки, кайдан кулак чыгарса.
Ооруну жашырсаң, өлүм ашкерелейт.
Туура бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок.
Чала молдо дин бузат.
Элге эл кошулса — дөөлөт, элден эл бөлүнсө — мээнет.

## Таалим-нускалар поэзия жанрында:

Тууганына батпаган,
Душманына жалынат.
Жакынына жакпаган,
Жат кишиге жамынат.

Аргымакты «жаман» деп,
Бууданды кайдан табасың?
Агайинди «жаман» деп,
Тууганды кайдан табасың?

Канды кудай урарда,
Калкы менен кас болот.
Байды кудай урарда,
Дөөлөтүнө мас болот.

Кара санап бирди алсаң,
Кочушуңдан миң кетер.
Баарың болсоң бир ооздуу
Душманың кантип былк этер?

Жамандардын адаты —
Жалган сөздү чын кылат.

Жаман адам белгиси —
Өз камы үчүн жүгүрөт.

Жакшы адамдын белгиси —
Эл камы үчүн күйүнөт.

Эгиндин көркү — жер менен,
Эр жигит көркү — эл менен.

Жардылык, байлык кимде жок,
Жакыныңды демитпе.
Жамандашып чырдашып,
Бириңди-бириң кемитпе.

**Бабалардан келаткан накыл-нускоолор:**

Бирөөнүн көңүлүн калтырып какпа,
Мансапкорго жалынып, жүрөгүңдү садага чаппа!

Калпычы чындыкты айтса да,
Уккандар «баягы эле калпы» дешет.

Соргок канча берсең жей берет,
Топук кылбай «дагы берчи» дей берет.

Дүйнө топтоп дөөлөттүү болгончо,
Акыл топтоп сөөлөттүү бол.

Кесирдүү адам менен кептешпе,
Кепке түшүнбөсө сүйлөшпө.

Кесирдин түбү — зар,
Кемчилдин түбү — бар.

**Улукман аке (Авицена) нускоолорунан (980-1037):**

Эй, атанын уулу, авал атаң — кудайың экенин тааны.
Насыйкаттан эмне уксаң, ободу ошого карап иш кыл.
Сөздү өлчөмү менен сүйлө.
Калкыңдын кадырын бил.
Бирөөнүн акысын жебе.
Сырыңды сактап тут.
Жоро-жолдошуңду пайда-зыян тартканда сына.
Досуңду кыйын күндө сына.
Акмак менен наадандан алыс кач.
Зирек жана билимдүү дос күт.

Изги ишке чындап кириш, туруктуу бол.
Аялга ишенбегин, эки тешигин кишендегин.
Кеңешсең, түз жүргөн билимдүү кишилерге кеңеш.
Сөзүңдү далилдүү айт.
Жаштыкты олжолой бил.
Жаштыгың барда эки ааламдын ишин бүтүр.
Дос-жаранды урматтап күт.
Досуңа да касыңа да кабак-кашыңы ачык тут.
Ата менен энени каныmет кылып күтө бил.
Устатыңды атаңдан артык сана.
Капчыгына карап иш кыл.
Ар иште токтоо бол.
Жоомарттыкты өнөр кыл.
Мейманга каалашынча кызмат кыл.
Кишинин үйүнө киргенде көзүң менен тилиңди тый.
Кийимиңди, боюңду таза тут.
Калкың менен катар жүр.
Балаңа илим менен адеп үйрөт.
Ыгы келсе ат чаап, ок атканды үйрөт,
Оң буттан кийип, сол аяктап чеч.
Ар кимге өзүнө жараша мамиле кыл.
Түндө сүйлөсөң акырын жана жумшак сүйлө,
Күндүз сүйлөсөң жан-жагыңа карап сүйлө.
Аз жеп, аз уктап, азыраак сүйлөгөндү адат кыл.

**Жусуп Баласагындын (1018) насааттарынан:**

Ордодо кызматкердин үч түрү бар:
Иштин көзүн ордодо табат, алар.

Бири алардын – өзүңдөн жогоркулар,
Кызмат кылган аларга – бакыт таабар.

Экинчи өзүңө теңдүү жандар,
Бөтөнгө – жат, жакынга тууган алар.

Үчүнчүсү өзүңдөн кичүү келет,
Акыл айтып, актыкка жолдоо керек.

Душманың бирөө болсо – залалы миң,
Досторуң миң болсо да аздай көргүн.

Жакындыктын болот дейт эки түрү,
Дал ошондой достук да эки түрдүү.

Эгер сен теңир кошкон достон болсоң,
Дос түйшүгүн тең көтөр козголбостон.

Көрүп калсаң нааданды өткүн четтеп,
Жаман атты өзүңдү кылат эптеп.

**Саади дербиштин (1203-жыл) «Нааме» нускоосунан:**

Ак сарайда, ак мамыкта керилбей,
Азган элдин алын сурап, тейин көр.

Калыс болуп, кайрымдуулук жөнүн бил,
Каргышына калбас үчүн элиңдин.

Сөздө барбы акыл кени мурунтан,
Эсте барбы элин эзген зулум хан?

Катаал зулум хан башкарган өлкөдө,
Калк ыдырап, канга батат белчеден.

Чындык болбой — бийлик болсо тутканы,
Шах өлкөнүн сакчысы эмес — душманы!

Жар кылбаган жакшылыктын насаатын,
Келечектен албай койбойт жазаасын.

Калыс болгун, кайрымдуу бол калкыңа,
Каргыш эмес, алкыш калсын артыңа...

**Кул Кожо Акматтын (1160) насыяттарынан:**

«Бисмилла» деп, баян башы хикмет айтып,
Таалиптерге дүр-дүйнө, көөхар чачтым мына!

Айтарым бул: дидар тилеп Аныкты ойло,
Жанды жанга табыштыраар жарыкты ойло.
Көңүлү быт-чыт жетим-бакыр-карыпты ойло.

Карып, бакыр, жетим жайын Расул билген,
Ошол түнү мээраж — Дулдул чыгып келген.

Үммөт болсоң карып жайын туя билгин,
Аят, адис, ар ким айтат уга билгин.
Тагдыр Алла не сыр кылса туна билгин.

**Кыргыздын акын-ырчыларынын насааттарынан:**

Эл турмушу менен жуурулуша оозэки жана аспаптык туюмдарга эриш-аркак акын ырчылардын насаат (насыят) айтымдары адабий-музыкалык маданиятыбыздын өзөгүн түзөт.

Алгыр болсо тайганың,
Алтындан боо, каргы так.
Алгыр боло албаса,
Айлансын аштан! Башка чап.

*(Арстанбек)*

Жоргонун белин жоорутпа,
Жамандык иште колдоорун,
Жолдоштун көөнүн оорутпа.
Аргымак белин жоорутпа,
Аманат назик жан деген,
Адамдын көөнүн оорутпа.

*(Жеңижок)*

Ак бараң мылтык кундагын,
Ата албасаң сунбагын.
Эрмин десең душмандан,
Эки көзүң жумбагын.
Жолдош болбо куу менен,
Жолдош болсоң куу менен,
Өмүрүң өтөт чуу менен.

*(Токтогул)*

Менин атым Куйручук,
Насаатымды айтамын,
Жалпы журтка угузуп:
Батасы жок бай манап,
Башы менен бүт бузук.
Арамдыгы башкача,
Албагыла жугузуп!
Көчү менен бир жүрөт
Көрүнбөгөн зулумдук...

*(Куйручук)*

Элбиз десең, дилиңди тут,
Эсирип кетпей диниңди тут.

Энекең кадырлаган,
Эң оболу тилиңди тут!
Көңүлгө кут тараткан,
Көз ачар илимди тут!
Урууга бөлүнүшпөй,
Урматтап пириңди тут!
Ойгонор мезгил келди,
Ойлонор кезиң келди.
Таалайга талпыналы,
Тазартып элди, жерди.
*(Шайыбек Бакас уулу)*

## «Күү насыйкаттары» аспапчылар аткаруусунда

Эл арасында, концерттерде, эфирде «Насыйкат күүсү» чертилет. Өбөктөгөн кары, өмгөктөгөн наристеге чейин күүгө тартылса Кудайдын бергени. Күүнүн калайык калкка жакканы – улуттук дөөлөттүн көкөлөп, урмат-сыйга татып жатканы. 1938-жылы музыковед В. Виноградов Кыргызстанга келип, кыргыздын ырчы-күүчүлөрүнүн аткаруусунда бир канча чыгармаларды жазып алган. Айтылуу ырчы-комузчу Атайдан Токтогулдун «Карылык» күүлөрүн нотага түшүргөн. Буга чейин музыковед А. В. Затаевич Токтогулдун өзүнүн аткаруусунда «Карылардын накыл күүсүн» 1928-жылы нотага түшүргөн[103].

«Коргоол ырчы комузчулар Ыбырай, Эркесары, жаш акын Алтымыш Мундузбаев болуп Алымкул Үсөнбаевдин үйүндө бир-эки күн мейман болушту. Бул өнөрпоздор Токтогулдун кызынын өлгөнүн угуп, топурак салганы келишиптир...

– Токтогулга шакирт болуп көп эле жүргөн экенсиз. Токомдун эсиңизде калган ыр-күүлөрүнөн бирди аткарып бербейсизби? – деп калдым. Коргоол комузун алып күүлөп, кол ойното «Токтогулдун насыятын» черте келип ырдады:

Жинди менен жол кошпо,
Суу куйбагын толбоско.
Акмак болуп каласың,
Атаандашпа болбоско.
Акыл айтып чарчаба,
Айткан кебиң конбоско.

103 В. Виноградов. Музыкальное наследние Токтогула. – М., 1961. 77-бет.

Тамаша айтпа билбеске,
Тамаша айтсаң билбеске,
Тар жер болсо сындырат.
Жаман адам курусун,
Жалган кепти чын кылат.
Көптү көргөн акылман,
Көңүлүңдү тындырат...»[104]

«Карамолдонун «Насыйкаты» – күүлөрдүн алпы. Анын өзөгү элдик «Насыйкаттан» алынган. Акыл-насаат жана нускоо түрүндөгү күүсүн автор өмүрүнүн гүлдөп турган убагында чыгарган. Чыгарманын сандаган кайрыктарынын бири адамга акыл-насаат айтса, экинчиси келечектеги турмушка ой жүгүртөт. Үчүнчүсүндө жаңы заманга кабар алган элдердин сезимдеринин ойгонушуна кулак кагыш кылат»[105].

«Ыбырай элдик «Насыйкаттын» өзөгүндө өзүнүн «Насыйкатын» чыгарган. Автор бул күүсүн бир үндө эмес, эки жана үч үндө черткен. Ал так, жандуу ыкмада аткарылат»[106].

«Мен «Насыйкатты» өз ыкмамда чертип келем. Айлам курганда ага мындайча текст да жараткам: «Өлөр алдында бир кембагал комузчу комузуна насаат-керээзин калтырган экен. «Мен өлсөм да сен жашоого тийишсиң. Менин насаатымды кийинки муундарга жеткирүүчү сенсиң, комузум» деген. Ошондогу насаат комузда «Насыйкат» аталып чертилип келатат.

«Муңканчы, комуз, эл үчүн,
Мына бу колум сен үчүн.
Ичиме кетчү армандычы,
Айтып кой кыргыз калкыма,
Ал, милдет болсун мен үчүн.
Мен жатам бир күн тынч алып,
Сен жаша элге үн салып.
Тилимди бууду замана,
Дилимди жууду замана.
Оюмду ачык айттырбай,
Обдулсам дагы канчалык!..

*(Асанбек Кыдырназаров)*

104 Буудайбек Сабыр уулу. Эл шайырлары. – Ф., 1980. 34-35-беттер.
105 Б. Алагушев, Т. Медетов. Карамолдонун күүлөрү. – Ф., 1978. 187-бет.
106 В. В. Феферман. Ыбырай Туманов. Күүлөр. – Ф., 1990. 137-бет.

«Радиодон «Насыйкат» аткарылып жатты... Аны угуп, адамдын учкул оюна, түпсүз санаасына нелер кетип, нелер келбейт. Ал ырды коштой элибиздин нечен кылым баскан жолу көз алдыңа чубурат. Бирде колуна найза алып жулунган душмандын элеси келсе, аларга каршы жүрөгүн найзага тоскон жигиттер көз алдыга тартылат. Бешикти тепсеп кеткен душмандын ат туягы, сүйгөнүнүн жаралуу жүрөгүн кучактап боздоп ыйлаган сулууну, абышкасынан, уулунан айрылып, жашоодон үмүт үзгөн энени элестетем. Насыйкат берип жаткан миң сезимдин бири ушул.

Радиодон «Насыйкат» жаңырып жатты...

Дагы эле болсо Түгөлбайдын керемет үнү угулат... Бул обон-күүнүн эмне касиети бар? Көрсө, анын күчү элибиздин баскан жолун чагылдырууда турбайбы...

Мен Түгөлбайдан сурадым.

– «Насыйкатты» ырга салышыңызга эмне себеп болду?

– Мен комузда да бир катар күүлөрдү чертем. Күндөрдүн биринде күүлөрдүн тарыхын жакшы билген аксакалдан «Насыйкат» күүсү жөнүндө сурап калдым:

– «Насыйкат» – улуулардын кичүүлөргө калтырган акыл-насааты.

«Насыйкат» түн уйкумду түйшөлтүп тынчтык бербеди. Күндөрдүн биринде Акбар Рыскуловго барып, ушул күүгө текст жазып берүүсүн өтүндүм. Акбар, албетте, күү текстин дароо чийе салмак эмес. Канча мезгил түйшөлдү, изденди, акыры текст даяр болду...

Айкашканы азанатып,
Ат жалына казан асып
Келген элдин тилеги бул,
Улуу тарыхтын
Чоктон ысык илеби – бул...

Насыйкат» Түгөлбайдын оозунан жаңыра электе анча деле маани берчү эмесмин. «Насыйкат» ырда жаңыргандан баштап, күү жанымды жай алдырбай, бассам-турсам ойго батам. Ошентип, кай бирибиз баа бере албай жүргөн маселени ордуна коюуда Түгөлбайдын эмгеги опол тоодой». (Баратбай Аракеев)

«Насыйкат» – жаш-карыга тегиз сабак: балалыкка – учууга канат, карыларга өткөндү эске салмак. Эң башкысы, Ата журтту сүйүүгө, ар-намыска бекем туруучу ар жаран ажалга тик карамак.

**Радионун музыкалык «Алтын казынасындагы» «Накыл дүйнө» кайрыктары:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Насыйкат» | 9073 | 4'22 | Ыбырай Туманов |
| 2 | «Насыйкат» | 3687 | 4'45 | Асылбек Эшманбетов |
| 3 | «Насыйкат» | 8031 | 2'31 | Барпы Сапеков |
| 4 | «Насыйкат» | 8959 | 5'04 | Усуп Орозов |
| 5 | «Насыйкат» | 5491 | 2'30 | Чалагыз Исабаев |
| 6 | «Насыйкат» | 1799 | 2'48 | Усубалы Казаков |
| 7 | «Насыйкат» | 3461 | 2'13 | Курманалы Калботоев |
| 8 | «Насыйкат» | 4391 | 3'31 | Турсунбай Карымшаков |
| 9 | «Насыйкат» | 3465 | 6'00 | Жаналы Корочиев |
| 10 | «Насыйкат» | 3007 | 2'30 | Жылчый Курманкожоева |
| 11 | «Насыйкат» | 3866 | 4'20 | Абдракман Кыдырбаев |
| 12 | «Насыйкат» | 4374 | 4'15 | Асанбек Кыдырназаров |
| 13 | «Насыйкат» | 2234 | 3'06 | Үмөр Мамытов |
| 14 | «Насыйкат» | 3908 | 3'50 | Абдыкерим Мокоев |
| 15 | «Насыйкат» | 4002 | 2'30 | Муса Молдоканов |
| 16 | «Насыйкат» | М.630 | 3'17 | Самара Токтакунова |
| 17 | «Насыйкат» | 8078 | 2'30 | Мурсалы Турсунбаев |
| 18 | «Насыйкат» | 3590 | 5'14 | Жөлөгөн Чымырбаев |
| 19 | «Насыйкат» | 2988 | 4'05 | Шекербек Шеркулов |
| 20 | «Насыйкат» | 3005 | 3'44 | Жумаш Сыдыкбекова |
| 21 | «Насыйкат» | 5474 | 1'30 | Нуруйла Усупова |
| 22 | «Насыйкат» | 6573 | 1'55 | Зина Шайбекова |
| 23 | «Насыйкат» | 4307 | 4'19 | Түгөлбай Казаков |
| 24 | «Насыйкат» | 9380 | 3'01 | Асан Сейдалиев |
| 25 | «Насыйкат» | 8942 | 6'58 | Акимкан Сыдыков |
| 26 | «Насыйкат» | 7733 | 2'43 | Өзбек Рысбеков |
| 27 | «Насыйкат» | М.783 | 3'47 | Турар Жолдошев |
| 28 | «Насыйкат» | 1681 | 3'20 | Санарбек Карымшаков |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 29 | «Насыйкат» | 1641 | 4'18 | Акматаалы Моңолдоров |
| 30 | «Насыйкат» | 3005 | 3'44 | Сулайман Мээрканов |
| 31 | «Насыйкат» | 6538 | 2'15 | Сексенбай Айманбетов |
| 32 | «Насыйкат» | 9710 | 2'53 | Жүрсүн Белеков |
| 33 | «Насыйкат» | 8066 | 3'38 | Мекиш Баатаев |
| 34 | «Насыйкат» | 704 | 6'05 | Чалагыз Ыйманкулов |
| 35 | «Насыйкат» | 1734 | 3'00 | Карамолдо Орозов |
| 36 | «Талас Насыйкаты» | 8134 | 3'12 | Эркесары Бекбасаров |
| 37 | «Таза болсоң – суудай бол» | 9726 | 4'05 | Асанаалы Кыштообаев |
| 38 | «Алай насыйкаты» | 9862 | 5'00 | Кулбай Түмөнбаев |
| 39 | «Наама күү» | 9133 | 2'53 | Датка Шаакеев |
| 40 | «Асанаалынын насыйкаты» | – | – | Төлөгөн Асанкожоев |
| 41 | «Эне-Сай насыйкаты» | – | – | Мурсалы Турсунбаев |
| 42 | «Насыйкат» | – | – | Нуруйла Усупова, Жумаш Сыдыкбекова |
| 43 | «Насыйкат» | – | – | Сүйдүм Төлөкова |

## Ибарат

Акын Алдаш Молдо (1876-жылы туулган) 1916-жылкы «Үркүн» окуясына байланыштуу:

Илгеркинин лакабы,
Кыргызда бар макалы:
«Бүлүнгөндөн бүчү алба,
Тоогун жесең каз байла».
Бектигиңе чиренбе!
Дөөлөтүңө ишенбе!

деген өтүнүчүн насыйкаттай келип:

Мен айтканым – Ибарат.
Сен кылбагын кыянат!
Тартасың анын кысасын,
Акыр түбү – кыямат!

Таризинде ой-туюмдарын ибараттай кеткени эл оозунда айтылып келет.

Өнөрү өр талашкан, акындык комузчулугу андан ашкан Айтыке ырчы (1887-жылы туулган) Жумгалда туулуп, өмүрүнүн көпчүлүгүн Көл, Нарын, Чүй боорунда өткөргөн. Таластык Чоңду ырчы менен кездешип, «сарбагыш-бугу» чабышына байланыштуу:

Кезегинде мындай бар:
Майга салган ундай бар.
Жаман жакшы ичинде,
Айтылбаган сырдай бар.
Дагы мына мындай бар:
Көлдө сүзгөн куудай бар.
Бир айылда сөз билген,
Жоого тиккен туудай бар.
Ошолорду неге алат?
Ошенте берсе ким калат?!
О Кудай ай! Кудай ай!
Эл үчүн булар – Ибарат, –

деген ыр сабагын жолдой кеткен. «Ибарат» аспаптык күүлөр музыка маданиятыбызда башкы орунду ээлей тургандыгы белгилүү.

«Ибарат» – Карамолдо күүлөрүнүн туу чокусу. Улуу комузчунун чыгармачылык жүзү, табигый шыгынын күчү ушул чыгармасы

аркылуу көрүнгөн. Анткени, элибиздин асыл сезими, мүдөөсү, тилеги, кыялы, шаттыгы «Ибарат» күүсүндө ийине жеткирилген. 1963-жылы «Ибарат» эл аспаптар оркестирине салынды да музыкалык коомчулук тарабынан өтө жогору бааланды. Таланттуу дирижер А. Жумакматов «Ибаратты» кудум Карамолдо чертип жаткандай жагымдуу кызыктуу кылып көчүргөн»[107]. Элибизге белгилүү чебер комузчулардын бири Самсалы Аликеев (1877-жылы туулган) «Ибаратты» Кудайберген деген карыя комузчудан 9 жашында үйрөнгөндүгүн эске салсак, бул күү Карамолдо, Кудайбергенге чейин эле чертиле келген эзелки күүлөрдөн экендиги талашсыз.

«Ибарат» комуз аспабында эле эмес, кыл кыякта да тартыла келген күүлөрдөн экендигине күү жыйноочу Буудайбек Сабыр уулу күбөдөр:

«1971-жылы июнь айында Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү «Үч-Терек» совхозунда жашап туруучу 98 жаштагы санжырачы Кошалы Можу уулуна кездешүүгө барып калдым.

Кошалы карыя менен Кулмат кыякчынын үйү жанаша, анын үстүнө ага-ини тууганчылыгы бар. Өрүктүн көлөкөсүнө алакийиз, төшөктөрдү салып таштады. Ангыча Кулмат кыякчынын уулу Байжээн атасынын кыягын алып:

– Мен да акеме күү тартып берейинчи, – деди да атасынын күүлөрүнөн тарта баштады. Ал жалаң кыяк күүлөрү эмес, комузда чертилүүчү «Ибаратты» да кыякка салып алган экен»[108].

Угармандардын бүйүрүн кызытып, ууз сезимге бөлөп келген бул күүнүн «Ибарат» аталышынын чечмелениши мындай: «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө»: ибарат – үлгү, өрнөк дегенди билдирет. «Залимдерден өчүңдү ал, ибарат калсын артыңда» (Тоголок Молдо). Кыргыз музыкасын изилдөөчү В. В. Виноградовдун иликтөөсүнө таянсак: «Кыргыздардын акындык жана музыкалык чыгармачылыгында дидактикалык мүнөздөгү чыгармалар кеңири тарагандыгы маалым. Ошол мүнөздөгү чыгармалар элдин көркөмдүк традициясына кадырлап мамиле кылган Карамолдонун репертуарына да киргендиги белгилүү. Анын «Ибарат» деген күүсү мына ошол стилде чыгарылган. Карамолдонун «Ибараты» ушул кезде музыканттардын арасында «Майрамдык увертюра» деген мааниге ээ болду»[109].

107 Б. Алагушев, Т. Медетов. Карамолдонун күүлөрү. – Ф., 1978. 188-бет.
108 Будайбек Сабыр уулу. Эл шайырлары. – Ф., 1980. 155-бет.
109 В. Виноградов. Кыргыздын элдик музыканттары жана ырчылары. – Ф., 1974. 53-бет.

Атадан балага, улуудан кичүүгө, устаттан шакиртке өтүп келе жаткан «Ибарат» жолдомосун күү залкары Ыбырай: «чоң комузчу агасы Жолбундан алгам» десе, комузчу Мурсалы Турсунбаев: «атамдан калган белек» – дечү.

Радионун музыкалык «Алтын казынасын» ачсаңыз «Ибараттын» итапкан варианттары колуңузга урунат, алардын ичинде азыркы муундун өкүлү Кенжебек Садырбек уулунун да жаңы ыкмадагы күүсү бар.

Адамдардын ар кандай кыял-мүнөздөрүн жашоо турмуштагы замана көйгөлөрүн не жаманчылыкка чүргөй, не жакшылыкка жамай ибараттоо ыкмалары, калайык калкка башынан эле маалымдала келген.

Комуз күүлөрүн үстүртөн угуп коюу кайдыгерлик. Ошондой эле күү чертүү жөнсалды кол шилтем, кыл тербөө эмес. Ал күүлөр тутумундагы ар кайрыктарда кандай сырлар катылып жаткандыгынан кабар алуу, аларды талдоо-тастыктоо – акыл таразасынан өткөрүү. Күү насилине күймөлгөн угарман камыр-жумур алакага бара алса, чоң олжо. Андай шартта улуттук нарк-насилдерди урматтай билүүгө, улуу өнөр-күү кайрыктарын ибаратка алууга жол ачылмак.

## Макал-лакаптар ибаратынан

«Таш менен урганды аш менен ур». Анын ибараты: эки адам ортосунда чыр башталат. Бири союл ала чуркайт, каршысы таяк менен качырат. Мындай жаңжал не ажал, не азапты таңуулары анык. Эстүү адам ал жорукка эч качан барбайт. Каршылашы үчүн элдешүүнүн ар кандай жолдорун таап, керек болсо, кечирим суроого чейин бармак.

«Качкан жоону катын алат» (эл макалы). Ага ибарат: атактуу комузчу, акын, дастанчы Актан Тыныбековдун чоң атасы Жапый уруучулдук заманда жоо сүргөн баатырлардан болгон. Кокон аскерлеринин бир тобу кармаштардын биринде каршылык көрсөтө албай Жапыйдын жоокерлеринен жалтайлап, Он-Арча суусунун аркы жээгинде Сопу, Чалбай дегендердин күмбөзүнө корголошот. Байбичеси Бопуй Жапыйдын жанында жоо сайышчу экен. Ошол жолку сайышта качкан жоонун артынан түшкөн Бапый байбиче мерт болгон аттардын бир кулагын кесип, куржунга сала берген. Уруш бүтүп, кайра тартып келгенден кийин куржунда кесилген

кулактарды санаса, туура 81 болгон. Бопуй эненин эрдигин, кайрат-күчүн баамдаган калайык «Ап-бали! Качкан жоону катын алат тура!» — дешип, тараган дешет.

«Атаңдын ботосун алба, батасын ал» (эл макалы). Ага ибарат: бото өлүп калат ажалы жетсе, батадан багың ачылат өмүр өткөнчө.

«Карга карганын көзүн чокубайт» (эл макалы). Ага ибарат: бийликти эңсегендер куулук-шумдук менен ойлогонун ишке ашыргандыктан момундарды урматташпастан, өздөрүнө окшогон шумпайлар менен гана кесиптеш-насиптеш болушат.

«Мактоо көптүрөт — чагым өлтүрөт» (эл макалы). Ага ибарат: «мени көкөлөтүп мактабагыла, кемчилигимди бетиме айткыла. Ошондо гана чыныгы Мукай боло алам» дечү экен жазуучу Элебаев.

«Өзүң урган таш — өз башыңа муш» (эл макалы). Ага ибарат: колбашчы ыргыткан таш дербиштин башына тиет. Дербиш ал ташты катып коёт. Күндөрдүн бир инде падыша ошол колбашчыны күнөөлөп зынданга салдырат. Дербиш көп өтпөй зынданга келип, баягы таш менен залимди башка урат.

— Ой, бул эмне кылганың? — деп сурайт кол башчы.

— Мен «баланча» дербишмин. Баягыда мени урган таш эми өзүңө урулду, — дейт.

— Ошончо мезгилден бери кайда жүрдүң эле?

— Мени атагың сүрдөткөн. Эми теңата болдуң, мына кезегиң келди, өзүң урган таш — башыңа муш болду.

## Ыр саптары ибаратынан

«Заман акыр — куу такыр» (эл макалы). Ага ибарат:

Акылдуулар мукурап алсыз болот,
Билимдүүлөр тыйылып жансыз болот.
Эл ичинде зулумдар арбый берип,
Момундардын мойнуна түйшүк конот.

«Балалуу эне бактылуу» (эл макалы). Ага ибарат:

«Бир балалуу эненин —
Чыгаар чыкпас жаны бар.
Үч балалуу эненин —
Өпкө, боор, жалы бар.
Беш балалуу эненин —

Бешигинин багы бар.
Он балалуу эненин –
Астында алтын тагы бар,
Асманда Жылдыз, Айы бар».

Айрым бир ыр саптарындагы ой түрмөктөрү бири-бирине ибаратташып кеткен учурлар аз эмес:

– Азаматтын белгиси?.. (суроо)
– Ак караны тааныштан (жооп-ибарат)
– Эстүүлүктүн белгиси?.. (суроо)
– Элин жакшы багыштан (жооп-ибарат)
– Каармандыктын белгиси?.. (суроо)
– Качпайт асты намыстан (жооп-ибарат)

«Залимдерден өч алсаң –
«Ибарат» калат артыңда»

– «Атам бар» деп мактанба! (талап коюу)
– Адам саны жок болсо (Ибарат)
– «Балам бар» деп кубанба! (талап)
– Баары жаман жүк болсо «Ибарат»
– «Агайым» деп айтпагын! (талап)
– Сыйлашарга жок болсо (Ибарат)
– Эне тилин билбеген –
– Эси жогун аныктайт (Ибарат)
– Эне тилин сүйбөгөн –
– Элин сүйүп жарытпайт (Ибарат)

Суроо-жооп ибараттан:

Суроо: Чыныгы бактылуу болгуң келеби?

Жооп-ибарат: Эң алды менен илим-билимден атак-аброй тап. Өз акылың менен асыл мүнөз – пейилге умтул. Дүйнө мүлктөн тышкары ден соолук күт.

Суроо: Адамдагы улуулук касиет кайсылар?

Жооп-ибарат: Улуулук ата тегинде, иштеген кызматында эмес, ар жарандын адеп-ахлак, акыл парасатында.

Суроо: Жашоодогу табигый жөнөкөйлүк эмне?

Жооп-ибарат: Таза жүрүү, ак жол. Бул жол – акыйкатка, адептүүлүккө, ар-намыска алып барат.

Суроо: Акылмандар, даанышмандар менен жан сырдаш болгуң келеби?

Жооп-ибарат: Ал үчүн илимдин туу чокусуна жет. Дүйнө-мүлкүң менен эмес, өнөр-билимиң менен, жагымдуу мүнөзүң менен даанышмандар сабына жанаш.

## Өкүмдарларга насаат ибараттары

Бабалар эл башчысын да эчен электен өткөрүшкөн, сынакка алышкан. Жарактууларын «алтын такка» отургузушкан, «падыша», «хан», «ажо» деген атак беришкен.

Чыгыштын улуу ойчулу Саадиден:

«Падышаны дарак десек карылуу,
Букаралар, байлар анын тамыры».

Ага ибарат:

«Тамыр канча терең жайса кучагын,
Дарак шончо кенен жаят бутагын».

Улуу ойчул илимпоз Жусуп Баласагындан.

«Ардактоо падышасын элдин наркы».
Ага ибарат: элин сактоо-коргоо – анын парзы,
«Өкүмдар жакшы болсо өлкө гүлдөйт,
Ага ибарат: жыргалда баары жашайт, кырсык билбейт»

Иттерге башчы болсо баатыр арстан,
Иттер да арстан болот андан ашкан.
Арстандарга ит башчы болор замат,
Арстандар итке окшоп үрүп калат».

Каймана айтылган бул салыштырууда падыша деп арстанды, карапайым калкты итке теңештирген. Карапайым калк башчыга карап иш кылат. Башчы жол баштайт. «Өгүз баштаса өлөңдүү сазга, инек баштаса ийри сазга» деген сыңары, арстандай айбаттуу, акыл калчап, иш кылган акылман жетекчини ээрчиген эл да душманына айбаттуу сезилип, өлкөдө иш оңолот, ити чөп жейт. Башчысы басмырт, ишке жарамсыз болсо, бир кезде арстандай алкынган эл аста-аста деми сууп, маңыроо тартып, колундагыны башкага жулдуруп, жетесиз жетекчисинин артында сүйрөлүп жүрүп күн өткөрөт.

«Увазир жакшы – хан жакшы». Ага ибарат:

Вазир болот ханга сүрөөн берүүчү,
Журту менен бийликтин ал – зор күчү.
Бош кармаса вазир бийлик жылоосун,
Иши ойрондоп мөгдөй түшөт журт күчү.

Вазирлерди дайындоодо төмөнкү төрт сапат ибараты эске алынсын:

1. Укум-тукуму асыл, каны таза болсун;
2. Баамчыл, барасаттуу болсун;
3. Сый көрсөтүп, эл турмушу менен башкалар аркылуу эмес, өзү кабардар болсун;
4. Сабырдуу, каниеттүү жана тынчтыкты эңсегендерден болсун;

Ата теги начар, ичи тар, кекчил, караниет кишилер эч качан вазирлик даражага көтөрүлбөсүн (Амир Темирдин осуяттарынан).

Ибарат: Эл башчы эң алды менен өзү таза болуш керек. Паракорлук, көшөкөрлүк, ачкөздүк, дүйнөкорлук, жагымпоздук, жалтаңдык илдеттерди ийинге киргизе кубалап турбаса, карамагындагы элди башкара албайт.

«Ибарат»: Күнгө жетип кол учу
Гүлдөй болуп турмушу
Турганда да хан күлбөй
Эли күлүп туруучу.

Эски калтар таптырбайт,
Эстүү булбул шакта ырдайт.
Эл-журту ач эл башчы
Эч убакта каткырбайт.

**Радионун музыкалык «Алтын казынасындагы» «Ибарат күүлөрү»:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Ибарат» | М.192 | 2’57 | Карамолдо Орозов |
| 2 | «Ибарат» | 9113 | 3’06 | Ыбырай Туманов |
| 3 | «Ибарат» | 2996 | 4’24 | Шекербек Шеркулов |
| 4 | «Ибарат» | 2664 | 2’47 | Асылбек Эшманбетов |
| 5 | «Ибарат» | 7982 | 1’40 | Самсалы Аликеев |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 6 | «Ибарат» | 8074 | 2'04 | Мекиш Баатаев |
| 7 | «Ибарат» | 8163 | 3'12 | Эркесары Бекбасаров |
| 8 | «Ибарат» | 8960 | 4'47 | Усуп Орозов |
| 9 | «Ибарат» | 5723 | 2'50 | Самара Токтакунова |
| 10 | «Ибарат» | 8086 | 3'00 | Мурсалы Турсунбаев |
| 11 | «Ибарат» | 5489 | 3'00 | Чалагыз Исабаев |
| 12 | «Сүйүү ибарат» | 6834 | 2'30 | Кенжебек Садырбеков |

## Миң кыял

1928-жылы күзүндө музыковед А. Затаевич Токтогул жана анын эки шакиртине жолугуп, Токоңдун 18 күүсүн нотага түшүргөн. Бул ыр-күүлөрдүн ичинде «Алайдын миң кыял», «Алайдын миң толгоо» аттуу күүлөр бар. Кийин 1934-жылы Токтогулдун музыкалык мурастарын топтогон В. Виноградов бул чыгармаларды жыйнакка кошо тиркеп, «Музыкальное наследие Токтогула» деген аталышта өзүнчө китеп кылып бастырып чыгарган. Китепте акындын шакирттеринин аткаруусундагы 83 ыр-күүлөр нотасы жана түшүндүрмөлөрү менен берилген. Бирок, элге кеңири белгилүү «Токтогулдун миң кыял» күүсү киргизилбей калган.

Айрым изилдөөчүлөр Токтогул жаш кезинде Алымкан аттуу сулуу кызга ашык болуп, ага «Миң кыял» аттуу күүсүн арнаган деп жүрүшөт. Анык акын ашыгына «Миң кыялды» эмес, «Жаш кыялды» арнаган:

Токтогул черткен «Жаш кыял»
Тыңдасаң боло, Алымкан…

Токтогул жаш курагы жалын бүркүп турган убагында ашыгына «Жаш кыялын» гүл кылып сунган. Оң-тетири чоюлган турмуштун азаптуу жолунда акындын өмүрү эр ортону 50нү ыргытып, анын аркы өйүзүнөн кылчак карап, кыял бешигине термелген учурда кыл өнөрү «Миң кыялды» жараткан. Эшманбет менен эсил Токоң Таласка келип, алым-сабак айтышып, акындык өнөрүн төккөн. Анда Током алыскы Шибер «тозогун» миң кыялдан чубуртуп:

Араңдан басып термелеп,
Турганың айтчы, «Миң кыял».

Артыңдан солдат желкелеп,
Урганын айтчы, «Миң кыял».
Мусаапыр болгон чактагы,
Муңдарың айтчы, «Миң кыял».

Кол, бутта зоолу шалдырап,
Башымда турдуң, «Миң кыял».
Карагай кессем араалап,
Кашымда турдуң, «Миң кыял».
Капалуу күнүм бүтсө да,
Жашың да аккан, «Миң кыял».

Орустун уулу Серигей,
Ойготкон сени, «Миң кыял».
«Ор казган бизге кимдер?» деп,
Ойлонткон сени «Миң кыял».
Комузда зоолу колумду
Ойноткон элең «Миң кыял».

Айдалып, элдин алыскы,
Арасын көрдүң, «Миң кыял».
Ар уруу журттун ичинен,
Аласын көрдүң, «Миң кыял».
Андагы канкор мында бар,
Чамасын көрдүң, «Миң кыял».

Кыял чиркин, көз ирмемде көккө кол серметип… ана-мына дегиче асманга учуруп, айга кондуруп… аалам кездирип… Көк-Теңирдин көңүлүн бурдуруп… көк тиреген үйлөрдү курдуруп… айланып келип өз очогунда ордун таап бутун сундуруп… коёт тура. Эсил Токомду элөөрүткөн «Миң кыял» деле аз өмүрдө канча азап-тозокторду баштан өткөрүп, алыскы Шибер сүргүнүн артка шилеп, ажалды аттап өтүп, ата-журтуна кол сунгандагы санаты, турмуштан алган сабагы эмеспи.

Астана калаасынан элчилик кызматын өтөп келген Акбар Рыскулов «миң бир түндүк» кыял кылтагына илинип, түн уйкудан түйшөлткөн тилегин Ата-Журтуна жолдогону эске түшөт. «Оюмду онго, санаамды санга бөлгөн бир нерсе: кылым тогошор мезгилде кыргызымдын жүрөк түпкүрүнөн, көңүл тереңинен чыккан жагымдуу ишаарат, жаңычыл салтанат болсо деген тилек…

«Дүр дүйнөлүү ыр дүйнө» демекчи, комуз өнөрүнүн миң кубулган казынасынан кайсы күүнү тандап алсак? Албетте, «Миң

кыялды!» Анын аталышынын өзү миң жылдыктарга үндөшүп турат. Экинчиден Токтогулдун «Миң кыялы» адамды терең ойлорго термеп, шыктандырып, кайрат-кубат берген касиетке мол. Бул чыгарманын полифониялык кубатына жакында дагы бир ирет ынандым.

Кылым тогошор маалда «Миң кыялды» миңдеген комузчулар коштоп черткенин кандайча уюштурууга болор эле?..». Миң жылдык салтанатка Бишкек шаары, Чүй областы биригип Ала-Тоо аянтына миң комузчу чыгарып, «Миң кыялды» шартылдата чертсе деп кыялданам. Чиркин!.. Комузду кастарлаган бардык өнөрпоздорго, жүрөгүндө жалыны бар жаш талапкерлерге, эрктүү Кыргызстандын келечегин ойлогон ар бир атуулга кылым тогошор маалда кайрылгым бар: үчүнчү миң жылдыкты үч кыл комуз менен – «Миң кыял» менен тосолу!»

*(«КТ» гезити, 10-13-декабрь, 1999-жыл).*

Мына, бүгүн 2000диктин он жылын тосуп турабыз. Өткөн кылымдын соңку жылдарында жолдонгон дубай салам колдон келишинче козголгон болду. Миң комузчунун башын кураган «Миң кыял» күүсүнүн жаңырык салышы менен миң жылдыкты тосуп алуу салтанатын Кудай Талаа кут кылса, алмустактан келаткан аталар салты Улуу Мураска айланарын, андай заман улут рухуна жол ачаарын, андай шартта кыргыз журту кылымдарды аттап акыр заманга кол сунарын жүрөгүбүздө сактайлы.

**Радионун музыкалык «Алтын казынасындагы» «Миң кыял» күүлөрү:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Миң кыял | 6541 | 2'30 | Сексенбай Айманбетов |
| 2 | Миң кыял | 2313 | 1'42 | Төлөмүш Асанкожоев |
| 3 | Миң кыял | 2318 | 0'55 | Бейшен Бакыев |
| 4 | Миң кыял | 3370 | 1'52 | Эркесары Бекбасаров |
| 5 | Кыз кыял | М.782 | 2'42 | Турар Жолдошев |
| 6 | Кыз кыял | М.285 | 2'38 | Чалагыз Иманкулов |
| 7 | Миң кыял | 2940 | 5'00 | Абдыкерим Мокоев |
| 8 | Токтогулдун миң кыял | 9469 | 3'20 | Усуп Орозов |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 9 | Миң кыял | 7763 | 2'42 | Өзбек Рысбеков |
| 10 | Жаш кыял | 8033 | 1'32 | Барпы Сапеков |
| 11 | Миң кыял | М.619 | 2'55 | Кеңеш Сулайманов |
| 12 | Миң кыял | М.820 | 2'48 | Самара Токтакунова |
| 13 | Токтогулдун миң кыял | М.182 | 2'28 | Ыбырай Туманов |
| 14 | Миң кыял | 2677 | 2'28 | (Токтогул) Асылбек Эшманбетов |

## Такмаза

«Такмаза» – сөздүн этимологиялык маанисинде: «өз оюн шакаба куйкум аркылуу берүү» дегенге жакындайт. Түз мааниде: маза, мазасын алуу – шылдыңдоо, кордоо, басынтуу, кемсинтүү. «Такмаза» күүсүнүн адепки жаратманы, албетте, белгисиз. Бирок, аспапчылардын жоромолун жомок-уламыштардан тартып, көзү өтүп кеткен күү көсөмдөрүнүн ой толгоолорун ортого салалы. Күү залкары, «Такмазаны» табына келтире кайырган Карамолдонун кабарлоосуна таянсак: күүнүн алпы Ыбырай «Такмаза» баянына кайрылаарда устаты (жакын агалары) чоң комузчу Жолбундан уккандарын ортого салуучу. Күү жыйноочу Буудайбек Сабыр уулуна комузчу Акматалы «Такмазаны» атасы Моңолдордон үйрөнгөнүн айтып берсе, Кара-Көлдүк күү куйөрманы Өзбек Рысбек уулу «Такмаза» түштүк комузчуларына Калмырзадан тарагандыгын жазат. Таластык чоң күүчү Эркесары Карамолдодон такыр башка «Такмазанын» бормосун боолгологону бар. Композитор Жумамүдүн Шералиев азыркы замандын «Такмазасын» артист, обончу, күүчү Актан Тыныбековдун мыскыл күлкүсүнөн табат.

Ысымы эл оозуна сүймөнчүлүк менен айтылган талант айтылуу Актан Тыныбеков менен бирге иштешкен Жумамүдүн Шералиев агасынын комузчулук өнөрү тууралуу мындайча эскерет: «Актан аганы кичи дебей, чоң дебей бардыгыбыз сыйлоочубуз. Аны өз атынан атабай Акай деп эркелетип чакырчу элек. Кичипейил, сыпайы, сөзмөр, өтө шайыр адам эле. Бош боло калганыбызда баарыбыз тегеректеп калчубуз. Күндөрдүн биринде адаттагыдай репетиция жүрүп жатканда элдик күү «Такмазаны» чертип

калдык. Ал күүнүн ыргагы марш сыяктуу шаңдуу башталып, аягы акырындап көөлгүй бүтө турган. Ошондо Актан ага дирижёрубуз П. Шубинге угузбастан күү ыргагын улай:

Чап, Карамолдо,
Бат, Карамолдо!
Бас, Кара Молдо.
Молдо. Молдо-о-о!
Эми болду, Молдо-о... –

деп, аягын акырын жайлатып койду.

Актандын бул образдуу ырына чыдай албай күлүп жибердик. Шубин бул кылыгыбызды байкай салып сурап калды. Анда Актандын курбалдашы комузчу Чалагыз Иманкулов Шубинге жооп берип жатат: «Актан «Такмазага» текст чыгарган, ошону ырдап жатабыз». Шубин ал текстти шашпай угуп, көзүнөн жаш чыкканча күлө берип, акыр-аягында репетицияны ушул күү менен «Актанды ырдатып туруп аяктадык. («ЛЖ» гезитинен. 1988-жыл).

Күндөрдүн биринде радиодон Ысык-Көлдүк комузчу Моңолдор уулу Акматалы карыянын күүлөрү берилип калды. Радиого жакын келип чертилген күүнү кунт коюп тыңшадым. Тааныш күү кулагыма сүйкүмдүү угулду. Күүнүн таза, терең, ойлорго бай, жагымдуу музыкасы кыялымды алыска чабыттатты. Акматалы карыя менен эне-атамдын байланышы жакшы болчу. Комуз күүсүнө кызыкканымданбы, айтор, анын биздикине келген күндөрү эсимде жакшы сакталып калыптыр.

Узун бойлуу, ак сакалы жайкалаган, кең далы, жылдыздуу, салмак менен сүйлөгөн токтоо адам эле. Карыянын келиши меймандарды көбөйтүп, үйүбүздү комуз күүсүнүн шаңына бөлөчү. Сексендер чамасындагы карыя күүнүн добушун жаңырткан сайын, күч-кубатына толуп, кайрадан жашаргандай жүзү албырып, жайдары болуп кетчү.

– Аксакал, чертип жаткан күүңүздүн аталышы кандай?
– «Бекарстан Тайшы».
– А жанагы «Такмаза» деген күү өзүңүздүкүбү?
– Жок, ал атам Моңолдордун күүсү.

Моңолдор да өз доорунун чебер комузчуларынан болгон. «Такмаза» күүсүн чертер алдында күү залкары Ыбырай устаты Жолбундан уккан улама-аңызды күү күйөрмандарына жолдогонун,

биз да угуп калдык: «Тоо боорун тырмалап турмуш кечирген элеттиктерге кабар тарады: «Кан тактысы жаңырыптыр. Калк ордунда эмес, кан тактысында эмес.

Арадан аз убакыт өтүп-өтпөй кан жарлыгы угулду: «Кан казынасы толмогу ийги. Айгыр ат, атан төө тартасыңар, аюу талпак, бөрү ичик, килем кийизиңерге чейин желдеттердин канжыгасына бөктөрөсүңөр!..». Желип-жорткон желдеттердин коштоосунда алык-салык жыйноочулар жүрөт чапкылап.

– Кан жарлыгы эки болбойт, камтама болбогула, төлөгүлө!

Салыктарды чогултуп, салтанат менен узатышты келгендер. Ай алмашып, жыл тогошпой кан жарлыгы кайталанды: «Акча-тыйын-пул бересиңер, аны таппагандар кара күчүн саткан кул бересиңер! Кан казынасы какшыбасын!»

Кабыргасы кайыша түшкөн кара тамандар каада сактаган болушту:

– Кан буйругуна каршы турмак белек? Кантели, берели! Каткан-үткөн көр-дүйнөсүн кармата берип, кан желдеттерин жолго салышты.

Эчкисин саап ичип, эптеп-септеп оокат кылып жаткан элеттиктерге эдиреңдеп кыр көрсөткөн желдеттер: «калтар, суусар, кундуз бересиңер, таппаганыңар кара көз, сулуу кыз бересиңер! Кан жарлыгы ушундай!..». Кабагы түшкөн, кабыргасы кайышкан калайык карайлап турушту. «Кактабай канды соргон кайрымсыз кандан сактай көр!..» деп, тобоо кылышты. Кан жарлыгына каяша айтып, каргашты, алкы бузуктарды арбакка коюшту. Ыйлай-сыктай акыркысын кармата берип тынышты. Казаны оттон түшүп, жайыты жайдак калган эл акыры амалга бармай болуп, кан сакчыларын күтүп калышты. Аз мезгил өттүбү, көп мезгил өттүбү, көзү тойбос көркоолордун карааны көрүндү. Дырдай жылаңач, энеден туума чечинишкен көпчүлүк (карысы бар-жашы бар) жыртык-үртүк, үзүлгөн-сүзүлгөн кийимдерин ортого үйүп, кыраан-каткы күлүп, сакчылардын алдын торошту.

– Ха-ха-ха, хи-хи-хи!!!

Көргөн көздөрүнө ишенбей салыкчы-желдеттер делдейишти. Алардын маңдайында күлкүгө баткан кара таман кедейлер: ха-ха-ха! Хи-хи-хи!!! Көзү тирүү, көрөсөн жигиттердин бири көп арасынан суурулуп чыкты:

– Алгандан силер тойбодуңар, бергенди биз койбодук. Ана, катын-калачтардын дамбалы калды, алгыла! Алпаргыла! Каныңар

кийип алсын! Мына, кул-кутандардын куур шымы. Казынаңарды толтуруп, үйүп салгыла! А силер мырзалар, энеңердин эмчегин кесип, эркек-таналардын чорбоюн жулуп, мойнуңарга тагып алгыла! Ана-а! Мына-а! Ха-ха-ха!..

Айласы кеткен желдеттер жигитти айдап, мойнунан байлап, кийиндирип, кан сарайына алып барышты. Болгон окуяны төкпөй-чачпай кабарлашты. Кан жигитке собол узатты. Жигит «лам» деп ооз ачпады. Койнундагы комузун алып, кезекти күүгө узатты. Жүлүнгө жеткен, жүрөк зилдеткен кайрыктар... Канды калтырак басты, өзүн жоготту, жосунсуз жоруктарына өкүндү, өксүдү. Күү аяктап, жигит канга карады. Кан «айта бер» дегендей башын ийкеди. Ошондо жигиттин айтып турганы:

— Каным, күүнүн аты «Такмаза». Калкын эмес, казынасын ойлогон, салыкка тойбогон, бей-бечаралардын кактабай канын соргон кан үчүн бул айтылгандар — маза, Жараткан берген — жаза, андан аркысы аза, алкы бузукка окулган — жаназа... Таксыр каным, комузда чертилип жаткан күү ушуларды айтып жатат. Бул «Такмаза».

Сен бир кулсуң, падышача кийинген,  
Сенин баркың — бийлигиңден билинген.  
Жардынын колдо барын тартып алдың,  
Күнөөнү өз мойнуңа артып алдың.  
Жамандык-жакшылыкты теңдей албай,  
Милдетин падышанын аткармаксың.  
Балитпи же тазабы, кылган ишиң,  
Баарынан акыр түбү айрыласың.  
Адилеттик — адам үчүн жакшы шык,  
Колдон келсе жасай билген жакшылык.  
Баш көз болсоң — жоокериңе, элиңе,  
Баш ийишет бары сенин кебиңе.  
Милдети — падышанын элин багыш,  
Илдети — мансапкордун элин чаныш...»

Кан ойго батты: «кан казынасын толтуруш үчүн каржалганына карабай элиме салык салдым. Байлык, бийлик колдун кири экен. Колдун кирин жууса кетет. Көңүл кирин кууса кетпейт. Бул турмуш чындыгын акыл калчап, эске алсам эмне?! «Көсөөнүн акылы түштөн кийин». Мен элимден ажырап калганымды эми сездим. Жазадан кутулушумдун бирден бир жолу — кан тактысын

ишенимдүү колго кайтарыш...». Ошондой болду. Туура жолдон адаштырган вазирлерин өз колу менен жазалап, о дүйнө көздөй айдады. Соңунан «кан тактысынан» баш тартып, өзү карапайым калкка аралашты. «Такмаза» таалиминен сабак алгандар турмуштун туура жолуна кадам таштап, карапайым калк көптөн күткөн тилеги орундалып, адилеттик жолунда кол кармашып, жашоого бет алышты.

Эл ичинде айтылып келаткан «Такмазалар» маалыматынан:

1. «Кептин да, кечиримдин да чеги бар. Ашып кетсе: бири – тантык, бири – чалчык».
2. «Мен да мырза болсом, сен да мырза болсоң, эшекти ким айдайт?..».
3. «Акмакты сыйласаң төбөңө чыгат, масты сыйласаң, өтүгү менен төргө чыгат».
4. Өзүңдү көргүң келсе, касыңдын көзү менен кара. Ошондо түсүң да, ишиң да, күчүң да даана көрүнөт. Балким – сүрдүүсүң, ирдүүсүң. Балким – түрдүүсүң, кирдүүсүң?
5. Сөз акчадан кымбат. Бирок сөз сатылбайт, бекер айтылат. Пайдасы: сөз акыл табат, акыл – акча табат, акчага бардыгын сатып алат.
6. Капкара топк ап-аппак жумуртка тууйт.

(Которгон Эрнис Турсунов «Тоорат», «Инжил», «Забур», «Куран» китептеринен).

Эки абысын эрегише кетиптир:

– Сенин төрт кызың бар, менин төрт уулум бар. Мен дөөлөттүү эмегенде, сен дөөлөттүүсүңбү?

– Сенин төрт уулуң төрт канчык алат, алар сени жок кылат тытып-талап. Менин төрт кызым төрт жерге барат, ошол жерден ордун табат, төркүнгө мал ташып, оозу-мурдумду майга малат.

– Коңшу кут болсун!
– Андай болсун!
– Келиниң эмне болуп иштейт?
– Апчарке.
– «Апчарке» дейби, айланайын.

Караңгы бурчтан эки киши жолугуп калат. Биринчиси бычагын сууруп:

– Акчаң барбы? – дейт күрс этип.

Анда экинчиси балтасын суурул чыгып андан бетер күрс этет:
– Акчаны эмне кылат элең?
– Жөн эле майдалатайын дегем.

Атасы менен баласы көптөн бери көрүшпөй жүрүп жолугуп калат. Отуруп алып ичмей болушат. Чер жазыла сүйлөшүп, ичип атышат, ичип атышат... Бир убакта атасы көзүн жүлжүйтүп:
– Досум негедир өңүң жылуу учурайт, мурда бир жерден жолугушкан жок белек? – дептир.
Комбат марш ырдап бараткан ротага карап кыйкырат:
– Катардагы жоокер Шакмарбеков, сен эмне ырдабайсың?!
– Тишим ооруп атат, жолдош майор.
– Андай болсо улуп-уңшугунуң!

Сексопатологго бирөө келет:
– Аялыма жарабай атам, жардам кыл.
– Канчадасың.
– Алтымыш беште.
– Жашыңыз деле келип калыптыр го?
– Жетимиш бештеги кошунам бар. Эмгиче эле жарап жүрөм дейт.
– Оозуңуздун жели коромок беле, сиз деле айта бериңиз.

Карылыктын азабынан Түгөлбай Сыдыкбек уулунун колун калтырак басты. Баласы:
– Ата, жылынып алыңызчы, колуңуз калтырап атат.
– Карылыктын суугу жылынууга моюн бербейт, чунагым. Аны сен кайдан билмек элең? *(гезиттен)*.

«Мына ушундай, мен тааныган Чекмурат,
Таанышынын баарын «досум» деп турат.
Жарым карыш ашып кеткен досторун,
Жайкап туруп, мактап туруп, жеп тынат.
*(А. Эсенгелди уулу)*.

«Кыргызды бөлбөйлү» деп,
«Бөлүнгөндөн өлбөйлү» деп.
Чоң кичине жыйындарда,
Тер чыгып маңдайынан,
Чаң чыгып таңдайынан,

Алдыңа адам салбай,
Сайрайсың сагызгандай.
*(Мидиндин «Жылмаңбайларынан»)*

Күүлөр башаты тарыхта тастыкталып, өз мезгилинде жазылып калганда эмне?! Айла жок, азыр изилденип бүгүн же кечээки чыйырдан эмес, байыркылар басып өткөн, бабалар оозунда калган улама-аңыздардан алып, тыянак чыгарып, журттун баамына коюуга аргасызбыз.

Кезекте, радионун «Алтын казынасына» жазылып калган «Такмаза» күүлөрүнө көңүлүңүздөрдү бурабыз. Андагы күү жаздырган аспапчы, комузчулар дээрлик арабызда жок, эбак о дүйнө салышкан.

**Радионун музыкалык «Алтын казынасындагы» «Такмаза» күүлөр:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Такмаза» | 355 (в) | 5'48 | Карамолдо Орозов |
| 2 | «Такмаза» | 9738 | 3'11 | Ыбырай Туманов |
| 3 | «Такмаза» | М.283 | 2'28 | Чалагыз Иманкулов |
| 4 | «Такмаза» | 3988 | 3'10 | Абдракман Кыдырбаев |
| 5 | «Такмаза» | 3902 | 2'20 | Абдыкерим Мокоев |
| 6 | «Такмаза» | 3995 | 1'50 | Муса Молдоканов |
| 7 | «Такмаза» | 1542 | 3'35 | Мурсалы Турсунбаев |
| 8 | «Такмаза» | 3585 | 3'04 | Жөлөгөн Чымырбаев |
| 9 | «Такмаза» | 9480 | 3'19 | Усуп Орозов |
| 10 | «Такмаза» | 9776 | 2'26 | Жусуп Самаков |
| 11 | «Такмаза» | 2326 | 1'05 | Бейшен Бакыев |
| 12 | «Такмаза» | М.781 | 3'30 | Турар Жолдошев |

## Кара өзгөй

Күү залкары Ниязаалы Борош уулу 1856-жылы туулуп, 1941-жылы 85 жаш курагында каза болгон. Ушул узак өмүрүндө көптөгөн элдик күүлөрдү чертип, аларды кийинки муундарга мурас калтырууга үлгүргөн. Жакшылык жаманчылыктагы элдик жыйындар ыр-

күүлөр менен коштолгон. Аксылыктар комуз черттириш үчүн жана ыр нөшөрүн төктүрүш үчүн Ниязаалыны, Жеңижокту, Токтогулду чакырышкан.

Ниязаалы комузду шайыр мүнөздө черткен. Күүнүн баянын айтып, маанисин күлкүгө чайып, кайрыктарга ыр коштоп, өң келбетин (мимикасын) өзгөртүп, денесин кыймылга келтире куудулдана чертчү дешет. 1936-жылы 22-ноябрда жарык көргөн «Кызыл Кыргызстан» гезитине кылчаялы: «... Мына, эми Ниязаалы чыкты сахнага. Ал басып келатканда эл дуу күлүштү. Жеңин чечип, көкүрөгүн ачык таштап «Шыңгырама», «Арсар күү», «Терс кайрык» деген күүлөрдү сөз кошуп чертти эле, комузу бир ийинине чыгат, бир аркасына кетет, бирде жерде жүрөт, кайра бооруна алат. Карыса да түрдүү аракеттерди өз денесинин чебер кыймылдары менен келтирди. Анысына көңүл төшөп олтурган элдин баары кыраан-каткы күлүп, кол чапты. Ниязаалыны сахнадан кетирбей коюшту. Комузду койгулап ырдай берип, карыган киши чарчап бүттү. Ал эми гана «болду го» деп элеңдей басып кетти. Отурган эл Ниязаалыны көздөй гүл чачты. Бирөө сахнага чыгып гүлдесте карматты, Ниязаалы аксакал өтө кубанды».

Ниязаалыдай эл шайырынын ысымы элибиздин жүрөгүндө бекем сакталып келет, ал эч качан унутулбайт. Анын «Сары барпы», «Арсар күү», «Терс кайрык», «Насыйкат», «Ак куу жана мерген», «Кер толгоо», «Өттү-кетти балалык», «турумтай» сыяктуу күүлөрү, булардын ичинде «Кара өзгөй» көркөм чыгармачылыктын алтын фондусунан орун алган.

«Кара өзгөй» күүсүнүн бир варианты «Күү баяны» аттуу китептин алгачкы томдугуна «Чоң Ормондун «Кара өзгөй» деп киргизилген. Бул жолкуда «Ниязаалынын Кара өзгөйүнүн» жаралышына токтолмокчубуз. Азыркы комузчулардын залкары Саадабай Шабдановдун айтымында ал мындайча баяндалат:

– Мен өзүм Аксы тарапта өсүп чоңойдум. Ниязаалы аке менен биздин айылдын катнашы түзүк эле. Кадимки эл оозунда айтылып, ырдалып жүргөн Акбаары жеңенин айлынанмын. Бул айыл Сыны деп аталат. Аксы тарапта Көчкү деген жайлоого кетчү төтө жол бар. Ниязаалы аке Кичи-Акжол тараптан Атамкул дегендин баласы экөө отун алганы чыгышат. Күтүлбөгөн жерден кишилерди тоноп, оокат өткөрүп жүргөн каракчылар чыга калып, атынан оодарып түшүп, жөнөмөк болушат.

– Ниязаалы деген сизби? – деп сурашат тоногучтар.
– Ооба, менмин.
– Эмне кылып жүрөсүңөр быякта?
– Отун алганы келдик эле.
– Эми аксакал, сизди Кудай бизге олжого буюрган экен. Сизди өлтүрүп, көзүңүздү тазалайбыз. Бизде башка арга жок.
– Мейли эми, балдар, тагдыр мага ушуну жазса аргам барбы? Силердин корбашыңар ким? Мага көрсөтүп койгулачы. Эки ооз сөзүмдү айтып, бир күүмдү чертип берейин. Баарыбыз кыргыз балдары экенбиз. Кыргыздар күү жандуу келет эмеспи.

Каракчылар бул сөзгө макул болушту. Айылдан сырткары токойлуу жерге барышты. Ниязаалы койнунан комузун алып чыкты. Каракчылардын башчысы оң капталынан орун алды. Ниязаалы кол ойнотуп, дене боюн түркүн кыймыл-аракеттерге келтирип бир күү чертти. Угармандар күүгө берилип, уурулук милдетин унутуп калгандай, бардыгы жайма-жай.

Ниязаалы эми экинчи күүсүнө өттү. Чертердин алдында анын баянын ортого салды: «Жакында бир кемпирлүү болдум. Кемпирим саап, сүтүн айран уютсун, каймагын калпып жейбиз деген ниетте мүйүзү каркайган, тартайган сары ала уй сатып алдым. Укмушуң куругур, уюм сүзөнөк чыкты. Уюн саамакка жанына барып, чөк түшө отура калып, эмчегин кармалай баштаганда кайрыла карап тепти эле, кемпирим жатат суналып, мурдунан маңкасы кеткен чубалып… чуркап барып, кемпиримди сүйрөп келдим. Эх, дүйнө, ажалы жок экен, маңкасынан башка жери аман, азабы жок экен… Ошол кубанычымды күүгө салдым эле, – деп чертти.

Каракчылар уюду, муюду, уктап кетти. Ниязаалы бакка жөлөгөн таягын алып, силер менин жанымды кыярда таягым ойгонот, кошогун кошуп, арманын созот, ошону уккула да анан уктагыла! – деп, дагы бир күү чертти. Каракчылар ойгонуп, эсине келип караса Ниязаалы жок, минип чыккан аты да жок. Алар акылына келип, Ниязаалынын аркасынан чабышат.

– Абийирибизди, Ниязаке, ача көрбө. Атыңыз алдыңызда, өзүңүз аман-эсен үйүңүздөсүз. Ырас, биз элден чыгып кара өзгөйлүк кылдык. Кадырман эл адамына суук колубузду салдык. Бизди ак жолго салган сиздин күүчүл өнөрүңүз болду. Биздин актыкка салган алгачкы күүңүздүн атын атап койсоңуз.
– Аа, жигиттер, ата-бабалар аманат калтырган күү өнөрүнүн күчү ушунда: жырткычтык кесипти кемээчтеп, адилеттике жол

ачат. Кара өзгөйлүктү капканга капшырып, актык жүрүм-турумду алдыңарга туура тартты. Алгач силерге тартууланган күү «Кара өзгөй» аталды.

«Кара өзгөй» күүсүн чегине жеткире аткарган Болуш Мадазимов. Болуш 1954-жылы Жалал-Абад театрына келип, ал жерде өз устатын тапты. Бул жерде Мокоев деген комузчу бар эле. Устат шакиртине Атайдын «Кара өзгөйүнөн» таптакыр айырмаланган Ниязаалынын «Кара өзгөйү» баш болгон нечен күүлөрдү үйрөткөн. Көрсө, күүлөр деле жер которуу менен өзүнчө варианттaшып өнүгүү өзгөрүүгө туш болот тура.

– Өмүрүңүздөгү эң кубанычтуу окуялардан эмнени айтаар элеңиз? – деген суроого Болуш аке төмөндөгү жоопту узаткан:

– 1978-жылы Өзбекстандын Самаркан шаарында музыканттардын бүткүл дүйнөлүк симпозиуму өтүп калды. Кыргызстандан жалгыз мен делегат болуп барган экенмин. Симпозиумда эки күү аткардым. Кайсы бир аткаруучуларга бирден гана номер тийди. Мен Карамолдонун «Сынган бугусун», Ниязаалынын «Кара өзгөйүн» черттим. Эки күүнү эки комузга күүлөп алып, биринин артынан экинчисин аткардым. Москвадан келген атактуу музыковед В. Виноградов ордунан туруп келип, мойнуман кучактап бетимен өөп жиберди!.. Мына, ушул учур менин өмүрүмдөгү унутулгус окуя болуп калды. Ошондогу учурду өзбек телевидениеси Ташкенден 3 жолу кайталап көргөздү». («Кыргызстан маданияты» 4.06.87).

Олда, дүйнө, жалгансың.
Кимге бапа кылгансың?
Карыпчылык бул дүйнө,
Баштан өтүп тынгансың.
Кары дебей, жаш дебей,
Кара дебей, ак дебей,
Келин дебей, кыз дебей,
Кемпир дебей, чал дебей,
Баарынын башын жуткансың.

Олда, дүйнө, бекерсиң,
Бир күн өтүп кетерсиң.
Карып кылып акыры,
Түбүбүзгө жетерсиң.
Өтөрсүң да кетерсиң,

Өткөндөн кийин бекерсиң.
Жандуу-жансыз баарынын
Башын алып кетерсиң.
Олда, өлүм, опасыз,
Айтып келбейт экенсиң.

Так Сулайман пайгамбар,
Тагын алган дүйнө ушул.
Падыша, бек, өкүмдар,
Ханын алган дүйнө ушул.
Жан-жаныбар, пенденин,
Жанын алган дүйнө ушул.
Он сегиз миң ааламда,
Баарын алган дүйнө ушул.

**Радионун музыкалык «Алтын казынасындагы» «Кара өзгөй» күүлөрү:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кара өзгөй | 7983 | 101 | Самсалы Аликеев |
| 2 | Кыз келиндин кара өзгөй | 9813 | 351 | Өзбек Алымкулов |
| 3 | Кара өзгөй | 2629 | 303 | Өзбек Алымкулов |
| 4 | Чоң кара өзгөй | 765 | 253 | Чырмаш Байтиков |
| 5 | Кара өзгөй | 8056 | 324 | Мекиш Баатаев |
| 6 | Кара өзгөй | 8137 | 222 | Эркесары Бекбасаров |
| 7 | Кара өзгөй | 699 | 400 | Чалагыз Иманкулов |
| 8 | Кара өзгөй | 2360 | 155 | Усубалы Казаков |
| 9 | Кара өзгөй | 4336 | 246 | Турсун Карымшаков |
| 10 | Кара өзгөй | 501 | 140 | Мейилкан Козубекова |
| 11 | Кара өзгөй | 3909 | 400 | Абдыкерим Мокоев |
| 12 | Кара өзгөй | М.190 | 218 | Карамолдо Орозов |
| 13 | Кара өзгөй | 8967 | 316 | Усуп Орозов |
| 14 | Кара өзгөй | 6891 | 300 | Өзбек Рысбеков |
| 15 | Ыйлоо кара өзгөй | 6835 | 240 | Кенжебек Садырбеков |
| 16 | Кара өзгөй | 8040 | 158 | Барпы Сапеков |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 17 | Кара өзгөй | 2203 | 312 | Касымалы Тойгожоев |
| 18 | Кара өзгөй | 9079 | 303 | Ыбырай Туманов |
| 19 | Кара өзгөй | 3945 | 212 | А. Эркинбаев |
| 20 | Кара өзгөй | 3684 | 408 | Асылбек Эшманбетов |
| 21 | Кара өзгөй | 6869 | 220 | «Камбаркан» этнографиялык-фольклордук ансамбль |
| 22 | Кара өзгөй | 2249 | 415 | Алтымыш Мундузбаев |

## Тогуз кайрык

Токтогул Шибер сүргүнүнөн келгенден кийин көп жыйындын алдында комузун күүгө келтире отуруп: «Башымдан өттү миң кайгы. Алардын баарын санаганга ал жетпес, «тогузун гана кайрып берейин комузга» – деп, «Тогуз кайрык» күүсүн чертип, баяндарын бирден санап айтып берүүчү экен:

Биринчи кайрык: колу-бутум байланып, абакты көздөй айдалдым. Ботосу өлгөн төөдөй боздоп, апакем калды. Кучагынан чыгарбай аялым турду буркурап, «атакелеп» бакырып балдарым турду чыркырап. Шамшыкал калып аркамда Ак-Байтал белин ашканда, бардыгы менен тирүүлөй ажырашып жатканда, кордукка шонтип батканда жаралган алгачкы кайрык ушул.

Экинчи кайрык: абакта жаттым алсырап, эки көзүм жалдырап, тил билбеген солдаттар тикелей турат балдырап, алдым сыздайт темир тор, адамда болбос мындай кор. Ичим күйүп өрт болуп, элиме качан жетем деп, эки көзүм төрт болуп, кусалыктан жаралган – бул кайрык.

Үчүнчү кайрык: кол-бутта кишен шалдырап, козголо албай жалдырап, кол муштумду мындай кой, кароолдо карабин менен ургулап, бул азапка чыдабай эчендер өлдү тырпырап... Эрлердин сөөгү коюлбай карышкыр кузгунга жем болгондогу кордук – бул өзүнчө кайрык.

Төртүнчү кайрык: Красноводск – Астрахан аралыгын арта албай, зор толкунга кабылып, оодарылып кетет деп, оор жүктөн арылып кемелер кетсин дегенби, ичиндеги күнөөкөрлөрдүн колу-

бутун байлап деңизге ыргыткандагы кордук — ал да комуздагы бир кайрык.

Бешинчи кайрык: мындай азаптарга чыдабай качып чыктык сүргүндөн. Жолду билген эч ким жок, караңгыда калгансып, каңгып, жүрдүк канча күн. Кычыраган кышында жылаң аяк, жылаң баш колго түшүп кайрадан, кордукту көрүп сабалып, кайтадан калгандагы камалып азап менен тозокту айткандагы — бул кайрык.

Алтынчы кайрык: Маскөөдөн Сибирге кайра айдалдык. Азап-тозок-ажал алкымдан алып, кара жама илдетинен боо-боо болуп кырылганыбыз, кара жанга күч келип кайгырып ый-муңга батканыбыз алтынчы кайрыкта чертилет.

Жетинчи кайрык: карагай кыйып, кен казганыбыз, кен менен бирге жер алдында калганыбыз, канчаларыбыз тирүүлөй көргө көмүлгөнүбүз... Көзүм көргөн бул кордук көөнөрбөс комуз кылында дагы бир кайрыкта жарыя.

Сегизинчи кайрык: Шибер тозогунан Харитон, Семён досторумдун качырганы, ал ишин ачендиктерден жашырганы, ач бел, куу жолдо адашканым, акыры Ала-Тоо мекенимди тапканымды дагы бир кайрык кабарлайт.

Тогузунчу кайрык: Эңсеп келип элимди таптым, эчен кордукту артыма капшырдым, жараткандын бул буйругуна да каниет. Кордугумдун аягы үзүлбөптүр, атаганат! Алдымдан тосуп чыкчу жалгыз баламдын көрүн калдым кучактап, көзүнөн ажыраган энемдин ый аралаш жашы турду бурчактап, каалап алган өмүрлүк жарымды таппай калдым кылчактап... Каңырыкты түтөткөн бул азап тогузунчу кайрыкка катылганын айтам да — деп, эсил Током «Тогуз кайрыкты» чечмелеп, топ жыйынга тозокторун жар салуучу.

Тогуз кайрыкты Токтогул кара күүдө ушул бормодо баян этип, түрлөнтө шилтем аркылуу кол ойнотуп, тула боюн күлкүгө шыкап, куудулдана черткен. Тогуз кайрыкты керек учурда ыр да коштогон:

Тогуз толгоп кайырсам,
Торгой болот комузум.
Койгуласам тепкегин,
Кошо кетет добушуң.

«Дуу-дуу» бир кайрык,
«Тырпа-тырпа» бир кайрык.

Үшкүргөндө үч кайрык,
Мындан ары төрт кайрык.

Черте түш, черте түш,
Беш кайрыкка жете түш.

Алты кайрык бир толгоо,
Мына түштүң чоң жолго.
Калайык бар – элим бар,
Кайран күүм кор болбо!

Жети кайрып жайланып,
Жетигендей айланып.

Сегиз кайрып черткенде:
Токтунун эти бышкан күү,
Токтогул тордон чыккан күү.
Айдалып жүрүп Токтогул,
Айды карай учкан күү.

Тогуз айрып бир чертип,
Түрмөдөн Токоң чыккан күү.
Комузумдун добушун,
Уялуу кыргыз уккан күү.
Тобуна келип чертилген,
Токтогулга кутман күү.

1928-жылы «Тогуз кайрыкты» Токоңдун аткаруусунда музыковед А. Затаевич нотага түшүрүп алган. Классикага айланган бул күүнү алгачкылардан болуп угармандарга тартуулаган Токтогулдун жакын шакирти Калык болсо, кийинки улантуучулар Асылбек, Шекербектер. Ойнотмо, айтым, куудул күүлөр жанрындагы вариант Калыкта сакталса, Асылбек тартуулаган вариант күү өнөрүндө эң кеңири тараган.

Кыргыз радиосунун музыкалык алтын казынасында атактуу күү чеберлеринин аткаруусундагы «Тогуз кайрыктардын» толгон түрлөрү сакталып турат. Алардын ичинде Калыктын, Атайдын, Асылбектин, Алтымыштын, Мекиш Баата уулунун, Курманалы Калбото уулунун, Барпы Сапек уулунун, Өзбек Рысбек уулунун аткарган үлгүлөрү бар. Чыныгы өнөр жалпынын энчисине айланган нагыз искусство боло алса, аны эч нерсе менен салыштырууга болбос. Күү жандуу өнөрпоздордун табитин ойготууда, улуттук

салт-санааны жандандырууда «Тогуз кайрыктын» кошкон үлүшү зор. 1987-жылы Октябрдын 70 жылдык майрамына карата Эл чыгармачылыгынын бүткүлсоюздук 2-фестивалынын алкагында «Тогуз кайрык» телеконкурсу уюшулган. Бул окуя республикабыздын маданий турмушунда зор окуяга, чоң майрамга айланган. Токтогулдун күүсү тогуз кайрыктан куралса, тогуз адистен турган теле конкурстун калыстар тобу, тогуз талаптан турган конкурстун тапшырмалары ийгиликтин символу катары кабылданган. Улуттук кийимдери көздүн жоосун алган конкурстун катышуучулары коломтодо кайырган эрмек күүдөн кол ойнотмо чертишке чейин, күйгөн ырдан күлпөт оюн чертишине чейин, комузга кыл тагуудан күү толгоолоруна чейин тогуз талап таймашынан өтүү өзгөчө өнөр таймашы элибиздин музыкалык маданий салтын эскерип коюу эле эмес, аны андан ары байытуунун, Ала-Тоо аймагынан ашыра ааламга жар салуунун бирден бир ыкмасы болгон.

Током черткен «Тогуз кайрыкка» тектеш телекөрсөтүү адиси маркум Сатар Жумабаев негиздеген «Тогуз талап» мелдеши чыгармачылык издөнүүнүн чыныгы жемиши эмес беле? Айта кетели, Тогуз кайрык күүсүнүн алгачкы жаратманы ким? Бул суроо чечмелөөнү талап кылат. Күү күйөрманы Насыпбек Жумалы уулу 1997-жылы «Кыргыз руху» гезити аркылуу «Тогуз кайрык» Токтогулдукубу? – деп, окурмандарга кайрылганы бар. Ал макалада айтылганга караганда кадимки Ормон хандын уулу Үмөталынын ырчысы Ормотой чоң комузчулардан да болгон экен. Ормотой «Тогуз кайрып» күү черткен.

Элдики аталган эчен күүлөр («Насыйкаттар», «Ботойлор», «Кербездер», «Армандар») биздин муундун колуна илингиче канча замандар кабат-кабат бүктөлүп, канча мезгил артка карай шиленип кетпеди. Автордук укук бергидей жазма документтер болбосо, канча күүлөр узак аралыкта колдон колго өтүп, канча тарых ооздон-оозго айтылып, өзгөрүлүп-жаңыланып-эскирип, алгачкы вариантынан адашып, канчалары дарак бутагындай тарамдап, канчалары кумга сиңген тамчы суудай изин жашырып уучубуздан чыгып кетти. Бир кезде жаралган «Ботой боздогунун» канча түрү бар? Ал эми радионун музыкалык алтын казынасын аңтара келсеңиз кайрыктардын дагы канчасы колуңузга урунат: «Бир кайрык» (А. Кыдырназаров), «Кош кайрык» (Ыбырай, Эркесары), «Үч кайрык» (Ыбырай, Толтой Мураталиев), «Сегиз кайрык» (Ыбырай) ж.б. Ошондой эле «Сармерден кайрык»,

«Сезим кайрыгы», «Жаш кайрык», «Терс кайрыктар» менен удаалаш: «Каракол кайрыгы» (Жунус Аликеев), «Талас кайрыгы» (Асылбек Иманалиев), «Ош кайрыгы» (Болуш), «Алай кайрыгы» (Кулбай Түмөнбаев) канчасы менен таанышпыз.

Арийне, алыскы Шиберден Ала-Тоосун көрүүгө шашып, токсон тоскоолдуктарды ашып, азап-тозок дүйнөсү менен аралашып, аман-эсен журтуна кадам койгон тоо булбулу Токомдун «Тогуз кайрыгы» менен Коркут баба, Арстанбек ата кайрыктарынын ортосундагы алака-катышка астейдил мамиле кылалы.

Тогуз кайрып күү чертип,
Тозоктон Токоӊ чыккан күү.
Комузумдун добушун,
Уялуу кыргыз уккан күү.
Тобуна келип чертилген,
Токтогулга кутман күү.

Чакан кайрыктар кара күүгө чейин өсүп жетилип, ал тургай өзүнчө жанр катары калыптанганы байкалбай койбойт. Алардын да өз буроолору, ички биримдиги, тутумдашкан жалпылыгы бар. Ар кайрыкта чыныгы төкмөлүк өкүм сүрүп, не бир сонун вариациялар кубулжуйт. Өзүнчө туруктуу традицияга айланган кайрыктар, ар тараптан аларды толуктап турат. Мектеп окуучусу Шерматова «Кырчын» журналына «Тогуз кайрык» ырын бастырган экен:

Чертип жатат Токтогул «Тогуз кайрык»,
Толгонуп тагдыр жолун тогуз кайрып.
Мезгил өттү, зымырап жылдар жылды,
Айтып келет бул комуз сан кылымды.
Чертиле бер, Токомдун «Тогуз кайрык»,
Тоолуктардын жүрөгү гүлдөй назик.

Бул комуз күүсүнүн башаты кайсы мезгилге таандык? Анын ээси ким? Так кесе айтууга болбойт. Бул – талаш маселе. «Тогуз кайрык Токтогулдукубу?» деген макаланы 1997-жылы Насипбек Жумалиев «Кыргыз руху» гезитине жарыялаган. Окуп чыккандар өз оюн айтар деген ниетте макаланы толугу менен жарыялайбыз.

«Тогуз кайрык» күүсү Токтогулдуку эмес экен десем улуу акындын атына сөз тийип, теңдешсиз даражасына көлөкө түшчүдөй сезилет мага. Ошондой болсо да далилдүү даректерге таянып, бул күүнүн тарыхы өтө тереңде экенин айткым келет. Кадимки Ормон

хандын уулу Үмөталынын ырчысы, чебер комузчу, Жумгалдын Тогуз-Булак деген жерин жердеген Ормотой бул күүнү «Көтөн кести» деп атап чертчү. Мындай аталыштын себеби Ормотой тогуз кайрылган күүсүн түн ичинде элге чертип берип отурса, сырттагы малдан козу-корпо уурдаганы келген ууру күүнү угуп отуруп уктап калат да, короо кайтаргандар уктап жаткан уурунун тонунун көчүк жагын кесип салышат. Мурда Ормотой комузчу бул күүнүн атын өзү да билбегендиктен, уурунун көчүгү кесилген күнкү эл уккан күү «Көтөн кести» аталып калган.

Муну менен мен күү Ормотой чоң атамдыкы деп айтуудан алысмын. Ошондой болсо да бул күүнүн дарегин уккан Токтогул Жумгалдагы Ормотойдун урпактарынан болгон Торуке деген комузчудан «Көтөн кестини» коно жатып үйрөнүп, комузун Торукеге тартууга берип келиптир. Ошол комуз Торукенин баласы Ботоканга, андан ал кишинин уулу Жумалыга өтүп, азыр Жумгалдагы «Эпкин» айылында Жумалынын уулу Артисбектин үйүндө сакталуу. Кийин эле көзү өткөн комузчу Жумалы ушул күү баянын айтып, «Тогуз кайрыкты» черткенин өз оозунан угуп калдык.

Демек, күүнүн атын Ормотой комузчу өзү билбегенден кийин бул күү кадимки Толубай сынчынын доорундагы, тактап айтканда XIV кылымда жашап өтүп «Толубайдай сынчыны айт, Токтогулдай ырчыны айт» делип аты макалга айланган байыркы Токтогулдуку болсо керек деген кыйды ой кетет. Бирок, бул болжол да тура экенине күмөн бар. Олуя акын жана 500дөн ашык күү чертип жаш кезинде Курманжан датканын ак батасын алган нарындык Тынымсейит элинен чыккан Арстанбек Буйлаш уулунун тогуз кайрып черткен күүсү болгон деген сөздү санжырачылардын айрымдары айта калат. Ушул күү менен Арстанбек Алай тараптагы атактуу комузчу кызды жеңген имиш. Арстанбектин ырларын изилдеп, ар жерден эл оозунан чогултуп китеп кылып чыгарган окумуштуу Б. Кебекованын пикири да бул ойдон алыс эмес. Терең баамдап көрсөк, бул залкар күүнүн тарыхынын башаты «күү атасы» аталып түрк тилинде «Коркут-ата» делинген VI кылымда жашап өткөн ырлары кагаз бетине түшүп, биздин күндөргө жеткен Коркут ата бабабыздын комузунун кылдарына таандык десек адилеттик болчудай. Балким күү тарыхы андан да илгерки кылымдардын түпкүрүндөдүр! Аны кулагы кереӊ, дудук кары тарых айтмак беле?!»

**Радионун музыкалык «Алтын казынасындагы» «Тогуз кайрык» темасына арналган күүлөр:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Тогуз кайрык | 6540 | 2'55 | Сексенбай Айманбетов |
| 2 | Тогуз кайрык | 2641 | 2'22 | Калык Акиев |
| 3 | Тогуз кайрык | 9812 | 3'28 | Өзбек Алымкулов |
| 4 | Тогуз кайрык | 8071 | 3'03 | Мекиш Баатаев |
| 5 | Каракол кайрыктары | 9699 | 1'04 | Жунус Аликеев |
| 6 | Кош кайрык | 8111 | 1'54 | Эркесары Бекбасаров |
| 7 | Терс кайрык | 1784 | 1'00 | Эркесары Бекбасаров |
| 8 | Үч кайрык | 3657 | 3'05 | Эркесары Бекбасаров |
| 9 | Жаш кайрык | 707 | 2'10 | Коргоол Досиев |
| 10 | Кош кайрык | М.682 | 2'42 | Бейшеке Жандаров |
| 11 | Тогуз кайрык | М.687 | 1'57 | Бейшеке Жандаров |
| 12 | Жаш кайрык | 3879 | 3'30 | Абдыкадыр Жаналиев |
| 13 | Талас кайрыгы | 1813 | 1'28 | Асылбек Иманалиев |
| 14 | Тогуз кайрык | 3457 | 2'46 | Курманалы Калботоев |
| 15 | Тогуз кайрык | 4399 | 3'18 | Турсун Карымшаков |
| 16 | Терс кайрык | 3000 | 1'50 | Мейилкан Козубекова |
| 17 | Бир кайрык | 4376 | 2'25 | Асанбек Кыдырназаров |
| 18 | Ош кайрыгы | 3440 | 2'52 | Болуш Мадазимов |
| 19 | Тогуз кайрык | 2641 | 2'22 | Калык Акиев |
| 20 | Саиддин кайрыктары | 7180 | 2'00 | Толтой Мураталиев |
| 21 | Үч кайрык | 6068 | 2'30 | Толтой Мураталиев |
| 22 | Сармерген кайрык | 6502 | 2'18 | Толтой Мураталиев |
| 23 | Тогуз кайрык | 7721 | 1'42 | Атай Огомбаев |
| 24 | Кош кайрык | 768 | 1'51 | Асанаалы Ошуров |
| 25 | Тогуз кайрык | 7764 | 2'24 | Өзбек Рысбеков |
| 26 | Тогуз кайрык | 8021 | 1'31 | Барпы Сапеков |
| 27 | Үч кайрык | 6894 | 6'18 | Кеңеш Сулайманов |
| 28 | Тогуз кайрык | М.819 | 2'48 | Самара Токтакунова |
| 29 | Тогуз кайрык | 3082 | 1'47 | Ыбырай Туманов |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 30 | Сегиз кайрык | 3061 | 1'54 | Ыбырай Туманов |
| 31 | Кош кайрык | 9084 | 2'31 | Ыбырай Туманов |
| 32 | Тогуз кайрык | 8093 | 3'33 | Ыбырай Туманов |
| 33 | Кош кайрык | 9084 | 2'31 | Мурсалы Турсунбаев |
| 34 | Тогуз кайрык | 8851 | 3'20 | Намазбек Уралиев |
| 35 | Тогуз кайрык | 7774 | 2'28 | Асылбек Эшманбетов |
| 36 | Кош кайрык | 6737 | 3'00 | Абдракманов (кыяк күү) |
| 37 | Бир кайрык | Ч.6010 | 2'43 | Төлөкова Сүйдүм (темир комузда) |
| 38 | Кош кайрык | 10211 | 2'13 | Чытырбаев Бакыт (кыл кыякта) |
| 39 | Тогуз кайрык | 7147 | 2'40 | Алтымыш Мундузбаев |

## Кер толгоо

Салт күүлөр нугундагы кайрыктардын бири – «Кер толгоо». Анын аталышын кере толгонуп чертилишине ыйгарып жүргөндөр бар. «Кер толгоону» кери мүнөз, керең заман түпкүрүнөн издегендерди да жолуктурабыз. Андай шартта күү баянын улама-аңыз насилинен болгоолосо болот. Эмнеси болсо да, ошол ой топтомдордун бирине токтоолоу. Жигит менен ууга аттанып, тоо таянып бараткан ханды кандайдыр керемет кайрыктар ат тизгинин жыюуга аргасыз кылды. Боз адырдын кайкаңында жалгыз түтүн кара алачыкка хандын көзү урунду. Катарында келаткан баш вазирге буйрук берди:

– Ээн талаада эрбейип жалгыз түтүн отурган каяктагы адам? Билип келчи. Кара алачыкка чаап барып бир саамга буйдала түшкөн баш вазир кайта чаап келип, ханына кабарлады:

– Кемшийген кемпир, чайрайган чал, тестиер баладан башка кара алачыкта караан байкалбайт. Ким келип, ким кеткени менен иши жок, колундагы комузу менен муңдашып, сүйлөшпөй, маараган малдай ыйлап, коңур добушка арбалып, коргошундай эриген карыя гана отурат.

– И-и, андай болсо, атыңардан түшүп, бизди күткүлө! – деп жигиттерине буйрук берип, өзү баш вазири менен чалдын үйүнө келип түштү хан. Аттарын байлаштырып карыянын үстүнө салам

айтып киришти. Карыя хандын саламына башын ийкеген болуп, «отургула» дегендей ишаарат жасады, бирок комузун муңдуу дирилдетип, кайгылуу кайрыктар менен арбашып, ботосунан ажырап боздогон ингендей арман кошуп, сакалынан ылдый жаш чубуртуп отурду. Күү кереметине арбалган хан аң уулоо ырахатынан кечип койду. Жөкөрлөрүн ордого кайрып жиберип, карыянын кара алачыгында өзү жалгыз кала берди.

Аз чертилдиби, көп чертилдиби, оо бир оокумда комуз үнү басаңдап, күү соңуна чыгып, сакал ылдый мончок жаш кулаган карыя хан таажысын кийген адамга кулдук ура кепке келди.

— Ии, мырза, хандык мансабыңа карабай, кайгыга сүңгүп калыпмын. Кара алачыкка кайрылып калыпсыңар? Куш келиңиз, төргө өтүңүз. Жөн-жайыңарды айта отургула! — деп, байбичесине кайрылды:

— Азиз меймандарга казан ас, куттуу үйдөн куру чыгарганыбыз жарабас.

— Жигит-жалаңдарыбыз менен ууга чыккан элек. Кокустан комуз үнүн угуп, тизгинди бура тартып, катарыңызда отуруп калдык. Керемет чайыган арман кайрыктарга арбалып, аягын күтүп, алдыңыздан алыстай албадык. Дагы бир жолу эшитсекпи деп сураныч кылабыз» — деди хан.

— Сураныччыңарга кулдугум бар. Турмуштун оор соккусуна мүңкүрөгөн бирөө айткан тура: «Атаңдын көрү, дүйнө, арбыттың мээнет күнүгө!..» деп. Алмончоктой жалгыз уулум эр жетип, эл аралай баштаганда бизди таштап, о дүйнөгө кете берди. Кемпирим экөөбүз карыган чакта оозунан алдырган бөрүдөй очорулуп, очок башында отуруп кала бердик. Күйүтүмдү күүдөн чыгарып, күңгүрөнүп отурганыма жыл мезгили болду. Жалгыз уулума арнаган күүмдү «Муң толгоого» салган элем. Тагдырдын буйругуна амалсыз көнгөн оор учурга туш келипсиңер. «Муң толгоонун» муңун угуу калк башчысы ханым, сизге буюрганына Кудайга тобоо!... — деп токтоду карыя.

Азырети хан баш вазири менен комузчунун үйүндө дагы бир күн калды. Күн чертилди, түн чертилди комуз... үч кылдын дирилдеши бирде арман болуп жүрөктү жаралап, бирде боздоп сезимди аралап, бирде кошокко өтүп жалган дүйнө жарлыгын кабарлап, кайта жанып баатырлардын баскан жолун даңазалап... жаңыра берди, жаңыра берди.

Жалгыз туягынан тукум калбай, карманган баласынан айрылып, капаска түшкөн туйгундай кабат-кабат кайгы жүгү каруу-күчүн алып, мээсин мыжыгып, кантер айла таппай карайлап калган карыянын катарында калкын койдой имерген, каарданса каргашалуу сел жүргөндөй каптачу хан өзөктө күйгөн өрт сыңары өз кайгысын жеп отуру. Алтын так үчүн арбашуулардан, бийлик кумарындагы кармашуулардан, ордодогу оопасыз «оюндардан» тажаган бийлик эгеси кара алачыктагы карапайым турмушту артык сезип, жылт-жулт күйгөн очоктогу от табында казанда бүлк-бүлк кайнаган эт жытын, сорпо жытын искеп, күү касиети көңүлгө муюп, көшүлтүп баратты…

Карыя менен кадыр түн тоскон хан кайтаарында:

– Баракелде, аксакал. Кеткиче өңчөй муң толгоолорду кайырдыңыз. «Бири кем дүйнө» деген ошол. Кантели? Алмактын бермеги бар. Комузуңуздагы «Муң толгоону» «Шаң толгоого» буроочу учур да келээр. Жараткан, ошол насипти буюрсун! Бул комузда токсон толгоо бар, – деп, коштошуп кете берди. Күндөрдүн биринде хандын вазири келип:

– Биз менен ууга чыгып келүүңүздү хан өтүнүп жатат – деп, карыя комузчуну ала кетти. «Комузда токсон толгоо бар» деген хандын сөзү карт комузчуну ойго салып, ошол толгоолорго тогошор кайрыктар табылса гана атаганат! – деген үмүт менен карыя комузга улам жаңы кайрыктарды кошо берди. Кайрыктар арбый берди, күү кубула берди.

Суу төгүлбөс кер жоргону бөжүтүп, хан топтон жаа атым алдыда. «Капырай, жаныбардын сын-сыпатын, шайбыр-басыгын, жол-жоргосун, шамалдай безген арышын кара…» деген ойдо карт комузчу ар кыймылын күүгө салып барат.

Кызыл калтар токойдон кылак этип, төмөнгө түтүндөй чубалды. Кара шумкардын томогосун алып, калтарды көздөй шилтей берди хан. Кара шумкар канат кагып, асманга атып чыгып, алдыда чубалган калтардын соңунан барат. Хан да карап турсунбу, кер жоргонун оозун коё берип, куюн болуп, төмөн карай бой урду. Көрүнгөндө көрүнүп, көрүнбөсө көк түтүн болуп бөлүнүп, биринин артынан бири сая түшкөн: кызыл түлкү, кара шумкар, кер жорго… Бул ажайып көрүнүш карт таланттын чыгармачылык шыгын ойготуп, кыял чабытын дүргүтүп баратты.

Кайкып учкан кара шумкар кымбаттуу кызыл түлкүгө жаа огундай сайылды. Олжого ортоктош болсом дегенсип, булуттуу

көктүн астынан, муундуу чөптүн үстүнөн желдей сызган кер жорго канаттуу бүркүттөн калышпай калтарды бет алып зымырайт.

Карт күүчү атынан түшө калып, белиндеги комузун алып, жоргонун жоругун үч кылга сүйлөтүп, элес сүрөтүн кайрыктарга салып жатты.

Унун кызыгына баткандар кызыл күүгүмдө гана ат тизгинин жыйып, кыр-кырдан түшүп келип, олжо бөлүшүп, канжыгага байлап, кайтмак болушту. Бирок, атайын чакыртып алган ардактуу адам карт комузчу артта калган. Ары чапкылап, бери чапкылап, акыры адырдын аркы бетинде акактай ак ташка көчүк басып, күү сызгырылтып отурган жеринен табышты.

– Оо, таксырлар, шыралга!

– Ии, өнөр олуясы, кайрыгыңыз улансын!

Кер жоргосун бөжүтүп, аң-тамашасына курсант болгон азирети хан топко келип кошулду. Комузчу колундагы аспабын алда кандай толгоого бурап ханга кайрылды:

– Алдаяр ханым, болжогон толгоо табылды. Кечээки «Муң толгоо» бүгүн «Кер толгоого» айланды. Комуз кайрыгындагы «Кер толгоо» хан алдында туйлаган «Кер жоргонун» арышы деп билгейсиң...

Комузчунун нарк билгилигине таазим катары, тогуз баштаган мал айдатып, алты канат ак өргөөгө киргизип, хан ордосуна жакын конушка көчүртүп алды.

Ажалы жетип карт комузчу о дүйнө салды. Калк башчысы өнөр устатын салтанат менен узатты. Өзү өлсө да өнөрү калып, «Кер толгоо» күүсү урпактан урпакка мурас болду. Калк өнөрүн кастарлай билген, журтуна алымдуу хандар да өткөн экен дүйнөдөн.

Андан бери канча заман алмашты. Комуз дүйнөсүндө «толгоолор» тоому жаралды. Карт комузчу соңунан калдайган зор аспапчылар ар мезгилдин «толгоолорун» журт алдына тартуулады.

**Радионун музыкалык «Алтын казынасына» алынган «толгоолор»:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кер тоолго | 5496 | 1'18 | Кана Базакулов |
| 2 | Кер тоолго | 2328 | 1'30 | Бейшен Бакыев |
| 3 | Кер тоолго | 8060 | 3'06 | Мекиш Баатаев |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жаа толгоо | 8062 | 1’32 | Мекиш Баатаев |
| 2 | Кер толгоо | 3663 | 4’17 | Мекиш Баатаев |
| 3 | Кер толгоо | 706 | 3’20 | Коргоол Досиев |
| 4 | Сур толгоо | 5094 | 2’22 | Акысбек Дүйшеев |
| 5 | Чың толгоо | 5907 | 3’34 | Турар Жолдошев |
| 6 | Жаа толгоо | М.584 | 3’09 | Чалагыз Иманкулов |
| 7 | Сур толгоо | М.54 | 2’36 | Чалагыз Иманкулов |
| 8 | Чың толгоо | М.286 | 2’44 | Чалагыз Иманкулов |
| 9 | Жаа толгоо | 3471 | 2’55 | Жаналы Корочиев |
| 10 | Кер толгоо | 3468 | 3’00 | Жаналы Корочиев |
| 11 | Сур толгоо | 3983 | 3’25 | Абдракман Кыдырбаев |
| 12 | Жаа толгоо | 3860 | 4’10 | Абдракман Кыдырбаев |
| 13 | Кер толгоо | 7423 | 3’00 | Болуш Мадазимов |
| 14 | Кер толгоо | 3903 | 3’20 | Абдыкерим Мокоев |
| 15 | Келиндердин кер толгоо | 368 | 3’51 | Карамолдо Орозов |
| 16 | Жаа толгоо | 8964 | 2’57 | Усуп Орозов |
| 17 | Кер толгоо | 8965 | 3’55 | Усуп Орозов |
| 18 | Кер толгоо | 7734 | 2’23 | Өзбек Рысбеков |
| 19 | Кер толгоо | 8041 | 1’30 | Барпы Сапеков |
| 20 | Кер толгоо | 5290 | 1’52 | Жумалы Сейдалиев |
| 21 | Кер толгоо | 2007 | 2’43 | Шабий Токтоев |
| 22 | Жаа толгоо | 3053 | 2’43 | Ыбырай Туманов |
| 23 | Кер толгоо | 373 | 3’17 | Ыбырай Туманов |
| 24 | Сур толгоо | 9097 | 2’28 | Ыбырай Туманов |
| 25 | Кер толгоо | 2748 | 3’06 | Мурсалы Турсунбаев |
| 26 | Кер толгоо | 2660 | 2’33 | Асылбек Эшманбетов |
| 27 | Кер толгоо | 1378 | 2’03 | Кунтакбай Үмөталиев (кыякта) |

## Сыздат

Мурдагы замандарда комуз күүлөрү «арман», «жоктоо», «кошок» сыяктуу салттык теманы көбүрөөк козгоп келген. Анын төркүнү кылымдар катмарында кыйын-кыстоолорду баштан көп өткөргөн кыргыз элинин турмуш көйгөйлөрү сөзсүз кыл тарыхына кыстарылган. Токтогулдун «Арман», «Кербез», «Ботойлору», Ниязаалынын «Кара өзгөй», «Кер толгоо», «Терс кайрык», «Оң кайрыктары», «Камбаркан», «Насыйкат», «Көкөй кести», «Сынган бугу», «Жөө калды», «Анжыян калкы», «Арстанбектин арманы», «Каныкейдин арманы» эл турмушундагы кайгылуу трагедияларды элестетет. Булардын баян дареги аздыр-көптүр атпай журтка белгилүү. Ал эми «Сыздат» аттуу күүнүн баяны азырынча ачыла элек, сандыктагы жабык сыр сыяктуу. Дегенибиз, «Сыздат» бир адамдын башына түшкөн мүшкүл эмес, жамы журтту жабыркаткан арман дүйнө жаңырыгы. Сыздат — этимологиялык мааниси: онтоткон оору жанын кыйнаганда: «белим сыздап, көзүм тунарып, демим кыстыгып...» деп айтылат го. Эгер турмуш запкысын тарткан адамды аясаң: «ай, байкушум ай! Баласынан тирүүлөй ажырап ичтен сыздап калбадыбы?!» деп, боор толгоп кетмейибиз бар. Күү жагдайынан сөз кылсак, Карамолдонун иниси Усуп Орозов «Сыздат» күүсү тууралуу журналистке төмөндөгүдөй жооп кайтарыптыр:

— Молдокемдин «Сыздат» күүсү эмне үчүн минтип аталган?

— Молдокем бул күүнү элге чертип жатса, отурган көпчүлүк:

— Дагы сыздата түш! Сыздата көр! — деп, кулак түргөн экен, ошондон улам,

— Баягы «Сыздатты» черт, деп жүрүп «Сыздат» аталып кеткен дешет.

Комуз да сыздайт, үч кыл дирилдеп, үн кагып, кээде адамча ыйлайт. Жеке өзү ыйлабайт, угармандарды сыздатып, убайымга салып, улуп-уңшуйт. Калкы менен боордош, карындаш, муңдаш, сырдаш, касиеттүү үч кыл комуз, угарманың кемибей, күйөрманың көбөйүп, билерманың билип, билгилигиң артып, уучуң узара берсин! Ошол күйөрмандардын бири «Сыздат» аттуу поэма жазып, «Манас руху» конкурсуна сунуштаган. Айрым урунттуу саптарды «Күү баянына» кыстара кетели.

Мына, ушул «Сыздат» күү,
Жалаң эмес Каныкей,

Бүткүл элдик армандыр.
Кан Манастын арбагын,
Ээрчий жүрүп кангандыр.
Манас миңге жеткенде
Бул да миңге баргандыр.
Мына, ушу «Сыздатка»,
Элдин жашы тамгандыр,
Жердин жашы тамгандыр.
Аны черткен кишиден,
«Баягыңды сыздат» деп,
Сурай берип акыры
«Сыздат» болуп калгандыр...
Теңдеши жок муң-кайгы,
Укпаганмын мындайды.
Өзөгүңдү өрттөгөн,
«Күү атасы» турбайбы?
Черт, Самара, «Сыздатты»!
Сен черткенде «Сыздатты»,
Сай-сөөгүмдү сыздатты.
Кылымдарды күйгүзүп,
Кылымдарды муздатты.
Серпим-серпим кайрыгы,
Сезимдерди туздатты.
Жүз кылымдын кайгысы,
Жүз кылымдын арманы.
Урпактардан урпакка,
Ушу тура калганы.
Бүт өмүрдүн муң-арман,
Бир «Сыздатка» салганы.
Кылым кыркып кыйраган,
Кыргызымдын барманы.
Өмүр даамын билейин,
Көңүл даамын билейин.
Кылдарыңа кирейин,
Комузумдун күүсүндө,
Кошо жашап жүрөйүн.
Алсызмын да балбанмын,

Махаббатка кабылып
«Сыздат» болуп калганмын.
Ушул тура, чиркин ай,
Өкүнүчү жалгандын?!
Сыр түйүнү бүтпөгөн,
«Сыздат» күүгө таӊ калдым.
Кайдан алды бул комуз,
Бүт дүйнө жалганды?
Олдо, курган муӊ-арман,
Ушул тура шум жалган!
Черт, Самара, «Сыздатты»!
Суу тамчылап сезимге,
Уу тамчылап сезимге,
От бүркүлүп сезимге,
Чертип жаткан кезиӊде
Тарамыштар чыйралсын,
Тартылууга ал калбай,
Так баладай ыйласын.
Тарам-тарам сезимдин,
Тамырлары кыйрасын.
Өткөн муӊду жоктосун,
Өчкөн күндү жоктосун.
Коюн-колтук алышып,
Өскөн күндү жоктосун.
Эки жүрөк көлкүлдөп,
Эригенди жоктосун.
Мына, ушул «Сыздатта»
Каныкейдин үнү бар.
Каран түшкөн кыргызда,
Кан Манастын жүгү бар.
Калыӊ кыргыз тукуму,
Баарын байкап билип ал…

«Сыздат» күүсү менен сыр алышкысы келгендер радионун музыкалык «Алтын казынасын» карасын:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Сыздат | М.683 | 2'47 | Бейшеке Жандаров |
| 2 | Сыздатма | Ч.6024 | 2'20 | Толтой Мураталиев |
| 3 | Сыздат | 694 | 5'12 | Карамолдо Орозов |
| 4 | Сыздат | 9476 | 3'53 | Усуп Орозов |
| 5 | Сыздат | М.798 | 6'41 | Самара Токтакунова |
| 6 | Сыздат | 3055 | 3'42 | Ыбырай Туманов |

## Арсар күү

Ниязаалы сахнада жеңин чечип таштап, көкүрөгүн ачып таштап, күүгө сөз кошуп, комузду бирде ийнине чыгарып, бирде аркасына келтирип, бирде жерге коюп, кайта бооруна кысып түрдүү кыймылда чертип жатты. Ниязаалыны эл сахнадан кетирбей үч жолу черттиришти. Мына, ошол чоң өнөр жарышында маара талашкан «Арсар күү», «Шыңгырама», «Терс кагыш» деген күүлөр эле. Булардын ичинде элибиздин көркөм маданиятында зор баага татыганы «Ниязаалынын арсар күү».

Комуз дүйнөсүндө башка «Арсар күүлөр» да чертилет. Комузчу Эркесары «Тынардын арсар күүсүн» музыкалык алтын фондуга тапшырганы белгилүү. Бирок, Ниязаалынын «Арсар күүсү» комузчулардын репертуарында көбүрөөк орунга ээ.

Комузчу Шекербек Шеркулов «Арсар күүнү» кайырганда устатын минтип эскергени бар: «Нияз акем оң билегин чыканагына чейин түрүп:

Аксылыктын «Арсар күү»,
Атын таап черткенге
Абдан жакшы арзан күү.
Черте албаган адамга,
Эң бир оор сарсан күү...

Комузда кол ойнотсоң Ниязаалыдай бол дегенге чындап көзүм жеткен. «Арсар күүнү» Токтосун Тыныбеков да таамай, так чертчү:

Кайгыга бүткөн арман күү,
Карыганда кайран күү.

Заманына жараша
Зарын чертип калган күү.
Чер таратчу: «Арсар күү»,
Черткендерге арзан күү.
Сайратып черте албаса,
Сары оору кылчу сарсаӊ күү.
Так үйрөнүп алгыча,
Далай азап тартар күү
Таасындатса үйрөнүп,
Табылбаган залкар күү.[110]

Токтосунга улай «Арсар күү» баянына дагы бир эскерүүнү кошумчалай кетели: «Ниязаалы Таласка барып, Эшманбет, Токтогул, Калык, Айдараалыга жолугат. Бардыгы чогуу жүрүп, аш-тойлорго катышып, күү чертишип, ыр нөшөрүн төгүп, чер жазышат. Күндөрдүн биринде минген аттарын сынап көрүү максатында аралыкты белгилешип жарышмакчы болушат. Шакирттери тамаша катарында Ниязаалынын атынын бутуна бир учу казыкка байланган арканды күрмөп коюшат. Муну жөнөй бергенде баамдаган Ниязаалы атынан түшө калып арканды чечмекке буйдалып калат. Арканды канжыгага байлап, тигилердин артынан атына камчы уруп жөнөп калат. Марага биринчи илинбей, экинчи болуп келет. Бул жорукту кабарлап, байгенин башына отура калып, «Арсар күүнү» чертип жиберет. Күү мааниси: «атымдын бутун байлап, жеӊишимди «арсар» абалга такап салдыӊар – деген.

**Радионун музыкалык «Алтын казынасындагы» «Арсар күүлөрү»:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Арсар күү | 9817 | 2’38 | Өзбек Алымкулов |
| 2 | Арсар күү | 8172 | 2’25 | Эркесары Бекбасаров |
| 3 | Арсар күү | 4394 | 2’52 | Турсун Карымшаков |
| 4 | Арсар күү | 5617 | 3’25 | Аттокур Оморов |
| 5 | Арсар күү | 9122 | 3’01 | Ыбырай Туманов |
| 6 | Арсар күү | 2675 | 2’04 | Асылбек Эшманбетов |

110 Т. Тыныбеков. Менин устаттарым. – Ф., 1983.

## Желпиме

Комузчу Өзбек Рысбеков «Ниязаалынын желпиме» аттуу күүсү тууралуу төмөндөгү маалыматты ортого салат: «Ниязаалыдан Баатырбек, андан Аманбек, аны менен шахтада бирге иштешип калдым. Ниязаалы акенин кийинки аялы Күлүйпа колунан иш да, аш да келген, үй оокатын мыкты тейлеген, катуу сүйлөбөгөн, күйөөсүнө каяша айтпаган, меймандарды жакшы кабыл алган, балдардын сүйүктүү энеси, «ургаачынын жабылуу кара ингени» дегенге татыктуу жан болучу. Ниязаалы аке байбичесине арнап «Акыл карачач» деген күү жаратыптыр. Кийинки комузчулар аны «Желпиме» деп чертип жүрүшөт». Ушул эле окуяны комузчу Саадабай Шабданов төмөнкүчө улайт: «Ниязаалы жайлоодон түшүп келатса жакадагы кырманда кыз-келиндер кым-куут иштеп жатышат. Кээ бири күрөктөп буудай сапырып, кээ бири калбырлап кызылды топондон тазалап, бирлери тазаланган кызылды шамалга желпип жатса, кээ бири тазаланган данды дагы чакалап ташып жатат. Кызылын желпүүгө салып желпип жаткан аялдардын ичинен кызыл көйнөк кымча бел бир келин Ниязаалыга өзгөчө сүйкүмдүү көрүнүп кетет. Көз токтотуп жакындан байкайынчы деп, бастырып келип караса, өзүнүн жубайы болуп чыгат». Атаңдын көрүү-ү дүйнө!.. Агын суунун балыры жок, алган жарыңдын кадыры жок» демекчи, койнумдагы колуктумдун ким экенин эмдигиче билбей жүргөн экемин го?.. деген Ниязаалы «кызыл көйнөк, кымча бел» зайыпты эми көргөнсүп тиктеп карап турат... Чакыртпай өзү келген эл шайырынын өнөрүнө ашык болуп жүргөн кыз-келиндер тыныга калып, күү залкарын тегеректеп калышат. Кыраакы комузчу дөңгөчкө көчүк басып, койнундагы комузун сууруп чыгып, күүгө келтире буроого салып, жеңин чыканагына түрүп, шайыр мүнөздөгү күүлөрдүн бир тобун чертет. «Сары барпы», «Карача торгой», «Санат күү», «Короо күзөтүү» сыяктуу күүлөрдүн бир канчасын өткөрүп, аягында али эч ким уга элек жаңы күүсүн чертет. Күүдө махабат чайыган жаркын маанай, жүрөк элжиреткен, көңүл сергиткен таасир кыз-келиндердин ички дүйнөсүн козгоп, оп тартып алат. Күүнү токтотуп, сурагандарга күүнү «Желпиме» атап, келинчегин ээрчитип үйүнө жөнөйт. Дасторкон үстүндө даам тата отуруп, келинчегинин маңдайында «жанагы күүнү кайталап чертип берейин, жакшылап ук. Кыз-келиндердин ичинде өзүмдүн «Акыл карачачым» сага арнаган күүм болчу» — дейт. Бул күүнү кээ бир

комузчулар «Желпиме» атап чертишсе, кээ бири «Акыл карачач» деп аткарып жүрүшөт».

**Радионун музыкалык «Алтын казынасына» алынган күүлөр:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Желпиме | 8088 | 1’24 | Эркесары Бекбасаров |
| 2 | Желпиме | 4613 | 2’29 | Зина Шайбекова (т. ооз комузда) |
| 3 | Боздомо | 8102 | 1’46 | Эркесары Бекбасаров |
| 4 | Желдирме | 3244 | 2’12 | Асанаалы Кыштообаев |
| 5 | Желпиме | 3134 | 1’57 | Болуш Мадазимов |
| 6 | Желпиме | 3910 | 1’50 | Абдыкерим Мокоев |
| 7 | Желдирме | 1731 | 3’22 | Карамолдо Орозов |
| 8 | Желпиме | 3709 | 1’13 | Буканбет Орозов |
| 9 | Желдирме | 7744 | 2’17 | Өзбек Рысбеков |
| 10 | Желдирме | 2004 | 2’16 | Шамил Токтоев |
| 11 | Желдирме | 374 | 2’00 | Ыбырай Туманов |
| 12 | Желдирме | 9204 | 3’02 | Бөжөй Шадыканов |
| 13 | Желдирме | 6506 | 1’55 | Төлөкова Сүйдүм (т. ооз комузда) |

## Ырчы күү

Аспаптык кайсы бир күүлөр мезгилинде ырдын обондорун шарттоо менен, поэзия дүйнөсүн көркөмдүк бийиктикке көтөрүү милдетин өтөп келишкен. Бара-бара кайсы бир аспаптын коштоосунда обон күү менен жуурулуша күйөрмандарын көркөм өнөргө бөлөшкөн. Калкыбызга кеңири тараган «Карагул ботом» дастанын мисалга тартсак, алгач бул окуя аңгеме түрүндө элге тарап, андан ырга айланып, акыры күү коштоп, бийик дэңгээлге көтөрүлгөн.

Акындык-ырчылык өнөр алмустактан күү менен жанаша өркүндөп, өсүп келген. Бул өнөрдүн музыкалык коштоосу бар, төгүп ырдайбы-төнүп ырдайбы, ар акын өз «менин» кошуп келгени белгилүү. Акындарыбыздын ырын коштоого алган аспаптык кайрыктарды «Ырчы күү» аталат. Арстанбек, Жеңижок,

Токтогул, Эшманбет, Осмонкул, Калык, Алымкул, Коргоол… ар кимиси өз обону менен ырчылык өнөрүн жамгырдай төгүшкөн. Арадан анча убакыт өткөрбөй, алардын бул өнөрүн Ысмайыл, Токтоналы, Эстебес, Ашыраалы, Тууганбай, Токтосундар улаган. Алардын музыкалык аспаптарда өз обону, өз ыкмасы менен аткарган кайрыктары, албетте, өзгөчөлөнүп турат. Токтогул менен Эшманбеттин алым-сабак айтышындагы бир учурду мисал тартсак, эсил Токо «Миң кыялын» кылактатса, Эшманбет «Ырчы күүсүн» күргүштөткөн:

Кулагын тосуп акынга,
Кумарын арткан «Ырчы күү».
«Карааным сенсиң Токо» – деп,
Кабарын арткан Ырчы күү.

Таластын Кең-Колун жердеген Жүндүбай, Асан, Боромбай деген үч бир бир тууган балдарына чоң той берет. Эшманбет жаш кезинде Жүндүбай менен мамилелеш болгон экен. Токтогул Таласка келгенде Жүндүбайдын тоюна экөө тең катышып, өнөрүн ортого салышкан. Ырчы-сооронучулар үчүн тигилген үйгө эки акын түшүрүлөт. Адамдар үйгө жык толуп, батпагандары сырттан акындардын өнөрүн акмалайт. Акындар көпкө ырдап бир убакта элдин каалоосу боюнча алым-сабак айтышка өтөт.

Эшманбет:
Копо ажы коюн кайтарып,
Кор болгондогу «Ырчы күү».
Тамандарым таш тилип,
Чор болгондогу Ырчы күү.
Азаптуу шордон арылбай,
Арыктагандагы Ырчы күү.
Акыным сен деп өзүмдү,
Барыктагандагы Ырчы күү.
Жайлуу жай таппай Таластын,
Жеринен качкан Ырчы күү.
Эркинче ырдап жүрө албай,
Элинен качкан Ырчы күү.

Шиберден Током келгенде,
Кадамын керген Ырчы күү.
«Саламат жаның барбы?» – деп,
Саламын берген Ырчы күү.

Токтогул:

Айлына эрмек боло албай,
Алыста жүрдү – Миң кыял.
Басканы тайгак өт болуп,
Карыпта жүрдү – Миң кыял.

Араң басып темселеп,
Турганың айтчы – Миң кыял!
Артыңдан солдат желкелеп,
Урганын айтчы – Миң кыял!

Күн көзүн көрбөй тумчугуп,
Күйүттө жатты – Миң кыял.
Ай бетин көрбөй алсырап,
Абакта жатты – Миң кыял!
Азаптуу теңсиз замандын,
Ачуусун тапты – Миң кыял.

Эшманбет:

Калың элди аралап,
Катарда жүрдү Ырчы куу.
Сарттар, саяк жеринде,
Сапарда жүрдү Ырчы куу.

Айтышка салып жаш жанын,
Азапты чеккен Ырчы куу.
Акыйкат деген кайда?! деп,
Мазаны жеген Ырчы куу.

Азап менен тозокту,
Аркалап жүрдү Ырчы куу.
Кай жакка барсам жанымды,
Калкалап жүрдү Ырчы куу.

Токтогул:

Канчалык кыйноо тартсам да,
Көрүнөө жүрдүң – Миң кыял.
Көксөгөн менин муңумду,
Көрүшө жүрдүң – Миң кыял.
Бөтөн элге бооруңду,
Бөлүшө жүрдүң – Миң кыял.

Айдалып элдин алыскы,
Арасын көрдүң – Миң кыял.
Ар уруу журттун ичинен,
Аласын көрдүң – Миң кыял.

Андагы канкор мында бар,
Чамасын көрдүң – Миң кыял.
Андагы кыргыз – мында орус,
Чарасын көрдүң – Миң кыял!

## Жолоочу күүлөр

Адетте, ар кыл өнөр ээлери (акын-ырчылар, аспаптык күүчүлөр) атайын даярдык көрүп, угармандар алдында өз өнөрүн көрсөткөнү белгилүү. Кайсы бир учурда капилеттен күү жаралып, кандайдыр кырдаалдарда аралжы болоор окуялар да кездешпей койбойт. Бул учур «жолоочу күүлөр» деп эскерилип, күнү бүгүн комузда чертилип, чоордо ойнолуп келет.

### Бай, коюңду жоо алды!

Илгери жетим бала он жашында байдын коюн кайтарып малай болуп жүрөт. Күндөрдүн биринде дабанда кой жайып жүргөн ошол малайдын эки колун байлап, каракчылар койлорду айдап жөнөшөт.

– Акелер, колумду бошотуп койсоңор, чоорумду бир тартып анан өлөйүн, – деп суранат малай. Каракчылар ага макул болушат да, колун чечип бошотуп, чоорун беришет.

Эр-ээй, эр-ээй, эр басты!
Бай, коюңду жоо басты!
Тарт дегенде тартпаган,
Арам өлгүр, көк серке!
Каракчылар келгенде,
Тартып дабан бел ашты!
Бай, коюңду жоо басты, э-ээй!..

Койчу дабан белинде чоор тартып жатканын байдын кызы эшикте өрмөк согуп отуруп угат.

– Ата-а! Койчуңдун чоорунун добушу бузулду. «Жоо айдады коюңду!» деп чакырык салат.

Бай күлүк атын минип, куржундун эки көзүнө топурак толтуруп, дабандын белине чаап чыгып, куржундун көзүн тешип жиберип, кыйкырык салып жөнөйт. Дабан белинде чаң сапырылып, ызгып калат. «Куугунчулар көп экен?» деп шектенген каракчылар койду да, койчуну да таштап, качып жөнөшөт.

Койду койчусу менен аман-эсен ажыратып калган ата кызына ак батасын берип, койчунун өнөрүнө ыраазылыгын билдирип, эки жашты үйлөндүрүп, кыз-күйөөсүнө койдун жармысын бөлүп берген экен. Капыстан тартылган «Бай коюңду жоо басты» чоор күүсү эми тамаша, жыйын, той-топурларда салтанат менен тартылып, чоор күүлөрүн толуктап келет.

## Буудай күйдү

«Үч жатакчынын үйүнөн аттанып, жолдо бир үйгө түштүк. Током экөөбүз эшиктен кирсек, бир колу менен очокко куурай жагып, бир колу менен куургучун кармап, казанда буудай кууруп жаткан орто жаштагы, балжууран сары, тоголок аял бизди адегенде жактырбагансып кабыл алды. Током төр жакка өтүп, комузун ойку-кайкылатып черте баштады эле, аялдын кабак-кашы мурункудан башкача боло түшүп, Токомду кыя карап калды. Током мен жакка көзүн кысканда куурайды шыкап жага баштадым. Эки колум отто, эки көзүм Токомдо. Алгач баягы аял буудайын аралаштыргансып жатат эле, андан кийин күү кызыгына батып, Токомду жалдырап карап калыптыр. Током комузун «Кара өзгөйгө» күүлөп алып, адатынча топусун чуңкурайта кийип чертип жатат:

...Кара мүртөз кара өзгөй,
Наадандыктын залдары.
Ээ, карындаш, карындаш,
Эч кимге болбой айылдаш.
Малга карап бөксөдө,
Конупсуңар жалгыз баш,
Аман болсо алтын баш,
Дүйнө кимге табылбас?..

дегенде аял оозун ачып делдейген бойдон отуруп калды. Казандан кара буу чыга баштады. Током ырын күчөтөт, мен отту күчөтөм. Бир кезде күйгөн буудайдын жыты каңылжаарды жарып жиберди. Аял Токомду теше тиктеген боюнча казаны менен иши жок. Ал аңгыча Током:

Буудай күйдү, Кара өзгөй,
Буудай күйдү, Кара өзгөй.
Казандагы бадырак,
Куудай күйдү, Кара өзгөй... –

деп, кадимкидей кылдарды сүйлөтүп, кээде чычаланы очоктон чыгарып үйлөтүп чертип жатат. Током үч-төрт жолу кайыргандан кийин аял казанын карап, капкара болуп күйүп калган буудайын очоктон чыгарып, кыпкызыл болуп уялып кетти. Ошондо гана меймандарга суусун сунуп, кеп-сөзгө келди. Ал үй ээсинин кичүү тоголу экен. Бай улуу кызы, байбичеси менен башка жерге конуш жаңыртыптыр. Токолдун суроосу боюнча «Буудай күйдү Кара өзгөй» күүсүн кайталап чертип, аягын тамашага айландырып аттанып кеттик, – дечү эле Коргоол ырчы.[111]

## Ийик күү

Эркесары Бекбасаров Таласта туулган. Жаштайынан турмуштун оор запкысын тартып чоңоёт. Тогуз жашынан колуна комуз кармап, үч кыл сырына каныга, күү артынан сая түшөт. Таласта жашоо шарты кыйынга тура баштагандыктан, Аксыга көчүп келишкен. Ушул жерден устаты Ниязаалы менен таанышып, андан таалим ала баштаган кезде атасы өлүп, үй-бүлө багуу милдети Эркесарынын мойнуна түшөт. Аксыдан кайра Таласка келип, Суусамырдагы эжесиникине сапар алат. Колунда таяк, койнунда комузу.

Алыс жолдо жөө-жалаң келе берет, курсак ачка. Адырдан өтө бергенде жалгыз боз үй көзгө урунат. Кайрыла кетмекчи болуп, боз үй тарапка бурулат. Эшик алдында ийик ийрип отурган байбичеге салам жолдойт. Байбиче кайдагы бир селсаякка назар бургусу келбей, укмаксан. Жибин ийрип калыбында отура берет.

– Энеке, суусунуңуз бар бекен? Жол арытып чарчап чаалыгып келаттым эле, – дейт жолоочу.

– Ии, айланайын, бизге окшогон жатакчыда кайдагы суусун?.. – деп, кемпир күбүрөнөт.

Дүмүргө көчүк койгон Эркесарыга байбиченин ар кыймылы көз алдына тартылып, илхамы ойгонуп, койнундагы комузуна кол созот. Үлпүлдөтө тытылган уяң жүндү түйдөккө ороп, кемпир түйдөк өзөгүнөн чоюлган шакекчени сол кол ортонуна илип алган. Түйдөктүн берки учундагы ийиктин сабын сунулган бутунун оң жаккы санына жаный берген сайын, тегерек темир кийгизилген ийик чимирилип, созулган жүн чыйрала улам ичкерип, жипке айланып... байбиче жиптин уламкысын улам ийикке түрүп, ишин улантып жатат. Эркесары болсо, байбиченин маңдайында сыңар тизелеп

111 Т. Тынабеков. Менин устаттарым. – Ф., 1983. 26-бет.

кемпирдин ар кыймылын туурап, комузун чертип жатат. Кемпир ийикти санына жанып чимирилткен учур так ошол калыбында комузга тууралып, жипти созгону, түргөнү так өзүндөй чертилет.

Ошол учурда үйдөн чыга калган карыя окуяны өз көзү менен көрүп, комузчу жигиттин өнөрүнө ыраазылыгын билдирип, Эркесарыны үйгө ээрчитип кирип, «Ийик күүнү» дагы бир черттирет. Жолоочунун өнөрүн урматтаган карыя козу сойдуруп, аркы айылдан кымыз алдырып, кошуналарын кошо чакырып, күү өнөрүнө карк болушкан экен. Ошол күндөн тарта Эркесарынын репертуарын кызыктуу баяны менен «Ийик күү» толуктап келген.

## Тарууӊ күйдү

Токтогул Торкенге келип калат. Кар бөксө тоолорду курчап, эртели-кеч арыктагы суулар жөөктөп, кыроо түшүп калган. Эл кыш камын көрүп ун, талкан, шак тартышып, таруу актап жаткан кез.

«Таруу кууруп, соку жанчып жатканбыз, – деп эскерет бул окуяга аралашкан Макей Жоошбаев, – Током короого кирип, атынын ооздугун тартып, эки бутун ат жалына артып туруп калды да белиндеги комузун алды. Комузун толгоого келтирип, алгач бозого мас болуп, асынган баштыгын, аса-муса таягын таппай кыйкуулаган думананы, андан соӊ каракурт чаккан дарымчыларды туурап, чертип жатты. Бир кезде таруу кууруп жаткан жоон жеӊесине кайрылып: «Тарууӊ күйдү, жоон жеӊе! Тарууӊ күйдү, жоон жеӊелеп...» комузда колун ойнотуп, таруу куурган жеӊенин кыймылын тапа-так келтирип, тим эле адамдай сүйлөтүп кирбеспи. Олтургандар Токомдун өнөрүнө айран-таӊ болуп, ооздорун ачып калышкан. Сабоодой толук жеӊе алгач Токомдун өнөрүнө арбалып, андан соӊ казанына кайрылды. «Кокуй алаттап, бакырып, казанын айлана чуркап жүрөт. Шаштысы кеткендигин мындан бил, челектеги сууну казанга куюп жиберди. Айлана түтүнгө толуп, күйүк жыттанды да калды. Током токтолуп калбады: «Кокуй алат, жоон жеӊе, кокуй алат, жоон жеӊе!» дедирип, комузун сайратып жатты. Айласы түгөнгөн жоон жеӊе кантсин? Ыйлап-ыйлап көзүн жоолугу менен жаап алды. Током болсо, жеӊенин жанына жакын барып, комузун сайратып жатат. Жоон жеӊе болсо көздөгү жоолугун алып, ый аралаш күлкүсүн тыя албай, үйүнө чуркап барат...».

Мына, Токомдун өнөрү. Бул бир учурдагысы гана. Токтогулдун өнөрү толугу менен элге жетпесе да, айрым учурда келет бир элес. «Тарууң күйдү» күүсүнүн дагы бир вариантынын баш каарманы Кулмырза аталып, чертилип келет.

«...Жүрө-жүрө бир коргондун жанына тигилген жалгыз боз үйгө кез болот. Ракматилде: «Кулмырза, боз үйгө барчы, макул десе ушул жерге конобуз, бир улак союп, түлөө өткөрөбүз. Коргону чоң экен, кечинде кой камайбыз» – дейт. Кукең чаап барып, үйгө салам айтып кирип барса, бир байбиче төрдө ийик ийрип, эки бой тартып калган кыз курут жасап олтурат. «Кел, балам, чоочун экенсиң, кайдан келе жатасың?» – дейт кемпир. «Эне, Таластан келе жаткан жети адамбыз, төрт жүз чамалуу коюбуз бар, уруксат болсо түнөйлү, кечинде мал союп түлөө өткөзүп, эртең эрте жол тартсак деп жиберишти» – дейт. «Ай, балам, ая, үйдө эркек адам жок, жакага чөп чапканы кетишкен, кондура албайм» – дейт. Кемпир кыздарынын бирин айранга жумшап, экинчиси бирдемеге алаксып калганда Кукең эки курут алып эки таноосуна кыстарып коёт. Кыз айранды Кукеңе сунганда, Кукең мурдун кызга көрсөтүп коёт. Кыз «баа» деп айраны колунан түшүп кетет. Боорун тырмап күлүп жыгылып калат. Экинчи кыз дагы Кукеңдин мурдун көрүп жыгылат. «Өлүгүңдү көрөйүндөр, эмине болду силерге?!» – дейт энеси. Кыздар Кукең тарапты көрсөтүшөт. Кукең тескери карайт. «Ой, чунак бала, шукшуңдабай бери карачы?!» – дейт. Кукең байбичеге жалт бурулганда, кемпир «баа» деп чалкасынан кетет. «Ой, чунак, алдагы курутуңду алып таштачы» – дейт. Керегенин башында комуз илинип турган экен. Кукең ыргып туруп комузду алып, Токтогулдун «Тaруу кууру, буудай куурусун» чертип, калпагын чекесине кондуруп, кыймыл менен башын тегеретет. Байбиче боору катканча күлүп: «Ай бала, ырас экенсиң, кечинде келип конгула», – дейт.

**Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Жолоочу күү» | 8141 | 1’20 | Эркесары Бекбасаров |
| 2 | «Ботко күйдү» | 7766 | 1’20 | Өзбек Рысбеков |
| 3 | «Кыз ойготор» | М.559 | 2’05 | Асылбек Эшманбетов |

# КУШ-АБАЗ КҮҮЛӨР

Музыкалык аспаптарда, алардын ичинде үч кыл комузда кеңири чертилип келаткан күү жанрларынын бири – «чымчык (куш-абаз) күүлөр» деп аталат. Анда канаттуулардын учканы, сайраганы, таранганы, кылык-жоруктары тууралып чертилет. Мындай туурамчылыкта каймана (аллегориялык) маанилер, тамсилдик белгилер үстөмдүк кылат. Ал жагдайды көңүлгө тутканыбызда иммитациялык күүлөр деп атоого негиз бар. Аспапчылар канаттуулардын элесине (образына) кайрылуу менен «айтым», «куудул» күүлөр жамаатын толуктап келет. Куш-абаз күүлөрдө канаттуу куштардын жашоо-тирлиги, кыймылдары, кылык-жоруктары, сайраганы, жем жегени, кошулганы иликтенип, иргелип алынып, комузда кол ойнотуулар, ар кыл мүнөздө тууроолор аркылуу кайрыктарды кара сөзгө, жорго сөзгө же ырга шөкөттөп, теманын мазмунун ачышкан.

Ушуга караганда, «Чымчык күүлөр» бир жагынан театрлаштырылган комедия же трагедиялык драманы элестетет. Ар кыл айбанаттардын жүрүм-турумдары адамдардын коомдо ээлеген ордуна карай салыштырмалуу баяндалышы, албетте, «керегем саа айтам, келиним сен ук» тариздеги кыйытма кайрылууга такалаары белгилүү. Калайыкка дайын кадимки Крыловдун тамсилдеринин кыргызча жандырмагы «чымчык күүлөрдө» жатат.

Адамдардын рухий жандүйнөсүн байытууда жаратылыш дүйнөсү кандай роль ойносо, жаратылышты байырлаган канаттуу куштардын салымы да ошончо. Куштардын жан эриткен сайран күүсү, музасы пендени түпөйүл калтырбайт. Чыгармачыл ышкыбоздор ал музаны угуп гана тим болбостон, андан музыкалык табылгаларды күү өнөрүнө киргизген.

Комуз өнөрүндө өзгөчө орду бар «Чымчык күүлөр» тууралуу сөз кылганыбызда канаттуу куштардын бүгүнкү экологиялык абалына айланчыктабай койбойбуз. Кечээ эле 30-40-жылдарда Кичи-Ак-Жолдун (Жалал-Абад) сайы толо жаңгак, алмурут, алма, алча,

гиляс, өрүк, карагат жайнаган түнт токоюнда түрдүү куштар күнү-түнү шактан-шакка учуп, сайрап турчу. Атактуу комузчу Ниязаалы торгой, күкүк, үпүп, булбул сайраган бак-дарактын жанында отуруп, алардын үнүн туурап, комузун черткенде бир демге кулак төшөй токтой калган булбулдар комуз менен кошул-ташыл үн алыша алым-сабак сайрашып, салтанат куруп турушчу экен.

Абанын, суунун булганышы, токойлор кыйылып, бак-дарактардын суюлуп баратышы, браконьерлердин уу тырмагы канаттуулар үчүн жагымсыз жагдайларды жаратууда. Мындай шартта келгин куштардын бир даары башка жакка жер которууга аргасыз болсо, кайсы бири карасанатай ач көздөрдүн капчыгын толтуруу үчүн товарга айланууда. Акын, жазуучу, коомдук ишмер Эрнис Турсуновдун «Экология маселеси» боюнча омоктуу оюна ортоктош боло кетүүнүн оңуту келип калды окшойт: «Ысык-Көлдүн жака-белинде, тоо-токоюнда, өзөн-булактарында улар, кекилик, чил, тоодак, кыргоол, кереңкур, каракур, бөдөнө, бактек сыяктуу илбээсиндер; көк кытан, ак кытан, көлбука, баркылдак, бирказан, илегилек, тартар, ак куу, каз, өрдөк, соно, чүрөк, кылкуйрук, аңыр, каркыра, турна, ызгыт, чардак, чулдук сыяктуу суу куштары канатын тарап чардап жатчу. Азыркы шаардык балдар (кыштакта деле) алардын өзүн көрмөк тургай, атын укпай калышты.

Олтурат бүркүт эс алып,
Тумшугун ташка бек жанып...

деген ырды укса тирүү бүркүттү эмес, Боом капчыгайындагы таш бүркүттү элестет. Аларды үркүтпөй, тукумун үзбөй куш күйүп, куш таптаган кушка тилмер аталарга салават! Куш салуу кумарын айтсаңыз! Жаратылышта теңсалмак сактап, канаттуну таптаган мүнүшкөрлүк өнөрүнө баракелде! Азыр андай кереметтүү көрүнүштөр өтө сейрек тартып баратат» (гезит материалынан). Жогоруда айтылгандай канаттууларды кастарлоо менен катар алар менен тил табышып, үн алышып, күү өнөрүн байытууга салымын кошкон аспапчылардын аракетине да салават.

## Ак тамак, Көк тамак

Калайыкка кеңири тараган күүлөрдүн бири «Ак тамак, Көк тамак». Күү баштан-аяк «айтым» баяндар менен коштолуп, кол ойнотуунун кооз ыкмалары аркылуу чертилет. Мындай ыкма

жекече аткаруучунун да комузчулар ансамблинин да репертуарын толуктоого шарт түзөт. Бул күүнүн автору катары атактуу Атай таанылган. Бирок күү дарегин дыкат сүрүштүрө келгендер үчүн ача пикирлер да бар.

Аксылык чоң комузчу Асанбек Жуматай уулу: Ниязаалы «Ак тамак, Көк тамакты» Жеңижок төкмөнүн турмушуна арнаган: «аялы Ак тамак (Көксулуу) «Таласың суугураак жер болот экен, жемиши жеткиликтүү эмес, анжир, курма, шабдалы, жаңгак бышкан жылуу аймак Аксыга кетели» – деп, өтүнгөнүнөн, макул болгон Көк тамак (Жеңижок) Аксыга келип, ошол жерди байырлап жашап калган. Бул күү кийинчерээк Атайдын аткаруусунда эл арасына тарап кеткен. Радионун музыкалык алтын коруна да Атайдын варианты алынгандыктан, чыгарманын баштапкы автору унутта кала берген» – дейт.

«Ак тамактын» алгачкы авторлугу жөнүндөгү дагы бир кабарды Эл акыны Сүйүнбай Эралиевден эшиткеним бар: «Азыркы Жамбыл, мурунку Олуя-Атадан медресени бүтүргөн таятамды эл молдо Орозбай дешчү. Мен таятамдын колунда чоңойдум. Оокат, чарбасы жетиштүү киши эле. Диний тарыхты, дем салганды, дарылоону жакшы билгендиктен, чакыргандар көп болуучу. Куш салуучу, ителги таптачу, ылаачынга чымчык алдыруучу. Ошентсе да, негизги кесиби комузчулук болгон. Таластын баш-аягында той-тамашалар таятамсыз өтчү эмес, талыкпай отуруп күү чертүүчү. Кийинки өмүрү кайгылуу аяктады. 1937-жылкы камактан кайрылып келген жок. Комузчулугун айтсам, элдик күүлөрдү түгөл чертсе керек, өз күүлөрү да аз эмес эле. Токойдогу куштардын сайрашын суу жээктеп отуруп тыңшап, аны күүгө салчу.

Атай черткен «Ак тамак, Көк тамакты» ушул киши жараткандыгын Эркесары эчен курдай эскерткени эсимде. Ырас, күүнүн автору «контр» болуп камалып кетти. Атай маркум ал кишинин атын атагандан чочулагандыр, «өз күүм» деп койгондур. Атай журтчулукка алынган инсандардан. Ал кишинин артынан авторлукту кууганга дитибиз барбайт. «Ак тамакты» арсар калтырбай, күү дүйнөсүнө аралаштырганы эле канчалык бакыбат» – дейт.

Атайдын чыгармачылыгындагы дагы бир белгисиз жагдайды Жукешов Жолдоштон жазып алган «Ак тамактын» ыр түрүндөгү баянын да сунуш кылалы: «Атай 1933-жылы Кетмен-Төбөнүн Кош-Кыя деген айлына келип калды. Көрсө агам Назарбай экөө

теңтуш экен. Атай келери менен үйдүн ичи айылдаштарга толуп кетти. Атай күү чертип ырдап жатат. Бир кезде кол ойнотуп, бир укмуштай күү чертти. Күү аяктагандан кийин төрдө отурган Абдракман (айылдык кеңештин төрагасы):

– Ой, Атай, бул эмне деген күүң? Мурун уккан жок элек? – деп, сурап калды. Атай төмөндөгү окуяны айтып берди:

– Болбогон жалаага кабылып, Калбааны ашып, Кетмен-Төбөнү карай комузумду койнума катып келе жаттым. Калбаанын белине чыкканда Талас жакты бир карап алдым. Кең-Кол тарап, Манас атанын күмбөзү алаканга салгандай көрүнүп турат. Кайрылып кетким келди, барсам каматып коюшаарын билем. Анан эстеликке деп, ушул күүнү чыгардым. Кайра-кайра чертип жүрүп атын коюп алдым. Күүнүн аты «Ак тамак, Көк тамак».

Бир аздан соң Абдракман: «Күү укмуш экен, дагы бир кайталап чертип койчу» деп суранды. Атай күүнү эми ыры менен коштоп чертти:

Ак тамак, Ак тамак,
Көк тамак, Көк тамак.
Ак тамагы аялым,
Көк тамагы мен өзүм.

Ак тамак, Ак тамак,
Айтпай кеттим Ак тамак.
Айтып кетсем Ак тамак,
Артымдан кууп кармамак.
Ак жеринен күнөөлөп,
Айыпка жыгып таштамак.

Көк тамак, Көк тамак,
Көрүнбөй келдим Көк тамак.
Көрүнөө келсем Көк тамак,
Көшөрө кууп кармамак.
Көрө албастар мендейди,
Көтөрө чаап таштамак.

Ак тамак да Көк тамак,
Кошулса чоң күү башталат.
Кол ойнотуп черткенде,
Көп күүлөрдөн башкараак.
Черте келсең бул күүнү,
Эки колуң такшалат.

Ак-ак, Ак тамак,
Көк-көк, Көк тамак.
Экөөнү бирге кошкондо,
Өзгөчө күү башталат.
Кол ойнотуп черткенде,
Көп күүлөрдөн башкараак.

Сууга салдым канатты,
Караймын Кең-Кол тарапты.
Амалсыздан акыры,
Бет алдым түштүк тарапты.

Ак-ак, Ак тамак,
Көк-көк, Көк тамак.
Кетип барам Түштүккө,
Кемпайлардын айынан.
Ашуу аштым айласыз,
Арсыздардын айынан.

Ак тамак калды айылда,
Көк тамак бүгүн жайында.
Кол кармашып жүрчү элек,
Көк-Кашаттын сайында.
Сагынамын, Ак тамак,
Саламат жүрчү дайыма.

Ак-ак, Ак тамак,
Көк-көк, Көк тамак, –

деп сайрап турган чымчыкка салыштырып, бирде оң канатын, бирде сол канатын сууга салып таранып, эки жагын каранып сайрап турган чымчыкка өзүн окшотуп туурап, чертип жатты. Ошол күн Атайдын «Ак тамак, Көк тамак» күүсүнүн тушоосу кесилгендей туюлат мага күнү бүгүн.

*(Жазып алган Аманбек Субанбек уулу).*

Эми угармандар бышы кулак болгон, аткаруучуларга салт болгон «Ак тамак, Көк тамак» күүсүнүн айтылып жүргөн текстин келтирели: «Ак тамак, Көк тамак аттуу эки чымчык болот. Ак тамагы аялы, Көк тамагы күйөөсү. Алар Таластагы Кең-Кол атанын тушундагы калың токойдун ичинде илгерки Акун хандын кызы Айчүрөк конгон чынар терекке уя салып, турмуш күтүп

жашап турушат. Күндөрдүн биринде аялы Ак тамак күйөөсү Көк тамакка мындай дейт:

– Таласың ак кар, көк муз кетпеген, мөмө-чөмө бышпаган салкын жер болот экен. Андан көрө Кара-Буура, Чаткалдын ашуусунан ашып, Аксы багытына кетели. Анда коон, дарбыз, анжыр, курма, алма, өрүк, шабдалы, жүзүм ар түрдүү жемиштер көп. Ошол жерге кетели, – десе, күйөөсү Көк тамак:

– Эй, Ак тамак ынагым. Таласта эле туралы. Алтай, Кангай, Кундуз, Жылдыз, Үрүмчү, Турпан, Кулжаны таштап, Манас атам жердеген жер эмеспи. Жайдын толук кезинде кыз жытындай атыр жел, шагырап куюлган шагылы жок, куюн учурар чаңы жок, жайыты кенен, токою калың, балыгы сууда ойногон мындай сонун жер болобу? – дейт.

Анда аялы Ак тамак:

– Эмесе, сайрашалы, жеңгенибиз жеңилгенибизди ээрчитип кетели, – дейт.

– Мейли, мурун кимибиз сайрайлы? – дейт Көк тамак.

– Үй ээси сиз. Кезекти сизге бердим – дейт Ак тамак. Ошондо Көк тамак сайрап-сайрап болуп:

– Эми кезек сиздики, – дейт.

Ак тамак сайрайт. Аялынын мукам, кооз кайрыктарына күйөөсү Көк тамак суктанат, ыраазы болот. Ак тамакты булакка киринтип, канатын чапкылатып, кайра учуп, бутакка конушат. Бутактан бутакка куушуп, ойношуп чынар теректин кылды башына көтөрүлүп, айлананы карашат, алым сабак сайрашат. Биринин кайрыгын бири толуктап, ааламды шаңга бөлөшөт. Акыры күйөөсү Көк тамак аялы Ак тамакты аядыбы:

– Алтыным, мен жеңилдим, сен жеңдиң – дейт. Айтылган убада боюнча куйрук улаша кайкып учуп: «кайдасың Аксы багыты?» – деп сапар тартышат. Канат-куйругун таранып, кубанычтан кулпунуп, алдыда Ак тамак. Көк асманды сабалап, көздөгөн Аксы кайдалап, соңунда Көк тамак[112]. Айта кетерибиз, «Ак тамак, Көк тамакка маанилеш дагы канча күүлөр бар. Эки чымчыктын кайымдаша сайрашы, каалаган жайды издеши Айдараалы жөргөлөк күүлөрүндө да кездешпей койбойт. Айдакең аны «эти ак, сүтү ак» атап угарманын күлкүгө карк кылса, Атай кол ойнотуп өнөрүн өргө сүрөгөн. Дегеле, элдик кайсы чыгарманы албайлы, аткаруучулар музыканын түпкүрүндөгү мазмунуна баам

112 Балбай Алагушев. Кылымдарды жылоологон күүлөр. – Ф., 1985. 100-101-беттер.

берүү менен анын көркөмдүк көрөңгөсүнө өз үлүшүн кошуп келгени мыйзамдуу көрүнүш.

## Сары барпы

«Сары барпы» – «Заргалдак» деген куштун кайталанма аталышы. Заргалдактар уяны токойдун коюу жериндеги кайыңга салышат. Уяга чөптү мамыктай калың төшөп, сыртын кайыңдын кабыгы менен түспөлдөштүрө каптап коюшат. Май-июнь айларынын ортолугунда агыш төрт-беш сүйрү жумуртка тууйт. Заргалдактын чарбага пайдасы чоң, токойго зыян келтирүүчү «эжеке, бээ саа» сыяктуу уулуу курттарды жок кылышат. Сыртынан карагандарга заргалдак өтө кооз куш, анын сайраганы ушунчалык жагымдуу. Жырткыч жылан уяга сойлоп кирип, балапандарын соруп жатса, чыркырап жан алакетке түшкөн чымчык бечаранын аянычтуу абалын элестетип көргүлө. Аспапчыларды ушул жагдай көбүрөөк таасирлентип, кыл тербөөгө мажбурлайт. Тек, «Сары барпы» аталыштагы күү аркылуу көңүлдөгү көйгөйүн көпчүлүккө сунуш кылат. Бул күүгө залкар комузчулар кайрылып келген Таластан Жантакбай, Орозбай, Аксыдан Ниязаалы, Чүйдөн Сартбай сыяктуу чыгаандар, Токтогул, Айдараалы, Калык, Коргоол, Карамолдо, Эркесары, Шекербек, Мурсаалы Турсунбай уулу, Барпы Сапеков андан бери Жумалы Бекеев, Усубалы Казаков, Алтымыш Мундузбаев сыяктуу аманат күү, мурас күү «Сары барпыны» чертип келишкен. Азыркы аткаруучулардын сүймөнчүлүгүнө айланган «Сары барпы» баянын санай келсек бир далай.

## Ниязаалынын «Сары барпысы»

Күү уядагы балапандарын жылан соруп жаткандан башталат. Сары барпы – энеси байкуш асмандан куушурулуп төмөнгө түшүп, кайта асманга чыга берип, жан алакетке түшөт. Жылан балдарын түгөл мойсоп, эбелектеген энесин кууп жөнөйт, канаттарын чапкылап Сары барпы качат, канаттуу жылан артынан сая түшөт. Жылан жакындагандан жакындап, эки көзү эне-чымчыкта. Бирок, жыландан качып, Сары барпы токойго кирип кутулат. Жылан аргасыз асканын бооруна конуп, жеминен куру калат. Сары барпы токойдогу терек бутагына конуп, сайрап жатканы:

Айда туусам айда жок,
Айда жылан жеп коёт.

Күндө туусам күндө жок,
Күндө жылан жеп коёт.
Мен теңирге не жаздым?
Мен теңирге не жаздым?!

Күкүк чакырып жатат, андан ары өтсө Итак отурат сайрап. Сары барпы токойдон учуп, сары талаага баратат жем издеп. Бул жерде да душманына кез болуп, турумтайдын куугунунда калат. Кайда качмак? Сары барпыны бир сактап калса, калың өскөн бетеге сактай алмак. Күү менен жерге көкүрөгүнөн катуу тийген чымчык эси ооп жыгылат. Турумтай болсо, кайып учуп жеминен адашат. Бир кезде эсин жыйган Сары барпы бечара бетегенин түбүндө жатып, эки жагын каранат, турумтай зулум көрүнбөйт. Кечке куугундан чарчап, чаалыккан, каны катып суусаган Сары барпы көлдү карай канат кагып бараткан менен күү аяктайт.[113]

## Чүйдүн «Сары барпысы»

Бул күүнү Сартбай деген белгилүү комузчу чертчү. Анын баяны мындайча: «Эки Сары барпы кездешип, таанышып кеңеш курат. Манас-Ата мекени Таласты көрмөккө бири-бирине куйрук улай алыскы сапарга учуп жөнөшөт. Канча мезгил сапар артышты ким билсин, акыры Таластын бийик ашуусуна келип токтошот. Ошондо өйдөгө карай каалгып уча албай бараткандагысы, канатын каккылап, куйругун чапкылап, жан үрөп, ашууну өрдөп зорго келаткандагысы, ашуунун белине чыгып, ары-бери карап, Кең-Колдогу чоң чынар теректи көрүп, сүйүнгөндөн кубанычы койнуна батпай сайрап тургандагысы, чоң чынарды бет алып учуп бараткандагысы, акыры чынарга жетип, бийик бутакка конуп алып, Таласты карап, үч бөлөк үн кубултуп сайрап тургандагысы күү менен чертилет.[114]

## Орто-Токойдун «Сары барпысы»

«Кең-Колдун оозунда Жантакбай деген чоң комузчу жашаган. Күндөрдүн биринде түн ичинде Жантакбайдын короосуна уурулар кирет. Аялы үйдөн баш багып:

– Ээ Жантакбай, короодо уурулар жүрү, уйду жетелеп бара жатыры, – дейт.

113 Буудайбек Сабыр уулу. Унутулгус кездешүүлөр. – Ф., 1977. 48-бет.
114 Ошондо.

– Кантет элек, алар көп, жарактуу да. Алдынан чыксак өлтүрүп коюдан кайра тартышпайт. Чертмекти алып берчи.

Жантакбай комузун черте баштайт. Күү кереметы ууруларды көңүлүн туткундап алат. Короодон шыр чыгып кеталбай буйдала түшүшөт. Отуруп көчүк басып тыңшап калышат. Ал ансайын комуз добушу жаңырып, улам бир күү алмаша берет. Уурулар керемет кайрыктарга арбалып, отура берип таң атканын сезбей калышат.

– Ээ Жантакбай, уюңду ордуна байлап коёлу, акыркы черткен күүң кайсы? – деп сурашканда:

– Бул «Орто-Токойдун Сары барпысы», балапандарын жыландан калкалап сайрап атпайбы, – деген экен».[115]

## Токтогулдун «Сары барпысы»

1940-жылы музыковед В. Виноградов Токтогулдун шакирти Коргоолдун аткаруусунда «Сары барпы» күүсүн жазып алып, аны нотага түшүргөн. Коргоолдун айтымында: «Сары барпы» күүсүн Током Шибер сүргүнүнөн келгенден кийин чыгарган экен. Жайдын күнү токойдо тал-теректин көлөкөсүндө комуз чертип эс алып отурган Токомду шынаарлап, тал бутагына учуп-конуп сайраган Сары барпы чымчык көп узабай уя салып, үч жумуртка тууйт. Мезгили жетип, жумурткадан балапандарын басып чыгарат. Комуз күүсүнө кошул-ташыл чымчык сайрап, эми балапандардын чыйпылдашы үн алыша айлананы кереметке бөлөйт. Күндөрдүн биринде кара чаар жылан уяга сойлоп жетип, балапандарын түгөл соруп таштайт. Чымчык-эненин чыркырашы тим эле жан кейитип барат. Током жерге сойлоп түшкөн жыланды өлтүрүп, жаагын кере тартып караса, балапандар небак жырткычка жем болгон. Айбандыр, адамдыр, эне байкушка бала кандай кымбат?! Чымчыктын чырылдаганынан таш эрүчүдөй. Мен да акыйкатсыз замандын айынан Топчубайымдан айрылып, эми болсо, боз топурагын сыйпалап калбадымбы? Сары барпы чымчыктын зарынан менин зарым кем беле? Ушул ойду «Сары барпы» күүдө бердим,» – деп чертчү экен Токтогул.

115 Ошондо, 49-бет.

## Торгой күүлөр

Торгойдун төшү агышыраак келип, тулку боюнда күрөӊ алкак тилкелер тарамдап турат. Бул белгилер, биринчиден чымчыктын коолдугун, сулуулугун айгинелесе, экинчиден, денеси боз топуракка үндөшүп, кара сызыктар жалбыракка түспөлдөшүп, жырткычтарды жазгырууга ылайыкташкан. Канаттары тулкусунан узун жана жазы келип, учуп-конууга ыӊгайлуулукту шарттайт. Ал эми курч тумшугу курт-кумурскаларды жаза кетирбей чокуп жегенге жаралган. Уяны торгойлор жерге салышат, ичи-сыртын куураган жалбырак, чөптөр менен жумшактап, жылуулап коюшат. Алты айга чейин жумуртка тууп, балапан басып чыгарышат. Жаз, жай айларында күн жерге жарык нур чачырата баштаганда торгойлор асманга көтөрүлүп чыгышат. Учуп чыгып, миӊ түркүн мукам добушта сайрай башташат. Бул учурду «Торгой сайрап таӊ атты» деп коюшат. Торгой-таӊшыкты берилип укпаган, тыӊшоо салбаган пенде жок чыгар. Мындай учурда, кимдин эле болбосун, турмуш түйшүгү, көӊүл көйгөйү, ич күптүүсү, буюккан бугу сыртка сүрүлүп, аз да болсо, арман-күйүтү артка бүркүлөт. Бул жагдайды акындар илгертпей илип, акыл-насаат катары поэзия тилине салынат:

Торгой сайрап таӊ атты,  
Тозоку пенде көп жатты.  
Булбул таӊшып таӊ атты,  
Мусаапыр пенде көп жатты.  
Күкүк сайрап таӊ атты,  
Күнөөкөр пенде көп жатты.  
Күн чыкканча турсаӊчы,  
Күзгүдөй бетиӊ жуусаӊчы.  
Күжүрмөн ишке чыксаӊчы.  
Азаӊдан эрте турсаӊчы,  
Айнектей бетиӊ жуусаӊчы,  
Ашыга ишке чыксаӊчы.

Аспапчылар андан куру калбай «торгой таӊшык» күүлөрдү жараткан.

Ырыска магдырап, кеӊ талаа бой керет,  
Күн нурун оронуп, боз торгой күү терет.  
Ээлтен берилип угамын,  
Күүсүнө торгойдун тунамын.  
Сен дагы рахаттан жан жолдош,

Кочуштап обонун сунамын.
Балкытат күн нуру жер бетин жебелеп,
Термелтет боз торгой обонун сербелеп.
Дайыма талаага келемин,
Келептеп ал күүнү теремин.
Сен дагы кошулган жан курбу,
Уучуман ыргагын беремин.
Улуу тоо! Бийикте боз торгой калкыды,
Сайраса ааламга көлбөөрүп балкыды.
Келгиле жан курбу, жан жолдош,
Кучакта тарыхтын күндөрүн.
Бабалар угушуп дос күткөн,
Жыйнап ал боз торгой күүлөрүн.
*(Аскарбек Абдраев).*

## Карача торгой Кайбылда

Илгери өткөн заманда тынч жаткан элди жужаңдар чаап, жерин тартып алат. Аман калгандар качып кутулушат. Жан сактоонун айынан тентип-тербигендер аалам кезип, малга ылайык жай издешет. Азап чеккен элин жыйнап, душмандан өч алууну ойлогон кыргыз ханы Карача жоокер курап, жоого каршы аттанат. Мына, ошол жортуулда Кайбылда аттуу баатыр өзгөчө эрдик көрсөтүп, душмандын жүрөк үшүн алат. Бир жолку кармашта аты мүдүрүлүп аксап калат. Качкан жоого жетпей, өз жоокерлеринен бөлүнүп, айталаада адашат. Айланасы чөл, бир кашык суу жок, аты чаңкап, өзү суусап, айласы кетет. Ошол учурда торгой обого көтөрүлүп миң түркүн добушта сайрайт. Кайбылда баатыр бул керемет добушка арбалып, жаны жай алып, аз да болсо сергий түшөт. Төбөдө сайрап жаткан торгой менен ой бөлүшүп, ага кайрылып айтып турганы:

Эркин жортуп сен бардың,
Элсиз чөлдө мен калдым.
Мен мусапыр бул жайда,
Каракаш торгой, суу кайда?
Элим кайда, мен кайда?
Элди көрөр күн кайда?
Тамагым кургап өлөмбү?
Каракаш торгой суу кайда?
Атыр желдүү Ала-Тоо,

Ата мекен жер кайда?
Ак калпак кыргыз эл кайда?
Элди көрөр күн кайда?..

Азып-тозуп, айласы куруп, акыры дагы бир аймакты пааналап жашаган чоочун элге келип кошулат. Кайбылда баатырдын торгой куш менен баарлашкан маеги элге тарап, аны жатка айта башташат. Торгой менен Кайбылданын сырдашуусу комузда күү болуп чертилет. Бул ыр-күү калкка кеңири тарап, акыры Карача хандын элине да жетет. Хан азамат жигиттерден кол курап, Кайбылда баатырды издеп чыгат. Ай өттүбү, апта өттүбү, Кайбылда баатыр табылып, элине кошулат. Бул окуя ооздон-оозго өтүп, күү болуп, «Карача, торгой, Кайбылда» деген аталышта чертилип, биздин күнгө жеткен. (Ак-Талаа районунан санжырачы Токобай уулу Беримкул айткан).

## Торгой менен турумтай

Элибизге таанымал комузчу Абдыкерим Моко уулу: «Акындар, аспапчылар өз башынан өткөргөн кайгы-кубанычын алып чыгып, сөз өнөрүнө жана аспап өнөрүнө басым коюшуп, чоң турмуштун бейнесин жаратышат» – дейт. Бул ойго мисал катары, Токтогулдун «Торгой менен турумтай» күүсүнүн баянын тарталы: «Торгой уялаган жумурткасынан беш балапан чыгарды. Балдарына жем ташып, канаты талыганча учканы! Кызыл эт балапандар торолуп, ойноп калган күндөрдүн биринде капылеттен турумтай качырып сала берет. Кылт берип буйтап кутулуп кетүүгө чамасы келбеген торгой бечера турумтайдын уу тырмагында. Торгойдун эси ооп, көзү караңгылап, жандан түңүлөт. Чоң талдын бутагына конуп олжосунун канына тумшугун матырмак болгондо өзүнө келе калган торгой турумтайга жалынып жан соогалйт.

Айланайын, турумтай,
Кагылайын, турумтай!
Жанга аралжы кыла көр,
Аяр кылып тура көр,
Арыз айтам уга көр.
Бетегенин түбүнө,
Безбелдек уя салбасын,
Беш балам жетим калбасын

Карагандын түбүнө,
Кашкалдак уя салбасын.
Балдарым жетим калбасын...
Айланайын турумтай,
Айтканымды уга көр,
Азыраак аяр кыла көр...

Бул жалынып-жалбарган жылуу сөзгө ийий түшкөн турумтайдын тырмагы бошой түшкөндө уу чеңгелден суурулуп чыккан торгой учуп жөнөйт. Артынан сая түшүп кубалаган турумтайды жазгырып, калың токойго кире качат. Эс-учун жыйып, өзүнө келгенде гана токойдон чыгып торгой балапандарын издеп жөнөйт. Аз учтубу-көп учтубу, акыры балапандар жаткан уясын табат. Бардыгы аман-эсен, чыйпылдашып энесин кубанычтуу тосуп алышат. Ажалдан аман калган, балапандары да түгөл, уясы ордунда. Санаасы тынып, көңүлү көтөрүлгөн торгой обого көтөрүлүп, миң түркүн кайрыкка салып, безелене сайрап турганы күүдө чагылдырылган. Күүнүн мааниси: Токтогул күнөөсүз Шиберге айдалып, тозок отуна малынганы, акыры аман-эсен туулган жерине, туулган элине келип жүз көрүшкөнү, топ ичинде торгой сымал сайрап, тагдырын баян этип, күү чалып, күйөрмандарын күлкүгө карк кылганы күүнүн өзөгүн түзгөн.

## Молдочо торгой

Токтогул комузун торгой тилин тууроочу күүгө салып чертип кирди.

Ушунча куштун ичинде,
Молдочо торгой деген бар.
Түркүн-түркүн сайраган,
Тилге чечен чебер бар.
Кой кайтарып жүргөндө,
Комузга салып үйрөнгөн,
Так өзүндөй торгойдун,
Сайраганын чертемин.
Кызыл тилин авазга,
Кайраганын чертемин.

– Оо, туугандар, Молдочо торгойду баарыңар билесиңер. Асманга көтөрүлүп алтымыш түрдүү үнгө салып сайрайт. Акырында

боз шыбактын түбүнө конуп, дагы башкача түрдө сайрайт. Минтип сайрайт, – деп торгойду туурап, тамагын бүлкүлдөтүп, торгойдун таажысы сымал топусун кыймылдатып, «ардап-зардап, к-штө-к-штө, загы-загы, кыш-кыш-тө-к-штөө» деп, өз тилинде сүйлөп жатат.

Олтурган элдин бирөө:

– О, садагам кетейин, Токо. Торгой тилин сен билбесең, биз кайдан билели, – деди.

– «Ардап-зардап, к-штө-к-штө» дегени – алдап-салдап кишинин акысын жебе! – дегени. «Загы-загы к-штө-к-штө» дегени – жесирге каралаша жүр!» – дегени.

– Ой, бали-ии! Токомдун колунан келбеген өнөр жок. Жалаң эле ырдайт десек, кубулжуган куштардын тилин комузга салат турбайбы, – деп алкап жатышты» (Алымкул төкмөнүн эскерүүсүнөн).[116]

## Ак куу

Ак куу сайроочу куштарга кирбейт, бирок сурнай үнүндөй салтанаттуу добуш салат. Ал – сулуулуктун жана сүйүүнүн символу катары кабылданган. Ал эми мойнун койкойтуп, көлдө сүзүп жүргөнү көргөндүн көз жоосун алат. Сууга чумкуганын, канатын күүлөп обого көтөрүлгөнүн карап эле тургуң келет. Көлгө өзгөчө көрк кошуп бир топ ак куулар сүзүп жүрүштү. Бир кезде кыркаар тартып куйрук улаш тизилип, дагы бир топ ак куулар асманда учуп баратышты. Алардын карааны бир укмуш: канаттарын жайып мойнун алга созуп, катарларын бузбай бир калыпта сызышы ажайып көрүнүш.

«Ак куу» – аспаптагы эски күүлөрдөн. Алардын ичинде Ниязаалы, Токтогул, Айдараалы, Эркесары черткен, тамаша-шоокко сугарылган «куудул», айтым күүлөрдүн бүтүндөй сериясын түзгөн «Ак куу», «Ак куунун оттогону», «Ак куунун учушу», «Сокубаш мерген» ж.б. аталыштагы күүлөр бар. Токтогулдун шакирттери: Атай, Коргоолдун аткаруусунда «Ак куу» күүсүнүн нотасын музыковед В. Виноградов «Музыкальное наследие Токтогула» аттуу китебине киргизген. Атай, Эркесары, Бактыбек Чыйырбаев «Ак куу» күүсүн радионун үн тасмасына жаздырышкан.

116 Токтогулдун замандаштарынын эскермелери. – Ф., 1959. 22-23-беттер.

## Сокубаш мерген

Токтогулдун шакирти Алымкул Төкмө «Ак куу» күүсүнүн аталышы бирде «Ак куу жана Куу мерген» деп өзгөртүлүп, кези келгенде «Сокубаш мерген» болуп аткарылгандыгын айтат. Кезекти «Сокубаш мергенге» берели: «Көл жээгинде кекилик, чилге тузак тартып, кээде өрдөк, казга аңчылык кылып, оокат кылган мерген бар экен. Тийсе-тийбесе да тарсылдатып аткылай берип, көл үстүндөгү барандаларды үркүтүп жиберип, оокаты начарлай баштайт. Аңы жүрбөй абдырап жүргөн күндөрдүн биринде көлгө бир ак куу учуп келип, конуп калат. Байкуш мергендин мылтыгынын милтеси түгөнүп калган экен. Ак кууну көргөндө шаштысы кетип, үйүн көздөй чуркайт. Жападан жалгыз жуурканын айырып жиберип, ичиндеги кебезин чубап алып, милте түтөтүп, мылтыгын бооруна кысып, өңкөңдөп өңүп жөнөйт. Ак кууну үркүтүп албайын деп, демин ичине алып, бүткөн бойдон алка-шалка тер кетип, алдындагы аңгек-дөңгөккө да карабай илгери жатат. Олжону ойлогондо баарына кайыл, күйүксө да өбөктөп барат. Анда-санда элтең-селтең эки жагын каранганы болбосо, табыш жок. Ак куу эч нерседен капарсыз толкун менен кошо термелет. Күү мына, ушул учурду, өлүм менен өмүр аралыгындагы көз ирмемди кабарлайт. Мылтык «тарс» дегиче, күү сызылып чертиле берет – деп, Кудайына жалынган Куу мерген балбалактап аккан тери каректерин жууп, анысына карабай эки көзүн чылк жуумп, кароолго келбесе да мылтыгын сунуп, тобокелге салып, болжоп туруп милтени басып калды.

«Тарс!!!»

Чын эле Кудай берди, ак куу чалкасынан кетти. Кубанычка бою балкыган Куу мерген мылтыгын ыргытып жиберип, чалпылдата суну кечип, олжосуна карай келатты. Мергендин албарсты эмчек аялы сүйүнгөндөн:

О-оо сокубаш мергеним,
Көлдөн ак куу тергеним.
Илайлахха иллаллай,
Кудайым ай, кудай ай!
Атып эле салды дейт…
Жатып эле калды дейт… –

деп, эки эмчеги ийнинен артыла түшүп, так текедей секирип-секирип алып, жүгүрүп келатат дейт, эми жетип сунальп жаткан ак кууну

моюндан алмак болгондо эсин жыйган бечара куш башын көтөрүп, канатын каккылап, нараак сүзүп барып, асманга көтөрүлөт.

Албарсты эмчек мергендин аялы чулдур да экен:

О-оо шойдуу (шордуу) Шокубашым (Сокубашым)!
Көшкө (көзгө) атай мейгеймин дейшиң.
Олшоң (олжоң) кана шенин (сенин)?!

(Башы коондой сүйрү экен мергендин, ошондон Сокубаш аталып кеткен)...

Автордун (Токтогулдун) аткаруусундагы бул күүнү жазуучу Төлөгөн Касымбеков мындайча сүрөттөгөнү бар: «Токтогул комузун алып, акырын жың-жың күүлөп, майда жөө жомокторду ыр кылып, күлкүлүү окуялуу күү чертип, не адамдын, не айбанаттын үн-үрөйүн келтиришет. Кээде топусун баш терисинин кыймылы менен өйдө-төмөн кыйшаңдатып, бирде кашына, бирде желкесине түшүрөт. Кээде өз ичин кадимки эле мышыктай мыйоолотуп үн чыгарып, балдарды дүүлүктүрө «мышыкты» издетип, каткырык салдыра күлдүрөт. Бир жолу «Ак куу менен Куу мерген» жомогун ырга, күүгө салды Токтогул.

«...Көк ирим көлдүн үстүнө булуттай ак куу айланып, куркулдап сыйкыр үн салып, көйкөлгөн көгала майсан саздакка конуп калат чайпалып... Муну көргөн Куу мерген мылтыгын ала чуркады. «Үкү кылып канатын, ак парын катыныма жаздык кылып берейин... бере көр, теңир бере көр...» Маймыл болуп бөкчөңдөп, эки көзү мекчеңдеп, бака болуп секирип, келерс болуп жүгүрүп, жылан болуп боорлоп, капарсыз ыйык ак кууну өңүп калды Куу мерген, жүргөн жери чуу мерген...»

Куу мергендин ар кыймылын келиштире үнүн окшоштура комузду мылтыктай сунуп, мурдун тыпшыйтып, көзүн ыкшыйтып туурап черти Токтогул.

«... Э-э акыры ак куунун жанына жетти Куу мерген...»

Жанатан кыткылыкташып отурушкан наристелер ушул азыр бир шойкон болорун сезип, бири кулагы делдейип, бири оозу ачылып, бири кабагы бүркөлүр дым болуп калышты.

«... Бей күнөө ак куу, бей капар, ак сулуудай чоюлуп, тынчтана көзү коюлуп, канатын жайып талыган, тумшугу менен имере таранып калган жаңыдан...»

– Атпа, чоң ата, атпа... – деп, кичинекей Кишимжан коркуп кетти.

Жомокто Куу мерген ак кууну атып алган. Токтогул балдардын назик көңүлүнө жараша жомоктун маңызын башкалап буруп жиберди.

«... Эми каркайган кара мылтыкка ок салмай болду Куу мерген, а бирок, сыйпаланып караса чөнтөгүндө огу жок, милтесинде чогу жок... Алаканын «шак» койду, көчүгүн жерге «так» койду, жыртык экен чөнтөгү, огу жолдо эле түшүп калыптыр... Чөнтөгүн жамап койбогон илээнди катынын сөктү отуруп, арманда калып абыдан, көз жашын төктү өкүрүп...»

Эми ичи күйгөн Куу мергендин колуна таш ала ак кууга чуркаганын ыр менен да, күү менен да өз кейпи менен да мазактап көрсөттү Токтогул. Кыз балдар кылтыйыша асте ыткылыкташып, уул балдар баркылдаша кубаныша каткырык салышты.

«...А ак куу серпиле түшкөн ак толкундай кылак деп, көккө калкып, ак булуттай чубалып, ачкөз Куу мерген, жүргөн жериң кан менен ый, чуу мерген, калыс теңир мага жетер сага канат бербеген – бу дагы кара ниет өзүңөн!» Ыйык ак куу быр сыйкырлуу куркулдап, жаңы учурган эки балапанын чакырып, экөбүн эки жагына ээрчитип алып, улам кылактап, улам ыраактап, те алыска арам менен кара ниеттин башы айланган бийикке көтөрүлүп кетти дейт...»

*(«Келкел» романдан)*

## Ак куунун учушу

Көл үсүндөгү ак куулар:

– Саякатыңар сап болсун, сапарыңар ачык болсун. Быякка да кайрыла кетсеңер боло. Көгүлтүр көлдө, көрпөдөй толкунда көөлгүй сүзүп бирге көңүл ачып, андан кийин чогуу сапар улайлы – дегенсишип, канаттарын сууга чапкылашып, «кукулуктап» үн чыгарышып, асмандагы ак кууларды узата көз салышат. Көл кууларынын да көңүлдөрү бузулдубу обого көтөрүлүп, жымырылта буттарын жыйып алып, канаттарын күүлөп каалгый учушуп, бийиктегенден бийиктеп, андан катарга тизилип, эмелеки топтун соңунан түшүшөт. «Ак куулардын мындай учушун» кезегинде Айдараалы күлкүгө салса, кече Датка Шаакеев, соңунан жаш шайыр Бактыбек Чытырбаев кыяк кылында кыйкуу салып келет.

## Булбул күүлөр

Булбул – бадалдуу токойлорду, арчалардын арасын, камыштуу саздак жерлерди мекендөөчү куш. Кыргызстанда Ысык-Көлгө, Таласка, Жалал-Абадга, Чүй өрөөнүнө апрель-май айларында учуп келет да, күзүндө жылуу жактарга жер которушат. Булбул курт кумурска чымын чиркейлердин жумурткасы менен тамактанат. Төрт-беш жумуртка тууп басып чыгарат.

Булбулда адамды өзүнө тартып суктандыра турган үч керемет бар: биринчиси, кооз жагымдуу сайраганы; экинчиси жаш келиндей жүгүнүп турган куйругу; үчүнчүсү, жалжылдап караган чоң бото көздөрү.

Булбул күүлөр аз эмес, анын башатын, деле албетте, алыскы мезгил мерчемдеринен издегенибиз жөндүүдөй. Ниязаалы, Күрөңкөй, Атай (Байзак уулу), Абак Айдараалы ж.б. өткөн комузчулардан калып келаткан бул аманат мурастарды андан ары улантуу менен бир даарын үн тасмага жаздырып кетиштин өзү не деген көрөсөндүк?

Калайык калк эсил Токомдун акындык өнөрүн баалаганда, не өнөр талантын өлчөп бычканда «Тоо булбулуна» тогошу бекер эместир. Элдик шайыр Атай деле ашыгына кайрылганда «Ой булбул» деп обон созуп жатпайбы. Ошол «Ой булбул» дүйнөлүк өнөр жарышында Асек ырчыга асман бийигиндей аброй алып бергендигин атпай журт жакшы билет.

Булбул куштун сайраганын өз кулагы менен угуп, көз токтотуп көргүсү келбеген, аты менен даңкына ашык болбогон ааламда пенде жок чыгар. Башкага баш оорутпай «Ой булбулду» ойдогудай созгон обончу-ырчы Асек Жумабаев булбул куш менен кандайча кездешкенин кеп учугуна иле кетеличи. «Жай айы. Күн бешимде алма багын аралап баратам. Жан жагымда чымын чиркейлер ызылдап, чымчыктар чыртылдап, чегирткелер секирип, түркүн гүлдөрдүн жыты буруксуйт. Аңгыча алма шагынан безеленип булбул сайрай баштады. Кадамымды токтотуп, демимди ичиме алып тыңшап калдым. Булбул үнү. Не деген керемет!? Угуп турам. Бир оокумда булбулдун өзүн көрүүгө куштарлыгым артып, үн чыккан жакка бурулдум. Мен жакындаган сайын улам аркы бактан жаңыргансыйт. Дабыш билдирбес үчүн туфлийимди чечип байпакчан мышыкча жылып баратам. Канча аракет кылбадым, тыйындай жалбырактар көшөгө болуп тартылып, ашык булбулду көз

токтотуп көрө албадым… Чыдай албай «Ой булбулумду» үнүмдүн жетишинче созгум келди, бирок созо албадым…» (маектен)

Булбул кушка ким эле ашык болбоптур? Артынан сая түшүп, аңдууга алып, сайроосун күү кайрыктарына көчүрүп калууга аракет кылган аспапчылардан эле канчалык? Ниязаалы, Кудайберген, Атай (Байзак уулу), Самсаалы… сыяктуу күү кемеңгерлери жөнүндө сөз өзүнчө болор. Көптөгөн күү сынактарынын жеңүүчүсү, келечегинен көптү үмүттөндүргөн күү чебери Намазбек Уралиевге сөз кезегин суна кетүүнүн эби келип тургансыйт: «Булбул сайрак» аттуу күүнү радиодон эшитип аябай таасирлендим. Чыгарманын аткарылышында айып жок, бирок кайрыктары кыскараактай сезилип туруп алды. Күүнүн жаратманы (автору) Кудайберген комузчу дегенди антологиядан окуган элем. Бул күүнү дагы да кеңитип, көркөмдөп иштеп чыккым келди. Эмки максатым — шакта сайрап жаткан булбулду өз көзүм менен көрүп, сайроосун кулагым менен эшитип, күүнү дагы бышырууда турду. Ал учур да акырында келип жетти. Май айларынын биринде «Токойго булбул келиптир» деген кабарды угуп, мерчемдүү жерлерди байкоого ала баштадым. Далай машакаттардан кийин издегеним да табылды, анын акыбети кайтарылды. «Булбул сайрак» өзүнчө толгоого салынып, кемтиги толукталып, радионун музыкалык алтын казынасына алынды» (маектен).

Бул кичинекей сүйкүмдүү чымчыкты күүгө салуу менен аспапчылар эки максатты көздөшөт: биринчиси, булбул сайрагын өзүндөй кылып туурап чертүү; экинчиси, коомдогу социалдык теңсиздикти ашкерелөө. Муну үчүн бечара чымчык менен уулуу жыландын не жырткыч куштардын «күчтүүгө күчсүз күнөөлүү» мамилесин ачып берүү болуп эсептелген. Мисалга Токтогулдун «Армандуу булбул (чымчык)» күүсүн келтирели.

Эсил Током Шибер (Сибирь) сүргүнүнө айдалышын, ал жердеги азап тозокко жык өмүр чыйырын угармандарына кабарлаган учурда уу жыланга сорулуп, балапандарынан айрылган, муң каткан булбулдун аянычтуу абалына салыштырган. Ышкырык салып соймоңдоп уяга карай жылып келаткан жыландын түрү, балапандарын коргоп калсам деген ниетте жан алакетке түшүп, жыландын үстүнөн далбас уруп чырылдап учкан булбулдун аянычтуу абалы, балапандарынан ажырап байкуш абалга кептелгенден кийинки арман муңу:

Айда туусам айда жок,
Алып жедиң уядан,
Ак жылан, сага не жаздым?!
Күндө туусам, күндө жок,
Күбүп жедиң уядан,
Көк жылан сага не жаздым?!
Учуп булбул мен сайрап,
Уядан алыс кетемин.
Уялбадың уу жылан,
Жалганда уулсуз өтөр бекенмин?
Каран түн кылдың как жылан,
Как талаага кетемин.
Карабадың ыйыма,
Жалгандан кароосуз өтөр бекенмин? –

деп сүрөттөлсө, эсил Током Шибер тозогунан эптеп кутулуп келип, баласынын ордун жоктоп турганы.

## Булбул

Белгилүү күү чеберлеринен эсептелген Ысык-Көлдүн Түп районунда жашочу Акымкан Сыдыковдун айтымында: «Бала кезимде биздин айылда сөздү таап таамай айткан, комуз өнөрүн баалап күүгө түшүнө билген Ыбырайым Сагынбаев деген адам болор эле. Бир күнү бизди (атамды) конокко чакырып калды. Бардык. Төрдө бир сакалдуу адам отурган экен. Нур жүздүү, мүнөзү оор басырык, көрүнгөн бул карыяны Сары-Тологойлук Атай деген аксакал, өзү чоң комузчу деп тааныштырды. Ыбырайым аксакалдын суроосу боюнча комузчу карыя улам бир күүнү чертип, кыскача баяндарын айта отурду.

Атай аксакал комузун күүгө бурап: «бул күү «Булбул» деп атады да анын жаралыш баянына мындайча токтолду: Жай саратан убагы. Түп суусун бойлой Каркыра тарапта «Бөйрөк Токойго» булбул куш келиптир» деп угуп калдым. Булбул сайрагын үч кыл тилине салсамбы деп, делебем козголуп дегдеп жүргөн элем. Таң заарынан туруп, Тору быштымды токунуп, чаначка чалаптан куйдуруп, комузумду белиме кыстарып, айткан токойдун четине жетип бардым. Эки жакка элең каранып, куштардын

доошуна кулак төшөйм. Көп өтпөй токой четиндеги бийик өскөн четиндин бутактары арасынан булбул доош жаңырыктап калбаспы. Комузумду күүгө келтирип, куш отурган бутакка жакындап өнүп жөнөдүм. Сыңар тизелей отура калып, булбул үнүн туурап черте баштайм. Булбул куш улам бир талга конуп, бутактан бутакка байырлап сайрап баштайт. Куш сайрагын илип алып, көңүлүмө түйүп, аны аспап кайрыгына сала коюп, мергенчинин тайганындай ээрчип алам. Бул иш бир аптага созулду. Аракет текке кеткен жок, жүзөгө ашкансыды. Булбул сайрагын бир өзөккө уютуп, кайрыктан кайрыкты улаштырып, күүнү «Булбул сайрак» деп атап койдум. Дагы бир күнү таң заардан туруп, булбул байырлаган тааныш бутактын түбүнө отуруп, комузумду чертип жатам. Көп узабай булбул досум учуп келип бутагына конуп, сайрап жаткан добушка кулак төшөгөнсүп калды. Мен күүнү токтоттум эле, ошол эле кайрыкты улап сайрап кирсе болобу. Булбул сайрак – күү сайрак алым-сабагы канчага созулганы эсимде жок. Күн сууктап, чыкыроон тарта баштаганда булбул шеригим келбей калды. Жылуу жакка орун которушкандыр. Комуз болсо ысык-суукка, аяз-аптапка карабай «Булбул сайракты» сайрап келет» – деп, Атай аксакал сөзүн аяктады. Атайдан алып калган бул күүнү залкар өнөрпоздун арбагына багыштап, эскерүү менен чертип жүрөм» – дейт комузчу Акимкан Сыдыков.

Булбулду калың бакта тил безеген,
Сен көпкө, көпкө карап терезеден.
Көралбай коюп анан улутунуп:
«Булбулду көгөнсүңбү?» – деген элең.

Уккан көп, бирок аз да өзүн көргөн,
«Көрсөм» деп мен да далай көңүлдөнгөм.
Жайнатып бул табыйгат каргаларды,
Булбулга неге сейрек өмүр берген?

Балкытып магдыратып туш-туш жакты,
Таңды кеч таңшып турса булбул жакшы.
Эх, менин жүрөгүмө нур чачкан кыз,
Жүрөсүң кайсы жакта? – Унчуксаңчы.

*(Бектуруш Табалды тегин)*

## Чоор булбул

I

Илгери-илгери эрди-катын тоодо жашаптыр. Эри уста, мергенчилик да кесиби. Аялы керээли кечке үй жумушунда. Кечкисин экөө комуз чертишип, ырдашып чарчаганын басышат. Эркектин Султан аты унутулуп «Чебер уста» деп аталып кеткен. Уста аӊ уулап жүрүп чытырман токойго кез болот. Түнүндө жаӊгак дарагынын башына чыгып түнөмөкчү болот. Ой тобоо... бир кезде кубулжуган добуш угулат. Тегерегин кайрайт, эч нерсе көзгө илинбейт. Бир кезде жанагы күү (добуш) кайталанат.

Ошенткен уста жогорудан, бутактын арасынан чыгып жаткан добушту байкап калып издей баштайт. Ары карап, бери карап жатып акыры жаӊгактын мөмөсүнүн эки жагы оюлуп калганын көрөт. Кандайдыр бир курт өзөккө кирип, маӊызын жеп отуруп тешип чыгыптыр. Көрсө, шамал-жел бир тешиктен кирип, экинчисинен чыгып жатканы кандайдыр добуш-үнгө кубулуп, мукам ыргакка айланып жатканы экен.

Ой тобоо, о...ой! Шамал катууласа алиги добуш алда канча муӊдуу созулуп, шамал басаӊдаса, сызылып жагымдуу кайрыктарга өткөнү.

Чебер уста бул көрүнүштөн кийин күү төгө турган жаӊы аспап жасоону кыялданат. Акыры андай аспап да даяр болот, ал «чоор» деп аталат.

Кийин уста байбичеси менен баягы токойго көчүп келет. Не бир сонун ырлар, не бир угумдуу күүлөр ушул жерден жаралат. Токой ичи күүгө толуп кетет. Жанды жаныбарлар да магдырап, күү тыӊдашат. Булардын ичинде айрыкча булбулдун күүгө ынтызарлыгы артат.

Булбул чеберге кайрылыптыр:

– Оо, чебер, жүрсө сүйгүдөй, өлсө күйгүдөй адам экенсиӊ. Ыр-күүӊдөн мага да үйрөт. Чебер атайылап булбул үчүн ыр-күүсүн күчөтөт. Булбул бара-бара чебердин бардык күүсүн өзүндөй кылып сайраганга өтөт. Ошол күндөн ушул күн чебердин өнөр-күүсүн даӊазалап, сайрап келет.

## Чоор булбул

II

Жерге-Талдык кыргыздар черткен күү. Өткөн замандардын бириндe тоо койнундагы токойду туурлап эрди-катын жашайт. Эркеги ууга чыгып, кийик атып, мандалак жоогазын казып келсе, аялы үй оокаты менен алек. Кечкисин комуз чертип, ыр ырдашып чарчаганын басышат.

Эркеги:

Эки чечен бириксе,
Шакка конгон булбулдай.
Эки тантык бириксе,
Куду уюм тувгандай...

Десе, аялы аны мындайча коштойт:

Бувдайдын башын терейин,
Муңумду айтып берейин.
Арпанын башын терейин,
Арманым айтып берейин.
Бувдайдын башы бир табак,
Муңумду айтсам – бир сабак.
Арпанын ташы бир табак,
Арманым айтсам – бир сабак...

Айтса, ал адам чыгаан уста да экен. Балта, теше, араадан тартып, не бир кооз буюмдарды жасагандыктан өз аты (Султан) унутулуп, «Чебер уста» атагып кетиптир.

Ошондо да кечкисин улар болуп муңканып, булбул болуп үн салып, жорго болуп чайпалып... чар тарабын салтанатка толтурат дейт. Колуктусу деле жөн калмакпы, кербездене калтар болуп суйсалып, шибер болуп жайкалат экен.

Ошол кезде бийлер, бектер, төрөлөр, хандарга чейин келишип:

– Бизге келгиниң. Үзүлгөн үмүтүң жанат, ооруган дартың калат, ырларың өчпөй элге угулат, күүлөрүң обонун жаңыртат... Салаарыңа куш, минериңе жорго болот... Ийниңди жаңыртып кийим кийгизебиз, оозуңду майлап тамак ичиребиз... – дешип убадага тундурушат. Чебер уста булардын бирине да макул болбойт. Аларга мындайча жооп кайтарат:

Бул жоопко ачуусу келген Кулбай деген ач көз хан устаны адам барбас аралга алпарып таштаттырат. Бул жер түнт токой эле.

Алы куруган ачка уста жер жемишин тойгуча жеп, уйкуга кетет. Түшүндө тири укмуштай бир сонун аспапты көрөт. Ал өзүнөн өзү күү чыгарат. Эртеси жаңгак дарагынын башына чыгып уктамакчы болот. Бир кезде кубулжуган муңдуу добуш угулат. Чебер нары жагына-бери жагына көз артат. Эч нерсе көрүнбөйт. Акыры жаңгак мөмөсүнүн эки жагы оюлуп калганын байкайт. Көрсө шамал тешиктен өтүп, добуш созуп жатыптыр.

Ой тобоо – о-ой! Шамал катууласа алиги үн күүлдөп, акырында сызылып… Ошондо чебер күү төгө турган жаңы аспап ойлоп чыгарып, аны «чоор» деп атайт. Уста кийин байбичесин бул токойго алып келиптир. Булар не бир сонун ырларды, күүлөрдү жаратып, токой ичин шаңга бөлөшөт.

Бир күнү булбул куш чеберге кайрылат:

– Оо, чебер, жүрсө сүйгүдөй, өлсө күйгүдөй адам экенсиң. Ушул ыр-күүңдөн мага да үйрөт.

Чебер жооп бериптир:

– Мейли, үйрөтсө үйрөтөйүн.

Арадан канча мезгил өттү, булбул чебердин бардык күүлөрүн үйрөнүп, өзүндөй кылып кайрыганга жетишти.

Чебер уста буга абдан ыраазы болуп:

– Булбулум, сенин асылдыгың ушунда: көңүлү чөккөндүн көңүлүн көтөрөсүң, жарпын жазасың. Аракет – тараза, мээнет – таш, аны унутпа, – дейт.

Булбул болсо, ошондон бери чебердин өнөр күүсүн даңазалап келет дейт.[117]

## Куу-куу Турумтай

Ителги, ылаачын, жагалмай, турумтай – уругу бир алгыр куштардан. Учуп баратканда булардын канат куйруктары анча жазыла бербейт, качырганына жаа жебесиндей сайылат. Шумкарлар тоодак, аңыр, каздарды алышса, турумтай, ителгилер торгой, булбул сыяктуу чымчыктарга кыраан.

«Турумтай» күүсү көбүн эсе темир ооз комузда кагылып, айтылуу Бурулча эжеден бери карай, Адамкалый Байбатыровдун негизги репертуарын түзгөндүгү белгилүү. Радионун алтын казынасында Усуп кызы Нуруйланын, Шайбек кызы Зинанын аткаруусундагы күүлөр сакталып турат. Айтмакчы, музыковед В. Виноградов тоо

117 Ж. Мукамбаев. Эл ичи – өнөр кенчи. – Ф., 1982.

булбулу Токтогулдун «турумтай» күүсүн нотага жазып алганы да бар эмеспи. Эркесары, Асанаалы (Кыштообай уулу), Алтымыш (Мундузбай уулу) жана башка комузчулардын бул да күүнү үналгы тасмасына калтырып кеткенин кошумчалап коёлу.

Тестиер кыз токойдо гүл терип ойноп жүрүп, беш балапанын басып жаткан турумтайды байкатпай кармап алат. Кыз бирдемеге алагды болуп, турумтайды уясынан учуруп жиберет. Кызыл эт балапандар оозун ачып, чыйпылдашып энесин жоктоп турганда аларга боору ачыган кыз ыр менен турумтайды чакырып жатат:

Куу-куу турумтай...
Чамындыдан жасаган,
Уяң калды, турумтай.
Таш жаргынын түбүндө,
Балаң калды, турумтай.
Бетегеде беш балаң,
Жетим калар, турумтай.
Ачка болсо балдарың,
Эти калар, турумтай.
Куу-куу, турумтай.

Чытыраган чие жол,
Чымчык уя салбасын.
Чыпылдаган балдарың,
Чын эле жетим калбасын – деп,

турумтайды уясына чакырып жатканы күүдө баяндалса, бирде торго түшкөн турумтайга табасы канган чымчык куштар душманына келеке айтып турганы күүгө тамсил катары пайдаланылган.

Куу-куу, турумтай.
Жиги-жиги, турумтай.
Толуп жаткан өзүңө,
Жазык кылдың, турумтай.
Торгой менен булбулду,
Азык кылдың, турумтай.
«Убал жок» деп торгойго,
Ууга чыктың, турумтай.
Эми минтип өзүңдү,
Чуугa жыктың, турумтай.

Көпкөнүңдөн бир балаң,
Көлдө калды, турумтай.
Тумшугу жок бир балаң,
Туурда калды, турумтай.

Кызыл этте бир балаң,
Кырда калды, турумтай.
Айыкпаган азаптуу,
Чырда калды, турумтай.

Жайып койгон мергендин,
Торго түштүң, турумтай.
Эки көзүң жалдырап,
Колго түштүң, турумтай.

Шыйрагыңдан байлатып,
Сынга түштүң, турумтай.
Жамандыктан акыры
Кунга түштүң, турумтай…

## Күкүк күүлөр

Күкүк куштун куйругу узун, өң-түсү бозомук келет. Кээ бирөөлөр сыртынан кыргыйга окшоштуруп жиберишет. Күкүк уя жасап убара болбойт. Жумурткасын жазында учуп келген куштардын уясына кошуп коёт. Бечара чымчыктар, күкүктүн бул куулугун кайдан билсин. өз жумурткалары менен кошо басып, учуру келгенде балапандарын чыгармай. Бирок, чымчык куштардын балапандарына караганда күкүк куштун балапаны тез чоңоюп, катарындагы алсыз балапандарды уядан түртүп чыгарып салмай адаты бар эмеспи. Ошентип, уяда жалгыз өзү калат да чымчык эненин таап келген тамактарына тарсая тоюп жата бермей. Бир айда күкүк балапан жетилип, уядан учуп чыгып, өз алдынча турмуш кечирүүгө өтөт. Анткени менен жаратылышка күкүктүн пайдасы деле аз эмес, майда курт-кумурскаларды терип жегенге алымсынбай бак-дарактардын бийик бутактарындагы зыянкечтерди тазалап токойдун коюланышына салымын кошот.

Күкүк куш өтө сак канаттуулардан. Анын «күкүктөп» чакырган добушу кайталана берип, адамды болобу, не айбандарды тыңдоого аргасыздайт.

Эл арасында «Күкүк менен Зейнеп» аттуу улама сөз жашап келет. Зейнеп – ургаачысы, Күкүк – эркеги. Бул ашыктар асман тиреген тоонун эки жагында жашайт имиш. Бирин-бири көргүсү келип, лаззат ыракатын бөлүшкүсү келип, аркы беттен «Кү-күк», «Кү-күк» деп чакырып Зейнеби зар какшаса, берки бетте Күкүк куш «Зей-неп! Зей-непте п!» кудайга үнү жетчүдөй добуш салат дейт, бирок алар эч качанда жолугуша алган эмес.

Күү өнөрүндө «Күкүк» кайрыктары аз эмес. Нарыга көз чаптырсак, өткөн кылымдын белгилүү инсаны, бүгүнкү күнгө салыштырмалуу айтканда күүчүлөрдүн төл башы Музооке калыңын толук төлөй албай кудалашкан колуктусуна жетпей куса болуп зарыккандагы арман, муңун «Күкүк-Зейнеп» чакырыгына салыштыра күү аркылуу сыртка чыгарган дешет.

Белгилүү кыякчы Датка Шааке уулу миң кубулта кыягын тарта отуруп төмөндөгү окуяны ортого салган эле:

– Өткөн заманда ушул Чүй боорунан Турап деген кыякчы чыгыптыр. Бир күнү Турапты Байтик чакыртып алып:

И, кыякчым, өнөрүңдү көрсөтчү, – деген экен.

– Болуптур, – деп кыякчы башын көтөрүп караса, бакта күкүк куш конуп отурат. – Баатыр, кыяктын күүсү менен тиги бутакта конуп отурган кушту жерге түшүрөйүн...

Байтик баатыр да, отурган адамдар да кыякчынын бул айтканына бирлери ишенсе, бирлери таң калат.

Кыякчы булбул кушка маңдай-тескей отуруп миң кубултуп кыяк күүсүн тарта баштайт. Күкүк куш да сайроосун токтотуп, кыяк күүсүнө арбалып бою балкып, өзүн унутуп койгон. Күү ан сайын назик добушун миң кубултуп обону ырахатка бөлөп, айлананы жаңыртып барат. Бир кезде күү кайрыгына эриген күкүк куш топ этип жерге түшөт. Угармандар, күйөрмандар бул укмушка таң беришип, кыякчынын өнөрүнө, күү кереметине суктанышат.

Турап кыякчы тура келип, оозун ачып солуктап жаткан кушту этият алаканына салып, Байтик баатырдан алдына коёт.

– Өнөрүңө баракелде, кыякчым. Мындай өнөр кымбат баага, баркка татыктуу. Ал жагы эске алынат, – деп ыраазычылыгын билдирет.

Турап кыякчы улам оозун ачып, көзү алайып диртилдеп жаткан күкүктүн оозуна түкүрүп, шилекей алышып, эс алгандан кийин учуруп жиберген экен.

Эр Табылды жарадар болуп жатып, күкүк кушка кайрылганы. Эр Табылды Барскон деген жерде калмак менен атышып, жарадар болуп жатып калганда Күкүк кушка мындайча кайрылган экен:

Токсон калмак мен жалгыз
Томугуп жарып ок тийди, күкүк.
Толгоно албай жатамын, күкүк.
Алтымыш калмак мен жалгыз,
Ашыгым жара ок тийди, күкүк,
Айлана албай жатамын, күкүк.
Тумшугуң менен суу берчи, күкүк.
Карындашым карлыгач,
Карлыгачка барсаңчы, күкүк.
Кабарды ага салсаңчы, күкүк.

Күкүк кайкып учуп Карлыгачка барып, Эр Табылды жөнүндө кабар айтып турганы:

Токсон калмак ал жалгыз,
Томук жара ок тийип,
Толгоно албай жатыптыр баатыр.
Суусап жаткан баатырга,
Тумшугум менен суу бердим.
Кабарчы келдим өзүңө.
Кайнатма кара дарыны,
Ак куржунга салсын, — дейт.
Ак тулпарды минсин, — дейт.
Алты күндөн кечикпей,
Агасы мага келсин, — дейт.

Айткандай Карлыгач ат аябай мол жүрүп, агасы Табылдыны таап дарылап, ага тууган элине кошкон экен.

Кыргыз Эл жазуучусунун «Кел-кел» романын баракта өткөндөгү комузчулардын бири Базыл карыянын «Күкүк» күүсүн аткаруудагы өзүнчө ыкмасын да окурман журтунун ой-толгоосуна сала кетели.

«Базыл терең ойго чөмүлө, түнөрө үңкүйүп муңдуу обонго салды. Комуздун көөдөнү боздогон каймалдын көмөкөйүндөй күңгүр чалып, чыйрак кыл беш бармактын уучунда шыңгыр какты.

— Эски күү — деп, комузчу сөзүн улады, — илгери-илгери кыргыз атпай жайкысын кыраңда, кышкысын ылымтада көчүп-

конуп жүргөн кези экен. Ушу биздин Аксы багытынанбы, кулак угуп, көз көргүс бир жакка Чынар деген сулуу кыз олжого кетет. Айтымда кыз барган жеринде кордук тартып, түгөнгүс түйшүккө кабылгандыр. Күндө токойго барса, арчадан арчага кылактап конуп жалгыз күкүк жүрөт. Ошондо карагайдын түбүндө эңилчек баскан ташка көчүк коюп, бечара Чынар кыз күкүк менен үндөшүп ыйлачу экен:

Таластын башы Тарагай, күкүк...
Кылка бир кылка карагай, күкүк...
Аралап бассам шуулдайт, күкүк...
Анда да санаам жуулбайт, күкүк...

Боздогон ингендей мойнун созо көзү сүзүңкүрөп, киркиреген жапыз үнү менен муңга чалынган комуз күңгүрүн андан ары коштойт комузчу...

Ак-Байтал ашуу бербеди, күкүк...
Аксыдан киши келбеди, күкүк...

Как арча башын сактаган, күкүк...
Канатын күнгө кактаган, күкүк...

Аксыдан келсең кайта бар, күкүк...
Акеме кабар айта бар, күкүк...

Ортоңку чың толгоодогу чыйрак кыл сөөмөйдө терилген сайын өпкө кага солуктайт, ыйлайт, сыздайт...

Арманда Чынар өлдү де, күкүк...
Ажалга шордуу көндү де, күкүк...

Кыйноодо Чынар өлдү де, күкүк...
Кыямат жолун көрдү де, күкүк...

Ушинтип, кусага ууккан Чынар кыздын тамыры кыркылган чөптөй кыйылып, бу оопасыз дүйнөдөн учуптур дейт...

Күкүк ай, күкүк... күкүк ай күкүк...
Күкүк ай, күкүк... күкүк ай күкүк...

Ырдын артынан күүнүн өзүн дагы бир кайрыган Базыл комузчу армандуу Чынардын ыйын кошо ыйлашкандай, оор улутунуп чертип жатты».[118]

---

118 Т. Касымбеков. Кел-кел. – Ф., 1990.

«Күкүк» күүсү токтоп калган жок, али да уланууда. Обончу күүчү Асанбек Жантемиров «Күкүк» аттуу ырга обон жараткан. Бул чыгарма ырчы аткаруучулар үчүн эле эмес, аспаптык чыгармаларда, ошондой эле, ансамблдик репертуарлардан өз ордун тапкан эле.

Темир ооз комуз каккан адис Мааткадырова Бүбүсайра, комузчулар Асанбек Жуматаев, Кеңеш Сулайманов «Күкүк! Күкүк!» чакырыгын аспаптарда кадимкисиндей айгай салып келишүүдө.

**Радионун музыкалык «Алтын казынасына» алынган «Куш абаз» күүлөр:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнүн аткаруучусу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Ак куу | 7911 | 2’00 | Атай Огонбаев |
| 2 | Ак куу | 8024 | 1’10 | Барпы Сапеков |
| 3 | Ак куу | 8148 | 1’58 | Эркесары Бекбасаров |
| 4 | Ак куу | 6848 | 1’58 | Бактыбек Чытырбаев |
| 5 | Ак куунун учушу | 8915 | 3’02 | Бактыбек Чытырбаев |
| 6 | Булбул | 3019 | 1’56 | Жылчый Курманкожоева |
| 7 | Булбул менен Кучкач | 3028 | 2’20 | Жылчый Курманкожоева |
| 8 | Булбул сайрак | 589 | 1’24 | Самсалы Аликеев |
| 9 | Булбул сайрак | 8845 | 5’40 | Намазбек Уралиев |
| 10 | Токой булбулу | 5493 | 2’18 | Кана Базаркулов |
| 11 | Таң булбулу | 1159 | 2’23 | Мукаш Борбиев |
| 12 | Таң булбулу | 3169 | 2’08 | Асанбек Жуматаев |
| 13 | Сайра булбул | 624 | 3’56 | Кеңеш Сулайманов |
| 14 | Тоо булбулу | 7400 | 4’20 | Шакен Жоробекова |
| 15 | Шактагы булбул | 3458 | 1’54 | Курманалы Калботоев |
| 16 | Күкүк | 6892 | 6’29 | Кеңеш Сулайманов |
| 17 | Күкүк | 7209 | 1’25 | Бүбүсайра Мааткадырова |
| 18 | Ак тамак, Көк тамак | 8017 | 1’38 | Барпы Сапеков |
| 19 | Ак тамак, Көк тамак | 8934 | 3’05 | Акимкан Сыдыков |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнүн аткаруучусу |
|---|---|---|---|---|
| 20 | Ак тамак, Көк тамак | 2088 | 8'35 | Шекербек Шеркулов |
| 21 | Ак тамак, Көк тамак | 512 | 4'40 | Шекербек Шеркулов |
| 22 | Ак тамак, Көк тамак | 8157 | 2'30 | Эркесары Бекбасаров |
| 23 | Ак тамак, Көк тамак | 4405 | 2'56 | Турсун Карымшаков |
| 24 | Коӊур каз | 9367 | 1'53 | Асанаалы Ошуров |
| 25 | Коӊур каз | 590 | 2'31 | Самсалы Аликеев |
| 26 | Коӊур каз | 3680 | 2'12 | Асылбек Эшманбетов |
| 27 | Каркыра, турна | 3295 | 1'18 | Жали Алиев |
| 28 | Сары барпы | 1732 | 4'22 | Карамолдо Орозов |
| 29 | Сары барпы | 8027 | 1'32 | Барпы Сапеков |
| 30 | Сары барпы | 8150 | 5'05 | Эркесары Бекбасаров |
| 31 | Сары барпы | 1798 | 1'52 | Усубалы Казаков |
| 32 | Сары барпы | 7156 | 3'15 | Алтымыш Мундузбаев |
| 33 | Сары барпы | М.649 | 1'07 | Жумаш Саркөбөнова |
| 34 | Орто токойдун сары барпысы | 8019 | 1'41 | Барпы Сапеков |
| 35 | Чүйдүн сары барпысы | 8023 | 1'34 | Барпы Сапеков |
| 36 | Таластын сары барпысы | 3667 | 2'10 | Жумалы Бекеев |
| 37 | Коендуу токойдун сары барпысы | 3663 | 1'45 | Жумалы Бекеев |
| 38 | Турумтай | 9630 | 3'00 | Асанаалы Кыштообаев |
| 39 | Турумтай | 1812 | 1'52 | Асылбек Иманалиев |
| 40 | Турумтай | 5476 | 1'30 | Нуруйла Усупова |
| 41 | Куу-куу турумтай | 4078 | 1'39 | Зина Шайбекова |
| 42 | Куу-куу турумтай | 8118 | 1'36 | Эркесары Бекбасаров |
| 43 | Торгой менен турумтай | 9781 | 5'32 | Бабажан Токтогулов |
| 44 | Торгой менен турумтай | 7165 | 2'20 | Алтымыш Мундузбаев |
| 45 | Кара кучкач | 9628 | 5'42 | Асанаалы Кыштообаев |
| 46 | Армандуу чымчык | 7716 | 4'00 | Атай Огонбаев |
| 47 | Көк чымчык | 5494 | 1'32 | Кана Базаркулов |
| 48 | Торгой сайрап таӊ атты | 2086 | 2'12 | Шекербек Шеркулов |
| 49 | Карача торгой Кайбылда | 8153 | 1'47 | Эркесары Бекбасаров |
| 50 | Боз торгой | 3876 | 2'00 | Абдыкадыр Жаналиев |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнүн аткаруучусу |
|---|---|---|---|---|
| 51 | Каракаш торгой, суу кайда? | 7724 | 2’26 | Алтымыш Мундузбаев |
| 52 | Карача торгой | М.639 | 1’32 | Жумаш Саркөбөнова |
| 53 | Чабалекей | 6012 | 1’35 | Сүйдүм Төлөкова |
| 54 | Эки сагызган ашуунун белинде учурашканы | 8030 | 1’06 | Барпы Сапеков |
| 55 | Эки сагызган | 3367 | 1’40 | Эркесары Бекбасаров |
| 56 | Улардын учушу | 3611 | 1’10 | Асанбай Каримов |
| 57 | Ак көгүчкөн жол кайда? | 7207 | 1’25 | Бүбүсара Мааткадырова |

# АЛЫМ-САБАК КАЙРЫКТАР

«Алым-сабак» азыркы маанисинде акындардын айтышуусу, аспапчылардын чертишүүсү деген түшүнүктү берет. Адатта, «айтышка» акындар чыккан, «чертишке» аспапчылар катышкан. Акындардын айтышында сөз тапкычтык-төкмөчүлүк (импровизация) чечүүчү ролду ойносо, аспапчылардын таймашында кайрыктардын тактыгы, тапкычтыгы көңүлдүн борборунда турган. Алым-сабак өнөрүндө чыгаандар тажрыйба топтосо, жаңы чыгып келаткандар андан сабак алышкан.

Кырчылдашкан мелдеште кыл чеберлери комузга жалаңдаган устара жанып, кээде жылаң бут менен чертип, толгоолордун толгон-токой табышмактарын жандырышкан өнөрүн калыстардын кароосуна багыштап, өнөгүнөн өктөм турууга аракет жасашкан. Бул жөнүндө ата-баба улама-аңыздарынан кабарыбыз бар. Көрсө, үч кылдын сырлары ошондой таймаштарда ачылып, кайтарымы калк кабылдоосунда кала берчү тура.

Алым-сабак чертишүүнүн жол-жоболору:

а) Эрегиш чертим: мында атаандаштар өнөгүнөн өйдө турууну көздөп, өз жеңишин камсыз кылууга күч үрөшөт.

б) Сынаакы чертим: катышуучулар өнөгүнүн чыгармачылык дараметине баа берүү менен тажрыйба алмашуу максатын алдыга коёт.

Алым-сабак чертишүүдө катышуучулардын саны бир кылка болбойт:

а) Эки тараптан эки өкүл тандалып, көпчүлүктүн алдында өнөрлөрүн сыноого коёт.

б) Кээде эки топ (коллектив) атайын түзүлгөн эреженин алкагында күч сынашат.

в) Бир эле өкүл бир нече атаандаштарды кабыл алып, өнөр таймашынын эрөөлүнө чыгат.

Алым-сабак чертишүү салтында алгачкы кезек сыпаакерчилик үчүн улуулата берилет. Мелдештин баштоочусу бир күүнү чертип, ошол эле күүнү өнөгүнө сунат. Каршылаш тарап талапты таза аткарып кетсе, кезекти колуна алып, жаңы күү чертип, аны аткарып берүүсүн талап кылууга акылуу. Жеңүү-жеңилүүнүн соңуна чейин чертим ушул тартипте улана берет.

Ата-бабадан калган бул салттык мурастар өткөн замандарда боз үйдүн ичи-сыртында же ачык асман алдында көптөгөн күйөрмандар катышкан жыйындарда өткөрүлгөн. Азыркы мезгилде атайын тандалган зал толо көрүүчүлөр, алдыда калыстар тобу, сахнанын секисинде өнөрпоздор күч сынашат. Сыналгынын музыкалык берүүлөрү уюштуруп келаткан «Сайра комуз», «Тогуз кайрык» көрсөтүүлөрүндөгү күү таймаштары буга күбө.

Атактуу комузчулардан Күрөңкөй, Майлыбай, Ниязаалы, Боккөтөн, Токтогул, Карамолдо, Ыбырай, Асанаалы, Айдараалы, Атай, Коргоол ж.б. эч кимиси алым-сабак чертишүүдөн кыйгап кете алган эмес. Алардын алым-сабак чертиши жөнүндө оозэки айтымдар менен катар кагазга жазылып калгандары канча? Сөзүбүз сөлтүк болбосун үчүн, алым-сабак чертиштин ар кыл түрлөрүнөн мисалдар келтире кетели:

## Казак кыякчысы Ыкылас менен кыргыз күүгери Күрөңкөйдүн эрөөлү

– Оо, калайык! Алым саба-ак! Алым саба-ак!..
– Оо, алым саба-ак!..
– Комузчунун комузчусун көрөбү-үз!
– Ким чыгат ортогоо-о?
– Күрөңкөй, Күрөңкөй!
– Ыкыла-ас, Ыкыла-ас!
– Өзүңүз баштарсыз, Күрөөкө, – деди Ыкылас жандана.
– Охоо, – дешти бирөөлөр, – Күрөңкөй менен тартышар эр бар беле?

Бирде Күрөңкөй бирде Ыкылас... кыяк үнүн жалгаштырып, бирин бири тыңдап, бирин бири толуктап, азалуу күүнү кеңейтип, тереңдетип узак кайырды... Ким көргөн... ким көргөн бул кубулушту? Комуз менен кыяк үнү салтанаттуу өмүр шаттыгын чалкытты. Ыкылас Күрөңкөйгө, Күрөңкөй Ыкыласка кадалып, бир

чертишти дейсиң, кылдар адамча шаңкылдады. Дүйнө төгүлүп-чачылган той-тобур дүбүрт-шаңга бөлөндү. [119]

## Боккөтөн менен Майлыбайдын чертиши

1994-жылы январь айында Тоң районундагы Бөкөнбай айлына келип, айтылуу күү залкарларынын бири Бектур Осмоновдун туягы Шыгайга жолукканым бар. Кеп кезеги түндүк комузчуларына кеңири таанымал Кошкулак чертмекчиге келип жетти. Кошкулактын башынан кечирген окуялары, атан төөгө жүк болчудай. Анын Майлыбай менен күү жарыш сынагындагы окуясы эле окурмандарды терең ойго салып койчудай: «Атам Бектур Боккөтөн комузчу жөнүндө кеп салып, күүлөрүн чертип берчү. Сөз арасында:

– Бу кайсы күү, ата? – деп сурап калганымда:

– Боккөтөн деген чоң комузчунун «Алым-сабак» күүсү деп, анан күүгө өтүүчү: Боккөтөн көл башында бугу элинин башчысы Кыдыр акени жандап жүрүүчү. Сарбагыш Шабдан баатырдын жанында атагы журтка таанымал Майлыбай деген күүчү болгон. Бул комузчулар бирин-бири сыртынан угуп, али кездеше элек экен.

Кыдыр акенин айлы Керегe-Ташта эки дубандын эли баш кошкон чоң жыйын болот. Эл орунга отурган кезде конок үйлөрдүн биринде комуз доошу угулат. Булар Шабдандын тобу экенин түшүнгөн Кыдыр аке: «Жиндим, (Кыдыр аке Боккөтөндү ушундайча эркелетип чакырчу экен) алыс кетип калба. Шабдандын Майлыбай деген чоң комузчусу бар. Балким беттешип каларсың, – дейт.

Айткандай эле Майлыбай топто комуз чертип жаткан. Бир оокумда Кыдыр аке: «Ой, жанагы биздин жиндини чакыргыла» – дегенде бирөө сырттан Боккөтөндү ээрчитип кирет.

Чертишүү башталат. Атаандаштар биринин күүсүн бири кайталап чертип таймаш кызыйт.

Бугу элинде Көкөтөй аттуу чечендин төбөсү көрүнүп калган. Намыскаууккан чечен Боккөтөнгө болушуп, жоболоңдуу жорук баштайт. Кезек Боккөтөнгө келип, комузун чертип жатканда Көкөтөй сырттан кезтигин сууруп алып, тебетейин колтугуна кыстарып, комузчулардын теке маңдайындагы туурдукту жара

119 И. Жаканов. Кер толгоо. – Ф., 1987. 217-бет.

тилип, жыртыктан башын сала: «Атаңдын көрү, тентегим!.. Канакей сенин черткениң? Карала уйга сарала бука салгандай, кара алачыкка камыштан отун жаккандай кайрыктарыңды качан сабайсың? Айда-ат! Айда-ат!..» деп айкырык салып кирбеспи. Бакырык чыккан тарапты карап, алагды боло калган Майлыбай Боккөтөн чертип жаткан кайсы кайрыкты элес албай, кезектеги күүнү жарым жартылай чертүүгө зорго үлгүрүп, таймашта тайгыла түшкөн экен. Ушул окуянын соңунан Көкөтөйдү Кыдыр аке сурап алып, өз айлына ала кеткен. Таймаштын татаалдыгы, эрөөлдөшкөн эки комузчунун колдору жазылбай, аспаптын мойнунда карышып калган. Калыстсык кылган Кудайберген комузчу талашта чертилип жаткан күүнү баштан-аяк бадырата кайрып киргенде гана мелдешкен комузчулардын колдору жазылып, жаны ордуна келген экен. Боккөтөн менен Майлыбай: «кандай бүтүм чыгарат?» — деп, Кудайбергенди күтүп калышат. Кудайберген жай гана:

— Бокем жеңди...— деп эрегиш сынагын токтотот.

— Кандайча бул бүтүмгө келдиңиз? — дегендерге:

— Чертишүү дагы уланса, балким Майлыбай басмак. Боккөтөндүн жолу улук, өзү сыпаа киши эмеспи, шагы сынып калбасын дегеним, — дептир Кудайберген.

## Майлыбай менен Күрөңкөйдүн таймашы

— Ышкыбоз кишиге айла жок, Балыкчыда топ болуп барып калдым. Топту бийлеген мыктылар:

— Кел Муке, келгениң жакшы болду! Бири: тигил үйдөгү комузчулардын үстүнө алып барып кийир — деди. Салам айтып, байларды жандаган комузчулардын үстүнө кирдим. Алар кайдагы неме дегенсип, теңсинбей капшыттан орун берди. Үйдүн ичи жык-жыйма. Жайылган дасторкон жыйылбай ичкени чай ичип, ичпегени күү тыңшап, тамаша кызып калган убак экен. Төрдө башына топу, үстүнө ак бешмант кийип, белдеринде мата кур курчанган, кычыраган намеркан маасылуу эки көк ала сакал киши олтурат. Арка жагына жөлөп койгон кыпкызыл өрүктөн жасалган комуздары бар. Кара мурут, кызыл жигит мени: «Ким болот?» — деп сурап калды.

— Күрөңкөй комузчунун баласы Муратаалы комузчу — деди отургандардын ичинен бирөө:

— Анда Муратаалы иниме күү кайрып берейин, — деп комузун колуна ала күү кайрый кетти Боккөтөн. «Боккөтөндүн ботою»

деген күү мага белгилүү, аны олтургандардын эч кимиси билбейт. Күүсүн кайрып бүткөндөн кийин олтургандар:

– Боке, бул эмне деген күү? Анын аты-жөнү барбы? – деп калышты.

– «Семиз кызыл өгүз» деген күү ушул болот, – деди. Менин кебете-кешпириме салыштыра айтканына кымызга кызып олтургандар дуу күлүп басылышты.

– Мен да иниме күү кайрып берейин деп экинчиси «Майлыбайдын шалкы күү» дегенин черти. Ал да мага дайын күү эле. Күүсүн кайырып басылгандан кийин:

– Майлыке, бу эмне деген күүнү кайырдыңыз? – дешип олтургандар дагы сурап калышты. Майлыбай:

– «Тултугуй мүйүз, кызыл бука» деген күү ушу болот – деди. Олтурган эл дуулдап барып басылышты.

Төрдөгү аксакалдар:

– Кезегин алып, эми балам эки агасынын күүсүн кайрып берсин – деп калышты. Комузду колума ала билекти түрүп жиберип, экөөнүн күүсүн өздөрүнөн артык кылып чертип кайрып бердим. Мунума ыраазы боло түшкөндөр:

– Эми өзүңдүн күүңдөн кайыр, – деп калышты. Эки комузчу алардын күүсүн жаңылбай кайырып бергенден кийин мени жактырбагансып, сырттарын салып калышты. Алардын бул кебетесинен менин этиме камчы тийгенсип калды. «Сынган бугуну» жаңы чертип жүргөн кезим эле. Аны атактуу комузчулар уга элек кези. Жыгаар жерим ушу го дегенчелик ой менен ошо «Сынган бугуну» кайрыдым. Уккандар:

– Жаңы күү экен, – дешип тим эле шилекейи түшө калышты. Андан кийин атам Күрөңкөйдүн «Кош толгоосун» кайырып токтогонумда тамашага баткысы келгендер:

– Муке, черткен күүңүз кайсы күү? – деп калышты. Учурдан пайдаланып, экөөнүн катыгын берүү үчүн: «Кош көк ала өгүз» деген күү ушу болот, – дедим. Эл дуулдап калышты. Тигил эки комузчу менин күүмдү кайта кайрып чертип бере алышпады. «Өзү тийген бала ыйлабайт» дейт элде. Анын сыңарындай тигилер жыгылганга эсе болушту.

Муратаалы сөзүн аяктап, кыяк менен «Кер толгоо» деген күүнү аткарып, отургандарды кубаныч-күлкүгө бөлөдү».[120]

120 Т. Шабданбаев. Мекенимди даңктаймын. – Ф., 1973. 123-124-беттер.

## Байгабыл менен Сартбайдын чертишүүсү

– Кош, кайдан келдиң? – дейт аксакал.

– Кушчудан келдим, – дейт Сартбай.

Керебетте жаткан киши:

– Былтыр чакырсам, келбей койду эле, быйыл келген турбайбы, Байгабылды чакырткыла, экөөнү айтыштырабыз. Жеңилсе байталдын куйругуна байлатып, иттерге талатып өлтүргүлө. Жеңсе, ырчы, жарчы кылып алабыз! – деп калат.

Жигиттердин бири Байгабылды чакырганы кетет. Байгабыл Таластын аягындагы кытай элинен экен, уурулук кылып, качып келип, солтонун манаптарына ырчы болуп жүрүптүр. Дайынын Сартбай мурда уккан экен. Байгабыл үйгө жакын калганда:

Талас кандай, жер кандай?
Таласта жаткан эл кандай?
Чөп алачык үйүң бар,
Шергазы, Шейрен бийи бар.
Шеңирейген кемиң бар,
Менин бийлеримдей кимиң бар? –

деп, ырдап кирет. Анда Сартбай:

Жакаң жаңы көрүнөт,
Сартың барбы, Байгабыл?
Эл кыдырып көрбөпсүң
Дартың барбы, Байгабыл?
Өз сөзүңө ынайсың,
Таластын несин сурайсың?
Чилдеде тестээр бала өлгөн,
Сексенге чыккан чал өлгөн,
Кубалашып келатып,
Чоң кытайдын жеринен
Айры өркөчтүү нар өлгөн,
Андан башка бары аман.
Иниң менен айтышып,
Уялбайсың, куу чалым.
Иниң казал окуса,
Тура албайсың, куу чалым.
Уулуң менен айтышып
Уялбайсың, куу чалым,

Уулуӊ казал окуса,
Тура албайсыӊ, куу чалым.

– Эми өз башыӊардагыны айтып ырдашкыла! – деп, бирөө айтса, дагы бирөө: – Бул кушчунун комузунун башы көрүнүп калды эле, комуз чертишсин! – деди. Эл экөөнү чертиштирип, сынамакчы болот. Сартбай комузун койнунан сууруп чыгып, Байгабылга сунса:

– Ырдын башы Байгабылдан болду. Күүнүн башы сенден болсун! – деп, төрдөгү карыя Сартбайды баштап черт деп өкүм кылат.

Оӊдонуп отуруп Сартбай бычагын сууруп чыгып, өтүгүнүн кончуна ары-бери жана баштайт. Аны көрүп:

– Ой, эмне кыласыӊ? – деп, бир жигит колунан кармай калат. Анда Осоке: – Коё бер, мага десе, жарылып өлсүн! – деп буйруйт. Сартбай сол колуна комузду кармап, толгоп алып, оӊ колундагы бычак менен, далай күүлөрдү чертет. Бир оокумда комузду бычагы менен Байгабылдын алдына коёт. Байгабыл комузду колуна алып, бычак менен черте баштайт. Бир кезде ортоӊку кылды тарс кесип алат. Ошондо Осоке:

– Оо, кара дөбөт баштанган атаӊдын көрүн урайын, жогол! – деп сөгүп жиберет.[121]

## Муратаалы менен Карамолдонун чертиши

Ал кезде Муратаалы Ысык-Көлдүн күӊгөйүндө Талды-Булак деген жерде турчу. Азыркы Сары-Булакты жердеп жүргөн. Биздин элге көп келүүчү. Сүрдөөчүбүз. Эл оозунда өтө барктуу. Кийин Карамолдо болуп, азыркы Сары-Ойдогу топто Муратаалыга жолугуп калдык. Көп эл каалап Карамолдо менен Муратаалыны черттиришти. Ал кезде Карамолдонун күүсү аз, бирок өтө шаӊдуу чертчү. «Мукем эмне дээр экен?» деп кыпылдап отурат. Кезекти Карамолдо алып, чертип бүткөндөн кийин Мукем мындай деди: «Балам, чылбырыӊды чоё тартып калган экенсиӊ…» Мукем бизге «Кара өзгөй», «Чоӊ кербез», «Шыӊгырама», «Сынган бугу», «Көкөй кести» деген күүлөрдү чертип берди. Кийин бул күүлөрдү Карамолдо өркүндөтүп чертти.[122]

---

121 К. Сейдакматов. Сартбай акын // Мурас. 1992. №1.
122 // Кыргызстан. – Ф., 1987. 5-бет.

## Тайтеке менен Темирбектин чертиши

Тайтеке чоң комузчу жана сурнайчы болгон. Комузчулук жагынан эч ким бет келишип чертише алган эмес. Илгери болуштар, төө баштаган тогуз кара малды байгеге коюп, Чүй боорунан Темирбек деген комузчуну алдырып Тайтеке менен черттиришкен. Тайтеке комузду тетири күүлөп (үстүңкү кыл бийик, астыңкылары бош), ушул буроодо коюп кылдарды бышыктырып, комуздун кулактарын түбүнөн араалап таштайт (Башка комузчулар күүлөп албасын дегени). Чертишүүдө Тайтеке алгач «Терме камбарканды» алып чыгат.

– Ии-и, Темике, экөөбүз жумалап-айлап чертишип калабызбы, байкап көрчү, комуз кайсы буроого салынган экен? – деп Тайтеке комузун сунат. Темирбек кылдарды зыңкылдатып көрүп:

– Комузда мындай буроо жок, – дейт.

– Эмесе, дал ушул буроодо мен черткен күүнү кайталап чертип бер, черте албасаң уттурганың.

Темирбек бул толгоодогу Тайтекенин «Көйрөң күүсүн» чертүүдөн баш тартат. Утуш Тайтекеге ыйгарылат.

## Күлпөтү артык «Күү кесе»

Асман тиреген ак мөңгүлүү Ала-Тоого түспөлдөш ак калпак кыргыз эли тоо саябанында турмуш кечирип, тоосуна окшоп пейли кенен, тоодой кыйынчылыкты жеңе билген айкөл баатыр сабырдуу эл. Эңкейген кары, эбелектеген балага чейин бир дасторкондон даам татып, ар кыл маселени чогуу чечип баарлашып, акыл оошконырыс жугушкан, рух асылын бойго сиңирген.

Улуттук руханий нарк, куру кыйкырык, кургак сүрөөн эмес. Анын асылдыгы кылымдар калыптанган каада салттардын саябасында тамырлап келген, бир бутагы деп «ыр кесе». Илгери той-топурларда, жоро-бозодо чакан топтордо эрмек болгон «ыр кесе» үлпөтү бүгүнкү күндө эмгек менен айкалышкан ыр майрамына айланган.

1980-жылы Ош областындагы Кара-Сууга элеттик комузчулардын чакыруусу боюнча барып калдым. Алар бабалардын салтын утурлап дасторкондун үстүндө «шерине» уюштурган экен. Шеринеде алым-сабак сармерден айтылат. «Колумдагы кесемдин кызыл ала гүлү бар, ушу турган теңтуштун ырдай турган түрү бар» сымал ыр арналып «ыр кесе» сунулат. Бул жолку шерине

үлпөтүнүн катышуучуларынын колунда койкоңдогон комузу ойноп: «ушу турган досумдун колундагы комузу күүлөнүүчү түрү бар» деп, «күү кесе» сунулду.

«Күү кесенин» катышуучулары жашы жагынан, кесиби жагынан, ар кыл мүнөздөгү адамдар. Топ жарган көйкашка күү чеберлеринен күү «алиппесин» ача баштаган үйрөнчүктөргө чейин чогулушкан. Неси болсо да, күү өнөрүнө куштарлык, ынтызарлык баш коштурган сыягы.

«Күү кесе» шеринесин уюштуруучулардын башчысы Мадраимов Насырдын айтымында: «Атам, чоң аталарым күү ышкыбоздору болушкан. Кичинемден комуз кармап келем. Үйдө дасторкон үстүндө шерине уюштуруп, күү өнөрүнө кызыгуучулардын башын коштурсам деген ой келди. Түштүктө «чап» деп коюшат, бир үйгө чогулуп, өткөн-кеткенден кеп салышып, сыр чечишип алмай жосун бар. Ошол «чап» жолугушуусун кеңеш кылганымда бирөөлөр: көр тирликтен колу бошобосун айтышса, кээси комузду таштап койгон элем, колум катып калды дешти. Үч-төрт айылды баш коштурган бул жыйынга келүү да, жолдун алыстыгы да, унаанын жоктугу да бөгөт болду. Бардык кыйынчылыкка бел байлап, «Күү кесени» алып барып жатканыбызга быйыл үч жыл болду. Көп көйгөйлөр артта калды» — деп кеп учугун чубай отурду.

«Күү кесе» катышуучулардын ичинде 80 жаштагы карыя комузчу Сулайман аксакал бар. Бакиров Ашым 53 жашта, 7 баланын атасы, балдары да комузга кызыгат, Мырзаев Токтосун 10 баланын атасы, Эрменбетов Кочкор 35 жашта, Алиев Эргеш эки кызы комуз чертет, 30 км аралыктан «Күү кесеге» келип катышып турат. Сабыр, Бакыт деген жаштар да кошулган.

Шериненин кезеги «Кыргызстан» совхозунун трактор айдоочусу Мырзаев Токтосундун үйүндө өтүп жатты. Дүйүм тамакка толгон дасторкон жайылуу. Комузун кармап «шерине» меймандары болжогон убакытта келип, дасторконго карап орун алышты. Бата кылып, Кудайдан жакшылык тилеп, көк серкени Кудай жолуна чалышты. Байкоого караганда «Шерине» эки бөлүктөн тургансыйт: 1-бөлүк топтошуп чертүү. Күү аяктаганда чыгармачылыктагы чийки жерлер бышырылып, кемтикти толуктоо максатында талаштан тактык жаратуу милдети коюлган.

«Күү кесенин» экинчи бөлүгүндө алым-сабакташа чертишүү. Мында устаттар жол көрсөтөт, сакалдуулай таалим-нускоо берилет. Кулун, тай, кунандардын таптоосун жеткирип, жарышка

салып, такшалуу мектебинен өткөрүү милдети бардай түр байкалат. Алым-сабак чертишүүдө жеӊүүчүгө бата жолдонуп, сыйлыкка илүү жол жобосу да ишке ашырылмак. «Күү кесенин» акырында 80 жаштагы Сулайман карыя «Кырк уул Пешим», «Тынайбек», «Кой көз», «Какшагандын ити», «Ыктытманын ботою» сыяктуу элдик күүлөрдү чертип, «эски менен жаӊыны» эп келиштирип аксакалдык таалим-нускоосун жаштарга жолдоду.

## Акындардын алым-сабак

Алым-сабак таймашууларына өнөр чыгаандары гана бет келген. Эрөөлдөшкөн эки тарап тек-жайына, ырай-түрүнө чейин алдын ала сындан өткөн. Ар кандай кемтиктен өӊүт издеп, ал «табылгасын» шылдыӊга же күлкү-юморго чайып, калемпир-туз кошуп ыр-күү аркылуу «чабуулга» өтүшкөн.

Акындык өнөр болобу, аспапчылык кесип болобу, «алым-сабак» таймашынын тагдырын илхам дүйнөсү чечип коёт. Илхам чөнтөккө салган чемичке эмес тырсылдата чага салчу даяр оокат эмес. Илхам сынаакы өнөр жарышында кызый-кызый кырдын кызыл түлкүсүндөй мант берип көрүнө калып, көрүнбөсө көк түтүн болуп алыстан туруучу колго урунбас кылыктуу нерсе.

«Айтыш» сынагынын акыркы жуптары Керим кызы Майра менен Табылды Актановдун беттешүүсү өзгөчө таасир калтырганы али эсимде. Майра казак элинин кулуну, колунда домбрасы, оозунда казак өлөӊү. Табылды кыргыз жигити, колунда комузу, оозунда төкмөсү бар.

Булардын өнөр таймашы жалаӊ ыр жамактата бербестен, алгач эки элдин улуттук аспаптарындагы кооз ыргак, кабелтеӊ кайрыктарды чертип, казак обонун Майра созсо, кыргыз обонун Табылды созуп, казак тили менен кыргыз тилин кайым айтыштырып өнөр таймашын алым-сабакташтыра көпчүлүктүн сыноосуна коюп күйөрмандарды күлпөткө бөлөгөн.

Алардын сөз ширесин сыгып, күү дүйнөсүнө күймөлө сарказмга жуурулуштура алым-сабакты (айтыш-чертиш) сүрөй алыш жөндөмү угармандарын ууз сезимге бөлөгөн. Алым-сабак кызыган сайын алыска чуркаган күлүктөй Майранын төрт аягы тыбырап… бирде домбра кылы болуп, бирде ыр дайрасы болуп ташкындап, агылып турган эле.

Табылды: кыргызча 8 муун өлчөмүндөгү ыр саптарында:

Ак жамгыр жааса дыбырап,
Көгөрүп жерден чөп өнөт.
Агайын тууган сыйласа,
Келиндин көшөгөсү көгөрөт.
Кудай кошуп койгондо,
Экөөбүз бир жуп болгондо,
Ашыкемди айталбайм,
Жок дегенде,
Амантай акын төрөлмөк.

Майра: казакча 12-13 муун өлчөмүндөгү ыр саптарында:

Ой, кайнага, кайда карай асыгасың?
Сырым жок көпчүлүктөн жасыратын.
Көңүлүмө жагатын күйөөм үйдө,
Көргөндө көзү оттой чачырайтын.
Кайнага! Чымчуу сөз мен кыйнады гой,
Бирок да келин жолун сыйлайды гой.
Айтарым: Кудай кошкон жуп ичине,
Ашыкча үчүнчү адам сыймайды гой.

**Радионун музыкалык «Алтын казынасындагы» кайрыктар:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Алым сабак | 2643 | 1'49 | Калык Акиев |
| 2 | Алым сабак | 9617 | 3'96 | Чалагыз Иманкулов |
| 3 | Алым сабак | 518 | 3'50 | Карамолдо Орозов |
| 4 | Алым сабак | 1682 | 3'07 | Санарбек Карымшаков |
| 5 | Алымсабак шыңгырама | 4395 | 4'12 | Турсун Карымшаков |
| 6 | Алымсабак | 6851 | 2'25 | Анара Базаркулова (т. ооз комузда). Муктар Муканбетов (чопо чоордо). |
| 7 | Эки кыздын алымсабагы | 9153 | 2'02 | Датка Шакеев |
| 8 | Сармерден кайрыктар | 6202 | 2'18 | Толтой Мураталиев |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 9 | Черт комузду | 2673 | 3'13 | Асылбек Эшманбетов |
| 10 | Сейдена-Атайдын айтышы | 9379 | 6'53 | Асан Сейдалиев |
| 11 | Сейдена-Атайдын айтышы | 3373 | 2'30 | Эркесары Бекбасаров |
| 12 | Сейдена-Атайдын айтышы | 9294 | 3'11 | Сүйдүм Төлөкова |
| 13 | Эки акындын айтышы | 466 | 4'30 | Зина Шайбекова |
| 14 | Жеңижок-Эсенамандын айтышы | 9347 | 15'32 | Жолболду Алыбаев |
| 15 | Алым сабак (дуэт) | 6851 | 2'25 | Анара Базаркулова (т. ооз комузда) Муктар Муканбетов (чопо чоордо) |

# КҮҮ ДҮЙНӨСҮНДӨГҮ ФИЛОСОФИЯЛЫК ОЙ ЧАБЫТТАР

Акылмандар он сегиз миң ааламды боюна тарткан жандуу жаратылышты жашоого бир келчү конок катары мүнөздөп келишет. Кайсынысын көңүлгө албайлы, мезгили жеткенде бардыгы «о дүйнө» салаары анык. Кантмекпиз, Адам-Ата, Обо-Энеден келаткан турмуш мыйзамына баш ийбеске чара барбы? Дүйнө чиркиндин оош-кыйыш, оң-тетири мыйзамына карт тарых өзү күбө. Ойчулдар, олуялар, даанышмандар «жалган дүйнө», «чын дүйнө» вазыйфасын козгоп, жашоо сырларын табууга акыл дараметин жумшап, ошонусу менен күйөрман пенделерин алаксытып келет. Жарык дүйнөгө адам болуп келген соң, о дүйнөгө адам бойдон кетүү үчүн таалим, тарбия, нускоолорун талбай-тажабай жолдоп келишкен. Бул идея «Дүйнө», «Сен, сен, дүйнө», «Тар заман», «Зар заман», «Акыр заман» алкагында, азыркыча айтканда, жашоо тууралуу философиялык ой тургусун ортого салышкан.

Кыргыз радиосунун музыкалык «Алтын казынасында» «Дүйнө», «Сен, дүйнө», «Замана» жагдайында жаралган күүлөрдүн сакталып турушу музыка жандуу жарандар үчүн табылгыс байлык. Ал күүлөр аркылуу өмүр сыры, тагдыр табышмагы жандырылат.

## Дүйнө, сен, дүйнө

1995-жылы 13-сентябрда Кыргыз Эл акыны Сүйүнбай Эралиев Карамолдонун «Дүйнө» аттуу күүсүнүн жаралышы тууралуу мындайча айтып бергени бар: «...1960-жылдын июнь айында улуу акын Тоголок Молдонун тою Ак-Талаа районундагы Теректин-Чаты деген жерде өтүп жатты. Күндүзгү салтанаттуу тамашалардан кийин Карамолдо аксакал отурган үйгө баралы деп бир топ жазуучулар жөнөп калдык. Ал үйдө бизге окшоп күү

угууга дилгирленгендер аз эмес экен. Үй ичи адамдарга жык. Үйдөн орун жетпегендер көк шибер үстүндө жамбаштап отурушса, кээси үзүк-туурдуктун жылчыгынан шыкаалап турушат. Биз үйгө кирүүдөн ийменип, тышта күтүп турган элек. Бир оокумда күү чертилип бүттү:

– Оо, айланайын Молдоке, колуңуз кол эмей эле алтын турбайбы, ылайым жүзгө чыга жашаңыз! – деп дуулдап калышты. Бир аз эс алыңызчы, – деп бир катар кишилер тышка чыгышты. Учурдан пайдаланып, биз үйгө, Молдокемин үстүнө кирдик. Молдокем бизди көрүп кубанып: «Оо, өзүбүздүн шаардыктар турбайсыңарбы, келгиле отургула, – деп калды.

– Молдоке, биз кымызга ыраазыбыз. Сизден күү уксак деп келдик, – деп жиберди жазуучулардын бирөө.

– И, арамдар, мени сагынып калдыңарбы? – Карамолдо бизди тамашага чалды. – Эмесе, мындай өткүлө!

– Сагынмак турсун, чаңкап келдик, сизди издеп жүрүп араң таптык, – деди арадан бирөө.

Комуз толгонду. Табына келип, суулугун качырата чайнап, ээсинин колунан тизгин талашып араң турган күлүктү коё бергендей лепилдеп, комуз күүсү оболоп жөнөп берди.

Ырас күүнү да түшүнө билгендер керек. Түшүнгөнгө комуз түн ортосуна чейин таңшыды. «Талантты талант баалайт» дейт. Карамолдо аксакал Тоголок Молдонун тоюнда олтурганына аябай кубанып, ал киши жөнүндө өзүнүн ойлорун ортого салып, эчен-эчен күүлөрдү кайырды. Бирок, казына бөксөрбөдү, чети оюлбады. Бүткүл кыргыз тарыхын ичине батырган эски залкар күүлөрдү да, биздин мезгилди даңазалаган жаңы заман күүлөрүн да уктук. Карамолдо сыяктуу улуу таланттарды берген элибизге ыраазы болдук. Биз ал кишинин комузун мурда да угуп жүргөнбүз. Молдокемден сурап калдым:

– Молдоке, өзүңүз чыгарган күүңүз барбы?

– Бир күүнү даярдап жүрдүм эле, аты коюла элек, – деди.

– Чертиңизчи, угуп көрөлү, – дедик.

Карамолдо жаңы күүсүн ушунчалык берилүү менен чертти дейсиң, башкаларды билбейм, мага тийгизген таасириненби, көзүмдөн мончоктоп жаш таамп жатыптыр.

– Бул күүңүз философиялык ойлорго жык, жашоо-турмуштун миң кырдуу түйүндөрүн чечмелеп жаткандай. Эгер макул тапсаңыз күүнүн аталышы «Дүйнө» болсо жарашчудай, – дедим.

– Болуптур, айланайын, – деп Молдокем да кубанып кетти...».

Карамолдо азыр арабызда жок. Бирок күү мурастары калды. Алардын ичинде биз сөз кылып жаткан «Дүйнө» аттуу күүсү.

Сүйүнбай Эралиев «Сага айткан сыр» аттуу эскерүү эмгегин жазып, «Дүйнө» аттуу Карамолдонун күүсүнө калыс баа берген. Кошумчалай кетели: «Дүйнө» деген күү Карамолдонун чыгарган керээзи. Бул терең маанилүү философиялык күү. Ойго бай, көп кырдуу, укканда боюң жибийт, көз алдыга замандардын, доорлордун алмашканы келет, муундан муунга өткөн турмуш көчү элестейт. Адам баласы кайдан башталган, кайда келди жана кайда барат?.. Ойлоруң алыскы ак мөнгүлүү тоолордон башталып, аскалуу ашуулар, капчыгай-төрлөр аркылуу өтүп, уч-кыйырсыз кең талааларды аралап... анан жайбаракат ага баштаган дарыя сыяктуу. Адамдын оюн ушундай кең мейкинге алып чыккан бул зор күүгө, аны менен бирге күүнү жараткан залкар өнөрпозго ыраазы болосуң, кулдук урасың.

«Дүйнө» комуз күүсү. Бирок ал тарых. Анда биздин ата-бабаларыбыздын басып өткөн жолу чагылдырылган. Ал келечек муундарга мурас. Бул өлбөс күү. Муну жараткан кыргыз элинин улуу комузчусу Карамолдо Орозов түбөлүк жашайт.

а) «Дүйнө» – адам баласынын күндөлүк турмушундагы жашоо-тириликтин, материалдык байлыктарынын жалпылашкан аталышы. Мисалы: анын дүнүйө-мүлкү өлчөөсүз. Көр-дүнүйө азгырыгы аны акыры алып тынат.

б) «Дүйнө» – курчап турган чексиз аалам, жаратылыш, табыят. Мисалы: биз жалган дүнүйөнүн жарандарыбыз. Чыныгы дүнүйөгө өлгөндө барабыз. Бул түшүнүктөрдүн өтмө маанилери бир нукка бурулат:

Бул дүйнө бекерсиң,
Бир күнү өтүп кетерсиң.
Же, опосу жок дүнүйөнүн,
Түбүнө качан жетерсиң?

«Дүйнө» темасы Арстанбек, Женижокко чейин эле ырдалып, комузда чертилип келген. Андан бери дагы канча алдынала айткычтар, күү черкичтер муруңку көчтүн изин улабады. Бул улуу ойду, бийик накылды дүнүйө кезген дербиштер, календерлер, думаналар, бакшылар да аса таяк колго алып, бууракандап зикир чалып, буркулдап жар чакырып, шарыят жолдомосу аркылуу да элге

жеткиргени белгилүү. XVII – XIX кылымдардын акындарынын ичинен «Дүйнө» темасына сүңгүп кирген Жеңижокко кайрылалы:

Асман, жылдыз, ай бүтүп,
Улангансың, дүнүйө.
Жер титиреп бүткөндө,
Куралгансың, дүнүйө.
Он сегиз миң, ааламды,
Бир жараттын, дүнүйө.

Кемтиги жок эч жерде,
Куп жараттын, дүнүйө
Аял менен эркекти,
Жуп жараттын, дүнүйө.

Адамзаттын ичине,
Кут жараттың, дүнүйө!
Жан-жаныбар бүлөңү,
Бүт жараттың, дүнүйө.
Көбөйттүрүп ар жакка,
Шүк тараттың, дүнүйө.

Булбул менен чымчыкты,
Бакта кылдың, дүнүйө.
Баардагы пашааны,
Такта кылдың, дүнүйө.
Аркар менен кийикти,
Ташта кылдың, дүнүйө.
Жетип алар ажалды,
Башта салдың, дүнүйө.
Бир-бирине окшотпой,
Башка кылдын, дүнүйө.

Эки беттин албырган,
Нурун алдың, дүнүйө.
Атасынан баласын,
Мурун алдың, дүнүйө!
Сандагы жол карачы:

Күндү, түндү камчылап,
Өтүп жаткан, дүнүйө.
Журттан-журтка ташынып,

Көчүп жаткан дүнүйө.
Бири күйсө, бирөөбү,
Өчүп жаткан дүнүйө!

Түшпөсүн деп ай, жылдыз,
Бышык кылган дүнүйө.
Таң калтырып адамды,
Кызык кылган дүнүйө!..
Өлүм менен коркутуп,
Сызык кылган дүнүйө!

Өткөн мезгил артына,
Кайтпаганын карачы.
Өлүм сырын эч бири,
Айтпаганын карачы.
Бүгүн көргөн эртең жок,
Кубулганын карачы.

О, дүнүйө – бок, дүнүйө – бок,
Жуурулганын карачы.

Өлүм жолуна, узунду-кыскалуу өмүр жолуна, байлык менен барчылыкка, жардылык менен жокчулукка багышталган философиялык таалимдеги насаат, үлгү, санаттарды санактан өткөргөн Токомо ким ыраазы эмес.

Келээриңде, дүнүйө,
Кош тегирмен ноодойсуң
Кетээриңде, дүнүйө,
Көз жетпеген зоодойсуң.
Келээриңде дүнүйө,
Жаркыраган айнексиң.
Кетээринде дүнүйө,
Түбү түшкөн чайнексиң.
Келээриңде, дүнүйө,
Алтын така тулпарсың.
Кетээриңде, дүнүйө,
Артынан кууса жеткирбес,
Айланып учкан шумкарсың.
Келээриңде, дүнүйө,
Алтын тутка түркүксүң.
Кетээринде, дүнүйө,

Туурунан качкан бүркүтсүң.
Келээриңде, дүнүйө,
Жыйырма беште жаштайсың.
Кетээриңде, дүнүйө,
Жыдыган кара чачтайсың.

Чоюн Өмүралиевдин «Теңирчилик» аттуу китебин барактайлы: «Кармалбаган, көрүнбөгөн түзсүз-түпсүз, бирок баарында агып турган, жанып турган, Түр аркылуу көрүнгөн, Түр аркылуу бөлүнгөн,Түр аркылуу чагылган, Түр аркылуу бир алкакта ачылган, бир эле учурда анда, бир эле учурда мында, ар ирмеминде өлүп турган, кайра ирмелип туулуп турган, куудай кары, суудай жаш, байыркы жана дайымкы, Кең Дүнүйө деген оңу (ян) бар, Жан дүнүйө деген солу (инь) бар, Аккан дүнүйө (Дао) – мына ушудур.

Көз алдыңда байкалып,
Болуп жаткан дүнүйө.
Бир бөксөрсө кайрадан
Толуп жаткан дүнүйө.
Бири учса бирөбү,
Конуп жаткан дүнүйө.
Жашарсын деп чөлдөрдү,
Суу чыгарган дүнүйө.
Кайра баштан кууратып,
Чуу чыгарган дүнүйө...»[123]

«Күндөр күн артынан куушуп, айлар ай артынан чубуруп, жылдар түрмөктөлүп көзгө урунбаган, азгырыкка айланган – бу дүнүйө. Бийлик-байлык колунда алчыланып, өкүмдарлар артынан өкүмдарлар келет. Хандын башын хан жейт, заманды заман жокко чыгарат. Заңдар алмашып, бийлик оошуп, түбү тешик дүнүйөнүн атазаман карыткан карама-каршылыктуу заң-закүнү жер үстүнөн буралып чыккан куюндай бийге түшөт.

Түпкүр тешиги билинбеген бу опасыз дүнүйөдөгү жан дүнүйөнүн жаралаган, аруулаган чоордун сыбызгыган сыздаган үнү чыгат. Бул үнгө тирүүнүн баары кулак түрүп, бу дүнүйөнүн кызыкчылыгына шону менен ырайымсыздыгына тан берет. Көңүлгө төтөп ой сызгырылат: адам драмасы эки боёк: «ак» жана «кара», эки түшүнүк: «өмүр» жана «өлүм», эки үн «ыр» жана «ый» менен куралган.

123 Ч. Өмүралиев. Теңирчилик. – Б., 1994.

Келмеги бар, кетмеги бар дүнүйө...
Ыры бар, арманы бар дүнүйө...
Өмүрү бар, өлүмү бар дүнүйө...

Пайгамбарды, фараонду, генийди жуткан дүнүйө.

Бычак мизинде кылкылдаган Дүнүйөнүн Улуу айлампасы ушул да.»

*(Төлөгөн Касымбеков «Кел-кел»).*

Дүнүйөнүн башы менен акырына болгон ой туюмдар, күч менен эс акылдын бүтпөгөн талашы бүтүндөй бир элдин башына түшкөн жапаасын тамсилдете айткан учурлар аз эмес:

Э-иий!
Жети атасы кул болгон,
Элге «кел-кел» бир келет.
Жети жолу чабылган,
Кетпес шорго малынган.
Элге «кел-кел» келгенде,
Жаркырап турат маңдайы,
Шаңшып турат таңдайы.
Адилети бек болот,
Айткан сөзү эп болот.
Тууган сынып душманы,
Төгөрөгү төп болот.

Э-иий!
Жерге «кел-кел» келгенде,
Жылым болот кышында
Кыраан чилде тушунда.
Салкын болот жайында,
Саратандын айында.
Жерге «кел-кел» келгенде,
Эгини байлайт сегизден,
Малы төлдөйт эгизден.

О-ой!
Элге «кел-кел» келгенде,
Пашасы калыс башкарат.
Даңазасы таш жарат.
Ит ыркырак тыйылат,
Ынтымакка жыйылат.

Э-иий! Эрге «кет-кет» келгенде,
Чындыгы кетет сөзүнүн.
Элге «кет-кет» келгенде,
Топук кетет өзүнөн.
Уурулук кылып келини,
Уруусу доого жыгылат.
Эр өлтүрүп баласы,
Эли доого жыгылат.

И-ий!
Жерге «кет-кет» келгенде,
Кышы ызгаар жут болот.
Жайы каксоо – үп болот.
Элге «кет-кет» келгенде,
Пейили кетет бийинен,
Береке качат үйүнөн.
Калыстык качат чоңунан,
Куту качат үйүнөн.
Элге «кел-кел» бир келет,
Эрге «кел-кел» бир келет,
Жерге «кел-кел» бир келет.
Элге «кет-кет» бир келет,
Эрге «кет-кет» бир келет,
Жерге «кет-кет» бир келет.

*(Сөзү: Төлөгөн Касымбековдуку*
*Обону: Бурул Стамкулова, Бермет Рыскулова).*

Кыргыз радиосунун музыкалык «Алтын казынасында»

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Дүнүйө | М.464 | 3’47 | Карамолдо Орозов |
| 2 | Дүнүйө | 2091 | 3’12 | Шеркулов Шекербек |

## Сен, сен, дүйнө

Сен, сен, дүйнө, сен, дүйнө...
Бир бетине күн тийген,
Бир бетине түн кийген,
Алды кызык, арты азап,

Оомал-төкмөл дүнүйө...
Ким жеткен сенин түбүңө?!.

Дүйнө темасы чексиз. Кере тартсаң эки дүйнө аралыгында чөюлуп кете бермей. «Сен, сен дүйнөгө» мезгил-мезгили менен кайрылып, философиялык ой туюмубузду, кеңитип, колубуздагы комуз күүлөрүн сүйлөтө билсек, улуттук рухубузга жол ачылмак. Комуз өнөрүн бийик көтөрүүгө талант дараметин жумшаган Абдракманов Нурактын «Сен, сен дүйнөсү»:

Жарыкчылык өмүргө,
Кимдер келип кетпеген?
Жаркыраган ааламга,
Кимдер таазим этпеген?
Тагдыр жолу татаал жол:
Бири жыргап, биринен,
Азап арман кетпеген.

Бул дүйнөнүн жыргалын,
Жалгыз ээлеп алчу бар.
Мансап үчүн эл-журтун,
Курмандыкка чалчу бар.
Адамзаттын ушулар –
Убалына калчулар.
Акыр заман салчулар.

Бийлиги жок, байлык жок,
Алсыздарга – шум дүйнө!
Жан дүйнөсү бош калган,
Жалганчыга нур дүйнө.
Абийирден кеткенге,
Ак-карасыз кур дүйнө.
Биз өтсөк да урпакка,
Кала берет бул дүйнө.
Жаралганда дүйнөгө,
Жаңжал салып ыйламай.
Ал куракка келгиче,
Ата-энени кыйнамай.
Эрезеге жеткенде,
Эл мүдөөсүн сыйламай.
Жаман адат дагы бар,

Көр-оокатты жыйнамай,
Кара жанды кыйнамай.
Бир берилген бул өмүр,
Бүтпөчүдөй ойлойсуң.
Дүйнөнүн түбү жок,
Куу түлкүдөй жойлойсуң.
Шумкар болуп учасың,
Жылан болуп сойлойсуң.
Миң-миң сырдуу бул дүйнө,
Жүз жашагын, тойбойсуң,
Миң жашагын, тойбойсуң!..

Бул дүйнө: бирөөлөргө «бар дүйнө», бирөөлөргө «тар дүйнө», бирөөлөргө «кем дүйнө» болсо, бирөөлөргө «кең дүйнө». Эмесе, Коргоол-акындын «Бок дүйнөсү»:

Өзгөлөргө «бок дүйнө»,
Өлгөндөргө «жок дүйнө».
Кызыктыгы «чок дүйнө»,
Ысыктыгы «от дүйнө».
Шириндиги «бал дүйнө»,
Сулуулугу «кал дүйнө».
Ашыктарга «жар дүйнө»,
Ачкаларга «тар дүйнө».
Адашканга «маң дүйнө».
Адал жүрүп ак болсо,
Андайларга нур дүйнө.
Жан дүйнөсү бош калган,
Наадандарга шум дүйнө.
Абийир-нысап кеткенде,
Арам болот бул дүйнө.
Биз өтсөк да калганга,
Дайым туру бул дүйнө.

«Коргоолдун алтындай сөздөрүн өз оозунан угуп, залкар күүлөрүн өз аткаруусунда эшитип калдым» — дейт жердеши Төрөкан Нурак уулу. 1956-жылы эски Токтогулдагы саябан бактын ичиндеги чайканада жолуктуруп, кийин көп эле көрүп жүрдүм. Башына кызыл көрпө тебетей кийип жүрчү. Ыр жандуулугуман акындын ырларын берилип, жаттап алганмын. Кээде жолдоштор

арасында ырдап калчумун» – деп келип, Коргоолдун «Сен, сен, дүйнөсүн» сунуш кылды:

Ойлосом дүйнө, бекерсиң,
Бир күнү өтүп кетерсиң.
Он сегиз миң ааламдын,
Түбүнө ким жеткенсиң?
Өлбөй турган жан болбойт,
Тактыдан тайбас кан болбойт.
Туягы болбой мал болбойт,
Дүмүрү болбой тал болбойт.
Кесел тийбей шал болбойт.
Кечинде өчкөн шамга окшоп,
Кемпири болбой чал болбойт.
Кыяга чыкпай тал болбойт,
Кымызга кошпой бал болбойт.
Кызыгы ушул дүйнөнүн,
Кызык өмүр жаштык кез,
Кыямат кетсең бар болбойт.
Пайгамбарды алгансың,
Падышаны чалгансың.
Жаздырганды жар кылган,
Жараткан өзүң балбансың...
Кан Манасты алгансың,
Каныкейди чалгансың.
Үч миң чыга жашаган,
Улукман табып ал өттү.
Тактысынан куланып,
Так Сулайман кан өттү.
Кыргыз деп ыйлап көгөргөн,
Кыз Сайкал өткөн дүйнөдөн.
Айтайын сөздүн аныгын,
Аттарын айтып кетейин,
Акындардын тарыхын:
Казалын айтып сүйлөгөн,
Казыбек өткөн дүйнөдөн.
Ак шумкар эле шаңшыган,
Асылын ырдын калпыган.
Ажал деген шум экен,
Боогачыдай акынды,

Ажыратты калкынан.
Ысык-Көлдү бойлогон,
Чоң акындын бири эле,
Жоошбай өткөн дүйнөдөн.
Сол менен оңго таанылган,
Кыйырын көрбөй кырк жаштын
Кайран, Солтобай өткөн дүйнөдөн.
Жыйырма тогуз жашында,
Көптүн тийип назары,
Жалп этип өчкөн чырактай,
Жаманкул өткөн дүйнөдөн.
Кудаяр канга тийишип,
Кызыл тилдин айынан,
Кылычтан жерге сойлогон,
Кайран ырчы Туякбай,
Кайрылбай кетти дүйнөдөн.
Жолдошу эле асылдын,
Жолборсу болчу акындын.
Элүүнүн жүзүн көрбөстөн,
Эңкейип жерге жашындың.
Аксыдан чыккан Жеңижок,
Айтышаарга теңи жок,
Арабызда эми жок.
Кең Аксыны жердеген,
Уруусу саруу эл деген.
Жеңижокту жандаган,
Токтогулдай акынга,
Күү үйрөткөн сандаган
Борoштун Ниязаалысы,
Болжолсуз өткөн дүйнөдөн.
Жеңижок сынап жактырган,
Токтогул менен бастырган.
Чөйчөктөй чоң көздөрү,
Чылк алтын эле сөздөрү,
Ырчынын тулкарасы,
Эшманбет өткөн дүйнөдөн.
Сайраарына келгенде,
Тили болчу булбулдун.
Чуркаарына келгенде,

Туягы болчу дулдулдун.
Кара тилин кайратып,
Токтогул, өткөн дүйнөдөн.
Майып болгон көзүнөн,
Таппайсың ката сөзүнөн.
Калк танбаган кебинен,
Барпы да өткөн дүйнөдөн.

Токтобой ары качсаң да,
Токсон ашуу ашсаң да.
Тооруса ажал коёбу?
Тогуз кылым жүктөрүн,
Топ-тобу менен бир жуткан,
Топурак бизге тоёбу?!
Биз дагы бир күн өтөрбүз,
Өйдөкүлөрдүн артынан,
Адашпай кууп жетербиз.
Жарыкчылык дүйнөдө,
Өйдө-төмөн дешербиз.
Баркына жетпей тирүүдө
Өлгөндө кейийт экенбиз.

*(Кыскартылып берилди)*

Сөз ыраатын бузбай жерге-талдык кыргыздарга да кезек берели:

Сен, сен дүйнө, сен дүйнө,
Кубуласың күнүгө.
Бөдөнөнү кыргыйга,
Жем жараткан, сен дүйнө.
Эки эгиздин бирөөнү,
Кем жараткан, сен дүйнө.
Бак кондуруп башына,
Зор жараткан бирөөсүн.
Кол куушуртуп кашына,
Кор жараткан бирөөсүн.
Сен, сен дүйнө, сен дүйнө,
Ким жеткен сенин түбүңө?
Жарыктыкты көргөзгөн.
Ууз сүтүн эмизген,
Алтын бекшик терметкен,

Апам кайда, сен дүйнө?
Аттын атын үйрөткөн,
Атам кайда, сен дүйнө?
Күлүк минип зуулаткан,
Күндө сыйга дуулаткан,
Бапам кайда, сен дүйнө?
Бүгүн көргөн эртең жок,
Атаны арман дүйнө-бок,
Капилет түштөй жалгансың.

Кыргыз радиосунун музыкалык «Алтын казынасында»:

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Сен дүйнө | 7997 | 1'10 | Самсалы Аликеев |
| 2 | Дастан дүйнө | 6946 | 2'53 | Төлөн Касаболотов |
| 3 | Сен дүйнө | 8018 | 1'38 | Барпы Сапеков |
| 4 | Сен дүйнө | 9102 | 2'28 | Ыбырай Туманов |
| 5 | Сен дүйнө | 7157 | 3'08 | Алтымыш Мундузбаев |

## Замана кайрыктары

«Адам баласынын, мамлекеттин, коомдун турмушундагы белгилүү бир окуялар, кубулуштар менен мүнөздөлгөн, өзүнө гана таандык өзгөчөлүгү бар, узак убакытты ичине алган өмүр өтөөнүн бир убагы Замана деп аталат. Кыргыздын заманчыл акындары калмак баскынчылыгына, кокон хандыгынын үстөмдүгүнө, орус падышалыгынын эзүүсүнө каршы калктын калыс пикирин билдиришкен. Ырас, ал жагдайды саясий катага ыйгаруу акылсыздык. Албетте, илим-билимден алыс калган тоо элинин көз карашы бир жактуу да болгон. Демек, 150-200-300 жыл илгери жашаган, көз карашы патриархалдык-уруучулдук багыттан ары ашпаган акындарга реакциячыл күнөө тагуу болбогон кеп. Өткөндөгү ойчулдардын, акын-ырчылардын, аспапчылардын чыгармаларындагы ар кыл багыттагы идеяларга бүгүнкү окурмандар, угармандар сын көз менен карап, бирок урмат-сый менен мамиле кылуу адилеттикке, акыйкаттыка жатат, аны менен өз элин, өз мекенин кадырлаган алдыңкы катардагы эл экенин туюндурат.

XIX кылымдагы кыргыздын акын-ырчылары жар салган «замана» темасы көбүнчө эсе муңкануу, ындыны өчүү, чөгүү таризинде болгон. Тескери жагына ооп алган «заманды» оңго буруу үчүн кандай иш-чаралар талап кылынат? Бул суроо жоопсуз кала берген. Ар бир акын, күү чебери талант дараметине жараша өз «заманасын» жаратып, бул теманын негизги идеясы – «заманына» жараша калайыктын ой-мүдөөсү, таптык көз-караш, коомдогу жиктелүү, андагы карама-каршылыктар чагылдырылат. Замана бирөөгө тар болсо, бирөөгө кең, бирөөгө бар болсо, дагы бирөө барчылыкка зар.

Бийлиги бар манапка,
Кул сураттың, замана!
Колунда жок кедейге,
Пул сураттың, замана!
Карышкырды койлорго,
Ыркыраттың, замана.
Алдуударга алсызды,
Чыркыраттың, замана!
*(Жеңижок)*

Казак акыны Букар Жырау Калкаман уулу (1693-1787) буга чейин эле:

Ай, заман-ай, заман-ай!
Тусти мынау туман-ай.
Истин бари күмөн-ай.
Кул-кутандар жыйылып,
Куда болгон заман-ай!!! –

деп заркакшаган замана көйгөйү эки элдин энчисине бирдей белгилүү.

## Акыр заман

Акыр заман, тар заман, зар заман темасы улуу ойчулдар, көчмөн элдин философтору Калыгулдун, Арстанбектин, Кылычтын лейтмотиви болгон. Бул үч алп, үч залкар инсан кыргыздын мурдагы жана кийинки ойчул акындарынан кескин айырмаланат.

Калыгул 1785-жылы Ысык-Көлдүн Кара-Ой деген жеринде туулган. Атасы Бай оокаттуу адам болгон. 1855-жылы Ысык-

Көлдүн Чоң-Ак-Суу деген жеринде 70 жаш курагында дүйнөдөн кайткан.

1842-жылы сарбагыш уруусунун төбөлү Ормон Ак-Ташта турган Калыгулга чабарман жиберет. Калыгул жанына жигит албай чабарман менен келет. Ормон Калыгулду сый-урмат менен тосуп алат, чайдан кийин малга бата кылынат. Төрдө отурган Калыгулга Ормон суроо таштайт:

– Э, олуям, молдолордон Куранда эмне айтылат? – деп сурасаң эле, «Акыр кыямат заманды» кеп салат. Сени эки дүйнөнү салмактап тең сүйлөйт дешет. Буга эмне деп, жооп берер элең?

Калыгул ак дебей, көк дебей көзүн жуумп, сакалын сылап, отура берет. Ормон суроосун кайталайт: «Молдолор айткан акыр кыяматтын болоору чынбы?»

Калыгул:

– Айтып не, айтпай не? Акыр замандын болоору чындык. Аны сен экөөбүз көрбөйбүз. Акыр заман үч доор менен келет.

1-доордо:
Оңкогой мурун чуңкул көз,
Өңү сары, көзү көк орус келет.
Узун чөптүн баарысын оруп келет,
Кыска чөптүн баарысын коруп келет...

2-доордо:
Жол боюнда орноткон мамы болот,
Мамысынын башында чыны болот,
Чынысында сүйлөшкөн зымы болот.
Чака-чака тыйын чыгат,
Атасынан баласы кыйын чыгат...

3-доордо:
Жаштары карыдан уялбайт,
Кыргый талга уялайт.
Такыясын колго алып,
Кыз жигитти кубалайт...
Кыздан кылык кетет,
Уулдан уят кетет...

Ар жагы чаңдап, тумандап... Эч нерсе көрүнбөй калды, – деп жакасын карманып, тобоо кылат.

Азиздер айтып кетиптир,
Акыр заман болжолун.
Азирети пайгамбар,

Адам-ата баш болуп,
Коюп кеткен колдорун.

Акыр заман кишиси,
Башка болот деп айткан.
Адеби жок сүйлөгөн,
Кашка болот деп айткан.
Конушу такыр чөбү жок,
Ташка конот деп айткан.
Элдин нурку азайып,
Ачка болот деп айткан.
Мал азайып арымдап,
Жакыр болот деп айткан.
Эгини өнүп чөп чыкпай,
Такыр болот деп айткан.
Андан кийин замана,
Акыр болот деп айткан.
Аяттын сөзүн бек тутпай,
Залым болот деп айткан.
Каапыр менен аралаш,
Айыл конот деп айткан.

## Женижоктун замана

Женижок Көкө уулу Таласта Сары-Көбө деген жерде 1860-жылы туулган. 1918-жылы 58 жаш курагында Жаңы-Жол районунун Кара-Суу кыштагында каза болот.

Бийлиги бар манапка,
Кул сураттың, замана.
Колунда жок кедейге
Пул сураттың, замана.

Карышкырды койлорго,
Ыркыраттың, замана.
Алдууларга алсызды,
Чыркыраттың, замана.
Бирөөгө кең, бирөөгө –
Тар экенсиң, замана.
Бирөөгө жок, бирөөгө –
Бар экенсиң, замана.

Атанын уулун алкадан,
Алып тындың, замана.
Акыйкат менен чындыкты,
Алыс кылдың, замана.

Замананы ойлонуп,
Зарыгамын толгонуп.
Бул жалганчы дүйнөдөн
Өтөбүзбү кор болуп?..
Замана наадан караңгы,
Баалай албайт адамды.

## Тар заман

Арстанбек Буйлаш уулу 1830-жылдарда Ысык-Көлдүн сыртында туулган. Арстанбек кыргыз элинин башынан өткөргөн оор окуяларга күбө. Кокон хандыгынын үстөмдүгүн, бугу-сарбагыш чабыштарын, казак Кенесары, Ноорузбайдын жортуулун, орус падышалыгынын колониялык саясатын көрүп, 1882-жылы 49 жашында дүйнөдөн өткөн.

Арстанбек Буйлаш уулу 1850-жылдары 26 жаш курагында Көл башындагы туугандарына көчүп келет. Бул кезде жаш ырчы аталып, оң-солго таанылып калган. Кыргыз эли башынан толгон алааматтарды өткөрүп, кан төгүлгөн кыргындарда канча жандардын башы кесилип, эрлер шейит кетип, катын-баланын ыйы каптап, заман кыйчалыштап, оомат ооп турган. Анын үстүнө тили-дини башка орус падышалыгынын кабары башталган. Арстанбек замандын ушул түрүн көңүлдөн өткөрүп, «Тар заман» дастанын күүгө салат.

Ошол эле учурда Калыгулдун «Акыр заманы» белгилүү болуп, оздон-оозго өтүп, айтылып калган. Калыгул «Акыр заманда» келечек доорду алдын ала жоруп, жарыя салган:

Тоо токол болор,
Талаа токой болор.
Токол байбиче болор,
Уй пул болор,
Кул бий болор.
Тегиз жерге тегирмен жүрөр,
Тексиз жерден бий чыгар.

Арстанбек болсо, Калыгул айткан заманды өз көзү менен көрүп, «Тар заманды» журтка тараткан:

Карылардан кеп уктук,
Уламадан сөз уктук:
Миӊ үйлүүгө баш болуп,
Болуш чыгат дечү эле.
Буйрук менен кондурган,
Конуш чыгат дечү эле:
Ушул заман тар заман,
Азуулууга бар заман.
Бечарага зар заман.

Арстанбек кыргыз уруу башчыларын, хан, бектерди ынтымакка келип, күчтүү жоого каршы турса деген тилекти сунуштаса, бай-манаптар падыша бийлигинин зордук-зомбулугуна каршы туруунун ордуна, Арстанбектин тилин кесип, көлгө ыргытып жиберүүнү көздөшкөн. Бирок карапайым калк Калыгулдан кийинки олуя ырчы деп Арстанбекти өтө сүйүп баалашкан. Бир топ кыргыз уруулары Балбай баштаган баатыр жигиттер, кайсы бир ак тилектүү билермандар гана падыша бийлигине баш ийбөөгө далалат жасашкан. Арстанбек падыша өкмөтүнүн бийлигине салыштырмалуу Кокон хандыгынын өкүмү «шоона эшпей» каларын да «Тар заманда» күлкү-шылдыӊга бөлөп, жарыя салып чыккан:

Алда кандай капырай!...
Алматыдан аттанып,
Өӊү сары көзү көк,
Орус келе жатырай!..
Узун чөптүн баарысын,
Оруп келе жатырай!..
Кыска чөптүн баарысын,
Коруп келе жатырай!..

Акыр заман болгондо,
Кой азаят дечү эле.
Журтта ургаачы көбөйүп,
Бой азаят дечү эле.

Карагайдын таӊында,
Элик болду элибиз.

Кап-кап тузду көтөргөн,
Көлүк болду элибиз.
Башка чапса былк эткис,
Өлүк болду элибиз.

## Токтогулдун замана

Токтогул Сатылганов Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү Кушчу-Суу деген аймакта 1864-жылы туулган. 1933-жылы дүйнөдөн кайткан.

Далайларды кор кылып,
Зарланткансың, замана.
Кедейлерди байларга
Карматкансың, замана.
Ажыдаардай залимге,
Арбаткансың, замана.
Желмогуздай байларга,
Жалматкансың, замана.
Кедейлерге шор болуп,
Жармашкансың, замана.

Талбаган булбул мен элем,
Сайрайын тынбай калкыма.
Заманың келди айланып,
Жаркылда, кедей, жаркылда.

## Хал заман

Алдаш Женике уулу 1876-жылы Жети-Өгүз районунун Ак-Кочкор айылында букаранын үй-бүлөсүндө туулган. Каракол шаарына келип, 1897-98-жылдары медреседен окуйт. 1905-жылдары медресени бүтүп, элине келип, мектеп ачат. 1914-жылы падышалык төбөлдөр элди өз жеринен сүрүп чыгат. Калк башына түшкөн оор абал «Хал заман» аттуу поэмада баяндалган.

Падыша заалим кутурду,
Букарасын тең көрбөй,
Бирине-бирин тукурду.
Таалайы качаар өкмөт,
Өзүнө казат чуңкурду.

Падыша залим Николай,
Балекет баскан иттер ай!..
Артыкча биздин кыргызды,
Бирине-бирин жем кылды.
Билимсизди бий кылды.
Күндө өткөрүп сыязын
Бийибиз андан ый кылды.
Ыстарчын болду пул тапкан,
Ынсабы жок акмак жан.
Ынданы өчтү элимдин
Калбады адам, журт баккан.

Начандиги Ионов,
Базарга элди жүргүзбөйт.
Кысталып калган адамды,
Отуруп жерге сийгизбейт.
Балакет баскан жасоолу
Жалдуу жылкы мингизбейт.

Кедейлердин жерлерин,
Кесип берди оруска.
Аштык айдар жери жок,
Ашып көчтү эчен бел,
Аска тоолуу конушка.
Лесничий балкачы,
Абиенчик, кардончу,
Буртакелин жазышат.
Оор чыгым штраф,
Үч жүз теңге салышат.
Үйүн сыйрып көчүрөт,
Көчкөндө барар жери жок
Амалсыздан кедейлер
Азапка шөнтүп көнүшөт.

Тили буруу дуңгандын,
Байларына барышат.
– Мени малай алгын, – деп,
Асты-астынан жалынат.

Малайга башы байланып,
Азапка шонтип чалынат.

Байлары кыштай дуңгандын,
Иригин борго байлатып,
Жаз башында шаарга,
Анжыян менен Фергана
Көгартты ашып айдатып.
Коюна кошуп малайын,
Сатып кайтат далайын.

Заманың корго айланды,
Кедейлер шорго байланды.
Каңгырап башым маң болду,
Эми, табабыз кандай айланы?!
*(Кыскартылды)*

Жаш окумуштуу Назгүл Бегалиева «Замана» ажырымдарын аныктай турган суроолорун «Мурас» гезитине жарыялаган.

Сайлар соолуп таш калат.
Ынтымактын кетиши –
Тексиз адам башкарат.
Дөңдүү жерлер бузулат.
Саздуу жерлер сузулат.
Ой тобо-о!..
Бул, кай замана белгиси?

Дүйнө батпай марыган,
Бирок элдин пейли тарыган.
Ой тобо-о!..
Бул, кай замана белгиси?

Жүн-терини жыйнаган,
Жүк оосо жардам кылбаган.
Айыптуусу уялбай,
Аганын бетин тырмаган.
Ой тобо-о!..
Бул, кай замана белгиси?...

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнүн аткаруучусу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жаңы заман гүлдөсүн | 9376 | 4'48 | Асанаалы Кыштообаев |
| 2 | Аялдар заман жарчысы | 4897 | 5'28 | Эстебес Турсуналиев |
| 3 | Бейпил заман күндөрү | 6413 | 6'03 | Асанбек Кыдырназаров |
| 4 | Кайра куруу заманы | 6553 | 3'20 | Эшманбет Молдокулов |
| 5 | Өзгөрүш күү | 8052 | 3'05 | Чалагыз Ыйманкулов |

Композиторлор бирлигине тапшырган күүлөр:

1. «Жыргал заман». Ыбырай Туманов
2. «Зар заман». Асанаалы Кыштообаев
3. «Муң заман». Кошмат Бекешов
4. «Замана». Садыр Султанов
5. «Нур заман». Асанаалы Кыштообаев
6. «Замандаштар». Чалагыз Ыйманкулов

# ЭЛ ДОСТУГУ КҮҮ КАЙРЫКТАРЫНДА

Алмустактан дүйнө алкагында улуттар аралык канча кандуу кармашуулар, касташуулар, басташуулар болуп келбеди, ошол кармаштар калк башына канча каран түн салбады. Карт тарых аларды кой санагындай чубатууга салып, кийинки муундарга кабарлап келет. Артыбызга кылчак карасак, ак кагазга чиймелегенден сырткары аска бетине чегилгендер, ташка тамга болуп басылгандар канча? Ошондой эле ооз эки айтымдарда, күнгүрөнгөн күүлөрдө күбө болчулар канча? Достук темасындагы жагымдуу кайрыктар бекерликтин кыңгырагы эмес, анда улуттук рухий дөөлөттөр жатат. «Дос» деген терминдин семантикалык мааниси: жарандар ортосундагы ак ниеттүү алака-катыш, алыш-бериш мамилелер. Улуттар, мамлекеттер аралыгынан алып караганда, бүтүндөй калайлык калктын ички-тышкы саясаттарынын жагымдуу маанайда биргелешип ишке ашырылышы достук мамиледен болот. Достук деген түшүнүктүн ички маңызында «чыныгы достук», «жалган достук» көрүнүштөр да жатат. «Чыныгы достук» майкөл-сүткөл төгүлгөн барчылыкта эмес, бир тарап алы куруган кыйынчылыкта арка-жөлөк болгон шериктештикте билинет.

Ээрден көчүк кыйшайып, үзөңгүдөн бут тайып куюшкан бошоп турганда досуңду талаага таштап кетсең «жалган достуктун» ашкере болгону.

Айтыла келген акылман нуска бар: «Чыныгы дос — өмүргө жөлөк, жалган дос — жаны бөлөк». «Дос тапмак оңой — күтмөк кыйын». «Дос таарынса, бергенин доолайт», «Туугандын малы бирге, достун жаны бирге...»

Жан аяшпас чыныгы дос жөнүндө бир икая: Жаналгыч пенденин жанын тартмай болду. Жан деген кымбат го, жарты саат болсо да Жараткандан өмүр сурап жалбарат пенде. Муну көрүп чыдабаган эне: «О, Жараткан, балам үчүн жаным курман, жанымды тарт!» — деп, көз жашын көлдөтүп отура калат. Мейли деп, жаналгыч, эненин жанын тарта баштайт. Жан денеден суурулуп, алкымга

жакындаганда: «Жараткан, жанымды калтыр» – дейт эне чабалактап. Андан соң: «Балам үчүн ажалга мен барам»– деп, жаналгычтын алдына атасы отура калат. Жан денеден суурулуп, көкүрөккө жеткенде, ата да айтканынан жанат. Ошол учурда жан аяшпас досу келип, өзүн курмандыкка чалган экен»...

Адамдын пенделигинен арылап, сөз учугун улантсак, дүйнө жүзүндөгү чоң-кичине мамлекеттерди, бай-жарды өлкөлөрдү сыртынан караганда «эл достугу» саясатын сап кармашып, мамлекет аралык карым-катнашты чыңап жаткандай түр көргөзүшөт. Эл башчылары кучак жая көрүшүп, колдорун кыса кармай өбүшүп, чыныгы досторчо мамилени көрсөткөнү менен алардын «котур ташы» койнунда болот. Мындай жалган достук эч качан жабыкта жата бербейт, учуру келгенде уясын бузуп, атып чыкмайы бар.

СССР курамындагы көп улуттуу совет эли 70 жылга жакын чыныгы достуктун нугунда интернационал туусун булгалап, коммунизмди мелжеп келгендиги белгилүү.

Бүгүнкү эгемендүү республикаларды бөлүп турган чекара зым тилкелери жок, ал кезде чекара ачык эле. Балтика боюнан Ыраакы чыгышка чейин, Борбордук Азиядан Кавказга чейин эл эркин өз үйүндөй катташчу. «Сен орус» «мен казак», «тиги кыргыз», «ал грузин» атап, бөлүнүп-жарылуу эчкимдин оюна келген эмес. СССР урады. Элдердин ортосундагы карым-катнаш алыстады. Эгемен республикалар билген намазын окуй баштады, боордоштук бошоңдоп, мындан карапайым калк гана жабыркады.

Анткени менен ар кандай кырдаал карапайым калктын карым-катнашын түбүнөн сууруп ала албайт окшобойбу. Эгемендикте деле Кыргыз Республикасынын ичиндеги көптөгөн улуттун өкүлдөрү эгиз козу сымал улуу достукту урматтап, бирге жашап келүүдө. Жергиликтүү кыргыз калкы менен коюн-колтук алыша «кыргыз» болуп кеткендери канча? Талас шаарынын тургуну Е. И. Задачина деген байбиче ары караса кара кыргыз, бери караса сары орус, сүйлөгөнү кыргызча, күлгөнү кыргызча, ичкен ашы кыргызча, өңү гана орусча.

– О, кагылайындар, каным орус болгону менен жаным кыргыз. Тилим да, дилим да кыргыз. Өмүрүмдүн акырына чейин кыргызыма таазим этем, – деп жатса, кантип ичиң жылыбайт?! Кыргыздын түшүн жоруган Бобков, Костюк, Давиденко, Нестеренко, Русанов дегендер кыргызча сүйлөсө, шаардык киргиздер шоона эшпей калат.

1950-жылы Маевка айылына келип кыргыздашып калган украиналык Ники чал «Маш ботойду» таңшытып комуз чертет. Чачы сары, көзү көк, ак элечек кийип алган Нина чоң эне кыргызча ийик ийрип, жүн тытып, кыргызча ырдайт.

Кылым арытып XXI кылымдын босогосун аттаган кыргыздын «Манасын» улутбезер «кыргызбайлардан» коргоп, кырчылдаша салгылашка чыккан орус окумуштуусу Жирмунскийге, кыргызча сабак берген кызыл мугалим Рудаковго, кыргыздын улуттук музыкалык мурастарын алгачкылардан болуп нотага, үн тасмага түшүргөн В. Виноградовго, А. Затаевичке, кырк миң сөздөн турган кыргыз-орус сөздүгүн түзгөн академик К. Юдахинге, кыргыз жерин, кыргыз кызын кыл калемде даңазалап, аалам кыйырын аралаткан сүрөтчү С.Чуйковго, композитор Власов, Фере, Раухвергерге алкыштан башка айтаарыбыз жок.

Эл турмушун, эл достугун даңазалоонун, даңктоонун эң ийкемдүү каражаттарынын бири адабий-музыкалык көркөм чыгармалар болот.

## КАЗАК КАЙРЫКТАРЫ

Тарыхы, таржымалы жакын качанкы мезгилден канатташ, табакташ, өзөндөш жашап келген эл – казактар менен кыргыздар. Башкасын коюп, адабий, музыкалык, маданият майданындагы алака-катыштарды айтуунун өзү канчалык жагымдуу. Кыргыз элинин рухий дөөлөттөрүнүн башындагы «Манаска» Европанын эшигин ачып берген казак Чокан Валиханов, кыргыз нигилистеринен, орус шовинисттеринен бул теңдешсиз баалуу эмгекти коргоп калууда эрдик көрсөтүп, эрөөлгө чыккан казак Мухтар Ауэзов экени талашсыз. Казактын акыны Жамбыл:

Жамбыл менен Токтогул,
Бирине-бири таанымал.
Ыр отуна жанганда,
Экөө бирдей ак шумкар, – деп ырдаса,
Казактан Жамбыл сен элең,
Чалкып жаткан көл элең.
Кыргыздагы бир бооруң,
Токтогул акын мен элем –

деп, жооп кайырган Токтогул.

Эки залкардын ойлорун ортого салсак эгиз элдин аспаптык өнөрүндөгү алака-катышы ар дайым, атамзамандан болуп келген. Казак-кыргыз калкы – шаттыкта да бирмиз, кайгыда да бирмиз, бир тамырдан кубат алган эгиз туус гүлмиз. Ала-Тоу, Сары-Арканын алгыр кусу болса, ал кустун бир канаты – кыргыз да, бир канаты казак гой» – деп айтат казактар. Улуттук музыкабыздын символдорун атасак: казак десе – домбра, кыргыз десе – комуз көзгө тартылат.

Эгиз калк ынак болуучу,
Экөөнүн жакын конушу.
Өйүздөн жүрөк термесе,
Домбранын добушу,
Бүйүздө таңшып кубулат,
Коңур үн кыргыз комузу.

Кай бирде улуттук бул аспаптар бир өзөккө жуурулуша бир бети комузга, экинчи бети домбрага айланып, кыргыз ыры – казак жырына алмашып, алым-сабакташып, ойнолуп келген. (Куудул Шаршендин аспаптык өнөрүн элестетиңиз). «Баурдастык» темасын туу туткан акын, ырчы, аспапчылар казак-кыргыз ураанынын астында канча жагымдуу чыгармаларды жаратышпады. Алардын айрымдары радионун музыкалык алтын казынасына кабыл алынса, кай бири Композиторлор бирлигинин «фольклордук» бөлүмүн толуктады.

Казак камбарканы жөнүндө сөз. «Күү баянында сөздү «Камбаркандар» жаатынан баштаган элек. «Эбин таап черткенге элүү эки «Камбаркандын» чети оюлбайт. Мезгил шарданында мааниси мазмуну артыла берип, дагы канча «Камбаркандар» бай түп чынар теректей өнүп чыгаарына күмөн жок. Улуттук радионун музыкалык казынасына жазылгандардан тышкары, жазууга үлгүрбөгөндөрдүн дагы канчасы бар? «Бала сооротчу камбаркан» (Ыбырай), «Колхоз камбарканы» (Карамолдо), «Кирки камбаркан» (Эркесары), «Жаңы камбаркан» (Чалагыз), «Марш камбаркан» (Атай), «Эски камбаркан» (Шекербек), «Карылардын камбаркан» (Сейдракман), «Жашоо камбаркан» (Кенжебек), «Өрнөк камбаркан», «Терме камбаркан», «Тайтекенин камбаркан», «Байгазынын камбаркан», «Сейилкандын камбаркан»... Кезинде нарындык комузчу Асанаалы Ошуров казак калкынын урматына «Казак камбарканы» аттуу күү чыгарган. Күү автордун аткаруусунда эмес, шакирти

Жусуп Самаковдун аткаруусунда радионун музыкалык «Алтын казынасына» алынган.

Асанаалы Ошуров менен жүздөшүп, анын кайталангыс өнөр дараметин өз баамымда өлчөп-бычуу мүмкүндүгү буюрган эмес мага. Кезегинде күүнүн алпы Ыбырайдан, атактуу комузчу Акысбек Дүйшеевден, Асанаалы Ошуров тууралуу аз да болсо жагымдуу кабар алган жайым бар. Кийин-кийин айтылуу комузчу Асанбек Кыдырназаров менен, аткаруучулук жагынан алдына киши салбаган Асек Жумабаев менен аксакал комузчу тууралуу аңгеме курганбыз. Күндөрдүн биринде атайын Нарындан издеп келип, атасы Асанаалынын өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу кабар берген Абдыкайым Өмүралиевден жазып алган маалыматтар өздүк чарбамда өзүнчө дело болуп сакталып турат. Сөз кезеги Асанаалы Ошуровдун «Казак камбаркан» күүсүнүн жаралышы же күү баяны жагдайында.

Өктөбүр төңкөрүшүнө чейин казак-кыргыз баш кошкон чоң жыйын өтөт. «Ат чабыш», «Жорго салыш», «Эр оодарыш», «Балбан күрөш», «Кыз куумай» сыяктуу элдик тамашалар болот. Оюн-зоок отурушка да кезек берилип, атайын тигилген ак өргөөдө эки эгиз элдин адабий-музыкалык өнөрү салтанат курат. Улуттук аспаптар: комуз, домбра, кыяк, чоор күүлөрүн таңшытуу максатында төргө өнөр ээлери комузчу, домбрачы, кыякчылар алынып алым-сабак күү жарыштыруу талабы коюлган. Меймандын жолу улук, алгачкы кезек казак домбрачысы Акежанга ыйгарылат:

> Ырдоонун үлкөн пири Коркут-ата,
> Таң кылып журттун баары укчу экен,
> Кобыз менен Коркут ата күү тартканда –

деп отуруп, «Коркут-ата абазын» домбрада сыздатып жатты. Отургандар күүгө арбалып, дымып калышты да күү аяктары менен дүркүрөтө кол чаап: «Жаша, Акежан!» «Жаманчылык көрбө!» деп алкап жиберишти. Дегинкиси, «Камбаркандар» башатын кыргыздар Камбар-бабага таандык кылышса, байыркы аспабын казактар «кобыз» атап, аны тапкан Коркут-атага таазим этишет. Айырмасы: биринде – эки, биринде – үч кыл болбосо, окумуштуу В. И. Жирмунскийдин («Огуздардын баатырдык эпосу жана Коркут китеби» деген эмгегин караңыздар): «Коркут комуз (кобыз) чертип, эл кыдырып ырдаган казак-кыргыз калкынын кадырман

адамы болгон»[124] деген оюна кошулабыз. Коркут атанын энеси кыпчак кызы, атасы огуздардан болот. Булар – VIII кылымдарда жашаган тарыхый инсандар.

Казакта «Отрар сазы» аттуу фольклордук-этнографиялык оркестр бар. Мындай аталышы Отрар шаарынын ордун казганда табылган байыркы музыкалык аспаптардын үлгүлөрүнөн келип чыккан. Далай изилдөө-иликтөөлөрдөн өткөрүлүп, кайта калыбына келтирүү жумуштарынан (реставрациядан) кийин гана оркестр тутумуна кошулган. Байыркы аспап-эстеликтердин аталыштарында гана айырма болбосо, теги бир өзөктө уюп жатат. Мисалы: казакча саз сырнай – кыргызча чопо чоор. Казакча шаң кобыз – кыргызча темир ооз комуз, казакча жетикан – кыргызча сыбызгы, казакча кобыз – кыргызча кыяк ж.б.

Мына, ушул жагдайлардан улам, казак домбрасы жана кыргыз комузу жөнүндө сөз кылганыбызда кылымдар бою жанаша жашап, жарыша күүлөп, улуттар рухунда уялап келаткан аспаптарды сыймыктануу менен эскеребиз. Кезек кыргыз комузунда. Арык чырай, сары чийкил, кыймылы элпек, кызыл жүздүү жаш жигит өрүк комузун толгоосуна жеткире бурай:

Эбин таап черткенге,
Элүү эки «Камбаркан»
Оңутун таап черткенге,
Отуз эки «Камбаркан».
Акылын таап черкенге,
Алтымыш эки «Камбаркан» –

деп, күү баянын жат айтып, соңунан кайрыктан кайрык улай, ыргактарды ыраатына келтирип, ыйлаган бала сооронччудай ырахат тартуулап, көпчүлүктүн көңүлүн көтөрүп, күү соңуна чыкты. Таштын уюлундай салмактуу күүгө суктанбаган жан жок. «Бали, Асаке, өлбө, Асаке!..» дегендердин көздөрүнөн жаш тегеренди.

Күү жарыштын экинчи талабы – кыргыз «Камбарканын» домбрага, казак күүсү «Коркут-баба добысын» комуз тилинде сайратуу эле. Домбрачы Акежан карыя алдыртан даярданып алган экен, «Камбаркан» кайрыктарын катасы жок, бурбай, бурмалабай домбра тилинде сайратты эле таңдабаган адам жок. Асанаалы да өнөгүнөн калган жок. «Коркут-баба добысын» комузуна тапма-так которуп, талант-шык эмне экенин таасын далилдеп көрсөттү. Ушул

124 В. Жирмунский. Огузский героический эпос и Книга Коркута / В. Жирмунский. *Тюркский героичсекий эпос: Избранные труды.* – Ленинград: Наука, 1974.

өнөр таймашынан кийин өткөндөгү окуяны элестеп, Асанаалы комузчу «Казак камбаркан» күүсүн жараткан.

## Токтогул менен Жамбылдын кездешүүсү

Жамбыл кыргыз элинин акын, ырчы, комузчу, манасчылары менен эчен ирет жолугушуп сырдашкан. Жаш кезинен комузчу жана кыякчы Муратаалы менен курдаш болгон. Өз убагында Тыныбектен «Манасты» да уккан. Кыргыз элинин демократ акыны Токтогул менен да сырдаш, муңдаш болгон. Совет доорунда Тоголок Молдо, Калык, Алымкул, Осмонкул сыяктуу ырчылар менен көп жолу кездешкен. Илимдер академиясынын кол жазма фондусунда, ошондой эле бир катар маалыматтарда, Токтогулдун Сибирден качып келе жатып, казак жергесинде болгондугу, Жети-Суудагы Жамбыл айылына келгендиги, аны менен таанышкандыгы, ал жерде бир нече күн жүргөндүгү жөнүндө кабарланат. Токтогул менен Жамбылдын дагы бир жолку кездешүүсү жөнүндө төкмө акын Умбеталы Карыбаев мындай деген:

« —Унутпасам, 1912-жылдын күз айы. Кемин аймагында Россия падышалыгынын полковник атагын алган манабы Шабданга аш берилет. Кең түзгө үч жүздөй үй тигилет, ар тараптан эл агылып келет. Жети-Суудан да адамдар бар, алардын ичинде Жамбыл, Кенен болуп биз да бардык. Мага ыр кезеги үчүнчү түнү, ат байгеси болоордун алдында жетти. Жамбыл, Кенен кыргыздын ири акындары менен кошо ырдап өттү. Ар үйдө ыр, тамаша. Кымыз ичилип, эт тартылып, ыр ырдалып жатты. Бир кезде бир акын:

— Кана, Умбет, жоргоңо камчы басып, өнөрүңдү көрсөт, — деди. Мен термемди төгө баштадым. Эки элдин достугун, акындарын, баатырларын даңазаладым. Күбүр-шыбыр сөз чыгып, катар отурган Муратаалы, Орозалы, Жамбыл сыяктуу ырчылар жана күүчүлөр козголо берди. Ошондо Жамбыл үн созду:

Келдиңби, ак ыйыгым, алыс жерден?
Өтүпсүң шамдай учуп аскар-белден.
Алмаз бычак кап түбүндө жатпас деген,
Хан, төрө курман болсун сендей эрден.
Эр гана элин табат издеп журтун,
Жүрсө да өмүр бою кордук тартып,
Куландай зым байлоосун үзүп качкан
Жетипсиң өз элиңе жүзүң, жаркып.

Жамбыл ордунан туруп, Токтогулду кучактап, оң жагынан орун берди. Күбүр-шыбырга карабай Жамбыл домбураны колуна алып ыр тизгинин узатты.

Тулпарга тулпар таанымал,
Күндүр-түндүр талбаган.
Шумкарга шумкар таанымал,
Баштыкта жемин танбаган.
Баатырга баатыр таанымал,
Ураалап жоого киргенде
Жааган октон кайтпаган.
Акылга-акыл таанымал,
Арам сөз, ушак айтпаган.
Эл булбулу Токтогул,
Ыр барда кастан качпаган.
Пенде го акын Токтогул,
Ордого сырын ачпаган.
Каргага карга таанымал,
Каркылдап кагат канатын.
Кузгунга кузгун таанымал,
Тарптан издейт санатын.
Болушка болуш таанымал,
Параны жалмап алганда.
Манапка манап таанымал,
Карыпка чеңгел салганда.
Акынга акын таанымал,
Калтырбайт элин арманга.
Токтогул менен бул Жамбыл,
Бирине-бири таанымал,
Ыр отуна жанганда.
Бул экөө бирдей кош шумкар,
Билгиңер келсе жалганда.

Жамбыл мына ушул термесин терметкенде угуп турган эл камыр-жумур боло түштү. Орундуу сөздү оңунан айткан Жамбылдын термеси отургандарды аябай ыраазы кылды. Токтогулга кыр көрсөткөндөр да демин ичине тартты. Токтогул комузун колуна алып, ыр дайрасынын тосмосун ачты:

Казактан Жамбыл сен элең,
Чалкып жаткан көл элең.

Өлөңү оттой алоолоп,
Ташкындаган сел элең.
Кыргыздагы бир бооруң.
Токтогул акын мен элем.
Качкын атым болбосо,
Кай кыргыздан кем элем?
Каршы чыгып манапка,
«Ит чеккенди» көргөмүн.
Талоосунан бектердин
Сибирде да өлбөдүм.
Кордук менен жүрсөм да,
Комуз, ыр болду эрмегим...

Жамбылга ат тартылып, үстүнө тон жабылды. Жамбыл урматсыйга ыраазы болуп, тонду Токтогулга жапты.

Архив материалдарынын дагы биринде бул эки акындын дагы жолугушканы жөнүндө маалымат бар. Бул 1922-жыл күз айы экен. Токмок шаарындагы ири байлардын бири Буландын үйүндө Токтогул менен Жамбыл жолугушат, ыр ырдашат, күү чертишет. Отургандардын өтүнүчү боюнча Токтогул «Ой, булбул», «Чоң кербез», «Кедейкан», «Беш каман», «Казак жеринде» деген ыр, күүлөрүн тартуулайт. Жамбыл «Кыз Жибек», «Мундук-Зарлыктан» үзүндүлүрдү айтат. Кымызга кызып алгандар эки акынды айтыштырмак болушат.

– Биз айтышпайбыз, – дейт Жамбыл, көңүлү жакын, бирин-бири сыйлаган акындар айтышпайт. Эгерде айтышсак кызый-кызый бири-бирибизге тил тийгизип коюшубуз ыктымал. Арабыз сууп калат. Андан көрө биздин ыр, күүлөрүбүздү тыңшай бергиле.

Эки булбул кезектешип ыр төгүп, күү чертишет. Акындарга сый-сыпат көрсөтүлөт.

Ошондо Токтогул:

– Жамбыл ага, – деди, – баягы бир жылы Сибирден азып-тозуп келе жатып, айылыңызга туш келгенимде жакшы сый көрсөттүнүз, астыма ат бердиңиз. Андан кийин Шабдандын ашында да сый-урматыңызды аяган жоксуз. Эми сиз кыргыз жерине меймансыз. Мына бул менин мингизген атым болсун деп, жанындагы 500 сом акчаны Жамбылга узатат.

Анда Жамбыл:

– Токтогул боорум, макул, бирок сен көп азап көрдүң, бала-чакаң бар. Аларга белек-бечкек алып бар. Биз болсок эл ичинде жүрдүк – деп, 100 сомун алып, калганын Токтогулга кайтарат. – Эмдиги жылы Май-Дөбөгө кел, эл-журтту арала.

Бул чакырууга Токтогулдун барганы же барбаганы жөнүндө маалымат жок. Айта берсек эки булбулдун ортосундагы чыгармачылык байланыш жөнүндө сөз аз эмес. Тек гана аны изилдөө менен чектелбей, боордош эки элдин руханий ийгилигине айландыруу бирден-бир көздөгөн максат.

*(«Казак адабиятынан»).*

## Жамбыл менен Тоголок Молдо

1938-жылдын май айында даңктуу Жамбыл акындын тою болот. Кыргызстанга үч адамга чакыруу келет. Казак талаасында өтө турган салтанатка баргысы келгендердин саны арбыйт. Заманында Шабдан менен сый-урматта болгон, атактуу Токтогул менен муңдашкан, Муратаалы менен күү жарыштырган, өлөң сөздү кысырактын үйүрүндөй айдаган, кайраты барда Чоң-Кемин менен Чүй жайыгын конуп-көчүп эркин жайлаган Жамбылдын төрүндө отурууга ким ынтызар болбосун? «Манастан Чубак кем бекен» дегендей тойго барууга манасчылардын, акындардын, комузчулардын ичинен колдун ортонундай Тоголок Молдо, Калык Акиев жана айтылуу калемгер Түгөлбай Сыдыкбеков тандалат.

«Күн түш ооп калган. Үй жанындагы бак ичине төшөлгөн калың килем үстүнө кумардан чыга маек кургандар өз ара айтышка киргенде баятан бери жан шериги домбрасына баёо карап отурган Жамбыл:

– Аа, балдар, Ала-Тоо ашып, кыргыздар да келди. Издегеним табылып, жоготконум түгөл болду, – деп шаңк этти.

– Ойбай ау, Кененжан, сылкыйып отырмай, жаркыным, сүйө мени, тур, тура кой...

Ала-Тоонун асманын ырга, жерин нурга бөлөгөн торколуу тойдун экинчи күнү төрдө Жамбыл менен Тоголок Молдо катар отурду. Нурданган жайык бетине оюмдуу көк калпагы, керемет келбетине күмүштөй сакалы айрыкча көрк кошуп отурган Жамбыл кечетен бери айтылып жаткан президиумдагы көп сөздөн кулагын ала качып, жанындагы кыргыз акынына бурулду.

– Эй, Байымбет, (Тоголок Молдонун азан чакыргандагы ысымы) бул тойго Саякбай неге келбей калды? Ыйманы салават

болгур Шабдандын ашын айтып кантейин, жигит чагында Байтик баатырдын тоюна Жети-Суудан бир короо акын-ырчыларын ээрчитип, керней-сурнай тарттырып барган элем, — деп калды.

Той аяктап, «Тулпар сыноонун» жыйынтыгында баш байгени Калык Акиев алды. Күн төбөдөн ооп, аламан байге өтө турган тоо этегин карай калың эл Жамбылын колтуктап, жо-жок, ыр аалымын колтуктап баратты».

*(Рахымжан Оторбаев, казак жазуучусу).*

Кыргыздарга ылымы жакын Жамбыл акын Ала-Тоо койнунан Алматыга кайтканда куржунга «Манас» дастанын бөктөрө кетип, аны казак туугандарына, таратканы ушул маараке тоюнда Алымкул, Калык төкмөлөрдөн «Камбарканды» чертип берүүсүн өтүнүп кайта-кайта суранганы бекеринен эместир. Обондору ортоктош, ырлары ыкмалаш, күүлөрү тутумдаш казактардын кайрыктарын азыр биздин арабызда жүргөн аспап чеберлери аткара жүргөнү кубандырбай койбойт. Радионун Фонотекасын аңтарсаңыз комузчу Шаршебай Көлбалаевдин «Казак элинин жоргосу», комузчу Кеңеш Сулаймановдун «Кайрыгы казак калкынын», домбрачы Казакбай Абдышевдин «Казак энеме», Экия Мукамбетовдун «Казак кызына»... аттуу ыр-күүлөрү бар.

Ал эми «Композиторлор бирлигинин фольклордук бөлүмүнө» кол созсоңуз да уучуңуз куру чыкпайт.

Казактын аспаптык музыкасынын классиги Курмангазынын өмүрүнүн өзөктүү бөлүгү тоо булбулу Токтогул сыңары куугунтук менен түрмөлөрдө өткөн. Ошондон уламбы, Курмангазынын күүлөрүнүн уңгусу тарых, тагдыр, өмүр менен жуурулушкан. Курмангазы күүлөрүн кубулжута домбрада так кайыргандардын бири — комузчу Шаршебай Көлбалаев. Кесиби — музыка сабагынын мугалими. Айтылуу райондук «Боз салкын» аттуу ыр бий ансамблинде комузчулар тобун жетектеген. «Тогуз кайрык» «Сайра комуз» телесынактарынын активдүү катышуучуларынан. Шаршебайдын бир өзгөчөлүгү, кыргыз комузуна катарлаш казак домбрасында ойноо ыкмаларын эриш-аркак өздөштүрө билгенинде. Анын бир себеби — энеси казак кызы, таенеси таасын жамакчы, домбрачы болгондуктан, кан-жанында өнөр жугуму сакталган. Шаршебай жетектеген айылдык музыкалык аспапчылар тобу казактардан калышпай домбра кайырганда көңүлүң көтөрүлөт.

## Айжан кыз

Айтылуу Курмангазы жолоочулап келатып, ээн талаада бир үйгө түш келет. Үй ээси абышка-кемпир мейманды жылуу кабыл алып, колунда бар тамагы менен конок тосот. Арачолодо керегеде илинип турган домбраны колуна алып, бир чертип кайта ордуна илет. Ошол учурда 12 жашар секелек кыз сырттан кирип келип, домбрасына көзү түшөт.

– Ата, домбрама ким тийди?

– Балким, мейман кармалагандыр.

– Ал киши домбрачы болсо, чертишет бекен мени менен?..

Аңгемени угуп отурган Курмангазы:

– Ой, айланайын кызым, кааласаң чертишели, кел бери жаныма, – дейт.

– Ата, жол сиздики.

Курмангазы кызды баласынттыбы, чертими жөнөкөй майда кайрыктагы күүнү чертип узатат. Айжан бул күүгө анча алымсынбай:

– Ата, мени бала дедиңизби, жаш жеткинчектин черте турган күүсүн арнап койдуңуз. Мен сизге салмактуурак чоңдор черте турган күүнү тартуулайын – деп аспапчылар сейрек чертүүчү татаал кайрыктагы таасын күүлөрдүн бирин кол ойното чертип келип, домбрасын күү чеберине сунат.

Кандим өнөрүнө качантан маашыр болуп келген Курмангазыны секелек кыз күтүүсүздөн шаштысын кетирип койду.

«Өзүңдү эр ойлосоң, өзгөнү шер ойло» деп, бар өнөрүн төгүүгө бел байлады, Курмангазы. Чертишүү козунун эти боркулдап кайнаганча уланып, кыз таманы кызыган жоргодой арыш керип, кайрыктан кайрык улап, атаандашын таңкалтыра баштаганда, атасы:

– Кыздын кырк чачы улук, ата жолу андан бийик. Өнөр өктөмү улуу-кичүүнү тиргебейт. Өсөр адам өнөктөшүн өзгө дебейт. Кызым атаңа кол берип, ак батасын ал, – деди.

Айжан кыз тура келип, Курмангазынын мойнунан кучактап:

– Ата, мендей балапандын көзүн ачтыңыз. Өмүрүмчө устатым болуңуз, жол сиздики, – дейт.

Улуу устат жооп ордуна домбрасын таңшыта, мурун-кийин эч ким эшите элек жаңы күүсүн ойнойт:

– Атың түбөлүккө күүдө калсын, Айжан кызым, – деп, батасын берет.

Күү бүгүн «Айжан кыз» аталып, чертилип келет,– дейт Шаршебай Көлбалаев.

## Сары-Арка

Нарманбек аттуу казак акыны 1916 жылы Сары-Арканы мындайча кошкону бар:

Сары Аркам, мөлтүр кашка суулар кайда?
Көз жоосун алган аппак куулар кайда?
Бетеге, белге жеткен чөбүң кайда?
Буруксуп жыты аңкыган жашыл жайда?
Толкуну жарпты жазар көлүң кайда,
Төрт түлүк кулан болгон өзүң кайда?
Сары-Арка сенден кундун качканы ошол,
Ээледи орус мужик, канттик?.. Кош бол!..

Аягы түгөнбөс куугунтуктоолордон улам Курмангазы 50 жаш чамасында Сыр боюна ооп барган. Айтылуу «Сары-Арка» күүсү так ошол жерде жаралган.

## Адай

Казак калкы тараган «үч жүздүктүн» кичи жүзү Адай элине такалат. Бул эл эр көкүрөк, согушкер, жоокер калк болгондуктанбы, «Таанысаң – Адайыңмын, таанныбасаң – Кудайыңмын» деген лакабы калган. Курмангазы эл оозунда айтылган Адайды күүгө салган.

## Балбраун

Курмангазы отурган түрмөнүн ачендиги Браун туулган күнүн белгилеп, той өткөрөт. Балда бийлер бийленет, ырлар жаңырат, музыка ойнолот. Гүүлдөгөн көпчүлүктүн ичинен бирөө: «казактардын жеринде турабыз, алар да шайыр эл. Түрмөдө эң мыкты домбрачы казак бар. Туура көрсөңөр ошону алдырып, казак өнөрүнө да карк болсок кантет?» деген суроо таштайт. Тамашага тойбой буулуккандар бул сунушту колдоп кетишет. Бат эле Курмангазыны алдырып, алдына стул коюп, домбрасын колуна карматат. Шарактап ырдап бийлеп жаткандар бир саамга дымый

түшүп, «сыграй казак» деп, кол чаап жиберишет. Курмангазы бир саамга ой жүгүртүп, балдагы бий коштогон орус музыкасын домбрага салып залды жаңыртып күү чертет. Күүлдөгөн көпчүлүк казак музыканттын өнөрүнө ыраазы болуп, домбранын коштоосунда шарактап бийлешет. Курмангазы көпчүлүктүн суроосу боюнча орус бийин казак өлөңүнө каңдаштыра күүгө салып, отургандардын оозун ачырат.

– Бул күүңүздү кандай атасак болот? – деп сурагандарга:

– Күүнүн аты «Балдагы Браун» деп жооп берет.

Кийин күү «Балбраун» аталып кеткен.

## КАЗАКБАЙДЫН КАЗАК КҮҮЛӨРҮ

Казакбайдын өмүр баяны: менин мекеним айтылуу Талас жергеси. Чоң атам Чойбек кезегинде билимдүү адамдардан болгон экен. Атам Абдыш болсо, колунан көөр төгүлгөн уста, комузчу эле. Кандайдыр болбогон күнөө коюп атамды камай турган болгондо 14 жашар баласын колдон алып, Кетмен-Төбөгө качып барат. Арабча, латынча жаза билген сабаттуу адам болгондуктан, «крестян-дыйкан чарбасын» уюштуруп, иштеп турат. Айтылуу акын Токтогулга кездешет. Токтогул: «Келин балам токтоп калган экен, эркек балалуу болосуң» – деп, курсактагы балага арнап, комузун белекке берет. Кетмен-Төбөдө да куугунтук уланып, Ферганага, андан Аксыга, Жаңы-Жолго түшүп, «качкын» саякаты Казакстандын Мерке деген шаарына келгенде аякайт. Мен 1939-жылы ушул жерде төрөлгөн экем. Бечара энем толгоосу жетип, камыш күркөнүн бурчунда төрөй албай кыйналып жатып кан көп кетип, каза болду. Атам байкуш кантсин, мени колумдан жетелеп казактардын үйлөрүн түрө кыдырып жүрүп чоңойтту.

Күндөрдүн биринде 25 жаштагы казак кызы биздин үйгө келди. Атам анда 50 жаштарга келип калган. Үйлөнүп алышты. Жаз айында кайрадан Таласка көчүп келдик. 1957-жылы 10-классты бүттүм. Мектепте окуп жүргөндө эле Токомдун комузун чертип концерттерге катышар элем. Балалык күндөрүмдө казак досум домбрасын тартуу кылган. Домбраны кыңгыратып жүрүп үйрөнүп алдым. Домбрага коштоп, обон созуп ырдасам коңур добуш үнүм жарашып калат. 1993-жылдан бери чыгармачылык түйшүк менен үйдөмүн...»

Казакбай Абдышев үчүн «эр азаматка алтымыш өнөр аздык кылат» деген сөз төп келип үч ичеги кыргыз комузун, кош кыл казак домбрасын коштой жүрөт.

**Казак апама**

Журтунда казагымдын туулгамын,
Жүзүм чайып суусуна жуунгамын.
Олтуруп коломтонун чекесинде,
Отуна дене кактап жылынгамын.

Бир кулагым агытты Кыргыз күүсү,
Атам черткен Токомдун комузуна.
Бир кулагым шаңк этип агылыптыр,
Казак черткен домбра добушуна.

Казактын далаасынан жай тааптыр,
Отузга жетип жетпей кайран энем.
Ошондогу жыйырмада казак кызы,
Орунун ээлегенге айраң элем.

Ошентип, берки жакта шак-там калып,
Мен тутунган экинчи энем болду.
Мен өзүм тарс-турс эткен чапчаң элем,
Бирок да тамак ашка кенен болду.

Апама таарынычым бар жалгыз гана:
Болгону үч карындаш төрөп берди,
Мен жүрөм эркектен жалгыз гана.

## Жалгыз атчан

Чыгармачыл адамдар жылгыздап жүргөндү жакшы көрүшөт. Мен өзүм айылга барганда ат минип өрөөндөрдү кыдырып бастырып жүргөндү сүйөм. Жанында эч нерсе түшүнбөгөн жолдош алып жүргөнчө жалгыз отуруп шаркырап аккан суу менен сырдашканың ийги. Ар ким үчүн туулган жер – Мисир. Мисир атактуу шаар. Расул Гамзатовдун поэмасы бар: ар кайсы улуттан чогулган жигиттер өз жерин мактап жатышат дейт. Ошондо түркмөн жигит ээн талаа, эрме чөл Кара-Кумду, Кызыл-Кумду мактайт. Анысы кандай, менин Таласыман артык жер жок, ал көз алдыма тартылат да турат. Беш-Таш капчыгайы, Үр-Марал,

Кең-Кол, Бала-Чычкан, Чоң-Чычкан – бейиш жерлер. Мына, ошолор жөнүндө жалгыз атчан баратып күү чыгаргам, ал домбра менен аткарылат. Дагы бир күүм. Жел токсан, ал да домбра менен аткарылат.

1986-жылы Алматы шаарында казак жаштары өлүмгө учураган. Ошол трагедияга жүрөгүм сыздап ушул күүнү жараткам.

## Боз жорго

«Менин күүлөрүмдүн көпчүлүгү арман. Жаштык курагымдын чордону муң, армандар дүйнөсүндө калган. Отпуска алып, кең Таласыма аттандым. Жакшы саналаш жолдош-жоролор менен жер бейиши Беш-Ташты карай бет алдык. Борбор шаардан келди дештиби, Боз жоргону алдыма туура тартышты. Боз жорго демекчи, жаныбарымдын бөжүгөн жүрүшү ай, көзүң ачылат, көңүлүң көтөрүлөт. Дастан болуп, күү болуп, улама аңыздарда, тээ мезгил түпкүрүндө кала берген «Шырдакбектин боз жоргосу» элес келет. Тизгин каккан колум кычышып, домбра кылына сермелет. Домбрамда аткез жок жаштык курактагы муң, армандарды унуттуруп, Боз жоргонун жүрүшүн комуз, домбрада сүйлөтүп жатпайбы. Шаңдуу кайрыктарга шайкеш бул күү ушундайча жаралган».

## Намазбектин «Сары жайлоо»

Келечегинен көптү үмүтөттүргөн таасын комузчулардын бири – Намазбек Уралиев Курмангазынын «Сар жайлоосун» домбра кылынан комузга оодарган. Ал тууралуу айтканы булар: «Жаркенттеги бир жыйынга биздин арститтердин чакан тобу катышып калдык. Комуз, домбра добуштары дембе-дем жаңырып, отуруштун маанисин арттырып жатты. Мага кезек келгенде алгач Карамолдонун «Дүйнөсүн» чертип, соңунан Курмангазынын «Сары жайлоосун» комуз тилинде сайраттым. Эки элдин боордоштук ымаласына данакер эки залкар күүчүнүн классикалык чыгармалары көпчүлүктүн кубаттоосуна алынды. Айрыкча, эки кылдуу домбра тилин үч кыл комузга үлөштүрүү өнөрүмө казак музыка билгилери суктанып, бул ынтаа ыраазычылыкка, ыракматка арзыган. Домбрада кол ойното күү черткен, ылайыгы келгенде ырдап жиберген, үй-бүлөсүн элдик шыгырга үйрөткөн, улут рухун баалай

билген Нурсултан Назарбаевдей президенти менен казак домбрасы бактылуу, десем жаңылбасам керек» – дейт Намазбек.

Намазбек Уралиев 1956-жылы Ысык-Көл районунун Кожояр айылында туулган. Атасы Келгенбай комуз чертпептир. Комузчулук кесип Намазбекке чоң атасы Уралыдан өткөн. Убагында келиндер Уралыны «Комузчу аке» деп тергешчү экен. Намазбек бүгүнкү күндөгү күү өнөрпоздорунун алдыңкыларынан, коомчулукка жакшы таанымал.

**Радионун музыкалык «Алтын казынасына» алынган күүлөр:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Казак камбарканы | 9640 | 1'34 | Асанаалы Кыштобаев |
| 2 | Казак камбарканы | 9777 | 3'03 | Жусуп Самаков |
| 3 | Кайрыгы казак калкынын | 6511 | 4'05 | Кеңеш Сулайманов |
| 4 | Казак Ашымдын насыйкаты | 9729 | 4'25 | Асанаалы Кыштобаев |
| 5 | Казак элинин жоргосу | | | Шаршебай Көлбалаев |
| 6 | Казак кызы Камила | 9835 | 2'54 | Казакбай Абдышев |

## Орус-кыргыз күүлөрү

Карт тарыхта төңкөрүшкө чейин кыргыз эли кыйла жоготууларга учурап, чабылып чачылды. Падышалык баскынчылар жаратылыш кереметы Ысык-Көлдү басып алды. 1916-жылы кыргыздар Кытайга үркту. Жоо колунан өлгөндөр, жолдо кырылгандар канча? Баш калка кылып барган кытайлардын кыргыздарга жасаган кысымын айтуунун өзү кыйын! Мына, ошол жок болуу коркунучунан сактап калган Ленин башында турган Өктөбүр төңкөрүшүн кантип унутмакпыз?

Орус калкым – тууганым,
Кыялыңды жактырам.
Кара нөшөр түндө да,
Жарык күнсүң ачылган.
*(А. Осмонов)*

Эл болуудан калганда,
Кыргыз тоодо түгөнүп.
Улуу Октябрь, орус эл,
Таалай берди түбөлүк.

Жүрөгүңдөн жүрөгүм,
Кубат алды жылынды.
Улуу достук ортодо,
Бир көгөрттү кылымды.
*(Суйунбай Эралиев)*

Биз кыргыздар, бүгүнкү эгемен өлкөбүздө көптөгөн улут өкүлдөрү менен чын дилден ынтымакта, достук алыш-бериш алкагында жашоону улантып келебиз. Ошол эле учурда кыргыз эли менен кыт куйгандай бирдикте, достукту урматтоону башкалардан талап кылууга да милдеттүүбүз. Ата-бабалардан мурас калган каада-салттарыбыз, тилибиз, дилибиз, улуттук музыкалык мурастарыбыз кыргызга кандай ыйык болсо, коңшуларыбыз үчүн да ошондой ыйык болууга тийиш. Кыргыздар кылымдардан дос күтө билген, досуна ишенген эл. Досторуна эшигин кенен ачып, төрүнө өткөзгөн.

Басып жеген калкымды,
Бай-манаптар куулду.
Аты кедей балдары,
Артынан шоруң жуулду.
Николай нанын жегендер,
Амалын таппай муунду.
Панардай жанып боштондук,
Бактыбызга туулду.
Кандай аял тууду экен
Лениндей уулду?! – деп,

Токтогул бекеринен жар салган эмес? Токтогул көптү көрдү. Көп элдер менен аралашты, сыр алышты, тил табышты. Орус, дуңган, казак, тажик, өзбек дегендей, улуттардын өнөрүн өзгөчө сезип, аспаптык алакаларына аралашты. Балалайканы ойноп, ага күү арнады. Гармошканын кайрыктарын комуз кылдарына кынаптап, орус элин кыргыздарга жакындаштырды. «Элүү жылда эл жаңырат, жүз жылда жер жаңырат.» Бул мыйзам ченемдүү кубулуш. «Көркөм дүйнө» гана көөнөрбөй рухий дөөлөт болуп, кылым кыйырларын кыялап, калк жүрөгүн уялап карт тарыхка чыйыр салып, келе берет.

## Орус күүлөрү

Токтогулдун ыр-күүлөрү өзүнүн аткаруусунда үн тасмага жазылып калбады. Анын көркөм мурастары шакирттери тарабынан жыйналды, адистердин эскерүүлөрүндө калды, ошого да каниет кылалы. Кайсы калктын оруспу, өзбекти, казакпы, ыр-күүлөрүн эшитпесин, Токтогул дароо ырына, күүсүнө сиңирип алчу дешет. Өзбектердин «Лүлү, Мамажанын», «Яр-ярын», татарлардын «Урал күйүн», «Макаржанын», орустардын «Барынясын» ж.б. балалайка кыл басымында такма-так келтирип, соңунда «Орус күү», «Өзбек күү», «Ногой күү» таризде комуз тилине которуп, угармандардын умачтай көзүн ачкан. Токтогулдун 125 жылдык тоюна арнаган адабиятчы Лев Пасынковдун жазган эскерүүсү бар: «1933-жылы Алексей Максимович Горький Токтогул жөнүндөгү кабарды угуп, Токтогулдун карагай кыйган балта менен кыргыз комузун чаап, анын коштоосунда кыргыз-орус достугун даңазалап ырдаганын, «Орус күүсүн» комузга салып черткенин укканда, муштумдарын түйүп, түйүлгөн муштумдарын тизесине матап, ага сыймыктанып жана кубанып, көз жашын көлдөтүп ыйлаган.»

## Барыня

Кетмен-Төбөдөгү Мазар-Сай деген жердеги орус кыштагынын тургуну А. И. Власовдун Токтогулга байланыштуу жүрөктөн чыккан сөздөрү бар: «Мен Кетмен-Төбөгө 1911-жылы жөө келгем. Ошондон тартып, Токтогулду жыкшы билчүмүн. Ал кезде мергенчилик да кылчумун. Тоого кийик уулап барганда Мазар-Сайга түнөй тургам. Ошондо Токтогулдукуна же Кулукеникине кончумун, олжомон таштап кетчүмүн. Посёлокко келгенде Токтогул биздикине кончу. Биздин улуу кызыбыз Еленаны күйөөгө бергенде Токтогул менен Кулуке тойго келишкен. Кулуке экөөбүз дос элек. Токтогул адегенде тойдогуларга бийлей турган күү чертти, болжолу, «Барыня» болсо керек, андан кийин «Орус күү» чертти. Кээде майрамдабы, базардабы, эл чогулган жыйында орустун бий күүлөрүн черткенде кыздар жыргап, бийлеп жатып калышар эле.»

Токтогул Шиберден качып келатып, Орунбоордо бир чоң кыштактагы короого кирет. Короодо бастырманын түркүгүндө бойго жеткен кыз жөлөнүп турат. «Сөз айтсам капа болобу» деп балалайканы алып:

Орустун кызы барышна,
Уялам жакын барышка.
Уруксат кылар бекенсиң,
Балалайка чалышка?
Ырайым кылсаң болгону,
Бир күнү конуп калышка? –

деп ырдайт. Кыз чуркап, үйүнө кирип кетет. Балакет баскыр, «шылдыңдап атабы» деп, балээ кылбасын, коркуп турабыз. Үйдөн чыга келген алтымыштар чамасындагы нооча киши: «каерден келатасыңар?» – деп татарча сурап калды. Ал жай-маанисин түшүндүрөт.

– Коркпогула, мен алты жыл Оштун жибек зоотунда иштегем. Улгайганда бу жерге көчүп келгем. Үйгө киргиле, – деди. Кыргыздын бешбармагын сагынгандырсыңар, короодогу койдун бирин сойгула. Мен да силер менен бешбармак жейин деп, кожоюн кой сойдуруп, бир казан эт салдырат. Эт бышканча Токтогулду балалайка черттирип, ырдатышат.

Жогоруда мисалдарда келтирилгендей орус элинин кеңдигин, боорукер журт экендигин Токтогул өз көзү менен көрүп, турмушунда кечирди. Ошого жетине албай «орус темасына» атайылап кайрылып, эки элдин ынтымак-достугуна арналган чыгармаларын жаратты. Бул оюбузду музыковед В. Виноградовдун эскерүүсү ырастайт: «Токтогул комуз үчүн «Орусча кайырма» деген күү чыгарган. Албетте, бул күү акындын орус музыкасы менен жакшы тааныштыгынан жана аны урматтоосунан улам жаралган».[125]

## Николай-Ниязаалы

Элибизге аттын кашкасындай таанымал, залкар комузчу Ниязаалы Борош уулу 1941-жылы 85 жаш курагында дүйнө салган. Элге кеңири белгилүү «Кара өзгөй», «Арсар күү», «Сары барпы», «Терс кайрык», «Кер толгоо», «Ак куу», «Куу-куу, турумтай» сыяктуу ойнотмо куудул күүлөрдү Ниязаалынын ысмына байланыштырып чертип келишет. Ал эми «Николай» күүсүнүн баяны көпчүлүккө алигиче белгисиз. Улуу комузчунун талантына таазим этүү менен унутулуп бараткан музыкалык мурасы – эл достугуна арнап чыгарган күү баянын угармандар жамаатына сунуштоону эп көрдүм. Сейрек тартып кеткен бул чыгарманы билгендер болсо

125 В. Виноградов. Музыкальное наследие Токтогула. – М. 1961.

китептин авторуна же радио-теле кызматкерлерине кайрылуусун суранабыз.

1898-жылдар. Падышалык Россиянын колониялык саясаты Кокон хандыгын да түбүнөн копшоп, Орусиянын, Украинанын алыскы аймактарынан жер оодарып, Ала-Тоо аймактарына агылып келе башташат. Аксы районунун борбору Кербенден анча алыс эмес 15 чакырымдай аралыкта Бозбу-Ээк деген жерге Украинадан көчүрүлүп келген кересяндар (христяндар) эч кимден сурабай-этпей кыштак кура башташат. Кыштактын аты бара-бара «Мужук» аталып кетет. Жери семиз, суусу мол аймакты өздөштүрүп, бат эле мужуктар байып кетишет. Карапайым келгиндер жергиликтүү калк менен байланыш түзүп, алар кыргызча сүйлөөгө үйрөнө башташат. Бозбу-Ээктик кыргыздар чаламоңол тил менен украиндыктар жашаган кыштак менен катташа баштайт. Жергиликтүү эл Кербен, Ала-Бука, Кош-Дөбө жакка «Мужук» кыштагы аркылуу өткөндүктөн кыргыз-хахол элдеринин ортосунда тааныштык тамырлар башталат. Ниязаалы да андай алака, тааныштыктан четте калбайт. Ар качандан бир качан койнундагы комузун колуна алганда булбул таңшык ыргактарды жаадырып, тамашага батканда, украиндык мужуктар да гармонь тартып, тамашага тамаша кошулуп, улут аралык алака чыңалат.Тоо суусундай күргүштөгөн чыгармачылык эргүү Ниязаалы комузчуну ээликтирип, жаңы кайрыктар жаңы аткаруучулук ыкмада жаңы угармандарды күү өнөрүнө желиктире баштайт. Украиналыктардын жүрүм-туруму, саламдашып учурашканы, шапкесин ала коюп кол бергени, чекесине сөөмөй жаңсап честь бергени, чогулуп ырдаганы, жаш балача сүйлөгөндөрү, гармошканын жаагын жаный тартканы, ага кошул-ташыл болуп, буларды куп келтире туурап күүгө салып, ыр коштоп элдин боорун эзе аткарган чыгармасы «Николай» аталган.

1936-жылы эл шайырларынын I-олимпиадасы Фрунзе шаарында өткөрүлүп, ага 80 жаштагы карыя Ниязаалы Жаңы-Жол районунан келип катышат. Алып баруучу отургандарга бул адамды Ниязаалы Борош уулу деп тааныштырат. Ниязаалы айтылуу «Арсар күүсүн», артынан «Шыңгырама», «Терс кайрышты» аткарып, отургандардын моокун кандырат. Элдин суроосу боюнча дагы бир күүнү сахнага алып чыгат. Эл ыраан-каткы күлүп, кол чабышат. Калыстар тобунан бири сурайт: «Аксакал, күүңүздүн аты эмне?»— деп, Ниязаалы токтолбой жооп берет: «Бул күүмдүн

аты «Николай». Коммунистик идеологиянын саясатына берилген маданият мыкчегери бөйрөктөн шыйрак чыгарып, акылдуусунуп: «Падыша Николайдын бийлиги кайрылып келбейт, анын аты аталышы да саясатка жат. Экинчи бул күүнү чертпеңиз» – деп тыюу салган. Залкар комузчунун маңдай теринен жаралган бул достук күү чертилбей жабыкта кала берген. Айта кетели, олимпиадага 335 өнөрпоз катышып, алардын ичинен 60 киши баалуу сыйлык алып, комузчулурдан Ниязаалы 1-орунду ээлеп, 500 сом акчалай сыйлыкка татыган.

## Маруся

Шаршендей тубаса куудулдун аткаруучулук номерлеринде достук тема да жаңырып анын орус кызы «Марусяга» кайрылуусу угарман, көрөрмандардын боорун эзип, шаттыкка бөлөгөн.

Ар ким ырдайт алынча,
Ашы-ык болдум, Маруся.
Мару-у-у Мару-у Маруся да,
Мару-у үкүн Маруся.

Тартып алсам Сергейден,
Деп ойлоймун каждуй ден.
Ылайык көрсөң, Маруся да,
Ылайы-ык көрсөң, Маруся сен,
Игра-айт хочу сен менен.

Кеп а-айтарым көңүл ко-ош...
Почему-у садга не пойдешь?
Мару-у Мару-у Маруся да
Мару-у үкүн Маруся...

Таланттуу композитор В. Мурадели «Москва-Пекин» аттуу музыкалык чыгарма жараткан. Чоң Маскөөдөн жаңырык салган бул ураан тез эле Ала-Тоо аймагын аралап кыргыздын кайырына тараган.

1147-жылдан (800 жылдан ашуун) өмүр кечирген чоң Маскөө 1712-жылы бирдиктүү Россиянын борбору, 1918-жылдан СССР мамлекетинин борбору, 1991-жылдан Россия Федерациясынын борбору.

10 млн калкы бар бүгүнкү Пекин биздин заманга чейинки 1-миң жылдыкта Цзы шаары катары таанылган. 1421-жылы Бейцзин аталган. 1949-жылдан Кытай Эл Республикасынын борбору.

Бул теманы жаңы заман жарчысы Ыбырай Туманов СССР-Кытай Эл республикасынын башчылары Сталин-Мао «Достук келишимге» кол коюп, сүйлөгөн куттуктоо сөздөрүн сүрөөнгө алып, күү жараткан. Ал күү «Эки дос» деп аталган.

## Эки дос

а) И. В. Сталин. Советтер Союзунун Коммунистик партиясынын Борбордук комитетинин генерал-секретары, Совет мамлекетинин жетекчиси, марксизм-ленинизм илиминин үндөөчүсү, СССРдей зор өлкөнү отуз жыл башкарган, эл аралык коммунистик жумушчу партияларынын ишмерлеринин бири, социалисттик эмгектин баатыры, Советтер Союзунун баатыры, Советтер Союзунун генералиссимусу И. В. Сталин (Жугашвили) 1879-жылы Тифлис губерниясынын Гори шаарында туулган, 1953-жылы 74 жаш курагында каза болгон.

б) Мао-Цзедунь. Улуу Кытай мамлекетинин саясий ишмери, өлкөнүн президенти. 1928-жылдан Кытай Компартиясынын төрагасы. 1893-жылы Хунан провинциясындагы Шаошан кыштагында туулган. 1976-жылы 83 жаш курагында көз жумган.

Тилекке жараша, Маонун жаткан жери жайлуу, топурагы торко, сөөгү ордунда жатыр. Арбагына акаарат жок, артында ушак жок, бейгам тынч...Маонун киндик каны тамган Шаошан кыштагын ыйык жайга айландырып, Мао сүзүп өткөн Янцы дарыясын «Эрдиктин символу» атап, Мао басып өткөн 6 миң чакырым аралыкты «Эркиндик күрөшүнүн чыйыр жолу» катары кабылдашкан. Айта кетели, Кытай эч бир маселени күч менен чечпейт, бирок көрүнбөс кыл жип менен бууп коюучу амалы алда неден кооптондурбай койбойт.

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын батыш тарабы – омоктуу Россия өлкөсү, чыгышы Кытай мамлекети, ортолукта оймоктой Кыргызстан. Не эл аралык, не мамлекеттер аралык карым-катнаштар маселесинде кошуналык жосунду туу тутуп, достук-кызматташтык ымаланы ырастай алсак, ишибиздин илгерилегени.

**Радионун музыкалык «Алтын казынасындагы» эл достугуна арналган күүлөр:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Эки дос | М.46 | 2'45 | Ыбырай Туманов |
| 2 | Эки дос | 2826 | 3'21 | Саид Бекмуратов |
| 3 | Достук | 3392 | 2'12 | Жакшыбай Жээнтаев |
| 4 | Достук шыңгырама | 1802 | 2'06 | Усубалы Казаков |
| 5 | Достор | 9759 | 3'50 | Ыбырай Туманов |
| 6 | Достук | 7200 | 3'00 | Сүйдүм Төлөкова |
| 7 | Камаринская | 8005 | 1'07 | Самсалы Аликеев |
| 8 | Төрөнүн эки кызы келгенде | 8117 | 2'25 | Эркесары Бекбасаров |
| 9 | Эки достун айрылышы | 3867 | 2'45 | Абдыкадыр Жаналиев |
| 10 | Попурий | 3438 | 3'07 | Жакшыбай Жээнтаев |
| 11 | Ленинге | 3987 | 3'10 | Абдыракман Кыдырбаев |
| 12 | Ленинге эстелик | 2500 | 1'48 | Атай Огонбаев |
| 13 | Орус бийи | 9473 | 2'20 | Усуп Орозов |
| 14 | Москва | М.604 | 4'10 | Алымкул Үсөнбаев |
| 15 | Попурий | 2535 | 4'08 | Торгой Чайыров |
| 16 | Төрөнүн эки кызы келгенде | 7826 | 3'21 | Шекербек Шеркулов |
| 17 | Маруся | 9805 | 1'28 | Өзбек Алымкулов |
| 18 | Рио-Рита | 2222 | 0'56 | Төлөмүш Асанкожоев |

## Өзбек-кыргыз эгиз эл

Өзбек, кыргыз байыртадан базары, мазары бир, жокчулукту бирге тартышкан, тагдыры кыл аркандай эшилген түбү бирге, өмүрү өзөктөш эл. Азыркы Өзбекстандын жеринде биздин эранын VIII кылымына чейин Бактрия, Хорезм, Парфия, Согдия мамлекеттери жайгашкан. VIII кылымда бул жерлерди Араб халифаты басып алган. XIII кылымда Моңгол империясы, XIV кылымда Амир Темир башкаруусу алдында жашоо өткөргөн. XVI кылымда кыпчактардын ханы Өзбек хан Хива хандыгын негиздеген. XVIII кылым Кокон хандыгын мезгили. XIX кылымда Россия багындырган, 1917-1991-жылдарда СССРдин курамында болгон.

Көчмөн кыргыздар отурукташууну алгач өзбектерден көргөн. Ташкен, Наманген, Кокон, Анжыян, Букарадан келген соодагерлер усталардын эсебинен Бишкек, Токмок, Каракол, Нарын шаарлары түптөлө баштаган жана жер иштетүүчүлүк кесип да кыргыздарга өзбектер аркылуу өткөн. Мисал келтирели: 1870-жылы негизделген Бишкек шаарында 58 түтүн мусулман, анын 48 түтүнүн өзбектер түзгөн. Токмок шаарынын 90 пайыз эли өзбектер экен. Каракол шаарынын тургундары дээрлик өзбектер (117 адам) болгон. Нарын шаарында 100 үйбүлөнүн 90ну өзбектер (1886-жылкы эсеп боюнча).

Тарыхый эстеликтерин, улуттук адабий-музыкалык мурастарын көздүн карегиндей сактоодо Өзбекстан коңшуларынан кескин айрымаланат. Бул сапатты улуттук ар-намысты айгинелөөчү фактор катары эсептесек, ага эл башчысы Президенттин үлгүсүн алсак болор.

Токтогул кыргыздар менен кылымдар канатташ жашап келген өзбек элинин арасында да таанымал акын болгондугу белгилүү. Токтогулдан Алымкул төкмөгө, Калык ырчыга, Коргоол акынга мураска калган өзбек акыны Молдо Тойчунун «Лүлү Мамажан» күүсүнүн баяны жөнүндө сөз кылалы.

## Лүлү-Мамажан

Токтогулдун шакирти Коргоол ырчы Токтосун Тыныбековго өткөргөн бул күүнүн вариантын ал мындай баяндаган: «Токтогул Шиберден келгенде баласынын өлгөнүн угузуп, өзү аман-эсен эл-жерине келгенин куттуктап, анан аны көп жыл ээрчип жүрүп үлгүсүн алдым, — деп эскерер эле Коргоол. Токтогулдун бир

артыкчылыгы кайсы улуттун ырын же күүсүн укса, дароо үйрөнүп, өзүндөй кылып, кайра аткарып берчү. Айрыкча өзбек элинин ашуласын аткарганда, өзбектерден өткөрүп жиберчү.

Жылдардын биринде Анжыянга барып калдык. Бир күнү Током: «Кетер кыздын керээзи» дегендей, бүгүн шаардын чайканасына баралы. Андан өзбек шайырлары үзулчү эмес эле. Ошол жерде тамаша куруп кетели» – деп калды. Бардык. Чайканадагы ат багарларга унааларыбызды табыштап, өзүбүз чай ичип, элдин ыгына карап отурдук. Аңгыча эл ичинен:

– А, ортаглар! Молдо Хафиз акадан битта-яримта томаша эшитайлик – деп жар салды чайканачы, – Кани, тинч олиңлар!» арыкчырай ноочасынан келген кара тору, сыйда мурут, чокчо сакал киши элдин чок ортосуна келип өзүнөн да узун дутарын колуна алып, күүлөй баштады. «Э, Хафиз ака! «Лүлү-мамажандан» болсун, «Лүлү-мамажандан»... деп жаалай башташты. Молдо Хафиз дегени: белгилүү акын Молдо Тойчу экен.[126] «Лүлү-мамажан» дегени: бир орус кызы менен өзбек жигит бир-бирине ашык болуп калышат, бирок кыздын энеси макул болбойт. Ошондо кызы апасына жалынып: «Люблю, Мамажан» деп жалына берет. Муну уккандар орусча так айта албай «Лүлү, Мамажан» деп алышат. Бул ошондогу ырдалган ыр экен. Молдо Тойчу дутарга:

«Келиң ортаг ойнайлы. Лүллү Мамажан – эй,
Дарыяларни бойлайли, Лүллү Мамажан – эй!
Болыгларга ариз айтип, Лүллү Мамажан – эй,
Бир кудаага йиглайли, Лүллү Мамажан – эй!

Элдин баары: «Өлмаң Хафиз аке! дешип дуулдап калышат. Алардын ойну кызыгандан кызып, чалдерманын чалып ырдап, бийлеп жатышты. Биз менен эч кимдин иши жок. Током мага: «Балам, биздин издегенибиз ушу эмеспи. Жакшылап угуп отуруп, бир-эки өнөрүн үйрөнүп ал»– деди. «Ээ, үйрөнмөк тургай, ырдаган ырына түшүнө албай жатам»– десем, «А кокуй, сен анда өнөрпоз боло албайт экенсиң» деп, Током мени карап жылмайды.

– Балам, минтип үнсүз отура берсек, биз менен эч кимдин иши болбой калат. А көрөкчө белдеги комуздарды чечип, бурчка жөлөп коёлу. Бирөө-жарымы көрсө, сөз чыгар. Анан булар менен тамаша салып, азилдешип.

109 Айтылуу фарс акыны Шамсуддин Мохаммад Хафиздин атынан улам, Молдо Тойчуну – Хафиз аке дешчү өзбектер.

Чайканачы чай алып келди да, бурчтагы жөлөнүп турган комуздарды көрө коюп:

– Э, ие ортаглар, бу мехмонларниң томашаси бар окшамайми? – деп жиберди.

– Эндики тамаша мехмонлардан болсин, – дел жаалап кетишти отургандар.

– Төгүп ырдасак буларга анча түшүнүктүү болбос. А көрө ар түрдүү тамашага салып ырдайлы,– деп, Током күрмөсүн чечип, оң жеңин түрүп, тизелеп отура калды:

– Туугандар! Молла Хафиз акенин атын угуп, өзүн көрбөгөн элек. Мына насип буйруп, Анжиян чайканасынан жолугуштук. Мен бул кишинин дутар чертип, ашула айтканын туурап көрөйүн. Кемчил жерин оңдоп, үйрөнүп алайын. Андан кийин мен да күү чертип, ырдап берейин. Балким, Молла Хафиз акеге жагып калаар кереги да тиер» – деди. Токтогулдун сезиминин күчтүүлүгүн кара! Ошол замат күүсүн күүдөй, ашуласын ашуладай кылып, так кайырды. Күлбөгөн киши жок. «Ала-Тоолук кыргыздар жайдын толук убагында, жайкалган шибер тулаңында, токойдун арасында, атыр жыттуу абасында, кымызы ачып сабасында, кесесин чайкап ичип отурганда чыгарган «Чайкама» деген күүм» – деп, Током черте баштады.

– Ийе,Токтогулдун өзүдай кылып ойнап бере оласызмы, сиз?– деп, отурган эл жабыла Коргоолду карады. Коргоол жеңин түрүнүп, сыңар тизелей отура калып черте баштады:

– Током кандай күү чертсе үн коштоп кетүүчү эле:

Күүнүн аты «Чайкама»
Ырдын аты «Чайкама».
Жаш кезиңде дуулап кал,
Кеткен келбейт кайтара.
Кандай экен «Чайкама»
Калыс карап байка да.
Отурганым чайкана,
Ырдаганым «Чайкама».
Кү-дү-кү-дү, күдү... –

деп, Токтогулча колдорун ойноктотуп, баш бармагы менен сөөмөйүн коёндун кулагындай тикчиңдетип, комузун башына аягына колун ойдолотуп чертти. Элдин баары каткырып, чайкананы күлкү үч көтөрдү.

Отургандардын бири:

– Баракелла-а, отингиз ким? – деп сурап калды.
– Токтогул.
– Өлмаң Токтогул ака, өлмаң! – деп кыйкырышты».[127]

Чоң акын, атактуу ашулачы, белгилүү дутарчы Молдо Тойчу-Хафиз ким болгон. Ал жөнүндө угармандарыбыз да окурмандарыбыз да кабарсыз. Тек, Молдо Тойчунун ысымы күү ыраатында гана окуянын эпизоддук каарманы катары эскерилип келет. Атасынан жашында ажырап, алгач медреседе мандыкерлик кылып, кийинчерээк шаардагы ашканаларда ашпозчулук менен күн өткөргөн Тойчунун ырчылык шыгы эрте ойгонуп, алгач аш-тойлордо ырдап, бара-бара Ташкен шаарына тааныла баштаган. Фаргана чөлкөмүндөгү аскиячылар, ашулачылар, аспапчылар, хафиздер менен болгон таанышуулар, алардан алган таалим-тарбия кийин Молдо Тойчунун талантына кеңири жол ачкан.

1898-жылы Кокондо өткөрүлгөн чоң сейилге өзбектин мыкты таланттары: Ташкенден Молдо Тойчу, Самаркандан Хожа Абдулазиз Расулов, Маргалаңдан Мадали Хафиз баштаган ашулачылар, чилдирманчылар, дутарчылар келишет. Мына, ушул чоң жыйындан соң Молдо Тойчунун өнөрү өр таянып, аткаруучулук жөндөмү дарыядай ташкындап, устаттарынан ашып, алдына күлүк салбай профессионал ырчыга айланат. Тез эле Хафиз деген наамга ээ болот.

Бул наам анын атак даңкын асман-айга жеткирет. 1905-жылы Риганын «граммафон» фирмасы анын аткаруусунда 20дан ашуун ырларды пластинкага жазып алган. Бул ырлар Россияда, Батыш Европада зор кызыгууну туудурган. Өзбекстанда болсо (Ташкенде, Кожентте, Анжыянда...) 1910-жылдары кеңири көлөмдө сатыла баштаган. Айта кетүүчү сөз, Туркстан чөлкөмүндө граммафон 1899-жылдары эле пайда болуп, бул жаңылыкты жергиликтүү эл «укмуштун укмушу» катары кабыл алышкан. Молдо Тойчунун пластиканалары Кашкар, Жаркент, Афганистан, Индия, Туркияга чейин тараган. 1912-жылы Анжыянда өзүнүн пластинкаларын сатуучу дүкөн курдурганы, анда иштеген алгачкы сатуучулар Маматжан менен Сат акенин ысымдары али күнгө унутулбай эскерилип, эл оозунан түшпөй келет.

Төңкөрүштөн кийин Молдо Тойчунун чыгармачылыгы өркүндөп, 1923-жылы Москвада өткөрүлгөн Орто Азия элдеринин айыл чарба Көргөзмөсүнө маданият ишмерлерин жетектеп барып, ашулачы, дутарчылардын концертин коюп беришкен, ага В. И. Ленин, Н. Крупская да катышкан. 1927-жылы Өзбекстан коомчулугу

110 Т. Тыныбеков. Менин устаттарым. – Ф., 1983. 16-17-беттер.

Молдо Тойчу-Хафизге «Өзбек ССРинин эл артисти жана «Эмгек баатыры» деген наам берген. Молдо Тойчу 1943-жылы дүйнөден кайткан. Молдо Тойчу Ташмухамедовдун ысмын өзбек эли гана эмес, бүт Түркстан, аймагы, Россия аймагы эч качан унутпайт. Башкасын айтпаганда да Ташкенде үн жазгыч пластинка чыгаруучу заводдун аты өзбек элинин атактуу хафизи Молдо Тойчу Ташмухамедовдун ысымында. Кыргызстан аймагында керемет жаңылык катары тараган алгачкы патефон табактары, андагы кайталангыс таланттардын акындар, аспапчылар, ырчылардын туңгуч чыгармалары, ыр-күүлөрү ошол Ташмухамедов атындагы завод чыгарган табактар аркылуу элетке жетип, айыл-кыштактарга тараган. Бир тууган эки элдин бул залкар адамдары улуттук адабий-музыкалык маданиятка зор салым кошкон.

Молдо Тойчу Хафиздин жардамы менен Анжыяндын «козо базарында» чымкенттик Султанхандын чайканасы ачылат. Анда атактуу ашулачылар, дутарчылардын байма-бай катташы кийин салтка айланып кеткен. Молдо Тойчунун курбалдаштары: атактуу Абдыкадыр найчы, Шукри Шафар шайыр, Имомжан тайбурчу, Хашим дутарчы ж.б. үзбөй чогулуп, дасторкон үстүндө эчен өнөр сынактарын өтүшкөн.

Кыргыздын тоо булбулу Токтогул өзбек элинин өнөрпозу Молдо Тойчу менен эл шайырлары куштар болуп жыйылган чайканадагы маданий очокто жолугушкан. Алымкул шакиртинин айтымында, Токтогул Анжияндагы ал чайканага Сибирге айдала алекте келген сыягы. Ал эми Коргоолдун эскерүүсүнө караганда Молдо Тойчуга Токтогул Сибирден келгенден кийин жолуккан. Молдо Тойчу Ташмухамедов 1943-жылы дүйнөдөн кайткан.

**Радионун музыкалык «Алтын казынасындагы» алынган күүлөр:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Лүлү Мамажан» | 7747 | 0'56 | Өзбек Рысбеков |
| 2 | «Өзбек бий күүсү» | 3743 | 2'03 | Асанбай Каримов |
| 3 | «Дутар күү» | 9707 | 2'24 | Анарбай Эрмеков |
| 4 | «Лүлү Мамажан» | Композит. бирлигинде | | Токтосун Тыныбеков |
| 5 | «Молдо Тойчу» | Композит. бирлигинде | | Жунус Аликеев |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 6 | «Өзбек кызына» | 9314 | 2'21 | Жолболду Алыбаев |
| 7 | «Чайкама» | М.629 | 1'17 | Самара Токтакунова |
| 8 | «Чайкама» | М.74 | 2'35 | Шекербек Шеркулов |
| 9 | «Чайкама» | 498 | 1'30 | Мейилкан Козубекова |

## Калмак бийи

Өткөн замандарда шамандык белгини шарттай жүргөн «думаналар бийи», «бакшылар бийи» менен бир катарда «калмак бийи» да калкыбызга кеңири тарап, эки элдин (калмак, кыргыз) маданий байланыштарынын күбөсү катары кызмат өтөй келгендиги белгилүү. «Калмак бийиндеги» улуттук колоритти, андагы музыкалык ритм-ыргактарын кыргызчалатуу маселеси кыргыздын улуттук комузчулук өнөрү аркылуу ишке ашырылган. Натыйжада «Калмак күү» үч кыл комузда иштелип чыгып, бара-бара улуттук деңгээлге чейин көтөрүлгөн.

Белгилүү музыка изилдөөчү А. Затаевичтин «Кыргыздардын аспаптык күүлөрү жана обондору» деген эмгегинде: «Калмак бийинин» «Калмак күүсүнүн» коштоосунда бий бар экени жөнүндө жазылат. Бийчи бул бийди бийлегенде атты сыйлап, сыйпап, ээр токуп минип чапкан кишинин көркөм образын өзүнчө бир сюжеттүү программада көрсөтөт. «Калмак бийине» адетте үч киши катышкан: бирөө музыканттын ролун аткарып күү ойноп, экинчиси төрт аяктап кадимки аттын милдетин аткарган, үчүнчүсү эң негизгиси бийчи бийлеген. Бийчи атка минип, аттын үстүндө шалактап, ийилип, чоюлуп, күү ыргагынын нугу менен кадимкидей образ түзгөн.»[128]

Күү эки ыргакта: адегенде жай темпти сактап, бара-бара ылдамдыкты күчөтүп, бийчи менен алдындагы аттын кыймыл-аракетин коштоого алат. Көрөрмандардын алдына комузчу «Калмак күүсүн» кайрый баштайт. Андан соң топ арасынан суурулуп чыккан бийчи жайынча бий ритминде өз ролун аткарып, бара-бара ылыдамдыкты күчөтүп, белгилүү бир нокотко жеткенде мине турган атын жаңдап чакырат. Аттын ролун аткарган үчүнчү адам жылкыча кишинеп бийчинин алдына келип, ал да азоо аттын жосундарын туурап, көрүүчүлөрдү күлкүгө карк кылып көңүлүн алат.

128 А. Затаевич. 250 киргизских инструментальных пьес и напевов. – Музгиз, 1934.

Бийчи болсо, аттын жүрүшүнө жараша ар кандай кыймылдарды жасап: бирде жорголотсо, бирде адыраңдатып арышын салдырып, бирде ээсине ыктатып корголотуп көптөгөн көркөм образдардын катышын ачат.

«Калмак бийи» кадыресе аткарылчу чыгарма эмес, анда сюжеттик окуя өнүгүп, ал бирде кульминациялык нокотко көтөрүлсө, бирде кайта жанып турат. Бийге катышкандар өз ролдорун купулга толо аткарууга тырышат. Көркөм өнөргө ылайык шыгына жараша ар айылдын тандамал бийчилери, комузчулары боло турган. Ал гана эмес «аттын» ролун аткара билчү адамдар атайылап тандалчу. «Жоро бозо», «шерине» жыйындардын көркү ошол «Калмак бийи» болоор эле. Аларды келиндери «бийчи аке», жеңелери «бийчи бала» деп тергешчү. Кыдырмыш деген агабыз 1936-жылкы Бишкекте өткөрүлгөн өнөрпоздордун кароо-сынагына «Калмак бийин» бийлеп катышкан. Жумурткадан кыр издеген кайсы бир чоңдор «Калмак бий» саясатка туура келбейт» деп, Кыдырмыш абанын өнөрүнөн кынтык таап, жолго салыптыр.

1955-жыл. Кыштын кычыраган мезгили. Көл башы Ак-Суу районунун Боз-Учук айылынан он чакты туугандарыбыз менен (көпчүлүгү карыялар, байбичелер) Нарындагы кудабыз Аделдикине сапар алдык. Алдыбызда жүк ташуучу «полуторка» дечү машина. Ар бирибиз жылуу тонго, ичикке оронуп алганбыз. «Суукка туруштук берер» деген ишенимде токтогон жерде «Акмолдодон» кылт этип келатабыз. Күүгүм талаш аман-эсен кудалардын эшигин аттадык, кучакташып көрүштүк.

Жайылган досторкон... Жайдары мүнөз... Оюн-күлкү, шаан-шөкөт тамаша... ыр-күүлөр Нарын дарыя толкунундай толкуп жатты. Отурушту алып баруучу эркебала шайланып, кудалар «ыр кесе» менен салтанат курууда. Отурушка кудалар ырчы, артисттерден чакырган экен. Ырды ошолор ырдасын, күүнү ошолор чертсин. Көлдүк кудалар болсо, көздөрүн жалжылдатып жеңилгенсип отурат. Нарындык кудалардын «ыр кеседеги» өктөмү намысына тийдиби алтымыштан ашып калган Кыдырмыш аба «ыр кесе» шоогуна «Калмак бийин» салмакка ортого обдулуп чыга келсе болобу? Алып баруучу бул демилгени кубаттап, кезекти «Калмак бийге» өткөрдү. «Калмак бийи» үчүн атайылап орун даярдалды, анткени бул ролду аткаруу үчүн үч өнөрпоз талап кылынат: «Калмак күүнү» чертүүчү комузчу; «Калмак бийин» аткаруучу, бийчи; Бийчи минүүчү аттын ролун аткаруучу.

Мен ортого чыгып, комузумду колго алып «Калмак күүнү» черте баштадым. Күү ыргагына жараша бийчинин көз жоосун алган кооз кыймылы көрүүчүлөрдү өзүнө тартып барат. Бир кезде төрт аяктап секирип чуркап, бийчинин аты түркүн кыймылы, ыраӊ-түрү миӊ кубулуп, бир кезде алдына келген азоо атты сыйлап-сыйпап, аркы капталына бир, берки капталына бир өтүп, жоошутуп, көз ирмемде шап этип жонуна ыргып минип, бирде жорго жүрүшүн, бирде таскагын, бирде чапма күлүгүн чыгарып, ал белгилерди бий ыргактары менен тартуулап, отургандарды күлкүгө бөлөп жатты. Шатырата кол чабуулар, алкыштар, ак баталар... Кыдырмыш кудага рахмат ыроолоп, күлкүдөн боор эзилип, көздөрүнөн жаш агып, нарындыктар жыгылып калды.

Отургандардын көпчүлүгү «Калмак бийди» алгачкы ирет көргөндүктөн керемет дүйнөгө балкып, бир кумардан чыкканы эсибизде. Кудалардын отурушундагы «ыр кесенин» жыйынтыгы да чыгарылып, көлдүк кудалардын өнөрү биринчи болуп бааланып, жеӊүүчү катары Кыдырмышка чапан жаап, ак калпак кийгизишти. Тойдун ээси Адел куда ак ирик жетелеп келип алдына тартты.

Кезегинде керимсел желдей тараган «Калмак бий» да, «Калмак күү» да кийинки убакта искусство айдыӊынан суурулуп баратканы өкүнүч туудурбай койбойт. Анткен менен «Калмак күүсү» комузда биротоло ордун жогото элек. Күү учурунда чыгаан комузчулардын өзүн муютуп, алардын бийик аткаруучулук дасмиясына алынган. Өткөндө көп комузчулар «Калмак күүсүн» радионун алтын казынасына жаздыруу менен эки элдин достук байланышын данакерлөөнүн, бабалар калтырып кеткен асыл мурасты аздектей билүүнүн үлгүсүн көздөгөнү урпактардын ыраазы кылбай койбойт. Өзүӊдү-өзүӊ андагыӊ келсе, өзгөлөрдү таанып талдагын, тарыхыӊды тастыкта, санжыра санаттарына саресеп сал, күүлөрүӊдү тындай-сындай-сыйлай бил. «Калмак күүлөр» дарегин иликтөөдө бул накылды туу туталы.

Калмак, кыргыз кабары биздин заманга чейин эле миӊ жылдар аралыгында жатат. Дун-Ху, Жужаӊ, Кыдаӊ тайпаларынын тарамында калмактар XIV-XV кылымдарда Чыӊгыз хан империясынын курамында таанылып, XV кылымда Жунгар хандыгы түзүлгөн. Бул хандык XVII-XVIII кылымдарда Борбордук Азияда эӊ кубаттуу мамлекетке айланган. Ушул кездеги Ойрот элдери өздөрүн «хальмг» (калмак) атай баштаган. Айрыкча Алтын хан убагында (1552-жылдар) Калмак хандыгынын ооматы жүрүп, орус элчиси Унковский айткандай, «100 миӊ аскер коюуга

(1722) чама-чаркы жетип турган». Кыргыз эпосторундагы «уйдун түгүндөй көп калмак» аталыштын уңгусу ошол мезгилди утурлай тургандыгы анык. Кыргыздын салттык күүлөрүндөгү («Бекарстан», «Тайшыдан ташы», «Коңтаажы» аталыштар тарыхтын тангыс белгиси. Мына, ушундан улам элдик «дастандар» – турмуш чындыгы, күүлөр дүйнөсү – тарыхтын күбөсү дегенге ынанбай койбойбуз. Белек Солтоноев белгилегендей: «Кыргыз-калмак урушу», «Калмактар жапырыгы», «Калмактан жылкы тийүү», «Олжого келген кул-күңдөр...» сыяктуу кабарлардын төркүнү ыр дастандардын, эпостордун, күүлөрдүн жаралышына себеп болгон.

Канатташ калктардын касташууларынан, кошуна элдердин басташууларынан, журт башына түшкөн каран түндөрдүн канчалары калк жүрөгүнө өчпөс так салбады, карт тарых бетине кара тамга сүртпөдү?! Бир кездеги улуу журт – кыргыздар асмандагы жылдыздай аалам мейкинине чачырап кетсе, бир кездеги каруусу күч калмак хандыктары үзүлгөн чынжырдай ыдырап, тарыхтын таба турган ак чекиттери болуп кала берген. Айта кетели: Ойрот мамлекети 1399-1408-жылдары негизделген. Калмактар Ысык-Көлгө 1430-жылдары келген. Алтын хан мезгили 1552-жылдар болсо, Коңтаажынын учуру 1634-1653-жылдарга такалат. Калмактарга каршы казак-кыргыздын чабышы 1635-1684-жылдарга таандык. «Кыргыз Кысар кетип, казак кайың сааган» учур ошол мезгилге туура келет. Кыргызга Цеван Рабдандын экинчи согуш ачышы 1716-жылдарга такалат. 1755-58-жылдары Кытай империясы миллион калмакты кыргандан кийин Кысар кирип кеткен кыргыздар, кайың саап кеткен казактар өз мекенине кайтып келе баштаган. Кымгуут түшкөн калмактар Эдил боюна, Каспий деңизинин салааларына, Астрахан, Ставропол аймактарына, Батыш Сибирге, Борбордук Азияга, Казахстанга, Кыргызстанга байырлоого аргасыз болушкан.

Кыргыздын баатыр уулу Эр Табылды, калмак баатыры Чалкалмак жөнүндө Орозбек Айтымбетов мындайча маалымат берген: «Чалкалмак Табылдыдан жеңилип Калмак-Ашууну ашып Текеске келип туруп калган... Анын тукуму азыр бир чоң айыл экен. Демейдегиден чоң жазы кылычты бабабыз Чалкалмактан калган эстелик деп ошол жерлик карыялардын бири көрсөтүптүр. Качкандан калган калмактар Көл башы Каракол шаарынын капталдарында байырлап калышкан. Челпек, Бөрүбаш, Таш-Кыя, Бурма-Суу айылдарында 5 миңге чукул сарт калмактар жашап турушат. Качкандан калган калмактыгына карабай карапайым калк

кыргыздар менен камыр-жумур болуп жашап турушат. Калмак-кыргыздын кан алмашуусу улуттук генефонддун асылданышына өбөлгө түзөрүн бабалар турмушка ашырып келген: Кылжырдын уулу Дөөлөс калмак кызы Көкмончокко үйлөнгөн (1582); Калмак кызы Жезбийке күңдөн айтылуу сарбагыш элиндеги Манап бий төрөлгөн (1595-1600); Калмак ханы Аюукеден тарагандар бүгүн 70тен ашык түтүнгө жеткен.Тилекматтын бир аялы калмак болгон, Олжобайдын энеси да калмак. Калмактан келген сулуу келинди Чаа бийдин уулу Талкан алган. Андан туулган балдар Солтонун бир уругун түзүп, ал Маакенин тукумдары деп аталат.

Көл башындагы Кыдыр акенин, саяктардын даанышманы Садыр акенин чыккан уясы да калмак жатынында. Кан алмашуу жөрөлгөсү азыр деле күчүндө. Эзелтеден эрегише кетсе да, эзилише кетсе да, эки элдин жашоосу эриш-аркак. «Калмак ашуу», «Калмак чеп», «Калмак дөбө», «Калмак кырчын», «Калмак арык» ж.б. жер аттары: «Калмакаалы», «Сарт калмак», «Калмаакы», «Беш калмак» ж.б. уруу аттары: «Калмак күү», «Калмак бий» аталыштагы музыкалык чыгармаларды мисал тартсак, шам жагуу, отко май тамызуу, мазарга чүпүрөк байлоо, келин жүгүнтүү, «дамбыр таш» сыяктуу шаман белгилеринин орток колдонулушу – бирге короолош» коңшулуктун жышааны.

**Радионун музыкалык «Алтын казынасында» жана Композиторлор бирлигинде жазылып калган күүлөр:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Калмак бий күүсү | 7765 | 2’11 | Өзбек Рысбеков |
| 2 | Калмакка кеткен кыздын арманы | 3288 | 1’30 | Жалий комузчу |
| 3 | Калмак обону | 3799 | 3’10 | Ыйманкул Алиев жана Мырзаев |
| 4 | Калмак бий | – | – | Турганжан Асаналиев |
| 5 | Калмак бий | – | – | Гүлжан Карабаева |
| 6 | Калмак күү | – | – | Кусейин Тагаев |
| 7 | Калмак күү | – | – | Бексултан Бердибаев |
| 8 | Калмак күү | – | – | Жөлөгөн Чымырбаев |
| 9 | Калмак күү | – | – | Кусейин Тагаев |
| 10 | Калмак күү | – | – | Самаркүл Шишбашева (т. комуз) |

## Уйгур-кыргыз боордоштугу

Түрк тилинде сүйлөгөн улуттардын бири – уйгурлар. Ар кыл даректерге таянсак, «уйгур» деген сөздүн мааниси: «уюшуу», «жардамдашуу» дегенди билдирет экен. Шиңжандагы улуттардын ичинде сан жагынан басымдуу бөлүгү уйгурлар. Азыркы күндө Шиңжанда 47 улут өкүлдөрү жашайт: уйгур, кытай, казак, дуңган, кыргыз, тажик, шибээ, өзбек, манжу, татар, орус... дегендей. Шиңжандагы адамдардын саны 13 миллиондон ашса, алардын басымдуу көпчүлүгү уйгурлар 6 млн го жакын, кытайлар 5 млндон ашык казактар 1 млн, кыргыздар 200 миң...

Уйгурлар менен Кыргыздар илгертеден канатташ сабакташ жашап келишкен, бирде чабыша кеткен, бирде табыша кеткен учурлар да болгон. Башка түрк элдеринин ичинде уйгур-кыргыз тили бири-бирине жакын. Уйгур тарыхындагы бир далай оң каармандардын түпкү теги кыргыз. Уйгурларда кымбат бааланган «Он эки мукам» аттуу «чертмектин» ар мукамы ондон ашык күүлөрдөн турат. Уйгурларда той тамаша өтө көңүлдүү өтөт. Той башталаарда музыканттар чертмектерин чертишип, ырчылар обон созушат. Куудулдарга да атайын кезек өткөрүшөт. Куудулдарды уйгурлар «кызыкчы», «чакчакчи» деп коюшат. «Чакчакчиден» соң бий бийленет. Бийчилердин белине жоолук байлап, топусуна акча кыстарышат, бул «өрүм» деп аталат. Өрүмгө түшкөн акчаларды музыканттарга бөлүп беришет.

Уйгурлардагы мындай салтка Оштун Араван районунда күбө болгон жайым бар: 1960-жылы командировкага барып калдым. Эл агартуу бөлүмүнүн башчысынын сунушу боюнча ардактуу отуруш тоюна катыштым. Музыка, ыр, бий... Таң-тамаша сыртта өтүп жатты. Бийчилердин баш кийминен, чөнтөк, куруна чейин илинген акчалардын көптүгүн айтпа.

Бир мезгилде комуз алдырып мени да ортого чакырышты. Көпчүлүктүн каалоосун кайтарбай Токтогулдун «Миң кыялын» сайратып жатам. Бийчилер күү ыргагында бийлеп жүрүшөт. Күү аяктаары менен илинген акчаларды бүт менин алдыма төгүп салышты. Адегенде өзүмдү ыңгайсыз сездим. Көпчүлүктүн суранычын – дүркүрөгөн кол чабууларды кыйбай экинчи жолу Ыбыкемдин «Паровозун» айдаттым. Бийчилер бу жолу да илинген акчаларды алдыма тартуу кылышты. Менин тарткынчактап турганымды айттырбай сезген той билермандары акчаларды баштыкка салып, конок үйүнө алып келип бергени али эсимде.

Кыргызстанда кыйла уйгурлар кыргыздар менен куда-сөөк, таяке-жээн болуп жашап келет. Боордошторубузду боорго тартып, жакшы салт, үрп-адаттарыбыздын үрөнүн сээп, эркин заманга кол кармашып барабыз. Рухий дөөлөттөрдү жоготуп жибербей, улуттук музыкабызды туу тутуп, бабалардын баскан изи менен жаңынып эсеп-чотун туура жүргүзсөк гана ырыс жылооломок.

**Радионун музыкалык «Алтын казынасындагы» боордоштук, тилектештикке арналган күүлөр:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Дутар күү | 9707 | 2’24 | Анарбай Эрмеков |
| 2 | Дутар күү | 3437 | 2’00 | Жакшыбай Жээнтаев |
| 3 | Дагыстан маршы | 3739 | 2’54 | Асанбай Каримов (чоордо) |
| 4 | Кытай күү | 2245 | 1’50 | Алтымыш Мундузбаев |
| 5 | Тажик күү | 1791 | 2’20 | Эркесары Бекбасаров |
| 6 | Түрк маршы | 8008 | 1’07 | Самсалы Аликеев |
| 7 | Дунган күү | – | – | Кебекбай Масылбаев |
| 8 | Кызай күү | – | – | Бейшен Бакиев |
| 9 | Шибээнин күүсү | 3880 | 1’10 | Абдыкадыр Жаналиев |
| 10 | Ногой күү | – | – | Токтогул Сатылганов |
| 11 | Фергана кайрыктары | – | – | Фархидин Баяков |
| 12 | Какшаалдан кат | 4125 | 0’50 | Зина Шайбекова |

# ДИНИЙ ИШЕНИМДЕР ЖАНА КҮҮ КАЙРЫКТАРЫ

Адам ата, Обо энеден бери келаткан турмуштун улуу жолу учу кыйырсыз, түбү түйүнсүз, өлчөөсүз, чексиз. Ошол улуу жолдо канча диний көз караштар, салт-санаттар, үрп-адатттар, идеялар жаралбады. Алар да бир тараптуу, бир кылка, бекем эмес, ар тараптуу ар жактуу, өзгөргүч, жаңылангыч. Улуу жол сыңары, Рух дүйнө да чети оюлгус. Рухтун ээси улут. Ар улут рухтун учугун үзбөй, устаттары шакирттерин маштап, ал устатка айланып, жаратман дүйнө уланып келет – уланып кете бермек.

Кылымдар бою колмо-кол да, дилме-дил муундан муунга өтүп келген рух казынасы. Рух сүзүлөт, бирок үзүлбөйт. Рух жолу сүзүлдү, бирок үзүлбөдү, муңду бирок муунбады. Ал каныбызда экен, жаныбызда экен, тилибизде экен, дилибизде экен. Ар кимибизге ар башкача келет экен, ар кимибизде ар башкача ойгонот экен. Сезет экенбиз, сезбейт экенбиз. Карманат экенбиз, карманбайт экенбиз. Эгер бардыгы кала берсе, келечек болмок эмес. Ал демек: бүгүңкүнү, өзүңдү, айланаңды ойлон, дагы бир ирет абай салып аңда деген кеп.

Кытайлык кыргыз тарыхчысы Анвар Байтурдун маалыматында Эне-Сай кыргыздары адепки коомдук түзүлүш баскычында, жаңы эранын 9-кылымдарында шаман динин колдонушкан. Шаман дининин көз караштары боюнча адамзат менен жаратылыштын үстүндө Көк Теңири, Күн Теңири, Жылдыз Теңири, Суу Теңири, Жер Теңири, От Теңири, Арбак Теңири деген тогуз Теңир болгон. Булардын ичинен Көк Теңири бүткүл адамзат тагдырын колуна кармап турган. Байыркы сактар, хунндар, түрктөр, уйсундар, наймандар, эштектер, кыпчактар, түрк урууларынан кыргыз, казак, өзбек, татар, жакут, канглы, чубаш элдери шаман динине ишенишкен. Бул дин Орол, Алтай, Сибир элдеринде өнүккөн.

Шаман дининдегилер асманга, айга, күнгө, тоого, сууга, кайнар булактарга сыйынып, зикир чалышкан.

Адамзат жаралгандан бери канча динди кабыл албады, ал дин аркылуу Жаратканга тооп кылышты. Кайсы динди албайлы, өз мезгилинде өзгөчө касиетке ээ болгонун эске салсак: дүйнө жүзүнө кеңири тарап, күнү бүгүн учу үзүлбөй уланып келаткан Будда дини. Анын соңунан Христиан дини, акыркысы Ислам дини аркылуу Кудай Теңирин таанып, пенде ыйман-ырашкерлик жоболорун жолдойт.

## Буддизм

Будда дини б. з. ч. VII-VI кылымдарда Индустанда пайда болгон. Кийин Тибетке, Монголияга, Индокытайга, Кытайга, Бирмага, Японияга жана айрым чыгыш өлкөлөрүнө тараган. Буддизмдин башаты – кайгы, азап чегүү жөнүндөгү илимге барып такалган. Анда туулгандан өлгөнгө чейинки жашоонун өзү «азап-тозок» деп таанылган. Азап деп, ар пенденин башына келген оору-сыркоону, карылыкты эсептеген. Адам баласы жашоо турмушунда сокур байланыштан арылган кезде гана кайгы менен азаптан кутулат деп болжошкон. Буддизмге таандык диний эмгектердин бири «Джаммапада» деп аталган. «Джамма» – окуу, ишеним, мыйзам, кубулуш дегенди түшүндүрсө, «пада» – ыкма, жол, негиз деген маанидеги турмуш сабагын сунуштайт. Айрым мисалдарды тарта кетели:

«Өзүнүн акмактыгын билген акмак ошонусу менен акылдуу, ал эми мен акылдуумун» деген акмак чыныгы акмак». «Асман мелжиген бийик асканы эч бир шамал ордунан козголто албайт. Акылмандарды да ар кандай мактоолор жамандоолор акылынан кебелтип койбойт». «Каадалуу карыяны ким ызаттаса, анын төрт жамасы: өмүрү, келбети, күч-кубаты, бактысы жогорулайт...»

## Будда-пайгамбар

Будданын өз аты Сидхартха Гаутама. Б. з. ч. 563-483-жылдары өмүр сүргөн, б.а. Индиянын эң байыркы тарыхый инсандарынан болгон. Гаутама элдин турмушунун оорчулугун, өлкөдөгү зөөкөрчүлүктүн, калктын караңгычылыгын, күчтүүлөрдүн күнү тууп, ур-токмок зөөкүрлөргө жаны кейип, жүрөгү сыздайт. Канткенде

адам абийирге адамкерчиликке, адилеттикке жетише алат?.. деген суроо үстүндө миң толгонуп, ойлонот...

Жыйырма тогуз жашка келгенде уруу башчы аксөөктүн баласы экенине карабай, падыша сарайындагы шаан-шөкөттүү турмушун таштап, аялы менен наристе баласын Теңирге табыштап, дербиш болуп, жөө-жалаң дүйнө кезип кетет.

Акырында ачуу-таттуу турмушта көзү ачылып, жан дүйнөсү жаңырып, адамзаттын акылман кеменгери-пайгамбары болуп келет. Будда-пайгамбар шакирттерин жыйнап, адамзаттын акыл сезиминдеги адамкерчилик, асылзаадылык, айкөлдүк жөнүндөгү жаңы окуусун жарыя салат. Бул окууну Борбордук Индияга жайылтып, биздин доорго чейин 483-жылы Индиянын азыркы Уттар Прадеш штатында дүйнөдөн өтөт.

Будданын шакирттери буддизм диний уюмун түзүп, бүтүндөй Индия аймагына жайылтышат. Буддизм беш зарылдыкты сунуш кылат: калп айтпоо, уурулук кылбоо, эч кимге жамандык санабоо, байлыкка умтулбоо, ичимдикке алдырбоо. Айрым диндерде Жаратканга жапырт туруп сыйынышса, буддизмде жекече сыйынуу башкы орунда турат.

Байыркы маданияттын дагы бир көрүнүшү – будда эстеликтери. Алар көбүнчө Ысык-Көлдүн айланасында топтолгон. Мисалы Тамгадагы чоң ташта «Оо, Кудай бере көр – Оммане падме хум» деген ыйык сөздөр жазылган. Ак-Өлөңдөн табылган жукача таштарга тибет, моңгол жазуулары чегилген. Бул жазмалар XVI-XVII кылымдарга, Жунгарлар дооруна тиешелүү экени айтылат. Археологиялык казуулар учурунда VII-VIII кылымдарга таандык буддалык храмдар, монастырлар, скульптуралык бейнелер табылган.

Байыркы кыргыз жергеси тарыхка бай, түркүн өмүрлөрдү, түркүн диндерди камтып турат. Ошондой түркүн өмүрлөрдү кыргыз эли да баштан кечиргенин – маданиятыбыз, үрп-адаттарыбыз, тилибиз, «Манас» дастаныбыз, комуз күүлөрүбүз далилдеп турат.

## Будда сабактарынан

Байлыкка үндөгөн адамга караганда, кемчиликти көрсөткөн адамды ээрчисең кор болбойсуң. Көп сүйлөгөндөр акылман эмес, эч кимди жек көрбөгөн, бирок эч кимден коркпогон адам акылман. Аары гүлдөрдүн ширесин сорот. Анын жытына, коздугуна эч бир

зыян келтирбейт. Адам да аары сыяктуу табиятка мамиле жасашты үйрөнүшү керек.

Ачууну сабырдуулук менен, жамандыкты жакшылык менен, зыкымдыкты марттык менен, калпты чындык менен жеңет.

Сөзүң таза болсо – өзүң тазасың. Өз айыбын жашырып, бирөөнүкүн элге жаюу – арамдык, ыпластык.

Жүрүмү жаман аял ыплас. Карасанатайлык кылган – эки дүйнөдө ыплас. Башкаларды зордоп эмес, ишендирип тарбиялоо – изгилик. Тили булбулдай сайрап турса да ичитар, кыйды адам жагымдуу болбойт. Калп сүйлөп, өз күнөөсүн тангандар тиги дүйнөдө тозокко түшөт. Бирөөнүн аялына көз артып бузгандардын жазасы тиги дүйнөдө тозокко түшөт.

## Христиан-несториандар

Кыргызстандан христиан-несториандардын эпитафиялык жазуулары бар эстелик таштардан 700дөн ашыгы табылган. Пишпек шаарынын түштүк тарабында Кара-Жыгач айлынын аймагында Тарсакент деген шаар болгону далилденген. Несториандар өлгөндөрдүн ар бирине эстелик таш коюп, ага аты-жөнүн жазышкан. Жазуунун ортосуна крест түшүрүлгөн. Ушул таштарда жергиликтүү түрк урууларынын өкүлдөрүнүн аттары да киргизилген. Несториандардын аренадан жок болуп кетишине себеп – ошол кезде күч алган ислам жана буддизм динчилеринин аракетинен болгон. Дүйнөдөгү эң таасирдүү диний китептер: Мукаддас (Библия), Забур (Псалтырь), Инжил, Куран-Карим. Мукаддас – алда канча мурда христиан디ниндегилер колдонгон ыйык китеп болгон.

Кайсы гана дин китептерин окубаңыз: аалам-табиятынын, адам затынын жаралышы, алардын дүйнө жүзүнө таралышы, дүйнөнүн башталышы, акыры, топон суу, кыямат кайым... баяндалып, жакшылык-жамандык, адалдык-арамдык, боорукерлик-ташбоорлук, тазалык-ыпыластык, мээрим-мээрездик, достук-кастык, жоомарттык-сараңдык.. сыяктуу жашоо-турмуш көрүнүштөрү камтылган. Диний китептердин кайсынысын гана албайлы, ыйман-илхам-ырашкерлик маселеси, адеп-ахлак-асыл нарк дөөлөттөрдү сактоо чакырыгы камтылган. «Библия» эки бөлүктөн турат: байыркы осуяттар, жаңы осуяттар. Байыркы осуяттар Христос туула электе жазылса, жаңы осуяттар Христос туулгандан кийинки

биринчи кылымда жарыкка келген. Жаңы осуяттагы расулдардын каттарынын мазмуну – христиандарга эле эмес жалпы адамзатка арналган. Андагы кудайдын сөзү акыр заман жөнүндөгү Ыйса Христостун окуусу инжил деп аталган.

Инжил – грекче «евангелион» же биздин тилде «жакшы кабар» дегенди билдирет. Ал кандай кабар? «Кудай дүйнөнү жаратып, ал үчүн жалгыз уулун ал тарапка жиберди. Жакшы кабарга ишенгендер өлбөсүн, түбөлүк өмүр сүрсүн»... (Иоанн 3:16). Инжил XX кылымда 500 тилге которулган. Бул китепти таратуучулар – христиан динине ишенгендер, Кудай алдында ак жашаган адамдар болуп эсептелген.

## Ислам дини

Ислам дини VII кылымда араб өлкөсүндө пайда болгон. IX-X к. баштап Орто Азия элдерине тарай баштаган. Кыргыз калкына XII-XIII кылымдарда тарыхый маданий тармактарда терең из калтыруу менен диний үрп-адаттарды кошо ала келген.

Адам атадан бери 224 пайгамбар болуптур. Куранда айтылганы – 25. Адам, Ыдырыс, Нух пайгамбарлардан бери Жакып, Жусуп, Муса пайгамбарлардын соңунан 24-пайгамбар – Иса. 25-орунда Мухаммед пайгамбардын ысымы аталат.

Мухаммед 570-жылы Мекеде төрөлгөн. Атасы Абдаллах соодагерчилик кылып жүрүп, Мухаммед төрөлөрдөн эки ай мурун кайтыш болгон. Энеси Амина Мухаммед төрт жашка чыкканда о дүйнө салат. Мухаммед жаштайынан кербен коштоп соодагерчилик кылып жүрүп 25 жашында жесир аял Хадичага үйлөнөт.

Хадистерде жазылгандай Мухаммед 633-жылы 63 жаш курагында дүйнө салат. Сөөгү Мединадагы мечитке коюлган. Мухамеддин артында эркектен тукум калбаптыр. Кызы Фатимадан Хасан, Хусейин деген уулдары Азирети Аалы шерден төрөлгөн (арабчасы Али Ибн Талип).

## Курандын пайда болушу

Куран – ислам динин турмушка ашыруудагы Кудайдын пенделерине жиберген ыйык осуяты болгон деп айтылат. Мухаммед 40 жашка келгенде Меккедеги араб урууларына кайрылып: «Бутпарас дининен кайтуу менен Алла-Таалага ишеним арткан

жаңы динди – ислам динин кабыл алуу үчүн Куран аяттарын үйрөнүүнү сунуштайт. Мухаммед пайгамбар аталып, жаңы ислам дини кабылдана баштагандан кийин анын ишин улантуучу халиф болуп Абу Бекир дайындалат (632-634-ж.). Экинчи халиф Умардын тушунда (634-644) Сирия, Мисир, Ирак калкы исламга баш ийдирилет. Мамлекеттик диний иштер Куран аяттарынын негизинде жүргүзүлөт. Үчүнчү халиф Осмондун тушунда (644-656) Куран бүткүл мусулман дүйнөсүнө тарай баштаган. Төртүнчү халиф Али ибн Абу Талип (656-661) тушунда араб тилинин грамматикасы, лексикасы, сөздүктөрү иштелип чыгып, Куран аяттары үлгү катары колдонулган.

Акындар: Фирдоуси, Низами, Омар Хаёми, Жами, Навои, Саади, Хафиз, Рудаки, Жусуп Баласагундун эмгектери Куранда жазылган тарыхый жазмалардан үлгү катары алынып, маданият үчүн түбөлүк мураска айланган адабий эстеликтерден.

## Вахабизм

Исламдагы жаңы агым. XVIII кылымда Аравияда пайда болгон. Жалгыз Кудайга сыйынуу керек, пайгамбарларга сыйынуу пайдасыз дешет. Мухаммед ибн Абу аль-Ваххаб 1703-жылы Уйайде соттун үй-бүлөсүндө туулган. Эр жеткенде бүткүл Аравияны жана коңшулаш мамлекеттерди кыдырып чыккан. Коомдук-саясий жагынан алып караганда ал бардык мусулмандардын бирдигин, исламдын жол-жоболорун жактап, ашыкча шаан-шөкөттү, байлык топтоону зыян катары эсептеген. XIX к. башталышында вахабизм Араб жарым аралынын бөлүктөрүндө, Индияга, Индонезияга, Чыгыш жана Түндүк Африкага тараган. Анын жактоочулары Араб эмираттарында, Азия, Африка өлкөлөрүндө да бар.

Вахабизмдин Кыргызстанда канча мүчөсү бар? деген суроо келген. Азырынча тактала элек. Биз билгенден, бул динди кабыл алгандар Кыргызстанда жокко эсе.

## Бахаи дини

Дүйнөдөгү эң жаш дин. 1844-жылы Иранда негизделген. Бүгүнкү күндө бул динди туткандар 5 миллиондон ашат. Дүйнө өлкөлөрүнүн ичинде 166 өлкөдө ишин улантууда. Башка диндер баарынан өздөрүн жогору баалап алдыга умтулууну каалашса,

бахаилер дүйнөдөгү диндердин биримдигин, адамдардын эркиндигин ураан салышат. Дүйнө бирөө гана, ааламды бир гана Кудай жараткан. Демек, «пенделер, жалгыз өз мекенинди сүйбөстөн бүткүл дүйнөдөгү жашоо-тириликти сүй» деген ибадатты сунуш кылышат. Эки күйөөгө турмушка чыгууга, эки аял алууга тыюу салат. Аял-эркек тең укуктуу. «Адамдар дүйнөсүнүн эки канаты бар: бири – аялдар, экинчиси – эркектер. Бир канаты менен куш уча албайт».

Баха Улла жекече жашоо жыргалчылыгынан баш тарткан. Ичимдик ичүүгө, баңги заттарга, кумар оюноого, ойноштук кылууга, уурулукка, ачуу тил агытууга, ушакчылыкка, кайырчылыкка, никесиз жашоо өткөрүүгө, кулдарды сатууга, жаныбарларды кырып жоюуга, колду өөп саламдашууга... тыюу салат.

Жылдын жаз айларында дүйнө жүзүндөгү христиан динин туткандар Пасханы – Иисус Христостун кайра тирилиши катары майрамдап келишет. Христиандардын ыйык китеби «Библияда»: Иисус Христостун тирилиши – ал Кудайдын уулу экендигин далилдейт. Иисус Христоско ишенүү адамдарды «акыр кыямат» күнүндөгү жазадан куткарат деген ишенимди жаратат. Иудей христиан чиркөөлөрүнүн дүйнөлүк Собору Пасхасынан бир жума өткөндөн кийин биринчи жекшембиликте майрамдоо жөнүндө чечим кабыл алган. Бул 4-8-апрелдин аралыгына туура келет.

## Думаналар

Думана – фарсы тилинде «дивона», кыргызчалатсак «ак уругандар». Ак – арабча хак (чындык, Кудай). Ак уруу – кыйкыруу. Мисалы: «Алло-о ху... – Алла, сенсиң Кудай, сенсиң...» деген мааниде. Байлыктан, барчылыктан кечип, бар-жокко каниет кылып, көр-дүйнөгө эгерим азгырылбаган, жарык дүйнө жыргалчылыгына тоюп, «о дүйнө» түбөлүгүн самаган, Кудайга кулдук уруу, Алла-Таала амирине сыйынт кылуу идеясын калайык калкка думаналар жайылтышкан.

## Дербиштер

Байыркы чыгыш ойчул-акындар эл кыдырып, жер кезген түбөлүк жолоочулардан болгон. Жегенге бир сындырым нан, ичкенге бир ууртам суу болсо, ошого ыраазы болуп, топук кылышкан...

Бирок аркы дүйнө-берки дүйнө арасын таамай айтып, болочокко ой жорушуп аны калайык калкка сунуш кылышкан... Дербиштердин чапандарындагы жамаачылар: этегиндеги, желкесиндеги, оң-сол далысындагы чүпүрөктөр өзүнчө сыр болгон.

## Сопулар – суфилер

«Суфилердин мечити жок, анын сыйынчу мечити жүрөгү» – дейт хазрет Инаят хан. Кылымдарды карыткан улуу классиктер: Руми, Фирдоуси, Жами, Низами, Саади, Омар Хаёми, Машраб, Кожо Насирдин суфилерден болгон. Думана, календерлер, дербиштер бул дүйнөнүн убаракерчилигинен безип, үй-бүлө күтпөй, өздөрүнүн диний ырларын обонго салып, аса-мусаларын шарактатып, өз бооруна ургулап, арасында «йа, хак!» («О жараткан!») деп ак уруп турган. «Дубанача ак уруу» деген сөз ушундан калган.

## Бүбү, бакшылар

Жин, шайтан, албарстыны кубалап, оорулууларды айыктырам дечүлөр бакшылар болгон. Бакшылар аялзатынан болсо, аларды «бүбүлөр» дешкен. Кара жиндүү бакшылар талмалуу же жин тийген оорулууларды адеп көргөндө эле жиндерин чакырып, чарк уруп, олуя-машаяктардын атын атап, мазарларды бирден санап кыйкырып, жактырган оттон секирип, андан барып оорулуу адамды аттап, арасында какыс-кукус кылып ургулап, кып-кызыл чокто кызарган ороктун мизин жалап, өкүрүк-бакырыкты салып, үйлөрдү тегерене чуркап, короодогу малдардын үстүнөн секирип өтүп... ушул кыймыл-аракеттери менен жинди болгондордун жинин кубалап, талма кармагандарды эсине келтиришкен.

Зикир чалуу арабча – «эске түшүрүү». Эшендер муруттары менен уй мүйүз тарта отуруп алышып, Кудайга жалынып кыйкырык салышат: «Я, Алла!» (О, Кудай!), «Я, хаййу!» (О тирүү жараткан!), «Я, каййум!» (О, түбүлүккө туруучу!), «Я каххар!» (О, каардуу Кудай!) ж.б. кыйкырыктарды кайталап, таң атканча зиркилдеп, кээде алдан тайып, эстери ооп, акырында жоошуп жатып калышкан.

Аса-Муса. Аса – арабча таяк. Муса – пайгамбардын аты. Муса (Моисей) касеттүү таягы менен Нил дарыясын чапканда экиге бөлүнүп, еврейлерди өткөрүп кеткен. Ошол сыйкырга байланыштуу

думаналар таягын «Аса-Муса» деп атап алышкан. Аса-Муса таягын көбүнчө думана, дербиштер календерлер пайдаланган.

«Думана жин ургандай элирип шалдыраган аса таягы менен көкүрөгүн күрсө-күрсө ургулап «йа-а хак!» деп зиркилдеп ак өргөөнү чарк айланды:

Оо пендем!
О күндө карындаштан кайыр кетер,
Хандан күч, карагайдан чайыр кетер.
Уул-кыз күн тийгенде буудан болуп,
Кайран эл, эсил журтуӊ шондо нетер?
Алла – хүп, Алло – хүп, Алло – хүп!..»

Аса таяк жасалуучу жыгач Кыргызстанда Чаткал, Суусамыр, Арсланбабда өсөт. Жыгачы кооз жана катуу болгондуктан календерлер кооздоп, бооруна темир тогоолор, чыгырыктар бекитип, силккенде шарактаган дабыш берүүгө ылайыкташтырылат. Таяк менен жерди, өздөрүнүн көкүрөк, боорлорун ургулап, музыкалык ыргак жаратышат. Аса-Мусанын өркүндөтүлгөн түрү бүгүнкү күндө музыкалык аспап катары ыр бий ансамблдеринде жана оркестрлерде да колдонулууда.

## Мазарлар

Кыргыз эли арабдар келгенге чейин эле отко, сууга, тоого, ташка, талга сыйынып, ислам динин кабыл алганга чейин шамандык ишенимде дарак, суу, күмбөздөрдү ыйык көрүп келишкен. Баланы Кудайдан тиленишкенде мазарларга барып, мал союп, түлөө кылып, жер, сууга, жыгачка сыйынганы жөнүндө X кылымдагы «Коркут-Ата» дастанында да айтылат.

Мазарлар асман менен байланышы бар өзүнчө касиетке эгедер жаратылыштын бир үзүмү деп эсептелген. Кыргызстандагы ошондой ыйык мазарлардан: Чолпон-Ата мазары. Венера (Чолпон) жылдызы менен байланышы бар, бейиштин нуру чачыраган жер. Манжыл-Ата мазары Тоӊ районундагы манасчылар мазары. Сулайман тоо мазары, Арстанбап мазары, Шамшыкал мазары, Тастар-Ата мазары...

Ар мазардын өзүнчө касиети, күчү, ишеними бар: Таласта Эчкилүү тоосунда кызыл кумдуу ураган аскалардан булак агат. Аны Нылды-Ата мазары деп коюшат. Бул жерге элдик дарыгерлер

зыярат кылышат. Аянттын үстүнө үч метр аса таяк орнотулган. Таякты ким орноткону белгисиз. Эл оозунда «Манас атанын таягы» да сакталууда.

Таякты жарга чыгып жулуп алабыз дегендердин бирлери ошо замат жан берсе, бирлери тил ооздон калып, эси ооп жардан кулаган деген имиш да тараган. Аса таякка жанаша чыккан арчаны кесип алмакка балта чапканда ошол жерден кан чыгып, чапкан адам ошол замат жан берген. Бул мазарга мал союп, куран окуп сыйынышат. Көп оруулар сакайып, төрөбөгөн келиндердин боюна бүткөн. Зыяратка келгендерге Манас-ата, кырк периште, кырк чилтен, кайберен кайыптар көрүнөт.

## Албарсты басуу

Фарсы сөзүнөн алынган: Албасты деген түшүнүктөгү «албарсты басыптыр» деген сөз көп колдонулчу. «Бою бир карыш, эки эмчеги тизесине тийген, чачы саксайган...» деп сүрөттөп да жиберүүчү. «Баланчанын келини төрөй албай толгоосу кыйын болду. Албарсты басса керек. Айла кеткенде «көзү ачык куучу» алдырып, ошондон кийин гана келин эсине келип төрөдү»... дешчү. Албарстынын өз көзү менен көргөнүн жомок кылып жобурагандар четтен чыкчу. Бүгүнкү күндө албарстыны көрмөк тургай, анын атын укпагандар толтура.

## Айдар думана

Женижок ырчынын Айдар деген аталары олуя думана болуптур. А дүйнө менен бу дүйнө ариетин Алланын амирине багыштап сайраганда – булбул болуп безеп, ак тайлак болуп боздоп, «ак» уруп келатканда уккан жан чыдай албай эрип, жаактууда болбогон укмуш доош менен Алланы жар салып, коңгуроодой үнү бир белден бир белге даана угулуп турчу дешет.

Женижок оролуна жетип турганда Бакайырды өрдөп баратып, коктудагы жалгыз талды айланчыктап, аттан түшпөй жалгыздыгын кошуп жарым күн ырдаган дешет. Жаратылыш кысасын ыйык туткан адам көөдөнүн тепкен көксөөсүн сөз бермети менен ачыкка чыгарып, Аллага жалбарып, ошол аянычтуу тагдырын адам пендесине бербесин деген ниетте арманын арткы муундарга насыйкат кылып калтырган.

## Муратбек бакшы

Муратбек бакшы тиричилик кылып, боз эшегин тепеңдетип, ичинен ар нерсени кобурап, тоого бет алат. Аңгыча капталынан шырп эткен дабышты уга жалт караса тикесинен тик турган карачаар жылан. Эшегинин үстүндө отурган тейден бакшы жылан менен арбашууга өтөт. Жылан да көзүн ирмебей тилин чыгара соймоңдотуп чай кайнамга тиктешип турушат. Экөөнүн тең шайманы кетип, ооздору араң кыбырап калат. Бул арбашууда бири-биринин аттарын табуу керек. «Өлөт деген ушу тура!» деген ой думанада. Эшектин чылбыры колунан чыгып, камчысы жерге түшөт. Ошондон улам «чылбыр»... «камчы»... деген сөздөр бакшынын оозуна келет. «Камчы» деп айтылар замат жылан акыркы жолу тилин соймоңдотуп шалак этип жерге кулайт. Көрсө, жыландын аты Камчы тура. Ичи жарылып, өлүп жаткан жыланды бир карап, бакшы эшегине минип жөнөп кетет.

## Муса бакшы

Капкагынан жарака кеткен эски комузун колтугуна кысып, зикир чалган думанадай күнгүрөнгөн, орто жаштан ооп калган адам жыңайлак бутуна жыртык кепичин салып, кыска багалегинен толорсугу кызаңдап, көз кашын төгүп турду.

– Бул ким деп сураштырсам, Муса бакшы дешти. – Көрүнгөндүн ырын ырдап, көз жашын көлдөтүп жүргөн бечара. Кузгундун тарпын көрсө да ыйлап өтөт. Өлгөн кийикке да куран окуп ыйлап, дуба кылат.

Күтпөгөн жерден Муса ырчы менен да тааныштым. Ал өз ырларын деле «элдики» деп, ырдай берет экен.

– Мен ырдап жүрүп «бакшы», «думана» атыктым. Комузумдун капкагы жок, өзүмдүн аппагым жок. Чын сөздү эчким укпасын, сынык комуз уктасын. Жетип калсаң каттап ал, жетпей калсаң жаттап ал, – деп күңүрт добушта ыр мөндүрүн төгө баштады.

## Кудаке бакшы

Кудаке калмак бакшысынын кийимин кийип, таягын колуна кармап, айыл четине жакындады. Топтошуп турган калмактар бакшынын алдын утурлашты. Калмактар кара жиндүү бакшыны

аябай урматташкан. Элдин айтымына караганда, калмак бакшылары шамшарды отко кызартып, аны тили менен жалашкан. Кудакеде андай касиет кайдан болсун? Жөнөкөй шаман катары калмактардын колуна түшүп кеткен туугандарын таап, ага кездешүү амалы гана болучу.

Калмактар: «абирибанты!» – дешип алгач бакшы менен саламдашты. Кудаке: «мендирибанты!» – деп алик алып, таягын жерге тык эткизе бир урду эле, таякка кырка байланган темирлер шалдыр-шулдур добуш чыгарды.

Келген думананы калмактар бир чоң боз үйгө киргизишти. Бойго жетип калган сулууча кыз чыдабай чабалактап жаткан. Кудаке «думана» таягын шалдыратып кызды үч жолу аттап, анан үйдүн эр жагына барып чөк түштү. Үйдүн ээси көк ала сакал калмак айылдын чоң байы экен...

Кудаке кадимки шаман-бакшылардай кызды окуп кирди. Кудайдын кудуретине тобо! Кыз эртең менен айыгып, баш көтөрүп калды.[129]

## Качканак бакшы

1924-жылы туулган чаткалдык комузчу-ырчы Салибай уулу Качканак 1995-жылы жазында сураштырып отуруп, Бишкекке биздин үйгө келиптир. Чыгармачылык багытта коно жатып маектешүүлөр болду. Карамолдо, Чалагызды көргөнүн кубануу менен кеп салып отурду. «Комуз чабышты Чалагыздан үйрөндүм» дейт. Сөз арасында: «Каракалпак эли Качканак акынды «бакшы» деп аташканын, ал жакта Курманбай, Молдобай аттуу бакшылар устаттары экенин, өзүн билгендер «жаш бакшы» деп атаарын айта отуруп, өткөндө Шаамашур думана калмак кызы Гүлгаакыны мусулман динине киргизгендиги жөнүндө окуяны ыр менен жарым саатча айтып, комуз күүсүндө чертти:

«Бай кыл» деймин, Гүлгаакы,
«Бай кыл» деймин, Гүлгаакы.
Бакыл динден бер жакка,
«Кайрыл» деймин, Гүлгаакы.
Шаамашурдун көңүлүн
«Жай кыл» деймин, Гүлгаакы!

129 Ж. Кенчиев. Бабалар баяны. – Б., 2002. 32-бет.

Анталаху-у ханалла,
Астираку жалал-ла.
Алхун хаким хайрул-ла,
Нуру хакым сайрол-ла.
Илайлахо илал-ла,
Мухамедаро сурул-ло...»

## Осмон табып

Осмон табып суурду тирүүлөй карматып келип, союп, этин сөөгүнөн ажыратып, майын терисине кетирбей сыйырып, курч бычак менен эки элидей тилдирди. Ошол этти оорулуу энемдин муундарына коюп, ышкындын болжурасы менен бастырып таңып берди. Анын соңунан атам экөөбүз терип келген сөөлжандарды суугa салдырып, 4-5 ирет чакадагы сууну алмаштыра жуудурду. Сөөлжандар аппак кесмеге окшоп калды. Энеме бир кашыткап үч маал берет. Андан кийин улар аттырып келип бышырып, этин жедирбей сорпосун ичирди. Бир жумадан кийин энем кулaндан соо айыгып кетти, өлөр өлгүчө оорубады.

Мен Осмон чоң атамды олуя катары да сезчүмүн. Анын уулу Бектур чоң комузчу болгон. Бектурдун уулу Шыгай да кесипчилик окуу жайында мугалим, чоң санжырачы, комузчу. Атасынын күүлөрүн, анын ичинде «Бакшылардын бийин» унут калтырбай чертип жүрөт.

Байыртан бабалар мураска калтырган диний осуяттар, ырым-жырымдар басма сөз, үналгы-сыналгы уктуруулары аркылуу, ошондой эле, аспаптык күүлөрдө журтчулукка кулак кагыш кылып келаткандыгы белгилүү. Алардын айрымдарын алдыга тартсак, күү күйөрмандары үчүн күтүүсүз жаңылык болор.

## Кара жин бакшы

Башында шоңшойгон күлө. Ар түркүн куш канатын сайынган, этек-жеңи самсаалаган, колундагы дабылын шалдыркандуу таягы менен «дүңк!» уруп ордунан ыргып турат. Бул «көзү ачык» атанган кара жин бакшыны нөкөрлөр: «эми не түрлүү сыр көрсөтөр экен» деп, үрөйү учуп карашат. Кара жин бакшы өргөө ичинде ким бар экенин унутуп, эми эч ким көзүнө көрүнбөй, так түйүлүп секирип, шалдыркандуу таягын көккө көтөрө силккилеп, дабылын

дүңкүлдөтө уруп, ошол жактан бирөө түшүп келе жаткандай чамгаракты мисирейе тиктеп, үнү коркунучтуу каргылданып, бүт денеси калчылдап, жин чакыра баштайт:

– Э-эй!.. Уа-ай!..
Карды салык, кара нар,
Тарпаң уруп келе көр!
Келип көмөк бере көр!..
Тел мүйүздүү, ак жыла-ан,
Тегирчектей тегерен, э-эй!..
Керней баштуу кер жылан,
Сурнай баштуу сур жылан,
Атылып чык жебеден.
Желден бүткөн балбан кыз,
Эки эмчеги салбаң кыз,
Желип чыгып келе көр,
Жердин жети катар түбүнөн, э-эй!..

Кара жин бакшы чамгарактын желбоосуна секирип жабышып, өйдө карай тырмышып, өргөөнүн бир капшытынан бир капшытына селкинчек тээп өтүп, «карды салык кара нарын», «эки эмчеги салбаң кызын» «тел мүйүздүү ак жылаанын» чакырып, керегенин башында. Улам күчөп, жиндери чакырыгына келген сыяктуу, өзүнөн-өзү кубат алып, секиргени жеп-жеңил, кыйкырыгы бийик чыгат.

Кагандан башка бир киши баш көтөрбөйт. Баары эки ийнин кысып, кара жин бакшынын назарына илинбөөгө биринен-бири бечара болуп, бирине-бири ыктап, жүрөктөрү дүкүлдөйт. Кара жин бакшы алардын үстүнөн жорудай каркылдап, так секирип аттап, капилет жерден кайра кайрылып, кай бирөөнү үңүлө тиктей калып, башын чайкап кайра кетет. Бул каган үчүн ичи кара душманын издөө экенин нөөкөрлөр жакшы билет. Кара жин бакшы каганга жакын отурган нөөкөрдү имерчиктеп, бирде кабагын түйүп, качырган иттей ырылдап, сөөмөйү менен көрсөтүп зиркилдейт:

Э-эй!.. Заары турат жүзүндө э-эй!
Чаары турат көзүндө-ө!.. Э-эй!

Эки көзү чекчейип, өңү кубарып, нөөкөр ар кимге алактай карап, жардам тилеп, кара жин бакшынын айбатынан сестенип, көчүгү менен жылып кетенчиктеп, кагандын артына жашынат.

Каган кол шилтейт. Ошол замат босогодо турган жоокер нөкөрдү желкеден алган бойдон эшикке дыркырата сүйрөп жөнөйт. Кара жин бакшы ансайын чакчырылып, нары-бери секирип, бутундагы чарыктарын чечип ыргытып, ортодогу чоктуу очокту кечет. Отко мурдатан салдырып койгон кып кызыл орокту алып, тили менен жалай баштайт. Ороктон шырылдап буу чыгат. Кара жин бакшы орокту кагандын башынан тегеретип ыргытат. Акырында куу арчага от коюп:

«Алас-алас! Ар балаадан калас!..» деп күпүлдөп, өргөө ичин кыдырат.[130]

## Букарлык Кулдумананын зикири

Радионун музыкалык «Алтын казынасында» аксакал комузчу Самсалы Аликеев 1962-жылы тапшырган күү «Букарлык Кулдумананын зикири» деп аталат. Ч. Өмүралиевдин «Жазылык Кулкожакметтин зикири» аттуу макаласында окуя аталган күү баянына төп келишип тургандыгын эске алсак, канча доорду карытып, азыркы учурга келип жеткен комуз күүлөрүндөгү кайрыктарга «тообо» келтирсек болот.

2002-жылы октябрь айында атайын сурамжылап, Бишкек шаарынан Байтик айлына атактуу комузчу Самсалы Аликеевдин уулу Эркин биздин үйгө келди. Күтүүсүз меймандар менен ысык мамиледе учураштык, тааныштык, аңгемелештик. Эркин аксакал атасы Самсалы жана анын чыгармачылыгы туурасында, айрым күүлөрүнүн жаралышы тууралуу билгендерин айтып отурду. Кеп төркүнү «Букарлык Кулдумананын зикири», «Кусей дumананын зикири» күүлөрүнө такалганда: «Букарыбы, Ташкениби, Коконубу, айтор кайдан жайдан келген думаналар, бакшылар (жыңайлактары да бар) Нарын тарапка көп келишчү, — дейт маектешим, — биз жаштыгыбызданбы, аларды анча таназар алчу эмес элек. Атам Самсалы болсо, атайы чакыртып келип, мусулманчылык адеп-ахлак темасында чер жаза сүйлөшүп, ак уруп, зикир чалганына байкоо салып, айрым урунттууларын комуз кайрыгына колдоноор эле. Атамдын устаты кадимки комузчу Кудайберген-билгинин да думаналар менен ымаласы күчтүү болгон. Балким атамдын думаналардын зикирин күүгө салышына устатынын таасири тийгендир.

130. Т. Касымбеков. Кел-кел. – Ф., 1990. 648-649-беттер.

Жазылык Кул-Кожо-Акмат качан туулганы белгисиз, 1166-жылы өлгөндүгү айтылат. Атасы Ыбрайым да шайык болгон. Аксак Темир устатына арнап Арсланбапка күмбөз курдурган дешет. Бул олуя шайыктын «Насыяттар жыйнагы» аттуу эмгеги мусулманчылыкта эле эмес буддизм, даосизм менен да өзөктөшүп, накыл айтуучу «Акыл китеп» болгондуктан, андагы түрмөктөрдүн бир нече саптарын окурмандарга сунуш кылалы:

«Бисмилла» деп, баян башы хикмет айтып,
Таалиптерге дүр-дүйнө чачтым мына.

Адал ишим жан дүйнөмдө билинбеди,
«Зикир айт!» деп, бардык мүчөм дирилдеди.

Моюн сунуп, орозону туттум айда,
Күндүр-түндүр зикир айттым бардык жайда.

Он жашыңда Кул-Кожо-Акмат, болдуң улан,
Кожолукка моюн сундуң, окуп куран.
Отуз беште мечиттердин доорун сүрдүм,
Таалиптирге ышкы-дүкөн ала жүрдүм.

Кул-Кожо-Акмат, кыркка кирдиң напсиңди тый,
Ыйла мында. Акыретте көргүнүң сый.

Кырк тогузда ышкы келди күйүп-жандым,
Үйсүз жайсыз Актан сабак алдым мына.

Көпөлөктөй жандан кечип, отту сүйүп,
Дартка толдуң, жинди болдуң тартып күйүт.

Шакир кулдар, зикир айтып ыйла, күлгүн,
Ыйманы жок ышкысыздар салса бүлгүн.

Көзү тойбойт бүт байлыкты алышкандар,
Таз жорудай арамга бут салышкандар.

Молдо, муфтий жалган дуба кылышкан чын,
Акты кара кылып, анан тынышкан чын.

Пара менен арамдыкты таткан аким,
Өз бармагын коркуп тиштеп жаткан аким.

Мискин Акмат, каухардай жаны да, каны да,
Анын жайы-жомокто. Жок үй-жайы там-ташы да...

Суфизмдин түрк элиндеги өкүлү түрк сопуларынын атасы Кулкожакмат XVI-XVII кылымдар аралыгында жашаган. Туулган жери – Йасы шаары, кийин Түркстан аталган. Атактуу сопу Арслан баба Кулкожакматтын устаты. Кулкожакмат Түркстан шаарына келип, өзүнүн мектебин ачат. Суфизм эрежелерине түрк элинин адеп-ахлак, салт-санааларын эптүү кыйыштырып, зикир салуу сыяктуу ырым-жырымдарды түрк тилде жазууга жол ачат. Тогуз жүз жылдай түрк мусулмандарынын акыл-сезиминде түнөк таап келаткан хикметтерин сопулук эрежелерин жазат. Алланын атын атап, сүкүт салып, күү күүлөп, зикир чалып, акырында өзүн унутуп коюп, көзү ачылат, акты таанийт. Кулкожакматка жанаша жана соңунан ээрчий чыккан түрк олуя машаяктары: Сулайман Бакыргани, Улукман Паренде, Искак Баба, Ахмед Саид ж.б. болгон. Кулкожакмат хикметтери ак жолго дит бурган адамдарга багытталган. Сүкүт салганда же зикир чалганда, ак урганда кайра-кайра кайталана берген. Аны өз кереметинде туюш үчүн түпнускадан бир келки мисал алалы:

«Бисмилла» деп, баян башы хикмет айтып,
Таалиптерге дүр көөхар чачтым мына.

Көр-дүйнө катуу тартип кан-зар жутуп,
Дептер баштап, ыйык сыр ачтым мына.

Үммөт болсоң, карып жайын тута билгин,
Аят адис – ар ким айтса уга билгин.
Тагдыр Алла не сыр кылса туя билгин,
Тунук тунуп шок шарабын ичтим мына.

Сүннөт жайын бекем тутуп, үммөт болдум,
Жер алдына жалгыз кирип, нурга толдум.
Акка ийилип, ыкыбалына моюн сундум,
Куу напсини тумчуктуруп, бастым мына.

Жол үстүндө олтуруп, жолду сүргөн дербиштер,
Кыямат жайын эшитип, жолго кирген дербиштер.

Аса-муса ийнинде, куудур куру белинде,
Алла жаады тилинде, хак! хак! деген дербиштер.

Жамынганы кир чапан, жадында жок ол жахан,
Таркы кылып бул жахан, таштап кеткен дербиштер.

Актын кулу дербиштер, акыйкатты билгендер,
Ак сырына тилмерлер, айкын жолго киргендер.

Казы, имам болгондор, калптын дилин соргондор,
Жоор эшекке айланып, жондо жүгү болгондор.

Кулкожакмат билгейсиң, Ак жолуна киргейсиң,
Ак дидарын көргөйсүң. Актын жолу – өчпөс нур!..

Субхан Алла өзүдүр, Хак Мустапа көзүдүр,
Бабаш Арслан ээсидир – шайыгым Ахмад Йассаби.

Жазы суунун арасы, жанат каухар парасы,
Машайыктар сарасы – шайнагым Ахмад Йассаби...

Актын изин табыш арзанга турбайт. Ал үчүн адамдын жан дүйнөсүнө адалдыктын, аруулуктун, ыймандын уруктарын себүү керек. Ал үчүн Кудайдын кудуретине тооп кылар усулдук жолдоолор: сопулук, табыпчылык, гипноз психотерапиясын алып жүрүүчү рух ээлери – думана, бакшы, сопу, кечил, мейли йог же даос, будда, христиан болобу баары бир, Алла Таала амирине баруучу жарык окууларды изилдей турган илимий борбордун иштеп турушу зарылдыр. Ошондо гана азыркы замандын кеселдери: ачкөздүк, алдамчылык, аягы суюктук, баңгилик, аракечтик, кайдыгерлик, өзүмчүлдүк, азгырык буулмак. Канча доорду карытып, калкыбыздын маданий дөөлөтүнө илинген «Букарлык Кулдумана зикири» күүсүнүн радионун музыкалык «Алтын казынасына» алынышы улут руху үчүн олжо, эң сонун табылга.

## Калдык думана

Элдик оозеки чыгармаларды топтоп, айрымдарын Кыргыз Илимдер Академиясынынын кол жазмалар бөлүмүнө тапшырып, карылыгына карабай комузчулардын сынактарына катышып, күү өнөрүнө жан дили менен берилген чыгармачыл адамдардын бири Өзбек Рысбеков менен Кара-Көл шаарында таанышкам. Кийин 1990-жылдары ат арытып, атайын Фрунзедеги үйүмө келиптир. Көптөгөн күү даректерине да өзүнүн көз караштары бар экен. Алардын бири «Кулпенде» кабарын айта отуруп, комузда чертип берген. Биздин өрөөндө аса-мусасына жыландын башын же баканы илип алып, шаркылдатып «кыйту-у! – «куйту-у!» деп кыйкырып жүрө берген думана бар эле. Аты Калдык, бирок эл «Кыйту-куйту

думана» дешчү. Атам кеп кылуучу: Күндөрдүн биринде Токтогул келди» деп калышты. Топтун ичинде «Кыйту-куйту» думана зикир чалып, өнөрүн көрсөтүп жаткан. Током нарыда атын токтотуп, думананын ар кыймылына байкоо салып турат. «Капырай, Током думананы көрө элек беле, түшө бербейби», — дегендер да болду бери жакта.

— О жарыктык Токо, бери келиңиз, неге туруп калдыңыз элдин четинде? — деп, бир-экөө чуркап барып, тизгинге кол созду эле, Током колун шилтеп козголчу түрү жок, думанадан көзүн албайт.

Коломолуу кол баштап,
Жүрөм дээрсиң, көр-пендем.
Алдо хүй, Алдо хүй, Алдо хүй!
Алтын такка чалкалап,
Минем дээрсиң, көр-пендем,
Алдо хүй, Алдо хүй, Алдо хүй!

Тайыганда ооматың,
Тагың калар, көр-пендем!
Тамашага карк болгон,
Сабың калар, көр-пендем!
Алдо хүй, Алдо хүй, Алдо хүй!

Эки тоонун боорунда,
Элик төлдөп жатыры.
Эл-журтуна жук болбой,
Эрендердин акылы.
Эрөөлдөшүп түгөнөр,
Бул дүйнөнүн акыры.
Алдо хүй, Алдо хүй, Алдо хүй!

Думананын зикири аяктаганда гана Током атынан түшүп, думана менен учурашып, комузун колуна алып, аса-таяктай думанача төшүнө ургулап, зикир чалып, ак уруп, оозунан ак көбүк буркулдатып, думана элге «көр-пендем» деп кайрылса, Током думанага «Кулпендем» деп кайрылып, зикир чалып кирди дейт:

Кулпендем, шакылдайсың тирүүндө,
Кулпендем, шалдаярсың өлгөндө.
Алдо хүй, Алдо хүй, Алдо хүй!
Кулпендем, шылкылдайсың тирүүңдө,

Кулпендем, шылкыясың өлгөндө.
Алдо хүй, Алдо хүй, Алдо хүй!
Кулпендем, жыргап өткүн тирүүңдө,
Кулпендем, жыла албайсың өлгөндө!
Алдо хүй, Алдо хүй, Алдо хүй!

Кулпендем, эшиги жок, төрү жок,
Кулпендем, эндей үйгө кирерсиң.
Алдо хүй, Алдо хүй, Алдо хүй!
Кулпендем, этеги жок, жеңи жок,
Кулпендем, эндей «торко» киерсиң!
Алдо хүй, Алдо хүй, Алдо хүй!
Кулпендем, эки келбес дүйнөдө,
Кулпендем, эркин доорон сүрөрсүң!
Алдо хүй, Алдо хүй, Алдо хүй!

Калдык думана Токомдун өнөрүнө өктөөсү каныш, ыраазы болуп, аса таягын шаркылдатып андан ары жолун улады дейт. Карап тургандар: «Ап баракелде-е Токо, өнөргө айла жок экен. Ак урушуң жарады, Алла Таала ишиңди оңдосун, О-оомийин!» – деп бата беришти. Токомдун «Кулпендеси» бакшылардын зикириндей күнү бүгүн ыр-күүдө аткарылып келет.

## Шаамашуруп олуя

1995-жылы жаз айында чаткалдык өнөрпоз, акын ырчы Салибай уулу Качканак мени таап келип, дароо эле төгүп кирди:

Эми көрдүм шаарыңды,
Көңүлгө алдым баарыңды.
Узак четте жүргөндөн,
Карыя калкын сагынды.
Менин да бактым бар экен,
Жанымда Асандай иним табылды.
Карыянын тилеги:
Кудайым аман койсун жаныңды.

Анча-мынча казалды,
Айтамын калкым, баарыңа.
Тойго барган кезимде,
Комузум турат табында...

Төкмөлүк ыр нөшөрүнөн соӊ, о, бир оокумда күү дүйнөсүнө да кезек өткөрүп, «Гүлгаакы» баянына токтолуп, бул элдик чыгарманы «Шаамашур олуя» атап, анын баянына төмөӊдөгүчө токтолду:

«Шаамашур Наманганда туулган, кийин Кашкарга барып, Аппак кожого жолугуп, алтымыш думананын ичинде акка моюн сунуп, акырында «Олуя машайык» аталган. Мединада бир олуя о дүйнө өтүп кеткенде ал жакка барып, олуялык осуятын ортого салып кайра келет. Дагы бир жылдар аралыгында Аппак кожо Шаамашурга: «Таласта кыргыз деген эл бар. Өлкөсүн Коӊтаажы деген калмак башкарат. Алардын дини башка. Калмактарды мусулман динине киргизиштин бир амалы бар. Ал: Коӊтаажынын кызы Гүлгаакыны колго алып, мусулманчылыкка көндүрүш. Бул ишке сен гана жарайсыӊ. Кана барасыӊбы? – дейт.

– Барам, – дейт токтолбой Шаамашур.

Шаамашуруп Таласка келип, Коӊтаажынын төөсүн кайтарып калат. Бара-бара Гүлгаакы менен таанышып, өзүнүн ашыклык сүйүүсүн ортого салат. Гүлгаакы да Шаамашурдун олуялыгына башын ийип, сунушун кабыл алат. Эки ашыктын ортосундагы бул байланышты билген Коӊтаажы Шаамашурду өлтүрмөк болуп, шылтоо таап, буйрук берет: «Карасайга алпарып миӊ койду багасыӊ, бардыгын эгиз туудурасыӊ. Эгер бирөө жалкы тууса башыӊды аламын». Шаамашур бул буйрукка каяша кылбайт, макул болот.

Карасайга кар түшпөй, жылуулуктан чөп куурабай, көгөрүп тургандыктан койлор бүт эттүү чыгат, туут малында эгиз козулар талааны каптайт. Эки миӊден ашык козуларын эмизген миӊ койду Коӊтаажынын алдына айдап келет.

– Сенин диниӊ таза, дилиӊ ак экен. Колдоочуӊ бир Кудай болсо кантмекмин. Айла жок! – деп, Гүлгаакыга мунаажат берет. Шаамашур ыр менен Гүлгаакыга кубанычын айтып турган жери:

Анталлоху ханалла,
Астиракун жалалла!
Алхун хаким хайрулла,
Нурул хаким сайролла,
Илайла-хо иллал-ла!

«Жаным» дедим, Гүлгаакы,
«Жаным» дедим, Гүлгаакы.
Жанатта бир болобуз,
Каным менин, Гүлгаакы!

«Бай кыл» дедим, Гүлгаакы,
«Бай кыл» дедим, Гүлгаакы.
Башыӊ менен бер жакка,
Кайрыл дедим, Гүлгаакы.
Машрааптын көӊүлүн,
Жай кыл дедим, Гүлгаакы!..

Шаамашур-маашарап комузчу да, акын да болгон. Үйлөнгөндөн кийин ажыга жөнөп кетет. Мединага барып, зыяраты кабыл болуп, азизи кабылданган» – деп, Качканак ырын аяктаган. «Гүлгаакы» баяны «Кыргыз күүлөрү» китептин II бөлүгүндө толук берилген.

## Айтымдар

Нооруз биздин заманга чейин IV кылымдан мурда пайда болуп, дүйнөдөгү эӊ байыркы дин зардушта (зороастризмде) иштелип чыккан. Бул динде бейиш, тозок, тиги дүйнө-бу дүйнө, акыреттеги сот, адамдардын кайра тирилиши жөнүндө сөз болот. Бул динди Зардуш пайгамбар негиздеген деген уламыш бар. Зардуш пайгамбар таш, коло доорунда, башкача айтканда б. з. ч. 1500-1200-жылдарда жашаган. Бул адамдын ысымы Зороастра деген менен байыркы гректер аркылуу тараган. Нооруз – күн менен түн теӊелген мезгилде өткөрүлүп келет. Фарсы тилинде «нав» – жаӊы, «руз» – күн дегенди билдирет. Фарсыларда отко таазим кылуу ырымдары жаралган. Кыргызда «отко түкүрбө, күлдү тебелебе» ырым-жырымы ушундан калса керек. Ноорузду майрамдоо ислам динине чейин эле ишке ашырылып келген.

Нооруз майрамына чейин бүт көчөлөр, короо-жайлар ыпыр-сыпыр, таштандылардан тазаланат. Бир жума же он күн мурда сүмөлөккө даярдык көрүлүп, чоӊ табакка-чараларга буудай өндүрүлөт. Тооктун жумурткалары жарыкчылыктын белгиси катары кызыл, жаз мезгилинин символу катары жашыл боёкторго боёлот. Атайын табак идиште өндүрүлгөн буудайдын көк соёсу – даны сокуга жанчылып, андан алынган ширеге ун кошуп казанга кайнатылат. Бул ишчара кеч күүгүмдөн таӊ аппак атканга чейин уланып, тамактын бул түрү «сүмөлөк» парс тилинде «саману» («өндүрүлгөн буудай») дегенди билдирет. Сүмөлөк кайнаткан жерде уктоо болбойт, ырдап бийлешип кадыр түн тосушат. Нооруз майрамынын дагы бир артыкчылыгы – мурда жоолашып, кектешип келгендер элдешүүгө бет бурушат. Ноорузда жаӊы кийим кийип,

жакшы тилектер айтылат. Арча-адырашман түтөтүп, «алас-аластап» сасык тумоо, ооруу-сыркоолорду кууп салуу ишараты жасалат. Нооруз майрамына арналган жети даам:

1. Түн күзөтүп кайнаткан,
   Түбүн козгоп айланткан.
   Кандай таттуу Сүмөлөк,
   Канттан, балдан, каймактан.

2. Эгин зардан аңыздан,
   Эргип терип алышкан.
   Сымалактан чырыштан,
   Самса, манты кылышкан.

3. Очокто от чачырап,
   Кууруп жатат батыраак.
   Даярдады жеңекем,
   Жүгөрүдөн бадырак.

4. Эптүү жан го, энекем,
   Ээрчип алган мен экем.
   Талкан көөлөп каймакка
   «Татып көр» — дейт — берекем».

5. Убагында уюнун,
   Уузун саап эрикпей,
   Үй бүлөгө бышырды,
   Укмуш татты эжигей.

6. Дасторконго бал таткан,
   Ширин күрүч коюлду.
   Ооз тие электе
   Ортосу бүт оюлду.

7. Дүүлүктүрүп ууртту,
   Шилекейди чууртту.
   Эмал табак калдырап,
   Эзип жатты курутту.

**Сүмөлөк айтымы**

Ар дасторкон түрлөнөт,
Аштын көркү сүмөлөк.

Жашыл майса жараткан,
Жаздын көркү сүмөлөк.
Кайнап борк-борк сүмөлөк
Казан тынбай көөлөнөт.
Кырк эки таш шыгырайт
Кыйырга нур үвөлөп,

Берекени үймөлөп,
Бардык иши күүлөнөт.
Бапыраган токчулук,
Баштын куту сүмөлөк.
Ак терекпи, көк терек,
Ак чөлмөк көп керек.
Өлөң айтыш, селкинчек,
Өнөгөлөр төп келет.
Кыз куу, эңиш, көкбөрү,
Кыргыз салты өсмөлөк.
Кыз көчүрмөй, эр сайыш,
Кызык «жаар-жаар» көздөлөт.
Ырыска союп үймөлөп,
Ыйык овкат сүмөлөк.
Ар бир үйдө дасторкон,
Ажайып көп түрлөнөт.
Кайнап борк-борк сүмөлөк,
Казан тынбай көөлөнөт.
Алтымыш таш шыгырайт,
Аллах нурун үвөлөп.

**Алас-алас!**

Алас, алас, алас!
Ар балээден калас!
Эски жыл кетти,
Жаңы жыл келди,
Жакшылыкты Теңир берди.
Жарык күндү кеңири берди.

«Алас, алас, алас!
Ар балээден калас!
Жаңы жылым жалгап,
Жакшылыкка жанаш!

Очоктон отуң өчпөсүн!
Оору-сыркоо жетпесин!
Казандан сүт, май кетпесин,
Кайгы-каскак жетпесин!

Алас, алас, алас!
Ар балээден калас!
Жаңы жылым жалгап,
Жакшылыкка жанаш!

Жашыбызга жаш жалга!
Башыбызга баш жалга!
Жайыт толо мал болсун!
Жараткан өзү жар болсун!

Алас, алас, алас!
Ар балээден калас!
Жаңы жылым жалгап,
Жакшылыкка жанаш!

Желин жарып сүт чыксын!
Жер жарылып, көк чыксын;
Эгин-тегин бул жылы,
Эски жылдан көп чыксын!

Көңүлү бузук оңбосун!
Көкө-Теңир колдосун!
Касташкан жоо болбосун!
Баабедин өзү колдосун!

Алас, алас, алас!
Ар балээден калас!
Жаңы жылым жалгап,
Жакшылыкка жанаш!..

Алас, алас, алас!
Арам ойлордон кач!
Аалам жолун акылгөйлүк термесин!
«Нооруз ыры» обон созуп дүйнөгө,
«Нооруз күүсү» оболосун, жердешим!

## Жарамазан

«Орозо» түрк, араб тилинде «савм» деп аталат, кыргызчалатсак «тыйылуу» дегенди билдирет. «Тыйылуу» – белгилүү бир убакка тамак-аш жегенди кыскартуу. Ошол эле учурда ыйманын тазартуу, бирөөнүн көңүлүн калтырбоо, калп айтпоо, уурулук кылбоо, арам иштен өзүн обочо кармоо, ниетин агартуу, ынтымак, боорукердик, кечиримдүүлүк үлгүсүн көрсөтүү. Жаңы төрөгөн аялдарга, оорукчандарга, оор жумуш иштегендерге, алыскы сапар тарткандарга оозун ачык кармоого жол берилет. Орозо күндөрү ичимдик ичилбейт. Орозо кармагандарды кечкурун ооз ачууга чакырып, тамак бергендерди «иптар» деп коюшат. Бул соопчулук дегенди билдирет.

Эзелтен келаткан салт боюнча орозо башталарда жарамазан айтылат. Жарамазан орозо кармагандарга аруу тилегин айтып, көңүлүн көтөрүү максатын көздөйт. Жарамазанды жаш балдар эле эмес, улгайгандар айтса андан жакшы. Көп учурда эл ичиндеги акын-төкмөлөр, ырчылар колдорунда комузу менен жарамазанды коoздукка бөлөө менен бул салтанатты көркүнө чыгарышкан.

Жарамазанды жерүүгө болбойт, тескерисинче, заман-заң мыйзамына жараша өнүктүрүүгө тийишпиз. Анткени, «Жарамазан» айтуу менен калкыбыздын кайрымдуулук касиети өнүгүп, боорукерликке жол ачылат. Ошондуктан, аны улуттук салттарга терең сиңирип, насаат-нусколор насилинде кабылдап, ыйман сабагына ылайыкташтыра жүрүүгө тийишпиз.

Ассало-му алейкум, Жарамазан!
Он эки айда бир келген орозо жан!
Оболкунун салты экен, айттык салам!
Орозоң кабыл болсун, үйдөгү жан!
Уктап жаткан балдарга убай салам!
Кулак каккан жандарга дубай салам!

Жарамазан айта келдим эшигиңе.
Ак кочкордой бала берсин бешигиңе.
Баатыр чыксын балаңыз насибиңе
Байланыштуу бардыгы таазимиңе

Адыр-адыр тоолордон, ээй,
Айгыр минип биз келдик, ээй!

Айгыр оозун тарта албай, ээй,
Ушул үйгө туш келдик, ээй!

Будур-будур тоолордон, ээй,
Бука минип биз келдик, ээй!
Бука оозун тарталбай, ээй,
Ушул үйгө туш келдик, ээй!

Бабалардын ыры экен, ээй,
Барктап алчу сыр экен, ээй!
Эзелкинин ыры экен, ээй,
Эстеп койчу сыр экен, ээй!

Жарамазан жар болсун, ээй,
Жакшылыкка пар болсун, ээй!
Балдарыңдын мингени, ээй,
Кара кашка тай болсун, ээй!

Жылдын башы айт экен, э-эй,
Салам айтыш парз экен, ээй!
Сабыр тартып отуруш, ээй,
Сакалдуунун шарты экен, ээй!

Орозонун айы экен, ээй,
Оомал-төкмөл заң экен, ээй!
Оомат күткөн элимдин, ээй,
Озуйпасы бар экен, ээй!

Ушул үйдүн түндүгү айга баткан,
Айга баткан жагына алтын таккан.
Ушул үйдүн түндүгү күнгө баткан,
Күнгө баткан жагына күмүш таккан.

Орозодо сойгонуң кызыл сыйыр,
Жарамазан айтканым ушул быйыл.
Орозодо соёруң карала кой,
Бизге берчү насипти алдыга кой.

Саламдашуудан кийин жарамазанчылар үйгө келген себебин билдиришет:

Ушул үйдүн түндүгү кайың бекен?
Бизге берер жоолугу дайын бекен?

Ушул үйдүн түндүгү арча бекен?
Бизге берер жоолугу барча бекен?

Бычак учу жалтырайт,
Май томуруп жатабы?
Май томурса алабыз,
Беребиз ак батаны.

Казан аяк калдырайт,
Курут эзип жатабы?
Курут берсең алып чык,
Беребиз ак батаны.

Улак берсең албайбыз,
Убалына калбайбыз.
Торпок берсең алабыз,
Мурдуна чүлүк салабыз.

Бука берсең байлап бер,
Муруntугун үзбөсүн,
Жолдо бара жатканда,
Курсакты жара сүзбөсүн!

Буудан башын тартабыз, ээй.
Бул үйдөн эми кайтабыз, ээй.
Пейилиңе жараша, ээй,
Берип бата айтабыз, ээй!

Тоодак этин ашаңыз, ээй,
Токсонго чыга жашаңыз, ээй!
Жүзүм-мейиз ашаңыз, ээй,
Жүзгө чыга жашаңыз, ээй!

Жарамазан айткандарга үй ээси кош көңүл мамиле кылып, эшигин ачпай койсо:

Ээй!
Төбөмдөгү төрт жылдыз,
Батайын деп баратат.
Жанымдагы жолдошум,
Жатайын деп баратат.
Сур-сур жылан сур жылан, толгоно көр,
Сурайылдай жеңеке, ойгоно көр!

Ак-ак жылан, ак жылан, толгоно көр!..
Акыштанбай жеңеке, ойгоно көр!..

Үй ээси тартуу кылып узатышса, жарамазанчылар батасын берет:

Келерки ушул убакта,
Жеңеке, келиниң эркек төрөсүн.
Бул пейлиңдин барында,
Жеңеке, жакшылык бетин көрөсүң.
Айгырың үндүү болсун!
Кочкоруң жүндүү болсун!
Кызың мончоктуу болсун!
Уулуң олжолуу болсун!

Мекеде бир жыгачтын башы кара,
Кудайым кыз жалгасын кашы кара.
Мекени меке кылган сотосу бар,
Кудайым уул берсин чочосу бар...

Ырыскы келсин сүйүнө,
Ынтымак кирсин үйүңө.
Уулдун колу узарсын,
Келиндин бою кызарсын.
Өрүшү толсун малына,
Өмүр берсин жанына.
Жүргүлө тойдо дуулдап,
Көөлүк минип шуулдап.
Айтканыбыз төп болсун,
Акча-байлык көп болсун!
Жолдошуң арак болбосун,
Жолуңду бууп койбосун.
Кампаң кырманга толсун,
Эне-атаң кашыңда болсун.
Жалкоолук жонго минбесин!
Жамандык ойго келбесин!
Абийирдүү жарың болсун.
Ак бата! Ак бата!...
Ээлигиңди тап, бата!!!

### Кытайлык кыргыздардын жарамазандарынан

Ассаламуалайкум, жаткан байлар,
Алтын менен күмүшкө баткан байлар.
Жарамазан айтып келдик эшигиңе,
Көк кочкордой бала берсин бешигиңе.
Кыштын башы кыргыек сары казан,
Он эки айда бир келет жарамазан.
Аргымагың бутуңда алтын така,
Аман-эсен жатабы бала-чака?
Күлүгүңдүн бутунда күмүш така,
Күлүп ойноп жатабы бала-чака?
Алтын ээр токуган атың сугар,
Күздөн бери жыйганың эми чыгар.
Орозодо мингениң кара боз ат,
Орозонун битирин бери узат.
Туткуч менен балаңды ура көрбө,
Дубанага бергендей кыла көрбө.
Сайды көздөй барамын музоо бар деп,
Үмүт менен турамын козу бер деп.
Козу бергин, кой бергин, байлап бергин,
Жүрөк оорум бар эле, каймак бергин.
Жүгүм жүктөп кетерге тайлак бергин.
Жетелерге жээрде жорго бергин,
Жем илерге атыма дорбо бергин.

## Сүннөткө отургузуу

Биздин эрага чейин эле Африканы жердеген уруулардын ичинде эркек баланы сүннөткө отургузушкан. Же эң алгачкы иуда динине ишенгендер эркек баланы сүннөткө отургузууну кабылдашкан. Ислам динин негиздеген Мухаммед пайгамбар бул ырым-жырымды алгачкылардан болуп кабыл алган.

Мусулмандар, анын ичинде кыргыздар бала үч, беш, жети жашка толгондо сүннөткө отургузушат. Еврей калкында болсо эркек бала төрөлгөнү тогуз күн өткөндөн кийин эки аптанын аралыгында сүннөткө отургузушат.

Арабдарда жана жакынкы чыгыш өлкөлөрүндө бала алты айга толгондо ушул ырымды аткарышат. Баланы жаш курагында

сүннөткө отургузса ошончолук жеңил болот. Мусулман дини адамды ыйманга чакырат. Сүнөттөн өткөн балада ыйман сабагына ишеним жаралат. Азыркы мезгилде көп ата-энелер баланы сүннөткө отургузуу расмине кош көңүл карай баштаган кез. Ырасында ата бабаларыбыз колдонуп келген бул ырым-жырымдын пайдасы артык экендигин унутпоо керек.

**Сөз соңунда**

Кылымдардан кылымдарга жашоосун улап келаткан диний ишенимдердин салт сабактарын кыскача болсо да окурмандарга сунуш кылдык. Будда, христиан, ислам диндери жана алардын жол-жобо сабактары – Кудай тааным чындыгына, адам пендеси үчүн жакшылык жагына карай багыттап келген. Жалган сүйлөбөө, уурулукка барбоо, ушак айтпоо, көр дүйнөгө азгырылбоо, ичимдикке берилбөө, кур мансапка чиренбөө... сыяктуу таалим нускоолорду диний ишенимдер жайылтып келген. Мына, ушул максатта думана, молдолор, эшен, калпалар, бүбү-бакшылар, дербиштер, сопулар, табыптар дайыма эл арасында болуп, кесибин улантышкан. Бата тилөө, намаз окуу, орозо кармоо, мазарларга сыйынуу, жарамазан, сүмөлөк айтым... сыяктуу ырым-жырымдар эл ичинде күнү бүгүн күчүндө.

Ырас, бүгүнкү күндө өткөндөгү думаналар, бүбү бакшылар, сопу, дербиштердин аса-муса таяктарынын шаркылдагы, зикир чалган бакырыктары, дубалары касиетинен алыстап, жашоо турмушубуздан сүрүлүп калгандыгы чындык. Байыркы бабалардан келаткан бул диний ырым-жырымдарды каада-салттарыбыз да кабыл албай калган. Бүгүнкү турмушта той-топур, сөөк коюу сыяктуу жыйындарда мусулманчылыкка байланыштуу жол-жоболорду өткөрүүдө молдолорду, оору-сыркоо айынан тамырчы, табыптарды чакыра коймоюбуз бар. Тилекке каршы, таза молдолор бар, тарыйкаты түгөнгөндөр да жок эмес.

Сөөк коюуда, тойлордо, каада-салттарда бодо малдар мууздалып, казан-казан эт кайнап, «ак молдолор» стакан толо жылтылдап, жыртыш, мүчө, кийим илмей, акча таратмай; үчүлүк, жетилик, кыркы, ашы аталган жыйын өткөрмөй ал үчүн канча каражаттарды асманга сапырмай... Колунда барлар корстон болгону менен кембагалдарды жакырчылык сазына матырып, байлыкты ажыдаардай мойсогон кыйчалыш салттарды кайсы дин (буддабы, христианбы, исламбы) колдойт болду экен? Аза күтүү салты

керек, бирок шайтан азгырыкка алдырып, жатканыбызды Алла таала кечирер бекен? Улуттук дөөлөтүбүздү калыс баалап, баркына жетип, талдап-билип, таяныч кылбасак бутубузга тура албайбыз.

**Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Букарлык Кул думананын зикири» | 8007 | 1'24 | Самсалы Аликеев |
| 2 | «Кусей думананын зикири» | 7990 | 1'30 | Самсалы Аликеев |
| 3 | «Калдык думананын зикири» | – | – | Өзбек Рысбеков |
| 4 | Карт бабанын зикири | – | – | Асанаалы Кыштообаев |
| 5 | «Гүлгаакы» | 3809 | 1'07 | Н. Асанов |
| 6 | «Бакшынын бийи» | 10309 | 2'43 | «Камбаркан этнограф. ансамбли» |
| 7 | «Кулпенде» | 7993 | 2'29 | Самсалы Аликеев |
| 8 | «Сур эчкинин каргышы» | 6569 | 1'40 | Зина Шайбекова |
| 9 | «Сур эчкинин каргышы» | 6226 | 3'20 | Замирбек Үсөнбаев |
| 10 | «Жарамазан» | Композит. бирлигинде | – | Турганжан Асаналиев |
| 11 | «Жарамазан» | Композит. бирлигинде | – | Молтой Жайлоев |
| 12 | «Жарамазан» | Композит. бирлигинде | – | Анаркан Курамаев |
| 13 | «Бекбекей» | 9108 | 1'49 | Ыбрай Туманов |
| 14 | «Бекбекей» | 6863 | 4'50 | «Камбаркан» этногр. ансамбли |
| 15 | «Кыргыздын бий күүсү» | 3659 | 2'54 | Жумалы Бекеев |

# АРНОО КҮҮЛӨР

Нарктуу ата, мээрман эне, кадырлуу кары, жалындуу жаштык, азамат уул, акылгөй жубан, кылыктуу кыз бар үй-бүлөдө калыстыкты туу туткан калк башчыларынын, алысты көрө билген акылмандардын өрнөгү табылгыс байлык. «Жакшыга жанаш» деп айтылат накылда. «Жакшылардын» үлгүсүн кийинки муундарга тартуулоо таалим тарбия жаатындагы табылгыс тармак. Ошол тармактардын башында жүрөк кылын дирилдеткен ыр саптары, жүлүнгө жеткен күү кайрыктарын жаңырык салган «арноолор» бар. Ырга, күүгө айланган өмүрлөр, албетте, өлбөстүктүн өрнөгү болуп кала бермек.

## Айкөл Манас

Манас көптүн бири эмес, ал адам баласына мүнөздүү эр-жүрөктүүлүктүн, баатырдыктын, каармандыктын, айкөлдүктүн эли-жери үчүн кара башын канжыгага байлаган ар намыстын символу. Эпостордо айтылгандай арстан, жолборс, ажыдаардын сүрү бар кара күчтүн да каарманы. Алыскы Алтай тараптан Ала-Тоого баштап келген, кыргыз элинин эртеңки тагдырын ойлоп, эркиндиктин тизгинин чойгон, айкөлдүк касиетинен айныбай журтуна кызмат өтөгөн каарман – айкөл Манасты миң жылдар эл оозунда эскерип, акындар ырга салып, аспапчылар күү кайрыгында созуп келет.

Алтын менен күмүштүн,
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Асман менен жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен Күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Ай алдында дайранын,

Толкунунан бүткөндөй.
Асмандагы булуттун,
Салкынынан бүткөндөй...
*(Сагымбай манасчыдан)*

Көктө мунар булуттун,
Салкынынан бүткөндөй.
Аңырайган өзөндүн,
Алкымынан бүткөндөй.
Он эки дайра бириксе,
Шар жеринен бүткөндөй.
Адам барбас туу белдин,
Чоң жеринен бүткөндөй.
*(Саякбай манасчыдан)*

Жети кабат кара жер,
Салмагынан бүткөндөй.
Жети дайра деңиздин,
Жаркынынан бүткөндөй.
Аңырайган капчыгай,
Алкымынан бүткөндөй.
Абадагы булуттун,
Салкынынан бүткөндөй.
Дайрадагы жаяндын,
Каарынан бүткөндөй.
Ажыдаар менен жыландын,
Заарынан бүткөндөй.
Кышкы чилде суунун,
Каарынан бүткөндөй.
Бейиштеги мөмөнүн,
Чынарынан бүткөндөй.
*(Молдобасан манасчыдан)*

Манас бейнесине болгон бул «арноолордон» улам Манас окуясынан бир үзүм (Саякбайдын айтуусунда «Чоң казат» бөлүмүнөн):

Балбандардын баарысын,
Кытайдын жаш карысын,
Бирин койбой жапырып
Айдап кирди Коңурбай.

Кан Коңурбай айдаса,
Чоң Жолойдой калмагы
Чогуу кирди жабылып.

Кан Манастын кырк чоро
Тегерете карабай,
Теги жанын аябай,
Чындап кирди согушка.
Музбурчак, Көкчө кан болуп,
Кошой, Төштүк эр болуп,
Булар кирди согушка.

Бирин-бири аябай,
Аз-көбүнө карабай.
Найза менен сайышып,
Сабы колдо карышып.
Кылыч менен чабышып,
Айбалта менен салышып,
Мылтык менен атышып,
Саадакты сая тартышып.
Жулкулдашып булкушуп,
Ат үстүндө силкишип.
Кара жанга күч келип,
Качырашып киришип.
Кылча жанын аябай
Кыргын согуш башталды...

Кытай качып калганда,
Карап Манас турабы.
Каарданып баатырың,
Камап алган кези экен.
Тегерегин эр Чубак,
Айдап алган кези экен.
Бир жак четин кан Бакай,
Жайлап алган кези экен...

Манастын каарын көргөндө,
Шашып калды Коңурбай.
Бээжинди көздөй дыр коюп,
Качып калды Коңурбай.

Эңкейишке келгенде,

Коңурбайдын Алгара,
Эликтей колу сайылат.
Өөдө жолго келгенде,
Манас кандын Аккула,
Жал куйругу жайылат.

Эшил менен чалкактан,
Эңкейип Калча дыр койду.
Бери жактан эр Манас,
Оң далынын чети деп,
Өпкө-боор бети деп,
Найза менен бир койду.

Денеге найза тийгизбей,
Теги калча эр экен,
Наркескен суурул имерип,
Айкөлүңдүн найзасын,
Ортосунан Коңурбай,
Үзө чаап жиберди.

Качып барат Коңурбай,
Чет Бээжинде салынган,
Капкасына жакындап.
Алгаранын артында,
Аккула барат такымдап.

Калчаны кууп алганын,
Капкайдан Алмаң көрдү эми.
Капкага кирсе кан Манас,
Каапырды Кудай урат деп.
Кан Манасты өлтүрүп,
Өрт өчкөндөй кылат деп.

Дарбазаны жабарда,
Алты миң кытай, көп каңгай,
Манастын башын аларда.
Жебеден мурун жетти эми,
Жетип келип Алманбет,
Эр Манасты жулкунтуп,
Илип алып кетти эми.

«Манас» кыргыз элинин улуттук идеологиясы үчүн табылгыс материал катары кызмат өтөп келет. Аны ар качандан бир качан туу тутууга тийишпиз. Бул оюбузга акын Дүйшөбек Молдокул уулунун төмөндөгү ыры төп келип турат:

Башында туруп элинин,
Кутун коргоп жеринин,
Манас, Бакай, Кошойлор,
Багып келген кыргызды.
Баш коштуруп, башкарып,
Алып келген кыргызды.
Туюктан туура жолду таап,
Салып келген кыргызды.
Алдындагы аалымдар,
Буйругун бекем угушкан.
Айтканындай аткарып,
Каарданса таш жарып.
Тыйып турган душманын,
Баарысы чогуу аттанып.
Улуу Манас баш болуп,
Чачылган элин жыйнаган.
Эл кыйналса кыйналып,
Эли үчүн алар ыйлаган.
Акыл менен өз элин,
Багып келген эр Манас.
Нечен кыйын замандан,
Алып келген шер Манас.
Эл бирдигин бекемдеп,
Алып келген эр Манас.
Ыраттуу элин башкарып,
Ырга айланган шер Манас.
Эли үчүн кылган эрдиги,
Сырга айланган эр Манас.

**Радионун музыкалык «Алтын казынасында»:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Чоӊ казат» | 9060 | 2’44 | Ыбырай Туманов |
| 2 | «Чоӊ казат» | 3881 | 2’05 | Абдыкадыр Жаналиев |

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 3 | «Манастын Чоң казаты» | 2925 | 1’22 | Бектур Осмонов |
| 4 | «Манас күү» | 7756 | 1’09 | Өзбек Рысбеков |

## Ленинге арноо

Артыбызга кылчайсак, ак таңдай акындардын ырлары, аспапчылардын шыңгыр күүлөрү, канча канаттуу чыгармалар Октябрь төңкөрүшүнө, анын жолбашчысы В. И. Ленинге да арналган. Лениндин элеси улуу муундун эсинде сакталып келет. Кылымдарды карыткан кыргыз элинин тагдыры канчалык катаал, канчалык татаал болгонуна карт тарых өзү күбө.

Ой-кырларда,
Кайыңдардын бетинде
Кыргыз жокпу,
Кыя балта чаппаган?
Өзөндөрдө,
Жылгаларда, сайларда,
Кыргыз жокпу,
Кыргын болуп жатпаган?!

Элдик-боштондук көтөрүлүштө мекенинен сүрүлүп (1916-жыл), тукум курут болоорунда Октябрь төңкөрүшү чыгып (1917-жыл), кыргыздар эл болуп, кайра тирилди. Кытайдан өз конушуна чакырык салып, капастан кайтарып алган Октябрь төңкөрүшү экенин тарых тандыра койбос.

Ырымдын аты – Октябрь,
Кылымдын аты – Октябрь.
Күүмдүн аты – Октябрь,
Үнүмдүн аты – Октябрь.

Жарыктын аты – Октябрь,
Замандын аты – Октябрь.
Айтар сөзүм – Октябрь,
Көрөр көзүм – Октябрь,

Эрктүү элим – Октябрь,
Көрктүү жерим – Октябрь,
*(Барпы Алыкулов)*

Октябрь төңкөрүшүнүн жетекчиси В. И. Ленинге «арноолорду» дээрлик бардык акындар жазган.

Түпкү атабыз кыргыздан,
Запкыны көрдүк турмуштан.
Айтканда сөзүм жап-жарык,
Асманда күйгөн жылдыздан.
Он жетинчи жылында,
Николай тактан жылмышкан.
Кеңешти куруп Ленин,
Кедейге устун тургузган.
*(Токтогул Сатылганов)*

Куткаргансың кулдук-күңдүк чириктен,
Кутулгандар боордошуп бириккен.
Элдин, жердин атасы сен — Ленин,
Өчкөн жанга өмүр берип тирилткен.
*(Калык Акиев)*

Улуу Ленин айтканы,
Унултулбас белги деп.
Кылымдар эстен чыгарбай,
Кызматыңды эл билет.
Өсүштү уул-кыздарың,
Сиздин, өткөн жашты белгилеп.
*(Осмонкул Бөлөбалаев)*

Эркиндик күнгө ээ кылган,
Эмгекчи дыйкан элимди.
Көркүн ачып гүлдөткөн,
Береке мекен — жеримди.
Урматтап элим унутпайт,
Улуу көсөм Ленинди.
*(Алымкул Үсөнбаев)*

Ай да эмессиң,
Күн да эмессиң, кубулган.
Сен адамсың,
Адамдардын бактысына туулган.
*(Коргоол Досиев)*

**Кыргыз радиосунун музыкалык «Алтын казынасына» учурунда жазылып калган күү тасмалары:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Өзгөрүш» | 9760 | 309 | Ыбырай Туманов |
| 2 | «Өзгөрүш» | 8052 | 305 | Мекиш Баатаев |
| 3 | «Өзгөрүш» | 8101 | 1'32 | Эркесары Бекбасаров |
| 4 | «Жолбашчыбыз партия» | 440 | 3'50 | Алымкул Үсөнбаев |
| 5 | «Октябрге» | 1827 | 1'40 | Экия Муканбетов |
| 6 | «Ленинге» | 2500 | 1'40 | Атай Огонбаев |
| 7 | «Ленинге» | 3987 | 3'10 | Абдракман Кыдырбаев |
| 8 | «Ленинге» | 2103 | 2'50 | Калык Акиев |
| 9 | «Ленинге» | 2101 | 2'50 | Осмонкул Бөлөбалаев |
| 10 | «Ленин» | 2774 | 3'00 | Токтоналы Шабданбаев |
| 11 | «Партияга атадым» | 3093 | 2'08 | Асанаалы Кыштообаев |

## Сталинге арноо

1953-жылдын май айында борбор калаа Фрунзеден Ыбырай Туманов аяшы Кайбылдага салам жолдоп, мейманчылап келип калды. Атам, апам аяшын ак пейилден тосуп алып, куйругу кучак кара койго бата жолдоп, айылдагы аксакал-көксакалдарды кошо ак дасторконго чакырышты. Андай сыйда Ыбырайдын өрүк комузу «тил» безеп, көпчүлүктүн көңүлүн табуучу.

Комдонгон бүркүттөй төр төбөсүндө локуйган Ыбыкем комузун толгоосуна келтире бурап, шар-шар бир-эки шилтеп, жан-жагына карек таштай: «Кайгылуу кабар» деп, күүнүн аталышын жарыя салды да бир оокумдан соң «Сталин атабыз өлгөндө, ага арнаган күүм эле» деп койду. Үч кылды үлөштүрө бирден терип, кабат-кабат кайрыктарды сезимге чүргөп, калк атасынан ажыраган «арманды» алдыга тартып жатты. Кайрыкка сүңгүгөн карыялар көздөрүн жуумп, көңүлдөрү чөгүңкү, үшкүрүктөрүн үлөштүрө, «Кайгылуу кабарды» кабылдаганы күнү бүгүн эсимде.

Күү радионун музыкалык «Алтын казынасына» 1961-жылы 31-мартта тапшырылган. Бул учур Сталинди каралоо компаниясы жүрүп турган кез. Баарыдан кейиштүүсү Сталиндин ысымына

байланышкан канча көркөм чыгармалар (ырлар, күүлөр...) таштандыга ыргытылып, талаада калбадыбы. Андай алааматтан «Кайгылуу кабардын» аман калышы Сталиндин ысмы күүдө кабарланып «оңдой берди болуп» сакталып калыптыр.

Сталинчил башкаруу системасын «репрессиянын заманы» деп айтып да, жазып да жүрөбүз. СССР аталган зор державанын мамлекеттик түзүлүшүнүн бул бир жак бети. Мына, ошол пролетардык диктатурага негизделген зор мамлекеттин экинчи жүзүн этибар албай коюшубуз этикага жатпас. Биз эскерип жаткан пролетардык диктатура коомдук байлыкка суук колун салчу алдым-жуттумдарды аёосуз жазалаган.

Аракечтик, паракордук, уурулук, кызматынан кыянат пайдаланган төрөпейлдик, бай-манаптык, мансапкорлук, кекирейүүчүлүк, көшөкөрлүк, нашакүрлүк, сойкулук, селсаяктык сыяктуу илдеттер ал учурда мамлекеттик түзүлүштөн сырткары турган. Бүгүнкү кара тумандай каптаган «мафия», «коррупция» аттуу кокуйлар эрбең-сербең гана көрүнө калбаса, эл эсебинен туйтунган чиновниктер, итке минген жакырлар анчалык жок, калайык бир кылка жашоо турмуш кечиришкен. Советтик ар бир жаран мекенин жандай сүйүүгө тарбияланган. Кан күйгөн Ата Мекендик согушта «за родину!», «за Сталина!» урааны менен чабуулга чыккан жоокерлер.

Сталиндик тоталитардык бийлик, Сталиндик темирдей тартип барда карапайым советтик эл жабыр тартпастан жакшы жашаган. Азыркыдай кайкалап лимузин минип, кан сарайларды куруп, калк казынасына беш колун матырчу эмес, эл ырыскысын кырккан шылуундардын тизгинин тартып турган.

Согуш айыл чарбасын астын үстүн кылып, өнөр жайга оор доо кетирген. Бирок, өлкөбүз отуруп калбады, кайра курулду, калыбына келтирилди. Коммунизмдин коошпос душманы У. Черчилдин айтканы бар: «Россияны кыска мөөнөттө улуу державага айландырган Сталиндин жөндөмүнө суктанса болот». Ф. Рузвельттин айтканы бар: «Сталиндин көз алдында эч ким калп айта албайт». Өлөр алдында А. Гитлер агынан жарылганы бар: «Гениалдуу Сталин, Сталин экен...».

Орустун омоктуу аскер жетекчилери Жуков, Конев, Рокоссовский, Василевский, Малиновский, Соколовский, Мерецков, Чуйков, Говоров, Штеменко, конструкторлор Яковлев, Антонов, Туполев Сталиндин тарыхтагы ордун оң мүнөздө баяндаган. Кыргыздын белгилүү инсаны, Советтер Союзунун баатыры генерал-майор Дайыр Асанов «Сталиндин катаал, өзүнө-

өзү ишенген темирдей эркинин пайдасы, айрыкча, жеңишибиздин себеби болгон. Сталин согуштун жүрүшүндө өзүн чебер уюштуруучу жетекчи катары көрсөткөндүгүн тарыхтан чийип салууга болбос».

Кыргыздар кылымдардын тарыхын аспаптык күү кайрыктарында камтыган. Тарыхтын тангыс күбөлөрүнүн бири СССР мамлекетинин башында турган, немецтик баскынчыларды талкалоодо зор жетекчилик ролду ойногон, Ата мекендик согуштун баатыры, генералиссимус, маршал Сталиндин о дүйнө салышын кабарлаган «Кайгылуу кабар» аттуу күүнү жараткан залкар комузчу – Ыбырай Туманов болгон.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Кайгылуу кабар» | 9365 | 54'5 | Ыбырай Туманов. |

## Атай Байзак уулу

Кыргыз эл жазуучусу Түгөлбай Сыдыкбеков 80дин сересинде турган кези. Салам айтып, кол берип, аңгеме-дүкөн куруп калдык:

– Комузчулук өнөрдө кол тие элек кыртыш калды бекен? – деп суроо узаттым.

– Көл өрөөнүндө Атай аттуу мыкты комузчу, кыягын сыздаткан өнөрпоз бар эле, – деп баштады аңгеме-маегин. – Атайдын уруусун чечмелеп отурбайын, аксөөк мартабалуу бай адамдын тукуму болгон. Атасы Байзак, колу ачык, марттыгы менен эл ичинде аңыз-жомокко айланган. Байзактын уулу Атайды Кеңеш өкмөтү орногондо артисттикке чакырышат. Бирок, арадан чагым түшүп, бай баласы болгондугу үчүн айылда кала берген. Күүлөрдү иликтеп жүрөсүң, сурамжыласаң Атайдын мурастары да табылып калар, – деди Түкөм.

Иликтөөлөр, изденүүлөр өз үзүрүн бербей койгон жок. Мен издеп жүргөн Атай комузчунун дарек дайнын алты барак катка жазып, Талды-Суулук (Ысык-көл областы) комузчу Акимкан Сыдык уулу салып жибериптир:

– Бала чагымда Ыбырайым деген аксакалдыкынан Атай комузчуну көрүп кадым. Таң аткыча тынбай комуз чертиши мени аң-таң калтырганы эсимден кетпейт. Кийин баамдадым: «Атайдай комузчу Алланын амиринен жаралса керек». Комуздун аркасы менен мен деле коомчулукка таанылып калбадымбы. Аракет-шык

айкашса чыгармачылык чымынын учуп, жанын жаратууда жол ачылат белем. Акыркы күндөрү Атай комузчу ой дүйнөмдөн кетпей, элеси көз алдыма тартыла берип, атайылап ага арнаган күүмдү ата журтума тартуулаганымды айта кетейин. Асаке, кечээ эле көзү өтүп арабыздан кеткен аспап өнөрүнүн алпы Атайды эскерип, «Кыргыз күүлөрү» эмгегиңизге киргизе кетерсиз» — деп өтүнгөн.

Кийинки жылы санжырачы, акын, күү күйөрманы Талды-Суулук Молдокмат Кулумбаев менен жолугушуп, Атай комузчунун өмүр жолу, ата-теги жаатында кеңири маалымат алдым.

Атай комуз черткен, чоор тарткан, кыл кыяк ойногон көп өнөрдүн ээси, 300дөй күүсү болгон. Ал малдуу-жандуу, бардар үй-бүлөдө туулган. Чоң атасы Жунуштун беш миңге жакын жылкысы болгон. Алты аял алып, эркек бала көрбөй, артымда туяк калбай калабы деп, Кудайга зар какшачу экен. «Көзү чалыр, тили чулдур, буту төкөр, бели бүкүр болобу, артымда тукум калса...» деп, ак эткенден так этип жүргөн улгайган курагында тилеги кабыл болуп, эркек бала көрдү. Атын Байзак койду. Ата дөөлөтү менен Байзак эрке талтаң өстү. Колу ачык, берешендиги үчүн «март болсо — Байзактай болор» деген лакап калды эл арасында. «Байзак март» деген кабардан улам, бир казак карыя тогуз чүкөнү кызыл жошого, сакасын сары боёкко боёп, тартуусун табакка салып, Байзактын үйүнө түшөт. Мейманына кысыр бээ союп, коноктогон Байзак тогуз чүкөгө тогуз кула бээ, сары сакага тору айгыр тартуулап казак мейманын зор каада менен узаткан. Байзак марттын үйүнөн конок үзүлбөгөн. Чоң өргөө ичи толо тиги ирегеден бул ирегеге чейин куштарды кондуруп, жемине эки күндүн биринде кысыр бээ сойдурган. Бирөөлөр бөдөнө тартууласа, ага аргымак кунан карматып, кыргый куш үчүн айгыр мингизип чыгарган. Байзактын ашкере марттыгынан майнап чыкпасына көзү жеткен Жунуш аксакал акыры:

— Эми менин жылкыма тийбе, 1000 жылкы энчилеп берейин, ошого гана ээлик бол, — дейт.

Атасынын берген энчиси Байзакка түтпөйт. Беш жылда жылкыдан кол жууп, эл жайлоого көчкөндө жатакта жалгыз үй калды. Жунуш баласын кыйбады, жаратканга берген убадасын унутпады. 500 жылкы айдатып, Байзакты жайлоого көчүрүп алды. Байзактан эки уул калды: Атай, Саадабай. Атай аталарын тартпады, байлыкка кызыкпады. Улут рухун (комузчулук, кыякчылык) урматтап, өмүрүн өтөдү. 1916-жылкы Үркүн алааматында

качкындар менен Кытайга барып, октябрь төңкөрүшүнөн кийин мекенине кайтып келди. 1938-жылы артистикке кабыл алынып, «бай тукуму» деген чагым менен ал жерден чыгып калды. Айлына келип, эл катары күн өткөрүп, 1943-жылы дүйнөдөн өттү.

Атайдын 14 баласынан өлүп отуруп, жалгыз кызы Тотуя калды. Тотуя эже кантсин, өкүттө өткөргөн өмүрлөр үчүн эт жүрөгү сыздап, эки көздөн жашы бурчактап, «атамдын күү мурастары ара жолдо кала береби?!» деген кабатыр ойдо «армандуу тагдырын» ырга айландырып, күү пайгамбары Атайдай асылдын ысмы кур дегенде ыр дастанда калса» деп тилеген. Молдокмат аксакал сунуш кылган Тотуя эженин «Арноо» дастанын «Кыргыз күүлөрүнө» киргиздик.

Өткөнгө назар салбастан,
Келдик биз ачык айтпастан.
Бирназар – андан Алыбай,
Белектин уулу Алдаштан.
Алыбайдын Жунушун,
Атайын айтсак, бир дастан.

Жайлоосун жайлап «Туруктун»,
Жылкысы төрт миң Жунуштун.
Агасы Дөөткул «куубаш» деп,
Айтыптыр сөзүн бузуктун.
Угузуп Кудай бул сөздү
Мени не мынча куруттуң?!

Болсо да алты аялы,
Бербептир эркек баланы.
«Төкөр, не чулдур болсо да,
Мейли эле жүрсө караанын».
Деп тиледи Кудайдан,
Арданып сөзгө жанагы.

Айткандай Байзак төрөлдү,
Чалыр же чулдур, төкөрбү?
Чоңойсо ушул баламдан,
Жакшылык сыйын көрөмбү?
Тилегин берди Жунуштун
Атага болор өбөлгө.

Жунуштан туулган бул бала,
«Берешен Байзак» делиптир.
Жоругун көрүп Байзактын,
Атасы Жунуш кейиптир.
Тартуу кылса чүкөгө,
Кысырак бээ бериптир.

Чоңоюп Байзак ирденди,
Жасады өзү билгенди.
Кыргый куш келсе тартуулап,
Төөлөрдөн баштап ингенди.
Куштарга союп Камбар бээ,
Кутургандай жинденди.

Ушунтип бала атанын,
Байлыгын чачып курутту.
«Курусун изи малыңдын!»
Атанын сөзүн унутту.
Ойлобой туруп тилине,
Киргенби деги бузуктун.

Байзактын уулу Атайды,
«Атактуу күүчү» атайлы.
Кыякта, чоор, комузда,
Чертиптир күүдөн далайды.
Атаңдын көрү, өткөндү,
Эскербей койсок жарайбы?

Тотуя эже сүйлөгүн,
Кандайча өттү күндөрүң?
Муңканбай айтчы, түбүнө
Ким жетти чиркин дүйнөнүн?
Айттыңыз шашпай атанын,
Арман-муң чалган күүлөрүн?

Суроого эже Тотунун,
Жообуна көңүл буралы.
Өткөн өмүр өксүгүн,
Эскербей койсок туурабы?!
Атасы Атай тууралуу,
Аңгемесин угалы:

**Тотуянын баяны**

Чоң атам Байзак кесири,
Акыры барып жеттиби.
Он төрттөн жалгыз мен калып,
Атама тийди эпкини.
Эзелки дартты мен козгоп,
Эске салам эскини?

Ордолуу болду ордубуз,
Оюнга батпай койнубуз.
Саадабай, Атай туугандан,
Жыйырма жети болчубуз.
Алардан калып эки кыз,
Жалдырап өскөн шордуубуз!

Ою кең, терең комузчу,
Аргендей салып добушту.
Сүйлөтүп куштун тилдерин,
Суктантып элди коюучу.
Атамдын черткен күүлөрүн,
Уккандар курсант болуучу.

Жашыруун жабык жүрбөйлү,
Чындыкты айтып сүйлөйлү.
Атамдын атын чыгарар,
Үмүттөн күдөр үзбөйлү.
Жакшылык чогу дымыбас,
Жалындасын, үйлөйлү.

«Атасы бий» деп күнөөлөп,
Айттырбай атын кашайтты.
Бай болгондур Байзагым,
«Байсың» деп кордош жарайбы?
Бай болсо, макул болгондур,
Бирок, улуттук мурас өнөрүн,
Унутпай эстеп баалайлы.

Өнөргө Атай эргиптир,
Үч жүздөй күүнү чертиптир.
Атпай журтту ардактап,
«Айкөл күүчү» дешиптир.

Чертилген ошол күүлөрү,
Четинен уксак, элдиктир.

Кыякты тартып сыздаткан,
Кыйланын көөнүн жыргаткан.
«Арман», «кошок» күүлөрү,
Ичтеги дартты ырбаткан.
Атамды коштоп ырчылар,
Алар да кошо муңдашкан.

Атамды анда эл билип,
Таланты калды телмирип.
Эл эмеспи, эми да,
Чертишет күүсүн келтирип.
Жактырса эли бааласа,
Андай мүлк калбас эскирип.

Ботойду кошуп ырдаптыр,
Болкулдап жүрөк сыздаптыр.
«Жалгыз мен он төрт баладан,
Калыпмын» деп ыйлаптыр.
Ал зар муңду укса да,
Жараткан жардам кылбаптыр.

Армандуу атам Атайдан,
Жалгызмын мен да кашайган.
Эл билет эле атамды,
Балдары турса бакыйган.
Жок болсо деле балдары,
Таланты артык далайдан.

Комузду күүлөп толгоптур,
Артисте үч жыл ойноптур.
Арийне ошол эмгегин,
Эскерип эч ким койбоптур.
Эмнени айтып куйөйүн,
Калыстык кайрым болбоптур.

Чындыкты күтүп мен турам,
Арылса экен жөө туман!
«Актокту», «Арман» күүлөрүн,
Менчиктеп алган деп угам.

Ыр менен айтып арманды,
Акыйкатка бет бурам.

Атамды «дастан» кылганым,
Ал жагын элим сындагын.
Атагы чыккан атамдын,
Арбагын сыйлап турамын.
Ал кезде жакшы билбепмин,
Жаштыктан болуп жылдарым.

Калайык калыс болгула,
Талантка таазим – оң тура.
Баркталбай кеткен атамдын,
Бактысын ачып койгула.
Атайдын жалгыз кызынын
Ортого салар оюна,
Аял кылып койгула.

Атайды эске алууга,
Бар болчу анын салмагы.
Карамолдо, Ыбырай,
Кадырлашкан атамды.
Муратаалы, Атайлар,
Беришчү үзбөй саламды.

Билинбей калган кыргызда,
Асылдар арбын бар дагы.
Аларды эске биз алсак,
Арылар эле арманы.
«Оомийин!» дейли жалпыбыз
Ойгонсун ата арбагы…

Ошентип Тотуя эженин,
Айтканын жаздым. Не дейли?
Кара сөздөгү баянды,
Кагазда ырга теңейин.
«Атайга арноо» бул дастан,
Атпай журт үчүн белегим.
*(Молдокмат Кулумбаев 03.09.92.)*

## Ниязаалыга арноо

Атпай журтчулукка кеңири тараган «Арсар күү», «Кара өзгөй», «Кер толгоо», «Сары барпы» сыяктуу залкар күүлөрдү жараткан Ниязаалы Борош уулу 1856-жылы Жалал-Абад дубаны, Аксы районунда туулган. 1936-жылы Эл чыгармачылыгынын республикалык олимпиадасына катышат. 1942-жылы 86 жаш курагында каза табат. Ниязаалы өнөр чеберлери: Эсенаман, Жеңижок, Бекназар, Эшманбет, Жаңыбай, Жолой, Токтогулдар менен замандаш, өнөр өрүшүндө ымалалаш жашаган. 1936-жылкы олимпида учурунда Муратаалы, Карамолдо, Ыбырай, Молдобасан, Саякбай, Актан, Осмонкул, Алымкул, Атай, Муса, Куйручук, Калык, Шаршендер менен жакындан таанышат. Төкмө акын, чебер комузчу Токтосун Тыныбеков устаты Ниязаалыга төмөндөгү эскерүүсүн арнаган:

Өткөндү козгоп ырдамак,
Өнөрү экен ырчынын.
Жаагын жануу тынбастан,
Жалпы адаты жарчынын.
Комуздан чыккан кадыры,
Козгодум Ниязаалыны.
Ар башка болот турбайбы,
Адамдардын тагдыры.
Бардык эле кишинин,
Колунан келбейт турбайбы,
Комузга жорго салдыруу.
Куйкум учкул сөз кошуп,
Кумарын элдин кандыруу.
Кадырын билип өнөрдүн,
Каалаган жерден алдыруу.
Көзүмдө турат элестеп,
Көргөнүм бала чагымда.
Аракет кылып жүрчүмүн,
Ар күүсүн илип алууга.
Чимирилчү топусу,
Дөңгөлөк өңдүү чокусу,
Чекесине бир келип,
Желкесине кетчү эле,
Чытып койсо кабагын,

Сыйкыры бардай ошого
Азыр да таң каламын.
Аттиң ай! Болсом ошондо,
Он алты, он беш жаштарда,
Илбейт белем далайын.
Аздыр-көптүр укчу элем,
Аралашып эл менен,
Айта койчу жамагын.
Булбулду туурап күү чертчү,
Бүлкүлдөтүп тамагын.
Адегенде абамды,
Көргөндөгүм айтайын.
Көңүлүмдү күүсүнө,
Бөлгөнүмдү айтайын.
Андан кийин эл-журттан,
Укканымды айтайын.
Чала чертип күүлөрүн,
Чыкканымды айтайын.
Жаз-жайын толук биле албайм.
«Жоон-Бакандын» кырында.
Аял-эркек, кары жаш,
Атайын келген жыйында.
Күлөт-ыйлайт уккандар,
Күү коштогон ырына.

Той түшүрүп сайраса,
Тоо жаңыртат үндөрү.
Уя салып, жем издеп...
Убаралуу күндөрү.
Ошондо «Сары барпынын»
Сайрап турган жери деп,
Сүйлөөчү эле күүлөрү...
Азаптуу күндөр өтүптүр,
Абамдын анда жаш чагы.
«Торгой менен турумтай»,
Толуп жатат дастаны.
Болжолсуз ыр, күү бар эле,
«Боз жоргодой» чапканы.
Эл акыны Токтогул,
Ээрчип жүргөн абаны.

Үңүлүп чыкпай жанынан,
Үлгүсүн алган а дагы.
Кайгыга бүткөн кайрыгы,
Карыгандагы «Арман күү»,
Заманына жараша,
Зарын чертип калган күү.
Чер таратчу «Арсар күү»,
Черткендерге сарсан күү.
Сайратып черте албаса,
Сары оору кылган арман күү.
Так үйрөнүп алгыча,
Далай азап тартар күү.
Таасын чертсе үйрөнүп,
Табылбаган залкар күү.
Ниязаалы абаке,
Жашыңдан кылдың эмгекти,
Жамааты кыргыз калкыңа.
Улуу акын Токомо,
Устат болдуң башында.
Коргоол, Атай, Шекербек,
Кошо жүрдү жашыңда.
Эркесары элдешиң,
Эзелтен бери жердешиң,
Ээрчип жүрдү кашыңда.
Эскерип жаткан мен дагы,
Эң кенже уулуң калкыңда.
Өлбөйсүң, аба, тирүүсүң,
Өнөрүң калып артыңда.[131]

Ниязаалынын комузчулугу, куудулдугу, аткаруучулук чеберчилиги аңыз болуп, калк арасында байма-бай айтылып келет. Анын айрым бир учурун эл акыны Темиркул Үмөталиев поэзия тилинде окурмандарга сунуш кылган. Ниязаалыга багышталган бул «Арноону» да кошумчалай кетели.

Маңдайымда Ниязаалы Жөргөлөк!
Кайдан мында келе калды жөрмөлөп?
Кармап колго алмаз миздүү бычагын,
Үч ичекти сүйлөтчүдөй өнтөлөп.

131 Т. Тыныбеков. Менин устаттарым. – Ф., 1983. 148-бет.

Тизесине жанып-жанып кайрадан,
Колу менен мизин сылап, ал-анан.
«Көргүнүң» – дейт, мага сунуп кездигин,
Чарык көргөн, кайрак ташка кайраган.

Кармап көрдүм, устарадан кем эмес,
Эт туураган шамшар ага тең эмес.
Жанып койсом, шылып түштү жиликти,
Жомоктогу ач албарстан бир элес.

Кайра сундум: «Укмуш, башка курчушу»,
Угуп муну, күлүп турат комузчу.
Үч кыл. Капкак. Үстүн сыйпай кол шилтеп,
Кыргый болуп, бычак учту, кол учту.

Мына кызык, оң бутунун өтүгүн,
Чечип салды. Бул эмнеси, катыгүн?!
Кыстарды да манжасына кестигин,
Көргөзчүдөй өнөрүнүн көптүгүн.

Буту менен комуз чертсе болобу?
Биздин үйдүн ал сыйкырчы коногу.
Бычак мизи үч ичекти кеспестен,
Бүт айтылды, өткөн күндүн жомогу.[132]

Кара күүлөрдүн камбылы, ойнотмо күүлөрдү ойдогудай черткен чеберлердин бири Саадабай Шабданов «Залкарларга таазим» этип, ар бирине «Арноо» ыр саптарын тартуулап келет. Алардын ичинде атагы таш жарган күү алпы Ниязаалыга берген баасы:

«Тарыхын айтып кайрыктын,
Талантка таасир жайылттың.
Күлкү аралаш күү чертип,
«Күү атасы» атыктың.
Нияз ата, Токомо бердиң чоң шыкты,
Артыңдан, топ шакирт эл чыкты».

Ниязаалы Борош уулуна багышталган «Арноолор» аз эмес. Эң башкысы, залкар комузчунун канча күүлөрү унут калбай, шакирттеринин аткаруусунда Кыргыз радиосунун музыкалык «Алтын казынасына» алынып, анын ысмынын түбөлүктүүлүгүнө шарт түзүп жаткандыгында.

132 Т. Үмөталиев. Ырлар жана поэмалар. – Ф., 1967.

## Устатым Саидге

Саид Бекмуратов 1901-жылы Ош областынын Кара-Суу районундагы Жыл-Келди кыштагында туулган. 1934-1936-жылдары Кыргыз мамлекеттик филармониясында иштеген. Кыргыз адабияты менен искусствосунун Москвада өткөн эки декадасынын (1939, 1958) катышуучусу. Кыл кыяк өнөрүнүн белгилүү өкүлү 1966-жылы каза тапкан.

Кыргыздын өнөр залкары Муратаалы Күрөңкеевдин уулу Толтойдун айткандарына токтололу: «Борбор калаадагы Муратаалы Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайында окуймун. Жумасына үч ирет өтүлчү кыл кыякта ойноо сабагын Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти Саид Бекмуратов өткөрчү. Саид аке: «Балам, мээнети катуунун тактаны таттуу» дейт. Мен да атаңдын шакирти болгом. 1939-жылы Маскөөдө өткөн декадага чогуу катышканбыз. Сен ошондой чыгаан тулпардын туягысың. Баса, ошол Маскөөнүн ак сарайын шаңга бөлөгөн Муракемдин арча кыягы барбы? Атаңдын чоң жоргодой кыягы менен сени да маштап көрөйүн...» деп, устаттык узурпатын аяган эмес эле» — деп, эскерген.

Толтой 1964-жылы музыкалык окуу жайын ийгиликтүү бүтүрүп, Карамолдо Орозов атындагы Эл аспаптар оркестрине кабыл алынат. 1976-жылы жаңы уюшулган фольклордук шайырлар тобуна кошулат. Ал аткаруучук эле эмес жаңы чыгармаларды жаратууга да белсенип киришип, «Устатым Саидге» аттуу арноо күүсүн тартуулаган.

Саид кыяк тартууну чоң атасынан жана Нармат, Ашыр аттуу айылдык устаттарынан үйрөнгөн. Анын репертуарында элге белгилүү «Паризат», «Кара башыл ак токту», «Бургуй», «Куу инген», «Бекарстан тайшы», «Ак барак, ботом», «Топ жылкы», «Тизгин күү», «Багылдыр-Тоо» сыяктуу кыяк күүлөрү менен бир катар комузчулук, ырчылыкты кошо ала жүргөн. Мисалы: Муса Баетовдун «Арпанын Ала-Тоосунан», Абдылас Малдыбаевдин «Кызыл жоолукчан», Райкан Шүкүрбековдун «Термелери» сындуу ырларды кыяктын коштоосунда кынабына келтире аткарган. Ошондой эле, коомчулуктун колдоосуна алынган кыргыздын кыйырына тарап кеткен «Бери чык» аттуу ашыглык айтым ырды алгач Саид аке аткарган.

Ат бастырып айлыма,
Келбеген жигит, бери чык.

Ак жоолукту көргөндө,
Дегдеген жигит, бери чык.

Оромолду бош байлап,
Оолжуган селки, бери чык.
О жигитти көргөндө,
Оймоктой көзүн сүзүлтүп,
Отурган селки, бери чык.
Адырдын кызыл гүлүндөй,
Ачылган селки, бери чык.
Күңгөйдүн кызыл гүлүндөй,
Кулпунган селки, бери чык.

Саид аке кара тору, бети жайык, кара каш киши эле, чоң кара мурутун бурап-бурап койчу. Какшык, тамаша сөздү көп билчү эмес. Дайыма гимнастерка кийип кур курчанчу. Каршы-терши саймасы бар көйнөктүн этегин шымданбай ачып коюп, өтүкчөн жүрүүчү. Маектешкенде кезек-кезек мага сырын айтып калуучу. Кээде кыягын толгоп сунчу.

– Мынабу, күйгөндүн күүсү, бул Кедейбайдын күүсү, – деп тартып, кылды басканын көрсөтүп, – сен эми үзбөй келип тур, үйрөнөсүң, карыганда эрмек болот – деп, бир кыягын мага белекке берди.

Бирок Саид акенин сөзүнө көп назар салбай жүрүп, кыякты үйрөнбөй калдым» – деп эскерет күү жыйноочу Буудайбек Сабыр уулу.

«Эл эркеси» Эстебес акын Саид акенин дагы бир мүнөзүн ача кеткени бар: «Кыл кыяктын чебери атактуу Муратаалы Күрөңкеев болгон. Муракемден кийин биз көргөн, бирге жүргөн залкар кыл кыякчы Саид Бекмуратов болду. Саид акени Беке деп коюшчу. Анысы Бекмурат аталыштын кыскарганы. Мен деле бул арноомду кыл кыякчы Бекмурат атап койдум, элге кеңири малым болот го деген ойдо.

Бекем өзүнүн «Паризат», «Бери чык» деген чыгармаларын кыяк менен кошуп ырдоочу, анын аткаруусундагы кыяк күүлөрү аз эмес. Бекем кыяк тартканда эң бир чебер, сыздатып тартар эле. Кыл кыягы менен ырчы кыздарды коштоп ырдатчу. Айрыкча койго карышкыр тийгендеги, койлор маарап, иттер үрүп, койчусу «чойт эле чойт! кетти эле, кетти!» деп чуулдаган, каткырган жерин келиштире тартуучу.

Саид аке эл-жеринин намысын коргогон акниет адам эле. Балдарын, кыздарын искусствого жакындатып чоңойтту. Кызы Бекмуратова Салима Кыргыз ССРинин Эл артисти болду. Уулу Пайызбек да чоң кыякчы». (Э. Турсуналиевдин «Өнөрпоздорду эскерүү» деген макаласынан.)

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Саид агама» | 7180 | 2'00 | Толтой Мураталиев |

## Карамолдого арноо

Күү залкары Карамолдо Орозов (Токтоманбет) Ысык-Көл дубаны, Ысык-Көл району Корумду айылында 1882-жылы жарык дүйнөгө келген. 15 жашынан комузчу болуп аймакка таанылган. 1925-жылы элдик өнөрпоздор менен Фрунзе шаарында өткөн сынакка катышкан. 1931-1954-жылдары филармониянын артисти катары Кыргызстандын кыйырын аралап, такай концерттер берген. 1960-жылы 78 жашында о дүйнө салган. «Сынган бугу», «Көкөй кетсти», «Кара өзгөй», «Шыңгырама», «Камбаркан», «Ботой», «Насыйкат», «Ибарат», «Дүйнө» сыяктуу атактуу күүлөрүн калтырган.

Комуз өнөрүнүн тарыхында Карамолдо деген ысым, анын күү өнөрү өзгөчө урмат менен эскерилет. Күү залкары жөнүндө кимдер гана ой-пикирлерин айтпады, басма бетинде кимдер гана жарыялабады. Кеп аларды санактан өткөрүүдө эмес. Карамолдо дүйнөдөн өткөндөн кийин «Арноо күүлөрдүн» айрым бир шарданы жаралган.

## Улуу устатым

«Карамолдо экөөбүз бир өзөндүн суусун ичип, бирге жайлап, кыштап жүрүп чоңойдук. Молдокемди бала күнүмдөн жакшы билем. Атасы Ороз азыраак чарбасы бар, жоош адам болгон. Бети кызылдуу, чокчо кара сакал орто бойлуу эле. Анча-мынча күү чертүүчү. Молдокемдин кичинесинен эле атасынын комузун чертип ойноп жүргөнүн билчүмүн. Аны көрүп өзүм да комузга кызыкчумун. Шамыркан деген адамдын бизден улуу Каптагай

деген баласы да комузчу эле. Карамолдо Каптагайлар менен бирге ойноп, илээшип жүрүп, а мен 12 жашыман аларды ээрчип жүрүп, комузчулукка оодум. Бизди көрүп, Ашыраалынын баласы Орозакун да комузчулукту сүйүп калды. Ошентип, бир айылдын 4 баласы белгилүү боло баштадык. Кыз-оюндарга, чоңдордун тамашасына дайыма бизди чакырышат.

Карамолдо, Каптагай
Орозакун, Чалагыз.
Бул төртөөбүз баш кошсок,
Ойлоп акыл табабыз.
Комуз чертип, ыр ырдап,
Анча-мынча ырчыны,
Ортобузга алабыз.
Ортобузга алган соң,
Оозуна пыяз салабыз –

деген ырыбыз элге жайылып кетти. Бул ырдын чыгышына төмөндөгү окуя себеп болгон. Айлыбызда Сагынбай деген жамакчы, жарамазанчы зөөкүр чалыш жигит бар эле. Биз жокто Каптагай кыз-оюнга барса, ызаа кылып шылдыңдаптыр. Андан өч алыш максатында ушул ырды чыгарган элек, кийин жеңиш биз тарапта болду. Ал кезде бардыгыбызда анча-мынча үн болгон. Молдокем «Кыз Дарыйканы» ырдап жүрүп, кийин гана залкар кара күүлөрдү чертүүгө багыт алды...

1928-жылы Молдокемди Фрунзеге чакырышты. Бул учурда мен дыйкан шериктештигинин башкармасы болуп иштечүмүн. Кийинки жылы Молдокем айылга келип: «Чалагыз жүр, сен радиого күү чертесиң, аны бүт кыргыз угат, атайын сага келдим» деп алып кетти. Өзүм жай алгандан кийин Орозакунду чакырттым. Орозакун да, Каптагай да өмүрү кыска экен, бул дүйнөдөн жаш кетишти...

Молдокемдин эмгегин өкмөт менен партия баалады. Ордендер менен сыйланды, депутаттыкка шайланды. Молдокемдин бир өзгөчөлүгү бар эле. «Алтын берейин, бир калп айтып койчу» дегенге түк барбады. Молдокем 77 жаш курагында каза тапты. Устатым жана замандашым арабыздан кеткенде оор кайгыга баттым. Молдокемдин эстелигине «Улуу устатым» деген күүнү арнадым».

*(Чалагыз Ыйманкулов).*

## Карамолдо өткөндөгү арман күү

Карамолдо, Чалагыз, Ыбырай сыяктуу күү залкарлары жөнүндө сөз башка. Ал эми Усуп күүгер комузчу жөнүндө кепти «күү дербиши» Буудайбек Сабыр уулунан уксак: «1957-жылы «Жаш Ленинчи» журналында жооптуу катчы болуп иштеп жүргөм. Күндөрдүн биринде Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы Исхак Раззаковдун чакыруусу боюнча Ак үйдөгү кеңешмеге катышып калдым. Чарба маселелери боюнча сүйлөп жатып, алдыңкы катарда отурган Абдылас Малдыбаевге кайрылып: «Ой, биз качанка чейин А. Малдыбаевди карап отура беребиз. Эл ичинде эчен өнөрпоздор жүрөт. Ошолордун музыкалык мурастарын чогултсак боло?» деп калды. Ошондон баштап, күү жыйноого дилгирлигим артып, аспап чеберлери менен кездешип, күүлөрүн үн тасмага түшүрүүгө макулдаша баштадым.

Күндөрдүн биринде Ыбырай: «Ысык-Көлдө Карамолдонун иниси Усуп деген чоң комузчу бар, ошого барып келбейсиңби?..» деп калды. Көп өтпөй жөнөп калдым. Усуп менен Карамолдонун бир тууганлыгын да билдим. Ороздон – Карамолдо, Усуп эки уул жана Үмүт, Калый, Байра аттуу үч кыз экен. Карамолдодон Усуп үч жаш кичүү. Ороздун эки уулу тай-кунандай жарышып, удаама-удаа чоңоюшуптур. Бирок, ата салтын бекем сактап, улуусуна кичүүсү жол берип дегендей, адептүү өсүшүптүр. Күү кумары делөөрүтүп, өнөр өктөмү азгырык салган учурлар болбой койгон эмес. Андайда эки бир тууган ат салыша топко түшүп, күч сынашчу. Тиги топто Карамолдо кайрыктары жаңырса, бул топто Усуптун өнөрү жамгырдай төгүлөт. Ушундай кырдаалда Бишкекте кароо-сынакка катышуу үчүн чакыруу кагазы келип калат. Жердигинен айкөл мүнөз Карамолдо иниси Усуптун демин суутпай, өзү менен кошо өнөр сынакка ала келет. 1936-жылдагы бул чоң сынактан Усуп да илгиртпей өтөт. Бирок, агасы менен бирге артисттик кесипти аркалоого батынбайт. Артистикти Карамолдого ыйгарып, өзү болсо элетте кала берет...».

Күү жыйноочу Буудайбек Сабыр уулунун демилгеси менен 1962-жылы Усуп карыя радионун музыкалык «Алтын казынасына» 43 күү тапшырган. Алардын ичинде «Устат агама» аттуу күүсү да бар.

1960-жылы Тоголок Молдонун 100 жылдык маарекесине катышып келип, Карамолдо ооруп калды. Бейтапканада жатып дарыланды, врачтар жардамын аябады, бирок ажалга аралжы

болбоду. 1960-жылдын 8-июлунда жарык дүйнө менен кош айтышты. Калкыбыз каңырыгы түтөп, ордун жоктоп, кайсалап, карайлап узатты. Уялашынан ажыроо Усуп үчүн унутулгус убайым, чексиз күйүт болду, улуттук музыка өнөрүбүздүн бир өңүрү эңшерилип, кыргыз күүсү кыйла бөксөрө түштү.

Ысмайыл төкмө айткандай: «Карамолдо өлгөндө кайышып турдук көмгөнгө». Ак кепиндеп, аруу жууп, айкөлдүн арбагына бата жолдоп, бейитине бир ууч топурак салып, жер дүңгүрөткөн өкүрүк менен түштү, кайран эл. Сакалынан жашы чубуруп, колундагы өрүк комузуна кошулуп өксүп, өкүрүп уялашы Усуп ызаага муунуп турду. Ошондогу кайрыктар «Карамолдо өткөндөгү арман күүгө» айланган.

Бир жолу Осмонкул төкмө Карамолдо менен биздин айылга келип калды. Эл урмат менен эки шайырды тосуп алды. Осокем жамгырдай ырын нөшөрлөтүп, казак, кыргыз өнөрпоздорунун аттарын атап, кимиси кандай ыр, кандай күү менен эл көзүнө көрүнгөнүн айта келип, ырынын акырында мындай деген саптарды төктү:

Алты арыш кыргыз элдеги,
Ардакталган эмгеги.
Таанымал Карамолдо бул,
Таланттуунун сергеги.
Теңине келбейт теминсе,
Сансыз ырды мендеги.

Музооке, Муратаалынын,
Баса түшкөн изине.
Күн-түнү чертип таңшытса,
Бөксөрүп койбойт кичине.
Түмөн күү кантип батты экен,
Алмадай баштын ичине?
Күүлөрү ырдан таттуураак,
Түшүнүп уккан кишиге...

## «Майрам күү»

Карамолдонун 100 жылдык маарекесине байланыштуу өткөрүлгөн салтанат 1982-жылы Каракол шаарынын чоң стадионунда болду. Маарекенин урматына 100 комузчудан турган

ансамбль «Ибаратты» ойногондо майрам шаңы көркүнө чыгып, улут өнөрүнө кызыгуу кыйла жандана түштү.

Комузчулар сынагынын жобосуна ылайык Карамолдонун күүлөрүн чертүү менен ар аткаруучу өз күүсүн калыстар баамына сунуштамак. Карамолдонун улуулугуна болгон менин кызыгуум, сүйүүм майрамдык салтанатка туш келип жаткан себептүү автордук чыгармамды «Майрам күү» деген аталышта калыстар баамына алып чыккан элем» деп эскерет комузчу Намазбек Уралиев.

Сөз соңун төкмө Тууганбай Абдиевдин Карамолдого арноо ыры менен жыйынтыктайлы:

...Күнүгө күчөп капасы,
Күү издейт күн-түн атасы.
«Күүлөргө талгак болгон» — дейт.
Күмөндөр кезде апасы.

Атылат вулкан тереңден,
Аз чыгат андай чеберден.
Ар жакта «мыдыр» болбосо,
Ачытпайт начар көрөңгөң.

Ал эми болсо Молдокем,
Ала-Тоо аттуу өрөөндөн.
Аябай күүгө «чыланып»,
Ай-күнү жетип төрөлгөн.

Тартылган күүгө санаасы,
Таланттын залкар даанасы.
Алчылап кылды баса албас,
Адамдан кыргыз баласы.
Канча миң жолу чертсе да,
Кайрыктын болбойт чаласы.
Ойлоном эки колунда,
Он бештен беле салаасы?!
Тааныткан күүнүн атасын,
Таппайсың уксаң катасын.
Күлүк деп билем комузун,
Күмүштөн урган такасын.
«Кайрышам» дешип келишип,
Карманган көбү жакасын.

Көңүлү толкуп көл болуп
Токтогул берген батасын!

Карашы көл тынч жаткандай,
Кабагы аткан ак таңдай.
Алп талант туруп ошончо
Ал жашап өттү мактанбай,
Жыргачу жаның черткенде
Жылаажын үнүн каккандай.
Алтымыш киши биригип,
Ансамбль ойноп жаткандай.

Кылдарда манжа бийлечү,
Капкакка катуу тийбечү.
Кайрыгын бирден эсептеп,
Камырдан бетер ийлечү.
Бирдеме жасап бурмалап,
Бирөөнүн «тонун» кийбечү.
Комузун тилге келтирип,
Колдору гана сүйлөчү.

Молдокем чертип жатканда,
Момурап ойго батканда.
Кыялы кырк миң бел ашып,
Кыдырып кетчү кап-кайда.
Кайгылуу жерин кайырса,
Кабагын кар жаап ак жайда.
Жайдары жерин кайырса,
Жай болуп калчу бат кайра.

Маңдайы нымшып тер болуп,
Магдырап калчу көл болуп.
Толкуну өркөч баштанып,
Толкучу кайра жел болуп.
Калкына калган мурасы,
Казына байлык кен болуп,
Жашайт ал эми дайыма,
Жашына күүсү тең болуп!

**Радионун музыкалык «Алтын казынасынадагы» күүлөр:**

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Карамолдо өткөндөгү арман күү» | 9475 | 4'44 | Усуп Орозов |
| 2 | «Устат атама» | 705 | 3'42 | Сабыр Орозов |
| 3 | «Атамды эскерип» | 3705 | 3'40 | Бурканбет Орозов |
| 4 | «Улуу комузчуга» | М.508 | 2'23 | Касымупту Салманов |
| 5 | «Майрам күү» | 8846 | 4'05 | Намазбек Уралиев |

## Ыбырайга арноо

Күү залкары Ыбырай Туманов 1885-жылы Ысык-Көл өрөөнүндөгү Ак-Суу аймагынын Жыргалаң дарыясынын боюнда жарык дүйнөгө келген. 1936-жылдан 20 жыл Кыргыз филармониясында эмгектенген. 1967-жылы 82 жаш курагында Каракол шаарында каза болгон.

Ыбырай узун бойлуу, кең далы, барбагай мурун, айры сакал, суйдаң мурут, жылдыздуу адам эле. Кыт куйгандай оор басырык, күнү-кечке мандашынан жазбаган, конгон бүркүттөй отурушу калбаат, төрдүн төбөсүн бүт ээлеп, башкалардан бараандуу көрүнүүчү. Айрыкча, комуз чертип жатканда ажары ачылып, шаңдуу. Опсуз ойкуштап, куудулданып, тышкы эффектиге азгырылчу эмес. Күрөктөй чоң колду салмак менен шилтеп, беш манжанын илбериңки ийкеминде кайрыктар канат сермечү. Түнү-күнү тажабаган, таманы кызыган тулпардай элирип кетүүчү. Ыбырайдын элесин замандашы-курдашы Осмонкул төкмө төмөндөгүчө сүрөттөгөн:

Кожомкулдай түрү бар,
Корулдаган үнү бар.
Алачыктай зор киши,
Аны байкап билип ал.

Бир койдун кылын бүт таккан,
Бир күндө аны үч таккан.
Сыдырып жатып жүз таккан,
Тегин жерден күү тапкан.
Комузчуларга сын таккан.
Комузун колго бергенде,

«Жаш тилекке» келгенде,
Тепкенин жогору жагына,
Тегирмендей чоң колду,
Тегеретип чуркаткан.

Тумандын уулу Ыбырай,
Комузчунун кыйыны ай!..

Комуз музыкасынын чордонунда «кара күү» жанрынын негизги өкүлдөрү катары элибиз Карамолдо, Ыбырайды тааныган. Калк айтса калп айтпайт: «Күү атасы – Карамолдо» дешсе, «Күү зергери» деп Ыбырайды эскеришкен. Карамолдо адетте, эзелки күүлөрдүн ажарын ачса, Ыбырай жаңыны жараткан, жоктон барды тапкан.

Залкарлардын көзү өтүп кетти, артында мурастары калды. Алардын жолун жолдоочулар аз эмес. Ыбырайдын өнөрүн тумардай бапестеп, аны улантып азыркы күндүн атактуу комузчусу Зайнидин Иманалиевге кезек өткөрөлү.

## Ыбырайга таазим

«Ыбырай Туманов жөнүндө эскерүү жазууга даабай жүрүп, анан колума калам алдым. Минткенимдин жөнү бар. Мурда Ыбыкем башка комузчулардай эле сезилчү. Бара-бара күүлөрүн үйрөнө баштаганымда, жок, түшүнө баштаганымда бир керемет дүйнөнүн босогосун аттагандай болдум. Көрсө, ошол кереметтин башатын аңдап-билгенге даярдыгым жетпептир. Ошол күүлөрдүн толкунуна сүңгүгөн сайын алдыма бир ажайып дүйнө ачылып, ал мени эркиме койбой жетелеп кеткенсиди.

Аттигиниң! Ал кишини көрө албай калдым! Болбосо бир аз таалим алып, же бир-эки күүсүн өзүнөн укканымда, барбайган манжаларында ойдологон сырларды ачып, түбөлүк кесип кылып алган комузчулук өнөрүмдө тумардай сүйүп жүрөр белем? Мен ичимде аны «көрүнбөс устатым» деймин.

Ыбырай жөнүндө В. Виноградовдун, К. Күмүшалиевдин, А. Салиевдин, Б. Алагушевдин, А. Кайбылдаевдин жылуу пикирлери мага тааныш. Күүнү билгени менен чертүү чеберчилигин келтирүү оңойго турбас. Терип, илип чертүчү жерлерди деле шалкылдата койгулап, жоо куугандай шабыраткан комузчуларды көрүп жүрөбүз. Күүнү Ыбырайдай аткарыш үчүн Ыбыкемдин көзү менен карап ойноо техникасын ордуна коюу керек. Ыбырай бир

эле күүсүндө илип, терип, чымчып, шилтеп чертүү ыкмаларын колдонот.

Өктөбүр таңы атты, илим-билимди эңсеген жаштар жапа тырмак сабаттулукка бет алышты («Жаш тилек»), айыл чарба коомдоштурулду («Колхоз куралы»), өнүгүүнүн жалпы жолдоруна жол ачылды («Беш жылдык»), жаштар эмгекке бет алышты («Боз салкын»), индустриализация дүркүрөп өнүктү («Паровоз»), Москва калаасына каттамдар («Жүрөгүм Москва»), фашисттерди талкалоо («Жеңиш»), бүлүнгөн чарба өз нугуна түштү («Эмгек баатыры»), бейкут турмушка жол ачылды («Жыргал күн»), улуттар биримдиги («Эки дос»). Бул жомоктогудай баяндын ары жагында Ыбыкем күү менен элестеткен турмуш чындыгы — карт тарыхтын көркөм таржымалы жатат. Кыргыз радионунун алтын казынасында 120дан ашык күүлөрдү жаздырган. Бул биздин музыкалык маданиятыбыз үчүн кылазык. Мен Ыбырайды пир тутам. Бул, балким, экөөбүздүн дүйнөгө көз карашыбыздын жакындыгынандыр, а балким чыгармачылыктын көрүнбөс таалими туташтырып тургандыр? Айтор, ага болгон урматтоомду комуз аркылуу баян этип, тун күүмдүн атын «Ыбырайга таазим» деп койдум.

## Устатым менин Ыбырай

Аткаруучу, обончу, комузчу катары калкка таанымал, акыркы өмүрүн «Азиздер коомунда» өтөгөн, Ыбырайдын жакын туугандарынын бири Кеңеш Сулайманов устаты Ыбырайга арнаган күүсүн радионун «Алтын казынасына» жаздырган. Кеп кезегин ушул багытка бурсак: «Мектепти бүтүп, 18-19 жашымда Каракол шаарындагы драма театрында иштеп калдым. 1949-жылы Ыбырай атамдын кеңеши боюнча өнөр сынагынан өтүп, Фрунзе шаарындагы филармонияга артисттикке кабыл алындым. Жашаган жерим да Ыбырай атамдын үйү эле. Атамдын «Торжорго» аталган комузун Жансерке уста чааптыр. Күлүктөй өкүм бул комузду черткенимде кайрыктар канаттуу куштай кайкып, ала качып кетүүчү. Комузга кыл жасаганды, такканды да Ыбырай атам үйрөттү. «Балам, комузду алып кел» — дейт. Алып келем. «Кана, комузга кылды такчы» — дейт, өзү карап турат. Кылдарды сыдырып көрүп, кичине бүдүр болсо, алдырып таштап, кайтадан жаңысын тактырат. Курч күмүш макиси болор эле, чач алдырчу. Комуздун бетин эч качан маки менен кырып тазалачу эмес, кирди жоолугу менен сүртүп

кетирчү. Командировкага чыкканда куржунун ала жүрүүчү. Анда ич кийимдери, насывай, комуз кылдары сакталчу.

Кайсы бир жылы Жалал-Абад-Фрунзе самолету менен учуп калдык. Ыбырай атам насывайын түкүрөм деп баратып, салондо чалынып жыгылып, бутун сындырып алды. Стюардесса ошол замат самолеттон врачка кабар берген экен. Фрунзеде «тез жардам» күтүп туруптур. Ыбырай атам аларды кабыл албады, түз эле үйүнө келип түштү.

– Балам, Саякбайды, Чалагызды чакыр, – деди.

Саякбай ата талчыбыктан кырктырып бутуна шакшак койду. Ыбырай атамдын буту күпчөк болуп шишип кеткен, күмүш макиси менен өтүгүнүн тигишинен сөгүп жатканда бир жолу кыңкыстап койсочу. Бир айдан кийин Чалагыз ата шакшакты алганда, Ыбырай ата таканчыктабай басып кеткен.

Күндөрдүн биринде филармонияда концерт берилип, түнүндө үйгө келатабыз. Панфилов паркынын кире беришинде эки-үч орус жигиттери алдыбыздан чыгып тийише баштады. Ыбырай атам дың этип кенебей, чөнтөгүнөн насывай чакчасын алып чыгып, шаркылдата баштады эле, чакчага чегерилген күмүш чеге ай жарыгында жаркылдай түшкөнсүдү. Тиги үчөө тапанча же шамшар дедиби, безген боюнча качып жоголушту.

Ыбырай атамдын үй оокаты жупуну эле, бирок казан-аягы кеңири. Эч качан базардан кадактап, эт чаптырып алчу эмес. Устукан бузулуп калбагандай сан эттерди бүтүн чаптырып, «беш бармакка» арнап, көтөрүп келчү. Көп учурда базардан сатып алган кой жаныбарды жетелеп келип, күмүш курун белине курчанган боюнча экинчи кабатка бир тынбай көтөрүп чыкчу. Артисттер, атайын кордолгон бозо ачыттырып, ыр-күүлөрдүн коштоосунда ичишчү. Ыбырай атамдын дагы бир өзгөчөлүгү үйдө бозону «кайната ысыттырып, чайча ууртап иччү...».

Ыбыкемдин мүнөз-турпатындагы, кылык жоругундагы кайсы бир өзгөчөлүктөр жөнүндө ушундайча кеп сала отуруп, комузчулук өнөрүнө да колдон келишинче кооз окуяларды кошумчалады. «Ачыла элек сандыкта...» дегендей Кеңештин ырчылык, комузчулук өнөрү менин да делебемди козгогон учурлар аз болбоду. Бир жолку отуруш маекте «сиз Ыбыкемди иликтеп жүрөсүз, мен болсом атама арнап бир күү чыгардым эле, ошону ортого салсамбы деп турам деп, сыпайыгерчиликте менден руксат сурап калды да «угуп, оюңузду айта жүрөрсүз» дегендей ишарат белгисин жасады Кеңеш.

– Күүңдүн аталышы кандай? – деген менин суроомо:
– «Устатым менин Ыбырай», – деп жооп узатты.

Кеңештин өмүрүнүн акыры кейиштүү өттү. Алты санынын бири көзүнөн ажырады, ал аз келгенсип, аялы о дүйнө салды. Айла жок, акыркы кезде азиздер коомунда аркы дүйнөгө узады.

Төп келтире кыл термеп, оолукканда обон созгон төкмө акын Эстебестин Ыбырайга арнаган ырынан:

Кандай күү чертсе окшотуп,
Кайгы күү чертсе боздотуп.
Кайруулары бир укмуш,
Качанкы кезди козгошуп.
Казына байлык мүлк экен
Калкыма келген топтошуп.
Карамолдо, Ыбырай,
Катар чыкты окшошуп.
Ыбыкем көлдүн башынан,
Ышкылуу чыккан жашынан.
Күүлөнүп комуз черткенде,
Күүлөрү суудай ташыган.
«Жаш тилек», «Жыргал», «Кеңешин»,
Жайнаткан күүнүн мөмөсүн.
«Боз салкын», «Жеңиш», «Миң кыял»
Балкытат адам денесин.
Окшошпойт бири-бирине,
Ойлордун берет элесин.
Олбурлуу, албет, чоң киши,
Опол тоого теңейсиң.

Азыркы өнөрпоздордун алдында кадам шилтеп бараткан Казакбай Абдышев «Кылым инсандары» аттуу китебинде Ыбырайдын элесине төмөндөгү ыр саптарын арнаган:

«Ыкыласын бүтүндөй берип черткен,
Ыбыкемдин күүлөрү ай!
Терип черткен.
«Боз салкын», «Жыргал күндү» эшиткенде,
Бүткөн боюң көлкүлдөп эрип кеткен.
Баланын балтырындай бармактары,
Башка кылга тийгизбей таза черткен.
Кайрыгы, ыргактары күүлөрүнүн,

Ченде жок, өтө бийик ченге жеткен.
Чынында черте албаймын күүлөрүңдү,
Чыгынбай ыкшоолонуп жүрбөдүмбү.
Алтымышка жаңы аттап киргенимде,
Алдыма максат койдум – үйрөнүүнү.
Ырымды ушу менен токтотоюн,
Ыбыкемдин күүлөрүн берип жатыр.
Анда эмесе экранга кулак төшөйм,
Аларды абдан уккум келип жатыр.[133]

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Ыбырайга таазим» | 6132 | 4'30 | Зайнидин Иманалиев |
| 2 | «Устатым менин Ыбырай» | 6514 | 5'05 | Кеңеш Сулайманов |

## Атайга арноо

Атай 1900-жылы Талас району, Көк-Кашат айлында туулган. 1935-жылы Кыргыз мамлекеттик театрына кирип, кийин филармонияда солист болуп иштеген. 1949-жылы 49 жаш курагында о дүйнө салган.

Комузчу, ырчы, куудул, аткаруучулук… өнөрү менен атпай журтка атагы дайын Атай дүйнөдөн көзү өткөндө кайгырбаган киши калбаган. Төкмө акын Ысмайыл Борончиев бул кейиштүү окуяга поэзия тилинде болушунча сүрөттөмө берген:

Таластан Атай чыкты эле,
Таңшытып комуз чертишке,
Таасын эле, мыкты эле.
Комузчу Атай өлгөндө,
Кордугу кыйын шум ажал,
Кол барбай турду көмгөнгө!..

1990-жылы комузчулар ансамблине жетекчилик кылып, күү өнөрүнүн өркүндөшүнө өз үлүшүн кошуп кеткен өнөр шайырларынын бири Асан Сейдалиев менен Таласка барып калдым. Көптөгөн кездешүүлөрдүн бири Калбаа айлынын жараны, аймак комузчуларынан Өмүрбек Алыбаев менен болгон. Өмүрбек атактуу

133 К. Абдышев. Кылым инсандары. – Б., 2003.

комузчу Атайдын жээни, айтылуу шайыр Эркесарынын айылдашы, калкыбызга таанымал Шекербек, Сейдракман, Серектердин жердеши болуп чыкты. Кыздардан чыккан комузчулардын чыгааны – Козубекова Мейилкан бизге кудача болот – деп аңгемесин улады Өмүрбек комузчу.

– Чынын айтсам, – дейт Өмүрбек, – биз таластык комузчулар, күү өнөрүн «Атай мектебинен» өркүндөтүп келебиз. Атайды биз ар дайым эскеребиз. Андай учурда анын «Өлүм алдында» күүсү кыялыбызда кылактап, акыл-сезим дүйнөбүздү арбап туруп алат. Атай бул күүнү ажал алкымдап, жан чиркин жаннатты көздөп, өмүр өзөгү үзүлүп бараткanda жаратканын жакшы билебиз. Кээде эсин жоготуп, кайта өзүнө келип... ажал менен арбашып, ага арачы болгон аспап кылдарына колу жармашып... үч кыл үндөө салып, ушундай кыйын абалда атайылап киши чаптырып, Жолдошалы молдону алдырышат. Молдокенин кыраат окуган сүрөөсү дем бердиби, эки дүйнө ортосунда жан талашкан Атай бечара көзүн ачып, комузун кармалайт. Үч кылга тил кирип, «Өлүм алдында» кайрыктары жыбылжыйт да кумга сиңген суу тамчысындай таптырбай жым-жым болот...»

Өмүрбек ушул таризде күү баянын ташпиштей отуруп, «Өлүм алдынданы» өз деңгээлинде Асан менен алма-телме чертти. Андан соң Атай о дүйнө салгандагы кошокту козгоп, Өмүрбек өзү жараткан «Атайга арноо» күүсүн алдыга тартты. Өмүрбектин бул күүсү радио тасмага алынды бекен? Белгисиз. Азырынча Атайга арноолордун бири бул баянды сөз арасына коштой кетели:

Алтындын боосу үзүлүп,
Ак шумкар учту туурунан.
Ажалдын чаап капканы,
Айнектей көзүң жумулган.
Кайран Атай өнөрү,
Калайык калкка угулган.
Комузун кармап чоңойгон,
Конушу кылып Калбааңы.
«Атайлап!» ыйлап турууга,
Артыңда эркек калбады!
Шайымкан, Орун жеңелер,
Зар какшап калды ал дагы.
Токтогулдун комузун,
Кармадың эле жашыңдан.

Каршы келип шум ажал,
Кара жерге жашырган.
Айрылып калдык амалсыз,
Арман ай! Атайдай булбул асылдан.
Элүү жашка жаңы эле,
Келди эле өмүр кырдаалың.
Алдыда өтөр турмуштун,
Көрбөй кеттиң жыргалын.
Кайгырып жалпы кейиди,
Калың кыргыз тууганың.
Айтылуу Атай» дедирип,
Арман ай! Арабызда турбадың.
Айдаса жолго чарчабас,
Алдыда чуркар жорго элең.
Артисттердин ичинде,
Курулуу турган ордо элең.
Карайлап калдык калың журт,
Кандай, эртерээк кеткен шордуу элең?
Кайран Атай, кантели,
Артыңда калды жыйганың.
Өкүмү кыйын тагдырдын,
Өлүмгө сени кыйбадым.
Бирок, «о дүйнө кетти!» дегенде,
Озондоп катуу ыйладым.

Буйрук экен кантели,
Аргасыз аны сыйладым.
Ырдалып жүрөт дайыма,
«Күйдүм чок», «Гүлдөй» ырларың.
Кайырлуу болсун артыңыз,
Жолдошуң болуп ыйманың.

«Арман» кылып айтабыз,
Алтын чынар сынганын.
«Арноо күүгө» салдык биз,
Өмүрбек, Асан тууганың…

«Мен Атай менен 1935-жылы Таласта кездештим. Жазы маңдай, кашы сыйда, көзү ойноктогон, мурду кырдач, оозу

оймоктой, чап жаак, кызыл жүздүү жигит экен. Комузда кол ойнотуп черткенде мүдүрүлбөс күлүктөрдөй шартылдап, кыргыйдын канатындай зыпылдатып, кылга эки колу тең тийип, комузда кош добуш чыгара чертчү... Атай жүргөн жер кыраан-каткы күлкүгө, ыр менен күүгө толуп кетчү.

Оң жеңин чыканакка түрүп алып,
Кашкайып элди карап күлүп алып,
Кулагын комузунун толгой келип,
Өзгөчө созолонгон обон салып.
Атайдын ошондогу укмуштуусу,
«Гүл» менен удаа согуп «Күйдүм чогу»
А десе комуз менен үнү бирдей
Ким билет? Атай өңдүү барбы – жокпу?
*(Чалагыз Иманкулов)*

«1948-жылы Таласка Алымкул аксакал баштап бир бригада артисттер барып калдык. Таластын жогорку жагында «Октябрь» колхозунун башкармасы өз үйүндө кабыл алды. Атай ушул айылдан экен. Катуу ооруп жүргөн кези. Келип Алыкем менен кучакташып көрүштү. Атай комузун алып «Өлүм алдында» деген күүсүн чертти. Күү укмуш. «Өлүп баратканда мындай, жан чыгар кезде мындай» деп, көзү-башын аңтарып, кишини тим эле жүрөгүн түшүрөт. Колдору комузга жаралгандай, кылдарын кишидей сүйлөтөт. Атай жөнүндө мактоого сөз таппайсың.

Кечээ эле Атай тирүүндө,
Кер мурут жапжаш күнүндө
Кенедей бала кезегим,
Көрүштүк Макен үйүндө.
Келин-кыз ашык – суктанып,
Кебете келбет түрүнө.
Шаңшыган добуш, таттуу ыр,
Жаак менен тилинде.
Өлбөй кал, Атай обону,
Өзүнчө жаткан дүйнө.
«Эсимде», «Булбул», «Күйдүм чок»,
Эрибейт кимдер «Гүлүнө»?
Оозуң калат ачылып,
Ойносо комуз күүнө.

Огонбаев Атайды,
Дүйнө эли билди бу күндө.

«Ак тамак менен Көк тамак»,
Атайдай кимдер аткарат?
Апыртып айтсам колунун,
Ар салаасы автомат.
«Кыйыны комузчунун» деп,
Кылымга аты сакталат.
Аткарып жаштар күүңдү,
Ааламды жүрөт аралап.
Андыктан Атай өлгөн жок.
Аты өчпөйт, дайым сакталат.[134]
*(Эстебес Турсуналиев).*

«Алтымыш» өнөргө алымсынбай «Жетимиш» өнөрдү желкелеп жүргөн, алардын ичинде акындык, комузчулукту ардактап сүйгөн, ал сапаттары менен заманыбызга бир келген талант ээси Казакбай Абдышев «Кылым инсандарына» Атайды мындайча киргизген:

Оң колун ойкуштатып түркүн кызык,
Ойнотуп комуз черткен Атай эле.
Ой-сезимди уйку-соо үргүлөгөн,
Ойготуп, ырдап өткөн Атай эле.

Артыңда «Ой булбулдай» ырың калды,
«Ак тамак – Көк тамактай» күүң калды.
Качан чыгат таланттар сага окшогон?
Кайталангыс кубулжуп үнүң калды.

Атайлар... Ким ойлоду, көзү өтөт? – деп,
А бирок, ажал деген жете келди.
«Бири кем дүйнө» деген ушу тура,
Бири кем – 50 жашта кете берди.
*(Казакбай Абдышев).*

Мейилкан Козубекованын сунушу: «Атайдай улуу өнөрпоз болбосо, комузчулар ансамбли бүгүнкүдөй бийиктикке жетмек эмес. Ошондуктан, окуучулары, шакирттери Атайдай устаттын нукура кайталангыс талантына таазим кылалы».

134 Э. Турсуналиев. Ак таңдай. Ырлар жана эскерүүлөр. – Ф., 1991.

## Мыскалга арноо

Мыскал 1915-жылы Жумгал өрөөнүндөгү Эпкин айлында туулган. 1976-жылы 25-декабрда каза тапкан. 1936-жылы Эл чыгармачылыгынын республикалык I-олимпиадасында I-сыйлыкты жеңип алган. 1940-жылы Нарын шаарындагы облусттук театрга кирет. 1941-жылдан 1965-жылга чейин Кыргыз мамлекеттик филармониясында иштеген. 1958-жылы Кыргыз адабияты менен искусствосунун Москвада өткөн декадасына катышкан. Мыскалдын ысымы Жумгал орто мектебине ыйгарылган.

Мыскалдын атасы Дүйшө орто чарбалуу адам болгон. Түпкү теги кол баштаган кадимки Качыке баатыр. Качыкенин кичүү аялынан Эраалы баатыр, андан Түлөкө баатыр, Түлөкөдөн Кангелди, андан Орозган, андан Дүйшө. Мыскал ошол Дүйшөнүн кызы. Илгерки баатырлар, адетте, жалгыз аттуу, жалаң тондуу жарды жашашкан. Дүйнө кубалаган эмес.

Бир жолу Куйручук куудул Дүйшөнүкүндө конок болуп отуруп, беш жашар Мыскалга батасын берген.

Кереметтүү кең Чүйдүн Асылбаш деген айлында артисттер концерт беришет. Эл суранып, Мыскалды ырдатышат. Меймандарды тосуп жаткан Асылбаш айлынын башкармасы Асанкан Жайнаков Мыскалды жактырып калып, баш кошушат. (Мыскалдын мурунку жубайы Сагыналы согуштан кайтпай калган). Булар бала-чакалуу болушат, бактылуу өмүр сүрүшөт.

Мыскал табият тартуулаган ырчылык өнөрүндө «көркөм дүйнө» эмне экенин көрсөтө алды. Көптөгөн элдик ырлардын ичинде үндү созуунун, кооз ыргагын «Алымкан» аркылуу алып чыкты. Эскерте кетерибиз: экинчи Мыскал жаралар бекен? Кылымдар карыйт, бирок улуу ырчынын керемет үнү карыбайт, ал түбөлүктүү добуш.

Абалтан кыргыз калкыбыз,
Ардактап сүйгөн кыздарды.
Алардын бири дейличи,
Өнөрү тоодой Мыскалды.
Шаңшыган бийик үнүнө,
Бир кезде аалам суктанды.

Алмадай кезден элинен,
Алды го алкыш-батаны.
Армандуу жери — бир гана,
Эже, азыраак өмүр жашады.

Атпай журтка, ааламга,
«Алымкандан» таанылган.
Айтылгандардан угамын:
А киши ырдап жатканда,
Алты мүнөттөн кем эмес.
Алакандар чабылган.
Баалай билсек эжебиз,
Кыргыздын бактысына табылган.

Жашырган менен эмине,
Мыскалдай ырчы чыга элек.
Чыкпагандын себеби,
Ага табигат кооз үн берген.
Ал кишинин өнөрү,
Кылымда барып бир келген.

Алымкул, Калык, Осмонкул,
Карамолдо, Ыбырай,
Кызындай көрүп сыйлаган.
Мыскал ырдап жатканда,
Адамзатты мындай кой,
Табыйгат дагы кошулуп,
Татына созгон добушту.
Тан берип сүйкүм тыңдаган.
*(Замирбек Үсөнбаев)*

Казакбай Абдышевдин эжеси Мыскал Өмүркановага «Арноо ыры»:

Жашоосунда адамдын арман барбы?
Жаркырап оту өчпөй жанган барбы?
Жаны бек, түбөлүккө өмүр сүргөн,
Жалганга түркүк болуп калган барбы?

Мыскал эже айтылуу Жумгал жактан,
Талантка даба болор суулар аккан.
Кадимки Таттыбүбү, Мидикемдер,
Касиеттүү ал суулардын даамын таткан.

Адам өлөт. Артында үйү калар,
Очокто додолонгон күлү калар.

А бирок, Мыскал эже жөнү башка,
Аба жарып шаңшыган үнү калар.

Куштун баарын берсе дагы жаз мага,
Мен эжени алмаштырбайм башкага.
Сейрек чыкчу мындай үндү, чиркин ай!
Жазып койсо жаңырыктуу аскага.

Угат эле улуу тонун улары,
«Мага бүткөн зор бакыт деп бу дагы».
Мен гана эмес жаратылыш тыңдасын,
Жаңыра бер, Кыргыз үндүн – Кудайы!
*(Тургунбай Эргешов).*

Кыргыз элинин маданият дүйнөсүндө өзүнө теңдеши жок улуу ырчы Мыскалдын ким экенин көрүп-билип жүргөндөр эскерет. Бирок кийинки муундун өкүлдөрү үчүн улам белгисиз болуп баратышы чочулоону туудурбай койбос. Ага себеп – азыркы жаштардын көбү кыргыз эмес, «киргиз» болуп бараткандыгында.

Аалам алкагында бир ууч элди «кыргыз» кылып тааныштырчу белги: манас айтуу, төкмө акындык ырчылык, комузчулук өнөр. Ошол өнөрдү туу туткан кыраан өнөрпоздор кыргыз. Сагымбай, Саякбайдын «Манасынан», Карамолдо, Ыбырайдын күүлөрүнөн, Куйручук, Шаршендин куудулдугунан, Атай, Муса, Мыскалдын обондуу ырларынан рухий кенчибизди сактай алсак, булардын ысымын кылымдардан кылымдарга жеткире алсак, муундарыбыз «кыргыз» болуп жашай алмак.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Таалайлуу элдин бир кызы» | 49 | 2’00 | Осмонкул Бөлөбалаев |

## Актанга арноо

Асанбек Кыдырназаров менен аңгеме-дүкөн куруп, азилдешүү ажайып окуяга айланаар эле. Бирде колунда комузу сүйлөсө, бирде оозунда сөзү коштоп, күү өнөрүнө өзгөчө күлпөт куруп жиберчү эле. Ошондой кездешүүлөрдүн биринде Асакемдин колунда комузу ойноп, «бул күү кайсы?» деп сурапастан, күдүктөгү суроонун жандырмагын чечүүгө киришти:

– Бул күүнү атактуулардын бири Аткан Тыныбековго арнагам, – дегени бар. – Алдыңдагы күмүш чакчаны карачы. Мунун да кызык баяны бар: Кезегинде бул чакча Актандын чөнтөк сааты болгон. Сааттын чакчага кубулуп кетиш сырын билгиң келип тургандыр. Ал мындай: Актан менин атам Кыдырназар менен сырдаш киши эле. Чынжырлуу күмүш саат алгач атама тартууланган кымбат баалуу белек болчу. Аны көпкө чейин кастарлап атам урунуп жүрдү. Кийинчерээк саат мага өттү. Адам карыган сыңары буюм да эскирет. Мезгил саатты жарактан чыгарды, бузулуп жүрбөй калды. Алпарбаган усталар калбады. «Мындай саатты оңдой албайбыз, буга керектүү тетиктер бизде жок» дешти. Айлам куруду. Ыргытып жиберүүгө дитим барбады. Анткени, Актан агадан, атам Кыдырназардан калган эстелик. Акыры сааттын ичиндеги тетиктерин алып ыргытып, дайыма жанкалтага салып жүрүүчү чакчага айландырдым. Нас аткан сайын Актан аганын элеси көз алдыма тартылып, эңсөөм жанып, кумарым кана түшөт. «Эң сонун эстелик эми болбодуңбу?» деп, чакчамды шылдыратып кубанып калам.

Менин комуз чертип ушул даражага жетишиме Актан аганын өрнөгү айтып түгөткүс деп сыймыктануу менен эскерем. Актан көп өнөргө эгедер, ар тараптуу өнүккөн адам эле. Ошолордун ичинде комузчулугу бийик турган десем жаңылбасмын. Карамолдо, Ыбырай, Атай, Чалагыз, Эркесарылар сыяктуу чыгаан күүчү комузчу болуучу. Өкүнүчтүүсү күүлөрү жазылбай көпчүлүккө жетпей калды. Комуздун толгонушун, чертүү ыкмасын, күү жаратуунун машакаттарын, кылды кандай жасоо керек баарына насаат берип, көрсөткөн үлгүсүн кантип унутайын? Кийин мен да күү чыгара баштадым. Алгачкы күүлөрүмдүн бирин Актан агага арнап, музыка дүйнөсүнө ал кишинин элесин кошкум келди.

Актандын баласы согуш мезгилинде аскерге кетти. Баласына арнап, сагынычтан улам ыр чыгарган, анын өзүнө жарашып турган обону да бар эле.

«Келсе, келсе, келсе экен,
Келип Динарасын көрсө экен...» –

деп, күү кайрыгына ошол «Келсе экендеги» созулмаларды негиз кылып алгам.

Күүнү радиого бердим. Шумдугуң кургур! Күү «Актан ага» аталбай «Кеңеш» болуп, кээде «Тилек» болуп чертилип, кубулуп

кетсе болобу? Жакамды кармадым. Менин оюмча, чыгарманын атын өзгөртүү – автордун иши го…».

Тарыхта таасын ысымы калган талант Актан Тыныбеков 1888-жылы Нарындагы Өрнөк деген айылда жарык дүйнөгө келген. 12 жашка караганда атасы Тыныбектен айрылат. 13 жашынан ата таалимин улап, «комузчу, ырчы» аталып, элге таанылат.

Өктөбүр төңкөрүшүнөн кийин Өрнөк айлынын билерманы алгач айыл өкмөткө төрага, андан колхоз башкармалыгына көтөрүлөт. 1933-1936-жылдары Нарын радио түйүнүндө иштейт. Октябрь айында өткөн Эл чыгармачылыгынын республикалык олимпиадасы Актандын өнөрүн баалап, борбор калаадагы филармонияга калууга сунуш кылат. Актандын өмүрүндө чыгармачылыктын жаңы тилкеси башталат. Мураталы, Калык, Осмонкул, Алымкул, Атай, Карамолдо, Ыбырай, Саякбай, Муса, Шаршендер менен үзөңгүлөш жүрөт, «күү» десе күү, «ыр» десе ыр, «сөз» десе сөз, төгүлөт жүрөгүнөн, куудулдугу менен сай күлүктөргө атаандаш чыгып, эл ичинде зор кадыр-баркка ээ болгон. Комузчулук жагынан Карамолдо, Ыбырайга чамалаш, «Жеңиш», «Марш» күүлөрүнө Актандык вариант жатат. «Насыйкат», «Шыңгырама», «Кер толгоолодун» эзелки кайрыктарын бузбай элге тартуулап, Боккөтөндүн «Ботоюнун» гана 60тан ашык түрүн алып чыгып, тааныштырганын улгайган муундун өкүлдөрү ушу бүгүн да айтып жүрүшөт.

Атаңдын көрүү-ү дүйнө!.. Актандай залкар таланттын не ыр, не күү мурасы «казынага» алынып, урпактар үчүн аманат калганда эмне?! Не демекчибиз, Асанбек Кыдырназаровдой айкашка күүгердин кайрыгына илинген «Актан аганы» кулакка кармай, өлбөс-өчпөс элесине таазим!

Куйма кулак, кызыл тил,
Укканы жерде калбаган.
Улуу нуска сөздөрдү,
Улай сүйлөп жалгаган.
Көкөтөйдүн айтканын,
Көңүлүндө жаттаган.
Бирге жүргөн эмедей,
Бир сөзүн жаздым айтпаган.
Тың сүйлөгөн киши эле,
Тыныбектин Актаны.
Кайда барса кетирбей,

Калк үйүлүп жатканы.
Эмгекке өлүм жок экен,
Элинде калды айтканы,
Элинде калды жазганы.
*(Ысмайыл Борончиев).*

«... Баамымда Актан ага аябагандай сөзмөр, аспапты булбулдай сайраткан комузчу, айта келсе адамды эриткен жомокчу, өлгөндү күлгүзгөн куудул да киши экен:

Жашымда көрдүм Актанды,
Жакшы айтчы экен дастанды.
«Эр Табылды» китеби,
Элге жагып макталды.
Эмгеги сиңип элине,
«Эл шайыры» аталды.
Атасы залкар Тыныбек,
Айтчы экен Манас-алптарды.
Аты өчпөй калса калкында,
Андан өткөн бак барбы?
*(Эстебес Турсуналиев).*

## Мейилканга арноо

Мейилкан Таластын Жерге-Тал совхозуна караштуу Түлкү-Дөбө айлында 1932-жылы жарык дүйнөгө келген. Көркөм өнөргө жышааналуу тирикарак секелек кыз Мейилкандын болочогун боолголоп, алгачкылардан сүрөөнгө алган Атай болгон. Эркесары, Сооронбек, Айманбет сыяктуу аксакал комузчулардын катарында 13 жашар Мейилкан Талас областтык өздүк көркөм чыгармачылардын 1945-жылдагы кароосуна катышып, I даражадагы дипломго татыктуу болушу – келечектен көптү үмүттөндүргөн ийгиликтин алгачкы белгиси эле. Ушул кароодон кийин Кыргыз филармониясына кабыл алынып, өмүрүнүн акырына чейин кызмат өтөгөн. Кыргыз кыздарынан комуз күүлөрүн ийине жеткире черткендердин бири Мейилкан. Өзү «Эрке кыз», «Бакыт» аттуу күүлөрдү жараткан. 1974-жылы 42 жашында дүйнөдөн көзү өткөн.

Аткаруучулук, күүчүлүк өнөрү менен журтка таанымал комузчу кыздарыбыздын бири Шарыйпа Кемелгазиева кыл өнөрүн кыйырга таанытууда салымы зор Мейилкан Козубекованын элесине «Улуу

жол» аттуу күүсүн арнаган. Сөз Шарыйпада: «Билим алууну эңсеп, элеттен борбор калаага келип, Молдобасанов Калый абамдын үйүндө жашап калдым. Ага чейин 9-класста окуп жүргөнүмдө Мейилкан эжени киножурналдан көргөм. Кол ойнотушу шумдук. «Капырай, ушундай да комузчу болот экен ээ?...» деп, жаштык баёо сезимимде таң калгамын. Мейилкан эженин кайда жашарын сураштырып билип алдым. Күндөрдүн биринде кыялымда, көрсөм деп көптөн дегдеген эжемди терезеден көрө сала сыртка чуркап чыктым. Жука тактайдан жасалган комуз кабын көтөрүп, биз жашаган үйдүн 4-кабатына кирип кетти.

Качырып барып таанышууга даабадым. Канча жолу каалгасын шыкаалап, эшик сыртында сагаладым. Акыры, көптөн күткөн бактылуу учур да келип жетти. Эжем менен көзмө-көз кездештим, азилдештим. Уялаш эже-сиңдидей улам барган сайын жакындашып кеттик. Анын бийик адамкерчилигин, жайдары сүйкүм мүнөзүн, адамга жасаган жумшак жугумдуу мамилесин сөз менен айтып жеткире албаймбы? Маңдайы жарык, ички дүйнөсү кенен, жүрөгү таза. Тоо суусундай шыңгыр, толкун түрмөгүндөй жаңырык кайрыктары, үч кылга жан киргизген сыйкырлуу манжалары ой дүйнөмдү уйгу-туйгу түшүрүп, жаштык сезимиме жалын бүркту. Мага таасир эткен, таазим эттирген себептүүбү, комуз черткен кыргыз кыздарынан Мейилкандай талантты өзгөчө пир тутчумун. Ага болгон урматтоонун чеги жок. Анын эстелигине белек катары күү арнагым келди. Күү «Улуу жол» деп аталды. Арийне, менин чыгармачылыгымда обончулуктун да өз орду бар. Ал эми күү өнөрүнө болгон ышкы – отунун тутанышына, албетте, Мейилкан эженин үлгүсү көп себепкер. Бу да болсо, өнөр өрүшүндөгү «Улуу жолдун» символу десем жарашар. Мен турмушка чыккандан кийин Мейилкан эженин үйүнө көчүп жашап калдык. Эки-үч айлап эже гастролго чыгып кетчү. Асылган ооруу кайталангыс талантты мезгилинен мурда алып кетти!

«Кары-жаш дебей казак эли да абдан баалаган» комузчу Мейилкан кыргыз өнөр чеберлери менен Алматыда Абай атындагы опера-балет театрында концерт беришет. Кезек Мейилканга келип, Атайдын «Марш камбарканын» чертет. Дүркүрөгөн кол чабуулар менен Мейилканды кайта-кайта сурай беришет. Ошол жыйында Мухтар Ауэзов, Сабит Муканов жана башка атактуу жазуучулар, белгилүү казак композитору Ахмед Жубанов, Куляш Байсеитова,

Жамал Омаровадай сахна булбулдары да отурушкан. Куляш Байсеитова басып келип:

– Ой, бай, айналайын Мейилкан сиңдим, өнөрүң өрге шапсың, өркөнүң өссин! – деп, маңдайынан өөп, ыраазылыгын билдирген экен.

### Комузчу кыз Мейилкан

Таластын жогору жагында,
Тамбагар, Калбаа сайында.
Талантуу кыз Мейилкан,
Так ушул өскөн айылда.
Таякеси белгилүү,
Таанымал элдин баарына.
Ал биздин Атай комузчу,
Ааламга аты жарыя.
Алмадай кезде Мейилкан,
Атайдан алган тарбыя.
Козубекова аталып,
Колунан элдин бата алып.
Комуздун нечен кайруусун,
Көңүлгө тактап жат алып.
Кечээги жаш кыз кенедей,
Артистка деген ат алып.
«Өнөрлүү өлбөйт» деген кеп,
Өзгөчө укмуш терең кеп.
Табийгат берген талантты,
Таптаган жакшы чебердеп.
Тарыхта калат аты өчпөй,
«Тубаса талант эле» деп.
Ушунун бири Мейилкан,
Угулган аты тереңдеп.
Өзүнөн данек чыкпаса,
Өзгөлөр бербейт белендеп.
Өмүрлүү болсо Мейилкан,
Өлкөсүнө, элине,
Өзгөчө бермек көп эмгек.
Кеткен жок текке эмгеги,
Кеп кылат дайым элдери.
Мен эмес калкка белгилүү,

Мейилкан кыздын жөн-жөнү.
Мээримсиз ажал курусун,
Мээлеген күнү сермеди.
«Таланттуу эле койгун» деп,
Талашсак ажал бербеди.
Жалдырап бизден бөлүндү,
Кеткен жок текке эмгеги,
Мээримсиз ажал курусун,
Мээлеген күнү сермеди.
«Таланттуу эле койгун» деп,
Талашсак дагы бербеди.
Комузу калды, күү калды,
Коңгуроо добуш үн калды.
Кордуктуу ажал келгенде,
Корголоп аман ким калды?
Өстүргөн уул кыз калды,
Өнөрү калды, из калды.
Элеси дайым жаркырап,
Өңү өчпөс нурлуу жүз калды».
*(Эстебес Турсуналиев).*

Эл өнөрүн – эже өнөрүн туу туткан Кемелгазиева Шарийпадай шакирттерине Козубекова Мейилкандай устатынын «Улуу жолу» (өрнөгү) калды.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Улуу жол» | 8853 | 3'30 | Шарийпа Кемелгазиева |

## Коргоолго арноо

«Атамдын өмүр баяны ар түрдүүчө айтылып жүрөт. Кээ бир тактоолор, толуктоолор менен тун уулу Оңдош чогулткан материалдарга таянсак, атам Коргоол 1882-жылы жайында Кетмен-Төбөнүн Чолпон-Ата айылынын жогорку жагында Ак-Булак деген жердин Айыкты аттуу жайыгында Назардын кыштоосунда төрөлгөн. Апасы Үпөл 7 кыз төрөйт. Уулдан Суранбайы жалгыз. Уулум инилүү болсо деп жүрүп 50гө чамалап калганда Коргоолду көрөт. Улгайганда төрөгөндөн уялып, жашынып барып, кой

короодо көз жарат. Жаңы төрөлгөн ымыркайга Сuranбайдын иниси Суранчы деп ат коюшат. Бирок айылдагылар «Кой короодо төрөлгөн корголдой балаң аманбы?» деп жүрүшүп Коргоол атыгып кетет. Атасы Досу комуз чапкан, анча-мынча күү черткен. Ал өнөрү баласы Суранбайга өтөт. Коргоол 8-9 жашында эле ыр-күүгө ышкысы арта баштайт. 1897-жылы чоң атам баласын Ниязаалы комузчуга табыштайт. Кийин Токтогулдан таалим алат. 1938-жылы Жоомарт менен кездешет. Токтосунду жакын шакирти катары тарбыялаган. 1954-жылы теңтушу Алымкулдун үйүндө болуп, Замирбекке комузун белекке берет. 1962-жылы 23-майда узакка созулган оорудан 80 жашында каза болду» — деп жазат Коргоол ырчынын кызы Турсункан.

1955-жыл. Ыбыкем айылга келип, агайын туугандарын аралап, сагынычын таркатып, кезекке турган чакырыктарды кайтарбай, мейманчылап биздин (Дөнөнбай уулу Кайбылданын) үйгө келип түшкөн. Дүйүм аш-тамакка толгон дасторкон үстүндө Түргөн дарыясындай күргүштөп канча күүлөр агылбады. Бир күүнүн аты аталып чертилсе, ал учкай баяндалып, кыркаар учкан каркырадай чубатууга салынууда. Абак, Ниязаалы, Муратаалы, Кошкулак, Кыдыр, Боккөтөн, Токтогулдан бери тарта Карамолдо, Чалагыз, Шекербек… дагы канчалары эске алынып, күү кереметы кулактын курчун кандырууда. Бир оокумда Коргоол аттуу комузчуга токтолуп, Кетмен-Төбөгө оюн коюп барганда ага кезиккенин, анын кара мурчтай курч, куйкум ырларын, шайыр мүнөз күүлөрүн эскере келип, Коргоолго арнаган күүсүн ортого салды. Отургандарды ким билсин, мендей мадырабаштарга белгисиз бул ысым жүрөгүмдө уялап, комузга болгон туюмдарды тутанта баштаганы эсимде.

Тарыхтагы ошол окуяны Эстебестин эскерүүсү эске салат. 1952-жылы жоон топ артисттер: Осмонкул, Ыбырай, Абдырашит Бердибай уулу, Бектемир Эгинчи уулу, Адамкалый Байбатыр уулу, Шайлоо Мукаш кызы, Эстебес болуп Кетмен-Төбөгө оюн коюп барышат. «Артисттер келди» деген кабар желдей тарап, Кетмен-Төбө базарчыларын да дегдетип, меймандар токтогон имараттан чыккан чоочун адамдарга кылчак-кылчак карашат. Базардын оозунда Токтогулдун чоң сүрөтү. Сүрөттүн алдында кадимки Коргоол ырчы комузун чертип, обон созуп төгүп турган экен. Тегерегинде Коргоолду кубаттап котологон эл. Адегенде Абдырашит Бердибаев жетип, Коргоолго салам айтат. Коргоол токтобостон:

Оо, карыган Коргоол кеп уккам,
Калайыктан көп уккам,
Калк ырчысы Осмонкул,
Калкыма келди деп уккам.
Балам, ырчынын сен да бирисиң,
Эгер ырчы болбосоң,
Токтогулдун жеринде,
Эмне кылып жүрүсүң? – деп,

төгүп атат. Ары жакта өтүгүн майлатып жаткан Осмонкулдун жанына басып барып:

Осоке, кайда жүрсүң көрүнбөй?
Алымкул, Калык үчөөңөр,
Катар жүрдүң бөлүнбөй.
Ар кимиңдин ырларың,
Ала-Тоо, Ысык-Көлүмдөй.
Осмонкул сенин төгүшүң,
Асканын таңкы желиндей.
Ар сөзүңдүн кыйкымы,
Манаттын кырккан өөнүндөй… –

деп ыр жаадырып, андан соң нары жакта келаткан Бектемирге карай:

Бектемир,
Мурутуң болсо бургудай,
Сайрап ырдап отурсаң,
Саяга конгон булбулдай.
Сагындың бекен, Бектемир,
Мендей, сакалы аппак кургуру, ай?..

деп келип, ыр нөшөрүн андан ары Адамкалыйга чубуртту:

Оо, Адамкалый, кайраным,
Ар өнөргө балбаным.
Кыягың тартып жаш кезде,
Кыз-келинди жандадың.
Темир комуз какканда,
Таң калат жашы – карганың.
Куурчакты ойноткон,
Кыйын талант ал жагың.

Өнөрдүн баарын тандадың,
Өстүрөр кийин балдарың.

Ушинтип ырдап жатканда Шайлоо келип калды. Коргоол:

– Бу кызым да артистпи? – деген суроосуна. – Ооба, – деген жоопту алып, Шайлоого мындайча ыр арнады:

Оо, балам, ургаачы экенсиң.
Башатка чыккан жекенсиң.
Бара-бара оолугуп,
Балдардын баркына жетер бекенсиң?
Абайласам мүнөзүң,
Ачылган кызыл гүлдөйсүң.
Азыр ойно, жаш чагың,
Кийин карылык башка түшкөндө,
Мендей, как жүрөктөн зилдейсиң!

Андан кийин Эстебеске бурулуп, «Аа, Алымкулдун баягы баласы турбайсыңбы? – деди да:

Оо, балам, өзөнгө чыккан соносуң,
Өлбөсөң ырчы болосуң.
Кырaңга чыккан соносуң,
Кудай алып кетпесе,
Кубанткан ырчы болосуң.
Чыбырга чыккан соносуң,
Чычым алып кетпесе,
Чыныгы ырчы болосуң.
Алымкул менен Осмонкул,
Ушулардын ордуна,
Уулум, бир күнү жетип коносуң... –

деп, каалоо-тилегин ортого салды. Ошол учурда тигиндейде калдая басып Ыбыкем келе жаткан. Комузчунун жолун утурлай кол берип:

Оо, Ыбырай комузчу,
Жолой сымал боюң бар,
Жоон жолпу колуң бар.
Комуз кылын тергенде,
Жол жоргодой боруң бар.
«Жаш тилек», «Жеңиш» да башка,
Эми, кайсыны чертер оюң бар?

Коргоолдун ал суроосу жопсуз калбады. Ыбырай туштуктөн кайтып келгенден кийин акынга арнап, «Коргоолго эстелик» аттуу күүсүн чыгарып, эл алдында таӊшыта чертип жүрдү.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Коргоолго эстелик» | 3139 | 2'55 | Ыбырай Туманов |

## Алымкулга арноо

Кош, Алымкул, дүйнөдө,
«Өлүм» деген бар экен.
Аласасы келгенде,
Абыдан алды тар экен.
Алыбыз жетпей ажалга,
Алдырдык сизди Алыкем.

Табигат берген өмүрдө,
Таалайлуу өсүп-өндүӊүз.
Убактылуу өмүрдүн,
Убайын мыкты көрдүӊүз.
Ажалга айла жок экен,
Амалсыздан көндүӊүз.
Аягы – Талас, башы – Чүй,
Эл чогулду Сиз үчүн.
Ыйласак укпайт шум ажал,
Ыраазы болгун биз үчүн...» –

деп, коштошкон ыраматылык Ысмайыл көр башында. Алымкулга кимдер гана кайрылып, арбагына арнап коштошуу айтпады? Акындар, жазгычтар, аспапчылардан куру калбаса керек. Алардын бири кыякчы Саид Бекмуратов. «Алымкулга эстелик» аттуу күү жаратып, үналгы казынасына тапшырып кетти. Эфир толкунунда уктурулуп калса, «эки кыл аспап эмне деп атат?» – дечүлөр да болбой койбойт. Андай кырдаал жазгыч-акындарды да кепке тартканыбыз ашыкча болбос:

Олтурам эстеп төкмөнү,
Ыр жамгырын төккөнү.

Сөздөрдү тапкан жагынан,
Ырчынын болчу өктөмү.
*(Темиркул Үмөталиев)*

«Санатың» уккан ар кыргыз,
Санаалаш сага айрылгыс.
Сарногой чалдай жан атам,
Сапарга кеттиң кайрылгыс.
*(Байдылда Сарногоев)*

Барчындай өзүн таптаган,
Байлыгын башта сактаган.
Элинин берген сыйлыгын,
Эмгеги менен актаган.
Эл сүйгөн мындай адамды,
Ээрчигениме мактанам.
Комузу колдо шаңкылдап.
Үнү шаңдуу, тили так,
Үлгүсүн алгам, жаттагам.
Жарашыктуу кийинип,
Жаман жерди баспаган.
Ирээттүү жүрүм-туруму,
Ичкилик жагын татпаган.
Көкүрөктү ыштачу,
Көк түтүн чылым тартпаган.
Улууга ушак айтпаган,
Кичүүнү «сен!» деп какпаган.
Алыкемди ойлосом,
Ушундай сонун — жакшы адам.
*(Эстебес Турсуналиев)*

Абдан басмырт, сабырлуу,
Сөзү — кымбат жашынан.
Ырга-күүгө келгенде,
Океан эле чалкыган.
*(Токтоналы Шабданбаев)*

Осмонкул, Калык, Алыкем,
Окшошуп дайым бир жүргөн.
Кайгыны бирге бөлүшкөн,
Карсылдаша бир күлгөн

Алыкем созчу обонду,
Аралаштырып ыр-күүдөн.
*(Казакбай Абдышев)*

Улуу тоонун улары,
Сайрайт бийик аскадан.
Атамды улам айтпайын,
Айтса айтсын башка адам.
Болоюн дейм өзүндөй,
Кыйын иштен качпаган.
*(Замирбек Үсөнбаев)*

«Өкүнүчтүүсү Алыкем менен айылдарда бирге болушпай, аралаш конушпай калдым. Антсе да мектептен өмүрүн окуп, элден өнөрүн угуп чоңойдум:

Бир үйдөн чыккан үч акын,
Баласы, жары — бүт акын.
Кара жаак иним Замирбек,
Атанын актап тилегин,
Апанын актап сүт-акын
Дагы, каныңдан чыксын, күт акын!»
*(Тууганбай Абдиев)*

Алымкул 1896-жылы Манас району Кара-Арча айлында туулган. 1931-жылы колхозго мүчө болуп кирген. 1936-жылдан баштап, Кыргыз мамлекеттик филармониясында артист болуп иштеген. Бир канча жолу Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болуп шайланган. 1963-жылы 67 жаш курагында о дүйнө салган.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Алымкулга эстелик» | 2824 | 5'15 | Саид Бекмуратов |

## Шекербекке арноо

Шекербек Шеркулов 1902-жылы Талас районундагы Кырк-Казык айлында туулган. Эмгек жолун колхоздо тракторчу кесип менен баштаган. 1937-жылдан Кыргыз филармониясында артист болуп иштеген. 1965-1969-жылдары Талас элдик театрында эмгектенген. 1980-жылы 78 жаш курагында каза тапкан.

1926-жыл. Жайдын толук кези. Беш-Таштын оозундагы Кичи-Жерге-Тал жайлоосу. Катарлаша тигилген боз үйлөр. Жайлоодогулар күнүгө эртең менен чогулуп, кыдырып кымыз ичип, кызыктуу кеп-сөз козгоп, кыл термеген күүлөрдү угууну өнөкөткө айландыган. Бүгүн да ошондой отуруштун бири эле. Кезек комузчу Шеркулга берилди. Комузчу өзүнүн «үч муунак» аттуу күүсүн черте отуруп: «Бир атадан жалгыз Шекербегим, акыл десе акылга бай, ороң-бараң сөзү, оргу-баргы кыялы жок, кичи пейил, эмгекчил, шайыр өсүп келатат. «Ата өнөрү балага» дейт, менин өнөрүмдү түгөл өздөштүрүп алды. Ырчылыгы андан, айыл-апа «Ырчы бала» атап алышпадыбы. Эми Жуке (Жунушаалы аталаш тууганы) кемшейген чал болгондо уулуң менен кошо жарышып күү чертишип, ырдашып отурушуң жарашчудай эмес. Мындан аркы өнөрдүн өрүшүн Шекербегиме тапшырдым. Бул комузду, балам, сага бердим, андан ары сенин балаңа, чөбүрөлөрүңө белек болсун. Комуз өнөрүнөн таалайың ачылсын, оомийин!» — деп бата жолдоп, атасы жакшылыкты баласы Шекербектен күткөн эле.

**Шекербекти эскерүү**

Шекербектин классташы, кызматташы, курбалдашы комузчу-ырчы Асылбек Иманалиев «Шекербекти эскерүү» аттуу күүсүнүн жаралышын төмөнкүчө түшүндүрөт: «1935-1936-жылдары Шекербек экөөбүз колхоздо тракторист болуп иштедик, түнкүсүн мен, күндүзү Шекем айдайт. Ошондогу ырдаган ырыбыз:

Трактирим күчкө кел,
Дыңды бузуп желе бер.
Тээтигинде кир жайып,
Карап турат бураңбел.

Трактирим оңунда,
Тизгин менин колумда.
Жешилбесин бурамаң,
Социализм жолунда...

1936-жылы август айында Алымкул, Атай, Шаршен, Адамкалый баштаган артисттер келип, МТСте концерт беришти. Тракторчу Шекербектин өнөрүн көрүп:

— Оо, бизге керектүү киши быякта жүргөн турбайбы? — деп артисттикке алып кетишти...

Шекемдин да көзү өттү. Ага арнап күү чыгардым, эскергич болор деген тилекте.

Айтым күү черткен,
Атактуу Шекем.
Кара күү черткен,
Кадырман Шекем.
Суу төгүлбөс жорго элең.
Атаандашса күлүктөрдүн,
Алдындагы жолдо элең.
*(Асылбек Иманалиев)*

«Кабагым-кашым дебеген, калайыкты тамаша-шаңга бөлөгөн, күү черткенде, күлүктөй чуркап жөнөгөн, Атай агасы жол берген, Карамолдо кол берген, карыга сырдаш, жаштарга курдаш, пейли кенен, баарыга бирдей тең, күү черткенде өзүн эмес устаттарын эскерген... сөзү белен, өнөрү терең Шекем менен көп аралаштым.»

Кырк жылы элди кыдырып,
Кыргызга атың угулуп,
Кызып ырдап жатканда,
Кызыл аттай жулунуп,
Кол ойнотуп черткенде,
Комуздун үнү кубулуп,
Кайталангыс чоң талант,
Калкыбыз үчүн туулуп,
Каргадай кезден өнөргө,
Калыптырсыз жуурулуп,
Канча күлүк чапса да,
Караандатпай чыкчу элең,
Как жарып топтон суурулуп.

Алайга барган жаш чагың,
«Арзыкан» деп какшадың.
Артист болуп кыдырып,
Атчан-жөө басканың.
Анда да Шекем жаркылдап,
Ага-ини көөнүн ачканың.
Ала-Тоо кыргыз жеринде,
Айтылып калды дастаның.
Күү чыгарып, ыр жазып,

Көп эмгекти таштадың.
Күлдүргү сөзгө бай элең,
Күндө жаңы айтканың.

Сабырдуулук мүнөзүң,
Салмагындай асканын.
Эң күчтүү өнөр артисттик,
Элди өзүнө тартканың.
Ээрчишип жүрдүк аралап,
Эл-жердин туш-туш жактарын.
Эки киши кааласа,
Эрмек куруп тамаша,
Эринип бекер жатпадың.
Элдин койгон милдетин,
Эмгегиң менен актадың.
Өзүнчө эле чоң китеп,
Шеке,
Өмүр, жолун басканың.
Мурутун сылай күү чертсе,
Мукамы түркүн миң кайрык.
Молдокемден кем эмес,
Мол эле сизде күү байлык.
Моокуму канчу уккандын,
Мыктысын чертсең бир кайрып.

Оюнуңду көргөн эл,
Отурчу эле тарабай.
Оңбогон ажал курусун,
Өксүтүп кетти жетелеп,
Өнөрүңө карабай.

Артыкча мүнөз көп эле,
Алмаштыргыс алтынга.
Өзүң өтсөң кантели,
Өрнөгүң калды артыңда.
*(Эстебес Турсуналиев)*

Шатырата кол чабылып ырдаса,
Шаңкылдаган шайыр үнү бар эле.
Жеңин түрүп, нечен залкар күүлөрдү,
Жигердене черте жүргөн жан эле.

Муруттары узун эле чыйралып,
Буденныйдын нак элеси бар эле.
Эли менен түбөлүккө коштошту,
Сексен жашка чыгарында жаңы эле.
*(Казакбай Абдышев)*

Залкар комузчу-ырчынын артында улуттук музыкалык маданиятыбыз үчүн баа жеткис көркөм чыгармалар калды, бул элибиз үчүн маданий зор байлык. Шекербектей талант даарыган инсанды эч качан урпактар унутпайт. Жогоруда ага арналган эскерүүлөрдүн ичинде комузчу-ырчы Абдракман Барпиев «Кайран Шекем» аттуу «Арноо» күүсүн радионун музыкалык «Алтын казынасына» тапшырууга үлгүргөн экен, буга да шүгүр.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Кайран Шекем» | 7189 | 2'55 | Абдракман Барпиев |

## Райканга арноо

Кыргыз элине таанымал комузчу Мекиш Баатаев – жердиги Таластан. Өмүрүнүн көбү Чүй боорунда, Суусамырда өткөн. Туруктуу жашаган жери – Москва району Чичерин айлы. 1962-жылы 13-июлда 85 жаш курагында Фрунзе шаарына келип, радионун музыкалык «Алтын казынасына» 35 күү тапшырган. Мына ошол күүлөрдүн бири «Райканга эстелик» деп аталат. Бул күүнү жаздырардын алдында Райкан жөнүндөгү эскерүүсүн кыстыра кетиптир: «Мен Райканды «Карабайым» деп эркелетчү элем. Райкан дүйнөдөн өтүп кетти, аны күүдө эскергим келди. Карабай кезегинде калкка таанымал залкар комузчу болгон. Мамакенин Карабайы аталган бу киши Киндик деген кыштоодо экен. Атайын издеп бардым. Аксакал күүлөрүн чертип отуруп, менин да чертип берүүмдү өтүндү.

– Азамат, комузду таза-таасын черткенди үйрөнүпсүң, – деп, мактап, бир кезде өзүнүн «Карабайдын арманы» деген кайрыктарын ортого салды. Күү мага зор таасир калтырды. Анда Карабайдын байбичеси өлүп, кайгыга батып турганы чагылдырылган. Жанагы Райканга берген салыштыруу залкар акынды Карабайдай комузчуга теңештире эркелетип эскергеним» деген.

Райкан деген ким? Ал жүргөн жер ыр-күлкүгө толуп турчу. Райкан 1913-жылы Талас өрөөнүндө Жамбыл шаарына жакын Ак-Чий айлында жарык дүйнөгө келген. Айлында мектеп болбогондуктан Жамбылдагы мектеп-интернаттан окуган. 1928-жылы Фрунзеге келип педтехникумдан билимин улантат. Аны аяктагандан кийин «Ленинчил жаш», «Салабаттуу бол» гезитинде калем төшөптүр. 1933-жылы Кыргыз театр студиясына артист болуп кирип, соңунан филармониянын адабият бөлүмүн башкарган. Осмонкул, Калык, Алымкул, Муратаалы, Карамолдо, Ыбырай, Атай, Ысмайылдар... менен чогуу иштеп, сабатсыздыгын жоюп, кат-сабатын ачууда зор салымын кошкон. 49 жылдык өмүрүнүн кыйласы таңдан-кечке эл аспаптарды таңшыган, эл булбулдары шаңшыган жайда өткөн» деп эскерет. Мекиш Баатаевдин «Райканды эскерүү» аттуу күү табылгасын утурлай акындын бейнесине учкай да болсо токтоло кетүүнү эп көрдүк. Кезегинде акындын көздөй шакирттери Эстебес Турсуналиев, Тууганбай Абдиев эске салган көркөм чыгармалардын ичинде Райканга арналган эскерүүлөр да аз эмес. Тууганбай акындын «Залкарлар» аттуу чыгармасында Райкандын айтканын минтип жазган: «... Кычыраган кышта кең Таласка жетип, өйдө баратсам Өмүргазы Кулмырзаев деген райондук аткаруу комитетинин төрагасы маңдайыман чыгып таанычбай:

– Эй, сен Райкансыңбы? – деди.

– Ооба, Райкан деген менмин.

– Бирдеме татасыңбы?

– Болсо, жүз грамм...

Экөөбүз ресторанга кирдик. Похмелден шор катып турган. Башымда үч бурчтуу тумак. Үстүмдө жалаң көйнөктүн үстүнөн солдат шинел, шыйрагымда солдаттын обмоткасы, бутумда кийиз өтүктүн кончун кесип салып, галоштой кылып кийип алгам. Ээрчигеним райаткаруу комитетинин төрагасы, отурган жерим ресторан!

– Эстеп да жүрөйүн, күлүп да жүрөйүн, бир куплет ыр жазып бербейсиңби? – деп калды ал. Ичип жиберип, ичим ысыганда минтип жаздым.

Арак жаман, аны деле билемин,
Ичкендерди ичтен тилдеп жүрөмүн.
Ичкен жагын мага коюп койгула,
Депутаттын ичкенине күйөмүн. –

депутат Кулмырзаев окуп алып күлүп баратат.

– Өмүке, коё туруңуз, жазуучулар союзу ырымдын ар бир сабына акча төлөйт, Сиз канча бересиз? – десем:

– Ой-ой! – деп, 100 сом кармата салды. Дагы бир бөтөлкө арак алдырды...

Кийин Кулмырзаев мындайча эскергени бар.

– Ошондон көп өтпөй Райкан кабинетиме кирип келди. Баягы кебетеси.

– Мага 800 сом акча бер.

Сураганын бердим. Ошол бойдон 1958-жылдан кийин гана жолуктум.

– Айланайын Өмүке, сенин жакшылыңды кантип унутайын, баягы алган карызымды берейин.

– Райкан, кабарыңды угуп атам. Азаматсың! Арагыңды коюпсуң. Ошон үчүн карызымдан кечтим, жанагы 800 сом көрүндүгүм болсун – деди.[135]

Ичкиликтен арылганы ташкындаган талант Райкан күчүн эмгектен чыгарды. Айрыкча, 1957-1963-жылдардын аралыгында кызуу эмгектенип, өлбөс чыгармаларды жаратты. Адамдын өмүрүн кыйган, акыл жөндөмүн алган «Жинди суу» жалгыз эмес:

Анда ага да бар, ини бар:
Спирт, пиво, винолор...
Ар кайсысын билип ал.
Бардыгынын жини бар,
Өздөрүнчө тили бар...».

Демек, тозок менен өлүмгө жетелеген «жинди сууну» талдай келип:

Айтканымды ойго алар,
Акылы тунук жаш бала.
Ардактуу асыл башыңды,
Аракка кылба маскара!

деген тыянакты жаштарга сунуш кылган.

Райкан «ичимдик» кеселинен арылып, чыгармачылык ишке чындап киришкен учурлары жөнүндө Эстебестин эскерүүлөрүнөн бир үзүм:

135 Т. Абдиев. Залкарлар. // Ала-Тоо. 1993. №1. 94-бет.

«1958-жылы Москва шаарында Кыргызстандын экинчи декадасы өтмөй болду. Декадага катышуучулар адабият искусствого эмгек сиңиргендердин тобу, Райкан агай болуп бир бөлмөдө поездде кетип баратабыз. Ракемди баары таанышат, сыйлашат. «Кел, сен биздин мугалимибизсиң» дешип, Осокем, Алыкем ортосуна отургузуп алышат… Москвадан келгенден кийин Райкан менен көп жылдар ээрчишип иштешип жүрдүм. «Кыз жигит», «Жер жөнүндө терме», «Жинди суу», «Рахмат койчу чабанга» обонун обондой, күүсүн күүдөй радиого жаздырып чыктым. Ракем тигиндейде мени карап отурган эле. Өтө ыраазы болуп: «Ырга — сөзгө жан киргизип, элге таркатуучу силерсиңер, сага рахмат!..» — деди. Бир күнү Кыргызмамбаскомдун төрагасы Субанбердиев Тургунбек Ракем экөөбүздү чакырып алып: «Мен экөөңдү куттуктап коёюн деп чакырдым. Эстебеске жакшы репертуар таап бергениң үчүн Райкан, сага рахмат. Райкандын ырларын элге жеткиргениң үчүн Эстебес, сага рахмат!» — деди. Ракемдин мага кылган жакшылыгы оюмдан кетпейт. Райкан агайы менен ушинтип иштешкен» деген сөз калды. Эстекең Райкандай агасын унуткан жок. Аны өмүр бою эстеди, эскерди:

Отурган-турган жерлери,
Окшошот шаңдуу майрамдай.
Өмүрү кыска Райкан,
Өнөрлүү эле ар кандай.
Көп жазды, баалуу эмгеги.
Көркөмдүү жазып «термени».
Көңүлдөн чыкпайт эсимде,
Көрсөтүп жолду бергени.
«Кыз-жигит», «Терме», «Жинди суу»,
Кыргыздын сүйгөн эрмеги.
«Ыракмат койчу чабанга»,
«Жер жөнүндө термени».
Ушундай укмуш чыгарма,
Улуу аганын эмгеги.
Сүйчү эле комуз күүлөрүн,
Сүйчү эле булбул үндөрүн.
Билекти кармап сүрөөчү,
Бизге окшош ырчы инилерин.
Эсимден такыр чыгарбайм,
Эс-акыл берген күндөрүн.

Канчалык айтсам түгөнбөс,
Кайрандар менен жүргөнүм.
Ырасын айтсам көз ачкан,
Райкан болду билгеним.
Канчалык сөз бар ырында,
Таба албайт ката бир жерин.
Ээлеген экен Райкан,
Эсепсиз талант түрлөрүн.
Унутпайм, эстен чыгарбайм,
Устаттар берген бир кебин».

*(Эстебес Турсуналиев)*

Куйкум сөздүү акындардын чыгааны Райкандын, анын курбалдашы Мидиндин ысмын билбеген кыргыз жок чыгар. Мүнөзү, жүрүм-туруму, чыгармачылык таланты жагынан замандаштарынан ак-кара боёктой айырмаланган, журттун сүймөнчүлүгүнө татыган бул ысымдар, албетте, айта жүрүүгө, жаза жүрүүгө татыктуу. Жусуп, Мидин, Райкан — адабий дөөлөттөрүбүздү жаратууда акындардын анабашында тургандыгына тарых күбө. Алардын чыгармачылыгын, жүрүм-турумун шарттаган дагы бир өзгөчөлүк: «ичемин да жазамын» девизинде жатса, ким жылмайбасын? Күлкүгө шыкак бул девиз кезегинде калк арасында лакап катары кабылданган.

Акындарды күнөөлөйбүз — «ичет» деп.
А канча ичет? — ал ар кимдин өз эрки.
Тактап айтсак, элге алардан не керек
Таасир этчү окурманга — сөз көркү.

Качан болсо сатиранын каймагын,
Калпып жазган ал ким? десек — Райкан.
Ажыратып ак-караны таамайлап,
Айтып жазган ал ким? десек — Райкан.

Жалкоолорду, жатып ичер жегичти,
Жанчып жазган — ал ким? — десек Райкан.
«Ак чүчтөрдөн» мансапкордон тайманбай,
Ачык жазган — ал ким? — десек Райкан.

Комедия жанрына чоӊ салым,
Ракебиз кошкондордун бири эле.

Ал жараткан пьесалар коюлса,
Көргөн сайын бооруӊ катчу тим эле.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Райканга эстелик» | 8058 | 2'58 | Мекиш Баатаев |

## Бийчи кызга (Бүбүсарага)

Бүбүсара 1926-жылы 17-майда Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Таш-Дөбө айлында туулган. 1936-1941-жылдары Ленинграддагы хореографиялык окуу жайында окуган. 1941-жылдан Кыргызстан опера балет театрынын солисти болуп иштеген. 1973-жылы 47 жашында о дүйнө салган. Төгөрөгү төп, таасын комузчуларыбыздын бири Ош мамлекеттик университетинин мугалими Саадабай Шабданов чыгармачылык-аткаруучулук-күүчүлдүктүн жана устаттык сыяктуу адистиктин кош тизгинин колдо уучтап келет. Ошондой эле, күү иликтөөдөгү эмгеги да эскерүүгө татыктуу. Саадабайдын «Бийчи кызга» арнаган күүсүнөн жаӊычылдыктын жагымдуу жыты көӊүлдү сергитпей койбойт. Анткени, күүдө Кыргыз бийинин пири-улуу балерина Бүбүсара Бейшеналиеванын жаркын элеси чагылдырылган.

Күүнүн жаралыш жагдайы жөнүндө сөз Саадабай Шабданов комузчуда: «Мен Бүбүсара эжемдин атын алыстан угар элем. Буйрук экен, «Чолпон» балети коюлганда сахнадан эки сапар көрүп калдым. Атактуу бийчи арабыздан өтүп кеткенден кийин деле сыналгыдан эскерүү берүүлөргө күбөдөр болуп жүрбөйбүзбү. Мурун анча элес албаган керемет көрүнүштөрү эфир толкуну эске салып коёт белем. Денени ийиктей чимирилткен буттун бармактарын айтып жатам. Бул бир укмуш ко?!

Кыргыз балеринасынын бийчилик өнөрү ушунчалык мага таасир калтырган экен, уктаар замат түшүмө кирет, аян берет: мен төмөндө турам. Байчечекей гүлүндөй кооз, жасап койгондой сымбаттуу татына кыз жогортон түшүп келет. Басканы, кадам шилтеши бий ыргагы менен жуурулуша огеле кооз, көркөм. «Жакын келсе тоо гүлүнөн десте сунсам, таанышсам» дегенде көӊүлүм элеп-желеп. Тилекке каршы, кыз жакындап-жакындабай көздөн кайым болду. Өрөпкүгөн жүрөгүм түрсүл кагып ойгонуп да кеттим. Түшүмдө

көргөн бийчи кызды Бүбүсара эжеге окшоштурам. Ой оролу ой боюма койбой, кыял-чабыты кыл кайрыгына жетелейт, комузума кол созом.

Кош аяк (буттар) бармактары дене бойду көпөлөктөй дирилдетип, бий ыргагына жетелеп жатса, кош колдун беш манжалары комуз кылдарын ийге келтирип, кайрыктарды бийлете албайт деген эмне?.. Намысыма келем. Түн жарымында турам. Буроодон буроону алмаштырам. Үч кылды үлөштүрө кайрып, бийчи эженин кыймылын издейм. Кээде бүлбүл мунарыктап, кээде алыстап-ыраактап, элес ойнойт кыялымда кылактап. Баш айлантма ушундай машаакаттардын соңу ийгилик жаратпай койгон жок. Акыры менин комузум да Бүбүсара эжеге окшоп бийлеп чыкпадыбы...»

## Бүбүсарага арноо

«Алгач улуу инсандын ысмында комуз күүсүн атоону ылайык көрбөдүм. Арадан анча убакыт өтпөй комузчулардын кароо-сынагы өз ишин баштап калды. Катышууга туура келди. Кароо-сынакта тобокелге салып, «Бийчи кызды» топко алып чыктым. Адисттер, калыстар курамы жаңы күүнүн премьерасын жылуу кабыл алышты, алдыңкы байгени ыйгарышты.

Бүбүсара бийчи кыз,
Бүткүл адам сүйчү кыз.
Сан кыргыздын бир кызы,
Сахнанын жылдызы –

деген ыр саптарын ошол жолку кароодо күү кайрыгына эпиграф кылып койгонум да бар» – деп жазат күүнүн автору Саадабай Шабданов.

Бүбүсара балерина катары кыргыздын улуттук бийин жогорку көркөмдүктүн чегине жеткирген. Кайсы бир майрамдык чоң концертте белгилүү аттуу күүнүн коштоосунда бий аткарып чыккан эле. Кош этек, ак жибек көйнөк делбирттеп, кымча белге куюп койгондой кыналышкан көк баркыт саймалуу кемсел, бутта такалуу кызыл өтүк, башында ак элечек, көз жоосун алган кыргыз кызынын элеси не деген ажайып керемет...

СССРдин Эл артисткасы, Жогорку Советтин депутаты баш айлантчу атак-даңкка азгырылбай, өзүн жөнөкөй кармады.

Манжаларга толгон алтын шакектер, кулагында алтын сөйкө өлгөнчө көрүнбөдү. Аземдүү кымбат кийимдерди кийип кылактабады. Үйүндө да алтын, күмүш жалатылган асыл буюмдар болбоду.

Кудайдын кудурети менен жаралган анын аялзатына таандык айжаркын сулуулугун, өнөр өрүшүндөгү кол жеткис улуулугун кепсөзгө албаган сөз чеберлерин жолуктуруу кыйын. Тартылып бүтпөс сүрөт, ырдалып бүтпөс муза, чертилип бүтпөс күү мына, ушундай асылкеч селкиге гана жарашмак.

Бүбүсаранын жаркын элесин түбөлүккө калтырууда өкмөт менен партия камкордугун аяган жок. Кыргыз мамлекеттик Искусство институтуна, борбор шаардын көчөсүнө ысмы ыйгарылган. Опера-балет театры менен «Кыргызстан» мейманканасынын ортосундагы эстелиги турат.

Эл жазуучусу Чыңгыз Айтматов айткандай: «Менин жеке баамымда Бүбүсарадай бийчинин образын музыкада гана ажарына жеткире ачып берүү мүмкүн. Сөз өнөрүндө болсо, тилибизден мөөрүбүз төгүлүп турганда да буга жетишүү кыйын. Не дегенде адамдын көңүлүндө көлкүлдөп турган ой-сезимдин баарын эле сөз менен айтып бере албайсың. Бүбүсаранын келбетин, сынын, ажарын музыкада гана кемелине келтирип ачууга болот». Залкар жазуучу кыялданган музыкадагы комуз күүсүн «Бийчи кызга» деген аталышта тартуулаган Саадабай Шабдан уулуна эли ыраазы. Бүбүсарадай асылдардын өрнөгү алтындан кымбат.

Ал бирде ийик болуп чимирилди,
Ал бирде каалгыды ак куу болуп.
Бийлесе Бүбүсара залдын ичи,
Бир оруну бош калбай турчу толуп.
*(Казакбай Абдышев).*

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Бийчи кызга» | – | 2'30 | Саадабай Шабданов |

## Болуш Мадазимовго арноо

Болуш Мадазимов 1927-жылы 1-февралда Кара-Суу районундагы Лаглан айлында туулган. 1962-жылы айлында клуб башчысы болуп иштеп, мектепте комуз кружогун уюштурган. Үй-

бүлөлүк ансамблди түзгөн. Кыргыз Республикасынын эл артисти, Ош областтык филармонияда комуз чеберлеринин насаатчысы болгон. Болуш 2002-жылы дүйнөдөн өткөн. Мен ойлойм, жупуну кыргыз комузу кандай кудуретке эгедер? Комуз жана комуз күүлөрүнүн ыйык касиети ар бир кыргыздын көкүрөгүнөн орун алган сыйкырдуу дүйнө. Өзүм жаш кезимден үч кыл комуздун миң кырлуу кайрыктарына кулак төшөп чоңойдум. Мыкты комузчулардын бет маңдайында күү тыңдаган бактылуу кездер арбын болду. Ошолордун ичинен күү залкары Болуш аганы жакындан таанып, кол алышып, комуз чертүү, күү жаратуу жаатында азын оолак болсо да ой-пикир алмашкан учурлар унутулбай калды.

Карамолдо кайрыктарын, Ыбырай ыргактарын, Атайдын кол ойнотмо коолдугун, Айдараалы каткырыктуу комузчулук өнөрдө «Карамолдо мектебин», «Ыбырай мектебин», «Атай мектебин», «Айдараалы мектебин» ырастоо менен Болуш карт күүлөрдү кайра жашартып, өнүгүү баскычтарында улам өйдөгө жол ачкан.

Бара-бара «Ак Бакайга» ашык болгондор, «Саринжи-Бөкөйдү» самагандар, «тайшылар» сырын тапсам дегендер, ошондой эле, «оң бурооолор» түйүнүн чечмекке, Болуштун сынынан өтмөккө түндүктөн түштүккө агылгандар көп болгон. Түндүктөн түштүккө оошуу огожосу күү дүйнөсүндө дагы бир мектепти «Болуш мектебин» шарттаган.

Күүлөргө эргитип жанын жай,
Эсепсиз кайрыктан жаңылбай.
Кыргыздын эзелки күүлөрүн,
Кадырман сүйчү эле жанындай.

Олтурса жарашчу өзүнө,
Жашынан жан бирге комузу.
Аста бир шыңгырап күү төксө,
Ааламга агылчу ой учу.

Сагынтып Ала-Тоо конушту,
Сайратып сүйлөтчү комузду.
Түбөлүк сактайбыз жүрөккө,
Комуздун залкары Болушту.
Урматы, сүйүүсү жүрөктүн,
Унутпайм агайым Болушту.

*(Сөзү: Анатай Өмүрзаковдуку*
*Обону: Э. Талиповдуку)*

## Сүймөнкулга арноо

«Мен өмүрүмдө Сүймөнкул Чокморов менен бир гана жолу көрүштүм. Бул көрүшүү биринчи да, акыркы да болгон экен. Көрсө, кайтыш болоруна бир айга жетпеген убакыт калган тура.

Сүймөнкул диванда жаздык коюп, жамбаштап жатыптыр. Башын көтөрүп өйдө болуп, берген суроолоруma жооп кайтарды. Алды менен өзүмдү тааныштырып өттүм. Андан кийин Сүкөмдүн чыгармачылыгы туурасында сөз козголду. Асылган оору сүрөтчүлүк ишине чоң тоскоолдук кылып жаткандыгына кейип-кепчип алды.

– Мен да бала күнүмдөн сүрөткө абдан кызыгам, – дедим.

– Менин сүрөтканама кел, сүрөтчүлүктүн жол-жобосунан үлгүмдү көрсөтөйүн.

– «Ысык-Көлдүн кызгалдактары» фильминде домбрага кошулуп ырдайсыз го. Ошол домбраңыз барбы?

– Бар. Ал домбраны казак досторум тартуу кылышкан.

– Мен да домбраны анча-мынча кыңгыратчу элем. Домбраңызды колго кармап көрсөм болобу?

– Болбой анан!.. Э, Бактыгул. – деди ал башка бөлмөдөгү баласын чакырып. – Домбраны апкелчи байкеңе!

Алкелди. Колума алдым. Кылдарын сөөмөйүм менен жанып өттүм. Таза үндүү домбра экен. Көңүлүмдү кушубак болду. Буроосун текшерип болуп:

– Таттимбеттин «Сары жайлоо» деген күүсүнүн айрым бир кайрыктарын билчү элем. Ошону чертип берейин, – дедим.

– «Сары жайлоо»? Ошону чертесиңби? – деди Сүймөнкул мени таң кала карап.

– Толук эмес. Радиодон угуп жүрүп, кулакка сиңип калган кайрыктары.

– Бактыгул! – деди Сүймөнкул баласын кайра чакырып. – Байкең «Сары жайлоону» черткени жатат. Кел, сен да ук.

Чертип болуп токтодум. Тамашасы же чыны экенин билбейм:

– Казакбай, сен домбраны казактардан кем черпейт турбайсыңбы? – деди мага көз отун жиберип. – Дагы кайсы күүлөрдү билесиң?

Домбрага чыгарган «Жалгыз атчан», «Кайран досум», «Боз жорго», «Казак кайрыктары» деген күүлөрүмдү чертип бердим. Ал өтө ынтаа коюп укту. Күүлөрдү жактырганын айтты. Ал суранбаса деле бир-эки обонумду домбрага коштум.

– Домбра го домбра. Комуз билесиңби? – деп калды ал негедир ишенимсиз.

– Ооба.

– Менде бир комуз бар. Филармонияда иштеген Томотоев деген жигит тартуу кылган эле. Чертилбеген бойдон турат. Ошону чертип көрүп сынасаң. Уулу Бактыгул башка бөлмөдөн алып чыккан өрүк болсо да жеп-жеңил комузду колума алып, «Камбаркан» күүлөрүнөн бирди кайырдым. Комуздун өзүндө айып жок. Бир гана айыбы тагылган кылдары ичке келип, чың бурамайын күүгө жакшы келбейт экен.

Анан комузга кошулуп, элдик ырлардан ырдадым. Айтор, бир сааттай убакыт кантип өтүп кеткени билинбей калды.

– Э, Казакбай, бу сен мурда кайда жүргөнсүң, билинбей? – деди Сүймөнкул. – Эмне үчүн радиого чыкпайсың? Эмне үчүн телевизорго чыкпайсың? Эмне үчүн филармонияга же башка жерде эл алдына чыкпайсың?

– Мен кеселимден айыгайын. Мастерскойдо да бир домбрам бар. О, жана өзүң айтпадыңбы сүрөт тартканды үйрөнсөмбү деп. Мен сага сүрөт тартканды үйрөтөйүн, сен мага домбра үйрөт.

– Азыркы замандын сөзү менен айтканда, «бартерная сделка» кылат экенбиз да? – дедим күлүп.

– Ооба, ооба, – деди ал да жылмая кубаттап.

Сүймөнкул Чокморов менен таанышып, мындан ары да жолугушуп турарымды эстеп, жаш балача кубанып, көңүлүм шайдоот Фрунзе көчөсү менен жөнөдүм. Жараткан жанына кубат берип, кеселинен айыгып, мастерскоюна барып, кистисин кайра колуна алып, сүрөттөрүн тартып, жүрө берсе деп тилек кылдым... Жок! Ал мастерскоюна кайрылбай калды. Анын босогосун мен аттабай калдым. Атаңдын көрү, арман күн! Ажал жеңип кетти. Бир айдан кийин Сүймөнкул каза болгонун угуп, аябай капа болдум. Колум домбрага кандай илингенин билбейм «Сүкөмдү жоктогон» эскерүү кайрыктары муңга бөлөп жатты...

Жок дебесе түгөйүң,
Домбраң чертип жүрөйүн.
Бактыгул аттуу уулуңду,
Өз баламдай көрөйүн.
Жалгыздын жанын бек кыл деп,
Жаратыкандан тилейин.

Ажал жетип күн бүтсө,
Ал жакка мен да барармын.
Сагынып калсаң, ой Сүкө,
«Сары жайлоо» күүнү чалармын.
Азыркысын күү жолдойм,
Аганын жоктоп арбагын.
Атпай журтуң эскерет,
Айтылбай калса ар жагын...
*(Казакбай Абдышев).*

Сүймөнкул 1939-жылы Чүй дубанындагы, Аламүдүн району Чоң-Таш айлында туулган. Көркөм сүрөт окуу жайын, жипопись-скульптура-архитектура институтун бүтүрүп, художник-скульптор катары таанылган. 1968-жылдан кино-актёрдук кызматка ооган. 1992-жылы 53 жаш курагында кайтыш болгон.

## Жолдубайга арноо

Жолдубай Кайыпов 1946-жылы Ат-Башы районунун Жаңы-Күч айлында туулган. Балалыгы ушул айылдын тоосундагы Жакшына жайлоосунда өткөн. 1963-жылы Ысык-Көл айыл чарба техникумун бүтүрүп, үч жыл өз айлында зоотехник болуп иштеген. Ошол мезгилде эле Жолдубай жаңыдан жараткан обондору менен өздүк-көркөм чыгармачылыгынын кароолоруна катышып, алдыңкы орундарды ээлеп турган. 1964-жылы искусство институтуна өтүп, аны 1974-жылы сырттан окуп бүтүргөн. 1965-жылдан опера жана балет театрында солист болуп иштеп, 1973-жылы кыргыз мамлекеттик телерадиокомитетине конкурс менен дикторлукка алынган. Чыгармачылык менен изденүүнүн натыйжасында, аз эле убакытта зор ийгиликтерге жетишип, Орто Азия жана Казахстан Республикаларынын ортосунда өткөзүлгөн «эң мыкты диктор» сынагынын жеңүүчүсү болгон. 1981-жылдан жогорку категориядагы диктор болуп иштеген. Ошол жылы ага «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти» деген наам ыйгарылган. Көптөгөн телеберүүлөрдүн, айрыкча «Ыр кесенин» ажарын ачкан Жолдубай болгон. 1985-жылы 38 жаш курагында киши колдуу каза тапкан.

Эх, чиркин! Ушул кыска өмүрдү узун элдин учуна, кыска элдин кыйрына тааныткан не деген талант, не деген жөндөм?! Андай

талант жаш кетсе «кайран жигит!» деп, кабак бүркөп, каңырыкты түтөтүп калмайыбыз бар. Бүгүн да биз ошондой талантты – диктор Жолдубайды күү ыргагына сала арман чайыган кайрыктар менен эскерип отурабыз.

«Жолдубайга арноо» аттуу баянды жазып жатып, анын той отурушундагы алып баруучулук (тамадалык) өнөрү көз алдыга тартылат: Кызым Дарыя Кайбылдаева, күйөө балам Семетейдин үйлөнүү тоюн Жолдубай алып барды. Анын жылдыздуу жүзү, жылуу сөзү, жайдары мүнөзү алгачкы көз ирмемде эле көпчүлүктү өзүнө тартып алды. Көндүм болуп бараткан көп сөздүү тосттор… стакандардын ыксыз шыңгыр кагышы… арасында антракттар арбайын соккон аңылдак-даңылдак эстрада… шалактаган-шарактаган, тыраңдаган-сыраңдаган бийлер… кыскартылып, кары-жашты тегиз камтыган ыр-кесе зоогу кудаларга кут ыроологон. Таланттуу күүгер Зина Шайбекованын ооз комузда таңшыткан «Жолдубай» кайрыктарынын жолу шыдыр болуп, улуттук музыкалык мурасыбыз болуп, «Бурулчанын селкинчек» сымал күүлөнө берсин. Ал эми акын Асанбек Иманбаевдин каламына таандык ыр саптар Жолдубайдын элесин көз алдыга келтирет.

Кайыштырып, канча досту тууганды,
Кайран жүрөк какпай калды, ууланды.
Адам тургай сени жоктоп мустайып,
Ар бир үйдө жетим калды сыналгы.

Ата-энеңе али жапжаш бала элең,
Адамдарга эң жароокер жан элең.
Радиодо ыр агызган шаң элең,
Экранда күйүп турган шам элең.

Таң калтырып окшош элең жылдызга,
Таңга жетпей өттүң бирок турмушта.
Жүрөктөргө гүл жайнаткан сендей жан,
Жүз жылда бир чыкса чыгар кыргызда!..

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Жолдубайды эскерүү» | 6572 | 2’57 | Зина Шайбекова |

## Зууораканга арноо

СССР өлкөсүндө эчен «Эне баатырлары», «Эмгек баатырлары» чыккандыгын билебиз. «Эмгек баатырларынын» ичинде адал эмгек менен атпай журтка алынган, атагы алыска кеткен Зуурақан Кайназарова.

Кызылча эмне? Аккан каны турмуштун.
Эң өжөрү, эң кыйыны жумуштун.
Андай болсо, Кайназардын келини,
«Миң центнерден түшүм алды» деп уктум.
*(Алыкул Осмонов)*

Аткаруучулук жагынан атагы таш жарган, эл сыймыгы, эл артисти Мыскал Өмүрканова даңазалап обон созгон.

«Зуурақан сулуу» деген ат,
Суктандырат укканды.
Үйрөнсөм деген жаштар көп,
Өзүңдөн алып нусканы»...

Бектемир Эгинчиев, Ашыраалы Айталиев, Эстебес Турсуналиев Зууракандай эмгек алпын даңктап, ырдап келишкен. Бул маселеде аспапчылар (комузчулар, кыякчылар...) да активдүүлүгүн көрсөтүп, обон-күүлөр жараткан. Жаңы турмуш жарчысы Ыбырай Туманов «Эмгек баатыры» аттуу күү чыгарган: «Эки жолу баатыр наамына ээ болгон кызылчачы Зуураканга күү арнадым. Зууракандай эмгекчил адам чанда жаралат. Аны күүгө салбасак комузчулугубуз кайсы?» — дегени бар.

Күү чертилип жатканда, кайрыктар алмашып, өзүнчө угум берип: кырт-кырт чабылган кетмендин дабышы, талыкпас эмгектен тып-тып тамган кызылчачынын маңдай тери, кызылча түбүндө кылт-кылт жылжып аккан булактын шыбырты угулуп, келиндин керилип кетмен чапкан элеси — көз алдыңда уялап, кыйыры чексиз талаадагы кызуу эмгек кызыгууңду арттырат. Мына ошол элести комуз кылы тартууласа рахат дүйнөсүнө магдырайсың. Зуурақан 1902-жылы Сокулук районундагы Жыламыш деген жерде туулган. Өмүрлүк жолдошу Иманалы менен октобур төңкөрүшүнөн кийин «Белек» колхозунда бирге иштешкен. Кийин звено башчы катары «бешжүзчүлөрдүн» бүткүл союздук социалисттик мелдешине катышат. 1947-жылы 15 гектар жерден 971,7 центнер кызылча жыйноого жетишкен. Бул ийгилик бара-бара гектарынан 1100

центнер рекорддук түшүм жыйноо менен бекемделген. 1948-жылы 1чи жолу, 1957-жылы 2чи жолу «Социалисттик эмгектин баатыры» деген наамга татыктуу болгон. 1982-жылы 4-июлда 80 жаш курагында дүйнө салды.

Зууракан дүйнөдөн өткөндөн кийин орто мектепке, көчөлөргө ысмы ыйгарылып, жашаган үй-чарбагы музейге айландырылган. 1989-жылы 90 жылдык торколуу тою белгиленген. Бишкек шаарынын көркөм аянттарынын бирине эстелик айкели орнотулган. Тарыхый инсандардын ысымын түбөлүккө калтыруу максатында эскерүүлөр, адабий-музыкалык мурастар, рухий дөөлөттөр өз ордун табуу керек. Андай булактардын алгылыктуусу радиотеле берүү казынасына алынып, адабий-музыкалык мурастар тарых таанымын байытат.

1930-жылдары Зууракан эмгектенген колхоздо ар гектар аянттан болгону 40 центнер түшүм алынчу. Кийин жер ээлигин тапканда түшүм 1200 центнерге жеткен. Зууракан пенсияга чыккыча эски оорунун кесепетинен жер жакшы иштетилбей түшүм кескин төмөндөй баштаганына мезгил күбө.

Ар кандай «агрардык реформа» мыйзам кабыл алса боло берет. Кеп аны иштете билүүдө. Фермерби, дыйкан чарбасыбы, жер ээлиги психологиясын туу туткан бабадыйкан гана (жеп-ичкенге маш чиновниктерсиз) мол түшүм үчүн керт башы менен жооп берчү мезгил да келип жетти. Мындай шартта, албетте, жогортон таңууланган «баатырлык» наам, шагыраган орден, медалдардын зарылчылыгы жок. Бир гана түбөлүктүү чындык бар. Ал – тарыхта таасын изи калган Зууракандай эмгеккор улуу инсандын өмүр өрнөгү, ишмердүүлүк үлгүсү баардык муундар үчүн аба менен суудай зарыл.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Эмгек баатыры» | 2 | 2’45 | Ыбырай Туманов |

## Баатырларга арноо

1941-жылдын 16-ноябрында Москванын алдында болуп көрбөгөндөй каардуу салгылаш тарых барагында өчкүс болуп катталып калды. Кашык каны калганча кармашып, курман

болгон советтик жоокерлер 1941-жылдын 12-июлунда уюшулуп, 316-аткычтар дивизиясы аталып, ага генерал-майор И. В. Панфилов башчылык кылат да 1941-жылы августта кан майданга жөнөтүлөт.

Фашисттик Германиянын башкы максаты кыш түшкөнчө Кызыл Армияны талкалап, борбор шаар Москвага кирип келүү болгон. Натыйжада Гитлердик башкаруучулар Москвага кирүүчү кыска жолду, Волокаламск багытын тандап, эң каардуу салгылашууну ушул жерде баштаган.

Панфиловчу 316-аткычтар дивизиясынын ичинде 28 жоокерден турган топту В. Г. Клочков башкарган. Анын: «Россия кенен, бирок чегинүүгө жер жок, артыбызда Москва!» деп айтканы жоокерлер үчүн ураанга айланган. Жоокерлердин алтоо: Н. Ананьев (1912-1941), Г. Конкин (1911-1941), И. Москаленко (1912-1941), Г. Шемякин (1906-1975), Дүйшөнкул Шопоков (1915-1941) Кыргызстандан болгон.

1941-жылдын 16-ноябрында душмандын чабуул коюп келаткан 50 танкасынын 18ин талкалап, калганын чегинүүгө аргасыз кылган панфиловчу 28 баатырдын 23ү курман болгон, калганы кансырап жатып, кийин көз жумган. Генерал Панфилов да Москва алдындагы канду салгылашта мина жарылып, жарык дүйнө менен кош айтышкан.

Москваны коргоодо көрсөткөн эрдиктери үчүн 28 жоокерге Советтер Союзунун баатыры деген наам ыйгарылып, 1941-жылы 7-ноябрда согуш күйүп турган мезгилде Панфиловго эстелик тургузуу токтому ишке ашырылган.

И. В. Панфилов 1893-жылы Саратов областынын Петровка шаарында кызматкердин үй бүлөсүндө туулган. Ал он жашка чыкканда энеси өлүп, үй-бүлөсү ар кайсы жакка тарап кеткен. 1915-жылы армияга алынып, ак падышага кызмат өтөгөн. Октябрь төңкөрүшүнөн кийин Кызыл Армиянын катарына кошулат. 1938-1941-жылга чейин Кыргыз ССР Аскер комиссары болуп турган. 1940-жылы генерал майор деген аскердик наам берилген.

Панфиловчу баатырлардын бири Дүйшөнкул 1915-жылы 19-майда Сокулук районундагы Шалта айлында туулган. Ата-энеси жалгыз кызы Калыбекти караан тутуп, 40 жашка чейин эркек бала көрбөй, акырында уулдуу болушуп, атын Дүйшөнкул коюшат. Дүйшөнкул 1929-жылы колхозго мүчө болуп өтөт. Бой жетип, көңүлү жактырган Керимбүбү аттуу кызга үйлөнөт.

1939-жылы Дүйшөнкул коммунистердин катарына, Керимбүбү комсомолго мүчө болуп өтөт. Согуш башталардан эки ай мурда уулдуу болушуп, атын Сапарбек коюшат.

1941-жылдын 16-ноябры. Волоколамск шаарынын түштүк тарабында коргонуу согушу жүрүп жатты. Бул багытка душмандын 80 танкы, 2 аткычтар полку, 6 минемёттук, 4 артилериялык батареясы жана мотоциклисттер, автоматчылар топтолгон. Дубосеково разъездинде саясий жетекчи В. Г. Клочковдун жетекчилиги астында атактуу панфиловчу баатырлар душмандын чабуулун күтүп жатышкан. Душмандын юнкерстери ителгидей шукшурулуп бомбаларды жаадырып, пулеметтон ок бүркүп жатты. Аба мейкиндигинде чабуулдун артынан жайнаган танкалар өр талаша жылып келатты. Алдыдагы танктарды санап, саясий жетекчи Клочков жоокерлердин көңүлүн жубатты:

– Жоокерлер, 20 эле танк турбайбы. Ар бирибизге бирден да туура келбейт. Кана, кармашка чыгалы?

Кармашуу 4 саатка созулуп, фашисттердин 14 танкы алоолоп күйдү. Жоокерлерден да жоготуу аз эмес. Көп узабай жайнаган танктар чыкты. Клочков кан жая берген бетин сүртүп:

– Шумкарлар, бул танктардан бизге каршы келгени 30. Мүмкүн баарыбыз курман болорбуз. Чегинүүгө болбойт, артыбызда Москва!!! – деди. Салгылаш жарым саатка созулду. Бардыгы «мекеним» деп ураан чакырып жан беришти. 28 баатырдын бул эрдиги – элине, жерине болгон чексиз сүйүүсү, мекен үчүн өмүрүн ажалга бериши, «эр жигит – эл четинде жоо бетинде» деген атуулдук сезимдин белгиси.

1943-жылы Кыргыз Республикасынан атайын жиберилген концерттик бригаданын составында Калык Акиев салгылашып жаткан жоокерлерге барып, «Панфиловго», «Майданга чыкты маршалдар» аттуу ырларын комуздун коштоосунда аткарып, жоокерлерди жеңишке шыктантып келген.

Сокулук районундагы Чоң-Арык айлынан комузчу Мекиш Баатаев Дүйшөнкулга арнаган күүсүн Композиторлор бирлигинин кол жазмалар бөлүмүнө тапшырган. Балким, бул даяр чыгарманы радио тасмасына көчүртүп коёр демилгечилер чыгып калар. Темир ооз комуз кагуунун устаты Сүйдүм Төлөкова жараткан «Панфиловчулар» аттуу күү радионун «Алтын казынасында».

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Панфиловчуларга» | 9295 | 1'42 | Сүйдүм Төлөкова |

## Чолпонбайга арноо

Советтер Союзунун баатыры Чолпонбай Түлөбердиев 1922-жылы Талас дубанындагы Кара-Буура району Чымкент айылында туулган. 1941-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып, 1942-жылы согушка кирген. Ошол жылдын 6-августунда Дон дарыясынын жээгиндеги Таскыл дөңсөөсүндө душман дзоттунун амбразурасын жаап, жоокерлерге жол ачкан. Жарык дүйнө менен 21 жаш курагында кош айтышкан.

Дзот душмандар үчүн эң ыңгайлуу жерге салынган. Фашисттер суудан сүзүп чыккан советтик жоокерлерди байкап калып, аткылоого алышты. Алга жылууга мүмкүндүк жок. Чыканагы, тизелери чымырап ооруганына карабай Чолпонбай колотчону мелжеп сойлоп келатты. Дзотко 5-10 метрдей гана аралык калган. Удаама-удаа ыргыткан Чолпонбайдын гранаталары дзоттун үстүндө жарылды, бирок ичиндеги душмандын автомат, пулеметтору жарылбай ок жаадыра берди.

Азга ойлоно калган Чолпонбай автоматын оң колуна кармай дзотту беттеп чуркап барып, ок бүрккөн амбразураны басып жыгылды. Ондогон, балким, жүздөгөн коргошун октор Чолпонбайдын денесине шыгырады... Ошентти, дзоттун оозу жабылып, жоокерлерге жол ачылды.

Сууну кечип өтүп, душман ээлеген дөнгө келишкен советтик аскерлер Чолпонбайдын эрдигин өз көзү менен көрүп аң-таң калышты, ага зор сыймык артышты. Кийин согуш аяктаганда ал дөңгө Чолпонбайга арналып эстелик орнотулду. Анда «Кыргыз элинин уулу Чолпонбайдын эрдигине таазим» деген жазуу бар.

Борбор шаардын «Жаш гвардия» көчөсүндө Ата Мекен үчүн жанын курман кылган баатырларды эскерүүгө арналган эстелик-аллея турат. Белине беш чоң гранат кыстарып, күркүрөп келаткан каз-таман танканын алдына бой урган эрдиктин, ажал бүрккөн окко ак жалын чачкан отко боюн урган шердиктин элеси турат.

Кезинде «Александр Матросовдун эрдигин Чолпонбай Түлөбердиев кайталаган» – деп келишкен. Чындыгында бул эрдикти

Матросовдон жети ай мурда Чолпонбай далилдеген. Коммунистик идеология үчүн ал учурда улуту орус, өзү комсомолдун мүчөсү болуш керек. Анын үстүнө Жогорку Башкы Командачынын атын алган бөлүкчөдө Матросовдой инсан керек эле.

Чок кармап окту токтотуп,
Чолпонбай чыкты Таластан.
«Эркиндик!» деп жан кыйса,
Элиме эрдик жарашкан...
*(Алымкул Үсөнбаев)*

1960-жылдары карыя комузчулар: Мекиш Баатаев, Акматалы Моңолдоров Чолпонбайды күүгө салышып, Кыргыз радио тасмасына жаздырышкан.

| № | Күүнүн аталышы | Фонд номери | Күүнүн убактысы | Күүнү жаздыргандар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Чолпонбайга» | 8067 | 2'06 | Мекиш Баатаев |

# КАБАТЫР КАЙРЫКТАР

Ар заман «көйгөйлөрү» менен келип, «көйгөйлөрү» менен кетет тура. Белиндеги комузуна 500 күү кыстарган Арстанбек акын «Тар заманды», болор ишти болжоп билген олуя Калыгул «Акыр заманды» кагазга жазгыч акын Кылыч Молдо кыйкуу салып «Зар заманды», тоо булбулу Токтогул кейишке баткан «Кербездерди», боз ингендей боздоткон «Ботойлорду» жөн эле оюн-зоок үчүн жаратпаса керек. Акындарыбыз, аспапчыларыбыз азыр деле ийнин куушуруп, оозун кымтып, көйгөйлөрдү көрмөксөнгө салып отурган жери жок. Тек, ар мезгилдин дооматы тирүү жанга тил бүткөрүшү ыктымал. Кыйчалыш кырдаалга кылчак сала, андан арылуунун жолдорун ойлонууга, албетте, үргүлөбөй ойлонууга сабак таштап… аталар тыңдай келген, ардактап сыйлай келген үч кыл комуздун кайрыктарына кулак төшөйлү.

1992-жылы Аксыда бир чоң тойдо акын Анаш Сооронбаев менен сыр алышып, жакындан таанышкан жайым бар. Мен мурда акын, журналист катары баамдап келген Анаш комузда кол ойното черткен чебер аткаруучу-күүчү болуп чыкты. Короо толо кары-жаш арасында оюн-зоок, ыр-кесе жүрүп жатты. Кезеги келдиби, бир оокумда өрүк комузун колуна алып акын Анаш ортого чыкты. Комузун күүлөп, элдик күүнүн бирин черте отуруп, тойго келген элге кайрылып: «О, журт, агайын туугандар! Эзелден эңсеп келген эгемендик, эркиндик колубузга тийди. Жараткандын бул энчисин ынтымак-бирдикте коргоп калалы. Милдетибизди, тилегибизди ар качандан бир качан оюбуздан чыгарбайлы. Мен азыр черте турган күү «Ойлон, кыргыз» деп аталат, – деп комузун черте баштады. Отургандар дүркүрөтө кол чабышты. Кубангандар көздөрүнө жаш алып, күүнү кубаттоого алышты. Ошондон кийин акын Анаш Сооронбаевди комузчу катары да кабыл алып, күүчүлөр жамааты дагы бир өнөрпозго толукталганына «тообо» келтирген жайым бар…

Кийинки мезгилде Сагынбек Момбековду кан базардан көп көрчү болдум. Мен аны төгүлүп-чачылып «Замана» көйгөйлөрүн көпчүлүккө жар салган трибун ырчы катары элестетип келем. Кара кыргызга «Кайра куруу» заманы келгенде «Кайдыгерлик» капшабынан чыга албагандарды канкакшап ырдап, бул илдеттен булкуп-жулкуп тургузуп кетсем деген ниетте «Сагынбектин саптары» базарчылар алдында сабалап жатты:

Сары-сары сапсары,
Сагынбектин саптары.
Оолукма, мансап чоңдорго,
Ок болуп тие баштады.
Менчиктеп мейманкананы,
Пинарды куруп жатканы.
Аны билип өкмөтүң,
Чоң кызматка таптады.
Баракелде, Кыргызбай,
Ушунтип элди «бакканы».

Таштандыдан нан издеп,
Темселеп жүрөт жаш-кары.
Күндө майрам күндө той,
Чоңдоруңдун тапканы.
Багалбай бала чакасын,
Бей-бечара карыптар,
Талаага таштап жатканы-ы, э-эй!..

Сагынбектин «саптары» ушундайча улана берет.

Уруш чырга улам жакын барчу бар,
Ууга чылап, убайымга салчу бар.
Ойлоно көр, отуз өлчөп-бир кесип,
Жерден кийин сени сатып алчу бар...
*(Жумадил Бектуров)*

Хан болгону хандык кылбаса,
Жакындарын жанга жыйнаса.
Акимдери алганга аптыгып,
Калың эли нансыз ыйласа.

«Киргиздерди» ажо колдосо,
Тең сыйлаган тили болбосо.

Кээ жаштары кетсе чокунуп,
Чогу туткан дини болбосо.

Анан кантип кыргыз эл болот?
Айткандары аба-жел болот.
Тизе бүгүп дагы бир элге,
Тилегибиз кара жер болот.
Ойлон кыргыз!
Ойгон кыргызым!

*(Омор Сооронов)*

Акындарыбыз «андай» дейт экен, аксакалдарыбыз «мындай» дейт экен. Ал эми ата-баба ыйык туткан үч кыл комуз эмне дейт экен?

**Биринчи кайрык**
«Эл менен сен бийиксиң»

Эл бийлеген ажолор, жоо жолун торогон берендер, калкына караан болгон баатырлар, журтка алынган даанышмандар, актаңдай ырчылар, күү безеген аспапчылар адегенде эл сынынан өткөн, анан барып тарых таанымына алынып, улуттук идеянын булактарына айланган. Айкөл Манас, акылман Бакай, Жээренче чечен, Толубай сынчы, Токтогул ырчы, Асанкайгы, Кетбука, Коркут-батыр, алп Тобок, Эр Табылды... канча заманды аласалдырып, биздин күнгө жетсе, Курманжан датка, Калыгул олуя, Арстанбек акын, Мойт аке, Сарт аке, Садыр аке, Кыдыр аке, жыл эсепчи Манаке, Куйручук куудул, Жеңижок төкмө, күүгер Ниязаалы, Муратаалы кыякчы, Кожомкул балбан, каражаак Калмырза, too булбулу Токтогул сыяктуу улуу инсандарды билбеген кыргыз табыла койбос. Алп манасчылар Сагынбай, Саякбай, алп комузчулар Карамолдо, Ыбырай, куудул Шаршен, Айдараалы жөргөлөктү, эл ырчылары Атай, Муса, Мыскал, эл жазуучулар Аалы, Түгөлбай, Чыңгыз, Райкан, Мидин, эл артисттер Муратбек, Бакен, Советбек, бий чебери Бүбүсара, сулуулар периштеси Таттыбүбү калк таанымына татыган түбөлүктү шарттай турган ардактуу адамдар болуу менен, алардын өнөр сапаттары, артыкчылыгы эч талаш туудурбас. Булар тарых барагында калуу менен келечектин үлгүсү катары эли менен заман акырына чейин бара бермек. Турмуштун бул чындыгын акындардын пири Арстанбек алдакачан айтып койгон:

Кабарың күнгө кетсе да,
Жылдызга колуң жетсе да,
Жараткандын дүйнөсү,
Бүт колуңа өтсө да,
Эл менен сен бийиксиң.
Элден чыкссаң кийиксиң.

Кошумчалай кетерибиз саясат санатында гана кызмат өтөп, калк кабылдоосунан куржалак калган куу чирендер канчалык бийлик тарабынан макталбасын, кабат-кабат жогортон наамдарды алышпасын не орден, медалдарды көкүрөк толо тагынышпасын, андайларга тарых барагы такыр жабык, аты-жыты гана кагаз жарыяда кала бермекчи. Арстанбек айткан: «Элден чыксаң кийиксиң» эреже түйүнү мына ошондо.

**Экинчи кайрык**

«Бетеге кетет бел калат, бектер кетет эл калат»

Тилекке каршы, элди арасы эки жээкке ажырымдап, аралык барган сайын алыстагандан алыстап, «аркы жээк» – «берки жээк» ортолугу белгисиз чекке бет алды. Жээктин бир тарабы: өлбөстүн күнүн кечирип кан базарды сагаалагандар, Россия-Казакстан ортолугунда шаардан шаар кыдырып, көбүнүн жолу буулуп, капталдан качырган карышкырларга (рэкет, бажыкана, милийсага) тонолуп-талангандар, кара күчүн соодалап кулга айлангандар, сойкулук менен өздөрүн саткан келин-кыздар, баласын саткан энелер, кароосуз калган карылар, жакырчылык жанга баткандар.

Жээктин экинчи тарабы: Кеңеш бийлиги кезинде эле үстөл кучактагандар, бүгүн «Эгемендик» эсебинен байып алгандар, кайкалаган кан-сарайларды куруп, кара машиналарда даң салгандар, аалам кезип, дүйнө жүзүн кыдырып саякатташкандар, жан жыргалы үчүн ресторан, казино, кафелерде боо-боо долларды ыргыткандар, карапайым калк менен карым-катнашы үзүлүп, кара алачыкка баш бакпай калгандар.

Бийликтеги коррупция, мафия зөөкүрлүгүнө эл чыдай албады, төңкөрүш ишке ашырылды. Эли менен эп келише албаган эки президент ата-журтунан ажырап Россия менен Беларусияга качты. Бектер болсо кызматын жыйыштырды. Калк айтса калп айтпайт: «Бетеге кетти бел калды, бектер кетти эл калды».

Эмки бийлик сересиндегилер үчүн ойлонуучу маселе:

«Эгемендүү эл болдуң бүгүн, кыргыз,
Эбегейсиз бактыңды күттүң, кыргыз!
Мансап-дөөлөт тоголок топтой болот,
Кокус түшсө, колдо жок түшүн, кыргыз.
Эбегейсиз тоону да томкорорсуң,
Эгер билсең бирдикте – күчүң, кыргыз!»
*(Ысмайыл Кадыров)*

**Үчүнчү кайрык**

«Өкүмдар калыс болсо, өлкө гүлдөйт»

Калк тилеген, эл эңсеген «өкүмдардын калыстыгы» бар. Андай калыстык өздү-өзгөнү, алысты-жакынды бөлүп-жарбай, ынтымак менен туугандаштыруу саясатын негиздемек. Жөнөкөй бир мисал: акылман ата чоң үй бүлөнү бөлүп-жарбайт. Тентеги болор, жөнтөгү болор, балдарын тең санайт. Эртедир-кечтир эстүү чыккан баласына өз бийлигин ыроолоп, эки тизгин бир чылбырды сунуш кылат, өзү болсо карыялык кадыр-сыйга оойт.

Журт курамы ар кыл мүнөздүү, ар кыл жүрүм-турумдуу жарандары менен уюткусу бузулбайт. Журт ичинде айтканынан кайтпаган эрендери болот; акылга дыйкан тереңдери болот. Айтканга көнбөс тентектери болот; арымы кыска жөнтөктөрү болот. Арам дүйнө азгырыгына айланчыктаган ач көздөрү болот; эки жүздүү эпчил көөдөктөрү болот. Дүмүрөңдөгөн «дүжүр» чалдары, дүйнөгө сугалак жандары болот. Ак үйгө айланчыктаган кошоматчылары, ажосуна акаарат айтканга батынган оппозициясы болот...

Алысты көрө билген, ак-караны ажырата билген, ар намысты туу тутуп, Ата журт үчүн өмүрүн курмандыкка чалган, нарктуу-барктуу ата сыңары, балдарын бапестеп асыраган апа сыңары, оппозициянын оюн таап, кошоматчыны колтугуна кара кылды как жарган киргизбей калыс башчы гана, албетте, үзүлгөндү уламак. Акылман жетекчиге оппозиция – оң кол, бийлик тепкичтериндеги билермандар сол кол. Алтын казыктай ортолукта тура билген калыс башчы болсо карапайым калктын ооматы жүрмөк.

Каз өрдөгү болбосо,
Айдың чалкар көл карып.
Улугу адил болбосо,
Убара тарткан эл карып.
*(Калыгул)*

## Төртүнчү кайрык
«Обозгер жакшы – хан жакшы»

«Кадрлар бардыгын чечет» ураанын көтөрүп, Сталин кезегинде кеменгерлик кылган экен. Алмустактан айтыла келген дагы бир нускоо бар: «жоону чоролору сайган, бирок аты Манаска кала берген. Вазирлерди тандоо саясатында Чыңгыз-хандын, Амир Темир Көрөгөндүн өз ыкмалары болгон: «Бузуку, караниет, ата-теги начар адам вазирлик мансапка көтөрүлсө, мамлекеттин куту кетет, бийлик кулайт. Андай вазирлерди жер менен жексен кылуу керек». Бул каардуу буйрук бекеринен айтылбаган.

Экономика эңшерилип, өнөржай өмөчүктөп, айылчарба азып-тозуп, маданият маңызын жоготуп, илим-билим бүлбүл жанып, улуттук идеология көңдөй калып, өлкө өйдөгө көтөрүлбөй зорго дем алып кадрлар маселесиндеги өксүктүктү турмуш өзү ырастайт. Акча арачы жүргөндө – кызмат алмаштырат билими тайкынын билиги күйөт, чоңдун көзүнүн агы менен тең айланган, өзүм дегенде өгүздөй күчү бар туурамчыл, тууганчыл, жердешчил, жетесиздер бийлик тепкичтерине бүргөдөй секирет. Элдик накыл айтат: «Акылдуулар эл бийлесе кут, арсыздар бийликке келсе жут». «Калыс башчы башкарган элдин кайгысы жок, Кара өзгөй башкарган элдин дайыны жок». «Нарктуу жетекчи журтунун камын жейт, алкы бузук жетекчи журтунун малын жейт». Калк айтса калп айтпайт, канга да, вазирге да бул айтылгандар сабак.

«Мен уялам, бир адамдан уялам,
Кекиртегин кенен коюп тыйбаган.
Мен уялам, да бирөөнөн уялам,
Кызмат тийсе асман чапчып туйлаган.
Кенен ачып мекеменин эшигин,
Кеп-сөз жебес, кеңкелести жыйнаган».
*(Үркүнбек Жуматаев)*

## Бешинчи кайрык
«Демократиянын деми жана делебеси»

Демократия – грекче «демос», кыргызча – «элдик» деген түшүнүк. Бул кыргыздарда атам замандан эле салт катары кабылданып, башаты коломтодон уланган. Үй-бүлөдө ак сакал, көк сакал болуп төрдө отурса, үй-бүлө босого тарапка сыйлыгышып, эпчи жагы зайып затына тууралданып, уй мүйүз тартып, улуу сөз

сүйлөнүп, кеп-кеңештен келин-кыздар да куру калбай, бар маселе байма-бай дасторкон үстүндө чечилип келген. Аксакалдата аяк сунулуп, улуулата устукан тартылган. «Аксакалдар кеңешинин» бүтүмүн калк башындагы хандар да, беттегенин бербеген бектер да, арстан сүрдүү алптар да аттап кете албаган. Алышса адамдын алы жетпеген, арстандын тиши өтпөгөн айкөл шер Манас да абасы Бакайдын айтканын «кайт» кылбаган. «Чоң казат» алдында хандыгын Бакайга, колбашчылыкты Алманбетке табыштап, өзү катардагы жоокерлер сабында салгылашкан... Мына, элдик демократия, мына «Манас» демократиясы! Мына, ак калпак кыргыз демократиясы!

Өкмөтбек деген балдар күлүп жүрөт,
Өтүгүн доллар менен сүрүп жүрөт.
Чачпагын ошолордун көтөргөндөр,
Чайылдап ар тарапка үрүп жүрөт.

Байларга жагат жашоо ушундайы,
Тартиптин акыйкаттын бузулганы.
Бардыгы баш аламан болуп турса,
«Байысак-куунасак» дейт утур дагы.

Кул болууга жалбарган балдар чыкты,
Таштандыны аңтарган чалдар чыкты.
Тайгак кечүү, тар жолдо турса дагы,
Тайраландап бийлеген хандар чыкты.
*(Эркалы Өскөналиев)*

**Алтынчы кайрык**

«Дүжүрлөрүң» көбөйсө – дүйнөңдүн акыры»

Азыркынын «арзыматтары – дүжүр» чалдар социалдык көрүнүштөн саясий-идеологиялык институтка чейин секирик жасап барат. Шайлоолордун «шайтан оюндарын» көз алдыга тарталы. Айгай салган «дүжүр дүңкүлдөктөрдүн ажаан иттей арсылдап үрүп жатышы жакшылык жорукка жата койбос. «Дүжүрлөр» катарын «аксакал» сөрөйлөр түзүп келсе, алардын сабын албуут, ажылдак аялдар толуктады. «Дүжүр чалдарды» айдактап коюп, «жандуу экранды» жабыктан шыкаалап турчу мансапкорлор мыйзамга жооп берүү керек.

Эл-журттун бүтүндүгүн бүлдүрүүдө душмандын замбирек огу оюнчук. Эң коркунучтуу-кооптуу жагдай – түптүү элди ичтен иритчү бөлүнүп-жарылуу, ырксыздык. «Жаман төө жабуусун жерийт, жаман тууган жатындашын жерийт». «Азуулуулар алышса бечаралар бөлүнөт, көшөкөрлөр артынан жүгүрөт, көөдөктөрдүн көлөкөсүндө жүгүнөт». «Ичтен чыкса бузуку, пил да болсо жыгылар, миң да болсо кырылар...» деген бабалар осуяты бар.

«Эй чалдар-«дежур чалдар», кежир чалдар»,
Келгиле эсиңерге!
Куйпөлөктөп кул тартпай көмөчүңөргө,
Куйгүлө элиңерге, жериңерге!..»
*(Анатай Өмүрканов)*

## Жетинчи кайрык

«Ала бармандык, ашыкча ысырапкордук»

Башка калктар байыган сайын басмырт тартып, акча жытын чыгарбай астейдил жашоого ыкташат экен. Кызыл акча кыргыздын чөнтөгүнө кирди дегиче кытыгылап, апырык-сапырык дүйнөгө азгырып кирет дейсиң, айрыкча атка минер шылуундар «өзгөчө күлүүнү», «өзгөчө жүрүүнү», «өзгөчө өмүр сүрүүнү» эңсеп, маарекелердин, майрамдардын майын чыгарып, аяк-башы түгөнгүс «күндө майрам – күндө той...» жыргализм доорон сүрүүнү көздөшөт белем. Ашып-ташкан, кээси саясатташкан мындай жыйындар: «туулган күндөр», «жылдыктар», «кызмат жуумай»...кыргызга жарашып калгандай.

«Базар экономикасына карай алга-аа!» деп ураан салгандар, машташкан, мара талашкан, бар дүйнөнү чачкан, жармачтарды жарга такаган үлпөт-жыйындардын «майын» чыгарышат. Мусулманчылыкка мурдатан берилген калк өлүк чыккан үйдө мал союшпайт. Кыргыздарда жаманчылыкта «улуттук салт» дегенге жамынган жөрөлгөлөр «кара аш», «үчүлүк», «жетилик», «кыркы», «жылдык ашы» делинип, канча малдын башын жалмап, канча каражаттарды күбүп жатышат.

Эч ким тааныбаган, үйүнөн үч кадам нары чыкпаган маркумга эстелик деп асман мелжеген коргон күмбөздөрдү тургузуу-сокур намыс. «Бар» мактанып табылып, «жок» мактанып чабылган бакырлар банкротко малынган, карапайым калкты карызга белчесинен батырган «чылыктар» шариятка шай келбей турганы

белгилүү. Катал заман капшабына кабылып, айлап тапкан оокатын, жылдап тапкан жыйымын жылас «салттарга» жалматкан «сокур намысыбыздан» соо калыштын жолун ойлонууга убакыт жетти. Акылман Жеңижок айткандай:

Жакшыга дөөлөт келгенде,
Бой көтөрбөй пас болот.
Жаманга дөөлөт келгенде,
Көтөрө албай мас болот.

### Сегизинчи кайрык
«Куу папке, куу чирендиктен сакта!»

Эл кайнаган калаадабы, эмгек кайнаган талаадабы кызыл галстук тагынып кыйкайган, куу папкесин кучактап чычайган «ак кол, акчүчтөрдү» кездештиресиң. Алар бүгүн үлкөн үстөл кучактаса, эртеси эрөөн-төрөөнү жок көчө шыпырышат. Куу папке, куру чирендик кыргызга гана жарашчудай. Андайлар адистиги-алгылыктуу ишмерлиги болбосо да акча жүгүртүү, тааныш-билиштик эсебинен бийлик бутактарынын бирине илинүүнү самашат. «Оңдой берди» болуп, тепейген үстөлгө көчүгү илинди дегиче, тебенек аттай чунаңдап, кожоюну алдында көпөлөктөй чарк айланат. Чырпык башын сындырбай чычайымыш эткен куу чирендерди «үйүндө кашык айраны жок кызынын аты «Жуураткан» деп коюшат эмеспи. Атабабалар калтырган акылман нускоолорго кайрылып көргүлө: «Ачуу менен таттууну таткан билмек, алыс менен жакынды баскан билмек». «Бели оорубаган бекерчиликти сүйсө, колу жоорубаган кошоматчылыкты сүйөт». «Жалкоо катын терисин жыйбай иттен көрөт, башын жуубай биттен көрөт». «Сая албаган ийне тандаса, саптай албаган учук тандамак».

«Эртеңки тагдырыңды, элим, ойлон!
Курчутуп сезимиңди ойгон-ойгон!
Чындасак, качыш керек ыкшоолуктан,
Алдыда аткарар иш жатат толгон!..»
*(Үсөнбек Шадыканов)*

## Тогузунчу кайрык

«Үйрөндү кыргыз ичкенди, ичкендей кылсак иштерди»

Бизге чейин адамзат далай заманды башынан кечирбедиби. «Ыр заман» болгондур «Чыр заман» болгондур, «Нур заман» болгондур. «Тар заман», «Бар заман» болгондур. А качан биздегидей «Мас заман» болду эле. Азыр «ичкилик» аттуу илдеттин ооматы жүрүп турган кез: түмөн кылым наркы бар аш-тойлорду аралады ичкилик. Өлүк чыккан үйдө өкүрүктү сагалады ичкилик. Үйлөнүү үлпөтүндө шарактатып бийлетип, шалпылдатып сүйлөтүп, жалаңдады ичкилик. Мас энеден төрөлгөн жарым эс, жарты сан майып балдар кыргыз тукумун улантты.

Аракечтикке каршы мамлекеттик программа керек. Бул багыттагы иштер өнөктүк катары эмес, улуттук идеология чарасында жүргүзүлсө ийгилик жарата алат. Тилекке каршы, шаар ичи толо «арак азгырыгындагы» жарнамалар. Кай жакка караба жайнаган арак шишелер. «Алкымыңды тый!» дечү акаарат болор бекен?!

«Ушу сага короткон кайран барак!
Уктуруп бей өлүмгө алып барат.
Койкойгон кусуруңду урдум сенин,
Коюндаша бир жаткан – арак жалап!»
*(Кадырбек Жолдошбеков)*

## Онунчу кайрык

«Эне тилин билбеген эси жогун аныктайт»

Бир учурда Мидикем «киргиз» деп айткан бир кыргыз кызын вокзалдан көрүп таң калганы бар. Бүгүнкү күндө бүтүндөй бир муун (атадан балага чейин) таза киргиздешип кетти го. Ошентти, тилин чанган, ата салтынан адашкан «жаңы киргиздер» жамыраган козудай жайнады. Маркум Какен Алмазбекобду кейилишке салганай:

«Келди» деп кайра тилибиз,
Кубандык калбай бирибиз.
А бирок таза кыргызча,
Сүйлөйбүз деги кимибиз?!.

Бул суроо-элим-жерим деп күйүп-бышкандардын ой толгоосу. Каны орус, эти кыргыз Юрий Бобков («Досум Үсөн» тобунун жетекчичиси) кара кылды как жарган калыс оюн айткан. «Мен

орустарга болушпайм, калыстыгымды айтайын: канча «киргиздер» жүрөт өз тилин билбей тантып. Өз эне тилин билбеген кыргыздарга аябай жинденем, накта кыргыздар өз тилине дилин бербеген соң, орустарды «кыргызча билбейсиң» деп айтыш кыйын го».

Биз, кыргыздар, өтө элпек, оома калкпыз. Эки жыл Ташкенде жашасак, өзбектешип, он жыл Россияда болсок, орус болуп келебиз. Кылым кыйырында кыргыздар менен кыйма-чийме жашоо кечирген орустардын бири «Кыргызбай» ысмын кабыл алды бекен? Кыргыздар ичинде жашап келаткан өзбектерде өз тилин чангандар көрүнбөйт го?! Бул, биз, кыргыздар үчүн ойлоно турган маселе.

Биз, кыргыздар, эне тилибизди экинчи сапка шилтеп салуу менен «Манас» тилин чанып жаткан жокпузбу? Биз, кыргыздар, ажайып дүйнөбүз комуз рухун колдон чыгарып жаткан жокпузбу? Кылымдан кылымдарга Кытай менен кыналыша жашап, кыргызды кыйлага тааныткан Огуз бабанын, Баласагындын, Барсбек кагандын тилин чанып жаткан жокпузбу? Калыгулдай олуянын, Арстанбектей акындардын, Жеңижоктой төкмөлөрдүн, Курманжан даткадай ханыша айымдын, Токтогулдай тоо булбулдардын тилин чанып жаткан жокпузбу? Тирүүжан жоктон барды жасайт, бирок жоголгон тил табылбайт. Тилсиз – улут жок.

Бир бириңди карактап – «баатыр» болбо, кыргызым,
Өз тилиңди өгөйлөп «каапыр» болбо, кыргызым.
Комерсант атап өзүңдү,
Семичке сатканыңа маашыр болбо, кыргызым.
*(Ысмайыл Кадыров)*

Кароосуз калган карылар, кара күчүн сатып кулга айланган жардылар, денесин саткан сойкулар, аракка ууккан алкаштар, баласын саткан зайыптар, ач курсактын айынан араба сүйрөгөн өспүрүмдөр, аптапта куйкаланып, аязда тоңгон алыпсатарлар азайбай арбып баратса, Россияга оошуп, Казакстанга каңгып канча жарандар тонолуп, кордолуп, дайынсыз жоголуп, кокуй-алат тагдырга кабылып жатса, кайсы арыбызга каткырык салып күлгөндөйбүз да, кайсы намысыбызга кампайгансып, даңкайгансып басып жүргөндөйбүз?!

Жетимиш жылдык байлыкты жең ичинен жымырып жылас кылбаганыбызда, миллиарддаган доллар карызды калыстык менен калк керегине жумшаганыбызда, байлыкты жаңы заман реформаларына зартпай алганыбызда дүйнөлүк рынокко небак

кирип бармакпыз. Төкмөлөрдүн төрөсү, акындардын пашаасы Осмонкул айткан:

Азаматтыктын белгиси,
Ак-караны таанышкан.
Эстүүлүктүн белгиси,
Элин мыктап багыштан.
Акылмандыктын белгиси,
Ар качандан бир качан,
Качкан эмес намыстан.

«Сагынбектин саптарын» улана берип, акырында «Ойлон кыргыз!» чакырыгына кошулат:

Элимдин төбөсүнө,
Эркиндик кушу конду...
Эркин эл, дилиңди тут!
Эскиртпей диниңди тут!
Энекең кадырлаган,
Эң обол тилиңди тут!
Көңүлгө кут жараткан,
Көз ачаар илимди тут!
Урууга бөлүнүшпөй,
Урматтап пириңди тут!
Ойгоноор мезгил жетти,
Ойлоноор кезиң келди,
Билсеңер заманага,
Бир башка сезим келди,
Таалайга талпыналы,
Тазартып элди-жерди!...
*(Шайыбек Бакасов)*

## КЫРГЫЗ РАДИОСУНУН МУЗЫКАЛЫК «АЛТЫН КАЗЫНАСЫНДА» САКТАЛГАН «КҮҮ БАЯНЫ» МУЗЫКАЛЫК БЕРҮҮЛӨРДҮН ТИЗМЕСИ

*Автору: Асан Кайбылда уулу*
*Редактору: Жээнгүл Исакова*
*Үн режиссёру: Талантбек Мамбеталы уулу*

**1992-жылкы радио-уктуруулар:**

1. Кириш сөз.
2. Балбайдын Ысык-Көлү менен коштошкону.
3. Чолпонбайдын Үч коосу.
4. Абактын арманы.
5. Абактын Кашка аргымагы.
6. Кыдыр акенин күүлөрү.
7. Төөгөчү.
8. Кереге-Таштын кербези.
9. Айкүмүштүн такилет.

**1993-жылкы радио-уктуруулар:**

10. Бурулчанын селкинчек.
11. Арстанбектин күүлөрү.
12. Үчүкө-Түлкү чабышы.
13. Ак Кочкор каңкы.
14. Шырдакбектин Боз жорго: 1-уктуруу.
15. Шырдакбектин Боз жорго: 2-уктуруу.
16. Сынган бугу.
17. Чоң Ормондун Каразгөй: 1-уктуруу.
18. Чоң Ормондун Каразгөй: 2-уктуруу.
19. Кошок күүлөр.
20. Батыркандын аялынын кошогу.
21. Бекарстан тайчы: 1-уктуруу.
22. Бекарстан тайчы: 2-уктуруу.

**1994-жылкы радио-уктуруулар:**

23. Кожожаш.
24. Эр Табылды жалгызым: 1-уктуруу.
25. Эр Табылды жалгызым: 2-уктуруу.

26. Саринжи-Бөкөй.
27. Гүлгаакы: 1-уктуруу.
28. Гүлгаакы: 2-уктуруу.
29. Кедейкан.
30. Жаныш-Байыш.
31. Жусуп менен Зулайка.
32. Олжобай менен Кишижан.
33. Күлөйрон.
34. Керимбай кулунум.
35. Кыл кайрыгындагы маек (Т. Сыдыкбеков менен).
36. Кыз Дарыйка.

**1995-жылкы радио-уктуруулар:**

37. Арстанбек комузчу: 1-уктуруу.
38. Арстанбек комузчу: 2-уктуруу.
39. Арстанбектин "Тар заман".
40. Күңөтай.
41. Көкөй кести: 1-уктуруу.
42. Көкөй кести: 2-уктуруу.
43. Канышбек.
44. Камбаркан: 1-уктуруу.
45. Камбаркан: 2-уктуруу.
46. Айхан күү (Кетбука): 1-уктуруу.
47. Айхан күү (Кетбука): 2-уктуруу.
48. Аксаткын менен Кулмырза.
49. Асан кайгы.
50. Бекташ.
51. Жалайыр жалгыз.
52. Курманжандын көз жашы: 1-уктуруу.
53. Курманжандын көз жашы: 2-уктуруу.
54. Мендирман.
55. Моңолбай.
56. Музоокенин муңдуу күү.
57. Найман эне.
58. Үркүн күү.
59. Шүдүңгүт.
60. Эки ногой айрылыш.

**1996-жылкы радио-уктуруулар:**

61. Ак бакай.
62. Алымкан.
63. Бийчи кызга.
64. Колхоз куралы.
65. Качкан кыз.
66. Жеңиш.
67. Жүрөгүм Москва.
68. Жыргал күн.
69. Кайра куруу.
70. Кыргыз көчү.
71. Октябрга, партияга арналган күүлөр.
72. Ооган.
73. Өрттөм Музарт.
74. Паравоз.
75. Төрөтай эже.
76. Үкөй.
77. Фрунзе шаарым-Бишкегим.

**1998-жылкы радио-уктуруулар:**

78. Жаңыл Мырза.
79. Айдаралы жөргөлөк.
80. Улукман аке.
81. Жаңы марш.
82. Казак камбарканы.
83. Карылык.
84. Молдо Тойчу.
85. Ош кайрыгы.
86. Асказандын жебеси.
87. Токтогулдун кайрыгы.

**1999-жылкы радио-уктуруулар:**

88. Ак тамак, көк тамак.

**Жылдары белгисиз радио-уктуруулар:**

89. Манас күүлөр.
90. Чоң казат.
91. Каныкейдин арманы.

92. Алманбеттин арманы.
93. Семетей күү.
94. Айчүрөктүн акшумкарды ала качканы.
95. "Жол талаш" (Алманбет-Чубак).
96. Курманбек баатыр.
97. Карагул ботом.
98. Ак мөөр.
99. Култегин.

# КОЛДОНУЛГАН ЖАНА КОШУМЧА АДАБИЯТТАР

*Түзгөндөр: Элмира Көчүмкулова*
*Элмира Дүйшеева*


*Абдиев Тууганбай.* Залкарлар. // *Ала-Тоо.* – 1993. – №1.

*Абдраманов Ш.* Бекарстан Тайчи // *Мурас.* – 1992. – №3-4.

*Абдракманов Нурак.* Улуу баян. – Бишкек: Бийиктик, 2007.

*Абдыракунов Турдубай.* Ак Мактым. – Фрунзе, 1983.

–. Бабалардан калган сөз. – Фрунзе, 1990.

*Абдылашым Ысмайыл уулу.* Байтик баатыр баяны. – Бишкек, 1996.

*Абдыхалил Молдалы уулу.* Байзак баатыр баяны //*Ала-Тоо.* – 1994. – №1.

Абу Али Ибн Сина / Котор. Кумаш Малаев. – Фрунзе, 1985.

*Абдышев Казакбай.* Кылым инсандары. – Бишкек, 2003.

–. Такалуу аттын изи бар, Таластан келген киши бар. – Бишкек, 2000.

*Айтматов Ч.* Рассказы о Маңкурте // *Литературное Обозрение.* – 1984. – №8.

*Айтымбет (Айтымбетов) Орозбек.* Кара кыргыз. I-II китеп. – Бишкек, 1995.

–. Улуу баатыр баяны // *Ала-Тоо.* – 1990. – №5.

–. Катагандар тарыхы // *Ленинчил Жаш.* – 1986. – 13-июнь.

*Акиев К.* Баскан жол. – Фрунзе, 1983.

*Акматалиев А.* Усталар жана уздар. – Фрунзе, 1990.

*Алагушов Б.* Ала-Тоо таңшыйт. – Фрунзе, 1986.

–. Комузчулар өнөрү. – Фрунзе, 1976.

–. Кыргыз музыкасынын чалгынчысы. – Фрунзе, 1969.

–. Кыргыз композиторлору. – Фрунзе, 1964.

–. Кыргыз комузчулары жана комуз күүлөрү. – Фрунзе, 1961.

–. Булбулдар. – Бишкек, 1991.

–. Кылымдарды жылоологон күүлөр. – Фрунзе, 1985.

–. Кылымдардын кылдары. – Фрунзе, 1983.

–. Кыргыз музыкасы: Энциклопедия. – Бишкек, 2007.

–. Кыргыздын элдик музыкалык аспаптары. – Фрунзе, 1974.

–. Музыка боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү / Русско-киргизкий словарь музыкальных терминов. – Фрунзе, 1969.

–. Ырдагы өмүрлөр. – Фрунзе, 1988.

*Алдаш Молдо.* Бугу менен Сарыбагыштын урушу. – Бишкек, 1992.

Алманбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү. – Фрунзе, 1977.

*Акселеу Сейдимбек.* Казактың күй өнері. – Астана, 2002.
Актан Тыныбек уулу / Түз. Омор Сооронов. – Бишкек, 1991.
Акындар чыгармачылыгынын тарыхый очерктери. – Фрунзе, 1988.
*Алиев Мар.* Байлыгы кайда баягы // *Кырчын.* 1995. – №1-2.
*Алыкул Осмонов.* Тандалган ырлар жана поэмалар. – Фрунзе, 1954.
*Алыкул Осмонов.* Чыгармалар жыйнагы. – Фрунзе, 1964.
Алымкул төкмө 100 жашта. – Бишкек, 1994.
*Анвар Байтур.* Кыргыз тарыхынын лекциялары. 1-2-китеп. Бишкек, 1992.
*Аттокуров С.* Кыргыз этнографиясы. Окуу куралы. – Бишкек, 1998.
–. Тайлак баатыр. – Бишкек, 1994.
*Б. Алагушев, Т. Медетов.* Карамолдонун күүлөрү. – Фрунзе, 1978.
*Балбай Алагушов, Токтобубу Койгелдиева, Шайырбубу Турдумамбетова.* Кыргыз музыкасынын тарыхынан. – Фрунзе, 1989.
Барс-Бек кыргыздардын каганы / Жооптуу редактор А. Ч. Какеев. – Бишкек, 2003.
Барсбек Кыргыздардын каганы / Түз. Т. Насырдинтегин. – Бишкек, 1993.
*Бартольд В. В.* Кыргыздар. Тарыхый очерк // *Ала-Тоо.* – 1988. – №3.
–. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер / Түз. кошумча түшүндүрмөлөр жана алгы сөз жазган Ө. Караев / Кыргызча котормочулар жамааты / Кыргызча чыгарылышынын илимий редактору- филилогия илимдеринин кандидаты С. Кайыпов /. – Бишкек, 1997.
*Бегалиева Назгул.* Арстанбектин өмүрү жана чыгармачылыгы: Монография. – Бишкек, 1998.
*Бектенов Зияш.* Замандаштарым жөнүндө эскерүү. – Бишкек, 1992.
*Бектенов К.* Досумдун күлкүсү. – Фрунзе, 1973.
*Бектурганов Токторбай.* Ушундай апаат унутулмак белеˀ // *Кыргыз Туусу.* – 31-январь-2-февраль // *Кыргыз Туусу.* – 2006. – 3-6-февраль.
*Бернштам А.* Н. Культура древнего Кыргызстана. – Фрунзе, 1942.
–. Историческое прошлое киргизского народа. – Фрунзе, 1942.
–. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы жана археологиясы боюнча тандалма эмгектер/ Түзгөн, алгы сөзүн жазган жана которгон *Мамбеталиев Сатыбалды.* –Бишкек: Кыргызстан-Сорос Фонду, 2004.
Библия кудайдын ыйык сөзү. – Бишкек, 1998.
*Борончиев Ысмайыл.* Кызыл-Кырман. – Фрунзе, 1970.
Боогачы Ысмайыл / Түз. Мырзалы Ысмайылов. – Фрунзе, 1990.
*Ботобеков Уран.* Ак шайы жоолук Алымкан: Токтогулдун "Алымкан" аттуу ырынын тарыхынан //*Кыргызстан Маданияты.* – 1990. –№32. 9-август.

*Бөкөнбаев Жоомарт.* Токтогулдун өмүрү. – Фрунзе, 1939.
*Бутанаев В. Я., Бутанаева И. И.* Эне-Сай Кыргыздары: фольклор жана тарых. Бишкек: "Кыргызстан-Сорос" фонду, 2002.
*Сабыр уулу Б.* Эл шайырлары. Адабий маек. Тестиер жана өспүрүмдөр үчүн. – Фрунзе, 1980.
–. Эл шайырлары. Адабий маек. – Бишкек, 2008.
–. Унутулгус кездешүүлөр. – Фрунзе, 1977.
*Вамбери Г.* Бухара же Мавароннагар тарыхы // *Мурас.* – 1992. – №3-4. Кулжа айы.
*Виноградов В.* Музыка Советской Киргизии. – Москва, 1939.
–. Киргизское народное музыкальное творчество, как источник изучения проблемы происхождения киргизов. – Фрунзе, 1959.
–. Мураталы Куренкеев. – Фрунзе, 1962.
–. Атай Огомбаев. – Москва, 1960.
–. Киргизская народная музыка. – Фрунзе, 1958.
–. 100 киргизских песен и наигрышей. – Москва, 1956.
–. Музыкальное наследие Токтогула / Которгон А. Жунушалиев. – Москва, 1961.
–. Кыргыздын элдик музыканттары жана ырчылары. – Фрунзе, 1974.
*Даникеев Өскөн.* Көкөй кести. – Фрунзе, 1984.
*Доронбекова Р., Мокрынин В., Плоских В.* Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы. – Бишкек, 1993.
*Досуев Коргоол.* Коргоол ырчы (ырлар жыйнагы). – Фрунзе, 1963.
–. Коргоол. – Фрунзе, 1981.
*Дүйшеев Ш.* Арабадагы ыр. – Бишкек, 1993.
–. Кайдыгерлик. – Бишкек: Адабият, 1992.
*Жаканов И.* Кер толгоо. – Фрунзе, 1987.
–. Ак-куулар конгон айдың көл. – Алматы, 1988.
*Жаки Таштемир уулу.* Током Сибирден качан качкан? // *Советтик Кыргызстан.* – 1988. – 9-август.
*Жалиев Б.* Болуш Мадазимов: Эскерүү китеби. – Ош, 2003.
*Жантөшев Касымаалы.* Мендирман. – Фрунзе, 1957.
*Жеңижок*: Ырлар, айтыштар / Түз. А. Жусупбеков. – Бишкек, 2006.
Жергеталдык кыргыздардын элдик оозеки чыгармачылыгы /Түз. А. Токомбаева. – Фрунзе: Илим, 1981.
*Жирмунский В. М.* Огузский героический эпос и Книга Коркута / Жирмунский В. М. *Тюркский героический эпос: Избранные труды.* – Ленинград: Наука, 1974.

*Жумабаев Асек*. Менин жолум. – Фрунзе, 1989.
*Жумагул Саадaнбек уулу*. Зарылдыкта жаралган залкар адам // *Кыргызстан Маданияты*. – №25.
*Жумадылов С*. Кыргыз совет адабиятында эл достугу идеясынын чагылдырылышы. – Фрунзе, 1967.
*Жумалиев Насипбек*. Тогуз кайрык Токтогулдукубу? // *Кыргыз Руху*. – 1997.
*Жусуп Баласагын*. Куттуу Билим. – Москва, 1993.
*Жусупбеков Асанбай*. Алтымыш комузчуну эскерүү // *Кыргызстан Маданияты*. – 1987. – №10.
*Жусупов Кеңеш*. Байыркынын издери/Сүр. Т. Курманов. – Бишкек: “Кыргызстан-Сорос” фонду, 2001.
*Закиров С*. Кыргыз санжырасы. – Бишкек, 1994.
–. Эл чыгармачылыгы – эл кенчи: Адабий сын макалалар. – Бишкек, 1981.
*Затаевич А*. 250 киргизких инструментальных пьес и напевов. – Музгиз, 1934.
*Ибраимов Осмон*. Кызыл кыргын // *Ала-Тоо*. – 1991. – №7.
*Ибраимов К*. Ыбырайым Абдрахманов. – Фрунзе, 1987.
*Иманкулов Чалагыз*. Өмүр элестери. – Фрунзе, 1970.
–. Сайра, комуз: Кыргыз филармониясынын алгачкы артисттери жөнүндө //*Ленинчил Жаш*. – 1966. – 24-апрель. – №51.
Инжил. Ыйык Китеп Коому. Алматы: Казакстан, 2005.
*Исаев Кусеин*. Кыргызстан кылымдар тогошкондо. – Бишкек, 2001.
*Кабус Наама*. Кабустун насыйкаты. – Фрунзе, 1983.
*Каимов Касым*. Атай. – Фрунзе, 1979.
*Кайбылдаев Асан (Асан Кайбылда уулу)*. Күү баяны I. – Бишкек, 2000.
–. Кыргыздын музыкалык аспаптары. – Бишкек, 2003.
–. Комуз жөнүндө ой толгоо // *Кыргызстан Маданияты*. – 1981. – 13-август.
–. Залкар комузчу Ыбырай // *Ленинчил Жаш*. – 1983.
–. Улуттук музыкабыздын сыймыгы // *Мугалимдер Газетасы*. – 1983. – 28-декабрь.
–. Ак таңдай акын, атактуу комузчу // *Мугалимдер Газетасы*. – 1982. – 19-ноябрь.
–. Жан дүйнөнүн кайрыгы // *Ленинчил Жаш*. – 1984. – 13-ноябрь.
–. Үч кылымдын сыры талантта // *Ленинчил Жаш*. – 1987. – 1-февраль.
–. Көркөм мурастар баа жеткис байлыгыбыз // *Кыргызстан Маданияты*. – 1984. – №48. – 29-ноябрь.

–. Чертсең чертчи комузду // *Кыргызстан Маданияты.* – 1987. – 13-август.
–. Боз салкындын боосу бек болсун // *Ленинчил Жаш.* – 1983.
–. Камбаркан (Ош теле конкурсу) // *Ленинчил Жаш.* – 1984. – 23-август. – №102.
–. Боз салкын күүсүнүн оболошу // *Кыргызстан Маданияты.* – 1983. – 4-август.
–. Дин жана саясат // *Кыргызстан Маданияты.* – 1982. – 9-декабрь. – №50.
–. Сезим дүрбөткөн "Ах же Бах" // *Ленинчил Жаш.* – 1987. – 11-июнь. – №83. – (8699).
–. Үч кылдын дирил кагышы // *Слово Кыргызстана.* – 1989. – 28-май.
–. Улуттук Гвардиянын оркестрине // *Эркин-Тоо.* – 1992. – 5-март.
–. Ыбырай Туман уулунун устаты // *Эркин-Тоо.* – 1993. – 5-май. – №36.
–. Комузум кайда мен кайда? // *Фрунзе Шамы.* – 1991. – 14-февраль.
–. Манасчы, дастанчы акын // *Мугалимдер Газетасы.* – 1991. – 15-февраль.
–. Дастан комузчуга ак жол // *Эркин-Тоо.* – 1994. – 4-май.
–. Ак мөөр // *Чүй баяны.* – 1995. – 3-март.
–. Манас күүлөр // *Заман Кыргызстан.* – 1995. – 21-апрель.
–. Манас күүлөр // *Заман Кыргызстан.* – №16.
–. Эл менен сен бийиксиң // *Эркин-Тоо.* – 1995. – №18. – 12-апрель.
–. Камбаркан (Кыргызым кыргыз күүсүн иликтей жүр) // *Аалам.* – 1995. – Чын куран.
–. Манас күүлөр баяны // *Эркин-Тоо.* – 1995. – 19-апрель.
–. Кербездин кербези // *Кербез.* – 1995. – №1. – Май.
–. Күү устаты // *Ысык-Көл правдасы.* – 1988. – 27-июль.
–. Кошок күүлөр // *Кербез.* –1995. – №2.
–. Батыркандын аялынын кошогу // *Кербез.* – 1995. – №3. – июнь-июль.
–. Дастандын даркан дүйнөсү // *Эркин-Тоо.* – 1995. – 5-июль.
–. Күү алпы Арстанбек. I макала // *Жеткинчек.* – 1995. – 9-июнь. – №15.
–. Күү алпы Арстанбек. II макала // *Жеткинчек.* – 1995. – №16. – 23-июнь.
–. Солтон сары // *Жеткинчек.* – 1995. – №16. – 23-июнь.
–. Эсилиме эстелик // *Чүй баяны.* – 2000. – 20-апрель.
–. Күүнүн алпы // *Чүй баяны.* – 1998. – 16-июль.

–. Улуу мурас – улуттун куту I // *Чүй баяны.* – 1998. – 17-23-май.
–. Аткаруучулук чеберчилик жөнүндө II // *Чүй баяны.* – 1998. – 7-13-август.
–. Бурооолор, күүчүлүк III // *Чүй баяны.* – 1998. – 14-20-август.
–. Каныкей күүлөр // *Чүй баяны.* – 1999. – 14-сентябрь.
–. Курманбек // *Чүй баяны.* – 1999. – 16-декабрь.
–. Айтыш артындагы сөз (Табылды менен Майранын айтышы) // *Эркин-Тоо.* 1992. – 4-июль. – №78.
–. "Качкан кыз" күүсүнүн каарманы ким? // *Эркин-Тоо.* – 1998. – 27-март.
–. Чоң Ормондун "Карөзгөй" // *Чүй баяны.* – 1995. – 28-октябрь.
–. Кызыл Туу кыргыз кыздары // *Аалам.* – 1997. – 5-март.
–. Аял – эне, эне – мекен // *Обо.* – 1997. – №25. – 20-июнь.
–. Өмүрү өрнөк эле (Бөжөй Шадыкан уулу жөнүндө)// *Дыйкандар гезити.*
1992. – Август. – №35.
–. Шудуңгут I // *Заман Кыргызстан.* – 1997. – 8-август.
–. Шудуңгут II // *Заман Кыргызстан.* – 1997. – 15-август.
–. Шудуңгут // *Чүй баяны.* – 1999. – 24-30-сентябрь.
–. Калышкан эстелик таш болуп, же күүгө айланган Култегин (I-IV бөлүктөр) // *Заман Кыргызстан.* 1995. – 10-17-24-ноябрь, 1-декабрь.
–. Кыдырдын ботою // *Эркин-Тоо.* – 1993. – 25-февраль.
–. Төрөтай сулуу // *Чүй баяны.* – 1999. – 23-29-июль.
–. Манастын кошогу // *Чүй баяны.* – 1999. – 10-16-сентябрь.
–. Жөө Тынай // *Чүй баяны.* – 1999. – №19. – 28-май-3-июнь.
–. Бекмамат берен // *Чүй баяны.* – 2000. – №20. – 19-25-май.
–. Манас күүлөр // *Кыргыз Туусу.* – 2005. – 28-31-октябрь.
–. "Курманбек" – комуз күүсүндө // *Акыйкат.* – 2001. – 26-октябрь–1-ноябрь.
–. Камбаркан (сүйүнчү, жаңы рубрика) // *Кыргыз Туусу.* – 2005. – 27-29-сентябрь.
–. Кылым башындагы "Кыргыз көчү" I // *Кыргыз Руху.* – 2005. – №65. – 4-ноябрь.
–. Кылым башындагы "Кыргыз көчү" II // *Кыргыз Руху.* – 2005. – №73. – 6-декабрь.
–. Кылым башындагы "Кыргыз көчү" III // *Кыргыз Руху.* – 2005. – №75. – 13-декабрь.

–. Күүлөр тебелендиде жатканын көрүп ушунчалык ыйладым // *Кыргыз Караван.* – 2002. – №7. – Апрель.
–. Кыргызчылык кыр ашырабы. – 1997. – №39-45. – 26-сентябрь.
–. Саринжи-Бөкөй // *Кырчын.* –1995. –№5-6. 13-14-беттер.
–. Комуз күүлөрүндө "Манас баяны" // *Кырчын.* – 1998. – №3-4. 10-бет.
–. Канышбек (күүнүн сыры – эл тарыхы) // *Кырчын.* – 1995. – №7-8. 20-21-беттер.
–. Эпостук дастан күүлөр "Кожожаш" // *Кырчын.* – 1995. – №3-4. 16-17-беттер.
–. "Манас күүлөр" // *Кырчын.* – 1994. – №3-4.
–. "Айкөл Манас баяны" // *Эл дүйнөсү.* – 1995. – №1. – Август. 4-7-беттер.
–. Учугун үзүп албайлы // *Ала-Тоо.* – 1989. – №10. 126-123-беттер.
–. Токтогулдун темасында толгонуу // *Ала-Тоо.* – 1991. – №2. 125-133-беттер.
–. Кыл кайрыгындагы өмүр // *Ала-Тоо.* – 1988. – №10. 144-150-беттер.
–. Күүлөрдүн тарыхы: Абак Түркөбай уулу; Абактын тек жайы; Абактын арманы; Абактын кашка аргымагы; Абактын кайрыгы; Айдаралы жөргөлөк; Айнагул; Айкүмүштүн такилет; Айда ботой; Айтыш; Айдайдын ботою; Акбаланын ботою //*Ала-Тоо.* – 1992. – №1. 134-147-беттер.
–. Күүлөрдүн тарыхы: Абышканын арман күү; Аксаткын менен Кулмырза; Актамак, Көктамак; Акый-акыйнек; Байдын кызы менен жардынын кызы; Күйөө менен колукту; Акындарды жоктоо; Ала-Тоо; Алайдын миң кыял; Алты аялдын кошогу; Алымкан; Алым сабак-ал сабак; Алманбет күүлөр: Алманбеттин жомогу; Алманбеттин арманы; Алманбет менен Чубак ("жол талаш"); Алыска кеткен кыздын арманы; Анжиян калкы; Арстанбек Буйлаш уулу. "Арстанбектин арманы"; Арстанбектин арман кошогу // *Ала-Тоо.* – 1992. – №2-3. 108-120-беттер.
–. Күүлөрдүн тарыхы: Арман күүлөр; Токтогулдун арман күүлөрү; Арман (Токтогулдун күүсү); Арман кербез; Армандуу булбул; Арпанын ала тоосунан; Арсар күү; Асан кайгы; Асан кайгынын жерди сынаганы; Ат кетти; Атчандар шыңгырамасы; Ашыра Калча; Аялдардын сыпаты // *Ала-Тоо.* – 1992. – №4-5. 144-155-беттер.
*Кайыпов С.* Проблемы поэтики эпоса «Эр Төштүк»: Гиперола. Сравнение / Под ред. Проф. Х. Г. Короглы. – Фрунзе: Илим, 1990.
Калык. Жаныш-Байыш. – Фрунзе, 1929.
*Каралаев С.* Эр Төштүк. – Фрунзе, 1969.
*Каралаев С.* Карамолдо. – Фрунзе, 1962.

Карамолдо замандаштарынын эскерүүлөрүндө / Түз. Б. Осмонкулов. – Фрунзе, 1987.
*Карасаев Кусейин.* Өздөштүрүлгөн сөздөр. – Фрунзе, 1986.
–. Накыл сөздөр. – Фрунзе, 1982.
–. 1916-жылдагы көтөрүлүш жөнүндө // *Ала-Тоо.* – 1991. – №5.
–. Камус наамадан жооп. – Бишкек, 1992.
–. Камус Наама ("Манас" сөздүгү). – Фрунзе, 1990.
*Касым Тыныстан уулу.* Адабий чыгармалар. – Бишкек, 1991.
*Касымалы Бектен уулу.* Досумдун күлкүсү. – Фрунзе, 1973.
*Касымбеков Т.* Келкел. – Фрунзе, 1990.
–. Сынган кылыч. – Фрунзе, 1990.
–. Тандалган чыгармалар, 1-т. – Фрунзе, 1990.
*Кебекова Б.* Кыргыз эл ырчылары. – Бишкек, 1994.
*Кедейкан.* – Фрунзе, 1970.
*Кененсарин Бөрүбай.* Шабданга кошок//*Ала-Тоо.* – 1991. – №1.
*Кенжебек Алдаяр.* Каардуу күүлөр жана жандуу күүлөр. – Бишкек, 2003.
*Кенчиев Жапар.* Санжыра. 1-китеп. – Бишкек, 1991.
–. Кемпир баатыр баяны. – Бишкек, 2001.
–. Бабалар баяны. – Бишкек, 2002.
–. Шабдан баатыр // *Майдан.* – 1992. – №13. – 20-апрель.
*Кеңеш Жусупов, Эсентур Кылычев.* Аялзатка таазим. – Бишкек, 1996.
Кожожаш. Алымкул Үсөнбаевдин айтуусу боюнча. – Фрунзе, 1974.
Кожожаш / Түз. Кеңеш Кырбашев. – Бишкек, 1993.
Кошоктор / Түз. Сонор Эгембердиев. – Бишкек, 1993.
*Көчкөнов О.* Кан жол. – Фрунзе, 1991.
*Кудайберген Карымбай уулу.* Эл казынасы: Сатиралык чыгармалар, санжыралар. – Ф., 1981.
*Кулманбетов Жаныш.* Театр дүйнөсүндө. – Фрунзе, 1987.
Курманбек / Жаныш-Байыш. – Фрунзе, 1970.
Курманжан датканы жоктоо / Жыйн. Калмурат Рыскултегин. – // *Мурас.* – 1991. – №3.
*Кумушалиев К.* Алар баштоочулардан болушкан. – Фрунзе, 1979.
–. Залкар таланттар. – Фрунзе, 1973.
–. Кыргыз театрларынын жаралышы. – Фрунзе, 1971.
Кыдыр аке. – Бишкек, 1993.
Кыдыр Аке / Түз. Жамийла Жылкыбаева. – Бишкек: Адабият, 1991.
Кыргыз адабияты. 9-класс. – Бишкек, 1993.
Кыргыздар. 1-том. – Бишкек, 1991.

Кыргыз жергеси. Энциклопедия. – Фрунзе, 1990.
Кыргыз поэзиясынын антологиясы. 1-том. – Фрунзе, 1980.
Кыргыз руху – Манас. Адабий изилдөөлөр, табылгалар, эскерүүлөр // *Ала-Тоо*. – 1995. №1.
Кыргыздар I- II / Түз. К. Жусупов. – Бишкек, 1993.
Кыргыздар IV/ Түз. К. Жусупов – Бишкек: "Кыргызстан-Сорос" Фонду, 1997.
*Маликов Кубанычбек*. Балбай. – Фрунзе, 1940.
*Манап Акылбек уулу*. Бекташ баяны // *Кыргызстан Маданияты*. – 1991. – №38.
Манас: Энциклопедия. 1-2-т. Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1995.
Манас. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. IV китеп. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982.
Манас. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча академиялык басылыш: II-китеп / С. Мусаевдин жалпы редакциясы менен. – Бишкек, 1995.
Манас. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. II китеп. – Фрунзе: Кыргызстан, 1986.
Манас. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. – Фрунзе: Кыргызстан, 1984.
*Матикеев Курманалы*. Манас кошуундарынын жолу // *Кыргызстан Маданияты*. – 1989. – 17-август.
*Можейко И. В.* Ааламдын 7 жана 37 керемети. – Фрунзе, 1991.
Молдо Кылыч. Казалдар / Түз. Омор Сооронов. – Фрунзе, 1991.
*Мокрынин В.* Барсбек кыргыз каганы. – Бишкек, 1993.
*Молдобасан Мусулманкулов*. Молдобасан. Ырлар, дастандар. – Фрунзе, 1983.
*Мукамбаев Жээнбай*. Эл ичи-өнөр кенчи. – Фрунзе, 1990.
– . Эл ичи-өнөр кенчи / Памир мени эңсетет / Очерктер, илимий-популярдуу публицистикалар. – Фрунзе, 1982.
. Памир күүлөрү // *Ала-Тоо*. – 1987. – №3.
*Нааматбаев Сагын*. Ташбай Айдаров жана айдаровчулар//*Ала-Тоо*. –1982. – №8.
*Найманбаев Мукаш*. Улар уккан адам: Арстанбектин арманы // *Асаба*. – 1994. – 6-октябрь.
Нарын облусу. Энциклопедия. – Бишкек, 1998.
Обондуу ырлар. Кадыр түн / Түз. Бекмурза Рахман уулу Жекембайтегин. – Бишкек, 1994.

Олжобай менен Кишимжан / Алымкул Үсөнбаевдин айтуусу боюнча. – Фрунзе, 1974.
Орхон-Енисей тексттери. – Фрунзе: КР ССР Илимдер Академиясы, 1982.
*Осмоналиев Качкынбай.* Көчмөндөр кагылышы. – Фрунзе, 1992.
Осмонкул / Түзгөн Б. Осмонкулов. – Фрунзе, 1978.
*Осмонкул.* Менин өмүрүм. – Фрунзе, 1968.
*Осмонов Ө. Ж, Асанканов А. А.* Кыргызстан Тарыхы. – Бишкек, 2008.
*Өмүралиев Ч.* Теңирчилик. – Бишкек, 1994.
*Өмүралиев Ч.* / Баш сөз. жазган жана басмага даярдаган/ Осмонаалы Сыдык уулу. Кыргыз Шабдан тарыхы // *Кыргызстан Маданияты.* – 1990. – 22-ноябрь. №47.
*Радлов В. В.* Образцы народной литературы северных тюркских племен. ч. 5. Наречие дикокаменных киргизов. Предисловие. – Петербург, 1885.
Реми Дор. Ооган памириндеги кыргыздар. – Бишкек, 1993.
*Рысбек уулу Өзүбек.* Бул жарыкта сөз өлбөйт: Жеңижоктун арманы // *Мурас.* – 1992. – №3-4.
*Рыскулов Акбар.* Миллениумду “Миң кыял” менен тоссок // *Кыргыз Туусу.* – 1999. – 10-13-декабрь.
*Рыскулов Сардарбек.* Мүнүшкөрлөр. – Фрунзе, 1986.
Сайф ад-дин ибн дамулло Шах Аббас Аксикенти, анын уулу Нурмухаммед. Тарыхтардын жыйнагы (“Мажму атут-таворих”) / Которгон М. Досболов, Омор Сооронов. – Бишкек, 1996.
*Саманчин Тазабек.* Кылыч жазуучу-акын // *Ала-Too.* – 1989. – №8.
Саринжи-Бөкөй / Айткан А. Үсөнбаев. – Фрунзе, 1958.
*Сактанов К.* Сталин. – Бишкек, 1997.
–. Арман күү // *Советтик Кыргызстан.* – 1982. – 12-декабрь.
*Саламатов Тимур.* Оболо кыргыз обону // *Ала-Too.* – 1990. – №10.
*Сапарбаев К.* Катуу багыт. – Бишкек, 1991.
*Сейдакматов К.* Сартбай акын // *Мурас.* – 1992. – №1.
*Сикалиев А.* Древнетюркские письменные памятники и ногайцы// *Советская тюркология.* –Баку. –1970. – №4.
Семетей. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. I китеп. – Фрунзе, 1987.
Семетей. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. II китеп. – Фрунзе, 1989.
*Солтонбеков Бирлик.* Карамолдонун күүлөрү. – Бишкек, 2003.
*Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы. 1-2-т. – Бишкек, 1993.
– . Аюуке-Майтык // *Ала-Too.* – 1989. – №5.

–. Кызыл кыргыз тарыхынан // *Ала -Тоо.* – 1988. – №11.
*Сооронов О.* Жалайыр жалгыз // *Мурас.* – 1992. – №3-4.
–. Жалайыр жалгыз // *Мурас.* – 1991. – №3.
–. Кандын кунуна татыган баатыр // *Ала-Тоо.* – 1991. – №9-10.
*Стамов А.* Жортуул. – Бишкек: Учкун, 1992.
*Стеблева И. В.* Поэтика древнетюркской литературы и ее трансформация в раннеклассический период. – Москва: Наука, 1976.
*Субаналиев С.* Киргизские музыкальные инструменты. – Фрунзе, 1986.
*Супатай уулу Аман.* Уламадан уккан кеп // *Мурас.* – 1991. – №2.
*Сыдыкова Кален.* Кыргыз Тарыхы. – Бишкек: Бийиктик, 2007.
*Ташбаев Карымшак.* Канатсыз куш сыяктуу: Комузчу Болуш Мадазимов менен маек // *Кыргызстан Маданияты.* – 1987. – 4-июнь. – №23.
Тоголок Молдо. I. – Ф., 1970, 247-бет.
Тоголок Молдо жөнүндө эстеликтер. – Фрунзе, 1960.
Тоголок Молдо. Изилдөөлөр, эскерүүлөр / Түз. С. Кайыпов. – Бишкек: Адабият, 1991.
Тоголок Молдо. Ырлар. 1-том. – Фрунзе, 1955.
Тоголок Молдо. Чыгармалар. 2-том. – Фрунзе, 1955.
*Токобаев Молдогазы.* Кайгылуу Какей // *Кыргыз-Туусу.* – 1992. – 19-май.
*Токомбаев Аалы.* Кандуу жылдар. – Фрунзе, 1961.
*Токомбаева А.* Каюм Мифтаков. – Фрунзе, 1991.
Токтогулдун замандаштарынын эскермелери / Басмага даярд. М. Сардыбаев. – Фрунзе, 1959.
Токтогулдун замандаштарынын эскермелери / Түз. Сүйөркул Тургунбаев. – Фрунзе, 1990.
*Токтомушев А.* Тандалган чыгармалар. – Фрунзе, 1973.
–. Он дастан. – Бишкек, 1991.
–. Боогачы //*Кыргызстан Маданияты.* – 1988. – 9-июнь. – №24.
–. Боогачы//*Кыргызстан Маданияты.* – 1988. – 16-июнь. – №25.
*Төрөкан уулу Эсенкул.* Шабдан баатыр ким болгон? // *Кыргыз Руху.* – 1992. – 5-август.
*Турсуналиев Э.* Ак таңдай. Ырлар жана эскерүүлөр. – Фрунзе, 1991.
*Турусбеков Ж.* Чыгармалар. – Фрунзе, 1960.
*Турсунов Э.* Ата журт. – Фрунзе, 1990.
–. Балбай. – Бишкек, 2002.
–. Балбай жана анын доору. – Бишкек: Кыргызстан, 1992.
*Тыныбеков Т.* Менин устаттарым. – Фрунзе, 1983.

*Урманбетов Орузбай*. Гүлгаакы. – Фрунзе, 1969.
*Урустанбеков Б. У., Чороев Т. К.* Кыргыз тарыхы: Кыскача энциклопедиялык сөздүк. – Фрунзе, 1990.
*Үмөталиев Темиркул*. Ырлар жана поэмалар. – Фрунзе, 1967.
*Үмөталиев Ш*. Турмуш ашуусу. – Фрунзе, 1983.
Үркүн 1916. – Бишкек, 1993.
*Үсөйүн-ажы*. Кыргыз санжырасы/*Кыргыздар. I*. – Бишкек, 1993. 72-122-беттер.
–. Кыргыз элинин диний ишеними жана салт-санаасы жөнүндө/ *Кыргыздар. IV*. – Бишкек: "Кыргызстан-Сорос" Фонду, 1997. 560-569-беттер.
*Үсөнбаев Алымкул*. Аксы багытында: Ырлар жыйнагы. – Фрунзе, 1962.
*Үсөнбаев Замирбек*. Алымкул төкмө 100 жашта. – Бишкек, 1994.
*Фуртичев В. И*. Сүймөнкул Чокморов. – Фрунзе, 1981.
*Худяков Ю*. Енисей кыргыздарынын тарыхы/*Кыргыздар I*/ Түз. К. Жусупов. – Бишкек, 1993. 118-240-беттер.
–. Енисей кыргыздарынын тарыхы//*Ала-Тоо*. –1989. – №1. – 117-141-беттер.
–. Енисей кыргыздарынын тарыхы//*Ала-Тоо*. –1990. – №3. – 88-102-беттер.
–. Енисей кыргыздарынын тарыхы//*Ала-Тоо*. –1990. – №4. – 117-127-беттер.
–. Кыргызы на просторах Азии. – Бишкек: Фонд Сороса Кыргызстан, 1995.
*Чороев Т. К.* Махмуд Ибн Хусейин Аль-Кашгари жана анын "Түркий тилдер сөз жыйнагы". – Фрунзе, 1990.
*Чоротегин Т. К., Өмүрбеков Т. Н.* Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы. – Бишкек, 1997.
*Шабданбаев Токтонаалы*. Мекенимди даңктаймын. – Фрунзе, 1973.
–. Мурас. – Фрунзе: Кыргызстан, 1986.
*Шатманов С*. Элдик күүлөр жөнүндө эң сонун баян // *Эркин Тоо*. – 2002. – 8-март.
–. Менин өмүр баяным. – Бишкек, 2003.
*Ху Чжен Хуа*. Хейлунцзянь провинциясындагы кыргыздар // *Шинжан кыргыз адабияты*. Үрүмчү. –1981. – №1.
Ыбырай Туманов. Күүлөр / Түз. жана нотага түш. Феферман, В. В. – Фрунзе, 1990.
Ыбырайым Абдракманов. – Фрунзе, 1987.
Ыйык Китеп (Тоорат, Забур, Инжил). – Бишкек, 2004.

*Ысакеев Баялы.* 1916-жыл //Ала-Тоо. –1991. –№7.
–. Карамолдо замандаштарынын эскерүүлөрү. – Фрунзе, 1987.
*Элебаев Мукай.* Узак жол. – Фрунзе, 1971.
Эл ырчылары / Түз. С. Кайыпов. – Фрунзе, 1981.
Элдик салттын наркы. / Жыйн. Калмурат Рыскул тегин // *Мурас.* – 1991. – №4.
Элдик театрдын олимпиадасы // *Кызыл Кыргызстан.* – 1936-жыл. – 22-октябрь.
Элдик театрдын олимпиадасы // *Советская Киргизия.* – 1936-жыл. – 2-ноябрь.
*Эралиев С.* Тандалмалар. Ырлар жана поэмалардын 2 томдугу. – Фрунзе. – 1991.
Эр Табылды. / Айткан А. Тыныбеков. – Фрунзе, 1957.
Эр Табылды. – Фрунзе, 1970.
*Эсенжан Тынай уулу.* Кайгылуу Какей //*Кыргыз Туусу.* – 1992. – 19-май.
*Эсенкул Төрөкан уулу.* Кыргыздын кыскача санжырасы. – Бишкек, 1995.
Эшманбет. Чыгармалар жыйнагы. – Фрунзе, 1988.
*Янковский В. В.* Музыкальная культура советской Киргизии. – Фрунзе, 1982.

# ЫСЫМ, ТЕРМИН ЖАНА ТҮШҮНҮКТӨРДҮН КӨРСӨТКҮЧҮ

*Түзгөндөр: Элмира Көчүмкулова*
*Элмира Дүйшеева*

## I. АДАМ АТТАРЫ


Аалы Токомбаев: 347, 385, 403.
Абаз Абдраимов: 188.
Абдракман Барпиев: 230, 421, 510, 763.
Абдракманов. Б.: 313.
Абдракман Кыдырбаев: 9, 112, 206, 312-313, 454, 523, 541, 557, 714.
Абдрасул Токтомушев: 175, 381.
Абдыкадыр Жаналиев: 112, 188, 206, 311, 511, 552, 602, 662, 674, 711.
Абдыкадыр найчы: 667.
Абдыкайым Өмүралиев: 643.
Абдыкалый Темиров: 111, 422.
Абдыкерим Мокоев (Моко уулу): 454, 509, 523, 534, 541, 545, 557, 564, 583.
Абдылас Малдыбаев: 483, 486, 511, 727, 731.
Абдылдабек: 322.
Абдылда Белеков: 84.
Абдылда Дөнөнбай уулу: 297.
Абдылдабек Эсенбеков: 79.
Абдырашит Бердибаев: 172, 507, 754.
Абдыш Кайыпов: 488.
Абдыш Ракымов: 254, 312.
Абулкасым Лахути: 80.
Абылкасым Жутакеев: 347-348.
Адамкалый Байбатыров: 218, 595.
Адыл хан: 4.
Ажыбек-датка: 4.
Айдараалы жөргөлөк: 228, 431-437, 451, 577, 784.
Айдар думана: 684.
Айтбүбү Турусбекова: 272.
Айтыке ырчы: 525.
Айчүрөк: 325, 576.
Акбар Рыскулов: 177, 460, 522, 533.
Акимкан Сыдык уулу: 716.
Акмат Бердибаев: 3.
Актан Тыныбеков: 109, 460, 527, 535, 748-749.
Ак уул: 242.
Акысбек Дүйшеев: 3.
Алаш-хан: 4.
Алдаш Женике уулу: 635.
Александр Македонский (Искендер Зулкарнайн): 239.
Алманбет: 257-260, 280, 312, 316, 710, 788.
Алтымыш Мундузбаев: 213, 238, 240, 520, 546, 553, 578, 602-603, 629, 674.
Алымбек-датка: 4.
Алымбеков, Н.: 258.
Алымкан: 44, 174, 453, 457, 471-480, 492, 509-510, 532, 745-746.
Алымкул Үсөнбаев: 151, 168, 421, 662, 714, 781.
Аль-Фараби: 18.
Аманбек Субанбек уулу: 576.
Аманкул Куттубаев: 351.
Амир Темир: 531, 663, 787.
Анара Базаркулова: 614-615.
Анарбай Эрмеков: 216, 667, 674.
Анатай Өмүрканов: 789.
Анаш Сооронбаев: 68, 231, 233, 782.
Анвар Байтур: 675.
Анвар Кутубаева: 486.
Апаз Жайнаков: 254.

Арстанбек Буйлаш уулу: 4, 551, 633.
Асан бий Шамырза уулу: 397.
Асан Кайбылдаев: 5, 51, 79, 254, 313-314.
Асан Сейдалиев: 94-95, 147, 230, 379, 509, 523, 615, 740.
Асанаалы Кыштообаев: 9, 51, 136, 153-154, 172, 207, 254, 288, 312-313, 367, 510-511, 524, 564, 602, 638, 706, 714.
Асанаалы Ошуров: 245, 552, 602, 642-643.
Асанбай Жусупбеков: 238.
Асанбай Каримов: 112, 124, 153, 154, 213, 313, 367, 603, 667, 674.
Асанбай Мамбетов: 154.
Асанбек Жантемиров: 601.
Асанбек Жуматаев: 51, 68, 601.
Асанбек Кыдырназаров (Асаке): 10, 20, 27, 73, 95, 96, 104, 111, 151, 191, 193-194, 204, 206, 231, 245, 304-305, 314, 367, 521, 523, 552, 638, 643-644, 717, 747, 749.
Асан бий Шамырза уулу: 397.
Асанов, Н: 509, 706.
Асек Жумабаев: 172, 203, 245, 423, 464, 488, 492, 509-511, 589, 643.
Аскарбек Абдраев: 582.
Асылбек Иманалиев: 230, 254, 550, 552, 602, 760-761.
Асылбек Эшманбетов: 9, 112, 149, 154, 157, 172, 216, 245, 293, 302, 312-313, 378, 384, 422-423, 454, 523, 531, 535, 546, 553, 557, 562, 571, 602, 615.
Атай Байзак уулу: 716.
Атай Огонбаев (Огомбаев): 10, 184, 216, 271, 367, 422, 500, 552, 601-602, 662, 714.
Атайбек Бөдөшов (Бөдөш уулу): 279, 311.
Атаке-баатыр: 4.
Аттокур Оморов: 154, 454, 562.
Ахмед Жубанов: 751.
Ашыраалы Айталиев (Айтаалы уулу): 470, 505-506, 776.
Ашыраалы Ботаалиев: 40.
Батма Кебекова: 551.
Баатырбек: 395, 567.
Бабажан (Токтогулов): 73-75, 88, 172, 423, 602.
Байбуура: 3, 135, 154.
Байгабыл: 3, 70-71, 312, 609-610.
Байгазы: 3, 37-38, 642.
Байдылда Сарногоев: 32, 210, 758.
Байзак ажы: 316, 336,
Байма Сүтөнова: 8.
Байтик баатыр: 330, 338-340, 390, 598, 649.
Байымбет: 463, 648.
Бакай: 386-387, 709, 711, 784, 788.
Бактыбек Чытырбаев: 553, 588, 601.
Балбай Алагушев: 4, 167, 374, 378, 391, 417, 443, 521, 526, 577, 736.
Балбай баатыр: 4, 276, 279.
Балыкооз (Балык Кумар уулу): 330.
Барамша Абракманов: 312.
Баратбай Аракеев: 522.
Барпы Сапеков: 154, 188, 421, 523, 535, 545, 552, 557, 578, 601-603, 629.
Барсбек: 4, 315, 792.
Батыраалы: 31.
Баха Улла: 681.
Бейшебай куудул: 446.
Бейшеке Жандаров: 552, 561.
Бейшен Бакыев (Бакы уулу): 188, 306, 534, 541, 556.
Бейшенаалы Кулболдиев: 188.
Бекжанов, Ш.: 311.
Бекназар баатыр: 279-282.
Бекназар куудул: 43, 424-425, 437-438.

Бексултан Бердибаев: 672.
Бектемир Эгинчиев: 172, 474, 498, 776.
Бектур Осмонов: 9, 112, 206, 254, 288, 294, 313-314, 368, 383, 422-423, 510, 606, 712.
Бектуруш Табалды тегин: 592.
Белек Солтоноев: 19, 227, 279, 338, 671.
Белкутай: 4.
Беримкул Токобай уулу: 583.
Бермет Ашымбекова: 218.
Бермет Рыскулова: 623.
Бернштам, А. Н.: 229.
Бешкөкүл: 326-327.
Бирназарбий: 339.
Бишкек баатыр: 389-390.
Боккөтөн: 3, 108, 245, 379, 605-607, 749, 754.
Болот Мамбетов: 348.
Болуш Мадазимов: 10, 48, 112, 153, 168-169, 183-184, 224-226, 322, 367, 383, 388, 459, 509, 544, 552, 557, 564, 770.
Большевик Абдыжалилов: 188, 382.
Боогачы: 3, 44, 463-466, 468, 470, 510, 626.
Боорсок бий: 339-340.
Боронбай (Боромбай): 5, 276-277, 279, 385, 392-393, 565.
Бөжөй Шадыканов: 10, 43, 169, 172, 206, 288, 446-447, 454-455, 564.
Бөжөк: 3, 288.
Будда пайгамбар: 676-677.
Букарлык Кулдумана: 689, 692.
Бумын каган: 315.
Бурканбет Орозов: 735.
Бурул Стамкулова: 623.
Бурулча: 31.
Буудайбек Сабыр уулу: 4, 73, 109, 160, 216-217, 351, 374, 376, 401, 416-417, 469, 514, 521, 526, 535, 579-580, 728, 731.
Бүбүсара Бейшеналиева: 768-770, 784.
Бүбүсайра Мааткадырова:155, 255, 266, 313, 601, 603.
Бүбүталип Тилегенова: 172, 423, 510.
Бүргө баатыр: 4, 327-330.
Валерий Ким: 390.
Виноградов, В.: 4, 34, 42, 52, 54, 107, 175, 190, 191, 291, 381, 404, 414, 424, 431, 472, 502, 520, 526, 532, 544, 580, 585, 596, 641, 658, 736.
Галдан Церен: 4.
Гитлер, А.: 715.
Горчаков: 403.
Гулбара Медетбек кызы: 363.
Гүлжан Карабаева: 672.
Гүлсайра Кыдырова: 254.
Гүлсара (Токтогулова): 73-75, 88.
Давлетгирей: 4.
Дайыр Асанов: 715.
Дастан Сарыгулов: 32, 92-93.
Датка Шакеев (Шааке уулу): 10, 216, 386, 598, 614.
Дина: 4.
Долон бий: 241-242.
Дүйшөбек Молдокул уулу: 711.
Дүйшөнкул (Шопоков): 778-779.
Дүйшө Сариев: 3.
Мукамбаев, Ж.: 60.
Жаңыл Мырза: 196, 275, 325.
Жайыл-баатыр: 4.
Жаканов, И.: 606.
Жаки Таштемир уулу (Таштемиров): 406-408.
Жакшыбай Жээнтаев: 509, 662, 674.
Жакшыбек Абдылдаев: 366.

Жакыпбек уулу Боогачы: 463.
Жали Алиев: 216, 313, 509, 602.
Жалий комузчу: 672.
Жамал Омарова: 752.
Жамбыл: 574, 641, 645-649, 764.
Жами: 680.
Жамин Акималиев: 32, 461, 510-511.
Жамшитбек: 31.
Жаналы Корочиев: 422-523, 557.
Жангарач: 5, 330.
Жантай: 5, 240, 279, 342.
Жаныш Кулманбетов: 437.
Жапар Кенчиев: 122, 241, 427.
Жапар Чабалдаев: 155, 506.
Жаркынбай: 395, 396.
Жеңижок Көкө уулу: 3, 28, 105, 228-289, 319-320, 451, 492, 512, 519, 564, 574, 615, 627, 630, 632, 684, 723, 784, 790.
Жебедей: 4.
Жирмунский, В. И.: 641, 643.
Жолболду Алыбаев: 105, 240, 509-511, 615, 668.
Жолдубай Кайыпов: 774.
Жолой комузчу: 317.
Жоомарт Бөкөнбаев (Бөкөнбай уулу): 442, 472.
Жоомарт Кадыралиев: 32.
Жөлөгөн Чымырбаев: 172, 254, 288, 312, 368, 454, 523, 541, 672.
Жумабек Ибраимов: 360.
Жумагүл Исакова: 218.
Жумагүл Нусупова: 178.
Жумагул Сааданбек уулу: 397.
Жумадил Бектуров: 783.
Жумалы Бекеев: 578, 602, 706.
Жумалы Сейдалиев: 10, 172, 230, 233, 510.
Жумамүдүн Шералиев: 100, 240, 460, 535.
Жуман Маамыт уулу: 30.
Жумаш Саркөбөнова: 602-603.
Жумаш Сыдыкбекова: 523-524.
Жунус Аликеев: 255, 550, 552, 667.
Жусуп Абдракманов: 190, 398.
Жусуп Баласагын: 462, 517, 530. 680.
Жусуп пайгамбар: 679.
Жусуп Самаков: 38, 207, 237, 454, 541, 643, 655.
Жүкөш Абданалиев: 488.
Жүрсүн Белеков: 524.
Жылчый Курманкожоева: 157, 172, 312, 421, 510, 523, 601.
Жээнбай (Жээмбай) Мукамбаев (Мукамбай уулу): 60-61, 113, 136, 142, 166, 260, 263, 595.
Заит Кыдырбай уулу: 77.
Зайнидин Иманалиев: 85, 736, 740.
Замирбек Үсөнбаев: 100, 706.
Затаевич, А.: 4, 44, 46, 190, 291, 369, 398-399, 404, 425, 439, 520, 532, 548, 641, 668.
Зина Шайбекова: 216-218, 313, 368, 511, 523, 564, 602, 615, 674, 706, 775.
Зууракан Кайназарова: 776-777.
Зыйнат Жакобаева: 511.
Зыяш (Зияш) Бектенов: 4, 90, 135, 333.
Есенин, С.: 90.
Ибн Хаукал: 225.
Ибрагим Юсупов: 236.
Ибраим Шаршенбаев: 254.
Илебай болуш: 294-297.
Имомжан тайбурчу: 667.
Иисус Христос: 681.
Исак Шайбеков: 316.
Искак (Исхак) Раззаков: 348, 385, 397-398, 731.
Искендер Зулкарнайн: 239.
Истемин каган: 315.

Ишен Молдобаев: 316.
Кадырбек Жолдошбеков: 791.
Казакбай Абдышев: 98, 100-111, 172, 197-198, 227-228, 313, 509-511, 649, 653, 655, 739, 744, 746, 759, 763, 770, 774.
Казыбек: 3, 148, 626.
Кайбылда молдо: 77-78.
Кайдуу: 3.
Кайым Муптак уулу (Муптаков), Каюм Мифтахов: 4, 127, 260, 268, 271, 467.
Какен Алмазбеков: 186, 791.
Калдык думана: 692, 694, 706.
Калмамбет Эркебаев: 3.
Калмурат: 3, 167, 326, 356, 425, 470, 482.
Калмырза: 3, 510, 535, 784.
Калыгул: 630-634, 782, 784, 786, 792.
Калый Машрапов: 155.
Калыйбек Тагаев: 240.
Калыйпа Жусубалиева: 154, 422.
Калык Акиев: 382, 424, 552, 614, 648-649, 713-714, 779.
Камчыбек: 322, 375, 395.
Камчыбек Жунушов: 56, 84-85, 221-222.
Кана Базаркулов: 601-602.
Каныкей: 257-259, 311-312, 325, 386, 558, 560, 626.
Канымкүл Досманбетова: 89, 100.
Капю, Г.: 456.
Кара Курман: 3.
Карагул Үкүбаев: 3.
Карамолдо Орозов: 9, 111-112, 154, 172, 188, 206, 220, 312, 383, 421-422, 524, 531, 541, 545, 557, 561, 564, 602, 614, 618, 623, 727, 729.
Кара-хан: 4.
Карачал Курманбаев (Курманбай уулу): 213, 309.
Карачы Жаналы уулу: 399.
Касым Кайымов: 488, 491.
Касым Тыныстанов: 31.
Касымалы болуш: 318-319.
Касымаалы Тойгожоев: 10.
Касымалы Жантөшев: 451.
Качканак бакшы: 686.
Качканак Салибай уулу: 164-165, 168-169, 694.
Кебекбай Масылбаев: 674.
Кемел Ашыралиев: 31.
Кенесары (Хан Кене): 4, 390-391, 403, 633.
Кенжебек Садырбеков (Садырбек уулу): 172, 527, 532, 545.
Кеңеш Сулайманов: 601.
Керим Айдаров: 500.
Керим Жакшылыков: 3.
Кожо Асанаалы уулу: 460.
Кожо Ахмед: 513.
Кожомкул: 31, 252, 735, 784.
Коргоол Досу уулу (Коргоол Досуев): 3, 43, 75, 106-107, 169-170, 188, 200-202, 238, 352-353, 404, 497, 409, 411.
Коркут ата (Коркут-баба): 551, 643-644, 683.
Кошалы Кыскараев: 216, 218.
Кошкулак: 3, 294-297, 368, 606, 754.
Көпбай Күмүшалиев: 351, 480, 482
Крупская, Н.: 666.
Кубанычбек Маликов: 80, 483.
Кубат бий: 4, 327.
Кудайберген Карымбай уулу: 194.
Кудайберген Үркүнчү уулу: 401.
Кубан Мамбеталиев: 213.
Кубан Сулайманов: 247.
Кудаяр Матаев: 509.
Куйручук: 43, 356, 424, 427-431, 519, 723, 745, 747, 784.

Кулбай Түмөнбаев (Түмөнбай уулу): 37, 188, 254, 379, 384, 524, 550.
Кул Кожо Ахмед: 513.
Кулмат Асанбаев: 111, 216, 255, 367, 382, 510.
Кулмат кыякчы: 526.
Кулмырза Кожобек уулу: 146, 267.
Култегин: 4, 315, 324.
Куляш Байсеитова: 751-752.
Кунтакбай Үмөталиев: 557.
Курманалы Калботоев: 469, 509, 523, 552, 601.
Курманаалы Нусуп уулу: 37.
Курманбек: 3, 257, 385.
Курмангазы: 4, 649-652, 654.
Курмангазы Азыкбаев: 88, 242, 455.
Курманжан-датка: 4, 31, 322, 326, 394-395, 551, 784, 792.
Кусейин Карасай уулу (Карасаев): 385, 402,
Кусейин Тагаев: 672.
Куу уул: 242.
Кыдыр-аке (Байсары уулу Кыдыр): 4, 30, 76, 312, 337-338, 383, 606-607, 672, 784.
Кыз Сайкал: 3, 325, 368, 626.
Лев Пасынков: 657.
Ленин: 347-348, 367, 655-656, 662, 666, 712-714.
Маамытбек: 394, 395.
Мадали Хафиз: 666.
Майлыбай: 3, 43, 245, 385, 401, 424, 441-443, 605-608.
Майра Керим кызы: 613.
Макей Жоошбаев: 570.
Макмуд Кашкар(и): 229.
Мамай: 4.
Мамбет Асан Эрги: 214.
Мамбетов, А.: 154, 313.
Манап-бий: 4, 275, 672.
Манас: 2, 122, 200, 208, 210, 227, 229, 234, 248, 257-258, 316, 325, 358, 386, 559-560, 575, 577, 626, 684, 707, 709-711, 750, 784, 787-788.
Мао-Цзедунь: 661.
Матосмон Салибек уулу: 144.
Медет-датка: 4.
Мейилкан Асыран кызы: 361.
Мейилкан Козубекова: 154, 383, 454, 510, 545, 552, 668, 744, 750.
Мекиш Баата уулу (Баатаев): 9, 37, 407, 548, 763-764, 768, 779, 781.
Мекиш Боотаев: 154.
Мойт-аке: 4, 784.
Молдокмат Кулумбаев: 716, 722.
Молдо Кылыч: 332, 512.
Молдо Орозбай: 307.
Молдо Тойчу: 55, 440, 663-664, 666-667.
Молдо Хафиз: 664-667
Молтой Жайлоев: 706.
Музооке: 3, 119, 121, 356, 598, 732.
Мукаш Борбиев: 601.
Мукаш Галиев: 248, 250.
Мукаш Калый уулу: 288.
Муктар Муканбетов: 614, 615.
Мукул Абылов: 51, 230.
Мумтаз Макал: 14.
Мураделли, В.: 660.
Мурасалы Турсунбаев: 155.
Муратаалы Күрөңкеев: 727-728.
Муратбек бакшы: 685.
Мурсалы Турсунбаев: 154, 160, 367, 421, 523-524, 527, 532, 541, 553, 557.
Муса бакшы: 685.
Муса Баетов (Бает уулу): 457, 461-462, 488, 727.
Муса Молдоканов: 10, 206, 245, 454, 523, 541.

Муса пайгамбар: 679.
Мусурманкул: 326.
Мухаммед ибн Абу аль-Ваххаб: 680.
Мухаммед пайгамбар: 679, 680, 704.
Мухтар (Муктар) Ауэзов: 641, 751.
Мыктыбек Үмөталиев: 43, 149, 419, 432, 451, 453.
Мырзапаяз: 322, 394.
Мыскал Өмүрканова (Өмүркан кызы): 471, 480, 746, 776.
Навои: 680.
Назгүл Бегалиева: 637.
Намазбек Уралиев: 51, 93-94, 110-111, 154, 221, 312, 553, 590, 601, 654-655, 733, 735.
Намазбек Шеркулов: 186, 188, 226.
Нарманбек: 651.
Насирдин Байтемиров: 40.
Насирдин Исанов: 359.
Насыпбек Жумалы уулу (Насипбек Жумалиев): 549-550.
Николай: 636, 656, 658-660, 713.
Нинакан Жүндүбаева: 57.
Ниязаалы (Ныязаалы) Борош уулу (Борошов): 3, 4, 29, 32, 41, 48-49, 55-58, 167, 200, 355, 378-379, 424-427, 512, 541-544, 558, 561-563, 569, 573-574, 578, 585, 589-590, 605, 658-660, 723-726, 732, 754, 784.
Ноорузбай: 391-391, 633.
Нурак Абдракманов: 82, 88, 213, 237, 254, 509.
Нурлан Нышанов: 455.
Нурмолдо: 30.
Нурсултан Назарбаев: 655.
Нуруйла Усупова: 10, 224, 423, 511, 523-524, 602.
Огуз-хан: 4,
Омарбек Тиллебай уулу: 396.
Омар Хаём: 680.
Омор Сооронов: 784.
Ормон-хан: 4, 19, 276-279, 549.
Ормотой: 19, 549, 551.
Орозаалы Чотоев: 254.
Орозбек Кутманалиев: 44, 147, 153, 182.
Осмон табып: 687.
Осмон Кайбылда уулу (Осоке): 30, 33, 45, 350, 610, 732, 755, 766.
Осмонкул Бөлөбалаев: 713-714, 747.
Өзбек Алымкулов: 111, 154, 172, 422, 454, 545, 552, 562, 662.
Өзбек Рысбеков: 56, 221-222, 289, 313, 353, 421, 454, 473, 498, 523, 535, 545, 548, 552, 557, 563, 564, 571, 667, 672, 692, 706, 712.
Өзбек хан: 663.
Өмүрбек Алыбай уулу: 358, 379, 491
Панфилов, И. В.: 778.
Паризат Абакир кызы: 98.
Радлов, В. В.: 457.
Райкан Шүкүрбеков: 492, 727, 763-768, 784.
Райымберди Сакеев: 10.
Расул Гамзатов: 653.
Рахымжан Оторбаев: 649.
Раухвергер: 641.
Рахматулла: 390.
Роза Рымбаева: 460.
Рудаки: 680.
Рудаков: 641.
Рузвельт, Ф. : 715.
Рыспай Абдыкадыров: 317.
Саадабай Шабданов: 426, 542, 563, 726, 768-770.
Саади: 518, 530, 680, 682.
Сабит Муканов: 751.
Сабыр Орозов: 88, 735.
Сагыйпа Чечейбаева: 240.
Сагымбай: 28, 316, 479, 708, 747.
Сагынбек Бекназар уулу: 330.

Садриддин Айни: 80.
Садык Өмүралиев: 3.
Саид Бекмуратов: 10, 254-255, 367, 377, 383, 421, 469, 662, 727-728, 757, 759.
Самак Давлетов: 17.
Самара Токтакунова: 34, 254, 422, 454, 523, 532, 535, 552, 561, 668.
Самаркүл Шишбашева: 672.
Самсаалы Аликеев: 9.
Санарбек Карымшаков: 523, 614.
Сапарбек Закир уулу (Закиров): 321.
Сардарбек Рыскул уулу: 331, 339.
Саринжи-Бөкөй: 33, 35, 79, 275, 388-389, 771.
Сатар Жумабаев: 549.
Сатыбалды Жээнбеков: 8.
Саякбай: 28, 182, 220, 224, 479, 497, 498, 648, 708, 723, 738, 747, 749, 784.
Сейдакман Акчекеев: 206, 213.
Сейдалы Медетов: 181-183.
Сейде: 322.
Сексенбай Айманбетов: 154, 382, 524, 534, 552.
Скобелев: 322.
Скопинцов, Н. П.: 178.
Сокубаш мерген: 585-586.
Солтобай: 3, 392, 627.
Сооронбай келини Турсун: 116.
Сталин: 73, 239, 348, 350, 381, 661, 714-716, 787.
Станбек Усупов: 240.
Субанкул Рысалы уулу: 348.
Субудай: 4.
Сулайман Мээрканов: 3, 524.
Султаналы Майлыбаев: 230.
Сүгүр: 4.
Сүйдүм Төлөкова: 213, 235, 255, 368, 510-511, 524, 603, 615, 662, 779-780.
Сүйүнбай Эралиев: 26, 32, 59, 303, 307, 500, 574, 616, 618, 656.
Сүймөнкул Чокморов: 385, 402, 772-773.
Сыргак: 258.
Табылды Актанов: 613.
Тагай: 241.
Тагай-бий: 4.
Тазабек Саманчин: 4, 80.
Тазабек уулу Жамшит: 476.
Таип Рысматов: 377.
Таир Суранбай уулу: 16.
Тайлак-баатыр: 4.
Тайтеке: 611.
Тамара ханум: 509.
Таттимбет (Татымбет): 4, 772.
Таштанбек Чыналиев: 384.
Темирбек: 611.
Темирлан: 2, 4.
Тенти Орокчиев: 197.
Тилекмат-аке: 4, 285.
Тобок-алп: 4.
Тоголок Молдо: 211-212, 318, 463, 526, 645, 648.
Тойчу Ташмухамедов: 667.
Токтогул (Сатылганов): 635, 674, 713. Током/Токоң 40, 43, 48, 57, 73-75, 96, 106, 146, 151, 174, 190, 199, 289-290, 292, 404-406, 408-412, 432, 439-442, 472-477, 520 532-533, 547-550, 565, 568-571, 580, 589-591, 664-665, 693-694.
Токобай уулу Беримкул: 583.
Токтоналы Шабданбаев: 714, 758.
Токтосун Тыныбеков: 155, 188, 206, 218, 561, 667, 723.
Толтой Мураталиев: 88, 213, 216, 254, 367, 549, 552, 561, 614, 729.
Толубай сынчы: 4, 784.
Торгой Чайыров: 662.
Төлөгөн Асанкожоев: 524.

Төлөгөн Касымбеков: 157, 238, 265, 282, 293, 587, 622.
Төлөмүш Асанкожоев: 534, 662.
Төлөн Касаболотов: 206, 224, 629.
Төрөгелди баатыр: 4.
Төрөкан Нурак уулу: 625.
Турдубек Эламанов: 308.
Турар Жолдошев: 154, 523, 534, 541, 557.
Тургунжан Асаналиев: 188, 399.
Турсун Карымшаков: 153, 206, 454, 545, 552, 562, 602, 614.
Түгөлбай Казаков: 177, 460, 523.
Түгөлбай Сыдыкбеков: 648, 716.
Түмөнбай Байзаков: 16.
Улукман аке (Авиценна, Ибн Сина): 19, 516.
Умбеталы Карыбаев: 645.
Унковский: 670.
Урусаалы Шатман уулу: 320.
Усубалы Казаков: 172, 216, 312, 422, 523, 545, 578, 602, 662.
Усуп Орозов: 312-313, 383, 523, 532, 534, 541, 545, 557-558, 561, 662, 735.
Уултай Малдыбай кызы: 352.
Үмөр Маамытов: 422.
Үмөталы: 404.
Үгөдөй: 4.
Үмөр Маамытов: 422.
Үркүнбек Жуматаев: 787.
Үсөнбек Шадыканов: 790.
Фархидин Баяков: 510, 674.
Фере, В. Г.: 480-481, 641.
Феферман, Б.: 521.
Хафиз: 680.
Хашим дутарчы: 667.
Хожа Абдулазиз Расулов: 666.
Цеван Рабдан: 4, 671.
Чалагыз Иманкулов (Чалакыз Ыйманкулов): 3, 26, 108, 154, 288, 311, 383, 421-422, 509, 534, 536, 541, 545, 557, 614, 743.
Чалагыз Исабаев: 454, 523, 532.
Черчиль, У.: 239, 715.
Чоңду: 3.
Чокан Валиханов: 641.
Чолпонбай Түлөбердиев: 780-781.
Чоюн Өмүралиев: 17.
Чубак: 257-259, 648, 709.
Чуйков, С.: 715.
Чыңгыз Айтматов: 385, 403, 770.
Чыңгыз хан: 4, 241, 670.
Чыңгышбай: 3.
Чынара Калыбекова: 100.
Чырмаш Байтиков: 322, 545.
Шаабай (Азизов): 3, 258.
Шааке: 3, 10, 386, 598.
Шаамашуруп олуя: 694-695;
Шаамашур думана: 686
Шабдан баатыр: 335.
Шабий Токтоев: 122, 153, 206, 422, 557.
Шайкожо Ахметов: 3.
Шайырбек Бакасов: 793.
Шакен Жоробекова: 61, 65, 154, 213, 233, 254-255, 368, 421, 511, 601.
Шамей Токтобай уулу: 417.
Шамил Токтоев: 564.
Шамсулмаали Абулхасан Вашмагир Кабус: 513.
Шарийпа (Шарыйпа) Кемелгазиева: 109-110, 112, 188, 322, 750-751, 753.
Шаршебай Көлбалаев: 42, 242, 244, 446, 649, 651, 655.
Шаршен (Термечиков): 170, 437-438, 443-444, 446, 459, 479, 502-503, 760, 784.

Шейше Ороз уулу: 380.
Шекербек Шеркулов: 154, 167, 188, 207, 227, 229, 233, 421, 423, 454-455, 497, 523, 531, 561, 602, 662, 668, 759.
Шоорук-бий: 4.
Шостакович Д. Д. : 174-175.
Шубин, П.Ф. : 425, 480, 536.
Шукри Шафар: 667.
Ыб(ы)рай Абдрак(х)манов (Абдрахман уулу): 4, 341.
Ыбрай (Ыбырай) Туманов: 9, 112, 121 122, 153, 172, 174, 178, 188, 206, 210, 213, 216, 220, 224, 247, 252, 254, 288, 312, 367, 383, 399, 421,-423, 426, 454, 510, 523, 531, 535, 541, 546, 552-553, 557, 561-562, 564, 629, 638, 661-662, 706, 711, 714, 716, 735-736, 757, 776-777.
Ыдырыс (Идирис): 679.
Ыйманкул Алиев: 672.
Ыйманкул Мырзаев: 367, 509.
Ындыбай: 3.
Ысакан Таабалды уулу: 462.
Ысмайыл Борончиев (Борончуев): 207, 302, 353, 740, 750.
Ысмайыл Кадыров: 786, 792.
Экия Муканбетов: 714.
Эркалы Өскөналиев: 788.
Эркесары Бекбасаров: 153-154, 188, 206-207, 216, 229-230, 317, 367, 421-422, 454, 509-511, 524, 532, 534, 545, 552, 562, 564, 569, 571, 601-603, 615, 662, 674, 714.
Эркинбаев, А.: 546.
Эркин Жаныбек уулу: 190.
Эрнис Турсунов: 5, 539.
Эр Табылды: 599, 671, 784.
Эр Төштүк: 387.
Эсенаман: 3, 228, 512, 723.
Эстебес Турсуналиев: 175, 638, 744, 750, 753, 758, 762, 764, 767, 776.
Эшманбет (Молдокулов): 189, 202, 228, 289, 400, 407, 422, 426, 438, 512, 532, 562, 565-566, 627, 638, 723.
Юдахин, К.: 402, 641.

## II. ЖЕР-СУУ АТТАРЫ

Айыкты: 753.
Ак-Булак: 753.
Ак-Булуң айылы: 247, 252.
Ак-Буура: 225.
Ак-кочкор айылы: 635.
Ак-Суу району: 178, 179, 185, 220, 230, 242, 248, 298, 446, 460, 631, 669, 735.
Аксы-Ата: 68; Аксы району: 116, 253, 320, 426, 478, 659, 723;
Аксыкент шаары: 68, 232.
Ак-Талаа району: 82, 583, 616.
Ак-Шыйрак муздугу: 212.
Ала-Бука району: 233.
Алай: 129, 136, 139, 225, 263, 279, 551.
Алайкуу: 143-145.
Ала-Тоо: 9, 16, 17, 33, 64, 208-211, 246, 249, 251, 381, 479, 484, 498, 547, 549, 582, 649, 659, 660, 733, 755, 761, 771.
Алматы: 10, 335, 654.
Алтай: 16, 577, 675, 707.
Амур дарыясы: 239.
Анжыян: 68, 170, 232, 263, 272, 279, 306, 327-328, 637, 663.
Араван району: 673.
Аркыт: 233.
Арсланбап (Арстанбап) токою: 68, 208, 232, 238-239; Арстанбап мазары: 683; Арстанбап шаркыратмасы: 208-209, 238-240.

Астрахан: 547.
Ат-Башы: 230, 774.
Афлатун: 233.
Афон тоосу: 226.
Баба-Ата мазары: 74.
Бабаш-Ата кырка тоосу: 239.
Багдад: 225.
Базар-Коргон: 68, 232.
Байсоорун: 230.
Бала-Чычкан: 654.
Балыкчы шаары: 87, 220.
Бактрия: 663.
Белек колхозу: 776.
Беш-Таш: 229, 434; Беш-Таш капчыгайы: 653.
Бишкек-Торугарт автомобиль жолу: 241-242.
Бозбармак: 336.
Боз-Булуӊ: 298.
Боз-Учук айылы: 76, 298, 669.
Боз-Тери айылы: 110.
Боом капчыгайы: 119-120, 220, 573.
Бөкөнбай айылы: 606.
Бөрүбаш: 671.
Бурма-Суу: 671.
Бухара: 225.
Бүтөө кыштагы: 361.
Вавилон шаары: 1.
Волоколамск шаары: 779.
Гургани өрөөнү : 513.
Долон ашуусу: 236, 240-242.
Жаӊы-Жол району: 68, 183, 200, 232-233, 361.
Жаӊы-Арык айылы: 69.
Жаӊы-Күч: 774.
Жамбыл шаары: 764.
Жедигер айылы: 505.
Жерге-Тал: 48, 139, 158; Жерге-Тал совхозу: 750.
Жети-Өгүз: 70, 119; Жети-Өгүз району: 635.
Жети-Суу: 645, 649.
Жошолу: 327, 395.
Жумгал: 19, 121-122, 181, 236, 356, 429, 525, 551, 745; Жумгал өрөөнү: 122, 416, 745.
Жызак: 210.
Жыламыш: 776.
Жыл-Келди кыштагы: 727.
Жыргалаӊ дарыясы: 230, 248, 298, 735.
Индокытай: 675.
Йасы шаары: 691.
Казакстан: 785, 792.
Кайыӊды: 243-244.
Какшаал: 243, 339.
Калбаа айылы: 268, 489, 491, 575, 740.
Калмак-Ашуу: 671.
Камбар-Ата ГЭСи: 231.
Кант району: 505.
Кара-Арча айылы: 79, 759.
Кара-Булуӊ кыштагы: 83.
Кара-Буура району: 780.
Караван (Кербен): 231, 348, 659.
Каракол шаары: 76, 92, 402, 485, 635, 663, 671, 732, 735, 737.
Кара-Кулжа району: 144.
Каркыра: 230, 248, 394, 591;
Каркыра жайлоосу: 150.
Кара-Ой айылы: 82-83, 630.
Кара-Суу кыштагы: 69, 320, 632.
Кара-Суу району: 727, 770.
Кара-Чий капчыгайы: 245.
Кашка-Суу: 320, 476.
Кашкар: 225, 334, 666.
Кербала: 226.
Кеӊ-Кол: 565, 575-576, 579, 654.
Кереге-Таш айылы: 185, 242, 298, 606.

Кетмен-Төбө: 73, 96, 169, 225, 290, 352-353, 355, 401, 408, 425, 432, 434, 437-438, 476, 501, 526, 574-575, 635, 652, 657, 735, 754.
Кичи-Акжол: 542, 572.
Кичи-Жерге-Тал жайлоосу: 760.
Кичи Кара-Кужур капчыгайы: 240.
Кожент: 225, 666.
Кокон: 328, 331, 663, 666, 689
Коммунистчил кыштагы: 83.
Коросон айылы: 397.
Корумду айылы: 729.
Кочкор: 121-122, 236, 401, 430, 442.
Көөлү өрөөнү: 77, 243.
Көгарт: 336, 637.
Көйкап өрөөнү: 243.
Көк-Бел: 168.
Көк-Башат жайлоосу: 319.
Көк-Ирим тоосу: 229.
Көк-Кашат айылы: 302, 490-491, 576, 740.
Көк-Ойрок жайлоосу: 19.
Көкөмерен дарыясы: 230, 403.
Красноводск: 547.
Кулжа: 336, 577.
Кум-Бел ашуусу: 121, 242.
Куршап: 326.
Кушчу-суу: 635.
Күмүштак: 229.
Күрп-Сай ГЭСи: 230.
Кызарт ашуусу: 121-122.
Кызыл-Кыя: 248, 251.
Кызыл-Суу: 70, 230.
Кызыл Эмгек кыштагы: 83.
Кырк-Казык айылы: 759.
Кысар (Гисар): 210, 671.
Кытай: 75-77, 210, 300, 328, 330, 399, 485, 655, 661, 676.
Лейлек району: 142, 210, 397.
Мазар-Сай: 657.
Майда-Адыр: 77.
Май-Дөбө: 648.
Манас тоо чокусу: 229.
Маскөө (Москва): 10, 42, 176-177, 182-184, 195-197, 218, 357, 398, 417, 425, 431-432, 444, 479, 481-482, 485, 544, 547, 660, 666, 727, 737, 745, 766, 777-779.
Мерке: 96, 327-329, 652.
Мисир: 1, 653, 680.
Монголия: 492, 676.
Москва: 777-779.
Музарт суусу: 3, 300.
Мургап: 210. Мургап району: 158.
Наманган (Наманген): 406, 426, 663, 695.
Нарын: 48, 72, 119, 121, 236.
Нарын дарыясы: 193, 208-209, 229-231.
Нил дарыясы: 682.
Ноокат: 139, 225.
Ныдды-Ата мазары: 683-684.
Олуя-Ата: 431, 574.
Он-Арча суусу: 230, 527.
Ооганстан: 395.
Орол: 676.
Орусия: 76, 279, 659.
Ош шаары: 48, 208, 224-226, 263, 322, 397, 463; Ош-3000: 225; Ош областы: 69, 142, 200, 611, 727.
Өрнөк айылы: 749.
Өзбекстан: 68, 232, 397, 492, 544, 663, 666.
Падыша-Ата: 68, 233.
Памир: 25, 136, 139, 158, 225;
Памир тоосу: 16.
Пекин: 10, 661.
Пишпек: 380, 390, 404, 678.
Россия: 492, 660-661, 663, 666-667, 715, 778, 785, 792;
Рим шаары: 226.
Самаркан(д) шаары: 225, 544, 666.

Сан-Таш: 174, 248.
Саратов областы: 778.
Сары-Көбө: 632.
Сары-Ой: 610.
Сары-Өзөн-Чүй: 119, 120, 208, 241, 360, 462.
Сары-Жаз өрөөнү: 243, 246, 251-252, 446.
Сары-Жаз дарыясы: 230, 243.
Сары-Иймек жайлоосу: 82.
Сары-Талаа кыштагы: 348.
Сары-Челек көлү: 232-233.
Сибирь (Шибер): 45, 74, 106, 290-292, 409, 413, 550, 584, 590, 657, 663.
Сокулук району: 390, 480, 776, 778-779.
Соң-Көл: 82, 235-237, 240, 242.
Сузак: 68, 124, 232.
Сулайман так: 226.
Сулайман тоосу: 208-209, 225-226; Сулайман тоо мазары: 683.
Суусамыр: 229, 683, 763; Суусамыр жайлоосу: 505.
Сыны айылы: 542.
Сыр дарыя: 230, 239.
Сырт өрөөнү: 246, 446.
Та(д)жикистан: 397. Тажик республикасы: 158.
Талас: 4, 38, 48, 79, 95-96, 130, 185, 208, 227-230, 233, 257, 263, 268, 271, 301, 303, 327-328, 330, 335, 380, 425-426, 432, 438, 478, 488, 490-491, 500, 532, 562, 569, 571, 574-579, 589, 632, 640, 652-654, 683, 695, 742-743, 750, 763-764; Талас дарыясы: 32, 229, 380; Талас району: 740, 759; Талас шаары: 185, 640.
Талды-Булак: 610.
Тараз: 229, 328.
Тарсакент: 678.
Тастар-Ата мазары: 683.
Таш-Көмүр: 478.
Ташкен: 431-432, 544, 663, 666-667, 689, 792.
Таш-кыя: 671.
Таш-Дөбө айылы: 768.
Тегеран: 239.
Текес: 227, 336, 671.
Терек-Суу кыштагы: 73.
Теректин-Чаты: 616.
Тибет: 16, 344, 676.
Тогуз-Булак: 19, 551.
Тоң району: 92, 294, 417-418, 606, 683.
Токмок: 83, 332, 390, 428, 647, 663.
Токтогул району: 200, 475.
Токтогул суу сактагычы: 229.
Тоо-Челек: 230.
Туркстан: 666.
Турпан: 272, 577.
Түлкү-Дөбө айылы: 750.
Түп району: 446, 591.
Түргөн: 230, 247, 248.
Узун-Акмат: 229.
Узун-Кабак: 356.
Украина: 659.
Урмарал: 229.
Уттар Прадеш: 677.
Үрүмчү: 336, 557.
Үч-Коргон: 230.
Фергана: 96, 229, 279, 327, 637, 652.
Фрунзе (шаары): 79, 182, 190, 231, 238, 425, 437, 659, 714, 729-730, 737, 763-764.
Хан-Теңири: 16, 212.
Чаар-Кудук жайлоосу: 150.
Чаар музоо: 336.
Чандалаш кырка тоосу,Чандалаш өрөөнү: 233.

Чарын: 230.
Чат-Көл: 390.
Чаткал: 233-235.
Челпек: 671.
Чичерин айылы: 763.
Чолпон-Ата: 87, 110, 162, 224, 284; Чолпон-Ата айылы: 753; Чолпон-Ата мазары: 683.
Чоң-Ашуу: 242-243.
Чоң-Таш айылы: 774.
Чоң-Чычкан: 654.
Чөңөр ашуусу: 96.
Чүй дарыясы: 119.
Чымынды-Сай жайлоосу: 150.
Шалта айѕлы: 778.
Шамалды-Сай: 230.
Шамшыкал мазары: 683.
Шапак айылы: 135.
Шибер (Сибирь): 45, 74, 106.
Шиңжан: 673.
Ысык-Көл: 1, 4-5, 16, 20, 48, 76, 84-85, 92, 119, 150, 174, 178, 208-209, 212-214, 219-223, 230, 236, 241-243, 247-248, 253, 294, 333, 335, 379, 402, 414, 573, 589, 591, 610, 630, 633, 655, 671, 677, 731, 735. Ысык-Көл району: 655, 729.
Эңилчек: 77, 243, 244; Эңилчек муздугу: 212.
Эчкилүү тоо: 229, 683.
Янцы дарыясы: 661.
Япония: 19, 676.

## III. МУЗЫКАЛЫК АСПАПТАР, ТЕРМИНДЕР ЖАНА ТҮШҮНҮКТӨР

Адабий-музыкалык көркөм каражаттар: 42-43.
Аккомпонамент: 456.
Аккорддук үндөштүк: 53.
Аккардеон: 35.
Аллегория: 43, 572.
Алым-сабак айтышуу: 361, 372, 432-532, 565.
Алым-сабак чертишүү: 604-605.
Аса-муса: 21, 24.
Аэрофондор: 21.
Балалайка: 2, 35.
Буум түймө: 25.
Вариант: 37.
Гармошка: 656.
Гитар(а): 2, 35.
Дап: 21, 23.
Добулбас: 21, 23.
Добуш бирдиги (сопрано, бас, баритон) : 179.
Домбра: 2, 97, 642-643.
Доол: 21, 23.
Дуэт: 46.
Дутар: 2.
Жез керней: 23.
Жекесан: 25.
Жыгач ооз комуз: 21, 24.
Жылаажын: 21, 25.
Зыңгырооч: 25.
Идиома: 347.
Идиофондор: 21.
Интоннация: 44.
Кварта: 48.
Квартет: 46.
Квинта: 48
Керней: 23.
Кобыз: 643-644.
Кол шилтемдер (комузда) : 53-54.
Комуз: 6, 7, 11, 17-27; Бала комуз: 26, 82; Белек комуз: 27; Үй комуз: 26; Концерттик комуз: 27; Товар комуз: 27; Чыгаан комуз: 27;

Токтогул комуз: 25; Үч кыл комуз: 13, 24, 30, 90, 465, 478, 482, 534, 572, 688, 771, 782, 784.
Комузчулар: 27-32.
Коңгуроо: 21, 25.
Куш коңгуроо: 25.
Күү: 20; Күүчүлүк: 33-34; Күү варианттары: 37-38; Күү жанрлары: 38-39; Алкым күүлөр: 47; Айтым күүлөр: 32, 39-40, 409, 415, 451, 585; Аяк күүлөр: 47; Кара күүлөр: 39, 179; Курама күү: 39, 46; Куудул күүлөр: 42, 43; Бел күүлөр: 47; Обон күүлөр: 43-44; Ырчы күүлөр: 39-46; Ойнотмо күүлөр: 41; Куш-абаз (чымчык, иммитациялык) күүлөр: 572; Күү куудулдары: 424; Күү кесе: 611-613; Торгой күүлөр: 581; Элдик күүлөр: 36; Ээлик күүлөр: 36.
Кыл аспаптар: 21.
Кыл басылыштары: 52-53.
Кыл кыяк: 7, 21, 24, 63.
Мандалин: 35.
Марштык мажор: 44.
Мембранофондор: 21.
Метафора: 43, 347.
Метрикалык пульсация: 54.
Мимика: 542.
Минордук лад: 44.
Музыкалык фольклор: 34.
Муун өлчөмдөрү, ыргактары (ритмдери): 179.
Настройка: 48.
Ноталар аркылуу үйрөнүү: 35, 36.
Октава: 48.
Он эки мукам: 673.
Оң буроолор: 33, 48-49.
Оранжировка: 44.
Орус күүлөрү: 657; Орус обондору: 46.
Пассаж: 179.
Пианино: 35.
Позиция: 47.
Полифониялык түзүлүш: 179.
Регистр: 502.
Репризалык каражат: 179.
Рубап: 2.
Саз сырнай: 644.
Сарказм: 43.
Секста: 48.
Секунда: 48.
Септима: 48.
Скрипка 24, 457.
Сол буроолор: 33, 48, 50.
Сурнай: 21, 23.
Стилдик өзгөчөлүк: 55.
Сыбызгы: 21, 23, 25.
Тай туяк: 24.
Такт: 475.
Темир ооз комуз: 7, 21.
Терция: 48-50.
Толгоолор: 47.
Тоника: 48.
Тоом (позиция): 47.
Төкмөлүк: 17, 44, 55, 457-458, 747.
Төө коңгуроо: 25.
Триодо: 46.
Угармандар: 13, 28, 35-36, 39-40, 44, 56-58.
Угуп-көрүп үйрөнүү: 35.
Уйкаштар (рифма) : 179.
Урма аспаптар: 21.
Устат: 25, 29, 34-35, 42, 44, 85, 88, 94, 109, 250, 399, 401, 409, 439, 457, 493, 517, 544, 561-562, 612, 650, 666, 689-691, 723-727, 729-730, 736-740, 753, 761, 767, 779; Күү устаттары: 165;
Устат-шакирт: 29, 182, 409, 527, 544, 675, 727, 753.
Үйлөмө аспаптар: 21.
Үч буроо: 24, 456.
Флажолет: 54.

Фонотека: 649.
Фортепиано: 35.
Чоор: 21-22; Чоор күүлөрү: 5, 11, 568, 643.
Чопо чоор: 21-22, 644.
Шалдырак: 25.
Ширелешүү (синтездешүү): 181.
Шыңгыратма аспаптар: 21.
Хордофондор: 21.
Ырчылык (өнөр, шык): 28, 40, 250, 270, 330, 457, 464, 478, 480, 564-565, 666, 727, 745, 747; Кара жаак ырчы: 438.
Ыр саптары: (строка) 179; Ыр топтому (строфа): 179
Ышкырык: 22, 25.
Эпитет: 347.
Эрегиш чертим: 604.

## IV. АТАЛЫШТАР, ТЕРМИНДЕР ЖАНА ТҮШҮНҮКТӨР

Ажо: 530, 783-784, 786.
Айтыш: 45, 164, 493, 604, 613.
Ак калпак: 17, 174, 208, 236, 270, 305, 318, 408, 583, 611, 670, 788.
Ак куу: 53, 55, 85, 236-237, 447, 573, 585-588.
Ак боор (Атайдын комузунун аталышы): 26.
Ак молдо: 705.
Аксакалдар кеңеши: 193-194, 788.
Акрополь чиркөөсү: 15.
Аш: 393, 645, 705.
Александр маягы: 15.
Алтын казына (Золотой фонд): 7-9, 13, 37.
Алтын хан: 670-671.
Аманат-керээз: 385.
Анжыян козголоңу: 406.
Апыз: 44.
Араб(дар): 1, 226, 683, 704.
Араб халифаты: 663.
Артистизм: 424.
Артемида храмы: 14.
Арча-бешик: 102-105.
(Улуу) Ата мекендик согуш: 78, 168, 715-716.
Атанын керээзи: 67, 385.
Аткаруучулук: 33-35.
Аяк кап: 63.
Баатырдык эпостор: 275.
Баба дыйкан: 67, 233.
Балбраун: 651-652.
Баш чалгыч: 62.
Бешик ыры: 102-104.
Боз үй: 16, 62-64.
Галикарнас күмбөзү: 14.
Горо: 140.
Дар: 426.
Демократия: 787-788.
Дүйнө: 618-623.
Дөөлөс(төр): 392.
Джаммапада: 676.
Дунган(дар): 392, 399, 674.
Дүжүр чалдар: 786, 788-789.
Жабык баш боо: 62.
Жакут: 675.
Жаңычылык: 58.
Жарамазан: 700-705.
Жар-жар айтуу: 113-114.
Жарчы (жаңы заман жарчысы): 156-157, 609, 661, 776.
Жел боо: 62.
Жел токсан: 654.
Жеңижоктун 130 жылдык маарекеси: 105.
Жерге-Тал(дык) кыргыздар(ы): 60, 136, 260, 268, 594, 628.
Жер-Эне: 16-17, 219.

Жер алды (чыныгы дүйнө), жер үстү (жалган дүйнө), көк теңири (ыйык дүйнө): 17.
Жетикан: 644.
Жетилик: 705, 789.
Жинди суу: 765-766.
Жогорку партиялык мектеп (ВПШ): 78.
Жоктоо: 353, 371, 558.
Жолум үй: 62.
Жунгар хандыгы: 670; Жунгарлар доору: 2, 677.
Жыртыш: 705.
Залкар: 28.
Замана: 629, 630.
Зевстин эстелиги: 15.
Иллиада: 17.
Илхам: 613.
Импровизация: 458, 604.
Индустриялаштыруу: 484.
Еврей: 682, 704.
Кабус наама: 38-39, 513-514.
Казак(тар): 2, 39, 408, 459, 641-643, 649, 651-652, 656, 671, 673, 675, 732.
Каида: 44.
Кайра куруу: 783.
Калмак күүсү: 668, 670.
Камбаркан ансамбли: 83.
Канат боо: 62.
Канат чий: 62.
Каңглы: 675.
Кара аш: 165, 335, 789.
Кара далы: 151, 160.
Кара кыргыз автономиялуу облусу: 380.
Кара кыргыз автономиялуу облусттук комсомол комитети: 380.
Кара сан: 408.
Кара тулпар (паравоз): 42, 196.
Кел-кел (заман): 6, 622-623.
Келин той: 156-157.
Кеңеш бийлиги: 2, 785.
Кереге: 62, 63.
Керимбапаң (грамафон): 486.
Керээз: 385.
Кет-кет (заман): 6, 623.
Киргиз: 640, 747, 791-792.
Кокон хандыгы: 279, 391, 629, 633-634, 659, 663.
Композиторлор бирлиги: 121, 233, 339, 353, 638, 642, 649, 672, 779.
Комсомол: 78, 91, 380, 779, 781.
Коңурат(тар): 287, 392.
Коломто: 60.
Колос стадиону: 15.
Кошок: 558; Кошок кошуу: 315-317, 366.
Көөкөр: 63.
Көчмөн кыргыздар: 663.
Куйма-кулак: 35.
Кут: 61, 63, 84, 113, 281, 360, 497, 534, 539, 554, 619, 623, 775, 787.
Куу казан: 63.
Куудулдук өнөр: 424,
Кушчу(лар): 392.
Күкүк: 597.
Күү кесе: 183, 611-613.
Кыз куумай: 114, 643.
Кыз оюн: 127, 157.
Кыз узатуу: 113, 131, 318, 366.
Кызыкчы: 673.
Кыргыз адабияты менен искусствосунун экинчи декадасы: 177.
Кыргыз алтын концерни: 93.
Кыргыз(стан) Илимдер Академиясы: 80, 142.
Кыргыз Илимдер Академиясынынын кол жазмалар фонду/бөлүмү: 260,341, 466, 645, 692;
Кыргыз Илимдер Академиясынын тил адабият институту: 142.

Кыргыз искусствосунун Декадасы: 195.
Кыргыз керемettери: 15-18.
Кыргыз мамлекеттик Искусство институту: 770.
Кыргыз мамлекеттик филармониясы: 79, 218, 448, 727, 745, 759.
(Кыргыз) Опера-балет театры: 770.
Кыргыз ССР Аскер комиссары: 778.
Кыргыз ССР Жогорку Совети: 79, 759.
Кыргыз ССРинин Эл артисти: 79, 729
Кыркы: 705, 789.
Кытайлык кыргыздар: 214, 704.
Лениндик стипендия: 93.
Лиро-эпикалык поэма: 275
Май казан: 63.
Мамлекеттик телерадио комитет: 7.
Манап: 275.
Манас-ата: 579, 684; Кан Манас: 200, 257, 559-560, 626, 709-710.
Манасчы(лар): 4, 9, 62, 353, 479, 648, 784; Манасчылар мазары: 683.
Манжу: 241, 258, 673.
Маңкурт(тук): 93-94, 370.
Марксизм-ленинизм: 661.
Моңгол(дор): 15, 214, 241.
Мужук: 659.
Музыканттардын бүткүл дүйнөлүк симпозиуму: 544.
Мүчө: 705.
Мундуз(дар): 129, 392.
Найман(дар): 137, 675.
Нар: 369.
Нарын музыкалык драм театры: 182, 240.
Насаат (Насыйкат, Насыят): 513.
Ногой(лор): 392.
Нооруз: 696-697.
Нускоо(лор): 6, 12, 113, 513-516, 616, 705, 787, 790.
Обончу(лар): 456.
Одиссея: 17.
Ойрот(тор): 670; Ойрот мамлекети: 671.
Ойсул-ата: 369-370.
Октябрдын 70 жылдык майрамы: 549.
Орол эли: 16, 675.
Орто Азия элдеринин айыл чарба Көргөзмөсү : 666.
Орус(тар): 277-282, 323, 326, 333, 390, 392-393, 403, 444-445, 485, 631, 634, 636, 640-641, 655-658.
Орусия: 76, 279, 659.
Орус падышалыгы: 629, 633; Орус бийлиги: 322-333.
Орус-тузем мектеби: 76-77.
Орусча кайырма (күү): 658.
Орхон-Энесай таш жазмалары: 315; Енисей эстеликтери: 388.
Отрар сазы (казак фольк-этнографиялык оркестр): 644.
Өзбек(тер): 2, 55, 332, 342, 390, 426, 436-437, 440, 459, 656, 663-664, 666, 673, 675 792.
Өктөбүр төңкөрүшү (Октябрь социалисттик революциясы): 38, 485, 643, 749.
Өрүм: 673.
Памир кыргыздары: 103, 158.
Памир-Алай кыргыздары: 395.
Панфиловчу 316-аткычтар дивизиясы: 778.
Пасха: 681.
Репрессия: 77, 715.
Саба: 63.
Сайра комуз көрсөтүүсү: 238, 243, 605, 649.

Сак(тар): 675.
Салт-санаа: 173, 225, 559, 691.
Сарказм: 43.
Сарт: 392.
Саруу(лар): 358, 392, 436, 476, 627.
Сатыкей: 476.
Семирамида багы: 14.
Сенектик: 178.
Сидхартха гаутама: 676.
Советтик Кызыл Армия: 483-484.
Социалдык-турмуштук поэма: 275.
Сүйрү өркөчтүү төө: 369.
Сүмөлөк: 696, 705.
Сүннөткө отургузуу: 704-705.
СССР: 640, 715.
СССРдин эл артисти: 769.
Сыздат: 558-561.
Сыйт: 316.
Тажик(тер): 656, 673.
Тажикстан жазуучуларынын экинчи съезди: 80.
Тажы-Макал күмбөзү: 14-15.
Такмаза: 535-541.
Татар(лар): 402, 657, 673, 675.
Теңизбай(лар): 392.
Тяншань экспедициясы: 127.
Тогуз кайрык телеконкурсу: 549.
Токтогул Сатылганов атындагы филармония: 83.
Төкмөлүк: 17, 44, 55, 457-458, 747.
Төө кымыз: 369.
Тулга: 63, 159.
Турак үй: 62.
Турумтай: 595.
Туурдук: 62.
Түндүк: 62; Түндүк жабуу: 62.
Түндүк кыргыздар: 231.
Түрк(төр): 315, 402, 675, 675, 691;
Түрк уруулары: 675, 678.
Түштүк кыргыздар: 231.
Тынымсейит: 551.
Уйгур(лар): 392, 673, 674.
У(й)сун(дар): 226, 675.
Улут руху: 11-13, 31-32, 158, 233, 462, 513, 534, 654, 692, 717.
Улуттук идеология: 20, 222, 398, 711, 787, 791.
Улуттук рухий дөөлөт: 7, 10-13, 243, 257, 469, 639.
Улуу Кытай чеби: 15.
Устат: 25, 29, 34-35, 42, 44, 85, 88, 94, 109, 250, 399, 401, 409, 439, 457, 493, 517, 544, 561-562, 612, 650, 666, 689-691, 723-727, 729-730, 736-740, 753, 761, 767, 779;
Күү устаттары: 165;
Устат-шакирт: 29, 182, 409, 527, 544, 675, 727, 753.
Ук: 16, 61-62; Ук тизгич: 62.
Үзүк: 62; Үзүк боо: 62.
Үркүн: 38, 75-76, 258, 299-300, 717.
Үрп-адат: 225, 512, 674, 675, 677, 679.
Үч канат: 62.
Үчүлүк: 705, 789.
Фольклор: 73, 260, 341, 414, 448, 508, 642, 649, 727;
Фольклордук экспедиция: 142.
Фольклор жыйноочу: 73, 109, 260, 341, 416.
Хакас(тар): 22, 316.
Хеопс пирамидасы: 14.
Хикмет: 513.
Хунн(дар): 61, 210, 675.
Чакчакчи: 673.
Черик: 391.
Чубаш: 675.
Чыгдан: 63; Чыгдан чий: 62.
Шерине: 611.
Шибээ: 673.
Шубат: 369.

Ыпча: 63.
Ыр канаты (муз. уктуруу): 460-461.
Ыр кесе: 611, 774.
Эгемендик: 785-786.
Элдик оозеки чыгармачылык: 25.
Эл аспаптар оркестри: 177, 380, 727.
Эл достугу: 640.
Эл чыгармачылыгынын бүткүл Кыргызстандык I Олимпиадасы: 425.
Эл чыгармачылыгынын (бүткүлсоюздук) 1-фестивалы: 231.
Эл чыгармачылыгынын бүткүлсоюздук 2-фестивалы: 549.
Эл шайырларынын 1-олимпиадасы: 659.
Эне-Мекен: 208-209.
Эне-Сай кыргыздары (Енисейлик кыргыздар): 316, 675.
Эпчи: 63.
Эшик боо: 62; Эшик чий: 62.
Эштек(тер): 675.
Югослав(дар): 19.

## V. ДИН ӨКҮЛДӨРҮ, ДИНИЙ ТЕРМИНДЕР ЖАНА ТҮШҮНҮКТӨР

Аалы (Азирети Аалы шер): 679.
Адам ата: 616, 632, 675, 679.
Азирейл периште: 283.
Акыр заман: 73, 86, 534, 616, 624, 630-634, 679, 782.
Ак уруу: 682.
Алас-алас: 689, 697-698.
Албарсты басуу: 684.
Алла (Алла Таала) 13, 692, 28, 300, 306, 400, 518, 679, 681-684, 691-692, 694, 698, 706, 716.
Амина: 679.
Апполон: 19.
Аса-Муса таягы: 24, 428, 570, 682-683, 691, 705.
Бата тилөө: 246, 249, 252, 261, 705.
Бахаи дини: 680.
Баха Улла: 681.
Библия (Мукаддас): 1, 678, 681.
Будда пайгамбар: 676-677.
Буддизм: 676-678, 690.
Бутпарас: 679.
Бүбү-бакшылар: 682, 686-687, 694, 703, 705, 708, 719.
Вахабизм: 680.
Дамбыр таш: 672.
Дем салуу: 302, 574.
Дербиш: 681-682, 705.
Дуба (окуу, кылуу) : 122, 402, 432, 685, 690, 705.
Думана: 681-682
Евангелион: 679.
Жакшы кабар: 679.
Жаназа (жаназа-доорон): 165, 365, 382, 387, 538.
Жин уруу: 683.
Жусуп пайгамбар: 679.
Забур (Псалтырь) : 678.
Зардуш пайгамбар: 696.
Зикир чалуу: 682, 692-694.
Зороастризм: 696.
Зыярат кылуу: 226, 239, 684, 696.
Иисус Христос: 678-679, 681.
Инжил: 539, 678-679.
Иптар: 700.
Ислам дини: 676, 679-680, 683, 704.
Калпа: 705.
Кара жин бакшы: 687-689.
Кечил: 692.
Кожо: 393, 400.
Көзү ачык: 428, 684, 687.
Кудайга кулдук уруу: 681.

Куран (китеп): 1, 631, 678-680.
Куран кармоо: 280.
Куран окуу: 71, 90, 229, 246, 261, 303, 349-350, 443-444, 684-685, 690.
Куучу: 684.
Кызыр (Кыдыр) дааруу: 29, 431.
Кырк чилтен: 684.
Мазар(лар): 683-684.
Медресе: 225, 397, 574, 635, 666.
Мечит: 225, 397, 679, 682, 690.
Молдо: 77, 96, 302, 400, 441, 466, 515, 631, 690, 705, 741.
Мукаддас (Библия): 678.
Муса пайгамбар: 679.
Мусулман дини: 686, 695, 705.
Мусулманчылык: 689, 690, 695, 705, 789.
Мухаммед ибн Абу аль-Ваххаб: 680.
Мухаммед пайгамбар: 679, 680, 704.
Муфтий: 690.
Намаз: 318, 379, 445, 513, 640, 705.
Нооруз: 696-697.
Нух пайгамбар: 679.
Обо эне: 616, 675.
Олуя (Олуя-машаяк/машайык) : 4, 30, 428, 616, 682, 684, 690-691, 695.
Орозо: 700, 705.
Периште: 156, 227, 684.
Савм: 700.
Соопчулук: 700.
Сопулар (суфилер): 682, 691.
Сулайман пайгамбар: 225-226, 545.
Сүкүт салуу: 691-692.
Сүннөткө отургузуу: 704-705.
Табып: 18; Табыпчылык: 692.
Тамырчы: 18, 705.
Теңир: 675-677, 699.
Тотем: 12, 369.
Хадис: 679.
Халиф: 680.
Хасан: 679.
Христиан-несториандар: 678.
Хусейин: 679.
Чаар китеп: 444.
Фагинун: 19.
Фатима: 204, 769.
Шам жагуу: 672.
Шаман дини: 675-676.
Шарият (Шарыят): 393, 618, 789.
Ыдырыс (Идирис) пайгамбар: 679.
Ыйман: 56, 66, 171, 192, 204, 219 246, 261, 299, 512, 514-515, 678, 690, 692, 700, 705; Ыйманы жолдош болуу: 339, 247, 359, 742.
Эмчи-домчу: 18.
Эшен: 682, 705.

**Кыргыз күүлөрү**

Иликтөөлөр, ойлор, пикирлер

*1-китеп*

Редактор: *Э. Турсунов*
Корректор: *Н. Байчекиров*
Компьютерге терген: *Б. Капалова*
Дизайн: *А. Тостокова*

Кагаз форматы 64х92 1/16.
Көлөмү 53 б. т. Офсеттик басма.
Нускасы 500.

«V.R.S.Company» ЖЧКсында басылды,
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы.

